ХРЕСТОМАТИЯ

УЧУРДАГЫ ЭЛ АРАЛЫК УКУК

ХРЕСТОМАТИЯ

Учурдагы эл аралык укук

Бишкек 2013

УДК 341

ББК 67.91

У 92

Баптардын түзүүчүлөрү:

- **Элида К. Ногойбаева,** профессордук жана окутуучулар курамы боюнча декан, Борбордук Азиядагы Америка Университети
- **Мишель Лейтон,** «Эл аралык жана ишкердик укугу» бөлүмүнүн доценти, Тянь-Шань саясаты борборунун директорунун орун басары, Борбордук Азиядагы Америка Университети, Фулбрайт программасынын мурунку стипендиаты, АКШ
- **Камила Матеева,** «Эл аралык жана ишкердик укук» бөлүмүнүн жетекчиси, Борбордук Азиядагы Америка Университети
- **Аяз Баетов,** доценттин милдетин аткаруучу, Кыргыз улуттук университети, ABA ROLI-нин (Юристтердин америкалык ассоциациясы, Укуктун үстөмдүк программасы) Кыргызстандагы юристи
- **Нурзат Мырсалиева,** Борбордук Азия боюнча долбоордун кещешчиси жана юристи, Ачык коомдун укуктук демилгеси
- **Жибек Койчукулова,** окутуучу, Эл аралык жеке укук, Кыргыз мамлекеттик юридикалык Академия
- **Сайера Ташматова,** окутуучу, Эл аралык коомдук укук, Кыргыз мамлекеттик юридикалык Академия
- **Алина Мурзаева,** ага окутуучу, «Эл аралык жана ишкедик укук» бөлүмү, Борбордук Азиядагы Америка Университети.

У 92 Учурдагы эл аралык укук: Хрестоматия. – Б. 2013. - 684 с.

ISBN 978-9967-08-400-1

Учурдагы эл аралык укук боюнча хрестоматия окутуучуларга жана студенттерге эл аралык укук боюнча билимдерин системалаштыруу жана конкреттештирүү үчүн методикалык жардам катары атайын иштелип чыкты. Бул окуу каражаты эл аралык укуктун негизги түшүнүктөрүн, ченемдерин жана өзгөчөлүктөрүн бекемдетүүгө жардам берет. Ошондой эле бул китепте эл аралык укук илими боюнча булактардын көп түрдүүлүгү белгиленген. Бул Хрестоматия – заманбап стандарттарды, чечимдерди жана маалыматтарды камтыган Кыргызстандагы эң алгачкы окуу каражаты болуп эсептелет. Ушундан улам Хрестоматия студенттер, аспиранттар, окутуучулар жана эл аралык укук боюнча адистер тарабынан жогорку талапка ээ болот.

У 1207000000-13 **УДК 341**

ISBN 978-9967-08-400-1 **ББК 67.91**

ЫРААЗЫЧЫЛЫК

Баптардын түзүүчүлөрү

Элида К. Ногойбаева, профессордук жана окутуучулар курамы боюнча декан, Борбордук Азиядагы Америка Университети

Мишель Лейтон, «Эл аралык жана ишкердик укугу» бөлүмүнүн доценти, Тянь-Шань саясаты борборунун директорунун орун басары, Борбордук Азиядагы Америка Университети, Фулбрайт программасынын мурунку стипендиаты, АКШ

Камила Матеева, «Эл аралык жана ишкердик укук» бөлүмүнүн жетекчиси, Борбордук Азиядагы Америка Университети

Аяз Баетов, доценттин милдетин аткаруучу, Кыргыз улуттук университети, ABA ROLI-нин (Юристтердин америкалык ассоциациясы, Укуктун үстөмдүк программасы) Кыргызстандагы юристи

Нурзат Мырсалиева, Борбордук Азия боюнча долбоордун кеңешчиси жана юристи, Ачык коомдун укуктук демилгеси

Жибек Койчукулова, окутуучу, Эл аралык жеке укук, Кыргыз мамлекеттик юридикалык Академия

Сайёра Ташматова, окутуучу, Эл аралык коомдук укук, Кыргыз мамлекеттик юридикалык Академия

Алина Мурзаева, ага окутуучу, «Эл аралык жана ишкердик укук» бөлүмү, Борбордук Азиядагы Америка Университети.

Студенттер:

Борбордук Азиядагы Америка Университети: Алтынай Абдылдаева, Мырзагуль Айдаралиева, Зулайка Анварбекова, Чынара Байчаева, Ширин Гурдова, Медина Кулдаева, Эрмек Мамаев, Назик Мурадова, Алтынай Рыспаева, Нуржан Субанбекова, Султан Төлөмүшөв, Айгерим Кебекчиева, Асел Турсунбекова, Кыргыз мамлекеттик юридикалык академия, Жылдыз Турсалиева.

Долбоордун жана басып чыгаруу процессинин координаторлору:

Каныкей Касыбекова, окутуучу, «Эл аралык жана ишкердик укугу» бөлүмү, Борбордук Азиядагы Америка Университети. Руслан Мырзалимов, Кыргыз улуттук Университети, басып чыгаруу процессинин координатору. Көмөкчүсү - Адис Сыдыкбаев, ТШСБнын долбоорунун координатору.

Редакциялоо:

Стивен Люстиг, ага окутуучу, «Ишкердикти башкаруу» бөлүмүнүн башчысы Борбордук Азиядагы Америка Университети (англис тилинде), Аяз Баетов, доценттин милдетин аткаруучу, Кыргыз улуттук университети (орус тилинде),

Нурлан Исмаилов юридика илимдеринин кандидаты, доцент Кыргыз-Түрк «Манас» Университети (кыргыз тилинде). Гульназ Нааматова, Юридика клиникасынын директору, Борбордук Азиядагы Америка Университети (кошумча өзгөртүүлөр жана котормо). Кыргыз тилине которгондор Тынаркүл Рыскулова, филология илимдеринин кандидаты, Айнур Таирова, ТШСБ долбоорунун ассистенти.

Долбоордун координаторлору:

Фулбрайт изилдөөчүлөрүнүн Кыргыз Республикасындагы ассоциациясы: Ассоциациянын президенти Руслан Мырзалимов, Эл аралык кызматташтык жана инвестициялар департаментинин директору, Кыргыз улуттук Университети; Доктор Бактыбек Келдибеков, директордун орун басары, Кыргыз-Кытай институту, Кыргыз улуттук Университети; Бактыбек Исмаилов, ассоциациянын мурунку президенти, КРнын Билим берүү жана илим министри.

Редакторлор авторлорду, изилдөөчүлөрдү жана Кыргызстандын профессор-окутуучулары менен студенттеринин укуктук билим алуусун колдоо максатында алардын арасында китепти акысыз жайылтуу үчүн даярдоого акы төлөөсүз катышкан басып чыгаруучуларга, анын ичинде:

Давид Вейссбродт менен Фионнуалу Ни Аоланга, Ашфак Халфан менен Мари-Клэр Кордоньер Сеггерге, Динах Шелтонго, Ричард Лилликке, Хёрст Ханнум менен Джеймс Анайяга, В.В. Гавриловго, Эндрю Клапамга, Сэр Френклин Бермен менен Ноеми Галь-Орго, Алисон МакДональдга, Луис-Филипп Руиллардга, Жаңы Зеландиянын куралдуу күчтөр укугу боюнча журналына, Санта-Клара Университетинин укуктук баяндамасына, Оксфорд юниверсити пресске, Аспен паблишерзге, Адвокаттардын америкалык ассоциациясына жана Бириккен Улуттар Уюмуна ыраазычылык билдирет. Андан сырткары, материалды жайылтуу, талдоо жана рецензиялоо иштери үчүн Чынара Мусабековага, Бекбосун Бөрүбашовго, Леонард Хаммерге, Диэн Аманнга жана Наоми Рот-Арриазга ыраазычылык билдиребиз. Ошондой эле редакторлор көрсөткөн жардамдары үчүн Кыргыз мамлекекттик юридикалык академиясынын кызматкери Канатбек Абдыкадыровго, Борбордук Азиядагы Америка университетиндеги Тянь-Шань саясат борборунун директору Роджер Л. Диллонго, жана Борбордук Азиядагы Америка Университетинин «Эл аралык жана ишкердик укук» бөлүмүнө ырахмат айтат.

Долбоорду жана орус, англис, кыргыз тилдериндеги басылмаларды колдоого берилген грант үчүн АКШнын КРдагы элчилигине өзгөчө ыраазычылык билдиребиз; АКШнын элчилигинен долбоордун кеңешчилери Гүлжан Тойбаевага, АКШнын элчилигинин маданият маселелери боюнча ассистенти жана коомчулук менен байланыш бөлүмүнүн жетекчиси Кимберли МакДональдга чоң ырахмат.

Оглавление

ЫРААЗЫЧЫЛЫК *3*

Сот чечимдери, иштер жана отчёттор жөнүндө кыскача маалымат *20*

Арбитраждык чечим: Гвинея-Бисау Сенегалга каршы, 1989. 20

БӨЛҮМ I *34*

1-БАП 34

Киришүү *34*

Эл аралык укуктун тынымсыз өзгөрүү мүнөздөмөсү 34

Бул маалымат китебин натыйжалуу пайдалануу жөнүндө 36

2-БАП 37

ЭЛ АРАЛЫК КООМДУК УКУК БУЛАКТАРЫ 37

БУУнун Эл аралык Сотунун Статуту *37*

38-берене 37

Келишимдик укук *37*

Деңиз чек арасын делимитациялоо жана аймак маселелери (Катар Бахрейн Падышачылыгына каршы), 1994 37

Англия-Иран нефть компаниясынын иши (Улуу Британия Иранга каршы), 1952 38

Эл аралык салттык укук *40*

Түндүк деңизинин континенттик шельфи жөнүндө иш (Германия Дания менен Нидерландга каршы), БУУнун Эл аралык Соту, 1969 40

Индиянын аймагы аркылуу өтүү укугуна тиешелүү иш (Португалия Индияга каршы), 1960 44

Куралдуу чыр-чатактарда ядролук куралды колдонууну же колдонуу коркунучунун мыйзамдуулугу жөнүндө БУУнун Эл аралык Сотунун кеңешүүчүлүк бүтүмү, 1996 46

5Укуктун жалпы принциптери *53*

Мурунку Югославия боюнча Эл аралык кылмыш трибуналы (Прокурор Дражен Эрдемовичке каршы), 1998 53

Укуктун кошумча булактары *65*

БУУнун Эл аралык сотунун Уставы, 38-берене, 1 (d)-бөлүм .. 65

Лотустун иши, Эл аралык акыйкаттык сотунун туруктуу палатасы (Франция Турцияга каршы), 1927 65

Никарагуада жана ага каршы аскердик жана жарым аскердик аракеттер жөнүндө иш (Никарагуа Америка Кошмо Штаттарына каршы), БУУнун Эл аралык соту, 1986 67

«Jus Cogens» императивдик ченемдери 68

Никарагуада жана ага каршы аскердик жана жарым аскердик аракеттер жөнүндө иш (Никарагуа Америка Кошмо Штаттарына каршы), БУУнун Эл аралык соту, 1986 68

«Jus Cogens» императивдүү ченемдери жана БУУнун Уставы боюнча милдеттемелер Камрул Хоссейн 69

Jus Cogens-тин (императивдүү ченемди) эл аралык укукта таанылуусу 69

Императивдүү ченемдин эл аралык укуктагы статусу 71

Jus cogens императивдүү ченемдердин мазмунунун айкын эместиги 74

3-БАП 77

ЭЛ АРАЛЫК УКУКТУН СУБЪЕКТТЕРИ 77

Киришүү 77

Эл аралык укуктун субъекттери, Ян Браунли 77

2. Түзүлгөн юридикалык тараптар 79

Мамлекеттер жана мамлекеттүүлүк: эгемендүүлүктүн аурасы, Кристофер Блексли 89

Мамлекеттер 91

Мамлекеттин аныктамасы
Мамлекеттердин укуктары жана милдеттери жөнүндө Монтевидео Конвенциясы 91

Бириккен Улуттар Уюмуна мүчөлүк
БУУнун Уставы 91

Белгилүү аймак жана туруктуу калк
Батыш Сахара, Кеңешүүчүлүк бүтүм, 1975 91

Мамлекеттердин теңдештик принциби 95

Бириккен Улуттар Уюмунун Уставына ылайык мамлекеттер ортосундагы достук мамилелер менен кызматташтыкка тиешелүү эл аралык укук принциптери жөнүндө Декларация 95

Ядролук куралды колдонуу коркунучунун же колдонуунун мыйзамдуулугу жөнүндө Кеңешүүчүлүк бүтүм, 1996 97

Мамлекеттүүлүк маселеси 99

Кургак жердеги жана деңиз чек арасы жөнүндө иш (Камерун Нигерияга каршы), 2002 99

Жаңы мамлекеттердин пайда болушу: элдин көз карандысыздыгы жөнүндө декларация – жаңы мамлекетти таануу 101

Косовонун иши боюнча Кеңешүүчүлүк бүтүм, 2010 101

«Чыгыш Европада жана Советтер Союзунда жаңы мамлекеттерди таануу боюнча колдонмо» жөнүндө Декларация 106

Мамлекеттердин укукту өткөрүп алуусу 107

Габчиково-Надьмарош долбоору (Венгрия Словакияга каршы), 1997 107

Мамлекеттик институттун өкүлү 109

Геноцид кылмышын алдын алуу жана ал үчүн жазалоо жөнүндө Конвенциянын колдонулушу (Босния жана Герцеговина Югославияга каршы), БУУнун Эл аралык Соту, 1996 109

Судья Кречтин өзгөчө пикири 109

Эл аралык уюмдар эл аралык укук субъекттери катары 110

БУУнун эл аралык сотунун БУУда кызмат өтөөдө тарткан зыяндын ордун төлөө жөнүндө кеңешүүчүлүк бүтүм, 1949 110

Куралдуу чыр-чатакта мамлекет тарабынан ядролук куралдын колдонулушунун мыйзамдуулугу (Дүйнөлүк Саламаттык сактоо уюмунун өтүнүч-кайрылуусу), БУУнун Эл аралык сотунун кеңешүүчүлүк бүтүмү, 1996 113

Коопсуздук кеңешинин резолюцияларынын күчү 116

Геноцид кылмышын алдын алуу жана ал үчүн жазалоо жөнүндө Конвенцияны колдонуу, Убактылуу чаралар, 1993-жылдын 13-сентябрындагы токтом (Босния/Герцеговина Югославиягак каршы), (Коопсуздук кеңеши/БУУ) 116

Чыгыш Тимордун иши (Португалия Австралияга каршы), 1995 120

Адам укуктары боюнча комиссиянын Атайын докладчысынын сот кугунтугунан иммунитети жөнүндө талаш, кеңешүүчүлүк бүтүм, 1999 122

Улуттук-боштондук кыймылдары жана башка топтор 126

Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы Ассамблеясы, 62-сессия, Палестина жөнүндө маселе 126

БУУнун Башкы Ассамблеясынын 3237- (XXIX) Резолюциясы, Палестинаны бошотуу уюмунун байкоочусунун статусу, 22-ноябрь, 1974. ... 128

Жеке адамдар, бейөкмөт уюмдары жана ишкердик ишканалар эл аралык укук субъекттери катары ... 130

Эл аралык укукта инсандын ролу, Эндрю Клепхем ... 130

Бир туугандар ЛаГранддардын иши (Германия АКШга каршы), 2001 ... 134

Улуттар аралык корпорациялар жана Эл аралык укук, Алис де Йонг ... 138

Эл аралык Сот: практикалык директивалар ... 139

XII практикалык директива ... 139

Азыркы эл аралык укукта бейөкмөт уюмдарынын укуктук статусу? Э. Ребасти, Л. Виеруччи ... 140

4-БАП ... 142

ТЕРРИТОРИЯЛЫК КӨЗ КАРАНДЫСЫЗДЫК ... 142

Эл аралык укукта аймак концепциясы ... 142

Юрисдикция концепциясына жана аймактык юрисдикцияга киришүү, Мартин Диксон ... 142

Укуктук концепцияга жана аймактык юрисдикцияга киришүү ... 142

Лотустун иши (Франция Турцияга каршы), 1927 ... 148

Никарагуада жана ага каршы аскердик жана жарым аскердик иш-аракет (Никарагуа Кошмо Штаттарга каршы), 1986 ... 154

Аймактык көз карандысыздык жана өзүн өзү аныктоо ... 157

Чыгыш Тимор (Португалия Австралияга каршы), 1995 ... 157

Пулау Лигитан менен Пулау Сипаданга үстөмдүк\ээлик (Индонезия Малайзиягак каршы), 2001 ... 158

Көз карандысыздык жана табигый ресурстарды иштетүү ... 163

Башкы Ассамблеянын 1962-жылдын 14-декабрындагы 1803- (XVII) «Табигый ресурстарга карата туруктуу үстөмдүк» резолюциясы ... 163

Аймактык көз карандысыздык жана деңиз ... 166

Балык уулоого карата юрисдикция жөнүндө иш (Улуу Британия Исландиягак аршы), 1974 ... 166

Деңиз чек арасын делимитациялоо жана Аймактык маселе (Катар Бахрейнге каршы), 2001 ... 171

Кара деңизде деңиз чек арасын делимитациялоо
(Румыния Украинага каршы) 172

5-БАП 178

МАМЛЕКЕТТЕРДИН ЖООПКЕРЧИЛИГИ 178

Мыйзамга каршы эл аралык аракеттер үчүн мамлекеттердин жоопкерчилиги 178

Эл аралык укук комиссиясынын беренелеринин долбоору 178

Эл аралык милдеттемелерди бузуу 180

АКШнын Тегерандагы дипломатиялык
жана консулдук кызматкерлери
(Иран Америка Кошмо Штаттарына каршы), 1980 180

Габчиково-Надьямарош долбоору
(Венгрия Словакияга каршы),1997 180

Рэйнбоу Ворриордун иши
(Жаңы Зеландия Францияга каршы), 1990 181

Мамлекеттин иш-аракети деп каралуучу 182

Адам укуктары боюнча атайын докладчынын сот-
процессуалдык иммунитети боюнча айырмачылык, 1999 182

Никарагуада жана ага каршы аскердик
жана жарым аскердик иш-аракет
(Никарагуа Америка Кошмо Штаттарына каршы), 1986 184

Адам укуктары жана мамлекеттин жоопкерчилиги,
Джеймс Кроуфорд 188

192 Мыйзамга каршылыкты жоюучу жагдайлар 194

Рэйнбоу Ворриордун иши
(Жаңы Зеландия Францияга каршы), 1987 194

Габчиково-Надьмарош долбоору
(Венгрия Словакияга каршы), 1997 198

Укукка каршы эл аралык иш-аракеттин укуктук кесепеттери. 208

Габчиково-Надьмарош долбоору
(Венгрия Словакияга каршы), 1997 208

Камакка алууга ордер (Конго Демократиялык
Республикасы Бельгияга каршы), 2002 209

Кургак жердеги жана деңиз чек арасы жөнүндө иш
(Камерун Нигерияга каршы: Экватордук Гвинея), 2002 212

6-БАП 213

ТАЛАШ-ТАРТЫШТАРДЫ ЧЕЧҮҮ ЖАНА ЭЛ АРАЛЫК УКУК ЧЕНЕМДЕРИН САКТОО 213

Мамлекеттер ортосундагы талаштар 213

Мартин Диксон, «Талаштарды-тынчтык жолу менен чечүү» 213

БУУнун Уставы, I бөлүм, VI бөлүм 222

БУУнун Эл аралык талаштарды тынчтык жолу менен чечүү жөнүндө «Манила декларациясы» резолюциясы 225

Эл аралык укук менен мамлекеттин ички ченемдерин шайкеш келтирүү теориясы, В.В. Гаврилов 232

Айрым эл аралык жана аймактык трибуналдар 239

БУУнун Эл аралык Соту 239

БУУнун Эл аралык сотунун уставы 241

II бап – Соттун компетенциясы, 34-берене. 241

Никарагуада жана ага каршөгы аскердик жана жарым аскердик иш-аракеттер (Никарагуа АКШга каршы), 1986 .. 242

Чек ара талаштары 243

Чек ара талаштары, Малькольм Шо 243

Чек ара талашы (Буркина-Фасо / Мали Республикасы), 1986 244

Арбитраждык чечимдерди кароо 247

Деңиз аймактарын делимитациялоо (Катар Бахрейнге каршы), 2001 247

Арбитраждык териштирүүгө карата ажыратылгыс укук 251

Арбитраждык соттун чечими, (Гвинея-Бисау Сенегалга каршы), 1989 251

Сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү милдети 252

Ядролук куралды колдонуунун же колдонуу жөнүндө коркутуунун мыйзамдуулугу жөнүндө, ... 252

БУУнун ЭСтин Кеңешүүчүлүк бүтүмү, 1996 252

Европалык сот 255

Европалык Союздун Акыйкаттык соту 256

Коста ENEL, СПЕСке каршы / Европа коомчулугунун укугунун үстөмдүгү маселеси (италиялык компанияны улутташтыруу) 1 259

Эл аралык сооода талаштары 261

Кара: II бөлүм, 6-бап, Бүткүл дүйнөлүк Соода уюмунун эрежелери 261
Адам укуктары боюнча талаштар, кара: II бөлүм, 2-бап, Адам укуктары 261
II БӨЛҮМ 262
1-БАП КҮЧ КОЛДОНУУ 262
БУУнун Уставы жана күч колдонууга карата тыюу 262
БУУнун Уставы 262
БУУнун Уставы жана күч колдонуу, Сэр Франклин Берман 262
Ядролук курал менен коркутуунун же аны колдонуунун мыйзамдуулугу, Кеңешүүчүлүк бүтүм, 1996 267
Күч колдонуунун мыйзамдуулугу - өзүн коргоо 269
БУУнун Уставы 269
Никарагуада жана ага каршы аскердик жана жарым аскердик иш-аракет жөнүндө иш (Никарагуа АКШга каршы), 1986 ... 270
Ядролук курал менен коркутуунун же аны колдонуунун мыйзамдуулугу, Кеңешүүчүлүк бүтүм, 1996 275
БУУнун тынчтыкты орнотуу боюнча операциялары жана күч колдонуу, Раз Ведгут 277
Жамааттык коопсуздук максатында күч колдонуу жана 20-кылымдын акырындагы тынчтыкты орнотуучулук, Нурилла Ямали 279
Алдын ала коргонуу 280
Каролинанын иши: Азыркы эл аралык укукта алдын ала коргонуу, Луис Филипп Руллард 280
Иракка каршы күч колдонуунун мыйзамдуулугу 286
Юридикалык бүтүм, Писрайтстын атынан коомдук кызыкчылыкты көрсөтүүчү юристтер 286
Иракта болгон согуштун дүйнөлүк укук тартибине тийгизген кесепеттери, Ноэль Кокс 293
2-БАП 296
АДАМ УКУКТАРЫ 296
Адам укуктары деген эмне? 296
Адам укуктары боюнча Жогорку комиссардын башкармачылыгынын баяндамасы 296
Адам укуктары тармагында эл аралык укуктун өнүгүүсү 298
Адам укуктары жөнүндө эл аралык билль 299

Адам укуктары боюнча келишимдик органдар *303*

Адам укуктары боюнча негизги эл аралык келишимдерге карата мониторинг 303

Кыргыз Республикасынын Конституциясы – адам укуктары жөнүндө жоболор 306

Кыргыз Республикасынын Конституциясы, адам укуктары жөнүндө жоболор 307

Адам укуктарынын эл аралык ченемдери *308*

Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакт 308

Ширин Аумеерулди-Чиффра жана башкалар Маврикия мамлекетине каршы, Адам укуктары боюнча комитеттин доклады 308

Адам укуктары боюнча комитет, Жалпы маанидеги эскертүү №18 310

Жашоо укугу *313*

Екатерина Павловна Лацова Россияга каршы, Адам укуктары боюнча комитеттин чечими, 2002 313

Адам сатуу
Азыркы учурдагы кулчулук *318*

Адам сатуу ЕККУ, факттардын баяндамасы 318

Өзүн өзү аныктоо *321*

Жалпы эскертме №12, Адам укуктары боюнча комитет, Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакт боюнча келишимдик орган 321

БУУнун Башкы Ассамблеясынын өзүн өзү аныктоо боюнча 2649-резолюциясы 322

Өзүн өзү тааануу жана чыр-чатактарды чечүү: Косоводон Суданга, Луиза Арбур 324

Чек ара талашы (Буркина-Фасо / Республика Мали), 1986 . 326

Кыйноолор жана сот процесси *328*

Международный пакт о гражданских и политических правах 328

Отабек Ахадов Кыргызстанга каршы, Адам укуктары боюнча комитеттин чечими 328

Дмитрий Гридин Россияга каршы, Адам укуктары боюнча комитеттин чечими, 2000 332

Феликс Кулов Кыргызстанга каршы, Адам укуктары боюнча комитеттин чечими, 2010 337

Жахонгир Максудов Кыргызстанга каршы,
Адам укуктары боюнча комитеттин чечими, 2008 339

Ассоциациялардын эркиндик укугу жана профессионалдык союздар *346*

Исмаилов Азербайжанга каршы,
Адам укуктары боюнча европалык соттун чечими, 2008 346

Төлөйкан Исмаилованын өтүнүчү боюнча
Кыргыз Республикасынын Конституциялык
сотунун чечими, 2-март, 2010 349

Өз оюн билдирүү жана дин эркиндиги *350*

Худайберганова Өзбекстанга каршы,
Адам укуктары боюнча комитеттин чечими, 2004 350

Ой эркиндиги жана маалымат алуу укугу *357*

Нурбек Токтакунов Кыргызстанга каршы,
Адам укуктары боюнча комитеттин чечими, 2011 357

Эркин шайлоо *361*

ООНдун Адам укуктары боюнча
жалпы декларациясы (1948) 361

Адам укуктарын жана негизги эркиндиктерин
коргоо жөнүндө Европалык конвенциянын
N 1-протоколу (1952) 361

Мате-Моэн жана Клерфейт Бельгияга каршы,
Адам укуктары боюнча европалык соттун чечими 361

Жер которуулар, миграциялар, аргасыз көчкөндөр *365*

Калктын жер которуулары, көчүү жана миграция,
Мишель Лейтон 365

*Экономикалык, социалдык жана маданий
укуктар жөнүндө эл аралык пакт* *370*

Билим алууга карата мамлекетик милдеттемелер,
көрсөткүчтөр жана укуктар, Пол Хант 370

Турак-жай укугу *373*

Түштүк-Африка Республикасынын өкмөтү
жана башкалар Грутбумга каршы 373

Эмгек укугу (мигранттар) *377*

Эл аралык эмгек укугунун Кыргыз Республикасынын
укук системасында колдонулушу, Элида Ногойбаева 377

Эл аралык укук ченемдери улуттук укук системасында кандайча иштейт жана алардын ички укук ченемдери менен шайкеш келүүсү кандайча камсыз кылынат? 380

Ден соолук укугу *382*

Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар боюнча эл аралык пакт 382

ЭСМУЭП боюнча жалпы мазмундагы эскертме №15 (2002) 386

Суу укугунун мыйзам негиздери 386

Адам укуктары боюнча Жогорку комиссардын офиси, Факттарды келтирүү 35, Суу укугу 386

Азык-түлүк укугу *387*

БУУнун азык-түлүк жана айыл чарба уюму, Факттарга баяндама №34 387

Топтордун укуктары *388*

Аз сандагы улуттар 388

Аз сандуу топтордун өзгөчө укуктары 390

Алексеев Россияга каршы, Адам укуктары боюнча Европалык соттун чечими, 2010 391

Балдардын укугу *394*

Баланын укуктары жөнүндө конвенция 394

Адам укуктары боюнча комитет, Кыргызстан боюнча бүтүмдүк эскертмелер 395

3-БАП 400

ЭЛ АРАЛЫК ГУМАНИТАРДЫК УКУК 400

Эл аралык гуманитардык укуктун булактары *400*

Биринчи Женева Конвенциясы 400

Эл аралык гуманитардык укук ченемдеринин тизмеси 402

Ядролук куралды колдонуу же аны колдонуу коркунучунун мыйзамдуулугу, кеңешүүчүлүк бүтүм, 1996 413

Прокурор Д.Тадичке каршы, Мурунку Югославия боюнча эл аралык кылмыш жаза трибуналы 418

“JUS AD BELLUM ЖАНА JUS IN BELLO” 421

“Jus ad bellum” (күч колдонуунун мыйзамдуулугу жөнүндө) менен “jus in bello” (согуш аракеттеринин жүрүшүндө сакталышы керек болгон гуманитардык ченемдер жөнүндө) ортосундагы принципиалдуу айырмачылык 421

Эл аралык укук боюнча комиссия, Мамлекеттик коопсуздук жөнүндө беренелер, Доклад, A/56/10- август 2001 423
Табладдын иши, адам укуктары боюнча Америка аралык комиссия 427

Комбатанттар жана аскер туткундары 430
Женева конвенцияларына биринчи Кошумча протокол 430
Үчүнчү Женева конвенциясы, 1949 431
БУУнун персоналынын коопсуздугу жөнүндө Конвенция .. 434
Берене 7: БУУнун персоналын жана аларга байланыштуу персоналга коопсуздукту жана коргоону камсыз кылуу милдеттери. 434
БУУ персоналына жана аларга байланыштуу персоналдын коопсуздугу жөнүндөгү Конвенцияга карата факультативдүү протокол 436
Мыйзамсыз комбатанттарды кармоо, Ияд Израиль мамлекетине каршы, Израилдин Жогорку соту 437
Аскер комиссиялары, Америка Кошмо Штаттары 445
Куралдуу чыр-чатак мезгилинде жеке менчик аскер жана күзөт компанияларынын иштөөсүнө тиешелүү эл аралык укуктук милдеттемелер жана мамлекеттердин алдыңкы практикалык ыкмалары жөнүндө Монтрёнун документи ... 447

Кеме кыйроосуна учураган жарадарларды, оорулууларды коргоо 451
Экинчи Женева конвенциясы, 1949 451
Пелейдин иши, Гамбургдагы Британия аскер соту 454
Эл аралык Кызыл Крест Комитетинин Йемен жөнүндөгү отчету, 1967 458
Ооруканаларда эркектер менен аялдарга карата ар башка мамиле, Афганистан 460
Коопсуздук кеңешинин 1193-резолюциясы (1998) 463

Жарандык калкты коргоо 464
Төртүнчү Женева конвенциясы, 1949 464
Женева конвенцияларына карата биринчи Кошумча протокол, 1977 471
Куралдуу чыр-чатактарда жарандык тараптарды коргоо жана эл аралык жардам көрсөөтүүчү уюмдар жөнүндө БУУнун Башкы катчысынын доклады. 478
Куралдуу чыр-чатактарда жарандык тараптарды коргоо жөнүндөгү башкы катчынын доклады 479

Прокурор Кунарачка, Ковачка жана Вуковичке каршы Мурунку Югославия боюнча эл аралык кылмыш жаза трибуналы, 2002 485

Согуш жүргүзүү ыкмалары жана каражаттары 490

Женева конвенцияларына карата биринчи Кошумча протокол, 1977 490

Химиялык куралга тыюу салуу жөнүндө протокол, 1925 491

Эл аралык гуманитардык укуктун ченемдерин киргизүү 498

Басылып алынган Палестина аймагында дубал курууну укуктук кесепеттери 498

Кызыл Кресттин эл аралык комитети, Эл аралык гуманитардык укук боюнча кеңешүүчүлүк кызматтар 502

Кызыл жарым ай жана кызыл крест белгилерин колдонуу жана коргоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын 2000 - жылдын 29 - сентябрындагы мыйзамы (мындан кийинки тексте мыйзам деп аталат) 505

Административдик жоопкерчилик жөнүндө Кыргыз Республикасынын Кодекси 506

4-БАП 510

КЫЛМЫШ ЖООПКЕРЧИЛИГИ 510

Трибуналдар жана Эл аралык кылмыш жаза соту 510

Атайын трибуналдардан туруктуу Эл аралык кылмыш жаза сотуна, Юсуф Аксар, 2004 510

Универсалдык сот жазасына тартылуучулук принциби 513

Камакка алууга ордер (Конго Демократиялык Республикасы Бельгияга каршы), 2002 513

Адам укуктары жана мамлекеттин жоопкерчилиги, Джеймс Кроуфорд 516

Аскер командиринин жоопкерчилиги 520

Прокурор Живеналя Кажьилелиге каршы, 2003 520

Геноцид 523

Геноцид кылмышынын алдын алуу жана ал үчүн жазалоо конвенциясын колдонуу тууралуу иш (Босния жана Герцеговина, Сербия жана Черногорияга каршы) 523

Жоргич Германияга каршы, адам укуктары боюнча Европалык соттун чечими, 2007 526

Прокурор Живеналя Кажьилелиге каршы, 2003 528

Прокурор Радислав Крстичке каршы, 2004 531

Адамзатка каршы кылмыштар *534*
Прокурор Живеналь Кажьилелиги каршы, 2003 534
Прокурор Радислава Крстичке каршы 539
Прокурор Тадичке каршы 543
Аскер кылмыштары *544*
Генерал Т. Ямаситага каршы сот процесси 544
Германиянын Жогорку Командачылыгынын үстүнөн сот.. 546
БАП 5 549
ЭЛ АРАЛЫК ЭКОЛОГИЯЛЫК УКУК 549
Тарыхий аспектилер *549*
Туруктуу өнүгүү жана айлана чөйрө укугу боюнча эл аралык укуктун принциптери 552
Тиешелүү келишимдердин негизинде уюштурулган органдар 569
Экология көйгөйлүү маселелери боюнча иш алып барган негизги органдар 569
Климаттын өзгөрүүсү боюнча өкмөттөр аралык адистер тобу. 569
Тиешелүү келишимдердин негизинде уюштурулган органдар жана келишимдер 570
Бириккен Улуттар Уюмунун климаттын өзгөрүүсү боюнча Рамалык Конвенциясы 570
Суу ресурстары *572*
Уругвай дарыясындагы целлюлоза заводу (Аргентина Уругвайга каршы), 2010 572
Деңиз укугу боюнча БУУнун Конвенциясы 578
Бириккен Улуттар Уюмунун Дэңиз укугу боюнча үчүнчү конференциясы 578
Чек аралаш суу ресурстары боюнча комиссия, Кыргызстан жана коңшу мамлекеттер 580
Уулуу заттар жана коркунуч жаратуучу таштандылар *582*
Коркунуч жаратуучу таштандыларды чек аралардан ташып өтүүсүн көзөмөлгө алуу жөнүндөгү Базель конвенциясынын кыскача баяндамасы 582
Уулуу таштандылар боюнча атайын билдирүү жасоочу (Кыргызстан жөнүндөгү докладдан алынган кыскача маалымат) 584
Резюме 584

Кот- д'Ивуардагы уулуу заттардын таштандылары боюнча иш, Трафигура 586

Жапайы жаратылыш жана биотүрдүүлүк 589

Жапайы жаратылышты коргоо жана биотүрдүү лүктүсактап калуу 589

Биологиялык түрдүүлүк жөнүндө БУУнун конвенциясы 590

Конвенциянын айрым беренелери: 591

Жер ортолук деңиздин жыгачка чыккыч бакасы, Европалык акыйкат сотунун чечими, 2007 594

Климаттын өзгөрүүсү 597

Климаттын өзгөрүүсү жөнүндө БУУнун алкактык конвенциясы (КөБУУАК/UNFCCC) жана Киот протоколу 597

Киот протоколунун механизмдери 598

Эстония Республикасы Европалык комиссияга каршы 599

Адам укуктары жана айлана-чөйрө 607

Дубецкая жана башкалар Украинага каршы, Адам укуктары боюнча Европалык соттун чечими, 2011 607

Будаева Россияга каршы, Адам укуктары боюнча Европалык соттун чечими, 2008 610

Корпоративдик жоопкерчилик жана айлана-чөйрөнү коргоо 615

Ишкердик аракеттеринин адам укуктары аспекти боюнча БУУнун негизги принциптери 615

Ишкердик аракеттеридн адам укуктары аспектиндеги негизги принциптер: БУУнун «коргоо сактоо жана укуктук коргоого» карата алкактарын ишке ашыруу 619

Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар үчүн эл аралык коомчулук (ЭСКП-нетворк) жана «Хьюман Райтс Вотч» уюму – БУУнун Адам укуктары боюнча кеңешине биргелешкен кйрылуусу , 4-июнь, 2010 621

Алленс Артур Робинсон, Аннет Хьюз, Рэйчел Николсон жана Кати Шавин юридикалык фирманын доклады, 4-май, 2010 622

6-БӨЛҮМ 623

ЭЛ АРАЛЫК СООДА УКУГУ 623

БДСУнун тарыхы жана негизги принциптери 623

Тарифтер жана ГАТТ боюнча милдеттемелер, II берене *625*

Аргентина – бут кийимди, текстилди, кийимди жана башка нерселерди импорттоого тиешелүү чаралар (БДСУ комиссиясынын отчету), 1997 625

Улуттук тартип жана ГАТТ, III берене *630*

Япония жана ичимдиктерге коюлган салыктар (Отчет БДСУнун аппеляциялык комиссиясынын отчету), 1996 630

Эң мыкты өбөлгөчүлүк тартиби (ЭМӨТ) ГАТТ *640*

Индонезия – автомобиль өнөр жайына карата чаралар (БДСУнун комиссиясынын отчету) 1998 640

Айлана-чөйрөнү коргоо жана соода *645*

АКШ – Тунецти импорттоого карата чек коюу (БДСУнун комиссиясынын отчету) 1994 645

АКШ – өзгөртүлгөн жана кадимки бензинге карата стандарттар (БДСУнун аппеляциялык комиссиясынын отчету) 653

Аймактык соода келишимдери 659

БДСУнун талаштарын чечүү системасы *661*

Бүткүл дүйнөлүк соода уюму 661

Мамлекеттер менен башка өлкөлөрдүн жеке жана юридикалык тараптарынын ортосундагы инвестициялык талаштарды жөнгө салуу жөнүндө конвенция 677

Көрсөткүчтөр 679

Сот чечимдери, иштер жана отчёттор жөнүндө кыскача маалымат

Арбитраждык чечим: Гвинея-Бисау Сенегалга каршы, 1989.

1989-жылдын 23-августунда Гвинея-Бисау, 1989-жылдын 31-июлундагы арбитраждык чечимди анык көпчүлүктүн болбогондугуна байланыштуу жараксыз деп таануу жөнүндө арыз берип, БУУнун Эл аралык сотунда Сенегалга каршы иш козгогон. Гвинея-Бисау аталган арбитраждык чечим жараксыз, себеби арбитраждык сот ага берилген эки суроонун экинчисине жооп бере алган эмес, картада жалпысынан бир сызыкка тиешелүү болгон деңиз мейкиндиктерин делимитациялоо жөнүндө чечим кабыл алган жана анын себептерин атаган эмес, ошондуктан өзүнүн юрисдикциясын колдоно албайт деп ырастаган.

Аргентина – бут кийимди, текстилди, кийимди жана башка товарларды импорттоого тиешелүү чаралар, Эл аралык соода уюмунун (ЭСУ) тобунун отчёту, 1997. Аргентинада импортко карата тарифтердин көпчүлүгү адволардык (жарыяланган бага туура келүүчү) наркка ылайык белгиленет. Ал эми текстилге, кийимге жана бут кийимге карата болсо, Аргентина 1993-жылдан тартып минималдык атайын импорттук төлөмдү сактап келген. Бул тартип бекитилген мөөнөткө ээ токтом менен директиванын алкагында колдонулуп келген. Аргентина Уругвай раундунун натыйжаларын 1994-жылдын 23-декабрында жарыяланган № 24.425 мыйзам менен бекиткен. Натыйжада Аргентина сырттан алынып келүүчү текстилге, кийимге жана бут кийимге карата 35 пайыздык адволардык төлөмгө макул болгон. Ошону менен катар Аргентина бут кийим, текстиль жана кийим секторлоруна минималдык атайын импорттук төлөм системасын колдонууну улантып келген. Бут кийимге карата минималдык атайын импорттук төлөм 1997-жылы алынып салынган. Убактылуу кепилдик чаралары аталган секторду 1997-жылдын 25-февралынан тартып колдонулган. Бир эле мезгилде 1989-жылдан тартып Аргентина импорттоочулар, экспорттоочулар жана коомдун кенен катмарлары үчүн статистикалык кызматтарды каржылоого багытталган өндүрүмдөргө карата салык колдонуп келген.

Мыйзамдар, указдар жана токтомдор менен бекитилген жана башкаларда да колдонулуучу, жогоруда эске салынган тартипти пайдалануу үчүн Аргентинанын көргөн чараларына тиешелүү маселени жумушчу топ карап чыккан.

Будаева жана башкалар Россияга каршы, Адам укуктары боюнча Европалык сот, 2008. Нальчикте жашоочу Шогенова айымдан башка бардык арыз берүүчүлөр Тырнауз шаарында жашашкан. Ал шаар Кабардин-Балкарияда (Россия) Эльбрус тоосуна жакын тоолуу жерде жайгашкан. Ал жерде болгон сел каптоолор адамдардын өлүмүнө жана мүлктүк кыйроого алып келген. Селдер аталган аймакта 1937-жылдан тартып, айрыкча жай мезгилинде жыл сайын катталып келген. Бул иш, атап айтканда, Россиянын бийлиги адам укугун бузду, себеби 2000-жылдын июль айында Тырныаузду талкалаган ири масштабдагы сел каптоолор болушу мүмкүндүгү жөнүндөгү эскертүүлөргө көңүл бурган эмес, жергиликтүү калкты эскертип, эвакуациялоо жана өзгөчө кырдаалга ылайык жардам көрсөтүү стратегиянын аткарылышын камсыз кылган жок же катастрофадан кийин сот тергөө иштерин өткөргөн жок деген арыз ээлеринин ырастоосуна тийиштүү болгон.

Чыгыш Тимор (Португалия Австралияга каршы), 1995. 1991-жылдын 22-февралында Чыгыш Тиморго карата Австралиянын айрым иш-аракеттери» боюнча Португалия Австралияга каршы сот ишин козгогон. Португалия БУУнун Уставынын XI бөлүмүнө ылайык Чыгыш Тимордо өкүмдүк кылуучу күч катары иш-аракет жасаган. «Аймакта Чыгыш Тимордун индонезиялык провинциясы менен Түндүк Австралиянын ортосунда кызматташтык» жөнүндө келишим түзүп, Австралия Португалиянын ыйгарым укуктарын жана милдеттерин, ошондой эле Чыгыш Тимордун жарандарынын өзүн өзү аныктоо жана башка укуктарын урматтоо боюнча милдеттемелерин аткарган эмес. Португалиянын билдирүүсүнө ылайык, Австралия, Чыгыш Тимордун калкынын жана Индонезия батыш Тиморго басып киргенден кийин Чыгыш Тимордон чыгып кеткендигине карабастан, Башкы Ассамблеянын айрым резолюциясына ылайык административдик бийлике ээ экендигин ырастаган Португалиянын алдында эл аралык жоопкерчиликке тартылышы керек болчу. Юридикалык негиз катары Португалия Уставдын 36-беренесинин 2-параграфына ылайык эки өлкөнүн декларациясына таянган. Австралия БУУнун Эл аралык Сотунун бул арызды каroo юрисдикциясына каршылыгын билдирген.

Никарагуага каршы аскердик жана жарым аскердик иш-аракет (Никарагуа Америка Кошмо Штаттарына каршы), 1986. Бул иш Никарагуанын өкмөтүнө каршы козголончу кыймылга жардам көрсөтүүдө жана Никарагуанын кеме токтоочу жээгин миналоодогу ролу үчүн Америка Кошмо Штаттарына каршы БУУнун Эл аралык Сотунда Никарагуанын койгон доосуна тиешелүү болгон. Америка Кошмо Штаттары бул ишти кароого Соттун укугу жок деген аргументин сот четке каккандан кийин ишти угууга катышуудан баш тарткан. Сот өзүнүн укугу бар деп чечкен

жана ишти кароону улантканы. Сот Америка Кошмо Штаттары тарабынан бир катар эл аралык ченемдер бузулган деп тааныган.

Дубетска жана башкалар Украинага каршы, адам укуктары боюнча Европалык сот, 2011. Иш жакын жайгашкан көмүр шахтасы менен заводдун иштөөсүнүн натыйжасында өнөкөт ооруларга чалдыккандыктары, үйлөрүнө жана жашаган чөйрөсүнө келтирилген зыяндан жабыркагандыктары жөнүндө Европалык Сотко кайрылуучулардын доосуна тиешелүү болгон. Арыз ээлери Львов областынын (Украина) Вилшня айылында туруучу украиналык 11 жаран болчу. Алар Дубетска-Найда жана Гаврилюк-Вакиев деген эки үй-бүлөнүн мүчөлөрү болуп эсептелет жана 1933 жана 1959-жылдарда курулган эки үйдө турушат. Мамлекеттик көмүр шахтасы 1960-жылдан тартып арыз ээлеринин үйлөрүнө жакын жерде иштей баштаган жана кендин иштетүүгө жараксыз катмарын таштоочу жай Дубетска-Найдалардын үйүнөн 100 м алыстыктагы жерге салынган. 1979-жылы мамлекет көмүрдү кайра иштетүүчү заводду куруп, ал кийинчерээк Дубетска-Найдалардын үйүнөн 430 м аралыкта жана Гаврилюк-Вакиевдердин үйүнөн 420 м аралыкта орун алган 60 метрдик кендин жараксыз катмарын жараткан. Кендин жараксыз топтому 2007-жылы заводду менчиктештирүү жөнүндө чечим кабыл алынгандан кийин да мамлекеттин менчигинде калып келет. өкмөттүк жана бейөкмөт уюмдары жүргүзгөн бир катар изилдөөлөрү шахта менен заводдун иштөөсү айлана чөйрөгө: суу ташкындары, жер алдындагы суулардын, абанын булганышы, жердин чөгүшү сыяктуу терс таасир тийгизгендигин көрсөткөн. Завод менен анын шахтасынын чет-жакаларында жашаган адамдарга шишик (рак) ооруларына, дем алуу органдарынын жана боор ооруларына дуушар болуу чоң коркунучу келтирилген деген жыйынтык чыгарылган. Арызданууучулар адам укуктары бузулгандыгы үчүн төлөмдөрдүн берилиши үчүн өкмөттүн иш-аракеттерине доомат коюшкан.

Балык өнөр жай тармагына карата укук жөнүндө иш (Бириккен Падышачылык Исландияга каршы), 1974. Бириккен Падышачылык 1961-жылдын 11-мартында жоопкер-мамлекет менен нота алмашкандыгына таянып, жоопкер-мамлекеттин 12 миль эксклюзивдүү балык уулоо аймагына карата 1958-жылы жасаган билдирүүсүнөн келип чыккан талашты чечүү үчүн Эл аралык соттун юрисдикциясын колдонулушун талап кылган. Арыздын түзүлүшүнө Исландиянын эксклюзивдүү аймакты 50 милге чейин кеңейтүү жөнүндө 1972-жылдын 17-февралындагы токтому себеп болгон. Исландия сот процессине келген эмес.

Англия-Иран нефть компаниясынын иши (Бириккен Падышачылык Иранга каршы), 1952. Иш Бириккен Падышачылык менен Ирандын ортосундагы талашка тиешелүү болгон. Бириккен Падышачылык

1951-жылы Иранда нефть өнөр жайынын улутташтырылуусу Англия-Персия нефть компаниясы (азыр Британ Петролеум (BP)) менен Персиянын (азыр Иран) падышалык өкмөтүнүн ортосундагы 1933-жылы түзүлгөн жана Англия-Иран нефть компаниясына Ирандын 100,000 кв. миль (260,000 кв. км) жеринде Иранга роялти төлөп берүү шарты менен нефть өндүрүүгө 60 жылга лицензия берген келишимди бузат деп ырастаган. 1951-жылдын 26-майында Бириккен Падышачылык БУУнун Эл аралык сотунда 1933-жылдагы келишимди күчүндө калтыруу талабы менен Иранга каршы иш козгогон жана Иран келтирилген чыгымды жана Бириккен Падышачылыктын компаниясы киреше алууда үзгүлтүккө учурагандыгы үчүн акы төлөп берген.

Дмитрий Гридан Россияга каршы, Адам укуктары боюнча Комитет, 2007. Билдирүүнүн автору, Дмитрий Леонидович Гридан, орус студенти, Жарандык жана Саясий укуктар жөнүндө эл аралык Пакттын 14-беренесинин (талаптагыдай укуктук процедура жана акыйкат сот укугу) Россия тараптан бузулушунун курманы болгондугун билдирген. О.э. иш аталган Пакттын 9- жана 10-беренелерине да тиешелүү.

Жахонгир Максудов жана башкалар Кыргызстанга каршы, Адам укуктары боюнча комитет, 2006. Билдирүүнүн авторлору, Адам укуктары боюнча комитетке кайрылышкан Жахонгир Максудов, Адил Рахимов, Якуб Ташбаев жана Расулжон Пирматов бардыгы өзбекстандын жарандары, 1975, 1974, 1956 жана 1959-жылдары (иретине жараша) туулган. Арыз берген мезгилде бардык авторлор БУУнун Качкындардын иштери боюнча жогорку комиссарынын Башкармачылыгы тарабынан берилген качкын статусуна ээ болушчу жана Өзбекстандын Башкы прокурорунун сурамынын негизинде Өзбекстанга жөнөтүлүшүн күтүп, Ош шаарынын тергөө изоляторунда отурушкан. Алар Жарандык жана Саясий укуктар жөнүндө эл аралык Пакттын 6-беренесинин (жашоого укук), 7-(кыйноолорго тыюу), 9- (мыйзамсыз кармалуу жана камакта отуруудан эркин болуу укугу) жана 14-беренесинин (талаптагыдай укуктук процедура жана акыйкат сот укугу) Кыргызстан тараптан бузулушунун курманы болгондуктарын билдиришкен.

Рэйнбоу Ворриордун иши (Жаңы Зеландия Францияга каршы), 1990. Бул иш Британияда катталган Гринпистин кемеси «Рэйнбоу Ворриордун» чөгүп кетишинин кесепетинен чыккан Жаңы Зеландия менен Франциянын ортосундагы талашка байланыштуу пайда болгон. Иш арбитраждык тартипте Башкы катчы Хавьер Пирез де Киллар тарабынан 1986-жылы чечилип, мамлекттин жоопкерчилиги тармагында эл аралык коомдук укук үчүн маанилүү болуп калды.

Түндүк континенталдык шельф жөнүндө иш (Германия Дания менен Нидерланддарга каршы), 1969. Соттук кароого 1969-жылы берилген бул талаш иш, биринчи тараптан Германия Федеративдик Республикасы менен Даниянын, экинчи жактан, Германия Федеративдик Республикасы менен Нидерланддардын ортосунда чек араларды континенталдык шельфтерди делимитациялоого байланыштуу болгон. Тараптар Соттон нефть менен газга бай түндүк континенталдык шельфтин чек араларын делимитациялоо жөнүндө маселени чечип берүүнү суранышкан.

Жер маселеси жөнүндө иш (Катар Бахрейнге каршы), 2011. 1991-жылдын 8-июлунда Катардын тышкы иштер министри Сотко арыз берип, Бахрейнге каршы Хавар аралдарына, Дибал жана Китат Жарада майда сууларына өкүмдүк кылуу боюнча, о.э. эки мамлекеттин суу мейкиндиктерин демаркациялоо жөнүндө эки мамлекеттин ортосундагы айрым талаш-тартыштарга байланыштуу иш козгогон.

Лотустун иши (Франция Турцияга кары), 1927. 1926-жылдын 2-августундагы С.С.Лотус француз кемесинин С.С. Боз-Курт түрк кемеси менен Мителенден түндүгүрөөк аймакта кагылуушусунун натыйжасында Турция өкмөтү француз офицери Месье Демонстун үстүнөн Турциянын сегиз жаранын чөгөргөндүгү үчүн кылмыш ишин козгогон. 1927-жылдын 7-сентябрында иш Эл аралык Соттун туруктуу палатасына жөнөтүлгөн. Кароого коюлган суроо француз офицери Демонсту жоопко тартуу боюнча Турциянын юрисдикциясы болчу.

ЛаГранддын иши (Германия АКШга каршы), 2001. Консулдук мамилелер жөнүндө ЛаГранддын Вена Конвенциясына тиешелүү иши БУУнун Эл аралык соту тарабынан каралган. Аталган иште Сот өзүнүн убактылуу соттук буйруктар милдеттүү түрдө аткарылууга тийиш деп чечкен жана Конвенцияда камтылган укуктар мамлекет ичинде процессти козгоо менен четке кагылышы мүмкүн эмес болчу.

Кургак жердеги жана деңиз чек арасы боюнча иш (Камерун Нигерияга каршы), 2002. 1994-жылдын мартында Бакасси жарым аралында өкүмдүк кылуу укугу жөнүндө сурооо байланыштуу талаш-тартыш боюнча Камерун БУУнун Эл аралык Сотунда иш козгогон. 1994-жылдын июнунда Камерун талаштын себептери катары Чад көлүндө Камерунга тиешелүү аймакка өкүмдүк кылуу жана Чад көлүнөн деңизге чейинки Камерун менен Нигериянын ортосундагы чек ара жөнүндө маселени киргизген. 1999-жылы Сот Камерун менен Нигериянын ортосундагы деңиз чек арасы боюнча чечилиши күтүлүп жаткан ишке байланыштуу өзүнүн мыйзамдуу укуктарын коргоого аракет кылган Гвинеянын кийлигишүүсүн санкциялаган.

Екатерина Павловна Ланцова Россияга каршы, Адам укуктары боюнча комитет, 2002. Билдирүүнүн автору Екатерина Павловна Ланцова – каза болгон Владимир Ланцовдун апасы Адам укуктары боюнча комитетке кайрылган. Ланцова айым анын баласы Россия тараптан Жарандык жана саясий укуктар боюнча эл аралык пакттын 6-беренесинин (жашоого укук), 7-беренесинин (кыйноолорго тыюу) жана 10-беренесинин (негизсиз кармап камакка алуу жана камакта гумандуу мамиле) бузулгандыгынын курманы болду деп билдирген.

Батыш Сахара, БУУнун Эл аралык Сотунун кеңешүүчүлүк чечими, 1975. БУУнун Эл аралык Соту күкүрткө бай аймактардын испан колониясынан бошотулуусуна байланыштуу эл аралык келишпестиктерден пайда болгон юридикалык суроолор жөнүндө Батыш Сахара боюнча кеңешүүчүлүк бүтүм чыгарып берген. Марокко менен Мавритания Батыш Сахаранын аталган аймагында жашаган калк арасында референдум өткөрбөстөн өз курамына кошууга умтулушкан. Чыгыш мамлекет өз арызын БУУга жиберген, жана 1974-жылдын декабрында Башкы Ассамблея Соттун кеңешүүчүлүк бүтүмүн сураган.

Куралдуу чыр-чатакта ядролук куралды колдонуу же колдонуу коркунучунун мыйзамдуулугу, БУУнун Эл аралык Сотунун кеңешүүчүлүк чечими, 1996. Алгач Сот Бүткүл дүйнөлүк саламаттык сактоо уюмунун (БССУ) аталган маселе боюнча кеңешүүчүлүк бүтүм чыгаруу жөнүндө арызын караган. Сот өзүн аталган маселени кароо үчүн юрисдикцияга ээ эмес деп чечкен. Андан соң бул өтүнүч-арыз 1994-жылы Бириккен улуттар Уюмунун Башкы Ассамблеясы тарабынан жиберилип, анда Сот ишти угуу үчүн юрисдикцияга ээ деп чечкен. Эл аралык Сот ядролук куралды колдонуу же колдонуу коркунучунун мыйзамдуулугу боюнча 1996-жылдын 8-июлунда кеңешүүчүлүк чечим чыгарып берген. Аталган бүтүм эл аралык укук алкагында ядролук куралды колдонуу коркунучунун же колдонуунун мыйзамдуулугу боюнча аз сандагы кадыр-барктуу чечимдердин бирин өзүнө камтыйт.

Индонезия – автоунаа өнөр жайына тиешелүү айрым чаралар, Дүйнөлүк соода уюмунун (ДСУ) доклады, 1998 жыл. Чечим Европа коомчулугунун Индонезия тарабынан соодага карата өзүнө пайдалуу салыктарды жана бажы төлөмдөрүн орнотуу боюнча ички чараларын жокко чыгаруусуна жана Инвестициялык чаралардын соода аспекттери боюнча келишимдин («ИСАК Келишим») 2-беренесинин жоболору, о.э. соодага карата дискриминациялык салык колдонуудагы 1994-жылкы СТБК 2нин III беренеси Индонезия тарабынан бузулушуна тиешелүү. Андан сырткары, иш Индонезиянын 1996-жылдагы Автоунаа куруу боюнча улуттук програм-

масына, ал тараптан «ИСАК Келишимдин» 2-беренесинин жоболорунун, о.э. соодага карата дискриминациялык салык колдонуудагы 1994-жылкы СТБК 2нин I жана III беренесинин бузулушуна да тиешелүү болгон. Топ «талаштарды жөнгө салуу органына Индонезиядан өз чараларын ДСУнун Келишими боюнча милдеттемелерине ылайыкташтыруусун талап кылуу» кеңешин берген.

Исмаилов Азербайжанга каршы, Адам укуктары боюнча Европалык сот, 2008. Билдирүүнүн автору Исмаилов мырза ал коомдук бирикмени каттайын дегенде мамлекеттик каттоо кызматы тарабынан олуттуу тоскоолдуктар коюлган деп ырастайт. Арыз ээси өзүнүн бирикме түзүүгө болгон укугу бузулду деп эсептейт. О.э. доочу мамлекеттик соттор анын ишин кароодо көз карандысыз жана калыс болгон жок, о.э. укук коргоо боюнча мамлекеттин ички каражаттары анын бирикмесинин Азербайжандын Укук министрлигине каршы арыздарында оң натыйжа берген эмес деп эсептейт..

Коста Энэлге каршы, Европанын Акыйкаттык соту (италиялык компаниянын улутташтырылышы), 1964. Европалык сот Италиянын жараны, электр компанясында үлүштүк ээлиги бар жана Италияда электр тармагынын улутташтырылышына каршы чыккан Коста мырзага карата Европа союузунун мыйзамдарынын ага мүчө өлкөлөрдүн мыйзамдарына болгон үстөмдүгүнө байланышкан маселени карап чыккан. Коста мырза нааразычылык иретинде электр кубаты үчүн 1925 лир (0,99 евро) акысын төлөөдөн баш тарткан жана мамлекеттик Энэл электр компаниясынын эсебин төлөөдөн баш тартты деп күнөөлөнгөн. өзүн коргоо иретинде ал улутташтыруу Рим келишимине жана Италиянын Конституциясына каршы келет деп билдирген. Италия сотчусу Гуидайс Консилиаторе Милана ишти Италиянын Конституциялык сотуна, андан соң Европа сотуна кароого жиберген.

Кара деңиздеги деңиз чек арасын демаркациялоо (Румыния Украинага каршы), 2009. 2004-жылдын 16-сентябрында Кара деңизде эки өлкөнүн ортосунда бир чек араны орнотуу, эки мамлекетке тиешелүү континенталдык шельф менен эксклюзивдүү экономикалык аймакты бөлүү маселеси боюнча Румыния Украинага каршы БУУнун Эл аралык сотуна арыз берген. Румыния Соттон чек араны мамлекеттик укукка ылайык, тагыраак айтканда, Румыния менен Украинанын ортосундагы 1997-жылдын октябрында күчүнө кирген Кошумча макулдашуунун 4-беренесинде каралган критерийге ылайык белгилеп берүүнү суранган.

Матье-Моэн менен Клейфит Бельгияга каршы, Адам укуктары боюнча Европалык сот, 1987. Адам укуктары боюнча Европалык сотко

арыз берүүчүлөр Люсьен Матье-Моэн айым менен Жордж Крерфейт мырза Брюсселдин эки тилдүү аймагынын жана Брюссель шайлоо аянтынын бир бөлүгү болгон коммуналарда жашашчу. 1970-жылдын аягындагы түз шайлоодо алар өкүлдөр палатасына (Матье-Моэн айым) жана Сенатка (Крерфейт мырза) шайланышкан. Бул мезгил аралыгында Бельгия тилдик негизде бир нече районго бөлүнүп, алар кеңеш тарабынан жөнгө салынып турган жана парламенттин эки палатасынын өз районунда шайланган өкүлдөрүн өзүнө камтыган (Брюсселдин эки тилдүү аймактарында экиден кеңеш түзүлчү). Арыз берүүчүлөр шайланган административдик аймакта калктын көпчүлүгү фламанддар болгон жана аларды фламанд кеңеши башкарчу. Бирок арыз берүүчүлөр аларга кошула алган эмес, себеби франк тилдүү фракцияга киргендиктен, парламенттик антты француз тилинде беришкен. Сот Адам укутары боюнча европалык конвенция бузулду деп эсептеген.

Нурбек Токтакунов Кыргызстанга каршы, Адам укуктары боюнча комитет, 2011. Адам укуктары боюнча комитетке билдирүүнүн автору Кыргызстандын жараны Нурбек Токтакунов өзүн Жарандык жана саясий укуктар боюнча эл аралык Пакттын 2-беренесине, 14-беренеси менен бирге караганда (калыс сот териштирүүсүнө жана талаптагыдай укуктук процедурага карата укук), о.э. 19-беренсине (өз оюн билдирүү эркиндиги) ылайык Кыргызстан тараптан өз укуктарынын бузулгандыгынын курманы болдум деп билдирген. Факультативдик протокол мүчө-мамлекет үчүн 1995-жылдын 7-январында күчүнө кирген.

Атабек Ахадов Кыргызстанга каршы, Адам укуктары боюнча комитет, 2011. Адам укуктары боюнча комитетке билдирүүнүн автору өзбекстандын жараны Атабек Ахадов Жарандык жана саясий укуктар боюнча эл аралык Пакттын 6-беренесине (жашоо укугу), 7-беренсине (кыйноолорго тыюу), 9-беренесине (мыйзамсыз кармалуу жана камакта отуруудан эркин болуу укугу) 10-беренесине (негизсиз кармап камакка алуу жана камакта гумандуу мамиле) жана 14-беренесине (талаптагыдай укуктук процедура жана акыйкат сот укугу) ылайык Кыргызстан тараптан өз укуктарынын бузулгандыгынын курманы болгондугун билдирген.

БДСУнун тунец балыгын импорттого чек коюу боюнча Америка Кошма Штаттары жөнүндө отчёту, СТБК тобунун отчёту, 1994. Тынч океандын чыгыш тропикалык аймактарында сары канаттуу тунецтин үйүрү дельфиндердин үйүрлөрүнүн астынан көп сүзүп өтөт. Тунецти тор менен кармаганда дельфиндер да торго түшүп калат. Убагында тордон чыгарып бошотпосо, көп учурда дельфиндер өлүп калат. Сүт эмүүчү деңиз жаныбарлары боюнча АКШнын мыйзамы америкалык ички балык уулоо флоту жана Тынч океандын аталган бөлүгүндө балык уулоочу

кайыктары тунецти кармап жаткан өлкөлөр үчүн дельфиндерди коргоо боюнча стандарттарды орноткон. Эгерде Америка Кошмо Штаттарынан тунецти экспорттоп жаткан өлкө өз балык уулоо аракеттери АКШнын дельфиндерди коргоо боюнча стандарттарына ылайык келерин далилдей албаса, анда АКШ өкмөтү бул өлкөнүн бардык импорттолуучу балыгына эмбарго жарыялашы керек болот. Бул талашта тунецти Мексикадан АКШга экспорттоого тыюу салынган. Доклад СТБКнын талаштарды жөнгө салуу процедурасына ылайык 1991-жылы АКШга каршы Мексиканын арызына тиешелүү болгон.

Камакка алууга ордер (Конго Демократиялык Республикасы Бельгияга каршы), 2002. 1993-жылы Бельгиянын парламенти адамзатка каршы аскер кылмыштары же геноцид үчүн күнөөлөнгөн адамдарды соттоого мүмкүнчүлүк берүүчү «Универсалдуу юрисдикция жөнүндө» мыйзам кабыл алган. 2001-жылы Руандадан төрт адам 1994-жылдагы Руанданын геноцидинде катышкандыгы үчүн соттолуп 12 жылдан 20 жылга чейин кесилген. Аларды камакка алууга ордер 2000-жылы аталган мыйзамдын негизинде ошол мезгилдеги Конго демократиялык Республикасынын Тышкы иштер министри Абдулай Йеродия Ндомбасиге берилип, ага карата ишти БУУнун Эл аралык Соту караган.

Геноцид кылмышы жөнүндө эскертүү жана ал үчүн жаза жөнүндө Конвенциянын колдонулушу (Босния жана Герцеговина Сербия менен Черногорияга каршы), 1996. 1993-жылдын 20-мартында Босния жана Герцеговинанын өкмөтү Югославиянын өкмөтү Геноцид кылмышы жөнүндө эскертүү жана ал үчүн жаза жөнүндө 1948-жылдагы Конвенцияны (Геноцид жөнүндө Конвенция) бузду деген ырастоо менен БУУнун Эл аралык Сотуна арыз берген. Босния Соттон аталган Конвенциянын Югославия тарабынан бузулгандыгын таануу, мындай укук бузууларды түзгөн иш-аракеттерди токтотууну, Югославияны милдеттендирүүнү жана Югославия компенсация төлөшү керек болгондугун, эл аралык жоопкерчиликке тартыла тургандыгын таануу сураган. Югославия аталаган талаш эл аралык эмес жана Босния жана Герцеговинанын Президенти арыз берген мезгилде жетиштүү ыйгарым укукка ээ болбогондугунун себебинен сот арызды кабыл ала албай тургандыгына таянып, доону четке каккан. О.э. Югославия Соттун юрисдикциясы жок деп билдирген.

Габчиков-Надьмарош долбоору (Венгрия Словакияга каршы), 1997. 1993-жылдын 2-июлунда, Венгрия менен Словакия территорияны жана Дунайды Венгрия менен Чехославакиянын ортосундагы Атайын макулдашууга ылайык пайдалануу боюнча келип чыккан талаш жөнүндө БУУнун Эл аралык Сотуна билдиришкен. Тагыраак айтканда, талаш Ду-

найда «Габчиков-Надьмарош» платина системасын куруу жана башкаруу жөнүндө 1977-жылдын 16-сентябрындагы Будапешт келишиминин ишке ашырылышына жана токтотулушуна тиешелүү болгон.

Прокурор Драголюб Кунарачка, Радомир Ковачка жана Зоран Вуковичке каршы, Югославияга каршы Эл аралык кылмыш трибуналы, 2002. Югославиянын аскер трибуналы үч адамды Босния жана Герцоговинадагы чыр-чатак учурунда мусулмандарга каршы массалык зомбулуктагы ролу үчүн соттогон. Трибунал мусулман кыз-келиндерди зордуктоо жөнүндө маселени адамзатка каршы кылмыш деп караган.

Прокурор Дражен Эрдемовичке каршы, мурунку Югославия боюнча Эл аралык кылмыш трибуналы, 1997. Онунчу саботаждык отряддын жоокери катары (Босния согушу учурунда), Эрдемович өз отрядынын мүчөлөрү жана башка бригаданын солдаттары менен бирге жүздөгөн куралсыз босниялык мусулмандарды болжол менен 1995-жылдын 16-июлунда атып өлтүргөндүгү үчүн күнөөлөнгөн. Эрдемович мурунку Югославия боюнча Эл аралык кылмыш трибуналынын жеке кылмыш жоопкерчилиги (Уставдын 7-беренеси) боюнча адамзатка каршы кылмышы үчүн (5-беренеси боюнча), альтернатива катары, согуш мыйзамдары менен салттарын бузгандыгы үчүн 3-беренеси боюнча күнөөлөнгөн.

Прокурор Душко Тадичке каршы, 2005. Тадич, босниялык серб, аскер кылмышкери, Прожектор аймагына чабуулду колдогон аскерлештирилген отряддын мурунку мүчөсү. Тадич мурунку Югославия боюнча Эл аралык кылмыш трибуналында Прижедор аймагында, анын ичинде Омарск Трнополье жана Кератерм аскер туткундары үчүн лагерде адамзатка каршы кылмышы, Женева Конвенциясын олуттуу бузгандыгы жана согуш салттарын бузгандыгы үчүн соттолгон. Тадич 25 жылга эркинен ажыратылган.

Прокурор Ювенал Кажелижелиге каршы. Иш Кажелижелиге каршы козголуп, ал 1994-жылдын апрелинде Мукингонун Тутсине, Нкулиге жана Кигомбе ге кол салуу үчүн өзүнө алган жоопкерчилигине негизделген. Сот палатасы Кажелижели геноцид, геноцидге жана кыруугa түз жана кыйыр түрткү берген күнөөсүн адамзатка каршы кылмыш катары тааныган. Палата геноцид жүргүзүүгө жашыруун иш уюштурганы жана адамкерчиликке каршы кылмыштар (зордуктоо жана башка «адамкерчиликсиз аракеттер») үчүн күнөөсүн тааныган эмес жана геноцидге жана адамкерчиликке каршы (өлтүрүү жана куугунтуктоо) кылмыштары жөнүндө күнөө коюуларды четке каккан. Ал өмүрүнүн акырына чейинки эки мөөнөткө жана бир эле мезгилде өтөлө турган 15 жылдык мөөнөткө кесилген.

Прокурор Радислав Кристичке каршы, 2004. Радислав Кристич

босниялык сербдердин аскеринде командачынын орун басары жана Дрин корпусунун башкы штабынын башчысы болгон. 1998-жылы мурунку Югославия боюнча Эл аралык кылмыш трибуналы тарабынан Кристич серб күчтөрүнүн башында «Сребреница» мусулмандар анклавына жана анын тегерегиндеги аймактарга 1995-жылдын июлунан баштап кол салуулары үчүн күнөөлөнгөн. 2001-жылдын 2-августунда Трибунал Кристичти өлтүрүүлөр, куугунтуктоолор жана геноцид үчүн күнөөлүү деп тааныган. Биринчи жолу Трибунал Сребреницада геноциддин болгондугун моюнга алган. Кристич Трибунал тарабынан геноцид үчүн кесилген биринчи адам болгон жана ал 46 жылга эркинен ажыратылган.

Түштүк Африка Республикасынын өкмөтү Грутбумга ж.б. каршы, Түштүк Африканын Конституциялык соту, 2000. Башында Ирэн Грутбум Оостенбергдеги мыйзамсыз басып алынган Воллосдин муниципалдык аймакта жашачу. Воллосдиндин тургундары өтө жакырчылыкта, суу, агын суу, таштандыларды чыгаруу сыяктуу эң кадыресе шарттары жок жашашчу. Аймак жарым-жартылай саздак жана башкы көчөгө кооптуу жакын аралыкта жайгашкан. Воллосдиндин көпчүлүк тургундары арзан турак-үй алууга күтүү тизмесинде көптөн бери турушкан. Акырындап 900 адам, анын ичинде Грутбум Воллосдинден тегеректеги бош менчик жерлерге көчө башташкан. Менчик ээси аталган адамдын тобун чыгарып жиберүүгө ордер алып, ал эми шериф курулган турак жайларды бузуу жөнүндө буйрук алган. Куулуп жиберилген топ адам жашай турган жери жок Волосдиндадагы спорт аянттарында отурукташып, убактылуу турак жайларды кура башташкан. Юридикалык жардамдын аркасында бул топ муниципалдык бийликке расмий билдирип, муниципалитет аларга убактылуу турак-жай бөлүп берүү боюнча конституциялык милдеттемелерин аткаруусун талап кылган. Иш Түштүк Африканын Жогорку конституциялык сотуна берилген.

Райхон Худойберганова өзбекстанга каршы, Адам укуктары боюнча комитет, 2004. Билдирүүнүн автору Райхон Худайберганова, өзбекстандын жараны, Жарандык жана саясий укуктар боюнча эл аралык Пакттын 18-беренесине (ой, намыс жана дин эркиндиги укугу) жана 19-беренсине (өз оюн билдирүү эркиндиги) ылайык Өзбекстан тараптан өз укуктарынын бузулгандыгынын курманы болгондугун деп билдирген.

П**улау Лигитан менен Пулау Сипаданга ээлик кылуу (Индонезия Малайзияга каршы), 2001.** Иш Сулавеси деңизиндеги Борнео жээгине жакын аралыктагы эки кичинекей аралга ээлик кылуу талашына тийиштүү болгон. Малазия менен Индонезия талашылып жаткан аралдар боюнча 1998-жылдын 30-сентябрында атайын келишим түзүшкөн.

2001-жылдын 23-октябрында БУУнун Эл аралык соту Филлипиндин аталган ишке карата өзүнүн укуктук кызыкчылыгын көрсөтпөө шарты менен кийлигишүү жөнүндө арызын четке каккан (14 : 1).

Генерал Томоюки Ямашиттин сот процесси, 1946. 1945-жылдын 29-октябрынан 7-декабрына чейин Американын Манилдеги аскер трибуналында генерал Ямашиттин үстүнөн сот иши жүргөн. Ал Манил кан төгүүлөр учурундагы аскер кылмышы жана Филлипинде жана Сингапурда жарандык калк менен туткундарга каршы адамкерчиликсиз иш-аракеттери үчүн күнөөлөнгөн. Трибунал аны өлүм жазасына тарткан. Бул карама-каршылыктуу иш аскер кылмышы үчүн командалык жоопкерчилик боюнча биринчи иш болгон жана Ямашиттин стандарты катары белгилүү.

Косовонун көз карандысыздыгын бир тараптуу жарыялоонун Эл аралык укук ченемдерине ылайык келүүсү, БУУнун Эл аралык соту, Кеңешүүчүлүк жыйынтык, 2010. БУУнун Башкы Ассамблеясы аталган уюмдун Эл аралык Сотунан Косовонун көз карандысыздыгын бир жактуу жарыяланышы боюнча кеңешүүчүлүк бүтүм чыгарууну сураган. Косовонун аймагы Сербия менен өзүн-өзү жарыялаган Косово Республикасынын ортосундагы талаштын себеби болчу. Бул көз карандысыздыкты бир жактуу жарыялоо жөнүндөгү Сотко берилген биринчи иш болгон.

Чек ара талашы (Буркина-Фасо Мали Республикасына каршы), 1986. Атайын макулдашууга ылайык Жогорку Волта Республикасы (азыр Буркина-Фасо) менен Мали Республикасы чек аранын жалпы бөлүгүнө байланыштуу талаш боюнча БУУнун Эл аралык сотунун атайын палатасына арыз беришкен. Сот Испан-Америка укугунун салттуу принцибине жана нерселердин учурдагы абалын сактоо принцибине ылайык талаш болуп жаткан жердеги чек ара колониялык мезгилдин аяктагандыгына байланыштуу мурдагы француз колонияларынын демаркациясына төп келиши керек деген чечим чыгарган.

Йоргич Германияга каршы, Адам укуктары боюнча Европалык сот, 2007. Боснялык Никола Йоргич мусулман калкына каршы террористтик аракеттерге катышкан аскерлешкен топтун лидери болчу; аталган кылмыштар серб жетекчилеринин колдоосунда жүргүзүлгөн жана алардын «улуттук тазалоо» саясатына көмөк болушу керек болчу. Йоргич мусулмандарды кармап, лагерлерге камаган. Ал жерлерде кармалгандар кыйноого алынган; Сот о.э. 1992-жылдын июнунда ал согуштан качуу үчүн ачык асман астында чогулушкан Грабсктын 22 тургунун (анын ичинде майыптар менен карыларды) атууга катышкандыгын аныктаган. Башка

үч мусулман адам өлгөндөрдүн сөөгүн бир көргө ташып чыгуулары керек болчу. Бир нече күндөн кийин Йоргич аларды кыштактан кууп чыгып жана Севарлиенин 40-50 тургунуна ырайымсыз мамиле кылууну буюрган; алардын алтоо атып өлтүрүлгөн. Жетинчи адам жарадар болуп бирок тирүү калган, ал кечирээк алты сөөк менен кошо өрттөлүп өлтүрүлгөн. 1992-жылдын сентябрында Йоргич Добойдун борбордук түрмөсүндө камакта отургандын башына калай чаканы кийгизип, ушунчалык катуу ургандыктан ал адам каза болгон. Бул иштери үчүн Йоргич германиянын сотторунда геноцид кылмышы үчүн кесилген.

Феликс Кулов Кыргызстанга каршы, Адам укуктары боюнча комитет, 2011. Комитет билдирүүнүн автору, Кыргызстандын жараны, арыз берген учурда түрмөдө жазасын өтөп жаткан Феликс Куловдун пайдасына чечим чыгарган. Ал Жарандык жана саясий укуктар боюнча эл аралык Пакттын 2,7-беренелерине (кыйноого тыюу), 9-беренесине (мыйзамсыз кармалуу жана камакта отуруудан эркин болуу укугу) жана 14-беренесине (сот алдындагы теңдик) ылайык Кыргызстан тараптан өз укуктарынын бузулгандыгынын курманы болгондугун билдирген.

Уругвай дарыясындагы целлюлоздук завод (Уругвай Аргентинага каршы), 2010. 2010-жылдын 20-апрелинде БУУнун Гаагадагы Эл аралык соту Уругвай суусундагы целлюлоздук заводдор боюнча чечим чыгарган (Аргентина Уругвайга каршы). Талаш Уругвайдагы Уругвай суусунда целлюлоздук заводдун курулушу жөнөндү болчу. Аргентина Уругвай целлюлоздук заводдору коркунучтуу таштандыларды эки өлкөнүн ортосундагы дарыяга куюп жатат деп ырастаган.

Эстония Республикасы Европалык комиссияга каршы, Европалык акыйкат соту, 2009. Иш Европа Союзунун бууланууудан пайда болуучу газдарды чыгарылышын кирешелүү жана экономикалык жактан оң натыйжалуу жол менен кыскартууга көмөк кылуу үчүн кабыл алынган директивасын четке кагууга байланыштуу болгон. 2003/87/ЕС директивасы Союздун алкагында бууланууудан пайда болчу газды чыгарууга жол бериле турган көлөмгө квота сатуу, о.э. ар бир мүчө өлкөдөн газды чыгарууну бөлүштүрүү боюнча белгилүү бир мөөнөткө бөлүнүп берилүүсү мүмкүн боло турган квотанын жалпы санын жана бөлүштүрүү процедурасын сунуштоо менен улуттук планды (БУП) иштеп чыгуусун талап кылуучу схеманы түзгөн. Директивада аталган критерийлерге туура келбеген учурда Комиссия БУПдан толук же анын кайсы бир бөлүгүнөн баш тарта алат. 2006-жылы Польша менен Эстония 2008-2012-жылдарга карата өзүлөрүнүн БУП Комиссияга билдиришкен. 2007-жылы эки чечимге ылайык Комиссия БУП Директивада келтирилген критерийлерге

ылайык келбейт деген бүтүмгө келген. Польша менен Эстония Комиссиянын чечимине Европалык сотто каршылыгын билдирип жана чечимдин алынып салынышына умтулушкан.

Япония жана алкоголдук ичимдиктерге салык, ДСУнун Апелляциялык органынын отчету, 1996. Япония менен АКШ Топтун «Япония – ичимдиктерге салык» деген отчетундагы айрым укуктук жана укуктук чечмелөө маселелери боюнча аппеляция менен кайрылышкан. Бул Топ Япониянын Ликерго (Шузейхо) салык жөнүндө мыйзамына, оңдоолор киргизилген 1953-жылдагы # 6-мыйзамына («Ликер боюнча салык укугу») байланыштуу Европа коомчулугунун, Канаданын жана Америка Кошмо Штаттарынын Японияга каршы арызын кароо үчүн түзүлгөн.

БӨЛҮМ I
1 - БАП

Киришүү

Эл аралык укук канчалык сакталса, туруктуулук жана тартип ошончолук камсыз кылынып, аны менен катар бизде өз ара укуктук милдеттемелерибиз бар тараптардын кыймыл-аракеттерин алдын ала божомолдоо каражаттары да болот.

Дж. Уильям Фулбрайт

Эл аралык укуктун тынымсыз өзгөрүү мүнөздөмөсү

Эл аралык укук тууралуу «элдердин укугу» катары көп айтышат. Башынан эле мамлекеттер отросундагы мамилелерди жөнгө салуу жана колдоо үчүн түзүлгөн эл аралык укуктук түзүмдөр тынчтыкка жана коопсуздукка өбөлгө түзүү иштеринде кечирээк пайдаланылып калды. Азыркы дүйнөдө эл аралык укуктун бул негиздери өзгөрүүсүз калып келет, бирок ошол эле учурда шарттар дайыма алмашып турат. Окумуштуулар дүйнө улам барган сайын өз ара байланышта жана болуп көрбөгөндөй ааламдашып, ал эми өлкөнүн ички мамилелери эл аралык мамилелерге таасир кылган сайын эл аралык укуктун булактары жана ал турсун, субъектилери да кеңейип бараткандыгы жөнүндө бирдей ойдо. Эл аралык соода жана инвестициялардын, экономикалык өнүгүүнүн жана акыйкат башкаруу жана адам эркиндиги ченемдеринин артыкчылык орундагы өрчүү багытын аныктоочу субъекттер катары көп учурда өкмөттөр аралык органдар менен бейөкмөт субъектер – ишканалар, соода бирикмелери, гуманитардык жана укук коргоо агенттиктери ж.б. жарандык коомдук уюмдар эсептелет. Мындай субъекттер дүйнөдө эл аралык укуктук стандарттарга негизделген туруктуу тартиптин болуусуна түздөн-түз кызыгышат. Мындай стандарттарды мамлекеттик, улуттук деңгээлде ишке ашыруу мамлекеттердин ички иштеринде укуктун жана акыйкат тартиптин үстөмдүк кылуусун бекемдөөгө, о.э. алардын ортосундагы товар, кызмат жана идеялар менен өз ара алмашууга шарт түзөт.

Кыргыз Республикасынын Конституциясы эл аралык стандарттарды

тааануу жана аларды оң натыйжалуу башкарууга таасир кылуучу каражаттар катары кароо маселеси жагынан эң прогрессивдүү конституциялардын бири болуп эсептелет, жана бул анын 6 (3) беренесинде чагылдырылган. Мыйзам тарабынан бекитилген тартипте күчүнө кирген Кыргыз Республикасы катышкан эл аралык келишимдер, о.э. эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптери менен ченемдери Кыргыз Республикасынын укук системасынын курамдык бөлүгүн түзөт. Адам укуктары боюнча эл аралык келишимдердин ченемдери түз таасирге ээ жана башка эл аралык келишимдердин ченемдерине караганда өзгөчө орунда турат.

Ички маселелерди чечүүдө өлкөлөр туш келип жаткан кыйынчылыктар аймактын башка өлкөлөрүнө же жалпы эл аралык коомчулукка таасир кылышы мүмкүн. Жакында АКШда, Грецияда жана Европанын башка өлкөлөрүндө болгон каржы кризиси бага бир гана мисал болот. Окумуштуулар белгилегендей, эл аралык-укук ченемдеринин кубулма мүнөзү бүгүнкү күндө дүйнөлүк масштабдагы жаңы маселелердин пайда болушуна жооп берет. Бул маселелердин эң мүнөздүү өзгөчөлүгү алар субъект катары мамлекеттердин өзүнөн эмес, мамлекеттердин ичинен келип чыккандыгында .

Коом алдында пайда болуучу маселелер өз ара байланышта боло баштаган сайын глобалдык башкаруу механизмдеринин жана эл аралык укуктун өзүнчө алынган бир мамлекеттин ички турмушундагы ролу улам өсө баштайт. Өз иштеринде дайыма өзгөрүп туруучу бул ландшафтты жакшы билип-көз салып турушу керек болгон же, ал турсун, эл аралык мамилелерди өнүктүрүүгө жана жакшыртууга катышкан адистер укук тармагында жаңы көп тараптуу келишимдердин пайда болуусу, глобалдык жөнгө салуу органдарынынын иш-аракеттери жана эл аралык трибуналдардын иштөөсү менен шартталган эволюциялык өзгөрүүлөр жөнүндө үзгүлтүксүз кабардар болуп туруулары керек.

Эксперттер катары, биз бул эволюциялык процессти иликтөө менен чектеле албайбыз. Бул китепте биздин эл аралык укук системасы таянуучу негизги принциптер менен катар келечектеги укуктук өрчүү багытын аныктай турган анын ченем алкактарын да чагылдырууга аракет жасалды. Сот иштери менен материалдар Кыргызстан жана Борбордук Азия өлкөлөрү үчүн көйгөйлүү болгон маселелерди эске алуу менен тандалып алынды.

Ошентип, бул китеп эл аралык укук, тышкы саясат, ишкердүүлүк ж.б. тармактарда изилдөөлөр менен алектенген университеттердин окутуучуларына жана студенттерине пайдалуу булак катары кызмат кылат. Ошондой эле ал глобалдуу маселелерди чечүүнүн үстүндө иштеген юристтер, саясатчылар ж.б. үчүн пайдалуу колдонмо болуп бериши мүмкүн.

Ресурстар менен материалдар мезгил мезгили менен жаңыланып, бар-

дык пайдалануучулардын кызыкчылыгы үчүн CD жана веб-форматында сунушталышы болжонууда.

Бул маалымат китебин натыйжалуу пайдалануу жөнүндө

Китеп эки негизги бөлүмдөн турат. I бөлүмдө эл аралык укуктун булактары жана субъекттери менен байланышкан эл аралык-укуктук принциптер жөнүндө баптар камтылган. Алар глобалдык ченемдердин системасын (тутумун) иштеп чыгууга ченемдик өзөк болот. Андан тышкары, бул бөлүм аймактык көз карандысыздык жөнүндө, о.э. акыркы жүз жылдыктын көпчүлүк бөлүгүндө мамлекеттер ортосундагы юридикалык талаштын борборунда болгон жана анын азыркы учурдагы контексттинин калыптанышына шарт түзгөн суроолорду, маселелерди жөнгө салууда мамлекеттердин жоопкерчиликтери жөнүндө баптарды да өзүнө камтыйт.

II бөлүмгө материалдык укуктун өнүгүп келе жаткан негизги тармактары - өкмөттөр сүйлөшүүлөргө катышуучу жана ченем стандарттарды жетишерлик тездик менен өнүгүп келе жаткан тармактарга арналган баптар кирет. Бул күч колдонуу, адам укугу, гуманитардык кризис, кылмыш жоопкерчилиги, айлана-чөйрөнү коргоо, эл аралык соода жана инвестициялар боюнча эл аралык ченемдерге тиешелүү.

Китеп юриспруденциянын кенен бөлүгүн кучагына алат, бирок салттуу маанидеги окуу куралы болуп эсептелбейт. Ал учурда бар окуу программаларын жана юридикалык практиканы толуктай ала турган зарыл жана пайдалуу материалдардын топтому катары иштелип чыкты.

Ошентип, китеп илимий макалалардан, БУУнун резолюцияларынан, декларацияларынан жана келишимдеринен, о.э. эл аралык жана аймактык трибуналдардан, өкмөттөр аралык уюмдардын жоболорунан тексттердин же үзүндүлөрдүн түп нускасын берүү менен объективдүү көз караштарды сактайт. Китепти студенттер жана иштеп жаткан адистер азыркы эл аралык укукту жана эл аралык укуктук түзүмдөрдү түшүнүүгө болгон умтулууларын канааттандырууда колдоно алышат.

2 - БАП
ЭЛ АРАЛЫК КООМДУК УКУК БУЛАКТАРЫ

БУУнун Эл аралык Сотунун Статуту

38-берене

1. өзүнө берилген талаштарды эл аралык укуктун негизинде чечүүгө милдеттүү болгон сот төмөнкүлөрдү пайдаланат:

a) талашка катышуучу мамлекеттер айкын тааныган эрежелер бекитилген эл аралык жалпы да, атайын да конвенциялар;

b) укуктук ченем катары тааныган жалпы практиканын далили катары эл аралык салт;

c) цивилизациялуу улуттар тааныган укуктун жалпы принциптери;

d) 59-беренеде көрсөтүлгөн эскертме менен, укук ченемдерин аныктоо үчүн кошумча каражат иретинде коомдук укук боюнча жогорку квалификациядагы адистердин сот чечимдери жана доктриналары.

Келишимдик укук

Деңиз чек арасын делимитациялоо жана аймак маселелери (Катар Бахрейн Падышачылыгына каршы), 1994[1]

***

22. Тараптар 1987-жылдын декабрындагы өз ара кат алмашуу эл аралык макулдашууну орнотооруна жана алардын өз ара мамилелеринде сөзсүз күчкө ээ экендигине макул. Бирок ошентсе да, Бахрейн Падышачылыгы 1990-жылдын 25-декабрындагы сүйлөшүүлөрдүн Протоколу, өз табияты жагынан үчтүктөр комитетинин Протоколуна окшош, ошондуктан эл аралык макулдашуу катары классификацияланбайт жана андай болушу мүмкүн эмес, демек Соттун юрисдикциясы үчүн негиз боло албайт деп ырастайт.

[1] Maritime Delimitation and Territorial Questions between Qatar and Bahrain (Qatar v. Bahrain), Merits, Judgment, I.C.J. Reports, 1994, p. 112.

23. Биринчи кезекте Сот эл аралык макулдашуулардын ар кандай формага жана ар кандай аталыштарга ээ болуу мүмкүнчүлүгүн карайт. Эл аралык келишимдер жөнүндө 1969-жылдын 23-майындагы Вена конвенциясынын 2-беренесинин 1-параграфы (а) аталган Конвенциянын максаттарында ««келишим» мамлекеттер арасында жазуу жүзүндө түзүлгөн, эл аралык укук тарабынан жөнгө салынуучу макулдашуу, ал макулдашуу бир документте, өз ара байланышкан эки же бир нече документте каралганына, ал турсун, анын конкреттүү аталышына карабастан, таанылат».

Андан тышкары, биргелешкен коммюнике жөнүндө иш боюнча Сот тарабынан «талашты арбитраждык сотко берип же сот аркылуу жөнгө салуу үчүн биргелешкен коммюникеге эл аралык макулдашуу түзүүгө тоскоолдук кылышы мүмкүн болгон ченемдер эл аралык укукта белигисиз экендиги» аныкталган. (Эгей деңизинин континенттик шельфи жөнүндө иш боюнча чечим. БУУнун эл аралык стоунун 1978-жылдагы доклады, 39-б., п. 96).

Мындай түрдөгү макулдашуу түзүлгөн-түзүлбөгөндүгүн аныктоо үчүн «ал түзүлүп жаткандагы болгон бардык чыныгы шарттарды жана өзгөчө жагдайларды сот эске алуусу керек» (Ошол эле жерде).

Англия-Иран нефть компаниясынын иши (Улуу Британия Иранга каршы), 1952[2]

***

1933-жылдын 29-апрелинде Персия падышачылыгынын өкмөтү (бул жерде жана мындан ары – Иран өкмөтү) менен Британия падышачылыгында катталган Англия-Иран нефть компаниясынын ортосунда келишим түзүлгөн. Ал келишим 1933-жылдын 28-майында Ирандын парламенти тарабынан ратификацияланып падышанын макулдугу алынгандан кийин эртеси күнү күчүнө кирген.

1951-жылдын 15- жана 20-марттында Ирандын парламенти менен сенаты Иранда нефть өнөр жайын улутташтыруу принцибин жарыялоочу мыйзамды кабыл алган. 1951-жылдын 28- жана 30-апрелинде алар «Бүтүндөй өлкө боюнча нефть өнөр жайын улутташтыруу принцибин жүзөгө ашыруу процедурасы жөнүндө» башка мыйзам кабыл алышкан. Бул эки мыйзам тең 1951-жылдын 1-майында император тарабынан бекитилген.

Бул мыйзамдардын кабыл алынышынын натыйжасында Иран өкмөтү

[2] International Court of Justice Reports Of Judgments, Advisory Opinions and Orders, Anglo Iranian Oil Co. Case, Preliminary Objection Judgment of July 22, 1952.

менен Англия-Иран нефть компаниясынын ортосунда талаш келип чыккан. Британия Падышачылыгы британиялык компаниянын таламын талашып жана өзүнүн дипломатиялык коргоо укугун пайдалануу менен 1951-жылы 26-майда сотко арыз берген да Улуу Британия падышачылыгы менен Түндүк Ирландия өкмөтүнүн атынан Иран өкмөтүнө каршы иш козгогон.

Арыз Британия падышачылыгы менен Иран өкмөтү Соттун Уставынын 36-беренсинин 2-пунктуна ылайык Соттун юрисдикциясын милдеттүү түрдө кабыл алгандыктары көрсөтүлгөн Декларацияга таянган. Эми Сот 1933-жылдагы концессиялык келишим же Иран өкмөтү менен Британия Падышачылыгынын ортосундагы ошол эле жылы түзүлгөн макулдашуу маселеси анын чечими иштин маңызы боюнча каралышынан көз каранды эмес маселеби же жокпу, карап чыгат. Бул талашты дал ушул баскычында Британия падышачылыгы арызданып жаткан улутташтыруу актына байланышкан факттардан эч көз карандысыз чечүүгө болот жана чечилиши керек.

Британия Падышачылыгы Иран өкмөтү белгилүү бир келишимдик милдеттемелер боюнча Британия Падышачылыгы алдында өзүнө милдеттерди алган деп ырастайт. Ал 1933-жылдын 29-апрелинде Иран өкмөтү менен Англия-Иран нефть компаниясынын ортосунда түзүлгөн келишим эки жактуу мүнөзгө: Иран өкмөтү менен Компаниянын ортосунда концессиялык келишим мүнөзүнө жана эки өкмөттүн ортосундагы келишимдик мүнөзгө ээ деп ырастоо менен ошол милдеттемелерди калыбына келтирүүгө умтулууда. Кийинчерээк Британия Падышачылыгы 1933-жылы түзүлгөн макулдашуу унчукпоо же болжолдуу деп таанылган макулдашууга жеткирилсе да, ал Иран Декларациясында камтылган «келишим жана конвенция» термини билдирген маанини билдириши керек деп ырастаган.

Сот Иран өкмөтү менен Англия-Иран нефть компаниясынын ортосунда кол коюлган келишим эки жактуу мүнөзгө ээ деген көз карашка макул боло албайт. Бул болгону өкмөт менен чет элдик корпорациянын ортосундагы концессиялык келишим. Британия падышачылыгы келишимдин катышуучусу болуп эсептелбейт, келишимде Иран өкмөтү менен Британия Падышачылыгынын ортосундагы мүлктүк мамилелер камтылган эмес. Келишимге ылайык Иран өкмөтү Компаниядан талап кыла ала турган укуктарды Британия Падышачылыгынын өкмөтүнөн талап кыла албайт жана Компания алдында аткарышы керек болгон милдеттерди Британия падышачылыгынын өкмөтү алдында аткарууга милдеттүү эмес. Иран өкмөтү менен Компаниянын өкүлдөрүнүн колдору коюлган документтин концессияга байланыштуу өкмөт менен компаниянын ортосундагы мамилелерди жөнгө салуу деген бир гана максаты бар. Ал эки өлкөнүн ортосундагы мамилелерди жөнгө салбайт. Юридикалык жагдайды жана концессиялык келишим өз доклад-

чысы аркылуу иш алып баруучу Улуттар лигасынын кеңешинин офисинин алкагында түзүлүп жана күчүнө кирген фактыны өзгөртпөйт. Британия падышачылыгы Иран өкмөтү менен болгон талашын Лиганын кеңешине коюу менен өз жарандарынын бирине карата дипломатиялык коргоо укугун ишке ашырган. Ал, өз пикири боюнча, Иран Британия жарандыгына ээ юридикалык тараптын укугун бузгандыгы үчүн айып акы төлөнүшүнө умтулган. Иран өкмөтү менен Компаниянын ортосундагы жаңы концессиялык келишимдин ийгиликтүү аякташы жөнүндө кеңештин докладчысынын акыркы чыгып сүйлөгөн сөзү Британия Падышачылыгын канааттандырды. Британия Падышачылыгы өкмөтүнүн Британия жаранын дипломатиялык коргоо боюнча күч-аракеттери өз жемишин берди жана натыйжада маселе күн тартибинен алынып салынды.

Кеңеш алдында териштирүүнүн жүрүшүндө, Иран Британия Падышачылыгына эч кандай сунуш кылган жок, Компания менен сүйлөшүүлөрдү жүргүздү жана алардын баардыгы аткарылды. Иран жаңы концессия боюнча Британия падышачылыгына эч кандай убада берген жок жана эч милдет алган жок. Концессиялык келишим тууралуу Кеңешке билдирилиши жана ал билдирүү жөнүндө документтерде белгиленгендиги аталган келишимдин жоболорун Иран өкмөтүн Британия падышачылыгы алдында (vis-a-vis) кайсы бир милдеттерди алат деген шартка айландырбайт.

Эл аралык салттык укук

Түндүк деңизинин континенттик шельфи жөнүндө иш (Германия Дания менен Нидерландга каршы), БУУнун Эл аралык Соту, 1969[3]

***

70. Сот эми Дания менен Нидерланддын атынан берилген аргументин акыркы баскычына өтүшү керек. Ал боюнча Женева конвенциясы кабыл алынып жаткан учурда, тең аралыкта болуу принциби жөнүндө эл аралык кадимки укук жок болсо да, мындай ченем Конвенциянын 6-беренесинин маанисинен келип чыкпаса да, Конвенция кабыл алынгандан кийин бир жагынан анын өз таасири астында, дагы бир жагынан мамлекеттердин кийинки иш-аракеттеринин натыйжасында мындай ченем калыптанган,

[3] International Court of Justice Reports Of Judgments, Advisory Opinions and Orders North Sea Continental Shelf cases (Federal Republic of Germany v. Denmark; Federal Republic of Germany v. Netherlands), Judgment of 20 February 1969.

ал ченем бардык мамлекеттер, анын ичинде Федеративдик Республика үчүн эл аралык кадимки укуктун милдеттүү ченеми болуу менен, талашып жаткан Тараптардын ортосунда Түндүк деңизиндеги континенттик шельфтин тийиштүү аймактарында чек араларды делимитациялоо үчүн пайдалануу болот деп жарыяланышы керек.

71. Бул ырастоо Конвенциянын 6-беренеси таасир кылып жана жогоруда сүрөттөлгөн эффектти пайда кылгандыктан, аталган берене ченем менен негизди түзө турган жобо катары, өзү келип чыгышы жагынан келишимдик деп эсептелген эрежени пайда кылды. Ал эреже эл аралык укуктун жалпы алкагына өтүп, эми мыйзамдуу деген ишенимде (opinio juris) пайда кылган жана Конвенцияга мүчө эмес ошондой эле эч качан мүчө болбогон мамлекеттер үчүн милдеттүү болуп калды. Бул процесс мезгил мезгили менен болушу мүмкүн жана болуп жаткандыгы шексиз: ал, албетте, эл аралык салттык укуктун ченемдерин калыптандыруучу ыкмаларынын эң таанылгандарынын бири болуп эсептелет. Ошол эле учурда мындай натыйжа оңой жетишилүүчү катары бааланбашы керек.

72. Эске салынган жобо бардык мүмкүн болгон учурларда ушундай ченем жаратуучу мүнөзгө ээ болуп, ал укуктун жалпы ченем негизинин калыптануусу катары бааланышы зарыл. Абстрактуу түрдө (in abstracto) каралган тең аралыктык принциби ушул талапты аткарат десе болот. Ошентсе да, Женева Конвенциясынын 6-беренесинде ишке ашырылган түрүндө жана аталган беренениң Конвенциядагы башка жоболор менен өз ара байланышын эске алганда бул бир аз күмөндүү болушу мүмкүн. Биринчиден, 6-берене макулдашуу боюнча делимитация жүргүзүү жөнүндө жобо колдонулгандан кийин гана тең аралыкта болуу ыкмасын колдонуу милдеттенмесин ишке ашыруу мүмкүн болгудай түзүлгөн. Мындай негизги милдеттенме укуктун потенциалдык жалпы ченеми болуп эсептелет деген ырасталууга жатат. Иш жүзүндө эл аралык укук ченемдери белгилүү бир шарттарда же белгилүү тараптардын ортосунда макулдашуу аркылуу алып салынышы мүмкүн экендиги эч кароосуз, анан калса, мыйзамдуу деген ишенимди (jus cogens) билдирбестен эле толук түшүнүктүү – бирок бул Женева конвенциясынын 6-беренесинде бекитилгендей кайсы бир конкреттүү аныкталган ченемдин предмети болуп эсептелбейт. Экинчиден, тең аралыкта болуу принцибине карата 6-беренеде бекитилгендей, өзгөчө жагдайлар жөнүндө айтып жатып, бул жобонун так мааниси жана күчкө ээ чөйрөсү боюнча олуттуу жана дагы эле чечиле элек талаштардын бар экендиги аталган беренениң ченем жаратуучу мүнөзүнүн болушуна күмөн туудурат. Акырында айта турган нерсе, 6-берене өзүнөн өзү тең аралыкта болуу принциби жалпы укук ченеми катары колдонулушуна тоскоол кыла албаганына карабастан, аталган беренеге карата ар кандай эскертмелерди пайда кылуу жөндөмү Конвенциянын негизинде келип чык-

кан (же келип чыгышы мүмкүн болгон) мындай натыйжага карата олуттуу кыйынчылыктарды түзөт: мындай жөндөм жок болмоюн жана ал Конвециянын 13-беренесине ылайык кайра каралмайын, азыркы учурда расмий көрсөтмөсү жок Конвенция жогоруда көрсөтүлгөн себептер менен, сыягы, 6-бereненин жобосу, мисалы, 1- жана 2-беренелердей эле ченем жаратуу мүнөзүнө ээ экендигин танбайт.

73. Салттык эреже эл аралык укук ченемине айланышы үчүн зарыл деп каралуучу башка элементтер жөнүндө айтсак, анда олуттуу мезгил аралыгы өткөн факт жок болсо да, мамлекет үчүн кенен таанымал болуу жана конвенцияда өкүл катары катышуу жетиштүү, ага негизги шарт кызыкчылыктарына өзгөчө тиешелүү болгон мамлекеттердин катышуусу. Бирок бул учурда Женева конвенциясына катыштык алар үчүн ачык болбогон же деңизге чыгуу жолу жоктугунан конвенцияга катышуучу болууга кызыкпаган бир катар мамлекеттер бар экендигин эске алганда да, конвенцияны ратификациялаган жана ага кошулган мамлекеттердин саны жетиштүү деп эсептелиши мүмкүн эместигин Сот белгилейт. Айрым учурда ратификациялабоого аталган конвенцияны активдүү жактырбоодон башка факторлор да себеп болушу мүмкүн жана бул анын принциптерин кабыл алууга негиз боло албайт: себептер спекулятивдүү болуп эсептелет, бирок фактылар өзгөрүүсүз калат.

74. Убактылуу аспекти жөнүндө айтсак, Конвенцияга кол коюлгандан бери он жылдан ашык мезгил өттү, 1964-жылдын июнунда ал күчүнө киргенден тартып бүгүнкү күнгө чейин беш жылдан аз убакыт жана аталган иштин угуусунан бери үч жыл, жана Федеративдик Республика менен башка эки Тараптын ортосунда чек араларды делимитациялоо жөнүндө сүйлөшүүлөр тең аралыкта болуу принцибин колдонуу маселесине байланыштуу токтогондон бери бир жылдан аз убакыттын өткөндүгүн Сот белгилейт. өткөн мезгилдин узактыгы баштапкы конвенциялык ченемдин негизинде кадимки эл аралык укуктун жаңы ченемин түзүү үчүн жеңүүгө мүмкүн болбой турган тоскоолдук болуп эсептелбесе да, бул мезгил аралыгында мамлекеттердин, анын ичинде кызыкчылыктары козголгон мамлекеттердин укукту пайдалануу практикасы үзгүлтүксүз кеңейип жана колдонулуп жаткан жоболорго карата чынында эле бирдей болуп, о.э. укуктук ченемдер менен укуктук милдеттемелердин бар экендигин жалпы моюнга алынгандыгын күбөлөндүрүшү зарыл.

75. Сот эми Женева конвенциясы тарабынан кабыл алынгандан кийин континенттик шельфти делимитациялоо боюнча мамлекеттердин практикасы бар-жогун жана ал бул талапты канааттандыргыдай түрдө экендигин карап чыгышы керек. Талашып жаткан Тараптардын түздөн-түз ортосунда-

гы чек араларды делимитациялоо же эл аралык чек араларга тиешеси жок сыяктуу Сот кайсы бир себептер менен карабаган иштерди эске албаганда, аталган териштирүүдө 1958-жылы Женева конвенциясына кол коюлгандан берки он бешке жакын иш каралган. Ал иштер боюнча континенттик шельфтин чек аралары көпчүлүк учурда макулдашуу аркылуу тең аралыкта болуу принцибине ылайык чектелген, айрым учурда бир тараптуу – же чек араларды делимитациялоо пландалып жаткан, же аткарыла элек болчу. Бул он беш иштин арасында төрт иш Түндүк деңизин делимитациялоо боюнча болгон. Алар: Британия Падышачылыгы/Норвегия, Дания/Нидерланд жана бул Чечимдин 4-параграфын эске салынган Норвегия/Дания. Бирок бул ар түрдүү окуялар дүйнө боюнча чек араларды делимитациялоого чакырык болуучулардын аз гана пайызын түзсө да, Сот аларды өзүнчө атап же баалоо зарыл деп эсептеген эмес, себеби аларды каралып жаткан контекстте алардын прецедент катары маанисин a priori жок кыла турган бир нече негиз бар.

Бир тараптуу же биргелешкен аракеттерде мамлекеттердин жарымынан көбү Женева конвенциясына мүчө болуп же жакында кошула тургандыгынан, демек божомол боюнча, тийиштүү кызыкчылык деңгээлинде конвенциянын алкагында иш аракет кылышкандыгынан жана кылышарынан баштайлы. Алардын иш-аракеттерине таянып, тең аралыкта болуу принциби боюнча эл аралык кадимки укуктун ченеми бар экендиги жөнүндө бүтүм чыгаруу мүмкүн эмес. Экинчи жагынан алганда, Конвенцияга катышпаган мамлекеттер жөнүндө айтсак, алардын иш-аракеттеринин негизи көйгөйлүү гана болушу мүмкүн жана спекулятивдүү деп гана каралышы керек. Алардын Конвенцияга кайрылбагандыгы түшүнүктүү. Бирок алар мындай аракетти тең аралыкта болуу принцибин эл аралык салттык укук ченеми катары колдонууга өзүлөрүн милдеттүү деп эсептегендиги үчүн жасагандыгына эч ким күбө болбойт. Алар ушундай деп эсептегендиги жөнүндө кенедей да далил жок, жана белгиленгендей (22 жана 23-параграфтар), тең аралыкта болуу ыкмасын колдонууга себептер жок эмес жана белгилүү бир түрдө иш-аракет кылуу же андай иш-аракетке макулдук өзүнөн өзү юридикалык мүнөзгө ээ болбойт.

77. Олуттуу жери, Конвенциянын катышуучусу болбогон мамлекеттердин практикасынан алынган ушундай мисалдар көп деп элестеткенде да (чындыгында андай болгон эмес), алар бардыгы биригип мыйзамдуулук жөнүндө ишенимди (opinio juris) калыптандыруу үчүн жетишсиз болмок; бул натыйжага жетүү үчүн эки шарт аткарылышы керек. Бекем практиканы түзө турган иш-аракеттер гана болбостон, алар ушундай практика аны талап кыла турган Мыйзам бар үчүн милдеттүү болуп эсептеле тургандыгы жөнүндө ишенимге далил болгудай аткарылышы керек. Мындай ишенимге

зарылчылык, б.а. субъективдүү элементтин болушу opinio juris түшүнүгүнүн өзүндө камтылган. Кызыккан мамлекеттер канча сандагы юридикалык милдеттемелерге алар туура келерин сезиши керек. Иш-аракеттердин мезгил-мезгили менен кайталанып туруу же көнүмүш мүнөздө болушу жетишсиз. Дайыма аткарылып туруучу, бирок укуктук милдет сезимине эмес, сыпайылык, ыңгайлуулук же каада-салт талаптарына негизделген көп сандагы эл аралык акттар бар, мисалы, салтанат же протокол тармагында.

78. Ушуга байланыштуу, Сот Эл аралык акыйкат сотунун туруктуу палатасында Лотустун иши боюнча кабыл алган көз карашты карманат. Ал көз караш кийинки үзүндүдө берилген жана анын принциби тийиштүү өзгөртүүлөр менен (nzutatis mutandis) каралып жаткан ишке окшоштугуна жараша колдонсо болот (P.C.I.J., Series A, No. 10, 1927, at p. 28): «Сот чечимдеринин сейректиги сунуш кылынган жагдайды далилдөө үчүн жетиштүү болгондо да, бул мамлекеттер өзүлөрүн ушундай кылууга милдеттүү экендигин моюнга алганын эмес, алардын иш жүзүндө кылмыш жообуна тартуудан кармангандыктарын көрсөтмөк; ошондуктан эгерде мындай карманууалардын өзүлөрүнө ушундай милдетти түшүнүп туруп алгандыгына негизделсе, ошондо гана эл аралык салт жөнүндө айтууга болот эле. Экинчи жагынан божомолдонгон факт мамлекеттер мындай милдет бар экендигин сезген деп тыянак чыгарууга мүмкүндүк бербейт,... тескерисинче көрсөткөн жагдайлар да бар».

Бул сөздөрдү каралып жаткан ишке колдонуу жөнөкөй көз карашка негизделген: кее бир кызыкдар мамлекеттер айрым учурларда чек араларды тең аралыкта болуу принцибине ылайык аныктоого макул болушту жана чынында эле муну аткарышты. Алар өз иш-аракеттерин башка себептер менен негиздей ала тургандыгы мүмкүнчүлүгүн эске алганда, аталган принципти колдонууга юридикалык жактан милдеттүү деп эсептегендиктери үчүн мындай ишке баргандыгынын далили жок.

Индиянын аймагы аркылуу өтүү укугуна тиешелүү иш (Португалия Индияга каршы), 1960[4]

***

Португалия талап кылынып жаткан өтүү укугун орноткондугу боюнча факты аныктоо үчүн Сот британиялык жана андан киийнки мезгил аралыгында эмне болгондугун эске алышы керек. Бул мезгилдерде португа-

[4] International Court of Justice Reports Of Judgments, Advisory Opinions and Orders Case Concerning Right of Passage Over Indian Territory (Portugal v. India) Merits Judgment of 12 April 1960.

лиялык жана жергиликтүү бийлик башчыларынын ортосунда анклавдарга өтүү боюнча белгилүү практика калыптанып калган, Португалия өзү айтып жаткан өтүү укугун орнотуу максатында дал ошого таянып жатат. Ошондуктан Сот британиялык жана андан кийинки мезгилде жеке адамдарга, жарандык бийлик кызматындагыларга жана бүтүндөй товарларга карата Даман менен анклавдардын ортосунан өтүүгө укук берүүчү туруктуу жана бир түрдүү практика болгон деген бүтүмгө келет. Жүз жылдан ашык убакыт бою уланып келген бул практика каралып жаткан аймакка карата Индия көз карандысыздык алып, саясий тартип алмашкандан кийин да өзгөргөн эмес. Сот бардык жагдайларды эске алуу менен, аталган практиканы Тараптар мыйзам катары кабыл алган жана ал укукка жана коррелятивдик милдетке жол ачкан деген тыянакка келген.

Ошентип, Сот 1954-жылы Португалия анклавдарга бийлик кылуу үчүн керектүү деңгээлде, Индиянын уруксаты менен жана көзөмөлү астында жеке адамдарга, жарандык бийлик кызматчыларына жана бүтүндөй товарларга карата анклав менен Даман жээгинин ортосундагы Индиянын аймагы аркылуу өтүү укугуна ээ болгондугун тааныган. Ал эми куралдуу күчтөр, куралдуу полиция, курал-жарактарды жана аскер жабдуусу боюнча абал башкача болгон. Кыязы британиялык мезгилде 1878-жылга чейин аскер күчтөрү менен куралдуу полициянын Британия жана Португалия ээликтеринин ортосунда өтүүсү өз ара пайда көрсөтүүнүн негизинде жөнгө салынып турган. Даман менен анклавдардын ортосунан өтүүдө да эч кандай айырма болбогон сыяктуу. Аталган аймактан куралдуу күчтөр менен куралдуу полициянын өтүсүү укуктук негизде жүргүзүлгөндүгү жөнүндө эч маалымат жок.

Кыязы, Британия бийлиги учурунда жана андан кийинки мезгилде португалиялык куралдуу күчтөрдүн жана куралдуу полициянын Даман менен анклавдардын ортосунан өтүшү мыйзамдуу эмес болчу жана 1878-жылдан кийин англиялыктардын, кийин Индиянын гана алдын ала уруксаты менен болушу мүмкүн болчу. Мындай уруксат мурдатан түзүлгөн өз ара макулдашуунун негизинде же жекече негизде берилмек. Иштин өзгөчө жагдайын эске алганда, өтүүгө уруксат берүү зарылчылыгы Соттун пикири боюнча, өтүүгө укуктун болгонун моюнга албоо болуп эсептелет. Практика ырастагандай, территориалдык көз карандысыздык өз алдынча уруксатты жоюп салуу же бербөө эркине ээ. Уруксат бардык учурларда берилчү деп ырасталат, бирок Соттун пикири боюнча, бул укуктук көз карашка таасир кылбайт. Уруксат берүү британиялыктарга же Индияга милдеттендирилгендиги жөнүндө отчетто эч маалымат жок.

Ошентип, жеке адамдардын, жарандык бийлик кызматчыларынын жана жалпы товарлардын эркин өтүүсүнө уруксат берүүчү практика менен уруксат талап кылынуучу аскер күчтөрүнүн, куралдуу полициянын,

куралдардын жана аскер жабдууларынын өтүүсүнө уруксат берүү практикасынын ортосундагы айкын айырмачылык аныкталган. Ошентип, Сот аскер күчтөрүнүн, куралдуу полициянын, куралдардын жана аскер жабдууларынын Индиянын аймагынан өткөрүүгө карата Португалиянын эч кандай укугу бекитилген эмес деп эсептейт. Аталган категориядагы топтордун өтүүсү боюнча Португалия менен Британиянын ортосунда орнотулган ишкердик мамилелердин багыты мындай укуктардын кайсы гана түрүнүн болушун четке кагат. Калыптанган практикада аталган категориядагы топтордун өтүшү Британия бийлигинин уруксаты менен гана мүмкүн болчу дегенди билдирет. Бул жагдай британиялык үстөмдүк аяктагандан кийинки мезгилде дагы уланып келген.

Андан сырткары, Португалия өзүнүн өтүүгө болгон укугун ырастоо үчүн цивилизациялык улуттар тарабынан таанылган эл аралык жалпы салтка, о.э. жалпы укук принциптерине таянат. Бир жагынан Британия жана Индия бийликтеринин, экинчи жагынан Португалиянын ортосундагы ишкердик мамилелердин багыты тараптар жакшы тааныган практиканы орноткон жана анын негизинде Португалия жеке адамдардын, жарандык бийлик кызматкерлеринини жана жалпы товарлардын өтүү укугуна ээ болгон деген тыянакка келүү менен, Сот цивилизациялык коомчулук тарабынан таанылган эл аралык жалпы салт жана жалпы укук принциби ушундай эле натыйжага алып келерин же алып келбесин иликтөө зарыл деп эсептебейт.

Куралдуу күчтөр, куралдуу полиция, курал-жарак жана аскер жабдуулары боюнча Сот Португалия өз арызын ырастоо үчүн цивилизациялык коомчулук тарабынан таанылган эл аралык жалпы салтка, о.э. жалпы укук принциптерине таяна алар же албасын аныктоонун кажети жок деп чечим чыгарган. Анын себеби Британия жана Индия бийликтеринен аталган категориялардын өтүүсүнө уруксат берүүнү талап кылуучу Тараптар ортосунда калыптанган практика дүйнөлүк практикада басымдуулук кыла албайт.

Куралдуу чыр-чатактарда ядролук куралды колдонууну же колдонуу коркунучунун мыйзамдуулугу жөнүндө БУУнун Эл аралык Сотунун кеңешүүчүлүк бүтүмү, 1996[5]

***

21. Башкы Ассамблеяга багытталган суроодо «уруксат берилген» деген сөздүн колдонулушу Сотто айрым мамлекеттер тарабынан сынга

[5] Legality of the Threat or Use of Nuclear Weapons in Armed Conflict, Advisory Opinion, I. C. J. Reports 1996, p. 66.

алынган. Аларга бул сөз, эгер келишимдин тиркемесинде же эл аралык салттык укукта санкциялоо табылган болсо, ядролук курал коркунучу же анын колдонулушу мүмкүн болмок дегенди билдириши негиз болгон. Аталган мамлекеттердин мындайча тыянактары көз карандысыздык жана келишүүчүлүк принциптерине таянуучу эл аралык укуктун негизине туура келбейт; демек «уруксат берилүүчү» деген сөз билдирген мааниге карабастан, ядролук курал менен коркутуп же аны колдоно алышат деген маанини берет. Алар мындай аракетти келишимдик укукта же эл аралык салттык укукта каралган тыюга ылайык муну кылбоого милдеттендире турган негиз болгон учурда гана жасай алышпайт. Бул ырастоого колдоо «Лотус» иши боюнча Эл аралык акыйкаттык сотунун Туруктуу палатасынын бүтүмүндө табылган. Анда «мамлекеттердин көз арткандыгын чектөөгө жол берилбейт» жана Эл аралык сот мамлекеттерге «белгилүү кырдалдарда тыюу салуучу эрежелер аркылуу чектөө менен, иш-аракет эркиндигин берет» деп айтылган (P.C.I.J., SeriesA, №. IO, 18 жана 19-бб.). Мындай ырастоо Никарагуанын аскердик жана курадуу иш-аракеттери жана Никарагуага каршы иш боюнча (Никарагуа АКШга каршы) учурдагы Соттун сөзүндө да орун алган: «эл аралык укукта мамлекет өзү макулдашууга ылайык кабыл алган же, б.а., эгемендүү мамлекеттин куралдануу деңгээлин чектеши мүмкүн болгон эрежелерден башка эч кандай эреже жок» (I.C.J. Докладдары, 1986, п. 135, пар. 269).

Башка мамлекеттер үчүн «Лотус» ишинен алынган бул сөздөрдү колдонуу орунсуз болчу; алардын учурдагы эл аралык укуктагы статусу жана аталган иштин ар кандай жагдайларда колдонулуу мүмкүнчүлүгү талаштуу болгон. О.э. Соттун жогоруда эске салынган сөзү куралга ээ болууга багытталган жана ядролук курал менен коркутуу же аны пайдалануу коркунучуна тиешеси жок деген ырастоо айтылган. Акыркысы, Ассамблеянын койгон суроосуна жооп берүү үчүн Сот «уруксат берилген» деген сөздү «тыюу салынган» деген сөзгө алмаштырышы керек деген сунуш айтылган.

22. Сот өз алдына чыгып жаткан, ядролук куралга ээ мамлекеттер алардын иш-аракет кылуу эркиндигин эл аралык укук принциптери жана ченемдери, атап айтканда, гуманитардык укук (төмөндө 86-пар. кара) чектегендигин териштирүүгө катышкан мамлекеттер сыяктуу макул болушкандыгын же аны четке какпагандыгын белгилейт. Демек айтылып жаткан «уруксат берилген» деген сөздүн колдонулушу жөнүндө юридикалык бүтүм, о.э. иштин башталышына жол бере турган далилдөө маселеси Сот алдына коюлуп чечилип жаткан суроолорго эч тиешеси жок.

52. Тааныштыруу жолу менен Сот эл аралык кадимки укук жана келишимдик укук ядролук же башка куралды колдонуу коркунучуна же

колдонууга жалпы же белгилүү шарттарда, мисалы, өзүн мыйзамдуу түрдө коргоодо уруксат берүүчү конкреттүү жобону өзүнө камтыбай тургандыгына көңүл бурат. Бирок ядролук же башка куралды колдонуу коркунучунун же колдонулушунун мыйзамдуулугу белгилүү бир уруксаттан көз каранды экендигин тастыктаган бир эл аралык укук принциби же ченеми жок. Мамлекеттик практика көрсөткөндөй, кайсы бир куралды колдонунун мыйзамсыздыгы уруксаттын жоктугунан эмес, тескерисинче, тыюу салуунун түзүлгөндүгүнөн.

60. Ядролук куралды колдонуу мыйзамсыз деп болжогон мамлекеттер белгилүү тармактарда ядролук куралды колдонууга чек коюучу же колдонууну жоюучу ар түрдүү эрежелерди өзүнө камтыган конвенциялар (м., Антарктикада ядролук куралды жайгаштырууга тыюу салуучу Антарктика жөнүндө 1959-жылдагы Келишим же Латын Америкасында ядросуз аймакты түзүүчү 1967-жылдагы Тлателолько келишими сыяктуу) же ядролук куралдын болушун көзөмөлдөө жана чектөө боюнча белгилүү чараларды көрүүчү атмосферада, космос мейкиндигинде жана суу астында ядролук куралды сынооого тыюу салуучу 1963-жылдагы Келишим же ядролук куралды жайылтпоо жөнүндө келишим сыяктуу конвенциялардын бардыгы ядролук куралды колдонууга чек коёт деп баса белгилешет. Алардын пикири боюнча, аталган келишимдер ядролук куралды колдонууга юридикалык тыюу сала турган өзүнчө бир ченемдин пайда болгондугун күбөлөндүрөт.

61. Белгилүү бир жагдайларда ядролук куралды пайдалануу мыйзамдуу деген жобону жактаган мамлекеттер мындай бүтүмгө келүүдө логикалык карама-каршылыктарды көрүшөт. Аларга ылайык, ядролук куралга ээ мамлекеттердин андай куралы жок мамлекеттерге каршы ядролук кол салбоо боюнча берген коопсуздук кепилдиги эске алынган Ядролук куралды жайылтпоо жөнүндө келишим Коопсуздук кеңешинин 255- (1968) жана 984-резолюциясы (1995) сыяктуу эле ядролук куралдуу пайдалануга тыюу катары чечмелениши мүмкүн эмес, жана мындай талап аталган инструменттердин текстинин өзүнө каршы келет.

Белгилүү кырдаалда ядролук куралды колдонуу мыйзамдуу экендигин колдоочулар үчүн мындай куралды колдонууга карата толук тыюу жок. Алардын пикири боюнча ядролук куралды жайылтпоо жөнүндө келишимдин логикасы жана түзүлүшүнүн өзү муну ырастап турат. Алардын талашына таяныч болгон бул келишим ядролук куралга ээ беш мамлекет тарабынан түзүлгөн жана ядролук куралды колдонууга ошол мамлекеттердин өзүнө тыюу сала турган келишим катары каралышы мүмкүн эмес; бул мамлекеттер ядролук куралга ээ деген фактты моюнга алуу мындай курал белгилүү жагдайларда колдонулушу мүмкүн экендигин моюнга алууга

барабар. Алар ядролук куралга ээ мамлекеттердин 1968-жылы берген коопсуздук кепилдиктери, жана кийинчерээк Конференция катышуучуларынын 1995-жылдагы ядролук куралды жайылтпоо жөнүндө Келишимди карап жана узартышы ядролук курал мыйзамдуу түрдө колдонулушу мүмкүн болгон кырдаалдарды атай ала тургандыгы жөнүндө талашып жатышат. Ядролук куралды белгилүү жагдайларда колдонуу мыйзамдуу экендигин жактоочулар үчүн ядролук куралга ээ эмес ар түрдүү мамлекеттердин бул инструменттерди кабыл алышы ал инструменттерге негиз болуучу айкын логиканы ырастап жана бекемдеп турат.

62. Ядролук куралдарды сатып алуу, даярдоо, ээлик кылуу, жайгаштыруу жана сыноо сыяктуу коркунуч же колдонуу менен түздөн-түз байланышпаган аракеттерге гана тиешелүү келишимдер, албетте дүйнөлүк коомчулуктун бул куралга байланыштуу улам өсүп бара жаткан тынчсызданууусун көрсөтө тургандыгын Сот белгилейт; ал келишимдер мындай куралдарды колдонууга карата келечекте жалпы тыюу салынарынын белгиси болушу мүмкүн, бирок алар өзүнөн өзү андай тыюу болуп эсептелбейт деген тыянакка келет. Ал эми Тлателолько жана Раротонги келишимдери жана алардын Протоколдору, о.э. ядролук куралды жайылтпоо жөнүндө Келишимдин айкын эмес кеңейишине байланыштуу жасалган декларациялардан төмөнкүлөр аныкталган:

> (а) көп сандагы мамлекеттер ядролук куралды белгилүү аймактарда (Латын Америка; Түштүк Тынч океаны) же белгилүү мамлекеттерге (ядролук куралга ээ эмес, ядролук куралды жайылтпоо жөнүндө Келишимдин мүчөсү болгон мамлекеттерге) каршы колдонбоо милдетин алышты;
>
> (б) бирок ушул чектөөлөрдүн чегинде да ядролук куралга ээ мамлекеттер белгилүү жагдайларда ядрлук куралды колдонуу укугун алышты; жана
>
> (в) бул шарт Тлателолько жана Раротонги келишиминин катышуучулары жана Коопсуздук кеңеши тарабынан каршылыксыз кабыл алынган.

63. Ядролук куралга ээ мамлекеттердин коопсуздук кепилдигин 1995-жылдан бери камсыз кылуучу бул эки келишим жана Коопсуздук Кеңеши аларды канааттануу менен көңүлгө алган факты мамлекеттер коомчулугу менен эл аралык коомчулукту ядролук куралдын болгондугунан келип чыгуучу коркунучтан бошотуу муктаждыгы жөнүндө маалымат жайылышы өсүп бара жаткандыгын күбөлөндүрөт. Анан калса, Түштүк-Чыгыш Азияда ядросуз аймак жөнүндө 1995-жылдын 15-декабрында Бангкокто келишимге, ал эми Африкада ядросуз аймак түзүү жөнүндө Келишимге

1996-жылы 11-апрелде Каирде кол коюлгандыгына Сот көңүл бурат. Бирок бул элементтерди мындай куралды колдонууга же колдонуу коркунучуна ар тараптуу жана универсалдуу тыюу салууга жетишкендик катары карабайт.

64. Сот эми бул укук булагынан ядролук куралды колдонууга же колдонуу коркунучуна тыюу келип чыгар-чыкпасын аныктоо үчүн эл аралк кадимки укуктун экспертизасына кайрылат. Себеби Сот бул укуктун мазмуну «биринчи кезекте чыныгы практикадан жана мамлекеттердин мыйзамдуу аракет кылгандыгына болгон ишенимден (opinio juris) табылышы» керек деп айткан (Континенттик шельф (Ливиялык араб Жаммахирия/Мальта), Чечим 1. Отчеттор 1985, п. 29 К. Дж., параграф 27).

65. Ядролук куралды колдонуу мыйзамсыз деген пикирди карманган мамлекеттер аны колдонууга тыюу салуучу жалпы кабыл алынган эрежеенин бар экендигин далилдегенге аракет кылышкан. Алар 1945-жылдан бери мамлекеттердин ядролук куралды колдонбоо практикасына жана бул практикадан мындай куралга ээ мамлекеттердин opinion juris (мыйзамдуулук ишениими) ченемин көрүү мүмкүнчүлүгүнө кайрылышат.

66. Белгилүү кырдаалдарда ядролук куралды колдонуу же колдонуу коркунучу мыйзамдуу экендигин коргогон айрым башка мамлекеттер өз аргументтерине ырастоо катары карануу доктринасы менен практикасына таянышкан. Алар өзүлөрүнүн коопсуздук кызыкчылыктарына коркунуч туудуруучу куралдуу кол салууга каршы айрым мамлекеттер менен биргеликте бул куралды пайдалануу мүмкүнчүлүгүнө дайыма ээ экендиктерин эскертишти. Алардын көз карашында, эгерде ядролук курал 1945-жылдан бери колдонулбаган болсо, бул мурдатан болгон же эми пайда болгон салттан эмес, анын колдонулушуна негиз болуучу жагдайлар, бактыга жараша, пайда болгон эмес.

67. Сот «карануу саясаты» катары белгилүү болгон практикага таянуу менен чечим чыгарууга ниеттенбейт. Көпчүлүк мамлекеттер бул практиканы суук согуштун көпчүлүк мезгилинде карманышкан жана эми да карманып келе жаткан фактыны белгилейт. Андан сырткары, эл аралык коомчулуктун мүчөлөрүнүн пикирлери акыркы 50 жылда ядролук куралга кайрылбагандыктык opinio juris (мыйзамдуулук ишенимин) билдиргендик болор-болбосу жөнүндө маселеде кескин бөлүнүп турат. Мындай кырдаалда Сот өзүн opinio juris (мыйзамдуулук ишениими) бар деп табууга жөндөмдүү деп эсептебейт.

68. Айрым мамлекеттердин пикири боюнча, Башкы Ассамблеянын 1961-жылдын 24-ноябрындагы ядролук куралга тиешелүү жана ядролук куралдардын мыйзамсыз экендигин үзгүлтүксүз ырастап келген 1653-(XVI) резолюциясынан берки бир катар олуттуу резолюциялары мындай

куралды колднууга тыюу сала турган эл аралк кадимки укуктун бар экендигин ырастайт. Бирок башка мамлекеттердин пикирине ылайык, каралып жаткан резолюциялар алар үчүн эч кандай милдеттүү мүнөзгө ээ эмес жана ядролук куралга тыюу салуучу кадимки ченемдерде декларативдүү эмес; о.э. бул мамлекеттердин айрымдары; аталаган резолюцияларды ядролук куралга ээ мамлекеттер гана эмес, көптөгөн башка мамлекеттер да жактыруусуз кабыл алышкандыгын көрсөтүшкөн.

69. Ядролук куралды колдонуу мыйзамсыз деп эсептеген мамлекеттер ал резолюциялар кайсы бир жаңы эрежелерди түзүүгө умтулган эмес, бирок аларды колдонуу боюнча аскер иш-аракеттерин жүргүзүүдө жол берилүүчү чектен ашып кеткен согуш каражаттары менен ыкмаларына тыюу салуучу кадимки укукту ырастоо менен чектелгендигин белгилешкен. Демек бул мамлекеттер үчүн инструмент мурдатан келишимдик укук аркылуу ырасталып жалпы кабыл алынган ченемдерди келечекте жоё албай турган терс добуштарды пайда кыла тургандыгы анча мааниге ээ эмес.

70. Башкы Ассамблеянын резолюциялары сөзсүз аткарылышы керек болбосо да, ченем катары баалуулукту түзө тургандыгын Сот белгилейт. Алар белгилүү жагдайларда ченемдин болушу же opinio juris-тун келип чыгышы үчүн маанилүү күбөлөрдү бериши мүмкүн. Башкы Ассамблеянын аталган резолюциясы үчүн бул туура экендигин аныктоо үчүн анын мазмунун жана кабылуу шарттарын карап чыгуу зарыл; о.э. мыйзмадуулук ишениими (opinio juris) ченем мүнөзүнө ээ же ээ эместигин кароо керек. Же бир катар резолюциялар жаңы эрежени орнотууга зарыл opinio juris-тун (мыйзамдуулук ишениими) бара-бара өнүгүшүн көрсөтүшү мүмкүн.

71. Башкы Ассамблеянын Сот алдына коюлган аталган резолюциялары жалпысынан ядролук куралды колдонуу «Бириккен Улуттар Уюмунун Уставын бузгандык болмок», жана айрым жазылыштарында мындай колдонууга «тыюу салынышы керек» деп билдирет. Бул резолюциялардын басымы айрым учурларда коюлгандан башка суроолорго ооп кеткен; бирок азыркы жагдайда каралып жаткан бир нече резолюция олуттуу сандагы каршы жана калыс добуш менен кабыл алынган; ошентип, бул резолюциялар ядролук куралдарга байланыштуу терең тынчсыздангандыктын айкын белгилерин билдиргенине карабастан, мыйзамдуулук ишениими (opinio juris)бар экендигин ырастоодон алыс.

72. Андан ары Сот ядролук куралды колдонуу мыйзамсыз деп жарыялаган Башкы Ассамблеянын биринчи резолюциясы 1961-жылдын 24-ноябрындагы 1653- (XVI) резолюция болгондугун белгилейт (кийинки резолюцияларда эске салынган). Аталган резолюция 1868-жылдагы Санкт-Петербург декларациясынан тартып 1925-жылдагы Женева протоколуна

чейинки белгилүү эл аралык декларациялар менен милдеттендирүүчү макулдашууларга кайрылгандан кийин ядролук куралдын укуктук мүнөзүн квалификациялоого киришкен, анын эффектин аныктайт жана ядролук куралга карата эл аралк кадимки укуктун жалпы эрежелерин колдонот. Башкы Ассамблеянын ядролук курал боюнча конкреттүү учурга карата жалпы укуктун эрежелери жөнүндө бул билдирүүсү анын пикири боюнча кадимки укукта ядролук куралды колдонууга тыюу салуучу эч кандай айкын эреже жок экендигин көрсөтөт; эгер андай эреже болгондо, Башкы Ассамблея, мүмкүн, жөн гана ага таянмак жана мындай юридикалык квалификациялоону ишке ашырууга муктаж болмок эмес.

73. Муну айтуу менен Сот 1653 (XVI)-резолюциянын мазмунун, о.э. бардык шарттарда ядролук куралды колдонууга тыюу салуучу конвенциянын бүтүмүн мүчө мамлекеттерден талап кылуусун эске салып, башкы Ассамблея жыл сайын көпчүлүк добуш менен резолюцияларды кабыл алуусу эл аралык коомчулуктун өтө олуттуу бөлүгү белгилүү жана атайын тыюу аркылуу ядролук куралды колдонууга тыюу салгысы келгендиги ядролук жактан толук куралсызданууга карай маанилүү кадам экендигин көрсөткөн. Кадимки укуктун ядролук куралды деги эле колдонууну айкын тыюу салуучу позитивдүү укук сыяктуу ченемдин пайда болушуна бир жагынан калыптанып жаткан opinio juris (мыйзамдуулук ишениими) менен экинчи жагынан дагы эле күчтүү болуп турган карануу практикасынын ортосундагы катаал мамиле тоскоолдук кылууда.

74. Сот ядролук куралды колдонууга же колдонуу коркунучуна аныкк тыюу сала турган жалпы мүнөздөгү кадимки эрежени да, жалпы кабыл алынган ченемди да таппагандыктан, эми куралдуу кагылышууда колдонулуучу эл аралык гуманитардык укуктун принциптери менен эрежелеринин жана кийлигишпөө жөнүндө мыйзамдын өңүтүнөн алганда ядролук куралды колдонуу мыйзамсыз деп эсептелинеби деген суроого туш болот.

95. Ошол эле учурда Сот ядролук куралды пайдалануу анын куралдуу кагылышууда колдонула турган мыйзам менен башынан эле жана толук сыйышпагандыгынын себебинен бардык учурларда мыйзамсыз болот деген көз караш аныктыгы жөнүндө тыянак чыгара албайт. Албетте от көрсөткөндөй, куралдуу чыр-чатакта колдонулуучу жана негизинде гумандуулуктун эң башкы маанисин моюнга алуу жактан мыйзамдын принциптери менен ченемдери согуш аракеттерин жүргүзүүгө карата бир катар катуу талаптарды коёт. Ошентип, жарандык жана аскердик максаттар өз ара айырмаланбаган же тирешип жаткан тараптарды керексиз азаптарга алып келиши мүмкүн болгон согуштун ыкмалары менен каражаттарына тыюу салынат.

Ядролук куралдын Сот жогоруда эскерткен өзгөчө мүнөздөмөлөрүнө байланыштуу аны колдонуу бул талаптар менен сыйышары зорго мүмкүн болчудай сезилет. Бирок Сот ядролук куралды колдонуу куралдуу кагылышуу учурунда бардык жагдайларда колдонулуучу принциптер менен укуктук ченемдерге каршы келет деп ишенимдүү чечим чыгарууга мүмкүнчүлүк бере турган элементтер жетишсиз деп эсептейт. Андан тышкары, Сот ар бир мамлекеттин жан сактоого болгон фундаменталдык укугун жана ага жараша сактыгы коркунуч алдында турганда Уставдын 51-беренесине ылайык өзүн өзү коргоо укугун көз жаздымында калтыра албайт.

Эл аралык коомчулуктун басымдуу бөлүгү көп жылдар бою карманып келген «карануу саясаты» деп аталган саясатты эч ким көңүлгө албай коё албайт. О.э. Сот ядролук куралга ээ айрым мамлекеттер Тлателолько жана Раротонги келишимдери боюнча Протоколдордун, о.э. ядролук куралды жайылтпоо Келишимин кеңейтүүгө байланыштуу алардын билдирүүлөрүнүн алкагында берген милдеттемелерине карата эскертмелерди да көңүлгө алат.

97. Демек, жалпысынан каралып жаткан эл аралык укуктун Сот жогоруда иликтегендей учурдагы абалына жана анын буйрутмаларынын элементтеринин негизинде Сот ядролук куралды мамлекеттер алардын жашоосу коркунуч алдында турган өзгөчө кырдаалдарда өзүн коргоо үчүн колдонуусу мыйзамдуу же мыйзамсыз экендиги боюнча толук бүтүм чыгара албай тургандыгын белгиледи.

5Укуктун жалпы принциптери

Мурунку Югославия боюнча Эл аралык кылмыш трибуналы (Прокурор Дражен Эрдемовичке каршы), 1998 [6]

***

8. 1995-жылдын 13-июлунан тартып болжол менен 1995-жылдын 22-июлуна чейинки убакытта миңдеген босниялык мусулман эркектер босниялык-серб армиясы менен полициясы тарабынан өлтүрүлгөн.

12. Болжол менен 1995-жылдын 16-июлунда Дражен Эрдемович өз

[6] International Tribunal for the Prosecution of Persons Responsible for Serious Violations of International Humanitarian Law Committed in the Territory of Former Yugoslavia since 1991 former Yugoslavia, October 7, 1997, (citations omitted).

бөлүгүнүн башка мүчөлөрү жана бөлөк бригадалардын жоокерлери менен бирге Пилица кыштагында босниялык куралсыз мусулмандарды өлтүрүүдө жана атууда катышкан. Массалык өлтүрүүлөрдүн натыйжасында жүздөгөн босниялык мусулман эркектер курман болгон.

Дражен Эрдемович Пилицадагы Браньево кыштагынын алдында жүргүзүлгөн операциянын командири Брано Гожковичтен өзү жана анын бөлүгүнүн дагы жети мүчөсү максаты аларга белгисиз болгон миссияга даярдануунун буйрук алышкандыгын ырастайт. Ал топ мүчөлөрү окуя болгон жерге келгенден кийин гана аларды жүздөгөн мусулмандарды өлтүрүү үчүн чогулткандыктары тууралуу билишкендигин ырастайт. А, эгерде буйрукту аткарбай койсо, анын өзүн өлтүрмөк же анын аялы менен баласы коркунучта калмак деп билдирген.

16. Апелляциялык палата тараптарга Пландоо тууралуу 1997-жылдын 5-майындагы буйрукта алдын ала суроолорду берген:

(1) Кылмыш мажбурлоонун аркасында жасалгандыгы сотто далилденсе, мындай мажбурлоо адамзатка каршы жана\же ушул сыяктуу аскер кылмыштары боюнча сотто тоолугу менен актална, күнөөлөнүүчү акталып чыгууга укуктуубу?

19. Судялар Макдональд жана Ворахтын биргелешкен өзгөчө пикиринде жана судья Линин жеке бөтөнчө пикиринде айтылган себептер боюнча, апелляциялык палатанын көпчүлүгү күнөөсүз адамдардын өлүмүнө алып келген адамзатка каршы же ушул сыяктуу аскер кылмышын жасоого мажбурлоо, жоокерге толук коргонуч бербейт деген тыянакка келген.

32. Аппеляциялык териштирүүдө тараптарга багытталган биринчи алдын ала суроо боюнча (жогоруда), жалпы суроого тиешелүү үч фактор келтирилген. Биринчиден, Апеллянт жасаган аскер кылмышы же адамзатка каршы кылмыш бейкүнөө адамдардын өлүмүнө алып келген. Экинчиден, кийинки талкууда көрсөтүлгөндөй, дүйнөнүн негизги укуктук системаларында мажбурлоону адам өлүмүнө алып келген кылмышы үчүн жаза тартуудан куткара турган көрүнүш катары баалоого мүмкүнчүлүк берүүчү системалар менен тескерисинче, куткарбай турган системаларынын ортосунда айкын чектөө бар. үчүнчүдөн, Апеллянт каралып жаткан учурда Босния жана Герцоговина республикаларында узак убакыт бою аскер аракеттерин жүргүзүп жаткан босниялык-серб аскеринин жоокери болчу. О.э. суроо төмөнкүчө тагыраак коюлушу мүмкүн: Адамзатка каршы же аскер кылмышы үчүн күнөөлөнүүчү, күнөөсүз адамдарды өлтүргөн жоокерди мажбурлоо аргументи мыйзам боюнча толук коргой алабы?

56. Эми БУУнун Эл аралык Сотунун Уставынын 38-беренесинде (1)

(с) эл аралык укуктун булагы деп бекитилген «цивилизациялуу өлкөлөр тааныган мыйзамдын жалпы принциптери» мажбурлоого байланышкан бул чаташкан кырдаалды чечмелеп бере алабы деген суроону койсо болот. 1993-жылдын 3-майында Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы катчысы берген билдирүүнүн 58-параграфы Эл аралык трибуналды дал ушул укук булагына багыттайт:

> Адамды кылмыш жазасынан бошото ала турган жаш курагынын төмөндүгү же акыл-эс оорулуулугу себебинен укуктун жалпы принциптеринен келип чыгуучу, бардык улуттар тарабынан таанылган жеке коргонуунун ар кандай инструменттерин Эл аралык трибунал өзү аныкташы керек.

Андан ары тынчтыкка жана адамзаттын коопсуздугуна каршы кылмыштар боюнча Эл аралык укук Комиссиясынын Кодекс Долбоорунун 14-беренесинде мындай деп каралган:

Компетенттүү сот ар бир кылмыштын мүнөзүнө жараша укуктун жалпы принциптерине ылайык коргоого жол берүү мүмкүнчүлүгүн аныкташы керек.

56 57. «Цивилизациялык улуттар тааныган укуктун жалпы принциптеринин» эл аралык укук булагы катары колдонулушуна карата биздин талдоого таасир кылуучу бир катар көз-караштар. Биринчиден, укуктун жалпы принциптери учурда бар укук системаларынан, атап айтканда, улуттук системадан алынышы керек болсо да, адатта, «цивилизациялык улуттар тааныган укуктун жалпы принциптерин» айырмалап ажыратуу дүйнөнүн бардык укук системаларын комплекстүү изилдөөнү талап кылбайт деп эсептелет. Муну ишке ашыруу мүмкүн эмес жана Эл аралык Соттун же жогоруда аталган 38-беренеге кайрылган башка эл аралык трибуналдардын практикасында эч качан болгон эмес. Экинчиден, белгилүү юристтердин, анын ичинде 38 (1) (с)-беренеси боюнча Кеңешүүчүлүк комитеттин президенти Барон Декамптын пикири боюнча, аталган берененин максаттарынын бири айкын эместик кырдаалга туш келбөө болгон, б.а. эл аралык трибунал колдонулуучу укуктук ченемдердин жоктугуна таянат. үчүнчүдөн, «жалпы принципти» ал принциптин бөтөнчө ченемдерде конкреттүү көрүнүшү менен чаташтырбоо керек. Гентинин иши боюнча Италия-Венесуэла аралаш комиссиясы белгилегендей,

Ченем..., чынында пайдалуу, андан тышкары милдеттендирүүчү күчкө ээ; мамлекеттин ченемдери менен катар искусство ченемдери да бар, ошол эле учурда принцип биздин кыймыл-аракетибиздин багыттап туруучу жалпы чындыкты билдирет, биздин турмуштун ар түрдүү мыйзамдары

үчүн теориялык негиз катары кызмат кылат, о.э. ал мыйзамдарды колдонуу чындыгында белгиленген натыйжага алып келет.

Ушул көз караштардын өңүтүнөн алганда биздин мамиле дүйнөнүн ар бир укук системасынан конкреттүү ченемдерди түздөн-түз салыштырууну сөзсүз түрдө өзүнө камтыбайт, бирок анын ордуна практикалык көз караштан алганда сот практикасы биз үчүн Эл аралык трибуналды түзүүнүн предметине жана максатына ылайык келүүчү конкреттүү ченемдердин негизинде жалпы тенденцияларды, саясатты жана принциптерди айырмалоо үчүн кароого мүмкүн болгон сот органдарына баяндамаларды өзүнө камтыйт.

Мак Нейр мырза түштүк-батыш Африка боюнча иште өзүнүн бөтөнчө пикиринде көрсөткөндөй,

> Укуктук эрежелер менен жабдылган жеке укук институттарын толук көлөмдө эл аралык укуктан бөлүп алуу маселеси эч качан туулбайт. Маселе жеке укуктан Эл аралык маселелерди чечүүгө ылайык келүүчү укуктук саясаттар менен принциптерди аныктоочу институттарды табуу жөнүндө болушу мүмкүн. Бул конкреттүү принциптин ар түрдүү улуттук системаларда көрүнүшү эмес – алардын өзгөрүшү күмөн – бирок, бул аларды жана эл аралык соттордун эрежеге ылайык колдонууга укуктуу экендигин баса көрсөтө турган жалпы укуктук концепция.

Ошентип, жалпысынын эл аралык трибунал практикасы конкреттүү иштин фактыларына карата колдонулуучу өзүлөрүнүн укук ченемдерин билдирүүдө жалпы принциптерге таянышат. Бул практика Эл аралык соттун жана Туруктуу Эл арлык акыйкат палатасынын иштеринде «ак ниеттик жана адилеттик» жалпы принцибине кайрылуудан көрүнөт. Мисалы, Эл аралык сотто Түндүк деңизинин континенттик шельфи жөнүндө иште Сот континенттик шельфтердин чек араларын делимитациялоо ченемдерин аныктоодо «акыйкат принциптерин» көңүлгө алган. Маас дарыясында сууну айланып өтүү жөнүндө иште (Нидерланд Бельгияга каршы) Туруктуу Эл аралык акыйкат палатасынын алдында Судья Надсон жеке пикиринде теңдик «цивилизациялуу улуттар тарабынан таанылган жалпы укук принцип» экендигине макул болуу менен төмөнкүнү билдирген: Теңдештиктин маанилүү принциби болуп, эгерде эки тарап бирдей жана өз ара милдеттемелердин бар экендигин болжошкон болсо жана бир тарап ал милдеттемелерди аткарбоону уланта берсе, экинчи тарапка ошондой эле милдетти аткарбоого уруксат берилбеши керектиги эсептелиши керек эле. Хожувдагы фабрика жөнүндө иште Туруктуу сот «эл аралык укук принциби жана, ал турсун, мыйзамдын жалпы концепциясы өз ара аракеттешүүнү бузуу ордун төлөө милдетине алып келе турганында» деп белгилейт.

58. Мажбурлоого тиешелүү жалпы принципке жетишүү үчүн, биз дүйнөлүк укук системаларындагы мажбурлоолорго карата чакан баяндама жасадык. Бул баяндама анча чоң эмес милдеттемелерди өзүнө камтыйт жана толук салыштырмалуу талдоо болуп эсептелбейт. Анын максаты «укуктун жалпы принциптерин» мүмкүн болушунча эл аралык укук булагы катары көрсөтүү болуп эсептелет.

Дүйнөнүн негизги укук системаларынын ар түрдүү позицияларынан көрүнгөндөй, мажбурлоо фактынын болгондугу күнөөсүз адамдарды өлтүргөндүгү үчүн актоо болобу деген суроого жооп бере турган эч кандай ыраттуу жана конкреттүү эреже жок. Бири-бирине каршы келүүчү жоболорду жөнгө салуу мүмкүн эмес жана чындыгында, биз бул маселе жалпы укук менен роман-герман укугунун ортосундагы күрөшкө алып келиши керек деп божомолдобойбуз. 58

59. Роман-герман укук системаларынын Кылмыш жаза кодекстери, айрымдарын эске албаганда, мажбурлоону бардык кылмыштарга карата актоо катары таанышат. Роман-герман укук системасына ээ өлкөлөрдүн Кылмыш жаза кодекстери мажбурлоо астында жасалган мыйзамга каршы аракет «кылмыш болуп эсептелбейт», же «кылмыш жоопкерчилигине тартылбайт», же «жазаланбайт» деп белгилешет. Белгилей кеткибиз келген нерсе, айрым роман-герман укук системалары зарылдык түшүнүгүн мажбурлоодон айырмалап карашат. Зарылдык табигый күчтөргө байланышкан өзгөчө кырдаалдагы абалды билдирет. Мажбурлоо, бирок, башка адам тараптан коркутуу аркылуу болгон кысым болуп эсептелет. Роман-герман укук системасы бул айырмачылыкты мажбурлоого тиешелүү жоболордо гана көрсөтөт. (Сот роман-герман жана жалпы укук системага ээ төмөнкү өлкөлөрдү карап чыкты:

(а) Роман-герман укук системасы: Франция, Бельгия, Нидерланд, Испания, Германия, Италия, Норвегия, Швеция, Финляндия, Венесуэла, Никарагуа, Чили, Панама, Мексика, Мурунку Югославия).

(Мисалы,)

Испания

Испаниянын 1995-жылдагы Кылмыш жаза кодексинин 20-беренесинде күнөөлөнүүчү кайсы бир кыймыл-аракетти коркунучтун таасири астында жасоого аргасыз болгон учурда кылмыш жоопкерчилигин тартпайт деп каралган.

Германия

1975-жылдагы Немис Кылмыш жаза кодексинин 35 (1)-бөлүмүндө (15-май, 1987-ж. өзгөртүлгөн) төмөнкүлөр каралган:

Эгерде кимдир бирөө өзүнүн же андан көз каранды же ага жакын адамдын жашоосуна, ден соолугуна же эркиндигине сөзсүз болгон коркунучтан кутулуу максатында мыйзамга каршы иш жасаса, мындай аракет кылмыш болуп эсептелбейт. Кыймыл-аракет кылган адам кооптуу жагдайда болгондугу жетишсиз, ал коркунуч алдында болушу керек. Акыркы учурда жаңы Жалпы укук системасынын 49 (1)-бөлүмүнө ылайык жумшартылышы мүмкүн***.

(б) Жалпы укук системалары: Англия, Кошмо Штаттар жана Австралия, Канада, Түштүк Африка, Индия, Малайзия, Нигерия, Япония, Кытай, Марокко, Сомали, Эфиопия.

(Мисалы,)

Англия

60. Англияда мажбурлоо өлтүрүү, өлтүрүү максатында кол салуу жана мамлекетке чыккынчылык кылмыштарынан башка бардык кылмыштарда толук актоо болуп эсептелет. Мажбурлоону өлтүрүү максатында кол салууда актоо болот деген түз көрсөтмө болбосо да, киши өлтүргөндүк үчүн мындай актоо жок болгон соң, аны кол салгандык үчүн берүүнүн эч кандай акылга сыярлык, этикалык жана мыйзамдуу себеп жок деген түшүнүк басымдуулук кылат.

Америка Кошмо Штаттары жана Австралия

Америка Кошмо Штаттары менен Австралия Англиянын көз карашын карманышат, ага ылайык федерациянын юрисдикциясында коргоону жана мындай коргоо жайылтылбай турган кылмыштын диапазонун так аныктоо боюнча өзгөртүүлөр менен, мажбурлоо бардык кылмыштар боюнча жазадан толук коргойт.

63. Көп сандаган улуттук мыйзамдарда белгилүү кылмыштар мажбурлоо фактысын жактоо иретинде колдонуудан четтетилген. Салттуу жалпы укук мажбурлоонун киши өлтүрүүгө жана мамлекеттик чыккынчылыкка карата актоо катары колдонулушун четке кагат. Бирок көпчүлүк жалпы укуктук юрисдикцияларда мыйзам чыгаруучу органдар көп учурларда мындай четтетилген кылмыштардын бир топ узун тизмесин көрсөтүшөт.

64. Кылмыш жасоого мажбурлоо болгондуктун негизинде, бул юрисдикциядагы соттордун практикасында баары бир ал кылмыштар үчүн өлүм жазасы же өмүр боюу эркинен ажыратуу каралбаса, алардын жазасын жеңилдетиши керек. Кылмыш жазасы боюнча сот ишин жүргүзүү жөнүндө 1991-жылдагы мыйзамдын 3 (3) (а) - беренесинде сот «кылмыштын жагдайы жөнүндө мындай маалыматты (анын ичинде кылмышты

жеңилдетүүчү жана оордотуучу жагдайларды) мүмкүн болушунча толук эске алышы керек» деп каралган.

Жеңилдетүүчү факторлор кылмыштын олуттуулугуна тиешелүү болуп, жана анын ичинде кылмышкердин күнөөлүүлүгүнө таасир кылышы мүмкүн. Бул принципте да, практикада да так бекитилип, кылмышкер кылмыш жоопкерчилигинен бошотулууга жакын болгон учурда бул кылмыштын оордугун төмөндөтүүгө карата багытталган болот.

Англия укугунда кылмыш кылууга бирөө тарабынан азгырылуу жоопкерчиликтен бошотпой турганына карабастан, Р.-дин Бомонтко каршы ишинде Апелляциялык сот кылмышкердин жаза мөөнөтүн кыскарткан, себеби ал башка бирөөнүн азгырыгы менен кылмышка барган.

Ошондой эле Австралиянын өкүм чыгаруу боюнча сот практикасында жана практикада мыйзам бузуучунун күнөөлүү экендиги чечим чыгарууда эске алынат.

Жаза жана өкүмдөр жөнүндө 1992-жылдагы мыйзамдын 9 (2) (d)- беренеси «сот кылмышкердин мыйзам бузуудагы күнөөсүнүн деңгээлин эске алышын» талап кылат. өкүм жөнүндө 1991-жылдагы мыйзамдын (Вик) 5 (2) (d) беренеси «кылмышкердин күнөөсүнүн жана кылмыш үчүн жоопкерчилигинин деңгээлине» шилтеме жасайт. R-дин Окутгенге каршы ишинде Викториянын кылмыш иштери боюнча апелляциялык соту провокация (көкүтүү, түрткү берүү) зомбулук кылмышын жеңилдетүүчү фактор болот деген бүтүм чыгарган. R-дин Evans-ка каршы ишинде жаңза кылмышкердин кылмышка катышуу деңгээлин эске алышы керек деген принципке ишеним көрсөтүлгөн. Кылмыш ишине катышуу деңгээли кылмышкердин күнөөсүнүн деңгээлин чагылдыруу үчүн эсепке алынат.

65. Роман-герман укук системаларынын соттору кылмышкерди актоо мүмкүн болбогон учурда анын жазасын мажбурлоо болгондуктун негизинде жеңилдете алышат. Айрым системаларда жазаны мажбурлоо болгондугунун негизинде жеңилдетүү мажбурлоого байланыштуу жоболордо түз көрсөтүлгөн эмес. Кылмыш жаза укугу кылмыш жаза кодексинде ишке ашырылган башка юрисдикцияларда жазаны жеңилдетүү укугу жалпы жоболордон табылышы мүмкүн.

66. Жогоруда каралган ар түрдүү укук системаларындагы мажбурлоо денгеелин эске алуу менен, биздин оюбузча, күнөөлөнүүчү кайсы бир мыйзамсыз ишти кысым астында жасагандыгы үчүн толук жазалануурга татыктуу эмес деген принцип цивилизациялуу улуттар тарабынан таанылган жалпы укук принциби болуп эсептелет. Биз бул контексте «мажбурлоо» деген терминди «күнөөлөнүүчү кылмыш ишин жасабаса, анын өмүрүнө

түздөн-түз коркунуч туулат» деген түшүнктү билдирүү үчүн колдонуудабыз жана роман-герман системасындагы көпчүлүк өлкөлөрдүн тилдеринде «мажбурлоо» деген англис сөзүнө маанилеш келүүчү юридикалык терминдерге таянбайбыз. Жогоруда эскертилген баяндама көрсөткөндөй, жазаны жеңилдетүү дүйнөнүн башкы укук системаларында түрдүү ченемдерде мазмуну боюнча айырмаланат. Бир жагынан, көп сандагы юрисдикциялар мажбурлоону күнөөлөнүүчү кылмыш жоопкерчилигинен бошой турган толук актоо деп таанышат. Экинчи жагынан, башка юрисдикцияларда, мажбурлоо соттолуучунун жазасын жеңилдете турган эч бир кылмышка карата актоо катары бааланбайт. Жазаны жеңилдетүү дагы эки шартта орундуу. Биринчиден, жаза айрым юрисдикциялардын укук органдары мажбурлоону актоо катары четке каккан кылмыштарга карата жеңилдетилиши мүмкүн. Экинчиден, мажбурлоонун актоо катары бекем элементтери факттар менен ырасталбаган учурда жазаны жеңилдетүүгө соттордун укугу бар. Улуттук мыйзам органдарында өзгөчө кылмыш үчүн өмүрүнүн акырына чейин камакта отуруу же өлүм жазасы каралган учурларда, ошондо гана улуттук укук системаларында кысым астында кылмыш кылган адам аз жазага тартылат жана өз кылмышы үчүн толук эмес жаза алууга татыктуу деген жалпы принцип эсепке алынбайт.

67. Бирок дүйнөнүн түрдүү укук системаларынын ченемдери аскер кылмышы же күнөөсүз адамдардын өлүмүнө алып келген адамзатка каршы кылмышы үчүн үчүн күнөөлөнгөн жоокерге мажбурлоо толук актоо болобу деген конкреттүү суроо боюнча олуттуу деңгээлде берилген эмес. Жогоруда баяндалган көп сандагы кылмыш жаза кодекстеринин жалпы жоболору көрсөткөндөй, роман-герман укук системасы теориялык жактан мажбурлоону бардык кылмыштарга карата, алардын ичинде киши өлтүрүү жана мыйзамсыз киши өлтүрүү үчүн толук актоо катары карамак. Экинчи жагынан, мажбурлоо киши өлтүргөндүк үчүн толук актоо болорун кескин четке кагуучу башка укук системаларынын мыйзамдары. Биринчиден, Норвегияда жана Польшада аскер кылмыштарына тиешелүү белгилүү мыйзамдар мажбурлоону кылмыш жоопкерчилигинен бошотуучу актоо катары кароого жол бербейт, бирок бул фактты жазаны жеңилдетүүдө гана эске алууга уруксат берет. Экинчиден, Эфиопиянын 1957-жылдагы Кылмыш жаза кодекси 67-беренесинде «абсолюттук күч колдонуу менен мажбурлоо» гана кылмышка актоо катары эсепке алынышы мүмкүн деп карайт. Биз коркутуу аркылуу мажбурлоо деп чечмелей ала турган «моралдык мажбурлоо» факты болгон учурда, күнөөлөнүүчү жазанын жеңилдетишине гана үмүт кыла алат. Бул жеңилдетүү зарыл болсо, кылмышкерди жазадан толук бошотууга чейин жетиши мүмкүн. үчүнчүдөн, Америка Кошмо Штаттарынын типтүү Кылмыш жаза кодексиниин 2.09-бөлүмүн эч каршы-

лыксыз кабыл алган аз сандагы АКШнын юрисдикциясынан сырткаркы бүт дүйнөдө жалпы укук системалары бейкүнөө адамдарды өлтүргөндүгү үчүн мажбурлоону актоо катары каралышын четке кагышат.

68. Кошумчалай турган нерсе, көпчүлүктүн кылмыш жаза кодекстери мажбурлоону бейкүнөө адамдардын өлүмүнө алып келген кылмыштарга карата актоо болорун түз четке какпаса да, Италиянын, Норвегиянын, Швециянын, Никарагуанын, Япониянын жана эң биринчи кезекте Югославиянын кылмыш жаза кодекстери күнөөлөнүүчү алып келген зыян менен ага коркутуудагы келтирилиши мүмкүн болгон зыяндын теңдештигин каралышын талап кылышат. Бул талаптын натыйжасы, роман-герман укук системаларынын прецеденттик укугунда бейкүнөө адамды өлтүрүү күнөөлөнүүчүнүн өмүрүнө келтирилген коркунучка тең келеби деген суроону аныктоо зарыл. Бул суроону аныктоо аталган ишти чечүү үчүн анча маанилүү эмес, жана роман-герман укук системаларынын белгилүү юрисдикциясынын соттору теңдештик талабы бузулган деген негизде мажбурлоону бейкүнөө адамдарды өлтүрүүгө карата актоо катары дайыма четке кага алат. Мисалы, Норвегиянын прецеденттик укугу мажбурлоону киши өлтүрүүгө карата актоо деп баалоого уруксат бербейт. Экинчи дүйнөлүк согуштун акыркы айларында норвегиялык үч полиция кызматкери нацисттик атайын сот тарабынан кесилген мекендештерин өлтүрүүгө катышууга аргасыз болушкан. Согуштан кийин алар Норвегиянын жалпы Жарандык-кылмыш жаза кодексине ылайык чыккынчылык үчүн (пункт 86) жана киши өлтүргөндүк үчүн (пункт 233) жоопко тартылышып, мажбурлоону (пункт 47) актоо катары кароо өтүнүчү менен кайрылышкан. Алар, эгерде буйрукту аткарышпаса, өзүлөрү кошо атылып кетишмек деп сотту ынандырышкан. Күнөөлүүлөр аталган бардык фактыларды эске алып, бирок сот алардын аракетин «мыйзамдуу» деп атоодон баш тарткан жана төмөнкүнү билдирген:

Мындай учурда да Кылмыш жаза кодекси күнөөлү мажбурлоо астында иш кылгандыгы үчүн гана, ал турсун сотто каралган иштегидей, мажбурлоо олуттуу мүнөздө болсо да жазадан бошотпойт, себеби присяждык соттун чечими боюнча күч күнөөлүнүн атайылап аракет жасагандыгын четке какпай тургандыгын эске алуу зарыл. Башкача айтканда, норвегиялык сот 47-пункта талап кылынган күнөөлү келтирген зыян менен ага келтириши мүмкүн болгон зыяндын теңдештиги сакталган эместигин аныктаган. Демек, Кодексте жазылгандай, 47-пункттун бардык кылмыштарга карата жалпы колдонулушу мүмкүн экендигине карабастан, норвегиялык сот жалпы жобону чечмелегени менен, күнөөлөнүүчү киши өлтүргөн күнөөсүнөн акталган жок, себеби 47-пункт күнөөлү актоо үчүн «ага келтирилген коркунуч анын иш-аракетинен болгон зыяндан өзгөчө олуттуу» жагдайдын болушун талап кылат.

69. Андан сырткары, Германиянын жана мурунку Югославиянын Кылмыш жаза кодекстеринде мажбурлоону жөнгө салуучу жоболор куралдуу кагылышууларда жоокерлерди, жарандык орундагы адамдардан айырмаланып, алардын ишинин өзгөчөлүгүнө байланыштуу актабай коюшу мүмкүн деп божомолдонот. Германиянын Кылмыш жаза кодексинин 35-бөлүмүндө мажбурлоо «эгер кылмыш кылган адам коопсуз абалда болсо» актоо болуп эсептелбейт» «бирок эгер ал коркунуч алдында турса, актоо болушу мүмкүн» деп каралган. Акыркы учурда анын жазасы 49 (1)-бөлүмүнө ылайык жеңилдетилиши мүмкүн» деп каралган. Югославия Социалисттик Федеративдик Республикасынын Кылмыш кодексинин 10 (4)- беренесинде «кылмышкер өзүн коркунучка дуушар кылууга милдеттүү болгон өзгөчө кырдаал болбойт» деп каралган.

Жалпы укук системасында мажбурлоону киши өлтүрүүгө карата актоо катары кароодон баш тартуу принциби

70. Киши өлтүрүү жалпы укук системаларынын мыйзамдары тарабынан мажбурлоо фактынын негизинде акталышы мүмкүн болгон бардык кылмыш тизмелеринен чыгарылган. Англиянын жалпы укук ченемдери боюнча мажбурлоо киши өлтүргөн кылмышкер үчүн да, ага катышкан адамга карата да актоо болуп эсептелбейт. Лорддор палатасы R-нын Хоу-га каршы ж.б. иштерде Линчуюттун DPP-га каршы иши боюнча Лорддор палатасы Түндүк Ирландиянын кызыкчылыгына чыгарылган иштин чечимин жойгон. Ал чечимге ылайык, мажбурлоо экинчи даражадагы оор киши өлтүрүү кылмышын акташы керек болчу. Ошентип R v. Хоу ангиялык жалпы укук жобосун мажбурлоону бардык киши өлтүрүү кылмышы үчүн актоо болушуна жол бербей турган салттуу жобого кайтарган. Бул жобонун эки аспекти бар. Биринчиси бул Англиянын укугунда мажбурлоо кылмыштын объективдүү жана субъективдүү жактарынын ыктыярдуулугуна деги эле тиешелүү деп баалоодон баш тартканды гы. R.v Хоу ишинин 777-бетинде Лорд Хейлшем мындай деп билдирген:

> Жол берилбей турган экинчи аспект – айрым чечимдерде мажбурлоо кылмыштын субъективдүү жагынын бар-жогуна гана тиешелүү деп кабыл алынган түшүнбөстүктүн натыйжасында болушу мүмкүн. Туура көз караш Линчтин [1975] иши боюнча, 1 AC 653 703, лорд Килбрэндондун (азчылык) жана лорд Эдмунд-Дэвистин (көпчүлүк) талдоосунда баяндалган.

Лорд Килбрэндон мындай деген:

> *«... коркутуу алдындагы адамдын коркунучка алдыруу чечими аны туура эмес экендигин билип туруп жасоо чечими менен болжолот, бирок ошентсе да, адамдын, мүмкүн чектелген деңгээлде, «күнөөлүү ниет» бар»...*

Лорд Вилберфорстун Линч v. DPP боюнча Түндүк Ирландия үчүн сөзүндө төмөнкүнү көрсөтөт:

> "Ушундай эле натыйжа жарандык укук контекстинде жетишилген: мажбурлоо, мисалы, келишим түзүү ниетин бузбайт, бирок мыйзамдуу күчкө ээ байланышка баруу менен мыйзамга тоскоолдук каршы келет».
>
> Кызыктуусу, мажбурлоого карата бул көз карашты Бернарди менен Рандазонун ишинде Италиянын Кассациялык соту да макул.
>
> Анда сот кылмышка мажбурлоо кылмыш жазасына тартылбастыктын бардык элементтерин өзгөрүүсүз калтырат. Каралып жаткан иш-аракетте адамдын эркиндиги чектелген, бирок өмүрүнө жана ден соолугуна зыян келүүчү олуттуу коркунучтан кутулуу үчүн өз ыктыяры менен жасалган деп аныкталган.

71. Жалпы укукта мажбурлоо кылмыштын субъективдүү жагын таануу үчүн аныкталбагандыгын эске алсак, актоонун мүмкүн экендиги жоопкердин иш-аракети кылмыштын элементтери катуу териштирилгендигине карабастан акталышы керекпи же актоо үчүн негиз болуш керекпи деген суроону туудурат. Жалпы укуктун мажбурлоону адам өлтүрүүгө карата актоо катары колдонулушуна каршы көз карашынын экинчи аспекти болуп, мыйзамда моралдык абсолюттун бекитилиши эсептелет. Маселенин моралдык жагы акырындап англиянын мыйзамындагы бийликтин узун катарында орун ала баштаган жана жалпы мыйзамдын башка юрисдикцияларында мажбурлоонун киши өлтүрүүгө карата актоо катары пайдаланылышын четке кагууга негиз иретинде кабыл алынган. Чындыгында ушул ырастоонун негизинде да британиялык аскер трибуналдары Стэлаг Лафт III менен Фойрштайндын иштериндеги аскер туткундары үчүн кылмышка мажбурлоонун киши өлтүрүүгө карата актоо катары пайдаланылышын четке кагуу жөнүндө чечимдерин чыгарышкан.

«Hales Pleas of the Crown-да» автор төмөнкүнү ырастайт:

> ... эгер адам катуу кол салууга туш келсе жана өлүм коркунучу алдында, күнөөсүз адамды өлтүрүүдөн башка жол менен өз каста-шынын каарынан кутула албаса, анда анын коркуу сезиминин аркасында кылмыш жасоо анын кыймыл-аракетин актабайт жана киши өлүмү үчүн жазадан бошотпойт, себеби ал күнөөсүз адамды өлтүргүчө өзү өлүшү керек.....

Блэкстоун мажбурлоо астында адам күнөөсүз адамды өлтүрүп өлүмдөн кутулганча, өзү өлүшү керек деп ырастаган.

Лорд Гриффитс R. v. Хоу ишинде өз түшүндүрмөсүн мындайча берет:

Бул [кылмышка мажбурлоонун киши өлтүрүүгө карата актоо катары пайдаланылышын четке кагуу] адам жашоосунун ыйыктыгын мыйзамда аныктоо менен өз өмүрүнүн же башканын өмүрүнүн коркунучу алдында күнөөсүз өмүргө кал салууга тыюу салат.

Лорд Маккей Клэшферн ошол эле иште мындай деген:

Менимче, эмне үчүн бийлик өкүлдөрү узак убакыт бою мажбурлоо киши өлтүрүүнү актабайт деген пикирди кармангандыгынын себеби түшүнүктүү. Эң маанилүү нерсе, мыйзам адамдын өмүрүн коргойт жана бир адам башка күнөөсүз адамды өлтүрүү укугун тандаган учурдан сырткары, бардык шарттарда ар бир адамга тиешелүү экендигин мыйзам моюнга алыш керектиги акылга сыйбагандай көрүнөт.

Лорд Джонси Талличеттла R v. Готтс ишинде өз пикирин мындайча билдирген:

> мажбурлоо, киши өлтүрүү күнөөсүнө карата актоо катары узак убакыт бою колдонулбай келгендигинин себеби мыйзам адам өмүрүнүн кол тийбестигин жана аны коргоону эң маанилүү деп баалагандыгында..... Мен Лорд Гриффиттин (Редж. v. Хоу, [1987] AC 417, 444A) эч ким кандай шартта болбосун мыйзам негизинде жашап жаткан адамдардын эркиндигин жана жашоосун бузбашы керек деген пикирине макул болот элем....

(c) дүйнөнүн негизиги укук системаларында эч кандай конкреттүү ченем жок.

72. Дүйнөнүн негизги укук системаларынын түрдүү жоболорунан көрүнгөндөй, мажбурлоо күнөөсүз адамдарды өлтүрүүгө карата актоо болор-болбосун аныктай турган эч кандай конкреттүү ченем жок. Бири-бирине каршы келген жоболорду жөнгө салуу мүмкүн эмес, жана биз, чындыгында, маселе жалпы жана роман-герман укуктарынын ортосундагы күрөшкө айланышы керек деп эсептебейбиз. Ошого жараша биз Эл аралык трибунал өзү кароо үчүн юрисдикцияга ээ деп аныктоого негиз кылып таянган конкреттүү шарттарды, о.э. Эл аралык трибуналдын мандаты Уставда «эл аралык гуманитардык укукту олуттуу бузууга» тиешелүү деп көрсөтүлгөндүгүн эске алуу менен аталган маселени карасак деген ниеттебиз.

88. Жогорудагы ар түрдүү укук системаларында жана ар түрдүү стратегиялык максаттардагы изилдөөлөрдү биз эсепке алышыбыз керек, ыйгарым укуктарга карата баяндамадан кийин, биз эл аралык укук боюнча

бейкүнөө адамдардын өлүмүнө алып келген адамзатка каршы же аскер кылмышы үчүн күнөөлөнгөн жоокерге кылмышка мажбурлануу толук актоо боло албай тургандыгын түшүнүнөбүз. Биз муну эл аралык гуманитардык укук бузулбагандыгына кепилдик берүү үчүн Уставга ылайык мандат боюнча өз милдеттемелерибизди эске алуудабыз.

89. Натыйжада Аппелянттын арызын күмөндүү деп эсептебейбиз, себеби мажбурлоо эл аралык укук боюнча бейкүнөө адамдардын өлүмүнө алып келген адамзатка каршы же аскер кылмышы үчүн күнөөлөнгөн жоокерге кылмышка мажбурлануу толук актоо боло албайт.

Укуктун кошумча булактары

БУУнун Эл аралык сотунун Уставы, 38-берене, 1 (d)-бөлүм

1. өзүнө тапшырылган талаштарды эл аралык укукка ылайык кароого милдеттүү сот төмөнкүлөрдү колдонот: [...]

d) [...] укук ченемдерин аныктоо үчүн кошумча каражат катары сот чечимдерин жана ар түрдүү улуттардын коомдук укугу боюнча жогорку квалификациялуу адистердин доктринасын.

Лотустун иши, Эл аралык акыйкаттык сотунун туруктуу палатасы (Франция Турцияга каршы), 1927[7]

***

[23-б.] [...] көптөгөн өлкөлөрдүн, ал турсун өзүлөрүнүн кылмыш жаза мыйзамдарына аймактык бекем мүнөз берген өлкөлөрдүн соттору кылмыш жаза укугун кылмыш жасоодо кылмышкер башка өлкөнүн аймагында болсо да, баары бир ал жарандыкка ээ өлкөнүн аймагында жасалды деп каралат деген мааниде чечмелеше тургандыгы талашсыз. Француз соттору көп сандагы жагдайларга карата аймактык принциптеги чечмелөөнүн ушул ыкмасын эске алуу менен санкцияланган чечим чыгарышкан. Андан тышкары, Сот кайсы бир өлкөнүн кылмыш жаза укугу ушул максаттагы ченемди өзүнө камтыйт же өзүнүн кылмыш жаза укугун ушул нукта чечмелейт деген фактыга өкмөттүн каршы чыккан учурларына туш болгон.

[7] The Case of the S.S. "Lotus" (France v. Turkey), Permanent Court of International Justice (P.C.I.J.), Series A No. 70, 7 September 1927.

Демек, кылмыштын кесепеттери түрк кемесинде болгондугу моюнга алынар замат, лейтенант демосту куугунтукка алууга Туркияга тыюу сала турган эл аралык укук бар деп ырастоо мүмкүн болбой калат, себеби кылмышка күнөөкөр француз кемесинин бортунда болчу.

[26-б.] Биринчи кезекте, публицисттердин доктриналарынын көз карашында жана алардын баалуулугу жөнүндө суроолордон тышкары, кадимки укук ченеминин бар экендигин аныктоо жагынан алганда, мүмкүн, бардык же дээрлик бардык жазуучулар окуткандай, ачык деңиздеги кемелер кайсы өлкөнүн желеги астында сүзүп жүрсө, ошол өлкөнүн гана юрисдикциясынын субъекти болору шексиз. Бирок олуттуу жери алардын бул принципке кандай маани бергендигинде; эми жалпысынан жазуучулар бул принципке жогоруда эскертилгенден айырмаланган же ачык деңиздеги кемеге карата мамлекеттин юрисдикциясы өз территориясындагы юридикалык күчүнө тең экендигин моюнга алган масштаб ыйгаргандай сезилбейт. Экинчи жагынан алганда, ачык деңизде чет мамлекеттин кемесинде жасаган кылмышы үчүн мамлекет ал адамды сот тартибинде куугунтукка ала алабы деген суроо боюнча тереең иликтөөгө ылайык, кеме кайсы мамлекеттин желеги астында болсо, мындай кылмыш ошол мамлекеттин аймагында жасалган караты каралышы мүмкүн, натыйжада чет мамлекетте жасалган кылмыштарга карата ар бир укук системасынын жалпы ченемин колдонсо болот деген тыянакка келген жазуучулар да бар.

Башка жагынан алганда, чет мамлекеттик кеменин ичинде жасалган кылмыш үчүн өз мыйзамына ылайык кылмыш жазасын караган сот тартибинде куугунтуктоо укугун мамлекет ырастаган иштерде кемчилик жок. Ошентип, Улуу Британия америкалык кеменин ичинде киши өлтүргөн, британиялык моряк Джон Андерсонду Кошмо Штаттарга берүүдөн баш тарткан. Улуу Британия Америка кошма Штаттарынын юрисдикциясын четке какпай тургандыгын, бирок аны өзү ишке ашырууга укуктуу экендигин ырастаган. Башка иштер да кошулушу мүмкүн болгон бул иш атаалган кырдаалга тиешелүү жана Андерсон британиялык жаран экендигине карабастан, кеме кайсы өлкөнүн желеги астында сүзсө, ошол өлкөнүн гана юрисдикциясы күчкө ээ деген принцип жалпы кабыл алынган принцип болуп эсептелбейт.

Кеме кайсы өлкөнүн желеги астында сүзсө, ошол өлкөнүн гана юрисдикциясы күчкө ээ деп таанылган иштер, кылмыштын курмандыгы болгон адамдын гана жарандыгына кызыккан жана ошол мамлекттин мыйзамына, же анын сот практикасына ылайык мындай негиз чет өлкөлүк жаранды, чет мамлекетте жасаган кылмышы үчүн куугунтуктоо үчүн негиз жетишсиздик кылган иштер болуп эсептелет.

Никарагуада жана ага каршы аскердик жана жарым аскердик аракеттер жөнүндө иш (Никарагуа Америка Кошмо Штаттарына каршы), БУУнун Эл аралык соту, 1986[8]

***

188. Сот эки тарап тең бириккен Улуттар Уюмунун Уставында камтылган күч колдонууга тиешелүү принциптер негизинен эл аралык салттык укукта бар принциптерге туура келет деген пикирди карманат деп эсептейт. Эки тарап тең бул тармактагы негизги принцип Бириккен Улуттар Уюмунун Уставынын 2-беренесиндеги 4-пункта колдонулган терминдерде берилген деген пикирди карманышат. Ошондуктан алар өзүлөрүнө келишимдик укуктун алкагында өзүлөрүнүн эл аралык мамилелеринде башка мамлекеттин кол тийбестигине же саясий көз карандысыздыгына каршы күч менен коркутууга же күч колдонууга, же деги эле БУУнун максаттарына туура келбей турган башка ыкмаларды колдонууга жол бербөө милдетин алышат. Бирок Сот мындай өзүн карманууунун милдеттендирүүчү мүнөзү мыйзамдуулугуна ынангандык (opinio juris) бар экендигин аныктабилиши Opinio juris, мисалга, тараптар менен мамлекеттердин Башкы Ассамблеянын айрым резолюцияларына, айрыкча «Бириккен Улуттар Уюмунун Уставына ылайык мамлекеттердин ортосундагы достук мамилелерге жана кызматташтыкка тиешелүү эл аралык укук принциптери жөнүндө декларация» деп аталган 2625 (XXV) резолюциясына болгон мамилелеринен келип чыгышы мүмкүн. Резолюциялардын тексти менен макулдуктун таасири Уставга ылайык келишим менен «кайталоо же аныктап билүү» катары гана түшүнүлбөшү керек. Экинчи жагынан, бул резолюция тарабынан жарыяланган эреженин же эрежелер топтомунун туура экендигин моюнга алуу катары кабылданышы мүмкүн. Күч колдонбоо принциби, мисалы, Уставдын 43-беренесине ылайык көрсөтүлгөн коллективдүү коопсуздук, же объекттердин, куралдуу контингенттердин коопсуздугу жөнүндө жобо менен шартталган принцип катары эмес, эл аралык кадимки укуктун принциби катары каралышы мүмкүн. Ошондуктан opinio juris түшүнүгүнө ылайык, ушундай эрежени (эрежелер топтомун) сактай турган мамиле мындан ары ал Уставга ылайык келишимдик укук боюнча баш ие турган жоболордон, айрыкча институциялык түрдөгү жоболордон өзүнчө карала тургандыгы айкын болуп эсептелет.

---

[8] Military and Paramilitary Activities in and against Nicaragua (Nicaragua v. United States of America), Merits, Judgment, I.C.J. Reports 1986, p. 14.

«Jus Cogens» императивдик ченемдери

Никарагуада жана ага каршы аскердик жана жарым аскердик аракеттер жөнүндө иш (Никарагуа Америка Кошмо Штаттарына каршы), БУУнун Эл аралык соту, 1986[9]

***

190. БУУнун Уставынын 2-беренесиндеги 4-параграфта берилген күч колдонууга тыюу салуу принцибинин эл аралык кадимки укук катары аныктыгына андан аркы ырастоо ал мамлекеттердин арыздарында көп учурда эл аралык кадимки укуктун принциби катары гана эмес, негизги же ал турсун эң маанилүү принцип катары эскертилген фактыдан табылышы мүмкүн.

Эл аралык укук комиссиясы эл аралык келишимдик укукту кодификациялоо боюнча ишинин жүрүшүндө «Уставдын күч колдонууга тыюу салууга карата ченеми өзүнөн өзү эле императивдик ченем мүнөзүнө ээ эл аралык укук ченемине айкын мисал боло алат» деген пикирди билдирген (параграф 1) Комиссиянын Эл аралык келишимдик укук жөнүндө өз беренесинин долбоорунун 50-беренсине карата берген комментарийи (ILC ар жылкы басылмасы, 1966-II, 247-б.). Никарагуа аталган иште берген Кадыр-бар жөнүндөгү Жылнамасында БУУнун Уставынын 2-беренесиндеги 4-параграфта берилген күч колдонууга тыюу салуу принциби «императивдик ченем катары таанылган» деп ырастайт. Америка Кошмо Штаттары өзүнүн юрисдикция жана жол берүүчүлүк маселелери боюнча Контр-меморандумунда бул ченем «универсалдуу ченем», «универсалдуу эл аралык укук», «универсалдуу таанылган эл аралык укук принциби» жана «императивдүү ченем» деп эсептеген окумуштуулардын сөздөрүн келтирүү зарыл деп эсептейт.

[9] Ibid

«Jus Cogens» императивдүү ченемдери жана БУУнун Уставы боюнча милдеттемелер Камрул Хоссейн10

Jus Cogens-тин (императивдүү ченемди) эл аралык укукта таанылуусу

Jus cogens ченемдеринин императивдүүлүгүн таануу 19-кылымдын башында орнотулган. Профессор Оппенгейм эл аралык укуктун бардык чыр-чатактуу келишимдерди жараксыз деп көрсөтүүчү бир катар «жалпы таанылган принциптер бар, демек, мындай принциптердин буйрутмалуу таасири өзүнөн өзү эле «эл аралык кадимки укук нормасы деп бир добуштан таанылат» деп ырастаган. Мисалы, деңиз каракчылыгын колдой турган келишим жараксыз болуп эсептелет, себеби эл аралык укуктун «жалпы таанылган принциптерине» каршы келет деп ырастайт ал. Андан тышкары, jus cogens түшүнүгү эки жолу сот келишим түзүүгө мүмкүнчүлүк берген эмес: алгач, 1928-жылы Пабло Нахердин иши боюнча нааразычылыктарды кароо боюнча Франция-Мексика комиссиясынын чечиминде, кийинчерээк 1934-жылы (12-декабрь, 1934) Оскар Чинндин ишинде Эл аралык акыйкаттык Сотунун туруктуу палатасынын судьясы Шукинг тарабынан. Бул 1934-жылдагы окуядан кийин Эл аралык соттун судьялары бир катар өз алдынча жана өзгөчө пикирлеринде jus cogens-ке ушундай эле шилтеме жасашкан. Мисалы, 1933-жылы Босниянын ишинде сотчу Лаутерпахт Коопсуздук Кеңеши мүмкүн геноцидге карата тыюуну бузуп ошону менен Сербияга жана Боснияга курал сатууга карата тыюуну киргизүүдөгү божомолдонгон jus cogens-ти да бузду деген пикирди билдирген. 1991-жылы Коопсуздук Кеңешинин 713-резолюциясы куралга тыюу киргизген. Бул резолюция мамлекеттин өзүн коргоого болгон айрып алгыс укугун бузбай турган шартта, Коопсуздук Кеңеши Боснияда тынчтык менен коопсуздукту ишке ашыруу үчүн зарыл чараларды көрө алган эмес. Натыйжада бул геноцидге жана адамдардын өтө оор азап чегүүсүнө алып келген. Ошентип, jus cogens-ти бузуу боюнча божомол тууралуу аргумент потенциалдуу салмакка ээ. Андан тышкары, эл аралык келишимдердин укугу жөнүндө Вена конвенциясы 53-беренеде jus cogens ченемдерин таанып, моюнга алган. Аталган беренеде:

---

[10] Santa Clara Journal of International Law 72, at 74-85 (2005). [Citations omitted]. [Reprinted with permission of the Journal].

Келишим, эгер ал түзүлүп аткан учурда эл аралык укуктун императивдүү ченемине каршы келген болсо, мындай келишим эч нерсеге арзыбайт деп көрсөтүлгөн. Бул аталган Конвенцияга тиешелүү болгондуктан, эл аралык укуктун императивдүү ченеми мамлекеттердин эл аралык коомчулугу тарабынан жалпысынан четтеп кетүүгө жол берилбей турган жана эл аралык укуктун ушундай эле мүнөзгө ээ кийинки ченеми тарабынан өзгүртүлүшү мүмкүн болгон ченем катары кабыл алынуучу жана таанылуучу ченем болуп эсептелет. Бул келишим түзүлүп жатканда, ал буйрутмалуу мүнөзгө ээ jus cogens ченемине каршы келсе, эл аралык укуктук документ болуп эсептелет дегенди билдирет. Аталган берене jus cogens деп аныкталган ченем үчүн төрт критерийди белгилейт, атап айтканда:

1) анын ченем эл аралык жалпы укук ченеми статусу болушу керек;

2) мамлекеттердин жалпы эл аралык коомчулугу тарабынан таанылышы керек;

3) артка кетенчиктөөдөн иммунитети болушу;

4) ошондой эле статуска ээ жаңы ченем тарабынан гана өзгөрүлө тургандыгы.

Башка жагынан алганда, фин окумуштуусу Лаури Ханникайнен эгерде эл аралык жалпы укуктун ченемдери эл аралык коомчулуктун жогорку кызыкчылыктарын жана анын маанилүүлүгүн коргосо жана эгерде бардык четтөөлөр олуттуу коркунуч алып келсе, анда ченемдин императивдүү мүнөзү эч кандай терс далилдерди пайда кылбайт деп көрсөткөн. Jus cogens ченемин таануу кайрадан 1986-жылы мамлекеттер менен эл аралык уюмдардын ортосундагы же эл аралык уюмдардын ортосундагы келишимдердин укугу тууралуу Вена конвенциясында ырасталган. Jus cogens ченеминин маанилүүлүгү анын келишимдер мыйзамынан тышкары, атап айтканда, мамлекеттин жоопкерчилиги тууралуу мыйзамда колдонулушунун өнүгүүсү менен ырасталган. Алсак, Эл аралык укук боюнча комиссия мамлекет өзүнүн эл аралык милдеттемелерин бузгандыгынын натыйжасында болгон эл аралык кылмыш түшүнүгүн «эл аралык коомчулуктун эң негизги кызыкчылыктарын коргоо үчүн маанилүү деген түшүнктү сунуштаган. Ал түшүнүк чындыгында эл аралык jus cogens ченемдеринин доктринасы менен тыгыз байланышта. Никарагуанын ишинде Эл аралык Сот jus cogens коцепциясын эл аралык укукта кабыл алынган доктрина катары айкын ырастаган. Эл аралык Сот «эл аралык укуктун jus cogens мүнөзүнө ээ ченеминин айкын мисалы катары күч колдонууга карата тыюуга таянган.

Императивдүү ченемдин эл аралык укуктагы статусу

Императивдүү ченем салттан же келишимден алыныш мүмкүн болушу керек, бирок башка булактан эмес. Ошентсе да бул ырастоо карама-каршылыктуу. Чындыгында jus cogens ченеми табигый укуктун же эл аралык укуктун кайсы бир негизги салттык булагынын, атап айтканда, келишимдердин, салттардын жана жалпы укук принциптеринин натыйжасы болушу мүмкүн деген ырастоого байланышкан олуттуу маселелер бар. Дюк университетинин Юридикалык мектебинин профессору Майкл Байерстин сөзүнө ылайык, келишимдер эң жакшы дегенде jus cogens ченеминин өрчүүсүндө эки себеп менен кошумча гана фактор боло алат. Биринчиден, келишим тараптардын ал келишимдин шарттарын өзгөртүп, о.э. катышуучунун милдеттерин, мисалы, ошол эле тараптар макул болгон кийинки келишимдин жардамы менен жеңилдетүү мүмкүнчүлүгүн чектей албайт. Экинчиден, жалпы кабыл алынган jus cogens ченемдери ошол ченемдер аркылуу кодификацияланып жана ратификациялана турган бир да келишимге карата универсалдуу түрдө колдонулбайт. Келишим да, ал турсун, БУУнун Уставы да жалпы эл аралык укукту орното албайт. Келишимдер анын тараптарынын ортосундагы милдеттерди гана түзө алат.

Jus cogens кадимки эл аралык укук катары каралышы керек деген ырастоодо кош маанилүүлүк бар. Opinio juris-ти орното турган салттар кадимки ченемди түзүүгө ылайык мамлекет өзүн милдеттендириши зарыл деп эсептеген учурда гана сөзсүз аткарылышы керек болуп эсептелет.

Бирок дайыма болуп келүүчү бардык кадимки принциптерге каршы нааразылыктар мындай ченемдердин сөзсүз аткарылыш керек деген мүнөзүнөн четтөөлөрдү пайда кылат. Кадимки ченемдерди алмаштыруунун башка жолдору да бар, мисалы, атайын эл аралык кадимки укуктун ченемдерин иштеп чыгуу жана келишимдерди түзүү жолу менен. Экинчи жагынан, jus cogens ченемдери жөнүндө айтсак, бул ченемдер кызыккан тараптардын макул же макул эместигине жана мамлекеттин ал үчүн милдеттүү экендиги жөнүндө пикирине карабай бул ченемдер милдеттүү болуп эсептелет. Себеби ал ченемдер мамлекеттер үчүн жоопкерчиликтен кутулуу максатында негизги болуп эсептелет. Jus cogens ченемдерин модификациялоо теңдеш маанидеги башка императивдүү ченем пайда болгон учурда гана мүмкүн.

Эл аралык жалпы укуктун милдеттүүлүгү жөнүндө болсо, көпчүлктүн мындай ченемди моюнга алышы жалпы эл аралык ко-

омчулук алдында универсалдуу укуктук милдеттемелерди түзөт. Дал ушул укук ченемдери эл аралык коомчулук үчүн баалуулукка ээ. Майкл Байерс, бирок, jus cogens ченемдери өзүнөн өзү эл аралык конституциялык тартиптин бөлүгү болуп эсептелүүчү «эл аралык кадимки укуктун процессинен» келип чыга тургандыгын далилдөөгө ниеттенет. Ал opinio juris (же opinio juris-ке окшош бир нерсе) айрып алгыс мүнөзгө ээ боло алат деп эсептейт, себеби мамлекеттер jus cogens келишимин түзүү мүмкүндүгүнө ишенишет жана ага каршы катуу каршылык көрсөтүшөт.

Мамлекеттер аталган ченемдерди эл аралык коомчулук үчүн жана бул коомчулук өзүн кандай аныктай тургандыгы үчүн маанилүү деп карашат жана ошон үчүн алар өзүлөрүнө карата ал ченемдердин колдонулушун талап кыла албайт. Бирок Вена конвенциясынын 53-беренеси эч кандай практикадан алынган элементке шилтемени өзүнө камтыбайт. Jus cogens-ти салттын күчөтүлгөн формасы катары элестетүү мүмкүн экендиги күмөн. Девид Кеннеди jus cogens-ти өтө кадыресе ченем деп атаган. Чынында jus cogens-тин негизине карата эки көз караш бар, биринчиден, түздөн түз эл аралык укуктан келип чыгуучу катары, экинчиден, эл аралык укуктун учурда бар булагына таянуучу катары. Бирок айрымдар jus cogens жалпыга милдеттүү болгон ченемдерден туруучу таптакыр жаңы булак болуп эсептелет деп ырасташат жана муну моюнга алышат. Бул идея эл аралык келишимдердин укугу жөнүндөгү

Вена конференциясынын жүрүшүндө иштелип чыгып, анда jus cogens эл аралык мамлекеттердин жалпы коомчулугун, айрым мамлекеттердин макул же макул эместигине карабай милдеттендириши мүмкүн болгон императивдүү ченемди көпчүлүк киргизе ала тургандыгын көрсөтүү үчүн чечмеленген. Ошентип, натыйжада жаңы укуктун булагы коомчулук жалпысынан өзүнүн бардык мүчөлөрү үчүн, алардын жекече макул эместигине карабай, милдеттүү боло турган ченемдерди түзө алат дегенге негизделген. Башкалар болсо учурда бар булактар жогорку укуктун контекстинде ченем жаратууга болгон көпчүлүктүн мүмкүнчүлүгү үчүн өзгөртүлгөн деп ырасташат. Ошентсе да, Вена конвенциясынын сүйлөшүүлөрүнүн тарыхы jus cogens түшүнүгү жалпы эл аралык укуктун жаңы булагы катары биригет деген пикирди колдобойт. Тескерисинче, jus cogens-ти учурда бар булактан келип чыккан нерсе катары айкын каралууга карата өрчүш бар болчу. Алсак, Франция эгер берененин долбоорунда jus cogens императивдүү ченемди көпчүлүк киргизе алат жана ал ergo omnes (жалпыга милдеттүү ченемдер) күчүнө ээ болот деп чечмеленген болсо, анда

анын натыйжасы катары эл аралык укук булагы түзүлөт деп ырастайт. Франция мындай жаңы укук булактары «көзөмөлдөнүүчү жана учурда жок жоопкерчиликтин» эмес субъекти болушу ыктымал деген негизде мындай мүмкүнчүлүккө каршы чыккан. Андан тышкары, 53-беренени чечмелөөдө «мамлекеттердин жалпы эл аралык коомчулугу тарабынан кабыл алуу жана таануу» деген сөздөргө байланыштуу кыйынчылыктар калып келүүдө. М.К. Яссен, Конференциянын редакциялык комитетинин мурунку төрагасы, эл аралык келишимдердин укугу тууралуу бул жерде кеп бардык мамлекеттер тарабынан императивдүү деп кабыл алынышы жана таанылышы керек болгон ченем талабы жөнүндө болуп жаткан жок дейт. Эгерде бир мамлекет ченемдин императивдүү мүнөзүн кабыл алуудан баш тартса, же ал аз сандагы мамлекеттер тарабынан колдоого алынса, басымдуу көпчүлүк ченемдин императивдүү мүнөзүн эл аралык жалпы коомчулук тарабынан кабыл алынышын жана таануусун козгобой тургандай кылса эле жетиштүү болмок. О.э. Яссен бир да мамлекет жекече вето укугуна ээ болбошу керек деп билдирген. Андан сырткары, мамлекеттердин жоопкерчили жөнүндө беренелер долбоорунун 19-беренсиндеги ILC-тин комментарийлеринде эл аралык кылмыштардын эл аралык таанылыш талаптарынын контекстинде «жалпысы» деген сөз түшүндүрүлгөн: Бул албетте ар бир мамлекетке кол жеткис вето укугун берген коомдун бардык мүчөлөрү бир добуштан таанышы керек деген талапты билдирбейт.

Ал аталган мыйзамга каршы эл аралык аракет мамлекеттердин тиги же бул тобу эмес (эгер алар көпчүлүктү түзсө да), эл аралык коомчулуктун бардык маанилүү компоненттери тарабынан «эл аралык кылмыш» катары аныкталышын камсыз кылууга багытталган. Бул «басымдуу көпчүлүк», эгер «аз сандагы топ» эл аралык коомчулуктун маанилүү элементин түзсө, ал «аз сандагы топко» өз эркин таңуулай албайт дегенди билдирет. Ушундай эле пикирди Вена конференциясында Кошмо Штаттарынын өкүлү билдирип, ченемдин императивдүү мүнөзүн тааныу «жок эле дегенде, эл аралык коомчулуктун кайсы болбосун бардык маанилүү элементтеринин ортосунда пикир келишпестиктин жок болушун талап кылат» деген. Австралиянын өкүлү «ченемдер, эгерде бардык негизги укук системаларына кирүүчү мамлекеттер макул болбосо, jus cogens статусуна ээ ченемдер катары гана каралышы мүмкүн» деп баса белгилеген.

Дебаттар jus cogens түшүнүгүнүн бар-жогу жөнүндө эмес, башка эки суроо жөнүндө улантылып жатат. Биринчиси jus cogens-тин эл аралык укук булагы катары же башка эл аралык укук булактарынын

алкагындагы жаңы статусуна тиешелүү. Экинчиси jus cogens ченеми астында мыйзам жаратуу процессине тиешелүү. Учурдагы эл аралык укук системасында конституциялык же негиз болуучу принциптерди түзүү үчүн атайын булактар жок шартта, биз бардыгыбыз билгендей, эл аралык укук өзүнөн-өзү үзгүлтүксүз өрчүү – «көбүрөөк макулдашылгандык багытында өрчүү процессинде».

Ошентсе да, jus cogens концепциясынын бар экендиги келишимдердин укугу боюнча Вена конференциясында мамлекеттер тарабынан четке кагылган эмес. Концепциянын маңызы ал бүтүндөй бардык мамлекеттерге таасир кылышы керектигинде экени белгиленген десек болот. Чындыгында мамлекеттер Вена конференциясында императивдүү ченемдер эл аралык коомчулуктун бардык мүчөлөрү үчүн, алардын мүмкүн макул эместигине карабастан, милдеттүү деген конституциялык белгилери боюнча макулдашууга жетишишкен. О.э. императивдүү ченемдердин негизги критерийи болуп алар өзүнчө мамлекеттердин эмес, жалпы эл аралык коомчулуктун кызыкчылыгына кызмат кыла турган факт эсептелет деген пикир да айтылган. Бирок мыйзамдын ички окшоштугун айрым эсептөөчүлөр – жакшы салттар, мораль жана мамлекеттик саясат конкреттүү учурларда, ал маселелер жергиликтү укукта сөзсүз аныкталган болбосо да,колдонулуучу. Ал турсун, эл аралык келишимдердин укугу жөнүндө Вена конвенциясы кабыл алынгандан кийин, jus cogens ченеми комментаторлор менен авторлор арасында кенен колдоого ээ болгон. Ошентип, мамлекеттин каршы болушу концепцияга ылайык сөзсүз болушу керек, себеби Вена конвенциясынын 53-беренеси jus cogens-ке карата мурдатан бар эл аралык укуктун декларативдүү мүнөзүнө ээ. Чындыгында, макулдук принциби эл аралык укуктун jus cogens-тен айырмалануучу андан аркы түзүмдүк принциби болуп эсептелет.

Jus cogens императивдүү ченемдердин мазмунунун айкын эместиги

Ченемди колдонууда эрежелер сөзсүз аталган ченем астында карата эскертилген түшүнүктөргө кайсы ченемдер кириши керектигине байланыштуу маселелер калууда. Ченем jus cogens-ке кирген ченемди чечмелөөдө колдонулушу мүмкүн болушу тууралуу олуттуу күмөн саноо болгон. Мисалы, БУУнун деңиз укугу боюнча конвенциясынын сүйлөшүүлөрүнүн жүрүшүндө өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө жалпы адамзаттын кызыкчылыгын камсыз кылууга жана өкүлү болууга негизги багыт алынган, себеби ал мамлекеттер көпчүлүктү түзгөн. Ошентсе да, батыштын өтө аз сандагы өлкөлөрү көпчүлүктүн суну-

шуна, айрыкча деңиз түбүнүн укуктук статусуна тиешелүү сунуштарына каршы болушкан. Натыйжада өнүгүп келе жаткан өлкөлөр эл аралык укук түшүнүгүнө кайрылышкан. Алар БУУнун Башкы Ассаблеясынын резолюциясы тарабынан 1970-жылы деңиз түбүнө карата жарыяланган адамзаттын жалпы мурасы принциптери jus cogens принциптери болуп эсептелет деп ырасташкан. Бул аргумент батыштын аз сандагы мамлекеттери тарабынан четке кагылган. Ошентсе да, 77 Тобу башында турган көпчүлүк деңиз түбүнүн ченемдерине карата конкреттүү чечимди таңулоодо jus cogens түшүнүгүнө таянууну улантышкан. 77 тобу адамзаттын жалпы мурасы императивдүү ченемдин күчүнө ээ кадимки укуктун ченеми болгон соң, демек бул бир тараптуу мыйзам жана чектелүү макулдуктар мыйзамсыз болуп эсептелет, демек, принципти бузуулар болгон деп ырасташкан. БУУнун Башкы Ассамблеясынын бир катар резолюцияларында жарыяланган табигый ресурсарга туруктуу үстөмдүк кылуу принцибинин укуктук мүнөзүнө карата мамиле дагы бир мисал болот. Бул маселе мамлекеттердин мамлкеттик менчикке, архивдерге жана мамлекеттик карыздарга карата укукту өзүнө өткөрүп алуусу жөнүндө Вена конференциясында көтөрүлгөн. Мамлекеттердин мындай укукту алуусу тууралуу конвенциянын долбоорунда мурунку мамлекет менен жаңы көз карандысыз мамлекеттин ортосунда түзүлгөн мурунку мамлекеттин укукту өткөрүп берүүсүнө тиешелүү келишимдер «ар бир элдин өз байлыгына жана табигый ресурстарына болгон туруктуу үстөмдүк кылуу принцибин бузбоосун» талап кылуучу эреже камтылган. Бул ченем камтылган берененин долбооруна карата өз комментарийинде БУУнун Эл аралык укук комиссиясы өзүнүн айрым мүчөлөрү туруктуу үстөмдүк кылуу принцибин бузуучу келишимдер, биринчи кезекте, жараксыз деп табылыш керек деген пикирди айтышкандыгын белгилеген. Ушул комментарийге таянуу менен өнүгүп келе жаткан мамлекттер ар бир элдин өз байлыгына жана табигый ресурстарына болгон туруктуу үстөмдүк кылуу принциби jus cogens болчу деп айтышкан. О.э. конференция башка жалпы принциптерге, анын ичинде элдин өнүгүүгө, өз тарыхы тууралуу маалымат алууга жана өз маданий мурастарына болгон укуктарына jus cogens мүнөзүн ыйгаруу үчүн пайдаланылган. Башкы Ассамблеянын айрым резолюцияларын эл аралык жалпы укук ченемдери жагынан ал резолюциялар мамлекеттердин көпчүлүгүнүн колдоосуна жетишкендикти билдириши үчүн пайдалануу идеясы батыш мамлекеттери тарабынан сынга алынган. Алар Башкы Ассамблея кабыл алган резолюциялар кеңеш берүүчүлүк мүнөзгө ээ, сөзсүз аткарылыш керек деген күчкө ээ эмес деп билдиришкен. Ошентип, мамлекеттердин олуттуу көпчүлүгү Башкы Ассам-

блеянын сессиясында jus cogens концепциясынын алкагында мыйзам жаратууну колдоп турган учурда эл аралык коомчулуктун башка маанилүү элементтери, тактап айтканда, батыш мамлекеттери, мындай кылууга макул болушу күмөн. Ошентсе да, jus cogens ченемдеринин үч категориясы немис окумуштуу Ульрих Шеинер сунуш кылгандай аныкколдоо табышты:

1) эл аралык тартиптин негиздерин коргой турган ченемдер (б.а. геноцидге же эл аралык мамилелерде, өзүн коргоодон сырткаркы учурларда күч колдонууга тыюу салуу);

2) жалпы кызыкчылыктарды коргоо ишинде тынчтык кызматташтыгына тиешелүү ченемдер (мисалы, деңиздердин эркиндиги), о.э. адамдын эң фундаменталдуу жана негиз түзүүчү укуктарын коргоо эрежелери жана

3) согуш учурунда аскердик аракетке катышпаган калкты коргоо боюнча ченемдер.

3-БАП

ЭЛ АРАЛЫК УКУКТУН СУБЪЕКТТЕРИ

Киришүү

Эл аралык укуктун субъекттери, Ян Браунли[11]

Укуктун субъекти болуп эл аралык укуктарга жана милдеттерге ээ болуу жөндөмүнө ээ, о.э. өз укуктарын эл аралык нааразычылык билдирүү жолу менен ишке ашырууга жөндөмдүү уюм эсептелет[12]. Бул аныктама шарттуу болсо да, циркулярдык мүнөзгө ээ, себеби эске салынган көрсөтмөлөр юридикалык тарап статусунун бар-жогуна жараша болот. Кадимки укуктун ченемдери тарабынан укуктарга жана милдеттерге ээ болууга, о.э. эл аралык талаптарды нааразылыктарды билдирүүгө жөндөмдүү деп таанылган жана бул жөндөмдөргө ээ мындай түрдөгү уюм юридикалык тарап болуп эсептелет. Эгерде биринчи шарт аткарылбаса, аталган уюм таанылган юридикалык тараптар менен макулдашуудан жана алардын макулдугунан көз каранды болгон жана эл аралык деңгээлдеги макулдашууларга же жол берүүлөргө каршы коюлуучу эң чектелүү укуктук субъекттиге ээ болуп эсептелет. Субъекттик жөнүндө суроо пайда болуучу негизги формалдуу контексттер: эл аралык укук бузууларга байланыштуу нааразычылык билдирүү жөндөмү, эл аралык деңгээлде күчкө ээ эл аралык келишимдер менен макулдашууларды түзүү мүмкүнчүлүгү, о.э. артыкчылык укуктан же улуттук (мамлекеттик, жергиликтүү) юрисдикцияга карата иммунитеттен пайдалануу. Мамлекеттер мындай мүмкүнчүлүктөргү жана иммунитеттерге ээ, анан калса, кадимки укуктун алкагында иштелип чыккан мамлекеттүүлүк белгилери да уюмдарда укуктук субъекттүүлүктү аныктоо үчүн белгилердин тизмесин берет. Мамлекеттерден сырткары, уюмдар да бул жөндөмгө (укукка ээ жөндөмүнө) жана иммунитеттерге, белгилүү шарттарды аткарган учурда, ээ боло алышат. Белгилүү түрдөгү уюм үчүн жогоруда аталган жөндөмдөрдүн биринчиси келтирилген зыяндын ордун төлөө жөнүндө иш боюн-

---

[11] Ian Bronlie, Principles of Public International Law, 7th Ed. (Oxford University Press) [some citations ommitted] [excerpt reprinted with permission of Oxford University Press].

[12] Возмещение в случае травм, ICJ Reports (1949), 179.

ча Кеңешүүчүлүк бүтүмдө аныкталган. Келишимдер\макулдашуулар жөнүндө мыйзам боюнча (келишимдик укук боюнча) Эл аралык укук комиссиясы тарабынан даярдалган Уолдоктун биринчи доклады эл аралык уюмдардын эл аралык мамилелердин катышуучусу болууга укуктук жөндөмүн тааныган жана бул таануу уюмдардын ортосундагы, о.э. мамлекеттер менен уюмдардын ортосундагы учурдагы практикасына таасир көрсөткөн. Акырында, уюмдар, мүмкүн, өз укуктарына ылайык эгемендүү мамлекет сыяктуу артыкчылык укуктарына жана иммунитеттерге талаптана албаган учурда ал артыкчылык укуктар менен иммунитеттердин ыйгарылышына талаптана алышат. [...]

Мамлекеттер менен уюмдар эл аралык жактан алганда юридикалык тараптын кадыресе түрү болуп эсептелет (тийиштүү шарттар болгон учурда). Бирок эл аралык мамилелердеги чындык жөнөкөй формула менен жектелбейт жана бир топ татаал көрүнүшкө ээ. «Кадыресе түрдөгү» субъекттердин көйгөйлүү маселелерди жаратуучу өнөктөштөрү жана уюмдары, алардын ичинде өзүн өзү башкарбай турган элдер менен инсандары (жеке адамдары) белгилүү укуктук субъекттүүлүккө ээ. Андан тышкары, мыйзам боюнча субъекттин алгылыктуу түрлөрүн бөлүп алуу чындыкка жатпайт, себеби тааныуну жана укук ченемине туура келбеген, бирок ошентсе да эл аралык деңгээлде укуктук мамилелер тармагына ээ тарап кабыл алышы мүмкүн. Бирок кыйынчылыктарга карабастан, мамлекеттердин укук субъекттери катары биринчилик ордун эске тутуу керек.

Профессор Фридман[13] белгилегендей, бул көз караштын негизги себеби, албетте, төмөнкүдө жатат: «дүйнө бүгүн мамлекеттердин катар жашоосунун негизинде уюшулган жана фундаменталдуу өзгөрүүлөр мамлекеттерди мейли оң, мейли терс иш-аракеттери аркылуу гана болот. Мамлекеттер элдер менен аймактарга мыйзамдуу үстөмдүктүн сактоочу жайы болуп эсептелет. Мамлекеттик ыйгарым укуктардын, артыкчылык укуктардын, юрисдикциясынын жана мызам чыгаруу мүмкүнчүлүк чегинин гана көз карашында аймактык чек аралар жана юрисдикция, расмий иш-аракеттер үчүн жоопкерчилик, о.э. элдердин катар жашоосуна байланышкан көп сандагы суроолор аныкталышы мүмкүн – мамлекеттин эл аралык мамилелердин субъекти катары бул артыкчылык укугу, эгерде улуттук субъекттер\уюмдар саясий жана укуктук системалар катары мамлекет дүйнөсүнө сиңип кетсе, олуттуу козголот, жана акырында алмашылат».

[13] The Changing Structure of International Law (1964), 213. 79

2. Түзүлгөн юридикалык тараптар

(А) Мамлекеттер

Бул категория эң башкы болуп эсептелет жана өз көйгөйлөрүнө ээ. Белгилүү квалификацияга жана деле өкүлчүлүк кылуу (башка бирөө өкүлү болуучу) укук жөндөмүнө ээ «көз каранды» мамлекеттердин болушу көрүнүштү татаалдатат, бирок мамлекеттүүлүктүн болуусун камсыз кылуу менен, «көз каранды» мамлекет өзүнүн укуктук субъектүүлүгүн сактайт. Федеративдүү союздардын мүчөлөрүнүн көз карашы кызыктуу. Швейцариянын жана Германия Федеративдүү Республикасынын мамлекеттеринин конституциясында мамлекеттин курамдык мүчөлөрүнө көз карандысыз мамлекеттердин белгилүү бир жөндөмүн ишке ашырууга, анын ичинде эл аралык келишимдерди түзүүгө уруксат берилген. Кадыресе учурларда мындай жөндөмдөр, кыязы, тийиштүү иш-аракеттер мамлекеттин бир бөлүгүнүн атынан жасалса да, союз үчүн агенттер катары ишке ашырылат. Бирок, эгерде союз көз карандысыз мамлекеттердин союз катары пайда болгон болсо, анда ички мамилелер эл аралык элементтерди сактап калат, ал эми союз мамлекеттердин агенти катары боло алат[14]. Кошмо Штаттардын Конституциясы өлкөнүн штаттарына конгресстин макулдугунун негизинде башка штаттар менен же чет мамлекеттер менен келишим түзүүгө мүмкүнчүлүк берет. Канадада федералдык өкмөт гана чет мамлекеттер менен келишим түзүү укугуна ээ.

(Б) Юридикалык жактан мамлекеттерге теңкелүүчү саясий түзүлүштөр

Көп тараптуу жана эки тараптуу келишимдерде саясий жөнгө салуулар мезгил-мезгили менен мурунку эркин шаар Данциг сыяктуу саясий субъекттер тарабынан ишке ашырылып турат. Андай субъекттер белгилүү бир автономияга, бекитилген аймакка жана калкка, о.э. эл аралык жактан айрым юридикалык жөндөмгө ээ болуу менен, мамлекет деп эсептелсе болот.

Саясий жактан алганда, мындай субъекттер кадимки маанидеги эгемендүү мамлекет эмес, бирок юридикалык жактан мамлекеттен айырмасы өтө аз. Субъектинин келип чыгуу келишими жана эл аралык уюм – Данцингдин окуясында Улуттар Лигасы – тараптан коргоонун айрым түрлөрүнүн болушу, эгер натыйжада субъект автономияга ээ болсо жана келечекте бир топ олуттуу укуктук жөндөмдөрдү, мисалы, өз жеринде тартипти колдоо жана өз юрисдикциясын ишке ашы-

[14] Бул абал Швейцарияда деп көрсөтүлөт

руу үчүн эл аралык келишимдерди түзө турган болсо, о.э. жарандык жөнүндө көз карандысыз мыйзамга ээ болсо, анда ал анча маанилүү эмес. Туруктуу соттун сот практикасы Данциг Лигага, о.э. Польшага карата орнотулган келишимдик милдеттемелердин чегинен сырткары[15], эл аралык укук субъектүүлүгүнө ээ болгондугун моюнга алган. Данцигдин өзгөчө мамилелери версаль келишиминин 100-8-беренелерине негизделген. Улуттар Лигасы күзөт\көзөмөл милдетин аткарган, жана Польша Данцигдин сырткы мамилелер башкармалыгына жайгаштырылган. Анын натыйжасы сырттан көзөмөлдөнүүчү протекторат, укуктук статус жана конституция болгон. Данциг сыяктуу юридикалык тараптарды «эл аралыкташтырылган аймактар» катары сүрөттөө максатка анча ылайык келбейт, себеби бул ар түрдүү тараптар менен кырдаалдарды кучагына алат, жана укуктук субъекттүүлүк жөнүндө суроо өзүнөн өзү туулат.

(В) Кондоминимум

Кондоминимумдар, белгилүү аймактын чегинде мамлекеттик бийликти автономдуу жергиликтүү бийликтин жардамы менен биргелешип ишке ашыруу катары жогоруда аталган түрдөгү субъекттерге окшоштук жагы болушу мүмкүн. Ошентсе да, жериликтүү администрация кондоминимумга катышуучу мамлекеттердин агенттиги катары гана иш-аракет жүргүзө алат, жана, эреже катары, анын агент катары жөндөмү чектелүү[16].

(Г) Эл аралыкташтырылган аймактар

«Эл аралык маанидеги аймак» деген аталыш авторлор тарабынан ар түрдүү укуктук тартиптери үчүн колдонулган. Ал өзгөчө статусу көп тараптуу келишим менен түзүлгөн жана эл аралык уюмдар тарабынан корголгон Данциг жана Триест сыяктуу учурларда эркин колдонулушу мүмкүн. Мындай учурларда өзгөчө статус жетиштүү көз карандысыздыка жана укуктук жөндөмгө ээ тараптарга алардын укуктук субъектүүлүгүн таануу үчүн бекитилген. Ошентсе да, мындай түрдөгү атайын статус юридикалык тарапты түзүүсүз бекитилиши мүмкүн. Көз карандысыз мамлекеттин алкагында аймактын кайсы бир бөлүгү кайсы бир деңгээлде эл аралык жактан өз алдынча укуктук

[15] Караңыз: Эркин шаар Данциг жана ЭСМ (1930), P.C.I.J., серия B, жана Данцигдеги Польша жарандарынын (1932), Серия / B, нет. 44, 23-4-б. Германия Эркин шаарды 1939-жылы басып алган жана 1945-жылга чейин район Польшанын бир бөлүгү болчу.

[16] Кара: 9 ICLQ (1960), 258. Жаңы Гибриддерге, О'Коннелл, 43 BY (1968-9), 71-145.

субъектүүлүккө алып келбей турган белгилүү өз алдынчалуулук укугу эл аралык келишим боюнча берилиши мүмкүн: бул 1924-1939-жылдарда өзгөчө статустан пайдаланган, бирок Литванын бөлүгү бойдон калган Мемель аймагы менен болгон.

Тартиптин башка түрү, атап айтканда эл аралык түрү аймактын эл аралык уюмдар же алардын органдары тарабынан эксклюзивдүү башкарылышын өзүнө камтыйт: бул Иерусалим шаары үчүн камкордук кеңеши тарабынан 1950-жылы сунуш кылынган, бирок эч качан ишке ашырылбаган тартип болчу. Мындай учурда эл аралык уюмдун агенттиги белгилүү автономияга ээ болушу мүмкүн болгон учурдан башка жаңы юридикалык тарап аныкталбайт (төмөндө).

(Д) Аймактар көз карандысыздыка ээ болуу алдында турган учурда БУУнун башкаруусу

Бириккен Улуттар Уюму тарабынан мыйзамсыз баскынчылык тартиби алдында турган жана көз карандысыздыка өтүү мезгилинде деп квалификацияланган аймактарга карата аралыктык өткөөл тартип БУУнун байкоосу астында орнотулат. Ошентип, Намибиянын көз карандысыздыка жетишүүнүн акыркы баскычында Коопсуздук кеңеши, Башкы Ассамблея жана Коопсуздук кеңешинин 1978-жылдын 29-сентябрындагы 435-резолюциясы тарабынан бекитилген өткөөл мезгилдеги жардам боюнча БУУнун тобу катышкан. 1999-жылы Батыш Тиморду Индонезия мыйзамсыз басып алуусуна байланыштуу узак мөөнөткө созулган кризис 1999-жылдын 25-октябрындагы 1272-резолюциясында Коопсуздук кеңешинин чечкиндүү иш-аракеттеринин предмети болгон. Ал БУУнун Чыгыш Тимордогу Убактылуу администрациясын түзүп (ВАООНВТ), Батыш Тиморду көз карандысыздыкка даярдоону тапшырган. ВАООНВТ толук мыйзам чыгаруу жана аткаруу бийлигине ээ болгон жана эч бир аттандаша турган бийлик органына карабай бул ролду өзүнө алган. Шайлоодон кийин 2002-жылы Чыгыш Тимор көз карандысыз болуп калган.

(Е) Эл аралык уюмдар

Уюм улуттук мыйзамдын конкреттүү системасында гана эмес, эл аралык деңгээлде юридикалык тарап статусуна ээ боло турган шарттар 31-бөлүмдө каралат. Мындай түрдөгү эң маанилүү тарап, албетте, Бириккен Улуттар Уюму.

(Ж) Мамлекеттик органдар

Мамлекеттин агенттери катары иш-аракет кылуучу, өкүлчүлүк

укуктарына ээ уюмдардын эл аралык деңгээлде өз алдынча укук субъектүүлүгүнө жана олуттуу жоопкерчиликке ээлик белгиси болушу мүмкүн. Ошентип, федералдуу мамлекеттердин компоненттери, эгерде ал федералдык мамлекеттин агенти катары ичинен каралган болсо, келишимдерди түзүүгө карата укуктук жөндөмгө ээ[17]. Макулдашуу боюнча, мамлекеттер көзөмөл жүргүзүү, ченем түзүү жана, ал турсун, сот мүнөзүндөгү өкүлчүлүк укугун ыйгаруу менен биргелешкен мекемелерди түзө алат. Буга кондоминимумдун администрациясы[18], арбитраждык сот, Канада менен Кошмо Штаттардын ортосундагы чек ара аймагында жайгашкан суулар жөнүндө 1909-жылкы макулдашууга ылайык түзүлгөн Эл аралык биргелешкен комиссия[19], мурунку Европалык комиссия (Danube боюнча)[20] мисал болот. Конкреттүү мекеменин көз карандысыздыгынын жана ыйгарым укуктарынын деңгээли жогоруашы менен ал эл аралык уюмга теңдешип келет.

3. Укуктук субъектүүлүктүн атайын түрлөрү

(А) өзүн өзү башкарбай турган элдер

Корголгон статусуна жана укуктук кесепеттерге, аймактар мандат же камкордук алдында жайгаштырылышына негиз болгон конкреттүү макулдашууларга эч карабастан, БУУнун Уставынын XI бабынын маанисинин алкагында «өзүн өзү башкарбай турган аймактардын» калкы өзгөчө түрдөгү болсо да юридикалык тараптын статусуна ээ болушу толук мүмкүн. Бул абал өзүн өзү аныктоо принцибинин каралышка жараша болот.

(Б) Улуттук бөштондук кыймылдары

Бириккен Улуттар уюмунун алкагындагы жана аймактык уюмдардын алкагындагы колллонияга каршы иш-аракеттердин жүрүшүндө БУУ жана мүчө мамлекеттердин практикасы айрым улуттук бөштондук кыймылдарына юридикалык статус берген. Мындай кыймылды жүргүзгөн элдердин көпчүлүгү, бирок баары эмес, мамлекеттүүлүккө

---

[17] Караңыз: Фицморис, ар жылкы басылма. ILC (1956), II. 118 п;. И Морин, 3 Canad. Ар жылкы басылма. (1965), 127-86. О.э. кара: эл аралык келишимдердин укукгу жөнүндө беренелердин долбоору, МКТ (1966), 5 (2)-б. Англиялык Ост-Инд компаниясы жана голландиялык Ост-Инд компаниясы сыяктуу жүк ташууга жалданган компаниялардын ролу жөнүндө, караңыз: : Шварценбергер, эл аралык укук, i. (3-бас.), 80-1; Макнейр, Мнения, i. 41,55, жана Пальмас сыйлыгы, RIAA, II 858-бетте.

[18] Supra,59-с.; төмөндө 113-14 с.

[19] Караңыз: : Бакстер, Эл аралык суу агымдар мыйзамы (1964), 107.

[20] Ошол эле жерде, 103-6,126-9.

жетишти. 1974-жылы Башкы Ассамблея Анголаны, Мозамбикти, Палестина жана Родезий кыймылдарын тааныган. Бул боштондук кыймылдары аймактык уюмдар катары таанылган. Улуттук боштондук кыймылдарынын концепциясынын саясий жана укуктук тамыры БУУнун Уставына (1970-жылы 24-октябрда добуш берүү укугусуз кабыл алынган 2625-резолюция (XV)) ылайык мамлекеттер ортосундагы достук мамилелерине жана кызматташтык боюнча эл аралык укук принциптери жөнүндө Декларацияда, о.э. пайда алуучу «эл» болуп эсептелген өзүн өзү аныктоо принцибинде жатышы мүмкүн. Улуттук боштондук кыймылдары согушуп жаткан топтордун өкмөтүнөн де-факто сыяктуу башкы ролдорго ээ боло алышат жана адатта андай ролго ээ. Боштондук кыймылы деп таанылган саясий уюмдар бир катар юридикалык укуктарга жана милдеттерге ээ, алардын эң олуттуулары төмөнкүлөр:

(А) Иш жүзүндө боштондук кыймылдары эл аралык башка юридикалык тараптар эл аралык келишимдерди түзүү боюнча укук жөндөмүнө ээ.

(Б) Жалпы таанылган эл аралык гуманитардык укуктун принциптери тарабынан бекитилген укуктар жана милдеттер. 1977-жылдагы I Женева протоколунун жоболору улуттук-боштондук кыймылдары катышкан чыр-чатактарга карата, белгилүү шарттар аткарылган учурда колдонулат: Протоколдун 1 (4) жана 96 (3)- беренелерин кара.

(В) Улуттук-боштондук кыймылдарынын укуктук жөндөмү бириккен Улуттар Уюмунун ишинде байкоочу катары катышуу укугунда чагылдырылган. Бул укук Башкы Ассамлеянын ар түрдүү резолюцияларында түздөн-түз берилген. Алсак, Палестинаны боштондук уюмуна (ПБУ) 1974-жылдын 22-ноябрында кабыл алынган 3237- (XXIX) резолюцияда байкоочулук статус берилген.

Акырында эскерте турган нерсе, колониялык (үстөмдүк кылуучу) бийликтен улуттук бошонуу кыймылы менен алек, өз алдынча башкаруусуз элдердин аталышынын таасири. Колониалык бийлик ээлеринин, мисалы, боштондук процессине караштуу аймактын чек арасына же статусуна таасир кыла турган келишимдерди түзүүгө укуктук жөндөмү жок[21].

(В) Statu nascendi мамлекеттери

Айрым укуктук максаттар үчүн саясий уюмдун ишти улантуучу-

[21] Кара: Гвинея-Бисау менен Сенегалдын ортосундагы дещиз чек арасын делимитациялоодогу премиялар (1989): RIAA, Vol. XX, 138-9, пункты. 49-52.

лук үстөмдүккө ээ жана мамлекеттүүлүккө жетишкенден кийин көз карандысыздык жарыялганга чейин кабыл алынган укуктук актарды аткаруу ыңгайлуу. Өзүн өзү башкарбай турган элдердин өзүн өзү аныктоо жана укуктук субъекттүүлүк процессине тиешелүү түшүнүк, албетте, үзгүлтүксүздүк доктринасын бекемдей алат.

(Г) Юридикалык чечмелөө

Мамлекеттик укук тартиби, ал саясий жактан жок болсо да, мезгил мейкиндигинде кайсы бир максаттар үчүн түзүлүшү мүмкүн.

(Д) Согушуп жаткан жана көтөрүлүшчү коомчулуктар

Иш жүзүндө мамлекетте согушуп жаткан көтөрүлүшчү топтор мамлекеттер жана башка согушуп жаткан тараптар менен мыйзамдуу мамилелерди орнотуп, эл аралык деңгээлдеги укуктук күчкө ээ келишимдерди түзө алат. Сэр Джеральд Фитзмаурис «белгилүү аймакта тоолук эмес эл аралык укук субъектүүлүгүнө ээ деп таанылган жарым мамлекеттик тараптар, көтөрүлүшкө чыккан обңиналар, конкреттүү аймакты башкаруучу бийлик органы деп таанылат» деген тастыктоо аркылуу укук жөндөмдүүлүгүн ыйгарган. Бул ырастоо принцип маселеси катары туура. Ошентсе да аны конкреттүү фактыларга карата колдонуу этияттыкты талап кылат. Согушуп жаткан белгилүү бир коомчулуктун статусу өзүн өзү башкаруусуз элдердин өзүн өзү аныктоо жана укуктук субъектүүлүк принцибине карата түшүнүктөр менен бузулушу мүмкүн. Согушуп жаткан коомчулуктар көп учурда көз карандысыздыкка жана өзүн өзү аныктоого багытталган саясий кыймыл болуп эсептелет.

(Е) SUI GENERIS түзүлүштөрү

Укуктук жагдайга көңүл буруу керектигине карабастан, адаттан тышкаркы мүнөздө болсо да, укукчулар, эл аралык укуктук аренада бар болгон тараптарга көңүл бурбай коё албайт. Чындыгында, укук субъектүүлүгү тармагында эффективдүүлүк таасирдүү принцип болуп эсептелерин согушуп жаткан общиналар сыяктуу саясий жактан активдүү топтордун ролу көрсөтөт. Андан тышкары, бардык жердегидей эле мыйзамда, эл аралык жалпы укуктун тартиби бузулбаган шартта, унчукпаган макулдук, таануу жана эки тараптуу ыктыярдуу иш-аракеттер чөйрөсү адаттан тышкаркы көрүнүштүн, аномалиянын терс кесепеттеринен кутулуу үчүн көп нерсени жасай алат. Өзгөчө окуялардын айрымдарын өтө кыскача кароого болот. Конкордат жөнүндө келишимде 1929-жылы «Эл аралык чөйрөдө Ыйык тактын көз карандысыздыгын, анын Ватикан шаарына жеке үстөмдүгүн жана

юрисдикциясын» тааныган. Көпчүлүк мамлекеттер Ыйык Так мамлекетин таанышат жана аны менен дипломатиялык мамилелери бар. Ыйык Так эл аралык конвенциялардын, анын ичинде 1958-жылдагы деңиз укугу боюнча конвенциянын катышуучусу болгон. Функциялык жактан жана өзүнүн аймактык жана административдик уюштурулушу жагынан Ватикан шаары мамлекетке теңдештирилген. Ошентсе да, ал белгилүү өзгөчөлүктөргө ээ. Ал жерде резиденттер менен кызмат адамдарынан сырткары, калк жок жан анын жалгыз максаты Ыйык Такты диний уюм катары колдоо болуп эсептелет. Айрым юристтер Ватикандын атайын функциялары анын мамлекет деп эсептелишине күмөн келтирерине карабастан, аны мамлекет деп карашат. Ошентсе да ал келишим түзүүгө жөндөмдүү юридикалык тарап катары кенен таанылган. Анын укуктук субъектүүлүгү, кыязы, анын өзгөчөлүгүнө, анын ичинде Ыйык Тактын мураскорлук көз карандысыздыгына карабастан, жарым-жартылай мамлекет менен функцияларын жакындаштырып салыштырууга негизделген. Ыйык Тактын Ватикан шаарында аймактык орун алуусунан сырткары, диний орган катары укуктук субъектүүлүгү жөнүндө суроону чечүү андан кыйын. Мындай түрдөгү саясий жана диний мекемелердин укук- тук субъекттүүлүгү мындай мамлекеттер менен эл аралык деңгээлде мамиле түзүүгө даяр мамлекеттерге гана карата болушу мүмкүн болушу керек эле. Ал турсун, тааануу жана эки тараптуу мамилелер тармагында Иерусалимдеги жана Мальтадагы Көз карндысыз орден сыяктуу мекемелердин укуктук жөндөмдөрү алар мамлекеттин аймактык жана демографиялык белгилерине ээ эместиги үчүн гана чектелиши керек. Согуш жөнүндө мыйзамда аталган ордендин статусу Аскер туткундарына карата мамиле жөнүндөгү 1949-жылкы Конвенциянын 125-беренесинин алкагындагы «Кайрымдуулк коомунун» статусундай гана.

Башка эки саясий жандыкка классификация талап кылынат. «Кулуп чыккан» өкмөттөр көпчүлүк мамлекттердин аймагында олуттуу ыйгарым укуктарын ала алышат жана ар кандай саясий чөйрөлөрдө активдүү катышуу укуктарына ээ. Мамлекеттердин ыктыярдуу жол берүүсүнөн жана куулган өкмөттөрдү мыйзамдуу орнотулган өкмөттөр менен мамлекеттерге каршы мыйзамсыз аракеттери үчүн органдар катары пайдалануусунан сырткары, куулган өкмөттөрдүн статусу өзүнө өкүлчүлүк кылууну талап кылган, мамлекет, согушуп жаткан коомчулук же өзүн өзү башкарбай турган эл болушу мүмкүн болгон коомдун мыйзамдуу койгон шартынын кыйыр кесепети.

Болушу мүмкүн. Бир караганда, эгерде анын коомдон четтетилиши жалпы эл аралык укукка каршы келүүчү иш-аракеттин, мисалы,

мыйзамсыз күч колдонуунун натыйжасы болсо, анын укуктук статусун аныктоо оңой болот. Жана акырында, ээлик укугу аныкталбаган, калк жашаган жана өз алдынча башкарууга ээ аймак кыйынчылыктарды түзөт. Согушуп жаткан коомчулуктардын же тиги же бул мамлекеттин көз карандысыздыгынын бар-жогунан көз карандысыз атайын тартиптердин (мисалы, аймактарды жана камкордугундагы аймактарды эл аралыкташтыруу) аналогиясы боюнча, аймакта ушундай статус менен жашоочу коомочулуктар мамлекетке теңдештирилип өзгөртүлгөн укуктук субъектүүлүккө ээ катары каралышы мүмкүн. Бир жагынан, фактыларды эске алганда, бул Тайвандын абалы. 1972-жылдан тартып Улуу Британия Кытай Элдик Республикасынын өкмөтүн Кытайдын жалгыз өкмөтү катары тааныйт жана Тайвань Кытайдын провинциясы болуп эсептелет деген Кытайдын көз карашын ырастайт. Тайвань белгилүү укуктук контекстин алкагында «өлкө» болуп эсептелеби деген суроо пайда болот[22].

(Ж) Жеке адамдар

Адам «эл аралык укуктун субъекти» боло албайт деген жалпы эреже жок, жана конкреттүү контекстте ал эл аралык деңгээлде укук субъекти катары эсептелет. Ошол эле учурда жеке адамды укук «субъекти» деп классификациялоонун пайдасы жок, бул анда жок жөндөмдөрдү бар деп билдирет жана жеке субъектти башкалардан айырмалоо милдетин жойбойт.

4. Талаштуу субъектилер

Мамлекеттерди жана ага окшош саясий түзүлүштөрдү, уюмдарды, өзүн өзү башкарбай турган элдерди, о.э. жеке адамдарды атоо менен эл аралык сахнада иш-аракет кылуучу мекемелердин эсеби бүтпөйт. Ошентип, жеке же коомдук-укуктук корпорациялар болсун, бардык муниципалдык укук корпорациялары, өзүлөрү мыйзам алкагында түзүлгөн же экономикалык орун алган мамлекеттен сырткары бир же бир нече мамлекетте ишкердик аракет жүргүзүшөт. Айрым корпорациялардын ресурстары кээ бир чакан мамлекеттердикинен чоң болушу мүмкүн, жана алар өкмөттөрдүн кубаттуу дипломатиялык колдоосуна ээ боло алышат. Мындай корпорациялар чет өлкөлөрдүн өкмөттөрү менен келишимдерди, анын ичинде концессиялык келишимдерди түзө алышат жана түзүүлөрү керек жана буга байланыштуу, алсак, юристтер мамлекет менен чет элдик корпорациялардын мамилелери ушун-

[22] Караңыз: : Роджерс Фу Чэн Шэнге каршы, 31 ILR, 349; Reel кармоочуга каршы [1981] 1 WLR 1226, 74 ILR, 105, CA.

дай катары мамлекеттин аймагындагы чет элдиктерди жана алардын мүлкүн жөнгө салуучу кадимки эрежелердин аспекти катары эмес, эл аралык деңгээлде каралышы керек деп ырасташат. Негизинен, муниципалдык укуктагы корпорациялар эл аралык укук субъектүүлүгүнө ээ эмес. Ошентип, мамлекет менен чет мамлекеттик корпорациялардын ортосундагы келишимдер же концессиялар келишимдер жөнүндө мыйзам аркылуу жөнгө салынбайт. Бирок буга байланыштуу өкмөт тарабынан мамлекеттик орган катары катуу көзөмөлдөнүүчү же белгилүү деңгээлдеги өз алдынчалыкка ээ, же ээ эмес корпорациялар менен эл аралык укукта мамлекеттин жөндөмүнө ээ эмес, жеке корпорацияларды айырмалоо дайыма эле оңойго турбасын белгилей кетүү керек. өзгөчө улуттук мыйзам тарабынан өз алдынча укуктук субъектүүлүктүн берилиши эл аралык укук максаттары үчүн өз алдынчалуулук маселесин сөзсүз түрдө толук чечпей тургандыгы айкын болот. Ошентип, акцияларга ээ болуу мамлекетке «корпорациялырдын жеке укугунда» акциялардын башкы көзөмөлдөөчү пакетин бериши мүмкүн.

Бүгүнкү күндө маанилүү функциялар «жеке укуктун мамлекеттер аралык корпорацияларынын лейблдерине» жана «etablissements publics internationaux-ка» топтоштурулган. Себеби мамлекеттер бир же бир нече тараптын мыйзамдары аркылуу жөнгө салынуучу статуска ээ юридикалык тараптарды келишим боюнча түзө алышат. Ошентсе да, келишим улуттук мыйзамдардын алкагында артыкчылык маанидеги статусту же корпорация аткарышы керек болгон мыйзамдарды түзүү милдеттемелерин өзүнө камтышы мүмкүн. Тараптар өз макулдугу менен түзүлгөн институттарга белгилүү бир иммунитеттерди берип жана аларга ар кандай укуктарды ыйгара алат. Эгер тараптардын улуттук мыйзамдардан көз карандысыздыгы белгиленсе, анда тийиштүү орган катышуучу мамлекеттердин жөн гана биргелешкен агенттиги боло алат, ал эл аралык деңгээлде эффективдүү ыйгарым укуктарына жана өз иш-аракеттерине карата жергиликтүү мыйзамдардын алдында артыкчылык абалга ээ. Эгерде улуттук мыйзамдардан көз карандысыздыгына кошумча ыйгарым укуктардын олуттуу үлүшү, о.э. чечимдерди кабыл алууда жана ченем чыгарууда өз алдынчалыкка ээ органдар болсо, анда мындай органдын эл аралык уюмдун мүнөздөмөлөрү бар. Келишим аркылуу түзүлгөн институт ишке ашырыла тургандай болуп, «биргелешкен агенттикти» сүрөттөөнү орунсуз кыла турган атайын функциялары болгондо, бирок ошентсе да эң биринчи кезекте ар түрдүү тараптардын улуттук укук системалары менен юрисдикцияларынын алкагында укуктарга жана артыкчылыктарга ээ болгондо гана, бул өзгөчө категорияны

колдонууга мажбурлайт. Ушундай түрдөгү өкмөттөр аралык ишканага 1955-жылы темир-жол кыймылдуу материалдардын ресурстарын жакшыртуу максатында он төрт мамлекеттин катышуусундагы келишим аркылуу түзүлгөн Eurofima компаниясы мисал болот. Келишим Eurofima-ны Швейцария мыйзамына (келишимдеги өзгөртүүлөр менен) ылайык корпорация катары түзгөн. Тараптар мыйзамдын жекелик статусун (Швейцария) келишимде бекитилгендей, өз укук системаларынын алкагында тааный тургандыктары жөнүндө макулдашышкан.

Корпорация функциясы боюнча эл аралык болуп эсептелет жана ага катышуучу он төрт темир жол жетекчилиги тийиштүү капиталды беришет. О.э. корпорацияга эл аралык деңгээлдеги жеңилдиктер берилген, анын ичинде ал жайгашкан өлкө Швейцарияда салыктан бошотулган. «etablissements publics internationaux» канчалык «пайдалуу» категория болоруна карабастан, баары бир бул так талдоо куралы эмес, жана эл аралык мааниде өзүнчө юридикалык тарапты көрсөтпөйт. Мындай система улуттук жана эл аралык укук тартибинин келишимдик негизде тыгыс айкалышуусунун натыйжасы болуп эсептелет, о.э. бул натыйжанын мүнөзү учурдан учурга олуттуу өзгөрүп турат.

5. Айрым кесепеттер

Жогорудагы бөлүмдөрдүн мазмуну юридикалык укук субъекттүүлүгүгүн предметин үстүртөн жалпылоого каршы эскертүү болушу керек. Эл аралык мамилелердин татаал мүнөзүн жана борборлоштурулган корпоративдик укуктун жоктугун эске алганда, эгеде укуктук кырдаал өтө эле жөнөкөй болсо, таң каларлык болмок. Конкреттүү максаттар үчүн укук субъекттүүлүгүнө ээ тараптардын саны олуттуу болуп эсептелет. Андан тышкары, эгер ыйгарым укук үлүшүнө ээ мамлекет органдары менен уюмдарды эске алганда өз алдынча органдардын саны өсөт.

Окурман туш боло турган укуктук субъектүүлүккө талапкерлердин тизмеси белгилүү мааниге ээ, бирок ошентсе да мындай процедуранын айрым кыйынчылыктары бар. Биринчиден, көп нерсе материалдык укуктун түрдүү аспекттерине карата конкреттүү тараптын мамилесине жараша болот. Алсак, жеке адам белгилүү контекстте юридикалык субъект деп каралат, ошентсе да ал эл аралык келишимдерди түзө албай тургандыгы анык. Маселелердин мазмуну биринчи орунда калат. Андан ары, эл аралык жалпы укуктун, анын ичинде айрым түпкүлүктүү принциптердин ишке ашырылышын эске алганда, институтттар унчукпас макулдук жана таануу менен адаттан тышкар-

кы аномалдуу мамилелердин өнүгүүсүнө активдүү катышышкан. Акырында, агентчилик менен өкүлчүлүктүн кийлигишүүсү укук колдонунуда жана принциптерде чоң көйгөйлөрдү туудурат. Ошентип, жеке укуктук субъектүүлүккө ээ мамлекеттерди, көз карандысыздыгы жок баш ийген түзүлүштөн, мамлекеттердин биргелешкен мекемелерин, уюмдардан же мамлекет тарабынан көзөмөлдөнүүчү жеке жана мамлекеттик корпорацияларды, мамлекеттин өзүнөн айырмалоо дайыма эле оңой боло бербейт.

Мамлекеттер жана мамлекеттүүлүк: эгемендүүлүктүн аурасы, Кристофер Блексли[23]

Мамлекеттердин номенклатурасы, статусу жана ролу. Эл аралык укук системасында «улуттар», «элдер», «мамлекеттер» жана «мамлекеттүү-улуттар» деген терминдер маанилеш сөздөр катары колдонулат жана социалдык-антропологиялык көз караштан алганда өлкөдө, б.а. мамлекетте жогорку бийлик болуп эсептелген бийликтин юридикалык уюшулган саясий түзүмүн атоо үчүн анча так эмес. Бул уюмдар мурдатан тартып азыркыга чейин планетанын саясий-укуктук тартибинин негизги түзүмдүк элементтери болуп эсептелет. Кылымдар бою мамлекеттер эл аралык укук системасынын субъекттери болуп таанылып келген, анда жашаган адамдар теориялык жактан өз мамлекеттери аркылуу гана статуска ээ болгон. Классикалык теорияда мамлекеттер өзүлөрү үчүн өзүлөрү бекитип алган же калыптанган салттардын же атайын макулдашуулардын негизинде бекитилген «мамлекеттер аралык» укуктун «субъекттилери» болуп эсептелет.

Салт катары мамлекеттер азыркы эл аралык укук системасынын өнүгүүсүндө кайталангыс роль ойношкон. Акыркы учурда айрым окумуштуулар эл аралык укуктун «азыркы учурдагы» абалына Отуз жылдык согуштун аягында, 1648-жылы Вестфаилде кабыл алынган келишимдердин жардамы менен ортого чыккан батыш дүйнөсүнүн продукту катары көрүшөт. Анда эгемендүү теңдештик бир нече монархиялардан, Ыйык рим падышачылыгынан жана Ыйык Тактан бир катар көз карандысыз мамлекеттерге өткөн [шилтемелер калтырылган].

Ошентсе да, азыркы кезде эл аралык уюмдар эл аралык укук субъектилери катары барган сайын маанилүү роль ойноп жатат. Эконо-

[23] Christopher L. Blakesley, Edwin B. Firmage, Richard F. Scott, and Sharon A. Williams, The International Legal System: Cases and Materials, (5th ed. (2001), Ch. 2.

микалык интеграция боюнча аймактык уюмдардын (ЭИАУ) улуттар аралык уюмдар катары, түздөн түз жана жеке тараптардын, компаниялардын, ж.б. катышуучу мамлекеттин субъекттеринин юридикалык укуктары менен милдеттеринин негизинде, о.э. катышуучу мамлекеттердин түздөн түз атынан иш-аракет кылууга жаңы ыйгарым укуктары бар экендигин көрүүгө болот. Адатта өзүлөрүнүн мүчө мамлекеттеринин ортосундагы кызматташтык борбору катары милдет аткаруучу эл аралык салттуу уюмдар да көпчүлүгү түздөн түз өз алдынча жеке тараптардын жана башка мамлекеттик эмес объекттердин укуктары менен милдеттеринин негизинде иш-аракет жүргүзүү үчүн адам укуктары жөнүндө укуктун ушундай укук чөйрөсүнө өтүп кетишет. Бейөкмөт уюмдары да эл аралык укукту өнүктүрүүнүн жана администрациялоонун активдүү катышуучулары болуп эсептелери Эл аралык Кызыл Крест Комитетинин баалуу ишинен көрүнөт. Эл аралык табигый чөйрө, дүйнөлүк соода жана инвестициялык укук сыяктуу ири чөйрөлөрдө, о.э. эл аралык кылмыш жаза сотунун өнүгүүсүндө бейөкмөт уюмдар мыкты салым кошушту.

2. Мамлекеттүүлүктүн элементтери. 1987-жылдагы ченемдер топтомунун 201-бөлүмүндө берилген мамлекеттин аныктамасы пайдалуу болушу мүмкүн: «белгилүү аймакка жана өз өкмөтүнүн көзөмөлү алдындагы туруктуу калкка ээ жана өзү сыяктуу башка тараптар менен расмий мамилелерде катышуучу же катышууга мүмкүнчүлүгү бар субъект». Бул аныктама аталган факттарды аныкташы керек болгон кандайдыр бир негизги укук тартибине таянбайт. Бул максатта борборлоштурулган укук тартибинин жоктугу корпорация сыяктуу юридикалык тараптар аныктап кылынуучу юридикалык тартиптердин негизинде түзүлүүчү ички укук системасынан айырмаланып турат. Корпорация милдеттендирилген тартипти сактоо жолу менен түзүлгөн субъект катары аныкталышы мүмкүн. Мамлекет деп аталуучу субъектти калыптандырууда мындай укуктук тартип жок.

Мамлекеттер

Мамлекеттин аныктамасы Мамлекеттердин укуктары жана милдеттери жөнүндө Монтевидео Конвенциясы[24]

1-берене

Эл аралык укуктун субъекти катары мамлекеттин төмөнкү квалификациялары болушу керек: (а) туруктуу калкы, (б) белгилүү аймагы; (в) өкмөтү; (г) башка мамлекеттер менен мамиле түзүү жөндөмү.

Бириккен Улуттар Уюмуна мүчөлүк БУУнун Уставы

3-берене

БУУнун алгачкы мүчөлөрү болуп Эл аралык уюм түзүү боюнча Сан-Франциско Конференциясына катышып, же мурда БУУнун 1942-жылдын 1-январындагы Декларациясына кол коюп 110-беренеге ылайык ушул Уставга кол коюшкан жана ратификациялаган мамлекеттер эсептелет.

4-берене

1. Уюмдун мүчөлүгүнө кабыл алуу тынчтыкты сүйүүчү, ушул Уставда камтылган милдеттемелерди кабыл алуучу жана Уюмдун пикири боюнча бул милдеттемелерди аткара ала турган жана аткарууга ниеттенген бардык мамлекеттер үчүн ачык.

2. Мындай мамлекетти Уюмга мүчөлүккө кабыл алуу Коопсуздук кеңешинин сунушу боюнча Башкы Ассамблеянын токтому менен ишке ашырылат.

Белгилүү аймак жана туруктуу калк Батыш Сахара, Кеңешүүчүлүк бүтүм, 1975

***

75. Компетенттүү жана бул өтүнүчтү аткаруу үчүн карала турган кеңешүүчүлүк бүтүм жөнүндө өтүнүч жөнөтүлгөндүгүн аныктап, Сот

[24] Монтевидеодо 1933-жылдын 26-декабрында кол коюлган,, 1934-жылдын 26-декабрында күчүнө кирген, 8-берене 1936-жылдын 23-декабрындагы протокол менен ырасталган.

Башкы Ассамблеянын 3292- (XXIX) резолюциясы тарабынан берилген эки суроону иликтейт. Ал суроолор, эгерде биринчи суроого жооп терс болсо гана, экинчисине жооп берүү мүмкүн болгудай коюлган:

I. Испаниянын колониясы учурунда Батыш Сахара (Рио-де-Оро жана Эль-Хамра Сакиет) эч ким ээлик кылбаган аймак беле (эч кимди жери эмес - terra nullius)?

Эгерде биирнчи суроого жооп терс болсо,

II. Бул аймактын, Марокко Падышачылыгынын жана Мавритания түзүлүшүнүн ортосунда кандай укуктук байланыш бар?

79. 1-суроого кайрылуу менен, Сот белгилегендей «Испания колониясынын учурунда» контекстинде берилгендигин, «Батыш Сахара ...эч кимге тиешесиз (эч кимдики эмес) жер болгонбу?» деген сөздөр ошол мезгилде күчүндө турган мыйзамдын негизинде чечмелениши керектигин белгилейт. «Эч кимдин жери эмес - terra nullius» деген сөз аймакка үстөмдүк кылуу мүмкүнчүлүгүн алуунун укуктук ыкмаларынын бири катары «баскынчылыкка» байланыштуу колдонулуучу юридикалык укуктук термин болгон. «Баскынчылык» аймакка үстөмдүк кылууга жол берүү же укугун өткөрүп берүү аркылуу эмес, башка тынчтык жолу менен жетишүүнүн юридикалык оригиналдуу ыкмасы болушу үчүн «баскынчылыктын» кескин шарты – ошол «баскынчылык» кылуу учурунда ал жер эч кимге тиешесиз жер болушу керек болчу (кара: Чыгыш Гренландиянын укуктук статусу, PCIJ, серия/Б, № 53, 44-б. f. жана 63 ср.). Ошентип, Соттун пикири боюнча Батыш Сахарага Испаниянын колониясы учурунда «эч кимге тиешесиз жер болгон» деген аныктама берүү, эгерде ошол мезгилде бул аймак «баскынчылык» юридикалык процесси аркылуу алуу үчүн ачык болгон деген мааниде эч кимге тиешесиз болгондугу аныкталган учурда гана мүмкүн болмок.

80. Юристтердин арасындагы бардык пикир келишпестиктерге карабастан тийиштүү мезгил аралыгындагы мамлекеттердин практикасы уруу-уруктар же элдер отурукташкан, о.э. социалдык жана саясий жактан уюшулган аймактар «эч кимге тиешесиз» жер катары каралган эместигин көрсөтөт. Ал мындай аймактарга үстөмдүк укугун алуу оригиналдуу аталышы бар эч кимге тиешесиз жерди «басып алуу» аркылуу бир тараптуу жол менен эмес, жергиликтүү башкаруучулар менен түзүлгөн макулдашуулардын негизинде ишке ашырылгандыгын көрсөтөт. Айрым учурларда, бирок «баскынчылык» деген сөз жөн гана ээликке жетишүүнү билдирген техникалык мааниде колдонулган эмес. Бирок бул өлкөнүн бийлиги менен ушундай ма-

кулдашуулар аркылуу алынган үстөмдүк «эч кимге тиешесиз жерди» «басып алуу» деген сөздөрдүн түз маанисин билдирбейт. Тескерисинче, эмнеси болсо да аймакты чындап «өткөрүп берди» деп каралган жергиликтүү башкаруучулар менен болгон мындай макулдашуулар, эч кимге тиешесиз жерди басып алуудан алынган оригиналдуу ээлик укугу эмес, ал укуктун келип чыккан тамыры катары каралган.

81. Бул учурда, Сотко берилген маалымат Батыш Сахара колония алдында турган учурда отурукташкан калк, эгерде алар көчмөн болсо, социалдык жана саясий жактан уруу-урук түрүндө уюшулуп, алардын кызыкчылыгын билдирүүчү компетенттүү башкаруучулары болгон О.э. ал маалымат Батыш Сахарада колониялык кылууда «Испания «эч кимге тиешесиз жерлерге» өз үстөмдүгүн орнотом дегенди билдирген эмес». 1884-жылдын 26-декабрындагы өзүнүн Падышалык орденинде эч кимге тиешесиз жерлерди басып алууну карабастан, Испаниянын падышасы Рио-де-Орону жергиликтүү уруу башчылары менен келишимдердин негизинде өз коргоосуна ала тургандыгын жарыялаган: орден “Sociedad Espafiola de Africanistas-тын” өкүлү менен «жээктин ушул бөлүгүндөгү көз карандысыз уруулардын кол койган документтерге» таянган, ошондой эле падыша Испаниянын ишине берилгендигин жарыялаган. Андан тышкары, Рио-де-Ородон түндүктү карай, б.а. Эль-Хамра Сакиета аймагында испан жерлеринин чектери тууралуу Франция менен сүйлөшүүлөрдүн жүрүшүндө Испания эч кимге тиешесиз жерлерге үстөмдүк кылуу боюнча кандайдыр бир негизге таянган эмес.

82. Сот алдында мамлекет менен жергиликтүү уруу башчыларынын ортосундагы келишимдеридн мүнөзү жана юридикалык мааниси тууралуу ар кандай пикирлер айтылган. Бирок Соттон 1-суроо боюнча Испанияны Батыш Сахарага үстөмдүк кылуучу мамлекет абалына алып келген ээлик укуктарынын юридикалык мүнөзүнө же мыйзамдуулугуна карата чечим чыгарууну сурашкан эмес. Болгону Испаниянын колониясы учурунда Батыш Сахара (Рио-де-Оро жана Эль-Хамра Сакиет) мамлекет болгонбу же «эч кимге тиешесиз аймак» болгонбу деген гана суроо коюлууда. Бул суроо боюнча Сот өзү атаган себептер менен жооп терс болушу керек деп эсептейт. Демек Сот аталган аймак ошол мезгилде эч кимге тиешесиз болчу, себеби андан кийин жергиликтүү уруулар Марокконун султанынын үстөмдүгү астында болгондугун ырастаган Марокконун пикиринин да, аталган жер эч кимге тиешесиз болчу, себеби жергиликтүү уруулар «Билад Шингутинин» бир бөлүгү же мавритан бирдигин түзөт деп эсептеген Мавританянын пикиринин чын же жалган экендиги жөнүндө суро-

ого жооп берүү зарыл деп эсептебейт. Аталган пикирлердин кайсынысы болбосун Сот чыгара турган чечим 1-суроонун жообуна терс мүнөз берген жогоруда баяндалган 1 башка себептерди өзгөртө албайт.

87. Батыш Сахара (Рио-де-Оро жана Эль-Хамра Sakiet) өзгөчө мүнөздөмөлөргө ээ аймактар болуп эсептелет. Ал мүнөздөмөлөр Испания колониясы учурунда көп жагынан ал жерде отурукташкан элдердин жашоо мүнөзү жана социалдык-саясий жактан уюштурулушу менен аныкталат. Ага ылайык, Батыш Сахаранын укуктук тартиби, анын ичинде коңшу аймактар менен укуктук мамилелери аталаган өзгөчөлүктөргө таянуусуз туура бааланышы мүмкүн эмес. Аймак Африканын атлантика жээгинен Египет менен Суданга чейин созулуп жаткан улуу Сахара чөлүнүн бөлүгү болуп эсептелет. Ал Испания колониясы алдында турганда бул чөлдүн аянтын жаан-чачындардын сейрек жана аз көлөмдө болушуна байланыштуу көчмөн элдер гана мал жаюу жана айыл-чарба өсүмдүктөрүн өстүрүү үчүн колдонуп келген. Себеби бул чарбалык иштер үчүн шарты жакшы болчу. Аталган аймак колония учурунда сейрек отурукташкан калкка ээ болгон, жана алардык көпчүлүгү көчмөн уруулардан турган десе болот. Алар жыл мезгилине жана өзүлөрү колдоно ала турган кудук жана суу түтүктөрүнүн жайгашуусуна ылайык тиги же бул деңгээлдеги туруктуу багыттар менен чөл аркылуу өтүп турушкан. Дегинкиси жайытты пайдалануу укугун бул уруулар биргелешип колдонушкандыгы, айрым жерлер айдап иштетүүгө жарактуу болгондугу Сотко билдирилген. Көп жылдык суу булактары, негизинен, аларды иштетүүчү уруулардын менчиги деп эсептелинген. Бирок белгилүү салык төлөмдөрүн жүргүзгөн учурда суу бардыгы үчүн пайдалануга ачык болгон, о.э. алынуучу суунун көлөмү жөнгө салынып турган. Андан тышкары, көпчүлүк уруулар мүрзөлөрдү өзү жана союздук уруулар үчүн баш коштуруучу фактор катары таанышкандыктары белгилүү. Сотко берилген маалыматка ылайык, аймактагы жашоонун дагы бир өзгөчөлүгү - уруулар арасындагы чыр-чатактар сейрек эмес болчу.

88. Уруулардын ар түрдүү жерлерге тиешелүүлүгү алардын көчүп-конуп жүргөн багыттарында чагылдырылган. Бирок ресурстардын жетишсиздиги жана жаан-чачындын сейректиги көчмөн уруулардын чөлдүн өтө чоң аймагында ары-бери көчүп жүрүүгө мажбур кылгандыгы биздин максаттар үчүн маанилүү. Анын натыйжасында эч кандай көчмөн маршруттары Батыш Сахара менен чектелген эмес, айрымдары түштүк Марокко же азыркы Мавритания жана Алжир аркылуу, айрымдары ал турсун ыраакы өлкөлөр аркылуу да өткөн. Бардык уруулар ислам

дининдегилер болгондуктан, бардык аймак Дар аль-Исламга кирген. Анын алдыңкы мүчөлөрүнүн жыйыны болгон «Juma'a-нын» макулдугу менен урууда бийлик шейхке караштуу болуп, уруунун курандын мыйзамдары менен айкалыштырылып колдонулуучу адат укугу колдонулган. Уруулардын ортосундагы байланыш вассалдык же аймактык көз карандылыкта эмес, уруулук жакындык же шериктештик шарттагы көз карандылыктагы байланыш сейрек эмес болуп саналат.

89. Дал ушундай аймактын жана калктын социалдык-саясий уюштурулушунун контекстинде Сот Батыш Сахаранын испан колониясы учурунда Марокко Падышачылыгы жана Мавритания менен «укуктук байланышы» жөнүндө суроону карашы керек болчу. Оозеки соттун жүрүшү аяктагандан кийин көрүнгөндөй, Марокко менен Мавритания Соттун 2-суроого берген жообуна карата жалпы көз карашты ээлешти. Бирок алардын сөзү боюнча испан колониясы учурунда Батыш Сахара менен болгон байланыштарга негиз катары атаган ырастоолор кайсы бир деңгээлде бири-бирине каршы келет.

Мамлекеттердин теңдештик принциби

Бириккен Улуттар Уюмунун Уставына ылайык мамлекеттер ортосундагы достук мамилелер менен кызматташтыкка тиешелүү эл аралык укук принциптери жөнүндө Декларация[25]

ПРЕАМБУЛА

Башкы Ассамблея,

Бириккен Улуттар Уюмунун Уставына ылайык эл аралык тынчтыкты жана коопсуздукту, мамлекеттер ортосундагы достук мамилелер менен кызматташтыкты өнүктүрүүнү колдоо БУУнун негизги максаттарынын катарына кире тургандыгын кайра ырастоо менен, БУУнун элдери чыдамдуулукту көрсөтүп жана бири-бири менен тынчтык шартында жакшы коңшулардай эриш-арак жашоого толук чечкиндүүлүк кылып

[25] U.N. General Assembly, Declaration of Principles of International Law Concerning Friendly Relations and Co-operation Among States in Accordance with the Charter of the United Nations, 24 October 1970, General Assembly resolution 2625 (XXV), of 24 October 1970. GAOR (25th Sess., 1883 Plen Mtg), UN Doc A/Res/2625.

жаткандыгын эске салуу менен, адам эркиндигине, теңдештигине, акыйкаттыкка жана негизги укуктарын сыйлоого, о.э. мамлекеттердин ортосунда алардын саясий, экономикалык жана социалыдк системаларына жана өнүгүү деңгээлине карабай достук мамилелерин колдоонун жана өнүктүрүүнин бардык маанисин эске алуу менен, о.э. мамлекеттер ортосунда укук ченемдерин орнотуу үчүн БУУнун Уставынын эң башкы маанисин эске алуу менен, мамлекеттер ортосундагы достук мамилелер менен кызматташтыкка тиешелүү Эл аралык укук принциптерин өз ыктыяры менен сактоо жана Уставка ылайык мамлекеттер өзүлөрүнө алган милдеттенмелерди ак ниет аткаруу эл аралык тынчтыкты жана коопсуздукту сактоо үчүн, БУУнун башка максаттарына жетишүүнүн маанилүүлүгүн эсептөө менен, Устав кабыл алынгандан бери дүйнөдө болгон ири саясий, экономикалык жана социалдык өзгөрүүлөр менен илимий жетишкендиктер бул принциптердин маанисин жана кайсы жерде болбосун, мамлекттердин жүргүзгөн иш-аракеттеринде аларды мүмкүн болушунча эффективдүү пайдалануу зарылчылыгын белгилөө менен, космос мейкиндиги, анын ичинде Ай жана башка асман заттары бир улут тарабынан аларга өз үстөмдүгүн жарыялоо же пайдалануу, же баскынчылык, же башка жол менен ээленбейт деген принципке таянуу менен, жана БУУда ушундай ойлордон туулган башка тийиштүү жоболорду орнотуу жөнүндө маселе каралып жаткандыгын эске алуу менен, мамлекеттердин башка мамлекеттин иштерине кийлигишпөө милдеттемелерин бекем сактоосу улуттар бири-бири менен тынчтыкта эриш-аркак жашоосунун камсыз кылуу үчүн маанилүү шарт болуп эсептелерине – себеби кайсы түрдө болбосун кийлигишүү жөн гана Уставды бузгандык эмес эл аралык тынчтык менен коопсуздукту коркунучка алып келерине терең ишенүү менен, мамлекеттерге өз эл аралык мамилелеринде башка мамлекеттин саясий көз карандысыздыгына же аймактык бүтүндүгүнө каршы аскердик, саясий, экономикалык жана башка түрдөгү кысым көрсөтүүгө жол бербөө милдетин эскертүү менен, бардык мамлекеттер өзүлөрүнүн эл аралык мамилелеринде башка мамлекеттин аймактык бүтүндүгүнө же саясий көз карандысыздыгына каршы күч менен коркутуудан же күч колдонуудан же БУУнун максаттарына ылайык келбеген башка иш-чаралардан оолак болуусу өтө маанилүү деп эсептөө менен, бардык мамлекеттер өзүлөрүнүн эл аралык талаш-тартыштарын уставга ылайык тынчтык жолу менен чечүүсү ошондой эле олуттуу мааниге ээ деп эсептөө менен, Уставга ылайык көз карандысыз теңдештиктин маанилүүлүгүн ырастап, БУУнун максаттарына мамлекеттер көз карандысыз теңдештигинен пайдаланып, эл аралык мамилелеринде бул принципти сактаган учурда гана жетишүү мүмкүндүгүн дагы бир жолу баса белгилөө менен, элдерди башка элдин

эзүүсү, үстөмдүгү жана эксплуатациясы алдында коюу эл аралык тынчтыкты жана коопсуздукту орнотуу жолундагы зор тоскоолдук экендигине ишенүү менен, элдердин тең укуктуулук жана өзүн өзү аныктоо принциби учурдагы эл аралык укукка кошулган олуттуу салым экендигине, оң натыйжалуу пайдалануу мамлекеттер ортосунда көз карандысыз теңдештик принцибин сыйлоонун негизинде достук мамилелерин өнүктүрүүгө өбөлгө түзүү үчүн, олуттуу мааниге ээ экендигине ишенүү менен, мамлекеттин же өлкөнүн улуттук биримдигин же аймактык бүтүндүгүн же алардын саясий көз карандысыздыгын жарым-жартылай же толук кыйратууга багытталган бардык аракеттер Уставдын максаттары менен принциптерине шайкеш келбей тургандыгына ишенет.

Ядролук куралды колдонуу коркунучунун же колдонуунун мыйзамдуулугу жөнүндө Кеңешүүчүлүк бүтүм, 1996

***

Судья Шахабуддиндин жана судья Вирамантринин өзгөчө пикири[26]

[Шахабуддиндин ө.п., 417-б.] Кандайдыр бир нерсе айрым мамлекеттер үчүн ажыратылгыс катары саналса, башка мамлекеттер үчүн ажыратууга мүмкүн болуп эсептелгенинде, татаалдык жатат. Мамлекет өз ыйгарым укугун макулдашуунун негизинде чектегендиги – бул көз карандысыздыктын атрибуту, бирок бул багытта мамлекет катары статусун сактап калуусу – башка суроо[27]. Себеби өзүн өзү коргоо укугу мамлекет үчүн «айрып алгыс» болуп эсептелгендиктен, ансыз мамлекеттүүлүктү элестетүү кыйын болмок. Башкы Ассамблеянын 1994-жылдын 3-ноябрындагы 49/10-резолюциясына карата келтирилген иллюстрацияны карап көрөлү:

«Босния Республикасы менен Герцеговина эгемендүү, көз карандысыз мамлекет жана БУУнун мүчөсү экендигин тастыктоодо ал БУУнун Уставында каралган бардык укуктарга, анын ичинде 51-беренеге ылайык өзүн өзү коргоо укугуна ээ болушу керек».

өзүн өзү коргоону ишке ашыруу үчүн шарттар – бул башка иш.

---

[26] I.C.J. Reports, 8 July 1996, p. 226-227

[27] Кара: М. Яссиндин аргументетри, I.C.J. Pleadings, БДСС менен Египеттин 1951-жылдын 25-мартындагы Келишиминин чечмелөөсү, 298-299-б...

Бирок азыркыга чейин мындай укук, эгерде ал ядролук куралды колдонуу укугун өзүнө камтыса, күмөндүү болуп эсептелет. Бул Бүткүл дүйнөлүк саламаттык сактоо уюму козгогон ишке шексиз байланыштуу. Ал иште «агрессиянын курманы үчүн аны сактап калышы мүмкүн болгон куралды колдонуу укугун четке кагуу өзүн өзү коргоого карата болгон айрып алгыс укук үчүн мыскыл болмок» деп айтылган[28]. Ядролук куралды колдонуу өзүн өзү коргоого карата болгон айрып алгыс укуктун бөлүгү болуп эсептелет деген шарттын негизинде түшүнүлгөн аргумент. Маселе мындай түшүнүү туура же туура эмес экендигинде. Себеби, эгерде ал туура болсо, анда ядролук куралга ээ эмес мамлекеттер ЯКЖК (Ядролук куралды жайылтпоо келишими) нун мүчөсү болгондуктан, өзүн өзү коргоого карата өзүлөрүнүн айрып алгыс укугунун принципиалдуу мааниге ээ аспектиден кол жуып калуу кыйынчылыгы турат.

[Вирамантринин ө.п., 526-527-б.] Эл аралык укук системасынын бардык бөлүмдөрүндөй эле теңдештик концепциялары согуш мыйзамдары менен салттарынын тексттеринде камтылган.

Башка аномалия – бул, эгерде, кадимки эл аралык укукка ылайык, куралды колдонуу мыйзамдуу болсо, анда ал мындай куралга ээ болуу укугун БУУнун 185 мүчөсүнүн 180и таанышы четке кагышы менен шайкеш келбейт. Эл аралык салттык укук, айрыкча эгер, ырасталгандай, ядролук куралга ээ мамлекеттер үчүн куралды колдонуу өзүн өзү коргоо үчүн зарыл болсо, мындай текши эмес иштей албайт. өзүн өзү коргоо мамлекеттердин эң баалуу укуктарынын бири болуп эсептелет жана БУУнун Уставынын 51-беренесинде БУУга мүчө ар бир өлкөнүн айрып алгыс укугу катары таанылган. Бул укук БУУнун мүчөлөрүнө ар түрдүү деңгээлде ыйгарылган деген ырастоо жараксыз болуп саналат.

Де-факто теңдешсиздик дайыма бар жана дүйнөлүк коомчулук көлөмү, күчү, байлыгы жана таасири жагынан тең эмес көз карандысыз мамлекеттерден турган шартта бул теңдешсиздик кала берет. Бирок чыныгы теңдешсиздикти де-юре теңдешсиздикке которууда чоң концептуалдык жылыш жасалган. Дал ушундай жылышты Женева конвенциясынын протоколдорунда ядролук куралды колдонууга тыюу салуу жөнүндө жоболорду киргизбешин, бирок ошол эле учурда аны колдонуу ядролук мамлекеттер үчүн мыйзамдуу экендигин кыйыр моюнга алуу, таануу болбошун жактагандар жасашууда.

[28] Бириккен Падышачылыктын Өкмөтүнүн иш боюнча билдирүүсү (пункт 24)

Мындай унчукпастык курал колдонуунун мыйзамдуулугуна макулдук маселесине туш болбоого макулдукту билдирет. АКШ менен Британия Бириккен Падышачылыгы карманууучу «түшүнүү» 1977-жылы орнотулган же 1949-жылдагы төрт Женева конвенцияларына карата Кошумча протокол аркылуу кайра киргизилген эрежелер ядролук куралды колдонууну жөнгө салат бирок тыюу салбайт, бул расмий макулдашуулардан мурунку жана аларда чагылдырылган негизги принциптерди үзгүлтүккө учуратпайт дегенди билдирет. Алар концепциялык же юридикалык себептерге эмес, ядролук куралды мамлекеттер куралдуу чыр-чатактарда колдонуусу мыйзамдуу экендигине таянышат (кеңешүүчүлү бүтүмдү сурап кайрылуу). Бул келишимдик жоболордун унчукпастыгын аталган принциптерди жоюу же алдын ала аныктоо катары кароо концепциялык болуп эсептелбейт.

Мамлекеттүүлүк маселеси

Кургак жердеги жана деңиз чек арасы жөнүндө иш (Камерун Нигерияга каршы), 2002[29]

***

Сотчу Аджиболдун өзгөчө пикири

[Аджиболдун ө.п., 568-569-б.] 93. Сот Камерундун Эски Калабардын мамлекет-шаарлары эл аралык укук субъектүүлүгүнө ээ деген Никарагуанын көрсөтмөсүн кабыл албагандыгы менен макул. Камерун муну уламыш же закым элеси катары эсептейт. Ал Эски Калабардын мамлекет-шаарлары Нигерия мамлекетинен өз алдынча эл аралык юридикалык тарап деген аталышка талапкерлене албастыгын ырастайт. Оозеки териштирүү учурунда Нигериянын адвокаты Эски Калабардын мамлекет-шаарлары жөнүндө төмөнкүчө талаш жүргүзгөн: «Бул мамлекет-шаарлар башынан шаарлар менен аларга караштуу аймактарга тарыхый ээлек укугун алып келишкен, жана Бакасси жарым аралы узак убакыт бою Эски Калабардын көз каранды аймагы болууп келген» (Ошол эле жерде. I чыг., 67-б., пункт 5,2.).

94. Камерун «[б] Эфик соодасы азыркы учурда түштүк-чыгыш Нигерия жана батыш Камерун болуп эсептелген кенен аймактарда

[29] Cameroon v. Nigeria: Equatorial Guinea Intervening. Judgment of 10 October 2002 (excerpt of Dissenting Opinion of Judge Ajibola) paragraphs 93-95 of the decision. See Max Planck website.

жүргүзүлгөндүгү шексиз» экендигин моюнга алат (Камерундун жообу, Vol. I, 247-б., пункт 5,24), бирок ал кезде «адамдардын отурукташуусунун татаал оймосун» көрсөткөн Бакасси жарым аралынын бул бөлүгүндө башка улуттук топтордун болгондугун ырастайт (ошол эле жерде, I чыг., 247-б., пункт 5,24).

95. Эски Калабардын мамлекет-шаарлары эл аралык юридикалык тарап болуп эсептелери жөнүндө чечим кабыл алууда 1884-жылы Улуу Британия менен Эски Калабардын падыша жана уруу башчыларынын ортосунда түзүлгөн келишимдин мүнөзүн кароо керек. Биринчиден, бул падышалар жана уруу башчылары кол койгон мындай түрдөгү биринчи келишим эмес. Мен мурда айткандай, Улуу Британия Эски Калабардын падыша жана уруу башчылары менен жалпысынан мындай түрдөгү 17 келишим түзгөн. Экинчиден, Улуу Британия аларды жөнөкөй келишимдер, декларациялар же өз ара нота алмашуу катарры эмес келишим, б.а. Эски Калабардын падыша жана уруу башчылары менен 1884-жылдын 10-сентябрында түзүлгөн Келишим катары караган (Нигериянын каршы меморандуму, IV чыг., Энн. NC-M 23, 109-б.). Эгер андай болбосо, анда Улуу Британия кантип документке кол коюп жана аны келишим деп атайт эле? Эгерде бул документ Улуу Британиянын колониясы менен түзүлгөн болсо, анда ал «токтом» деп аталмак. Ошондуктан Эски Калабардын мамлекет-шаарлары эл аралык укук субъектүүлүгүнө ээ экендиги шексиз.

Жаңы мамлекеттердин пайда болушу: элдин көз карандысыздыгы жөнүндө декларация – жаңы мамлекетти таануу

Косовонун иши боюнча Кеңешүүчүлүк бүтүм, 2010[30]

***

IV. Көз карандысыздык жөнүндө декларациянын эл аралык укукка ылайык келүү маселеси

78. Сот Башкы Ассамблеянын өтүнүчүнүн маңызына өтөт. Сот Башкы Ассамблея 2008-жылдын 17-февралындагы көз карандысыздык деклорациясынын «эл аралык укукка» ылайык келе тургандыгын аныктоону сунуштаганын түшүнөт (Башкы Ассамблеянын 63/3-резолюциясы, 8-октябрь, 2008). Сот биринчи кезекте көз карандысыздык деклорациясынын жалпы эл аралык укукка ылайык мыйзамдуулугунун коюлган суроого негиз болуучу айрым аспекттерине өз көңүлүн бурат, жана Коопсуздук кеңешинин 1244-резолюциясын (1999) карап жана колдонуу керек болот. Бул жалпы негиз аныкталар замат Сот Коопсуздук кеңешинин 1244-резолюциясынын (1999) укуктук негиздүүлүгүнө кайрылат, о.э. резолюция аталган арызда көтөрүлгөн суроолорго карата колдонууга боло турган жана 2008-жылдын 17-февралындагы көз карандысыздык декларациясынын мыйзамдуулугуна тиешелүү атайын эрежелерди жана эл аралык укукка ылайык алардан келип чыгуучу милдеттемелерди түзөр-түзбөстүгүн аныктайт.

А. Эл аралык жалпы укук

79. XVII, XIX жана XX кылымдын башында көп сандагы мамлекеттердин көз карандысыздыгы жарыяланган жана кайсы бир бөлүгү ажыратылып жаткан мамлекеттер көп учурда буга каршы чыгышкан. Айрым учурда декларациялар жаңы мамлекеттердин түзүлүшүнө алып келсе, кээде андай болчу эмес. Бирок мамлекеттердин практикасы жалпысынан көрсөткөндөй, эч качан декларациялар эл аралык

[30] International Court Of Justice, 22 July 2010. Accordance With International Law Of The Unilateral Declaration Of Independence In Respect Of Kosovo.

укукка каршы келүүчү катары каралган эмес. Тескерисинче, аталган мезгил аралыгындагы мамлекеттердин практикасы эл аралык укукта көз карандысыздык декларациясына тыюу камтылбагандыгы жөнүндө тыянакты көрсөтөт. Коопсуздук кеңешинин 276- резолюциясына (1970), ICJ Reports кеңешүүчүлүк бүтүмгө (1971, 31-32-б., п. 52-53); Чыгыш Тиморго (Португалия Австралияга каршы), ICJ Reports чечимине (1995, 102-б., п. 29); басып алынган палестина аймагында дубал курууну укуктук кесепеттерине, ICJ кеңешүүчүлүк бүтүмүнө (Отчеттор. 2004 (I), 171-172-б., п. 88) карабай, 20-кылымдын экинчи жарымында өзүн өзүн аныктоого карата эл аралык укук өзүн өзү башкаруусуз аймактар менен чет элдик башкаруу, үстөмдүк жана эксплуатация алдындагы элдер үчүн көз карандысыздык укугун бергидей болуп иштелип чыккан (кара: Түштүк Африканын Номибияда (Түштүк-Батыш Африка) узак убакыт бою болушунун мамлекеттер үчүн укуктук кесепеттери). Бул укуктун ишке ашырылышынын натыйжасында абдан көп жаңы мамлекеттер пайда болгон. Бирок бул контексттен сырткары көз карандысыздык жарыяланган учурларда болгон. Бул акыркы окуяларда мамлекеттердин практикасы эл аралык укукта мындай учурларда көз карандысыздыкты жарыялоого тыюу салуучу жаңы эреженин пайда болгондугун көрсөтпөйт.

80. Териштирүүнүн бир нече катышуучусу көз карандысыздыкты бир тараптуу жарыялоого карата тыюу аймактык бүтүндүк принцибинде каралган деп сотто билдиришкен. Аймактык бүтүндүк эл аралык укук тартибинин маанилүү бөлүгү экендигин жана БУУнун Уставында, атап айтканда, 2-беренесинин 4-пунктунда бекитилгендигин Сот эскертет.

Аталган беренеде «Бириккен Улуттар Уюмунун бардык мүчөлөрү өзүлөрүнүн эл аралык мамилелеринде башка мамлекеттин аймактык бүтүндүгүнө же саясий көз карандысыздыгына каршы коркунуч пайда кылуу же күч колдонуу же БУУнун максаттарына ылайык келбеген башка ыкмаларды колдонуу аракеттерине жол бербейт» деп каралган. Башкы Ассамблеянын «БУУнун Уставына ылайык мамлекеттр ортосундагы достук мамилелер жана кызматташтыкка тиешелүү эл аралык укук принциптери жөнүндө декларация» деп аталган 2625-(XXV) резолюциясында эл аралык кадимки укук чагылдырылган (Никарагуанын ичинде жана ага каршы аскердик жана жаырм аскердик иш-аракет (Никарагуа АКШга каршы), Пикир, I.C.J. Reports 1986, 101-103-б., п. 191-193), жана Башкы Ассамблея дагы бир жолу «[п] мамлекеттердин өзүлөрүнүн эл аралык мамилелеринде башка мамлекеттин аймактык бүтүндүгүнө же саясий көз карандысыздыгына каршы кор-

кунуч пайда кылуу же күч колдонуу аракеттерине жол бербөө принцибин» ырастаган. Бул резолюция андан кийин башка көз карандысыздык мамлекеттердин аймактык бүтүндүгүн бузууга жол бербөө боюнча мамлекеттерге жүктөлүүчү ар түрдүү милдеттенмелерди атайт. Ошол эле багытта Европадагы коопсуздук жана кызматташтык боюнча 1975-жылдын 1-августундагы Хельсинки кеңешмесинин (Хельсинки Конференциясынын) акыркы актысында мындай делет «Катышуучу мамлекеттер ар бир катышуучу мамлекеттин аймактык бүтүндүгүн сыйлайт» (IV берене). Ошентип, аймактык бүтүндүк принцибинин колдонуу чөйрөсү мамлекеттер аралык мамилелер чөйрөсүнө теңештирилет.

81. Кээ бир катышуучулар Коопсуздук кеңешинин резолюциясына таянып, айрым көз карандысыздык декларацияларын жараксыз деп таанышкан: кара: атап айтканда, Коопсуздук кеңешинин Түштүк Родезия боюнча 216- (1965) жана 217- (1965) резолюциялары; Коопсуздук кеңешинин Түндүк Кипр боюнча 541- (1983), о.э. Сербия Республикасы боюнча 787- (1992) резолюциясы. Бирок аталган бардык учурлар боюнча Коопсуздук кеңеши көз карандысыздык жарыяланган мезгилде болгон конкреттүү кырдаалган карата токтом чыгарганды-гын Сот белгилейт; көз карандысыздык декларациясына мүнөздүү мыйзамсыздык, демек, ал декларациялардын бир жактуулугунан эмес, алардын мыйзасыз күч колдонуу же жалпы эл аралык укукту, атап айтканда, императивдээ мүнөзгө ээ (jus cogens) укуктарды башка одоно бузгандык менен байланышкан-байланышпаганынан келип чыгат. Косового байланыштуу Коопсуздук кеңеши эч качан мындай көз карашты туткан эмес. Жогоруда аталган резолюциялардын өзгөчөлүгү мүнөзү Сотко Коопсуздук кеңештин практикасынан келип чыгышы мүмкүн болгон көз крандысыздыкты бир тараптуу жарыялоого карата жалпы тыюу жок экендигин ырастоо өтүнүчү менен берилгендигинде.

82. Азыркы териштирүүнүн жүрүшүндө айрым катышуучулар кошумча аргумент катары болсо да, Косовонун калкы өзүн өзү аныктоо укугунун көрүнүшү катары же, алардын сөзү боюнча, Косоводогу кырдаал алдында «укукту коргоо иретиндеги чыгуу» укугуна ылайык өз алдынча мамлекет түзүүгө укуктуу деген ырастоону билдиришкен. Сот XX кылымдын экинчи жарымындагы эл аралык укуктун негизги окуяларынын бири өзүн өзүн аныктоо укугунун эволюциясы болгондугун мурдатан белгилеген (кара: жогоруда п.79). Чет мамлекеттик башкаруу, үстөмдүк жана эксплуатация алдындагы, өзүн өзү башкарбай турган элдер менен аймактардын контекстинен сыртка-

ры мурдатан бар мамлекеттердин калкынын белгилүү бир бөлүгүнө өздүгүн аныктоо, ал мамлекеттен өз алдынча болуп бөлүнүү укугун берер-бербесине карабастан, бул мамлекет ишке катышкан жана бул маселе боюнча өз пикирлерин айткан адамдардын ар түрдүү кескин көз караштары багытталган объект болуп эсептелет. Мындай айырмачылыктар эл аралык укукта «укукту коргоо иретиндеги чыгуу» каралганбы, эгер каралса, кайсы шарттарда деген суроо боюнча болгон. О.э. Косоводо чындап эле, айрым катышуучулар ырастаган «укукту коргоо иретиндеги чыгууну» жараткан жагдайлар болгон-болбогону боюнча да кескин айырмаланган көз караштар болгон.

83. Сот аталган учурда бул суроолорду чечүүнүн зарылчылыгы жок деп эсептейт. Башкы Ассамблея Соттон көз карандысыздык декларациясы эл аралык укукка туура келери жөнүндө гана пикирин сураган. өзүн өзү аныктоо укугуну деңгээли жана «укукту коргоо иретиндеги чыгууга» карата кандайдыр бир укуктун бар экендиги жөнүндө дебаттар, бирок, мамлекеттен бөлүнүп чыгуу укугуна тиешелүү. Сот жогоруда белгилегендей (кара: жогоруда п. 49-56), маселе Башкы Ассамлея тарабынан коюлган суроонун чегинен чыга тургандыгына дээрлик бардык катышуучулар пмакул болушту. Бул суроого жооп берүү үчүн, Сот көз карандысыздык декларациясы эл аралык жалпы укукту же Коопсуздук кеңешинин 1244-резолюциясы (1999) тарабынан түзүлгөн Lex specialis-ти бузар-бузбасын гана аныкташы керек.

84. Мурдатан бар себептер менен Сот жалпы эл аралык укукта көз крандысыздыкты жарыялоого карата колдонулуучу тыюу жок деп эсептейт. Ага ылайык, Сот 2008-жылдын 17-февралындагы көз карандысыздык декларациясы жалпы эл аралык укукту бузбайт деген тыянак чыгарат. Мындай тыянакка келүү менен, Сот 1999-жылдын 10-июнунда кабыл алынган 1244-резолюциянын укуктук ылайык келүүсүнө өтөт.

Европа коомчулугу: Жаңы мамлекеттердин түзүлүшү жана Югославия жөнүндө Декларация [16-декабрь, 1991][31]

Европа коомчулугу жана ага мүчө мамлекеттер Чыгыш европа менен Советтер Союзундагы жаңы мамлекеттерди таанууга тиешелүү өзүлөрүнүн башкы принциптеринин алкагында Югославиядагы кырдаалды талкуулашты. Алар Югославия республикаларын

[31] 31 I.L.M. 1485 (1992) Extraordinary IPC Ministerial Meeting/Brussels, 16 December 1991.

таанууга карата жалпы көз карашты кабыл алышты. Буга байланыштуу алар төмөнкү натыйжаларга келишти: Коомчулук жана ага мүчө мамлекеттер төмөндө берилген шарттарды толук аткаруучу бардык Югославия республикаларынын көз карандысыздыгын таанууга макул болушат. Бул чечим 1992-жылдын 15-январында аткарылат. Ушул себептен алар 23-декабрга чейин төмөнкүлөрдү билдирүүлөрү үчүн бардык Югославия республикаларын чакырышат:

• көз карандысыздык мамлекет катары таанылууну каалашабы;

• жогоруда эске салынган колдонмолордо камтылган милдеттемелерди алышабы; [Европалык саясий кызматташтыктан алынды, Пресс-релиз П. 129/91. [Мурунку Югославиядагы кырдаалга тиешелүү документтерди тандоого карата киришүү иретиндеги эскертүү 31 ILM 1421 (1992) пайда болот. Документтерди иргештирүү БУУнун Коопсуздук кеңешинин резолюцияларын өзүнө камтыйт, 311.LM 1427 (1992); Югославия боюнча Арбитраждык комиссиянын Конференциясынын пикирлери, Киришүү иретиндеги эскертүүлөр, 31I.L.ML 1488 (1992); Мурунку Югославия боюнча Лондондогу эл аралык конференцияда кабыл алынган документтер, 31 ILM 1527 (1992), о.э. Мурунку Югославия боюнча эл аралык конференция жөнүндө БУУнун Башкы катчысынын доклады, 31 ILM 1549 (1992).]

• Конвенциянын долбоорунда берилген жоболорду, айрыкча адам жана улуттук же этникалык топтордун укуктары жөнүндөгү II бөлүмүндө берилген жоболорду Югославия боюнча Конференцияда кароого кабыл алышабы;

• БУУнун Башкы катчысынын жана Коопсуздук кеңешинин күч-аракеттерин жана Югославия боюна конференциянын уланышын колдошобу.

Оң жооп берген республикалардын арыздары Арбитраждык Конференциянын Төрагасы аркылуу күчүнө кирер күнгө чейин сунуштоого берилет. Ошол эле учурда Коомчулук жана ага мүчө мамлекеттер БУУнун Башкы катчысынан жана Коопсуздук кеңешинен ок атышуунун эффективдүү токтотулушуна жана чыр-чатактын тынчтык жолу, о.э. макулдашуу жолу менен чечилишине өз күчүн жумшоону улантууну суранышат. Алар мурдагыдай эле БУУнун Коопсуздук кеңешинин 724-резолюциясында эскертилген эртелеп тынчтык орнотуучу күчтөрдү киргизүүгө чоң маани берет. О.э. Коомчулук жана ага мүчө мамлекеттер Югославия Республикасынан коомчулуктун коңшу мамлекеттерине аймактык жактан эч дооматы жоктугуна жана аларга каршы кастык үгүт иштерин жүргүзбөй тургандыгына, анын

ичинде аймактык дооматты билдирүүчү аталыштарды колдонбой тургандыгына кепилдик берүүчү милдеттемелерди, конституциялык жана саясий кепилдиктерди көз карандысыз республика деп таанылганга чейин өзүлөрүнө алууну талап кылышат.

«Чыгыш Европада жана Советтер Союзунда жаңы мамлекеттерди таануу боюнча колдонмо» жөнүндө Декларация[32]

Европалык Кеңештин өтүнүчүнө ылайык, министрлер чыгыш Европа менен Советтер Союзундагы окуяларга жаңы мамлекеттер менен мамилелерге карата көз караш жагынан баа беришти. Буга байланыштуу алар Европа менен Советтер Союзундагы жаңы мамлекеттерди расмий таанууга тиешелүү төмөнкү негизги принциптерди кабыл алышты:

«Коомчулук жана ага мүчө мамлекеттер Хельсинкинин Акыркы Актынын жана 1487-жылдагы Париж уставынын принциптерине, атап айтканда өзүн өзү аныктоо принцибине берилгендиктерин ырасташат. Алар ар бир конкреттүү учурда эл аралк практиканын кадимки ченемдерин жана саясий чындыкты эске алуу менен аймактагы тарыхый өзгөрүүлөрдөн кийин өзүлөрүн демократиялык негизде түзөгн, тийиштүү эл аралык мамлекеттерди кабыл алган жана тынчтык процесстери менен сүйлөшүүлөрдүн милдеттерин өз ыктыярлары менен алган мамлекеттерди таануу даяр экендиктерин ырасташат. Ошентип, алар бул жаңы мамлекеттерди таануу процесси боюнча жалпы көз карашты иштеп чыгышууда, ал көз караш төмөнкүнү талап кылат; - БУУнун уставынын жоболорун жана Хельсинкинин акыркы актында жана Париж хартиясында кол коюлган милдеттемелерди, айрыкча мыйзамдын, демократиянын жана адам укуктарынын жогорку бийлиги жагынан алганда сыйлоо; - ЕКККнин алкагында кол коюлган милдеттемелерге ылайык, этникалык жана улуттук топтордун, аз сандагы улуттардын укугуна кепилдик кылуу; - тынчтык жолу жана өз ара макулдашуу аркылуу гана өзгөрүшү мүмкүн болгон бардык чек аралардын кол тийбестигин сыйлоо; - куралсыздандыруу жана ядролук куралды жайылтпоо, о.э. коопсуздук жана аймактагы туруктуулук боюнча тийиштүү бардык милдеттемелерди алуу; - мамлекеттердин укуктарды өткөрүп берүү маселелерине тиешелүү суроолорду жана аймактык талаштарды макулдашуу, анын ичинде зарылчылыгына жараша арбитражга кайрылуу жолу менен

[32] 31 I.L.M. 1486 (1992)

чечүүгө милдеттенүү. Коомчулук жана ага мүчө мамлекеттер агрессиянын натыйжасы болгон түзүлүштөрдү таанышпайт. Алар таануунун коңшу мамлекеттерге карата алып келүүчү натыйжаларын эске алышат. Ушул принциптер боюнча милдеттемелерди алуу Коомчулуктун жана ага мүчө мамлекеттердин таануусуна жана дипломатиялык мамилелерди орнотууга карай жол ачат. Бул жөнүндө макулдашууларда белгилесе болот. Брюссель, Гаага, 16-декабрь, 1991-жыл.

Мамлекеттердин укукту өткөрүп алуусу

Габчиково-Надьмарош долбоору (Венгрия Словакияга каршы), 1997[33]

***

123. Бул иштине максаттары үчүн Сот кадимки эл аралык укуктун абалын чагылдырууда 1978-жылдагы Кнвенциянын 34-беренесин талкууга алуунун зарыл деп эсептебейт. Аны аныкталдоого 1977-жылдагы Келишимдин бөтөнчө табияты жана мүнөзү көбүрөөк ылайык келет. Аталган Келишимди кароо өзүнүн биргелешип инвестициялоо катары шексиздигинен сырткары, анын негизги элементтери Венгрия менен Чехославакиянын Дунайдагы аймактарынын тийиштүү бөлүктөрүндө сунушталып жаткан чоң жана ажырагыс курулуш имараттары менен жабдуулардын комплексин куруу жана биргелешип пайдалануу болуп эсептелет. О.э. Келишим аркылуу эл аралык суу жолдорунун маанилүү сектору үчүн навигациялык тартип, атап айтканда, негизги эл аралык кеме жолдорун айланма каналга өткөрүү бекитилген. Ошону менен бирге ал дунайды колдонуучу башкалардын кызыкчылыгы козголуучу кырдаалды шексиз түрдө пайда кылган. Андан тышкары, үчүнчү мамлекеттердин кызыкчылыктары 18-беренеде түздөн-түз таанылган. Ага ылайык тараптар 1948-жылдын 18-августундагы Конвенция боюнча Дунай менен суу унааларынын кыймыл тартибине карата өз милдеттемелерине ылайык «эл аралык фарватерлер аркылуу суу уналарынын үзгүлтүксүз жана коопсуз кыймылын» камсыз кылуу милдетин алышкан.

Эл аралык укук комиссиясы өзүнүн 26-сессиясында кабыл алынган кеишимдерге карата мамлекеттердин укукту өткөрүп алуусу жөнүндө беренелердин долбоору боюнча өз комментарийинде салттык доктринада да, учурдагы көз карашта да каралган «аймактык

[33] I.C.J. Reports, Judgment of 25 September 1997, pp. 71-72

мүнөздөгү келишимдер» мамлекеттердин укукту өткөрүп алуусу менен өзгөрбөй тургандыгын аныктаган (келишимдерге карата мамлкеттердин укукту өткөрүп алуусу жөнүндө маселе боюнча БУУнун Конференциясынын расмий отчеттору, III чыг., док. / CONF 80/16/ Add.2, 27-б., п. 2). Бул принципти чагылдыруучу 12-берененин текстинин долбоору кийинчерээк 1978-жылы Вена конвенциясында өзгөртүүсүз кабыл алынган. Сот 12-берене эл аралык кадимки укуктун ченемин чагылдырат деп эсептейт, ал бир да тарап муну четке какпай тургандыгын белгилейт. Андан тышкары, Комиссия «дарыя суусуна же андагы навигацияга укук жөнүндө келишимдер, эреже катары аймактык келишим категориясына киргизүүгө талапкер катары каралыша тургандыгын» көрсөткөн (ошол эле жерде, 33-б., п. 26). Сот келишимдин өзүнө таянуусуз 12-берене келишим аркылуу бекитилген жана мамлекеттердин укукту көткөрүп алуусун козгобогон, аймактык мүнөздөгү укуктар менен милдеттемелерди көрсөтөт деп белгилейт, кыязы, бул Словакиянын эмес, Венгриянын көз карашына колдоо көрсөтүү үчүн жасалган. Бирок Сот аймактык чек араларды же тартиптерди түзгөн көп келишимдер мындан ары күчкө ээ эмес экендиги, ал эми күчүндө калгандар баары бир бири-бирине өткөрүп берген мамлекеттерди байланытөштырып турагндыгы жөнүндө фактты эске алуу менен, бул айтылыш ойдон чыгарылган деген тыянакка келген (ошол эле жерде, 26-37-б.). Ушул факторлордун баарын эске алып, Сот 1977-жылдагы келишимдин мазмуну 1978-жылдагы Вена конвенциясынын 12-беренесинин мазмуну боюнча аймактык таритпти орнотуу деп каралышы керектигин көрсөтөт деп эсептейт. Ал Дунайдын өзү тиешелүү болгон бөлүгүнө «кошуу» боюнча укуктар менен милдеттерди түзөт, ошентип, Келишимдин өзүн мамлекеттердин укукту өткөрүп берүүнү козгобошу керек. Ошондуктан Сот 1977-жылдагы Келишим 1993-жылдын 1-январынан тартып Словакия үчүн милдеттүү болуп калды деп чечкен.

Мамлекеттик институттун өкүлү

Геноцид кылмышын алдын алуу жана ал үчүн жазалоо жөнүндө Конвенциянын колдонулушу (Босния жана Герцеговина Югославияга каршы), БУУнун Эл аралык Соту, 1996[34]

***

Судья Кречтин өзгөчө пикири

[681-б., Кречтин ө.п.] 23. Дейтон макулдашууларынын мазмунун алкагында жана, атап айтканда, учурдагы иш абалынын алкагында Босния менен Герцеговинаны эл аралк укуктун көз карашында «statunascendi» мамлекети деп квалификацияласа болот. Дейтон макулдашуулары күчүнө кирген учурда Босния жана Герцеговина Республикасы мурунку югославиялык федералдык бирдиктин административдик чек ара алкагында мамлекет катары эл аралык көз карашта мамлекеттин тийиштүү атрибуттарына ээ эмес болчу.

[684-б., Кречтин ө.п.] Азыркы учурда эл аралык укук көз карашында мамлекеттин эң маанилүү элементтеринин жоктугу Босния менен Герцеговинанын аны административдик чек араларынын алкагында «sui generis» мамлекети кылып турат: бекем орнотулган эл аралык протекторaттын элементи менен эки тараптын келишимдик мамилелеринин айкашы. Бул абал эки деңгээлде көрүнөт, б.а.

(а) аныктеңгээл, КАК (келишимди аткаруучу аскер күчү) жобосунда чагылдырылгандай. Булар, чындыгында, Босния менен Герцоговинья «коп улуттан турган Келишимди аткаруучу аскер күчү»[35] үчүн жайылтылган «Макулдашууну аткаруу боюнча аскер Күчтөрү»[36]. КАК «Босния менен Герцеговинада жер, аба, суу менен кыймылдоого толук жана эч тоскоолдуксуз эркиндикке ээ»[37] болушу керек болгон жөн гана куралдуу күч эмес, ал «талап кылынуучу чараларды, анын ичинде бул жобонун сакталышын камсыз кылууга жана өзүн коргоону камсыз кылууга зарыл күчтү колдо-

[34] Preliminary Objections, Judgment of 11 July 1996, I.C.J. Reports 1996, p. 595 Para. 44 and Dissenting Opinion Of Judge Korea (Paragraph 37-39).

[35] Ibid.

[36] Статья 1 Соглашения о военных аспектах мирного урегулирования, док. A/50/790/S/1995/999, стр. 7.

[37] Ibid., p. 19.

нуучараларын көрүүгө»[38] укуктуу күч болуп эсептелет;

(б) укуктук деңгээл, себеби Босния жана Герцеговинанын Конституциясынын VI беренесинин тийиштүү жоболору боюнча, Конституциялык сот «тараптардын ортомунда же Босния менен Герцеговинанын ортосунда, алардын органдары менен мекемелеринин отосунда аталган Конституцияга ылайык келип чыгуучу бардык талаштарды чечүүгө бөтөнчө юрисдикцияга ээ» сот органы болуп эсептелет39.

Эл аралык уюмдар эл аралык укук субъекттери катары

БУУнун эл аралык сотунун БУУда кызмат өтөөдө тарткан зыяндын ордун төлөө жөнүндө кеңешүүчүлүк бүтүм, 1949[40]

***

Бириккен Улуттар Уюмунда кызмат кылуу учурунда тарткан зыяндын ордун толтуруу жөнүндө суроо БУУнун Башкы Ассамблеясына төмөнкү шарттарда өткөрүлгөн (Башкы Ассамблеянын 1948-жылдын 3-декабрындагы резолюциясы):

«I. Бириккен Улуттар Уюмунун агенти өз милдетин аткаруу учурунда, мамлекеттердин жоопкерчилигиндеги шарттарда жаракат алган болсо, Бириккен Улуттар Уюму а) БУУга, б) БУУга иштеген жабыр тартуучуларга же курман болгондорго келтирилген зыян үчүн тийиштүү төлөмдү алуу максатында де-юре же де-факто жооптуу өкмөттөргө уюм катары талаптарды коюу жөндөмүнө ээби?

«II. I пунктка жооп оң болгон учурда, кайсыл кыймыл-аракеттерди Бириккен Улуттар Уюму курман болгон адамдын жарандыгы саналган мамлекет менен макулдашылуусу керек?»

I (а) жана I (б) суроолору боюнча Сот жооптуу мамлекет БУУнун мүчөсү же мүчөсү эместигине жараша айырмачылыктарды белгилеген. Сот I (а) суроого бир добуштан оң жооп берген. I (б) сурос-

[38] Ibid., p. 8.

[39] Ibid., p. 71.

[40] Summary of the Advisory Opinion, piblished by the Court, See, http://www.icj-cij. org/docket/files/4/1837.pdf).

го Сот 11 добушка 4 добуш каршы пикир менен жоопкер мамлекет БУУнун мүчөсү же мүчөсү эместигине карабай уюм ага талап коюу жөндөмүнө ээ деп билдирген. Акырында, II-пункт боюнча Сот 10 добушка каршы 5 добуштук пикир менен БУУ өз агентине келтирилген зыяндын ордун төлөө жөнүндө арыз менен кайрылууда бул талапты өзүнө карата милдеттемелеринин бузулушуна гана негиздей алат деген. БУУнун иш-аракеттеринин натыйжасы менен жабыр тарткан агент жарандыгындагы мамлекеттин улуттук укук эрежелеринин ортосундагы карама-каршылыктарга жол бербейт. Андан сырткары, уюм менен башка мамлекеттердин ортосундагы келишимдерди колдонуу ар бир конкреттүү учурга карата, эрежени колдонуу аныктамасына жараша ишке ашырылат.

Сот коюлган суроо боюнча бир катар алдын ала байкоолорду берет. Ал пикир суроодогу айрым терминдерди аныктайт, б.а. «Эл аралык доо коюу жөндөмү» формуласынын мазмунун талдайт. Бул мүмкүнчүлүк талашсыз мамлекетке тиешелүү. Ал уюмга тиешелүү болушу мүмкүнбү? Бул эл аралык укук субъектүүлүгүнө уюм ээби деген суроого барабар. Уставда анык-айкын текст аркылуу жөнгө салынбаган бул суроого жооп берүү менен, Устав уюмга кандай мүнөздө берүүнү көздөй тургандыгын кароону Сот улантат. Буга байланыштуу Устав уюмга анын мүчөлөрүнүн укуктары менен милдеттеринен айырмалана турган укуктарды жана милдеттерди ыйгара тургандыгын Сот белгилейт. Сот, андан тышкары, уюмдун төмөндөгү маанилүү саясий милдеттемелерин атайт: эл аралык тынчтыкты жана коопсуздукту колдоо. Ага жараша, Сот уюм эл аралык укук субъектүүлүгүнүн укуктары менен милдеттерине, о.э. ал супер мамлекет болбосо да, эл аралык деңгээлде иштөө үчүн эл аралык укук субъектүүлүгүнүн чоң өлчөмүнө ээ деген тыянакка келген. Андан соң Сот суроонун дал маңызын, тактап айтканда, Уюмдун эл аралык укуктарынын жалпы топтому Уюмдун агентинин өз милдетин аткарууда алган жаракатынан келтирилген зыяндын ордун төлөөнү мамлекеттен талап кылуу укугун түзүү үчүн жетиштүүбү деген суроону изилдейт.

Биринчи I (а) «Бүтүм чыгаруу жөнүндө өтүнүч» пункту боюнча Сот Мамлекет Уюм алдындагы өз милдеттерин бузгандыгынан келип чыккан зыян үчүн мамлекетке (же анын мүчөсүнө же мүчөсү эмеске) эл аралык талап коюу мүмкүнчүлүгүнө ээ деген бир добуштан тыянакка келет. Сот зыяндын ордуна төлөмдүн Уюм талап кылууга укуктуу болгон так көлөмүн аныктоого чакырбай тургандыгын белгилейт; ордун төлөө көлөмү Сот мисал иретинде келтирген бир катар

факторлорго жараша болушу керек.

Андан соң Сот I (б) суроону, тактап айтканда, Бириккен Улуттар Уюму өзүнө гана эмес, жабыр тартуучуга же Уюмга иштеген тараптарга тиешелүү айып төлөмдөрдү алууга эл аралык талап коюуга уюм катары жөндөмдүү деген суроону карооо өтөт. Сот жарандарды дипломатиялык коргоо суроосун талдайт. Сот, бага байланыштуу, каралып жаткан шарттарда чындыгында уюм гана доомат коюу мүкүнчүлүгүнө ээ экендигин көрсөтөт, себеби бардык эл аралык эрежелердин негизинде жоопкердин Уюм алдында өз милдеттенмелерин бузгандыгы жатат. Аталган учурда жабыр тартуучу жараны болуп эсептелген мамлекеттер өзүнө карата милдеттенмелер бузулгандыгы боюнча даттана алышкан эмес. Мында милдеттемелер Уюмдун пайдасына болжолот. Ошентсе да Сот жарандарды чет мамлекетте дипломатиялык коргоонун салттык эрежелеринин окшоштугу өзүнөн өзү оң жоопту актабайт. Чындыгында Уюм менен анын агенттеринин ортосунда жарандык байланыш жок. Бул жаңы кырдаал жана ал талдоого алынышы керек. Уставда Уюмдун өз агенттерин чектүү коргоо менен камсыз кылуу дегенди билдирүүчү функцияларына тиешелүү жоболор барбы? Уюмдун өз функцияларын аткаруусу үчүн маанилүү болгон ыйгарым укуктар уставдан келип чыгуучу зарыл шарттар катары каралышы керек. өз милдеттерин аткарууда Уюм өз агенттерине тынчтыкты колдоо үчүн маанилүү тапшырмаларды берүү зарыл деп эсептеши мүмкүн. Ал агенттер натыйжалуу коргоо менен камсыз болушу керек. Ушундай жол менен гана агент өз милдеттемелерин канааттандыраарлык аткара турган абалда болот. Ошентип, Сот уюм өз агенттерине карата функциялуу коргоону ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүнө ээ деген тыянакка келет. Жагдай мүчө-мамлекеттерге келгенде салыштырмалуу жөнөкөй, бул үчүн Уюм алдында ар түрдүү милдеттемелер болжонгон. Ал эми доот Уюмга мүчө эмес мамлекетке карата коюлгандагы абал кандай болот? Бириккен Улуттар Уюмунун мүчөлөрү эл аралык укук субъектүүлүгүнүн белгилерине ээ уюмду жаратышты деген Соттун пикири бар. Ошентип Сот I (б) сурооо оң жооп берет...

Куралдуу чыр-чатакта мамлекет тарабынан ядролук куралдын колдонулушунун мыйзамдуулугу (Дүйнөлүк Саламаттык сактоо уюмунун өтүнүч-кайрылуусу), БУУнун Эл аралык сотунун кеңешүүчүлүк бүтүмү, 1996[41]

***

[74-75-б.] 19. Эл аралык уюмдун иш аракеттер чөйрөсүнө же компетенттүүлүк чөйрөсүнө аныктама берүү үчүн уюмдун тийиштүү ченемдерине, биринчи кезекте анын конституциясына кайрылуу керек. Расмий көз караштан алганда, эл аралык уюмдардын түзүүчү документтери болуп көп тараптуу эл аралык келишимдер эсептелет. Ал документтерге карата келишимдерди чечмелөөнүн жакшы негизделген эрежелери колдонулат. Уставга карата Сот билдиргендей:

«БУУнун Уставын Сот чечмелеши керек болгон мурунку учурларда ал жалпысынан келишимдерди чечмелөөгө карата колдонулуучу принциптер менен ченемдерди жетекчиликке алчу, себеби устав көп тараптуу келишим болсо да, белгилүү өзгөчөлүктөргө ээ келишим болуп эсептелет» (БУУнун айрым терс кесепеттери (Уставдын 17-беренеси, п. 2), кеңешүүчүлүк бүтүм, ICJ Reports 1962, 157-б.).

Бирок эл аралык уюмдардын түзүүчү документтери болуп, белгилүү түрдөгү келишимдер эсептелет; алардын максаты белгилүү автономияга ээ, тараптар жалпы максаттарга жетүү боюнча тапшырмаларды бере турган жаңы укук субъекттерин түзүү болуп эсептелет. Мындай келишимдер, алсак, өзүлөрүнүн салттуу, бирок ошол эле учурда институциялык болгон мүнөзүнүн себебинен чечмелөөнүн конкреттүү маселелерин көтөрүшү мүмкүн; түзүлгөн уюмдун өзүнүн табияты, аны түзүүчүлөр тарабынан ага жүктөлгөн максаттар, өз милдеттерин оң натыйжалуу аткарууга байланышкан буйруктар, о.э. ишти уюштуруу практикасы. Мунун баары келечекте түзүүчү келишимдерди чечмелөө мезгили келгенде, өзгөчө көңүл бурууга татыктуу элементтер болуп саналат.

1969-жылдагы эл аралык келишимдердин укугу жөнүндө Вена конвенциясынын 31-беренесинде айтылгандай, чечмелөөнүн кадимки ченемине ылайык, келишимдин шарттары «анын объектинин жана максатынын контекстинде жана алкагында» чечмеленип жана «контекст менен бирге эсепке алынышы керек»:[...]

---

[41] Advisory Opinion of 8 July 1996, I.C.J. Reports 1996, p. 66 (paragraphs 19 (p 74-75), paragraphs 25-27 (pg. 78-79) and dissenting opinion Judge Koroma page 198).

(б) келишимдин катышуучуларынын келишимди чечмелөө боюна макулдашуусун беките турган андан аркы колдонуу практикасы «Чечмелөөнүн бул эрежесин бир нече жолу колдонууга Соттун мүмкүнчүлүгү болгон (кара: арбитраждык чечим, 31-июль,1989-жыл (Гвинея-Бисау Сенегалга каршы), чечим, ICJ Reports 1991, 69-70-б., п. 48; Жерлер, аралдар жана Деңиз чек ара талаштары (Сальвадор / Гондурас: Никарагуа), чечим, ICJ Reports 1992, 582-583-б., пункт 373, жана 586-б., пункт 380; Аймактык талаш (Ливиялык Араб Жамахирия / Чад) чечим, ICJ, Reports 1994, 21-22-б., пункт 41; деңиз чек арасын делимитациялоо жана Катар менен Бахрейндин ортосундагы жер маселелери (Катар Бахрейнге каршы), юрисдикция жана соттолуучулук, чечим, ICJ Reports 1995, 18-б., пункт 33); о.э. ал аны ДСУнун Уставына ылайык бул уюмдун иш-аракетинин «алкагында» жооп бериши керек болгон суроо пайда болорун аныктоо максатында колдонот.

[82-83-б.] 29. Ошентсе да, аталган иште Соттун юрисдикциясын аныктоо үчүн териштирүүнүн жүрүшүндө башка аргументтер коюлган. Ошону менен Бүткүл дүйнөлүк саламаттык сактоо уюмунун резолюциясы, талап кылынган көпчүлүк менен кабыл алынгандыктан, «мыйзамдуу кабыл алынды» деп эсептелиши керектиги ырасталган (кара: Копосуздук кеңешинин 276-резолюциясына (1970), ICJ Reports 1971, 22-б., пункт 20 - кеңешүүчүлүк бүтүмгө карабастан, Түштүк Африканын Намибияда кала берүсүнүн мамлекеттер үчүн укуктук кесепеттери (Түштүк-Батыш Африка)). Ушуга байланыштуу сот, резолюция процедуралык жактан талаптагыдай кабыл алынган жана резолюция соттук компетенциясынын чегинде кабыл алынган деген суроолор өз алдынча эки суроо катары каралмак. Көпчүлүк мамлекеттер резолюция боюнча добуш берүүдө формасы жагынан тийешелүү эрежелерди аткаргандыгы, өзүнчө бир факты, бирок бул ыйгарым укуктарын ашыкча жогорулатуу сыяктуу резолюция дуушар болушу мүмкүн болгон кайсы бир фундаменталдуу мүчүлүштүктөрдү четтетүү үчүн жетиштүү негиз боло албайт.

Сот билдиргендей, «ар бир орган биринчи кезекте, жок дегенде, өзүнүн жеке юрисдикциясын аныктап алуусу керек» (БУУнун белгилүү чыгымдары (Уставдын 17-беренеси, пункт 2), кеңешүүчүлүк бүтүм, ICJ Reports 1962, 168-б.). Демек, Бүткүл дөйнөлүк саламаттык сактоо уюмуна өз компетенциясы жөнүндө чечим чыгарып, ага жараша БДСУ – каралып жаткан маселе боюнча, уюмдун Конституциясын жана 1948-жылдын10-июлундагы БУУ менен Макулдашуунун эске алуу менен, кеңешүүчүлүк жыйынтык чыгаруу жөнүндө Сотко арыз берүү маселеси пайда болду. Бирок андан тышкары, сот талап кылын-

ган жыйынтыкты берүү менен болгон компетенциясын жөнгө салуучу шарттар аткарылгандыгына ынануу соттун иши; бекитилген тартипте Уставдын 96-беренесинин 2-пунктуна, Уюмдун «иш-аракеттер чөйрөсүнө» жана анын «компетенциясы» жөнүндө 1948-жылдын 10-июлундагы Макулдашуунун X беренесинин 2-пунктуна таянып, Сот о.э. аталган учурда БДСУнун Конституциясын чечмелөөгө милдеттүү деп эсептейт.

Сотко анын уставынын 65-беренесинин 1-параграфына ылайык жүктөлгөн милдеттерди аткаруу ушундай чечмелөөнүн берилишин талап кылат. Бул БДСУнун Уставынын 75-беренесинде айтылган кайрылуу жол-жоболорун чечмелөө же колдонуу боюнча мамлекеттер ортосунда пайда болуучу маселелер менен талаштар үчүн конкреттүү кайрылуу механизмдеринин иштешинен көз каранды эмес жана Сот Бүткүл дүйнөлүк саламаттык сактоо уюму WHA46.40-резолюциясын кабыл алганда жетишкен тыянактан айырмаланууучу жыйынтыктарга келет.

[203-б. Коромдун өзүнчө пикири] Суроо-кайрылуу камтылган резолюция, көпчүлүк пикирлер боюнча Соттой эле, келишим болуп эсептелбесе да, резолюцияда коюлган суроо Уюмдун Конституциясында аныкталгандай Уюмдун компетенциясына же иш-аракет чөйрөсүнө кире тургандыгын аныктоо үчүн анын чечмелөөсү Эл аралык келишимдер жөнүндө 1969-жылдагы Вена конвенциясынын тийиштүү жоболорунун негизинде болушу мүмкүн.

[219-б., Коромдун өзүнчө пикири] Эл аралык уюм өзүнүн компетенциясын жана юрисдикциясын аныктоого укуктуубу деген суроого Сот белгилүү чыгымы бар иш боюнча өзүнүн кеңешүүчүлүк бүтүмүндө төмөнкүлөрдү айткан:

«Мамлекеттердин укук системаларында мыйзам жана өкмөттүк ченемдик-актыларынын мыйзамдуулугун аныктоо боюнча айрыкча тартип орнотулган, бирок Бириккен Улуттар Уюмунун түзүмүндө мындай процедура жок болуп саналат. Уставдын долбоорун даярдоонун жүрүшүндө Уставды чечмелөөнүн акыркы укугун Эл аралык Сотко берүү сунушу кабыл алынган эмес, сот алып чыкканы жаткан пикир кеңешүүчүлүк жыйынтык болуп саналат. Демек, 1945-жылы божомолдонгондой ар бир орган биринчи кезекте, жок дегенде өзүнүн юрисдикциясын аныктоосу керек» (БУУнун Белгилүү чыгымдары (Уставдын 17-беренеси, п.2), ICJ Reports 1962, 168-б.).

Ошол эле бүтүмдө Сот «Бириккен Улуттар Уюмунун жарыяланган максаттарынын бирин аткаруу үчүн ылайыктуу ырастоону актай тур-

ган кайсы бир чараны уюм кабыл алган учурда, мындай иш-аракеттер уюм өзүнүн укуктарын ашыкча жогорулатты дегенди билдирбейт деген презумпция келип чыгат» (ошол эле жерде). Менин оюмча, ушул ишке чейин жана өзүнүн сот практикасына ылайык, Сот эл аралык уюмдар өз компетенциясын жана юрисдикциясын аныктоого компетенттүү болуп эсептелет деп токтом кылган. Бул жолу сот өзүнүн сот практикасынан эч түшүндүрүүсүз жана себепсиз четтөөнү чечкен. Бирок сот бул жолу жөн гана өз практикасын улантпоону чечпестен, өтүнүч менен кайрылган органдын компетенттүүлүгүн текшерүүгө карата өз укугун пайдалануудан баш тартпайт, мындай уюмдар сураныч менен кайрылууга компетенттүү эмес, деген дооматтын негизиндеги анын юрисдикциясына айрым каршы пикирлерди да четке каккан (Интерпретация Болгария, Венгрия жана Румыния менен тынчтык келишимдерине карата чечмелөө, биринчи баскыч, ICJ Reports 1950, 72- жана кийинки бб., жана Геноцид кылмышын алдын алуу жана ал үчүн жазалоо жөнүндө Конвенцияга карата баяндамалар, ICJ Reports 1951, 19-20-б.)

Коопсуздук кеңешинин резолюцияларынын күчү

Геноцид кылмышын алдын алуу жана ал үчүн жазалоо жөнүндө Конвенцияны колдонуу, Убактылуу чаралар, 1993-жылдын 13-сентябрындагы токтом (Босния/ Герцеговина Югославиягак каршы), (Коопсуздук кеңеши/БУУ)

***

[439-441-б., О.М. Лаутерпахттын] 98. Бир караганда, Коопсуздук кеңешинин 713-резолюциясы (1991)[42], БУУнун бардык мүчөлөрү үчүн милдеттүү болгон, югославиялык чыр-чатактарга катышкандарга курал-жарак жана аскер техникасын берүүгө тыюу салуу болуп саналат. Резолюция жогорудагы 91-96-пункттарда айтылган пикирлер үчүн ачык болсо да, бул комментарийлер өзүнөн өзү аталган резолюциянын сакталып келе жаткан мыйзамдуулугуна тиешелүү деп ише-

[42] "[...] Югославияда тынчтыкты жана стабилдүүлүктү орнотуу максатында бардык мамлекеттер Башкы катчы менен Югославия өкмөтүнүн ортосундагы кещештерден кийин Коопсуздук кещеши башка чечим чыгарганга чейин Югославияга куралдын бардык түрүн жана аскер жабдууларын берүүгө жалпы жана толук эмбарго киргизүүсү керек " (резолюция 713 (1991), пункт. 6).

ничтүү айтуу мүмкүн эмес. Коопсуздук кеңешинин айрым мүчөлөрү, аймагына карата эмбарго кабыл алынган Югославиянын макулдугу болбогондо, резолюцияны колдонмок эмеспиз деп билдиришкендеги кырдаал Уставдын VII бөлүмүнө туура келе тургандыгы жөнүндө Коопсуздук кеңешинин аныктамасы жок болсо гана негиздүү болушу мүмкүн. Коопсуздук кеңеши «VII бөлүмгө ылайык» иш алып бара тургандыгын көрсөтөр замат, кырдаалдын себебинен зарыл деп эсептелинген иш-чараларга кайсы бир мамлекеттин макулдугун алуу зарылчылыгы жок болот.

99. Бул Коопсуздук кеңеши укуктук көзөмөлдүн бардык түрлөрүнөн көз карандысыз, эркин иш-аракет кыла алат дегенди билдирбейт, болгону соттук көзөмөл жүргүзүү бийлиги чектелгендигин билдирет. Соттун кайсы бир деңгээлде мындай бийликке ээ экендигине күмөн саноо туура эмес, бирок, Сот өз ыйгарым укуктарын Коопсуздук кеңешинин тынчтыкка коркунуч бар экендигин, тынчтыкты бузуу же агрессия аракети болгондугун аныктоо боюнча ыйгарым укуктарына алмаштыруу укугу же мындай аныктоодон кийинки саясий кадамдар кучагына алынбай тургандыгы жөнүндө күмөн саноолор да аз болушу мүмкүн. Бирок Сот, Бириккен Улуттар Уюмунун башкы соттук органы катары, БУУнун системасынын алкагында укуктун үстөмдүгүн камсыз кылууга жана анын алдына туура коюлган учурларда БУУнуну бардык органдарынан алардын ишин жөнгө салуучу бардык эрежелерди сактоону талап кылууга укуктуу жана милдеттүү. Сот болсо Локербинин ишинде VII бөлүмдүн негизинде иш-аракет кылуу менен, Коопсуздук кеңешинин сот чечиминдеги ыйгарым укуктарын кенен чечмелеп, Кеңештин чечими Уставдын 25 жана 103-беренелеринин негизинде тараптардын башка макулдашуулар боюнча милдеттемелеринен артык орунду ээлөөгө жөндөмдүү деп билдирген (кара: Ликербидеги аба окуясына (Ливия Араб Жамахирия Бириккен Падышачылыкка каршы) байланыштуу 1971-жылдагы Монреаль конвенциясын чечмелөө жана колдонуу боюнча келип чыгуучу маселелер, убактылуу чаралар, 1992-жылдын 14-апрелиндеги буйрук, ICJ Reports 1992, p. 15 пункт 39).

100. Аталган окуя, бирок, жаңы эле жарыяланган доктринанын таасири астына кире албайт. Себеби геноцидге тыюу салуу 103-беренени шарттары төздүн түз колдонулушу мүмкүн болгон Монреаль конвенциясында каралган Ликбери иши боюнча суроолордон айырмаланып, аталган берене адатта эл аралык укуктун кадимки ченеми эмес, жалпы эл аралык укук (jus cogens) статусуна ээ катары колдонулат. Чындыгында геноцидге тыюу салуу эл аралык жалпы укуктун күмөнсүз

мисалы боло турган аз сандагы укукка айланганына көп болду. Ал турсун, 1951-жылы геноцид кылмышын алдын алуу жана ал үчүн жазалоо Конвенцияга чечмелөө маселеси боюнча өзүнүн кеңешүүчүлүк бүтүмүндө Сот геноцид «БУУнун адеп-ахлак мыйзамына, маанисине жана максаттарына каршы келет» жана «Конвенциянын негизинде орнотулган принциптер мамлекеттер үчүн эч бир кошумча келишимдик милдеттемелерсиз эле милдеттүү экендигин цивилизациялуу улуттар тааныган» деп ырастаган. (ICJ Reports 1951, p. 22).

Геноцидге салынган тыюулардын канчалык өзгөчө экендигин Эл аралык укук комиссиясынын ишинен көрүүгө болот. Аталган комиссия эл аралык келишимдер жөнүндө мыйзам долбоорунун 5-беренесин даярдоодо ал өзгөчөлүктөрдү белгилеп көрсөткөн (Эл аралык укук комиссиясынын жылдык басылмасы, 1966, Том II, 248-249-б.).

Ал акырында Эл аралык келишимдер жөнүндө Вена конвенциясынын 53-беренесинде жана ошол эле Комиссиянын мамлекеттердин жоопкерчилиги тууралуу беренелердин долбоорунун 19-беренесине карата комментарийинде (эл аралык кылмыштар жана мыйзам бузуулар) чагылдырылган (Эл аралык укук комиссиясынын жылдык басылмасы, 1976, Vol. II, б. 2, 103-б.). Jus cogens концепциясы эл аралык укуктан жана келишимден артык абалдагы концепция катары иштейт. Коопсуздук кеңешинин чечимдеринин бири менен иерархиялуулук келишими боюнча күчкө ээ милдеттемесинин ортосунда келишпестик пайда болгон учурда Уставдын 103-бернесинде каралган сот коргоосу Коопсуздук кеңешинин резолюциясы менен эл аралык жалпы укуктун ортосундагы келишпестик учурунда колдонулбайт.

Чындыгында, буга карама-каршы ырастоону болгону Коопсуздук кеңешинин резолюциясы геноцидге катышууну талап кыла алгыдай, ал турсун, ал талаптын аткарылышына жол берилиши айкын болгудай кылып түзүү эле жетиштүү.

101. Уставдын 24 (2)-беренесиндеги жобонун маанисин көз жаздымына калтырбоо керек, анда эл аралык тынчтыкты жана коопсуздукту колдоо боюнча өз милдеттерин аткарууда Коопсуздук кеңеши Бириккен Улуттар Уюмунун максаттары менен принциптерине ылайык иш-аракет кылат деп ырасталат. Уставдын 3 (1)- беренсинде берилген максаттардын арасында «адам укуктарын жана расасы, жыныстыгы, тили же динине карабай бардык адамдардын негизги эркиндиктерин сыйлоону колдоодо жана өнүктүрүүдө» эл аралык кызматташтыкка жетишүү максаты бар.

102. Бул Коопсуздук кеңеши кайсы бир мезгилде жалпы эл ара-

лык укукка айкын жана атайылап баш ийбеген же адам укугун бузууну талап кыла турган резолюцияны билип туруп кабыл алышы мүмкүн деп каралбашы керек. Бирок Коопсуздук кеңешинин 118-резолюциясы атайылап же билбестиктен ушундай кырдаалга алып келиши мүмкүндүгүн четке какпоо керек. Көрсө, каралып жаткан иште дал ушул болуптур. Бул жагынан алганда Сербдердин улуттук тазалоо саясатын ишке ашырууга жол бербөө үчүн жок дегенде эмбаргонун себебинен Босния менен Герцеговина курал-жабдык жагынан өтө чектелгендиктен алардын сербдерге каршы катуу жана натыйжалуу күрөшүүгө жөндөмү төмөн болчу. Бул көз караштан алганда, Коопсуздук кеңешинин резолюциясын чындыгында БУУнун мүчөлөрүн, билип туруп болбосо да, жана албетте муну каалабаса да, кайсы бир деңгээлде сербдердин жүргүзгөн геноцидинин жактоочулары болууга жана, демек, ошончолук деңгээлде жалпы эл аралык укуктун эрежесине каршы аракет кылууга чакырык катары кароого болот.

103. Бул талдоодон кандай укуктук кесепеттер келип чыгышы мүмкүн? Мүмкүнчүлүктөрдүн бири төмөнкү бекем логикада жатат: 713 (1991) резолюциянын 6-пунктунун таасири БУУнун мүчөлөрүн геноциддин катышуучуларына айланта баштаганда, ал Босния менен Герцеговинага каршы операцияда күчкө ээ жана милдеттүү болбой калган; андан соң БУУнун мүчөлөрү аны сактабай коё алышкан. Ошентсе да, андан кийин алар сурагандарга курал-жарак жана аскер техникасын сөзсүз түрдө берүүгө милдеттүү болуп калышты деп айтуу кыйын.

104. Бирок чындыкка жана жагдайга көбүрөөк туура келүүчү башка мүмкүнчүлүк бар. Талдоодогу гипотезалардын тизмеги айрым талашуу шилтемелерди өзүнө камтый тургандыгын моюнга алуу керек. Мисалы, курал сатууга эмбарго сыяктуу факттардын элементтери эки тараптын тең курал сактоодогу тең салмаксыздыгына, жана ал дисбаланс тиги же бул деңгээлде геноцидге, этникалык тазалоого алып келди; о.э. геноцидге тыюу салуу сыяктуу укук элементтери jus cogens болуп эсептелгендиги, жана эл аралык жалпы укукту бузуучу резолюция кийинчерээк жараксыз жана юридикалык жактан таасирсиз болуп калышы мүмкүн. Бул боюнча азыркы учурда Сот сөзсүз эле белгилүү көз карашты карманышы керек эмес. Андан көрө эл аралык жалпы укуктун маанилүүлүгү Коопсуздук кеңеши келечектеги эмбаргону баалоодо талаптагыдай көңүл буруусу үчүн, Соттун токтомунда берилгендей Коопсуздук кеңешине маалымдалганы жетиштүү көрүнөт.

Чыгыш Тимордун иши (Португалия Австралияга каршы), 1995[43]

Башкы Ассамблея коопсуздук кеңеши: Чыгыш Тимор маселеси боюнча кеңешүүчүлүк бүтүм, 1995

***

Австралия өзүнүн Португалияга койгон талаптары БУУнун Чыгыш Тимор боюнча Резолюциясында камтылбагандыгына макул эместигин билдирет; Коопсуздук кеңешинин Чыгыш Тиморго карата акыркы Резолюциясы 1976-жыл менен жана Башкы Ассамблеянын акыркы Резолюциясы 1982-жыл менен белгиленгенин, о.э. Португалия анда бери өткөн убакытты жана болгон өнүгүүнү эске албагандыгын жана Уставдын VII бөлүгүнө ылайык Коопсуздук кеңешинин Резолюциясы сөзсүз түрдө аткарылыш керек болгон резолюция эместигин, андан тышкары, ал милдеттүү резолюция катары түзүлбөгөндүгүн билдирет.

31. Сот Португалиянын аргументи Бириккен Улуттар Уюмунун жана анын ичинде Коопсуздук кеңешинин резолюциялары аймакка карата Индонезиянын эч кандай бийлигин тааныбоого жана бул маселеде Португалия менен гана иш алып барууга мамлекеттерди милдеттендирүүчү шарт болоруна негизделгендигин белгилейт. Бирок тийиштүү резолюциялар ушунчага баргандыгына Сот ынанбайт. Эки тарап үчүн Чыгыш Тимордун аймагы өзүн өзү башкаруучу аймак эмес бойдон калуусу жана анын элдери өзүн өзү аныктоо укугуна ээ экендиги маанилүү. Андан тышкары, Уставдын XI бөлүгүн колдонуу максатында өзүн өзү башкаруучу эмес деп карала турган аймактарды аныктоо укугун өзүнө калтыруучу Башкы Ассамблея Чыгыш Тиморду андай аймак катарааы караган эмес. Башы Ассамблеянын компетенттүү органдары Чыгыш Тиморду азыркыга чейин ушундай карап келишет. Андан тышкары, Коопсуздук кеңеши өзүнүн 384 (1975) жана 389 (1976) резолюцияларында «Чыгыш Тимордун аймактык бүтүндүгүн, о.э. Башкы Ассамблеянын 1514-резолюциясына ылайык анын элинин өзүн өзү аныктоого болгон айрып алгыс укугун» сыйлоого түз чакырган.

Башкы Ассамблея Чыгыш Тимор боюнча 1975-1982-жылдар аралыгында кабыл алган бир катар резолюцияларында Португалияны Чыгыш Тимордун «башкаруучу мамлекети» деп түз атагандыгы, жана Коопсуздук кеңеши мунун өзүнүн 384- (1975) резолюциясында кыл-

[43] I.C.J. Opinion on Question East Timor (1995), paras. 30-32 and Weeramantry dissenting opinion page 190-91.

гандыгы Тараптар үчүн маселе эмес. Тараптар бул тексттерде Португалия башкаруучу мамлекет деп аталгандыгынан келип чыгуучу укуктук кесепеттерге макул эмес.

32. Сот Башкы Ассамблея менен Коопсуздук кеңешинин жогоруда эске салынган резолюцияларынан бул органдар Португалияны Чыгыш Тимордун бакшаруучу мамлекети катары карайт, жана алар Чыгыш Тимордун континенттик шельфи боюнча Португалия менен гана сүйлөшүүнү үчүнчү мамлекеттерге милдеттендирет деген тыянак чыгарууга болбойт деп эсептейт.

[190-191-б., Вирамантринин ө.п.] убакыттын өтүшү менен резолюциялардын милдеттендирүүчү күчү жоголот деген божомолду этияттык менен кароо зарыл. Резолюциялар чындап эле эл аралык укукка милдет жүктөгөн учурларда, бул сот өз компетенциясынын чегинде тиги же бул маселени чечкен БУУнун тийиштүү органынын чечимин жокко чыгарышы мүмкүн. Бул этияттык эл аралык укук системасы үчүн негиз түзүүчү мааниге ээ болгон императивдүү ченемдер (ergo omnes) чөйрөсүндөгү милдеттемелерге жана өзүн өзү аныктоо сыяктуу белгилүү укуктарга тиешелүү резолюцияларга келгенде соттон конкреттүүрөөк талап кылынат. Сот баш тартууга олуттуу себеп жок учурда, тескерисинче, башка органдар тарабынан кабыл алынган, күчкө ээ резолюцияларга талаптагыдай сый көрсөтөт.

Белгилей кетүүчү нерсе, Коопсуздук кеңешинин резолюциялары колдонуудан чыгып калды деген Австралиянын аргументи андан ары териштирүү үчүн кабыл алынышы мүмкүн эмес. Мындай аргумент башкы ассамблеянын органы болуп эсептелген жана деколонизациялоо маселесине жооптуу жыйырма төрт мамлекеттин Комитети Чыгыш Тимор маселесин өзүнүн күн тартибинде актуалдуу бойдон бардык жылдар бою сактап келген фактынын алдында күмөндүү болуп эсептелет. Андан тышкары, комитет бул жөнүндө өзүнүн Башкы Ассамблеяга жасаган докладында эскерген. Комитет, эгерде бул суроо Австралия божомолдогондой жансыз болсо, аны өз китептеринде сакташы керек болчу.

Адам укуктары боюнча комиссиянын Атайын докладчысынын сот кугунтугунан иммунитети жөнүндө талаш, кеңешүүчүлүк бүтүм, 1999[44]

***

[84-86-б.] 50. Тиги же бул эксперт иш сапары учурунда калыптанган белгилүү жагдайларда 22-(б) беренеде каралган иммунитетке укуктуубу деген суроону аныктоо процессинде БУУнун Башкы катчысы башкы роль ойнойт. Башкы катчы Уюмдун негизги административдик кызмат адамы катары талап кылынган учурларда зарыл коргоону ишке ашыруу үчүн ыйгарым укукка жана жоопкерчиликке ээ. Бул ыйгарым укук төмөнкүнү билдирилгенин Сот тарабынан таанылган:

«Уюмга жүктөлгөн функцялардын мүнөзүн жана агенттердин миссияларынын мүнөзүн иликтеп билгенден кийин, Уюмдун өз агенттерин функционалдуу коргоо боюна чараларды аткаруу жөндөмү уставдан келип чыгуучу зарыл ниет максаттардын себебинен келип чыгат» (БУУда кызмат кылууда алган майыптык үчүн акы төлөө жөнүндө, кеңешүүчүлүк бүтүм, ICJ Reports 1949, p. 184).

51. Башкы конвенциянын 23-бөлүмүнүн VI беренесинде «артыкчылык укуктар жана иммунитет эксперттерге айрым адамдардын кызыкчылыгы үчүн эмес, БУУнун кызыкчылыгы үчүн берилет» деп каралган. БУУнун эксперттерин коргоодо, демек, Башкы катчы эксперттерге тапшырылган миссияларды коргойт. Ушуга байланыштуу Башкы катчы Уюмдун жана анын агенттеринин, анын ичинде иш сапарындагы эксперттердин кызыкчылыгын коргоо үчүн негизги жоопкерчиликке жана ыйгарым укукка ээ. Сот токтом кылгандай, «агент өз милдеттерин канааттандыраарлык аткарышы үчүн ал өзүн коргоо уюм тарабынан камсыз кылынарын жана ага ишене аларын сезиши керек. Агенттин көз карандысыздыгын, демек, Уюмдун өзүнүн өз алдынчалуулугун камсыз кылуу үчүн ал өз милдеттерин аткарууда Уюм камсыз кылгандан башка коргонууга ишенүүгө аргасыз болбогондугу өтө маанилүү ...» (ошол эле жерде, 183-б.).

52. Кызматтык милдеттерин аткарууда агент Уюмдун агенти катары иш-аракет кылгандыгын далилдөө, ал иштин фактыларына жараша аныкталат. Бул учурда БУУнун Башкы катчысы же анын атынан укуктук кеңешчи бир нече жолу Малайзия өкмөтүнө өз чечими жөнүндө билдиришип, Кумарасвами мырза Комиссияны атайын

[44] Differnce Relating to Immunity from Legal Process of a Special Rapporteur of the Commission of human Rights, Advisory Opinion, I.C.J. Reports 1999, p. 62.

докладчысы катары International Commercial Litigation-де атайын макалада берилген сөздөрдү айткандыгын жана ал «ар түрдүү» сот куугунтуктоосуна карата кол тийбестик укугуна ээ болгондугун маалымдашкан.

53. Бириккен Улуттар Уюмунун жазуу түрүндөгү жана оозеки билдирүүлөрүндө көрсөтүлгөндөй, Башкы катчы, Комиссиянын атайын докладчылары ММК менен байланыштыгы стандарттуу практикага киргендигине таянган. Мындай практика Адам укуктары боюнча жогорку комиссар тарабынан ырасталган. Ал 1998-жылдын 2-октябрында иликтөө ишине тиркеген катында «атайын докладчылар ММКа иликтөөлөргө байланышкан суроолорго жооп берүүсү жана коомчулуктун кеңири катмарына иш-аракеттери тууралуу маалымдап турушун белгилегендиги» айтылган.

54. Жогоруда белгиленгендей, (кара: пункт 13), «Малайзиянын юстициясы сынакка» деген макалада эл аралык коммерциялык сот процессиндеги БУУнун көз карандысыз судьялары жана адвокаттары жөнүндө суроо боюнча Атайын докладчысы катары Кумарасвами мырзага бир нече жолу шилтеме жасашкан. Комиссияга берген докладдарында (кара: жогоруда п.18) Кумарасвами мырза жеке иш ыкмаларын көрсөткөн, Малайзиянын сот системасынын көз карандысыздыгы боюнча тынчсызданууусун билдирген жана өзүнө карата жарандык дооматтарга шилтеме жасаган. Анын үчүнчү докладында БУУнун укуктук кеңешчиси өз милдетин аткаруу үчүн сүйлөгөндүгүн, сот процессине карата кол тийбестик укугуна ээ экендигин, Малайзиянын өкмөтүнө маалымдаганы белгиленет.

55. Жогоруда 18-пунктта көрсөтүлгөндөй, ар түрдүү резолюцияларда Комиссия атайын докладчынын билдирүүлөрүн жана анын иш ыкмаларын эске алган. 1997-жылы анын мандаты дагы үч жылга узартылган (кара: жогоруда п. 18 жана 45). Эгерде Комиссия Кумарасвами мырза өз мандатынын чегинен чыгып жана International Commercial Litigation-ге интервьюну өз милдеттерин аткаруу учурунан тышкаркы убакта берди деген пикирде болсо, чечим мындай болмок эмес. Ошондуктан Башкы катчы мындай абалдагы тыянактары үчүн Комиссиядан колдоо тапкан.

56. Бул окуяда Атайын докладчы колдонгон терминдердин мыйзамдуулугун текшерүүгө же кырдаалга карата баа берүүгө Сотту чакырышкан эмес. Эмнеси болсо да, Башкы катчынын 1-15 жазмаларында баяндалган бул иштин бардык жагдайларын эске алуу менен, Сот Кумарасвами мырзанын International Commercial Litigation-дин

макаласында берилген сөздөрдү айтуу менен Комиссиянын Атайын докладчысы катары өз миссиясын аткаруу убагында туура иш-аракет жасагандыган аныктаган Башкы катчынын пикирин колдойт. Демек, Башкы конвенциянын 22 (б) бөлүмүнүн VI беренеси мындай жагдайда ага карата колдонулушу мүмкүн жана Кумарасвами мырзага сот териштирүүлөрүнө каршы сот-процессуалдык иммунитет берет.

60. Сот белгилегендей, Башкы катчы уюмдун негизги административдик кызматкери катары уюмдун кызыкчылыктарын коргоого жоопкер болуп саналат; ушул максат менен ал өз агенттери канчалык өз милдеттеринин чегинде иш-аракет кылгандыгын баалайт жана ал агенттерди, иш сапардагы эксперттердин иммунитетин тастыктайт. Башкы катчы өзүнүн тастыктоолору жөнүндө мүчө мамлекетке маалымдоо укугуна жана милдетине ээ, зарыл учурда, андан тийиштүү иш-аракеттерди жүргүзүүнү суранат. Тагыраак айтканда, эгер агенттин иш-аракеттери соттук кароого коюулган болсо же сотто каралууга мүмкүн болсо, өзүнүн тастыктоолорун жергиликтүү сотторго билдирип коюуну суранат дегенди билдирет.

61. Улуттук сотто БУУнун агентинин иммунитети боюнча ишти караганда, алар Башкы катчынын бул иммунитетке тиешелүү бардык чечимдери токтоосуз маалымдалышы керек. Мындай чечим жана анын документтик түрү, олуттуу учурлардагы себептерде эске алынбоочу презумпцияны түзүшү мүмкүн жана ага улуттук соттор тарабынан көбүрөөк салмак ыйгарылат.

Демек, тараптардын биринин мамлекеттик бийлик органдары Башкы конвенциянын негизинде мындай маалыматты тийиштүү улуттук сотторго берүүгө милдеттүү, себеби Конвенциянын туура колдонулушу берилген маалыматка жараша болот. Бул милдетти аткарбоо, башкалар менен катар, Жалпы конвенциянын VIII беренесинин § 30-параграфына ылайык иш козголушуна алып келиши мүмкүн.

[96-97-б. Вирамантри мырза] Бириккен Улуттар Уюмунун кызматкерлери кызматтык милдеттерин көз карандысыз аткаруу үчүн тийешелүү коргоо кепилдигине муктаж болгондуктан, алардын кызматтык милдеттерин аткаруу учурунда коргоого алуу БУУга жүктүлгөндүктөн, кол тийбестик берилер-берилбестиги тууралуу маселеге Башкы катчынын пикирине чоң маани берүү зарыл.

Аталган агенттин ыйгарым укуктарынын чеги, тигил же бул конкреттүү маселеге кайрылуу боюнча БУУнун максаты же максаттары сыяктуу суроолордо, башка органдарга караганда Башкы катчы жакшыраак кабардар. Ал бул маселеде практикалык жана жалпы маалы-

маттар боюнча бардык органдарга караганда көбүрөөк маалыматка ээ. Ал БУУнун бардык иш-аракеттер схемасын толук көрө билүү жөндөмүнүн натыйжасында, аталган агенттин иш-аракеттерин БУУнун иш-аракетинин салттары жана уюштуруучулук негиздеринин алкагында башка органдарга карата дагы жакшыраак баалай алат.

БУУнун артыкчылык укуктары менен кол тийбестиги белгилүү докладчыга белгилүү кырдаалдарда колдонуу мүмкүндүгүн аныктоого, Башкы катчынын пикирине таянбастан жасалган жыйынтык, зарыл материалдардын маанилүү бөлүгүн көңүлгө албагандык катары саналат. Андан сырткары, БУУнун системасында бул жагынан алганда Башкы катчынын ыйгарым укуктарынын талашсыздыгын тааныу практикасы бар, жана Уюмдун алкагында башкаруучулук менен байланышкан бардык суроолор боюнча Башкы катчынын пикирине өзгөчө маани берилишин көрсөтүүчү Башкы Ассамблеянын 1981-жылдын 18-декабрындагы 36/238-уруксаты сыяктуу резолюциясы бар. Тиги же бул чиновниктин бийлик чөйрөсүнүн чеги сыяктуу олуттуу административдик иш боюнча Бириккен Улуттар Уюмунун жогорку административдик органынын көз карашын эске албоо бардык система үчүн залакасын тийгизбей койбойт. Бул аталган чиновниктин билимдеринин жана көзөмөлдөө функцияларынын чөйрөсүндөгү гана суроо болуп эсептелет.

Бириккен улуттар уюмунун жогорку башкаруу органынын жеке пикирине ылайык, өтө олуттуу административдик иштерде кее бир чиновниктердин ыйгарым укуктарынын чеги анын билим денгеелинин жана надзордук ыйгарымдарына тийешелуу маселелер, баардык системага зыян келтирүүсүз каралбайт.

Тиги же бул иш-аракет кызмат адамынын же докладчынын бийлик чегинде болгондугу башкы катчы тарабынан аныкталышын, эгерде мындай олуттуу презумцияны алып салууга ынанымдуу ойлор аныкталбаса, аны ички сот үчүн милдеттүү катары кароо керек. Мен бул боюнча Сотко карата тоолук сый-урматым менен макулмун. Бул жерде өзүн өзү билүүчүлүктүн бир дагы элементи жок, себеби, эгерде мамлекет Башкы катчынын мындай токтомуна макул болбосо, анда Конвенциянын 30-беренеси боюнча кеңешүүчүлүк чечим чыгаруу суроосу менен сотко кайрылса болот.

Улуттук-боштондук кыймылдары жана башка топтор[45]

Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы Ассамблеясы, 62-сессия, Палестина жөнүндө маселе

***

Башкы Ассамблеянын экинчи жана үчүнчү сессияларынын күн тартибине киргизилген бул пункт 1974-жылы 55 мүчө мамлекеттин өтүнүчү менен 29-сессиянын күн тартибине киргизилген (A/9742 жана Corr.1 жана Add.1, 2, 3 жана 4). Бул сессияга Ассамблея пленардык отурумдарда Палестина жөнүндө суроону талкууга катышуусу үчүн Палестинаны бошотуу уюмун (ПБУ), палестин элинин өкүлдөрүн чакырган (резолюция 3210 (XXIX)). Ошол эле сессияда Ассамблея Палестинадагы палестин элинин айрып алгыс укуктарын дагы бир жолу ырастап, ал укуктарды ишке ашыруу Палестина маселесин чечүү үчүн зарыл экендигин баса көрсөткөн (резолюция 3236 (XXIX)). Ассамблея о.э. өзүнүн сессиялары менен иштеринде, өз демилгеси менен өткөрүлүп жаткан бардык эл аралык конференцияларда байкоочу катары катышууну ПБУга сунуш кылган, жана ПБУ БУУнун башка уюмдарынын демилгеси менен чакырылуучу бардык эл аралык конференцияларга карата ушундай эле укукка ээ деп эсептейт (резолюция 3237 (XXIX)).

Өзүнүн 30-сессиясында Башкы Ассамблея ПБУну Жакынкы Чыгыш боюнча БУУнун демилгеси астында өткөрүлгөн бардык программаларда, дискуссияларда башка тараптар менен теңдештик шартта катышууга жана жакынкы Чыгыш боюнча Женева тынчтык конференциясында, о.э. тынчтыкка жетишүү боюнча бардык башка программаларга катышууга чакырган (резолюция 3375 (XXX)). Ошол эле сессияда Ассамблея палестин элинин айрып алгыс укуктарын ишке ашыруу боюнча Комитет түзүп, Комитетке палестин элине мурдатан таанылган укуктарын ишке ашыруу үчүн бул ишти аткаруу программасын карап чыгып Ассамблеяга сунуштоону тапшырган; жана Коопсуздук кеңешинен палестин элинин айрып алгыс укуктарын ишке ашыруу маселесин карап чыгууну талап кылган (резолюция 3376 (XXX)).

---

[45] 1974 UN General Assembly recognized and accorded recognition to the Angolan, Mozambican, Palestinian, and Rhodesian movements. Add UN GA 3237 (XXIX) (November 22, 1974 PLO observer status to UN).

Башкы Ассамблея Палестина маселеси боюнча пунктту 31-ден 60-сессияга чейин карап чыккан (резолюциялар 31/20, 32/40 A жана B, 33/28 C, 34/65 D-га, 35/169 E, 36/120 A-дан E-ге чейин, 37/86 A-E, 38/58 A-E, 39/49 D-га, 40/96 D-га, 41/43 D-га, 42/66, D үчүн, 43/175 C, 43/176, 43/177, 44 / 2, 44/41 C, 44/42, 45/67 C, 45/68, 45/69, 46/74 C, 46/75, 46/76, 47/64 A-E, 48/158, чтобы D, 49/62 D-га, 50/84 D-га, 51/23, 51/24, 51 / 25, 51/26, 52/49, 52/50, 52/51, 52/52, 53/39, 53/40, 53/41, 53/42, 54/39, 54/40, 54/41, 54/42, 55/52, 55/53, 55/54, 55/55, 56/33, 56/34, 56/35, 56/36, 57/107, 57/108, 57/109, 57 / 110, 58/18, 58/19, 58/20, 58/21, 59/28, 59/29, 59/30, 59/31, 60/36, 60/37, 60/38 и 60/39).

....

Өзүнүн 43-сессиясында Башкы Ассамблея 1988-жылдын 15-ноябрында Палестинанын улуттук кеңеши тарабынан Палестина мамлекетинин жарыяланышын көңүлгө алып, палестин элинин 1967-жылдан бери басылып алынган өз жерине үстөмдүк кылуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу зарылчылыгын ырастаган жана 1988-жылдын 15-ноябрына карата күчкө ээ «Палестина» деген аталышты БУУнун системасында «Палестинанын боштондук уюму» деген аталыштын ордуна БУУнун тийиштүү резолюцияларына жана практикага ылайык ПБУнун байкоочу катары статусуна жана функцияларына эч зыянсыз колдонуу керектигин бекиткен (резолюция 43/177).

Өзүнүн 61-сессиясында Башкы Ассамблея палестин элинин айрып алгыс укуктарын ишке ашыруу боюнча Комитеттен жакынкы чыгыш аймагындагы тынчтык процессин колдоо жана палестин элине эл аралык колдоо-жардам топтоо үчүн бул ишке мурдагыдай эле күч-аракет жумшоону суранган жана Комитетке өзүнүн бекитилген иш программасына болуп жактан окуяларга жараша максатка ылайык жана керектүү деп эсептеген өзгөртүүлөрдү киргизип, бул суроо боюнча Ассамблеянын 62-сессиясында жана андан кийин доклад жасоону тапшырган (резолюция 61/22).

Ошол эле сессияда Башкы Ассамблея Секретариаттын палестиналыктардын укуктары боюнча бөлүмүнөн 29-ноябрда палестин эли менен эл аралык тилектештик күнүн өткөрүүнүн алкагында палестин элинин айрып алгыс укуктарын ишке ашыруу боюнча Комитети менен биргеликте палестин элинин укуктары деген темада ар жылкы көргөзмө же БУУда Палестинанын Туруктуу байкоочулук миссиясы менен кызматташтыкта маданий иш-чара өткөрүүнү суранган (резолюция 61/23).

О.э. Башкы Ассамблея өзүнүн 61-сессиясында Секретариаттын коомдук маалымат департаментинен палестин элинин айрып алгыс

укуктарын ишке ашыруу\аткаруу боюнча Комитет менен толук кызматташтыкта жана макулдашуу менен палестина жөнүндө маселеге тийиштүү окуялар талап кылышы мүмкүн болгон ийкемдүүлүк менен өзүнүн 2006-2007-жыл мезгилдерине карата эки жылдык атайын маалыматтык программаларын, анын ичинде палестиналык дикторлор менен журналисттер үчүн ар жылкы окуу программаларын бекемдөөнү улантууну суранган (резолюция 61/24).

Андан сырткары, ошол эле сессиясында Башкы Ассамблея ... басып алуучу мамлекет болгон Израиль эл аралык укуктар боюнча өзүнүн юридикалык милдеттемелерин Эл аралык Соттун кеңешүүчүлүк бүтүмүндө каралгандай жана 2003-жылдын 21-октябрындагы ES-10/13 жана 2004-жылдын 20-июлундагы ES-10/15-резолюциялар талап кылгандай аткаруусун, атап айтканда, басылып алынган палестина жеринде, анын ичинде Чыгыш Иерусалимде дубал курууну токтотууну, кайрадан аталган аймактарда жана басылып алынган Сириянын Голандарында калкты жайгаштыруу аракеттерин токтотууну талап кылган жана Коопсуздук кеңешинин тийиштүү резолюцияларын толук аткарууга чакырган, 1967-жылдагы чек аралардын негизинде таанылган чек аралардын алкагында тынчтыкта жана коопсуздукта коңшу жашачу Израиль жана палестина эки мамлекетинин болушун тааный тургандыгын кайрадан ырастаган, мүчө мамлекеттерди палестин элине жана палестина автономиясына экономикалык, гуманитардык жана техникалык жардам көрсөтүүнү тездетүүгө чакырган, жана Башкы катчыдан палестина маселесин тынчтык жолу менен жөнгө салуу, аймакта тынчтыкты бекемдөө ишинде кызыккан тараптар жана Коопсуздук кеңеши менен бирге өз күч-аракетин улантууну, о.э. Ассамблеянын 62-сессиясында аталган маселе боюнча көрүлгөн аракеттер жана учурдагы окуялар жөнүндө доклад жасоону суранган (резолюция 61/25).

БУУнун Башкы Ассамблеясынын 3237- (XXIX) Резолюциясы, Палестинаны бошотуу уюмунун байкоочусунун статусу, 22-ноябрь, 1974.

Башкы Ассамблея,

Палестина жөнүндө маселени карап чыгып,

БУУнун Уставда белгиленген универсалдуулугун эске алып,

1973-жылдын 12-декабрындагы өзүнүн 3102 (XXVIII) резолюциясына таянып.

Экономикалык жана Социалдык кеңештин 1835 (LVI) 14-май,1974) жана 1840 (LVI) (15-май, 1974) резолюцияларын эске алып,

Куралдуу чыр-чатактарда колдонулуучу эл аралык гумантиардык укукту ырастоо жана өнүктүрүү маселеси боюнча калктын отурукташуусу боюнча Бүткүл дүйнөлүк конференциянын Дипломатиялык конференциясы Бүткүл дүйнөлүк азык-түлүк конференциясы ПБУну өз талкууларына катышууга чакыргандыктарын белгилеп,

О.э. БУУнун деңиз укугу боюнча үчүнчү Конференциясы ПБУну өз ишинде байкоочу катары катышууга чакыргандыгын белгилеп:

1. ПБУну байкоочу катары Башкы Ассамблеянын сессияларында жана ишинде катышууга чакырат.

2. ПБУну байкоочу катары Башкы Ассамблеянын демилгеси менен чакырылуучу бардык эл аралык конференциялардын сессияларында жана ишинде катышууга чакырат.

3. ПБУ БУУнун башка уюмдарынын демилгеси менен чакырылуучу бардык эл аралык конференцияларга карата ушундай эле укукка ээ деп эсептейт.

4. Башкы катчыдан бул резолюцияны ишке ашыруу үчүн зарыл бардык чараларды көрүүнү суранат.

Жеке адамдар, бейөкмөт уюмдары жана ишкердик ишканалар эл аралык укук субъекттери катары

Эл аралык укукта инсандын ролу, Эндрю Клепхем[46]

[...] 1966-жылы Эл аралык укук принциптери басылып чыккандан бери Браунли: «Адам эл аралык укук субъекти боло албайт деген жалпы эреже жок», жана конкреттүү контекстте ал эл аралык сахнада юридикалык тарап болот деп ырастаган[47].

Чындыгында талкууну субъективдүүлүктөн инсанга жана жалпы теориядан конкреттүү контекстке которуунун мааниси бар. Бирок дагы бир суроо келет: адамдын эл аралык сахнада пайда болушу эл аралык жалпы укук боюнча укуктар менен милдеттер жагынан эмнелерди алып келет?[48]

Алгач жеке адамдын эл аралык кылмыш жаза боюнча милдеттемелери жөнүндө суроону карайлы. өзүнүн тандалма докладдар китебинин баш сөзүндө Кассезе Согушту баштоочулардын жоопкерчилиги жана жазаларды аткаруу маселелери боюнча Комиссиянын америкалык эки мүчөсүнүн сөзүн келтирет. Алар 1919-жылы «гумандуулук мыйзамдары менен принциптеринин чеги жок, алар мезгилге, орунга жана кырдаалдарга жараша өзгөрөт, демек, өзүнчө алынган сотчулардын абийирине жараша болушу мүмкүн. Адамкерчиликтин бекитилген жана универсалдуу стандарты жок»[49] дешкен.

---

[46] Professor of Public International Law, Graduate Institute of International and Development Studies, Geneva, Director of the Geneva Academy of International Humanitarian Law and Human Rights. Email: andrew.clapham@graduateinstitute.ch.

[47] (7th edn, 2008), at 65.

[48] Shaw's discussion in the 6th edition of his International Law(2008), at 258, asserts that 'modern practice does demonstrate that individuals have become increasingly recognised as participants and subjects of international law, but the subsequent paras are confined to recalling those treaties which allow individuals to appeal directly to an international body, and he recalls at 259 that it is now established that international law proscribes certain heinous conduct so that it 'imports direct individual criminal responsibility.

[49] "Soliloquy", in Cassese, supra note 5, at pp. lxii-lxiii, quoting the "Report Presented to the Preliminary Peace Conference by the Commission on the Responsibility of the Authors of War and on the Enforcement of penalties", in Violations of the Laws and Customs of War, Report of Majority and Dissenting Reports of Americans and

Бирок ал экинчи дүйнөлүк согуштун аягында Эл аралык аскер трибуналынын бардык судьялары: эл аралык келишимдерди жана өз сөздөрүн бузуп коңшу мамлекеттерге эч билдирүүсүз кол салгандарды жазалоо акыйкатсыздык деп ырастоо туура эмес экендиги айкын, себеби мындай учурларда кылмышкер өзүнүн туура эмес кылып жаткандыгын билиши керек жана аны жазалабай коюу калыс эмес болот, себеби анын туура эмес иш-аракеттери жазасыз калат деп ырасташкан дейт[50].

Коллективдүү иш-аракет кылуучу айрым сотчулар чындыгында эле адамзатка карата бир нерсе туура эмес, акыйкатсыз болгондугун канчалык сезишсе, ошончолук аныктай ала тургандыктарын сезишкен жана айрым адамдар эл аралык укук боюнча милдеттерге ээ экендиги жана белгилүү эл аралык милдеттемелерди бузгандыгы үчүн дарга асуу аркылуу да өлүм жазасына тартылышы мүмкүндүгү айкын болгон. Ошентип биз адамды эл аралык куралдуу кагылышуулардын контекстинде эл аралык кылмыш жаза укугунун алкагында белгилүү милдеттерди алып жүрүүчү деп табабыз. Дээрлик 50 жыл өткөндөн кийин Мурунку Югославия боюнча Эл аралык кылмыш трибуналынын Апелляциялык палатасынын Тадич боюнча чечиминде бул идея эл аралык куралдуу чыр-чатакта гуманитардык укукту бузгандык үчүн жеке адамдын кылмыш жаза жоопкерчилигине карата колдонулган[51]. Бизде Эл аралык кылмыш жаза укугу үчүн аскер кылмыштарын гана эмес, геноцид жана адамзатка каршы кылмыштарды жасаган тараптарга карата юрисдикцияны кучагына алган 2002-жылга карата күчүнө кирген Устав бар.

Акыркы 60 жылда биз дагы жеке инсандын эл аралык укукка ылайык укук ээси катары өзгөрүүсүн көрдүк. Бул эл аралык укуктарды биз кантип чыгара алабыз? Кассезе үчүн ар бир адамдын «тийиштүү укуктар» бул «айрым маанилүү баалуулуктарды толук сактоого карата эл аралык катуу милдеттемелер»[52] деп болжосо болот. Ал мындайча ырастайт:

Japanese members of the Commission of Responsibilities, Conference of Paris 1919 (1919), at 13.

50 Ibid., at p. lxii with a reference to Trial of the Major War Criminals before the International Military Tribunal- Nuremberg 14 November 1945-1 October 1946 (Nuremberg International Military Tribunal, 1947), at 219 (emphasis added).

51 See ICTY, Appeals Chamber, Decision on the defence motion for Interlocutory Appeal on Jurisdiction, Prosecutor v. Tadic, (IT-94-1-AR72), 2 Oct. 1995, especially at paras 128-13 7.

52 International Law(2nd edn, 2005), at 145.

> Бул юридикалык логика жагынан алганда гана эмес, бул милдеттемелерге карата эл аралык укук бардык адамдарга тиешелүү: алар өз өмүрүнө жана колу-бутуна, өз кадыр-баркына сый мамилеге укуктуу, жана ошон үчүн аскер кылмыштарынын, адамзатка каршы кылмыштардын, агрессиянын, кыйноолордун, терроризмдин курманы болбоого укуктуу деген дүйнөлүк коомчулукта белгиленген жаңы тенденцияга ылайык да ырааттуу болмок. Жок дегенде, азыркы учурда бул жалпы эл аралык эрежелерден келип чыгуучу эл аралык укук, бирок ал жеке адамдарга тиешелүү конкреттүү каражаттар же органдардын бийлиги менен коштолбойт[53].

Башкача айтканда, азыркы учурда тараптар милдеттемелерге жана укуктарга ээ, бирок эл аралык жалпы укукка ылайык эч кандай укуктук коргоо каражаты жок. Адаттагы эл аралык адвокат минтип укуктарды милдеттерден индукциялоо туура келбейт деп билдириши мүмкүн, себеби мамлекеттер жабыр тартуучу үчүн укуктарды жарандык каражатка автоматтык түрдө айландыруусуз кылмыш жаза укугу алдындагы адамдарга милдеттерди жүктөөсү мүмкүн. Андан тышкары, традиционалисттер адам укуктары боюнча келишимдер да катышуучу мамлекеттерге жөн гана укуктар менен милдеттерди түзгөндүгүнө каршы болушу мүмкүн. Жоголуп кетүү коркунучу алдында турган жаныбарлар жөнүндө конвенциядан жаныбарлар кандай пайда тапса, адамдар да бул келишимдерден ошондой пайда табышты. Ошентсе да келишим эл аралык укуктан сөзсүз келип чыгуучу эмес, улуттук мыйзамдын обу жок кылыгы болушу мүмкүн болгон улуттук деңгээлдеги укуктардын аткарылышына шарт түзө алат. Алгач адам укуктары боюнча аймактык келишимдердин алкагында эл аралык укук кээде тараптарга процессуалдык ээлик укугун берүү катары гана каралчу. Мисалы бул Адам укуктары боюнча Европалык комиссияга, бирок талашты юридикалык жактан жөнгө салуу комиссия ишти соттун кароосуна берер-бербесинин чечилишин талап кылган. Белгилүү болгондой, бул 1998-жылы Конвенцияда 11-протоколдун кабыл алынышы менен өзгөргөн, анда жабыр тартуучуга ишти сотко өз алдынча түздөн-түз берүүгө мүмкүнчүлүк түзүлгөн. Эми Адамдын жана элдердин укуктары боюнча Африкалык сот менен да ушундай кылууга болот.

Адам кылмыш жаза укуктук милдеттемелерге гана эмес, эл аралык укукка ылайык укуктарга да ээ деп ырастай алабызбы? Учурдагы ба-

[53] Ibid.

скычта биз адамар үчүн «эл аралык укук субъекти» болуп эсептелүүнүн мааниси бар беле деген суроо боюнча болгон доктриналуу дебаттарды эстешибиз керек. Жакында Гая бул суроону бейөкмөт уюмдары эл аралык уюмдардын жоопкерчилиги жөнүндөгү Эл аралык укук комитетинин иш чөйрөсүнө киргизилиши керекпи деген суроонун алкагында караган. Мында субъекттердин учурдагы категориясы жөнүндө окуу, кыязы, бейөкмөт уюмдарын четке чыгарат, бирок Гая Эл аралык соттун сотчуларынын БУУга жана анын адистештирилген мекемелерине карата тыянактарын эске салуу менен, эл аралык укук субъекттеринин концепциясына айкын эмес мүнөз ыйгарат. Гая ошол эле соттун Лагранддын ишиндеги айткандарынын кесепеттерин эскерет:

Эл аралык уюмдардын укуктук субъектүүлүгү жөнүндө ырастоосун эл аралык укуктагы укуктук субъектүүлүк маселесине карата заманбап көз караштын алкагында кароо зарыл. Лагранддын ишинде Сот адамдар да эл аралык укук субъекттери болуп эсептелет деп билдирген[54]. Мындай көз караш сотту бейөкмөт уюмдарынын укуктук субъектүүлүгүн ырастоого да алып келиши мүмкүн. Юридикалык тарап өз мүчөлөрүнөн айырмалануучу шартта эмне үчүн адамдар эл аралык укук боюнча укуктар менен милдеттемелерге ээ боло алса, эл аралык уюмдар эмне үчүн анте албай тургандыгын түшүнүү кыйын болмок[55].

[...] Түшүнүктүүрөк болуш үчүн, менин божомолумда, адамдар эл аралык укукка карата кылмыш жаза укугунун эл аралык милдеттеринин чегинен чыга турган маанилүү ролдорго ээ болушу мүмкүн. Бул кылмыш болбогон милдеттерди өзүнө камтышы мүмкүн же жөн гана иш-аракеттер бир эле мезгилде эл аралык укуктун кылмыш жаза да, жарандык да тартиптерин бузууга алып келиши мүмкүн дегенди билдирет.

Эл аралык укук комитетинин беренелер долбоорунун мамлекет-

---

54 Footnote 47 in the original reads: "I.C.J. Reports 2001,para. 77. The Court referred to the Vienna Convention on Consular Relations of 24 April 1963 and concluded that "article 36, paragraph 1, creates individual rights".

55 First report on responsibility of international organizations, UN Doc.A/CN.4/532, 26 Mar. 2003, at para.17. See also the Report of the ILC Working Group, "The Responsibility of International Organizations: Scope and Orientation of the Study", UN Doc. A/CN.4/L.622, 6 June 2002, at para.11: "the topic would be considerably widened if the study were to comprise also organizations that States establish under municipal laws, for example under the law of a particular State, and non-governmental organizations. Thus, it may seem preferable to leave questions of responsibility relating to this type of organization aside, at least provisionally".

тердин жоопкерчилиги жөнүндө 58-беренесинде төмөнкүдөй айтылган: «Бул беренелер мамлекеттин атынан иш-аракет кылуучу бир да тараптын эл аралык укук боюнча жеке жоопкерчилигине зыян келтирбейт». Эл аралык укук комитетинин (ЭУК) комментарийи 58-берене жеке адамдар үчүн эл аралык жарандык жоопкерчиилкке байланыштуу эч бир өнүгүүнү четке какпагыдай болуп иштелип чыккандыгын түшүндүрөт[56].

Жеке адамдын эл аралык укуктагы статусу боюнча Нюрнбергден жана Тадичтин ишинен жыйынтык чыгаруу менен адамдар кураллуу чыр-чатактардын мыйзамдарына ылайык кылмыш жаза-укуктук милдеттемелерге ээ экендигин билебиз. Тараптарга субъекттүүлүк берүүнү доктриналык түрдө калаабагандыкка карабастан, эми адамдар кылмыш жаза-укуктук милдеттемелерге гана эмес, эл аралык укукка ылайык да укуктарга ээ катары каралат. Эгерде биз эл аралык укуктун өнүгүүсү стагнация абалына келишин (токтоп калышын) каалабасак, мүмкүн, жеке адамдар кылмыш жаза укугу боюнча милдеттер менен укуктарга кошумча белгилүү бир эл аралык жарандык-укуктук милдеттемелерге ээ экендиги тууралуу прогрессивдүү идеяны моюнга алышыбыз керек; бул кадам жеке адамдын эл аралык укуктагы ролун талаптагыдай моюнга ала турган эл аралык коомчулукту түзүүдө бизге жардам болот.

Бир туугандар ЛаГранддардын иши (Германия АКШга каршы), 2001

75. Германия да «36-бereненин Америка Кошмо Штаттары тарабынан бузулушу Германиянын Конвенцияга мүчө мамлекет катары укугун гана бузбастан, бир туугандар ЛаГранддардын да жеке укуктарынын бузулушуна алып келет» деп ырастайт. О.э. дипломатиялык коргонуу укугун пайдалануу менен, Германия ушунун негизинде Кошмо Штаттардан айып төлөтүп алууга умтулат.

Вена конвенциясынын 36-беренесинин (п. 1 (б)) негизинде маалымат алуу укугу Конвенцияга мүчө бардык мамлекеттердин башка мүчө мамлекеттин аймагына кирген ар бир жаранынын укугу болуп

[56] "So far this principle has operated in the field of criminal responsibility, but it is not excluded that developments may occur in the field of individual civil responsibility. As a saving clause Article 58 is not intended to exclude that possibility; hence the use of the general term "individual responsibility"": Draft Articles on Responsibility of States for Wrongful Acts, with commentaries, Yearbook of the International Law Commission, 2001, Vol. II, Part Two, at 142 (footnote omitted).

эсептелерин Германия ырастайт. Ал бул көз карашты Вена конвенциясынын 36-беренесинин (п. 1 (б)) жобосунун кадимки мааниси колдой тургандыгын ырастайт, себеби ал жобонун акыркы сүйлөмүндө «укуктар» жөнүндө «тараптын» аталган подпунктуна ылайык, б.а. чет элдик жаран, эгерде камакка алынган же кармалган болсо деп айтылат. Германия камакка алынуучу консулдук билдирүү берилиши керек же керек эместигин чечиши керек деп көрсөтүлгөн 36-бereненин (п. 1 (б)) жобосу чет элдик кызыккан адамдарга жекече укук берүү таасирине ээ деп кошумчалайт. Анын пикири боюнча, 36-бereненин контектси бул тыянакты ырастайт, себеби ал жиберүүчү жана кабыл алуучу мамлекеттердин да, жеке адамдардын да маселелерине тиешелүү. Германиянын пикири боюнча, Вена конвенциясына карата даярдык материалдар ушул чечмелөөгө андан ары колдоо көрсөтүшү мүмкүн. Андан сырткары, Германия 1985-жылдын 13-декабрында Башкы Ассамблея тарабынан кабыл алынган 40/144- резолюциялар «Бириккен Улуттар Уюму өзүлөрү жашаган өлкөнүн жараны болбогон адам менен тараптардын укуктары жөнүндө Декларацияда» өзү турган мамлекетте консулдук кызматтан пайдалануу укугу, о.э. бул укук жөнүндө билүү чет элдик жарандардын жеке укуктарын түзөт жана ал адамдын жана чет элдиктердин укуктары катары каралышы керектигин ырастай тургандыгын билдирет.

76. Дипломатиялык коргоонун бул кошумча талабы ишке тиешелүү экендигинен АКШ күмөн санайт, себеби каралып жаткан окуя менен мамлекет өз жарандарынын экономикалык наарзылыктарын жактоого катышуусундагы дипломатиялык коргоого байланышкан окуялар менен эч окшоштук жок. АКШ башка өлкөдө кармалган өз жарандарына консулдук жардам көрсөтүү жана өз жарандарын дипломатиялык коргоо аркылуу колдоо талабы боюнча мамлекеттин укугу юридикалык жактан ар башка түшүнүк деп ырастайт.

Андан сырткары АКШ Вена конвенциясына ылайык консулдук билдирүү жана консулдук кызматтан пайдалануу укугун жеке адамдар консулдук жардам сунуш кылууга карата мамлкеттин уруксаты менен пайдалынышы мүмкүн болсо да, жеке тараптардын эмес, мамлекеттердин укугугу болуп эсептелерин ырастайт. АКШ тараптардын Конвенцияга кайрылуу укугу өз жарандары менен баарлашуу үчүн өзүнүн консулдук кызматкерлери аркылуу иш-аракет кылуучу мамлекеттин укугу менен тыгыз байланышкан жана ошол мамлекеттин укугунан келип чыгат жана адамдын фундаменталдык укугу же эркиндиги болуп эсептелбейт деп белгилейт. Америка Кошма Штаттары 36-берене шарттарга ылайык жеке инсандын укугун таануу ыгандыгы бул берене

бузулган учурда Вена конвенциясына ылайык ал укуктар менен укуктук коргоо каражаттарынын мүнөзүн аныктабайт деп ырастайт. АКШ 36-берене «жиберүүчү мамлекеттин жарандарына карата консулдук милдеттерди аткарууну жеңилдетүү максатында» деген сөздөр менен башталарын жана бул сөздөр бул берененин 1-пунктунда аталган укуктар менен милдеттер жиберүүчү мамлекеттин жарандары кылмыш жаза куугунтугунун контекстинде кайсы бир өзгөчө укуктарга ээ болору тууралуу ойду ырастабай тургандыгын айтат. Вена конвенциясынын даярдык материалдарында, Кошмо Штаттарынын билдирүүсү боюнча, 36-беренеде мамлекеттердин укуктарынан келип чыгуучу жеке укуктардан айырмаланып, жеке инсандын айрып алгыс укуктарына тиешелүү экендиги жөнүндө пикир келишүүчүлүк чагылдырылган эмес.

77. Сот 36-берене, п. 1 (б) кармалган чет элдик жаранга жана ал чыккан мамлекетке карата ал жаран келген мамлекеттин милдеттерин баяндай тургандыгын белгилейт. Анда кармалган жарандын өтүнүчү менен кабыл алуучу мамлекет жарандын өз мамлекетинин консулдук мекемесине анын кармалгандыгы тууралуу «токтоосуз» кабарлашы керектиги каралган. Бул подпункт төмөнкү сөздөр менен аяктай тургандыгын белгилей кетүү маанилүү: «Аталган органдар бул адамга анын ушул подпунктта каралган укуктары менен токтоосуз тааныштырышы керек». Андан сырткары, 36-беренеге, п. 1 (б), ылайык кармалган адамга консулдук жардам көрсөтүү боюнча жиберген мамлекеттин укугу, «эгерде ал адам буга айкын каршы болсо, аткарылышы мүмкүн эмес». Өз контекстинде каралган бул жоболордун айкындыгы шек туудурбайт. Демек, бир нече жолу айтылгандай, Сот бул жоболорду көрсөтүлгөндөй кабыл алуусу керек (кара: Польша жарандыгын алуу, 1923-жылдагы кеңешүүчүлүк бүтүм, PCIJ, серия B, № 7, 20-б.; мамлекеттерди БУУга кабыл алуу боюнча Башкы Ассамблеянын компетенциясы, кеңешүүчүлүк бүтүм, ICJ Reports 1950, 8-б.; Арбитраждык чечим, 31-июль, 1989, ICJ Reports 1991, 69-70-б., п. 48; Аймактык талаш (Ливиялык Араб Жамахирия/Чад), чечим ICJ Reports 1994, 25-б., пункт 51).

Бул жоболордун текстинин негизинде, Сот 36-берене, п. 1 (б) Факультативдик протоколдун аркасы менен бул Сотто кармалган адамдын жарандыгы бар мамлекет колдоно ала турган жеке адамдын укуктарын жаратат деген тыянакка келген. Каралып жаткан иште бул эрежелер бузулган.

78. Угууларда Германия андан ары төмөнкүлөрдү ырастайт: Вена

конвенциясынын 36-беренесине ылайык (п.1 (б)) адамдын токтоосуз маалымат алууга укугу жөн гана жеке укук болбостон, бүгүнкү күндө адамдын айрып алгыс укук мүнөзүнө ээ болду. Анын натыйжасында, деп кошумчалайт Германия, «36-беренеге ылайык адам укугу катары укуктун мүнөзү бул жобонун колдонулушун мурдагыдан да зарыл кылат». Сот Кошмо Штаттары бир туугандар ЛаГранддардын 36-беренеге ылайык (п.1 (б)) берилген укуктарын бузду деп таап, Германия берген кошумча аргументтерди кароону зарыл деп эсептебейт.

[Ши, ө.п.] 15. Дискуссиянын натыйжасы подпункттун башына «эгер ал бул жөнүндө сураса» деген сөздөрдү кошуу жөнүндө жыйырма мамлекеттин оңдоосун кабыл алуу болду. 36-бereненин п.1 (б) акыркы сүйлөмү, б.а. кабыла алуучу мамлекеттин компетенттүү органдары «кызыккан тарапты анын укуктары тууралуу токтоосуз маалымдайт» деген жобо (Консулдук байланыштар жөнүндө БУУнун конференциясы, 1963, т. 1, 336-343-б.) жогоруда көрсөтүлгөн эки карама-каршы пикирдин ортосундагы компромисс катары кечигүү менен киргизилген. Ошентип, сүйлөшүүлөрдүн окуялары-нан 36-берене (п.1 (б)) сүйлөшүүчүлөрдүн ойлогону боюнча жеке укуктарды түзүү болчу деген бүтүм чыгаруу мүмкүн эмес. Андан сырткары, бүтүндөй Конференциянын талкуусунун жалпы маңызы менен жүрүшү консулдук милдеттерге жана алардын пайдалуулугуна багытталгандыгын эске алганда, мамлекеттердин укуктарынан көз карандысыз кайсы бир өзүнчө укукту түзүү конференцияда каралган эмес.

[536-б., Ода, ө.п.] 23. ... «36-берене (п.1 (б)) кармалган жарандар үчүн мамлекеттерге берилген укуктарга кошумча жекече укуктарды жаратат» деген соттун аныктоосун колдоого эч кандай ынанымдуу аргументти көргөн жерим жок, демек, «экинчи пункттагы укуктарга шилтемени жөнөткөн мамлекеттин укуктарын гана эмес, кармалган адамдын укуктарын да колдонуу» деп кароо керек (чечим, пункт 89).

24. Кармалган адамга байланыштуу Соттун чечиминде 36-беренеге (п.1 (б)) жасаган шилтемеси боюнча өзүмдүн түшүнбөстүгүмдү билдирем. Менин оюумча, бул жобонун Конвенцияга киргизилгендигинин себеби, камакка алынган чет өлкөлүк жаран өз өлкөсүндогу кылмыштуу аракети же чет өлкөдө камакка алынгандыгы өлкөсүндө билинип калбоосу үчүн, консулдук билдирүүдөн баш тарткан кырдаалды сүрөттөө үчүн киргизилген; бул жобо эч кандай кошумча мааниге ээ болушу мүмкүн эмес.

[537-б., Ода, ө.п.] 27. Консулдук мамилелер жөнүндө Вена конвен-

циясы, чет элдик жаранга мамлекеттерге ушул Конвенцияга ылайык ыйгарылуучу милдеттемелерден сөзсүз келип чыга турган укуктардан башка кайсы бир укуктарды бере тургандыгы жөнүндө, Соттун пикиринин тууралыгына мен ишенбейм. Андан тышкары, мен мындай деп ойлобойм, бирок менимче, сот Консулдук мамилелер жөнүндө Вена конвенциясы жарандарга өз мамлекетинде тургандыгына караганда (америкалыктар АКШда) чет мамлекетте жашаганда (мында немистер АКШда) кененирээк корголуу менен укуктары камсыз кылынган деп эсептейт.

Эгерде Консулдук мамилелер жөнүндө Вена конвенциясы адамдарга укук берүү катары чечмеленсе, ал укуктар Конвенцияга ылайык мамлекеттер аткара турган тийиштүү милдеттемелер менен чектелет жана жашоо укугу, мүлккө карата укук ж.б. сыяктуу адамдын негизги укуктарын өзүнө камтыбайт. Бул жагынан алганда, чечимдин эч кандай ынанымдуу түшүндүрмөсү жок деп эсептейм.

Улуттар аралык корпорациялар жана Эл аралык укук, Алис де Йонг[57]

Мамлекеттер гана эл аралык укуктун субъекттиси болуп саналат деген салттык доктрина, заманбап теориялык жана практикалык жактан четке кагылган.

20-кылымдын ортосунда эл аралык уюмдар да, жеке адамдар да эл аралык укук таасиринин чөйрөсүнө кирген. Тездик менен өсүп келе жаткан эл аралык уюмдар, алардын мыйзамдуу жол менен түзүлүүсүнө мүмкүнчүлүк берген эрежелер менен гана чектелбестен, эл аралык укуктарга ылайык милдеттерин эске алуу менен ар түрдүү деңгээлде өз укуктарын ишке ашырып келет (Harris, 2004). Бул жеке адамдарга тиешелүү болгондуктан, биринчи Факультативдик протоколду ратификациялаган мамлекеттердин жарандары, мындан кийин, жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактта каралган укуктарды мамлекет тарабынан корголбогон учурда, БУУнун Адам укуктары боюнча кеңешине арыз бере алат. 1998-жылдагы Эл аралык кылмыш жаза сотунун (ЭКЖС) Рим Уставы «жалпы эл аралык коомчулуктун тынчсызданууусун пайда кылуучу эң олуттуу кылмыштар» үчүн жеке аламдарды жоопко тартууга мүмкүнчүлүк берет (1998-жылдагы Рим уставы, 5-берене). Укук субъекттери (юридикалык тараптар)

[57] Transnational corporations and international law: bringing TNCs out of the accountability vacuum, p.68. Alice de Jonge, Department of Business Law and Taxation, Monash University, Caulfield East, Australiawww.emeraldinsight.com/1742-2043.htm.

жөнүндө айтсак, аларга эл аралык укук тарабынан жүктөлгөн эквиваленттүү милдеттер жок. ... УАКтын, эки тараптуу жана эки тараптуу инвестициялык келишимдерде камтылган бир катар кепилдиктер менен укуктарды колдонуу мүмкүнчүлүгү бар. Эркин соода жөнүндө Түндүк американдык макулдашуунун (НАФТА) 11-бөлүмү, мисалы, УАКты анын активдерин кабыл алуучу тараптын мамлекетинин өзүм билемдигинен жана экспроприациялоодон коргойт. НАФТАнын 1110-беренеси мындай экспроприациялоочу тарап талаптагыдай компенсация төлөбөгөн учурда УАКкга кабыл алуучу өлкөнүн өкмөтүн милдеттүү түрдө арбитражга чакырууга мүмкүнчүлүк берет. Американын эки тараптуу соодалары жана инвестициялык келишимдеринде да УАКтын өзү катталган өлкөдөн сырткаркы жерлерде инвестициялоо укугун коргоо жана инвесторлор менен кабыл алуучу тараптын ортосунда талаш болгон учурда сөзсүз түрдө арбитраждын болушу каралган.

Эл аралык Сот: практикалык директивалар

XII практикалык директива[58]

Сот өзүнүн алдына келүүчү мамлекеттердин колдонуусу үчүн практикалык директиваларды биринчи жолу 2001-жылдын октябрында кабыл алган. Практикалык директивалар Соттун Регламентиндеги өзгөрүүлөр менен байланышкан эмес, бирок ал документке кошумча болуп эсептелет. Ал директивалар соттун жүрүшүнө жана анын иш ыкмаларына байкоо жүргүзүүнүн натыйжасы болуп эсептелет. Практикалык директивалар сот тарабынан кабыл алынгандан кийин аларга киргизилген бардык өзгөртүүлөр учурда Соттун вебсайтында жайгаштырылган жана Соттун ар жылкы басылмаларында жарыяланып, алардын колдонулушуна байланышкан бардык убактылуу эскертүүлөр жөнүндө айтылат.

XII практикалык директива

1. Эл аралык бейөкмөт уюму өз демилгеси менен жазуу түрүндө билдирүү жана кеңешүүчүлүк бүтүм боюнча документ бергенде, мындай арыз же документ иштин бөлүгү катары каралбашы керек.

2. Мындай билдирүү же документ басып чыгарууга боло турган документ катары каралат, демек иш боюнча мамлекеттер же өкмөттөр

[58] International Court of Justice: Practice Directions, http://www.icj-cij.org/documents/index.php?p1+48p248p3+0

аралык уюмдар тарабынан жазуу түрүндө же оозеки билдирүүлөрдө коомдук басылмадагы жарыяланган документ катары берилиши мүмкүн.

3. Эл аралык бейөкмөт уюмдары тарабынан берилген жазуу түрүндөгү билдирүүлөр жана документтер Тынчтык сарайында көрсөтүлгөн жерге жайгаштырылат. Уставдын 66-беренесине ылайык эл аралык бейөкмөт уюмдары берген билдирүүлөр жана документтер менен кайсы жерден таанышса боло тургандыгы жөнүндө маалымат жазуу түрүндө же оозеки билдирүүлөрдү жасоочу бардык мамлекеттерге, о.э. бейөкмөт уюмдарга берилет.

Азыркы эл аралык укукта бейөкмөт уюмдарынын укуктук статусу? Э. Ребасти, Л. Виеруччи[59]

Акыркы жылдарда биз бейөкмөт уюмдардын (БөУ) эл аралык деңгээлде мурда болуп көрбөгөндөй активдүүлүгүн байкоодобуз. БөУ эл аралык күн тартибин калыптандырууда, эл аралык ченемдердин жаралуусуна таасир кылууда жана эл аралык ченемдерди ишке ашырууга көмөктөшүүдө чоң роль ойнойт. Алар эл аралык системадагы негизги саамалыктарда, жаңы пайда болгон нерселерде (м., туруктуу Эл аралык кылмыш жаза сотунун түзүлүшү) кыймылдаткыч күч боло ала тургандыктарын гана эмес, эл аралык стандарттар менен программаларды аткарууда маанилүү шериктеш боло ала тургандыктарын күндөн күнгө далилдеп келе жатышат. Бул көрүнүштөгү жаңы өзгөрүүлөр БөУнун эл аралык укуктагы укуктук статусунун салттык мазмунун кайра карап чыгып, жарандык коомчулукка алардын иш-аракеттерине укуктук чектерди орнотуу зарылбы деген маселени көтөрөт. 2002-жылы Европалык институтта болгон кеңешмеден кийин (Флоренциядагы семинар), биз БөУнун иш-аракеттеринин эки жагдайына көңүлүбүздү бурабыз: өкмөттөр аралык уюм (өАУ) менен мамилелери жана эл аралык соттук тергөө иштерине катышуусу. Эл аралык уюмдар менен өз ара иш алып баруу дайыма БөУнун эл аралык деңгээлдеги аракеттеринин борбордук бөлүгүн түзүп келген. Улуттар Лигасынын мезгилинен бери кызматташтык формалары БөУ менен өАУнун кызыкчылыктарынын жакындашуусуна жооп катары иштелип чыккан. Бир жагынан, эл аралык кызматташтыктын институциялык түзүмдөрү БөУну форум менен камсыз кылуу менен алардын өкмөттүк эмес дипломатиясынын ишке ашыруу боюнча саясий

[59] Emanuele Rebasti and Luisa Vierucci* at: http://www.esil-sedi.eu/fichiers/en/VierucciRebasti 971.pdf or excerpt S. Charnovitz on NGOs.

максатта аталган уюмдардын добушун мамлекеттин чегинен сырткары угулгудай кылууга мажбурлашат. Экинчи жагынан, өАУ өз саясаты менен программаларынын ийгилигин камсыз кылуу үчүн бейөкмөт уюмдарга маалыматты таратып, коомчулуктун маалыматка ээ болушун жогорулатуу же түздөн түз таасирдин жардамы менен стратегиялык өнөктөш катары көбүрөөк карап келет. Бирок өкмөттүк эмес таасирлердин сан жагынан да, сапаттык жагынан да өсүшү интерактивдүү инструменттин учурда бар системасын кысым алдына калтырып жана жаңы талаптарды коюуда. БөУлар өзүлөрү демократиялык эмес деп сынга алган өкмөттөр аралык процесске кенен катышууну талап кылышат. Экинчи жагынан, жарандык коомчулук чоң бийлик алган учурда, андан өзүнүн легитимдүүлүгүн жана ачык-айкындыктын бир топ жогорку талаптарына туура келе тургандыгын далилдеп актоосу талап кылынат. Андан сырткары, мурдагыдан көбүрөөк катышуу деңгээли мамилелердин учурда бар үлгүлөрү бири бирин кайталоого, маалыматтар менен ресурстарды коромжу кылууга жол бербөө үчүн жакшы ыкташтырылган болушун талап кылат.

Акыйкаттык сотуна жетишүү мүмкүнчүлүгү эл аралык уюмдар менен жарандык коомчулуктун ортосундагы мамилелердин негизги компоненттеринин бири болуп эсептелет. Акыркы 15 жылда болгон эл аралык соттор менен трибуналдардын санынын өсүш себебинен бул компонент мурдагыдан да маанилүү болуп келе жатат. Жеке адамдарга жана юридикалык тараптарга укуктук статус берүүчү жеке адамдын жана инвестициялык келишимдердин айрым чектелүү укуктарын эске албаганда акыркы мезгилдерге чейин эл аралык акыйкаттык соту мамлекеттердин жеке укугу болгонуна карабастан, XX кылымдын акыркы он жылдыгы жеке адамдарга карата компетенцияга ээ эл аралык сот органдарынын түзүлгөндүгүнө күбө болот (м., Эл аралык кылмыш жаза соту, Мурунку Югославия (МЮЭТ) жана Руанда боюнча Эл аралык трибунал (РЭТ)). Эл аралык деңгээлде бейөкмөт уюмдарынын активдуу катышуусундагы сот органдарынын жайылтылышы, бул эки объекттин ортосундагы өз ара байланыштын кайра каралышын талап кылат. Бул БөУ акыйкат сотуна катышууга болгон учурдагы мүмкүнчүлүгүнө ыраазыбы, о.э. эл аралык акыйкат сотуна мындан да жемиштүү катышуу максатында «de lege ferendain» өзгөртүүлөрүн сунуш кылуу зарылчылыгын көрөр-көрбөстүктөрүн иликтөө дегенди билдирет.

4-БАП
ТЕРРИТОРИЯЛЫК КӨЗ КАРАНДЫСЫЗДЫК

Эл аралык укукта аймак концепциясы

Юрисдикция концепциясына жана аймактык юрисдикцияга кириш үү, Мартин Диксон[60]

Укуктук концепцияга жана аймактык юрисдикцияга кириш үү

Юрисдикция жана көз карандысыздык

Эл аралык укукта «юрисдикция» концепциясы көп сандагы түшүнүктөрдү кучагына алышы мүмкүн. Бул бөлүмдө биз мамлекеттин аймакка, адамдарга, самолетторго карата бийлик жүргүзүү мүнөзүн жана деңгээлин карайбыз.

6.1. Юрисдикциянын жалпы принциптери

Лотустун ишинде (1927), Эл аралык соттун туруктуу палатасы «эл аралык укук тарабынан мамлекетке коюулуучу биринчи жана башкы чектөө болуп эсептелген уруксат берүүчү ченем жок болсо», б.а., эгерде мамлекет башка бир мамлекеттин аймагында өз юрисдикциясын жүргүзүүгө ачык-айкын уруксат берилсе, «ал, тескерисинче, башка мамлекеттин аймагында өз үстөмдүгүн эч бир түрдө ишке ашыра албайт» деп билдирген. Ошентсе да, чет мамлекетте жасалган бардык иш-аракеттерге карата өз аймагында юрисдикция жүргүзүүгө мамлекетке тыюу салынат дегенди билдирбей тургандыгын сот түшүндүргөн. Эл аралык укукта мамлекеттерге карата өз аймагынын чегинен сырткары болуп жаткан окуяларга, адамдарга жана мүлктөргө мыйзамдуу юрисдикциясын жайылтууга жалпы тыюу жок. Чындыгында, бардык эл аралык талаштарда мамлекет үчүн ар бир мамлекетте бар жалпы юрисдикцияга карата эл аралык ченемдин бар экендигин далилдөө үчүн юрисдикциянын бар-жогун түшүнүү маанилүү болгон. Аймак-

[60] Эл аралык укук боюнча окуу куралынан үзүндүлөр, Мартин Диксон, 132-34, 136-37-б., 5-бас., [Oxford University Press-тин уруксаты менен кайра басылды, 2005).

тык ээликтин чегинен чыгуучу суроолор боюнча милдеттендирүүчү юрисдикциянын мыйзамдарды чыгаруу укугун өзүнө алууга карата бул жалпы жөндөмдүүлүк мамлекеттин абсолюттук суверенитетинен келип чыккан жана оң маанидеги чектөөнүн негизинде гана чектелиши мүмкүн.

Лотустун ишинен көрүнгөндөй, бизде юрисдикциянын бири-бирине атаандашып турган эки жалпы эрежеси бар. Бир жагынан, «биринчи кезекте», эрежеде бир мамлекет экинчи мамлекеттин аймагында өз юрисдикциясын жүргүзө албайт деп айтылган. Экинчи жагынан, эл аралык укук тарабынан түздөн түз тыюу салынмайынча, мамлекет өзүнүн аймагынан сырткары жерде болуп жаткан бардык нерселерге карата өз юрисдикциясын жүргүзүүгө толук эркиндиги бар деген жалпы принцип бар. Кыязы, бул эки пикир бири-бирин четке кагып тургандыгынан, мүмкүн алар негизинен туурадыр? Жооп адамдарга, мүлккө жана аймакка карата мамлекеттик юрисдикция концепциясы өзүнө бири-биринен айырмаланган эки идеяны камтыгандыгында жатат.

6.1.1 Милдеттендирүүчү юрисдикция

Өзүнүн мыйзам чегинде каалаган жобону чыгара ала турган мамлекеттин бийлиги милдеттендирүүчү юрисдикция деп аталат. Лотустун ишинин экинчи принциби ушуга карайт.

Өз улуттук мыйзамдары бардык адамдарга, мүлккө, аймакка же окуяларга кайсы жерде турганына, кайсы жерде болгонуна карабай колдонула тургандыгын ырастоо мамлекеттин укугу. Лотустун ишинен алынган мисалдан көрүнгөндөй, өзүнүн мыйзамдуу юрисдикциясын ишке ашырууда мамлекет өзүнүн компетенциясын чектөөчү конкреттүү милдеттемелерди алгандан сырткаркы учурларда ал эл аралык укук тарабынан эч бир чектелген эмес. Милдеттендирүүчү юрисдикцияга: 1) 1990-жылы Улуу Британиянын радиоберүү жөнүндө мыйзамды киргизиши (ага ылайык ички берүүлөр менен кагылыштыруучу (радио)берүүлөрдү ачык деңизден жүргүзгөндүгү үчүн Улуу Британиянын мыйзамына ылайык кылмыш жаза жоопкерчилиги каралган), ал эми 2) Джойстун DPPге каршы иши (1946J AC 347) падышалык таажыга тийешелүү ар бир адам кайсы жерде чыккынчылык кылбасын, ал чыккынчылык кылмыш болорун көрсөтүшү эки жакшы мисал болот. Чындыгында милдеттендирүүчү юрисдикция каалаган суроо боюнча чексиз бийликти өзүнө камтыйт. Бирок бул юрисдикциянын биринчи принципти чектөөчү катары практикалык таасири Лотустун ишинде берилген. Ал мажбурлоо юрисдикциясы.

6.1.2 Мажбурлоо юрисдикциясы

Эл аралык укукка ылайык, мамлекет милдеттендирүүчү юрисдикциянын жалпы ыйгарым укуктарына ээ болуп турганда, бул юрисдикция жалпы учурларда өз аймагынын чегинде гана болушу мүмкүн, атап айтканда, мамлекет жогоруда Лотустун ишиндеги мисалда көрсөтүлгөндөй, башка мамлекеттин аймагында милдеттендирүүчү юрисдикцияны ишке ашыра албайт. Демек, юрисдикцияны иш жүзүндө анык жүргүзүү – полициянын, улуттук соттордун иштери ж.б. – эгерде милдеттендирүүчү юрисдикцияны башка жерде жүргүзүүгө негиз боло турган макулдашуу болбосо, юрисдикцияны ырастоочу мамлекеттин аймагы менен чектелет. Ошондуктан мамлекет өз юрисдикциясын жайылткан адам өлкөнүн аймагына киргенде, мамлекет Джойстун DPP-ге каршы ишиндегидей, өз ыйгарым укуктарын аткарууга кирише алат.

Атайын уруксатсыз мамлекет өз аймагынын чегинен сырткары жерде өзүнүн мыйзамдуу юрисдикциясын коргой албайт. Мындай атайын уруксатка 1999-жылдагы Улуу Британия / Нидерланды макулдашуусу айкын мисал болот. Ал макулдашуу Шотландиянын мыйзамдарына ылайык Голландиянын аймагында шотландиялык сот Локберини соттошуна мүмкүнчүлүк берген.

Чындыгында Лотустун ишинде аныкталган бул эки принцип бири-бирине каршы келбейт. Алар юрисдикциянын эки башка түрүнө тиешелүү. Эл аралык укукка ылайык, мамлекет өзүнүн улуттук мыйзамдарынын негизинде иш-жүзүндө чексиз болуп эсептелген юрисдикцияны орното алат. Бирок каалаган юрисдикцияны аткаруу анын аймагы менен чектелгендиктен, атайын уруксатсыз кандай түрдө болбосун башка мамлекеттин аймагында аткарылбашы керек. Биз көрүп тургандай, юрисдикциянын аймактык чектелиши эл аралык укуктун эң маанилүү принциптеринин бири болуп эсептелет.

6.1.3 Аймактык юрисдикциянын абсолюттук мүнөзү

Үчүнчүдөн, Лотустун биринчи принциптеринин натыйжасы катары эл аралык укуктун негизги ченемдеринин бири болуп мамлекеттин өз аймагынын чегиндеги юрисдикциясы толук жана абсолюттук экендиги эсептелет. Мамлекет өз аймагында турган бардык адамдарга, мүлккө жана болуп жаткан окуяларга карата ыйгарым укуктарга жана бийликке ээ. Суверендүүлүктүн бул негизги белгиси эл аралык юридикалык тарап катары мамлекеттин өзүнүн болушунан келип чыгат. Андан сырткары, башка бир дагы бийлик, анын ичинде Бириккен Улуттар Уюму (Устав, 2 (7)-берене), мамлекетитн аймагында мажбурлоочу

юрисдикцияны жүргүзө албайт жана ички юрисдикциянын алкагында пайда болуучу суроолор, өзгөчө жагдайлардан (м., адам укугу сыяктуу) сырткаркы учурларда, эл аралык доомат коюуларга негиз боло албайт. Дал ушул себептен, мисалы, башка мамлекеттердин полиция кызматкерлери Улуу Британияда ыйгарым укуктарга ээ эмес жана ал жерде Улуу Британиянын тийиштүү органдарынын макулдугу менен гана иштей алышат. Ошентсе да, аймактык юрисдикциянын толук жана абсолюттук мүнөзү же эл аралык укуктун жалпы принциптери аркылуу, же аймактык бийлик ээси өз эркин менен алган конкреттүү милдеттемелер аркылуу өзгөртүлүшү мүмкүн экендиги түшүнүктүү. Мисалы, эл аралык укуктун алкагында мамлекет өзүнүн аймактык юрисдикциясын башка мамлекеттердин дипломаттарына жана коомдук сотторуна карата колдонбоосу керек (м., биржанын шхунасы McFaddon-го каршы (1812, 7 Cranch 116). Алардын юрисдикциядан кол тийбестиги бар. Андан сырткары, мамлекет өзүнүн аймагынын чегинде башка мамлекет юрисдикциянын айрым түрлөрүн жүргүзүшүнө мүмкүнчүлүк берүүчү келишимге кол коё алат (м., 1999-жылдагы Келишим – Улуу Британия / Нидерланды) же юрисдикциялык грант Британиянын Кипрдеги аскер базасынын жана Кубадагы америкалык базаныкы сыяктуу суверенитеттин аспекти болушу мүмкүн.

Юрисдикциянын негизги принциптерине жыйынтык чыгарып жатып, төмөнкүлөрдү белгилесе болот: биринчиден, мамлекет өз аймагынын ичинде жана андан сырткары пайда болуп жаткан маселелерди жөнгө салуу максатында эл аралык укуктун алкагында өзүнүн улуттук мыйзамдарын, ал юрисдикциянын объекти кайсы мамлекетке карабасын, колдонууга укуктуу: бул милдеттендирүүчү юрисдикция болуп эсептелет. Экинчиден, бул мыйзамдык юрисдикция иш жүзүндө башка мамлекеттин бийлиги астында турган жерде милдеттендирүүчү юрисдикцияны жүргүзүүгө жол берүүчү атайын уруксат жок болсо, мамлекеттин аймагында гана аткарылышы мүмкүндүгү менен чектелген. үчүнчүдөн, мамлекет өз жеринде пайда болуучу маселелерге карата өз аймагынын чегинде абсолюттук жеке ыйгарым укуктарга ээ. Бул бийлик жалпы же атайын ченемдер болобу, эл аралык укуктун жогорку бийлиги менен гана чектелиши мүмкүн. Эч бир башка мамлекет же эл аралык юридикалык тарап аймактык өз алдынчалуулуктун «ички компетенциясына» кийлигише албайт.

6.2.1 Аймактык юрисдикция

Бул принцип жогоруда айтылгандар менен тыгыз байланышта жана мамлекет өз аймагында пайда болуучу бардык маселелерге кара-

та юрисдикцияга ээ дегенди билдирет. Дал ушундай, жана кызыккан тараптар жарандарбы, достук же кас мамиледеги чет элдик тараптар болобу баары бир, жана, мисалы, бул Локербинин ишинде Шотландиянын юрисдикциясын ырастоого баштапкы негиз болгон. Бул ченем эл аралык практика менен дал келүүсүндө күмөн жок, мамлекеттер ишке ашырып жаткан кылмыш жаза жана жарандык юрисдикциялардын көпчүлүк бөлүгү ушул принципке негизделет. Ченемдик акт мамлекеттин аймагында качан күчүнө кире баштары боюнча айрым күмөн саноолор калат, бирок алар аймактык юрисдикцияга карата «объективдүү» жана «субъективдүү» көз караштардын өнүгүүсүнүн аркасында бир топ жоюлат.

(а) Объективдүү аймактуулук. Мамлекет өз аймагында жасалган кылмыштарга карата, кылмыш жаза укугун (же жарандык укук) бузунун айрым элементтери чет мамлекетте болгонуна карабастан, өз юрисдикциясын колдоно алат. Мисалы Лотустун ишинде, француз кемеси Лотус менен түрк кемесининин кагылышынын натыйжасында акыркы кемедеги 8 адамдын өлүмүнө алып келген. Офицер француз болгондуктан, Түркиянын юрисдикциясынын колдонулушуна Франция каршы болгон. Ошентсе да, түрк кемеси Түркиянын аймагына теңделиши керектигин белгилеп, Сот Түркия өз юрисдикциясын жүргүзө алат деп чечкен, себеби кокустан адам өлтүрүү кылмышынын составдык элементтеринин бири же адам өлүмү түрк аймагында болгон.

б) Субъективдүү территориялуулук. Бул азыр эле талкууланган принциптин жөн гана карама-каршысы. Ошентип, кылмыштын тиги же бул элементи же аягы башка мамлекеттин территориясында болсо да, баары бир мамлекет өзүнүн аймагында башталган бардык кылмыштар менен маселелерге карата юрисдикциялык күчкө ээ.

Бириккен Падышачылыкта юрисдикциянын аймактуулугу «Cristitta» Compania Naviera Vascortgado V Пароход [1938] AC 485 ишинде каралгандай, фундаменталдуу мааниге ээ деп каралат. Ал иште сот аймактын чегинде соттун жетишкендигинин абсолюттуулугун баса көрсөткөн.

Ошентип, тергөө жолу менен, Р-нын Белмарш түрмөсүнүн губернаторуна каршы, бир тараптуу ишинде, Мартин (1995] 2 All ER 548), апелляциялык сот парламенттин мыйзамын операциялык жактан аймактан сырткаркы, б.а. аймактан сырткары болуп жаткан аракеттерге карата таасир көрсөтө алуучу деп чечмеленишинде тактык жок экендигин таануудан баш тарткан, себеби бул Улуу Британиянын

юрисдикциясынын кол жеткистиги жөнүндө кадимки презумпциясына каршы келет. Андан сырткары, бир жолу Улуу Британия кылмыш окуясы аталган өлкөнүн аймагында болбосо, анда кылмыш мамлекеттик аймактын чегинде болбойт (демек, юрисдикциянын ишке ашырылышна жол бербейт) деген жалпы укуктун суроосунда жалпы пикирди карманган: эл аралык укук ушундай гана көз карашка жол бере тургандыгына карабастан, субъективдүү аймактуулукка каршы презумпция ыктыярдуу болгон. Андан да маанилүүсү, Улуу Британия кылмышты түзгөн окуя аталган өлкөнүн аймагында болгон эмес болсо, анда кылмыш мамлекеттик аймактын чегинде болбойт (демек, юрисдикциянын ишке ашырылышына жол бербейт) деген жалпы укуктук суроо боюнчадароо эле жалпы пикирди карманган: эл аралык укук ушундай гана көз карашка жол бере тургандыгына карабастан, субъективдүү территориялуулукка каршы ыктыярдуу презумпция болгон.

Эл аралык кылмыштар аз жасалган мезгилде бул олуттуу чектөө болбогондугу белгилүү.

Ошентсе да, «ааламдашкан кыштакта (дуйнодо)» кылмышты жасоодогу алдын ала кадамдар Улуу Британиянын аймагынын чегинде жасалса да, ал кылмыш өзү чет мамлекетте болгон себебинен адам аталган мамлекеттин юрисдикциясынан кутулуп кетиши мүмкүндүгүн актоо мурдагыдан кыйын болуп калды. Ошентип, комиссия бул суроону карап чыккан жана анын өзгөртүлгөн сунуштары 1993-жылдагы Кылмыш жаза соту жөнүндө кабыл алынган мыйзамда чагылдырылган, 1-3-б. Ошол эле учурда аймактын чегинен сырткары болуучу иш-аракеттер үчүн юрисдикция жок дегенди билдирүүчү жалпы модификациялык принцип жок деген мааниде кылмыш иштери боюнча аймактуулук принциби сакталат. Бирок негизги элементи Улуу Британиянын аймагында жасалган айрым кылмыштарга карата өз юрисдикцияларын колдонууга Англия менен Уэльске уруксат берилген. Мында аталган кылмыштын анын акыркы элементи Улуу Британиянын аймагында жасалган-жасалбаганы баары бир. Бул субъективдүү аймактуулук көз карашы жана ал эл аралык укукка толук ылайык келет жана башка мамлекеттерге да даяр үлгү болуп эсептелет. Дагы белгилей кетүүчү нерсе, Улуу Британия мурдагыдай эле аймактан сырткаркы юрисдикцияны, Парламенттин мыйзамында атайын каралган жерлерде (м., жарандык авиацияга карата (оңдоо), 1996) же, эгерде юрисдикциянын эл аралык башка принциптерине (төмөндө каралат) ылайык өзүн актай турган болсо, жүргүзө алат.

6.2.2 Улуттун юрисдикциясы

Эл аралык укук мамлекетке өз жарандарына карата кайсы жерде жүрүшпөсүн, кылмыш же жарандык укук бузуу качан болбосун, өз юрисдикциясын жүргүзүүгө жол бере тургандыгы (бирок талап кылбай тургандыгы) түшүнүктүү. Жаран бардык убакта дипломатиялык коргоо кызматын пайдалануу укуктуу жана анын натыйжасы катары, мындай коргоонун жарандык жана кылмыш жаза юрисдикциясы алдында турат. Жеке адам өз мамлекетинин аймагында жашаганда ага карата эч кандай укуктук иштер аткарылбайт, анткени соттук иш окуя болгон мамлекеттин мыйзамдарынын негизинде жүргүзүлгөн. Бирок улуттук белгиси боюнча (кайсы мамлекеттин жараны экендигине жараша) юрисдикция жүргүзүүгө карата таанылган мыйзамдуу укук бар жана ал азыр олуттуу мүнөздөгү кылмышка карата (м., киши өлтүрүү, жыныстык негиздеги айрым кылмыштар) Улуу Британияда ишке ашырылууда. Ошентип, Эрл Расселдин ишинде, 1901 AC 446, күнөөлөнүүчү, Улуу Британиянын жараны, экинчи никеге Бириккен Падышачылыктын аймагынан сырткары жерде турганына карабастан, эки аял алгандыгы үчүн күнөөлүү деп кесилген. Бул иш да Бириккен Падышачылыктын иш-аракетиндеги субъективдүү аймактуулук принцибинин (сейрек) мисалы.

Лотустун иши (Франция Түркияга каршы), 1927[61]

***

1926-жылдын 12-октябрында Женевада Франция менен Түркия Республикасынын өкмөттөрүнүн ортосунда кол коюлган атайын макулдашуу боюнча, ... [тараптар] Эл аралык акыйкаттык сотунун туруктуу палатасына алардын ортосунда пайда болгон юрисдикциялык маселе менен кайрылышкан. Ал маселе 1926-жылдын августунда Боз-Коурт жана Лотус кемелеринин кагылышуусунун себебинен келип чыккан.

Атайын макулдашууга ылайык сот төмөнкү суроолорду чечиши керек:

«(1) 1926-жылдын августунда ачык деңиз үстүндө француз кемеси Лотус менен түрк кемеси Боз-Коурт кагылышып, анын натыйжасында түрк кемесиндеги 8 моряк менен жүргүнчүлөрдөн 8 адам өлүп, жана француз кемеси Константинопольго келгенден кийин, түрк кемесинин капитанына карата, кагылышуу учурунда Лотустун бортунда бол-

[61] The Case of the S.S. "Lotus" (France v Turkey), Permanent Court of International Justice (P.C.I.J.), Series A No. 70, 7 September 1927.

гон офицер Деймонго карата Түркия мыйзамына ылайык сот ишин жүргүзүүдө Түркия 1923-жылдын 24-июлундагы Лозанна Конвенциясынын жашап туруу жана ишкердик шарттарын сактоо жөнүндөгү 15-беренесин бузуп, эл аралык укук принциптерине каршы иш-аракет кылганбы, эгер кылган болсо, ал кандай мүнөздө болгон?

[....]

1926-жылдын 2-августунда түн ортосуна жакын Константинопольго бара жаткан француз пароходу Лотус менен Түркиянын көмүр ташуучу Боз-Курт кемеси Сигири (Митилину) булуңунан түндүктү карай 5-6 деңиз мили аралыгында кагылышкан. Экиге бөлүнүп кеткен Боз-Курт сууга чөгүп жана кеменин бортундагы 8 түрк жараны каза болгон. Кеме кыйроосуна туш болгондорго жардам көрсөтүүгө бардык аракеттер жасалып, 10 адам куткарылгандан кийин, Лотус Константинопольго карай өз жолун уланткан жана ал жерге 3-августта келген.

Кагылышуу учурунда Лотустун бортундагы вахталык офицер Деймон мырза болгон. Ал Франциянын жараны, соода кызматынын лейтенанты жана кеменин биринчи офицери, ал эми Боз-Курттун кыймылын анын капитаны, кыйроодон кийин суудан куткарылып алынган Хасан Бей башкарган.

[....]

5-августта, Түркия бийлиги лейтенант Деймондон көрсөтмө берүү үчүн жээкке чыгууну сураныпкан. Текшерүү, ... лейтенант Деймонду Франциянын башкы консулу жана башкалар менен катар Хасан Бейге алдын ала билдирүүсүз камакка алууга алып келген. Түрк агентинин сөзү боюнча сотко чейинки камакка алуу (профилактикалык кармоо) деп эсептелген бул камоо кокустан өлтүрүп алуу кылмыш боюнча күнөөлөнгөн эки офицерге каршы кылмыш жаза куугунтугунун ишке ашырылышын камсыз кылуу максатында жасалган. Аталган сот иши кагылышуда курман болгондордун үй-бүлөлөрүнүн арызы менен Стамбулдун прокурору тарабынан козголгон.

Иш биринчи жолу 28-августта кылмыш жаза иштери боюнча Стамбулдун соту тарабынан угулган. Аталган окуя боюнча лейтенант Деймон түрк кемелеринин юрисдикциясы жок болчу деп ырастаган; бирок Сот анын каршы пикирин четке каккан ...

Сот 15-сентябрда, кылмыш жаза иштери боюнча тараптар сотко билдирбеген шартта чечим кабыл алган. Ошентсе да, жалпы негиз боюнча лейтенант Деймон сексен күндүк камака жана 22 фунт айып төлөө жазасына тартылган, Хасан Бей андан бир аз катуу жаза алган.

[....]

Лейтенант Деймонго карата Түркиянын сот бийлигиндегилердин иш-аракеттери дароо эле француз өкмөтүнүн жана анын Түркиядагы өкүлдөрүнүн узакка созулган дипломатиялык сүйлөшүүлөрдү жана башка кадамдарын жаратты. Дипломатиялык иш-аракеттер лейтенант Деймондун камакка алынышына каршы пикир билдирүү, аны бошотууну талап кылуу жана ишти түрк сотунан француз сотуна өткөрүп берүү максатында болду.

Бул сүйлөшүүлөрдүн натыйжасында Түркия Республикасынын өкмөтү 1926-жылдын 2-сентябрында «чыр-чатактын Гаага сотунун юрисдикциясы алдында чечилишине каршы эместигин» билдирген.

Укук

1. 1926-жылдын 2-августунда француз желегин астында жүргөн Лотус кемеси менен Түркия желеги астындагы келе жаткан Боз-Курт кемесинин кагылышуусу ачык деңизде болгон: демек француз же түрк мамлекеттеринен башка мамлекеттин аймактык юрисдикциясы эсепке алынбашы керек.

2. Эгерде эл аралык укук принциптерин бузуулар болсо, лейтенант Деймонго карата кылмыш ишин кабыл алууда болушу мүмкүн эле. Ошондуктан бул аталган териштирүүдөгү сотко берүү, камоо, камакта кармоо же Стамбулдун кылмыш жаза иштери боюнча соту чыгарган чечими сыяктуу кайсы бир конкреттүү кадамга гана эмес, түрк кемелеринин кылмыш жаза юрисдикциясын жүргүзгөн фактыга тиешелүү суроо болуп эсептелбейт. Ошол себептен териштирүүнүн эки баскычында тең тараптар койгон аргументтер Түркия эл аралык укук принциптерине, сот куугунтугу боюнча юрисдикцияга ылайык иш-аракет кылгандыгы жөнүндө суроого гана тиешелүү...

3. Кылмыш иши козголгонунун себеби Боз-Курттун жоготуулары түркиялык 8 моряк менен жүргүнчүнүн өлүмү да кирет. Бул кокустан киши өлтүрүп алуу кылмышы үчүн сот куугунтугу болгон.

...бул жерде ал адамдардын өлүмү кагылышуунун түздөн түз натыйжасы деп караларына эч күмөн жок, жана француз өкмөтү себеп менен натыйжанын ортосунда байланыш жок деп ырастаган эмес.

[....]

II

Эми Сот лейтенант Деймондун сот куугунтугуна алынышы эл аралык укуктун кайсы принциптерине каршы келерин аныкташы ке-

рек. Бул кол койгон тараптарды өз юрисдикцияларын делимитациялоодо эл аралык укук принциптерине кайрылтуучу 1923-жылдын 24-июлундагы Лозанна Конвенциясынын жашап туруу жана ишкердик шарттарын сактоо жөнүндөгү 15-беренеси. Бул жобо мындайча: «16 жана 11-беренелердин жоболорун сактаган учурда Түркия менен келишим түзгөн башка мамлекеттердин ортосундагы юрисдикция маселелери эл аралык укук принциптерине ылайык чечилет».

Эми сот «эл аралык укук принциптери» деген сөздөр адаттагыдай эле коомчулукка кирген мамлекеттердин бардык улуттарына карата колдонулган учурда гана эл аралык укук дегенди билдирет.

III

Эл аралык укук көз карандысыз мамлекеттердин ортосундагы мамилелерди жөнгө салат. Укук ченемдери мамлекеттер үчүн милдеттүү болуп эсептелет, себеби ал ченемдер мамлекеттердин конвенцияларында же жалпы кабыл алынган салттарында билдирилген өз эрктеринен келип чыккан, укук принциптерин билдирүү иретинде жана катар жашаган бул көз карандысыз коомчулуктардын ортосундагы мамилелерди жөнгө салуу максатында, же жалпы максаттарга жетишүүнү көздөп түзүлгөн. Ошондуктан бул мамлекеттердин көз карандысыздыгын чектөө катары каралышы мүмкүн эмес.

Азыр эл аралык укук тарабынан мамлекетке койгон биринчи жана башкы чектөө - уруксат кылуучу ченем жок болсо, мамлекет өз бийлигин эч бир түрдө башка мамлекеттин аймагында жүргүзө албайт. Бул жагынан алганда юрисдикция шексиз түрдө аймактык болуп эсептелет, аны мамлекет эл аралык салттан же конвенциядан келип чыгуучу уруксат берүү ченеми жок өз аймагынын чегинен сырткары жүргүзө албайт. Бирок бул эл аралык укук мамлекет чет мамлекетте болгон жана кайсы бир уруксат берүүчү ченемди колдоно албаган мыйзам бузууга карата өз аймагында туруп юрисдикция жүргүзүүгө тыюу салат дегенди билдирбейт.

Эл аралык укук тарабынан мамлекеттерге берилген мындай көз караш өз аймагынан сырткаркы адамдарга, мүлккө жана ченемдерге өз мыйзамдарын жайылтуусу максатындагы жалпы тыюуну камтып, эгер бул жалпы тыюуга баш ийбеген мамлекеттерге аталган аракетти конкреттүү учурларда жасоого мүмкүнчүлүк берсе гана логикалуу болмок. Бирок учурда бул жобо, албетте, эл аралык укуктун азыркы түрүндө жок. Мамлекеттер өз мыйзамдары менен сотторунун юрис-

дикциясын өз аймактарынан сырткаркы адамдар менен мүлккө жайылта албайт деген бир жактуу талап кылынбаган тыюу аларга ... айрым учурларда гана тыюу салуучу эрежелер менен чектелүүчү чаралардын кенен түрүн өз каалоосу менен колдоо мүмкүнчүлүгүн берет; башка учурлар жөнүндө айтсак, ар бир мамлекет өзү баарынан жакшы жана эң ылайыктуу деп караган принциптерди кабыл алуу эркиндигине ээ. Мамлекеттерге эл аралык укук тарабынан берилген бул тандоо эркиндиги алар башка мамлекеттердин каршылыгы же дооматысыз кабыл ала алган көп түрдүү эрежелердин болушун түшүндүрөт; акыркы бир нече жылдар бою жасалган аракеттерден Европада да, Америкада да пайда болгон мындай көп түрдүүлүктөн келип чыккан кыйынчылыктарды четтетүү, бул жагынан эл аралык укуктун мамлекеттерге берген эркиндигин так чектөө менен юрисдикциядагы кемчиликтерди жакшыртып, ар түрдүү мамлекеттер кабыл алган принциптердин ар түрдүүлүгүнөн түзүлгөн юрисдикциялардын карама-каршылыктарын жоё турган конвенцияларды даярдоо, жоопкерчиликтүү иш.

Мындай шартта мамлекеттен талап кылууга боло турган нерсе, ал эл аралык укук анын юрисдикциясына койгон чектен ашпашы керек, ошол чектерде мамлекеттин өз юрисдикциясын жүргүзүү укугу анын үстөмүгү алдында болот ...

IV

Сот Лозанна Ковенциясынын 15-беренеси колдонула турган эл аралык укукта лейтенант Деймонду сот куугунтугуна алууга Түркияга тыюу сала турган ченем камтылгандыгын ырастоого киришет. Бул максатта ал биринчи кезекте Франция өкмөтү койгон аргументтердин маанисин талдап, бирок маселенин учурдагы чек коюу ченеми аталган окуяда колдонулушун көрсөтүшү мүмкүн болгон башка аспекттерин да көңүлгө алууну унутпашы керек.

Франция өкмөтү койгон жогоруда каралгандардан сырткары башка аргументтери чындыгында төмөнкү үч аргументтен турат:

(1) Эл аралык укук чет элдик жарандар чет мамлекеттерде жасаган кылмыштар жөнүндө иштерди териштирүүгө кылмыштын курманы болгон адамдын жарандык себебинен гана териштирүүгө мамлекеттерге уруксат бербейт, жана каралып жаткан иште жагдай дал ушундай, себеби кылмыш француз кемесинин бортунда болгон деп каралышы керек.

[....]

Биринчи аргумент боюнча айтсак, ... кагылышуу ачык деңиз үстүндө ар башка желек алдында келе жаткан эки кеменин ортосун-

да болуп, алардын биринде божомолдоо боюнча мыйзам бузууга күнөөлүү, экинчисинде курман болгондор келе жаткан. Ушуга таянуу менен Сот кылмыштын курманы болгон адамдын жарандык себебинен гана чет мамлекетте чет элдик жаран тарабынан жасалган кылмышты мамлекет териштире албайт деген суроону кароо зарыл деп эсептебейт. Бул ырастоо курман болгондун жарандыгы мамлекеттин кылмыш жаза юридикциясы таяна турган жалгыз критерий болгон учурларга гана тиешелүү. Бул аргумент негизинен туура болгондо да, бул, эгерде эл аралык укук Түркияга кылмыштын кесепеттери түрк кемесинде, демек, түрк аймагына тендештирилген жерге тийгендигин – ал эми түрк аймагында чет элдик жаран жасаган кылмышка карата Туркиянын кылмыш жаза укугунун колдонулушун четке кагуу мүмкүн эмес – көңүлгө алууга тыюу салса гана пайдаланылышы мүмкүн.

Бирок эл аралык укуктун мындай ченеми жок. Сот мамлекеттер бири-биринин алдында кылмышкер кылмыш жасоо учурунда турган жерге карата гана өзүн күнөөлүү экендигин моюнга алат деп тыянак чыгара ала турган бир да аргумент мааниге ээ эмес.

Тескерисинче, көпчүлүк өлкөлөрдүн соттору, ал турсун, кылмыш жаза мыйзамдары аймактык гана мүнөзгө ээ өлкөлөрдүн да соттору, кылмыш жаза укугун, эгерде кылмышкер кылмыш ишин башка мамлекеттин аймагында жасап, бирок ал иштин бир элементи жана айрыкча анын натыйжасы кылмышкердин өз өлкөсүнүн аймагында болгон болсо, анда бул кылмышты кылмышкер өз мамлекетинин аймагында жасады деп каралышы керек деп чечмелешет. Француз соттору ар түрдүү кырдаалдарга карата чечимдерди эске алуу менен аймактык принципти чечмелөөнүн ушул жолун кабыл алышкан. Дагы эле, айрым өлкөлөрдүн кылмыш жаза жөнүндө мыйзамдарында бул боюнча эрежелердин болушуна же өлкөлөрдүн соттору өзүлөрүнүн кылмыш жаза мыйзамдарын ушул мааниде чечмелөөсүнө өкмөттөрдүн каршы болгон иштери соттун эсинде жок. Демек, эгерде кылмыштын кесептеттери түрк кемесине тийгендиги таанылган болсо, анда Түркияга лейтенант Деймонду жазалоого кылмыш француз кемесинде болгондугу үчүн гана тыюу салуучу эл аралык жогорку укук бар деп ырастоо мүмкүн болбой калат. Себеби, жогоруда белгиленгендей, кылмыш ишин козгоого негиз болгон түрк мыйзамын колдонуу маселесине атайын макулдашуунун тиешеси жок, бирок мыйзамдын колдонулушун эл аралык укуктун принциптерине каршы келүүчү катары кароо жөнүндө суроого тиешелүү болгондуктан, аталган учурда сот куугунтугу аймактык деп аталуучу принцип жагынан акталбай тургандыгы жөнүндө чечим чыгарууда Сотко чек коё албайт.

[....]

Лейтенант Деймон күнөөлөнгөн кылмыш шалаакылык же этиятсыздык аракети деп квалификацияланган. Ал аракет Лотус кемесинин бортунда болуп, анын кесепеттери Боз-Курт кемесине тийген. Бул эки элемент, мыйзам боюнча, бири-биринен эч айыргыс. Болгондо да алардын байланышы ушунчалык тыгыз болгондуктан, аларды бири-биринен ажыратуу кылмыштын жоктугун көрсөтөт. Мамлекеттердин өз кемелеринде болгон окуяларга карата жеке юрисдикциясы да, ар бир мамлекеттин юрисдикциясына бул окуялар боюнча коюлган чектөөлөр да акыйкаттык талаптарына жана эки мамлекеттин кызыкчылыктарын натыйжалуу коргоого ылайык эсепке алынбайт. Ар бир мамлекеттин өз юрисдикциясын жүргүзүүгө жана аны бүтүндөй окуяга карата жүргүзүүгө мүмкүнчүлүгү болушу керектиги толук табигый көрүнүш. Ошондуктан бул катар параллелдүү юрисдикция болуп эсептелет.

Ушул себептерден [...] сот [...] Түркия эл аралык укук принциптерине каршы иш-аракет кылган эмес [деп табат] [...].

Никарагуада жана ага каршы аскердик жана жарым аскердик иш-аракет (Никарагуа Кошмо Штаттарга каршы), 1986[62]

***

251. Сот эми мамлекеттин көз карандысыздыгын сыйлоо принцибин эске салуусу керек. Ал принцип албетте күч колдонуугa тыюу салуу жана кийлигишпөөчүлүк принциптери менен тыгыз байланышкан. Эл аралык салттык укуктагы Мамлекеттик көз карандысыздыктын негизги укуктук концепциялары inter alia түрүндө БУУнун Уставынын 2-беренсинин 1-пунктунда берилген жана алар ар бир мамлекеттин ички суулары менен аймактык деңиздерине, о.э. өз аймагынын үстүндөгү аба мейкиндигине жайылтылат. Аба мейкиндиги боюнча 1944-жылдагы жарандык авиация жөнүндө Чикаго конвенциясы (1-беренеси) мамлекеттин өз аймагынын үстүндөгү аба мейкиндигине карата толук жана жеке үстөмдүк кылуу принцибин кайра кайталайт. Бул Конвенция аймактык деңиз жөнүндө1958-жылдагы Женева конвенциясы менен айкашта, 1982-жылдын 10-декабрында кабыл алынган деңиз укугу боюнча БУУнун Конвенциясы сыяк-

[62] Military and Paramilitary Activities in and against Nicaragua (Nicaragua v. United States of America), Merits, Judgment, I.C.J. Reports 1986, p. 14.

туу деңиз жээгинде жайгашкан мамлекеттин үстөмдүгү аймактык деңизге жана анын үстүндөгү аба мейкиндигине жайылтылат деп андан ары тактайт. Келишимдин мындай буйрутмасы жөн гана эл аралык салттык укуктун бекитилген жана бекем орун алган принциптерине жооп бере тургандыгынан, сот күмөн санабайт.

258. Ар бир мамлекеттин башкалардын аймактык көз карандысыздыгын сыйлоо милдетин Никарагуанын деңиз жээгин бойлото мина коюуга байланышкан факттарды баалоодо кароо зарыл. Бул мина коюу иш-аракеттерин баалоого негиз болуучу укуктук ченемдер мындай иш-аракеттер кайсы жерде болгонуна жараша болот. Башка мамлекеттин портторунда мина коюусун ички сууларга ээлик кылуучу мамлекеттин ошол суулар боюнча укуктары жөнгө салат. Мындай көз караш аймактык деңизге коюлган минага карата көз караш менен бирдей. Дал ошондуктан деңиз жээгинде жайгашкан мамлекеттин суверенитетинин мындай учурларда таасир кылуучу концепциясы бар. Андан тышкары, өз суверенитетинин аркасында деңиз жээгиндеги мамлекет өз портторуна кирүүлөрдү жөнгө сала алат.

251. Аймактык көз карандысыздыкты сыйлоо принцибин сактоонун натыйжалары сөзсүз түрдө албетте күч колдонууга тыюу салуу жана кийлигишпөөчүлүк принциптери менен туш келишет. Ошентип contras (козголоңчуларга) жардам, о.э. Никарагуанын портторуна, нефть объекттерине ж.б. 81-86-пункттарында көрсөтүлгөн түздөн түз кол салуулар жөн гана мыйзамсыз күч колдонуу болбостон, Никарагуанын аймактык көз карандысыздыгын бузуу жана анын аймактык жана ички сууларына басып кирүү болуп эсептелет. Андан сырткары, Никарагуанын портторунда пайдалуу кенди өндүрүп алуу күч колдонбоо принцибин гана бузбастан, Никарагуанын айрым деңиз мейкиндиктерине болгон ээлигине да таасир кылат. Сот, чындыгында, бул операциялар Никарагуанын аймактык жана ички сууларында же эки жакта тең болгондугун (пункт 80) жана, алар Никарагуанын суверенитетин бузгандык болуп эсептелерин тапкан.

Аймактык көз карандысыздыкты сыйлоо принциби башка мамлекетке тиешелүү же башка мамлекеттин көзөмөлүндөгү аба унаасында мамлекеттин аймагынан мыйзамсыз учуп өтүүнүн натыйжасында түздөн түз бузулган. Мындай учуулар чынында болгондугун Сот аныктаган (пункт 91).

Бул мыйзам бузууларды коллективдүү өзүн коргоо менен да – бул үчүн сот тапкандай, зарыл жагдайлар болгон эмес, АКШнын бир дагы Никарагуа Сальвадордун ишине кийлигишкенде күч колдонууга

байланышкан жооп иретиндеги чараларды көрүүгө укугу да актай албайт, себеби колдонулуучу эл аралык укук ченемдерине ылайык мындай укук жок. Аларды Сальвадордо Никарагуа өкмөтү жасады делген иш-аракеттер да акташы мүмкүн эмес. Эгерде андай иш-аракеттер чынында болсо да, АКШнын жасаган иш-аракеттерин актоочу эч кандай укуктарды пайда кылбайт. Демек, мындай аракеттер эл аралык кадимки укуктун алкагында Никарагуанын көз карандысыздыгын бузуу болуп эсептелет.

258. Мамлекеттин ички саясаты, эгер, албетте, эл аралык укук боюнча кайсы бир милдеттемелерди бузбай турган болсо, мамлекеттин жеке компетенциясына кирет. Ар бир мамлекеттин өзүнүн саясий, экономикалык жана социалдык системаларын тандоого жана ишке ашырууга карата фундаменталдуу укугу бар. Демек, эреже катары, Никарагуа кайсы мааниде жана кайсы багытта өз укугун пайдаланган-дыгын аныктоо үчүн юрисдикциядан сырткаркы иште эч бир сурак жасоонун зарылчылыгы жок.

259. Ошентсе да, милдеттемелерди ырастоо мамлекеттин өз аймагында эркин шайлоо өткөрүү сыяктуу ички саясат жөнүндө маселеге ылайык макулдашуу боюнча өзүнө чек коюусу мүмкүндүгү жөнүндө суроону көтөрөт. Сот эл аралык макулдашуу үчүн ачык суроолордун ичинен мындай түрдөгү милдеттемелерди мамлекеттин алуусуна эч кандай тоскоолдуктарды таба албайт. өзүнүн ички тартибинин алкагында калкка сурамжылоо принциптери жана ыкмалары боюнча чечим кабыл алууга укуктуу мамлекет бул тармакта өз үстөмдүгүнүн чегин белгилөөдө, көз карандысыз болуп эсептелет. Бул мамлекет үчүн мамлекеттердин конфедерациясы, же ал турсун эл аралык уюмдар менен институциялык катнаш менен байланышкан мамлекет үчүн кадимки туура жагдай. Никарагуа да, АКШ да Америка мамлекеттеринин уюумуна мүчө болуп эсептелет. Ошентсе да, бул уюмдун Уставындай түрдөгү суверенитетти макулдашылган чектөө багытында 3 (d)-берененин жобосунда көрсөтүлгөндөн ары барбайт. Анда мындай деп айтылган:

«Америка мамлекеттеринин тилектештиги жана алар умтулган жогорку максаттар бул мамлекеттердин саясий уюмун өкүлчүлүк демократиясынын натыйжалуу ишке ашырылышынын негизинде өнүктүрүүнү талап кылат».

Экинчи жагынан, аны ар бир мамлекеттин «өзүн каалагандай уюштурууга» (12-берене), о.э. «өзүнүн маданий, саясий, экономикалык турмушун эркин жана табигый жол менен өнүктүрүүгө» болгон

укугу (16-берене) каралган.

263. АКШ Конгресссинин көз карашы о.э. Никарагуанын өкмөтү «тоталитардык коммунисттик диктатураны орнотуу багытында олуттуу кадамдарды» жасады деген пикирди билдирет. Бирок мамлекеттин кайсы бир конкреттүү доктринага кошулуусу эл аралык салттык укукту бузуу болуп эсептелбейт; антпесе эл аралык укукка негиз болгон мамлекеттик көз карандысыздык боюнча башкы принциптин, тагыраак айтканда, Мамлекеттин саясий, социалдык, экономикалык жана маданий системаны өзү тандоо принцибинин эч мааниси болмок эмес. Ошентип, Никарагуанын ички саясаты, эгерде Конгресс берген сүрөттөмөгө туура келет деп болжогондо да, жоопкердин иш-аракеттерин укуктук жактан актай албайт. Сот бир мамлекет тиги же бул идеологияны же саясий системанын тандап алгандыгы үчүн башка мамлекеттин кийлигишүү укугуна жол бере турган жаңы эреженин калыптануу маселесин карай албайт.

269. [...] Эл аралык укукта келишимдин негизинде же башка бир жол менен мамлекет тарабынан кабыл алынышы мүмкүн болгон, көз карандысыз мамлекеттин куралдануу деңгээлин чектөөгө алып келе ала турган эрежелерден сырткары эч бир башка эреже жок, жана бул принцип бардык мамлекеттерге карата (бир да мамлекетти четке калтыруусуз) тиешелүү.

Аймактык көз карандысыздык жана өзүн өзү аныктоо

Чыгыш Тимор (Португалия Австралияга каршы), 1995[63]

***

[270-271-б., Скубишевскийдин ө.п.] Бул жерде суверенитет жана аны ишке ашыруунун ортосундагы айырмачылык маанилүү болуп эсептелет. Мурда эскертилгендей, Достук мамилелер жөнүндө декларацияда «колониялардын аймактары же өзүн өзү башкарбай турган башка аймактар, Уставга ылайык, аларды башкаруучу мамлекеттин [борбордук] аймагынан өзүнчө жана айырмалануучу статуска ээ» деп каралган. Мындай айырмалоонун жана айкын ажыратып кароонун

[63] East Timor (Portugal v. Australia), Judgment, I.C.J. Reports 1995, p. 90.

себеби өзүн өзү аныктоо маселеси болуп эсептелет. Бирок жогоруда келтирилген жобо мамлекеттин Уставга жана декларацияга чейин болгон көз карандысыздык укугунан ажыратууну максат кылбайт. Мамлекет көз карандысыз бойдон калат. Көрсөтүлгөн жобо мамлекеттин көз карандысыздыгына чектөөлөрдү коёт. Бул чектөөлөрдүн алыска кетүүчү кесепеттери бар. Португалия айрым учурларда Чыгыш Тиморго карата өз көз карашын сүрөттөрдө «көз карандысыздык» деген сөздөн айрым учурларда оолактаганына карабастан, аны «көз карандысыздыктын жеке укугу» деп туура атайт (жогоруда п.75). Кээ учурларда ал аталган сөздүн ордуна «юрисдикция» (КР 95 / 4, 10-б., пункт 2., Co-Agent, Португалиянын адвокаты жана коргоочусу, JMS Коррейя) жана «бийлик» (CR 95/12, 44-б., пункт. 3, ошол эле жерде) деген терминди пайдаланган. Ошентсе да, Португалия «өзүн өзү башкарбаган жана аларды башкарууга өзүлөрү жооп бере албаган территорияларга карата эл аралык мейкиндикте иш-аракет кылууда башкаруучу мамлекеттер өз атрибуттарын сактап туруучу көз карандысыз мамлекеттер болуп эсептелерин» түшүндүрөт (ошол эле жерде).

Бул «белгилер» болгону ишке ашырылуусу өзүн өзү аныктоонун пайдасына чектелген үстөмдүк болуп эсептелет деп ырасталат. Португалия адамдардын аймагы «үстөмдүктү кармап туруучу болуп эсептелет жана ага өзүнүн болочоктогу эл аралык укуктук статусун өзү үчүн чечүү жөндөмү мүнөздүү» (КР 95 / 4, 13-б., п. 6, ошол эле жерде) жана «эл аралык деколонизациялоо укугу мындай аймактарга карата үстөмдүктү ал жерде жашаган жергиликтүү элге берет» «(CR 95/12, 44-б., п. 3, ошол эле жерде) деп баса белгилейт. Эл аралык укукка ылайык, бул ырастоолорду өзүн өзүн аныктоого көрсөтмө катары түшүнүү керек: бул аны ишке ашыруу боюнча чечим кабыл ала турган, бирок жок дегенде жарым-жартылай мыйзам чегинен сырткары туруучу «үстөмдүк» концепциясынын ээси болгон эл.

Пулау Лигитан менен Пулау Сипаданга үстөмдүк\ ээлик (Индонезия Малайзиягак каршы), 2001[64]

***

Судья Франктын өзгөчө пикири

[652-б.] – Мен сот чечиминин укуктук негиздерин түшүндүрүп бергим келет. Ал чечим укуктук негизге ылайык келсе да, сот тара-

[64] Sovgereignity over Pulau Lifitan and pulau Sipadan (Indonesia v. Malaysia), Application, for Permission to Intervene, Judgement, I.C.J. Reports 2001, p. 575.

бынан коюлган эмес, мүмкүн буга ал негизди Малайзия (CR 2001 / 2, 56-б., пункт. 10 (Лаутерпахт)) менен Филиппин (CR 2001 / 3, 23-б., пункт 14. (Magallona)) үстүртөн талкуулаганына карабастан, тараптар жетишерлик деңгээлде жарыялабагандыгы себеп болгондур. Мен бул укуктук негиз кандай мааниге ээ экендигин жана эмне үчүн сот түшүндүрбөшү керектигин түшүндүрүүгө аракет кылам. Укук маселеси жөнөкөй, бирок акыр аягында, эл аралык мыйзамдуулук үчүн негизги болуп эсептелет. Анын мазмуну төмөнкүчө: тарыхый үстөмдүк эски укуктук документтердин жана бийликти ишке ашыруунун негизинде канчалык ынанымдуу угулбасын, эң өзгөчө жагдайлардан сырткары, өзүн өзү башкарбай турган элдердин көз карандысыздыкты жана bona fide өзүн өзү аныктоо аркылуу өз үстөмдүгүн орнотууну талап кылуу укугунан жогору турган укукка ээ боло албайт.

[655-б.] – Салттык эл аралык укукта аймакка болгон укук мамлекет башкаруучуларына гана берилген. Жерлер бийлик ээсинин менчиги болгон, көз карандысыз ээликтерди таануурга, ишке ашыруурга башка бирөөнө берүүгө тиешелүү мыйзамдарга ылайык корголуп же өткөрүлүп берилчү. Erga omnes аймактык үстөмдүккө карата доомatты сот тартибинде аныктоо үчүн менчик укугун эл аралык өткөрүп берүү формалары менен өз ара аракеттенүү, о.э. өткөөл мезгилге чейинки тарыхый үстөмдүккө же ошол мезгилде кайсы мамлекет аймактык үстөмдүк жүргүзгөндүгүнө байкоо салуу зарыл. Бирок учурдагы эл аралык укукта маселе айрыкча деколонизациялоо контекстинде сөзсүз кенен каралышы керек. «Элдин» укуктары концепциясын, атап айтканда, элдин өзүн өзү аныктоо укугун салттык укук системасына кошуу тарыхый калыптанган укуктук негиздердин үстөмдүк кылуу укугун аныктоо үчүн маанисин түп тамыры менен өзгөртөт.

Бул соттун мурунку чечимдери (алсак, Түштүк Африканын Намибияда (Түштүк-Батыш Африка) тургандыгынын уланышы мамлекеттер үчүн укуктук кесепеттери жөнүндө Кеңешүүчүлүк бүтүмү, 26-январь, 1971-ж.) Коопсуздук кеңешинин 276-резолюциясына карабай (1970, ICJ Reports 1971, 31-32-б, п.52-53) жана 1975-жылдын 16-октябрындагы өзүнүн Батыш Сахарадагы кеңешүүчүлүк бүтүмү (ICJ Reports 1975, 31-33-б., п. 54-59)) өзүн өзү башкаралбаган элдердин «тийиштүү элдин эркин жана чыныгы каалоо-ниетин билдирүүсүн талап кылуучу» өзүн өзү таануурга карата укугунун өнүгүүсүнө өбөлгө түзүшөт жана моюнга алышат (Батыш Сахара, ошол эле жерде, 32-б., п. 55). Сот Намибия жөнүндө иште БУУнун Уставында бекитилген өзүн өзү башкарбай турган аймактарга кара-

та эл аралык укуктун андан ары өнүгүүсү өзүн өзү аныктоо принцибин алардын ар бирине карата колдонулуш мүмкүндүгүн» моюнга алган. (ICJ Reports 1971, 31-б., п. 52).

Чыгыш Тимор жөнүндө иште (Португалия Австралияга каршы) сот өзүн өзү аныктоо принцибин «учурдагы эл аралык укуктун негизги принциптеринин бири» деп тааныган (ICJ Reports 1995, 102-б., п. 29).

Бул соттун чечимдери элдердин өзүн өзү аныктоо жөнүндө аталган принциптин эң башкы маанилүүлүгүн ырастайт. Принцип үчүн бекем негиз мамлекеттердин универсалдуу келишимдик укугунда жана opinio juris-те да бекитилген. БУУнун Уставынын 1-беренсинин 2-пункту аталган уюмдун максаттарынын бири «элдердин теңдештиги жана өзүн өз аныктоо принцибин сыйлоонун негизинде улуттар аралык достук мамилелерди өнөктүү» экендигин көрсөтөт. Бул принцип о.э. Уставдын башка жоболорунда, атап айтканда, 55, 73 жана 76 (б)-беренелеринде көрсөтүлгөн же болжолдонгон. Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакт менен Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар тууралуу эл аралык пакттын жалпы 1-беренеси «бардык элдер өзүн өзү аныктоо укугуна ээ» экендигин моюнга алат жана 1(3)-беренеде «бул пактка катышуучу мамлекеттер [өзүн өзү аныктоо] укугун БУУнун Уставына ылайык сыйлай тургандыгы» баса белгиленет. Бул келишимдик укук Башкы Ассамблеянын сөзсүз түрдө кенен колдоого ээ болуучу көп сандагы резолюцияларындагы олуттуу формаларды эске алуу менен иштелип чыгып бекитилген. Башкы Ассамблеянын 1952-жылы 16-декабрда кабыл алынган 637 (VII) резолюциясы «БУУнун ар бир мүчөсү Уставга ылайык өзүн өзү аныктоо укугунун камсыз кылынышын сыйлоосу керектигин» биринчилерден болуп тааныган. Аталган укук «адамдын бардык негизги укуктарын толук ишке ашыруунун зарыл шарты» катары ырасталуучу укук болуп эсептелет. «Колониялык өлкөлөр менен элдерге көз карандысыздык берүү жөнүндө декларация», 1960-жылы 14-декабрда бир добуштан кабыл алынган 1514 (XV) резолюция деколонизациялоо процесси үчүн негизги мааниге ээ деп каралат. Ал «көз карандысыздыкка жете элек бардык аймактар» үчүн колдонулат жана «бардык элдер өзүн өзү аныктоо укугуна ээ» экендигин бекитип, ошону менен бирге «өлкөнүн улуттук биримдиги менен аймактык бүтүндүгүн жарым-жартылай же толук бузууга багытталган бардык аракет БУУнун Уставынын максаттары менен принциптерине шайкеш келбей тургандыгын» баса көрсөтөт. 1960-жылы 15-декабрда эки каршы добуш менен кабыл алынган Башкы Ассамблеянын **1541 (XV) резолюциясында өзүн өзү** башкарбоочу аймактар үчүн өзүн өзү

аныктоонун бирден ашык жолу, анын ичинде (көз карандысыз мамлекет менен [интеграция]» жолу каралган.

Башкы Ассамблеянын 2131 (XX) резолюциясы, 1965-жылы 21-декабрда 109 өлкө тарабынан кабыл алынган «Мамлекеттердин ички иштерине кийлигишүүгө жол бербөөчүлүк, алардын көз карандысыздыгы менен эркиндигин коргоо жөнүндө декларация» «бардык мамлекеттер элдер менен улуттардын өзүн өзү аныктоо жана көз карандысыздык укугун анын эч бир сырткы кысымсыз, адам укуктарын жана негизги эркиндиктерин сөзсүз урматтоо менен эркин ишке ашырылышы үчүн сыйлоолору керектигин» аныктайт. О.э. өзүн өзү аныктоо принциби 1970-жылы 24-октябрда 2625 (XXV) резолюцияга тиркеме иретинде келишүүчүлүктүн негизинде кабыл алынган «БУУнун Уставына ылайык мамлекеттер ортосундагы достук мамилелери менен кызматташтыкка тиешелүү эл аралык укук принциптеринин декларациясында» берилген «эл аралык укуктун негизги принциптеринин» катарына киргизилген. Бул документке ылайык, «бардык элдер сырттан кийлигишүүсүз өз саясий статусун эркин аныктоого жана өзүнүн экономикалык, социалдык жана маданий өнүгүүсүн ишке ашырууга укуктуу, жана ар бир мамлекет Уставдын жоболоруна ылайык бул укукту сыйлоого милдеттүү».

Эгемендүү Борнеонун көз карандысыздыгы 1963-жылы аталган аймактын калкынын көпчүлүгүнүн шайлоо аркылуу каалоосунун натыйжасында келип чыккан. 1963-жылы 31-июлда БУУнун Башкы катчысына Түндүк Борнео элинин эркин билүү тапшырылган жана Түндүк Борнеонун элинин көпчүлүгү өз келечегин олуттуу жана ойлонуу менен карай тургандыктары билдирилген, о.э.: «Алар өзүлөрүнүн көз карандылык абалын жоюп, аймактагы улуттук, тарыхый мураскордук, тил, дин, маданият, экономика, идеалдар жана максаттар жагынан жалпылык байланышты сезген башка элдер менен эркин шайланган ассоциациялар аркылуу өз эгемендүлүгүн ишке ашырууну каалашары жөнүндө тыянакка келишкен» (Малайзиянын өкүлүнүн Башкы Ассамблеяга берген отчетунан алынды, 1219-отурум, 27-сентябрь, 1963-ж., Башкы Ассамблеянын расмий отчёттору, 18-сессия, БУУнун документи A/PV.1219).

1963-жылы Улуу Британия Түндүк Борнео боюнча БУУга өзүнүн акыркы докладын өзүн өзү башкарбай турган аймак жөнүндө 75 (е)- берене түрүндө берген (Башкы катчынын маалым каты, Улуу Британиянын башакруусу алдындагы Азия аймактарында саясий жана конституциялык маалымат, БУУнун документи A/5402/Add.4,

4-апрель, 1963). Ошондон кийин БУУ Түндүк Борнеону деколонизациялоо боюнча анын юрисдикциясы алдындагы колониялык аймактардын тизмесинен алып салган (кара: БУУнун ар жылкы басылмасы, 1964, 411-435-б., мында Аймактар комитетинин тизмесинде Түндүк Борнео жок), жана ошону менен деколонизациялоо процесси өзүн өзү аныктоонун чындап ишке ашырылышы менен аяктагандыгын тааныган.

Демек, Түндүк Борнео элинин өзүн өзү аныктоо укугун так ишке ашыруусун эске алганда, аталган сот тиги же бул тарыхый документти кандай чечмелей тургандыгы, о.э. аны тарыхый үстөмдүккө талаптануучу Филлипиндин колдор-кодобосу эч мааниге ээ эмес.

Азыркы эл аралык укук тарыхый үстөмдүккө гана негизделген эгемендүүлүк укугун тааныбайт; эгерде эл аралык укуктун талаптарына ылайык өзүн өзү аныктоо укугу ишке ашырылып, анын ак ниет өткөрүлгөндүгүн БУУнун саясий уюмдары эл аралык деңгээлде тааныгандан кийин бул мүмкүн эмес. Ушунун негизинде тарыхтын талабы жана колонияга чейинки феодалдык үстөмдүктөр, колониялык империализмдин аякташы менен бүткөн эл аралык укуктук башка доордун калдыктары гана болуп эсептелет.

Филиппиндер талап кылып жаткан жерлер менен адамдардын басымдуу бөлүгү мурда Британиянын үстөмдүгү алдында болгон. Деколонизациялоого тиешелүү укукка ылайык, бул калк өзүн өзү аныктоо укугун ишке ашырды. Ал эми калганы – бул жөн гана чек аралар жөнүндө талаш. Бул Түндүк Борнео эли дээрлик 40 жыл мурун өзүн өзү аныктоо укугун ишке ашырууда колдонгон эркин жана акыйкат шайлоолорго карата укугуна тоскоолдук кылуу аракети. Сот билип туруп мындай аракеттин катышуучусу боло албайт.

Көз карандысыздык жана табигый ресурстарды иштетүү

Башкы Ассамблеянын 1962-жылдын 14-декабрындагы 1803- (XVII) «Табигый ресурстарга карата туруктуу үстөмдүк» резолюциясы[65]

Башкы Ассамблея,

өзүнүн 523 (VI) (12.01.1952) жана 626 (VII) резолюцисына 21.12.1952) таянып,

Табигый ресурстарга туруктуу үстөмдүк кылуу жөнүндө Комиссия түзүп жана өүн өзү аныктоо укугунун негизги элементи катары табигый байлыктарга карата туруктуу ээлик статусуна толук байкоо салууну, керек болсо аны бекемдөөнү тапшырган жана эл менен улуттун табигый ресурстарга жана байлыктарга туруктуу үстөмдүк кылуу статусун толук иликтөөдө мамлекеттердин эл аралык укукка ылайык милдеттери менен укуктарына, о.э. өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн экономикалык өөрчүүсүндө эл аралык кызматташтыкты колдоонун манилүүлүгүнө талаптагыдай көңүл бурулушу керек деп токтом кылган өзүнүн 1314- (XIII) резолюциясын (12.12.1958) эске алып,

ар бир мамлекеттин өз байлыктары менен ресуртарына ээлик кылууга болгон эркин укугун сыйлоо керектигин кеңеш кылган өзүнүн 1515 (XV) резолюциясын (15.12.1960) эске алып,

бул боюнча бардык чаралар бардык мамлекттердин өз улуттук кызыкчылыктарына жараша өзүлөрүнүн табигый байлыктары менен ресурстарына эркин ээлик кылууга болгон айрып алгыс укугун таануга, о.э. мамлекеттердин экономикалык көз карандысыздыгын урматтоого негизделиш керектигин эске алып,

4-пунктта жана төмөндө эч нерсе мурдатан колониялык бийлик астында турган өлкө толук эгемендүүккө жеткенге чейин алган мүлккө карата кабыл алуучу мамлекеттин жана өкмөттүн укуктары менен милдеттери жөнүндө суроонун бир да аспекти боюнча бир да мүчө мамлекеттин абалына эч бир шартта зыян келтирбей тургандыгын эске алып, өнүгүп келе жатан өлкөлөрдү экономикалык өөрчүтүү максатында эл аралык кызматташтыкты колдоо туура экендигин

---

[65] БУУнун Башкы Ассамблеясынын1803 (XVII)-резолюциясы, 14-декабрь 1962-ж., GAOR (Supp., No. 17 at 15), U.N. Doc. A/5217.

жана өнүккөн жана өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн ортосундагы экономикалык жана каржылык макулдашуулар теңдештик принцибине жана эл менен улуттун өзүн өзү аныктоо укугуна негизделиши керектигин эске алып,

экономикалык техникалык жардам көрсөтүү, карызга берилген каражаттар менен көбөйүп бара жаткан чет элдик инвестициялар аларды пайдалануучу мамлекеттердин кызыкчылыктарына каршы келүүчү шарттар менен коштолбошу керектигин эске алып,

мындай ресурстар менен байлыктарды өнүктүрүүгө жана пайдаланууга өбөлгө болуучу техникалык жана илимий маалымат алмашуунун артыкчылыктарын, о.э. буга байланыштуу БУУнун жана башка эл аралык уюмдардын маанилүү ролун эске алып,

өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн экономикалык өөрчүүсүнө колдоо көрсөтүү жана алардын экономикалык көз карандысыздыгын камсыз кылуу маселесине өзгөчө маани берип,

мамлекеттердин өз табигый байлыктары менен ресурстарына айрып алгыс укугун түзүү жана бекемдөө алардын экономикалык көз карандысыздыгын бекемдей тургандыгын белгилеп,

БУУ мындан ары табигый ресурстарга үстөмдүктү айрыкча өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн экономикалык өрчүү тармагында эл аралык кызматташтыкка ылайык кароосун каалоо менен,

I

Төмөнкүлөрдү билдирет:

1. Элдердин жана улуттардын өз табигый байлыктары менен ресурстарына карата айрып алгыс үстөмдүгү, алардын улуттук өнүгүүсү менен элдин жана мамлекеттин жыргалчылыгынын кызыкчылыгына ишке ашырылышы керек.

2. Мындай ресурстарды чалгындоо, иштетүү жана пайдалануу, о.э. бул максаттар үчүн зарыл чет элдик капиталды импорттоо эл жана улут ал иш-аракеттерге уруксат кылуу, чектөө же тыюу салууга байланыштуу зарыл же максатка ылайык деп эсептеген эрежелерге жана шарттарга ылайык ишке ашырылышы керек.

3. Уруксат алынган учурларда капиталды алып келүү жана ал капиталдан түшкөн киреше ошол уруксаттын шарттары, улуттук мыйзамдар жана эл аралык укук аркылуу жөнгө салынат. Алынган киреше инвесторлор менен алуучу мамлекеттин ортосунда ар бир учур

боюнча өзүнчө макулдашылган үлүштө бөлүштүрүлүп, бир да себеп менен ал мамлекеттин өзүнүн табигый байлыктары менен ресурстарына болгон ээлик укугун бузбашы керек.

4. Улутташтыруу, экспроприациялоо же реквизициялоо коомдук пайда, коопсуздук же ички да тышкы да жеке кызыкчылык деп таанылуучу улуттук кызыкчылык оюна же себептерине негизделиши керек. Мындай учурларда менчик ээсине өз бийлигин ишке ашыруу шартында жана эл аралык укукка ылайык ушундай чараларды көрүп жаткан мамлекетте күчкө ээ эрежелерге ылайык, талап кылынуучу компенсация төлөнөт. Эмнеси болсо да, компенсация жөнүндө маселе карама-каршылыктарды жаратканда, мындай чараларды көрүүчү мамлекеттин улуттук юрисдикциясы жетишерлик болушу керек. Бирок кызыккан көз карандысыз мамлекеттер менен башка кызыккан тараптардын макулдашуусу менен талаш арбитраждык же эл аралык сот чечими аркылуу чечилиши мүмкүн.

5. Эл менен улуттардын өз табигый ресурстарына карата бийлигин эркин жана пайдалуу ишке ашыруусуна көз карандысыз теңдештикке негизделген мамлекеттердин өз ара сый-урматы түрткү болушу керек.

6. өнүгүп келе жаткан мамлекеттерди экономикалык өнүктүрүү максатындагы эл аралык кызматташтык, мамлекеттик же жеке капитал кошуу түрүндө болобу, товар жана кызмат менен өз ара алмашуу, техникалык жардам же илимий маалымат алмашуу түрүндө болобу, улуттук көз карандысыз өнүгүүгө өбөлгө түзгүдөй болуп, жана алардын өз табигый байлыктары менен ресурстарына болгон үстөмдүгүн сыйлоого негизделиши керек.

7. Эл менен улуттардын өз табигый байлыктарына жа ресурстарына болгон укугун бузуу БУУнун Уставынын маанайына жана принциптерине каршы келет жана эл аралык кызматташтыкты өнүктүрүүгө жана тынчтыкты колдоого тоскоолдук кылат.

8. Чет элдик инвестициялар жөнүндө мамлекеттин же мамлекеттердин эркин түзүлгөн макулдашуулары ак ниеттик менен аткарылышы керек; мамлекеттер жана эл аралык уюмдар элдер менен улуттардын өз табигый байлыктары менен ресурстарына болгон үстөмдүк укугун Уставга жана ушул резолюцияда көрсөтүлгөн принциптерге ылайык, бекем жана ак ниеттик менен сактоолору керек.

Аймактык көз карандысыздык жана деңиз

Балык уулоого карата юрисдикция жөнүндө иш (Улуу Британия Исландиягак аршы), 1974[66]

(Аймактык сууларда балык уулоо маселелери боюнча юрисдикция) (БУУнун ЭАС пикирлерин бириктиру)[67]

***

Талаштын тарыхы (Сот чечиминин 19-48-пункттары)

Сот 1948-жылы Альтинг (Исландиянын парламенти) балык уулоонун илимий-континенттик шельфин сактоо жөнүндө жана балык уулоо башка өлкөлөр менен макулдашууларга шайкеш келүүчү деңгээлде Исландиянын эрежелери менен көзөмөлүнүн предмети болуш керек болгон аймактарды түзүүнү өкмөткө тапшырган мыйзамды кабыл алган. ... Бир катар инциденттер менен сүйлөшүүлөрдөн кийин Исландия менен Улуу Британия нота алмашуу жөнүндө макулдашышып, ал 1961-жылы 11-мартта болгон жана ал Улуу Британия 12 миль балык уулоочу аймакка каршы болбойт, Исландия балык уулоо юрисдикциясын узартуу жөнүндө 1959-резолюцияны ишке ашыруу боюнча аракеттерди улантат, бирок кеңейтүү жөнүндө Улуу Британияга алты ай убакыт мурун билдирет жана «мындай кеңейтүүгө байланыштуу талаш пайда болгон учурда бул маселе тараптардын калаганынын өтүнүчү менен Эл аралык сотко берилиши керек» деп, interalia, бекиткен.

1971-жылы Исландия өкмөтү балык уулоо юрисдикциясы жөнүндө Улуу Британия менен макулдашуу токтотула тургандыгы жана Исландиянын балык уулоо юрисдикциясынын чеги 50 милге чейин узартыла тургандыгын билдирген. 1972-жылы 14-июлда жаңы эрежелер берилип, аларга ылайык Исландиянын балык уулоо чеги 1972-жылдын 1-сентябрынан тартып 50 километрге чейин узартылган жана аталган чектерде башка мамлекеттердин кемелеринин балык кармоосуна тыюу салынган. Жаңы эрежелерди аткаруу бир катар инциденттер менен сүйлөшүүлөрдү жараткан, ошол эле учурда сот

---

66 Fisheries Jurisdiction (United Kingdom v. Iceland), Merits, Judgment, I.C.J. Reports 1974, p. 3.

67 Fisheries Jurisdiction Case, Summary of the Judgement, ICJ Summaries, available at: http://www.icj-cij.org/docket/files/55/5979.pdf.

териштирүү иштери улантылган жана Исландия соттун чечимин кабыл алуудан баш тарткан. Бул Бириккен падышачылык менен Исландиянын ортосундагы «негизги талаш жөнгө салынганга чейинки...» убактылуу макулдашууга алып келген.

БУУнун Эл аралык сотунун пикири [68]

11. Жазуу түрүндөгү иштин жүрүшүндө төмөнкү материалдар Британия тарабынан берилген: ...

«Улуу Британия Соттон төмөнкүчө чечим чыгарып жарыялоону суранат:

(А) Эл аралык укукта жогоруда көрсөтүлгөн баштапкы чекиттен 50 милге чейин жеке балык уулоо юрисдикциясын жайылтуу аркылуу өзүнүн балык уулоо юрисдикциясын кеңейтип берүү талабын коюу боюнча Ирландияга укук берүүчү эч кандай негиз жок жана, демек, анын дооматы күчкө ээ эмес, о.э.

(Б) Исландиянын сууларында балыктын запасын сактоого тиешелүү маселелер Ирландиянын жогоруда көрсөтүлгөн баштапкы чекитинен 50 милге чейин жеке балык уулоо юрисдикциясын бир тараптуу жайылтуусун жөнгө салуу үчүн эл аралык укукта каралган эмес, бирок бул маселелер Исландия менен Улуу Британиянын түзгөн келишимдеринин негизинде аталган эки мамлекеттин ортосунда жөнгө салынышы мүмкүн...

49. Арыз берүүчү 1972-жылы 14-июлда исландия өкмөтү тарабынан жарыяланган эрежелерди четке каккан жана Сот бул боюнча өз пикирин билдириш керек болгондуктан, ылайык келүүчү укукту аныктоо зарыл болгон. Балык уулоочулук жөнүндө иште Сот билдиргендей: «Деңиз мейкиндиктерин делимитациялоо эл аралык аспект болуп эсептелет, ошондуктан ал, муниципалдык мыйзамда белгиленгендей, жээкте жайгашкан мамлекеттин гана эркине жараша болушу мүмкүн эмес. Чектөө акты сөзсүз бир тараптуу акт экендиги чын, себеби жээкте жайгашкан мамлекет гана аны ишке ашыруу укугуна ээ экендигине карабастан, башка мамлекеттерге карата делимитациялоо аракеттери эл аралык укукка жараша болот» (ICJ Reports 1951, p. 132). Ошентип, Сот аталган талашты жөнгө салууга байланышкан учурдагы эл аралык укук ченемдерин аныктоого киришет.

50. «Эл аралык укуктун орнотулган принциптеринин жалпы декларациясы катары» кабыл алынган ачык деңиз жөнүндө 1958-жыл-

[68] Jurisdiction (United Kingdom v. Iceland), Merits, Judgment, I.C.J. Reports 1974, p. 3.

дагы Женева конвенциясы 1-беренесинде «ачык деңиз» терминине «мамлекеттин аймактык деңизине же ички сууларына киргизилбеген деңиз бөлүктөрү» деп аныктама берет. 2-беренеде «ачык деңиз бардык элдер үчүн ачык, бир да мамлекеттин анын кайсы бөлүгүн өз бийлигине баш ийдирүүгө талапкерленүү укугу жок» деп аныкталган жана ачык деңиздин эркиндиги жээкте жайгашкан да, жайгашпаган да мамлекеттер үчүн кемеде сүзүү жана балык уулоо эркиндигин өзүнө камтыйт деп, андан ары түшүндүрмө берет. Бирок ачык деңиздин эркиндиги алар «бардык мамлекеттер тарабынан акылга сыярлык деңгээлде, ачык деңизди эркин пайдалануудагы башка мамлекеттердин да кызыкчылыктарын эске алуу менен пайдалана тургандыгы» маселесин кароо үчүн предмет болуп эсептелет.

51. Аймактык деңиздин туурасы аймактык деңиз жана ага жаңаша жайгашкан мейкиндик жөнүндө 1958-жылдагы Конвенцияда аныкталган эмес. Аталган Конвенциянын 24-беренесинде жаңаша зоналардын чеги «аймактык деңиздин туурасы ченелүүчү баштапкы сызыктан» 12 милге чейин деп аныкталган. 1958-жылдагы Конференцияда аймактык деңиздин тууралырынын негизги айырмачылыктары мезгил жагынан 12 милден көп эмес чектин ылайыктыгы боюнча пикир келишпестиктер менен чектелген болчу. Аймактык деңиздин туурасы жөнүндө жана деңиз жээгинде жайгашкан мамлекеттин балык уулоого карата юрисдикциясы жөнүндө суроолор 1958-жылдагы Конференцияда чечилбеген бойдон калган. Бул суроолор деңиз укугу боюнча 1960-жылы болгон экинчи Конференцияда каралган. Андан тышкары, 1958-жылдагы Конференцияда макулдашууга жетишүүгө олуттуу тоскоолдук кылган деңиз жээгинде жайгашкан мамлекеттин балык уулоого карата юрисдикциясы жөнүндө суроо акырындап аймактык деңиз түшүнүгүнөн ажырай баштаган. Бул балык ресурстарынын бардык мамлекеттер үчүн улам өсүп бара жаткан маанилүүлүгүн көрсөтүүчү жетишкендик болгон.

52. 1960-жылдагы конференцияда бир добуштун жетишсиздигинен аймактык деңиздин туурасы жана балык уулоочулук укук деңгээли жөнүндө суроону чече турган текстти кабыл алуу мүмкүн болбой калган. Бирок бул конференциядан кийин мыйзам мамлекеттердин практикасы менен дискуссиялардын жана макулдашуулардын негизинде иштелип чыккан. Кийинки жылдарда бул конференцияда жетишилген жалпы консенсустан келип чыккан кадимки укук катары эки түшүнүк калыптанган. Биринчи концепция – бул балык уулоо мейкиндигинин концепциясы, мамлекет өзүнүн аймактык деңизине карабай, балык уулоого карата жекече юрисдикцияга талаптануучу

чөйрө; бул балык уулоочу мейкиндикти азыр жалпысынан баштапкы чекиттен 12 деңиз милине чейин узартуу кабыл алынган. Экинчиси, бул жакын жанаша жайгашкан сууларда балык уулоого карата жээкте жайгашкан мамлекеттердин артыкчылык укугу жөнүндө концепция, анын жээкке жакын балык уулосунан көз карандылык боюнча өзгөчө кырдаалда бул артыкчылык укук бир эле балык чарбасын пайдалануга кызыккан мамлекеттерге карата күчкө ээ жана төмөндө көрсөтүлгөн 57-пунктта ишке ашырылат.

53. Акыркы жылдарда деңиз жээгинде жайгашкан мамлекеттин балык уулоочулук юрисдикциясын кеңейтүү жөнүндө маселе биринчи орунга чыкты. Бир катар мамлекеттер балык уулоо чегинин кеңейтилишин талап кылгандыктары Сотко белгилүү. О.э. Деңиз укугу боюнча 3-конференцияда укуктун бул тармагын андан ары кодификациялоо жана прогрессивдүү өнүктүрүүгө жетишүү үчүн БУУнун күч-аракеттери да Сотко белгилүү. Бул маселе алкагында түүзүлгөн ар түрдүү сунуштар жана алдын ала документтер күчкө ээ мыйзам принциптери эмес, айрым мамлекеттердин көз караштары менен пикирлеринин көрүнүшү жана каалоо-ниеттеринин каражаттары иретинде каралышы керек. Деңиз укугу боюнча 3-конференциянын чакырылышынын өзү бул укукту универсалдык негизде кодификациялоого, анын ичинде балык уулоочулук жана деңиздин жандуу ресурстарын сактоо маселелерине киришүүгө болгон бардык мамлекеттердин каалоолорун билдиргендиктерине күбө болот... Мурда ушундай болгон жана ошондуктан бул бүгүн зарыл. Ушул жагдайларды эске алуу менен, сот, мыйзам соту катары sub specie legis ferendae чечим чыгарып же мыйзам түзүүчү чыгарганга чейин мыйзамды алдын ала биле албайт.

57. Мамлекеттердин учурдагы практикасы суу жээгинде жайгашкан мамлекеттин мүлк укугу өзгөчө жагдайларда кызыккан мамлекеттердин ортосундагы макулдашуу боюнча же эки тараптуу же көп тараптуу макулдашуулар аркылуу ишке ашырылат, макул болбогон учурларда, БУУнун Уставынын 33-беренесинде каралган талаштарды тынчтык жолу менен жөнгө салуу каражаттарынын жардамы менен ишке ашырылат деген тыянакка алып келет. ...

59. Исландиянын балык уулоочулуктан өзгөчө көз карандылыгы эч күмөнсүз. Бул көз карандылык арыз берүүчү тарабынан 1961-жылы 11-мартта нота алмашууда айкын моюнга алынган жана сот да мындай моюнга алууну «Исландия улутунун өз жашоосу жана экономикалык өнүгүүсү үчүн деңиз жээгиндеги балык уулоочулуктан өзгөчө көз

карандылыгын эске алуу керек» деп билдирүү менен сот тартибинде тааныган «(ZCJ Reports 1972, 16-б., пункт 23).

60. Деңиз жээгинде жайгашкан мамлекеттин артыкчылык укуктары балык ресурстарын пайдаланууну күчөшү бул ресурстарды кайра өнүктүрүү, чектөө жана бөлүштүрүү, балыктын запастарын рационалдуу жана үнөмдүү пайдаланууну үчүн сактоо боюнча айрым системаларды киргизүүнү зарыл кылган учурда күчүнө кирет. Кыязы, каралып жаткан окуя ушундай абалга жеткен...

61. Исландиянын Сотко чейин четке кагылган эрежелери, аталган өлкөнүн бийлиги тарабынан артыкчылык укуктар концепциясынын чегинен чыгуу менен артыкчылык укуктарды ырастоо катарында түзүлүп колдонулган. Исландиянын 1972-жылдын 14-июлундагы жобосунун 2-беренесинде «Балык уулоочулуктун чегинде чет элдик кемелердин бардык балык чарба аракеттерине Балык чегинин ичинде балык уулоого тиешелүү 1922-жылдын 19-июнундагы 33-мыйзамдын жоболоруна ылайык тыюу салынышы керек» деп бекитилген. 1992-жылдагы мыйзамдын 1-беренесинде: «Исландиянын жарандары гана Исландиянын аймактык сууларында балык уулай алат жана мындай ишке исландиялык кайыктар же кемелер гана колдонулушу мүмкүндүгү» каралган. Тийиштүү өкмөттүк токтомдун тили алардын максаты башка мамлекеттерде, анын ичинде Улуу Британияда катталган бардык башка кемелерде балык кармоо тыюу салына турган эксклюзивдүү балык уулоо зонасын түзүү экендигин көрсөтөт.

62. Артыкчылык укук концепциясы башка мамлекеттердин бардык балык уулоочулук аракеттерин жоюу менен айкашпайт. Артыкчылык укук алган деңиз жээгнидеги мамлекет бир жактуу тартипте жана жеке өзүнүн көзөмөлдөнбөгөн каалоосу менен ал укуктардын чегин аныктай албайт. Деңиз жээгинде жайгашкан мамлекеттин жеңилдиктер түрүндөгү укуктарынын мүнөздөмөсү белгилүү бир артыкчылыктардын болушун болжойт, бирок ошол эле мезгилде башка мамлекеттердин, айрыкча көп жылдар бою балык уулоочулук кылган жана бул иш-аракет өлкөнүн экономикасы үчүн манилүү болгон, арыз берүүчү сыяктуу, мамлекеттин укуктары жоюлду дегенди билдирбейт... Демек арыз берүүчүнүн кемелерин 1961-жылдагы нота алмашууда макулдашылган суу чектеринен сырткары балык уулоодон чыгарып салуу үчүн бир тараптуу талаптарын актоого, Исландиянын артыкчылык укуктарынын болушу жетишсиз.

67. 1972-жылын 14-июлундагы Исландия эрежелеринин жоболору жана аларды ишке ашыруу тартиби Арыздануучунун балык уулоо

укуктарын барк албайт. Ошентип, Исландиянын бир тараптуу аракеттери 1958-жылдагы Ачык деңиз жөнүндө Женева конвенциясынын 2-беренесинде бекитилген, бардык мамлекеттер, анын ичинде деңиз жээктеринде жайгашкандар, башка мамлекеттердин кызыкчылыктарын эске алуу менен балык уулоо боюнча өз эркиндиктерин акылга сыярлык деңгээлде ишке ашырууларын талап кылуучу принцибин бузгандык болуп эсептелет.

71. [...] Эки тараптын тең укуктарына, атап айтканда, Бириккен Падышачылыктын талаштуу сууларда балык уулоочулук укугуна жана Исландиянын артыкчылык укуктарына талаптагыдай маани берилиши керек. Бир да укук абсолюттук эмес: деңиз жээгинде жайгашкан мамлекеттин артыкчылык укугу анын балык уулоочулуктан өзгөчө көз карандылык деңгээлине жана анын башка мамлекеттердин муктаждыктарын эске алуу жана сактоо милдеттерине жараша чектелген; балык уулоочулук кылуучу башка мамлекеттердин бекитилген укуктары, өз кезегинде, деңиз жээгинде жайгашкан мамлекеттин балык уулоочулуктан өзгөчө көз карандылыгы жана башка мамлекеттердин муктаждыктарын эске алуу жана сактоо боюнча ага жүктөлгөн милдеттер менен чектелген.

Деңиз чек арасын делимитациялоо жана Аймактык маселе (Катар Бахрейнге каршы), 2001[69]

***

196. Бахрейн Китат Джарада Бахрейндин үстөмдүгүнө туура келет деп билдирет, себеби ал ага карата өз бийлигин ар кандай жолдор менен ишке ашырган жана бул 1947-жылы Британия өкмөтү тарабынан таанылган. Бул жагынан ал бир катар иш-чараларга, анын ичинде маяк куруу, артезиан скважиналар бургалоону иретке келтирүү, нефть концессиясын берүү, ошондой эле балык кармагычтарды лицензиялоо аракеттерине таянган. Катар болсо Джарада Китат деңиз суусу бөксөргөндө чыгып тургандыктан, аны ээлеп алуу мүмкүн эмес, себеби ал аймактык деңиздин Катарга тиешелүү бөлүгүндө жайгашкан, Катар ага карата үстөмдүк укугуна ээ деп ырастайт.

197. Сот эң биринчи кезекте Китат Джарада эки мамлекеттин тең 12 милдик зонасында орун алган өтө кичинекей арал экендигин белгилейт. Бахрейндин заказы боюнча эксперттердин докладына ылай-

[69] Maritime Delimitation and Territorial Questions between Qatar and Bahrain (Qatar v. Bahrain), Merits, Judgment, I.C.J. Reports 2001, p. 40.

ык, суу көтөрүлгөн мезгилде анын узун-туурасы 12 \ 4 метр болсо, суу бөксөргөн учурда 600 \ 75 метрге жетет. Суу кирип турган учурда анын бийиктиги болжол менен 0,4 метр болот. Артезиян скважиналарын бургалоо сыяктуу Бахрейн жасаган иш-аракеттердин айрымдары өзүнөн өзү a titre de souverain аткарылган иш катары талаштуу болуп эсептелет. Навигациялык каражаттарды куруу, экинчи жагынан алганда, өтө кичине аралдар боюнча алганда юридикалык жактан маанилүү болушу мүмкүн. Каралып жаткан учурда Китат Джараданын көлөмүн эске алганда, Бахрейндин бул аралда жасаган иш-аракеттери анын аталган аралга үстөмдүк укугу бар деген билдирүүсүн колдоого жетиштүү деп эсептелиши керек.

198. Ушуга байланыштуу Сот Эл аралык акыйкат сотунун туруктуу палатасы Чыгыш Гренландиянын Укуктук статусу жөнүндө иште төмөнкүлөрдү байкагандыгын эске салат: «Аймактык эгенмендүүлүккө тиешелүү чечимдердин жазууларын, сот ээлик укуктарын анык ишке ашыруу жолунда, эгерде мамлекет көбүрөөк негиздүү талап коё албаса, аз сандагы арыздарды канааттандыргандыгын байкоосуз окууга болбойт» (P.C.I.J., Series A / B, № 53, 46-б.).

Кара деңизде деңиз чек арасын делимитациялоо (Румыния Украинага каршы)[70]

(Аймакты демаркациялоо)

***

Эки тарап тең Крым жарым аралынын Тарханкут тумшугунан Сарыч тумшугуна чейинки жээгин, о.э. анча чоң эмес аралыкта алгач түндүк, андан соң түндүк-чыгыш багытында Днестрге/ Днестр Фертке (Румыния бул чекитти S чекити деп белгилейт) чейин өтүүчү жалпы чек арадан берки украин жээгин, релеванттуу украин жээги деп эсептеше тургандыктарын Сот белгилейт. Алардын пикир келишпестиги аталган чекиттен Тарханкут тумшугуна чейинки жээкке байланышкан.

Сот талаштын маселесин кароодо эки принципти бул суроо боюнча өз практикасынын негизи катары эске салгысы келет: биринчиден, жээктердин деңизди карай чыгып турган тумшуктары деңизге

[70] Maritime Delimitation in the Black Sea (Romania v. Ukraine), Summary of the Judgement, I.C.J. Summaries, available at: http://www.icj-cij.org/docket/files/132/14989.pdf Full case, see Maritime Delimitation in the Black Sea (Romania v. Ukraine), Judgment, I.C.J. Reports 2009, p. 61.

карата өз укуктарын жарыялоодо «жер деңизге караганда жогорураак мааниге ээ» (Түндүк деңиздин континенттик шельфи (Германия Федеративдик Республикасы / Дания, Германия Федеративдик Республикасы / Нидерланды), чечим, ICJ Reports 1969, p. 51, п. 96); экинчиден, суу жээги делимитациялоо максаттарына ылайык келүүчү деп эсептелиши үчүн экинчи тараптын жээгинде жаткан тумшукка жарым-жартылай бет келе турган тумшукту түзүшү керек. Демек «бир тараптын суу жээгинин каалаган бөлүгүнүн географиялык жайгашуусуна байланыштуу башка тараптын жээктеринин кеңейиши менен кесилишпеши керек болгон суу астында уландысы соттун андан ары кароосунан алынып салынышы керек» (Континенттик шельф (Тунис / Ливия Араб Джамахирия), чечим, ICJ Reports 1982, p. 61, п. 75).

Ошентип, Сот Каркинит булуңунун жээктери аларга жанаша суу бойлото жаткан жерлердин бөлүгү болуп эсептелет деген Украинанын ырастоосуна макул боло албайт. Бул булуңдун жээктери бири-бирине бет маңдай турат жана алардын суу алдындагы уландысы Румыниянын кең суулары менен кесилишпеши керек. Каркинит булуңунун жээктери делимитацияланышы үчүн бул жерде тумшук болуп чыгып турбайт. Ошентип бул жээктер соттун андан аркы кароосунан алынат.

6. Тийиштүү деңиз аймагы[71]

Сот «тийиштүү район» укуктук концепция деңиз чек араларын делимитациялоо методологиясынын бир бөлүгү катары көңүлгө алынышы керектигин белгилейт.

Биринчиден тийиштүү жээк бойлото жерлердин жалпы географиялык контекстеги конфигурациясы менен алардын деңизди карай чыгып турушунун түзүлүш ыкмасына жараша тийиштүү аймак өзүнө айрым деңиз мейкиндиктерин камтып, белгилүү учурда ыңгайсыз болгон башкаларды киргизбеши мүмкүн.

Экинчиден, тийиштүү аймактарды теңдешсиздик жагынан текшерүү орундуу. Бул методологиянын акыркы баскычы катары аткарылат. Делимитациялоонун максаты аталган жерди тең үлүшкө болуштүрүү эмес, ал турсун бирдей бөлүктөргө бөлүү да эмес.

Теңдештиксизди текшерүү өзүнөн өзү делимитациялоонун максаты эмес. Муну көбүрөөк делимитация сызыгы башка каражаттар менен делимитациялоонун натыйжасында тиги же бул сызыкка туш

[71] Id. Opionion of I.C.J. decision at paras. 106-114.

келип калуучу деңиз аймактарынын ортосунда олуттуу төп келбестиктин себебинен өзгөртүү киргизүү керектигине негиз болор-болбосун текшерүү каражаты. Сот о.э. делимитациялоо процессинин бул акыркы ишинин максаттары үчүн тийиштүү жердин эсеби так болушу керек эместигин жана ал болжолдуу экендигин белгилейт. Делимитациялоонун объекти болуп деңиз аймактарын тең бөлүштүрүү эмес, акыйкат деп эсептелине турган делимитацияга жетишүү болуп эсептелет (Түндүк деңиздин континенттик шельфи (Германия Федеративдик Республикасы / Дания, Германия Федеративдик Республикасы / Нидерланды), чечим, ICJ Reports 1969, p. 22, п. 18; Гренландия менен Ян-Майендин ортосундагы аймакта деңиз мейкиндиктерин чектөө (Дания Норвегия каршы), чечим, ICJ Reports 1993, p. 67, п. 64).

Сот чектерди аныктап бөлүштүрүү бир жагынан Румыния, ага улай Украина, түштүк жагынан Болгария жана Түркия менен курчалган туюк Кара деңизде боло тургандыгын белгилейт. Сотто бардык аймактан түндүктү карай жаткан жана үчүнчү тараптардын кызыкчылыгына тиешеси болушу мүмкүн болгон каралат.

7. Делимитациялоонун методологиясы[72]

Континенттик шельфти жана өзгөчө экономикалык аймактарды чектөөдө же делимитациянын бир сызыгын түшүрүүдө Сот белгилүү бир баскычтардан өтөт.

Континенттик шельф жөнүндө иште кенен талкууланып жаткан бул өзүнчө баскычтар (Ливия Араб Джамахирия / Мальта, чечим, ICJ Reports 1985, p. 46, пункт 60), акыркы он жылда жогорку тактыкта белгиленген. Биринчиден, сот геометриялык жактан объективдүү болуп эсептелген жана делимитация жүргүзүлө турган аймактын географиясына ылайык келүүчү ыкмаларды колдонуу менен делимитациянын убактылуу сызыгын орнотот. Жаңаша жайгашкан деңиз жээгиндеги жерлерди чектеп белгилөөдө бирдей алыстыктагы сызыктар конкреттүү учурда аны жүргүзүүгө мүмкүндүк бербей турган олуттуу себеп болгон учурда гана чийилет (кара: Никарагуа менен Гондурастын Кариб деңизиндеги жер аймактык жана деңиз талашы (Никарагуа Гондураска каршы), \чечим, 8-октябрь, 2007, пункт 281). Карама-каршы бетте жайгашкан жээк боюнча болсо, делимитациянын убактылуу сызыгы эки жээктин ортосундагы ортолук сызыктан турат. «Ортолук сызык» жана «бирдей алыстыктагы сызык» деген терминдерди колдонуунун эч

[72] Id. at paras. 115-122.

кандай юридикалык кесепеттери жок, себеби чектеп бөлүү ыкмасы экөө үчүн тең бирдей болуп эсептелет.

Бирдей алыстыктагы жана ортолук сызыктар бул эки мамлекеттин жээктеринен алганда эң ыңгайлуу чекитте жүргүзүлүшү керек, мында делимитацияланышы керек болгон аймакка барынан жакын жайгашкан, уркуюп чыгып туруучу суу жээгиндеги чекиттерге өзгөчө көңүл бурулат. Бир гана максаттагы чектөөчү сызыктарды жүргүзүүдө тараптар өзүлөрүнүн аймактык суулары үчүн тандаган баштапкы чекиттен канчалык четтөөгө боло тургандыгын Сот аныктайт. Коңшу мамлекеттер өз ортолорунда орнотууну суранган бирдей аралыктагы убактылуу сызыкты курууда Сот эки тараптын тең бул максатта өзүлөрүнүн баштапкы чекитин тандап алууда жээк сызыктары тууралуу ойлоруна таянат. Мындай кабыл алынган сызык көп жагынан физикалык географияга жана эки жээктин ортосундагы деңизди карай кирип турган чекитке жараша болот.

Деңиз чек араларын делимитациялоо боюнча калыптанган өз практикасына ылайык сот биринчи баскычта бирдей аралыктагы убактылуу сызыкты жүргүзөт. Бул убактылуу сызыкты куруу боюнча баштапкы баскычта ага ылайык келе турган эч бир жагдай менен соттун байланышы жок, жана сызык объективдүү малыматтардын негизинде, геометриялык критерийлер боюнча гана жүргүзүлөт.

Ошентип каралып жаткан учурда Сот Румыния менен Украинанын деңиз жээгинде удаа жайгашкан жерлеринин ортосунда бирдей аралыктагы убактылуу алдын ала сызыкты чийүүдөн баштайт, ал андан ары алардын карама-каршы жээктериндеги ортолук сызыкка чейин улантылат. Акыркы сызыктын багыты акыйкат чечимге алып келиши керек (74 жана 83-беренелер, ЮНКЛОС). Ошентип, экинчи баскычта сот калыс натыйжага жетишүү максатында тең аралыктагы убактылуу сызыкты оңдоп же жылдырууну талап кылуучу факторлордун максатка ылайыктуулугу жөнүндө суроону карайт (Камерун менен Нигериянын ортосундагы кургак жер жана деңиз чек арасы жөнүндө иш (Камерун Нигерияга каршы: Экватордук Гвинея), чечим, ICJ Reports, 2002, 441-б., пункт 288). Сот о.э. бири-бирине төп келүүчү «акыйкат принциптер» деп аталган юрисдикциялардын бир нече аймагын кучагына алышы мүмкүн болгон сызык тийиштүү ыкма бар экендигин жана ал белгилүү бир жагдайларда колдонулушу мүмкүн экендигин көрсөткөн учурда бул ыкма «калыс натыйжага» жетишүүгө ылайыктуу деп түшүндүргөн. (Кариб деңизинде Никарагуа менен Гондурастын ортосундагы аймактык жана деңиз

талашы (Никарагуа Гондураска каршы), 2007-жылдын 8-октябрындагы чечим, пункт 271).

Бул делимитациялоонун бирдей аралыктагы сызык жүргүзүлгөндөн кийинки Сот кирише турган экинчи бөлүгү.

Акырында, үчүнчү баскычта сот (тийиштүү жагдайларга жараша оңдолушу мүмкүн же мүмкүн эмес болгон алдын ала жүргүзүлгөн тең аралыктагы) сызык азыркы абалында чектөө сызыгына карата деңиз жээгиндеги тийиштүү узундук менен ар бир мамлекеттин тийиштүү деңиз аянттарынын ортосундагы катнаштын олуттуу теңдешсиздигинин себебинен калыс эмес натыйжаларга алып келбей тургандыгына ынанышы керек. Акыйкат натыйжа үчүн акыркы текшерүү жээктеги жердин узундугуна карата катыштык жагынан алганда деңиз мейкиндиктеринин ортосунда чоң айырмачылык жок экендигин ырастоого алып келет.

Бул тийиштүү аймактар деңиз жээгиндеги жердин узундугуна теңдеш болушу керек дегенди билдирбейт, сот билдиргендей, «делимитациялоо аянтты бөлүүнүн натыйжасы эмес, течскерисинче, аянтты бөлүү делимитациянын натыйжасы болуп эсептелет» (Гренландия менен Ян Майендин ортосундагы аймакта деңиз мейкиндиктерин чектеп өлүү боюнча иш (Дания Норвегияга каршы), чечим, ICJ Reports 1993, p. 67, пункт 64).

11. Теңдеш эместикке карата тест[73]

Сот буга чейин чектеп бөлүүчү сызык боюнча жетишилген натыйжа жээктеги тийиштүү узундукка жана анын артынан болуучу аймактарды бөлүштүрүүгө карата кандайдыр бир төп келбестикке алып келбей тургандыгын кароого өтөт.

Сот «бул төп келбестиктин тийиштүү критерийи же фактору болуп эсептелүүчү кандайдыр жалпы принциби эмес, диспрапорция. Ал эч качан табиятты толук кайра бөлүштүрүү маселеси болбойт ... ал белгилүү географиялык конфигурациядан же функциядан келип чыккан төп келбестикти жана калыс эмес натыйжаларды четтетүүчү маселе» деген пикир менен макул (англис-француз континенттик шельфтин иши, RIAA, Vol. XVIII, 58-б., пункт 101).

Континенттик шельф жана өзгөчө экономикалык ассигнациялоо аймактары тийиштүү жээктик сызыкка карата теңдештик белгиленбеши керек. Кыязы, сот жүргүзүлгөн чектеп бөлүүчү сызыкты,

[73] Id. at paras. 210-216.

постфактум, текшерет (Гвинея менен Гвинея-Бисаунун ортосундагы деңиз чек арасын делимитациялоо, RIAA, Vol. XIX, пункттар: 94-95).

Бул текшерүү болжолдуу гана болушу мүмкүн. Мурда деңиз жээктик узундукту баалоонун ар түрдүү ыкмалары колдонулчу, мында чыныгы жээктик сызыктарды же баштапкы сызыктарды сактоо керек же керек эместиги, же чынында ички суулар менен байланышкан гана жээктер алынып салынышы керектиги жөнүндө эч бир айкын эл аралык укуктук талаптар коюлчу эмес.

Ар түрдүү трибуналдар жана соттун өзү да жээктик узундук боюнча айырма олуттуу диспропорциялуулукту түзүп, ал делимитациялоо сызыгы акыйкат эместиги жана оңдоолорду талап кыла тургандыгы боюнча көп жылдар бою ар түрдүү тыянактарды чыгарып келгендигин байкабай коё албайт. Бул мурдагыдай эле ар бир конкреттүү учурда соттун баа берүүсү үчүн коюлган суроо, сот болсо аны райондун жалпы географиясына таянуу менен жасайт...

12. Континенттик шельфти жана өзгөчө экономикалык аймакты делимитациялоочу деңиз чек арасы[74].

Континенттик шельфти жана өзгөчө экономикалык аймакты делимитациялоочу деңиз чек арасы мамлекеттердин жер аймактарын бөлүп туруучу мамлекеттик чек араларга теңдештирилбеши керектигин Сот белгилейт.

Биринчиси суу жээгинде жайгашкан мамлекеттер эл аралык укуктун алкагында белгилүү бир максаттар үчүн кайсы бир көз карандысыздык укуктарына ээ. Акыркысы мамлекеттик көз карандысыздыктынаймактык чектерин аныктайт. Демек, соттун пикири боюнча, континенттик шельфти жана өзгөчө экономикалык аймактагы деңиз чек арасын делимитациялоо мүнөзү боюнча эч кандай чаташкандык болбойт жана жогоруда белгиленген мааниде бул терминди колдонот.

[74] Id. at paras. 217-218.

5-БАП

МАМЛЕКЕТТЕРДИН ЖООПКЕРЧИЛИГИ

Мыйзамга каршы эл аралык аракеттер үчүн мамлекеттердин жоопкерчилиги

Эл аралык укук комиссиясынын беренелеринин долбоору[75]

Жалпы принциптер

1-берене. Мамлекеттин өзүнүн эл аралык мыйзамга каршы аракеттери үчүн жоопкерчилиги.

Мамлекеттин эл аралык мыйзамга каршы ар бир аракети ал мамлекеттин эл аралык жоопкерчилигине алып келет.

Комментарий

(1) **1-берене** бүтүндөй макалага негиз болуучу башкы принципти аныктайт. Анын мааниси – мамлекет тарабынан эл аралык мыйзам бузуу анын эл аралык жоопкерчилигин пайда кылат. Мамлекеттин эл аралык мыйзамга каршы аракеттери бир же бир нече аракеттерден же аракетсиздиктен, же экөөнүн кошулмасынан турат. Эл аралык мыйзамга каршы аракеттин болгон-болбогону, биринчи кезекте, бузулду деп ырасталуучу милдеттеменин бар-жогуна жана экинчиден, мындай аракеттин жагдайлары менен шарттарына жараша болот.

2-берене. Мамлекеттин эл аралык мыйзамга каршы аракетинин элементтери

Мамлекеттин эл аралык мыйзамга каршы:

(А) мамлекетке эл аралык укукка ылайык жасады деп ыйгарылганда жана

(Б) мамлекеттин эл аралык милдеттемелерин бузганда.

---

[75] U.N. International Law Commission, Draft Articles on Repsonsiblity of States for Internationally Wrongful Acts, 2001. Full articles and comments available at: http://untreaty.un.org/olc/texts/9_6.htm.

аракет же аракетсиздиктен турган жүрүм-турум деп каралат.

Комментарий

2-берене мамлекеттин эл аралык мыйзамга каршы аракетти аныктоо үчүн зарыл шарттарды, б.а. мындай аракеттин түзүмдүк бөлүктөрүн белгилеп көрсөтөт. Эки элементи аныкталып, көрсөтүлгөн. Биринчиден, укука каршы аракет мамлекет менен эл аралык укукка байланыштуу болушу керек. Экинчиден, мамлекетке жоопкерчиликти ыйгаруу үчүн, жасалган аракет ошол мамлекеттин укуктук күчкө ээ эл аралык милдеттемелерин бузган болушу керек.

3-берене. Мамлекеттин аракетин эл аралык мыйзамга каршы аракет деп квалификациялоо

Мамлекеттин аракетин эл аралык мыйзамга каршы аракет деп квалификациялоо, эл аралык укук тарабынан жөнгө салынат.

Мындай мүнөздөмөгө ошол эле аракеттин ички мыйзамдар боюнча мыйзамдуу деп квалицикацияланышы таасир этпейт.

Комментарий

(1) 3-берене 2-беренеде камтылган принципти, тагыраак айтканда, аракеттин эл аралык мыйзамга каршы аракет деп мүнөздөлүшү тийиштүү мамлекеттин ички мыйзамдары боюнча мыйзамдуу деп мүнөздөлүшүнөн көз карандысыз деген принципти камтыйт. Бул жобонун эки элементи бар. Биринчиден, эгерде мамлекеттин аракети өзүнүн улуттук мыйзамдарын бузса да, эл аралык милдеттемелерди бузгандык болбосо, анда ал аракет эл аралык мыйзамга каршы деп квалификацияланышы мүмкүн эмес. Экинчиден, эң маанилүүсү, мамлекет өзүнүн жасаган аракети өзүнүн ички жоболоруна ылайык келет деп ырастоо менен ал аракеттин эл аралык укукка ылайык мыйзамсыз деп квалификацияланышынан кача албайт.

Эл аралык милдеттемелерди бузуу

АКШнын Тегерандагы дипломатиялык жана консулдук кызматкерлери (Иран Америка Кошмо Штаттарына каршы), 1980[76]

***

56. Бул иштин маңызы боюнча соттун чечим кабыл алуусу үчүн негизги факттар мурдатан берилген. Ал факттар сот тарабынан эки көз карашта каралышы керек. Биринчиден, кеп болуп жаткан иш-аракеттер укук боюнча канчалык деңгээлде Иран мамлекети жасады деп каралышы мүмкүн экендигин аныктоосу керек. Экинчиден, ал аталган аракеттер колдонулушу мүмкүн болгон келишимдер же башка бардык эл аралык укук ченемдери боюнча Ирандын милдеттемелерине туура келер же келбестигин карап чыгышы керек. Кошмо Штаттардын дооматынын предмети болгон окуялар эки фазадан турат жана биз үчүн аларды өз-өзүнчө кароо ыңгайлуу.

Габчиково-Надьямарош долбоору (Венгрия Словакияга каршы), 1997[77]

***

78. Андан сырткары, иш жүзүндө, С вариантынын иштеши Чехословакияга Дунай суусунун негизги нугуна кайра агып келгенге чейинки 80-90 пайызын негизинен өзү жана жеке пайдасына колдонууга мүмкүнчүлүк берген. Бул Дунай дарыясы жөн гана эл аралык жалпы суу агымы болбостон, эл аралык чек аралар аркылуу агып өтүүчү дарыя болуп эсептелгендигине карабастан болгон.

Чехословакия С варианты Венгрия мурдатан макул болгондон ашык эч нерсе кылган жок жана Венгрия өзүнүн келишимдик милдеттемелерин аткарбоону чечкендигинин аркасында зарыл болгон өзгөртүүлөр гана жасалды деп билдирген. Венгрия 1977-жылдагы келишимди түзүүдө Дунайда плотиналардын курулушуна жана анын суусунун эркин каналга агып кетүүсүнө макул болгондугу чын. Бирок

---

[76] United States Diplomatic and Consular Staff in Tehran (U.S. v. Iran), Judgment, I.C.J. Reports 1980, p. 3.

[77] Gabcнkovo-Nagymaros Project, (Hungary v. Slovakia), Judgment of 25 September 1997, I.C.J. Reports 1997, p. 7.

бул биргелешкен иш менен анын пайдасын биргелешип пайдалануу контекстинде гана болгон жана буга Венгрия өз макулдугун берген.

Мындай макулдукту Венгрия кылгандай, биргелешкен иш-аракеттерден баш тартуу аркылуу убактылуу аткарбоо же жоюу Венгриянын укуктук милдеттемелерин бузгандык болуп эсептелет. Бирок Венгрия эл аралык суу агымдарынын ресурстарын акыйкат жана акылга сыярлык чекте биргелешип пайдалануу боюнча өзүнүн негизги укуктарын жоготту дегенди билдириши мүмкүн эмес. Ушуга жараша, Сот Чехословакия С вариантын пайдалануу менен 1977-жылдагы келишимди колдонгон жок, тескерисинче, анын айрым жоболорун бузду жана бул аракети менен эл аралык мыйзамга каршы иш жасады деген бүтүм чыгарат.

Рэйнбоу Ворриордун иши (Жаңы Зеландия Францияга каршы[78]), 1990

***

[75-б.]. Эл аралык укуктун мамлекеттердин жоопкерчилигине тиешелүү жалпы принциптери келишимдик милдеттемелер бузулган учурларда да колдонулуш мүмкүндүгү себеп болот, анткени эл аралык укук чөйрөсүндө келишимдик жана мыйзамсыз милдеттеменин ортосунда айырма жок, ошондуктан милдеттин кайдан келип чыкканына карабастан, мамлекет тарабынан анын бузулушу мамлекеттин жоопкерчилигине алып келет, демек ордун толтуруу милдеттин пайда кылат.

Конкреттүү келишим, албетте, өзүнөн-өзү мамлекеттин жалпы мыйзамын, мисалы, ал үчүн каражаттар системасын түзүү жолу менен чектеп же кеңейтиши мүмкүн. Туруктуу Сот бул Хожувдагы заводдун ишинде (юрисдикция) негиз түзүүчү принцип деп жарыялап, төмөнкүнү билдирген:

Бул өз ара мамилени бузгандык ага ылайык келүүчү формада ордун төлөө милдетин өзүнө камтый турган эл аралык укук принциби. Ошентип, келтирилген зыяндын ордун төлөө конвенцияны колдонбоонун зарыл толуктоосу болуп эсептелет.

Келишимдик милдеттемелерди аткаруудан баш тартуу өзүнө эл аралык жоопкерчиликти камтый тургандыгы түшүнүктүү (Тын-

[78] Arbitration Tribunal 1990, vol. XX (Sales No.E/F.93.V.3), p. 215 (1990). (p. 251, para. 75).

чтык жөнүндө келишимдер (экинчи баскычы) 1950, Эл аралык соттун отчеттору, 221, 228). Учурда каралып жаткан мыйзамга каршы келүүчүлүктү четке кага турган жагдайлардын болушу, о.э. укуктук коргоо каражаттары жөнүндө тийиштүү суроолор тараптардын Эл аралык келишимдердин укуктары жөнүндө Вена конвенциясынын маанилүү жоболорун колдонуу менен түзгөн келишиминин шарттарына зыян келтирүүсүз, мамлекеттердин жоопкерчилиги жөнүндө кадимки укуктун алкагында жана анын көз карашында жооп табуулары керек деген ой бул суроо боюнча тыянак болуп эсептелет.

Мамлекеттин иш-аракети деп каралуучу

Адам укуктары боюнча атайын докладчынын сот-процессуалдык иммунитети боюнча айырмачылык, 1999[79]

***

[87-б.] Сот Малайзия өкмөтү Уставдын 105-беренесине жана Жалпы конвенцияга ылайык өз сотторуна Башкы катчынын көз карашын билдирүү милдетине ээ болчу деген тыянакка келет. Эл аралык укуктун калыптанган ченемине ылайык мамлекеттин бардык органынын жүрүм-туруму ошол мамлекеттин жасаган аракети деп каралышы керек. Кадимки мүнөздөгү бул эреже Эл аралык укук комиссиясы тарабынан биринчи окулушунда алдын ала кабыл алынган Мамлекеттердин жоопкерчилиги жөнүндө беренелердин долбоорунун 6-беренесинде чагылдырылган. Анда мындай деп каралган:

«Орган түзүүчү, мыйзам жаратуучу, аткаруучу, сот же башка бийликке карабасын, анын функциялары эл аралык же ички мүнөздө болобу, жана мамлекеттин уюштурулушунда жетектөөчү же баш ийүүчү абалга ээби, баары бир анын жүрүм-туруму ошол мамлекеттин жасаган иш-аракети деп каралат» (Эл аралык укук комиссиясынын ар жылкы басылмасы, 1973, Vol. II, 193-б.).

Башкы катчынын пикирин өкмөт компетенттүү сотторго билдирбегендиктен, Тышкы иштер министри өзүнүн сертификатында

[79] Difference Relating to Immunity from Legal Process of a Special Rapporteur of the Commission on Human Rights, Advisory Opinion, I.C.J. Reports 1999, p. 62.

ага шилтеме жасабагандыктан, Малайзиянын иш-аракети жогоруда эскертилген милдеттемеге ылайык келбейт.

Судья Оданын өзүнчө пикири

[107-б., Оданын ө.п.] 24. (токтом кылуучу бөлүктүн п. (2) (а)) Малайзиянын улуттук соттору Кумарасвами мырзанын өтүнүчүн ага каршы тергөө жүрүп жаткан мезгилде кароону чечишкен. Малайзия Кумарасвами мырзанын үстүнөн ишти токтотулбай, улантылышына жол берүү менен, мамлекет катары өзүнүн улуттук сотторунун иш-аракеттери үчүн жоопкерчилик алат. Башкача айтканда, Малайзия мамлекет катары өз органдарынын – бул окуяда сот бийлигинин – Кумарасвами мырзанын юридикалык кол тийбестигин камсыз кылуудагы ишти аткара албагандыгы үчүн жооптуу.

Мында Малайзия өкмөтүнүн аткаруу департаменттери чынында эле өз сотторуна Башкы катчынын пикирин билдиргенби деген суроо ишке тиешелүү болуп эсептелбейт.

Судья Резектин өзгөчө пикири

[109-б., Резектин ө.п.] Мен бул суроолор боюнча көпчүлүктүн пикирине кошулам, бирок мен баса көрсөткүм келген нерсе – Малайзия үчүн Башкы катчынын пикирин жөн гана өз сотторуна билдирүү милдет эмес, иммунитеттин сакталышын камсыз кылуу милдеттүү болуп эсептелет. Бул жүрүм-турум кайсы багытта болушу керектиги жөнүндө сунуш болбошу керек, бул сот бийлигинин (андан тышкары бул бийлик атайын докладчынын миссиясынын предмети болуп эсептелет) көз карандысыздыгы жөнүндө түшүнүктүн өзү менен шайкеш келбей турган көрүнүш.

Өкмөт, эгер Башкы катчынын пикирин ырастоо менен, сот системасы боюнча өз колунда бар бардык чараларды (көпчүлүк өлкөлөрдө прокурордун же башкы күнөө коюучунун иш-аракеттери) көрсө, ал соттордо өз кызыкчылыктары менен көз караштарын коргогондой эле иммунитет корголсо, иммунитеттин сакталышын камсыз кылган болот.

Бирок сот бийлиги көз карандысыз бийлик болсо, анда өкмөттүн күч-аракеттерине карабай, жогорку сот инстанциясында иммунитет берилбеши дайыма мүмкүн. Мындай гипотетикалык жагдайда, малайзиялык соттун иммунитет жөнүндө суроону кароодон limine litis баш тарткан конкреттүү учурундагыдай эле, Малайзия аткаруу бийлигинен башка бийликтин иш-аракетинин себебинен БУУнун алдында эл аралык жоопко тартылат. Бул эл аралык укукка белгисиз же деги эле эл аралык мамилелер тарыхындагы сейрек кырдаал эмес болчу.

Никарагуада жана ага каршы аскердик жана жарым аскердик иш-аракет (Никарагуа Америка Кошмо Штаттарына каршы), 1986[80]

***

109. Азыркы убакытта Сот Кошмо Штаттардын оппозициячылары менен өкмөтүнүн мамилелеринде көз карандылык жана көзөмөл болгондугун же болбогондугун жана аталган оппозиция менен АКШ мамлекетинин өкмөтүнүн же ошол өкмөттүн атынан иш-аракет кылуучу органдын ортосунда укуктук жагынан барабардык белгисин коюу туура же туура эместигин аныкташы керек. Бул жерде 1988-жылдын май айында чалгынчылык боюнча комитеттин жогоруда 95-пунктта эске салынган докладдагы баасын белгилөө орундуу. Анда оппозиция «өз алдынча күчтү түзөт» жана «Кошмо Штаттары колдоно алышы мүмкүн болгон жалгыз башкаруу элементи жардам берүүнү токтотуу болчу» деп айтылган. Парадокстуу түрдө бул баа, тескерисинче, оппозициянын сырткы жардамдан көз карандылык деңгээлине мүнөздүү болгон көзөмөлдүн болуу мүмкүнчүлүгүн баса белгилейт. Бирок ири субсидияларга жана колдоо көрсөтүүнүн АКШ көрсөткөн башка чараларына карабай, Кошмо Штаттары чындап эле ушундай деңгээлде көзөмөлдү оппозиция анын атынан иш-кылып жатат деп карагандыгын актоо үчүн бардык тармактарда жүргүзүп жаткандыгына эч кандай айкын далил жок.

111. Соттун пикири боюнча, каршылык күчү жок дегенде, АКШ өзүнүн олуттуу жана эң маанилүү аскердик жана жарым аскердик аракеттерин Кошмо Штаттардын көп кырдуу колдоосу жок аткарала албаган мезгил аралыгында болгондугу аныкталды. Бул тыянак каралып жаткан иште фундаменталдуу мааниге ээ. Ошентсе да, оппозициянын аталган мезгил аралыгындагы иш-чараларынын баары же көпчүлүгү мындай колдоо алгандыгына адекваттуу түз далил жок, жана, кыязы, бардык жагынан ачык-айкын далилдин болушу да мүмкүн эмес. Сот үчүн АКШ өкмөтү тарабынан көзөмөл деңгээли, жогоруда сүрөттөлгөндөй, оппозициянын күчү көз каранды болгон абалга мүнөздүү экендигин көрсөтүү маанилүү.

115. Сот АКШнын катышуусу, эгер ал оппозициячыларды каржылоодо, уюштурууда, окутууда, камсыз кылууда, алардын өз аскердик же жарым аскердик милдеттерин тандоодо жана өз ишин пландоо-

[80] Military and Paramilitary Activities in and against Nicaragua (Nicaragua v. United States of America), Merits, Judgment, I.C.J. Reports 1986, p. 14.

до басымдуулук жана чечүүчү рольго ээ болсо да, соттун колунда бар далилдер оппозициячылардын Никарагуада аскердик жана жарым аскердик операцияларынын жүрүшүндө жасаган аракеттерин Кошмо Штаттардын аракети деп ыйгарууга мурдагыдай эле өзүнөн өзү жетишсиз деген көз карашты кабыл алды (жогоруда п. 110). АКШ катышкан жогоруда аталган бардык иш-аракеттер, ал турсун, жоопкер мамлекеттин күчтү көзөмөлдөшү жана ал күчтөрдөн жогорку деңгээлдеги көз карандылыгы, АКШ арыз берүүчү мамлекет билдиргендей, адам укуктарына жана гуманитардык укукка каршы аракеттерди жетектеп жана мындай аракеттерди жасоого мажбурлагандыгын андан аркы далилсиз, өзүнөн өзү көрсөтпөйт. Мындай иш-аракеттерди оппозициялык топтордун мүчөлөрү АКШнын көзөмөлүсүз эле аткарышы толук мүмкүн болчу. АКШнын бул жүрүм-турумун укуктук жоопкерчиликке алып келүү үчүн, бул мамлекет божомолдонгон укук бузууларга алып келген аскердик же жарым аскердик операцияларга натыйжалуу көзөмөл жүргүзгөндүгү далилдениши керек.

116. Сот АКШнын оппозициялык күчтөргө көрсөткөн жардамы, ал күчтөрдү АКШга алардын жасаган бардык аракеттери ушул мамлекеттин күнөөсү болгондой ыйгарууга болот деген тыянак чыгарууга мүмкүнчүлүк берет деп эсептебейт. Ал оппозициячылар өз аракеттери үчүн жооп тартууну улантышат жана АКШ алардын иш-аракеттерине жооп бербейт, бирок Никарагуага карата өзүнүн жеке жүрүм-туруму, анын ичинде оппозициячылардын аракеттерине байланышкан жүрүм-туруму үчүн жооп берет деп эсептейт. Сот Никарагуа АКШнын күнөөсү деп карап жаткан оппозициячылардын гуманитардык укукту бузууларына байланышкан дооматтарды эмес, оппозициячылардын иш-аракеттерине түздөн-түз байланыштуу АКШ жооп тартышы мүмкүн болгон укукка каршы иш-аракеттерди иликтеши керек. АКШнын мындай иш-аракеттеринин мыйзамдуулугу же эч болбогондугу оппозициячылар күнөөлүү болушу мүмкүн болгон же мүмкүн болбогон гуманитардык укукту бузуудан айырмалануучу суроо болуп эсептелет. Дал ушул себептен сот оппозициячылар жасады делип жаткан гуманитардык укук бузуулар чындыгында болгон-болбогонун аныктабашы керек. Ошол эле учурда, АКШ өкмөтү гуманитардык укуктар бузулгандыгы жөнүндө оппозициячыларга каршы арыз берилгендигин тийиштүү учурда билгенби же билиши керекпи деген суроо АКШнын аракеттеринин мыйзамдуулугун баалоого тиешелүү. Бул жагынан алганда, олуттуу факттар, биринчи кезекте, 1983-жылдагы психологиялык операциялар боюнча колдонмо жөнүндө суроого байланышкан факттар эмес.

155. Экинчиден, эгерде Сальвадордогу куралдуу оппозицияга аскердик жардам Никарагуанын аймагына жеткирилет деп болжогондо да, бул жардам акыркы өлкөнүн бийлигинин күнөөсү болуп эсептелет. Чындыгында арыз берүүчү мамлекет Сальвадордогу куралдуу оппозицияга курал-жарак өзүнүн аймагы аркылуу жеткирилиши мүмкүн экендигин жашырууга аракеттенген эмес, бирок ал бул аракет өзү тарабынан болгон кандайдыр бир атайын расмий саясаттын натыйжасы экендигин танып моюнга албайт. Сот 1949-жылы белгилегендей:

«Мамлекеттин өз жер аймактарына жана сууларына көзөмөл жүргүзүү фактысынан ал жерлерде жасалган мыйзамсыз акт жөнүндө бул мамлекет сөзсүз билген же билиши керек болчу жана ал бул жөнүндө сөзсүз билет жана билиши керек деген жөн гана тыянак чыгаруу мүмкүн эмес. Бул факт өзүнөн өзү жана башка жагдайлардан өзүнчө түз жоопкерчиликти камтыбайт жана далилдөө жүгүн ыйгарбайт» (Корфу кысыгы жөнүндө иш, I.C.J., 1949, 18-б.).

157. [...] эгерде курал-жарактын агымы чынында эле Сальвадорго жетип, Гондурас да, Сальвадор да, АКШ да аларды токтото албаган болсо, анда Никарагуа өкмөтүнөн үч мамлекеттин күч-аракетин кошкондогунан да көбүрөөк аракет кылууну талап кылуу анык негизсиз болмок. Атап айтканда, Никарагуаны өз аймагы аркылуу курал-жарактын алынып өтүшүнө уруксат берди деп күнөөлөө Сальвадор бул куралдын агымын токтотууга жөндөмсүздүгүн моюнга алышына барабар. Бул курал-жарак менен соода кылууга туш болгон бардык өкмөттөрдүн, анын ичинде Никарагуанын абалы оор экендигин көрсөтөт: бул ишти токтотууга чечкиндүүлүк кылуу өтө кыйын болмок. Тагыраак айтканда, бул куралдуу жардамдын бир бөлүгү, айтылып жаткандай, Гондурас аркылуу ийгиликтүү өтүп турган бөлүгү боюнча Никарагуага коюлуп жаткан бул күнөө Сальвадордогу куралдуу оппозицияга жардам берүүгө умтулат деп шектелбеген Гондурас бул көмүскө курал сатуу менен Никарагуа Гондурастан жакшы күрөшө ала тургандыгын эч ишенбестигине эрксиз далил берет дегенди билдирет.

Аймактын өкмөттөрүнүн колундагы чаралары болжол менен бирдей, геаграфиялык тоскоолдуктар менен көмүскө курал сатуунун бардык ички мүнөзү мындай курал ташуу мамлекеттик органдардын эч бир катышуусу жок жана ал турсун, алар муну токтотууга умтулган учурда да мүмкүн экендигин жөн гана көрсөтөт. Акырында, эгерде бул чын болгондо да, АКШ жайылткан өзгөчө кенен ресурстар Сальва-

дордун оппозициясын куралдандыруу үчүн болгон ташып өтүүлөрдү токтотууга күчү жетмек эмес, жана бул аталган трафик анын аймагынан өтсө жана бийлик аны токтотууга умтулса, аны өзүнө баш ийдирүү үчүн бир топ аз ресурсу бар Никарагуа канчалык алсыз экендигин андан да айкын көрсөтөт.

158. Сот Никарагуанын өз аймагында курал менен соода жүрүп жаткандыгы үчүн өзүнөн өзү жооптуу болбойт деп эсептейт. Себеби аны курчап турган коңшу мамлекеттер курал ташып өткөндүгү үчүн жоопко тартуу каралган эмес.

Борбордук Американын ушул бөлүгүн мүнөздөөчү жагдайларды эске алып, сот мындай түрдөгү иш-аракет чакан көлөмдө аймактын өкмөтүнө билгизбей жүргүзүлүшү толук мүмкүн экендигин тааныу чындыкка туура келет деп эсептейт.

Судья Агонун өзүнчө пикири

[188-189-б., Агонун ө.п.] Башка жагынан алганда, оппозициялык күчтөрдүн айрым мүчөлөрү жасаган кылмыш иштерин АКШга тиешелүү иш-аракет катары кароо керектиги жөнүдө арызданууучунун сунушуна Сот тарабынан берилген терс жооп да Эл аралык укук комиссиясынын долбоорунун жоболоруна ылайык келет. Чын эле оппозициялык күчтөрдүн, тараптардын же топтордун мүчөлөрүн АКШ үчүн жана анын атынан аракет кылуучулар деп кароо бул маселени жөнгө салуучу принциптерге шайкеш келмек эмес. Бул күчтөрдүн айрым мүчөлөрүнө АКШнын бийликтери тиги же бул иш-аракетти жасоону же белгилүү бир тапшырманы АКШнын атынан аткаруну атайын тапшырган учурларда гана ушундай кароо мүмкүн болот. Ушундай учурда гана эл аралык укук эрежеден сейрек четтөө иретинде мамлекеттин агенти да, органы да болбогон, анын аппаратынын эң кенен маанидеги мүчөсү да болбогон тараптар менен топтордун жүрүм-туруму ошол мамлекеттин иш-аракети деп эсептелерин моюнга алат.

Адам укуктары жана мамлекеттин жоопкерчилиги, Джеймс Кроуфорд[81]

Мамлекеттик эмес субъекттердин адам укуктарын бузуусун мамлекетке ыйгаруу

(a) Мамлекет алдындагы түзүлүштөр жана мамлекет органдары

Эгерде иш-аракет жасап жаткан уюм мамлекеттик орган болсо жагдай айкын. Мамлекетти түзө турган аймактык бөлүктөр менен административдик органдардын иш-аракеттери эл аралык жоопкерчилик маселелеринде мамлекетке теңдештирилет. Бул аталган органдардын ички мамлекеттик мыйзамдарына ылайык абалы кандай экендигине карабастан ушундай. Эл аралык жоопкерчилик укугу мамлекетке жоопкерчиликти, мисалы, Аризона менен АКШнын ортосунда же француз административдик агентчилик менен Франциянын ортосунда ажыратып бөлүү аркылуу жоопкерчиликтен кутулууга жол бербейт. Кошумча бөлүктөр менен мамлекет жалпысынан жоопкерчиликтин максаттарында бир деп каралат. Бул көз караш беренениң долбоорунда чагылдырылган:

«4-берене

Мамлекет органдарынын жүрүм-туруму

1. Мамлекеттин бардык органдарынын жүрүм-туруму ал орган мыйзам чыгаруучу, аткаруучу, сот же башка функциялардын кайсынысын аткарбасын, мамлекеттин системасында кайсы орунду ээлебесин, жана борбордук бийлик органы же мамлекеттин административдик аймактык бирдиги катары мүнөзүнө карабастан, эл аралык укук боюнча ошол мамлекеттин иш-аракети деп каралат.

2. Орган мамлекеттин ички укугуна ылайык жеке же юридикалык статуска ээ бардык тараптарды өзүнө камтыйт».

4-беренеде баяндалган ченем АКШ айрым америкалык штаттардын, мисалы, Вирджиниянын (Бреддин ишинде (Парагвай АКШга каршы[82])), Аризонанын (ЛаГранддын ишинде (Германия АКШга каршы[83]) 2), Арканзастын, Калифорниянын, Иллинойстун, Неваданын, Огайонун, Оклахоманын, Орегондун жана Техастын (Авенанын

---

[81] 12th Raymond & Beverly Sackler Distinguished Lecture Series. Human Rights and State Responsibility. James Crawford. Reprinted with permission of the author.

[82] I.C.J. Reports 1998 p 248.

[83] I.C.J. Reports 2001 p 466.

ишинде)[84] мыйзамдарына ылайык кылмыштары үчүн өлүм жазасы жөнүндө чечим чыгарылган адамдар үчүн сот чечимин алып салынышына Консулдук байланыштар жөнүндө Вена конвенциясынын негизинде каршы болгондо колдонулган. Ушундай эле жагдай административдик органдар менен аймактык бирдиктерде да байкалат.

Адам укуктары боюнча комиссиянын атайын докладчысынын сот-процессуалдык иммунитети боюнча талашта эл аралык укук мындай деген:

> «Эл аралык укуктун калыптанып калган ченемине ылайык, мамлекеттин кайсы бир органынын жүрүм-туруму ошол мамлекеттин аракети деп каралышы керек. Бул эреже кадимки мүнөзгө ээ»[85].

Мамлекет өзүнүн органы же агенти «өзүнүн ыйгарым укуктарынын чегинен чыкты же нускамаларга каршы келет» деп көрсөтүү менен гана жоопкерчиликтен кутулбайт. Ал маселени пайда кылган иш-аракет мамлекеттик бийликтин катышуусу жок жеке түрдө жасалган учурда гана жоопкерчиликтен кутула алат. Бул эреже ARSIWA-дин 7-беренесинде көрсөтүлгөн:

> *«Ыйгарым укуктардын чегинен чыгуу же көрсөтмөлөрдү бузуу*
>
> Мамлекеттик бийликтин элементтерин ишке ашырууга ыйгарым укук берилген мамлекет органынын, жеке же юридикалык тараптын жүрүм-туруму, эгерде орган, жеке же юридикалык тарап мамлекеттин ыйгарым укуктарын же көрсөтмөлөрүн бузуу менен болсо да, аталган мааниде иш-аракет кылса, ал эл аралык укукка ылайык мамлекеттин иш-аракети деп каралат».

7-бereненин эрежелери адам укуктарына карата бекитилген. Мисалы, Адам укуктары боюнча америкалар аралык сот Веласкес Родригестин иши боюнча мындай деген:

> Бул тыянак [Адам укуктары боюнча Америка конвенциясы бузулган деген] орган же кызмат адамы ички мыйзам жоболорун бузганынан же өз ыйгарым укуктарынын чегинен чыкканын көз каранды эмес: эл аралык укукка ылайык мамлекет өз агенттерин расмий абалында жасаган аракеттери жана кемчиликтери үчүн, ал агенттер өз ыйгарым укуктарынын чегинен сырткары жана ички мыйзамдарды бузуу менен аракет кылса да, баары бир жооптуу болот»[86].

---

84 I.C.J. Reports 2004 p 12.

85 I.C.J. Reports 1999 p 62, 87 (para 62).

86 Inter-Am Ct.H.R. Ser C No 4 (1989), 95 ILR 259, 296 (para 170).

(б) Жеке адамдар жана мамлекеттик эмес уюмдар

Мамлекеттин жоопкерчилигин аныктоо жагынан татаал болуп, аталган иш-аракеттерди жеке тараптар жасаган учурлар эсептелет

(I) Жеке тараптын мамлекеттен автономдуулук презумпциясы

Ар бир адамдын же юридикалык тараптын жүрүм-туруму, эгерде ал кайсы бир мамлекетте жарандыгы болсо, туруктуу жашаса же катталган болсо, ошол мамлекеттин жасаган аракети деп каралышы мүмкүн. Бирок эл аралык укук айрым жеке адамдардын жана алар тийиштүү болгон уюмдардын автономдуулугун тааныйт жана о.э. мамлекетти жарандардан айрып карайт. Ошентип, жеке адамдын жүрүм-туруму мамлекетке тиешесиз болгон контекстке жараша тиги же бул деңгээлде күчкө ээ болуучу презумпция бар. Бул 1923-жылы Теллинининин ишинде күбөлөндүрүлгөн. Эл аралык комиссия Греция менен Албаниянын ортосундагы чек араны аныктоо үчүн түзүлгөн. Анын төрагасы менен бир нече мүчөсү Грециянын аймагында өлтүрүлгөн. Улуттар Лигасынын кеңеши бул окуядан келип чыккан суроолорду Юристтердин Комитетине койгон. Комитет төмөнкүдөй деген:

> «Мамлекет өзүнүн аймагында чет элдик жарандарга каршы саясий кылмыштын иликтенишине гана, эгерде мамлекет кылмышкерге каршы кылмыштарды жана аны куугунтуктоону болтурбоо, аны камакка алуу жана акыйкат жазага тартуу үчүн бардык акылга сыярлык чараларды көрбөсө, жоопко тартылышы мүмкүн»[87].

Мамлекеттердин жоопкерчилиги жөнүдө ченемдер мамлекеттик эмес субъекттердин жүрүм-туруму үчүн, эгерде мамлекет эрежелерде аныкталган өзгөчө категориялардын бирине туура келүүчү атрибуциялар менен шарттарды өзүнө албаган болсо, мамлекет жооп бербейт деген мааниде чек коюучу болуп эсептелет.

Иран менен АКШнын ортосундагы талаш боюнча трибунал мындай деген: «Атрибут күчкө ээ болушу үчүн мамлекеттер өзүлөрүн катышуучулар менен жетишээрлик ишеничтүү идентификациялап, алардын мамлекет менен байланышын таануулары зарыл»[88].

Жобо абсолюттук эместиги жана жеке адамдардын жүрүм-туруму мамлекетке жүктөлүшү мүмкүн эместиги аныкталган соң, мындай жүрүм-турум мамлекетти жоопко тарта турган жагдайлардын алкагында каралышы керек болот.

---

[87] League of Nations, OJ, 5th Year, No. 4 (April 1924), p. 524.

[88] Yeager v. Islamic Republic of Iran (1987) 17 Iran-U.S.C.T.R. 92, 101-2.

(II) Мамлекеттик эмес тараптар мамлекеттин атынан иш-аракет кылуучу катары

Мамлекеттик эмес субъект «өкмөттүк бийликтин элементтерин ишке ашыруу үчүн» мамлекет тарабынан ишке тартылышы мүмкүн. Эгер мындай болсо, анда иш-аракет кылып жаткан мамлекеттик эмес тараптын жүрүм-туруму мамлекеттик деп каралышы мүмкүн. ARSIWA-нын 5-беренси боюнча:

«4-беренеге ылайык мамлекеттик орган болуп эсептелбеген, бирок ошол мамлекеттин мыйзамы боюнча мамлекеттик бийликтин кайсы бир артыкчылык милдеттерин аткарууга укуктуу жеке адамдын же юридикалык тарап, эгерде ал конкреттүү учурда ушул сапатта иш-аракет кылса, анда анын жүрүм-туруму мамлекеттин иш-аракети деп каралат».

Мамлекеттик эмес субъекттер мамлекеттин агенти болгон ар түрдүү кырдаалдар бар. Мисалы, акыркы жылдары айрым өлкөлөрдө мамлекеттик органдар жеке күзөт фирмалары менен алардын түрмөлөрдү башкарууда катышуусу үчүн келишимдерди түзүшкөн. Бул жеке тарап мамлекеттик агенттин милдетин аткарган учурга – анын иш-аракеттери эл аралык укуктун максаттары үчүн мамлекеттин эсебине ыйгарыларына мисал. Түрмөнү башкаруунун өзү эле адам укуктары боюнча көйгөйлөрдү жарата турган тармак менен бир болуп эсептелет[89]

Альфред Аман жеке менчик компаниялар сунуштардын санын жогорулатып, ага жараша «кардарлардын» санын көбөйтүш үчүн мамлекеттик органдарга таасир этүү мүмкүндүгүнөн тынчсызданат. Аман «мында жеке менчик провайдерлер түрмөдө камалгандардын санын көбөйтүү максатында сот чечимдерине же мыйзамдардын иштелип чыгышына таасир кылып жатышкандыгына же ушундай таасир кылууга аракеттенип жаткандыгына эч далил жок» экендигин моюнга алат, бирок ошентсе да муну тобокелдик иш деп идентификациялайт[90].

---

[89] Some 140,000 prison beds in the U.S, UK and Australia are managed by private firms, and problems of international human rights law have been identified in this: Colin Fenwick, "Private Use of Prisoner's Labor: Paradoxes of International Human Rights Law," (2005) 27 Human Rights Quarterly 249.

[90] Alfred C. Aman, Jr, "Privatization, Prisons, Democracy, and Human Rights: The Need to Extend the Province of Administrative Law," (2005) 12 Indiana J Global Legal Studies 511, 543-5.

(III) Мамлекеттин жетекчлиги жана көзөмөлү алдындагы мамлекеттик эмес агенттер

Мамлекет жеке тарапты өз агенти катары ишке тартпаса да, анын иш-аракетине багыт берип көзөмөлдөп туруучу жагдайлар да болушу мүмкүн. Эл аралык укук комиссиясынын долбоорунун 8-беренеси боюнча:

> «Эгерде жеке адам же адамдардын тобу тиги же бул жүрүм-турумун көрсөтүүдө мамлекеттин тапшыруусу менен, жетекчилиги же көзөмөлү астында иш-аракет кылган болсо, алардын жүрүм-туруму эл аралык укукка ылайык ошол мамлекеттин иш-аракети деп эсептелет».

8-беренеде берилген ченем башка мамлекеттин өкмөтүнө каршы чыгып жаткан козголоңчу кыймылдардын мамлекет тарабынан колдонулуусуна байланыштуу практикада пайда болгон.

(в) Куралдуу оппозициялык топтор: өз иш-аракеттерин мамлекеттин иш-аракети деп ыйгаруу

Мисалы, мамлекеттин өкмөттүк аскерлерине каршы жарандык согуш жүргүзүүчү, куралдуу оппозициялык топтордун иш аракеттери, эреже катары, мамлекетке тиешеси жок. Бирок мындай топтун жасаганы алар аймагында иштеген же дагы башка мамлекет менен байланыштуу болушу мүмкүн болгон жагдайлар бар. Куралдуу оппозициялык топтордун эл аралык укукка ылайык жоопкерчилик абалы адам укуктары жөнүндө сурооого түздөн түз байланыштуу, себеби өкмөттүн түзгөн мамлекетине каршы көтөрүлүүдө адам укуктарын бузуу көбөйүшү мүмкүн.

Куралдуу оппозициялык топ мамлекеттин тапшыруусу жана жетекчилиги же көзөмөлү менен иш-аракет кылганда, топтун жүрүм-туруму ошол мамлекеттин жасаганы деп каралышы мүмкүн. Бирок эл аралык трибуналдар жоопкерчилик чет мамлекетке ыйгарылардан мурун тиги же бул конкреттүү жүрүм-турум чет мамлекеттин жетекчилиги же көзөмөлү алдында болуп, же чет мамлекеттин нускамаларынан келип чыккандыгы жөнүндө айкын тыянактын болушун талап кылат. Эл аралык Сот Никарагуада жана ага каршы аскердик жана жарым аскердик иш-аракеттер боюнча иште төмөнкүдөй токтом кылган:

> «Ири субсидияларга жана колдоо көрсөтүүнүн АКШ көргөн башка чараларына карабай, Кошмо Штаттары чындап эле ушундай деңгээлде көзөмөлдү оппозиция анын атынан иш-кылып жатат

деп карагандыгын актоо үчүн бардык тармактарда жүргүзүп жаткандыгына эч кандай айкын далил жок... АКШнын катышуусунун жогоруда аталган бардык формалары жана, ал турсун, жоопкер мамлекеттин күчтү көзөмөлдөшү жана андан күчтүн жогорку деңгээлдеги көз карандылыгы, АКШ арыз берүүчү мамлекет билдиргендей, адам укуктарына жана гуманитардык укукка каршы аракеттерди жетектеп жана аларды жасоого мажбурлагандыгын андан аркы далилсиз, өзүнөн өзү көрсөтпөйт. Мындай иш-аракеттерди оппозициялык топтордун мүчөлөрү АКШнын көзөмөлүсүз эле аткарышы толук мүмкүн болчу. АКШнын бул жүрүм-турумун укуктук жоопкерчиликке алып келүү үчүн, бул мамлекет божомолдонгон укук бузууларга алып келген аскердик же жарым аскердик операцияларга натыйжалуу көзөмөл жүргүзгөндүгү далилдениши керек»[91].

Мурунку Югославия боюнча Эл аралык кылмыш жаза трибуналынын Апелляциялык палатасы өз көз карашын жана Никарагуанын иши боюнча Эл аралык соттон өз айырмачылыгын баса көрсөтүп, абалды бир аз башкача баяндап билдирген. Прокурордун Тадичке каршы ишинде палата мындай деп билдирген:

«Жеке адамдардын жасаган иштерин мамлекет аткарды деп ыйгаруу үчүн эл аралык укукта талап кылынуучу негизги шарт ошол мамлекет аталган адамдарды көзөмөлдөгөнү болуп эсептелет. Бирок көзөмөл деңгээли ар бир конкреттүү учурдун анык жагдайларына жараша ар түрдүү болушу мүмкүн. Апелляциялык палата эмне үчүн эл аралык укук ар бир жагдайда көзөмөлдү текшерүү үчүн бийик чекти белгилей тургандыгын түшүнбөйт»[92].

МЮЭТ айрым адамдардын кылмыш жаза жоопкерчилиги жөнүндө кабардар болгон, жана бул аны мамлекеттердин жоопкерчилиги талаштуу болгон Никарагуанын иши боюнча Эл аралык соттон айырмалап турат. Андан тышкары Таличтин ишинде каралган суроо конкреттүү иш-аракеттер үчүн жоопкерчилик болгон-болбогондугу жөнүндө эмес, эл аралык гуманитардык укуктун ченемдерин каралып жаткан жагдайда колдонуу мүмкүн же мүмкүн эместиги жөнүндө болчу.

Мамлекеттин өкмөтү жок болуп, коомдук функцияларды ишке ашыруу талап кылынганда мамлекеттик эмес топ мамлекеттин мил-

---

[91] Military and Paramilitary Activities in and against Nicaragua (Nicaragua v. USA), Merits, I.C.J. Rep 1986 p 14, 62, 64-5 (para 109, 115).

[92] IT-94-1, Prosecutor v Tadi (1999) 38 ILM 1518, 1541 (para 117) (emphasis original).

деттерин аткаруучу болуп калышы мүмкүн. Мындай жагдайда мамлекеттик эмес топтун жүрүм-туруму мамлекетке жүктөлүшү мүмкүн. Бул өзгөчө учур, бирок адам угуп көрбөгөн нерсе эмес: революциядан кийинки жагдайлар, мисалы, ыйгаруунун ушундай түрүнө алып келиши мүмкүн. Мындай абал Ирандагы ислам революциясынын учурунда болгон.

Бул, мисалы, кийинчерээк мамлекетти ийгиликтүү басып алган козголоңчулук кыймылдардын иш-аракеттери мамлекетке жүктөлүшү мүмкүндүгү жөнүндө дооматтарды кароо боюнча XX кылымдагы Мексика менен Венесуэланын алгачкы аралаш комиссияларында чагылдырылган туруктуу көз караштар.

192 Мыйзамга каршылыкты жоюучу жагдайлар

Рэйнбоу Ворриордун иши (Жаңы Зеландия Францияга каршы), 1987[93]

***

76. «Мыйзамга каршылыкты жоюучу жагдайлар» деген аталышта Эл аралык укук комиссиясы 29-35-беренелерде эрежелер топтомун сунуштаган. Ал эрежелер бул иш боюнча чечим үчүн маанилүү болушу мүмкүн делген үч жобону, форс-можордук кырдаалдарга жана кокус болгон окуяларга шилтемелерди (31-берен), кырсыктарды (32-берене), өтө зарылчылыкты (33-берене) өзүнө камтыйт.

77. [М]ында каралып жаткан учурга форс-мажордук кырдаалдардын себебинин колдонулушун алып салуу үчүн бир нече себеп бар. Эл аралык укук комиссиясынын докладында белгиленгендей, 31-берене «иш-аракеттин предмети аны өз эркине каршы ага жүктөлгөн эл аралык милдеттемелердин талаптарына ылайык келбеген тартипте иш жасоого алып келүүчү кырдаалдарга тиешелүү» (YbkJLC, 1979, II чыг., п. 2, 122-б., түп нускасында бөлүнүп көрсөтүлгөн). Форс-мажордук кырдаалдар «жалпысынан эрксизден же, куру дегенде, атайылап жасалбаган жүрүм-турумду актоого кызмат кылат», алар «ал жетпей турган күчкө же кокустан болгон тышкы окуяга» кирет, аларга каршы укуктук коргоо жок жана бул «милдеттемеге ылайык иш-аракет кылууну» ма-

[93] 26 ILM 1346, Special Arbitration Tribunal (1987)

териалдык жактан мүмкүн кылбайт, себеби «бир да тарап мүмкүн эмес нерсени жасоого милдеттүү эмес» (ошол эле жерде, 123-б., п. 4).

Жаңы Зеландиянын бул каралып жаткан учур үчүн форс-мажордук кырдаалдар олуттуу себеп болбойт. Анткени анын орундуулугун текшере турган нерсе – бул абсолюттук жана материалдык мүмкүн эместик деген ырастоосу туура. Жана ал келип чыгуучу жагдайлар татаал жана түйшүктүү, бирок жоюуга болбой турган жагдай эмес. Демек бул себептин каралып жаткан иш үчүн эч мааниси жок.

78. Укуктук макулдашуулар боюнча Эл аралык комиссия иштеп чыккан беренелердин 32-чиси эл аралык укукта мыйзамга каршылыкты жоё ала турган башка кырдаалды көрсөтөт. Атап айтканда, мамлекеттин суроо алдында турган иш-аракетин түзүүчү ишти жасаган адамдын «кырсыктуу абалы».

Эл аралык укук Комиссиясы өз комментарийинде «кырсыктуу абал» аталган учурда өзүн же өз карамагындагы адамды сактап калууга башка каражатынын жоктугунан бул милдеттеменин талаптарына ылайык келбеген жол менен иш-аракет жасоого аргасыз болгон өтө коркунучтуу абалды билдирет. Ошентип, суроо элементардуу гуманитардык ой-пикирди эске алгандагы өтө зарыл болгон учурда мамлекттин иш-аракет кылган органдарына таасир кылуучу кырсыктуу абал мыйзамга каршылыкты жоё ала тургандыгы эсептелет.

79. Мындан мурунку укуктук көз караштарга ылайык, майор Мафарт менен капитан Прёрго карата франциянын жүрүм-турумун актоо үчүн 3 шарт бар:

1) элементардуу медициналык жана башка шашылыш өзгөчө кырдаалдардын болушу, андай шарттардын болгондугуна ырастоолорду башка кызыккан тараптар кийинчерээк көрсөткөн же берген шартта;

2) репатриациялоону актоо үчүн өзгөчө кырдаал катары кызмат кылуучу себеп жоюулар замат Хаодогу өткөрүп берүүгө байланышкан баштапкы кырдаалды кайра калыбына келтирүү;

3) 1986-жылдагы Макулдашуунун шарттарында Жаңы Зеландиянын макулдугун алууга багытталган ак ниет күч-аракеттердин болуусу.

Майор Мафарттын иши

80. Майор Мафартты четтетүү боюнча Франциянын демилгесине Жаңы Зеландиянын кайтарым аракети жогоруда көрсөтүлгөн пикирлерге ылайык ишке ашырылган деп каралат.

81. Майор Мафарт Парижге келген күнү эл аны кароого доктор Кроксондун жиберилиши жогоруда аталган кесепеттерге, тактап айтканда, эгерде эвакуацияны актоочу божомолдонуп жаткан шашылыш шарттар текшерилген болсо, анда макулдук бир тараптуу чыгарып салууга чейин берилген болушу ыктымал... Доктор Кроксондун 1987-жылдын 14-декабрындагы биринчи доклады майор Мафарт «Хаодо жасоого мүмкүн болбогон толук изилдөөгө муктаж» экендигин моюнга алат жана шашылыш эвакуациялоону актай турган себептин бар-жогу жөнүндө олуттуу суроого берген анын жообу күмөндүү болуп эсептелет.

[...]

83. 1988-жылдын 12-февралындагы 6-доклад, экинчи жагынан, ал мезгилде майор Мафартты Хаого кайра кайтаруу боюнча француз бийлигинин милдеттемеси, ал кайра жөнөтүлсүн деп чечкен шашылыш медициналык жардамдын жоголуп кетишинин себебинен болгондугу аныкталгандыгын күбөлөндүрөт. Бул доклад эвакуациялоонун болушун аныктай турган симптомдордун кайталангандыгын көрсөтүүчү башка медициналык отчеттордун жоктугу менен бирге майор Мафарт кеч дегенде 1988-жылы 12-февралда Хаого кайтарылыш керектигин далилдейт жана муну жасай албагандык Биринчи макулдашуу боюнча француз өкмөтү өз милдеттемелерин бузган болуп эсептелет. Муну майор Мафартты «чет өлкөдө кызмат кылууга жараксыз» болгондугунун негизинде Франциянын метрополиясында калтыруу жөнүндө француз бийлигинин чечими актабайт.

88. [...] Эки тарап тең майор Мафартты Хаого кайтаруу эң биринчи кезекте анын ден соолук абалына жараша боло тургандыгын моюнга алат. Ошентип, Франциянын тышкы иштер министрлиги 1987-жылдын 30-декабрдагы Жаңы Зеландиянын элчигине жазган катында Франция 1986-жылдагы Макулдашууну урматтай тургандыгын белгилөө менен, майор Мафарт Хаого ден соолук абалы мүмкүнчүлүк бергенде кайтып келе тургандыгын билдирген. Демек майор Мафарт үчүн Францянын борборунда андан ары калууга эч мыйзамдуу негиз жок болчу жана бул кемчилик Биринчи макулдашуу боюнча француз өкмөтү өз милдеттемелерин олуттуу бузган деген тыянак сөзсүз келип чыгат.

Капитан Прёрдун иши

89. Капитан Прёрго байланышкан жагдай жөнүндө айтсак, 1988-жылы 3-майда француз бийлиги Жаңы Зеландиянын өкмөтүнө ал кош бойлуу экендигин билдирип, медициналык бүтүм «бул кош бой-

луулук өзгөчө кылдат каралышы керек» деп белгилегендигин кошумчалаган. Кеңеш «Хаодого медициналык мекемелер зарыл медициналык кароолорду өткөрүп Прёр айымга анын абалына ылайык кам көрө албайт» деп кошумчалаган.

[...]

93. Иште четке кагылбаган жогорудагы факттар Жаңы Зеландия, эгерде капитан Прёрдун кош бойлуулугуна байланыштуу өзгөчө кам көрүү зарыл болсо, анын учуп кетүүсүнө каршы болбогондугун көрсөтөт.

94. Экинчи жагынан, 5-май күнү француз бийлиги кокустан капитан Прёрдун шашылыш кайтуусуна жаңы себеп – Прёр айымдын арасы рак оорусу менен оор абалда ооруканага жаткырылгандыгы жөнүндө фактты Жаңы Зеландия өкмөтүнө билдирүүнү чечкен.

[...]

96. 1988-жылдын 5-май күнү Франция капитан Прёрдун шашылыш кетүүсү, демек, кайра келиши Жаңы Зеландия тарабынан ырасталышына умтулган эмес; капитан Прёр Хаону бейшемби күнү 5-майда саат 11:30да (француз убактысы боюнча) таштап кетип, Парижге жума күнү 6-майда келген. ошентип, 1986-жылдагы Макулдашуу боюнча милдеттеме бузулган.

97. Андан тышкары, Франция капитан Прёрду анын атасы 1988-жылы 16-майда каза болгондон кийин да Парижде калтыруу менен өз милдеттемелерин бузууну улантkан.

[...]

99. Ошентип, кырсыктуу, өтө зарыл жана гуманитардык ойдогу жагдайлар деп Франция атаган кырдаалдар, мүмкүн, майор Мафартты Жаңы Зеландиянын макулдугусуз четтеткендик үчүн жоопкерчиликти жоё турган кырдаалдар болгондур, бирок бул жагдайлар капитан Прёрду алып чыгып кеткендиги үчүн жана эки офицерди Хаого кайра кайтарбагандыгынын натыйжасында өз милдеттемелерин бузгандыгы үчүн Франциянын жоопкерчилигин эч жоё албайт.

Габчиково-Надьмарош долбоору (Венгрия Словакияга каршы), 1997[94]

***

49. Эми Сот 1989-жылы Венгрияга 1977-жылдагы Келишимге жана ага байланышкан документтерге ылайык өз милдеттемелерин аткаруу үчүн жасашы керек болгон иштен эч кандай эл аралык жоопкерчилик тартуусуз токтотууга жана баш тартууга мүмкүнчүлүк берген зарыл жагдайдын болгон-болбогону жөнүндө суроону карайт.

50. Мында тараптар зарыл абалдын болушу Эл аралык укук комиссиясы мамлекеттердин эл аралык жоопкерчилиги жөнүндө өзү биринчи окулушунда кабыл алган беренелер долбоорунун 33-беренесинде бекиткен критерийлердин чегинде бааланышы керек деген ойго макул. Бул жобо мындайча берилген:

«33-берене. Зарылчылык абалы»

1. Мамлекет эл аралык укуктук милдеттемелерге ылайык келбеген өзүнүн иш-аракеттеринин мыйзамсыздыгын жоюу үчүн өтө зарыл абалга төмөнкү шарттарда таяна алат:

(А) акт мамлекеттин маанилүү кызыкчылыгын олуттуу жана сөзсүз боло турган коркунучтан сактап калуунун жалгыз каражаты болгон жана

(Б) акт аны жасаган мамлекеттин милдеттемелери бар башка мамлекеттин кызыкчылыктарына олуттуу зыян келтирбейт.

2. Төмөнкү шарттарда мамлекет өзүнүн иш-аракеттеринин мыйзамсыздыгын жоюу үчүн өтө зарылчылык абалга эч таяна албайт:

(А) эгерде мамлекеттин иш-аракети шайкеш келбеген эл аралык милдеттеме жалпы эл аралык укуктун императивдик ченеминен келип чыккан болсо, же

(Б) эгерде мамлекеттин иш-аракети шайкеш келбеген эл аралык милдеттеме аталган милдеттемеге карата зарылчылык абалга таянуу мүмкүнчүлүгүнө түз же кыйыр жол бербей турган келишим аркылуу киргизилген болсо, же

(В) аталган мамлекет зарылчылык абалдын келип чыгышына түрткү болгон болсо.

---

[94] Gabčнkovo-Nagymaros Project (Hungary v. Slovakia), Judgment, I.C.J. Reports 1997, p. 7.

(Эл аралык укук комиссиясынын ар жылкы басылмасы, 1980, II чыг., 2-бөлүм, 34-б.)

өз комментарийинде Комиссия «өтө зарылдыкты» төмөнкүчө аныктаган:

«Оор жана кутулууга болбой турган коркунуч алдындагы олуттуу кызыкчылыгын коргоонун жалгыз каражаты башка мамлекетке карата эл аралык милдеттемелердин талаптарына ылайык келбеген аракет жасоо болуп эсептелген мамлекеттеги» (ошол эле жерде, пункт 1).

Ал «зарылчылык абал жалпы укуктук ойдо терең тамырланган түшүнүк болуп калды» деген тыянакка келген (ошол эле жерде, р. 49, пункт. 31).

51. Соттун пикири боюнча, эң биринчи кезекте, зарылчылык абал эл аралык милдеттемеге ылайык келбеген иш-аракеттин мыйзамга каршылыгын жоюу үчүн эл аралык кадимки укук тарабынан таанылган негиз болуп эсептелет. Андан тышкары Сот мыйзамга каршылыкты жоюу үчүн мындай негиз өзгөчө учурларда гана кабыл алынышы мүмкүндүгүн белгилейт. Эл аралык укук комиссиясы өз долбоорунун 33-беренесинде сөздөрдүн терс формасын тандап алууда ушундай эле пикирде болгон. «Зарылдык абалдын пайда болушу актоо каражаты катары каралышы керектигин ушул формалдуу жол менен көрсөтүү үчүн, ал жагдай мыйзамга каршылыкты жоюучу башка жагдайларга караганда бир топ сейрек мүмкүн болуучу чыныгы өзгөчө жагдай болушу керек [...]» (ошол эле жерде, 51-б., пункт 40).

Ошентип, комиссиянын маалыматы боюнча, зарылчылык абал жалпысынан далилдуу болушу керек болгон белгилүү шарттарда гана пайда болушу мүмкүн; жана мамлекет ал шарттардын аткарылгандыгын чече турган жалгыз судья болбошу керек.

52. Мында ишке тиешелүү, долбоордун 33-беренесинде берилген төмөндөгү негизги шарттар пайдаланылат: ал иш-аракет жасап жана өзүнүн эл аралык милдеттемелеринин бирине каршы келип жаткан мамлекеттин «олуттуу» кызыкчылыгынан келип чыгышы керек, б.а. анын кызыкчылыгына «чоң жана болтурбоого мүмкүн болбогон коркунуч» бар болушу керек; күмөн коюлган иш-аракет ошол кызыкчылыктарды коргоону «гана билдириши» керек; иш аракет «олуттуу кызыкчылыкка чоң зыян» келтирбеши керек. Иш-аракет кылган мамлекет жана анын милдеттемеси болгон башка мамлекет «зарылчылык абалынын келип чыгышына түрткү болбоосу» керек.

Бул шарттар кадимки эл аралык укукту чагылдырат.

Сот эми Венгрия 1977-жылдагы Келишимге ылайык аткарышы керек болгон ишти токтотуп, аны жасоодон баш тартууда бул шарттар болгон-болбогондугун аныктоого умтулат.

53. Венгрия билдирген өзүнүн аймактагы айлана-чөйрөнүн Габчиково-Надьмароштон жабыр тартуусуна тынчсыздануусу Эл аралык укук комиссиясынын долбоорунун 33-беренесинде аныкталган мааниде аталаган мамлекеттин «олуттуу кызыкчылыгы» менен байланыштуу экендигин моюнга алуу Сот үчүн кыйын эмес.

Комиссия өз комментарийинде бул контекстте «олуттуу кызыкчылыкты» мамлекеттин «болуусуна» чейинки деңгээлге кичирейтпөө керектигин жана акыр аягында, суроонун баары конкреттүү окуянын негизинде баалана тургандыгын көрсөткөн (кара: Эл аралык укук комиссиясынын жылдык басылмасы, 1980, II чыг., 2-бөлүм, 49-б., пункт 32); ошол эле учурда ал өтө зарыл учур, «[мамлекеттин] бүтүндөй аймагын же анын бир бөлүгүн экологиялык сактыгына олуттуу коркунуч» болуп эсептелиши мүмкүн болгон кырдаалдардын катарына киргизилген (ошол эле жерде, 35-б., пункт 3), о.э. мамлекеттердин практикасына таянып, «акыркы жыйырма жылдыкта экологиялык тең салмактуулукту сактоо бардык мамлекеттердин «олутуу кызыкчылыгы» катары каралып калгандыгы көрсөтүлгөн (ошол эле жерде, 39-б., пункт L4).

Сот жакында эле айлана-чөйрөгө сый мамиле кылуу мамлекеттер үчүн гана эмес, жалпы адамзат үчүн чоң мааниге ээ экендигин баса белгилөөгө өзүнүн мүмкүнчүлүгү болгондугун эске салат:

«Айлана-чөйрө абстракция эмес, ал жашоо мейкиндиги, адамдын өзүнүн, анын ичинде төрөлө элек муундардын, жашоосунун жана ден соолугунун сапатын түзөт. Мамлекттин юрисдикциясынын жана башка мамлекеттердин же өз аймагынан сырткаркы жерлердин айлана-чөйрөсүнө мамилесинин алкагындагы иш-аракеттерине карата милдеттемелер бар жана азыркы учурда алар айлана-чөйрөгө тиешелүү эл аралык укуктун бир бөлүгүн түзөт» (Ядролук куралды колдонуу же колдонуу коркунучу, кеңешүүчүлүк бүтүм, Эл аралык соттун отчёттору 1996, 241-242-б., пункт 29).

54. 1989-жылы Венгрия өз иш-аракеттеринде таянган «коркунучтун» чын эле болгондугун, анын «олуттуулугун жана андан кутулуу мүмкүн эместигин», о.э. Венгриянын ишти токтотуп аны аткаруудан баш тарканынан бөлөк ал корунучка жооп кайтарууга башка эч бир «каражаттын» жоктугун текшерүү татаал процесс болуп эсептелет.

Сот мурдатан көрсөткөндөй (жогоруда п. 33 жана кийинкилерди кара), Венгрия 1989-жылы Габчиково-Надьмарош долбоорунун ишке киргизилишинин экологиялык кесепеттери боюнча өзүнүн «эки анжы оюн» бир нече жолу билдирген жана дал ошол себептен ал жаңы илимий изилдөөлөрдүн жүргүзүлүшүн катуу талап кылган. Бирок Сот бул олуттуу пикир жалгыз өзү зарылчылык абалынын элементи деген мааниде «коркунучтун» объективдүү болушун алып келбейт деп эсептейт. «Коркунуч» деген сөз, албетте, «тобокелдик» деген ойду, б.а. «коркунучту» материалдык зыяндан айырмалай турган нерсени пайда кылат. Бирок зарылчылык абалы тийиштүү убакытта болгондугу талаптагыдай аныкталган «коркунучсуз» болушу мүмкүн эмес; мүмкүн болуучу «коркунучтан» жөн гана кооптонгондук бул жагынан алганда жетишсиз болмок. Андан тышкары, мамлекеттик зарылчылыкты түзүүчү «коркунуч» ошол эле учурда «олуттуу» жана «сөзсүз боло турган» болуп эсептелген учурда башкача болушу мүмкүн эмес.

«Сөзсүз болуучулук» «түздөн-түздүктүн» же «жакындыктын» маанилеши болуп эсептелет жана «мүмкүндүк» түшүнүгүнүн чегинен бир топ алыс турат. Эл аралык укук комиссиясы өз комментарийинде баса белгилегендей, «өтө олуттуу жана түздөн-түз» коркунуч «анык убакытта кызыкчылыкка коркунуч» болушу керек (Эл аралык укук комиссиясынын ар жылкы басылмасы, 1980, II чыг., 2-бөл., 49-б., пункт 33). Соттун пикири боюнча, бул узак мөөнөттөн кийин болот делген «коркунуч» тийишүү мезгилде «сөзсүз болуучу» деп эсептелиши мүмкүндүгүн жана бул коркунучтун келечекте болорун, ошол себептен анын аныктыгы жана сөзсүз болуу мүмкүнчүлүгү төмөн дегенди билдирбейт.

Өтө зарыл абал жөнүндө Венгриянын аргументи 1989-жылы чыныгы жана «олуттуу коркунуч» болгондугун жана Венгрия тарабынан көрүлгөн аракеттер ал коркунучка карата мүмкүн болгон жалгыз чаралар болгондугуна Сотту ынандыра алган эмес.

57. Жогоруда айтылгандан Сот Надьмарош жана Габчикового карата Венгрия атаган коргунуч мүмкүн болуучу оордугун алдын ала чечпестен, 1989-жылы жетишсиз деңгээлде калыптанган, ал «сөзсүз боло турган» эмес болчу, жана Венгрия бул коркунучка каршы өзүнө ишенип тапшырылган ишти токтотуп, андан баш тартуудан башка дагы каражаттарга ээ болчу деген тыянакка келет. Андан тышкары, долбоорду дагы карап чыгып, аны токтотуу зарылчылыгысыз айрым мөөнөттөрүн узартуу боюнча сүйлөшүүлөр жүргүзүлгөн. Мындан Сот 1989-жылы Венгрия 1977-жылдагы келишимдин шарттарына

ылайык өз милдеттерине талаптагыдай мамиле кылганда «maximum summum jus summa injuria сөздөрү менен мүнөздөлүүчү» жагдайга алып келмек эмес деген тыянак чыгарат. (Эл аралык укук комиссиясынын ар жылкы басылмасы, 1980, II чыг., 2-бөл., 49-б., пункт 31).

Андан тышкары, 1977-жылдагы келишимди түзүүнү Венгрия чечкендигин Сот белгилейт. Бул келишимди, ал түзүлгөн мезгилде калыптанган саясий кырдаалдарга карабай, Венгрия анык деп эсептеген жана өзүнүн аяктоо мөөнөтү – 1992-жылдын май айына чейин күчүндө турган.

Соттун материалдары көрсөткөндөй, Венгрия менен Чехословакия андан бир топ мурунку убакытта абдан көп сандагы илимий-техникалык изилдөөлөрдү жүргүзгөн. Венгрия андан соң, кыязы, келишим боюнча өз милдеттемелерин алгандан кийин белгилүү болгон жагдай жөнүндө маалымат алган. Венгрия сотто бул изилдөөлөр жетишсиз болчу жана ал мезгилдеги билимдердин абалы Габчиково-Надьмароштун экологиялык кесепеттерин толук баалоого мүмкүнчүлүк бере алган эмес деп ырастаган. Ошентсе да, бул, негизги максат электр энергиясын алуу үчүн плотиналар системасын куруу, Дунайда кемелердин каттамын жакшыртуу жана чөгүндөн коргоо болгондугуна карабастан, келишимдин 15,19 жана 20-беренелери көрсөткөндөй, тараптар айлана-чөйрөнү коргоону камсыз кылуу зарылдыгын түшүнүшкөн жагдай болгон. Андан тышкары, 1977-жылдагы Келишим өз күчүнө киргенден кийинки Венгриянын көз карашын белгилебей коё албайт. 1983-жылы Венгрия Келишим боюнча иштер негизинен экономикалык мүнөздөгү, жана бирок экологиялык көйгөйлөр менен да байланыштуу болгон себептер боюнча жайыраак жүргүзүлүшүн суранган. 1989-жылы Венгриянын өзүнүн сөзү боюнча, илимий билимдердин абалы олуттуу өнүгүүгө дуушар болгондо, ал иштерди тездетүүнү суранып, анан үч айдан кийин токтотууну, андан соң ал иштерди аткаруудан баш тартууну чечкен. Бирок сот 1989-жылы Венгрияда болгон терең өзгөрүүлөрдү жана бул өткөөл мезгилде ар түрдүү мезгилдерде үстөмдүк кылган түрдүү көз караштарды жөндөштүрүү татаал экендигин билет. Бардык ушул элементтерден сот, эгерде 1977-жылдагы Келишимди аткарууга байланышкан зарылчылык абал 1989-жылы түзүлгөн болсо да, аны Венгрия өзүнүн келишимдик милдеттерин аткарбагандыгына актоо катары колдоно албайт деген тыянак чыгарат, себеби ал өзүнүн иш-аракети же иш-аракет кылбагандыгынын аркасында ошол абалдын түзүлүшүнө түрткү берген.

80. Словакия да С вариантын ишке ашырууда келтирилүүчү зыянды төмөндөтүү милдети астында иш-аракет кылгандыгын ырастаган. Ал «экинчи тарап келишимди аткарбагандыгынын натыйжасында зыян тарткан тарап туруктуу мүнөзгө ээ зыянды төмөндөтүүгө умтулуш керектиги эл аралык укуктун принциби болуп эсептелет» деп билдирген.

Бул зыянды азайтуу боюнча зарыл чараларды көрө албай калган жабыр тартуучу мамлекет болтурбай коюуга мүмкүн болгон зыяндын ордун төлөп берүүнү талап кылуу укугуна ээ болбой турган принциптен келип чыгат.

83. Актала тургандай болуш үчүн каршы көрүлгөн чаралар белгилүү бир шарттарга туура келиши керек (кара: Никарагуага каршы аскердик жана жарым аскердик иш-аракеттер (Никарагуа Америка Кошмо Штаттарына каршы). Маңызы боюнча кароо, сот, Эл аралык соттун отчёттору 1986, 127-б., пункт 249; о.э. кара: Аба кызматы жөнүндө АКШ менен Франциянын оросунда 1946-жылы 27-мартта түзүлгөн келишим жөнүндө иш боюнча Арбитраждык чечим, 9-декабрь, 1978; Эл аралык арбитраждык чечимдер боюнча БУУнун докладдары (RIAA), XVIII чыг., 443-б. жана андан ары; о.э. Эл аралык комиссия тарабынан биринчи окулушунда кабыл алынган «Эл аралык укук комиссиясынын өзүнүн 48-сессиясынын 6-май - 26-июль, 1996, мезгил аралыгындагы иши жөнүндө доклады» актындагы мамлекеттин жоопкерчилиги жөнүндө беренелер долбоорунун 47-50- беренелери, Башкы Ассамблеянын расмий отчеттору, 51-сессия, Кошумчалоо 110 (A/51/10), 144-145-б.

Биринчи кезекте, башка мамлекеттин эл аралык мыйзамга каршы иш-аракеттери жөнүндөгү суроолорго жооп кабыл алынышы керек. Алар каршы чаралар катары биринчи кезекте коюлбаган болсо да, С варианты Венгриянын ишти токтотуп, анан баш тартуусуна жооп болгондугу жана бул чарага ушул мамлекетке каршы багытталгандыгы түшүнүктүү о.э. Сотко Венгриянын иш-аракети эл аралык мыйзамга каршы болгондугу да түшүнүктүү.

84. Экинчиден, жабыр тарткан мамлекет мыйзамга каршы аракет жасаган мамлекетти өз аракеттерин токтотуп, келтирилген зыяндын ордун төлөөгө чакыруусу керек. Бул иштеги фактылардан көрүнгөндөй, Сот жогоруда эске салгандай (кара: 61-п. жана андан ары), Чехословакия Венгриядан өзүнүн келишимдик милдеттерин аткарууну көп жолу суранган.

85. Үчүнчүдөн, Соттун пикири боюнча, каршы чаралардын кесепеттери келтирилген зыянга шайкеш келиши керектиги маанилүү

фактор болуп эсептелет. 1929-жылы Эл аралык акыйкат сотунун туруктуу палатасы Одер дарыясындагы навигация боюнча төмөнкүчө пикирин билдирген:

«Кеме жүрүүчү деңизге карата кызыкчылыктардын жалпылыгы жалпы юридикалык укуктун негизи болот, анын башкы элементи суу жээгинде жайгашкан бардык мамлекеттердин дарыянын бүтүндөй агымын пайдалануугa карата толук теңдештиги жана ал мамлекеттердин биринин башка малекеттерге караганда кандайдыр бир артыкчылык укугун болтурбоо болуп эсептелет» (Одер дарыясы боюнча Эл аралык комиссиянын аймактык юрисдикциясы, №16-токтом, 1929, П.П.М.П., Серия А, 123, 27-б.).

Эл аралык укуктун учурдагы өнүгүүсү эл аралык суу агымдарын кеме сүзүүчүлүк эмес максатта колдонуунун түрлөрү үчүн бул принципти күчөтүү. Муну о.э. БУУнун Башкы Ассамлеясы 1997-жылы 21-майда Эл аралык суу агымдарын кеме сүзүүчүлүк эмес максатта колдонуунун түрлөрү жөнүндө конвенцияны кабыл алуусу да күбөлөндүрөт.

Сот, Чехословакия жалпы ресурсту бир тараптуу көзөмөлгө алып, Венгрияны Дунайдын табигый ресурстарын калыс жана акылга сыярлык бөлүшүү укугунан ажыратуу менен (анын кесепетинен жээкте жайгашкан Сигеткоз областына суу токтобой агып жаткан) эл аралык укук талап кылуучу теңдештик жок кылынган кырдаалды түзгөн деп эсептейт.

86. Андан тышкары, сот мурдатан белгилегендей (кара: п.78), Венгрия баштапкы долбоордун контекстинде Дунай суусун бурууга макул болгон факт (жана Биргелешкен келишимдик планда да Дунайдан суу алуу боюнча алдын ала чара каралган) Чехословакияга Венгриянын макулдугусуз бир тараптуу түрдө ал көлөм менен чараларды аныктоого берилген ыйгарым укук деп кабыл алынышы мүмкүн эмес.

87. Ошентип, Сот Дунайды Чехословакиянын буруп алышы мыйзамдуу каршы чара болуп эсептелбейт, себеби ал теңдеш эмес болгон деп эсептейт. Ошондуктан каршы чаранын мыйзамдуулугунун дагы бир шартын, тагыраак айтканда, ал каршы чаранын максаты мыйзам бузуучу мамлекеттин эл аралык укук боюнча өз милдеттерин аткаруу ниети болгондугун жана бул чара өзүнүн баштапкы абалына келээрин текшерүү талап кылынбайт.

Судья Херцегдин төп келбей турган пикири

[182-183-б., Херцегдин ө.п.] Зарылчылык абал жалпысынан эл аралык укуктун өтө чектелген түшүнүгү болуп эсептелет. Эл аралык

укук комиссиясынын мамлекеттердин жоопкерчилиги ченемдерин кодификациялоо боюнча ишинин жүрүшүндө, анын көпчүлүк мүчөлөрү «зарылчылык абал түшүнүгүн колдонуу бул чынында эле коркунучтуу жана албетте, болтурулбашы керек болгондо мүмкүн, бирок коркунуч бар, бирок аны жоюу мүмкүн эмес учурлардай болбошу керек...» деген пикирди билдиришкен". Мыйзамды сактоонун катуу зарылчылыгы «summum jus summa injuria» деп айкын мүнөздөлүүчү жагдайларга алып келбеши керек. (Эл аралык укук комиссиясынын жылдык басылмасы, 1980, II чыг., 2-бөл., 49-б., пункт 31). Ошентип Эл аралык укук комиссиясы, дээрлик жалпы көз караш менен ынанымдарды билдирүү менен, кырдаал мамлекеттин «негизги» кызыкчылыктарын өзүнө камтуусу керектигин баса белгиледи. Бул «негизги» мүнөз, албетте, мамлекет туш болгон жана алдын ала аныкталып, божомолдонушу мүмкүн болгон жагдайларга жараша болот. Олуттуу кызыкчылыкка коркунуч туудуруучу көпчүлүк өтө оор жана сөзсүз боло турган, о.э. эл аралык милдеттемелерге каршы келүүчү чаралардын жардамы менен гана аны болтурбай коюу мүмкүн болушу керек. Зарылчылык абалында «мамлекеттин өзүнүн болушуна, анын саясий же экономикалык жашоосуна, мамлекеттик түзүмдөр иштей ала турган шарттарды түзүп колдоого, анын ички тынчтыгын сактоого, калкынын жашоосуна, айрым же бүтүндөй аймагынын экологиялык сактыгына олуттуу коркунуч...» бар. (ошол эле жерде, 35-б., пункт 3).

Зарылчылык абалын түзүү келишимдик милдеттемелерди мыйзамдуу негизде, б.а. эл аралык келишимди токтотуу менен аткарбай коюу ыкмасы болуп эсептелбейт. Ошентсе да, суроо боюнча тарап эл аралык укукту бузуунун кесепеттеринен бошотулат, себеби ал зарылчылык абалда иш-аракет кылган. Зарылчылык абал жоопкерчиликтен бошотуучу жагдай болуп эсептелет: б.а. ал мыйзамсыз аракет жасоочуну эл аралык жоопкерчиликтен бошотот. Демек, маселе эл аралык келишидер укугу боюнча чечилген эмес, жана чечилиши мүмкүн эмес, бирок ал мамлекеттин жоопкерчилиги жөнүндө эл аралык укуктун жоопторуна тиешелүү.

Судья Флайшхауэрдин төп келбеген пикири

[212-213-б., Флайшхауэрдин ө.п.] Бир да мамлекет юридикалык милдеттемелерди өзү бузгандыктан пайда таба албайт деген принцип өтө ашыкча жазаны актабайт. Ушундай эле ишке карата жарыяланган жана Туруктуу палата тарабынан колдонулган принцип, эгерде биринчи тарап (Венгрия) өзүнүн мыйзамсыз аракети менен экинчи тарапка (Чехословакияга) өз милдеттерин аткарууга тоскоол кылган

болсо, анда биринчи тарап, б.а. Венгрия, экинчи тараптын, б.а. Чехословакиянын өз милдетин аткарбагандыгынан пайдалана албайт дегенди билдирет. Бирок каралып жатканда мындай болгон эмес.

Чехословакия аткарбаган милдеттеме Дунай суусуна карата калыс жана акылга сыярлык үлүшкө болгон Венгриянын укугун сыйлоо милдети болуп эсептелет. Венгрия Чехословакиянын бул укукту сыйлоосун мүмкүн кылбай койгон жок; мен жогоруда белгилегендей, С вариантын Чехословакия бир тараптуу ишке ашырышы Венгриянын келишимди бузушуна өзүнөн өзү боло турган да, мүмкүн болгон жалгыз жооп иретиндеги аракет да эмес болчу. Тең келүүчүлүк талабы эске алынбаган суроодо принципти кенен чечмелөө каршы чараларды көрүү укугу келишимдин бири-бирине тең келбеген бузууларга карата жалпы эл аралык укукка ылайык андан ары жылгандай дагы жылат дегенди билдирет. Ошондуктан бири-бирине төп келген («өз ара») келишим бузуулар болгон учурларда принципти схемалык түрдө колдонуу туура эмес. Сот белгилегендей, «ал Венгрия менен Чехословакия экөө тең 1977-жылдагы Келишим боюнча өз милдеттемелерин аткара албагандыгын тапса да, бул өз ара укукка каршы аракет Келишимдин аякташына алып келген жок, анын токтотулушун актаган жок» (пункт 114).

Судья Вереңетиндин төп келбеген пикири

[222-б., Вереңетиндин ө.п.] Каршы чаралардын мыйзамдуулугунун негизги шарттары:

(1) Каршы чаралар багытталган мамлекет мурда жасаган мыйзамга каршы аракетинин болушу.

(2) Каршы аракет көрүү зарылчылыгы.

(3) Анын иш жагдайына шайкеш келиши. Иш-аракеттердин айрым түрлөрүнө каршы чара катары толук тыюу салынган (күч менен опузалоо же аны колдонуу аркылуу жасалган аракеттер, экстремалдуу экономикалык же саясий мажбурлоолор, дипломатиялык өкүлдөрдүн кол тийбестигин бузуу, негизги адам укуктарынан же жалпы эл аралык укук ченемдеринен четтөө), бирок алар каралып жаткан иште актуалдуу эмес.

[230-231-б., Вереңетиндин ө.п.] Эл аралык укук комиссиясынын жалпы эл аралык укукту бекемдөөчү Мамлекеттердин жоопкерчилиги жөнүндө долбоорунун 30-беренесинде мындай деп айтылган:

«Мамлекттин башка мамлекеттер алдында милдеттемелерине туура келбей турган иш-аракеттеринин мыйзамсыздыгы, эгерде ал ара-

кет экинчи мамлекеттин эл аралык мыйзамга каршы иш-аракетинин натыйжасындагы ушул экинчи мамлекетке каршы эл аралык укук алкагындагы мыйзамдуу чара болсо, жоюлат».

17. Эл аралык укук комиссиясынын Мамлекеттердин жоопкерчилиги жөнүндө долбоорунун 30-беренесинде аныкталган бардык шарттар ушул каралып жаткан иште бар. С варианты убактылуу жана кайра калыбына келүүчү чечим катары ойлонуп табылган (кара: жогоруда пункт 10), аны Венгрияны 1977-жылдагы Келишим боюнча өз милдеттемелерин сактоого түрткү берүү аракети катары түшүндүрсө болот, жана муну шайкеш келбөөчү каршы чара деп эсептөөгө болбойт. Ошондуктан, С варинатын түзүп жана ишке киргизүүнү эл аралык мыйзамга каршы Чехословакиянын аракети деп мүнөздөө мүмкүн деп болжогондо да, анын мыйзамга каршылыгы жоюлат, себеби ал мыйзамдуу каршы чара болгон.

18. Сот башка пикирде жана «Чехословакия жалпы ресурсту бир тараптуу көзөмөлгө алып, Венгрияны Дунайдын табигый ресурстарын калыс жана акылга сыярлык бөлүшүү укугунан ажыратуу менен (анын кесепетинен жээкте жайгашкан Сигеткоз областына суу токтобой агып жаткан) эл аралык укук талап кылуучу теңдештик жок кылынган кырдаалды түзгөн деп эсептейт» (кара: пункт 85).

19. Ошентсе да, «Дунайдан суу алуу» 1977-жылдагы Келишимдин 14-беренеси менен жөнгө салынат. 14-беренеден сырткары, Чехословакиянын андан кийин Словакия уланткан иш-аракетин колдоосу мүмкүн болгон Келишимдин бардык жоболору эмне мыйзамсыз болгондугун аныктоо үчүн колдонулушу керек, себеби сот чечими 1877-жылдагы Келишим жана ага байланыштуу документтер тараптардын ортосунда күчкө ээ экендигин ырастайт.

20. Менин оюмча, Чехословакиянын андан кийин Словакия уланткан иш-аракетин актоо үчүн жогоруда эске салынган негиздердин ортосунда тандоо жүргүзүүнүн кереги жок, себеби юридикалык кесепеттери бир эле, б.а. С варинатын түзүп жана ишке киргизүү Чехословакиянын жана С вариантын ишке киргизүү менен эч кандай эл аралык мыйзамга каршы иш жасабаган мамлекеттин жалгыз мураскору катары С вариантын азыркыга чейин колдонуп келе жаткан Словакиянын эл аралык мыйзамга каршы аракети эмес болчу.

Укукка каршы эл аралык иш-аракеттин укуктук кесепеттери

Габчиково-Надьмарош долбоору (Венгрия Словакияга каршы), 1997[95]

***

Судья Скибушевскийдин төп келбеген пикири

[239-240-б., Скубишевскийдин ө.п.] 22. Башка мамлекет менен Габчиково-Надьмарош сыяктуу долбоорду аткаруу каралган келишимди түзгөн мамлекет ал долбоордун бүтөөрүнө жакын калганда жөн эле баары жоюлушу керек жана болгон маселе – бул компенсация төлөө деп айта албайт. Бул жагдай айрыкча калыстык принциптерине негизделген чечим жөн гана акчалай компенсациянын чегинен чыгышы керек болгон кырдаал. Сот келишимдин жоболорун аткаруудан Венгриянын баш тартуусу мыйзамсыз болгондугун аныктады. Венгрия келишимди бузуп Чехословакияны, андан кийин Словакияны келишимдин бардык артыкчылыктарынан кол жуудуруп жана алардын укуктарын компенсация гана алууга чейин төмөндөтө албайт. Долбоор үстүндөгү иштин бир топ алдыга жылгандагы баскычында зыянды болтурбоо үчүн айрым зарыл аракеттерди жасаган: Чехословакия менен Словакия долбоордун айрым бөлүктөрү ишке киргизилет деп күтүүгө укуктуу болчу.

23. Ошентип, акчалай компенсация каралып жаткан жагдайда Венгриянын долбоордон баш тартуусунун бардык кесепеттерин эмес, айрым кесепеттерин да жок кыла албайт. Кантип акча каражаттары суу ташкындарынын коргонучтун жоктугун, кемелердин сүзүү шарттарын жана электр кубатын өнүдүрүүнү жакшыртууну компенсациялайт? Бул максаттарга 1977-жылдагы Келишимге жетишүү келишимдин алкагында гана эмес, жалпы мыйзам жана акыйкаттык жагынан да мыйзамдуу болчу. Жетишилүүчү пайдалар акча төлөп берүү менен алмашылышы жана компенсацияланышы эч мүмкүн эмес. Айрым иштердин жүргүзүлүшү жана алардын ишке киргизилиши өтө маанилүү болчу. Бул жерде маселе келтирилген зыяндын ордун төлөп берүү эмес, сууну пайдалануу жана утилизациялоо боюнча жаңы система түзүү болуп эсептелет.

---

[95] Arrest Warrant of 11 April 2000 (Democratic Republic of the Congo v. Belgium), Judgment, I.C.J. Reports 2002, p.3.

Камакка алууга ордер (Конго Демократиялык Республикасы Бельгияга каршы), 2002[96]

***

75. Сот 2000-жылдын 11-апрелинде Бельгия бийлигиндегилердин камакка алууга ордер чыгарып жайылтуусу Конгонун кызмат үстүндөгү тышкы иштер министринин кол тийбестигин сыйлабагандык, атап айтканда, Йеродиа мырзанын эл аралык укук боюнча кылмыш жаза юрисдикциясына карата иммунитети жана кол тийбестиги бузулган деген бүтүм чыгарган (кара: п. 70 жана 71). Бул иш-аракеттер Бельгиянын эл аралык жоопко тартылуусуна алып келбейт. Сот мындай жол менен жетишилген натыйжалар моралдык зыян келтирилип жатат деген Конгонун арызын канаттандыруунун бир түрү деп эсептейт.

76. Бирок Эл аралык акыйкат сотунун туруктуу палатасы өзүнүн 1928-жылы 13-сентябрдагы Хожува фабрикасы жөнүндө иш боюнча чечиминде билдиргендей: «мыйзамга каршы иш деген түшүнүктүн өзүндө камтылган негизги принцип – бул кыязы, эл аралык практика тарабынан, атап айтканда, арбитраждык соттор тарабынан орнотулган принцип – бул ордун төлөп берүү мыйзамсыз аракеттин бардык кесепеттерин мүмкүн болушунча жоюп жана ал иш-аракет жасалбаганда болушу толук ыктымал болчу делген жагдайды калыбына келтириши керек» (Эл аралык акыйкат сотунун., А сериясы 17, 47-б.).

Мында «ал иш-аракет жасалбаганда болушу толук ыктымал болчу делген жагдайды» камакка алуу эл аралык укук боюнча мыйзамсыз болгондугу жөнүндө сотко арыз берүү менен гана калыбына келтирүү мүмкүн эмес.

Йеродиа мырза тышкы иштер министри болбой калса да, ордер дагы эле бар жана мурдагыдай эле мыйзамсыз бойдон калып келет. Демек, Бельгия өзү тандаган каражаттар менен ордерди алып салып жана ал багытталган бийликтерге бул жөнүндө билдириши керек деп эсептейт Сот.

77. Сот андан аркы оңдоолор зарыл деп эсептебейт: атап айтканда, Конго менен Бельгиянын ортосундагы талашты чечүүчү токтомдо бул чечимдин үчүнчү мамлекеттерге кандай таасири тиерин көрсөтө албайт, ошондуктан сот бул маселе боюнча Конгонун көрсөткөндөрүн кабыл ала албайт.

---

[96] I.C.J. Reports.Judgment of 25 September 1997.

Судья Оданын төп келбеген пикири

[53-б., Оданын ө.п.] 15. Менин оюмча, Соттун токтом кылуучу чечиминин 3-пункту Соттун ою боюнча, кыязы, 2-пунктта (чечим, пункт 78) айтылган көз караштан келип чыкты деген пикиринин мааниси аз. Сот эл аралык укук бузуу 2000-жылы болгон деген тыянакка келгендигин жана Сот 2002-жылы бул жолу иштеп турган эмес, мурунку тышкы иштер министри катары Йеродиа мырзаны камакка алууга Бельгиянын жаңы ордер берүүсүн алдын ала турган эч нерсе болгон эмес деп эсептегендигин эске алганда, 2000-жылы апрелде берген ордерди алып салуу жөнүндө Бельгиянын чечиминин эч кандай практикалык мааниси жок. Эгерде сот бул Конгонун көз карандысыз кадыр-баркына тиешелүү суроо жана ага 2000-жылы шек келтирилген, натыйжада Конгого зыян алып келген деп эсептесе, ал зыян камакка алуу ордерин алып салуу жолу менен оңдолушу мүмкүн эмес; жалгыз жол Бельгиянын кечирим суроосу болмок. Бирок мен Бельгия Конгого зыян келтиргенине ишенбейм, себеби Йеродиа мырзага карата ордерге ылайык эч качан эч кандай иш-аракет кылынган эмес. Андан тышкары, Бельгия Конгого кызмат үстүндөгү тышкы иштер министринин кылмыш жаза юрисдикциясынан иммунитети 1993-жылдагы мыйзам аркылуу, 1999-жылы киргизилген оңдоолор менен бирге, сактала тургандыгына кандайдыр бир кепилдик берүүгө милдеттүү эмес болчу, бирок бул маселе эмес. [P. 89-90 J.S.O. Хиггинс, Кооймансс, Бюргенталь].

87. Токтом чыгаруучу бөлүктүн 3-пунктунда сот «Бельгия Падышачылыгы өзү тандаган каражаттардын жардамы менен 2000-жылдын 11-апрелинде берилген ордерди алып салып жана ал багытталган бийликтерге бул жөнүндө билдириши керек деп эсептейт». Мындай бүтүм чыгарууда Сот Хожувдагы фабрика жөнүндө иште жарыяланган «ордун төлөп берүү мыйзамсыз аракеттин бардык кесепеттерин мүмкүн болушунча жоюп жана ал иш-аракет жасалбаганда болушу толук ыктымал болчу делген жагдайды калыбына келтириши керек» деген ырастоого таянат (Эл аралык акыйкат сотунун., А сериясы, 17, 47-б.). Бельгиянын ордер берип, колдонууга киргизиши эл аралык укук ченемдери боюнча мыйзамсыз экендигин мурда таап, Сот ал ордер кайра алынышы керек, себеби «Йеродиа мырза тышкы иштер министри болбой калса да, ордер дагы эле бар жана мурдагыдай эле мыйзамсыз бойдон калып келет» деген тыянакка келген.

Бизге түшүнүксүз нерсе, Сот өзүнүн көз карашына колдоо катары 3-пунктта Хожувдагы фабрика жөнүндө ишке таянгандыгы. Бир

караганда, Сот муну restitutio в Integrum формасы катары ордерди алып салуу үчүн карап жаткандай. Ал турсун Туруктуу палата Хожувдагы фабрика жөнүндө иште туш болгон ар түрдүү жагдайларда кайра калыбына келтирүү каралып жаткан үчүн мүмкүн эмес болуп чыккан. Биз о.э. Йеродиа мырза мындан ары тышкы иштер министри эмес экендигин эске алып, статус-кво мүмкүн деп эсептебейбиз.

Андан тышкары – бул баарынан маанилүү – чечим кеп улантылып жаткан мыйзам бузуучулук жөнүндө болуп жаткандыгын көрсөтөт, себеби инструментти колдоодон чыгаруу, эреже катары, улантылып келе жаткан эл аралык укук бузууну токтотууга чакырык деп кабыл алынат (Эл аралык укук комиссиясы, мамлекеттердин жоопкерчилиги жөнүндө 30-беренеге карата түшүндүрмө, A/56/10 (2001), 216-б.). Бирок бул иште ордер чыгаруу жана колдонууга берүү мыйзамсыз болгондугу жөнүндө Соттун көз карашы жана анын биз макул көргөн тыянагы, бул иш-аракеттер Йеродиа мырза тышкы иштер министри болуп турганда болгондугуна негизделген. Ал министр болбой калары менен ордерге тиешелүү мыйзамсыз кесепеттер да токтогон. Ордер Йеродиа мырза тышкы иштер министри болуп тургандай, дагы эле күчкө ээ болушу эл аралык укуктун көз карашынан алганда бул жагынан эч нерсени өзгөртпөйт. Ошентсе да туура эмес деп аталган камакка алууга карата ордер туура эмес деп таанылышы толук мүмкүн, жана бул Бельгиянын ички укугунун маселеси болот, бирок бул соттун эч кызыксыз жана кызыктуу болушу мүмкүн эмес. Демек, биз ойлойбуз, сот бул пункт боюнча өз пикиринде ката кетирген.

[83-б., Ван ден Вингарттын ө.п.] 83. Мен мурдагыдай эле токтом чыгаруучу бөлүктүн камакка алууга карата талаштуу ордерди алып салуу жана «кайра кайтаруу» жөнүндөгү 78 (3)-пунктка каршы добушумдун себептерин көрсөтүшүм зарыл. Эгерде аргументациялоонун жүрүшүндө 2000-жылдагы камакка берилген ордер мыйзамсыз болгон деп болжогон учурда да, ал бул иш боюнча сот чечим чыгарган учурда ал мыйзамсыз эмес болчу. Бельгиянын божомолдонгон эл аралык укуктук милдеттемелерин бузуусу узакка созулган мүнөзгө ээ: ал мүмкүн, Йеродиа мырза кабинетте отурган учурда уланып келген, бирок андан кийин ал улантылган эмес. Ушул себептен, менин оюмча, Эл аралык Сот Бельгиядан бүгүнкү күндө мыйзамсыз болуп эсептелбеген актты жоюп, падалануудан чыгарууну сурана албайт[97].

[97] See Art. 14 of the 2001 ILC Draft Articles on State Responsibility, United Nations doc. A/CN.4/L.602/Rev.1, concerning the extension in time of the breach of an international obligation, which states the following:

Кургак жердеги жана деңиз чек арасы жөнүндө иш (Камерун Нигерияга каршы: Экваторлук Гвинея), 2002[98]

***

318. Бирок Камерун Соттон өз аймагында Нигериянын административдик жана аскердик болушун токтотууну гана сурабастан, келечекте мунун кайталанбашына кепилдикти сураган. Мындай кайрылуулар албетте мүмкүн болуп эсептелет (Лагранддын иши, Германия АКШга каршы, токтом, 27-июнь, 2001-ж., 117-п., жана андан ары).

Ошентсе да, бүгүн чыгарылган чечим эки мамлекет ортосундагы кургак жер менен деңиз чек араларынын өзгөрбөй турган талашсыз шартын көрсөтөт. Ушуга байланыштуу пайда болгон айкын эместиктин болушунан, сот каалаган тарап экинчи тараптын аймагынан өз куралдуу күчтөрү менен полициясын жана администрациясын чыгарып кеткенден кийин ошол экинчи тараптын аймактык көз карандысыздыгын урматтай албай турган кырдаалды алдын ала биле албайт. Демек, бул маселе боюнча Камерундун сунушун колдоо мүмкүн эмес.

319. Бул иштин жагдайларында Сот өзүнүн ушул чечиминен жана Нигерия ээлеп алган Комерундун аймагынан биринчинин чыгарылыш фактынан сырткары, Камерунга анын аймагын басып алуудан келтирилген зыянга эмнеси болсо да көп көңүл бурулат деп эсептейт. Ошентип Сот бул басып алуунун натыйжасында болгонго Камерундун алдында Нигериянын жоопкерчилиги бар экендигин жана канчалык деңгээлде экендигин билип аныктоого умтулбайт.

---

1. The breach of an international obligation by an act of a State not having a continuing character occurs at the moment when the act is performed, even if its effects continue.

2. The breach of an international obligation by an act of a State having a continuing character extends over the entire period during which the act continues and remains not in conformity with the international obligation ..."

98 Land and Maritime boundary between Cameroon and Nigeria (Cameroon v. Nigeria: Equatorial Guinea intervening), Judgement. I.C.J. Reports 2002, p. 303.

6-БАП

ТАЛАШ-ТАРТЫШТАРДЫ ЧЕЧҮҮ ЖАНА ЭЛ АРАЛЫК УКУК ЧЕНЕМДЕРИН САКТОО

Мамлекеттер ортосундагы талаштар

Мартин Диксон, «Талаштарды-тынчтык жолу менен чечүү»[99]

БУУнун Уставынын 2(3)-беренесине ылайык, бардык мүчөлөр бардык эл-аралык талаш тартыштарды эл аралык тынчтык, коопсуздук жана акыйкаттык «коркунуч алдында калбагандай» ыкмада тынчтык жолу менен чечүүлөрү керек. Бул милдеттеме биринчи кезекте Уюмдун мүчөлөрүнө тийиштүү болгонуна карабастан, бул принцип бардык өлкөлөр сакташы керек болгон эл аралык укуктагы борбордук милдеттемелердин бири болуп эсептелет. (күч колдонуунун мыйзамдуулугу жөнүндө иш, Югославия Бельгияга каршы, 1999). Бул күч колдонууга тыюунун жалгыз аналогу жана jus cogens" императивдүү ченем статусун алышы мүмкүн. Талаштарды күч менен чечүүгө жана бир мамлекеттин экинчи мамлекетке каршы күч колдонуусуна ченемдер аркылуу тыюу салынган, жана талаштарды тынчтык жолу менен чечүү милдеттемеси ошонун натыйжасы болуп эсептелет.

Бирок бул милдеттеменин анык шарты мамлекеттер деги эле талашты чечиши керек эмес, талашты тынчтык жолу менен жүргүзүшү керек дегенди билдирет. Башкача айтканда, мамлекеттерди өз маселелерин чечүүгө милдеттендирүүчү жалпы эреже жок. Эреже, эгерде мамлекет өз маселесин чечүүгө ниеттенсе, анда ал муну тынчтык жолу менен жасаш керектигинде. Биз көрүп тургандай, талаштарды чечүү боюнча жалпы милдеттеменин жоктугу Эл аралык соттун (жана көпчүлүк башка трибуналдардын) юрисдикциясы милдеттүү түрдө аткарылыш керек эмес деген фактыга чагылдырылган. Мамлекет башка мамлекет менен болгон өз талашын чечип берүү үчүн үчүнчү тарапка бере албайт. Бул, эгерде экинчи мамлекет кайсы бир

[99] Excerpt from Martin Dixon, Textbook on International Law, pp. 132-34, 136-37, 5th ed. (2005)[Reprinted with permission Oxford University Press].

түрдө буга макулдугун берсе гана мүмкүн болот. БУУнун Уставынын 3-беренесине ылайык бул милдеттемеге баш ийбеген жалгыз жагдай болуп, эл аралык тынчтыкты жана коопсуздукту коркунуч алдына коюучу талаштарды чечүү эсептелет. Андан тышкары, талаштарды тынчтык жолу менен чечүү милдети эл аралык талаштарга гана тиешелүү. Жалпы эл аралык укукта ички чыр-чатактарды тынчтык жолу менен чечүүгө мамлекеттерди милдеттендирүүчү айкын эреже жок. Ошондуктан мамлекет өз аймагында өз жарандарына карата күч колдоно алат, бирок бул да адам укуктарынын орнотулган мыйзамдары жана БУУнун Коопсуздук кеңешинин милдеттүү түрдөгү резолюциясынын талаптары сыяктуу башка атайын милдеттемелер менен чектелген. Тескерисинче, тараптар (же алардын айрымдары) мамлекет болбогондо да талаштар «эл аралык болушу» мүмкүн. Акыркыга босниялык мусулмандар, сербдер менен хорваттар, о.э. Судандагы атаандаш топтордун ортосундагы талаштар мисал боло алат. Демек, талаштарды тынчтык жолу менен чечүү милдети эл аралык сахнада болуучу бардык талаштарга тиешелүү болуп эсептелет.

Талаштарды тынчтык жолу менен чечүү милдетин иш жүзүндөгү чаралар менен бекемделиши маанилүү. Чындыгында эл аралык укук талаштарды чечүүнүн көп ыкмаларына ээ, мында Эл аралык сот кичинекей гана роль ойной тургандыгын эске тутуу маанилүү. Талаштарды «сот тартибинде» чечүүчү көп сандаган башка – эл аралык, аймактык, эки тараптуу трибуналдар, о.э. талашты «дипломатиялык» жол менен чечүүгө боло турган бир нече ыкма бар. Азырынча талаштарды чечүүнүн «сот» ыкмаларын аныктоонун белгилүү критерийлери жок, адатта бул талаштарды эл аралык укукка ылайык, көпчүлүк учурда үчүнчү тарап чечет дегенди билдирет. Ал чечим юридикалык жактан талашып-тартышып жаткан эки мамлекет үчүн тең сөзсүз аткарылышы керек деп эсептелет. Буга Эл аралык деңиз укук трибуналында каралуучу иштердин санынын көбөйүшү жакшы мисал болот. Ошентсе да, талаштарды «дипломатиялык» ыкма болуп эсептелүүчү жөнгө салуу тартибинде эл аралык укук орунсуз болбойт. Түз сүйлөшүүлөрдө, мисалы, ар бир тарап өзүнүн экономикалк жана саясий аргументтерин ырастоо үчүн бир катар укуктук принциптерди запаска кармап турат. Демек, аталган ыкмалардын кайсы бири «сот тартибиндеги» же «дипломатиялык» гана болуп эсептелет деп ойлобоо керек. Эл аралык укук ар биринде, Эл аралык Соттун жалгыз критерийинен тартып бир нече «сүйлөшүүлөр» менен «ортомчулуктун» биринде роль ойнойт. О.э. бардык талаш-тартыштар же анын кайсы бир бөлүгүн чече турган өзгөчө ыкма жок, жана биз 1982-жылдагы

Деңиз укугу жөнүндө Конвенцияда берилген көп сандагы ыкмаларды көрүүдөбүз. Иш жүзүндө талаштарды чечүү ыкмаларын өз-өзүнчө эмес, бири-бири менен айкалышта колдонулат.

10.1. Сүйлөшүүлөр

Улуттук укуктагыдай эле, талаштарды чечүүнүн эң кеңири жайылган ыкмасы тараптардын түз сүйлөшүүлөрү болуп эсептелет. Бул ыкма мамлекеттер ортосунда көп колдонулат жана эң жактырылган болуп эсептелет. Сүйлөшүүлөр үчүн атайын бир белгилүү процедура жок, жана алар алыс аралыкта же бетме-бет жүргүзүлүшү мүмкүн. Сүйлөшүү жолу менен болгон бардык чечим тараптар макул болгон учурда, алар үчүн сөзсүз түрдө аткарылууга милдеттүү болот, кийинчерээк келишимде чагылдырылышы мүмкүн. Башка учурда келишимдин шарттары нота алмашууларда же дипломатиялык меморандумдарда юридикалык күч ыйгарылуусуз жазылышы мүмкүн. Андан ары эл аралык укук, 1999-2000-жылдардагы агрессия жана басып кирүү акттары жөнүндө Конго менен Угандanын ортосундагы талаштагыдай, тараптардын ортосундагы сүйлөшүүлөрдө олуттуу роль ойной алат. Саясий, экономикалык жана социалдык ой-максаттар да маанилүү экендиги айкын. Бул таң калыштуу эмес, себеби эл аралык укуктук ваакуумда өзүнөн өзү иштей албайт. Тараптардын ортосундагы түз сүйлөшүүлөр кызыккан мамлекеттерге бардык факторлорду – алардын бири эл аралык укук болушу мүмкүн – эске алуу менен ар тараптуу жөнгө салууга жетишүүгө мүмкүнчүлүк берет. Кээде мамлекет сүйлөшүүлөрдүн жүргүзүлүшүн сот териштирүү коркунучу менен камсыз кылышы мүмкүн. Бул сөзсүз түрдөгү сот чечими болушу керек эместигинен улуттук укуктагыдай кубаттуу курал эмес. Бирок, эгер мүмкүн болсо, сот териштирүүсү менен коркутуу же чынында жүргүзүү тараптардын ортосундагы маселени айкындатуу жана резолюция кабыл алуу үчүн, Конго менен Угандanын окуясындагыдай, пайдаланылса болот. Ошентсе да, көп учурда тараптардын бири сот чаралары өзүнө бир тараптуу, кенен эмес максаттарды камтыгандыгынан ал чараларды колдонууну каалабайт. Мамлекет сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүгө макул болор замат, ал сүйлөшүүлөрдү ак ниеттик менен жүргүзүүнүн юридикалык милдетин алган болот. Эгерде бул эл аралык укук эрежеси болгондо, мамлекеттер өзүлөрүн чынчыл жана акылдуулук менен алып жүрүп, макулдашууга жетишүүгө чын ниетинен аракет кылууга милдеттүү болушмак. Бул алар талашты чечиши керек дегенди билдирмек эмес, бирок муну ак ниеттүүлүк менен жасаганга аракет кылышы керек дегенди билдирмек. Чындыгында бул милдеттеме практикалык жактан баалуу болушу үчүн өтө эле айкын эмес, бирок

ошентсе да мамлекеттер талаш пайда болгон учурда келишим аркылуу сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүгө өзүлөрүн милдеттендирүүчү жагдайлар болушу мүмкүн, жана ошондо бул сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүнүн укуктук милдети жана, мүмкүн, чечимге келүүгө карата чыныгы жана рационалдуу аракеттерди көрүү милдети болмок.

10.2. Ортомчулук жана оң кызматтар

Ортомчулук менен оң кызматтарды сүйлөшүүлөрдөн ажыратуу өтөт татаал, себеби иш жүзүндө алар бир эле процесстин бөлүктөрү болот. «Оң кызматтар» - бул тараптардын ортосундагы негизги сүйлөшүүлөрдү багыттоо үчүн жүргүзүлүүчү алдын ала сүйлөшүүлөр. өзүнүн «оң кызматын» сунуштоочу адам – адатта орток абалда жана ага эки тарап тең ишеним көрсөтөт – тараптарды сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүгө ынандырууга аракет кылат. Фолкленд аралдарын Улуу Британия басып алган күндөрү АКШнын мамлекеттик катчысы Александр Хейгдин, о.э. Конго менен Угандын ортосундагы талашта БУУнун да милдети ушундай болгон.

Ортомчулук адатта ушунун уландысы болуп эсептелет, эреже катары, тараптарды сүйлөшүүлөргө келүүгө ынандыра алган адам ортомчу болот. Ортомчу – бул да эки тарап тең тандаган, сүйлөшүүлөргө катышуучу адам, анын милдети талашты чечүү шарттарын сунуштап, эки карама-каршы көз караштын ортосунда келишүүчүлүктү табууга аракет кылуу болуп эсептелет. Акыркы жылдары БУУнун Башкы катчысы көп жагдайларда өзүнүн «оң кызматын» сунуш кылган жана тараптардын андан аркы сүйлөшүүлөрүндө ортомчулук кылган. Буга Советтер Союзу, Пакистан жана Афганистандын ортосундагы советтик аскерлердин Афганистандын аймагында болуусу жөнүндөгү талаш мисал болот. Ушундай эле милдетти Евросоюз менен БУУнун тынчтык куруучулары мурунку Югославиядагы чыр-чатакта аткарышкан.

10.3. Иликтөө

Иликтөө боюнча комиссияларды пайдалануу көп учурда мамлекеттердин ортосундагы талашты чечүү үчүн чыныгы маалыматтарды аныктоого багытталат. Талашып жаткан тараптар факттарды калыстык менен аныктоо милдетин аткара турган үчүнчү тарапка кайрылууга макул болушат. Тараптарды иликтөөдөн алынган маалыматтарды кабыл алууга юридикалык жактан милдеттүү болушу сейрек болсо да, иш жүзүндө тараптар комиссиялардын бүтүмдөрүн кабыл алган учурлар көп болот. Иликтөө боюнча комиссияларга эл аралык укуктун учурдагы системасында баа берилген эмес. Аталган системада

фактыларды таап-аныктоо боюна милдеттүү жол-жоболор жок, анда көп талаштар тараптар окуянын кандай болгондугу жөнүндө экинчи тараптын версиясын кабыл алууга жөндөмсүздүгүнүн, кырдаалдардын айкын эместигинин негизинде болот.

10.4. Талаштарды БУУнун жардамы менен жөнгө салуу

БУУ мамлекеттер өз талаштарын чечүүдө пайдалана ала турган ар түрдүү институттарга жана расмий эмес ыкмаларга ээ. БУУнун Башкы катчысынын «оң кызматтары» менен Эл аралык соттун (БУУнун органы) чечимдери ушул категорияга кирери айкын.

10.4.1. Башкы Ассамблея

Башкы Ассамблея талаштарды чечүүдө кеңештерди берүү үчүн кенен ыйгарым укуктарга ээ. Тынчтыкка коркунуч пайда кылуу же аны бузуу маселелеринде Коопсуздук кеңешине артыкчылык ишенимин ыйгаруучу Ассамблея «жалпы абалга жана улуттар арасындагы достук мамилелерге таасир кылышы мүмкүн болгон бардык кырдаалды, анын келип чыгыш себеби эмне экендигине карабай, ар бирин тынчтык жолу менен чечүү үчүн чараларды кеңеш кылып сунуштай алат» (14-берене, БУУнун Уставы).

Бирок Ассмблеянын резолюциялары менен болгондой, бул «кеңештер» юридикалык жактан милдеттендирбейт жана Ассамблея факт боюнча өкүмдарлык жана милдеттендирүүчү чечим чыгарууга укугу жок. Ал көп учурда чечим чыгарууга зарыл багытта түрткү берип турганына карабай, тараптарга өз жөнгө салуусун таңуулай албайт.

Иш жүзүндө Ассамблеянын дискуссиялары менен резолюцияларынын таасири ар түрдүү. Бардык расмий аныктама же кеңеш белгилүү бир салмакка ээ болушу керек жана Ассамблея – бул калыс сотко эмес, ийкемдүүлүккө ылайык чечим чыгаруучу саясий орган экендиги чын. Ассамблея мурдагы Түштүк-Батыш Африкадагы (азыркы Намибия) маселени чечүүдө чоң салым кошкон жана Ирак менен Иранга тынчтыкты кайтаруудагы Башкы катчынын аракеттерине колдоо көрсөткөн. Бирок Индия менен Пакистандын Кашмир жөнүндө талашында жана Кипрдин – качандыр бир кезде ийгиликтүү болуп, эми ийгиликсиз маселесин чечүүдө ийгиликке жетишкен эмес. Көп нерсе, адаттагыдай эле, Ассамблеянын эмес, талашып жаткан тараптардын каалоосуна жараша болот. Чындыгында Ассамблеянын саясий табияты эл аралык укуктун бардык маселелери дайыма эле анын кызыкчылыгына кире бербейт дегенди билдирет жана ал саясий жана экономикалык талаштарга, айрыкча өзү кызыккан талаштарга

көбүрөөк кийлигишет. Ошондуктан Ассамблея 1974-жылы Кытай менен, 1992-жылы мурунку Югославия жана 2002-жылы Чыгыш Тимор менен болгон окуядай, мамлекеттүүлүктү жана мүчөлүктү аныктоо маселелеринде эң маанилүү роль ойнойт. Бул Ассамблея өзгөчө тажрыйбага ээ укуктук маанидеги суроолор.

10.4.2. Коопсуздук кеңеши

БУУнун Уставынын 5-бөлүмүнө ылайык, коопсуздук кеңеши талаштарды чечүү жагынан ар түрдүү бийлик ыйгарымына жана милдеттерге ээ. Биринчиден, эгерде бардык чаралар натыйжага алып келбесе, эл аралык тынчтыкты жана коопсуздукту коркунуч алдына коюучу талаштын тараптары коопсуздук кеңешине кайрылууга милдеттүү. Экинчиден БУУнун бардык мүчөлөрү же мүчө эместер аталган талаш эл аралык тынчтыкты жана коопсуздукту коркунуч алдына коюшу мүмкүн же мүмкүн эместигин аныктоо үчүн экинчи тараптын макулдугусуз Коопсуздук кеңешине кайрылууга укуктуу. Эки учурда тең Кеңеш тийиштүү процедураларды же талашты чечүү ыкмаларын, о.э. келишүүчүлүктүн учурдагы шарттарын кеңеш кыла алат. Иш жүзүндө бул жоболордун процедуралык аспектилери айрыкча мамлекеттердин талаштарына аралашпаган тараптар жактан сейрек колдонулат. Адатта Кеңеш бардык кызыккан тараптардын катышуусуз конкреттүү кеңештерди берүүнү каалабайт. Мындай абал 1971-жылы Индия менен Пакистандын ортосундагы чыр-чатакта болгон. О.э. Коопсуздук кеңеши мамлекеттерди өзү кабыл алган чечимди аткарууга мажбурлай албастыгы айкын, бирок тынчтыкка жана коопсуздукка каршы коркунучтар жана агрессиялык аракеттер менен иш алып барууга укуктуу (м., Уганда боюнча резолюция), жана бул, эгерде 39-берененин шарттары (тынчтыкты бузуу, тынчтыкка коркунуч туудуруу, агрессия акттары) болгондугу аныкталса, Кеңештин тараптарды өз чечимин аткарууга милдеттендирүүсүнө алып келиши ыктымал. Андыктан Коопсуздук кеңеши биринчи кезекте укуктук эмес, саясий маселелерге кызыгат жана анын милдети талаштагы күнөөлүүлөр менен күнөөсүздөрдү аныктап баалоо эмес, тынчтыкты сактап калуу болуп эсептелет. БУУнун Уставынын 36(3)-беренесине ылайык, Кеңеш «жалпы эреже боюнча укуктук талаштар Эл аралык сотко жиберилиши керектигин» эсине тутушу зарыл. Бирок ал мамлекеттерди аталган юрисдикцияга баш ийдирүү бийлигине ээ эмес. Бул жагынан алганда, Кеңеш менен Эл аралык соттун мамилелерине тиешелүү 3 сот ишин белгилей кетүү керек. Локербинин ишинде Эл аралык соттун жоопкер мамлекетке карата «убактылуу коргоо чараларын» камсыз кылбоо чечимин чыгарышына негиздердин бири катары,

кырдаал 39-беренеге туура келгендиги аныкталгандан кийин, Коопсуздук кеңеши талаш боюнча конкреттүү чараларды көргөндүгүндө болгон. Бул көпчүлүк талаштар укуктук жана саясий өлчөмгө ээ экендигин гана эмес, Коопсуздук кеңеши тийиштүү иштердеги талаштарды чечүүдө башкы жоопкерчилик тартышы мүмкүн экендигин божомолдойт. Башка жагынан алганда, Конгонун аймагындагы согуш аракеттери жөнүндө иште (Конго Угандага каршы) 2000-жылы 1-июлда Эл аралык сот Конгого убактылуу коргоо чараларын берген. Алар болсо 2000-жылдын 16-июлундагы 1304-резолюциянын талаптарына» абдан окшош болгон. Кыязы, Коопсуздук кеңешинин Локерби жөнүндө иштеги аракеттеринен айырмаланып, Конгодогу жагдайда Кеңеш коргонучту талап кылган Конгонун бекитүүчү укугу жөнүндө чечимге жетише алган эмес. Бул логикалык жактан корголо турган айырмачылык экендиги шексиз, бирок ал өзүнө карата Соттун чечимин талап кылат. үчүнчүдөн, Басылып алынган Палестинанын аймагында дубал курууну укуктук кесепеттери жөнүндө Эксперттик пикирде (Эл аралык соттун 2004-жылдагы отчёту) Сот кайрадан БУУ менен Соттун (анын ичинде Коопсздук кеңешинин) мамилелерин козгогон. Жалпы иликтөө боюнча, бул Соттун чечими эмес, эксперттик пикир болчу, бирок Сот бул ишти БУУнун башка органдарында каралгандыгынын өзү Сот үчүн тыюу болуп эсептелбегендигин көрсөткөн, себеби ал ошол эле иштин жагдайларын караган.

10.4.3. Башка мекемелер

БУУнун жетекчилиги алдында иш алып баруучу көп сандагы адистештирилген агенттиктер да мамлекттер ортосундагы талаштарды чечүүгө жардам көрсөтө алышат. Бул агенттиктер өзгөчө табияттагы ар түрдүү иштер менен алектенишет, жана алар Коопсуздук кеңеш сыяктуу талкуулар үчүн форумду жана жөнгө салуу үчүн стимулду камсыз кылышат. Бул категорияга Эл аралык эмгек уюму, Эл аралык валюталык фонд, Эл аралык жарандык авиация жана Эл аралык атомдук энергетика агенттиги киргизилген.

10.5. Элдешүү

Элдешүү талаштарды «сотсуз» же «жарым-жартылай сот» процедурасы катары каралышы мүмкүн. Элдешүү процесси ар түрдүү маселелерге, анын ичинде эл аралык укук маселелерине туш келиши мүмкүн. Муну эске алганда, элдешүү талаштын үчүнчү тарапка өткөндүгүн билдирет. Ал тараптын – көпчүлүк учурда бул комитет же комиссия – милдети талашты чечүү боюнча сунуштар камтылган отчет берүү болуп эсептелет. Элдештирүүчү комиссиялар иликтөө

комиссияларынан айырмаланып турат, себеби экинчилер тиги же бул сунуштарды беришпейт. Бул жагынан алганда биринчилер арбитраждык сотторго окшош. Бирок абдан маанилүү айырмачылык бар. Маселе үчүнчү тарапка берилип, расмий сунуштардын күчү менен коштолгон факт сунушталган жөнгө салуу жолдорунун көпчүлүгү көңүл сыртында калышы мүмкүн эмес дегенди билдирсе да, адатта элдештирүүчү комиссиялардын отчеттору тараптарды юридикалык жактан милдеттендирүүчү болуп эсептелбейт. Элдештирүүчү комиссиялардын отчету менен сунушталган чечим, албетте келечектеги сүйлөшүүлөр үчүн негиз боло алат. Ошентип, элдешүү иликтөө менен арбитраждын ортосунда турган нерсе. Чечимди орток мамиледеги үчүнчү тарап сунуштайт, бирок тараптар ал чечимди сөзсүз аткарууга милдеттендирилбейт. Элдештирүүчү комиссиялар 1899 жана 1907-жылдары Гаага конвенциясы тарабынан талаштарды тынчтык жолу менен чечүү үчүн түзүлгөн жана 1928-жылы талаштарды тынчтык жолу менен чечүү үчүн негизги акт болгон. Жакынкы арада болгон мисал катары деңиз мейкиндиктерин чектөө жөнүндө Жан Мейндин элдештирүүчү комиссиясын атоого болот (Исландия Норвегияга каршы, 1981). Элдештирүүчү комиссиялар Деңиз укугу жөнүндө 1982-жылдагы Конвенция бекиткен талаштарды чечүү процедураларынын бири катары колдонулушу мүмкүн.

10.6. Аймактык механизм менен жөнгө салуу

Талаштарды тынчтык жолу менен чечүү куралы катары кызмат кыла турган көп түрдүү аймактык уюмдар бар. Алар Америка мамлекеттеринин уюму менен Африка биримдиги уюму сыяктуу саясий органдардан тартып, Кариб коому жана Жалпы рынок, Бүткүл дүйнөлүк соода уюму (мурдагы БДСУ) сыяктуу экономикалык форумдар менен улай, Адам укуктары боюнча Европалык сот, Борбордук америкалык сот жана Адам укуктары боюнча эл аралык сот сыяктуу сот органдары менен бүтөт. Бул контекстте Европадагы коопсуздук жана кызматташтык уюмунун (ОБСЕ) чыр-чатактарды чечүүнүн саясий-укуктук жол-жоболору баса белгилениши керек. Бул уюмдун мааниси XX кылымдын аягындагы Чыгыш Европадагы саясий өзгөрүүлөрдүн натыйжасында жогорулады. Бул форумдар жергиликтүү талаштарды гана чечүүгө ылайык келери анык жана алар өзгөрүп турат.

10.7. Арбитраж

Эл аралык укук комиссиясы арбитражды «мамлекеттердин ортосундагы талаштарды укукка негизделген милдеттендирүүчү чечим кабыл алуу жол менен чечүү процедурасы жана ыктыярдуулук менен

кабыл алынган макулдашуунун натыйжасы» деп аныктаган.

Бул талаштарды чечүүнүн эң кеңири тараган «сот» ыкмасы, Эл аралык соттун Арбитражына кайрылуулар, укуктун көп тармактарынын өнүгүүсүнө олуттуу салым кошту, ал эми азыркы учурда көп сандагы жакшы өнүккөн соттор түзүлдү. Алсак, АКШ менен Мексиканын комиссиясынын 1926-жылдагы чечими мамлекеттердин милдеттемелери боюнча суроолорду жакшы чечмелейт. Иран менен АКШнын ортосундагы трибунал бул эки мамлекеттин ортосундагы мамилелердин 1979-жылы үзүлүшүнөн пайда болгон көп талаштарды чечкен, о.э. чет мамлекеттин мүлкүн өз аймагына чыгарып алуу маселесине тиешелүү укуктук маанилүү бүтүм чыгарган.

Талаштарды тынчтык жолу менен чечүүнүн эл аралык укуктагы бардык ыкмаларындай эле, арбитраж ыктыярдуу болуп эсептелет. Мамлекеттер арбитраждын юрисдикциясына макул болуулары керек. Бул деңиз чек араларын белгилөө жөнүндө Гвинея/Гвинеи Бисау жана Канада/Франция иштеринде гидей бир жолку (ad hoc) негизде болушу мүмкүн, же талаштардын өзүн көрсөтүү келечектеги макулдукка жараша болоруна карабастан, макулдук Туруктуу арбитраждык соттогудай, алдын ала жүргүзүлүүчү атайын процедурада берилиши мүмкүн. Бул акыркы орган 1899 жана 1907-жылдардагы тынчтык жолу менен чечүү жөнүндө Гаага конвенцияларында негизделген, ал талаштарды арбитраж аркылуу чечүүнүн бекитилген процедурасы болуп эсептелет, акыркы мезгилде талаштарды чечүүдөгү анын ролун кайра кайтарып берүү үчүн кадамдар жасалган. Акыркы мисал болуп 1999-жылдагы деңиз чек араларын белгилөө жөнүндө Эритрея/Йемен жөнүндөгү иштеги Арбитраж эсептелет. Ошондой эле белгилей кетүүчү нерсе, арбитраждык процедуралар мамлекеттердин ортосундагы талашты белгилеп аныктоо менен чектелбейт. Арбитраждын Эл аралык сотто жок маанилүү милдети болуп, анда мамлекеттер менен башка органдардын ортосундагы талашты чечүү үчүн эл аралык укуктук күчкө ээ чечим кабыл алынышы мүмкүн. Адатта мындай арбитраждарга мамлекеттер менен мамлекеттер аралык корпорациялар кайрылат, бирок өзгөчө учурларда жеке адамдарга да арбитраждык сотто мамлекетке каршы иш козгоо укугу берилет. Мындай арбитраждык процесстин эң маанилүү мисалдарынын бири болуп Инвестициялар боюнча талаштарды чечүү үчүн Эл аралык борбордун иш-аракеттери эсептелет. Ал 1964-жылы Эл аралык конвенция тарабынан түзүлүп, мамлекеттер менен ал мамлекетке инвестиция жүргүзгөн корпорациялардын ортосундагы инвестициялар боюнча талаштарды чечүү үчүн форумду камсыз кылат. Аталган борбор-

догу арбитраждык процесстерге Шри-Ланкага каршы “AAPL” иши жана Египетке каршы «Саузерн Пасифик» иштери мисал болот. Бул иштер мамлекеттик жоопкерчилик укугун түшүнүү үчүн маанилүү болуп эсептелет. Буга кошумча, Эл аралык коммерциялык арбитраж үчүн түзүлгөн, коммерция чөйрөсүндө арбитраждын практикалык маанилүүлүгүн чагылдыруучу Типтүү эрежелердин топтому бар.

Арбитраждык процессти жүргүзүүнүн жол-жоболорун эске албаганда, анын укуктук мүнөздөмөлөрү кандай деген суроо кызыктуу. Жалпы тилде «арбитраж» үчүнчү тарапка кайрылуу жолу менен жетишилген бардык жөнгө салууларды билдирет. Бирок Эл аралык сот Лозаннанын ишинде (1925) келишимди чечмелөө боюнча эксперттик пикирде көрсөткөндөй, арбитраж эл аралык укукта өзгөчө мааниге ээ. Биринчиден, арбитраж – бул укуктук талашты чечүү үчүн жүргүзүлгөн процедура. Арбитраж тараптардын эл аралык укук боюнча милдеттери менен укуктарына тиешелүү жана чечим ошол укуктарды иштин фактыларына карата колдонулушу аркылуу жетишилет. Бул экономикалык жана саясий факторлордун ишке тишеси жок дегенди билдирбейт, бирок алар өзүнөн өзү иштин кандай бүтөрүн өзгөртө албай тургандыгын болжойт. Эл аралык сот сыяктуу эле, арбитраж биринчи кезекте эл аралык укук маселелерине байланышкан.

БУУнун Уставы, I бөлүм, VI бөлүм

I бөлүм. Максаттары жана принциптери

1-берене.

Бириккен Улуттар Уюму төмөнкү максаттарды көздөйт:

Эл аралык тынчтыкты жана коопсуздукту колдоо жана бул максата тынчтыкка карата коркунучтун алдын алуу жана четтетүү, агрессия аракеттерин же башка тынчтык бузууларды басуу үчүн оң натыйжалуу коллективдүү чараларды көрүү жана бул аракеттерди акыйкаттык жана эл аралык укук принциптерине ылайык тынчтык каражаттары аркылуу ишке ашыруу, тынчтыктын бузулушуна алып келиши мүмкүн болгон эл аралык талаштарды же кырдаалдарды жөнгө салуу жана чечүү.

Улуттардын теңдештиги жана өзүн өзү аныктоо принциптеринин негизинде улуттар аралык достук мамилелерди өнүктүрүү, о.э. жалпы тынчтыкты бекемдөө үчүн тийиштүү башка чараларды көрүү.

Экономикалык, социалдык, маданий жана гуманитардык мүнөздөгү эл аралык маселелерди чечүүдө, о.э. расалык, жыныстык, тилдик жана диний айырмачылыктарга карабай ар бир адамдын негизги эркиндик-

терин жана укуктарын урматтоону колдоодо жана өнүктүрүүдө эл аралык кызматташтыкты ишке ашыруу. Бул жалпы максаттарга жетүүдө улуттардын иш-аракеттерин шайкештетүүчү борбор болуу.

2-берене.

1-беренеде көрсөтүлгөн максаттарга жетүү үчүн Уюм жана анын Мүчөлөрү төмөнкү принциптерге ылайык иш-аракет жүргүзүшөт:

Уюм өзүнүн бардык Мүчөлөрүнүн көз карандысыз теңдештик принцибине негизделген.

БУУнун бардык Мүчөлөрү Уюмга мүчө болуудан келип чыгуучу бардык укуктар менен артыкчыларды бардык Мүчөлөр үчүн бирдей камсыз кылуу үчүн, ушул Устав боюнча өзүнө алынган милдеттерди ак ниеттик менен аткарат.

БУУнун бардык Мүчөлөрү өзүлөрүнүн эл аралык талаштарын эл аралык тынчтыкка, коопсуздукка жана акыйкаттыкка коркунуч туудурбагыдай тынчтык каражаттары менен чечет.

БУУнун бардык Мүчөлөрү өзүлөрүнүн эл аралык мамилелеринде башка мамлекеттин аймактык кол тийбестигине же саясий көз карандысыздыгына каршы күч менен коркутууга же аны колдонууга, ж.б. БУУнун максаттарына шайкеш келбей турган башка ыкмага жол бербейт.

БУУнун бардык Мүчөлөрү Уставга ылайык жүргүзүүчү бардык иш-аракеттерде ар тараптуу жардам көрсөтөт, жана БУУнун алдын алуучу же мажбурлоочу мүнөздөгү иш-аракеттери багытталган бир да мамлекетке жардам бербейт.

Уюм Мүчө болбогон мамлекеттердин баары ушул Принциптерге ылайык иш-аракет кылуусун камсыз кылат, себеби эл аралык тынчтыкты жана коопсуздукту колдоо үчүн зарыл болушу ыктымал.

Устав БУУга мамлекеттердин ички компетенциясына кирүүчү иштерге кийлигишүү укугун эч кимге бербейт жана БУУнун Мүчөлөрүнөн мындай иштерди ушул Уставдын тартибинде чечүүгө коюуну талап кылбайт; бирок бул принцип VII бөлүмдүн негизиндеги мажбурлоочу чаралардын колдонулушуна тийешелүү эмес.

VI Бөлүм: Талаштарды тынчтык жолу менен чечүү

33-берене

Андан ары дагы улантылышы эл аралык тынчтыкты жана коопсуздукту сактоого коркунуч туудурушу мүмкүн болгон талаштын кайсынысына болбосун катышуучу тараптар талашты эң биринчи

кезекте өзүлөрү тандаан сүйлөшүү, иликтөө, ортомчулук, элдешүү, арбитраж, соттук тергөө, аймактык органдарга же макулдашууларга кайрылуу ж.б. тынчтык каражаттары менен чечүүгө аракет кылуулары зарыл. Коопсуздук кеңеши өзү зарыл деп эсептеген учурларда тараптардан талашты ушул аталган каражаттардын жардамы менен чечүүнү талап кылат.

34-берене

Коопсуздук кеңеши эл аралык кагылышууларга алып келип же талаштарды пайда кылышы мүмкүн болгон бардык талаштын же кырдаалдын андан ары улантылышы эл аралык тынчтыкка жана коопсуздукка коркунуч пайда кылар-кылбасын аныктоо үчүн иликтөөгө ыйгарым укук алат.

35-берене

Уюмдун бардык Мүчөсү 34-беренеде көрсөтүлгөн мүнөзгө ээ бардык талаш же кырдаал жөнүндө Коопсуздук кеңешине же Башкы Ассамблеяга маалымдай алат. Уюмга Мүчө эмес мамлекет өзү катышып жаткан бардык талашка карата ушул Уставда каралган талаштарды тынчтык жолу менен чечүү милдеттемелерин алса, Коопсуздук кеңешине же Башкы Ассамблеяга ал талаш тууралуу маалымдай алат. Ушул берененин негизинде өзүнө кабарланган ишти Башкы Ассамблея 11 жана 12-беренелердин жоболорун эске алуу менен чечет.

36-берене

Коопсуздук кеңеши 33-беренеде көрсөтүлгөн талаштын же ошондой эле мүнөздөгү кырдаалдын каалаган баскычында тийиштүү процедураны же жөнгө салуу ыкмаларын кеңеш кылууга укуктуу. Коопсуздук кеңеши тараптар бул талашты чечүүгө мурдатан жүргүзгөн бардык процедураларды көңүлгө алат. Ушул берененин негизинде кеңеш берүү үчүн Коопсуздук кеңеши о.э. юридикалык мүнөздөгү талаштарды, жалпы эреже катары, тараптар Эл аралык Соттун Уставына ылайык аталган Сотко бериши керектигин да эске алат.

37-берене

Эгерде 33-беренеде көрсөтүлгөн мүнөздөгү талаш жүргүзүп жатышкан тараптар ошол эле беренеде аталган каражаттардын жардамы менен өз ара талашын чечишпесе, анда аны Коопсуздук кеңешине беришет. Эгерде Коопсуздук кеңеши бул талаштын андан ары уланышы чынында эле эл аралык тынчтыкты жана коопсуздукту сактоого коркунуч туудурмак деп эсептесе, анда ал 36-беренеге ылайык ара-

кет кылыш керектигин же талашты чечүүнүн өзү ылайык деп тапкан шарттарын кеңешүү керектигин чечет.

38-берене

33-37-беренелеринин жоболоруна зыян келтирүүсүз Коопсуздук кеңеши, эгерде кайсы талашка болбосун катышып жаткан тараптар бул жөнүндө суранса, талашты тынчтык жолу менен жөнгө салуу максатында тараптарга кеңеш берүүгө укуктуу болот.

БУУнун Эл аралык талаштарды тынчтык жолу менен чечүү жөнүндө «Манила декларациясы» резолюциясы[100]

Башкы Ассамблея

Бардык мамлекеттер өзүлөрүнүн эл аралык талаштарын эл аралык тынчтыкка, коопсуздукка жана акыйкаттыкка коркунуч туудурбагыдай тынчтык каражаттары менен чечет деген БУУнун Уставынын принцибин ырастап,

БУУнун Уставы андан ары улантуу эл аралык тынчтыкты жана коопсуздукту сактоого коркунуч туудурушу мүмкүн болгон эл аралык талаштарды тынчтык жолу менен чечүү үчүн каражаттарды жана зарыл чектерин бекемдеерин түшүнүп билүү менен,

Эл аралык талаштарды чечүүдө, эл аралык акыйкаттык укук принциптерине, о.э. БУУнун Уставына ылайык эл аралык тынчтыкты жана коопсуздукту колдоодо БУУнун маанилүү ролун таануу менен,

БУУнун Уставынын бардык мамлекеттер өзүлөрүнүн эл аралык мамилелеринде башка мамлекеттин аймактык кол тийбестигине же саясий көз карандысыздыгына каршы күч менен коркутууга же аны колдонууга, ж.б. БУУнун максаттарына шайкеш келбей турган башка ыкмага жол бербейт деген принцибин кайрадан ырастоо менен,

Бир да мамлекет же мамлекеттердин тобу эч бир себеп менен башка мамлекеттин ички же тышкы иштерине түз же кыйыр кийлигишүүгө укуксуз экендигин кайрадан билдирүү менен,

БУУнун Уставына ылайык мамлекеттер ортосундагы достук мамилелер менен кызматташтыкка тиешелүү эл аралык укук принциптери жөнүндө Декларацияны кайрадан ырастоо менен,

Эл аралык тынчтыкты, коопсуздукту сактап жана бекемдөө, о.э

[100] Башкы Ассамблеянын 37/10-резолюциясы, 15-ноябрь, 1982, GAOR (68th Plen. Sess.) U.N. Doc. A/Res/37/10 (1982).

мамлекеттер ортосундагы достук мамилелерди алардын саясий, экономикалык жана социалдык системаларына карабай өнүктүрүү маанилүү экендигин эске алуу менен,

Элдердин теңдештиги өзүн өзү аныктоо принцибин БУУнун Уставында ишке ашырылгандай, БУУнун Уставына ылайык мамлекеттер ортосундагы достук мамилелер менен кызматташтыкка тиешелүү эл аралык укук принциптери жөнүндө Декларацияда, о.э. Башкы Ассамблеянын тийиштүү башка резолюцияларында эске салынгандай кайрадан ырастоо менен,

БУУнун Уставына ылайык мамлекеттер ортосундагы достук мамилелер менен кызматташтыкка тиешелүү эл аралык укук принциптери жөнүндө Декларацияда эскертилген, элдерди, атап айтканда, колониялык үстөмдүк же расалык тартип же башка чет мамлекеттик үстөмдүк астындагы элдерди өзүн өзү аныктоого, эркиндикке жана көз карандысыздыкка болгон айрып алгыс укуктарынан ажырата турган эч бир зомбулук аракеттерге бир да мамлекеттин жол бербөөсү зарыл экендигин баса белгилөө менен,

Эл аралык талаштарды тынчтык жолу менен чечүүгө, анын ичинде ылайыктуу учурда ички каражаттарды колдонууга тиешелүү эл аралык документтерди, о.э. тийиштүү принциптер менен ченемдерди эске алуу менен,

Саясий чөйрөдө эл аралык кызматташтыкка көмөк көрсөтүүгө эл аралык укуктун, атап айтканда, эл аралык талаштарды тынчтык жолу менен чечүүгө карата кодификациясынын алга карай өнүгүүсүнө көмөк көрсөтүүгө болгон толук чечкиндүүлүк менен салтанаттуу жарыялайт:

I

1. Бардык мамлекеттер бири-биринин ортосундагы достук мамилелерди бузууга себеп болгон, өз ара талаштарды болтурбоо үчүн ак ниеттик менен жана БУУнун Уставында жарыяланган максаттарга жана принциптерге ылайыктуу иштеп, эл аралык тынчтыкты жана коопсуздукту сактоого өбөлгө түзүшөт. Алар бири-бири менен ынтымактуу коңшулар катары жашап, эл аралык тынчтыкты жана коопсуздукту бекемдөө максатында оң багыттагы чараларды көрүүгө умтулуулары керек.

2. Бардык мамлекеттер өзүлөрүнүн эл аралык талаштарын эл аралык тынчтыкка, коопсуздукка жана акыйкаттыкка коркунуч келтирбегендей тынчтык каражаттары менен гана чечет.

3. Эл аралык талаштар мамлекеттердин эгемендүү теңдештигинин негизинде, БУУнун Уставындагы милдеттемелерди акыйкаттык жана эл аралык укук принциптерине ылайык каражаттарды эркин тандап алуу принцибин сактоо менен чечилет. Учурда жүрүп жаткан же болочоктогу талашты жөнгө салуунун тараптар болуп эсептелүүчү мамлекеттер ортосунда макулдашылган кайсы бир процедурасын колдонуу же мындай процедурага макулдук мамлекеттердин көз карандысыз теңдештик принцибине шайкеш келбей турган көрүнүш катары каралбашы керек.

4. Талаштын тараптары болуп эсептелген мамлекеттер өз ара мамилелеринде эл аралык укуктун негизги принциптерине, о.э. учурдагы эл аралык укуктун жалпы таанылган башка принциптери менен ченемдерине ылайык мамлекеттердин өз алдынчалуулугуна, көз карандысыздыгына жана аймактык көз карандысыздыгына тиешелүү өз милдеттерин аткарууну улантышат.

5. Мамлекеттер өз ыктыярдуулук жана кызматташтык маанайда өзүлөрүнүн эл аралык талаштарын төмөнкү каражаттардын биринин жардамында, тез арада акыйкат жөнгө салынышына умтулушат: сүйлөшүүлөр, иликтөөлөр, ортомчулук, элдешүү, арбитраж, соттук териштирүү, аймактык макулдашууларга же органдарга кайрылуу, же өз каалоосу менен башка тынчтык каражаттары, анын ичинде ийгиликтүү, кызматташтык. Мындай жөнгө салууну издөөдө тараптар талаштын жагдайларына жана мүнөзүнө туура келе турган тынчтык каражаттарын тандоо боюнча макулдукка келүүлөрү зарыл.

6. Мамлекеттер — аймактык макулдашуулар менен органдардын катышуучулары – жергиликтүү талаштарды Коопсуздук кеңешине өткөрүп бергенге чейин ушундай аймактык макулдашуулардын же органдардын жардамы аркылуу тынчтык жолу менен чечүүгө жетишүү үчүн бардык күч-аракеттерин жумшайт. Бул БУУнун Уставына ылайык бардык талаштар жөнүндө Коопсуздук кеңешине же Башкы Ассамблеяга мамлекеттер кабарлай албайт дегенди билдирбейт.

7. Талашып жаткан тараптар жогоруда аталган жөнгө салуунун каражаттарынын биринин жардамы менен да тез арада чече албаса, аны тынчтык жолу менен чечүүгө андан ары умтулуп, талашты тынчтык жолу менен чечүүнүн макулдашылган каражаты боюнча токтоосуз кеңеш алышат.

Эл эл аралык тынчтыкка жана коопсуздукка коркунуч туудурушу мүмкүн болгон талашты, жогоруда көрсөтүлгөн талашты жөнгө салуунун каражаттарынын биринин жардамы менен да чечпесе, аны БУ-

Унун Уставынын VI бөлүмүнө тийиштүү жоболорунда көрсөтүлгөн Коопсуздук Кеңештин милдеттери менен укуктарына эч шек келтирүүсүз кеңештин кароосуна беришет.

8. Эл аралык талаштын тараптары болгон мамлекеттер, о.э. башка мамлекеттер эл аралык тынчтыкты жана коопсуздукту коркунуч алдына коюп, ошону менен бирге талаштын чечилишин татаалдатып же анын тынчтык жолу менен жөнгө салышына тоскоол боло турган-дай абалды курчутушу мүмкүн болуучу бир да иш-аракетти жасабайт жана бул жагынан БУУнун максаттары менен принциптерине ылайык иш жасашат.

9. Мамлекеттер өз ара талаштарды тынчтык жолу менен чечүү жөнүндө келишим түзүү маселесин карап чыгуулары керек. О.э. алар түзүлүп жаткан эки тараптуу макулдашууларга, көп тараптуу конвенцияларга, аталган документтерди чечмелөөгө же пайдаланууга байланыштуу келип чыга турган талаштарды тынчтык жолу менен жөнгө салууга тиешелүү жоболорду максатка ылайык учурларда киргизүүлөрү керек.

10. Мамлекеттер түз сүйлөшүүлөр алардын талаштарын чечүүдөгү ийкемдүү жана оң натыйжалуу каражат экендигин жана тынчтык каражаттарын эркин тандоонун ченемсиздигин эске алуулары зарыл. Мамлекеттер түз сүйлөшүүлөрдү колдонууну чечкенде, тараптар үчүн ылайык болгон чечимге тез жетишүү үчүн ал сүйлөшүүлөрдү максаттуу жүргүзүү керек. Мамлекеттер өз талаштарын ушул декларацияда эске салынган башка каражаттардын жардамы менен чечүүгө бирдей даярдыгын көрсөтүүлөрү керек.

11. Мамлекеттер эл аралык укукка ылайык, өз талаштарын чечүү үчүн өз ара түзүлгөн келишимдердин бардык жоболорун ак ниеттик менен аткарышат

12. БУУнун Уставына ылайык, мамлекеттер ортосундагы достук мамилелер менен кызматташтыкка тиешелүү эл аралык укук принциптери жөнүндө Декларацияда эскертилгендей, тиги же бул элдин өзүн өзү аныктоо укугун ишке ашыруусуна көмөк көрсөтүү максатында талаштын тараптары, эгерде макул болушса жана максатка ылайык деп эсептешсе, талашты тынчтык жолу менен чечүү үчүн ушул Декларацияда эскертилген тийиштүү процедураларды колдоно алат.

13. Талаштын болушу да, аны тынчтык жолу менен чечүү процедурасын колдонуунун натыйжасыздыгы да, талашып жаткан мамлекеттердин бирине да башка мамлекетке карата күч колдонууга же күч менен коркутууга укук бербейт.

II

1. Бардык мүчө мамлекеттер БУУнун Уставынын талаштарды тынчтык жолу менен чечүүгө тиешелүү жоболорун, анын ичинде VI бөлүмдө каралган процедуралар менен каражаттарын толук пайдалануулары керек.

2. Мүчө мамлекеттер БУУнун Уставына ылайык өзүлөрү кабыл алган милдеттемелерди өз ыктыярлары менен аткарат. Уставга ылайык, Коопсуздук кеңешинин талаштарды тынчтык жолу менен чечүүгө тиешелүү кеңештерин талаптагыдай эске алуулары керек. О.э. алар Уставга ылайык, Башкы Ассамблея Уставдын 11 жана 12-беренелердин жоболорун сактоо менен талаштарды тынчтык жолу менен чечүүгө тиешелүү кабыл алган кеңештерди эске алуулары керек.

3. Мүчө мамлекеттер БУУнун Уставы тарабынан Башкы Ассамблеяга талаштарды тынчтык жолу менен чечүү боюнча жүктөлгөн ролдун маанилүүлүгүн ырасташат, Ассамблеянын өз функциясын оң натыйжалуу аткаруусу зарыл экендигин баса белгилешет. Ошого жараша алар:

a) Башкы Ассамблея өз пикири боюнча жалпы бейкуттукту же улуттар ортосундагы достук мамилелерди бузушу мүмкүн болгон бардык кырдаалдарды, алардын кандайча келип чыкканына карабай, талкуулоого жана уставдын 12-беренсинин жоболорун эске алуу менен, аны тынчтык жолу аркылуу жөнгө салуу үчүн кеңештерди бере ала тургандыгын эске алуулары керек;

b) Эл аралык тирешүүлөргө же талаштарга алып келиши мүмкүн болгон бардык талаш же кырдаалдар жөнүндө Башкы Ассамблеяга билдирүү мүмкүнчүлүгүн өзүлөрү орундуу деп эсептеген учурда пайдалануу маселесин кароолору керек;

c) Өз талаштарын тынчтык жолу менен чечүү үчүн Башкы Ассамблея Устав боюнча өз милдеттерин аткарууда түзгөн кошумча органдарды пайдалануу жөнүндө маселени кароолору керек;

d) Башкы Ассамблеяга маалымдалган талаштын тараптары болгон учурда, ал талаштын тез чечилишине көмөктөшүү максатында Ассамблеянын алкагында кеңештерди пайдалануу жөнүндө маселени кароолору керек.

4. Мүчө мамлекеттер Коопсуздук кеңеши БУУнун Уставына ылайык эл аралык тынчтыкты жана коопсуздукту сактоого, коркунуч туудуруучу бардык талаштар менен кырдаалдарды чечүү тармагында өз

милдеттерин толук жана оң натыйжалуу аткаруусу үчүн анын бор-бордук ролун бекемдөөлөрү керек. Бул максатта алар:

a) өзүлөрү катышуучу тарап болгон мындай талаштарды, эгерде аны Уставдын 33-беренесинде берилген каражаттардын жардамы менен чече албаса, Коопсуздук кеңешине берүү милдетин толук түшүнүүлөрү керек;

b) эл аралык тирешүүлөргө же талаштарга алып келиши мүмкүн болгон бардык талаш же кырдаалдар жөнүндө Коопсуздук кеңешине билдирүү мүмкүнчүлүгүн кененирээк колдонуулары керек;

c) Коопсуздук кеңешинин эл аралык тынчтыкты жана коопсуздукту сактоого коркунуч туудуруучу бардык талаштар менен кырдаалдарды каroo максатында Уставда каралган өз мүмкүнчүлүктөрүн кененирээк пайдалануусун колдоолору керек;

d) фактыларды иликтөө үчүн Коопсуздук кеңешинин Уставга ылайык мүмкүнчүлүгүн кененирээк колдонуу жөнүндө маселени кароолору керек;

e) талаштарды тынчтык жолу менен чечүүгө көмөк көрсөтүүчү каражат катары Коопсуздук кеңеши БУУнун Уставы боюнча өз милдеттерин аткаруу үчүн өзү түзгөн кошумча органдарды кенен пайдаланууусун колдоолору керек;

f) Коопсуздук кеңеши Уставдын 33-беренесинде көрсөтүлгөн мүнөзгө ээ талаштын же ошондой эле мүнөздөгү кырдаалдын каалаган баскычында, аны жөнгө салуу үчүн тийиштүү процедураны же ыкмаларды кеңеш кыла ала тургандыгын эске алуулары керек;

g) Коопсуздук кеңеши өз милдеттери менен укуктарына ылайык, айрыкча эл аралык талаштар куралдуу чыр-чатактарга айланган учурларда токтоосуз иш-аракет кылуусун колдоолору керек.

5. Мамлекеттер БУУнун башкы сот органы болгон Эл аралык соттун ролун толук түшүнүп билүүлөрү керек. Алардын көңүлү Эл аралык сот юридикалык мүнөздөгү эл аралык талаштарды жөнгө салуу үчүн бере турган Айрыкча Сот регламенти кайра каралгандан кийинки мүмкүнчүлүктөргө бурулат. Мамлекеттер учурда бар же келечекте түзүлүшү мүмкүн болгон келишимдердин аркасында өз пикир келишпестиктерин чечүүнү башка сотторго тапшыра алышат.

Мамлекеттер төмөнкүлөрдү эске тутуулары керек:

a) юридикалык мүнөздөгү талаштарды, жалпы эреже катары, та-

раптар ылайык Эл аралык сотко анын уставына ылайык берет;

b) алардын төмөнкү иш-аракеттери максатка ылайык:

i) мындай келишимдерди чечмелөөдөн же колдонуудан келип чыгышы мүмкүн болгон талаштарды, Эл аралык сотко берүүнү аныктаган жоболорду, келишимге киргизүү мүмкүнчүлүгүн кароо;

ii) өзүнүн көз карандысыздыгын эркин ишке ашыруу тартибинде Эл аралык соттун юрисдикциясын анын Уставынын 36-беренесине ылайык милдеттүү түрдө таануу мүмкүнчүлүгүн иликтеп чыгуу;

iii) Эл аралык соттун жардамы менен чечилиши ыктымал болгон иштерди аныктоо мүмкүнчүлүгүн кароо.

БУУнун органдары жана адистештирилген мекемелер алардын иш-аракет чегинен сырткары пайда болгон юридикалык маселелер боюнча, Эл аралык соттун кеңешүүчүлүк бүтүмүн суроо мүмкүнчүлүгүн, алар талаптагыдай ыйгарым укугу болгон шартта пайдалануунун максатка ылайыктуулугу жөнүндө суроону иликтеп чыгуулары керек.

Юридикалык мүнөздөгү талаштарды сот аркылуу жөнгө салууга, мисалы, Эл аралык сотко кайрылууну мамлекеттер ортосундагы мамилелердин достук эмес маанайдагы акт деп кароого болбойт.

6. Башкы катчы БУУнун Уставынын өзүнө жүктөлгөн милдеттерге тиешелүү жоболорун толук пайдалануусу керек. Башкы катчы өз пикири боюнча эл аралык тынчтыкты жана коопсуздукту сактоого коркунуч туудуруучу бардык маселелер жөнүндө Коопсуздук кеңешине билдире алат. Ал Коопсуздук кеңеши менен Башкы Ассамблея тарабынан өзүнө жүктөлүүчү башка милдеттерди да аткарат. Ушуга байланыштуу алардын талабы боюнча даярдалуучу докладдар Коопсуздук кеңешине Башкы Ассамблеяга берилет.

Бардык мамлекеттерди өзүлөрүнүн эл аралык талаштарын тынчтык жолу менен чечүүдө ушул декларациянын жоболорун өз ыктыярлары менен сактоого жана колдоого чакырат.

Бул Декларацияда эч нерсе кандайдыр бир жол менен Уставдын тийиштүү жоболоруна, же мамлекеттердин укуктары менен милдеттерине, же БУУнун органдарынын Уставга ылайык милдеттери менен укуктарына, атап айтканда, талаштарды тынчтык жолу менен чечүүгө тиешелүүлөрүнө кедергесин тийгизүүчү катары түшүнүлбөшү керектигин билдирет.

Бул Декларацияда эч нерсе кандайдыр бир жол менен Уставдан келип чыгуучу элдердин мурдатан зомбулук менен алынып салынган жана БУУнун Уставына ылайык мамлекеттер ортосундагы достук мамилелер менен кызматташтыкка тиешелүү эл аралык укук принциптери жөнүндө Декларацияда эскертилген, атап айтканда, колониялык үстөмдүк же расалык тартип же башка чет мамлекеттик үстөмдүк астында астындагы элдердин өзүн өзү аныктоого, эркиндикке жана көз карандысыздыкка болгон укугуна, о.э. ал элдердин ушул максатта күрөшүү жана Уставдын принциптери менен жогоруда аталган Декларацияга ылайык колдоо сурап жана алуу укугуна зыян келтириши мүмкүн эместигин бидирет.

Уставга ылайык талаштарды тынчтык жолу менен чечүү процессинде эл аралык укукту алга карай өнүктүрүү жана кодификациялоо боюнча тийиштүү жол менен өнүктүрүү аркылуу күч-аракеттерди кайсынысы максатка ылайык деп табыларына жараша, о.э. бул тармакта БУУнун натыйжалуулугун жогорулатуу жолу менен улантуу зарылчылыгын баса белгилейт.

Эл аралык укук менен мамлекеттин ички ченемдерин шайкеш келтирүү теориясы, В.В. Гаврилов[101]

Ченем жаратуу процесстеринде мамлекеттер бир эле мезгилде мамлекеттин ички жана эл аралык укук ченемдерди түзүүчү болушу, ал ченемдердин укуктук жактан колдонулуучу комплекстерге биригип бир объекттик коомдук мамилелерди жөнгө салууларына мүмкүнчүлүк берүүчү аталган жүрүм-турум эрежелеринин мазмундук жактан шайкеш келүүсүн шарттайт. Мында эл аралык жана улуттук укук ченемдери жаңы системалык конструкцияларды жаратпастан, өзүлөрүнүн жеке укук системаларынын бири бири менен белгилүү бир функционалдык өз ара мамиледеги бөлүктөрү бойдон калат.

Эл аралык укуктук доктринада үч теория эң кеңири жайылган. Алар: трансформациялоо, инкорпорация жана имплементация теориялары.

Трансформациялоо теориясы өзүнүн жаралышына эл аралык жана ички мамлекеттик укуктун шайкештиги маселесине карата болгон дуалисттик көз карашка милдеттүү. Дуализм сыяктуу эле ал да бул

[101] В.В.Гаврилов. Укук жана эл аралык мамилелер. Эл аралык укук менен мамлекеттин ички ченемдерин шайкеш келтирүү теориясы (2005). [шилтемелер калтырылган]. [автордун кыскартуусу менен басылган].

эки укук системасынын өз алдынча жана бири-биринен ажыратылган түрдө болушу жөнүндөгү ырастоого негизделген.

Каралып жаткан теориянын жактоочуларынын көз карашынан алганда, трансформация процессинин маңызы, демек, эл аралык жана улуттук укук ченемдерин шайкештетүүнүн юридикалык жолжоболорунун да маңызы «эл аралык укук ченеминде «vis obligandi-нин» өзүн «жаңы» адресаттар – мамлекеттин ички укук субъекттерине багыттап өзгөртүүдө, ченемдин эми башка мамлекеттин ички укук тартибине ишке киргизүүгө байланыштуу ошол ченемдин мазмунун өзүн өзгөртүүдө жатат». Трансформациянын натыйжасында мазмуну жагынан баштапкы эл аралык ченемге түрдөш, бирок аны менен бирдей эмес – себеби расмий түрдө эми ал ички укук – ички мамлекеттик өзгөчө укук пайда болот.

Эл аралык укук ченемдерин мамлекеттин ички укук тартиптерине трансформациялоо концепциясынын эң белгилүү россиялык жактоочуларынын бири Е. Т. Усенко, бул процесстин шексиз зарылдыгын далилдеп, «мамлекеттин суверенитети негизинен анын үстөмдүк кылган аймагында башка мамлекеттердин эркси, анын ичинде эл аралык укук ченемине киргизилип, макулдашылган эркси күчкө ээ болушун четке кагат. Эл аралык ченем болуп эсептелүүчү эреже улуттук укуктун таасиринин чегинде юридикалык күчкө ээ болушу үчүн, ал улуттук укук ченеминин күчүнө ээ болушу керек. Бирок муну аймактык бийлик ээси гана тийиштүү улуттук укук актын чыгаруу аркылуу жасай алат.

Мамлекеттик бийликтин үстөмдүк кылуу принциби ал мамлекет жайгашкан өлкөнүн чек ара алкагында бир гана укуктук жөнгө салгыч – улуттук укук күч-аракет кыла алат дегенди билдирбейт. Ага жараша, маселенин маңызы «трансформисттер» бул процесстин сөзсүз зарылдыгын далилдөө менен ырастап жаткандай, эл аралык укук ченеми өзүнүн табиятына жана ыйгарылган милдетине байланыштуу ички мамлекеттик деңгээлде мамилелерди жөнгө салуучу боло албастыгында эмес, тиги же бул мамлекет анын ушундай милдетти аткаруусуна жол берер-бербестигинде. Ошондуктан биздин көз карашыбызда эл аралык укуктук акттар менен салттар тийиштүү мамлекет санкциялаган учурда ар түрдүү мамлекеттердин же, ал турсун, бир өлкөнүн улуттук укук субъекттеринин ортосундагы мамилелерди түздөн-түз жөнгө салуучу ченемдердин булагы болууга жөндөмдүү.

«Трансформисттерден» айырмаланып, эл аралык жана улуттук укуктарды шайкеш келтирүүнүн дагы бир кенен тараган теориясы

– инкорпорациялоо теориясынын –жактоочулары эл аралык укук ченемдери эч кандай мамлекеттик ички ченем-укуктук актгарды чыгаруусуз эле автоматтык түрдө улуттук укуктун (мыйзамдын) бөлүгү болуп калат деп эсептешет. В. А. Каланданын пикири боюнча, мында кеп эл аралык келишимдин ченемдерин улуттук мыйзамга «мамлекеттин ички укугунун эл аралык келишимди пайдалануу үчүн учурда бар ченемдерин колдонуу аркылуу» киргизүү болуп эсептеле турган трансформациянын бир түрү жөнүндө болуп жатат. Инкорпорация доктринасы англис сотторунун практикасында XVIII-XIX кылымдарда пайда болгон жана алгач эл аралык кадимки ченемдердин гана Улуу Британиянын укук системасына көрсөткөн таасирине тиешелүү болгон.

Бул теориянын эң белгилүү өкүлдөрүнүн бири – англис юристи У. Блэкстоун өз «Комментарийлеринде» аны мындайча мүнөздөгөн: «Элдердин өзүлөрүнүн юрисдикциясы жайылтыла турган бардык суроолордогу укуктары жалпы укукта толук көлөмдө кабыл алынат жана өлкөнүн укугунун бөлүгү болуп эсептелет». Ошону менен бирге эл аралык келишимдик ченемдер боюнча англис соттору трансформациялоо теориясын карманышкан.

Инкорпорация доктринасынын идеясын мыйзам деңгээлинде кабыл алган алгачкы мамлекеттердин бири Америка Кошмо Штаттары болгон. АКШнын 1787-жылдагы Конституциясынын VI беренсинин 2-бөлүгүндө төмөнкү мазмундагы жогорку клаузула (supremacyclause) бекитилген:

«АКШнын бул Конституциясы жана аны аткарууга карата чыгарылган мыйзамдары, о.э. АКШнын бийлиги тарабынан түзүлгөн жана келечекте түзүлүүчү бардык келишимдер өлкөнүн жогорку мыйзамдары болуп эсептелет жана ар бир штаттагы сотчулар, кайсы бир штаттын Конституциясы менен мыйзамдарында каршы келүүчү жоболор жолукса да, аларды аткарууга милдеттендирилет». Аталган эрежеге ылайык, инкорпорациялоо теориясынын «эл аралык укук өлкөнүн укугунун бир бөлүгү болуп эсептелет» деген негизги принцибинин таасири эл аралык келишимдик ченемдерге жайылтылгандыгын байкабай коюу кыйын.

АКШдан сырткары, эл аралык укук ченемдерин өлкөнүн укугунун бөлүгү деп жарыялаган өлкөлөргө, мисалы, Германия жана Греция кирет. Статья 25 ФРГнын 1949-жылдагы Конституциясынын 25-беренесинде «эл аралык укуктун жалпы таанылган ченемдери Федерациянын укугунун түзүмдүк бөлүгү болуп эсептелет. Алар мыйзамдар алдын-

да артыкчылыкка ээ жана федералдык аймактын жашоочуларынын укуктары менен милдеттерин түздөн-түз жаратат» деп бекитилген. Ал эми Грециянын 1975-жылдагы Конституциясынын 28-беренесинин 1-пунктуна ылайык, «эл аралык укуктун жалпы кабыл алынган ченемдери, эл аралык макулдашуулар мыйзам тарабынан ратификацияланып жана күчкө кирген убакыттан тартып ички грек укугунун ажырагыс бөлүгү болуп эсептелет жана мыйзамдын аларга каршы келүүчү бардык жоболорунун алдында артыкчылык күчүнө ээ».

Башка өлкөлөр эл аралык укук ченемдерин өзүлөрүнүн ички мыйзамдарынын бөлүгү деп жарыялашкан. Алсак, Испания Падышачылыгынын 1978-жылдагы Конституциясынын 96-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык «мыйзамга ылайык түзүлгөн жана Испанияда чыгарылган эл аралык келишимдер анын ички мыйзамдарынын бөлүгүн түзөт». Ушундай эле жоболорду Казакстандын, Кыргызстандын, Украинанын жана башка айрым өлкөлөрдүн конституциялары-нан жолуктурууга болот.

Инкорпорациялоо теориясынын негизинде эл аралык жана укук ченемдеринин шайкештетүү маселесине карата монистикалык көз караш жаткандыгын байкабай коюу кыйын. Анын мааниси эл аралык укукту бүтүндөй бойдон жана анын табиятын өзгөртүүсүз ички укуктун бөлүгү деп жарыялоодо жатат. Бул тийиштүү мамлекеттин сот практикасы тарабынан иштелип чыккан же анын конституциялык ченеминин түздөн-түз көрсөтмөсүнөн келип чыккан эреженин негизинде жасалат. Ага жараша инкорпорациялоо теориясынын маңызын кыскача төмөнкү негизги тезистер түрүндө берсе болот:

1. Эл аралык укук менен мамлекеттин ички укугу бири бири менен шайкештелген укук системалары болуп эсептелет. Ошондуктан биринчиси экинчинин түзүмдүк бөлүгү боло алат.

2. Улуттук сот органдары тарабынан иштелип чыккан конституциялык ченемдин же практиканын көрсөтмөсү аркасында эл аралык келишимдер жана эл аралык укуктун жалпы ченемдери эч кандай укуктук ички кошумча акттарсыз эле бүтүндөй бойдон тийиштүү өлкөнүн улуттук укугунун бөлүгү болуп калат.

Бул ченемдик конструкциялар бири-биринен мазмуну жана укуктук ченем булактары жагынан гана эмес, аларды түзүү жана ишке ашыруу ыкмалары жагынан да олуттуу айырмаланарын унутпоо керек. Бул укук системаларынын табияты, таасир көрсөтүү чөйрөсү, багышталуусу ар түрдүү, ошого жараша алар объективдүү түрдө бири-биринин бөлүгү эмес жана боло албайт. Бул жагынан немис юристи

Д. Раушнингдин сөзү жетишерлик көрсөтмөлүү болуп эсептелет. Ал ФРГнын Конституциясынын 25-беренесини жобосун чечмелөөдө аталган беренеде камтылган «эл аралык укктун жалпы ченемдери Федерациянын укугунун түзүмдүк бөлүгү болуп эсептелет» деген сөз жаңылыш түшүнүүгө алып келиши мүмкүндүгүн белгилейт. «Бул жобо, - деп жазат ал – эл аралык укук ченемдери ФРГнын улуттук укук ченемдери болот дегенди билдирет. Алар эл аралык укук ченемдери бойдон калат. Конституциянын бул беренесинин мааниси ал мындай ченемдерди ФРГнын укуктук системасынын алкагында колдонууну тапшырганында жатат». Профессорлор Т. Бургенталь менен Г. Майер да дал ушундай белгилешет: «Биз АКШда, мисалы, эл аралык укук «өлкөнүн укугу» деп айтканда, биз чындыгында ал биздин укук системабыздын бөлүгүн түзөт деген мааниде айтабыз».

Р. А. Мюллерсон көрсөткөндөй, эл аралык укук менен улуттук укукту шайкеш келтирүүгө карата көз караш дуалистик же монистикалык экендигине карабай, «бардык мамлекеттердин улуттук укугу жана эл аралык укук – бул ар түрдүү укук системалары, жана эл аралык келишимдер, кандай жол менен түзүлгөнүнө же имплементацияланышына карабай, өлкөнүн улуттук укугунун уруксаты менен гана мамлекеттин ичинде күчкө ээ боло ала турган эл аралык укук ченеми болот. өзгөчөлүгү болгону, мындай уруксат инкорпорациялоо теориясынын алкагында эл аралык укук, укук системасынын бир бөлүгү эмес, тиги же бул мамлекеттин ички укугунун же мыйзамдарынын бөлүгү деп жарыяланат. Ошентип, инкорпорациялоо теориясы трансформациялоо теориясынын аркасынан улуттук укук системаларынын алкагында эл аралык укук ченемдеринин чыныгы статусу жөнүндө туура эмес түшүнүк берет.

Биринчиден, инкорпорациялоо теориясынын алкагында мамлекеттин ичинде пайда болуучу мамилелер менен анын чегинен чыгуучу мамилелерди жөнгө салууга багытталган эл аралык укук ченемдер эч айырмаланып каралбайт.

Экинчиден, инкорпорациялоо теориясы (трансформациялоодой эле), эгерде эл аралык укук ченемдери улуттук укук субъекттеринин катышуусундагы мамилелерди кайсы бир деңгээлде жөнгө салуу максатын көздөсө да, баары бир алар бул мамилелерди түздөн-түз жөнгө салууга дайыма эле жарактуу боло бербей турган айкын жагдайды эсепке албайт. Мындан өзүнөн өзү аткарылуучу жана өзүнөн өзү аткарылбоочу эл аралык келишимдердин же алардын жоболорунун маселеси келип чыгат. Бул маселеге эл аралык укукту өзүнүн

ички укуктарынын бир бөлүгү деп жарыялаган бир да мамлекетте баары бир канааттандырарлык чечим табылган жок. Андан сырткары, аталган мамлекеттердин айрымдары өз укугунун бир бөлүгү деп эл аралык кадимки укукту атагандыгын эске алуу керек, бул болсо проф. Д. Бедермандын пикири боюнча, «келишимдик монизм» концепциясын карманган гана эмес, «кадимки укук ченемдеринин монизмин» гана моюнга алган мамлекеттердин да бар экендигин күбөлөндүрөт. Ал эми бул факт инкорпорациялоо теориясынын алкагында дайыма эле эске алына бербейт.

Үчүнчүдөн, эл аралык укук ченемдерин өлкөнүн укугунун бөлүгү деп жарыялоодо, ошол мамлекеттин доктринасында, мыйзамдарында жана укуктук колдонуу практикасында бир тараптуу жана толук чечимге жетишилбеген «техникалык» мүнөздөгү бир катар көйгөйлөр пайда болот. Бул маселелер, атап айтканда, кийинчерээк кабыл алынуучу улуттук укук актарына каршы келүүчү эл аралык келишимдердин юридикалык күчү жөнүндө, о.э. мамлекеттин атынан анын ар кайсы органдары тарабынан түзүлгөн эл аралык келишимдердин ченемдери менен мамлекеттик укуктун ар кандай деңгээлдеги ченемдеринин шайкештиги жөнүндө суроолорго тиешелүү.

Аталган маселелер менен так эместиктердин көпчүлүгү акыркы жылдары укуктук доктринада кеңири жайылтылып келе жаткан имплементациялоо (англ. «implementation» - аткаруу, турмушка ашыруу) теориясынын алкагында жетишерлик ийгиликтүү чечилүүдө. Имплементациялоо теориясы, трансформациялоо теориясы сыяктуу эле, эл аралык укук менен мамлекеттин ички укук системалары бири-биринен өз алдынча турат деген шексиз ойго негизделет. Б.а., имплементациялоо теориясына ылайык, шайкеш келтирүүнүн натыйжасы эл аралык укук ченемдерин өзгөртүү эмес, аларды ички укуктун бөлүгү деп жарыялоо эмес, аларга тийиштүү мамлекеттин санкциясы жана жардамы менен өз маанисинде эле аталган мамлекеттин укуктук системасында күчкө ээ кылуу болуп эсептелет.

Буга окшош ойлор өткөн кылымдын 60-жылдарында эле, Немис эл аралык укук коомчулугу эл аралык укук ченемдерин аткаруу теориясын койгондо айтылган болчу. Алардын пикиринде мамлекет бул учурда эл аралык укук ченемин аткарууга киргизүү менен гана чектеле алат жана чектелиши керек. Бул акт «бир ченемди экинчи ченемге трансформациялабайт, ал болгону эл аралык укук ченеминин таасиринин ички мамлекеттик шартын гана аткарат, анын укук ченемдүүлүгүн ички мамлекеттик чөйрөгө экстраполяциялайт. Мын-

да ченемдин өзүнүн табияты өзгөрбөйт, ал эл аралык укук ченеми бойдон кала берет».

Имплементациялоо теориясы кенен мааниде «эл аралык укук ченемдерин аткаруу үчүн эл аралык укук жана ички мамлекеттик ченемдерди аткаруу, о.э. мындай аткаруунун эл аралык жана ички мамлекеттик деңгээлдеги шарттарын түзүү» дегенди билдирет.

Имплементациялоо теориясынын негизин түзүүчү шексиз ойлорду төмөнкүчө берүүгө болот:

1) Эл аралык укук менен улуттук укук эки башка укук системалары болуп эсептелет. Ошондуктан эл аралык укук ченемдери мамлекеттин тийиштүү улуттук укук ченемдеринин санкциясы менен гана ички укуктарынын таасири чөйрөсүндөгү мамилелердин жөнгө салуучусу боло алат.

2) Эл аралык укук ченемдерин имплементациялоо жолжоболорунун мазмуну алардын түрүнө, мазмунуна жана эл аралык укуктук жөнгө салуунун түпкү максатына жараша болот.

Трансформациялоо, инкорпорациялоо жана имплементациялоо теорияларынын негизги жоболорун салыштырып, мында кеп айрым изилдөөчүлөр көрсөтүүгө аракет кылгандай талаш же терминдер жөнүндө эмес, эл аралык укук ченемдерин мамлекеттин ички укук тартиптеринин алкагында ишке ашыруунун юридикалык жолжоболорунун мазмунуна карата ар түрдүү көз караштар жөнүндө экендигин байкоо кыйын эмес. Жана эгерде көп сандаган, бирок анча маанилүү эмес пикир келишпестиктерди «кашаанын сыртында» калтырса, анда бул концепцияларды жактоочулардын талаш-тартышынын борборунда эл аралык укук ченемдери мамлекеттин ички мамилелеринде түздөн-түз, б.а. аларды ички укуктун бөлүгү деп жарыялоосуз жана эл аралык келишимдерди ички мамлекеттик мыйзамдарга айландыруусуз пайдаланылышы мүмкүнбү деген суроо калат. Биздин пикирибизче, бул суроого эң туура жоопту имплементация теориясы берет жана бул оң мүнөздөгү жооп. Бирок баары тең эле ушундай деп эсептебейт. «Эл аралык укук ченемдеринин түз таасири жөнүндө пикирди колдоого болбойт. – деп жазат А.М. Васильев,

- алардын күчү мамлекеттик бийликтин тиги же бул түрдөгү чечими менен шартталат. [....] Ченем – бул бир эле жолу таасир кыла турган эреже эмес. Ушунун өзүнөн эле ал көз карандысыз улуттук системага ылайыкташылып, анын башка бөлүктөрү менен шайкештелген бир бөлүгүнө айланууүчүн мамлекеттин колдоосун алышы керек». Б. Л.

Зимненко да эл аралык укук ченеминин түздөн-түз таасири жөнүндө, «мындай таасир жалпы шилтеме бере турган жалпы ченем аркылуу шартталарын эске алуу менен», шарттуу түрдө гана айтууга болот деп эсептейт.

Айрым эл аралык жана аймактык трибуналдар

БУУнун Эл аралык Соту[102]

Сот жөнүндө баяндама

Эл аралык сот (ЭС) Бириккен Улуттар Уюмунун башкы сот органы болуп эсептелет. Ал 1945-жылы июнь айында БУУнун Уставы менен түзүлүп, 1946-жылдын апрелинен тартып иштей баштаган.

ЭСтин жайгашкан жери Гаага, Нидерланды болуп эсептелет. БУУнун башкы алты органынын ичинен Сот Нью-Йорктон сырткаркы жерде жайгашкан жалгыз орган болуп эсептелет. Сот эл аралык укукка ылайык чеке тараптардын эмес, өлкөлөрдүн ортосундагы гана укуктук талаштарды чечүү менен алектенет. Сотко эки милдет жүктөлгөн: мамлекеттер тарабынан ага тапшырылган юридикалык талаштарды эл аралык укукка ылайык чечүү жана БУУнун ыйгарым укуктуу органдары менен адистештирилген мекемелери талаптагыдай сурам жиберген учурда тиги же бул юридикалык маселе боюнча кеңешүүчүлүк чечим чыгаруу.

Сот Башкы Ассамблея менен Коопсуздук кеңеши тогуз жылдык мөөнөткө шайлай турган 15 судьядан турат. Сотту анын административдик орган болуп эсептелүүчү Секретариат тейлейт. Анын расмий тилдери болуп англис жана француз тилдери эсептелет.

Тарыхы[103]

Эл аралык соттун түзүлүшү эл аралык талаштарды тынчтык жолу менен жөнгө салуу ыкмалары акырындап өөрчүп келген узак мөөнөттүү процесстин кулминациясы болгон.

Эл аралык акыйкат сотунун Туруктуу палатасы (ЭАТП)

---

[102] http://www.icj-cij.org/court/index.php?p1=1.

[103] ICJ website: http://www.icj-cij.org/court/index.php?p1=1&p2=1.

Эл аралык акыйкат сотунун Туруктуу палатасынын юрисдикциясы тараптардын өз талаштарын анын кароосуна өткөрүп берүү каалоосуна жараша болот, бирок жаңы өзгөчөлүк – мамлекет келекчекте башка мамлекет менен пайда болушу мүмкүн болгон бардык талаштарга карата Палатанын сөзсүз түрдөгү юрисдикциясын, эгерде экинчи мамлекет да ушундай эле оюн билдирсе, моюнга ала тургандыгын алдын ала жарыялай алышы болуп эсептелет. Ошентип, мамлекет Палатага бир тараптуу кайрылып жана башка ишти Палатанын кароосуна өткөрүп берүү жөнүндө тараптардын алдын ала макулдашуу зарылчылыгысыз эле териштирүүгө тарта алган.

ЭАТП башка өзгөчөлүктөрү менен да айырмаланган. Ал дүйнөнүн негизги укук системаларынын өкүлдөрү болгон туруктуу соттордон турган жана Лиганын кеңеши менен Ассамблеясы тарабынан шайланган. Анын иш-аракети мурдатан эле бар жана ага кайрылуучу тараптар үчүн сөзсүз күчкө өзүнүн Уставы жана Процедура эрежелери аркылуу жөнгө салынып турган; ал өзүнө Улуттар Лигасынын Кеңеши же Ассамблеясы тапшырган бардык юридикалык маселе боюнча кеңешүүчүлүк чечим чыгарууга укуктуу болгон жана акырында, анын отурумдары олуттуу деңгээлде ачык болгон.

Тынчтык Сарайында жайгашкан Палата Улуттар Лигасы тарабынан түзүлүп, каржыланганына карабастан, ал Лиганын бөлүгү болуп эсептелген эмес жана анын Уставы Лиганын Уставына кирбейт. Улуттар Лигасына мүчө мамлекет автоматтык түрдө ЭАТПтын уставынын бөлүгү болгон эмес. Ошону менен бирге Палатанын юрисдикциясын көп мамлекеттер тааныган. Келишимдердин өзүлөрүнө байланышкан талаштар боюнча ЭАТПтын юрисдикциясын таануу каралган көп сандагы келишимдер түзүлгөн.

ЭАТПтын иш-аракети өтө ийгиликтүү болгон. 1922 – 1940-жылдар аралыгында ал мамлекеттер ортосундагы 29 талаш боюнча чечим жана 27 кеңешүүчүлүк бүтүм чыгарып, алардын бардыгы тең аткарылган. О.э. Палата эл аралык укуктун өнүгүүсүнө маанилүү салым кошкон.

БУУнун Эл аралык соту (ЭС)

БУУну жана ЭСти түзүү чечими кабыл алынган 1945-жылы Сан-Францискодо болгон конференциянын катышуучулары бир нече себептерди аташкан, алардын ичинде төмөнкүлөр болгон:

- Сот БУУнун башкы сот органы, ал эми Уюмга мүчө бардык мамлекеттер анын Уставынын катышуучулары болушу керектигинен,

ЭАТПка ал мезгилде дээрлик жоюлган Улуттар Лигасына байланышкан функцияларды ыйгаруу максатка ылайык деп чечилген;

- ЭАТПтын Уставынын катышуучусу болгон бир нече мамлекет Сан-Франциско до көрсөтүлгөн эмес, ошол эле учурда Сан-Франциско догу Конференциянын бир катар катышуучулары ЭАТПтын Уставынын катышуучусу эмес болчу (анын ишинде АКШ менен СССР);
- ЭАТП Европа басымдык кылган эски тартип менен ассоциацияланган жана жаңы сотту түзүү алардын катышуучуларынын катарын мурдагыдан универсалдуу кылат деп эсептелген.

Ошону менен катар ЭАТП менен ЭСнын ортосунда олуттуу деңгээлдеги улантуучулук сакталган. ЭСтин Уставы ЭАТП Уставына дээрлик дал келет, о.э. эки мекеменин тең регламенттери да бирдей. Бирок 1978-жылы Сот териштирүүлөрдү жөнөкөйлөтүү жана тездетүү максатында кайра каралып чыккан Регламентти кабыл алган.

1945-жылдын октябрында ЭАТП өзүнүн акыркы сессиясында өз архивдери менен мүлкүн ошол эле Гаагадагы Тынчтык сарайында отурушу керек болгон ЭСке өткөрүп берүү чечимин кабыл алган. 1946-жылдын 31-январында ЭАТПтин судьялары кызматтан кетип, ал эми ошол эле жылы 5-февралда БУУнун Башкы Ассамблеясы менен Коопсуздук кеңеши ЭСтин биринчи мүчөлөрүн шайлашкан. 1946-жылдын апрелинде ЭАТП расмий таркатылып, биринчи отурумга чогулган ЭС өзүнүн биринчи төрагалыгына судья Хосе Густав Герререну (Сальвадор) шайлаган. Ал ЭАТПтын акыркы төрагасы болчу.

өзүнүн Катчылыгынын мүчөлөрүн (көбү ЭАТПтин кызматкерлери) дайындап, Сот өзүнүн биринчи ачык отурумун 1946-жылы 18-апрелде өткөргөн. Биринчи иш анын кароосуна 1947-жылдын май айында коюлган. Ал Корфу кысыгындагы окуяга тиешелүү болгон (Бириккен Падышачылык Албанияга каршы).

БУУнун Эл аралык сотунун уставы

II бап – Соттун компетенциясы, 34-берене.

1. Сот тарабынан каралуучу иштерде мамлекеттер гана тарап боло алат.

2. Өз Регламентинин шартында жана ага ылайык Сот өз кароосундагы иштерге тиешелүү маалыматтарды коомдук эл аралык уюмдардан сурай алат, о.э. аталган уюмдар өз демилгеси менен берген кенен маалыматтарды алат.

3. Сот карап жаткан иш боюнча кайсы бир коомдук эл аралык уюмдун түзүүчү документине же мындай документте каралган эл аралык конвенцияга аталган Сот түшүндүрмө бериши керек болгон учурда, Соттун Катчысы аталган коомдук эл аралык уюмга билдирүү берип, жазуу түрүндөгү иштин баарынын көчүрмөлөрү менен коштойт.

Никарагуада жана ага каршөгы аскердик жана жарым аскердик иш-аракеттер (Никарагуа АКШга каршы), 1986[104]

***

Талашты сот аркылуу чечүү келишүүчүлүк жолу менен чечүүнүн альтернативасы катары

[142-143-б.] Угуулардын кийинки баскычтарындагы Никарагуанын тийиштүү компенсациянын түрү жана саны боюнча сурамга берген аныктамасын Сот ылайыктуу деп эсептейт. Далилдердин белгилүү бир саны, мисалы, Никарагуанын Каржы министринин акчалай жоготуулар жөнүндө ырастоолорунда берилип, алар АКШнын кесепеттерге алып келүүчү жоопкерчилиги боюнча Сот бүтүм чыгара ала тургандан бир топ олуттуу ырастоолого негизделген. Сот эл аралык укукка каршы келүүчү деп тапкан АКШнын ар бир иш-аракетинин натыйжасында андай зыян келтирилгендигин көрсөтүп жана далилдөө үчүн Никарагуага мүмкүнчүлүк берилиши керек. Ошону менен бирге АКШ угуулардын учурдагы баскычында катышпоону чечсе да, Уставдын 53-беренеси АКШ, эгер кааласа, компенсация жөнүндө суроо боюнча угууга катышып, өз аргументтерин берүүгө тыюу салбайт. Тескерисинче, тараптардын теңдештик принциби АКШга мындай мүмкүнчүлүктүн берилишин талап кылат. Бирок компенсация боюнча угуулар учурунда Тараптардын бири да иштин чечиминин бөлүгү болгон учурдагы сот чечимин боюнча эч күмөн санай албай тургандыгы өзүнөн өзү түшүнүктүү.

Угуулардын ушул баскычына карата өзүнө «түз чыгашалардын эң аз (болжолдуу) баасы катары» 370 200 000$ ыйгаруу жөнүндө Никарагуанын суроо-кайрылуусу бар (параграф 15). Соттун Уставында ушундай түрдөгү убактылуу чечим кабыл алууга Сотко айкын укук

[104] Military and Paramilitary Activities in and against Nicaragua (Nicaragua v. United States of America), Merits, Judgment, I.C.J. Reports 1986, p. 14 (p. 142-143 of decision).

бере турган же аны аткарууга чындап тыюу сала турган жобо жок. Уставдын 59 жана 60-беренелерине ылайык, Соттун чечими кайра каралбай жана сөзсүз аткарылышы керек экендигине байланыштуу ушундай түрдөгү чечимди кабыл алуу орундуу болмок. Бул мындай кылууга Соттун укугу бар экендигин жана доомат койгон мамлекеттин укугу так жана ишенимдүү аныктагандыгын эске алганда толук мүмкүн болмок. Андан сырткары, жоопкер мамлекет сотко келбеген себептен анын суроо боюнча көз карашы Сотко белгисиз болбогон учурда Сот тынчтык жолу менен жөнгө салууга тоскоол болуучу керексиз иш-аракеттен баш тартуусу керек. Сот: «Эл аралык талаштарды сот аркылуу жөнгө салуу – ал эми Сот ушул максатта түзүлгөн – тараптардын ортосундагы мындай талаштарды түз жана достук мамиледе чечүүнүн жөн гана альтернативасы болуп эсептелет; демек Сот өз Уставы мүмкүнчүлүк берген чекте ушундай түз жана достук жолу менен жөнгө салууга көмөк көрсөтүшү керек...» деп кайталайт (Жогорку Савойа менен Район Гекстин эркин аймактары, 1929-жылдын 19-августундагы заказ, P.C.I.J., катар A, № 22, 13-б.).

Демек Сот угуулардын бул баскычында Никарагуанын 4-кайрылуусундагы берген өтүнүчүнө мокул боло алат деп ойлобойт.

Чек ара талаштары

Чек ара талаштары, Малькольм Шо[105]

Чек ара келишимдери тиги же бул мамлекеттер өзүлөрү жетишкен же жоготулган аймактар боюнча, же ал аймактар айкын эмес болгон учурда талаштуу суроолорду аныктоого негиз болуучу макулдашуулар болуп эсептелет. Бул бардык тараптардын ортосунда күчкө ээ (erga omnes) аймактык орток тартипти орното турган келишимдин өзгөчө түрү. Мындай тартип үчүнчү тараптар үчүн да милдеттүү боло турган гана эмес, белгилүү бир келишимден сырткары болуучу, демек, кайсы бир келишим жоюлса да, күчүн жоготпой турган укуктарды жаратууга мүмкүнчүлүк берет...

Ага жараша, көптөгөн чек ара талаштары чынында келишимдин чечмеленишинин тегерегинде болот. Келишимди 1969-жылдагы эл аралык келишимдердин укугу жөнүндө Вена конвенциясынын

[105] Quote from Malcolm N. Shaw, International Law, p. 417, 5th ed. (Cambridge University Press, 2003)

31 жана 32-беренелеринин негизинде «келишимдин терминдерине анын контекстинин, объекти менен максатынын алкагында кадимки маанисине ылайык ак ниеттик менен»... деп чечмелөө керек деп эсептелинип калган.

Жалпысынан мурдагы келишимдерде пайдаланылган географиялык жерлерди да, жалпы түшүнүктөрдү да учурдагы билимдердин алкагында чечмелөө аракеттеринде кыйынчылыктар бар. Ботсвандын Намибияга каршы ишинде Сот Чобе дарыясынын «негизги нугун» 1890-жылдын келишимдин негизинде аныктоодо кыйынчылыктарга туш келип, «азыркы учурда заманбап илимий билимдердин абалын» бул келишимдин түшүнүктөрүн мүнөздөө үчүн пайдалануга болот деп белгилеген. Эритрея / Эфиопия ишинде Чек араларды орнотуу боюнча комиссиялар бир мезгилдүүлүк принцибин аташат, ал болсо келишим аны түзүп жаткан учурдагы жагдайларга таянуу менен чечмелениши керектигин билдирет. Атап айтканда, географиялык аталышты (жерде же дарыяда болбосун) аныктоо бул аталыш келишим түзгөн учурда байланыштуу болгон жерди учурда кандай түшүнүлө тургандыгына жараша болот. Бирок жакшы түшүнүү үчүн кийинки практикага таянуу зарыл. Чек ара жөнүндө келишимди чечмелөөдө, атап айтканда, айкын эмес жагдайларды жөнгө салууга умтулууда тараптардын кийинки практикасы маанилүү болуп эсептелет. Ал турсун, кийинки практика келишимди авторитеттүү талкуулоо үчүн негиз болбогон жерде да ал маселенин чегин аныктоо үчүн «пайдалуу» деп таанылышы мүмкүн. Бирок тийиштүү инструменттерде көрсөтүлгөндөй, чек ара сызыгы аныкталган болсо, анда ал делимитациялоо жөнүндө жоболорду чечмелөө процессинде сот чечими боюнча өзгөртүлүшү мүмкүн эмес.

Чек ара талашы (Буркина-Фасо / Мали Республикасы), 1986[106]

***

[563-564-б.] Тараптар бул талаш юрист адистер айырмалоочу «чек ара талашы» же «делимитациялоо боюнча талаш», же «аймакка ээлик жөнүндө талаш» деген түшүнүктөр жагынан кандайча классификацияланышы керектигин көпкө далилдешкен.

Бул айырмачылыкка ылайык, биринчиси «географиялык жактан

[106] Frontier Dispute (Burkina Faso v. Republic of Mali), Judgment, I.C.J. Reports 1986, p. 554

автономдуу эмес жердин бөлүгүнө» таасир кылуучу иш-аракеттерди чектөөгө тиешелүү болсо, акыркысынын максаты болуп бүтүндөй географиялык объектке үстөмдүк ыйгаруу эсептелет. Эки тарап тең, жасалган тыянактар жөнүндө макулдашышпаса да, бул талаш делимитациялоо жөнүндө талаштардын категориясына кире тургандыгын акыры моюнга алышты көрүнөт. Бирок чындыгында көпчүлүк учурда, каралып жаткан учурда да, жогоруда белгиленген айырмачылык бул суроодо сапаттык жактан эмес, пайдалануу деңгээлине тиешелүү. Талаштуу жер анчалык кичине болбосун, ал аркылуу өтүүчү чек араны делимитациялоонун натыйжасы – ал сызыктын эки жагындагы жер аянтын бөлүштүрүү болот. Каралып жаткан иште 1-беренедеги атайын макулдашуулар жүргүзүү мүмкүн болгон сызыкка гана эмес, ал Белинин «областын» кучагына алуучу аймактардын «тобунан» туруучу деп аныктаган талаштуу «аянтка» да тиешелүү десе болот. Андан тышкары, аймакты ыйгаруу же делимитациялоо жөнүндө талашта чыгарылган кайсы бир сот чечиминин натыйжасы чек араны орнотуу үчүн сөзсүз керек болуп эсептелет. [....]

[566-б.] Сакталышы керек болгон аймактык чек аралар да мурда бир мамлекеттин колонияларын экинчи мамлекеттин колониялык жерлеринен, же, албетте, колониялык жерлерди көз карандысыз мамлекеттердин аймактарынан, же протекторат алдындагы, бирок эл аралык укуктук субъектүүлүгүн сактап калган жерлерден ажыратып туруучу эл аралык чек аралардын келип чыгышы мүмкүн. Мамлекеттер бири бирине аймактык ээлик укуктарын өткөрүп берүүдө мурдатан бар эл аралык чек араларды сыйлоо милдети, аталган эреже uti possidetis формуласында көрсөтүлгөн-көрсөтүлбөгөнүнө карабай, эл аралык укук ченеминен келип чыгарына эч шек жок. Ушундан улам Африка мамлекеттеринин чек араларынын бузулгустугу жөнүндө Африкалык Биримдик Уюмунун мамлекеттеринин өкүлдөрүнүн же органдарынын көп сандагы салтанаттуу билдирүүлөрү ченемдик эмес декларативдүү мүнөзгө ээ экендиги анык: алар учурда бар принциптерди моюнга алышат жана ырасташат, бирок жаңы принципти жаратууга же башка континенттерде колдонулган эрежелерди пайдалануга умтулушпайт.

[582-б.] өз талкуусунун учурдагы баскычында Палата принципти жарыялоо менен гана чектеле алат. Чек ара аймактарын делимитациялоо болобу же эл аралык аймактык чыр-чатактарбы, карталар учурдан учурга карай өзгөрүп туруучу жөн гана маалымат болуп эсептелет. Алар өзүнөн өзү жана өзүлөрү бар болгон үчүн гана аймактык аталышты жарыялай алышпайт, б.а. алар аймактык укуктарды түзүү

максатында эл аралык укук тарабынан ыйгарылган ички юридикалык күчкө ээ документ эмес. Албетте, айрым учурларда карталар мындай юридикалык күчкө ээ болушу мүмкүн, бирок эгер андай болсо, юридикалык күч алардын ички сапаттарынан гана келип чыкпайт: бул мындай карталар мамлекеттин же кызыккан мамлекеттердин эркин физикалык түрдө билдирүү категориясына туш келгендиктен болот. Мисалы, карталар расмий документтерге тиркелип, алардын ажырагыс бөлүгүн түзгөн учурларда ушундай болот. Айкын аныкталган мындай учурлардан тышкары, карталар ар кандай деңгээлде ишенимдүү болуп эсептелген тышкы далил болуп эсептелет, жана чыныгы факттарды жаратуу же кайра калыбына келтирүү үчүн башка далилдер менен катар кыйыр далил иретинде пайдаланылышы мүмкүн.

[632-633-б.] Дагы белгилей кетүүчү нерсе, бул учурда Палатанын милдети көз карандысыздыкты алууда эки мамлекетке тең колония ээлеринен калган чек ара сызыктарын белгилөө болуп эсептелет. Жогоруда баяндалган себептер менен бул милдет 1932-жылдын 31-декабрында Жогорку Вольта колониясынын административдик чегинде жаткан сызыктарды аныктап белгилөө түрүндө болот. Моюнга ала турган нерсе, тараптар учурда бар чек араларды кийинки макулдашуулар аркылуу өзгөртө алышмак. Эгерде компетенттүү органдар 1965-жылдын 15-январындагы макулдашууну жактырышканда, мындай макулдашуу декларативдүү мүнөздө болгонбу же 1932-жылдагы чек араларды өзгөртө турган беле деген суроону карап жаткан бул иш үчүн ашык нерсе болчу. Бирок андай болгон жок жана Палатага тийиштүү чек араны эркин тандоосу үчүн Тараптардан эч кандай мандат келген эмес. Сот өзүнө берилген талаштар боюнча эл аралык укукка ылайык чечим чыгарып, бирок Атайын макулдашууда берилген өтүнүчтөрдү аткарбастан жана алардын жалпы чек арасын аныктоо боюнча багыт бербестен, чек аранын так сызыгын аныкташы керек болгон Соттун милдеттеринин бирин Палата көз жаздымында калтырбоосу керек.

Мурдатан түшүндүрүлгөндөй, Палата бул учурда колдонуу мүмкүн деп эки тарап тең тааныган infra legem-ге кайрыла алат (кара: пункт 27).

Бул жагынан жетекчиликке алынуучу концепция жөн гана «акыйкаттык укуктук концепция катары акыйкаттык идеясынан түздөн түз келип чыгат» дегенди билдирет. (Континентик шельф (Тунис / Ливия Араб Жамахирия), ICJ Reports 1982, 60-б., пункт 71). Бирок жалпысынан белгиленген чек араларды өзгөртүү үчүн акыйкаттык концепци-

ясын колдону эч негизсиз экендигин баса белгилей алмак. Айрыкча Африканын контекстинде колониялык доордон калган көпчүлүк чек аралардын улуттук, географиялык же административдик жактан айкын кемчиликтери аталган чек араларды акыйкаттык көз караштын негизинде өзгөртүү зарыл же өзүн актайт деген ырастоону колдобойт. Бул чек аралар, канааттандырарлык эмес деп табылгандыгына карабай, uti possidetis бийлигине ээ жана ошол себептен учурдагы эл аралык укукка толук ылайык келет. Тараптардын макулдугу менен жетишилген ex aequo et bono чечими кабыл алынган учурлардан тышкары, «бул жөнөкөй акыйкат чечимди табуу маселеси эмес, бирок колдонулуучу укуктан алынган акыйкат чечим болуп эсептет» (Балык уулуоочулуккка карата юрисдикция, ICJ Reports 1974, 33-б., пункт 78) [кара: ушул бөлүмдөгү талкуу]. Дал ушундай чечимге жетишүү максатында Палата 1965-жылдын 15-январындагы макулдашууну эмес, ошол макулдашуу түзүлгөн жагдайларды эске алышы керек.

Арбитраждык чечимдерди кароо

Деңиз аймактарын делимитациялоо (Катар Бахрейнге каршы), 2001[107]

***

111. Бахрейн 1939-жылдагы Улуу Британиянын чечимин биринчи кезекте мыйзамдуу күчүнө кирген арбитраждык чечим деп кароо керек деп эсептейт. Ал Сот башка соттун чечимин кароо юрисдикциясына ээ эмес деп ырастап, бул оюн «эгерде чечимди кайра кароо жөнүндө конкреттүү, токтоосуз, кошумча макулдук болбосо, башка эл аралык трибуналдар кабыл алган чечимди карап, жараксыз деп таанып же, ал турсун, аны ырастабай да турган юриспруденциянын виртуалдык Константасы» менен ырасташат. Ошентип, Бахрейн «Sociйtй Commerciale de Belgique» (PCIJ, Series A , 178, B, 160-б.) иши боюнча Эл аралык акыйкат сотунун палатасы чыгараган 1939-жылдын 15-июнундагы чечимге, о.э. аталган сот 1960-жылы 18-ноябрда Испаниянын падышасы кабыл алган 1906-жылдын 23-декабрындагы Арбритаждык чечим жөнүндө иш боюнча (Гондурас Никарагуага каршы) (ICJ Reports 1960, 192-б.) жана 1991-жылы 12-ноябрда 1989-жылдын 31-июлундагы Арбритаждык чечим жөнүндө (Гвинея-Бисау Сенегалга каршы),

[107] Maritime Delimitation and Territorial Questions between Qatar and Bahrain (Qatar v. Bahrain), Merits, Judgment, I.C.J. Reports 2001, p. 40 at pg. 76-77, and 83-85.

(ICJ Reports 1991, 53-б.) иш боюнча кабыл алаган чечимдерине таянат.

112. Катар Бахрейндин келтирген ойлорунун маанилүүлүгүн четке кагат. Ал «анын баары бул иште сот аныкташы керек болгон суроого, б.а. Улуу Британя өкмөтү 1938 жана 1939-жылдарда пайдаланган процедуралар иштин тараптары үчүн милдеттүү арбитраждык чечим боло турган арбитраждык процессти түзөбү деген суроого кичине да тиешеси жок» деп ырастайт; «о.э. Катар өз карашын ырастап арбитраждык сот Дубай / Шарджа чек арасы боюнча иште 1981-жылы 19-октябрда чыгарган чечимди мисалга кетирет; Катардын пикири боюнча каралып жаткан ишке окшош шартта кабыл алынган бул чечимде арбитраждык сот чек араны делимитациялоо жөнүндө Британия өкмөтү кабыл алган чечим арбитраждык эмес, милдеттендирүүчү мүнөздөгү административдик чечим болгон деген тыянак чыгарган (Эл аралык укук боюнча отчеттор том 579.91, 579-б., о.э. кара: 577, 583 жана 585-б.).

113. Сот биринчи кезекте 1939-жылдагы Британиянын чечими арбитраждык чечимге тең күчкө ээ деп эсептелиши керектиги жөнүндө суроону карайт. Буга байланыштуу Сот арбитраж деген сөз эл аралык коомдук укуктун максаттары үчүн, эреже катары, «мамлекеттер ортостундагы пикир келишпестиктин алар тандаган судья тарабынан, о.э. мыйзамды урматтоонун негизинде жөнгө салышына» тиешелүү экендигин белгилейт. Мындай деп эл аралык талаштарды чечүү боюнча 1899-жылдын 29-июлундагы Гаага конвенциясынын 15-беренсинде кабыл алынган. Ушундай эле айтылышта, ошол эле негизде 1907-жылдын 18-октябрындагы Гаага конвенциясынын 37-беренесинде кайталанган. Ал Эл аралык акыйкат сотунун Туруктуу палатасы тарабынан 1925-жылдын 21-ноябрындагы Лозанна келишиминин 3-беренсинин 2-пунктун чечмелөө жөнүндө Кеңешүүчүлүк бүтүмүндө кабыл алынган (ЭСТП, серия B, № 12, 26-б.). Аны Эл аралык укук комиссиясы тараптар суралып жаткан чечим ex æquo et bono кабыл алынышы керек деп чечиши мүмкүн деген ойду билдирүү менен өз ишинде ырастаган (Жорж Ссель мырзанын доклады, Комиссиянын атайын докладчысы, документ A/CN.4/113, 6-март, 1958-ж., Эл аралык укук комиссиясынын жылдык басылмасы, 1958, Vol. II, 2-б.). Акырында, кечээ жакында эле ушундай жобо Дубай менен Шарджанын ортосундагы чека ара талашын жөнгө салышы керек болгон Арбитраждык сот тарабынан кабыл алынган. Аталган талаштын каралып жаткан ишке айрым окшоштуктары бар болчу (Дубай/Шарджа чек арасы, арбитраждык чечим,19-октябрь, 1981-ж., Эл аралык укук боюнча отчеттор, чыг. 91, 574, 575-б.).

114. Сот каралып жаткан учурда Тараптардын ортосунда ишти өзүлөрү тандаган, мыйзамдарды жетекчиликке ала турган же акыйкаттык принциптерине таяна турган судьялардын туруучу арбитраждык сотко берүү жөнүндө эч кандай макулдашуу болбогондугун белгилейт. Тараптар «Маселе Анын улуу урматынын өкмөтү» тарабынан чечилет деген гана чечимди кабыл алышып, бирок ал чечим кандайча жана кайсы расмий тарап аркылуу кабыл алына тургандыгын аныктоону кийинкиге калтырышкан. Бул 1939-жылы Британия өкмөтү Ховар аралдары Бахрейнге тиешелүү деп эсептеген 1939-жылдагы чечим эл аралык арбитраждык чечим болуп эсептелбейт дегенди билдирет.

139. Сот 1939-жылдагы чечим арбитраждык эмес (кара: жогоруда 113-114-пункттар) деп эскертүүдөн баштайт. Бирок бул ал чечим бардык укуктук кесепеттерге ээ эмес болчу дегенди билдирбейт. Тескерисинче, жогоруда көрсөтүлгөн билдрүүлөр, атап айтканда өз ара кат жазышуулар (жогоруда 118 жана 119-пункттар) Бахрейн менен Катар Ховар аралдары боюнча өз ара талаштарын Британия өкмөтү жөнгө салышына макул болгондуктарын көрсөтөт. Себеби 1939-жылдагы чечим башынан эле эки мамлекет үчүн тең милдеттүү болгон жана алар 1971-жылы Британия коргоосу алдында болбой калгандан бери аталган мамлекеттер үчүн милдеттүү бойдон калып келет (жогоруда 65-пункт).

140. Бул чечимдин юридикалык таасири албетте арбитраждык чечимдерди жөнгө салуучу процессуалдык принциптерге шайкеш келбейт. Бирок 1938-жылы 20-майда британиялык саясий агент билдирип, о.э. Катардын бийлик башчысынын 1938-жылдын 27-майындагы катында кайталангандай (жогоруда 119 жана 1200пункттар), бул чечим «чындык жана акыйкаттык алкагында» чыгарылган.

141. Буга байланыштуу Сот, биринчиден, Катардын бийлик башчысы өзүнүн акыркы катында, ага чейин жети күн мурун британиялык саясий агент «акыркы мезгилде аралдар расмий басылып алынгандыгынын натыйжасында Бахрейн өкмөтү аларды талап кылууга карата prima facie укугуна ээ» экендигин билдиргенине карабастан, Ховар аралдары жөнүндө маселени чечүү үчүн Британиянын өкмөтүнө тапшыргандыгын, жана ошол себептен Катар бийлик башчысы үчүн өзү танган «ар тараптуу жана толук далилдердин негизинде (жогоруда 119-пункт) расмий нааразылык билдирүү» зарылчылыгы болгондугун белгилейт. Бул процедура сакталган жана Британиянын компетенттүү кызматкерлери «Катардын шейхи Бахрейн койгон effectivitis ырастоосун, атап айтканда ал 1937-жылы аталган аралдарды басып алгандыгы жөнүндө ырастоосун четке кага турган эч бир далил кел-

тирбегендигин» аныкташкан (жогоруда пункт 128). Компетенттүү британ чиновниктери Бахрейн бул аралдарга карата prima facie наамына ээ, муну четке кага турган фактты далилдөө милдети Катардын бийлигинде жаткан деген көз карашка таянган мындай шартта Катар ушунун негизинде иш-аракет кылуу акыйкаттыкка каршы келет деп ырастай албайт, себеби ал териштирүү ушул негизде жүргүзүлөрүн мурдатан билген жана ага өзү макулдук берген.

142. Жогоруда баяндалган (118-133 пункттарды кара) 1939-жылдагы Британиянын чечимине алып келген териштирүүлөр Катар менен Бахрейн экөөнүн тең Ховар аралдарына карата өз аргументтерин жана ага далилдерди келтирүүгө мүмкүнчүлүктөрү болгондугун андан ары көрсөтөт. Катар өз талаптарын 1938-жылдын 10 жана 27-майындагы каттарында көрсөткөн. Бахрейн ага каршы ойлорун 22-декабрда 1938-жылы билдирип, бир нече күбөлөрдүн арыздары камтылган тиркемени берген. Катар Бахрейндин бул билдирүүсүнө 1939-жылдын 30-марттагы өзүнүн катында түшүндүрмө берген. Ошентип, эки бийлик башчысы өз аргументтерин берип, Соттун пикири боюнча бул иш-аракет үчүн ар бир тараптын убактысы жетиштүү болгон. Демек Катардын теңдешсиз мамилеге дуушар болгондугу тууралуу ырастоосун колдоо мүмкүн эмес.

143. Акырында, Сот 1939-жылдагы чечимдин аргументациясы Бахрейн менен Катардын өкүмдарларына жеткирилбегендигине карабастан, бул кабыл алынган чечимдин мыйзамдуулугуна жана негиздүүлүгүнө таасир кылбай тургандыгын белгилейт. Себеби Британия өкмөтүнө бул маселени жөнгө салуу тапшырылганда, тиги же бул чечимдин себептерин түшүндүрүү милдети жүктөлгөн эмес.

144. Андан тышкары, каралып жаткан учурда Катардын башчысы британиялык саясий резиденттин маалыматына кабыл алынган чечимди «өтө таң калуу менен» кабыл алдым деп жооп берген, бирок аталган чечим аргументтин жетишсиздигинен жараксыз деп эсептелери жөнүндө ал билдирген эмес. Катар өзүнүн көз карашын бекемдөөгө карата жетиштүү далил келтирди деп билдирип, британ өкмөтүнө өз чечимин кайра кароо сурамын жөнөтүү менен чектелген. Ошентип, Британиянын 1939-жылдагы чечими аргументтердин жоктугунан жараксыз деген Катардын билдирүүсүн колдоо мүмкүн эмес.

145. Акырында Катардын шейхи Британиянын 1939-жылдагы чечими тууралуу маалымат алгандан кийин, бир катар учурларда анын мазмунуна каршылык билдирген факты Катардын каршы ырастоолоруна карабастан, бул чечимди талаштуу кылган жок.

146. Ага жараша Сот 1939-жылы 11-июлда британ өкмөтү кабыл алган чечим тараптар үчүн милдеттүү деген тыянак чыгарат.

Арбитраждык териштирүүгө карата ажыратылгыс укук

Арбитраждык соттун чечими, (Гвинея-Бисау Сенегалга каршы), 1989[108]

***

42. Экинчиден, Гвинея-Бисау бардык арбитраждык чечим жалпы эл аралык укукка ылайык аргументтүү болуш керек деп талашууда. Андан тышкары, Арбитраждык макулдашуунун 9-беренесинин 3-абзацына ылайык, Тараптар «Чечимде ага негиз болгон себептер толук берилиши керек» деп макулдашышкан. Ошентсе да, Гвинея-Бисаунун айтуусу боюнча, Сот каралып жаткан учурда тараптар койгон экинчи сурооо жооп берүүдөн баш тарткандыгын ырастоо катары эч кандай чечмелөө берген эмес, жана «жалпысынан жетишсиз» чечмелөө берип, анын негизинде «Сот жетекчиликке алган аргументтин багытын» аныктоо мүмкүн болгон эмес, о.э. Соттун чечмелөөлөрү «арбитраждык процесстин жүрүшүндө көтөрүлгөн жана талкууланган суроолордун бир да пунктуна жооп» берген жок.

43. Жогоруда көрсөтүлгөн чечимдин 87-абзацында Сот өзү жетишкен «бүтүмдөрдү эске алуу менен» «Арбитраждык макулдашуунун 2-беренесинде айтылган» менен бирге андан Сотко коюлган экинчи сурооо жооп берүүнү суранышкан эмес деген пикирде карманат. Бул талкуу жетишсиз жана, албетте, кененинрээк болушу мүмкүн болчу. Бирок Соттун бүтүмүнүн 87-абзацына жана Арбитраждык макулдашуунун 2-беренесине таянуу Сот эмне үчүн экинчи сурооо жооп бербегендигинин себебин эч тоскоолдуксуз аныктоого мүмкүнчүлүк берет. Арбитраждык макулдашуунун 2-беренесинде таянуу менен Сот аталган Беренеге ылайык, андан алгач 1960-жылдагы Келишим Гвинея-Бисау менен Сенегалдын ортосундагы «мамилелерде мыйзам күчүнө» ээ болгон-болбогонун аныктоону, андан соң «биринчи сурооо жооп терс болгондо», эки өлкөнүн «деңиз аймактарын чектөөчү сызыктардын багыты кандай болушу керек экендигин»

[108] Arbitral Award of 31 July 1989 (Guinea-Bissau v. Senegal), Judgment, I.C.J. Reports 1991, p. 53, p 69, and p. 72, majority opinion, and p. 92 Judge Lachs dissent.

аныктоону суранышкан деген түшүнүккө келген. өзү мурдатан жетишкен бүтүмдөргө таянып, Сот чечимдин 80- ж.б. абзацтарында ал 1980-жылдагы Келишим – Сот анын көз карандысыз негиздүү экендигин мурдатан аныктаган – «Сенегал менен Гвинея-Бисау үчүн күчкө ээ жана милдеттүү» болуп эсептеле тургандыгын белгилеген. Биринчи суроого оң жооп берип, жана Арбитраждык макулдашуунун анык текстине таянуу менен, Сот мунун натыйжасы катары экинчи суроого жооп берүүнүн кереги жок деп чечкен. Мындай ой жүгүртүү кыска болгондугуна карабастан, айкын жана так болуп эсептелет. Гвинея-Бисаунун экинчи каршы пикири да четке кагылышы керек болчу.

47. Жогоруда белгиленген өзүнүн аргументи менен Гвинея-Бисау аталган Чечимде Соттун юрисдикциясын аныктоочу Арбитраждык макулдашуунун жоболорунун чечмеленишин сынга алып жана башкача чечмелөөнү сунуштайт. Бирок Сот өзүнүн компетенттүүлүгүнө карата Арбитраждык макулдашуу көп түрдүү жол менен чечмелениши мүмкүн болгон-болбогонун, эгерде мүмкүн болсо, кайсынысы артык көрүлөөрүн суроого милдеттүү эмес. Ушул багытта улантуу менен Сот сурамды recours en nullit эмес, кайрылуу катары кабыл алмак. Каралып жаткан учурда Сот бул багытта иш-аркет кыла алган эмес. Ага жөн гана талкууланып жаткан Чечимди берүү менен Сот ыйгарым укугун жогорулатып же өз юрисдикциясын билбестик менен пайдалануу аркылуу Арбитраждык келишим тарабынан берилген компетенттүүлүгүн ачык-айкын бузуу аркылуу иш кылгандыгын аныктоого туура келет.

Сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү милдети

Ядролук куралды колдонуунун же колдонуу жөнүндө коркутуунун мыйзамдуулугу жөнүндө,

БУУнун ЭСтин Кеңешүүчүлүк бүтүмү, 1996[109]

***

98. Куралдуу чыр-чатактарда күч колдонуу жөнүндө мыйзамды, айрыкча ядролук куралды пайдаланууга карата укуктарды каroo процессинде пайда болуучу өтө татаал суроолорду эске алып, Сот азыр-

[109] Legality of the Threat or Use of Nuclear Weapons in Armed Conflict, Advisory Opinion, I.C.J. Reports 1996, at pp. 363-65, paragraphs 98-103

кы учурда аталган суроонун кенен контекстте каралуучу дагы бир аспектин алгач карап алуу зарыл деп эсептейт. Дегинкиси эл аралык укук, аны менен бирге ал жөнгө салышы керек болгон эл аралык тартиптин туруктуулугу коркунучтуу курал болуп эсептелген ядролук куралдын укуктук статусу боюнча пикир келишпестиктердин улантылышынан сөзсүз жабыр тартып келет. Дал ушул себептен иштин мындай абалын чечиш керек: көптөн бери убадаланып келе жаткан толук ядролук куралсыздандыруу аталган натыйжага жетишүүнүн эң ыңгайлуу каражаты болуп эсептелет.

99. Мындай жагдайда Сот Ядролук куралды жайылтпоо жөнүндө келишимдин VI беренесин ядролук куралсыздандыруу боюнча сүйлөшүүлөрдү ак ниеттик менен жүргүзүү милдети катары таанунун маанилүүлүгүн толук баалайт. Ал беренеде төмөнкүдөй делет: «Келишимдин ар бир катышуучусу ядролук куралдануу боюнча жарышты жакынкы арада кыскартуу жана ядролук куралсыздандыруу боюнча натыйжалуу чаралар жөнүндө, о.э. натыйжалуу эл аралык көзөмөл алдында ак ниеттик менен толук жана жалпы куралсыздануу жөнүндө сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүгө милдеттенет».

Бул милдеттеменин юридикалык жайылтылышы жөнөкөй жүрүм-турум милдеттеринен келип чыгуучу милдеттемелердин чегинен сырткары турат; биздин иште милдеттеме – бул жүрүм-турумдун белгилүү бир багытын аныктоо, тактап айтканда бул маселе боюнча ыктыярдуулук маанайда сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү аркылуу так натыйжага – бардык аспекттерде ядролук куралсыздануу жетишүү.

100. Келимишдерди улантуу жана аяктоо боюнча бул эки жактуу милдет расмий түрдө Ядролук куралды жайылтпоо боюнча келишимдин 182 катышуучу мамлекетине, же, б.а., эл аралык коомчулуктун мүчөлөрүнүн басымдуу бөлүгүнө тиешелүү. Андан тышкары, көрсө, БУУнун Башкы Ассамблеясынын ядролук куралга тиешелүү резолюциялары бир нече жолу бир добуштан кабыл алынганда бул коомчулуктун бардык мүчөлөрүнө тийиштүү болгон. Чындыгында жалпы жана толук куралсыздандыруунун, айрыкча ядролук куралсыздандыруунун ишке ашырарлык бардык жолун издөө бардык мамлекеттердин кызматташтыгын талап кылат.

101. Башкы Ассамблеянын 1946-жылдын 24-январында Лондон сессиясында бир добуштан кабыл алынган алгачкы резолюциялары комиссия түзүп, анын милдетине бардык сунуштар менен катар «улуттук куралдардын тизмесинен атомдук жана башка массалык жок кылууга жарактуу куралдардын негизги түрлөрүн алып салуу» кирген.

Андан кийинки көп сандагы резолюцияларында Башкы Ассамблея ядролук куралсыздандыруунун зарылчылыгын кайрадан ырастаган. Ошентип, 1954-жылдын 4-ноябрындагы - бул да бир добуштан кабыл алынган - 808 A (IX) резолюциясында Ассамблея «кийинки күч-аракеттер ар тараптуу жана жөнгө салынуучу сунуштар боюнча макулашууга жетишүүгө багытталып, аталган сунуштар: [....] (б) ядролук куралды, о.э. массалык жок кылуучу куралдын бардык түрүн пайдалануу жана чыгарууга толук тыюу салуу үчүн, учурда бар ядролук куралдарды тынчтык максаттар үчүн кайра өзгөртүү үчүн куралсыздандырууну кароочу эл аралык конвенциянын долбоорунда ишке ашырылышы керек» деген тыянакка келген.

Ушундай эле ишеним БУУнун контекстинен тышкары ар кандай жоболордо билдирилген.

102. Ядролук куралды жайылтпоо жөнүндө келишимдин VI- беренесинде көрсөтүлгөн милдеттеме аны жоопкерчиликтүүлүктүн негизги принцибине ылайык ишке ашырууну өзүнө камтыйт. Бул башкы принцип Уставдын 2-беренесинин 2-пунктунда бекитилген. Бул принцип Мамлекеттер ортосундагы достук мамилелер жөнүндө декларацияда (резолюция 2625 (XXV),24-октябрь, 1970) жана 1975-жыдын 1-августундагы Хельсинки кеңешмесинин Бүтүм чыгаруучу актысында чагылдырылган. О.э. ал келишимдердин укугу жөнүндө 1969-жылдын 23-майындагы Вена конвенциясынын 26-беренесинде бекитилген, ага ылайык «күчкө ээ ар бир келишим анын катышуучулары үчүн милдеттүү болуп эсептелет жана ак ниеттик менен аткарылышы талап кылынат».

Сот дагы ушул принципти көрсөткөн, тагыраак айтканда: «Укуктук милдеттемелер эмнеден келип чыкпасын, алардын түзүлүшүн жана аткарылышын жөнгө салуучу негизги принциптердин бири болуп ак ниеттүүлүк принциби эсептелет. Башкага ишенүү жана өз ишенимине бекемдик эл аралык кызматташтыкка, айрыкча мындай кызматташтыктын көпчүлүк тармактарда маанилүүлүгү көтөрүлүп бара жаткан учурда, мүнөздүү». (Ядролук сынактар (Австралия Францияга каршы), чечим, ICJ Reports 1974, 268-б., пункт 46).

103. 1995-жылдын 11-апрелиндеги өзүнүн 984 (1995) резолюциясында Коопсуздук кеңеши «Ядролук куралды жайылтпоо жөнүндө келишимдин бардык катышуучу мамлекеттери үчүн өз милдеттерин толук аткаруу зарылчылыгын» ырастоого кам көрүп, «бардык мамлекеттерди, Ядролук куралды жайылтпоо жөнүндө келишимдин VI-беренесинде каралгандай, ядролук куралсыздандырууга тиешелүү

чараларды натыйжалуу колдонуу менен о.э. жалпы максат бойдон келе жаткан жана толук куралсыздандыруу жөнүндө келишимде көрсөтүлгөндөй катуу жана натыйжалуу эл аралык көзөмөл алдында сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүгө чакырган».

Милдеттерди аткаруунун маанилүүлүгү Ядролук куралды жайылтпоо жөнүндө келишимдин VI-беренесинде чагылдырылган жана о.э. аталган Келишимдин катышуучуларын кароо жана узартуу боюнча 1995-жылы 17-апрелден 12-майга чейин өткөн Конференциянын жыйынтыктоочу документинде ырасталган.

Соттун пикири боюнча, ал жалпы эл аралык коомчулук үчүн маанилүүлүгү жагынан эч шексиз бойдон калууда.

Европалык сот[110]

1952-жылы түзүлгөн күндөн тартып сот келишимдерди «чечмелеп жана пайдаланууда мыйзамдын сакталышын» камсыз кылуу милдетин аткарып келет.

Бул милдеттин алкагында сот:

- ЕСтин институттарынын акттарынын мыйзамдуулугун карайт,
- мүчө мамлекеттердин келишимдер боюнча өз милдеттерин аткарып жатышына көз салат жана
- улуттук соттордун өтүнүчү боюнча ЕСтин мыйзамдарына түшүндүрмө берет.

Бул жагынан алганда, ал Европалык Союздун сот органы болуп эсептелет жана ЕСтин мыйзамдарынын бир түрдүү пайдаланылып жана чечмеленишин камсыз кылуу максатында мүчө мамлекеттердин соттору менен кызматташат.

Европалык сот Люксембургда жайгашкан жана үч соттон турат: Акыйкаттык Соту, Жалпы Сот (1988-жылы түзүлгөн) жана Жарандык кызмат трибуналы (2004-жылы түзүлгөн). Түзүлгөн мезгилден тартып аталагн өч сот 15 000 сиңге жакын чечим чыгарды.

Ар бир мүчө мамлекет өзүнүн тилдик жана укуктук системалык өзгөчөлүгү бар болгондуктан, Сот көп тилдүү мекеме болуп эсептелет.

---

[110] кара, Court of Justice of the European Union, http://curia.europa.eu/jcms/jcms/Jo2_6999/.

Тилдик тартиби жагынан дүйнөдөгү бир да юрисдикция ага тең келбейт. Себеби сот иши ЕСтин каалаган расмий тилинде жүргүзүлүшү мүмкүн. Сот көп тилдүүлүк принцибин сактоого милдеттүү, себеби ал өзүнүн өлкөлөр менен мамилесинде сот ишинин тилин колдонуп жана бардык мүчө мамлекеттерге өз практикасын жайылтышы керек.

Европалык Союздун Акыйкаттык соту[111]

Сот ЕСтин мыйзамдарын ага мүчө бардык өлкөлөр үчүн бирдей болгудай чечмелейт. О.э. ал ЕСтин мамлекеттери менен институттарынын ортосундагы юридикалык талаштарды чечет. Жеке адамдар, ишканалар же уюмдар, эгерде алардын укугу ЕСтин мекемеси тарабынан бузулду деп эсептешсе, аталган сотко кайрыла алышат.

Түзүмү

Соттун мүчөлөрү ЕСтин ар бир өлкөсүнүн бирден судьясынан турат. Сотко сегиз «адвокат» жардам берип, алардын милдетине сотко берилген иштер боюнча бүтүм чыгаруу кирет. Алар муну ачык жана калыс жасоого милдеттүү. Бардык судьялар менен адвокаттар андан ары узартылышы мүмкүн мүмкүн болгон алты жылдык мөөнөткө дайындалат. ЕС өлкөлөрүнүн өкмөттөрү дайындоолор жөнүндө макулдашышат.

Мүмкүн болушунча көп сандагы иштерди карап жана жарандарга мыкты укуктук коргоону сунуштоодо Акыйкаттык сотуна көмөк көрсөтүү үчүн, Жалпы сот жеке адамдар, компаниялар жана айрым уюмдар тарабынан түшкөн иштерди, о.э. атаандаштык укук тармагындагы иштерди карайт. ЕСтин Жарандык кызмат трибуналы Европалык союз менен анын кызматкерлеринин ортосундагы талаштар менен алектенет.

Иштердин түрлөрү

Сот каралып жаткан иштер боюнча бүтүм чыгарып берет. Эң кеңири тараган иштердин беш түрү:

- алдын ала чечим чыгарууга талаптар – улуттук соттор ЕСтин мыйзамдарынын жоболорун чечмелеп берүүнү суранган учурларда

[111] кара, EUROPA, European Commission website: ttp://europa.eu/geninfo/legal_notices_en.htm.

• мыйзам бузуу жөнүндө арыздар – ЕСтин укуктары колдонулбагандыгы үчүн ЕСке мүчө мамлекеттин

өкмөтүнө каршы берилет

• жоюу жөнүндө талаптар – Союздун келишимдерин же фундаменталдык укуктарды бузуп жатат деп эсептелинген ЕСтин мыйзамдарына каршы берилет

• милдеттерди аткарбагандыгына нааразылыктар - өз милдеттерин аткарбаган учурларда ЕСтин мекемелерине каршы

• түз талаптар – ЕСтин чечимдерине же иш-аракеттерине карата жеке адамдардан, ишканалардан жана уюмдардан.

1. Алдын ала буйруу процедурасы

ЕСтин ар бир өлкөсүндөгү улуттук соттор ЕСтин укуктарынын толук колдонулушун камсыз кылууга милдеттүү. Бирок ар түрдүү өлкөлөрдө соттор ЕСтин укугун ар кандай чечмелеши мүмкүн деген коопчулук бар. Буга жол бербөө үчүн «алдын ала буйруу процедурасы» бар. Эгерде ЕСтин укугун колдонуу же чечмелөө боюнча улуттук сот, күмөн саноолору болсо, ал Акыйкаттык сотунан бүтүм чыгарып берүүнү сурана алат, ал эми айрым учурларда буга милдеттүү. Бул «алдын ала буйруу процедурасы» деп аталат.

2. Милдеттин аткарылбагандыгы боюнча териштирүү

Комиссия, эгерде катышуучу мамлекет ЕСтин укугу боюнча өз милдеттемесин аткара албай тургандыгына ишенсе, мындай териштирүүнү баштай алат. Мындай териштирүүлөр ЕСтин башка мамлекети тарабынан да демилгелениши мүмкүн. Эки учурда тең Сот мындай божомолдорду изилдеп, өз чечимин чыгарат. Эгерде мамлекет укук бузуучу деп таанылса, ал жагдайды токтоосуз оңдошу керек болот. Эгерде мамлекет соттун чечимин аткарбай жаткандыгы аныкталса, сот ага айып сала алат.

3. Жоюу жөнүндө талаптар

Эгерде ЕСтин кайсы бир өлкөсү, Кеңеши, Комиссиясы же (каалаган учурда) Парламенти ЕСтин тиги же бул актын мыйзамсыз деп эсептесе, алар аталган актты жоюуп салууну Соттон өтүнө алышат.

Өзүлөрүнүн жеке кызыкчылыктарын түз же кыйыр козгогон тиги же бул актты «жоюу жөнүндө сурам» менен Сотко жеке адамдар кайрыла алат.

Эгерде Сот мындай акт туура эмес кабыл алынгандыгын же Кели-

шимдерге (ЕС) талаптагыдай негизделбегендигин тапса, ал аны алып салууга же күчүн жоготту деп таануу укуктуу.

4. Милдеттердин аткарылбагандыгына карата доомат коюу

Келишим Парламентти, кеңешти жана Комиссияны аныкталган кырдаалдарда белгилүү чечимдерди кабыл алууга милдеттендирет. Эгерде алар муну кыла албаса, коомчулуктун башка мекемелери жана (белгилүү учурларда) жеке жана юридикалык тараптар милдеттердин аткарылбагандыгын расмий каттоо үчүн Сотко өз дооматын жибере алат.

5. Түз талаптар

Коомчулуктун же анын кызматкерлеринин иш-аракеттеринен же иш-аракет кылбагандыгынан жабыр тарткан бардык жеке жана юридикалык тараптар зыяндын ордун төлөө талабын Жалпы сотко жиберет.

Иштер кандайча каралат

Судья жана башкы адвокат сотко берилген ар бир ишке дайындалат.

Сотко берилген иштер эки баскычта: жазуу түрүндө жана оозеки каралат.

1. Жазуу түрүндөгү баскыч

Биринчиден, ишти Сотко берүүгө катышы бар бардык тараптар ал иш үчүн жооптуу болот. Андан соң Сот жагдайдын жалпы жана юридикалык мүнөздөмөсүн жазат.

2. Оозеки баскыч

Экинчи баскыч – бул коомдук угуулар. Иштин татаалдыгына жараша ал 3,5 же 13, же бүтүндөй Сот алдында каралат. Угууларда эки тараптын тең юристтери судьялардын алдына иштерин тапшырышып жана адвокат суроо жүргүзөт. Андан соң башкы адвокат өз бүтүмүн чыгарат. Судьялар биргелешкен кеңешме өткөрүп, чечим чыгарышат.

Башкы адвокаттар, эгерде Сот тиги же бул иш укуктун жаңы ченемине тиешелүү деп эсептесе гана, бүтүм чыгарууга милдеттүү. Сот башкы адвокаттын көз карашын колдоого милдеттүү эмес. Сот чечими көпчүлүк принцибинде кабыл алынып жана ачык жарыяланат. Көп учурда угууларга трансляция жүргүзүлөт.

Жалпы Сотто угууларда процедура жогорудагыга окшош болот, бир гана айырмасы, башкы адвокат өз бүтүмүн бербейт.

Коста ENEL, СПЕСке каршы / Европа коомчулугунун укугунун үстөмдүгү маселеси (италиялык компанияны улутташтыруу)[112] 1

***

Италия Республикасынын 1962-жылдын 6-декабрындагы № 1643-мыйзамы боюнча жана андан кийинки буйруктары менен электр кубатын өндүрүү жана бөлүштүрүү системалары улутташтырылып, «EnteNazionaleEnergiaElettrica» (же ENEL) уюму (Электр кубаты боюнча улуттук кеңеш) түзүлгөн жана ага электр энергиялык ишканалардын активдери өткөрүлүп берилген болчу.

Электр кубатынын акысын төлөө жөнүндө Миланда Giudice Conciliatore алдында Фламинио Коста менен ENELдин ортосундагы сот ишинин жүрүшүндө ЕЭСтин Келишиминин 102, 93, 53 жана 37-беренелерине түшүндүрмө алуу үчүн Коста мырзага улутташтырудан жабыр тарткан Эдисон Вольта компаниясынын акционери катары, о.э. электр кубатын пайдалануучу катары сот аталган Келишиминин 177-беренесин колдонууну сураган. Анын себеби Коста мырзанын ырастоосу боюнча 1962-жылдын 6-декабрындагы мыйзам ЕЭСтин Келишиминин 102, 93, 53 жана 37-беренелерин бузган. Giudice Conciliatore 1964-жылдын 16-январындагы бул өтүнүчкө кошулуу жөнүндө буйрук боюнча ЕЭС жөнүндө келишимдин жана 177-беренесинин Италиядагы сот чечиминде колдонууга мүмкүндүгү жөнүндө суроону карап берүү өтүнүчү менен ЕСтин Акыйкат Сотуна кайрылуу чечимин кабыл алган.

Италия өкмөтү Giudice Conciliatore-тин өтүнүчү «эч жол берилбей турган» болуп эсептелет деп билдирет, себеби улуттук мыйзамдарды колдонууга милдеттүү болгон улуттук сот 177-беренени пайдалана албайт.

Салттуу эл аралык келишимдерден айырмаланып, ЕЭС жөнүндө Келишим өзүнүн укуктук системасын түзгөн жана ал Келишим күчүнө кирген мезгилден тартып мүчө мамлекеттердин укук системасынын ажырагыс бөлүгүнө айланган жана аталган мамлекеттердин соттору аны пайдалануга милдеттендирилген.

---

[112] Costa v Enel, European Court of Justice, 20 February 1964, Judgment, Issues of fact and of law.

Чексиз мөөнөткө коомчулукту түзүп, өзүнүн жеке институттарына, өзүнүн укуктук жөндөмүнө жана эл аралык деңгээлде иш-аракет кылууга, атап айтканда, суверенитетти чектөөдөн же мамлекеттердин укуктарын Коомчулукка өткөрүп берүүдөн келип чыгуучу анык ыйгарым укуктарга ээ болуу менен мүчө мамлекеттер өзүлөрүнүн көз карандысыз укуктарын, белгилүү тармактарда болсо да, чектешти. Ошону менен бирге алардын өзүлөрүн жана жарандарын байланыштырып туруучу мыйзамдардын топтомун жаратышты.

Ар бир мүчө-мамлекеттин мыйзамдарына Коомчулукту түзүүдөн келип чыгуучу жоболорду жана жалпы эле Келишимдин шарттары менен маанайын киргизүү мамлекеттер үчүн өз ара макулдашуу аркылуу кабыл алынган укуктук система боюнча бир жактуу чараларга артыкчылык ыйгаруу мүмкүнчүлүгүн чектейт. Мындай чара укуктук система менен шайкеш келбейт. Коомчулуктун мыйзамдарынын аткаруучулук күчү мамлекеттердин кийинки кабыл алынган ички мыйзамдарын урматтоо катары бир мамлекеттен экинчи мамлекетке карай өзгөрүп алмашпайт. Же бул Келишимдин 5 (2)-беренесинде берилген максаттарына жетишүүгө коркунуч туудурат жана 7-беренеде тыюу салынган дискриминацияны пайда кылат.

Коомчулукту түзүү жөнүндө Келишимдин алкагындагы милдеттемелер эч кынтыксыз сөзсүз аткарылышы керек болуп эсептелбейт, бирок ага кол койгон тараптардын андан кийинки мыйзам актарынын таасирине туш келген учурларга пропорционалдуу болуп эсептелет. Келишим мамлекеттерге бир тараптуу иш-аракет кылууга укук берген ар бир учурда ал бута карата ачык-айкын шарттарды да көрсөтөт (мисалы, 15, 93 (3), 223, 224 жана 225-беренелер). Келишимден четтөөгө уруксат берүү жөнүндө мүчө-мамлекеттердин арыздарын атайын авторизациялоо процедурасынан өткөрүү талап кылынат (мисалы, 8 (4), 17 (4), 25, 26, 73-беренелер, 93 (2)-бөлүмүнүн үчүнчү абзацы жана 226-берене). Эгерде мүчө-мамлекеттер өз милдетеринен кадимки мыйзамдын жардамы менен баш тарта алганда, бул процедура өз маанисин жоготмок.

Коомчулуктун укугунун артыкчылык абалы 189-беренеде ырасталат. Ага ылайык жөнгө салуу «милдеттүү болуп эсептелет» жана «бардык мүчө-мамлекеттерде түз пайдаланылышы керек». Эч кандай кошумча жасоого болбой турган бул жобо, эгерде мамлекеттер бир жактуу түрдө мыйзам чараларынын жардамы менен анын кесепеттерин жоё алган болсо, о.э. аталган мыйзам чаралары Коомчулуктун мыйзамдарынан артыкчылык кыла алган болсо, эч мааниге ээ бол-

мок эмес.

Ушул байкоолордун баарынан көз крандысыз укук булагы болгон Келишимден келип чыгуучу укук өзүнүн атайын жана бөтөнчө мүнөзүнө байланыштуу улуттук мыйзам аркылуу өзгөртүлүшү мүмкүн эмес деген тыянак келип чыгат. Себеби, бул Коомчулуктун укук-мыйзамы катары анын маанисин кетирет жана ансыз Коомчулуктун өзүнүн болушу суроо астында калат.

Мамлекеттер өзүлөрүнүн ички укук системаларынан белгилүү укуктары менен милдеттерин Коомчулуктун укук системасына өткөрүп бериши, алардын көз карандысыз укуктарынын дайыма чектелип турушуна алып келет. Коомчулуктун түшүнүктөрүнө шайкеш келбей турган кийинки бир тараптуу акттар артыкчылык күчкө ээ боло албайт. Ошондуктан 177-берене келишимди чечмелөөгө байланышкан маселелер туулган учурларда ички мыйзамдардын абалы кандай болбосун, пайдаланылышы керек.

102,93, 53, жана 37-беренелер боюнча Giudice Conciliatore тараптан түзүлгөн суроолор аталган беренелердин жоболору улуттук соттор тарабынан корголушу керек болгон жеке укуктарды жаратабы, жаратса, алардын мазмуну жана мааниси эмнеде экендигин аныктоого багытталган.

Эл аралык соода талаштары

Кара: II бөлүм, 6-бап, Бүткүл дүйнөлүк Соода уюмунун эрежелери

Адам укуктары боюнча талаштар, кара: II бөлүм, 2-бап, Адам укуктары

II БӨЛҮМ
1-БАП КҮЧ КОЛДОНУУ

БУУнун Уставы жана күч колдонууга карата тыюу

БУУнун Уставы

2-берене

1-беренеде көрсөтүлгөн максаттарга жетүү үчүн Уюм жана анын Мүчөлөрү төмөнкү принциптердин негизинде иш-аракет жүргүзүшөт: [...]

4. Бириккен Улуттар Уюмунун бардык Мүчөлөрү өзүлөрүнүн эл аралык мамилелеринде бардык башка мамлекеттердин аймактык кол тийбестигине же саясий көз карандысыздыгына каршы күч менен коркутуудан же аны колдонуудан, о.э. БУУнун Максаттарына шайкеш келбей турган башка иш-аракеттерге жол беришпейт.

БУУнун Уставы жана күч колдонуу[113], Сэр Франклин Берман

II. Күч колдонуу боюнча укуктун максаттары

Биринчи кезекте, күч колдонуу боюнча укук кеңири жайылып кеткен күч колдонуп жана аны юридикалык жактан актоо аракеттерине байланыштуу өзүнө көңүл бурдурат. Мындай эскертме анык көрүнүшү мүмкүн, бирок мен муну өз пикиримди академиктер менен укукту чечмелөөчүлөрдүн арасындагы башка көз караштарга каршы коюу үчүн атайы жасадым. Алар эл аралык укуктун маңызы күч колдонууга эмнеси болсо да жол бербөө, күч колдонуудан бекем коргонуч түзүү деп эсептешет.

Бул маселеге карата европалык кесиптештер да ушундай эле пикирде, эгерде бул европалык көз карашты же алардын мындай ойпикирге умтулууларын мүнөздөсө, юристтердин да, саясатчылардын

[113] Sir. Franklin Berman, The Singapore Yearbook of International Law, 2004. 10 SYBIL 9–17 (2006). [Автордун жана Эл аралык укук боюнча Сингапур жылдык басылмасынын уруксаты менен басылды].

да ортосундагы трансатлантикалык мамилелерде кандай чыңалуу пайда болгондугу эч таң калтырбайт.

Мен мындай көз карашка макул эмесмин. Бул биздин негизги юридикалык документ болгон БУУнун Уставына эч шайкеш келбейт. Мындай көз караш бүгүнкү күндө белгилүү коргонуч альянстардын эң ийгиликтүүлөрүнүн бири болгон Түндүк атлантикалык келишимди маанисиз кылмак. Эгерде мындай көз караш туура болгондо, анда күч колдонулуучу ар бир учурда укуктук система жакшы иштеген жок деп эсептөө керек болмок. Мындай тыянак туура эмес, мүмкүн, куралдуу күчтөргө кайрылуу дипломатиянын кыйрашын, чыр-чатактардын күч алышына каршы саясий бөгөттөрдүн бузулушун көрсөтөт, бирок мында укуктун эч кандай тиешеси жок. Бул жок дегенде бир себепке байланыштуу туура. Ал себеп – укуктун милдети мыйзамсыз аракеттердин кесепеттерин жөнгө салуу экендигинде. Бул укуктун башка тармактарындай эле, эл аралык укукка да тиешелүү. Ошентип, мен эл аралык укуктун негизги максатын бир аз башкача бермекмин. Мен үчүн күч колдонуу жагындагы эл аралык укуктун төрт милдети бар: күч колдонууга жол бериле турган эң аз сандагы кырдаалдарды (мүмкүн болушунча так) аныктоо, күчтүн колдонулушун ага уруксат берилген учурда да көзөмөлдөө жана жөнгө салуу, күч колдонууга жол берилбеши керек болгон учурларды аныктоо, жол берилүүчү жана берилбөөчү учурларда күч колдонуунун кесепеттерин жөнгө салуу.

Силер байкагандай, мен күч көп же тынымсыз колдонулушу каралган укуктук системанын жактоочусу эмесмин. Бирок ошол эле учурда мен күч колдонууга жол берүүнү (жогоруда айтылгандай так) аныктоо маселеси менен гана чектелген системаны да жактабайм. Алдыда оңой эмес милдет турат, абал курч, саясий кызыкчылыктар да аралашкан. Техникалык жактан да бул милдет оңой эмес. Бүгүнкү күндө эң кадыр-барктуу сот болуп эсептелген БУУнун Эл аралык Соту да өз иши менен менин айткандарымды ырастап турат. Эл аралык соттун басып алынган Палестина аймагындагы дубал жөнүндө кеңешүүчүлүк бүтүмүндөгү күтүүсүз чечими алигиче эсибизде. Анда Сот Израиль өзүнө кол салуу чет мамлекет тарабынан жасалган жок деп ырастагандыгына, о.э. кол салуу басылып алынган аймактын ичинде болгондугуна байланыштуу БУУнун Уставынын 51-беренесин бул окуяга карата колдонуу «орунсуз» деп чечим чыгарган[114].

[114] Legal Consequences of the Construction of a Wall in the OccupiedPalestinianTerritory(Advisory Opinion of 9 July 2004), [2004] I.C.J. Rep. 136 at para 103.

Бир караганда, бул чечим коопсуздукка карата коркунучтардын белгилүү түрлөрүнөн өзүн өзү коргоо укугун таануу юридикалык жактан чектеп турат жана бул мурдагыдай эле таң калыштуу көрүнөт. өзүнүн акыркы ишинде, айрыкча Конгодогу кайгылуу окуялардын[115] айрым аспекттери боюнча Эл аралык сот өзүнүн Никарагуа боюнча мурдагы ишиндеги[116] кемчиликтерин оңдоп жаткандыгы көрүнөт.

Азыркы учурда өзүн өзү коргоо укугу күч менен коркутуу же аны колдонуу боюнча мыйзамсыз аракеттерге жооп кайтаруу укугун өзүнө камтый тургандыгына юридикалык принциптер жагынан да, натыйжалуулук жагынан да эч күмөн саноолор болбошу керек. Бул жерде күч булагынын же коркутуулардын (кол салуунун) ортосунда эч кандай айырмачылык жок[117]. Албетте, конкреттүү учурда жана конкреттүү жагдайда жооп иретиндеги аракеттин кандай түрү өзүн актай тургандыгын эсепке алуу керек.

Мүмкүн ушул себептен, азыркы убакыт биз токтолуп, эл аралык системанын учурдун шартындагы учурдун көйгөйлөрүнө арналган бөлүгү катары, күч колдонууну укуктук жөнгө салуу тармагында эмнени кааларыбызды ойлонуу үчүн жакшы мезгил болуп жүрбөсүн.

Мындай көз караш БУУнун Башкы катчысынын коркунуч, көйгөйлөр жана өзгөртүүлөр боюнча Кеңеши тарабынан[118], о.э. Башкы катчы тарабынан анын «Көбүрөөк эркиндик» докладында[119] тандалып алынган. Ал тарабынан декларацияланган көз караштар чоң урматка татыктуу, мен бага кечирээк токтолом.

III. Жалпы жана улуттук кызыкчылыктар

---

[115] Armed Activities on the Territory of the Congo (New Application: 2002) (Democratic Republic of the Congov. Rwanda) (2002-2005), online: <http://www.icj-cij. org/icjwww/idocket/ico/icoframe.htm>.

[116] Military and Paramilitary Activities in and against Nicaragua (Nicaragua v. US), Merits, 1986 I.C.J. Rep. 14. (башка шилтемелер көрсөтүлгөн эмес).

[117] кара, in general, Chatham House, Principles of International Law on the Use of Force by States in Self-Defence, ILP WP 05/01 (2005), online: Chatham House <http://www.chathamhouse.org.uk/pdf/research/il/ILPForce.doc>.

[118] Report of the UN Secretary-General's High-Level Panel on Threats, Challenges and Change, A More Secure World: Our Shared Responsibility, UN Doc. No. A/59/565 (2 December 2004), online: http://www.un.org/secureworld/.

[119] Report of the Secretary-General, In Larger Freedom: Towards Development, Security and Human Rights for All, UN Doc. No. A/59/2005 (21 March 2005), online: http://www.un.org/largerfreedom.

Менин көз карашымда, бул маселени кароонун туура жолу болуп фундаменталдуу мүнөздөгү айырмачылыктарды карама-каршы коюу эсептелет. Ал айырмачылыктар күчтүү улуттук кызыкчылыктарды гана коргоо максатында колдонуу менен, аны жалпы кызыкчылыктар үчүн колдонуунун ортосунда. Бул идея жаңы эмес. Ал БУУнун Уставынын өзүндө чагылдырылган. Анын преамбуласында БУУну түзүүнүн эң негизги себептеринин бири – тийиштүү принциптер менен ыкмаларды кабыл алуу аркылуу куралдуу күч жалпы кызыкчылыктар үчүн гана колдонулушун камсыз кылуу болчу. Андан ары Уставдын 51-беренесинде «жекече же жамааттык өзүн өзү коргоо укугуна эч нерсе тоскоолдук кыла албайт» деп көрсөтүлгөн. Бирок бул көз караштын жаңылыгы эмес, ал биздин алдыбызда пайда болгон суроону талдоо үчүн бекем системаны сунуштай тургандыгы маанилүү. Ал система күчтүн легитимдүү түрдө өзүн өзү коргоо үчүн же жалпы кызыкчылык үчүн гана – бирок башка максатар үчүн эмес – колдонулушун камсыз кылууга пайдаланылышы керек болгон принциптер менен ыкмалардан турат.

Эмне үчүн мен бул негизги жобого басым жасап жатам? Анткени күчтү жеке кызыкчылык үчүн же жалпы кызыкчылык үчүн колдонунун ортосундагы айырмачылыгы фундаменталдуу болуп эсептелет. Концепциялык көз карашта бул айырмачылык күч мыйзамдуу колдонулушу мүмкүн болгон максаттардын шартын аныктайт, о.э. ал кайсы күч колдонула тургандыгын көзөмөлдөйт.

IV. Өзүн өзү коргоо

Азыркы учурда өзүн өзү коргоо укугу жакшы иликтенген. Ал зарылчылык жана пропорционалдуулук сыяктуу бири-биринен ажырагыс параметрлер аркылуу көзөмөлдөнөт. Алар, күч мыйзамдуу колдонулушу мүмкүн болгон кырдаалдарды жөнгө салып туруу жөндөмүнө ээ[120]. Андан сырткары, зарылчылык жана пропорционалдуулук принциптери колдонулган өзүн коргоо чараларынын мыйзамдуулук маселесине ченем боло тургандыгын моюнга алуу керек. өзүн коргоо, кол салууга даушар болгон мамлекет үчүн колдон келе турган акыркы жообу болуп эсептелет, о.е. чындыгында, эл аралык укуктун негизги бирдиги болуп эсептелген мамлекеттин укуктук мүнөзүнөн келип чыгат. Ошентип, өзүн коргоо эч качан жазалоого карата, жооп иретиндеги соккуга карата юридикалык актоо же коркутуучу каражат болгон эмес. Анын токтотуп туруучу таасири,

[120] Deriving from the Webster/Ashburton correspondence over the Caroline Incident in 1841 [башка шилтемелер көрсөтүлгөн эмес].

биринчи кезекте мыйзамга ылайык, укукту коргоого практикалык жана риторикалык даярдык менен айкаштагы саясий чөйрөгө тиешелүү болуп эсептелет[121].

Өзүн өзү коргоо укугуна мыйзам тарабынан уруксат кылынган себептин негизинде зарылычылык жана жетиштүүлүк принциптери мыйзамсыз коркутууну жокко чыгарат. Айрымдар күчтү чындап колдонуу менен коштолгон өзүн коргоо баштапкы кол салуудагыдан көп күч колдонулганын актоочу мындай парадоксту түшүнүшөт. Бирок өзүн коргоо укугунун максаттарын эске алганда, бул жерде эч кандай парадокс жок. Эсеп, албетте, эки тараптан тең жүрөт: өзүн коргоо айрым учурларда алгачкы кол салуудан жумшагыраак болот.

Жогоруда мен айткандардан эч нерсе силерди таң калтырбашы керек. Юристтер БУУнун Уставынын күч менен «коркутууга» карата күчтү колдонууга тыюу салгандай эле жол бербей турган 2 (4)-беренесин таш плитасындай эле пайдаланганды жакшы көрүшөт.Эл аралык соттун Ядролук курал менен коркутуунун же аны пайдалануунун мыйзамдуулу тууралуу өзүнүн кеңешүүчүлүк бүтүмүндө акылман түшүндүрмөсүнө ылайык, эгерде күчтүн колдонулгандыгы мыйзамсыз болсо, анда күч менен коркутуу да мыйзамсыз болуп эсептелет[122]. Мен буга да «жана тескерисинче» деп кошмокмун, менин оюмча, өзүн коргоо укугу коркутууга карата жооп иретиндеги аракет кылууга уруксат берет жана ал аракет зарылчылык жана пропорционалдуулук принциптеринин талаптарына жооп берген чекте мүмкүн боло берет. Эгерде Эл аралык сот Никарагуанын АКШга каршы иши боюнча чечиминде башкача айткан болсо, анда ал туура эмес.

V. Күчтү жалпы кызыкчылыктар үчүн колдонуу

Эми болсо экинчи бөлүккө - күчтү жалпы кызыкчылык үчүн пайдаланууга – кайрылгым келет. Мен «гуманитардык интервенция», «терроризмге каршы согуш» же «массалык жок кылуу куралы» дегендин ордуна, аталган үч учурдун ортосундагы жалпы коркунучту белгилөө үчүн, б.а. күчкө кайрылуу менен жетишиле турган нерсе жалпы эл аралык кызыкчылыктар менен ырастала тургандыгын көрсөтүү үчүн дал ушул терминди колдонууну артык көрөм. Башка сөз менен

[121] The long-established posture of NATO; see the Nuclear Weapons Advisory Opinion, infra note 9 at para. 48, for the International Court's recognition that "deterrence" is not of itself unlawful.

[122] Legality of the Threat or Use of Nuclear Weapons (Advisory Opinion of 8 July 1996), [1996] I.C.J. Rep. 226

айтканда, «коркунуч» деп тиги же бул мамлекеттин же мамлекеттердин тобунун кайсы бир кызыкчылыктарына эле каршы коркунуч эмес, бүтүндөй эл аралык коомчулуктун болушуна карата коркунуч түшүнүлөт. Негизги шарт дагы эле «коркунуч» экендигин көңүлгө алгыла. Бирок бул коркунучтардын бардыгы тиги же бул мамлекеттин гана жеке кызыкчылыктарын гана эмес, жалпы кызыкчылыктарды сокку алдына коё тургандыгын белгилөө маанилүү. Башкы катчы белгилегендей, «геноцид, улуттук жок кылуу жана ушул сыяктуу адамзатка каршы башка кылмыштар эл аралык тынчтыкка жана коопсуздукка коркунуч болуп эсептелбейби жана алардан коргонуу үчүн адамзат Коопсуздук кеңешине кайрылышы керек эмеспи?». Менин жообум – Ооба, албетте, бул адаттан сырткаркы учур, себеби Коопсуздук кеңеши «эл аралык тынчтыкка жана коопсуздукка коркунуч» деген сөздөрдү колдонгон, мен анын ордуна «жалпы кызыкчылыктар» дегенди колдонмокмун. Коопсуздук кеңеши эмне үчүн мындай кылгандыгынын себеби толук түшүнүктүү. Ал өз билдирүүлөрүн Уставдын, о.э. Коопсуздук кеңешин жөнгө салуучу жоболордун тексттеринин алкагында жасайт эмеспи.

Ядролук курал менен коркутуунун же аны колдонуунун мыйзамдуулугу, Кеңешүүчүлүк бүтүм, 1996[123]

***

37. Азыр Сотту ядролук куралга кайрылуунун күч менен коркутууга же күч колдонууга тиешелүү БУУнун уставынын ченемдеринин алкагында мыйзамдуулугу же мыйзамсыздыгы жөнүндө суроо кызыктырат.

38. Уставда күч менен коркутууга же күч колдонууга тиешеси бар бир нече жоболор камтылган. 2-берененин 4-бөлүгүндө аймактык бүтүндүккө, саясий көз карандысыздыкка каршы күч колдонуу коркунучу же күч колдонууга же БУУнун максаттарына туура келбей турган башка иш-аракеттерге тыюу салынган. Аталган ченемде: «бардык катышуучулар өзүлөрүнүн эл аралык мамилелеринде аймактык бүтүндүккө, саясий көз карандысыздыкка каршы күч колдонуу коркунучу же күч колдонууга же БУУнун максаттарына туура келбей турган башка иш-аракеттерге жол бербөөлөрү керек» деп жазылган. Күч колдонууга карата бул тыюу Уставдын колдонулуучу башка ченеми менен

[123] Legality of the Threat or Use of Nuclear Weapons, Advisory Opinion, I.C.J. Reports 1996, p. 226.

бирге каралышы керек. 51-беренеде Устав куралдуу кол салуу болгон учурда жекече жана жамааттык коргонууга карата айрып алгыс укукту тааныйт. Андан ары мыйзамдуу күч колдонуу 42-беренеде каралган. Ал боюнча БУУнун Коопсуздук кеңеши Уставдын 7-бөлүмүнө ылайык аскердик мүнөздөгү чараларды колдоно алат.

39. Бул жоболордо куралдардын атайын түрлөрү жөнүндө айтылган эмес. Алар куралдын түрүнө карабай бардык күчтөргө карата колдонулат. Устав куралдын кайсы бир өзгөчө түрлөрүн колдонууга уруксат да кылбайт, тыюу да салбайт. Келишим же салт аркылуу мурдатан тыюу салынган курал Уставга туура келүүчү легитимдүү максатта колдонулгандыгы үчүн эле мыйзамдуу болуп калбайт.

46. Айрым мамлекеттер жооп иретиндеги аракеттер учурунда ядролук куралды колдонуу мыйзамдуу болмок деп билдиришкен. Бул контекстте Сот мыйзамсыз болуп эсептелүүчү тынчтык мезгилиндеги куралдуу репрессалиялар жөнүндө суроону карабайт. О.э. Сот кастык репрессалиялар учурунда, деги эле мындай репрессалияларга кайрылууда өзүн коргоо учурундагыдай эле пропорционалдуулук принциби эч кынтыксыз сакталышы керектигин сөзсүз далилдеши керек деп эсептебейт.

47. Мыйзамсыз соккунун коркунучун төмөндөтүү же жоюу үчүн мамлекеттер айрым учурларда алардын аймактык бүтүндүгүн жана саясий көз карандысыздыгын бузуп жаткан мамлекеттен коргонуу максатында ага каршы колдонулушу мүмкүн болгон тиги же бул куралга ээ экендиги жөнүндө билдиришет. Белгилүү бир жагдайларда күч колдонуу жөнүндө жарыяланган ниети Уставдын 2-беренесинин 4-бөлүгү боюнча коркунуч» болуп эсептелер-эсептелбеси айрым факторлорго жараша болот. Эгерде күч колдонуу жөнүндө айтылган сөз өзүнөн өзү мыйзамсыз болсо, күч колдонууга даяр экендиги жөнүндө билдирүү Уставдын 2-беренесинин 4-бөлүгү боюнча тыюу салынган коркутуу болуп чечмеленет. Ошентип, башка мамлекеттен өз аймагын коргоо үчүн же аны тиги же бул саясий-экономикалык багытта иш-аракет кылууга же кылбоого мажбурлоо үчүн күч менен коркутуу мыйзамсыз болуп эсептелет. Күч колдонуу «коркунучу» жана «колдонуу» түшүнүктөрү Уставдын 2-беренесинин 4-бөлүгү боюнча бири-биринен ажыратылгыс түшүнүктөр, бул күч менен коркутуу жана аны колдонуу мыйзамсыз дегенди билдирет. Демек, эгерде күч колдонууга устав тарабынан уруксат берилген болсо, анда күч колдонууга даярдык тууралуу билдирүү да мыйзамдуу болмок. өлкө коркутуу саясатын жүргүзүп жаткан-

жатпаганына карабай, Сот күч менен коркутуу күчтүн өзүн чындап колдонуу мыйзамга ылайык келген учурда мыйзамдуу болот деген бүтүм чыгарат.

48. Айрым мамлекеттер ядролук куралдын болушу өзүнөн өзү эле мыйзамсыз коркунуч болуп эсептелет деп ырасташат. Албетте ядролук куралдын болушу аны колдонууга даярдыкты билдириши мүмкүн. Таасирдүү болуу үчүн ядролук куралга ээ мамлекеттер аскердик агрессияга каршылык көрсөтүүгө умтулууда колдонуучу коркутуу саясаты эч кандай максатка кызмат кылбай тургандыгын көрсөтүү менен ядролук куралды колдонуу ниеттери ишенимди жаратышын талап кылышат. Бул «коркутуу» Уставдын 2-беренсинин 4-бөлүгүнө каршы келер-келбестиги конкреттүү күч колдонуу мамлекеттин аймактык бүтүндүгүнө же саясий көз карандысыздыгына же БУУнун максаттарына каршы багытталган-багытталбаганына жараша болот. Эгерде курал коргонуу каражаты катары пайдаланылган болсо, ал пропорционалдуулук жана зарылдык принциптерин сөзсүз бузган болот. Аталган кырдаалдардын бардыгында күч колдонуу же колдонуу коркунучу уставга ылайык мыйзамсыз болот.

Күч колдонуунун мыйзамдуулугу - өзүн коргоо

БУУнун Уставы

51-берене

Бул Устав Уюмдун Мүчөсүнө куралдуу кол салуу болгон учурда жекече же жамааттык коргонууга карата айрып алгыс укукка эч шек келтирбейт. Мындай коргонуу Коопсуздук кеңеши эл аралык тынчтыкты жана коопсуздукту колдоого зарыл чараларды көргөнгө чейин ишке ашырылышы мүмкүн. Аталган укукту ишке ашырууда Уюмдун Мүчөлөрү көргөн чаралар Коопсуздук кеңешине токтоосуз билдирилип жана ал чаралар Уставга ылайык эл аралык тынчтыкты жана коопсуздукту колдоого зарыл деп эсептеген мындай чараларды каалаган учурда көрүүгө карата Коопсуздук кеңешинин ыйгарым укуктары менен жоопкерчилигине тийбеши керек.

Никарагуада жана ага каршы аскердик жана жарым аскердик иш-аракет жөнүндө иш (Никарагуа АКШга каршы), 1986[124]

***

190. БУУнун Уставынын 2-беренесинин 4-праграфында белгиленген күч колдонууга тыюу салуу принцибинин эл аралык салттык укук катары калыстыгын андан ары ырастоо, аталган принцип мамлекеттердин билдирүүлөрүндө көп учурда эл аралык салттык укуктун гана принциби эмес, фундаменталдык же эң маанилүү принцип катары эскертилет. Эл аралык укук Комиссиясы эл аралык келишимдик укукту кодификациялоо боюнча ишинин жүрүшүндө «күч колдонууга тыюу салуу боюнча уставдын ченеми өзүнөн өзү императивдик мүнөзгө ээ эл аралык ченемге айкын мисал болот» деген пикирин билдирет (параграф (1) Эл аралык келишимдик укук жөнүндө беренелердин долбоорунун 50-беренесине карата Комиссиянын түшүндүрмөсү, ILC Жылдык басылмасы, 1966-II, 247-б.). Никарагуа аталган иш боюнча берген өзүнүн Меморандумунда БУУнун Уставынын 2-беренесинин 4-праграфында белгиленген күч колдонууга тыюу салуу принциби «императивдик ченем катары таанылган» деп ырастайт. АКШ юрисдикция жана жол берүүчүлүк суроолору боюнча өзүнүн Контр-меморандумунда окумуштуулардын пикирлерин келтирүүнү зарыл деп эсептейт. Ал пикирлерге ылайык аталган принцип “универсалдуу ченем”, “универсалдуу эл аралык укук”, “эл аралык укуктун универсалдуу таанылган принциби” жана “императивдик ченем” болуп эсептелет.

195. Өзүн жекече коргоо укугунда бул укукту колдонуу мүмкүнчүлүгү куралдуу кол салууга дуушар болгон мамлекетке тиешелүү, жамааттык коргонуу укугун колдонуу да албетте муну четке какпайт. Аткарылган иш-аракеттердин мүнөзү боюнча акыркылар куралдуу кол салуу деп каралышы мүмкүн экендиги аныкталган. Атап айтканда, куралдуу кол салуу түшүнүгү туруктуу аскер күчтөрүнүн мамлекеттер аралык чек ара аркылуу жасаган иш-аракетин гана өзүнө камтыбастан, куралдуу топторду, туруктуу аскер күчтөрүн же жалданма аскерлерди мамлекеттин кызыкчылыгы үчүн жөнөтүү жана алардын башка мамлекетке каршы оорлугу жагынан олуттуу аракеттерди кылышы, туруктуу аскердин чыныгы кол салуусуна (inter alia) же «алардын буга көзгө илинерлик катышуусуна» түрткү боло

[124] Military and Paramilitary Activities in and against Nicaragua (Nicaragua v. United States of America), Merits, Judgment, I.C.J. Reports 1986, p. 14

турган иш-аракеттерди да өзүнө камтый турганына макул болуу керек. Агрессияга карата 3-берененин (g) параграфында камтылып, Башкы Ассамблеянын 3314(XXIX) резолюциясында бекемделген бул сүрөттөмө эл аралык салттык укукту чагылдырат деп болжоого болот. Мамлекет куралдуу топторду башка мамлекеттин аймагына жиберип, бул аракет өз масштабы жана кесепеттери жагынан жөн гана туруктуу аскердин катышуусунда чек арада болгон окуяга эмес, куралдуу кол салууга тең келе турган болсо, эл аралык салттык укукта куралдуу кол салууга карата тыюу мындай аракетке да тиешелүү экендигин таануга Сот эч кандай негиз жок деп эсептейт.

Ошентсе да, «куралдуу кол салуу» түшүнүгүнө «куралдуу топтордун масштабдуу аракеттери гана эмес, козголоңчуларга аларды курал менен камсыз кылуу, логистикалык жардам көрсөтүү же башка түрдө колдоо көрсөтүү» да кире тургандыгын» сот түшүнбөйт. Мындай жардам көрсөтүү күч менен коркутуу же күч колдонуу, же башка мамлекеттин ички же тышкы иштерине кийлигишүүгө көмөк кылуу деп бааланышы мүмкүн. О.э. куралдуу кол салуудан жабыр тарткан мамлекет ага сокку урулгандыгы жөнүндө жарыялашы керектиги айкын. Салттык укукта кырдаалга карата жеке баасынын негизинде жамааттык коргонуу укугун пайдаланууга башка мамлекетке уруксат берүүчү ченем жок. Жамааттык коргонуу укугун колдонуу учурунда кайсы мамлекеттин пайдасына бул укук колдонулган болсо, ошол мамлекет өзүн жабыр тартуучу деп жарыялагандыгы болжолот.

196. Жамааттык коргонуу укугун сокку урулган мамлекеттин пайдасына үчүнчү мамлекеттин колдонушунун мыйзамдуулугу жөнүндө суроо да жабыр тарткан мамлекет үчүнчү мамлекетке багыштаган өтүнүчкө жараша болот. Америка өлкөлөрүнүн Уюмунун уставындагы жобо бул көз карашты колдойт, бирок Сот бул инструментти бул ишке колдонууга боло турган катары кароо юрисдикциясына ээ болбогондуктан, Сот эл аралык салттык укукка Уставдын кандай таасир көрсөтөөрүн аныктоону көздөйт.

***

199. эмнеси болсо да, Сот деги эле эл аралык салттык укукта же америкалык өлкөлөр аралык укук системасына тиешелүү укукта өзүн жабыр тартуучу деп тааныган мамлекеттин өтүнүчүсүз жамааттык коргонуу укугун пайдаланууга мүмкүнчүлүк берүүчү ченем жок деп табат.

Сот жабыр таркан мамлекеттин өтүнүч билдирүүсүнө карата талап, ал мамлекет өзүнө сокку урулду деп жарыялышы керек деген талапты толуктайт деген чечим чыгарды.

201. Күч колдонуу камтылган өз иш-аракеттерин актоо катары АКШ жамааттык коргонуу укугуна гана таянышкан. Бирок сот АКШ ишти маңызы боюнча кароо баскычына катышпагандыгын эске алып, бул иште колдонулуп жаткан эл аралык салттык укукта мындай аракеттердин мыйзамдуулугун четке кага турган ченемдердин баржогун аныктоо зарыл деп эсептейт.

***

Сот күмөндүү иш-аракеттерди куралдуу кол салууга каршы жамааттык коргонуу укугу аркылуу эмес, Никарагуанын иш-аракеттерине жооп иретиндеги каршы чаралар катары актоого мүмкүн-мүмкүн эместигин аныктоого милдеттүү. Бирок мында каршы чаралар куралдуу кол салууну жаратпаган болушу керек. Сот бул суроону эл аралык салттык укукта каралган кол салбоо принцибин талдоо менен бирге иликтейт.

229. АКШнын күмөндүү иш-аракеттери куралдуу кол салууга жооп иретинде өзүнүн жамааттык коргонууга карата укугун пайдалануусу менен актала тургандыгын Сот аныкташы керек. Ошондуктан Сот бул өзүн коргоо укугун колдонуу үчүн зарыл жагдайлардын болгондугун, эгер болсо АКШ көргөн чаралар эл аралык укук талаптарына ылайык келе тургандыгын аныкташы керек. Жамааттык коргонуу укугу мыйзамдуу колдонулгандыгы жөнүндө Сот бүтүм чыгарышы үчүн, эң биринчи кезекте, Никарагуа Сальвадорго, Гондураска же Коста-Рикага каршы куралдуу кол салууда катышкан-катышпагандыгын аныктоо керек.

230. Сальвадор боюнча Сот (параграф 160) 1979-жылы жана 1981-жылдын башында куралдуу күчтөр мезгил-мезгили менен Никарагуанын аймагы аркылуу өтүп, аталган мамлекеттин куралдуу козголоңчуларына кошулуп турушкандыктарын аныктаган. Бирок Сот 1981-жылдын башынан тартып Сальвадордун куралдуу козголоңчуларына кайсы бир деңгээлде колдоо көрсөтүлгөн деген менен, о.э. Никарагуанын өкмөтү аталган мезгил аралыгында куралдуу күчтөрдүн өткөрүлүшүнө жооптуу деген менен макул болгон жок. Ал турсун, эл аралык салттык укуктагы жамааттык коргонуу укугун акташ үчүн Сальвадордун оппозициясын курал менен Никарагуанын өкмөтү камсыздандырды деп тааныганда да, мындай камсыздандыруу Никарагуанын Сальвадорго кол салуусуна теңдештирилиши керек эле.

Жогоруда айтылгандай, Сот эл аралык салттык укукта башка өлкөнүн оппозициясын курал менен камсыз кылуу ошол өлкөгө ку-

ралдуу кол салуу болуп эсептелет деп кароого укуксуз. Курал менен камсыздандыруу өзүнүн туу чокусуна жеткен учурда да, жана кайра эле Никарагуа өкмөтүн буга катышты деп тааныбастан, бул куралдуу кол салуу болбойт.

231. О.э. Гондурас менен Коста-Рика боюнча да бул эки мамлекеттин чек аралары аркылуу Никарагуа 1982, 1983 жана 1984-жылдары басып киргендиги жөнүндө факт аныкталышы керек деп чечим чыгарган (параграф 196). Кол салуунун жагдайлары же ал кол салуулардын мүмкүн болуучу себептери жөнүндө Соттун жетиштүү маалыматы жок. Ошондуктан бул иш-аракеттер куралдуу кол салууну түзөртүзбөсүн аныктоо татаал.

1984-жылдын март-апрель айларында Коопсуздук кеңешинин талкууларынын жүрүшүндө Коста-Риканын өкүлү өз өлкөсүнүн нейтралитетин баса белгилеп жана Контадор процессин колдоо менен, Никарагуаны куралдуу кол салуу боюнча күнөөлү эместигин Сот белгилейт. Бирок Гондурастын өкүлү: «Менин өлкөм Никарагуанын агрессиясына дуушар болду, буга аймактык бүтүндүккө жана жарандык калкка каршы багытталган окуялар күбө болот» деп билдирген. Ошентсе да, бул кол салуулар да, оппозициянын куралдуу топторун колдоо да жамааттык коргонуу укугун пайдалануунга негиз түзгөн эмес деген ойду жактаган Соттун пикири бар.

2. Жамааттык коргонуу укугун пайдалануу куралдуу кол салуунун болгондугун болжойт. Албетте, кол салууга дуушар болгон мамлекет өзүнүн абалын жарыялоого кызыккан болушу керек. Ошондой эле жабыр тартуучу болгон өлкө башка өлкөнү жардамга чакырып жана жамааттык коргонуу укугун пайдалануу үчүн жардам сурашы керектиги түшүнүктүү. Ошентип, бул каралып жаткан иште Сот жамааттык коргонуу укугун мыйзамдуу деп тануу жөнүндөгү АКШ берген арызды карап жатып, Гондурастын, Коста-Риканын жана Сальвадордун иш-аракеттерин эске алып, Никарагуанын аракеттеринин курманы болгон өлкөлөр кол салууга дуушар болдук деп ишенишкен жана жамааттык коргонуу укугун колдонууда АКШдан жардам сурашкан деп чечим чыгарган.

233. Сот АКШ жамааттык коргонуу укугун пайдалануу менен түшүндүргөн башындагы иш-аракеттеринде да, андан кийин да аталган өлкөлөрдүн иш-аракеттери каралып жаткан кырдаалга жооп бергендигин көрсөтө турган эч бир далил тапкан жок. Сальвадордун кызыктар экендигин эске алып, Сот аталган өлкө өзүн куралдуу кол салуунун курманы деп расмий жарыялап жана АКШдан жамааттык

коргонуу укугун пайдалануну сурангандыгына карабастан, Бул АКШ өз иш-аракеттерин жайылтып, кийин Сальвадордун ушул суранычы менен актагандыгын аныктады. О.э. Сот 1984-жылдын 3-апрелинде БУУнун Коопсуздук кеңешинин алдында чыгып сүйлөгөн Сальвадордун өкүлү «Никарагуа биздин иштерибизге ачык кийлигишти» деп доомат коюп, бирок Сальвадор куралдуу кол салуунун курманы болду деп билдирбегендигин жана жамааттык коргонуу укугун пайдалануу жөнүндө АКШга өтүнүч менен кайрылгандыгы жөнүндө айтпагандыгын белгилейт. Андан тышкары, 1984-жылы апрелде Никарагуанын АКШга койгон дооматына байланыштуу Сальвадордун сотко жиберген катында эч нерсе айтылган эмес. Мындай билдирүү 1984-жылдын 15-августунда жазылган Кол салуу боюнча декларацияда гана пайда болгон. Анда Сальвадор өзүн «жок дегенде 1980-жылдан тартып» Никарагуанын агрессиясынын курманы деп жарыялап, ар түрдүү мезгилдерде АКШга жамааттык коргонуу укугун пайдалануу өтүнүчү менен кайрылган. Аталган Декларацияда Сальвадордун өкмөтү башында «Никарагуага каршы күнөө коюу ниети жок болгондугун» ырастаган, себеби «түшүнүү жана өз ара сый-урматтын негизиндеги чечимге» ишенген.

234. Гондурас менен Коста-Рика болсо, алар да сотко маалымат беришкен, бирок эч жерде куралдуу кол салуу же жамааттык коопсуздук жөнүндө айтылган эмес. Жогоруда белгиленгендей (параграф 231), Гондурас 1984-жылы Коопсуздук кеңешинин отурумунда Никарагуа ага каршы агрессия көрсөттү деп билдирген, бирок жамааттык коргонуу укугун колдонуу өтүнүчү менен АКШга кайрылгандыгы тууралуу эч маалымат болгон эмес. Тескерисинче, Гондурастын өкүлү бул «Борбордук Американын гана маселеси жана ал аймактык механизмдер, б.а. Контадор процесси аркылуу чечилиши керек» деп баса белгилеген. Коста-Риканын өкүлү да жамааттык коопсуздук жөнүндө эч нерсе айткан эмес жана АКШнын өкүлү да жардам жөнүндө суранычка жооп туралуу эч сөз айткан эмес.

235. О.э. Сот көңүлгө албай коюу мүмкүн болбогон, АКШнын иш-аракетине тиешелүү дагы бир жагдай бар. Ал куралдуу кол салуунун болгону тууралуу мамлекеттердин көз караштарына байланыштуу суроодо жатат. Бүгүнкү күнгө чейин АКШнын өкмөтү БУУнун Уставынын 51-беренесинде каралган жекече жана жамааттык коргонуу укугун пайдалануу боюнча отчет бере элек. Ошол эле мезгилде өз чечимин эл аралык салттык укуктун негизинде чыгарышы керек болгон Сот аталган эл аралык салттык укукка таянуу менен БУУнун Уставынын 51-беренесинде бекитилген отчет боюнча милдеттеме олуттуу

эмес экендигин аныктады. Ошондуктан Сот отчеттун жоктугун аталган талаштын алкагында эл аралык салттык укукта милдеттемени олуттуу бузуу деп карабайт. Ошентсе да, Сот АКШнын кыймыл-аракети алардын жамааттык коргонуу укугунун алкагында гана, БУУнун Уставынын 51-беренесинде сүрөттөлгөндөй, иш-аракет кылганбыз деген көрсөтмөсүнө туура келбегендигине көңүл бурат. Бул факт чынында эле көңүл бурууга татыктуу, себеби коопсуздук кеңешинин отурумунда АКШ отчёт тууралуу талапты аткарбоо жамааттык коргонуу жөнүндө ченемдин негизинде иш-аракет кылуу тууралуу мамлекеттин билдирүүсүнө каршы келерин өзүлөрү моюнга алышкан.

236. О.э., Сальвадор өзүн куралдуу кол салуунун курманы деп жарыялаган мезгил жана жамааттык коргонуу укугун колдонуу өтүнүчү расмий жиберилген күн жөнүндө эч кандай юридикалык олуттуу күмөн саноолор жок, ошол эле учурда бул жагдайлар Сальвадордун окуяга карата көз карашын күбөлөндүрө алат. 1984-жылы августта биринчи жолу жарыяланган 1981-жылкы куралдуу кол салуу жөнүндөгү Сальвадордун Декларациясы менен сурамы аталган жылдын экинчи жарымында башталган АКШнын иш-аракеттери үчүн юридикалык негиз катары каралышы мүмкүн эмес.

238. Ошентип, Сот Гондураска, Коста-Рикага жана Сальвадорго жасалган куралдуу кол салууга каршы АКШ тарабынан Никарагуага каршы өз аракеттерин актоо үчүн уюштурулган жамааттык коргонуу процессин актоо мүмкүн эмес, демек, АКШ күч менен коркутууга жана күч колдонууга тыюу салуучу принципти бузган деп чечим чыгарган. Аталган принцип 227-параграфта сүрөттөлгөн. о.э. Соттун чечимине ылайык АКШ оппозициялык топторду «күч колдонуу коркунучун же аны колдонууну жараткыдай» деңгээлде колдоодон пайда болгон принцип бузууга (параграф 228) барды деп чечкен.

Ядролук курал менен коркутуунун же аны колдонуунун мыйзамдуулугу, Кеңешүүчүлүк бүтүм, 1996 [125]

***

40. өзүн өзү коргоого кайрылуу укугу 51-беренеге ылайык айрым талаптар менен шартталат. Башкалары болсо 51-беренеде белгиленген.

41. Өзүн коргоо укугун берүү зарылчылык жана пропорционалдуулук шарттары менен коштолот – бул эл аралык салттык укуктун

[125] Legality of the Threat or Use of Nuclear Weapons, Advisory Opinion, I.C.J. Reports 1996, p. 226.

ченеми. АКШнын Никарагуага каршы аскердик аракеттери боюнча өзүнүн чечиминде Сот белгилегендей, «өзүн коргоонун мыйзамдуулугуна кепил болуучу атайын шарт болуп куралдуу соккунун пропорционалдуулугу жана жооп иретиндеги мындай соккунун зарылчылыгы эсптелет. Бул эреже эл аралык салттык укукта бекитилген" (БУУнун ЭСтин отчёттору, 1986, 94-б., параграф 176). Бул эки эселенген талап кандай каражаттар пайдаланылганына карабай, Уставдын 51-беренсине карата да колдонулат.

42. Ошентип, пропорционалдуулук принциби өзүнөн өзү коргонуу учурунда ядролук куралдын пайдаланылышын четке какпайт. Бирок ошол эле учурда өзүн коргоо ченемдерине ылайык, пропорционалдуу күчтү колдонуу мыйзамдуу деп эсептелиши үчүн, куралдуу чыр-чатактар жөнүндө мыйзамга, б.а. эл аралык гуманитардык укуктун принциптери менен ченемдерине жооп бериши керек.

43. Айрым өлкөлөр өзүлөрүнүн жазуу жана оозеки билдирүүлөрүндө ядролук куралга байланыштуу учурларда пропорционалдуулук шарты белгилүү бир факторлордун үстүндө каралышы керек деп белгилешет. Ядролук куралдын өзүнүн маңызы жана абага ядролук бөлүнүп чыгуулар көп боло тургандыгы айлана-чөйрөдө бардык нерсени жок кылары жөнүндө талаштар бар. Мындай кооптонуу пропорционалдуулук шартына ылайык келүү мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарат. Сот мындай коркунучтарды сандык жактан талдоого алуу керек деп эсептебейт, о.э. тактикалык ядролук курал мындай коркунучтарды төмөндөтүү үчүн жетиштүү деңгээлде башкарылабы деген суроону териштирүүнүн да зарылчылыгы жок деп эсептейт.

44. Пропорционалдуулук жана зарылчылык талаптарынан сыртқары, БУУнун Уставынын 51-беренеси коргонуу укугун пайдаланылган учурда, мындай укукту пайдаланган өлкө өз иш-аракеттери жөнүндө Коопсуздук кеңеш алдында отчет берүүгө милдеттүү, болгондо ал аракеттер Коопсуздук кеңешинин жоопкерчилигине эч таасир тийгизбеши керек. 51-берененин талаптары коргонуу укугунун алкагында көрүлгөн чаралар кандай болбосун колдонулат.

96. Андан ары Сот ар бир мамлекеттин жанын сактап калууга карата фундаменталдуу укугун, демек, 52-беренеге ылайык жан сактоо коркунуч алдында калганда колдонулуучу коргонуу укугун тааныбай коё албайт. О.э. айрым өлкөлөр көп жылдар бою карманып келген «коркутуу саясатын» да Соттун көңүл жаздымында калган жок. Сот Тлателоко жана Раротонга келишимдеринин Протоколдорунда, о.э. Ядролук куралды жайылтпоо жөнүндө декларацияда бекитилген

ядролук куралга ээ айрым мамлекеттердин мындай курал колдонулбайт деген эскертмелерин белгилейт.

97. Ошентип, эл аралык укуктун жалпы абалын эске алып, Сот өзүн коргоого мажбур кылуучу жагдайда калып, өзүн сактап калуу маселеси алдында турган мамлекеттин ядролук куралды колдонуусу мыйзамдуу же мыйзамсыз болору тууралуу айкын-даана бүтүм чыгаруу мүмкүн эмес деген тыянакка келет.

БУУнун тынчтыкты орнотуу боюнча операциялары жана күч колдонуу, Раз Ведгут[126]

Тынчтыкты орнотуучулук, эгер кааласаңар, БУУнун Уставынын бош жерлеринде пайда болгон. Белгилүү тамашада айтылгандай, тынчтыкты орнотуучулук БУУнун Уставынын 61/2-беренеси аркылуу – Жөнгө салуу боюнча кеңештин процедуралары жөнүндө ченемдер менен күчтүү жайылтуу боюнча процедуралар жөнүндөгү чечимдердин ортосунда пайда болгон (мага студенттерим келип, бул беренени таппай жатабыз дешкенде, мен ал майда тамга менен басылган деп жооп берем). Тынчтыкты орнотуучулуктун функциялары чектелүү болот деп болжонгон. Ал касташып жаткан күчтөрдүн тынчтык келишимдерин же ок атууларды токтотуу келишимдерин бузуусуна бөгөт коюу үчүн түзүлгөн куралдуу байкоочу күч, өзүнчө бир орток позициядагы буфер катары ойлонулган. Бирок тынчтыкты орнотуу аракетине чет өлкөдө атайын формачан адамдарга байкоо жүргүзүүчү аз сандагы аскерлер болчу. Тынчтыкты орнотуучулар элдешүү жөнүндө макулдашышкан тараптарды бири-биринен алыс кармап, чек арадагы түнкү кол салуулар менен кагылышууларда майда провокацияларга бөгөт коё алышкан. Орток маанайдагы байкоочулардын чек арада болушу ажыратып-бөлүүнү бир топ жеңилдеткен. Бул тараптарга ар түнү бири-бири менен «алектенбөөгө» мүмкүнчүлүк берген.

Марак Гулдинг мырза менен Сэр Брайан Уркугляд мырза сыяктуу БУУнун улуу урматтуу өкүлдөрүнүн пикири боюнча тынчтыкты орнотуучулукка карата классикалык көз караш жана эмне үчүн Уюм Боснияга кирбеши керектигинин айрым адамдар кызуу ырастап жаткан себеби тынчтыкты орнотуучу аскерлердин кириши үчүн жок дегенде 34 шарт болушу керек. Биринчиси, тынчтыкты орнотуучулардын болушуна, алардын миссиясынын башынан аягына чейин,

[126] Ruth Wedgwood. United Nations Peacekeeping Operations and the Use of Force, 5 Washington University Journal of Law & Policy 69 (2001).

тараптардын макулдугу. Экинчиси, күчтү эң аз өлчөмдө, болгондо да өзүн коргоо учурда гана колдонуу жана үчүнчү шарты, тынчтыкты орнотуучу күчтөрдү киргизүү чыр-чатактын жүрүшүн өзгөртүү аракетине айланбашы керек.

[...]

Мүмкүн, философиялык себеп менен же саясий жеңил ойлулуктун себебинен БУУ жана анын катышуучулары көп жолу күчтү акыл-эстүүлүк менен жайылтуу натыйжалуу болушу мүмкүн болгон кырдаалдарда күчтү колдонууну каалабагандыгын көрсөтүшкөн. Бул көп учурда катышуучу өлкөлөрдүн өз күчтөрүн коопту абалга калтырууну каалабагандыктары менен түшүндүрүлгөн. О.э. күчтү жайылтуудан баш тартуу чыр-чатактын бир тарабына жашыруун түрдө артыкчылык мамиле кылуунун белгиси да болушу мүмкүн. Бирок ошол эле учурда бул БУУнун ичиндеги зомбулук көрсөтпөө маанайы, о.э. эл аралык коомчулукта коргонуч күчүн колдонуу зарылчылыгы тууралуу мурдатан келе жаткан күмөн саноолор менен да түшүндүрүлүшү ыктымал. Мүмкүн бул эл аралык уюмдун көп кырдуу, татаал табияты өлкөлөр өзүлөрүнүн жашоосун коргоо үчүн жасаган моралдык жактан талаштуу тандоолоруна туруштук бере албай тургандыгына болгон ишеним[127]. Ошентип, БУУнун күчтөрү Босниянын жерине абдан чектелген ыйгарым укуктары менен кирген. Алардын милдети: Азыктүлүк жеткирүү жана гуманитардык жардам көрсөтүү болчу.

[...]

Тынчтыкты орнотуучулуктун чыныгы сабагы Уставдын 6 жана 7-бөлүктөрүн ажыратып бөлүү идеясынын мүмкүн эместиги болду. Тынчтыкту орнотуучулук куралдуу аскердин жардамы менен тынчтыкты камсыз кылуудан ажыратылышы мүмкүн эмес. Көп сандаган жагдайлар жагымсыз абалга келет, алар келечекте кандайча өзгөрүп-өрчүүрүн алдын ала айтуу дайыма эле мүмкүн боло бербейт. Көп учурда БУУга арналган «Пауэл-Вайнбергердин» доктринасы талап кылынат. Анын мааниси – жооп берүүгө жөндөмдүүлүк – кызматташтыктын эң мыкты кепилдиги деген ишенимде чоң күч менен кирүүнү каалагандык. БУУнун эл аралык табияты жарандык чыр-чатактарда

[127] Аскер күчү акыл-эстүүлүк менен колдонулушу мүмкүн болбогон айрым учурларда, бул эл аралык коомчулуктуэкономикаылк санкция сыяктуу мажбурлоонун башка түрлөрүн колдонууга аргасыз кылат. Бул , калкка бир топ катуу таасир кылышы мүмкүн экендигин Гаити менен Ирактын тажырыйбасынан көрүнүүгө болот.

аскерлерди токтотуу үчүн жетиштүү деген – бул жалган ишенич жана ал көп учурда трагедияга айланат.

Жамааттык коопсуздук максатында күч колдонуу жана 20-кылымдын акырындагы тынчтыкты орнотуучулук, Нурилла Ямали[128]

Биринчи тынчтыкты орнотуу операциясынын демилгечиси БУУнун мурдагы Башкы катчысы Даг Хаммарскёльд болгон. Ал аларды «Алтынчы жарым (6\2) беренеси» деп сүрөттөгөн[129]. Албетте тынчтыкты орнотуу операциялары тынчтык жолу менен чечүү же күч колдонуу деп аныкталышы мүмкүн эмес. Окумуштуу Кокс «БУУнун тынчтыкты орнотуу боюнча операциялары бул уюмдун Уставынын 1-беренесинин «кенен ыйгарым» укуктары болуп эсептелет»[130] деп билдирет. Сөзмө сөз айтканда БУУнун Уставында тынчтыкты орнотуучулуктун эң башкы максаты «эл аралык тынчтыкты жана коопсуздукту колдоо, акыр аягында, тынчтыкка карата коркунучтун алдын алуу жана четтетүү боюнча натыйжалуу жамааттык чараларды көрүү» болуп эсептелет.

Бул жоболорго ылайык, БУУга эл аралык тынчтыкты жана коопсуздукту колдоо үчүн күндөлүк шартта таасирдүү чараларды көрүү укугу ыйгарылган. өзүнүн «Айрым кемчиликтер жөнүндө» кеңешүүчүлүк бүтүмүндө БУУнун ЭС алардын конституциялуулугу жөнүндө суроого тиешелүү көз карашты кабыл алган.

[...]

Андан тышкары, тынчтыкты орнотуучулук операциялары алардын конституциялык, фундаменталдык үч принципке негизделген. Биринчи принцип, тынчтыкты орнотуучу күчтөр мамлекеттин ичинде жайгашуусу жана болушу үчүн юридикалык негиз жөнүндө маселенин чечилишин билдирет. Тынчтыкты орнотуучу күчтөрдүн жайгашуусу жана болушу мамлекеттин уруксатын талап кылат, болбосо бул БУУнун Уставынын 2 (7)-беренесин бузгандык болот. Аталган берене улуттук мыйзамдардын үстөмдүгү астында туруучу өлкөнүн ишине БУУнун

---

[128] E-journal of Ministry of Justice, Turkey.http://www.justice.gov.tr/e-journal/pdf/LW7042.pdf (автордун уруксаты менен алынып басылды).

[129] Amy E. Eckert, Comment, "United Nations Peacekeeping in Collapsed States", 5 J. Int'l L. & Prac. 273, 282-84 (1996).

[130] Katherine E. Cox, "Beyond Self-Defense: United Nations Peacekeeping Operations and the Use of Force",(1999) 27 Denv. J. Int'l L. & Pol'y 239.

кийлигишүүсүнө жол бербейт [башка шилтемелер алып салынды]. БУ-Унун тынчтыкты орнотуучулук миссия «өтө калыс [131] болушу керек...

Тынчтыкты орнотуучулук операциялардын негизги принциптеринин акыркысы күчтү өзүн коргоо максатында гана колдонуу болуп эсептелет. Тынчтыкты орнотуучулук операцияларында пайдаланылуучу күчтүн эки аспекти бар, биринчиси күчтү мүмкүн болушунча аз колдонууга, ал эми экинчиси күчтү өзүн коргоо максатында колдонууга таянат[132]. «Күчтү өзүн коргоодон башка учурларда колдонулушуна» жетишерлик деңгээлдеги айкын аныктама БУУнун өзгөчө куралдуу күчтөрү жөнүндө иште берилген: «Операциягак катышуучулар күч колдонуу демилгесин эч качан көтөрмөлөөрү керек, бирок куралдуу соккуларга анын ичинде Ассамблеянынын атынан жана анын резолюцияларынын алкагында иш-аракет кылуучу Командирдин буйругуна ылайык жайгашкан орундарынан чыгаруу үчүн күч колдонуу аракеттерине күч менен жооп берүүгө укуктуу»[133]. Бул аныктамада куралдуу күчтү колдонуу демилгесин көтөрүү негизги пункт эмес. Слоан бул чектөөнү тынчтыкты орнотуучулук менен аскерлердин жардамы аркылуу тынчтыкты камсыз кылуунун ортосундагы айырмачылык катары сүрөттөйт[134].

Алдын ала коргонуу

Каролинанын иши: Азыркы эл аралык укукта алдын ала коргонуу, Луис Филипп Руллард[135]

Каролинанын окуясы деп жогорку Канадада, Британиялык доминиондун провинциясындагы козголоң учурунда революциялык максаттарда колдонулган кеменин атынан аталган. Азыркы учурда бул провинция Онтарио деп аталат. Козголоң 1837-жылы кызмат ор-

---

[131] Вайзман Х. Эл аралык мааниде тынчтыкты орнотуучулук//БУУ жана Тынчтыкты орнотуучулук: натыйжалар, чект==л=р жана келечеги. Эл аралык тынчтык академиясы, - Нью-Йорк, 1990, 32-б.

[132] Murphy, R., "United Nations Peacekeeping in Lebanon and Somalia, and the Use of Force" (2003) 8 J.Conflict&Security L. 71.

[133] It is quoted in Sloan, J., " The Use of Offensive Force in U.N. Peacekeeping: A Cycle of Boom and Bust?" (2007) Hastings Int'l&Comp. L. Rev. 385.

[134] Ibid.

[135] Miskolc Journal of International Law. http://www.uni-miskolc.hu/~wwwdrint/mjil. htm. Автордун уруксаты менен басылды. [Цитаталар алынган жок].

дуна таныштыгына жараша коюуга негизделген саясий системанын себебинен келип чыгып, жогорку да, төмөнкү да Канаданы кучагына алган. Козголоң Британия бийлиги канадалык калктын арыздарына кайдыгер карагандыгынан, о.э. британиялык падышачылыктын тирешүүчүлүк мамилесинен болгон. Квебектин тургундары демократиялык жана улуттук маселелерди көтөрүп жаткан учурда, козголоң өкүлчүлдүк эмес системага жана таанаштык менен колдоочулукка каршы багытталган. Төмөнкү Канададагы козголоң жайдын аягында бүткөн, ал эми Жогорку Канадада 1837-жылдын декабрына чейин дүрбөлөң уланып турган. Анда козголоңчулардын калгандары козголоңду улантуу үчүн Баффалодон (Нью-Йорк) колдоо издеп, АКШга жөнөшкөн. Улуу Британия менен Кошма Штаттарынын ортосундагы тынчтыкка коркунуч туулгандыгы жөнүндө Америка бийлигине белгилүү болгон. Вермонттун, Мичигандын жана Нью-Йорктун жергиликтүү прокурорлоруна нускамалар берилип, анда АКШнын эл аралык милдеттемелерин сыйлап жана башка өлкөнүн ички иштерине кийлигишпөө жөнүндө президенттин ниети билдирилген.

1837-жылдын 13-декабрында козголоңчу Маккензи козголоңду колдоо манифестин чыгарып, анда жалданган америкалыктарды жогорку Канаданы ээлеп алууга жардам кылууга чакырган. Штаб Британия падышачылыгынын карамагындагы кичинекей Нави аралында жайгашкан. Бул арал Канада жана АКШ жээктеринин ортосунда жайгашкан. Толкундоолор Британия тараптын көңүлүн буруп, жогорку Канаданын губернатору Нью-Йорк штатынын губернаторуна учурдагы абал жөнүндө кабарлоо үчүн билдирүү жиберген. Жооп келген эмес. 1837-жылдын 13-28 декабрь аралыгында 300дөн ашык киши америкалык «генерал» Ван Фрауселардын кол башчылыгы алдында куралдандырылып, Нави аралына канадалык козголоңчулардын штабына жөнөтүлгөн 1837-жылдын 29-декабрына карата козголоңчулардын катарын 1000ге жакын куралдуу кишилер түзгөн. Козголоңчулар Америка жээктеринен Нави аралынын жээктерине күндүзгү саат 3төн күүгүм киргенге чейин кеменин үзгүлтүксүз жүрүп турушунун эсебинен күчтөндүрүлгөн. Кеме кайсы максатта пайдаланылып жаткандыгын байкаган Чипевадагы британиялык күчтөрдү башкаруучу полковник Аллан Напир МакНаб «Каролинаны» кыйратуу Навиге жөнөтүлүп жаткан курал-күчтөрдү токтотуп, козголоңчуларды басып алуу каражатынан кол жуудурат деген чечимге келген. Ал ушул максактты ишке ашырууга жөнөтүлгөн экспедицияны куралдандырган. «Каролинанын» капитаны берген көрсөтмөлөрүнө караганда, кеме Шлоссер фортунда түнкү убакытка токтотулган жана анын ичинде он офицер бар болчу,

о.э. жакынкы тавернадан орун таба албаган 23 америкалык түнөккө суранып киришкен болчу. Түн ортосуна жакын 70-80 чамасындагы кайык менен келген топ «Каролинаны» абордажга алып, мушкет, кылыч, канжарларды колдонуу менен кол сала башташкан. Кеме бардык тарабынан курчалып алынгандыктан, экипаж качып кетүүдөн башка арга тапкан эмес. Басылып алынган кеме Британиянын күчтөрүнүн ээлигине өткөн. кемени өрттөп, Ниагара шаркыратмасын көздөй агызып жиберишкен, ал жерден кеме чөгүп кеткен. Жыйырма адам өлтүрүлүп жана дайынсыз жоголгон. Иликтөө көрсөткөндөй, бул полковник МакНабдын буйругу менен иш-аракет кылган капитан Эндрю Дрюнун кол башчылыгы алдындагы 45 адамдан турган күч (Падышалык деңиз жөө аскери) болчу, алар 5 кайык менен келишкен. Алар кемени өрттөп суунун агымы менен коё беришкен. Алгачкы маалыматтарга каршы, ал түнү 12 адам эмес 2 адам курман болгон. Бул портто башына тийген октон каза болгон Амос Дюрфи жана «Кичинекей Билли» деген ат менен белгилүү болгон юнга, аны «Каролина» кемесинен качып баратканда атып өлтүрүшкөн. Эки адам: Американын 20 жашар жараны жана канадалык качкын туткунга алынган. Экөөнү тең коё беришип, америкалыкка АКШга барганга жол киресин беришкен, ал эми канадалык болсо Чипевада камакта отургандан кийин бошотулган.

1838-жылдын 5-январында президент Ван Бюрен конгресске кат жиберген. Анда АКШнын аймагында турган америкалык жарандардын же тараптардын мыйзамсыз аракеттеринин аркасында коңшу мамлекет келтирген зыянды болтурбоого ыйгарым укук берүүнү суранган. Генерал Скотт Нью-Йорк менен Вермонттун губернаторлоруна элдик кол топтоо жөнүндө чакырык билдирилген кат менен чек арага жөнөтүлгөн. Козголоңчулар чачыратылып жиберилген, бирок айрымдары «Аңчылардын үйлөрү» деп аталган жашыруун топтордо мурдагыдай эле күрөштөрүн улантышкан. Бул 1838-жылы Канадада дагы бир кыска мөөнөттүү козголоңго алып келген. Ал тез жана өтө катуу басылган. Канададагы бул көтөрүлүштөрдүн натыйжасы Канаданын эки бөлүгүн бир Доминионго бириктирүү болгон. Бул француз канадалыктар тараптан жаңы козголоңдун болуп кетүү мүмкүнчүлүгүн төмөндөтүү аракети болгон. Болгон окуянын факттары эки адамдын өлүмүнө таасир кылган-кылбагандыгын кароодон сырткары, бул жагдайлар алдын ала коргонуу концепциясынын маанилүү маселелерин козгойт.

Иштин өзүнө тиешелүү юридикалык талаш 1838-жылы 5-январда Форсит штатынын америкалык катчысы Британиянын Вашингтондогу министри Фоксктун дарегине жиберген нотасынан башталган. өз нотасында катчы болгон окуяга өкүнгөндүгүн билдирип жана бул ин-

цидент компенсация талап кылууга негиз боло албайт деп эскерткен. Фокс ырза өзүнүн 1838-жылдын 6-февралындагы жообунда британиялык күчтөрдүн иш-аракеттерин актоого үч себепти белгилеген: 1) кеменин талап-тоноочулук мүнөзү, 2) Кошмо Штаттарынын салттык мыйзамдары өз убагында сакталбаган жана козголоңчулар тарабынан ачык бузулган факты, 3) өзүн коргоо жана сактап калуу укуктары. Американын өкмөтүнө берилген бул кескин жооп Британия бийлигинин анча олуттуу эмес мамилесин көрсөттү. Иштин мындай абалы падышалык юристтерди тез жооп берүүгө мажбур кылмак, бирок британ бийлиги өзүлөрүнүн укук бузгандыгын моюнга алышкан эмес. Америка өкмөтүн бул канааттандырган жок жана АКШнын Лондондогу элчиси Стивенсон бул маселени Британиянын Чет элдик катчысы лорд Палмерстондун алдына койгон. Иш падышалыктын юристтери тарабынан каралган. Бирок алардын 1838-жылдын 25-мартындагы бүтүмү жана ошол эле жылдын 21-февралындагы толуктоосу алар окуянын болгонуна өкүнөрүн, бирок Улуу Британиянын иш-аракеттери келечек үчүн зарыл болгон жана өткөндөгүлөр үчүн өч алуу эмес экендигин билдирген. Ошентип, алар британ күчтөрүнүн аракеттери аталган жагдайларда эл аралык укук тарабынан акталышы мүмкүн деп болжошот. Эки тарап тең аргументтер менен эскертүүлөрдү келтиришкен, бирок бул талаштын канааттандырарлык чечилишине алып келген жок. Эки мамлекеттин ортосундагы мамилелер катаал бойдон сакталып турган учурда Баффалонун жергиликтүү калкы өз алуу ниетин көздөгөн жана чыр-чатактын келип чыгышы мүмкүн болгон. О.э. иште британиялык жарандардын катышкандыгы да аныкталган. Бул күнөөлөө боюнча Кристи аттуу киши кармалган. Бул окуя 1838-жылы 23-августта болгон. Падышачылыктын адвокаты өзүнүн 1838-жылдын 6-ноябрындагы катында британиялык министр Фокско кеңеш берүү менен ишти кармап калган. Аталган катта ал Кристинин иш-аракети жогору турган адамдардын буйруктарын аткарган кызматкердин иш-аракети болчу. Ошондуктан Кристи мырза бул иш-аракеттерди жасагандыгына карабастан, ал үчүн жоопко тартылышы мүмкүн эмес деп көрсөткөн.

Ушундан соң 1840-жылы 12-ноябрда шерифтин Александр МакЛеод аттуу канадалык жардамчысы «Каролина» Льюистон аркылуу өтүп бара жаткандагы окуяга катышкам деп мактанган. Бул ойлонулбаган сөздөрү үчүн аны америкалык бийлик дароо кармап, Амос Дюрфини өлтүргөн жана кемени өрттөгөн деген күнөө коюшкан.

1840-жылы 13-декабрда Фокс өзүнүн Форситке жиберген катында Кристинин иши чечүүгө негиз болгон принциптерди эскерткен. Форсит МакЛеод Нью-Йорк штатынын бийлиги тарабынан камакка алын-

гандыгын жана ошол себептен федералдык өкмөт тарабынан штаттын юрисдикциясы бузулду деген ылайык келбей тургандыгын жоопкылган.

Президент Ван Бюрен Нью-Йорк штатынын мурдагы губернатору болгондугун жана Фок менен Форсит өз ара кат жазышып жаткан мезгилде кайра шайлануу үчүн күрөшүп жаткандыгын белгилей кетүү маанилүү. 1841-жылы өкмөт алмашып, МакЛеодду бошотуу үчүн ыңгайлуу шарт түзүлгөндүгүн сезген Фокс штаттын жаңы катчысы Даниэль Вебстерден ишти карап коюуну суранган. Албетте Вебстердин администрациясы АКШнын конституциясы юрисдикция маселелерин так жөнгө салат, Федералдык өкмөт эл аралык мамилелер менен алектенет, натыйжада чет элдик жаранды бошотуп алуу үчүн штаттын мыйзамдарын колдонуу эң орундуу болот деген пикирди карманган. Вебстер 1841-жылы 15-мартта өкмөттүн атынан иш-аракет кылган чет элдик жаран өз жасагандары үчүн жекече жооп бере албайт деп Америка өкмөтү эсептейт деген жоопту берген. Бул принцип кылмыш жаза иштерине да, жарандык иштерине да карата колдонулат. Ошентсе да, МакЛеодду бошотуудагы акыркы тоскоолдук сот процесси болгон. Себеби МакЛеод юридикалык процесс аркылуу күнөөлөнүп, эркинен ажыратылгандыктан, ал ошол эле жол менен бошотулушу мүмкүн болчу. Бул ал прокурордун катышуусуз сот алдына турушу керек дегенди билдирген. Вебстер катты Фокко 1841-жылы 24-апрелде жиберип, анда Улуу Британиянын мыйзамдары процесстин каалаган баскычында прокурордун катышуусуна уруксат кылары, ал эми АКШнын мыйзамдары мындай катышууга сот отурумдарынын учурунда гана мүмкүнчүлүк берерин түшүндүргөн.

Бул Фокстун чоң нааразычылыгын туудурган, себеби ал МакЛеоддун күнөөсүздүгүн эмес, анын үстүнөн сот болушу керектигин көрсөткөн. Бирок Нью-Йорктун жогорку соту прокурордун катышуусуна уруксат берген эмес, о.э. сотко алып келүү жөнүндө буйрук чыгаруудан да баш тарткан. Акыйкат сотун ишке ашыруунун жалгыз жолу катары сот иштин присяждык отурумчулардын угушун тааныган. «Эл МакЛеодго каршы» деген угууда МакЛеоддун катышкандыгы жөнүндө бир ба далил келтирилген эмес. Ал 1841-жылдын октябрында бошотулган.

МакЛеодду бошотуунун узакка создуктурулушу жана Улуу Британиянын Түндүк Американын коңшулары менен мамилелеринин дагы эле солгун болушу, аны эки маселе боюнча сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү үчүн атайын министр Александр Барингди Вашингтонго жиберүүгө аргасыз кылган. Сүйлөшүүлөрдүн жүрүшүндө Баринг менен Вебстер өз ара алмашкан каттар алдын ала коргонуунун негиздерин түзгөн.

Биринчи эскерүү 1842-жылдын 27-июлундагы катта пайда болуп, анда Вебстер кийлигишпөөчүлүк принциби жагымдуу мааниге ээ жана жөнөкөй орток мамиле АКШнын өкмөтү үчүн жетишсиз, ошондуктан ал Улуу Британиянын Түндүк Америка аймагындагы провинцияларында зыян тартууларын жоюуга аргасыз болду деп ырастайт. Вебстердин көз карашы төмөнкүчө: АКШ өзүнүн эл аралык милдеттемелерин ак ниеттик менен аткаргандыктан, Улуу Британиянын иш-аракеттери, эгерде «өзүн коргоо зарылчылыгы токтоосуз, акыркы чара, башка арга жок жана ой жүгүртүүгө убакыт калтырбаган болсо», акталыш керек болчу. О.э. Улуу Британия АКШнын аймагына кирүү зарылдыгын болжогон Канаданын жергиликтүү бийликтегилери туура эмес жана ашык эч нерсе кылбагандыгын көрсөтүүлөрү керек болчу. өзүн коргоо менен акталуучу иш-аракет ушул зарылчылык менен чектелип жана анын алкагынан эч чыкпашы керек. «Каролинанын» бортундагы адамдарга эскертүү берүү максатка ылайык эмес жана курулай аракет болмок, о.э. кол салган тарап күндүзгү убакытты күтө албагандыктары далилдениши керек болчу. Ал жерде күнөөлүлөрдү да, күнөөсүздөрдү да дискриминациялоо аракет жасалбагандыгына, кемени жөн гана токтотуп жана кармоо мүмкүн болбогондугуна, бирок ага жээкте токтоп турган мезгилде, куралсыз адамдар бортто уктап жатканда, түн ичинде кол салууга эч алмашкыс жана олуттуу зарылчылык болгондугуна далил келтирүү керек болгон.

Бирин өлтүрүп, экинчилерин жарадар кылып, андан кийин кемеде өлүүбү, тирүүбү күнөөсүз адамдардын бар-жогун ойлобой, аны өрттөп, анан суунун агымы менен коё берүү – мунун баары зарылчылыктан жасалгандыгы далилдениши керек».

Эшбёртон бул шарттарын баарын далилдей албастыгына Вебстердин бекем ишенгендиги айкын. Ошондуктан ал Улуу Британия тараптан компенсация төлөнүшүнө ниет кылган. Бирок Эшбёртондон өтө тапкычтык менен берилген жооп келген. Эшбёртон ишке карата колдонууга боло турган эл аралык укуктун жалпы принциптери катары Вебстер көрсөткөн шарттарды моюнга алган. Ал мамлекеттер ортосундагы тынчтыкты жана тартипти колдоо максатында көз карандысыз мамлекеттин аймагын бузууга болбой тургандыгына толук макулдугун билдирген. Ошентсе да, өтө сейрек практикалар боло тургандыгын, андай практика АКШда да кездешерин, ошондуктан бул принциптен четтөөлөр боло тургандыгын кошумчалаган. Эшбёртон мындай четтөөлөргө убакыттын тардыгынан жана өтө зарылчылыктын себебинен ошол зарылчылыктын алкагында өзүн коргоо укугу колдонула тургандыгын киргизген. Бирок Эшбёртон чек араны бузуу менен «Каролинанын» ишинин ортосундагы айырмачылыкты белгилеп көрсөткөн. Ал сиз куугунтукка

алууга мыйзамдуу укугуңуз жок жерде турган адамдын колунда куралы бар жана ал сизди атып ок тийгизе алгыдай алыстыкта турат деген мисалды келтирген. Андан соң Эшбёртон кимдир бирөө жардам сурап кайрылып, бирок эч ким жооп бербесе, ал канчага чейин күтө алат деген суроону берет. Муну менен Эшбёртон Канададагы козголоңго америкалыктардын катышуусуна жол бербөөгө карата АКШнын жасаган аракеттерин белгилеп, алардын натыйжасыз болгондугун баса белгилейт. Андан ары Эшбёртон окуялар боюнча өз версиясына кемени алгач Нави аралынын жанында Британиянын сууларында кармоого жасалган аракеттерди кошот. Анын пикири боюнча, бийликтегилер операцияны Америка тарапта жүргүзөлү деп ойлогон эмес, окуянын мындайча болгондугунун себеби, козголоңдун башчыларынын буйруктары аткарылган эмес жана кеме Склоссердин жанында токтоп турган. О.э. Эшбёртон ойлонууга убакыттын болбогондугун ж.б. түшүндүрөт.

Вебстер 1842-жылдын 6-августунда жооп берген. Ал өз катында кечирим суроолорго канааттангандыгын, бирок президент ага бул ишке кайрылбоону тапшыргандыгын билдирген.

«Каролина» жана «МакЛеод» иштеринин пайда болушунун натыйжасында азыркы учурда эл аралык гуманитардык укукта бар принциптер аныкталып, орнотулган. «МакЛеоддун» иши коомдук акттар менен жеке жоопкерчиликтин ажыратылып каралышын ырастаган. Эл аралык укукта күч колдонуу боюнча, «Каролинанын» иши өзүн коргоо укугун ырастаган жана, андан да маанилүүсү, алдын ала коргонуу укугун пайдалануунун критерийлерин бекиткен.

Иракка каршы күч колдонуунун мыйзамдуулугу

Юридикалык бүтүм, Писрайтстын атынан коомдук кызыкчылыкты көрсөтүүчү юристтер[136]

Киришүү жана кеңештердин кыскача баяндамасы

1. Бизге Бириккен Падышалыктын Иракка каршы күч колдонушунун мыйзамдуулугу боюнча бүтүм чыгаруп берүү жөнүндө буйрук келди. Атап айтканда төмөнкү суролор коюлган:

(1) өзүн коргоо укугун пайдалануу Иракка каршы күч колдонулушун актайбы.

[136] Rabinder Singh QC and Alison Macdonald, Matrix Chambers, Gray's Inn London. WC1R 5LN. 10 September, 2002, Перепечатано с разрешения автора.

(2) Ирак БУУнун Коопсуздук кеңешинин резолюцияларын толук же жарым жартылай аткарбагандыгы үчүн Бириккен Падышалык ага каршы күч колдонушу мүмкүн беле.

(3) Коопсуздук кеңешинин андан аркы резолюциялары талап кылынабы.

2. Кыскача биздин пикирибиз төмөнкүлөрдөн турат:

(1) Иракка каршы күч колдонуу төмөнкү шарттарда өзүн актамак:

(a) Ирак Бириккен Падышалыкка же анын союздаштарынын бирине түз кол салып, жана акыркылар Бириккен Падышалыктан жардам сураган болсо, же

(b) Ирактын Бириккен Падышалыкка же анын союздашына кол салуусу сөзсүз болмок жана күч колдонуусуз аны жоюу мүмкүн эмес болгондо; же

(c) БУУнун Коопсуздук кеңеши күч колдонууга карата айкын уруксат берген.

(2) Ирак Бириккен Падышалыкка кол салган эмес жана кандайдыр бир кол салуу сөзсүз болмок дегенге эч бир далил учурда коомчулукка келтирилген эмес.

(3) Биздин көз карашыбызда, Коопсуздук кеңешинин учурдагы резолюциялары Иракка каршы күч колдонууга уруксат бербейт.

(4) Ошентип, Бириккен Падышалыктын азыркы учурда эл аралык укук ченемдерине ылайык Иракка каршы күч колдонууга укугу жок.

Иштин жагдайы

3. Биз иштин жагдайына кыскача баяндама беришибиз керек. Кошмо Штаттары Иракка каршы күч колдонууну ачык карайт. Күч колдонуунун максаттары төмөнкүлөр болгон:

(1) Иран ээлик кылган ядролук, химиялык, биологиялык жана башка массалык жок кылуучу куралдар сакталган жайларды жок кылуу.

(2) Лидерлерди алмаштырууну ишке ашыруу. АКШ мындай иш-аракетти өзүн коргоонун алкагында алдын ала сокку уруу, куралдуу кол салууга (мында 2001-жылдын 11-сентябрында болгон кол салууга) каршы коргонуу аркылуу жооп берүү укугунун негизинде же БУУнун Коопсуздук кеңешинин жакынкы арадагы резолюцияларынын негизинде актоого болот деп эсептейт.

4. Бириккен Падышачылыктын өкмөтү учурда Иракка каршы күч колдонууда жардам көрсөтүү жөнүндө суроону карап жатат, бирок өкмөттүн билдирүүлөрүнө ылайык, эч кандай чечим кабыл алына элек. Премьер-министр 2002-жылдын 3-сентябрдагы сөзүндө ишти кийинки бир нече жума ичинде жарыялоону пландап жаткандыгын билдирген. Бул иште Иракка кол салууну актай турган далилдер пайда болот. Премьер-министр Ирак БУУнун Коопсуздук кеңешинин резолюциялары боюнча милдеттемелерди бузгандыгы жөнүндө фактка ишенип жатат жана бул, анын оюнча аскердик аракеттерди актайт.

5. Мындай чечимге алып келген жагдайлар коомго түшүнүксүз. Ирактынтын аскердик мүмкүнчүлүктөрү жана Саддам Хуссейндин ниеттери тууралуу Бириккен Падышачылыкка белгилүү маалымат коомчулук үчүн ачык эмес ...

Эл аралык укукта күч колдонуу

6. БУУнун Уставы эл аралык укукта күч колдонуунун чегин аныктап белгилейт. Дээрлик бардык мамлекеттер, анын ичинде Ирак, Америка Кошмо Штаттары жана Бириккен Падышачылык да бул Уставдын катышуучулары болуп эсептелет. Устав тынчтыкты сактоо - өзүнүн фундаменталдык максаты экендигине жана ал мүмкүн болгон бардык күч-аракеттер менен корголушу керектигине басым жасайт. Уставдын Преамбуласы «болочок муундарды согуштун запкыларынан куткаруууга», «биздин күчтөрүбүздү эл аралык тынчтыкты жана коопсуздукту колдоо үчүн бириктирүүгө» жана «куралдуу күчтөр жалпы кызыкчылыктар үчүн гана колдонулушун» камсыз кылууга умтула тургандыгын билдирет.

7. Уставдын 1-беренеси БУУнун максаттарын белгилейт жана анын биринчиси «эл аралык тычтыкты жана коопсуздукту колдоо жана бул максатта тынчтыкка карата коркунучтун алдын алып, жоюу үчүн натыйжалуу жамааттык чараларды көрүү, агрессиялык аракеттерди же тынчтыкты бузууларды акыйкаттык жана эл аралык укук принциптерине ылайык тынчтык каражаттары менен басуу, тынчтыктын бузулушуна алып келиши мүмкүн болгон эл аралык талаштарды же кырдаалдарды жөнгө салуу же чечүү» болуп эсептелет.

8. Калган жоболор ушул максатка ылайык чечмелениши керек: эл аралык келишимдер жөнүндө 1969-жылдагы Вена конвенциясынын 31-беренесин караңыз. Анда келишим предметке жана максаттарга, анын ичинде преамбуласына ылайык чечмелениши керек деп айтылган (Йоханнесбург, алардын пикиринде, Иракка курал-жарак боюнча инспекторлорду кайра жиберүү «дагы да мүмкүн»).

9. Уставда фундаменталдык эки принцип камтылган:

2 (3) «Бириккен Улуттар уюмунун бардык мүчөлөрү эл аралык тынчтыкты, коопсуздукту жана акыйкаттыкты коркунуч алдында калтырбоо үчүн, өзүлөрүнүн эл аралык талаштарын тынчтык каражаттары менен чечет»;

2 (4) «Бириккен Улуттар уюмунун бардык мүчөлөрү өзүлөрүнүн эл аралык мамилелеринде башка мамлекеттин аймактык кол тийбестигине жана саясий көз карандысыздыгына каршы күч менен коркутуу же күч колдонууга, о.э. БУУнун максаттарына шайкеш келбеген иш-аракеттерге жол беришпейт»;

10. 2 (4)-берене Эл аралык сот тарабынан эл аралык укуктун мамлекеттер алып таштай албай турган императивдик ченеми деп чечмеленген (Никарагуа АКШга каршы, (1986) ЭСтин отчёттору 14, параграф 190). 2 (4) жана 2 (3)-беренелердин таасири күч колдонуу Уставдын жоболору менен гана же БУУнун максатарына шайкеш келе турган кырдаалдарда гана жатат.

11. Устав VII бөлүмдө каралган учурларда күч колдонууга уруксат берет. 42-беренеде тынчтык жолдору Коопсуздук кеңешинин чечимдерин аткарууга мүмкүнчүлүк бербесе, анда «ал эл аралык тынчтыкты жана коопсуздукту сактоо же кайра калыбына келтирүү үчүн аба, деңиз жана жөө куралдуу күчтөрдүн жардамы менен зарыл иш-аракеттерди жасоого укуктуу» деп айтылган. Чындыгында бул башка мамлекетке каршы күч колдонуу үчүн мамлекеттерге Коопсуздук кеңешинин резолюциясы талап кылынат дегенди билдирет (төмөндө 51-беренени кара). Күч чыр-чатакты жөнгө салуунун тынчтык жолу жок болгон учурда гана колдонулушу мүмкүн. Биздин көз карашыбызда Катышуучулар кайсы бир мамлекет Коопсуздук кеңешинин резолюциясын бузду деп эсептеген учурда, күч колдонуу укугу жөнүндө 42-беренеге ылайык резолюцияны сактоо же ал мамлекетти жазалоо үчүн бир тараптуу чара көрө алышпайт. Кандай иш-аракет жасалышы керектигин Коопсуздук кеңеши чечет.

12. 51-берене мамлекеттерге өзүн коргоо укугун берет. Бул укукту 42-бereненин жоболору толуктайт. өзүн күч колдонуу аркылуу коргоо үчүн мамлекетке Коопсуздук кеңешинин резолюциясы сөзсүз талап кылынбайт, бирок өзүн коргоо укугу Коопсуздук кеңеши иш-аракет кылган шартта да болушу мүмкүн. Бул 51-бereненин мазмунунан түз келип чыгат: «Бул Устав уюмдун мүчөсүнө куралдуу кол салуу болгон учурда, Коопсуздук кеңеши эл аралык тынчтыкты жана коопсуздукту сактоо үчүн зарыл чараларды көрмөйүнчө, жекече же жама-

аттык коргонууга болгон айрып алгыс укукка эч тийбейт. өзүн коргоого укугун ишке ашырууда Уюмдун мүчөлөрү тарабынан көрүлгөн чаралар токтоосуз түрдө Коопсуздук кеңешине билдирилип, Уставга ылайык Коопсуздук кеңеши эл аралык тынчтыкты жана коопсуздукту колдоо же кайра калыбына келтирүү үчүн зарыл деп эсептеген иш-аракеттерди жасоосуна эч бир таасир кылбашы керек.

13. Күч колдонууга тыюу салуучу фундаменталдык принциптерден четтөө катары 42 жана 51-беренелер өтө кенен чечмелениши керек.

14. БУУнун Уставына ылайык, күч колдонуу мыйзамдуу боло турган эки гана учур бар:

(1) Жекече жана жамааттык коргонуу (Уставдын 51-беренесинде каралган эл аралык салттык укуктан келип чыгуучу укук).

(2) БУУнун Коопсуздук кеңешинин резолюциясынын буйрутмасы.

15. Бул бүтүмдө АКШнын күч колдонуусунун мыйзамдуулугуна эч бир аргументти карабайбыз. Биз Бириккен Падышачылыкка түз тиешелүү аргументтерди гана карайбыз.

16. Бириккен Падышачылык Ирактын кайсы бир түр кол салуусунун субъекти болбогондугун ишенимдүү айта алабыз. Кол салууга жооп кылып өзүн коргоо укугун колдонуу мүмкүн эместиги толук түшүнүктүү. Мындай укукту колдонууга жалгыз актоо катары болочоктогу кол салуудан алдын ала коргонуу болушу мүмкүн. Биз эл аралык укукта алдына ала коргонуу укугунун бар-жогун аныктайбыз.

17. БУУнун Уставынын 51-беренесинде алдын ала коргонуу жөнүндө эч нерсе айтылган эмес. Муну аныктоо үчүн, укуктун башка булактарына, анын ичинде мамлекеттердин практикасына жана кадыр-барктуу окумуштуулардын эмгектерине кайрылуу керек ...

18. Мамлекеттердин практикасы күмөндүү жана негизи алдын ала коргонуу мыйзамсыз же өтө катаал шарттарда мыйзамдуу экендигин көрсөтөт. Алдын ала коргонуу укугун пайдаланган мамлекеттер эл аралык коомчулук тарабынан сынга алынган көп мисалдар бар. Мамлекеттик практиканын мисалдары мурунку Югославия боюнча Эл аралык кылмыш жаза сотунун мурдагы президенти профессор Антонио Кассезе тарабынан сүрөттөлгөн (Оксфорд, 2001).

309-31. Мындай практиканын мисалдарынын бири Ирактын ядролук реакторолоруна Израилдин бомба таштоолоруна карата эл аралык коомчулуктун мамилеси болду. «Ирактын ядролук реакторуна Израиль

тараптан кол салуу Коопсуздук кеңешинде талкууланып жатканда, өзүн коргоо түшүнүгү боюнча Израилдин көз карашын АКШ гана ачык колдогон. Анан калса, АКШ Израилди сынга алуучу резолюцияны (487-резолюция, 1991-жыл) колдоп добуш бергенине карабастан, добуш берүүдөн кийин АКШ бул чечим Израиль чыр-чатакты чечүүнүн бардык тынчтык жолдорун колдонуп бүткөндүгү менен шартталды деп билдирген. Кеңештин бардык башка мүчөлөрү резолюциянын биринчи параграфын колдоп, добуш берүү менен Израилдин иш-аракеттерине макул эместиктерин билдиришкен. Аталган параграфта Коопсуздук кеңеши Израиль БУУнун Уставын жана эл аралык укуктун башка ченемдерин бузуп уюштурган аскердик кол салуусун сынга алат. Египет менен Мексика алдын ала коргонуу доктринасын четке кагышкан.

Алардын билдирүүлөрүнөн аталаган доктринага карата алар каршы чыккан чечмелөө бул укуктун кыянаттык менен пайдаланышына алып келет деген бүтүм айкын келип чыгат.

Британия, тескерисинче, жооп берүүдөн тайсалдабастан, Иракка кол салуу «эл аралык укукту олуттуу бузгандык» деп айткан жана кол салуу өзүн коргоо түгүл, аргасыздан коргонуу да болгон эмес деп белгилеген.

19. Кассезе «мамлекеттик практика менен Эл аралык келишимдер жөнүндө Вена конвенциясынын 31-беренесинин алкагында кунт коюп таанышып чыккандар мындай практика 51-беренени алдын ала коргонуу жагынан чечмелөө же колдонуу боюнча мамлекеттердин ортосунда макулдуктарды далилдебей тургандыгын анык түшүнүштү» деп бүтүм кылган (International Law (Oxford, 2001) at p 309).

20. Оппенгейм «алдын ала коргонуу бардык учурда эле мыйзамсыз боло бербейт. Баары иштин конкреттүү жагдайларынан, анын ичинде коркунучтун олуттуулугу менен алдын алуучу аракеттердин, эгерде ал чындап эле аргасыздан болсо, зарылчылык деңгээлине жараша болот. Кыязы, алдын ала коргонууда пропроционалдуулук жана зарылчылык талаптары башка жагдайларга караганда курч турат» деп ырастайт. (Р. Дженигс, падышачылыктын юристи жана А.Вэттс, падышачылыктын юристи, Оппенгеймдин эл аралык укугу: 9-басылышы, 1991, 41-42-б.)[137].

21. Деттер «алдын ала күч колдонуу Уставдын 2(4)- беренесинде бекитилген күчкө карата тыюу салууга туура келет. Аталган берене күч колдонууну мыйзамсыз деп карайт. Ошентип, сокку уруу коркү-

[137] It should be noted that Sir Robert Jennings was the British Judge on the ICJ and was its President.

нучу аскердик аракеттер сөзсүз болорун билдирбейт» деп ырастайт (Кэмбридж, 2000, 86-б.).

23. Акырында биз кол салуу сөзсүз түрдө жана олуттуу боло турганда гана мамлекеттер алдын ала күч колдоно алышат деген пикирге келдик. Бирок, күч колдонуу өзүн коргоону жөнгө салуучу ченемдер менен принциптерге да туура келиши керек. Муну Оппенгейм жакшы жалпылап билдирген: «Укуктун өнүгүүсү, айрыкча жакында болгон мамлекеттик практиканы эске алганда, «Каролинадагы» окуядан 150 жыл кийин, куралдуу күчтү колдонууну жана башка мамлекеттин аймагына кирип барууну камтыган иш-аракет төмөнкү шарттарда эл аралык укукта өзүн коргогондук деп акталышы мүмкүн экендигин көрсөтөт:

(a) эгерде кол салуу болсо же мамлекеттик аймакка же аскерге (мүмкүн жарандарга) каршы сөзсүз ишке аша турган коркунуч туулса;

(b) жасалган соккуга каршы коргонуу аракеттерин жасоонун курч зарылчылыгы;

(c) коргонуу аракетинин башка натыйжалуу альтернативасы жок, атап айтканда, мындай укук бузууну токтотуп же алдын алуу укугуна ээ башка мамлекет же бийлик мындай чараларды колдонбой жатат же колдоно албайт;

(d) коргонуу максатында жасалган аракет укук бузууну токтотуу же алдын алуу зарылчылыгы менен гана чектелиши керек (412-б.)

24. Алдын ала коргонууга карата бул принциптер коргонуунун башка түрлөрүнө карата да колдонулат.

Каралып жаткан иште алдын ала коргонуу өзүн актайбы?

25. Эл аралык укук өзүн коргоодо күч колдонуу укугун тааныртааныбасы айкын болбосо да, биз мындай укук бар деп эсептейбиз, бирок ал Оппенгейм көрсөткөндөй, өтө зарыл учурларда гана болот.

26. Башка өлкөлөргө карата Ирак коркунуч жараткандыгынын далилдери айкын эмес. Мүмкүн алар, жалпы коом үчүн ачык билдириле турган маалымат эместир. Бириккен Падышачылыктын өкмөтү Ирак жараткан коркунучтун деңгээлин баары бир түшүндүргөн жок, ошону менен ал бул маселе боюнча талкуунун коомчулуктун катышуусун оордотту. Түз жана токтоосуз сокку уруу болгондугун далилдөө милдети өкмөткө жүктөлгөн. Ошондой эле ал башка эч бир альтернативанын жок болгондугун да далилдеши керек. Ошол эле учурда, Ирак инспектордук органдар менен сүйлөшүүлөрдү сунуш кылып турган шартта

күч колдонуудан башка арга болбогондугун далилдөө кыйын.

27. Жогоруда айтылгандар коркунуч сөзсүз ишке ашырыла турган болушу керектигин айкын түшүндүрөт. Бирок жакындык деңгээли, биздин оюбузча, коркунучтун катуулугуна карата пропорционалдуу болушу керек. Эмнеси болсо да коркунуч өзүнүн олуттуулук деңгээли кандай экендигине карабай, далилденгидей болушу керек. Мындай далилдер азырынча жок. Бирок Бириккен Падышачылык досьени жарыкка чыгарганда айрым далилдер ачык болушу мүмкүн.

Ираста болгон согуштун дүйнөлүк укук тартибине тийгизген кесепеттери, Ноэль Кокс[138]

Алдын ала коргонуубу?

Натыйжада АКШ коалициясы 2003-жылдын мартында БУУнун Уставынын 51-беренесине жарым-жартылай таянуу менен чыгып сүйлөгөн. Коргонуу учурунда күч колдонууну актоо үчүн эл аралык укук стандарттары 1837-жылдагы окуядан башталат. Анда Британия бийлиги америкалык «Каролина» кемесин Канаданын аймагына каттоолорду жүргүзүп жаткандыгы үчүн жок кылышкан. Британиялыктар бул кол салуу коргонуу болчу деп билдиришкен. өз ара кат жазышуу аркылуу бул талаш Американын пайдасына чечилген. Американын мамлекеттик катчысы Дэниэл Вебстер коргонууга карата төмөнкү аныктама берип, аны британиялыктар кабыл алган: «токтоосуз, башка арга жок жана ойлонууга убакыт калтырбаган коргонууга карата өтө курч зарылчылык болушу керек. өзүн коргоо менен акталган аракет ошол зарылчылык менен чектелип жана анын алкагында гана болушу керек».

Эгерде Ирак АКШга жана анын союздаштарына каршы массалык жок кылуучу куралды колдонгондугуна далил жок болсо, анда АКШнын Иракка каршы 2003-жылдагы аракеттери бул талаптарга жооп бербей тургандыгы айкын. Ал эми иш ошондой болгон болсо, куралдануу боюнча БУУнун кызматкерлери ага айкын далилдерди тапкан эмес. О.э. АКШ кызматкерлеринин кийинки иликтөөлөрү да Ираста мындай куралдын болгондугуна далилдерди тийиштүү убакытта беришкен жок.

«Каролинанын» ишине чейин өзүн коргоо кадимки эле согуш аракеттерин саясий актоочулук болчу. XIX кылымдын позитивисттик эл аралык укугу акыйкат согуш менен акыйкатсыз согуштун ортосун-

[138] New Zealand Armed Forces Law Review. p.11-17. 2003 (цитаталар алынып салынган).

дагы айырмачылыкты табигый укукта четке каккан.

Аскердик агрессия жөнгө салынган эмес жана басып алуулар аймактарга ээлик кылууга мүмкүнчүлүк берген. «Каролина» агрессияны эч жойгон жок, бирок агрессивдүү согуш менен өзүн коргоодогу аскердик аракеттердин ортосундагы айырмачылыкты орноткон. өзүн коргоо чараларын көрүүгө түрткү болгон аракеттер өзүнөн өзү согуш аракети болбосо, тынчтык сакталып турат – бул ошол мезгилдеги АКШ жана 2003-жылдагы Ирак сыяктуу салыштырмалуу алсыз мамлекеттер үчүн маанилүү нерсе. Бирок Буштун доктринасы «Каролинанын» ишинде «токтоосуз, башка арга жок жана ойлонууга убакыт калтырбаган» коргонуу зарылчылыгына карата критерийлерди канааттандырарлык эмес. АКШнын президенти сөзсүз ишке ашырыла турган коркунучка жооп берүү укугун сактабайт» ал өзүн коргоо укугу кеңейтилип, ага келечектеги коркунучтарга каршы иш-аракеттердин киргизилишине далалат кылып жатат. Ошентип, тынчтык мезгили менен согуш абалынын ортосундагы айырмачылык жоюлуп жатат. өзүн коргоо укугуна БУУнун Уставына ылайык тыюу салынган деп эсептелиши керек деген көп сандагы талаш-тартышкар бар: 51-беренонин тарыхы ... бул берене өзүн коргоо тыюу салбастан, ал укукту колдошу керек деп билдирет. Андан тышкары, бул тыюу (күтүү укугусуз) түздөн-түз кол салуунун алдында пайда болушу мүмкүн болгон жагдайларга эч тиешелүү эмес. Бир да өлкөандан ары каршылык көрсөтүү мүмкүнчүлүгүн бербей турган азыркы куралдуу шартта башканын кол салышын күтүп, өз мамлекетинин болушун коркунуч алдында кармап турбайт. Ошентсе да, баары бир токтоосуздук жана башка альтернативаны колдонуу мүмкүнчүлүгү жоктугун элементтери болушу керек. «Каролинага» карата заманбап көз караш Оппенгеймдин Эл аралык укугунда сүрөттөлгөн. Укуктун өнүгүүсү, айрыкча жакында болгон мамлекеттик практиканы эске алганда, «Каролинадагы» окуядан 150 жыл кийин, куралдуу күчтү колдонууну жана башка мамлекеттин аймагына кирип барууну камтыган иш-аракет төмөнкү шарттарда эл аралык укукта өзүн коргогондук деп акталышы мүмкүн экендигин көрсөтөт:

(a) эгерде кол салуу болсо же мамлекеттик аймакка же аскерге (мүмкүн жарандарга) каршы сөзсүз ишке аша турган коркунуч туулса;

(b) жасалган соккуга каршы коргонуу аракеттерин жасоонун курч зарылчылыгы;

(c) коргонуу аракетинин башка натыйжалуу альтернативасы жок, атап айтканда, мындай укук бузууну токтотуп же алдын алуу укугуна

ээ башка мамлекет же бийлик мындай чараларды колдонбой жатат же колдоно албайт;

(d) коргонуу максатында жасалган аракет укук бузууну токтотуу же алдын алуу зарылчылыгы менен гана чектелиши керек.

Ирак бир да мамлекетке кол салган эмес. О.э. Иракты кол салуусун болтурбай коюу мүмкүн эмес эле деген далил да жок. Ошондуктан өзүн коргоо АКШнын күч колдонгондугун актабайт. АКШга кол салуу мүмкүнчүлүгү, чыныгыбы же ойлонуп табылганбы, баары бир мындай аракеттерге негиз болбойт. Андан тышкары, 51-берен БУ-Унун Коопсуздук кеңешине отчет берилишин болжойт. 51-беренени алып карабаганда да, коргонуу аркети сокуу уруу болушу мүмкүн экендиги менен гана шартталбастан, ал соккуну жасоо ниетин алдын ала коргонууда чабуулга дуушар болгон малекеттин өкмөтү билдирген болушу керек.

2-БАП

АДАМ УКУКТАРЫ

Адам укуктары деген эмне?

Адам укуктары боюнча Жогорку комиссардын башкармачылыгынын баяндамасы[139]

Адам укуктары – бул ар бир адамдын анын улутуна, жашаган жерине, жыныстыгына, улутуна, расасына, диний ишенимине, тилине жана башка бардык белгилерине карабай, ажырагыс укуктары болуп эсептелет. Бардык адамдар эч дискриминациялоосуз бирдей укуктарга ээ. Ал укуктар өз ара байланышкан, өз ара көз каранды жана бири-биринен ажыратылгыс болуп эсептелет. Адамдын жалпы укуктары келишим, эл аралык салттык укук, жалпы укуктук пинциптер түрүндө мыйзамдарда жана башка эл аралык укук булактарында бекитилип кепилденген. Адам укуктары тармагында эл аралык укук адам укуктарын негизги эркиндиктерин колдоо жана коргоо максатында иш-аракеттерди жүргүзүү милдеттерин мамлекеттерге ыйгарат.

Универсалдуулук жана ажырагыстык

Адам укуктарынын универсалдуулук принциби – адам укуктары тармагындагы эл аралык укуктун негизи. 1948-жылы адам укуктары боюнча жалпы декларациянын кабыл алынышы менен биринчи жолу өзгөчө мааниге ээ болгон бул принцип адам укуктарына тиешелүү көп сандаган эл аралык конвенцияларда, декларациялар менен резолюцияларда үзгүлтүксүз пайда боло баштаган. Мисалы, 1993-жылы Венада өткөн Адам укуктары боюнча бүткүл дүйнөлүк конференцияда адам укуктары менен негизги эркиндиктерин колдоо жана коргоо – саясий, экономикалык жана маданий системасынын өзгөчөлүгүнө карабай, мамлекеттин милдети деп белгиленген.

Ар бир мамлекет адам укуктары тармагындагы негизги келишимдердин жок дегенде бирин ратификациялаган, ал эми мамлекеттердин 80%ы мындай келишимдердин төртөөнү же андан көбүн ратификациялаган. Бул болсо тийиштүү тармакта мамлекеттер ортосундагы

[139] Office of the High Commissioner of Human Rights (OHCHR), http://www.ohchr. org/en/issues/Pages/WhatareHumanRights.aspx.

аларга укуктук милдеттемелерди жүктөй турган жана универсалдык принцибин бекемдөөчү жалпы макулдукту чагылдырат. Адам укуктары тармагындагы айрым негизги ченемдер эл аралык салттык укук тарабынан бекитилген.

Адам укуктары ажыратлыгыс болуп эсептелет. Эң сейрек учурларды жана талаптагыдай укуктук процедурага ылайык ишке ашырылышы керек болгон өтө сейрек учурларды эске албаганда, адамды анын укуктарынан ажыратууга болбойт. Мисалы, эркиндик укугун, эгерде адам сот аркылуу кылмышкер деп таанылса, чектелиши мүмкүн.

Өз ара көз карандылык жана бири-биринен ажыратылгыстык

Адамдын бардык укуктары жалпы бир бүтүндүктү түзүп, жарандыкпы же саясийби бардык укуктар бири-бири менен байланышкан жана өз ара көз каранды. Мисалы, жашоо укугу, мыйзам алдында теңдештик же өз оюн билдирүү эркиндиги; эмгеккке, коомдук коопсуздукка жана билимге карата же жамааттыкукук сыяктуу экономикалык, социалдык жана маданий укуктары же өрчүү жана өзүн өзү аныктап-тануу укугу ж.б.

Бир укукту сактоодогу прогресс экинчи укукту сактоодогу прогресске өбөлгө болот. Кайсы бир укукту сактабоо да башка укуктардын ишке ашырылышына ошондой эле таасир кылат.

Теңдештик жана дискриминациялабоо принциби

Дискриминациялабоо принциби – адам укуктары боюнча эл аралык укуктагы бардык нерсени кучагына алуучу принцип. Ал адам укуктарына тиешелүү бардык негизги келишимдерде бар жана адам укуктары боюнча айрым эл аралык конференциялардын негизги темасы болуп эсептелет. Мисалы, Расалык дискриминациянын бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө конвенция жана Аялдарга карата дискриминациянын бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө конвенция.

Дискриминациялабоо принциби ар бир адамга карата колдонулат жана адамдын бардык укуктары менен эркиндиктерине тиешелүү болуп, анын эч бир – расалык, жыныстык, терисинин түсү ж.б. белгиси боюнча дискриминациялоого жол бербейт.

Дискриминациялабоо принциби теңдештик принциби менен толукталат. Бул Адам укуктарынын жалпы декларациясынын 1-беренесинде «Бардык адамдар эркин жана өзүнүн кадыр-баркы жана укугу жагынан тең болуп жаралат» деп бекитилген.

Укуктар жана милдеттер

Адам укуктарын таануу ал укуктарды ишке ашырууну гана эмес, белгилүү бир милдеттерди аткарууну да түшүндүрөт. Эл аралык укукка ылайык мамлекеттер адам укуктарын сыйлоо, коргоо жана аткаруу боюнча милдеттемелерди алышат. Адам укуктарын сыйлоо адам укуктарынын ишке ашырылышына мамлекеттин кийлигишпөөсүн жана ал укуктарды чектебөөсүн билдирет. Адам укуктарын коргоо боюнча милдеттемелер мамлекеттен укук бузууларга жол бербөөнү талап кылат. Адам укуктарын аткаруу негизги адам укуктарынын тоскоолдуксуз ишке ашырылышын камсыз кылууга мамлекетти милдеттендирет. Жекече деңгээлде ар бир адам башкалардын укуктарын сыйлашы керек.

Адам укуктары тармагында эл аралык укуктун өнүгүүсү[140]

1948-жылдын 10-декабрында БУУнун Башкы Ассамблеясы Адам укуктарынын жалпы декларациясын кабыл алышы менен адам укуктары тармагында эл аралык кыймыл күч алган. «Бардык элдер менен мамлекеттер аткарууга умтулушу керек болгон милдетти» декларация адамзаттын тарыхында биринчи жолу ар бир адам колдоно алышы керек болгон жарандык, саясий, экономикалык, социалдык жана маданий негизги укуктарды каттап көрсөткөн. Убакыттын өтүшү менен бул укуктар жалпы коомчулук тарабынан адам укуктары тармагындагы ар бир адам сактап жана коргошу керек болгон негизги ченемдер катары таанылган. Адам укуктарынын жалпы декларациясы Жарандык жана саясий укуктар жөнүндөгү эл аралык пакт, о.э. ага карата кошумча эки протокол менен жана Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө эл аралык пакт менен бирге Адам укуктары жөнүндөгү эл аралык Бильди түзөт.

Адам укуктары боюнча бир катар эл аралык келишимдер жана 1945-жылдан кийин кабыл алынган ушул сыяктуу инструменттер адам укуктарын юридикалык жактан бекемдеп жана адам укуктары боюнча эл аралык механизмдин өнүгүшүнө түрткү болду. Аймактык деңгээлде конкреттүү жерде адам укуктары тармагындагы муктажыдыктарга жооп берүүчү башка документтер кабыл алынган. Көпчүлүк мамлекеттердин конституциялары жана башка улуттук мыйзамдары өзүлөрүнө

[140] UNHCHR Web: http://www.ohchr.org/RU/ProfessionalInterest/Pages/InternationalLaw.aspx

негизги адам укуктарын киргизишкен. Адам укуктары боюнча эл аралык укуктун негиздерин эл аралык келишимдер жана салттык укук түзсө, эл аралык деңгээлде кабыл алынган декларация, колдонмолор жана принциптер укукту түшүнүүгө, колдонууга жана өнүктүрүүгө көмөк көрсөтөт. Адам укуктары сакталышы үчүн ал укуктардын эл аралык жана улуттук деңгээлде үстөмдүгүн камсыз кылуу керек.

Адам укуктары тармагында эл аралык укук мамлекеттерге белгилүү милдеттерди жүктөйт. Эл аралык келишимдердин катышуучусу болуу менен мамлекет адам укуктарын сыйлоо, коргоо жана аткаруу боюнча милдеттерди алат. Адам укуктарын сыйлоо адам укуктарынын ишке ашырылышына мамлекеттин кийлигишпөөсүн жана ал укуктарды чектебөөсүн билдирет. Адам укуктарын коргоо боюнча милдеттемелер мамлекеттен укук бузууларга жол бербөөнү талап кылат. Адам укуктарын аткаруу негизги адам укуктарынын тоскоолдуксуз ишке ашырылышын камсыз кылууга мамлекетти милдеттендирет. Адам укуктары боюнча эл аралык келишимдерди ратификациялоо менен мамлекет ички чараларды көрүүнү жана мыйзамдарды кабыл алуунун ошол келишимдерге ылайык жүргүзүүгө милдеттенет. Мамлекет аймактык жана эл аралык дэңгээлде адам укуктарынын бузулуш маселесин чече албаган учурда, жергиилктүү бийликтер адам укугун сактап, колдонуп жана аткаруусун камсыз кылууга арналган, жекече арыздарды кароо боюнча механизмдер менен процедуралар каралган.

Адам укуктары жөнүндө эл аралык билль

Факттар 12 (Rev.1)[141]

Ар бир адам баласы эркин жана өз кадыр-баркы жана укуктары жагынан тең төрөлөт. Алардын акыл-эси жана ынсабы бар, жана алар бири-бирине карата бир туугандык маанайда мамиле кылуулары керек.

АДАМ УКУКТАРЫНЫН ЖАЛПЫ ДЕКЛАРАЦИЯСЫ (1-берене), Башкы Ассамблея тарабынана 1948-жылдын 10-декабрындагы 217 А (III) резолюциясы аркылуу кабыл алынган.

Жалпы маалымат

Адам укуктары боюнча эл аралык билль Адам укуктарынын жалпы декларациясынан, Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө эл аралык пакттан, Жарандык жана саясий улуттар жөнүндө

[141] OHCHR available at: http://www.ohchr.org/Documents/Publications/ FactSheet2Rev.1en.pdf.

эл аралык пакттан жана эки факультативдик протоколдон турат.

Адам укуктары Улуттар Лигасынын Уставында да чагылдырылган, бул атап айтканда, Эл аралык эмгек уюмунун түзүлүшүнө алып келген. 1945-жылы Бириккен Улуттар Уюмунун Уставынын долбоорун иштеп чыгуу боюнча Сан-Францискодо өткөн конференцияда «Негизги адам укуктары жөнүндө декларация» кабыл алуу сунушу киргизилген, бирок бул аткарылган эмес, себеби бул маселени ошол мезгилде мүмкүн болгондон кеңенирээк кароо талап кылынган. Уставда «расалык, жыныстык, тилдик жана диний бөтөнчөлүгүнө карабай бардык адамдардын укугун сыйлоону колдоо жана өнүктүрүү» жөнүндө так айтылган (1-берен, 3-пункт). «Укуктар жөнүндө эл аралык бильди» пропагандалоо идеясы да көпчүлүк тарабынан Уставдан келип чыккан катары каралат.

Сан-Францискодогу конференция жабылгандан кийин дароо болгон БУУнун даярдоочу комиссиясы Экономикалык жана социалдык кеңешке өзүнүн биринчи сессиясында Уставдын 68-беренесинде каралгандай, адам укуктарын колдоо үчүн комиссия түзүүнү кеңеш кылган. Ага жараша Кеңеш Адам укуктары боюнча комиссияны 1946-жылдын башында түзгөн. Анын биринчи сессиясында 1946-жылы Башкы Ассамблея Адамдын негизги укуктары менен эркиндиги жөнүндө декларациянын долбоорун карап чыгып, аны «укуктар жөнүндө Эл аралык биллди кароонун жүрүшүндө ... Адам укуктары боюнча комиссияга таянууну кароо үчүн» Экономикалык жана социалдык кеңешке берген (резолюция 43 (I)). Комиссия 1947-жылы өзүнүн биринчи сессиясында өз ыйгарым укуктуу кызматкерлерине «Эл аралык биллдин алдын ала долбоору» деп өзү атаган документти түзүүнү тапшырган. Кийинчерээк бул ишти географиялык жайгашуусун эске алуу менен тандалган сегиз мамлекеттин Комиссиядагы мүчөлөрүнөн турган расмий редакциялык комитет өзүнө алган.

Жалпы декларация түзүлгөнгө чейинки тарыхы

Алгач укуктар тууралуу биллдин түрү жөнүндө ар кандай пикирлер айтылган. Редакциялык комитет эки документ даярдоону чечет: бирин декларация түрүндө. Анда адам укуктарынын жалпы принциптери менен стандарттары берилет. Экинчисин – конвенция түрүндө. Ал конкреттүү укуктарды жана алардын чектөөлөрүн аныктайт. Буга ылайык Комитет Адам укуктары боюнча комиссияга адам укуктары жөнүндө декларация менен эл аралык конвенциянын берене долбоорлорун жөнөткөн. 1947-жылы декабрда өзүнүн экинчи сессиясында бир катар даярдык документтеринде «Адам укуктары жөнүндө билль»

терминин колдонууну чечим кылган жана үч жумушчу топ түзүлгөн: бирөө декларацияны, экинчиси конвенцияны иштеп чыгууга жана үчүнчүсү аларды ишке ашырууга түзүлгөн. Комиссия декларациянын долбоорун өкмөттөрдөн алынган эскертүүлөрдү эске алуу менен 1948-жылдын май-июнь айларында болгон өзүнүн үчүнчү сессиясында кайра карап чыккан. Келишимди же ишке ашыруу жөнүндө суроолорду кароого анын убактысы болгон эмес. Ошондуктан декларация Экономикалык жана Социалдык кеңеш аркылуу Башкы Ассамбеляга Париждеги жолугушуу учурунда берилген. арыз заявление было представлено 1948-жылдын 10-декабрдагы 217 А (III) резолюциясы аркылуу Башкы Ассамблея бул долбоорлонуп жаткан документтердин биринчиси катары Адам укуктарынын жалпы декларациясын кабыл алган.

Эл аралык пакттардын түзүлүшүнүн тарыхы

Адам укуктарынын жалпы декларациясы кабыл алынган күнү эле Башкы Ассамблея Адам укуктары боюнча Комиссиядан адам укуктары жөнүндө пакттын долбоорун ишке ашыруу үчүн эң биринчи кезекте аталган долбоорду иштеп чыгууну суранган. Комиссия тексттин долбоорун мамлекеттерден алынган эскертүүлөрдү эске алуу менен 1949 жана андан кийинки жылдары карап, биринчи 18-беренке кайра каралып чыккан. 1950-жылы Башкы Ассамблея «жарандык жана саясий эркиндиктерди, о.э. экономикалык, социалдык жана маданий укуктарды ишке ашыруу өз ара байланышта жана өз ара көз каранды болуп эсептелет» деп билдирген (421 (V) резолюция, бөлүм Е). Ассамблея адам укуктары жөнүндө пактка экономикалык, социалдык жана маданий укуктарды, о.э. Уставда каралгандай эркектер менен аялдардын аралаш укуктарга карата теңдештик принцибин киргизүүнү чечкен. 1951-жылы комиссия мамлекетер менен адистештирилген мекемелердин сунуштарынын негизинде экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндөгү 14-беренени карап чыккан. О.э. ал укуктарды ишке ашыруу боюнча чаралар жөнүндө 10 беренени түзгөн. Аларга ылайык катышуучу мамлекеттер мезгил-мезгили менен доклад берип турууган милдеттендирилген. Узакка созулган талкуулардан кийин өзүнүн 6-сессиясында 1951-1952-жылдары Башкы Ассамблея Комиссияга «бири жарандык жана саясий укуктарды, бири экономикалык, социалдык жана маданий укуктарды камтыган адам укуктары боюнча эки Пакт иштеп чыгууну» тапшырган (резолюция 543 (VI), пункт 1). Ассамблея бул эки пакт мүмкүн болушунча бирдей жоболорду камтышы керектигин көрсөткөн. «бардык элдер өзүн өзү аныктоо укугуна ээ» экендигин кароочу беренени киргизүү жөнүндө

чечилген (резолюция 545 (VI)). Комиссия эки долбоорду анын 1953 жана 1954-жылдардагы 9- жана 10-сессияларына даярдаган. Башкы Ассамблея бул тексттерди өзүнүн 1954-жылдагы 9-сессиясында карап чыгып, мамлекеттер алар менен кылдат таанышуусу жана коомчулуктун пикири айкыныраак берилиши үчүн долбоорлорго кенен ачыктык мүмкүнчүлүгүн берүүнү чечкен. Ал өзүнүн үчүнчү комитетине 1955-жылдагы 10-сессиясында текстти ар бир беренеси боюнча талкууну баштоо кеңешин берген. Бул талкуу графике ылайык башталгандыгына карабастан, 1966-жылга чейин аяктаган эмес. Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө жл аралык пакт жана Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакт Башкы Ассамблея тарабынан 1966-жылдын 16-декабрындагы 2200 (XXI) резолюциясында кабыл алынган. Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактка карата 1-факультативдик протокол ошол эле резолюцияда кабыл алынган жана Пактта берилген укуктардын кайсы бирин бузуунун курманы болгондугу жөнүндө жеке адамдардын билдирүүлөрүн кароонун эл аралык жол-жоболоруна тиешелүү болгон.

Адам укуктары жөнүндө эл аралык биллдин дүйнөлүк таасири

Адам укуктары жөнүндө жалпы декларация кабыл алынган 1948-жылдан тартып, Адам укуктары жөнүндө эл аралык пакттар күчүнө кирген 1976-жылга чейин Декларация Адам укуктары жөнүндө эл аралык биллдин толук бүткөн жалгыз бөлүгү болгон.

Декларация сыяктуу эле Пакттар да кийин дүйнөнүн булуң- бурчтарындагы адамдардын жана алардын мамлекеттеринин акыл-эстери менен иш-аракеттерине олуттуу таасир көрсөттү.

1968-жылы Тегеранда болгон Адам укуктары боюнча эл аралык конференцияда декларация кабыл алынгандан кийинки 20 жылда жасалган иштерге баядама берилип, келечекке карата программа түзүлгөн. Конференцияда кабыл алынган чакырыктан төмөнкүлөр салтанаттуу билдирилген::

1. Эл аралык коомчулуктун мүчөлөрү адам укуктарын жана негизги эркиндикетрин эч бир расалык, жыныстык, тилдик, диний, саясий ж.б. айырмачылыктарына карабай колдоо жана сыйлоо боюнча өзүлөрүнүн ыйык милдеттерин аткаруулары өтө зарыл.

2. Адам укуктарынын жалпы декларациясы ар бир адамдын айрып алгыс жана бузулгус укукраты боюнча дүйнө элдеринин жалпы

макулдугун чагылдырат жана эл аралык коомчулуктун мүчөлөрү үчүн милдеттеме болуп эсептелет.

3. Жарандык жана саясий укуктар боюнча эл аралык пакт, Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар боюнча эл аралык пакт, Колониялык өлкөлөр менен элдерге көз карандысыздык берүү жөнүндө декларация, Расалык дискриминациянын бардык түрлөрүн жоюу боюнча эл аралык конвенция, о.э. адам укуктары боюнча БУУнун, адистештирилген мекемелер менен аймактык мамлекеттер аралык уюмдардын алкагында кабыл алынган башка конвенциялар менен декларациялар мамлекеттер тарабынан сакталышы керек болгон жаңы эл аралык принциптер менен милдеттемелерди бекитишти.

Ошентип, 25 жылдан ашык убакытта Адам укуктарынын жалпы декларациясы «адам укуктары боюнча бардык элдер менен өлкөлөрдүн» жетишкендиктерине карата жалпы ченегис болуп келген. Ал атак-даңкка ээ болуп, пакттардын бирине же экөөнө тең кошулган өлкөлөрдө да, аларды ратификациялабаган жана аларга кошулбаган өлкөлөрдө да кадыр-баркка жетишкен. Анын жоболору БУУнун органдары кабыл алган көп сандагы маанилүү чечимдерге негиз болгон, алар адам укуктары боюнча БУУнун системасынын алкагында да, андан сырткары да, бир катар эл аралык документтерди иштеп чыгуучуларга дем берип, көп сандаган эки тараптуу жана көп тараптуу келишимдердге олуттуу таасир көрсөттү. Андан тышкары, алар көптөгөн улуттук конституцияларды жана улуттук мыйзам топтомдорун даярдоодо негиз болгон.

Адам укуктары боюнча келишимдик органдар

Адам укуктары боюнча негизги эл аралык келишимдерге карата мониторинг[142]

Келишимдик органдардын маңызы

Адам укуктары боюнча орган болуп адам укуктарына тиешелүү эл аралык негизги келишимдердин ишке ашырылышын көзөмөлдөөчү комитеттер, атап айтканда, көз карандысыз комитеттер эсептелет.

[142] Office of the High Commissioner for Human Rights, http://www2.ohchr.org/english/bodies/treaty/index.htm.

Алар көз салышы керек болгон келишимдин жоболоруна ылайык түзүлөт.

Адам укуктары боюнча тогуз орган жана Кыйноолорду алдын алуу комитети (КАП)бар:

- Адам укуктары боюнча комитет (АУК) жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакттын (1966) жана ага карата факультативдик протоколдордун аткарылышын көзөмөлдөйт;
- Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар боюнча комитет (ЭСМУК) Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар боюнча эл аралык пакттын (1966) аткарылышын көзөмөлдөйт;
- Расалык дискриминацияны жоюу боюнча комитет (РДЖК) расалык дискриминациянын бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө эл аралык конвенциянын (1965) ишке ашырылышын көзөмөлдөйт;
- Аялдарга карата дискриминация жоюу боюнча комитет (АДЖК) аялдарга каршы дискриминациянын түрлөрүн жоюу жөнүндө эл аралык конвенциянын (1979) жана ага карата факультативдик протоколдун (1999) ишке ашырылышын көзөмөлдөйт;
- Кыйноолорго каршы комитет (ККК) Кыйноолорго жана кайрылуунун башка катуу, адамкерчиликсиз жана кадыр-барктыкемсинтүүчү түрлөрүнө каршы конвенциянын (1984) ишке ашырылышы көзөмөлдөйт;
- Баланын укуктары боюнча комитет (БУК) баланын укуктары жөнүндө конвенциянын (1989) жана ага карата факультативдик протоколдордун (2000) аткарылышын көзөмөлдөйт;
- Эмгек мигранттары боюнча комитет (ЭМК) бардык эмгек мигранттарынын жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн укуктарын коргоо жөнүндө эл аралык конвенциянын (1990) аткарылышын көзөмөлдөйт;
- Майыптардын укуктары боюнча комитет (МУК) майыптардын укуктары жөнүндө эл аралк конвенциянын (2006) аткарылышын көзөмөлдөйт;
- Зомбулук менен жоголуулар боюнча комитет (ЗЖК) Бардык адамдарды зомбулук менен жоголуудан сактоо жөнүндө эл аралык конвенциянын (2006) ишке ашырылышын көзөмлдөйт.

Ар бир келишимдик орган Женевадагы АУДКБнын адам уккутары жөнүндө келишимдер боюнча секретариаттан колдоо алат.

2007-жылдын 31-декабрына чейин Аялдардын абалын жакшыртуу боюнча комитет (ААЖБ) тарабынан колдонулуп келген АДЖК жылына бир жолу Нью-Йоркто БУУнун штаб-квартирасында чогулат. Андан тышкары, АУК адатта өз сессияларын март-апрель айларында Нью-Йоркто өткөрөт. Башка келишимдик органдар Женевада Вильсондун сарайында же Улуттар сарайында чогулат.

Келишимдик органдар кандай иштерди аткарат?

Келишимдик органдар аларды түзгөн келишимдердин жоболоруна ылайык бир катар милдеттерди аткарат. Аларга төмөнкүлөр кирет:

- катышуучу мамлекеттердин докладдарын кароо
- жекече арыздарды же билдирүүлөрдү кароо.

О.э. алар келишимдер боюнча жалпы эскертүүлөрдү түзүп, тийиштүү темалар боюнча талкууларды уюштурат.

Катышуучу мамлекеттердин докладдарын кароо

өлкө бул келишимдердин бирин ратификациялаганда, анда каралган укуктарды ишке ашыруу боюнча юридикалык милдеттерди өзүнө алат. Бирок кол коюу биринчи гана кадам, себеби укуктарды кагаз жүзүндө таануу алардын практикада ишке ашырылышын камсыз кылуу үчүн жетиштүү эмес. Алсак, өлкө аталган келишимдин алкагында түзүлгөн комитетке укуктар кандайча ишке ашырылгандыгы боюнча мониторингдик докладды үзгүлтүксүз берип туруу боюнча кошумча милдетти өзүнө алат. Адам укуктарын сактоого байкоо жүргүзүүнүн бул мониторинги БУУнун адам укуктары боюнча көпчүлүк комитеттери үчүн жалпы болуп эсептелет. Отчет берүү боюнча өз милдеттерин аткаруу үчүн мамлекеттер адатта келишимге кол койгондон бир жылдан кийин баштапкы доклад бериши керек, андан соң келишимдин жоболоруна ылайык мезгил-мезгили менен (адатта ар бир 4-5 жылда) өкмөттүн докладына кошумча келишимдик органдар өлкөдөгү адам укуктарынын абал жөнүндө маалыматты башка булактардан, анын ичинде бейөкмөт уюмдардан, БУУнун агенттеринен, өкмөттөр аралык башка уюмдардан, илимий мекемелерден жана прессадан ала алат. Бардык болгон маалыматтардын негизинде Комитет докладды өкмөттүн өкүлү менен бирге карайт. Ал талкууга жараша Комитет «тыянактык эскертүүлөр» деп аталуучу өз тынчсыздануулары менен кеңештерин жарыялайт.

Жекече арыздар менен билдирүүлөрдү кароо

Доклад берүү процедурасына кошумча келишимдик органдардын айрымдары башка үч механизмдин жардамы менен кошумча милдеттерди аткара алат. Механизмдер: иликтөө процедуралары, мамлекеттер аралык арыздарды кароо жана жекече арыздарды кароо. Комитеттердин төртөө (АУК, РДЖК, ККК жана АДЖК) белгилүү шарттарда келишимдерде каралган укуктары бузулду деп ырастаган жеке адамдардын арыздарын да кабыл ала алат.

Жалпы комментарийлер

О.э. комитет адам укуктары жөнүндө жоболордун мазмунуна карата тематикалык суроолор жана иш ыкмалары боюнча жалпы пикирлер деген аталыштагы чечмелөөлөрдү жарыялайт.

Төрагалардын кеңешмелери жана комитеттер аралык кеңешме

Келишимдик органдар өз иш-аракеттерин адам укуктары боюнча органдардын төрагаларынын кеңешмеси жана комитеттер аралык кеңешме аркылуу жөнгө салып турушат. Келишимдик органдар иш ыкмалары менен практиканы жакшыртуу жана шайкештетүүнүн эсебинен натыйжалуулукту жогорулатуунун жолдорун үзгүлтүксүз издеп келишет.

Кыргыз Республикасынын Конституциясы – адам укуктары жөнүндө жоболор

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын долбоору боюнча бүтүмдөн үзүндү (2010-жылдын 21-майында басылып чыккан редакциясы).

Венеция комиссиясынын 83-пленардык отурумунда кабыл алынган, Венеция 4-июнь, 2010-жыл[143].

[...]

Фундаменталдуу укуктар

16. Венеция комиссиясы адам укуктары боюнча эл аралык келишимдер түз таасирге ээ деп айтылган 6-берененин жобосун жактыруу менен кабыл алат. Бирок келишимдер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын ичинде иерархиялык жогорку орунда турар-тур-

[143] www.venice.coe.int CDL-AD.

басы белгисиз. О.э. келишпестик пайда болгон учурларда башка келишимдердин КРнын укуктук системасына карата таасиринин кесепеттери кандай боло тургандыгы да толук айкын эмес. КРда ратификацияланган эл аралык келишимдер кыргыз мыйзамдарына карата артыкчылык күчкө ээ дек көрсөтүлсө жакшы болмок. Жалпы эреже катары бардык ченемдер адам укуктары боюнча КРда ратификацияланган эл аралык келишимдердин алкагында чечмелене тургандыгын көрсөтүүчү жобону кабыл алуу да пайдалуу болмок.

17. Укуктар жана эркиндиктер жөнүндө бөлүм көптү үмүттөндүргөн убадалардын болушу менен мактоого татырлык. 2007-жылдагы вариантка салыштырганда, бул редакциясында жоболор тагыраак берилип, ар түрдүү укуктар бир параграфтын же подпараграфтын бөлүктөрү түрүндө бир-эки беренеде эмес, өз алдынча беренелерде көрсөтүлгөн. Конституциянын бул бөлүмүнө адам укуктарын коргоо кепилдиктеринин тизмеси киргизилген жана ал эл аралык стандарттарга толук ылайык келгидей.

Кыргыз Республикасынын Конституциясы, адам укуктары жөнүндө жоболор[144]

1. Конституция Кыргыз Республикасында жогорку юридикалык күчкө жана түз таасирге ээ.

2. Конституциянын негизинде конституциялык мыйзамдар, мыйзамдар жана башка ченем-укуктук акттар кабыл алынат.

3. Мыйзамда каралган тартипте күчүнө кирген, Кыргыз Республикасы катышуучусу болгон эл аралык келишимдер, о.э. эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптери менен ченемдери Кыргыз Республикасынын укук системасынын курамдык бөлүгүн түзөт. Адам укуктары боюнча эл аралык келишимдердин ченемдери түз таасирге жана башка эл аралык келишимдердин ченемдеринен жогору туруу артыкчылыгына ээ.

[144] 2010-жылдын 10-июнундагы референдумда кабыл алынып, 2010-жылдын 10-июлунда күчүнө кирген.

Адам укуктарынын эл аралык ченемдери

Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакт

Дискриминациялабоо принциби

2-берене

1. Бул пактка катышуучу ар бир мамлекет өзүнүн аймагынын чегинде жана анын юрисдикциясы алдында турган бардык тараптардын бул Пактта таанылган укуктарын расалык, жыныстык, тилдик, саясий, диний, улуттук, социалдык, мүлктүк, туулган жери ж.б. абалына карабай сыйлоого жана камсыз кылууга милдеттенет.

3-берене

Бул Пактка катышуучу мамлекеттер эркектер менен аялдардын анда каралган бардык жарандык жана саясий укуктарды тең пайдаланууусун камсыз кылууга милдеттенишет.

26-берене

Бардык адамдар мыйзам алдында тең жана мыйзам тарабынан эч дискриминациялоосуз бирдей колдонууга укуктуу. Бул жагынан алганда бардык түрдөгү дискриминацияга мыйзам тарабынан тыюу салынып, мыйзам ар бир адамга расалык, жыныстык, тилдик, саясий, диний, улуттук, социалдык, мүлктүк, туулган жери ж.б. кайсы белгиси жагынан болбосун дискриминацияга каршы тең жана натыйжалуу коргоону камсыз кылыш керек.

Ширин Аумеерулди-Чиффра жана башкалар Маврикия мамлекетине каршы, Адам укуктары боюнча комитеттин доклады[145]

***

1.1. Билдирүүнүн ээлери [Ширин Аумеерудди-Чиффра жана 19 маврикиялык аял] [...] 1977-жылдагы иммиграция жөнүндө мыйзамдын жана 1977-жылдагы депортация жөнүндө мыйзамдын (оңдоонун) Маврикия тарабынан кабыл алынышы Жарандык жана

[145] Shirin Aumeeruddy-Cziffra and 19 other Mauritian women v. Mauritius , Communication No. 35/1978, Human Rights Committee, U.N. Doc. CCPR/C/OP/1 at 67 (1984).

саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакттын 2, 3,4, 17, 23, 25 жана 26-беренелерине каршы маврикиялык аялдардын жыныстык белгиси жагынан дискриминациялоо, үй-бүлө курууга карата укуктарын бузуу, о.э. сот коргоосунан ажыратуу болуп эсептелет деп ырасташат. Алар божомолдонго укук бузуулардын курманы болдук деп, о.э. укуктук коргонуунун бардык ички каражаттары колдонулуп бүттү деп билдиришет.

7.1. Адам укуктары боюнча комитет өз пикирин талашсыз деп эсептелинүүчү төмөнкү факттарга негиздейт:

7.2. 1977-жылга чейин маврикиялык жарандар болуп эсептелген жубайлар Маврикияга эркин барып-келүү укугуна ээ болчу жана депортацияга каршы иммунитетти пайдаланып келишкен. Алар де-факто Маврикиянын тургундары деп аталууга укуктуу болушчу. 1977-жылдагы иммиграция жөнүндө мыйзамдын жана 1977-жылдагы депортация жөнүндө мыйзамдын (оңдоонун) күчүнө кириши бул укукту Мавритания жарандары болуп эсептелген аялдар үчүн гана калтырган. Чет элдик күйөөлөрү Мавританияда жашоого уруксат сурап Ички иштер министрине кайрылуулары керек, эгерде уруксат берилбесе, бул чечимдин үстүнөн сотко берүү укугу жок.

7.3. Кат ээлеринин ичинде 17 турмушка чыга электер. үчөө 1977-жылы чет элдик жарандар менен никеде турган жана аталган мыйзамдар күчүнө киришинин себебинен, алардын күйөөлөрү Маврикиянын тургуну деген мурдагы статустарын жоготушкан. Алардын өз жубайлары менен Маврикияда туруктуу жашоосу жогоруда аталган мыйзам тарабынан жөнгө салынып, жашоого карата убактылуу уруксат менен чектелет. Бул уруксат 1977-жылдагы депортация жөнүндө мыйзамдын (оңдоонун) 9-бөлүмүнө ылайык берилип, аны ыйгаруу көрсөтүлгөн шарттар аркылуу аныкталат, ал шарттар каалаган учурда Ички иштер министрлиги тарабынан өзгөрүлүп же алынып салынышы мүмкүн жана анын чечиминин үстүнөн арыздануууга болбойт. Андан сырткары, 1977-жылдагы депортация жөнүндө мыйзам (оңдоо) чет элдик күйөөлөр үчүн Маврикиядан каалаган убакта чыгарылып салуу коркунучун түзөт (Комитет аталган үч арыз жазуучунун гана талаптары аныкдеп эсептеген).

7.4. Ал эми чет элдик жаран менен никеде турган үч аялдын бири Аумеерудди-Чиффранын күйөөсү Маврикиянын бийлигине туруктуу жашоого уруксат сурап 3 жыл мурун кайрылган, бирок ошондон бери эч кандай расмий чечим кабыл алынган эмес. Эгерде анын

күйөөсүнүн өтүнүчү боюнча терс чечим чыгарыла турган болсо, ал эки жолдун бирин тандап, же күйөөсү менен чет мамлектте жашап жана саясий карьерасынан баш тартышы керек, же күйөөсүнөн бөлүнүп Маврикияда жашап, бул өлкөнүн мамлекеттик иштерин жүргүзүүнү улантышы керек.

8.1. Бул факттардын негизинде Комитет Маврикия аталган мыйзамдарды кабыл алуу менен, Жарандык жана саясий укуктар жөндү пактта көрсөтүлгөн укуктардын кайсы бирин билдирүүнүн ээлерине карата бузган-бузбагандыгы жөнүндө суроону карашы керек. Комитет Маврикиялык аялдардын чет элдик күйөөлөрү гана мыйзам кабыл алынганга чейинки укуктарды мурдагыдай эле пайдалана берүү үчүн жашоого уруксат сурап кайрылып, бирок маврикиялык эркектердин чет элдик аялдарын мындай уруксат сурооого милдеттендирбеген, о.э. чет элдик күйөөлөрдү гана депортациялоо коркунучу алдына койгон бул эки мыйзам Пактта көрсөтүлгөн укуктардын кайсы бирин бузар-бузбасын жана билдирүүнүн ээлери өзүлөрүн ушундай укук бузуунун курманыбыз деп ырастай алар-албасы жөнүндө Комитет чечим кабыл алышы керек.

Адам укуктары боюнча комитет, Жалпы маанидеги эскертүү №18[146]

Дискриминациялабоо

(37-сессия, 1989-жыл)

1. Дискриминациялабоо мыйзам алдында теңдештик жана бардык дискриминациялоодон мыйзам тарабынан бирдей корголуу укугу менен катар адам укуктарына тиешелүү негизги жана жалпы принципти түзөт. Алсак, жарандык жана саясий укуктар боюнча эл аралык пакттын 2-беренсинин 1-пункту ар бир катышуучу мамлекетти өзүнүн аймагынын чегинде жана анын юрисдикциясы алдында турган бардык тараптардын бул Пактта таанылган укуктарын расалык, жыныстык, тилдик, саясий, диний, улуттук, социалдык, мүлктүк, туулган жери ж.б. абалына карабай сыйлоого жана камсыз кылууга милдеттендирет. 26-берене жөн гана бардык адамдар мыйзам алдында тең жана мыйзам тарабынан эч дискриминациялоосуз бирдей колдонууга карата укугун камсыз кылбастан, бардык түрдөгү дискриминацияга мыйзам тарабынан тыюу салынып, жана мыйзам ар бир адамга расалык, жыныстык, тилдик, саясий, диний, улуттук, социал-

[146] U.N. Doc. HRI/GEN/1/Rev.6 at 146 (2003).

дык, мүлктүк, туулган жери ж.б. кайсы белгиси жагынан болбосун дискриминацияга каршы тең жана натыйжалуу коргоону камсыз кылынышын карайт.

2. Чындыгында эле, дискриминациялабоо принциби ушунчалык негиз түзүүчү болгондуктан, 3-берене ар бир мамлекетти Пактта каралган укуктарды аялдар менен эркектердин бирдей колдонушун камсыз кылууну милдеттендирет. 4-берененин 1-пунктуна ылайык, катышуучу мамлекеттер өзгөчө кырдаал учурунда Пакт боюнча айрым милдеттерди аткаруудан четтөө менен чараларды көрө ала тургандыгына карабастан, ошол эле берене мындай чаралар расалык, терисинин түсү, жыныстык, тилдик, диний же социалдык абалы боюнча өзгөчөлүктөргө негизделген дискриминацияга алып келбөөсүн талап кылат. Андан тышкары, 20-берененин 2-пунктуна ылайык, дискриминацияга түрткү берүүчү улуттук, расалык жана диний жек көрүүчүлүк аракеттерин колдоого катышуучу мамлекеттер мыйзам аркылуу тыюу салууга милдеттүү.

3. Дискриминациялабоо принцибинин, о.э. мыйзам алдында теңдештик жана мыйзам тарабынан бирдей корголуу принциптеринин негиз түзүүчү жана жалпы мүнөзүнө байланыштуу алар айрым учурларда адам укуктарынын конкреттүү категорияларына тиешелүү беренелерде түздөн-түз эскертилет. 14-берененин 1-пунктунда бардык тараптар сот жана трибуналдар алдында тең деп каралган, ал эми ошол эле берененин 3-пунктунда ар бир адам өзүнө коюлган күнөө каралып жатканда толук теңдештиктин негизинде аталган пункттун а) - g) бөлүктөрүндө аталган минималдуу кепилдиктерди пайдалануу укугуна ээ. Ошол эле сыяктуу 25-беренеде коомдук турмушта бардык жарандардын 2-беренеде эскертилгендей эч бир чектөөсүз бирдей катышууга укугу каралган.

4. Тийиштүү жоболорду ишке ашыруу үчүн кандай чаралар зарылдыгын катышуучу мамлекеттер өзүлөрү чечет. Ошону менен бирге, Комитет мындай чаралардын мүнөзү жана алардын дискриминациялабоо, мыйзам алдында теңдештик жана мыйзам тарабынан бирдей корголуу принциптерине ылайык келүүсү жөнүндө маалымат алууну каалайт.

5. Комитет айрым учурларда Пакт катышуучу мамлекеттерден тийиштүү тараптардын теңдик укугун камсыздандыруу боюнча чараларды көрүүнү айкын талап кыла тургандыгына катышуучу мамлекеттердин көңүлүн бургусу келет. Мисалы, 23-берененин 4-пунктунда катышуучу мамлекеттер жубайлар ника түзүп жаткан учур-

да, никеде турган учурда жана никени жойгон учурда жубайлардын укуктарынын теңдештигин камсыз кылуу үчүн тийиштүү кадамдарды жасашы керектиги белгиленген. Мындай кадамдар мыйзамдык, административдик же башка чаралар түрүндө болуп, ал эми катышуучу мамлекеттердин практикалык милдеттери жубайлардын укуктары чындыгында эле Пактта каралгандай тең болушун көзөмөлдөөдөн турушу керек. Балдар жөнүндө болсо 24-беренеде расалык, терисинин түсү, жыныстык, тилдик, диний же социалдык абалы боюнча өзгөчөлүктөрү боюнча эч бир дискриминациялоосуз коргоо чараларынын көрүлүшүнө жаш-курагы жете элек адам катары өз үй-бүлөсү, коом жана мамлекет камсыз кылышы керек болгон коргоого укуктуу деп каралган.

6. Комитет Пактта «дискриминация» деген түшүнүктүн аныктамасы да, эмнени дискриминация деп кароого боло тургандыгы да каралбагандыгын белгилейт.

7. Бул конвенцияларда кайсы бир белгилүү белги боюнча дискриминациялоо учурлары каралгандыгына карабастан, Комитет «дискриминация» деген сөздүн Пактта колдонулушун расалык, терисинин түсү, жыныстык, тилдик, диний же социалдык абалы боюнча өзгөчөлүктөргө негизделген жана бардык укуктар менен эркиндиктерди бирдей таанып, колдонуп же бирдей ишке ашырууну жоюу же төмөндөтүү максатын көздөгөн бардык айырмалоону, четтетүүнү, чектөөнү же артык көрүүнү түшүнүү керек деп эсептейт.

8. Бирок укуктар менен эркиндиктерди бирдей колдонуу бардык учурда бирдей мамиле кылуу дегенди билдирбейт. Буга байланыштуу Пакттын жоболору ачык-айкын болуп эсептелет. Мисалы, 6-беренениң 5-пункту 18 жашка чейинки адамдарга карата өлүм жазасы тууралуу чечим чыгарууга тыюу салат. Ошол эле пункт мындай чечимди кош бойлуу аялдарга карата аткарууга тыюу салат. Ошол эле сыяктуу 10-бereненин 3-пунктунда жаш-курагы жете элек укук бузуучуларды жаш-курагы жеткендерден ажыратуу каралган. Андан тышкары, 25-берене жарандыгына жана жаш-курагына жараша айырмалоо аркылуу белгилүү саясий укуктардын кепилдигин берет.

10. О.э. комитет теңдештик принциби айрым учурларда катышуучу мамлекеттерден пактта тыюу салынган дискриминацияга алып келүүчү же анын ишке ашырылышын колдоочу шарттарды жылмалап же жоюу максатындагы активдүү практикалык чараларды көрүүнү талап кыларын белгилегиси келет. Мисалы, калктын кайсы бир бөлүгүнүн жалпы абалы адам укуктарын пайдалануу үчүн алар-

га мүмкүнчүлүк бербей же бул жагынан аларды кемсинтип турса, мамлекет мындай абалды оңдоо үчүн конкреттүү чараларды көрүшү керек. Мындай чаралар калктын аталган бөлүгүнө калган өлүгүнө салыштырмалуу кайсы бир преференциалдуу шарттарды түзүп берүүнү болжошу мүмкүн. Ошону менен бирге мындай чаралар чындыгында болуп жаткан дискриминациялык абалды оңдоо үчүн зарыл болгон учурда мындай айырмалоо Пакт боюнча мыйзамдуу болуп эсептелет.

Жашоо укугу

Екатерина Павловна Лацова Россияга каршы, Адам укуктары боюнча комитеттин чечими, 2002[147]

***

1. Билдирүүнүн автору маркум Владимир Альбертович Ланцовдун энеси Екатерина Павловна Ланцова болот. Ланцова айым анын 1969-жылы 27-июнда төрөлгөн улуу Россия Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакттын 6-беренесинин 1-пунктун, 7-беренесин жана 10-беренесинин 1-пунктун бузгандыгынын курманы болду деп ырастайт. Анын кызыкчылыгы адвокат тарабынан корголот...

Факттар автордун айтуусунда

2.1 Ланцов мырза 1994-жылдын августунда болгон талаш-тартыш учурунда башка адамдын денесине зыян келтирип, анын натыйжасында ага кылмыш иши боюнча күнөө коюлуп, үстүнөн жарандык арыз берилген. 1995-жылдын 1-мартында ал жарандык доомат боюна сот тарабынан белгиленген келтирилген зыян үчүн айыпты толук төлөгөн. Анын иши боюнча 1995-жылдын 13-апрелине белгиленген сот териштирүүсүн күтүп, Ланцов биринчи камактан бошотулган. Бирок 1995-жылдын 5-апрелинде тергөөчүгө келбегенден кийин ал кайра камакка алынып, Москвадагы «Матросская тишина» деп аталган тергөө учурундагы изоляторго жөнөтүлгөн. Ал жерде Ланцов мырза 1995-жылдын 6-апрелинде 25 жаш курагында каза болгон.

2.2. Ланцова айым анын баласын биринчи жолу «Матросскуя тишинага» отургузганда дени сак болчу, жана түрмөдөгү оор шарт-

[147] Yekaterina Pavlovna Lantsova v. Russia, Communication No. 763/1997, 26 March 2002, Human Rights Committee, U.N. Doc. A/57/40 (26 March 2002). [Цитаталар калтырылган].

тын натыйжасында ооруп калгандыгын билдирет. Ал бир нече жолу суранганына карабай уулуна эч кандай медициналык жардам көрсөтүлбөгөндүгүнө доомат коёт. Акырында ал бута күнөөлү адамдар РФнын жооптуу сот органдары тарабынан жазага тартылган эмес деп ырастайт[148].

2.3. Автор Москвадагы убактылуу кармоочу жайлардын шарттары кармалуучулардын ашыкча көп болушунан, жайлардын начар желдетилишинен, тамак-аштын сапатсыздыгынан жана санитардык абалдын үрөй учургудай абалынан адам чыдагыс деп белгилейт. Ал Адам укуктары боюнча комиссиянын Атайын докладчысынын 1994-жылда берген кыйноолор жөнүндө маселелер боюнча докладына таянат. Медициналык кызматтан пайдалануу мүмкүнчүлүгү боюнча докладда камералардын кишиге ашыкча толушу жакшы азык-түлүк жана медициналык кызмат менен камсыз кылуу жагынан персоналдын алсыздыгын дагы күчөтөт деп көрсөтүлгөн, жана убактылуу кармоочу жайларда кармалуучулардын арасында оорулардын жогорулугу белгиленген. Докладда «Матросская тишина» убактылуу кармоочу жайы өзгөчө сынга алынган: «Шарттары катаал, адамгерчиликсиз жана кадыр-барктыбасынтып турат; алар өзүнөн өзү эле кыйноо болуп эсептелет» [пункт 71].

2.4. Ланцова айым анын уулу менен бир камерада камакта отургандардын билдирүүлөрүнө таянып, «Матросская тишинага» жайгаштырылгандан көп өтпөй уулунун ден соолугу жана психикалык абалы начарлай баштагандыгын билдирет. Ал салмагын жоготуп, денесинин температурасы көтөрүлгөн. Ал жөтөлүп, деми кыстыккан, өлөрүнөн бир нече күн мурун ал тамак жебей, муздак суу эле ичип калган. Жөөлүй баштаган жана андан кийин акыл-эсин жоготкон.

2.5. Билдирүүдө айтылгандай, Ланцов мырза СИЗОго келгенден бир жумадан кийин анын жанында камакта отургандар ага медициналык жардам көрсөтүүнү сурап кайрылышкан жана ага камерага 1-2 жолу врач келип температурасын түшүрүүгө аспирин берип кеткен. Бирок 3-6-апрель аралыгында анын ден соолугу кескин начарлап кеткен мезгилде, жанындагылар бир нече жолу суранганына карабай, ага эч кандай медициналык жардам берилген эмес. 6-апрелде камакта отурган башка адамдар Ланцовго жардам берүүнү талап кылышкандан

[148] Билдирүүдө Ланцовдун өлүмү тууралуу анын үй-бүлөсүнө да, ЗАГСтын жергиликтүү бөлүмүнө да кабарланбагандыгы, бул жөнүндө Ланцовдун адвокаты ага жолугуу үчүн 11-апрелде изоляторго келгенде гана билгендиги айтылат.

кийин зембил көтөрүп санитарлар келген. Ланцов мырза ошол эле күнү кечирээк түрмөнүн ооруканасында каза болгон. Каза болгондугу тууралуу күбөлүктө анын өлүмүнүн себеби катары «жүрөк-кан тамырларынын иштөөсүндө кескин жетишсиздик, интоксикация, белгисиз себептен ашыкча арыктап-алсырагандык» деп көрсөтүлгөн.

2.6. Ланцова айым кылмыш ишин козгоо арызы менен өз убагында бир нече жолу кайрылып, бирок анын арыздарынын баары четке кагылган. Ошондуктан ал укуктук коргоонун ички каражаттарын толук колдондум деген тыянак чыгарат.

2.7 Иш козгоодон баш тартуу жөнүндө прокурордун чечимдери каралып жаткан иште, өлүм камактагы стресс абалына алып келүүчү шарттар менен коштолгон пневмониянын натыйжасында болгондугу жана мындай жагдайда убактылуу камак жайынын кызматкерлеринин күнөөлүү экендигин аныктоо кыйындыгы жөнүндө бүтүмгө негизделген.

Доомат

3. Ланцова айым Россия Федерациясы анын жашоого эч жараксыз шарттарда кармалгандыгынын натыйжасында каза болгон уулунун негизги адам укуктарын бузгандыгын жана мындай укук бузууларга каршы мыйзам тараптан коргоонун эч натыйжалуу каражаттары менен камсыз кылбагандыгын ырастайт. Анын пикири боюнча, Пакттын 6-беренсинин 1-пункту, 7-беренеси жана 10-беренесинин 1-пункту бузган.

Билдирүүнүн маңызы боюнча катышуучу мамлекеттин пикирлери

6.1. 1998-жылдын 28-декабрындагы өз пикиринде катышуучу мамлекет Ланцов мырза 1995-жылы 5-мартта камакка алынып жана ошол эле жылы 7-мартта убактылуу кармоочу жайга келип түшкөндүгүн, ал жерде жалпы камерада кармалгандыгын билдирет. Ал СИЗОго келип түшкөндө бекитилген тартипте медициналык кароодон өткөрүлүп, анда ден-соолугуна эч арызданган эмес, соматикалык оорулар аныкталган эмес; флюрографиялык кароо да көкүрөк клеткасында эч кандай патологияны тапкан эмес. 1995-жылы 6-апрелде таңкы саат 9га жакын Ланцовдун камералаштары кароолго ал өзүн жаман сезип жаткандыгын билдиришкен. Нөөмөттөгү дарыгердин кароосунан кийин Ланцов шашылыш түрдө изолятордогу ооруканага жаткырылып, бирок көрүлгөн чараларга карабай, саат 9.15те каза болгон. Ички иштер министрлигинин жана Москванын саламаттык сактоо департаментинин дарылоо-профилактикалык мекемелеринин медициналык

комиссиясы Ланцовдун өлүмү боюнча фактты текшерип, ал дем алуу жана жүрөк-кан тамырларынын кескин начарлашына алып келген толук эки тараптуу пневмококтуу пневмониянын, эки тараптуу плевриттин жана өпкөсүндө очоктуу ателектаздын натыйжасында каза болгон деген тыянакка келген. өпкөнүн жана плевралдык тилкедеги сезгенүү процессинин жайылып кетиши, оорулуунун медициналык жардам сурап кайрылбагандыгы, о.э. камак жайындагы шарттар, катышуучу мамлекеттин пикири боюнча, өлүмдүн тездешине алып келген.

6.2. Катышуучу мамлекет, Ланцов мырза камалып турган учурда убактылуу камак жайлары эки эсе толгон абалда болгондугун, ага байланыштуу камактагыларды кармоо шарттары бекитилген ченемдерге ылайык келбегендигин моюнга алат. Текшерүүнүн жүрүшүндө комиссия эч кандай медициналык ката кетирилгендигин тапкан эмес. өлүмдүн себептери 1995-жылдын 13-майында өткөрүлгөн сөөктү медициналык сот иликтөөнүн акты тарабынан ырасталган.

6.3. Прокуратуранын мамлекеттик органы болуп эсептелген Москванын Преображенская райондор аралык прокуратурасы кылмыш окуясынын болбогондугуна байланыштуу кылмыш ишин козгогон эмес. Кийинчерээк бул чечим Москванын шаардык прокуратурасы тарабынан ырасталган. Ишти текшерүүнүн жүрүшүндө адамдын өлүмү туралуу туугандарына өз убагында кабарланбаган факт аныкталган, буга байланыштуу күнөөлүү кызматкер дисциплинардык жоопко тартылган.

6.4. Катышуучу мамлекет жалпысынан күнөөлөнүүчүлөрдү убактылуу кармоочу жайлардын шарттары бүтүндөй Россия үчүн олуттуу маселе экендигин жана аны дароо эле чечүү мүмкүн эместигин моюнга алат. Аталган жайларда камактагыларды кармоо шарттарын жакшыртуу үчүн түрмө системасын камактагыларга мамиле кылуунун эл аралык стандарттарына шайкеш келтирүү максатында реформалоонун бир катар чаралары иштелип чыккан. Бул багыттагы акыркы көрүлгөн чараларга мисал катары катышуучу мамлекет түрмө мекемелерин ички иштер министрлигинен укук министрлигине өткөрүп берүү каралган, президенттин эки буйругу менен өкмөттүн токтомун атайт. Убактылуу кармоочу жайларда жана түрмөлөрдө орундардын санын көбөйтүү процесси жүрүп жатат, бирок аны каржылык кыйынчылыктар кечендетүүдө.

Маселелер жана аларды комитетте кароо процедурасы

8.2. Комитет билдирүүнүн авторунун уулу каза болгонуна байланыштуу катышуучу мамлекет Пакттын 6-беренсинин 1-пункту, 7-беренеси жана 10-беренесинин 1-пункту бузган-бузбаганы жөнүндө чечим кабыл алышы керек.

9.1. Камакта кармоо шарттары боюнча Комитет катышуучу мамлекет түрмө шарттары жаман болгондугун жана окуя болгон мезгилде убактылуу жайларда белгиленген ченемден эки эсе көп адам камалып тургандыгын моюнга аларын белгилейт. О.э. комитет автордон алынган конкреттүү маалыматты, атап айтканда, кармалып жаткандардын саны бекитилген ченемден 5 эсе көп болгондугун жана «Матросская тишина» түрмөсүндө шарт вентиляциянын, тамак-аштын начарлыгынан жана антисанитариянын кесепетинен адам чыдагыс болгондугун да эске алат. Комитет автордун уулун ошол мезгилде түрмөдө бар шартта кармоо пакттын 10-беренесинин 1-пунктуна ылайык анын укуктарынын бузулушуна алып келген деп эсептейт.

9.2. Ланцов мырзанын өлүмү боюнча Комитет анын камералаштарынын берген күбөлүү көрсөтмөлөрүнүн күчү жөнүндө автордун ырастоосун да эске алат. Ал көрсөтмөлөр боюнча автордун уулунун ден соолугу начарлагандан кийин өмүрүнүн акыркы мүнөттөрүндө гана жардам көрсөтүлүп, түрмө жетекчилиги мурунку күндөрү жардам бербей койгон жана мунун баары анын өлүмүнө алып келген. О.э. комитет катышуучу мамлекет берген маалыматты да, тагыраак айтканда, өлүмдүн себептерине бир нече иликтөө жүргүзүлүп, ал жүрөк оорусун оордоткон катуу пневмония болгондугу аныкталган жана Ланцов мырза медициналык жардам сурап кайрылган эмес деген билдирүүсүн да эске алат. Комитет камакка алынгандардын жашоого болгон укугун камсыз кылуу милдети мамлекетке жүктөлө тургандыгын жана кармалуучулар өзүлөрү жардам суроого милдеттүү эмес экендигин билдирет. Катышуучу мамлекет билдирген камоочу жайлардын шартын жакшыртуу ниетинин бул ишти кароого эч тиешеси жок. Комитет катышуучу мамлекет Ланцов мырзаны камакта кармоо шарты менен анын ден соолугунун начарлап кетишинин ортосунда себеп-натыйжалык байланыштын бар экендигин танбагандыгын белгилейт. Андан тышкары, Комитет Ланцов өзү да, анын камералаштары да мездициналык жардам сурап өз убагында кайрылган эмес деген ырастоого таянганда да, эң башкысы дагы эле катышуучу мамлекет айрым адамдарды камакка алып, атайын жайларда жайгаштырууда алардын өмүрүнө кам көрүү милдетин ала тургандыгы болот. убактылуу камакка алуу тартибин бекитип жатып, мамлекет күтүлүүчү чек жөнүндө, камактагылардын ден соолук абалынын күтүлүүчү чеги жөнүндө билүүгө милдеттүү. Акча каражатынын жоктугу бул милдетти азайтпайт. Комитет убактылуу камак жайында медициналык кызмат талаптагдай уюштурулган шартта, медицина кызматкерлери Ланцов мырзанын ден соолугунун өтө начарлап кеткендигин биле алыш-

мак жана билиши керек болчу деп эсептейт. Анын пикиринде, катышуучу мамлекет Ланцов мырза убактылуу камак жайында кармалып турган мезгилде анын өмүрүн коргоо үчүн талаптагыдай чараларды көргөн эмес деп эсептейт. Ушунун негизинде адам укуктары боюнча комитет бул иште 1-пункттун бузулгандыгы жөнүндө бүтүмгө келет.

9.3. Пакттын 6- жана 10-беренелеринин бузулгандыгы жөнүндө жогоруда белгиленген тыянактардын негизинде Комитет 7-бereненин бузулгандыгы тууралуу өз пикирин билдирүүнү зарыл деп эсептебейт.

10. Адам укуктары боюнча комитет Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактка карата Факультативдик протоколдун 5-беренесинин 4-пунктуна ылайык иш-аракет кылуу менен катышуучу мамлекет Ланцов мырзаны коргоону камсыз кылуу боюнча милдеттерин аткарган эмес, анын өлүмү түрмөдө кармоонун ошол кездеги шарттарынын түздөн түз натыйжасы болгон деп эсептейт. Комитет Пакттын 6-беренсинин 1-пункту жана 10-беренесинин 1-пунктун бузган фактты ырастайт.

11. Комитет, Ланцова айым Пакттын 2-беренесинин 3-пунктунун (а) бөлүгүнө ылайык, укуктук коргоонуунун натыйжалуу каражатына укуктуу деп эсептейт. Катышуучу мамлекет натыйжалуу чараларды көрүшү керек, тактап айтканда: а) тийиштүү компенсация төлөп берип; б) Ланцов мырзанын өлүмүнүн себептерине карата расмиий тергөөнү белгилеп жана в) келечекте мындай укук бузуулардын болбоосуна кам көрүшү керек. Атап айтканда, камакта кармоо шарттарын катышуучу мамлекеттин Пакттын 6- жана 10-беренелери боюнча милдеттерине ылайыкташтыруусу керек.

Адам сатуу
Азыркы учурдагы кулчулук

Адам сатуу
ЕККУ, фактгардын баяндамасы[149]

Эл аралык эмгек уюмунун акыркы берген эң төмөнкү баалары-на ылайык, дүйнө боюнча 25 миллион адам, анын ичинен 500 миңге жакыны ЕККУнун аймагында адам сатуунун курманы болот. Балдар-

[149] Office of the Special Representative and Co-ordinator for Combating Trafficking in Human Beings, OSCE, public doc. available at: http://www.osce.org/cthb/74755.

дын саны жалпы көрсөткүчтүн 40-50%ын түзөт. Адамдарды кулчулукка жакындашкан шартта иштетүү адам сатуунун олуттуу элементин түзөт. Адам менен соода кылуунун курмандыктары бейтааныш жана сырткы чөйрө менен байланышсыз жерге алып келинип, зомбулук же дагы башка мажбурлоо жолунун коркунучу астында, көп учурда карызга алган акчаларын кайтарып берүү үчүн иштешет.

Бул адамдар адатта жергиликтүү тилде сүйлөшпөйт, өз укуктарын билишпейт, документтеринен ажыраган жана тамак-аш, турак-жай жагынан, о.э. сырт менен байланыш түзүү жагынан өзүлөрүнүн эксплуататорлорунан көз каранды болушат. Алар эркин басып кете алышпайт, себеби өз эксплуататорлоруна баш ийгенден башка эч кандай чыныгы жана колдон келерлик альтернативалары жок.

Адамдарды сатуу төмөнкү максаттарда жүргүзүлөт:

1. Сексуалдык эксплуатация.
2. Эмгек эксплуатациясы, анын ичинде үй кызматкери катары.
3. Башка максаттарды, анын ичинде кайырчылык кылдыруу, зордук менен кылмыш аракеттерин жасатуу жана дене органдарын алуу.

Адамдар менен соода кылууга саясат жана практика тарабынан дагы эле жетүштүү көңүл бурулбай келет. Акыркы он жылдагы олуттуу жетишкендиктерге карабай, адам сатуучулуктун алдын алуу, сот аркылуу куугунтуктоо, курмандардын укуктарын коргоо жагында көп иштер турат. Адам сатуучуларды камоо, сот аркылуу куугунтуктоо жана жазага тартуу факттарынын саны аз бойдон калууда жана курман болгондордун санына кескин каршы келип турат. Мындай курмандар таанылбай калган учурлар эң эле көп жана алардын көбү өз мамлекетине чыгарылып жиберилген же ал турсун адам сатуунун курманы болгондугунун натыйжасында катышкан кылмыш аракеттери үчүн жоопко тартылган. Адам сатуу адам укугун, адамдын негизги эркиндиктери менен ар-намысын одоно бузгандык болуп эсептелет жана көп учурда аялдарга карата зомбулук аракеттери түрүндө болот.

О.э. адам сатуу уюшулган кылмыштуу топтордун ишкердиги болуп эсептелип, ал адатта зор масштабга жеткен жана абдан көп киреше алып келет. Мындай соода гүлдөп өсүп, коррупциядан азыктанып, жана укук менен экономикалык туруктуулуктун үстөмдүгүнө шек келтирип турат. Ал жарандардын жана жалпы эле коомдун турмушуна жана бейкуттуган чыныгы коркунуч жаратат. Анын натыйжасы ката-

ры, учурда адам сатуу ЕККУнун аймагында жана анын чегинен сырткары мамлекеттер аралык олуттуу коркунуч болуп эсептелет.

Мигранттардын контрабандасы деген эмне?[150]

Мигранттарды мыйзамсыз ташып кирүүнүн курамдык элементтерин жана ага байланыштуу жүрүм-турумду аңдап түшүнүү, кылмыштарды аныктоо, иликтөө жана сот куугунтугуна алуу аракеттери үчүн зарыл шарт болуп эсептелет. Мигранттарды мыйзамсыз ташып кирүү Протоколунун 3-беренеси мигранттарды мыйзамсыз ташып кирүүгө мындайча аныктама берет: «Башка мамлекеттин территориясына киргизүүдөн түз же кыйыр, каржылык же башка материалдык пайда табуу үчүн адам(дар)ды ташып келүү».

Аталган Протоколдун 6-беренеси мындай аракет үчүн кылмыш жоопкерчилигине тартууну талап кылат. Андан тышкары, 6-берене «мамлекеттин жараны же туруктуу жашоочусу болбогон адамга бул мамлекетте мыйзамдуу туруунун зарыл талаптарын аткаруусуз калышына шарт түзүп берүү» аракеттери үчүн кылмыш жазасына тартууну мамлекеттерден талап кылат:.

Кайсы иш-аракет мигранттардын контрабандасы болуп эсептелбейт?

Кылмыш жоопкерчилиги мигранттарды мыйзамсыз ташып келүүдөн жана ага байланышкан аракеттерден каржылык жана материалдык пайда тапкандарга гана караларын белгилей кетүү маанилүү. Мигранттарды мыйзамсыз ташып кирүү Протоколу боюнча расмий отчетторго карата чечмелөөлөр үчүн эскертмелерде мигранттардын гуманитардык же коммерциялык эмес себептер менен мыйзамсыз киришине көмөк кылуучу үй-бүлө мүчөлөрү же бейөкмөт жана диний топтордун мүчөлөрү сыяктуу адамдар кылмыштуулардын тобуна киргизилбеши керек деп баса белгиленген. Аталган Протокол, деги эле миграция үчүн жоопкерчиликти киргизбейт. Буга байланыштуу 5-беренеде мигранттар өзүлөрү контрабандалык товар болбогон себептен, контрабанда кылмышы үчүн жооп бербөөлөрү керек деп көрсөтүлгөн: «Мигранттар бул Протоколдун 6-беренесинде көрсөтүлгөн иш-аракеттердин объекти болгон үчүн, аталган Протоколго ылайык кылмыш жазасына тартылбашы керек».

---

[150] UNDOC: Basic training manual on investigating and prosecuting the smuggling of migrants, Module 1: Concepts and categories of the smuggling of migrants and related conduct (2010).

Бул берене эч бир адам контрабандалык объект болгондугу үчүн ушул Протоколго таянуу менен жазаланышы керектигин ачык-айкын билидрүү үчүн киргизилген.

О.э. белгилей кетүүчү нерсе, качкындар көп учурда куугунтуктан, адам укуктарын одоно бузгандыктан же чыр-чатактан качуу үчүн контрабандисттерге ишенүүгө аргасыз болушат. Алар контрабандисттерди пайдалангандыгы же өлкөгө мыйзамсыз киргендиги үчүн кылмыш жообуна тартылбашы керек (Качкындардын статусу жөнүндө 1951-жылдагы Конвенциянын 31-беренеси жана Мигранттарды мыйзамсыз ташып кирүү Протоколунун 19-беренеси).

Өзүн өзү аныктоо

Жалпы эскертме №12, Адам укуктары боюнча комитет, Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакт боюнча келишимдик орган[151]

Өзүн өзү аныктоо укугу

1. БУУнун Уставынын максаттары менен принциптерине ылайык Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакттын 1-беренеси бардык элдер өзүн өзү аныктоо укугуна ээ экендигин тааныйт. өзүн өзү аныктоо укугунун өзгөчө мааниси бар, себеби аны ишке ашыруу жеке адамдын укуктарына натыйжалуу кепилдик түзүүнүн жана ал укуктарды сактоонун эң маанилүү шарты болуп эсептелет. Дал ушул себептен мамлекеттер өзүн өзү аныктоо укугун эки пактта тең позитивдик укуктун жоболорунун бири катары бекитип, ал жобону 1-берене түрүндө жана бардык башка укуктардан мурун жайгаштырышкан.

2. 1-бereненин 1 жана 2-пункттарында бардык элдердин ушундай айрып алгыс укугу жарыяланган. Ушул укуктун аркасында алар «өзүлөрүнүн саясий статусун» эркин «орнотуп жана өзүлөрүнүн экономикалык, социалдык жана маданий өнүгүүлөрүн эркин камсыз кылышат». Бул берене бардык мамлекеттерге тийиштүү милдеттерди жүктөйт. Бул укук жана аны ишке ашырылышына тийиштүү милдеттер Пакттын башка жоболору жана эл аралык укуктун ченемдери менен өз ара байланышта.

---

[151] Article 1 (Twenty-first session, 1984), Compilation of General Comments and General Recommendations Adopted by Human Rights Treaty Bodies, U.N. Doc. HRI/GEN/1/Rev.6 at 134 (2003).

3. Бардык катышуучу мамлекеттердин доклад берүү боюнча милдеттери 1-беренени өзүнө камтыганына карабастан, айрым докладдарда гана анын ар бир пунктуна карата кенен түшүндүрмөлөр берилген. Комитет көпчүлүк докладдарда 1-берене толугу менен көңүлгө алынган эместигин, ал беренеге тиешелүү маалыматтар жетишсиздигин же шайлоо укуктарына шилтемелер менен чектеле тургандыгын белгилейт. Комитет катышуучу мамлекеттердин докладдарында 1-бereненин ар бир пункту боюнча маалымат камтылышы максатка эң ылайык болот деп эсептейт.

4. 1-бereненин 1-пункту боюнча болсо, катышуучу мамлекеттер бул укукту ишке ашырууга мүмкүнчүлүк берүүчү конституциялык жана саясий процедураларды сүрөттөөлөрү керек.

5. 2-пунктта өзүн өзү аныктоо укугунун экономикалык мазмундагы өзгөчө аспекти бекитилген. Атап айтканда, анда элдердин өз максаттарына жетүү үчүн «табигый байлыктарын жана ресурстарын эркин колдонуу» укугу каралган. Мындай колдонуу «өз ара пайда көрүү принцибине негизделген эл аралык экономикалык кызматташтыктан жана эл аралык укуктан келип чыгуучу милдетемелерге эч зыян келтирүүсүз» ишке ашырылышы керек. «Бир да эл ага тиешелүү жашоо каражаттарынан эч ажыратылышы мүмкүн эмес». Бул укуктан бардык мамлекеттер менен эл аралык коомчулуктун тийиштүү милдеттемелери келип чыгат. Мамлекеттер бул пункттун жоболорун бузуп, өзүнүн табигый байлыктарын жана ресурстарын эркин колдонууда тоскоолдук кылып жаткан бардык факторлор менен кыйынчылыктарды, о.э. аталган Пактта жарыяланган башка укуктарды ишке ашырууга канчалык таасир кыла тургандыгын көрсөтүүлөрү керек.

6. 3-пункт, Комитеттин пикири боюнча, өзгөчө мааниге ээ, себеби ал катышуучу мамлекеттерге өз элдерине карата гана эмес, азырынча өзүн өзү аныктай албаган же бул укугун ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүнөн ажырап калган элдерге карата да конкреттүү милдеттемелерди жүктөйт...

БУУнун Башкы Ассамблеясынын өзүн өзү аныктоо боюнча 2649-резолюциясы[152]

Башкы Ассамблея,

Адам укуктарына натыйжалу кепилдик берүү жана аларды сактоо үчүн элдердин өзүн өзү аныктоого болгон укугун жалпы ишке ашы-

[152] General Assembly resolution 2649, of 30 November 1970, GAOR (25th Sess., Supp. No. 27), UN Doc. A/RES/2649.

руунун жана колониялык өлкөлөр менен элдерге тез арада көз карандысыздык берүүнүн маанисин баса белгилеп,

Көп элдерге дагы эле өзүн өзү аныктоо укугу берилбей жаткандыгына жана алар азыркыга чейин колониялык жана чет элдик үстөмдүк алдында жаткандыгына тынчсызданып,

БУУнун Уставы боюнча мамлекеттер өзүлөрүнө алган милдеттемелер жана БУУнун уюмдары кабыл алган чечимдер бардык учурларда элдердин өзүн өзү аныктоо укугун урматтоону камсыз кылууга жетишсиз болгондугуна өкүнүү менен,

1. Колониялык жана чет элдик үстөмдүк алдындагы элдердин өзүн өзү тааануу укугун орнотуу максатында бардык колдо бар каражаттар менен күрөшүүсүнүн мыйзамдуулугун ырастайт.

2. Колониялык жана чет элдик үстөмдүк алдындагы элдердин өзүн өзү тааныуга карата мыйзамдуу укуктарын ишке ашырууда БУУнун резолюцияларына жана Уставынын мазмунуна ылайык бардык моралдык жана материалдык колдоолорду талап кылууга жана алууга укуктуу экендигин моюнга алат.

3. Колониялык жана чет элдик үстөмдүк алдындагы элдердин өзүн өзү тааныу укуктарын тааныбай жатышкан бардык өкмөттөрдү тийиштүү эл аралык документтерге, о.э. Уставдын принциптери менен мазмунан ылайык бул укукту тааныууга жана сактоого чакырат.

4. Жергиликтүү элдин өзүн өзү аныктоо укугун бузуу менен территорияларды тартып алууга жана ага ээлик кылууга жол берилбеши керек жана бул Уставды бузгандык болот деп эсептейт.

5. Эл аралык документтерге ылайык, өзүн өзү тааныу укугуна ээ элдерге, айрыкча Африканын түштүк бөлүгүндөгү жана Палестина элдерине бул укукту бербеген өкмөттөрдү сынга алат.

6. Адам укуктары боюнча комиссияга өзүнүн 27-сессиясында БУУнун колониялык жана чет элдик үстөмдүк алдындагы элдердин өзүн өзү тааныу укугуна тиешелүү резолюцияларын ишке ашыруу маселесин кароону, жана кыска мөөнөттүн ичинде өз бүтүмдөрү менен кеңештерин Экономикалык жана социалдык кеңеш аркылуу Башкы Ассамблеяга берүүнү сунуштайт.

1915-пленардык отурум, 30-ноябрь, 1970-жыл.

Өзүн өзү тааануу жана чыр-чатактарды чечүү: Косоводон Суданга, Луиза Арбур [153]

Киришүү

[....] Кризистик топ акыркы жылдары ар кандай чыр-чатактуу кырдаалдарды чечүү менен алектенген. Ал чыр-чатактар, алардын ичинде куралдуу кагылышуулар да, божомолдонгон өзүн өзү аныктоо укугун ишке ашыруу аракетинен же ага каршы туруу күч-аракеттеринен келип чыккан. Көпчүлүк учурларда өз алдынча бөлүнүүгө карата талапкерликтин башы репрессиялардын тарыхына, аз сандуу элдерди жеке башкаруу же аларга укук бербөө көз караштарында жатат. Мен Косовону, Шри-Ланканы жана Суданды эске салдым, бирок мен о.э. биз көз карандысыздыкты колдогон Черногорияны да, биз Ирактын биримдигин жана территориялык бүтүндүгүн коргогон Түндүк Иракты, болбосо биз өз алдынча бөлүнүүгө карата ачык-айкын көз карашты карманбаган Абхазияны, Түштүк Осетияны, Тоолуу Карабахты, Сомалини, Ачехти же Кашмирди бул тизмеге оңой эле киргизе алам.

Эл аралык укуктук негиз

Менин аргументтеримдин түпкү маңызы өзүн өзү аныктоо укугу да, территориялык бүтүндүк принциби да бири-биринин алдында эч бир арыткчылыкка ээ эмес деген талашсыз ойдо жатат. өзүн өзү аныктоо укугу качан жана кандайча ишке ашырыларын түшүнгөндө гана биз чыр-чатакратдын сепаратисттик негиздеринин алдын алып же тез арада жоюуга кандайдыр бир мүмкүнчүлүк берүүчү процесстерди натыйжалуу ишке киргизе алабыз. Эми мыйзам негиздеринен баштайлы. Буга байланыштуу Косовонун көз карандысыздыгынын бир тараптуу жарыяланышы мыйзамдуулугу боюнча Эл аралык соттун акыркы бүтүмү пайдалуу фонду түзөт. 2010-жылы 22-июлда Эл аралык сот Башкы Ассамблея тарабынан коюлган «Косовонун өзүн өзү башкаруу боюнча убактылуу институттарынын бир тараптуу көз карандысыздыкты жарыялоосу эл аралык укукка туура келеби?» деген суроо боюнча өзүнүн милдеттендирүүчү күчкө ээ эмес пикирин билдирген.

---

[153] Эл аралык мамилелердеги этика боюнча Корнеги Кещешиндеги Эл аралык кризистик топтун президенти жана башкы аткаруучу директору Луиза Арбурдун сөзү, 22-сентябрь, 2010. Арбур айым БУУнун Адам укуктары боюнча мурдагы Жогорку комиссары, ага чейин ал Канаданын Жогорку сотунун судьясынын кызматын аткарган.

[....] Ал аталган жагдайларда Косовонун көз карандысыздыгын бир тараптуу жарыялоо эл аралык укуктун ченемдерин бузгандыкка жатпайт деген тыянакка келген. Бирок Сот андан ары барган жок. Ал деги эле бөлүнүүнүн мыйзамдуулугу жөнүндө суроону чечүүгө ачык эле барган жок. Ал Косовонун көз карандысыздыгын бир тараптуу жарыялоонун натыйжалуулугун же көз карандысыз Косово мамлекетин түзүү үчүн эл аралык таануунун зарыл деңгээлин караган эмес. Косовонун иши боюнча Эл аралык соттун пикири Косовонун көз карандысыздыгын таануунун кошумча толкунуна алып келе алабы же келе албайбы деген суроо – бул Соттун чечимине карата саясий жооп болот. Сот көрсөткөндөй, мурдагы бир тараптуу көз карандысыздык жарыялоолор эл аралык коом тарабынан атайын четке кагылган болчу: Түштүк Родезия, 1965-жыл, Түндүк Кипр, 1983-жыл жана Босниядагы республика, 1992-жыл. Бирок бардык аталган учурларда Коопсуздук кеңеши бул бир тараптуу көз карандысыздык жарыяланган учурда түзүлгөн конкреттүү кырдаалдын негизинде аныктама берген. Бул көз карандысыздык жөнүндө жарыялоолордун мыйзамсыздыгы алардын бир тараптуу мүнөзүнөн эмес, ал аракеттер мыйзамсыз күч колдонуу же эл аралык ченемдерди башка одоно бузуу менен байланышкандыгына же байланышы мүмкүн болгондугунан келип чыккан. Түштүк Родезия, Түндүк Кипр жана Серб Республикасы боюнча резолюциялардын өзгөчө мүнөзү, Соттун пикири боюнча, көз карандысыздыкты бир тараптуу жарыялоого карата эч кандай жалпы тыюунун жоктугун жана ал Коопсуздук кеңешинин мурдагы чечимдеринен келип чыгышы мүмкүн эместигин ырастайт. Ошентип, сепаратисттер Косово боюнча Соттун пикирине канчалык ыраазы болсо, өзүлөрүнүн чек араларынын ыйыктыгын ырастоочулар да ошончолук эле деңгээлде ыраазы болушат. Акыркылардын көз карашы сепаратисттик талаптардын бардык түрлөрүнө каршы бөгөт болуп эсептелет. Эл аралык сот Косовонун ишинде өз алдынча бөлүнүү укугу жөнүндөгү жана аны өзүн өзү аныктоо укугунан табуга болор-болбосу, эгерде болсо, кандай жагдайларда боло тургандыгы жөнүндө олуттуу укуктук суроону жоопсуз калтырат. Бир караганда, өзүнүн саясий статусун эркин аныктоого карата элдердин укугу бул укук качан жана кандайча ишке ашырылышы керектигин чечпейт. өзүн өзү аныктоо укугунун ишке ашырылган-ашырылбаганына карабастан, бул суроо толук мамлекеттик көз карандысыздык маселесине да тиешелүү, демек мамлекеттердин территориялык бүтүндүгү принцибин кароо талап кылынат. Бул принцип сепаратисттик талаптарга бөгөт коюу үчүн эң эскертилүүчү принцип болуп эсептелет. Сот Косовонун ишин кароодо олуттуу эскертүү жасаган. Атап айтканда,

территориялык бүтүндүк принцибинин чөйрөсү мамлекеттер ортосундагы мамилелер чөйрөсүнө тең келет. Бирок андан айырмаланып, өзүн өзү аныктоо укугу, мамлекет менен улуттук топтун өз ара мамилесине тиешелүү болот. Бул олуттуу айырмарчылык болуп эсептелет жана бири-бирине атаандаш келген принциптердин каршы келүүчүлүгү пайда болгондо, ал принциптер экөөнүн тең таасирин мүмкүн болушунча толук баалагыдай чечмелөө керек. Ошондуктан биз бири-бирине каршы келген бул принциптерди шайкештетүүбүз керек. Эл аралык укук бул атаандаш принциптердин шайкештигине жетишүү үчүн структураны иштеп чыккан. Ал өзүн өзү аныктоо башынан эле ички деңгээлде ишке ашырылышы керек болгон укук болуп эсептелет деген ырастоого негизделген. Бул көз карандысыз мамлекеттерге демократиялык мамилелер боюнча милдеттемелерди жүктөйт. Анын маниси элдерге өз саясий статусун аныктоодо катышуусун билдирет. О.э. элдер экономикалык, социалдык жана маданий өнүгүүнү жолдорун эркин тандоосун камсыз кылуу максатында мамлекет аз сандагы улуттардын укуктарын коргоого милдеттендирилет. Бирок мамлекет өзүн өзү аныктоо укугун ишке ашырууга карата ички шарттарды түзүп бербесе же түзгүсү келбесе, бул укук сырткы укукка айланышы мүмкүн жана элдер метрополиядан бөлүнүү укугун алуу мүмкүнчүлүгү түзүлгөн мезгилде территориялык бүтүндүк принциби өзгөрөт.

Чек ара талашы (Буркина-Фасо / Республика Мали), 1986[154]

***

25. Ошентсе да, бул маанилүү принцип эл аралык укуктун башына келген жаңы сынактардан кантип өткөндүгү кызыктуу. Алсак, Африкада, көз карандыкка жетишүү жана анын аркасынан жаңы мамлекеттердин пайда болушу салттык эл аралык укукка белгилүү бир күч келтирүүлөр менен коштолгон. Бир караганда, бул принцип менне элдердин өзүн өзү аныктоо укугунун ортосунда түз келишпестиги жок. Бирок чындыгында Африкадагы территориялык статус-кво мазмуну көп учурда өз көз карандысыздыгы үчүн күрөшкөн элдердин аркасында жетишилген натыйжаны сактап калууга мүмкүнчүлүк бере турган жана континент көп сандагы курмандыктар аркылуу жетишкен ийгиликтерди үзгүлтүккө учуратпоо үчүн кабыл алынган акылман чечим

[154] Frontier Dispute (Burkina Faso v. Mali), Judgment, I.C.J. Reports 1986, p. 554, and Separate Opinion by Judge Luchaire, p. 652.

катары каралат. Жашоо, өнүгүү жана бардык областтарда өз көз карандысыздыгын бекемдөө каалоосу африка мамлекеттрин колониялык чек араларды сактоого жана аны элдердин өзүн өзү аныктоо принцибин чечмелөөдө эске алууга макулдук берүүгө түрткөн.

Судья Лушердин өз алдынча пикири

[Лушер, ө.П.] Укуктук дискурста «деколонизациялоо» терминин этияттык менен колдонуу зарыл жана эң биринчи кезекте аны көз карандысыздык кыймылдары менен алмаштырбоо керек. Бир жагынан, бардык пикирлердей эле белгилүү бир урматка татыктуу бир пикирди эске албай коюу туура эмес болор. Ал көз карандысыздык колониялаштыруунун карама-каршысы эмес, анын туу чокусу болуп эсептеле тургандыгы жөнүндө пикир. Айрыкча ал согушсуз жетишилип, элдердин маданий, экономикалык, социалдык жана саясий прогрессине өбөлгө түзүүчү административдик орган тарабынан ишке ашырылган болсо, мындай прогресс чыныгы көз карандысыздыктын негизи болот. Экинчи жагынан, бул элдердин өз келечегин аныктоого карата эл аралык укук тарабынан бекемделген укугу болуп эсептелет. Тактап айтканда, бул укук 1958-жылдагы Франциянын Конституциясында ошол мензгилдеги башка континеттерде жайгашкан француз жерлерине, анын ичинде франциялык Судан (азыркы Мали Республикасы) жана Жогорку Вольта (азыр Буркина-Фасо) боюнча бекитилген. БУУнун Башкы Ассамблеясы 1960-жылдын 14-декабрындагы резолюциясында (1514 (XV) бардык элдер өзүн өзү аныктоо укугуна ээ экендигин, жана алар «өз саясий статусун эркин орнотушарын тааныла тургандыгын көрсөтүп, бирок укуктарды ишке ашыруу сөзсүз түрдө жаңы эгемендүүлүккө жеткен мамлекеттин мурдагы колония учурундагы чек араларын сөзсүз өзгөртүүсүз калтырат дегенди билдирбей тургандыгын белгилейт. Көз карандысыздыкка жетишип, өз алдынча мамлекет болуу төмөнкүлөрдүн бирине алып келиши мүмкүн (Башкы Ассамблеянын 1952-жылдын 10-декабрындагы 648 (VII) резолюциясына тиркемедеги факторлорду кара):

• жогоруда эскертилген географиялык чектин алкагындагы көз карандысыздыкка же

• башкаруучу мамлекеттин территориясы менен жеке адамдардын ортосундагы мурдагы колониядан же мурдагы метрополиядан келип чыкканына карабай, укуктук теңдештик шартындагы интеграцияга же ошол эл теңдештик шарты менен коңшу мамлекетке кошулууга же

• мурдагы колониялардын мурдагы метрополияга өз ыктыярлары менен кошулуусуна алып келет.

Кыйноолор жана сот процесси

Международный пакт о гражданских и политических правах[155]

7-берене

Эч бир адам кыйноого же катаал, адамгерчиликсиз же анын ар намысын кетирүүчү мамилеге же жазага дуушар болбошу керек. Атап айтканда, бир да адам анын эркин макулдугусуз медициналык же илимий тажрыйбаларга дуушар кылынбашы керек.

10-берене

1. Эркинен ажыратылган бардык адамдар гумандуу мамиле укугуна ээ жана анын инсанга мүнөздүү ар намысын сыйлоо керек.

Отабек Ахадов Кыргызстанга каршы, Адам укуктары боюнча комитеттин чечими[156]

***

1. Билдирүүнүн ээси 1979-жылы туулган Өзбекстандын жараны Отабек Ахадов. Ал Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакттын 6,7,9-беренелеринде, 10-беренсинин 1-пунктунда, 14-беренесинин 1-пунктунда, 2-беренесинин 3-пунктунда, 14-беренесинин 3 b, 3 g –пункттарында жана 15-беренсинин 1-пунктунда каралган укуктарын Кыргызстан бузгандыгынын курманы болдум деп ырастайт. Факультативдик протокол катышуучу мамлекет үчүн 1995-жылдын 7-январында күчүнө кирген. Автордун атынан адвокат иш-аракет кылды.

Факттар автордун айтуусунда

2.1 2000-жылдын 28-мартында «Иттипак» уйгурлар коомунун төрагасы Нигмат Базаков мырза Бишкек шаарындагы М.Жалил көчөсүндө жайгашкан өз үйүнүн жанында атып өлтүрүлгөн. 2000-жылдын 29-мартында бул киши өлтүрүү факты боюнча тергөө органдары кылмыш ишин козгогон. 2000-жылдын 25-майында Биш-

---

[155] International Covenant on Civil and Political Rights, General Assembly resolution 2200A (XXI), GAOR (Supp. (No. 16) at 52), U.N. Doc. A/6316 (1966), 999 U.N.T.S. 171, entered into force Mar. 23, 1976.

[156] Otabek Akhadov v. Kyrgyzstan, Communication No. 1503/2006, Human Rights Committee, U.N. Doc. CCPR/C/101/D/1503/2006, (29 April 2011).

кек шаарында терракт болуп, анын натыйжасында Кытай жараны Абдукадыр Гулам каза болгон жана Кытай делегациясынын бир нече мүчөсү, о.э. Кыргызстандын жарандары жаракат алган. 2000-жылдын 6-июлунда автор жогоруда аталган кылмыштарды жасады деген шек менен камакка алынган.

2.2 Автордун камакка алынышы 2000-жылдын 7-июлуна чейин расмий катталган эмес. Камакка алынган күндөн 2000-жылдын 21-июлуна чейин автор Бишкек шаарынын ИИБнын СИЗОсунда камалып жаткан. Бул мезгилде Кылмыш издөө кызматкерлери авторду кыйноолорго жана ырайымсыз мамилеге дуушар кылышкан. Аны күндүн ар кайсы убакттарында, кээде эртең мененки саат 9дан 12ге чейинки аралыкта, кээде түштөн кийин же кечки 17 менен 23 сааттын ортосунда кыйнооого алышкан. Автордун колдорун байлап, милиция кызматкерлери муштум менен урушкан, алар денесинин талуу жерлерине (башына, аркасына, о.э бөйрөк, өпкө, боор туштарына) ургулашкан; андан тышкары, аны бутунун учтарына жана башына оор нерселер менен согуп, көкүрөгүн столго катуу кысып, суу толтурулган нерселер менен желкеге койгулап, тамеки менен колдорун күйгүзүшкөн. Анын денеси көп учурда канаган жана азыркыга чейин денесинде уруп-соккондон тактар калган. О.э. авторду психикага таасир кылуучу каражаттарды жутканга мажбурлашкан. Андан тышкары, автор аны кыйнооого алып жаткандыгы тууралуу билишкен жогорку кызматтагы эки адамды атайт.

2.3 2000-жылдын 7-июлунда автордун камакка алынгандыгы жөнүндө расмий документтер толтурулгандан кийин, тергөөчүлөр автор өзү тандабаган адвокатты ага дайындашкан. Адвокат аны коргоо үчүн эч чара көргөн эмес. 2000-жылдын 9-июлунда согуп-урууларга андан ары чыдай албай жана мындай ырайымсыз мамиленин дагы улануу коркунучу астында автор ага тергөөчүлөр таңуулаган күнөөлөрдү жасагандыгын моюнга алып кол коюп берген. 2000-жылдын 10-июлунда автордун тааныштары аны коргоого башка адвокат Голишева айымды жалдашкан. Ошол күнү адвокат авторго карата жасалган ырайымсыз мамиленин үстүнөн арыз берген жана аны уруп-согуу фактыларын аныктоо үчүн медициналык кароодон өткөрүү өтүнүчүн киргизген. Адвокаттын өтүнүчүнүн негизинде ага тергөөчү медициналык текшерүү өткөрүү жөнүндө токтом чыгарган, бирок 2000-жылдын 10-августуна чейин ал өткөрүлгөн эмес. Медициналык эксперт автордун денесиндеги тактар ал сүрөттөгөн денеге келтирилген жаракаттар менен, о.э. алар келтирилген убакытка туура келет деген бүтүм чыгарып берген. Адвокат башка эч арыз же өтүнүч жиберген эмес, себеби,

автордун сөзү боюнча, репрессиялардан корккон.

2.6 Сот териштирүү иштеринин жүрүшүндө башынан аягына чейин автор өз күнөөсүн моюнга алган эмес. Бишкек шаардык сотуна 2002-жылдын 22-июлунда жазуу жүзүндө берген өзүнүн көрсөтмөлөрүндө ал тергөөнүн жүрүшүндө күнөөнү кыйноолор астында моюнга алгандыгына даттанган жана өзүнүн күнөөсүз экендигин билдирген. 2002-жылдын июлунда (күнү так көрсөтүлгөн эмес) автор Республиканын президентине да өзү кыйноолого дуушар болгондугу жөнүндө арыз жиберген. Анын бир да арызы каралган эмес.

Доомат

3.1 Автор Пакттын 6,7,9-беренелеринде, 10-беренсинин 1-пунктунда, 14-беренесинин 1-пунктунда, 2-беренесинин 3-пунктунда, 14-беренесинин 3 b, 3 g -пунктарында жана 15-беренсинин 1-пунктунда каралган укуктарын Кыргызстан бузгандыгынын курманы болдум деп билдирет.

3.2 Автор 14-бereненин 3 b, 3 g -пунктарында бекитилген укуктары катышуучу мамлекет тарабынан бузулгандыгын белгилейт, себеби ал көрсөтмө берүүдөн баш тартуу укугуна ээ экендиги жана өзүнө каршы өзү көрсөтмө берүүгө мажбур эместиги жөнүндө ага маалымдалган эмес. Андан тышкары, ал камакка алынган мезгилден тартып, адвокаттын жардамы көрсөтүлгөн эмес; ал кармалгандан кийин дароо эле укуктук жардам көрсөтүүнү сураганына карабай, ага мындай жардам алуу укугу бар экендиги тууралуу маалымат берилген эмес.

Катышуучу мамлекеттин бул билдирүүнүн аныктыгы жана маңызы боюнча берген маалыматы

4.2 Катышуучу мамлекет укук коргоо органдарынын кызматкерлери күнөөлөрдү моюнга алууга авторду мажбурлоо үчүн мыйзамсыз ыкмаларды колдонгондуктары жөнүндө, о.э. ал «сот чечиминин үстүнөн арыз берүү укугунан ажыратылгандыгы, ал эми анын коргонуу укугу камсыз кылынбагандыгы» жөнүндө анын ырастоолору «чындыкка дал келбейт» деп белгилейт. Катышуучу мамлекет автордун адвокаты берген арыз апелляциялык тартипте Бишкектин шаардык соту тарабынан каралгандыгын, ал сот биринчи инстанциядагы соттун чечимин өзгөртүүсүз калтыргандыгын билдирет. О.э. катышуучу мамлекет учурда күчкө ээ мыйзамдарга ылайык, күнөөлүү деп табуучу сот чечимин соттолгон адамдын өтүнүчү боюнча «соттолуучунун абалын начарлатпастан» кайра кароо «убакты жагынан чектел-

ген эмес». Ошондуктан автор ага карата сот чыгарылгандан 6 жылдан кийин сот көзөмөлү тартибинде ал чечиминин үстүнөн Жогорку сотко арыз берүүгө укуктуу деп билдирет.

Билдирүүнүн маңызы боюнча кароо

7.3 Комитет 7-беренени бузуп, ырайымсыз мамиле кылынгандыгы жөнүндө арыз келип түшкөндө, катышуучу мамлекет аны токтоосуз түрдө жана калыс териштирүүсү керектигин эскертет. Бишкек шаардык сотунун 2002-жылдын 30-июлундагы чечиминде Ахадов мырзанын кыйноолор жөнүндө ырастоолору эске салынганы менен, алар иштин материаларды күнөөлөнүүчүнүн айыбын ырастап турат деген жалпы билдирүү аркылуу четке кагылган. Комитет бул каралып жаткан иштин жагдайында катышуучу мамлекет автордун кыйноо ыкмалары колдонгондугу жөнүндө ырастоолорун мамлекеттик кылмыш жаза процедураларынын да, бул билдирүүнүн на контексттинде бийлик тарабынан токтоосуз жана талаптагыдай каралгандыгына эч далил келтирген эмес деп болжойт. Ошондуктан автордун ырастоолору эң олуттуу мамилеге татыктуу деп эсептейт. Жогоруда айтылгандардын негизинде Комитет ага берилген факттар Пакттын 7-беренесинде жана 14-беренсинин 3 g-пунктунда каралган Ахадов мырзанын укуктары бузулгандыгын күбөлөндүрөт деген тыянак чыгарат. Бул тыянакты эске алганда, пакттын 10-беренеси боюнча автордун ырастоолорун кароо зарылчылыгы жок.

7.5 Комитет бул каралып жаткан иште соттор, автордун милиция кызматкерлери тарабынан болгон ырайымсыз мамилеге карата арызын талаптагыдай карабагандыгын тастыктайт. Муну катышуучу мамлекет да моюнга алат. Комитет ушунун натыйжасында Ахадов мырзанын иши боюнча соттук териштирүүдө олуттуу процессуалдык эреже бузуулар болгондугун болжойт, бул болсо жалпы эле териштирүүнүн акыйкаттыгына күмөн туудурат. Буга байланыштуу катышуучу мамлекет тараптан эч кандай пикир айтылбагандыгынан, о.э. автордун ар бир ырастоолорун өз-өзүнчө кароо зарылчылыгынын жоктугунан, Комитет каралып жаткан иштин жагдайларында берилген факттар Пакттын 14-беренесинин 1-пункту боюнча автордун укуктары өзүнчө бузулгандыгын болжойт. Бул тыянакты эске алып жана акыйкаттык кепилдигин бузуу менен жүргүзүлгөн сот териштирүүсүнөн кийин авторго карата өлүм жазасына тартуу чечими чыгарылгандыгына байланыштуу, автор пакттын 6 жана 14-беренелеринде каралган укуктарды бузуунун да курманы болгондугун Комитет тастыктайт.

8. Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактка ка-

рата Факультативдик протоколдун 5-беренесинин 4-пунктуна ылайык иш-аракет кылуу менен, Адам укуктары боюнча комитет катышуучу мамлекет Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакттын 6-беренесин 14-берене менен биргеликте, 7,9-беренелерин, 14-беренесинин 3 g жана 1-пунктарын бузгандыгын тастыктайт.

9. Комитет Пакттын 2-беренесинин 3 "а" -пунктуна ылайык, катышуучу мамлекет авторго укуктук коргонуунун натыйжалуу каражаттарын бериши керек деп болжойт. Атап айтканда, кыйноолор жана ырайымсыз мамилелер жөнүндө ырастоолорду ар тараптуу жана кылдат териштирип, авторго ырайымсыз мамиле кылууга күнөөлүүлөрдүн үстүнөн кылмыш ишин козгоо; ишти Пактта бекитилген бардык кепилдиктерге ылайык кайра териштирүү же аны бошотуу маселесин карап чыгуу; о.э. авторго келтирилген зыяндын ордун талаптагыдай төлөп берүү керек. Катышуучу мамлекет укук бузууларга келечекте жол берилбеши үчүн чараларды көрүүгө милдеттүү.

Дмитрий Гридин Россияга каршы, Адам укуктары боюнча комитеттин чечими, 2000[157]

***

1. Билдирүүнүн автору россиялык студент 1968-жылы 4-мартта туулган Дмитрий Леонидович Гридин. Ал Пакттын 14-беренсинин 1, 2, 3 b, e жана g-пункттарын Россия бузгандыгынын курманы болдум деп ырастайт. Бул ишке байланыштуу пакттын 9 жана 10-беренелери боюнча да суроолор пайда болот. Ага Эл аралык коргоого көмөк көрсөтүү борборунан А. Манов өкүлчүлүк кылат.

Факттар автордун айтуусунда

2. Билдирүүнүн автору 1989-жылдын 25-ноябрында Зыкина аттуу жаранды зордуктоо жана өлтүрүү максатында кол салды деген күнөө менен камакка алынган. Камак алдында жаткан учурда ага дагы 6 кол салуу боюнча күнөө коюлган. 1990-жылдын 3-октябрында Челябинск областтык соту аны коюлган айыптар боюнча күнөөлүү деп таап, өлүм жазасын ыйгарган. Анын Жогорку сотко берген 1991-1-жылдын 21-июнундагы кассациялык арызы канааттандыруусуз калган. Андан кийнки 1991-жылдын 21-октябрында жана 1992-жылдын 1-июлунда берген арыздары да четке кагылган. Прокуратурага берилген 1991-жылдын 12-декабрындагы, 1992-жылдын 16-январындагы жана

[157] Dimitry L. Gridin v. Russian Federation, Communication No. 770, Human Rights Committee, U.N. Doc. CCPR/C/69/D/770/1997 (2000).

11-мартындагы арыздары да канааттандырылган эмес. 1993-жылдын 3-декабрында авторго ыйгарылган өлүм жазасы өмүр аягына чейин камакта отуруу жазасына алмаштырылган.

Доомат

3.1 Автор аны камакка алууга ордер 1989-жылдын 29-ноябынрда, б.а. ал камакка алынгандан 3 күндөн ашык убакыттан кийин берилгендигин ырастайт. О.э. анын өтүнгөнүнө карабай, адвокат менен жолугушуу мүмкүнчүлүгү 1989-жылдын 6-декабрына чейин берилген эмес деп билдирет.

3.2 Ал аны 48 саат бою суракка алгандыктарын, болгондо да бул убакыт ичинде тамак да беришпегендиги, уктатпагандыктарын ырастайт. Анын көз айнегин да алып коюшкан, ошондуктан ал эч нерсени жакшы көрө алган эмес. Суректын жүрүшүндө аны уруп-согушкан. Ага үй-бүлөсү андан баш тартып жатат жана ал үчүн өлүм жазасынан кутулуунун жалгыз жолу күнөөлөрдү моюнга алуу деп айтышкандыгын, ошондон кийин ал ага коюлган 6 кылмыш боюнча, жана дагы башка 3 кылмыш боюнча күнөөнү мойнуна алгандыгын билдирет.

3.3 Автордун адвокатына пландалып жаткан тергөө иштери жөнүндө кабарланган эмес деп ырасталат. Атап айтканда, 1990-жылдын январында автор медициналык экспертизага жиберилген, анын адвокатына болсо бул жөнүндө маалымат берилген эмес.

3.4 Автор буюм түрүндөгү далилдерди колдонууда РФнын Кылмыш жаза кодексин бузууларга жол берилген деп ырастайт. ...

3.5 Автор анын күнөөсүздүк презумпцияга карата укугу бузулгандыгын билдирет. 1989-жылдын 26-30-ноябрь аралыгында радио жана газета аркылуу автор эң коркунучтуу киши өлтүргүч – бир нече кызды зордуктап, анын үчөөнү өлтүргөн «лифтер» деп жарыяланган. Андан тышкары, 1989-жылдын 9-декабрында милициянын башчысы дал ушул автор киши өлтүргүч экендигине ишенерин жарыялаган жана бул билдирүү телевидение аркылуу берилген. О.э. автордун ырастоосу боюнча, тергөөчү иш сотто каралганга чейин эле коомчулуктун чогулуштарында аны күнөөлүү деп жарыялап, коомчулуктан коомдук күнөө коюучуларды дайындап берүүгө чакырган. Ушунун натыйжасында анын ишин сотто кароодо он коомдук айыптоочу катышкан, ал эми анын бир гана коомдук коргоочусу болгон жана ал дагы кечирээк сот отурумунан чыгып кетүүгө аргасыз болгон. Автордун сөзү боюнча, сот залы аны өлүм жазасына тартыш керек деп кыйкырган элдерге толгон болчу. О.э. ал коомдук айып коюучулар менен

жабыр тарткандар күбөлөрдү жана коргоочуларды коркутушкандыгын, ал эми судья муну токтотууга эч чара көрбөгөндүгүн билдирет. Ушул жагдайлардын себебинен сотто башкы күбөлөрдү талаптагыдай суракка алуу мүмкүн болгон эмес.

Катышуучу мамлекеттин берген билдирүүсү жана ага карата автордун пикири:

[....]

4.3 Катышуучу мамлекет сот отурумунда милиция кызматкерлери кысым көрсөткөндүгү тууралуу автордон жана анын адвокатынан эч арыз түшпөгөндүгүн ырастайт. Андан ары Катышуучу мамлекет алдын ала тергөө иштеринин жүрүшүндө, анын ичинде адвокаттын катышуусундагы иштерде автор кылмыштын жагдайлары тууралу кенен көрсөтмө бергендигин ырастайт. Катышуучу мамлекеттин айтуусу боюнча, автор өз көрсөтмөлөрүн сотто гана өз туугандарынын кысымы астында өзгөрткөн.

Суроолор жана аларды Комитетте кароо ирети:

[....]

6.4 Тергөөнүн жүрүшүндө милиция кызматкерлеринин одоно мамилеси жана физикалык кысым көрсөтүүсү, анын ичинде авторго көз айнегин колдонуу мүмкүнчүлүгүн бербей коюшкандыгы жөнүндө ырастоолор жөнүндө айтсак, бул укук бузуулар жөнүндө дооматтардын көбү сотто айтылбагандыгы Комитетке келип түшкөн материалдардан көрүнөт. Ал дооматтардын баары кассациялык арызда келтирилген, бирок Жогорку сот аларды негизсиз деп тапкан. Мындай шартта Комитет, автор өз арызын Факультативдик протоколдун 2-беренсинин мазмуну боюнча негиздеп берген эмес деп эсептейт.

6.5 Медициналык күбөлөндүрүү боюнча тергөө иштери качан өткөрүлөрү тууралуу автордун адвокатына билдирилген эмес деген ырастоо боюнча, Жогорку сот текшерүү жүргүзгөндүгүн жана эч кандай мыйзам бузуу болбогондугун аныктаганын Комитет белгилейт жана анын негизинде бул арыз колдонорлук деп таануу үчүн жетишсиз негизге ээ деп эсептейт.

7. Комитет калган арыздар колдонорлук деп жарыялайт жана аларды тараптар берген маалыматтардын алкагында, Факультативдик протоколдун 5-беренесинин 1-пунктунда талап кылынгандай карооо өтөт.

8.1 Автор тийиштүү санкциясыз камакка алынгандыгы жана мындай санкция ал кармалгандан 3 күндөн ашык убакыттан кийин берилгендиги жөнүндө ырастоо боюнча, о.э. мыйзам боюнча санкция адам кармалгандан кийинки 72 саат ичинде берилиши керектиги боюнча суроолорду катышуучу мамлекет эч козгобогондугун Комитет белгилейт. Буга байланыштуу Комитет каралып жаткан бул иштин жагдайларын эске алып, автор мыйзам тарабынан бекитилген процессуалдык ченемдерди бузуу менен эркинен ажыратылган деп эсептейт, демек, анын кароосуна коюлган факттар 9-берененин 1-пункту бузулгандыгын көрсөтөт деген тыянакка келет.

8.2 Автордун ага калыс сот териштирүүсү камсыз кылынбагандыгы жана айрыкча сот залында кастык маанайдагы абалды, андагы адамдардын көрсөткөн кысымын жоюу боюнча сот эч чара көрбөгөндүгү, анын натыйжасында коргоочу күнөө коюучунун күбөлөрүн талаптагыдай суракка алып жана коргоо негиздерин билдире албагандыгы, демек 14-берененин 1-пункту бузулгандыгы тууралуу билдирүүсү боюнча Комитет автордун арызын кароодо Жогорку сот бул маселеге токтолгондугун, бирок ал боюна эч кандай конкреттүү чечим кабыл албагандыгын белгилейт. Комитет сот процессин жогоруда сүрөттөлгөн түрдө жүргүзүү 14-берененин 1-пунктунун мааниси боюнча автордун акыйкат сот териштиүүсүнө болгон укугу бузулгандыгы жөнүндө айтууга негиз берет деп эсептейт.

8.3 Күнөөсүздүк презумпциясынын бузулгандыгы жөнүндө ырастоо боюнча, анын ичинде укук коргоо органдарынын жогорку кызмат адамдарынын коом алдында ачык билдирүүлөрү, анда автор күнөөлүү адам деп аталганы жана бул массалык маалымат каражаттарында кенен чагылдырылганы тууралуу ырастоолору боюнча, Комитет автордун арызын кароодо Жогорку сот бул маселеге токтолгондугун, бирок ал боюна эч кандай конкреттүү чечим кабыл албагандыгын белгилейт. Комитет 14-берене боюнча өзүнүн №13 жалпы маанидеги эскертүүсүнө шилтеме жасайт. Анда мындай деп айтылган: «Ошондуктан бардык мамлекеттер сот процессинин кандайча бүтөрүн алдын ала айтуудан өзүлөрүн карманууга милдеттүү». Комитет каралып жаткан маселеде бийликтегилер 14-берененин 2-пункту талап кылган өзүн карманууучулукту көрсөткөн эмес, ошону менен автордун укуктары бузулган деп эсептейт.

8.4 Жогоруда 3.4 жана 3.7-пункттарда берилген калган билдирүүлөр боюнча Комитет Жогорку сот автордун буюм түрүндөгү

далилдерди бурмалоо болгондугу, авторду күбөлөргө таанытуу процедурасы сакталбагандыгы жана сотто берилген көрсөтмөлөр менен протоколдо жазылган көрсөтмөлөр бири-бирине төп келбегендиги жөнүндө конкреттүү арыздарын карап чыккандыгын белгилейт. Бирок бул конкреттүү ырастоолор далилденди деп таануудан сот баш тарткандыгы сот териштирүү иши жалпысынан акыйкат болгондугу тууралуу суроону козгогон эмес, ошондуктан Пакттын 14-беренесинин 1-пункту бузулгандыгы тууралуу Комитет тыянак чыгаруусу үчүн негиз бербейт.

8.5 Автор камакка алынгандан кийин беш күн бою адвокаттын кызматынан пайдалана алган жокмун деген ырастоосу боюнча ... Комитет автор талап кылганына карабай, ага адвокаттын жардамынан пайдалануу укугу берилбегендиги жана ошол мезгилде анын сурakка алынышы 14-берененин 3 b -пункту боюнча автордун укугун бузгандык деп эсептейт. Андан тышкары, Комитет автордун өз адвокаты менен жекеме-жеке кеңешүү мүмкүнчүлүгүнүн болбогондугу да – бул ырастоону катышуучу мамлекет четке каккан эмес – Пакттын 14-беренесинин 3 b -пунктун бузгандык деп эсептейт.

10. Пакттын 2-беренесинин 3-пунктуна ылайык, катышуучу мамлекет Гридин мырзаны укуктук коргонуунун натыйжалуу каражаты менен камсыз кылышы керек. Бул болсо компенсациянын төлөнүшүн жана токтоосуз түрдө анын бошотулушун билдирет. О.э. катышуучу мамлекет келечекте мындай укук бузууларга жол берилбеши үчүн чараларды көрүүгө милдеттүү.

11. Факультативдик протоколдун катышуучусу болуу менен мамлекет Пактты бузуу болгон-болбогондугун аныктоо боюнча Комитеттин компетенциясын тааныгандыгы жөнүндө фактты, о.э. катышуучу мамлекет Пакттын 2-беренесине ылайык катышуучу мамлекет өз территориясында, өз юрисдикциясы алдында турган бардык адамдарды Пактта каралган укуктар менен камсыз кылууга, алар тараптан укук бузуу болгон учурда укуктук санкция менен камсыздалган натыйжалуу коргонуу каражатын берүүгө милдеттенгендигин эске алып, Комитет 90 күндүк мөөнөттө катышуучу мамлекеттен Комитеттин пикирлеринде камтылган тыянактарды ишке ашыруу үчүн көрүлгөн чаралар тууралуу маалымат алууну каалайт.

Феликс Кулов Кыргызстанга каршы, Адам укуктары боюнча комитеттин чечими, 2010[158]

***

1. Билдирүүнүн автору 1948-жылы туулган Кыргызстандын жараны, билдирүү берген учурда Кыргызстанда түрмөдө жаткан Феликс Кулов мырза. Ал жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакттын 2,7,15,19-беренелеринин, о.э 9-беренесинин 1,3,4-пункттарынын, 14-беренсинин 1, 2, 3 а-е и 5-пункттарынын жана 25-беренсинин а пунктунун кыргызстан тарабынан бузулушунун курманы болгондугун ырастайт. Факультативдик протокол Кыргызстан үчүн 1995-жылдын 7-январында күчүнө кирген.

Дооматтын маңызы

3.2 [башка беренелерден сырткары] 9-бereненин 1-пункту бузулган деп ырасталат, себеби автор 2000-жылы 22-мартта ооруканада дарыланып жаткан учурда камакка алынган, болгондо да камакка алуу ал тергөө ишине тоскоолдук кылат же жашырынып алат деген шектенүү менен түшүндүрүлгөн. Автор аны камакка алуу чечими мыйзамсыз болгон, себеби ал жашырынып же тергөөгө ишине тоскоолдук кылганы жаткандыгы жөнүндө тергөөнүн эч далили жок болчу деп ырастайт. Автор аны 2000-жылы жана 2001-2002-жылдарда түрмөдө кармоо негизсиз жана ашыкча болгон деп эсептейт.

Иштин маңызын кароо

8.2. Комитет 7-беренеге байланыштуу автордун УККнын имараттарында 2000-жылдын 22-мартынан 7-августуна чейин, о.э. 2001-жылдын 22-январынан 2003-жылдын апрелине чейин камакта жатканда ага кат жазышууга жана сырт менен байланышууга тыюу салынгандыгы жөнүндө, ал тышкы дүйнө менен катнашуу мүмкүнчүлүгү жок болгондугу жөнүндө дооматын эске алат. Катышуучу мамлекет бул арызга эч түшүндүрмө берген жок. Комитет кыйноолорду же ырайымсыз, адамгерчиликсиз, ар намысына шек келтире турган мамиле кылууга жана жазалоого тыюу салууга тиешелүү өзүнүн № 20 (1992) жалпы эскертмесин эске салат. .... Жогоруда айтылгандарды эске алуу менен, Комитет автор ырайымсыз, адамгерчиликсиз, ар намысына шек келтире турган мамилеге дуушар болгон жана муну менен Пакттын 7-беренеси бузулган деп эсептейт.

---

[158] Felix Kulov v. Kyrgyzstan, Communication No. 1369/2005, Human Rights Committee, U.N. Doc. CCPR/C/99/D/1369/2005 (26 July 2010).

8.3. Комитет автордун аны камакка алуу чечими 9-берененин 1-пунктуна байланыштуу мыйзамсыз болгон, себеби ал жашырынып же тергөөгө ишине тоскоолдук кылганы жаткандыгы жөнүндө тергөөнүн эч далили жок болчу деген ырастоосун эске алат. ... Камакка алуу бардык жагдайларда зарылчылык негизинде болушу керек. Мисалы, ал жашырынып калуу, же далилдерди топтоого тоскоолдук кылуу же жаңы кылмыш жасоо аракеттерине жол бербөө зарылчылыгынан келип чыгышы мүмкүн. Катышуучу мамлекет каралып жаткан иште аталган факторлор болгондугун көрсөткөн жок. Башка эч бир маалымат болбогон шартта Комитет Пакттын 9-беренесинин 1-пункту бузулган деп тыянак чыгарат.

8.4. Пакттын 2-беренесинин 1 жана 2-пункттары менен бирге каралуучу 9-берененин 3-пункту боюнча, автор аны камакка алуу жөнүндө токтом прокурор тарабынан, б.а. аткаруучу бийлик өкүлү тарабынан мыйзамга ылайык, ал жокто санкциялангандыгын, о.э. ал судьяга же мыйзам боюнча сот бийлигин ишке ашырууга укуктуу башка кызмат адамына жеткирилбегендигин билдирет. Комитет катышуучу мамлекет Пакттын 9-беренесинин 3-пунктуна ылайык «мыйзам боюнча сот бийлигин ишке ашырууга укуктуу башка кызмат адамы» деп кароо үчүн прокурор зарыл объективдүүлүккө жана калыстыкка ээ экендигин далилдей турган эч маалымат бербегендигин белгилейт. ... Комитет келтирилген факттар Пакттын 9-беренесинин 3-пункту боюнча автордун укуктары бузулгандыгын күбөлөндүрөт деген тыянакка келген.

8.5 Автор о.э. 9-беренесинин 4-пунктунун бузулгандыгы жөнүндө ырастайт, себеби, мурдатан билдирилгендей, 2001-жылдын 6-февралында ал өзүнө каршы үчүнчү сот иши козголгондугуна байланыштуу СИЗОдо жаткан. Билдирүүлөр боюнча 2001-2003-жылдар аралыгында аны камакта кармоо прокурордун санкциясы менен тергөө тарабынан бир нече жолу, бирок эч сот көзөмөлүсүз узартылган... Катышуучу мамлекет бул билдирүүлөргө эч түшүндүрмө берген эмес. Башка эч бир маалымат болбогон шартта Комитет Пакттын 9-беренесинин 4-пункту бузулган деп тыянак чыгарат.

8.7. Комитет күнөөсүздүк презумпциясынын бузулгандыгы жөнүндө автордун ырастоолорун эске алат, себеби, маалымдалгандай, бийликтегилер аны кылмышкер катары көрсөтүү үчүн мамлекеттик массалык маалымат каражаттарын пайдаланышкан, ал эми анын адвокаттарына иштин материлдары менен таанышып чыгууга аз гана убакыт берилген жана тергөө берген кошумча далилдерди изилдөөгө тоскоолдук кылуу үчүн ар кандай «бөгөттөр» жасалган; авторду кызмат ордунан кыянаттык менен пайдалангандыгы үчүн эки жолу соттошкон, ал эми

каралып жаткан билдирүү берилген учурда бүтө элек болгон үчүнчү сот иши ошол эле негиздерде козголгон; анын Россиядан келген адвокатты ишке киргизүү жөнүндө өтүнүчү мыйзамга туура келгендигине карабастан, четке кагылган; ...Катышуучу мамлекет тарабынан башка маалымат берилбеген шартта Комитет автордун билидрүүлөрү жетишерлик олуттуу деп эсептейт жана Пакттын 14-беренесинин 2-пунктунун b, c, d, e бөлүкчөлөрү жана 3-пункту бузулгандыгы жөнүндө тыянак чыгарат.

8.8. Жогорку соттун көзөмөлдөө процедурасынын алкагында автордун ишин кароо анын өзүнүн жана адвокаттарынын катышуусу жок, бирок прокурордун катышуусунда жүргөндүгү тууралуу автордун ырастоосу боюнча, Комитет катышуучу мамлекеттин Кылмыш жаза кодексине ылайык көзөмөлдөө процедураларында күнөөлөнүүчүнү катышуусу жөнүндө суроону сот өзү чече тургандыгын, катышуучу мамлекет эмне үчүн авторго жана анын адвокаттарына Жогорку сотто ишти кароого катышууга уруксат берилбегендигин түшүндүрө алган эместигин белгилейт. Башка эч бир маалымат болбогон шартта Комитет Пакттын 9-беренесинин 5-пункту бузулган деп тыянак чыгарат.

9. Адам укуктары боюнча комитет Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактка карата Факультативдик протоколдун 5-беренесинин 4-пунктуна ылайык, катышуучу мамлекет аталган Пакттын 7-бернесин, 9-бернесинин 1, 3, 4-пункттарын, 14-бернесинин 1,2-пункттарын, 3-пунктунун b, c, d, e бөлүктөрүн бузган деген бүтүмгө келет.

10. Пакттын 2-беренсинин 3 а пунктуна ылайык, катышуучу мамлекет авторго укуктук коргонуунун натыйжалуу каражаттарын берип, талаптагыдай компенсация төлөөгө, о.э. Пакттын 7-беренсине ылайык авторго ырайымсыз мамиле кылууга жооптууларды аныктоо максатында иш козгоого милдеттүү. Катышуучу мамлекет о.э. келечекте мындай укук бузууларга жол бербөөгө милдеттүү.

Жахонгир Максудов Кыргызстанга каршы, Адам укуктары боюнча комитеттин чечими, 2008[159]

1.1 Билдирүүнүн авторлору - өзбекстандын жарандары, 1975, 1974, 1956 жана 1959-жылдары туулган Жахонгир Максудов, Адил Рахимов, Якуб Ташбаев жана Расульджон Пирматов. Алар Кыргызстандын Ош шаарындагы СИЗОсунда өзбек прокуратурасынын сурамынын неги-

[159] Zhakhongir Maksudov and Adil Rakhimov, Yakub Tashbaev and Rasuldzhon Pirmatov v. Kyrgyzstan, Communication Nos. 1461,1462,1476& 1477/2006, Human Rights Committee, U.N. Doc. CCPR/C/93/D/1461,1462,1476& 1477/2006 (31 July 2008).

зинде өзбекстанга жиберилишин күтүп жатышкан мезгилде БУУнун Качкындардын иштери боюнча Жогорку комиссарынын офиси (БУУнун Жогорку комиссариатынын качкындардын иштери боюнча башкармачылыгы) тарабынан аларга качкын деген статус берилген.

1.2. 2006-жылдын 6-мартында (Максудов менен Рахимов үчүн), 2006-жылдын 8-июнунда (Ташбаев үчүн) жана 2006-жылдын 13-июнунда (Пирматов үчүн) адам укуктары боюнча комитет өзүнүн Процедуралар боюнча тартиптердин 92-эрежесине ылайык өзүнүн жаңы маалыматтар боюнча Атайын докладчысы аркылуу мамлекеттик тараптан авторлорду өзбекстанга алардын билдирүүсү Комитетте каралып бүткөнгө чейин өткөрүлүп берилбешин камсыз кылууну сураган. Коргоонун убактылуу чаралары жөнүндө кайра мамлекет тарабынан жооп болгон эмес. 2006-жылдын 9-августунда кыргыз прокуратурасынын чечиминин негизинде бардык авторлор өзбек укук коргоо органдарына тапшырылгандыгы тууралуу Комитетке ошол жылдын 11-августунда адвокат билдирген.

Максудов Жахонгирдин окуясы

2.1. 2005-жылдын 13-майында таңкы саат 5-6 чамасында Андижанга (өзбекстан) жумушка бара жатып, Максудов шаардын борбордук аянтында демонстрация болуп жаткандыгы жөнүндө билет. Саат 7-8 аралыгында ал жакырчылыкка, өкмөттүк репрессияларга жана кенен жайылып кеткен коррупцияга карата нааразылыктарын билдирип жаткан башка адамдарды карап турган. Ал аталган жыйынга кошулган эмес. Бир убакта аскерлер топ элди карай башаламан ок ата башташкан. үрөйү учкан жана өзбек бийлигинин куугунтугунан корккон Максудов 2005-жылдын 14-майында Кыргызстандын чек арасынан өтүп кеткен.

2.2. Максудов 2005-жылдын 13-майында Андижандан качкан дагы 524 адам менен бирге өзбек-кыргыз чек арасына узата, Жалал-Абад шаарына жакын Сузак районунда (Кыргызстан) орнотулган чатыр лагерине жайгаштырылган. Аталган лагерь КРнын Тышкы иштер министрлигинин Миграциялык кызмат бөлүмүнүн жетекчилиги астында БУУнун Жогорку комиссариатынын качкындардын иштери боюнча башкармачылыгы тарабынан уюшулган[160].

2.3. 2005-жылдын 28-майында өзбекстандын Башкы прокура-

[160] [FN2] On 22 September 2005, the Department of Migration Services under the Kyrgyz Ministry of Foreign Affairs was transformed by the Resolution of the Zhogorku Kenesh (Parliament) into the State Committee on Migration and Employment of the Kyrgyz Republic.

турасы Максудовду камакка алууга жана аны Андижан областындагы Ички иштер министрлигинин бөлүмүнө кармоого жеткирүүгө уруксат берген. 2005-жылдын 28-майында ага терроризм (өзРнын КЖКнын 155-беренеси, 3-бөлүм), конституциялык тартипти өзгөртүү аракети (159-берене, 3-бөлүм), саботаж (161-берене), кылмыштуу топ уюштуруу (242-берене, 2-бөлүм), массалык баш аламан уюштуруу (244-берене), ок атуучу куралды, курал-жабдыктарды, жардыруучу заттарды жана жардыруучу жабдууларды мыйзамсыз алуу (247-берене, 3-бөлүм), алдын ала ойлонулган киши өлтүрүү (97-берене, 2-бөлүм) боюнча күнөө коюлган.

2.5. 2005-жылдын июнь айынын башында өзбек бийлиги Кыргызстандан 33 адамды, анын ичинде Максудовду өткөрүп берүүнү суранган; алардын баары өзРнын КЖКнын ар түрдүү беренелерине ылайык күнөөлөнүшкөн (кара: параграф 2.3). өткөрүп берүү сурануычы 1993-жылдагы Жарандык, үй-бүлөлүк жана кылмыш иштери боюнча юридикалык жардам жана юридикалык мамилелер боюнча Минск макулдашуусуна, о.э. Кыргызстан менен өзбекстандын ортосундагы Жарандык, үй-бүлөлүк жана кылмыш иштери боюнча өз ара юридикалык жардам көрсөтүү жөнүндө 1996-жылдагы макулдашуусуна ылайык берилген.

2.6. 2005-жылдын 9-июнунда Максудов Кыргызстандан баш калкоо сураган. Ошол эле күнү ал анын арызы КРнын ТИМдин Миграциялык кызмат бөлүмүндө катталгандыгын ырастоочу күбөлүк алган.

2.7. 2005-жылдын 16-июнунда Максудов дагы башка 16 адам менен бирге өзбекстандын прокуратурасынын бул адамдарды «террористер» деп атаган 2005-жылдын 28-майындагы чечиминин негизинде Кыргызстандын укук коргоо кызматкерлери тарабынан кармалып, Жалал-Абад ОИИБнын СИЗОсуна (Кыргызстан) камалган. Максудовду камакка алууга ордер Андижандын Прокурору тарабынан 2005-жылдын 29-майында берилген. Аны камака алуунун мыйзамдуулугу көзөмөл органдары менен сот тарабынан иликтенбегендигинен КРнын КЖКси бузулган[161].

2.10. Миграциялык кызмат бөлүмү Максудовдун Кыргызстандан баш калкоо сураган өтүнүчүн 2005-жылдын 9-июнунан 29-июлуна чейин караган. 2005-жылдын 19-июлунда ал Максудовдун баш калкоо сурашына негиз бар экендигин аныктаган, себеби ал Андижан

[161] [FN3] The author refers to Article 104 of the Kyrgyz CPC (correctly: article 110 of the read together with article 435 of the same Code).

окуяларына катышуучу жана күбө катары өзбекстан тараптан куугунтукка алынышы мүмкүн экендигине негиз бар. МКБ анын абалы Качкындарды статусу боюнча макулдашуунун 1 А-2-беренелеринин жана КРнын Качкындар жөнүндө мыйзамынын 1-беренесинин алкагында «качкын» деп аныктама берүү чегинде турат деп моюнга алган. МКБ Жалалабад ОИИБдан жана Жалалабад областтык прокуратурадан (Кыргызстан) өзбек территориясында оор кылмышы үчүн күнөөлөнүп жаткан адамдар, анын ичинде Максудов жөнүндө келип түшкөн маалыматтарды изилдеген. Максудов дагы башка үч адамдын коштоосунда Андижандын шаардык прокурору менен шаардык администрациянын курчалып алынган имаратына бара жаткан жана андан кайра келе жаткан мезгилдеги сүрөттүн көрсөтүлгөнүнө карабастан, Максудов Андижандын шаардык прокурорун тааныбагандыгын жана өзүнүн демонстрацияга катышкандагы жагдайды түшүнбөгөндүгүн ырастаган. Ал жарандык кийимчен куралдуу адамдар демонстрацияда болгондугун байкаган эместигин кошумчалаган. Бирок бул факт эл аралык бейөкмөт уюмдары тарабынан топтолгон күбөлөрдүн көп сандагы көрсөтмөлөрү менен ырасталган[162]. Бул жагдайларды МКБ Максудовдун демонстрация жана ага өзүнүн катышкандыгы жөнүндө айрым факттарды жашыруу аракети деп чечмелеген. МКБ Максудов Качкындар жөнүндө макулдашуунун 1 F-b –беренсине ылайык келбеген пунктка туура келет деген бүтүмгө келген 2005-жылдын 26-июлунда МКБ Максудовдун баш калкоо берүү суранычын четке кагуучу чечим чыгарган.

2.11. 2005-жылдын 3-августунда Максудовдун адвокаты МКБнын чечиминин үстүнөн Бишкекке шаардык сотко арыз берген. МКБ да, прокуратура да Максудов милиция бөлүмүнө кол салууда же Андижандын шаардык администрациялык имаратын курчоого жеке катышкандыгына далил келтиришкен эмес. 2005-жылдын 14-октябрында МКБ Бишкек шаарынын райондор аралык сотунунун чечиминин үстүнөн Бишкек шаардык сотко кассациялык арыз менен кайрылган.

2.13. 2005-жылдын 28-октябрында БУУнун Жогорку комиссариатынын качкындардын иштери боюнча башкармачылыгы Максудовго качкын деген статус берген. Аталган уюмдун БУУнун Женевадагы офисинде жайгашкан Кыргызстандын туруктуу миссиясына 2005-жылдын 28-октябрында жиберген вербалдык нотасына ылай-

[162] [FN5] Reference is made to the Human Rights Watch Publication “Bullets Were Falling Like Rain”, the Andijan Massacre, May 13, 2005.

ык, чечим Максудовдун ишинин бардык жагдайларын, анын ичинде өзРга өткөрүп берүүгө байланышкан жана БУУнун Жогорку комиссариатынын качкындардын иштери боюнча башкармачылыгы орунсуз деп тапкан материалдарды толук карап чыккандан кийин кабыл алынгандыгы билдирилет.

Ошол эле эскертүүдө БУУнун Жогорку комиссариатынын качкындардын иштери боюнча башкармачылыгы кыргыз бийлигине Максудов үчүнчү өлкөгө көчүп кетүүсү үчүн камактан бошотулушу керек деп билдирген.

2.14. 2005-жылдын 31-октябрында Максудовдун адвокаты МКБнын Бишкек шаарына берген кассациялык арызына каршы арыз берген.

2.15. 2006-жылдын 16-февралында Жогорку сот бишкек шаардык сотунун 2005-жылдын 13-декабрындагы чечимин колдогон. КРнын Жарандык процессуалдык кодексинин 359-беренесинин 1-параграфына ылайык, «көзөмөлдөө инстанциясынын чечими чыгарылган убакыттан тартып күчүнө кирет жана анын үстүнөн арыз берилбейт».

Комитеттин көз карашы:

12.2. [....] Комитеттин алдына коюлган биринчи суроо авторлорду эркинен ажыратуу катышуучу мамлекеттин тийиштүү мыйзамдарына ылайык болгон-болбогону жөнүндө эле. Авторлор КРнын КЖКнын 110-беренесин бузуу менен камакка алынышкан жана бул КРнын прокурору тарабынан санкцияланган эмес, о.э. адвокаттын катышуусу жок жасалган, демек ички мыйзамдардын тийиштүү жоболору бузулган деп ырасташат. Катышуучу мамлекеттен жооп болбогон учурда авторлордун ырастоолоруна алардын негиздүүлүгүнүн деңгээлине жараша көңүл буруу керек, жана окуялар авторлор сүрөттөгөндөй болду деп болжоо талапка ылайык. Демек, Комитет Пакттын 9-беренсинин 1-пунктту бузулган деп табат.

12.3. Жогоруда көрсөтүлгөн жагдайларга ылайык, Пакттын 9-беренесинин 1-пунктту бузулганын эске алып, Комитет 9-бернененин 3-пункту боюнча автордун ырастоолорун кароо зарылчылыгы жок деп эсептейт.

12.4 Авторлорду Кыргызстандан өзбекстанга өткөрүп берүү, аларды кабыл алган мамлекет тарабынан аларга карата кыйноолорду же ырайымыз мамиленин башка түрлөрүн колдонулуш коркунучуна дуушар кылдыбы, демек, Пакттын 7-беренесинде каралган зомбулук менен кайра кайтарууга тыюуну бузгандык болдубу деген суроо бо-

юнча Комитет мындай чыныгы коркунучтун болгон-болбогону катышуучу мамлекетке экстрадициялоо учурунда белгилүү болгон маалыматтардын негизинде чечилиши керек болчу жана андан экстрадициялоодон кийинки болгон окуялар баштапкы коркунучту баалоого тиешеси бар экендигине карабай, чынында болгон кыйноолорду далилдөөнү талап кылбайт деп белгилеген. Мындай мамиленин болуу коркунучун аныктоодо Комитет бардык тийиштүү элементтерди карап чыгышы керек. Кепилдиктердин болушу, алардын көлөмү, укук жол берүүчү механизмдердин болушу жана алардын колдонулушу тыюу салынган ырайымсыз мамиленин чынында эле болуу коркунучу бар-жогун жалпы аныктоого тиешелүү элементтер болуп эсептелет. Ушуга байланыштуу Комитет катышуучу мамлекеттер экстрадициялоо, чыгарып жиберүү же күчтөп кайтаруу жолу менен башка өлкөгө кайра келген адамдарды кыйноо, ырайымсыз, адамгерчиликсиз же ар намысын кемсинткен мамилеге кабылуу коркунучуна дуушар кылбоолору керектигин кайра кайталайт[163]. Бул принциптен улуттук коопсуздук максатында же адам күнөөлөнүп же шектелип жаткан кылмыштуу аракетке байланыштуу эч бир четтөө болбошу керек.

12.5 Комитет өзбекстан камакка алынгандарга карата кыйноо ыкмаларын кенен жана туруктуу пайдалана тургандыгы жөнүндө, о.э. мындай мамилеге дуушар болуу коркунучу, айрыкча саясий жана коопсуздук себептер менен кармалгандар үчүн өтө жогору экендиги жөнүндө ишенимдүү коомдук докладдарда камтылган маалыматтар катышуучу мамлекеттин бийлигине авторлорду экстрадициялап жаткан мезгилде белгилүү болгондугун же белгилүү болушу керектигин эң башында карап чыккан. Комитеттин пикири боюнча, бул элементтер өз ара айкашта авторлор үчүн экстрадицияланган учурда өзбекстанда кыйноолорго дуушар болуу коркунучун туудурган. Андан тышкары, авторлорду өзбекстанда издөөгө себеп болгон кылмыштар үчүн бул өлкөдө өлүм жазасына тартылат. Соттолуу жана өлүм жазасына тартылуу коркунучу 7-берене менен шайкеш келбей тургандыгын эске алганда, Пакттын 6-беренесинин 2-пунктун бузгандык болгон. өзбекстандын Башкы прокуратурасынын берген ишендирүүлөрү, анда ал кепилдиктердин конкреттүү механизмдеринин көрсөтүлбөгөндүгү мындай коркунучтардан коргоо үчүн жетишсиз болгон. Комитет мындай кепилдиктин ишенимдүүлүгү үчүн жок дегенде байкоо жүргүзүүнүн жол жоболору

[163] Адам укуктары боюнча комитет, №20-жалпы эскертме: Кыйноолорго, ырайымсыз, адамкерчиликсиз мамиленин же жазага карата тыюу (7-берене), 10-март, 1992 (HRI/GEN/1/Rev.8), пара. 9.

көрсөтүлүп, ал кепилдиктин текстинен сырткары жетишилген макулдашууларга ылайык, алардын натыйжалуу ишке ашырылышын камсыз кылуучу дагы кепилдиктер болушу керек болчу деп белгилейт[164].

12.6 Комитет, эгерде катышуучу мамлекет адамды өз юрисдикциясындагы территориядан чыгарса, жана ал адамга башка юрисдикция алдында оңдоого болбой турган зыян келтирүү боюнча, мисалы Пакттын 6,7-беренелеринде каралгандай чыныгы коркунуч бар болсо[165], катышуучу мамлекет өзүнөн өзү Пактты бузуучу болуп эсептелерин эскерткен. Себеби катышуучу мамлекет өзбекстандын берген ишендирүүлөрү кыйноо жана өлүм жазасына тартуу коркунучун 6-бereненин 2-пункту менен 7-бereненин талаптарына ылайык четке кагуу үчүн жетиштүү болгондугун көрсөткөн эмес. Ошентип, Комитет авторлорду экстрадициялоо Пакттын 6-беренесинин 2-пункту менен 7-беренесин бузгандык болгон деген бүтүм чыгарат.

12.7 Кыргызстандын Башкы прокуратурасынын 2006-жылдын 8-августундагы экстрадициялоо жөнүндө чечимин жокко чыгаруу үчүн натыйжалуу укуктук коргоо каражаттары жок деген ырастоо боюнча, Комитет кыйноолорду жана өлүм жазасын колдонуу коркунучунун чындап болгондугун эске алганда Пакттын 2-беренеси, 6-бereненин 2-пункту жана 7-берене менен бирге, акыркы жобону жоюу үчүн натыйжалуу укуктук коргоо каражаттарынын болушун талап кылат. Ушуга байланыштуу Комитет катышуучу мамлекетте авторлордун үстүнөн болгон бардык сот процесстери экстрадициялоо эмес, баш калкалоо берүү өтүнүчүнө байланыштуу болгондугун белгилейт. Ал андан ары Кыргызстандын мыйзамдары Башкы прокуратуранын экстрадициялоо жөнүндө чечимин ал аткарылганга чейин сот аркылуу кароого мүмкүндүк бербегенин жана авторлорго карата бул чечим эртеси күнү эле аткарылгандыгын белгилейт. Комитет зордук менен кайра кайтаруунун маңызына ылайык, адамга кайра оңдолгус зыян келтирбөө үчүн, о.э. эч пайдасыз жана маанисиз кайра кароо жүргүзүлбөшү үчүн экстрадиция жөнүндө чечимди, ал ишке ашырылганга чейин натыйжалуу кайра кароо мүмкүнчүлүгү

---

[164] Кара, Билдирүү No 1416/2005, Алзеры Швецияга каршы, Ой жүгүртүү 2006-жылы 25-октябрда кабыл алынган, параграф 11.5.

[165] Билдирүү No 469/1991, Нг Канадага каршы, Пикир 1993-жылы, 5-ноябрда кабыл алынган, параграф 6.2; Адам укуктары боюнча комитет, No 31-жалпы мазмундагы эскертме: Кыйноолорго, ырайымсыз, адамкерчиликсиз мамилелреге же жазалоолорго тыюу салуу жөнүндө пакт боюнча катышуучу мамлекеттерге жүктөлгөн жалпы укуктук милдеттеменин мащызы, 29-март, 2004 (HRI/GEN/1/Rev.8), параграф 12.

болушу керектигин эске салат[166]. Авторлордун жагдайында экстрадициялоо жөнүндө чечимдин натыйжалуу көз карандысыз кайра кароо үчүн эч бир мүмкүнчүлүк болбогондугу Пакттын 2-беренеси менен бирге, 6-бернененин 2-пунктун жана 7-беренесин бузгандык болгон.

Комитеттин чечими:

13. Адам укуктары боюнча комитет Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактка карата Факультативдик протоколдун 5-беренесинин 4-пунктунун негизинде иш-аракет кылуу менен келтирилген факттар Кыргызстан Пакттын 9-беренесинин 1-пункту, 6-беренсинин 2-пункту жана 7-беренси өз алдынча, о.э. 2-беренеси менен биргеликте авторлордун укуктарын бузган деп эсептейт. Комитет катышуучу мамлекет Факультативдик протоколдун 1-беренесине ылайык өз милдеттемелерин да бузгандыгы жөнүндө өз бүтүмүн кайталады.

Укуктук коргоо каражаттары:

14. Пакттын 2-беренесинин 3а-пунктуна ылайык, катышуучу мамлекет авторлорго натыйжалуу укуктук коргонуу каражаттарын, анын ичинде тиешелүү компенсациялык төлөмдү камсыз кылууга милдеттүү болчу. Мамлекетке Билдирүүнүн авторлору кабылган кырдаалга мониторинг жүргүзүү боюнча натыйжалуу чараларды көрүү милдети жүктөлгөн. Катышуучу мамлекет Комитетке авторлордун учурдагы абалы жөнүндө жаңы маалыматтарды туруктуу берип турууга чакырылган. О.э. катышуучу мамлекет келечекте мындай укук бузууларга жол бербөөгө милдеттүү.

Ассоциациялардын эркиндик укугу жана профессионалдык союздар

Исмаилов Азербайжанга каршы, Адам укуктары боюнча европалык соттун чечими, 2008[167]

***

Негизги факттар

Арыз ээси ал түзүүчү болгон коомдук бирикмени мамлекеттик каттоодон өткөрүүнүн өтө кечендетилиши, анын ассоциациялардын

[166] Кара, Алзеры Швецияга каршы, [шилтеме калтырылып кеткен]

[167] Ismayilov v. Azerbaijan, Application no. 4439/04, § 38, European Court of Human Rights, 17 January 2008.

эркиндигине карата укугун бузду деп билдирген. О.э. ал улуттук соттор көз карандысыз жана калыс эмес, ал эми соттук коргоо каражаттары коомдук бирикмелердин укуктарын коргоо жагынан натыйжалуу эмес деп билдирген.

Укук

I. Конвенциянын 11-беренесин бузгандык

B. Иштин маңызы

1. Тараптардын көз караштары

43. өкмөт арыз берүүчүнүн ассоциациялардын эркиндигине карата укугун ишке ашыруусуна эч кандай кийлигишүү болбогондугун ырастайт.

44. О.э. өкмөт юридикалык тарап деген статустун жоктугу уюмга өз иш-аракетин жүргүзүүдөгү тоскоолдук болуп эсептелбейт деп белгилейт. Буга байланыштуу уюм китеп чыгаргандыгын жана бул расмий каттоосуз эле өз ишин улантып жаткандыгын күбөлөндүрөрү эске салынган.

45. өкмөт уюмдун уставдык документтери мыйзамга ылайык даярдалган эмес деп ырастайт. Министрлик уюмдун түзүүчүлөрүнүн кайрылуусун кароодо кайсы бир процедуралык каталарды кетирген күндө да, ал катарларды, Конвенциянын 11-беренесин бузгандык деп эсептөөгө болбойт.

46. Арыз ээси юридикалык тарапты каттоону кечеңдетүү Конвенциянын 11-беренесин бузгандык деп ырастайт.

47. О.э. арыз ээси уюм расмий катталган статуска ээ болбогондугунун себебинен өз ишин толук өлчөмдө жүргүзө албагандыгын белгилейт. өкмөттүн өкүлү эскерген китеп жөнүндө айтсак, анда арыз ээси авторлордун бири катары көрсөтүлгөн, ал тиешелүү болгон уюмдун аталышы болсо, арыз ээсинин кесибин жана анын бейөкмөт уюмдар чөйрөсүндө тиешелүүлүгүн тастыктоо үчүн көрсөтүлгөн.

2. Соттун баасы

48. Сот коомдук бирикмени мамлекеттик каттоодон өткөрүүнүн министрлик тарабынан кечеңдетилиши де-факто каттоодон баш тарткандык болгон деген тыянакка келген. Юридикалык тарап статусуна ээ эмес уюм каттоого турбаган коомдук бирикме сыяктуу эле укуктук жөндөмгө ээ эмес. Каттоо жөнүндө арызды кароону негизсиз создуктуруу, эгерде бул Укук министрлигине байланыштуу болгон

болсо, анда муну ассоциациялардын эркиндик укугун ишке ашыруга кийлигишкендик деп эсептесе болот (кара: жогору эскертилген Ramazanova and Others иши, §§ 54—60).

49. Мындай кийлигишүү «мыйзам тарабынан каралган» эмес бардык учурларда, о.э. эгерде Конвенциянын 11-беренесинин 2-пунктунда бекитилген мыйзамдуу максаттардын бирин же бир нечесин көздөп жана ошол максаттарга «демократиялык коомдо жетишүү үчүн зарыл» болуп эсептелсе, Конвенциянын 11-беренесин бузгандык болуп эсептелет. (кара: Chassagnou and Others v. France [GC], №№ 25088/94, 28331/95 и 28443/95, § 104).

51. 1996-жылдын 6-февралындагы «Юридикалык тараптарды мамлекеттик каттоо жөнүндө» мыйзамдын 9-беренесинде арыз берген уюмду мамлекеттик каттоого алуу же аны каттоодон баш тартуу жөнүндө Укук министрлиги чечим кабыл алышы үчүн 10 күндүк мөөнөт бекитилген. Бул учурда, эгер юридикалык тараптын уюштуруу документтери мыйзамга ылайык келбесе жана оңдоого болбой турган кемчиликтери болсо, Министрликтин түзүүчүлөргө документтерди оңдоого кайтарып берүүсү үчүн ошол эле 10 күндүк мөөнөтү бар.

52. Бул иште Министрлик документтерди бир нече ай бою кармап жана ар бир арыз боюнча жоопту кечеңдеткен. Атап айтканда, 2002-жылдын 28-августундагы каттоого алуу жөнүндө кайрылууга жооп 3 айдан ашык кечиктирилген. Бул так белгиленген мөөнөттөр бекитилген мыйзам ченемдерине туура келбейт (кара: Ramazanova and Others, § 65).

53. О.э. Сот 1996-жылдын 6-февралындагы «Юридикалык тараптарды мамлекеттик каттоо жөнүндө» мыйзамда каттоо жөнүндө келип түшкөн арызга жоопту министрлик кечеңдеткенине байланыштуу мамлекеттик каттоонун создуктурулушунан же кармалышынан чыныгы коргонуу каражаттары каралган эместигин белгилейт.

54. Укук министрлиги мамлекетти каттоого алуу жөнүндө арызга жооп берүүнүн мыйзам бекиткен мөөнөтүн бузгандыгын аныктап, о.э. улуттук мыйзамдарда мындай кечеңдетүүлөрдөн коргоо каражаттары каралбаганын белгилеп, Сот ассоциациялардын эркиндиги укугун ишке ашырууга мындай кийлигишүү Конвенциянын 11-беренесинин 2-пунктунун мазмунуна ылайык, «мыйзамда каралган» болуп эсептелбейт деген тыянакак келген.

56. Ошентип, Адам укуктарын жана негизги эркиндиктерин коргоо жөнүндө Европалык конвенциянын 11-беренеси бузулган.

Төлөйкан Исмаилованын өтүнүчү боюнча Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун чечими, 2-март, 2010[168]

«Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна 2009-жылы 14-декабрда Т.А. Исмаиловадан КРнын «Жарандардын тынчтык жолу менен, куралсыз чогулуу, митингдер менен демонстрацияларды эркин өткөрүү укугу жөнүндө» мыйзамынын 3-беренесинин 1-пунктун, Бишкек шаарынын мэринин «Бишкек шаарында жарандардын коомдук иш-чараларын өткөрүүсү үчүн жерди белгилөө» жөнүндө 2009-жылдын 24-июлундагы N 401-токтомун конституциялык эмес жана КРнын Конституциясынын 2-беренесинин 3-пунктуна, 12-беренсине, 13-беренесинин 1-пунктуна, 14-беренсинин 6-пунктуна, 17-беренсинин 1-пунктуна, 18-беренсине, 21-беренсинин 3-пунктуна, 25-беренсине каршы келүүчү деп таануу жөнүндө арызы келип түшкөн. Арызга негиз катары төмөнкү себептер келтирилген. Бишкек шаарынын мэриясы «Бишкек шаарында жарандардын коомдук иш-чараларын өткөрүүсү үчүн жерди белгилөө» жөнүндө 2009-жылдын 24-июлундагы 401-токтому менен коомдук иш чараларды өткөрүү үчүн жергиликтүү бийлик органдарына билдирүүсүз эле Бишкек шаарындагы ипподромдун аймагындагы Л.Толстой, Ш.Термечиков, М.Алыбаев жана Репин көчөлөрү менен чектелген сейил бактын аянтын белгилеген».

«КРнын Конституциясынын 85-беренесинин 4-пунктунун 2-абзацына ылайык, Конституциялык сот тарабынан мыйзамдардын же алардын жоболорунун конституциялык эместигин аныктоосу, ошол мыйзамдын же анын жобосунун күчүн жоёт. Бишкек шаарынын мэриясынын «Бишкек шаарында жарандардын коомдук иш-чараларын өткөрүүсү үчүн жерди белгилөө» жөнүндө 2009-жылдын 24-июлундагы N 401-токтому жогоруда эскертилген мыйзамдын аталган ченемине негизделген, ошондуктан анын күчү жоюлушу керек. Мындай жагдайларда КРнын Конституциялык соту «Жарандардын тынчтык жолу менен, куралсыз чогулуу, митингдер менен демонстрацияларды эркин өткөрүү укугу жөнүндө» мыйзамынын 3-беренеси КРнын Конституциясынын 18 жана 25-беренелеринин талаптарын бузат деп эсептейт. Аталган беренелерде Конституцияда жанан мыйзамдарда каралабаган максаттарда адам эркиндиктери менен укуктарын чектөөгө

[168] Төлөкан Исмаилованын өтүнүчү боюнча Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун чечими, 2-март, 2010// Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун учурдагы архиви, 1993-2010.

жол берилбейт; жарандардын, анын ичинде Т.Исмаиловanын саясий жыйындарды, митингдерди, жүрүштөрдү, демонстрацияларды, пикеттерди тынчтык жолу менен куралсыз өткөрүү боюнча жарандык укуктарын ишке ашыруу жөнүндө сөзсүз маалымдалышы керек деп айтылган».

«Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту, курамында: төрайымы Сыдыкова С.К., орун басары Суталинов А.А., судьялар Абдугапаров А.А., Демин С.Н., Курбанова Ч.Ж., Мамыров О.Ж., Мусабекова Ч.А. жана Эсенканов К.Э., сот отурумунун катчысы Дубанаев К.С.»

«... чечим кылат:

«1. КРнын 2002-жылдын 23-июлундагы «Жарандардын тынчтык жолу менен, куралсыз чогулуу, митингдер менен демонстрацияларды эркин өткөрүү укугу жөнүндө» мыйзамынын 3-беренесин конституциялык эмес жана КРнын Конституциясынын 18 жана 25-беренелерине каршы келет деп таанылсын жана анын күчү жоюлсун.

Бишкек шаарынын мэриясынын «Бишкек шаарында жарандардын коомдук иш-чараларын өткөрүүсү үчүн жерди белгилөө» жөнүндө 2009-жылдын 24-июлундагы N 401-токтому жоюлсун. Исмаилова Төлөкан Асаналиевнанын арызы канааттандырылсын».

Өз оюн билдирүү жана дин эркиндиги

Худайберганова Өзбекстанга каршы, Адам укуктары боюнча комитеттин чечими, 2004[169]

***

1. Билдирүүнүн автору өзбекстандын жараны, 1978-жылы туулган Райхон Худайберганова. Ал Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакттын 18 жана 19-беренелеринде жарыяланган укуктарынын өзбекстан тараптан бузулушунун курмандыгы болгондугун ырастайт[170].

[169] Raihon Hudoyberganova v. Uzbekistan, Communication No. 931/2000, Decision of the Human Rights Committee, UN Doc CCPR/C/82/D/931/2000 (5 November 2004).

=

Факттар автордун айтуусунда

2.1 Худайберганова айым Ташкент мамлекеттик чыгыш таануу институтунун Филология факультетинин Фарси бөлүмүндө 1995-жылдан тартып окуган. Ал эми 1996-жылы аталган институттун Тарых факультетинин Ислам таануу бөлүмүнө которулган. Ал ислам динин туткан адам катары өз динине ылайык кийинүүчү экендигин жана 2-курстан тартып жоолук (хиджаб) салына баштагандыгын түшүндүрөт. Анын сөзү боюнча, 1997-жылдын сентябрынан тартып Институттун администрациясы динчил мусулмандардын динди тутуу укуктарын олуттуу чектей баштаган. Намазкана (бөлмө) жабылган, ал эми студенттер институттун жетекчилигине арызданышканда, администрация аларды куугунтукка ала баштаган. Хиджаб салынган бардык студенттерге Ташкент ислам институтуна которулуу сунушталган.

2.2 Автор жана аталган студенттер сабактарга катышууну улантышкан, бирок мугалимдер аларга улам барган сайын көп кысым көрсөтө башташкан. 1997-жылы 5-ноябрда Институттун ректоруна студенттердин укуктарынын бузулушу жөнүндө жаңы арыз түшкөндөн кийин, алардын ата-энелери Ташкентке чакыртылган. Ал жерге келгенде, автордун атасына Худайберганова коркунучтуу диний топко кошулуп кетти, ал кызга зыян кылышы мүмкүн, ал Институтта хиджаб салынып жүрөт жана тыюу салынганын карабай сабактарга катышып жатат деп билдиришкен. Худайберганованын апасынын катуу ооруп жаткандыгына байланыштуу аны атасы үйүнө алып кеткен. 1997-жылдын 1-декабрынан тартып ал Институтка кайтып келген жана идеологиялык жана тарбия иштери боюнча декандын орун басары анын ата-энесин чакырып, кызынын кандай кийингенине даттанган; ошондон кийин, автордун ырастоосу боюнча, аны коркутушкан жана лекцияларга киргизбөөгө аракет кылышкан.

2.3 1998-жылы 17-январда ага Институттун ички тартиби боюнча жаңы эрежелердин кабыл алынгандыгын жана алар студенттерге диний кийимдерди кийип жүрүүгө тыюу саларын билдиришип, ал эрежелерге кол коюп берүүнү суранышкан. Ал студенттерге беттерин жаап жүрүүнү уруксат кылбаган жоболор менен макул эместигин жазып, кол коюп берген. Эртеси күнү идеологиялык жана тарбия иштери боюнча декандын орун басары аны лекция учурунда өз кабинетине чакырып, ага жаңы эрежелерди кайра көрсөтүп, жоолугун чечип салууну суранган. 29-январда декандын орун басары автордун ата-энесине телефон чалып жана, автор ырастагандай, Худайберганова-

нын студенттик жатаканадан чыгарылышына байланыштуу өзүнө чакырган. 1998-жылы 20-февралда аны Ислам таануу бөлүмүнөн Филология факультетине которушкан. Ага Ислам таануу тобу жоюлат жана тийиштүү студент кыздар хиджаб салынбай калышса, кайра калыбына келтирилиши мүмкүн деп айтышкан.

2.4 1998-жылы 25-мартта Фарси бөлүмүнүн деканы авторго аны Институттан чыгаруу жөнүндө ректордун буйругун маалымдаган. Бул чечим автордун мугалимдерге терс мамилеси жана Институттун ички тартип эрежелерин бузгандыгы менен негизделген. Ага эгер ал хиджабга карата өз көз карашын өзгөртсө, буйрук жоюлат деп билдиришкен.

2.5 Укуктук коргонуунун бардык ички каражаттарын колдонуп көргөндүгү жөнүндө айтып жатып, автор 1998-жылдын 10-мартында ал Билим берүү министрлигине Институттагы мыйзам бузууларды токтотуу өтүнүчү менен кат жазгандыгын билдирет; автордун ырастоосу боюнча, бул каттын натыйжасында ал 1998-жылы 15-мартта өзүнүн студент деген статусун жоготкон. 1998-жылы 31-мартта ал ректорго анын чечими мыйзамсыз деп билдирүү менен арыз берген. 1998-жылы 13-апрелде ал Дин иштери боюнча комитеттин төрагасына (Министрлер кабинети) арыз берген; 1998-жылы 22-апрелде Төрага Институттун ички тартип эрежелерин сактоону кеңеш кылган. 1998-жылы 14-апрелде ал өзбекстандын Мусулмандар диний башкармачылыгына кайрылган, бирок «эч кандай жазуу жүзүндөгү жооп» алган эмес. 1998-жылы 3-мартта, о.э. 13 жана 15-апрелде ал билим министрлигине кат жиберген ,ал эми 1998-жылы 11-майда министрдин орун басары Институттун ички тартип эрежелерин сактоону кеңеш кылган.

2.6 1998-жылы 15-майда «Дин эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» жаңы мыйзам күчүнө кирген. Бул мыйзамдын 14-беренесине ылайык, коомдук жерлерге Өзбекстандын жарандарынын диний кийимчен келүүсүнө жол берилбейт[171]. Институттун администрация-

[171] Article 1 of the law read as follows: “Article 1. The aim of the present law is to ensure the right of every person to freedom of worship and religion, and the citizens equality irrespective of their religious convictions, and to regulate relations arising from religious organizations’ activity”. Article 14 reads as follows: “Article 14. Religious rites and ceremonies Religious organizations have a right to create and maintain facilities for free worship and carrying out religious rites, and to maintain pilgrimage sites. Worship, religious rites and ceremonies shall be exercised at a religious organization’s premises, prayer buildings and other properties belonging to the organization,

сы хиджаб салынуучулар окуудан чыгарылары тууралуу студенттерге маалымдаган.

2.7 1998-жылы 15-июлда автор райондук соттун чечиминин (30-июнь, 1998) үстүнөн Ташкент шаардык сотуна апелляция жиберген, ал эми 10-сентябрда шаардык сот аталган сот чечимин өзгөртүүсүз калтыруу жөнүндө токтом кылган. 1998-жылдын аягында жана 1999-жылдын январында ал республиканын парламентине, президентине жана Жогорку сотуна арыз жиберген; парламент жана президенттик администрация анын билдирүүлөрүн Жогорку сотко жөнөткөн. 1999-жылдын 3-февралында жана 23-мартында Жогорку сот авторго анын иши боюнча сот чечимдерин алып салуу үчүн негиз жок деп билдирген.

2.8 1999-жылдын 23-февралында ал өз арызы менен Омбудсменге кайрылган, ал эми ошол эле жылы 26-мартта Институттун ректору Омбудсменге берген жооптун көчүрмөсүн алган. Анда ректор, Худайберганова Институттун ички тартип эрежелерин дайыма бузган жана мугалимдерге орой мамиле кылган, о.э. анын иш-аракеттери ваххабиттердин экстремисттик тобуна кирип кеткендигин ырастаган жана аны кайра окууга киргизүүгө эч негиз жок деп ырастаган.

Катышуучу мамлекеттин билдирүүсү

4.2 Катышуучу мамлекет жарандык иштин материалдарында автор Институттун филология факультетине 1995-жылы кабыл алынгандыгы, ал эми 1996-жылы тарых факультетинин Ислам таануу тобуна которулгандыгы көрсөтүлгөндүгүн түшүндүрөт. Тартип эрежелеринин (институттун студенттеринин укук-милдеттерин жөнгө салуучу эрежелер) 2-жобосунун d бөлүгүнө ылайык, институттун аймагында «өзүнө ашыкча көңүл бурдуруучу» кийимдерди, анын ичинде бетин жаап (хиджаб менен) жүрүүгө тыюу салынат. Бул жобо 1998-жылы 15-январда студенттердин жалпы жыйынында талкууланган. Автор бул жобо менен жеке таанышгырылган жана анын d пункту

at pilgrimage sites, cemeteries, and in cases of ritual necessity and at citizens' will at home. Worship and religious rites can be exercised in hospitals, nursing homes, detention centers, prisons and labour camps at the request of the people staying there. Public worship and religious rites can be held outside religious buildings in the order established by the law of the Republic of Uzbekistan. Citizens of the Republic of Uzbekistan (except religious organization's ministers) cannot appear in public places in religious attire. Religious organizations cannot subject believers to compulsory payment of money, or taxation, and to actions insulting their honour and dignity".

менен макул эместиги тууралуу жазып берген. 1987-жылы 26-январда тарых факультетинин деканы авторго аталган эрежени бузуп жаткандыгы тууралуу эскертүү берген. Автор декандын буйругу менен таанышуудан баш тарткан, бул жөнүндө 1998-жылдын 27-январында тийиштүү акт түзүлгөн.

4.3 1998-жылы 10-февралда тарых факультетинин деканынын буйругу менен ички тартип эрежелерин сактабагандыгы үчүн авторго сөгүш жарыяланган. 1998-жылдын 16-мартындагы ректордун буйругу менен Худайберганова институттан чыгарылган. Аны окуудан чыгарууга негиз катары төмөнкүлөр көрсөтүлгөн: «мугалимге карата орой жана адепсиз мамиле жана окуу жайынын ички тартип эрежелерин бир нече жолку эскертүүлөрдөн кийинки бузуулар». Катышуучу мамлекет белгилегендей, сот чечимине автор кассациялык арыз берген эмес. Анын көзөмөлдүк арызы канааттандыруусуз калтырылган.

Билдирүүнүн маңызы боюнча кароо

6.2 Комитет автордун ой-пикир жана диний эркиндигине карата укуктары бузулгандыгы жөнүндө дооматын көңүлгө алат, себеби, ал өз диний ишенимине ылайык салынып жүргөн жоолукту чечүүдөн баш тарткандыгы үчүн институттан чыгарылган. Комитет кайсы бир динди тутуу эркиндиги ошол адамдын диний ишенимине же анын динине туура келүүчү кийимди кийип жүрүү укугун өзүнө камтый тургандыгын белгилейт. Андан тышкары, Комитеттин пикири боюнча, кайсы бир адамга диний кийимди коом арасында же жеке турмушунда кийип жүрүүгө тыюу салуу 18-берененин 2-пунктун бузгандык болушу мүмкүн. Ал пункттa адамдын өз каалоосу менен динге ээ болуу же тандоо эркиндигин чектөөчү кандайдыр бир кысым көрсөтүүгө тыюу салынган. Комитет тарабынан кабыл алынган № 22 (пункт 5) жалпы мазмундагы эскертмеде көрсөтүлгөндөй, ушул эле максатты көздөгөн же түздөн-түз мажбурлоо катары таасир көрсөтүүгө саясат же практика, мисалы, билим алуу мүмкүнчүлүгүн чектөө, 18-берененин 2-пунктуна шайкеш келбей турган көрүнүш болуп эсептелет. Ошол эле учурда Комитет кайсы бир динди же ишенимди тутуу эркиндиги абсолюттук эмес экендигин жана мыйзам тарабынан бекитилип, коомдук коопсуздукту, тартипти, саламаттыкты жана адеп-ахлакты, о.э. башка адамдардын укук жана эркиндик негиздерин сактоо тартиптери менен чектелиши мүмкүн (Пакттын 18-беренеси, пункт 3). Каралып жаткан иште автор окуудан 1998-жылы 15-мартта Институттун ички тартип эрежелеринин жоболоруна ылайык чыгарылган. Комитет катышуучу мамлекет авторго карата колдонулган чектөө, анын пикиринде,

18-берененин 3-пунктунун мааниси боюнча зарыл болгондугуна эч конкреттүү негиздерди келтирбегендигин белгилейт. Тескерисинче, катышуучу мамлекет автордун окуудан чыгарылышын тыюуларга баш ийбегендиги менен түшүндүрүүгө аракет кылган. Автор да, катышуучу мамлекет да автор кандай кийим кийип жүргөндүгүн так көрсөтүшкөн эмес, эки тарап тең аны «хиджаб» деп атаган. Каралып жаткан иштин конкреттүү жагдайларын эске алуу менен жана Пакттын 18-беренесинин контекстинде катышуучу мамлекеттин динди жана ишенимдерди тутуу эркиндигин чектөө укугу жөнүндө маселе боюнча да, окуу жайларынын ички тартип боюнча өзгөчө эрежелерди кабыл алуу укуктары жөнүндө маселе боюнча да шашылыш аныктама бербестен, о.э. иштин жагдайларынын өзгөчөлүгүн талаптагыдай эске алуу менен, Комитет башка себеп-түшүндүрмөлөр жок шартта 18-берененин 2-пункту бузулган деген тыянакка келет.

Комитеттин мүчөсү Иполито Солари Иригойендин өзгөчө (каршы) пикири

Бул билдирүү боюнча макул эместик оюм төмөндө келтирилген ойлорго негизделет:

Факультативдик протоколдун 5-беренесинин 1-пунктун аткаруу үчүн аталган билдирүү тараптар берген бардык жазуу түрүндөгү маалыматтарды эске алуу менен каралышы керек болчу. Каралып жактан иште автордун билдирүүлөрүн анын ырастоолорун бекемдебегенине, ал турсун, карама-каршы келгенине карабай, маалыматтардын көпчүлүгү автор тарабынан берилген . Автордун сөзү боюнча, (пункт 2.4) аны бир нече эскертүүлөрдөн кийин Ташкент мамлекеттик чыгыш таануу институтунан чыгаруу жөнүндө ректордун чечими төмөнкүлөргө негизделген:

1) анын мугалимдерге карата терс мамилеси;

2) анын институттун ички тартип эржелерин бузуусу.

Автордун мугалимдерге терс мамилеси боюнча, Мирабад райондук сотунун чечиминде ал мугалимдердин бирин пара алды деп күнөөлөгөндүгү белгиленет. Анын сөзү боюнча, мугалим сынак учурунда керектүү баа алыш үчүн акча берүүнү сунуштаган. Катышуучу мамлекеттин версиясы боюнча (пункт 4.3), автор «мугалимге орой жана адепсиз мамилеси» үчүн окуудан чыгарылган. Автор өзүнүн мугалимге койгон олуттуу күнөөнү далилдей турган эч маалымат берген эмес. Бул аны окуудан чыгаруу үчүн негиз болгон себепти жокко чыгармак. О.э. ал аталган негиз менен Пакттын 18-беренесин божо-

молдонгондой бузуунун ортосунда кандайдыр бир байланыш бар экендигин түшүндүрүп берген эмес.

Институттун аймагында диний кийим кийип жүрүүгө тыюу салуучу институттун ички тартип эрежелери боюнча, автор «студенттерге бетин жабууга» тыюу салуучу жоболор менен макул эместигин билдиргенин айтат (пункт 2.3). Катышуучу мамлекет ички тартип эрежелери студенттерге «өзгөчө көңүл бурдуруучу» кийимдерди кийүүгө, анын ичинде бетин жаап жүрүүгө тыюу сала тургандыгын белгилейт (пункт 4.2). Автор менен катышуучу мамлекет кийимдин кайсы түрүн автор кийип жүргөндүгүн так көрсөтүшпөсө да, автор «өз дининин талаптарына ылайык» кийинип жүргөндүгүн билдирген. Бирок Дин иштери боюнча комитеттин төрагасы (Министрлер кабинети) «ислам кандайдыр бир өзгөчө кийим кийип жүрүүнү талап кылбайт» деп билдиргендигин автор өзү айтат (пункт 2.8). Автор өзү келтирген бул ырастоону четке каккан эмес.

Институт ички тартип эрежелери боюнча болсо, окуу жайлары ички тартип эрежелерин өзүлөрү кабыл алууга укуктуу экендигин көңүлгө алуу зарыл. О.э. бул эрежелер эч бир чектөөсүз бардык студенттерге тиешелүү экендигин да белгилөө керек. Себеби бул институт диний ишенимди ишке ашыруучу жай эмес, мамлекеттик окуу жайы болуп эсептелет. Анда өз динин тутууга эркиндиги башка адамдардын укуктары менен эркиндиктерин коргоо үчүн зарыл чектөөлөр каралган. Б.а. ал чектөөлөр мыйзам алдында теңдештикти камсыз кылуу аркылуу ар бир студенттин кайсы динге болбосун диний эркиндигин камсыз кылуу үчүн кызмат кылат. Катышуучу мамлекеттен автор даттанган чектөөлөр үчүн конкреттүү негиздерди атоону талап кылуу орунсуз, себеби күчкө ээ эрежелер бардык студенттер үчүн жалпы ченемдерди бекитет жана автор үчүн гана же кайсы бир динди тутуучу адамдар үчүн гана каралган чектөө жок. Андан тышкары, автордун окуудан чыгарылышы, анын өзүнүн сөзү боюнча, институттун аймагында диний кийимчен жүрүүсү же бетин жабууга болгон анын каалоосу менен гана эмес, андан бир топ татаал себептер менен шартталган. Жогоруда берилген себептер боюнча жана берилген маалыматтарды эске алып, мен автор Пакттын 18-беренесин бузгандыктын курманы болдум деген бир да өзүнүн ырастоолорун негиздей алган эмес деген тыянак чыгарам.

Комитеттин мүчөсү сэр Найджел Родлинин өзгөчө пикири

Комитеттин тыянактары жана 6.2-пунктта берилген пикирлердин көпчүлүгү менен макулмун. Ошону менен бирге бул пункттун акыркы фразасындагы ырастоолордун бирине макул эместигимди билдирүүм

керек. Анда Комитет өзү жөнүндө «жагдайлардын өзгөчөлүгүнө талаптагыдай эске алуу менен» деп жазган. Комитет 12, 18, 19, 21 жана 22-беренелерде камтылган «артка чегинүүчүлүк» пункттарга тиешелүү учурларда чектөөлөрдү колдонуунун конкреттүү жагдайларын эске алуу зарыл деп эсептөөгө укуктуу. Тилекке каршы, каралып жаткан иште катышуучу мамлекет эмненин негизинде авторго карата чектөө киргизилгендигин түшүндүргөн эмес. Ошондуктан Комитет кайсы бир конкреттүү жагдайларды эске алалбайт. Мындай кылууга негиз болуучу маалыматы жок туруп, ушундай кылдым деп ырастоо Комитеттин ой жүгүртүүлөрүнүн сапатына да, кадырына да терс таасирин тийгизет.

Ой эркиндиги жана маалымат алуу укугу

Нурбек Токтакунов Кыргызстанга каршы, Адам укуктары боюнча комитеттин чечими, 2011[172]

***

2.1 2004-жылдын 3-мартында автор юридикалык кеңешчи болуп иштөөчү Жаштардын укук коргоо тобу (ЖУУТ) Коомдук бирикмеси Укук министрлигини Жазаларды аткаруу боюнча башкы башкармачылыгына (ЖАББ) 2003-жылдын 31-декабрына чейин өлүм жазасы жөнүндө чечим чыгарылган жарандардын саны, о.э. учурда камак жайларында кармалып жаткан жарандардын саны жөнүндө маалымат берүү өтүнүчү менен кайрылган. 2004-жылдын 5-апрелинде ЖАББ суралган маалымат Кыргызстандын мыйзам актгарында «жашыруун» жана «эч ачыкка чыгарылбай турган» деп классификацияланышына байланыштуу маалымат берүүдөн баш тарткан.

2.3 Автор өлүм жазасына тартуу жөнүндө чечим чыгарылган адамдар тууралуу маалымат адам укуктарына жана анын фундаменталдык эркиндиктерине тиешелүү болуп эсептелет жана аны ачыкка чыгаруу мамлекеттин коргонуу жөндөмүнө, коопсуздугуна же экономикалык жана саясий кызыкчылыктарына эч терс таасир кылбайт. Демек ал Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик жашыруун сырларды коргоо жөнүндө» мыйзамынын 5-беренесинде көрсөтүлгөн мамлекеттик жашыруун сырлар критерийлерине туура келбейт деп ырастайт. Андан ары автор, Адам укуктары боюнча комиссиянын өлүм жазасы

[172] Nurbek Toktakunov v Kyrgyzstan, Communication No 1470/2006, Decision of the Human Rights Committee, U.N. Doc. CCPR/C/101/D/1470/2006 (28 March 2011).

боюнча № 2003/67 жана №2004/60 резолюцияларын келтирет. Алар өлүм жазасын колдонуучу бардык мамлекеттерди өлүм жазасынын ишке ашырылгандыгы жана бардык белгиленген өлүм жазалары жөнүндө маалыматты коомчулук үчүн ачык кылууга чакырат. Ал акырында Копенгаген документинин 17.8-беренесине шилтеме жасап (кара: жогоруда пункт 2.1), бул документке ылайык, катышуучу мамлекеттер ар биринин, жекече жана башкалар менен бирге адам укуктары жана негизги эркиндиктери маселеси боюнча маалымат издөө, алуу жана пикирлер менен маалыматтарды жайылтуу укугун сыйлоо жөнүндө макулдашкандыктарын эске салган. Автордун 2004-жылы 26-июнда берген арызы Укук министрлиги тарабынан ЖАББга чара көрүү үчүн жиберилген (кайсы күнү жиберилгендиги белгисиз).

2.4 2004-жылы 9-сентябрда ЖАББ экинчи жолу баш тарткан жообун берген. 2004-жылы 7-декабрда автор Пакттын 19-беренесинин 2-пунктуна таянып, өзүнүн маалымат издөө жана алуу укугунун бузулгандыгы жөнүндө арыз менен Бишкектин райондор аралык сотуна кайрылган . өз арызында автор маалыматты коомдук бирикменин атынан жана КРнын жараны катарында жеке өзүнүн атынан сураган-дыгын көрсөткөн. [...]

2.5 2004-жылдын 17-декабрында Бишкектин райондор аралык соту автордун арызы жарандык иштерди кароо боюнча аталган соттун юрисдикциясынын чегинен сырткары деген негизде аны четке каккан. 2004-жылы 25-декабрда автор Бишкектин райондор аралык сотунун чечиминин үстүнөн Бишкек шаардык сотуна жеке арыз берген. [...]

2.6 2005-жылы 24-январда Бишкек шаардык соту Бишкектин райондор аралык сотунун чечимин өз күчүндө калтырып, муну өлүм жазасы ыйгарылган адамдар тууралуу маалымат Ички иштер министрлиги тарабынан жашыруундалганы жана ал маалыматты алуу мүмкүнчүлүгү чектелүү боллгондуктан Укук министрлигинин маалымат берүү арызын канааттандырбаганы жарандык жана административдик сот ишинин алкагында жоюлушу мүмкүн эместиги менен негиздеген. [...]

2.7 2005-жылдын 7-июнундагы автордун өлүм жазасы ыйгарылган адамдар жөнүндө экинчи жолку маалымат суроосуна 2005-жылдын Укук министрлигинен кайра терс жооп алынган.

2.8 Андан ары Укук министрлиги жогоруда аталган ИИМнын конфиденциалдык буйругуна ылайык, жогорку жаза чарасы ыйгарылган адамдардын саны тууралуу бардык маалыматтар «эч ачыкка чыгарылбай турган» деп классификацияланарын түшүндүргөн. Өкмөттүн 2002-жылдын 20-июнундагы № 391-токтомуна ылайык, пенитенциар-

дык система ИИМдан Укук министрлигине которулган, ошентип, Укук министрлигинде аталган маселе боюнча буйрук иштелип чыгып, кабыл алынганга чейин ИИМнын аталган буйругу күчүндө турган. Андан ары УМ азыркы учурда пенитенциардык системага байланыштуу бир катар мыйзам актгары иштелип жаткандыгын, алардын ичинде УКнын ЖАББдын системасында «жашыруун» деп классификацияланууучу маалыматтардын тизмеси камтыларын билдирген. Бул жаңы документ тийиштүү мамлекеттик органдар тарабынан кийинчерээк жактырылышы керек болчу. Ошентип, УМ өлүм жазасы ыйгарылган адамдардын саны тууралуу маалымат берүүдөн баш тартуу негиздүү жана күчкө ээ мыйзамдарга ылайык болгон деген бүтүмүн билдирген.

Доомат

3.2 Андан ары автор маалымат издөө жана алууга карата өзүнүн укугунун бузулгандыгына байланыштуу ага натыйжалуу укуктук коргонуу каражаттарын бербөө менен катышуучу мамлекеттин бийлиги Пакттын 14-беренесинин 1-пункту менен биргеликте 2-беренеси боюнча анын укуктарын бузган деп ырастайт.

Билдирүүнүн маңызы боюнча катышуучу мамлекеттин билдирмелери

4.1 2006-жылдын 26-июлунда УМнын ЖАББдын берген маалыматына ылайык, пенитенциардык системада адам өлүмүнүн деңгээли жөнүдө жалпы маалымат, о.э. өлүм жазасы боюнча өз алдынча чечимдер жөнүндө маалыматтар ачык деп жарыяланып, жана мыйзам актгарына ылайык алар эми «кызмат максаттары үчүн» гана колдонулат. Бул маалымат пресса үчүн жашыруун болуп эсептелет деп катышуучу мамлекет билдирген.

Катышуучу мамлекеттин берген маалыматына карата билдирүүнүн авторунун чечмелөөсү

5.2 Автор өлүм жазасы ыйгарылган адамдар жөнүндө маалымат аларды алып пайдалануу боюнча кенен коомчулук жана прессанын мүмкүнчүлүктөрү мыйзам актгары тарабынан чектелип турган шартта ачыкка чыгарылган деп эч каралышы мүмкүн эместигин ырастайт.

Суроолор жана аларды Комитетте кароо ирети мүмкүндүк берүүчүлүк жөнүндө комитеттин чечими

6.3 Комитет Пакттын 19-беренесинин 2-пунктунда камтылган «маалымат» «издөө» жана «алуу» укугунун мааниси адамдардын мамлекеттен маалымат алуу укугун да өзүнө камтыйт. Бул укук Пактта

бекитилген чектөөлөр жол берген учурларда гана күчкө ээ эмес деп белгилейт. Маалымат аны алуу үчүн түздөн түз кызыгарын же жекече катышын далилдөөсүз берилиши керектигин жана бул мыйзамда каралган учурларда гана чектелерин Комитет белгилейт.

Иштин маңызы боюнча кароо

7.2 Комитет катышуучу мамлекет автордун билдирүүсүндөгү Пакттын 19-беренесинин 2-пунктунда негизделген бардык аргументтерди тийиштүү түшүндүрмө берүүсүз калтыргандыгын белгилейт. өз жообунда катышуучу мамлекет «өлүм жазасы боюнча өз алдынча чечимдер жөнүндө маалыматтар ачык деп жарыялангандыгын» жана «мыйзам актарына ылайык алар эми «кызмат максаттары үчүн» гана колдонула тургандыгын», бирок пресса үчүн алар жашыруун бойдон каларын билдирген. Катышуучу мамлекеттен башка тийиштүү маалымат болбогон шартта, Комитет автордун ырастоолору талаптагыдай негизделип берилгендиктен, аларга тийиштүү көңүл бурулушу керек деп эсептейт.

8. Адам укуктары боюнча комитет Жарандык жана саясий укуктар жөнүдө эл аралык пактка карата Факультативдик протоколдун 5-беренесинин 4-пунктунун жоболоруна ылайык иш-аракет кылуу менен, ага көрсөтүлгөн факттар автордун 19-беренедеги 2-пункт боюнча укуктары катышуучу мамлекет тарабынан бузулгандыгын көрсөтөт деп эсептейт.

Комитеттин мүчөсү Геральд Ньюмэндин өзгөчө пикири

Мен катышуучу мамлекет автордун сурап жаткан маалыматына байланыштуу Пакттын 19-беренсинин 2-пунктунда бекитилген укуктарын бузгандыгы жөнүндө Комитеттин пикирине макулмун. Маалыматтар менен идеяларды билдирүүгө даяр тургандардан алууга карата кадимки укукту өкмөттүн колунда турган маалыматтарды алуу боюнча жаңы укукка киргизүүчүлөр жөнөкөйлөтпөшү керек. «Маалымат» эркиндигинин бул заманбап түрү аталган укукту чектөө аракеттерин актай турган кыйынчылыктар менен көйгөйдөрдү жаратат. Ал чектөөлөр мындай эркин карым-катнашты кысымга алуу актальбаган шарттарда, мамлекеттик кызматтардын баасы же аны бузулушу сыяктуу себептерге негизделет. Пайдалануу укугун түшүндүрүп жана пайдалануда бул айырмачылыкты сактап жана ой-пикирди эркин билидүүнүн башкы аспекттерине кедергиси тийбегендей сак болуу керек.

Эркин шайлоо

ООНдун Адам укуктары боюнча жалпы декларациясы (1948)

21-берене.

1. Ар бир адам өз өлкөсүн түздөн түз же эркин шайланган өкүлдөрү аркылуу башкарууга катышуу укугуна ээ.

2. Ар бир адам өз өлкөсүндө мамлекеттик кызмат аткаруу тең укуктуулугуна ээ.

3. Элдин эрки өкмөт бийлигинин негизи болушу керек; бул эрк мезгил-мезгили менен болуучу жана жасалманбаган, жашыруун добуш берүү жолу аркылуу жалпы жана теңдеш шайлоо укуктарынын негизинде өткөрүлүүчү шайлоолордо же добуш берүү эркиндигин камсыз кылуучу башка ага теңдеш формаларда чагылдырылышы керек.

Адам укуктарын жана негизги эркиндиктерин коргоо жөнүндө Европалык конвенциянын N 1-протоколу (1952)

3-берене

Жогорку деңгээлдеги макулдашып жаткан тараптар жашыруун добуш берүү жолу аркылуу мезгил-мезгили менен эркин шайлоолорду өткөрүп турууга жана ал шайлоолор мыйзам чыгаруу бийлигин шайлоодо элдин өз ыктыярдыгы менен эркин билдирүүсүн камсыз кылуучу шартта уюштурууга милдеттенишет.

Мате-Моэн жана Клерфейт Бельгияга каршы, Адам укуктары боюнча европалык соттун чечими[173]

***

Факттар

Арыз берүүчүлөр – Люсьен Матье-Моэн айым жана Жорж Клерфейт мырза Брюсселдин эки тилдүү аймагында жана шайлоо округунда жайгашкан Аль-Вильворд административдик округдун коммунасында жашашкан. 1970-жылдардын аягындагы парламенттик түз

[173] Application no. 9267/81, 2 March 1987, available at: http://www.math.uni-augsburg. de/stochastik/bazi/ECHR-Mathieu.pdf.

шайлоолордо алар өкүлдөр Палатасына (Матье-Моэн айым) жана Сенатка (Клерфейт мырза) шайланышкан. Каралып жаткан мезгил аралыгында Бельгия тилдик негизде бир нече аймакка бөлүнүп турган жана алардын ишинин курамына парламенттин эки палатасынын тең тийиштүү округдардан шайланган мүчөлөрү кирүүчү аймактык кеңештер башкарып турган. Эки тилдүү Брюссель аймагында эки Кеңеш түзүлгөн. Арыз берүүчүлөр шайланган административдик округда калктын көпчүлүгүн фламандыктар түзгөн жана ал Фламанд кеңешинин башкармалыгына кирген. Бирок арыз берүүчүлөр ага кире алышкан эмес, себеби парламенттик антты француз тилинде беришкен жана демек палаталардын фламандык эмес, француз тилдүү фракцияларына кирет.

Чечимден үзүндүлөр

I. N 1-протоколдун 3-беренесин божомолдонгон бузуу

B. Каралып жаткан иште N 1-протоколдун 3-беренесинин колдонулушу

55. Сот арыз берүүчүлөрдүн дооматын 3-беренеге карата берилген чечмелөөнүн алкагында карап чыгышы керек.

56. өкмөт француз тилинде сүйлөгөн, бирок парламенттик антты фламанд тилинде берүүгө даяр талапкерлерге өз добушун берүү үчүн Аль-Вильворд округунун француз тилдүү шайлоочуларына эч нерсе тоскоол кылбай тургандыгын, ошондо шайлануучу мыйзамдык негизде Фламанд кеңешинде иштеп жана анда өз шайлоочуларына өкүлчүлүк кыла ала тургандыгын баса көрсөткөн. Бул аргумент чечүүчү мааниге ээ эмес. Албетте, шайлоочулардын жүрүм-туруму тил жана маданият менен гана аныкталбайт; алардын добуш берүүлөрүнө саясий, экономикалык, социалдык, диний жана философиялык мүнөздөгү себептер таасир кылат. Ошентсе да тилдик преференциялар Бельгия сыяктуу өлкөлөрдүн жарандары, биричи кезекте Брюссельдин чет-жакаларындагы коммуналар сыяктуу «сезимтал» аймактардын тургундары кимди тандай тургандыктарына олуттуу таасир кылат. Фламанд тилинде ант берүү менен депутат өкүлдөр палатасынын же Сенаттын француз тилдүү фракциясынын мүчөсү боло албайт. Аталган фракциялар фламанд тилдүү фракциялар сыяктуу эле Конституция боюнча «эң жогорку квалификациялуу» көпчүлүк талап кылынуучу суроолорду чечүүдө маанилүү роль ойнойт.

57. 1980-жылдагы атайын мыйзам Бельгия мамлекетинин территориялык принципке негизделген жалпы институциялык система-

сынын алкагында күчкө ээ. Бул принцип административдик жана саясий институттарды, о.э. алардын ортосунда компетенциялар менен ыйгарым укуктардын бөлүштүрүлүшүн аныктайт. Жүргүзүлүп жаткан, бирок аягына чыгарыла элек реформа Падышачылыктын бардык түрдүү маданий коомчулуктары менен аймактарынын ортосунда тең салмактуулукту орнотууга багытталып, ал үчүн токтотуп туруунун жана каршы салмак коюунун татаал жол-жоболору колдонулууда; реформанын максаты туруктуу жана жер-жерлештирилген структураларды түзүү жолу менен тилдик айырмачылыкты жеңилдетүү болуп эсептелет. Бул өзүнөн өзү легитимдүү ниет демократиялык улуттук парламенттеги дебаттардан айкын келип чыгат, муну аталган мыйзамга, анын ичинде 29-беренесине өтө көп добуш берилиши да күбөлөндүрөт. Бул шайлоо системасын карап жатып, ал система иштеп жаткан жалпы кырдаалды эске албай коюуга болбойт. Система өзү чагылдыруучу шарттарды эске алганда толук акылга сыярлык болуп чыгат. Жоопкер мамлекет Бельгиянын өз парламенттик структурасын аныктоодогу эркиндиги өтө маанилүү, себеби ачыгына чыга элек жана өткөөл абалдагы система жөнүдө кеп болуп жатат жана анын шартында тил боюнча аз сандагы топтор өз добуштарын алардын аймагынын тилинде сүйлөй билген жана сүйлөөгө даяр талапкерлерге берүүгө аргасыз. Мындай жагдай бир катар башка мамлекеттерге да белгилүү. Тажрыйба көрсөткөндөй, мындай кырдаалда айрыкча жалпысынан территориялык принципке негизделген система иштеген жерлерде, ал эми өлкөдөгү саясий түзүлүш менен укуктук тартип өзүнөн өзү болгон же өз убагында болбогон өзгөртүүлөрдүн кабыл алынышына жол бербөө үчүн квалификациялуу көпчүлүк талабы сыяктуу кепилдиктерди берген шартта аталган тилдик аз сандагы топтор үчүн сөзсүз коркунуч боло бербейт.

Аль-Вильворд округунун француз тилдүү шайлоочулары фламан тилинде сүйлөгөндөй эле добуш берүү жана шайлануу укуктарына мыйзамдуу негизде ээ. Алар француз тилинде ант берип, палатанын же Сенаттын француз тилдүү фракциясынын мүчөсү боло ала турган жана француз тилдүү коомчулуктун Кеңешинде иштей ала турган талапкерлерге, же фламанд тилинде ант берип, палатанын же Сенаттын фламанд тилдүү фракциясынын мүчөсү боло ала турган жана фламанд тилдүү коомчулуктун Кеңешинде иштей ала турган талапкерлерге добуш бериши керек деген негизде гана бул укуктарын жоготуулары мүмкүн эмес. Бул өтө чоң чектөө эмес жана ал «элдин мыйзам чыгаруучу бийликти шайлоодо өз эркин ыктыярдуулук менен көрсөтүүсүнө» тоскоолдук кылбайт (кара: жогоруда п. 51, 52 жана

53). Жогоруда айтылгандардын негизинде Сот N 1-протоколдун өз алдынча алынган 3-беренеси бузулган эмес деген тыянак чыгарат.

Судьялар Кремондун, Биндшедлер-Роберттин, Бернхардттын, Шпильмандын жана Валтикостун биргелешкен өзгөчө пикири

Биз Сот мүчөлөрүнүн көпчүлүгүнүн пикирин бөлүшө албагандыгыбызга өкүнөбүз, себеби биздин көз карашыбызда, Аль-Вильворд административдик округунун француз тилдүү шайлоочулары менен депутаттары туш болгон абал укуктук жактан алганда Конвенциянын N 1-протоколдун 3-беренеси боюнча да, 14-беренеси менен айкашта да Бельгиянын өзүнө алган милдеттемелерине шайкеш келбейт. Аталган округда күчкө ээ система (административдик округ катары ал фламанд аймагында жайгашкан, ал эми шайлоолорго байланышкан бардык суроолор боюнча ал – ар кандай чектөөлөр менен – Брюссель шайлоо округуна карайт) 1980-жылдын 8-августундагы атайын мыйзамына ылайык (29-берене, § 1), бул округдан шайланган депутаттар менен сенаттар, эгерде алар Бельгиянын парламентинде антты француз тилинде беришсе, Фламанд кеңешинде (албетте, бул мыйзам чыгару укуктарына ээ орган) иштей албай турган шартты түзөт; ошентип, алар бир катар олуттуу (м., территорияны жайлаштыруу, айлана-чөйрө, турак-жай, экономикалык саясат, энергетика, иш менен камсыз кылуу ж.б.) тармактарда өз аймагынын кызыкчылыгын коргой алышпайт. Ал эми фламанд тилинде ант берген депутаттар түз эле бул Сенаттын мүчөсү болуп калышат. Аль-Вильвордун француз тилдүү калкы 100 000ден ашык кишини түзөт (округдун калкынын жалпы саны 500 000 адамдан ашык), ал эми депутатты шайлоо үчүн орто эсеп менен 22 000ден 25 000ге чейинки добуш керек. Конкреттүү кесепеттери: эгерде бул округдун француз тилдүү шайлоочулары фламанд тилинде сүйлөөчү талапкерлерге добуш беришпесе, анда аймактык Кеңеште алардын өкүлү болбой калат. Мындай абал Аль-Вильворддун француз тилдүү шайлоочуларынын аймактык деңгээлде өкүлчүлүгүн мүмкүн кылбайт (жана иш жүзүндө ушундай болууда), демек, биздин пикирибизче, N 1-протоколдун 3-беренесинде талап кылынгандай «элдин мыйзам чыгаруучу бийликти шайлоодо өз эркин ыктыярдуулук менен көрсөтүүсүн» камсыз кылбайт, о.э. тилге негизделген айырмачылыкты түзөт, бул болсо Конвенциянын 14-беренесине каршы келет. Аталган шайкеш келбөөчүлүктү актоо үчүн келтирилген бир да себеп биз үчүн ынанымдуу эмес көрүнөт.

Аль-Вильворден француз тилдүү депутаттар чынында эле, эгер антты фламанд тилинде берүүгө макул болушканда, аймактык (фла-

манддык) Кеңеште иштей алышмак. Ошентсе да алар мындай учурда өзүлөрүнүн Парламенттеги француз тилдүү депутат деген статустарын жоготушмак, бул болсо тилдик принцип боюнча түзүлгөн фракциялар Парламентте кандай роль ойноорун эске алганда, маселенин психологиялык жана моралдык аспекттеринен сырткары, олуттуу саясий кесепеттерге да алып келмек.

Бельгиянын Конституциясы боюнча депутаттар – бул бүтүндөй улуттун өкүлдөрү эмес экендигине негизделген аргумент Конституциянын өзүнүн негизинде өз аймактарынын кызыкчылыктарын коргоо тапшырылган аймактык кеңештерге карата негиздүү эмес. Аталган тапшырымдын себебинен аймактардан шайланган депутаттар ошол аймактарда иштөө укугун алышат.

Жер которуулар, миграциялар, аргасыз көчкөндөр

Калктын жер которуулары, көчүү жана миграция, Мишель Лейтон[174]

IV. Ички жер которгон адамдар

Өз өлкөсүнүн ичинде жер которгон табигый кырсыктардын курмандары, эреже катары, дайыма көчүп-конуп жүргөндөн көрө, коркунуч жоюлгандан кийин өзүлөрүнүн мурунку жерине кайтып келүүгө аракеттенишет. Ошентип, адамдар кырсыктан кутулуп жана кайра кайтып келгенге чейин жардам алыш үчүн жакынкы арадагы шаар борборлоруна убактылуу барып жашап турушат[175]. Бүткүл дүйнөлүк саламаттык сактоо уюму кырсыктардын себебинен жер которгондордун жалпы санынын 70% аялдар менен балдар экендигин билдирет[176]. Эл аралык миграциянын статистикасы, кырсык олуттуу болгон

[174] Michelle Leighton, "Population displacement, relocation, and migration," The Law of Adaptation to Climate Change U.S. and International Aspects, eds., Michael Gerrard and Katrina Kuh (June 2012, American Bar Association, Washington D.C.), [reprinted with permission of the author, editors and American Bar Association].

[175] Oliver-Smith, A. 2009. Climate change and population displacement: disasters and diasporas in the twenty first century. In Crate, S. &Nuttall, M. eds., Anthropology and Climate Change: From Encounters to Actions. Left Coast Press. Walnut Creek.

[176] World Health Organization, Family, Health and Research, statistics published by WHO, see http://www.searo.who.int/en/Section13/Section390_8282.htm.

учурда, аялдар менен эркектердин жер которуусу бирдей экендигин көрсөтөт[177]. Бирок табигый кырсык учурларында ички миграцияга караганда тышкы миграция бир топ сейрек болоруна карабастан, социалдык тармактар түзүлгөн же алар маданий байланыштарга ээ башка өлкөлөргө да көчүп кетүүлөрү мүмкүн[178]. Эгерде жардам кырсык болгон аймактарга тез жана натыйжалуу келсе, миграциядан толук кутулууга болот. Ички жер которуу бир катар адам укуктарын жана гуманитардык принциптерди болжойт. Эл аралык укук жалпысынан мамлекеттер аралык мамилелер, алардын бири-биринин алдындагы милдеттери жана милдеттемелери менен байланышкан, бирок адам укуктарынын доктринасы айрым адамдар менен топтор үчүн мамлекеттердин кошумча милдеттемелерин белгилейт. Ал калктын коргоосуз топтору менен аз сандагы улуттарды, о.э. аялдарды, балдарды жана жергиликтүү калкты коргоо үчүн өзгөчө жоопкерчиликти карайт. Жер которгон адамдар адам укуктарынын доктринасында да атайын каралган. өкмөттөр үчүн табигый кырсыктын курмандарын коргоо боюнча милдеттер бар... өлкөнүн ичинде кырсыктарга байланыштуу жер которгон адамдардын («аргасыз көчкөндөрдүн») укуктары жана мамлекеттердин аларга тийиштүү милдеттери динамикалык болуп эсептелет. Алар кырсыктын курмандыктарынын муктаждыктарын эл аралык коомчулук улам жакшы түшүнүп жана тажрыйба алганына жараша өнүгүп турат. Азыркы учурда өкмөттүн милдеттеринин көлөмү менен жабыр тарткандарды коргоо деңгээли кырсыктардын мүнөзүнө жана жабыр тарткандар убактылуу жер которгон-которбогонуна, кырсык болгон жерден өз эрки менен кеткен-кетпегендерине, жашоонун жаңы булактарын издеп чек ара аркылуу өткөн-өтпөгөнүнө жараша болот.

... Эл аралык укук чыр-чатактардын же табигый кырсыктардын натыйжасында өлкөнүн ичинде жер которуу боюнча Негизги принциптерге туура келүүчү ички жер которгон адамдарды коргойт. БУ-Унун Башкы катчысынын атайын өкүлү тарабынан жана Адам укуктары боюнча БУУнун комиссиясынын колдоосу астында иштелип чыккан бул принциптер», дүйнө боюнча ички жер которгон адамдардын конкреттүү муктаждыктарын канааттандырып турат[179]. Алар

---

177 Trends in World Migration, supra note 14.

178 See, e.g., Skeldon, supra note 24.

179 Report of the Representative of the Secretary-General on the Human Rights of Internally Displaced persons, Francis Deng, on Guiding Principles on Internal Displacement, ("Guiding Principles on IDPs"), Feb. 11, 1998, U.N. Doc. E/CN.4/1998/53/Add.2.

зордук менен аргасыздан жер которгон адамдардын укуктары менен кепилдиктерин, жер которуу учурунда, кайра кайтып келе жатканда, көчүүдө жана реинтеграция учурунда аларды коргоону жана аларга берилүүчү жардамды аныктайт[180]. Атап айтканда, «бул куралдуу чырчатактардын, жайылып кеткен зомбулуктун, адам укуктарын бузуунун, табигый же адам колдуу болгон кырсыктардын натыйжасында же алардын кесепеттеринен кутулуу үчүн өз үйлөрүн же жашаган жерлерин таштап кетүүгө аргасыз болгон же аргасыз кылынган жана эл аралык деңгээлде таанылган мамлекеттик чек арадан өтпөгөн адамдарга же адамдардын тобуна тиешелүү»[181]. Ички жер которуу принциптери адам укуктарын, мамлекеттердин милдеттемелерин алардын аймагында жер которгон адамдарга карата кодификациялайт жана бул милдеттемелер менен укуктар аталган адамдардын жашоо, ар-намыс жана жеке кол тийбестик укуктарына тиешелүү. Ички жер которгон адамдар өз үй-бүлө мүчөлөрү чогуу калуусу үчүн же, эгер ажыратылган болсо, кайра кошулуусу үчүн өлкөнүн башка районуна көчүп кетүүгө же өз өлкөсүн таштап кетүүгө укуктуу. Алар жашоо, тамак-аш, суу, турак-үй жагынан татыктуу деңгээлде камсыз болуу, мүлктү реституциялоо, негизги медициналык жана санитардык кызмат укуктарына ээ, о.э. алар мурдагыдай эле жумуш издөөгө жана экономикалык иш-аракеттерге катышууга укуктуу[182]. Принциптер жардамдарды бөлүштүрүүдө, дарылоо кызматын пайдалануда аргасыз жер которгондорду дискриминациялоого өкмөттөргө тыюу салына тургандыгын жана жайгаштырып, реинтеграциялоодо аргасыз жер которгондордун кызыкчылыктары эске алынышы керектигин билдирет[183]. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, табигый кырсыктарынын кесепеттеринде гендердик айырмачылыктар бар жана алар дискриминация маселелерин көтөрөт. Табигый кырсык учурларында жана андан кийинки мезгилде аялдар эркектерге кара-

[180] Id.

[181] Id.

[182] See also, Report of the United Nations High Commissioner for Human Rights on the relationship between climate change and human rights, at 19, U.N. Doc. A/HRC/10/61 (15 Jan. 2009).

[183] The Human Rights Committee and Committee on Elimination of Racial Discrimination have also commented on the key issues of concern related to a government's discriminatory treatment of those displaced. See, e.g., Concluding Observations of these bodies relating to treatment of displaced persons after Hurricane Katrina in relation to the right of return, housing and other assistance by the United States (para 26, CCPR/C/USA/CO/3/Rev.1, Concluding Observations on United States, 2006) and Convention on Elimination of Racial Discrimination (para 31, CERD/C/USA/CO/6, Concluding Observations on United States, 2008).

ганда көбүрөөк өлүмгө дуушар болушат. Аялдарга же аз сандагы башка топторго карата дискриминациялык көрүнүштөр адатта курчуп жана адамдарды сатуу да табигый кырсыктардын мезгилинде күч алышы мүмкүн[184]. Принциптер табигый кырсыктар менен күрөшүүдө ушул маселелерди эске алууну өкмөттөн талап кылат. Көпчүлүк мамлекеттер бул принциптерди кабыл алат, бага жакынкы арадагы бир катар ыраастоолор жана ЕККУ тарабынан кабыл алынышы күбө болот[185].

Жакында эле, 2009-жылдын ноябрында, аталган принциптер Африкада ички жер которгон адамдарды коргоо жана аларга жардам көрсөтүү жөнүндө Африкалык союздун конвенциясы («Кампала конвенция») үчүн негиз болду. Кампала конвенция климаттын өзгөрүүсү ички жер которууларга алып келиши мүмкүн экендигин тааныйт жана мамлекеттик милдеттерди, анын ичинде эч иш-аракет кылбагандыгы үчүн айып төлөм иретиндеги аракеттерди кенен сүрөттөйт. О.э. ал табигый кырсыктан жабыр тарткан мамлекеттер толук жардамды камсыз кыла албаган шартта, ал аймактагы бейөкмөт уюмдарды жана башка топторду аргасыз жер которуучуларга жардам берүүгө чакырат. Адам укуктарынын доктринасына ылайык, өкмөттөр, эгерде алдын ала белгилүү болгон кырсыкты же анын кесепеттерин болтурбай коюуга кудурети жетпесе, эл аралык келишимдер менен салттык укуктун милдеттемелерин бузган болот. Эл аралык келишимдик органдар, анын ичинде Адам укуктары боюнча комитет (Жарандык жана саясий укуктар боюнча эл аралык пакттын аткарылышын көзөмөлдөө үчүн түзүлгөн), Америка аралык комиссия, Адам укуктары боюнча сот, о.э. Адам укутары боюнча Европалык сот алдыда болору белгилүү зыяндын алдын алуу боюнча чараларды көрүүгө карата мамлекеттердин милдеттери каралган билдирүүлөр жана чечимдер менен бул принциптин күчүн бекемдешти[186].

Жалпыга белгилүү окуялардын биринде Европалык сот алдын ала белгилүү болгон экологиялык зыян боюнча укук бузуу болгондугун аныктаган. Борбордук Кавказда жер көчкүлөргө алып келген бир

---

184 Neumayer, E. and Plumper, T. 2007.The gendered nature of natural disasters: the impact of catastrophic events on the gender gap in life expectancy 1981-2002. (available at: http://ssrn.com/abstract=874965).

185 See, e.g., discussion of national adoption and OSCE incorporation in Neussl, P., Bridging the national and international response to IDPs, 20 Forced Migration Review 42 (2004).

186 Report of the United Nations High Commissioner for Human Rights on the relationship between climate change and human rights, at 24, U.N. Doc. A/HRC/10/61 (15 Jan. 2009).

нече бороон-чапкындан кийин инфраструктураны кайра калыбына келтирүү, коомду даярдоо же зыяндын алдын алууга карата мамлекеттик коопсуздуктун башка чараларын көрүү боюнча жергиликтүү бийлик органдарынын жөндөмсүздүгү кийинки бороон-чапкын учурунда коомчулуктун эч коргоосуз абалын түзгөн. Бул өлүмдүн жана жаракат алуулардын жогору болушуна, о.э. элдин мүлкүнүн кыйрашынан көпчүлүктүн баш калкасыз калышына алып келген. Аныкталгандай, Россия Адам укуктары боюнча Европалык сот алдындагы өзүнүн келишимдик милдеттерин бузган, себеби кырсыктын кыйратуучулук мүмкүнчүлүктөрүн билип туруп, адам өмүрүнө жана мүлкүнө алып келген зыянды кыскартуу үчүн чара көрө алган эмес[187]. Европалык кеңештин мүчөсү жана Адам укуктары боюнча Европалык конвенциянын катышуучусу катары, Россия Адам укуктары боюнча Европалык соттун чечимдерин аткарууга милдеттүү.

Сот метандын жарылышынан келтирилген, алдын ала баамдап билүүгө мүмкүн болгон зыян боюнча Турцияга каршы иштеги абалды да ушундай эле жол менен аныктаган[188].

Алдын ала айтууга боло турган кырсыктардан өмүрдү сактоо боюнча мамлекеттик милдеттемелерде көрсөтүлгөн экологиялык зыянга байланыштуу принцип Европалык кеңештин бардык 47 мүчө, Адам укуктары боюнча Европалык конвенциянын бардык катышуучулар үчүн мааниге ээ жана пландоону адаптациялоого таасир кыла алат. 2003-жылы Европалык кеңеш Парламенттик Ассамблеяда Айлана-чөйрөнү коргоо боюнча милдеттемелер жөнүндө Европалык конвенциянын протоколуна чакырык каралган 1614-сунушту даярдаган[189].

Европалык соттун чечимдери адам укуктарынын глобалдык доктринасы үчүн чоң мааниге ээ жана адам укуктары боюнча башка аймактык жана эл аралык органдар ушул эле көз карашты карманышат. БУУнун Башкы катчысынын өкүлү Уолтер Калин аргасыз жер которуучуларга карата Европалык соттун бул иштерин жана алдын ала билүүгө боло турган экологиялык зыянга байланышкан адам укуктары боюнча башка милдеттемелерди мындайча чечмелеген:

---

[187] Budayeva and others v. Russia, Applications nos. 153339/02, 21166/02, 20058/02, European Court of Human Rights judgment of 20 March 2008.

[188] Case Of Цneryildiz v. Turkey, European Court of Human Rights, (2002), available at: http://eu.vlex.com/vid/case-of-v-turkey-26840475.

[189] See Recommendation 1614, Council of Europe Parliamentary Assembly, available at: http://assembly.coe.int/Main.asp?link=/Documents/WorkingDocs/Doc04/ EDOC10041.htm.

Ошентип жашоого карата жеке укук жана табигый кырсыктарга, анын ичинде климаттын өзгөрүүсүнөн болгон кырсыктарга байланыштуу жашоону коргоо боюнча мамлекеттин милдеттери тийиштүү органдарга төмөнкүлөрдү милдеттендирет: табигый кырсыктардын кесепеттерин жеңилдетүүгө, коркунучту төмөндөтүүгө жана бул үчүн керектүү жол-жоболор менен процедураларды түзүүгө багытталган мыйзамдарды кабыл алып жана пайдалануу керектиги; административдик чараларды көрүү, анын ичинде мүмкүн болуучу коркунучтуу кырдаалдарды көзөмөлдөө, калкты күтүлүүчү кырсыктар менен коркунучтар жөнүндө маалымдоо; жабыр тартышы мүмкүн болгон калкты баалоо; кырсыктар адам өлүмүнө алып келген учурда өз милдеттерин так аткарбаган кызмат адамдарына карата кылмыш тергөө иштерин жүргүзүү жана сот жазасына тартуу, жана мындай жоопкерчилик иштин натыйжасында каза болгондордун туугандарына компенсация төлөп берүү[190].

Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө эл аралык пакт

Билим алууга карата мамлекетик милдеттемелер, көрсөткүчтөр жана укуктар, Пол Хант[191]

Саламаттык сактоо боюнча БУУнун атайын докладчысы Пол Ханттын Билим алууга карата мамлекеттик милдеттемелер, көрсөткүчтөр жана укуктар боюнча берген маалыматтык документинен үзүндү (Университет Вайкато, Жаңы Зеландия) (ЭСМУЭП, талкууланган күнү – 30-ноябрь, 1998).

1. Акыркы 12 жыл же ага жакын убакыт ичинде Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө эл аралык пакттан (ЭСМУЭП) келип чыгуучу эл аралык укуктук милдеметтемелерге карата түшүнүгүбүз тереңдеди. Бул прогресске бир нече фактор түрткү болду. Мисалы, БУУнун Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар

[190] Kalin, W. and Haenni Dale, C., Disaster Risk Mitigation, Why Human Rights Matter, Forced Migration Review 31 at 39, 2008.

[191] Paul Hunt, State obligations, indicators, benchmarks and the right to education, Background Paper submitted to Office of the High Commissioner of Human Rights (University of Waikato, New Zealand)(ICESCR Day of Discussion, Nov. 30, 1998).

боюнча комитетинин иштери жана экономикалык, социалдык жана маданий укуктарга бейөкмөт уюмдарынын (БөУ) жана академиялык адабиятта көп көңүл бурулушу. өзгөчө пайдалуулардын арасында ЭСМУЭП ишке ашыруунун Лимбург принциптери (1986), Бангалоре (ЭС), Декларация жана иш-аракеттер планы (1995), экономикалык, социалдык жана маданий укук бузууларга тиешелүү Маастрихт башкы принциптери (1997) болгон.

2. Бул ийгиликтерге карабай, ЭСМУЭПтен келип чыгуучу юридикалык милдеттемелердин мүнөзү жана деңгээли боюнча олуттуу айкын эместикти алып келет. Бул күмөн саноолор бир катар себептер менен сакталууда, алардын бири 2 (1)-беренеде катышуучу мамлекеттердин Пакт боюнча жалпы укуктарынын берилиши: «Бул Пактка катышуучу ар бир мамлекет бул Пактта таанылган укуктарды бардык талап кылынуучу каражаттар, анын ичинде мыйзамдык чараларды көрүү аркылуу акырындык менен толук ишке ашыруу максатында, мисалы, экономикалык жана техникалык тармактардагы болгон ресурстарды жекече жана эл аралык жардам жана кызматташтык иретте толук пайдаланууга милдеттенет».

3. Бул билдирүү айрым милдеттемелерди, мааниси айкын эмес фразалар менен түшүнүктөрдү өзүнө камтыйт. Мында мен көрсөткүчтөр менен критерийлерге түз тиешеси бар эки нерсеге көңүл бурам: катышуучу мамлекеттер каралган укуктарды колдо бар ресурстарды максималдуу колдонуунун алкагында акырындык менен бара-бара ишке ашырууга милдеттенишет.

4. Акырындык менен ишке ашыруу жана колдо бар ресурстар деген эки фраза тең эки маанилүү кесепеттерге ээ. Биринчиден, алар катышуучу мамлекеттердин Пактка ылайык айрым (сөзсүз эле баары эмес) милдеттемелери бир мамлекеттен экинчи мамлекетке карай өзгөрүшү мүмкүн дегенди билдирет. Экинчиден, алар катышуучу мамлекетке карата Пакт боюнча айрым (сөзсүз эле баары эмес) милдеттемелер убакыттын өтүшү менен өзгөрүшү мүмкүн дегенди билдирет. Катышуучу мамлекеттердин ЭСМУЭП боюнча кубулма элементтери менен милдеттемелери айкын эместик сезимине түрткү берет жана бул көрүнүш эл аралык экономикалык, социалдык жана маданий укуктардын өзгөчөлүгү болуп келет.

5. Адам укуктары боюнча көрсөткүчтөр менен ориентирлер бардык кызыккан тараптарга бул кубулма элементтер менен мамлекеттердин милдеттемелеринин өзгөрүүсүн аныктап жана байкоо жүргүзүүгө жардам бериши мүмкүндүгү өтө чоң мааниге ээ.

Көрсөткүчтөр менен критерийлер билим алуу укугунун контекстинде пайдаланылышы мүмкүн экендигин көрсөтөрдөн мурун, мен катышуучу мамлекеттердин Пакт боюнча юридикалык милдеттемелеринин мүнөзү жана деңгээли жөнүндө кошумча жалпы эскертмелерди бергим келет.

6. Пактты жана Комитеттин практикасын кароо катышуучу мамлекеттердин укуктук милдеттемелеринин өз ара байланыштагы үч аспектин ачып көрсөтөт. Мында мен алардын биринчи экөөнө гана кыскача токтолдум. Менин көңүлүмдү бургану үчүнчүсү, ал көрсөткүчтөр менен ориентирлер үчүн өзгөчө мааниге ээ, биз муну төмөндөн көрөбүз.

(А) Колдонуу милдеттемеси бардык катышуучу мамлекеттер үчүн бирдей. Белгилей кетүүчү нерсе, ЭСМУЭП боюнча айрым милдеттемелер акырындык менен бара-бара ишке ашырылышы керек жана ресурстардын болушун болжойт. Бул милдеттемелер бүткүл дүйнө боюнча, экономикалык өнүгүү баскычына карабай, бардык катышуучу мамлекеттер үчүн бир кырка жайылтылат. Бир гана мисал келтирели: дискриминациялабоо принциби. Пакттын 2 (2)-беренесине ылайык, катышуучу мамлекеттер адамдардын жыныстык, расалык белгилери ж.б. тыюу салынган негиздер боюнча дискриминациялык болбошу керек. Ошентип, эгерде катышуучу мамлекет кыздарды мектептен чыгара турган болсо, бул Пактты бузгандык. Пакт менен Комитет так аныкташат: бул контекстте акырындык менен, бара-бара ишке ашыруу жана ресурстардын болушу деген түшүнүктөр мааниге ээ эмес.

(Б) Ар бир укукка карата минималдык камсыздоо. Комитеттин маалыматы боюнча, бул Пактта каралган ар бир укукту «жок дегенде, минималдык деңгээлде канааттандырылышын камсыз кылуу үчүн» ар бир катышуучу мамлекетке жүктөлгөн. Минималдык негизги милдеттемелерсиз Пакт «олуттуу деңгээлде өз маанисин жоготот. Ар бир укукту минималдык негизги камсыз кылууну аныктоо үчүн дагы көп иш аткарылышы керек. Комитет, мисалы, азыркыга чейин билим алуу укугуна карата минималдык камсыздоону аныктай элек. Бул аныктамалар замат, бардык катышуучу мамлекеттерге, экономикалык өнүгүү жагынан кайсы баскычта экендигине карабай, колдонулат. Башкача айтканда, минималдык камсыздоо акырындык менен бара-бара ишке ашыруу жана ресурстардын болушу деген түшүнүктөргө тиешеси болбойт.

(В) Өзгөрүлмөлүү ченем. 2 (1)-беренени эске алганда, айрым милдеттемелер өзгөрүлмө структурага ээ экендигин моюнга ал-

боо кыйын. Прогрессивдүү (акырындык менен) ишке ашыруу жана ресурстар жөнүндө фразанын болгонунан милдеттемелердин баарынын болбосо да, айрымдарынын так мазмунун бир мамлекеттен экинчи мамлекетке карай, ал эми убакыттын өтүшү менен бир мамлекет үчүн, кыязы, өзгөрүлмө болот.

7. Мындай шартта милдеттемелердин бул өзгөрүлмө ченемин аныктап жана көзөмөлдөп тура алуучу натыйжалуу ыкмалар менен процесстерди түзүү өтө маанилүү. Мындай чараларсыз, 2 (1)-берене «баш ийбеген мамлекеттер үчүн авариялык люкту» камсыз кылышы мүмкүн (бул жөнүндө Леки эскерткен). Менин көз карашымда, көрсөткүчтөр менен критерийлер эки учурда тең өз ролун ойношу керек. Көрсөткүчтөр менен ориентирлер сөзсүз түрдө ушул үчүнчү өзгөрүлмө менен чектелбейт. О.э. алар, мисалы, минималдык негизги камсыздоону аныктоодо да белгилүү роль ойной алат.

8. Бул о.э. ЭСМУЭПтин да көз карашы болуп эсептелет, ал: «бул мамлекет үчүн бул тармакта анын иш-аракетин баалоого мүмкүнчүлүк бере турган конкреттүү чектерди же максаттарды белгилөөдө пайдалуу болушу мүмкүн ... глобалдуу көрсөткүчтөр чектелген мүнөздө гана колдонулса, улуттук жана башка конкреттүү чектер прогресстин өтө баалуу көрсөткүчтөрү болуп эсептелет» (Жалпы мазмундагы сэкертпе 1, пункт 6).

Турак-жай укугу

Түштүк-Африка Республикасынын өкмөтү жана башкалар Грутбумга каршы[192]

***

Киришүү

Түштүк Африка эли бардыгы үчүн социалдык акыйкаттык жана жашоо сапатын жакшыртуу максаттарын көздөшөт. Биздин Конституцияга карата преамбулада бул жагдайдын сүрөттөмөсү берилген. Конституция «адамдын кадыр-баркын сыйлоо, теңдештикке жетишүү жана адам укуктары менен эркиндиктеринин абалын жакшыртуу үчүн» биздин коомдун негиз түзүүчү баалуулуктарын жарыялайт. Бул иш Түштүк Африкада жаңы конституциялык тартиптин өнүгүүсү

[192] Constitutional Court of South Africa, Case CCT 11/00, Judgment of 4 October 2000.

үчүн фундаменталдык мааниси бар аталган умтулууларды ишке ашыруу маселелесине тиешелүү.

Бул маселелер биздин элдердин көпчүлүгү азыркыга чейин жашап келе жаткан адам чыдагыс шарттарды эске салышы керек. О.э. бул, эгерде аталган коомчулуктардын оор абалы жеңилдетилбесе, адамдар андан кутулуу үчүн мыйзамды өз колуна алууга азгырылып кетиши мүмкүн экендигин эскертүү болот. Бул иш бизди Конституция тарабынан убадаланган бардык адамдар үчүн кадыр-барк жана теңдик көпчүлүк үчүн кол жеткис кыял бойдон калып жаткан чындыкка кайра алып келет. Адамдар киши чыдагыс жашоо шарттарынын айынан иш-аракет кылып, жерлерди басып алууларга барбашы керек. Мындай түрдөгү өзүнө өзү жардам кылуу өлкөдө турак-жайдын жетишсиздиги менен күрөшүүдө негизги фактор болуп эсептелген турак-жай курууга жарактуу жерлердин жоктугунан жол берилерлик эмес. Бул каралып жаткан иштеги адамдардын тобунун жашоо шарттары өтө начар болгон жана алар башка бирөөнүн жерин мыйзамсыз басып алууну чечишкен. Алар чыгарылып жиберилип, баш калкалоосуз калышкан. Алардын көйгөйлөрүнүн негизги себеби арзан турак үй алууга кезек күтүп адам чыдагыс шарттарда жашап келгендиктери эсептелет. Бул аталган учурда конституциялык укуктары аныкталышы керек болгон адамдар, Ирен Грутбум айым жана башкалар расмий түрдө арзан турак-жайга арналган бирөөнүн менчик ээсиндеги жерде салынган үйлөрүнөн чыгарылгандыктарынын натыйжасында баш калкалоосуз калышкан. Алар Жакшы үмүт булуңуна, б.а. алар туруктуу турак жай алганга чейин ылайыктуу жай берүүгө өкмөттү милдеттендирүүчү Жогорку сотко барышат. Алар турак-жай менен камсыз кылууну суранышат. Чечим «чатырлар, көчүрмө дааратканалар жана үзгүлтүксүз суу менен камсыз кылуу минимумду түзөт» деген убактылуу тыянак чыгарат. Бийликтин турак-жай маселеси үчүн жооптуу бардык чөйрөлөрдү кучагына алган арыз ээлери бул чечимдин тууралыгына макул эместикетрин билдирет.

Турак-жайдын кескин жетишсиздигинин себеби апартеид болуп эсептелет. Бул саясаттын башкы өзгөчөлүгү шаар аймактарын африкалыктар тарабынан ээленишин чектөөгө умтулган башкаруу системасы болгон. Бул агым Батыш Кап провинциясында катуу көзөмөлдөнгөн, ал жерде түстүү адамдардын коомчулугуна артыкчылык шарттарын ыйгаруу үчүн өкмөттүн саясаты африкалык элдерди болтурбоого багытталган болчу: 1954-жылы кабыл алынган саясат «түстүүлөрдү артык көрүүнүн эмгек саясаты» деп аталган. Анын натыйжасы катары, африкалык эл үчүн жарым аралда үй-бүлөсүн

турак-жай менен камсыз кылуу 1962-жылы токтотулган. 1968-жылы Батыш Кап провинциясынын башка шаар райондорунда да ушундай эле токтотуу болгон. Катуу көзөмөлгө карабастан, Африка эли иш издеп бул район тарапка жыла беришкен. Айыл аймактарында жерди колониялык жана катаал зомбулук-расалык бөлүштүрүү африка айыл чарбасынын туруктуулугу жана көз карандысыздыгы үчүн чоң коркунуч болгон. Расмий турак-жайдын жоктугун эске алганда, көп сандагы адамдар бүтүндөй жарым арал боюнча расмий эмес турак-жайларга өтүшкөн. Демек, апартеид доорунун цикли африка элдерин шаар аймактарына карай кыймылын чектөө боюнча ийгиликсиздердин бири болгон. Айыл калкынын жакыр катмарларынын шаарды көздөй агымы адамдардын жышташуусунун, кызмат адамдарынын үзгүлтүксүз кыстоолорунун жана зомбулук менен көчүрүүлөрүнүн натыйжасында адекваттуу эмес турак-жай шарттарына алып келген. Батыш Кап провинциясындагы көзөмөлдүн натыйжасы турак-жайдын кескин жетишсиздигине алып келген. Анык масштабдары так болбосо да, 1994-жылы убактылуу конституция түзүлгөн мезгилде дефицит 100.000ден ашуун бирдикти түзгөн.

Грутбум айым жана башка респонденттердин көпчүлүгү мурда Валладенк деп аталуучу скваттерлердин расмий эмес конушунда жашашкан. Көпчүлүгү мунниципалитеттен субсидияланган арзан турак-жай алууга арыз беришкен жана 7 жылдан ашык убакыттан бери кезекте турушкан. Көп сандагы кайрылууларга карабай, муниципалитеттен айкын жооп болгон эмес. Белгисиз мөөнөткө өтө оор абалда калуу келечегине кабылган респонденттер Валладенктен 1998-жылдын сентябрынын аягында көчө башташкан. Алар өз үйлөрү менен чатырларын жеке менчик астындагы жана арзан турак-үй курууга арналган ээн жерлерге тургузуп алышкан. Алар жерди «Жаңы Руст» деп аташкан. Алар жер ээсинин макулдуугун алышкан эмес жана 1998-жылдын 8-декабрында ал магистраттардын сотунда мыйзамсыз отурукташкандарды чыгаруу буйругун алган. Буйрук жоопко тартылуучуларга маалымдалган, бирок алар аны көрсөтүлгөн мөөнөттө аткарышкан эмес. Грутбум айым алардын барар жери жок, Валладенктеги мурдагы орундары башкаларга толгон дейт. Отурукташкан жерден чыгаруу эч качан жокко чыгарылган эмес жана туура чечим катары кабыл алынышы керек болчу. Бирок, эч кандай сүйлөшүүлөр болгон эмес, жана 1999-жылы 18-майда, булундагы суук, шамалдуу жана жаан-чачындуу кышынын башталышында жоопко тартылгандар муниципалитеттин каражатынын эсебинен зордоп чыгарылган. Бул мөөнөтүнөн мурда жана адамгерчиликсиз мүнөздө жасалган: жана ал апартеид мезги-

линдеги зордоп көчүрүүгө окшогон. Респонденттердин үйлөрү талкаланып, өрттөлгөн, ал эми мүлктөрү жок кылынган. Ошол мезгилде үйлөрүндө жок тургундардын көпчүлүгү жеке буюмдарын да сактап кала алышкан эмес. Жоопко тартылуучулар Валладенктин спорт аянтында убактылуу турак-жай орнотуп, жайгашышкан.

Конституциянын 26-беренесинде ар бир адам жетиштүү турак-жай алууга укуктуу деп каралган. 26 (2)-бөлүмдө колдо бар ресурстардын алкагында бул укукту акырындык менен ишке ашырууну камсыз кылуу үчүн акылга сыярлык мыйзамдарды кабыл алуу жана башка чараларды көрүү милдеттемеси жөнүндө айтылат.

Тийиштүү эл аралык укук жана анын таасири

Талкуу учурунда Эл арлык укуктун биздин Конституциянын 26-беренесин чечмелөөдөгү маанисине чоң орун берилген.

Конституциянын 39-беренеси Укуктар тууралуу биллъди чечмелөө үчүн инструмент катары эл аралык укукту эске алууга сотту милдеттендирет. Тийиштүү эл аралык укук чечмелөө үчүн колдонмо боло алат, бирок эл аралык укуктун тийиштүү принциби Түштүк Африканы милдеттендирген учурда.

Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар боюнча эл аралык пакт Конституциядагы социалык-экономикалк укуктар аркылуу түзүлгөн позитивдүү милдеттемелерди түшүнүү үчүн маанилүү...

... Көз карандысыз эксперттер сотто Пактты чечмелөөгө жана колдонууга тиешелүү Комитеттин жалпы мазмундагы эскертмелеринне таянышкан. ...

Комитет ар бир катышуучу мамлекет минималдык негизги милдеттемелерди аткарууга милдеттүү деп эсептери түшүнүктүү ... Ошентип, олуттуу сандагы адамдар баш калкоосуз жана турак-жайсыз болгон мамлекет prima facie өз милдеттемелерин бузган болуп эсептелет

... Бул укук 26-бөлүмдө каралган (10 бул «жетиштүү турак-жайга ээ болуу укугу») ... Турак-жай кирпич менен курулуш аралашмасына караганда көп нерсени билдирери моюнга алынат. Бул пайдаланууга болуучу жерди, суу менен камсыз кылуу, таштанды сууларды агызуу, аларды каржылоо жана үйдүн өзүн куруу сыяктуу тийиштүү кызматтарды талап кылат...

(2)-бөлүмдө мамлекетке жүктөлгөн позитивдүү милдеттемелер жөнүдө айтылган. Бул мамлекеттен өз милдеттерин аткаруу боюнча ар тараптуу жана натыйжалуу план иштеп чыгууну талап кылат. ... Бул окуя

өтө оор шарттарда жашоодо жүздөгөн адамдардын аргасы кеткендигин көрсөтөт. Конституция бул шарттарды жакшытруу үчүн позитивдүү иш-аракет кылууга мамлекетти милдеттендирет. Бул турак-жай, саламаттык сактоо, жетиштүү сандагы азык-түлүк жана суу менен, о.э. өзүн жана өз багуусундагы үй-бүлө мүчөлөрүн камсыз кыла албагандарды социалдык төлөмдөр менен камсыз кылуу милдети болуп эсептелет. Муктаж адамдар мунун аткарылышын талап кылуу укугуна ээ...

Жоопко тартылуучуларды көчүрүүнү мэрия каржылагандыгы тууралуу талаш жок... Жоопко тартылуучуларды бир күн эрте көчүрүп салышкан жана эң жаманы, алардын мүлкү менен курулуш материалдары жөн эле көчүрүлүп салбастан, талкаланып жана өрттөлгөн ... Бул тыянактардын негизинде ... сот чечими мамлекеттен ага жүктөлгөн милдеттерди аткаруу боюнча чара көрүүнү талап кылат ... Бул өтө муктаждыктан аргасыз абалда тургандарга жардам көрсөтүү чараларын иштеп чыгуу, каржылоо, ишке ашыруу жана көзөмөлдөө аракеттерин өзүнө камтыйт.

Эмгек укугу (мигранттар)

Эл аралык эмгек укугунун Кыргыз Республикасынын укук системасында колдонулушу, Элида Ногойбаева[193]

Эл аралык укук доктринасы улуттук мыйзамдар менен эл аралык укуктун ортосундагы өз ара байланыштын негизги 3 теориясын тааныйт[194]. Биринчиси, дуалисттик (плюралисттик) деп аталган теория. Ага ылайык, эл аралык укук жана улуттук мыйзамдар бири-биринен көз карандысыз күч-аракет кылуучу өз алдынча эки укуктук система болуп эсептелет. Бул теория Дионисио Анцилотти жана Н. Трипель сыяктуу окумуштуулардын эмгектеринде колдоого алынган[195]. Бүгүнкү күндө кайсы укуктук системада болбосун, дуалисткалык же монистикалык көз караштардын тазалай колдонулушуна мисал табуу өтө кыйын. Улуттук мыйзамдар менен эл аралык укуктун өз ара карым-катнашы маселесине карата башка көз караш монистикалык

---

[193] Nogoibaeva E.K., Dean of IBL Department, AUCA[Reprinted with permission of the author].

[194] P. Malanchuk, Современное Введение в Международное Право. Дуалистическая и Монистическая теории, 7-толукталып басылышы (T. J. International Ltd, Padstow, Cornwall, 1997), 63-б.

[195] G. Gadja, Позитивизм и Дуализм уДионисио Анцелотти, 3-бас., Европалык Эл аралык укук журналы (1992), 134-б.

теория аталышына ээ. Бул доктрина эл аралык да, ички мамлекеттик да укукту бир эле укуктук тартиптин түзүмдүк бөлүгү деп карайт. Монистикалык доктринанын лидерлеринин бири Ханс Кельсен болуп эсептелет. Ал мамлекетти эл аралык укуктун субъекти катары алган негизги укуктар менен артыкчылыктардын алкагында эл аралык укукту түзүүчү катары карайт. Монистикалык өлкөгө Голландия же Швейцария мисал болот, себеби алар улуттук мыйзамдар менен эл аралык укукту бир системанын өз ара теңдеш бөлүгү деп эсептешет. Эл аралык ченемдер пайда болгон же күчүнө кирген мөөнөттөн тартып швейцар укук системасынын бөлүгүнө айланат[196]. Бирок көп учурда тиги же бул өлкөдө кайсы көз карашты колдонуу талап кылынарын аныктоо өтө татаал. Ошондуктан, эреже катары, АКШ сыяктуу көпчүлүк өлкөлөр эки көз карашты тең колдонушат. Ушуга байланыштуу, айрым окумуштуулар АКШны монистикалк көз карашты колдонуучу өлкөлөрдүн катарына киргизишсе, башкалары «дуалисттик» өлкөлөрдүн катарына киргизишет[197].

Ата мекендин мыйзамдарды талдоодон Кыргыз Республикасы улуттук мыйзамдар менен эл аралык укуктун ортосундагы өз ара байланышты расмий түрдө монистикалык көз каршата карай тургандыгын көрүүгө болот, себеби ал эл аралык келишимдерди, эл аралык укуктун негизги принциптери менен ченемдерин өз укуктук системасынын түзүмдүк бөлүгү катары карайт[198].

КРнын 2010-жылдагы Конституциясынын 6-беренесинде төмөнкүдөй айтылган:

1. «Конституция Кыргыз Республикасында жогорку юридикалык күчкө жана түз таасирге ээ.

2. Конституциянын негизинде конституциялык мыйзамдар жана башка укуктук ченем акттары кабыл алынат.

3. Мыйзам тарабынан бекитилген тартипте күчүнө кирген, Кыргыз Республикасы катышуучулук кылган эл аралык келишимдер, о.э.

---

196 M. Shaw, Международное Право, 4-бас. A Grotius Publication Cambridge University Press, Cambridge 1997, 100-б.

197 Relation between international and domestic law, Joint opinion of the Federal Office of Justice and the Directorate for International Law of 26 April 1989 in "Verwaltungspraxis der Bundesbehцrden", http://www.eda.admin.ch/ sub_dipl/e/home/thema/intlaw/relat.html.

198 Кыргыз Республикасынын 2010-жылын 27-июндагы Конституциясы, 6-берене

эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптери менен ченемдери Кыргыз Республикасынын укуктук системасынын курамдык бөлүгү болуп эсептелет. Адам укуктары боюнча эл аралык келишимдердин ченемдери түз таасирге жана башка эл аралык келишимдердин үстүнөн артыкчылыкка ээ».

Кыргыз Республикасы расмий түрдө эл аралык укукка карата монистикалык көз карашты колдонгонуна карабастан[199], дагы да болсо бул жоболорду түз колдонууда маселелер бар.

Эмгек укугу тармагында карым-катнашты жөнгө салуучу жоболорго, тактап айтканда, КРнын Эмгек Кодексине кайрылалы (КРнын от 2004-жылдын 4-августундагы N 107-мыйзамы менен ишке киргизилген).

3-берене. Эмгек мыйзамдары жана эмгек укугунун ченемдерин камтыган башка укуктук-ченем акттары.

Кыргыз Республикасы тарабынан ратификацияланган эл аралык укук ченемдери, эл аралык келишимдер ж.б. эл аралык укук ченемдери Кыргыз Республикасынын мыйзам топтомдорунун түзүмдүк жана түздөн-түз иштөөчү бөлүгү болуп эсептелет. Эгерде жумушчу үчүн Кыргыз Республикасы тарабынан ратификацияланган эл аралык келишимдер аркылуу КРнын мыйзамдары менен башка укуктук ченем акттарында, макулдашууларда, жамааттык келишимдерде каралганга салыштырмалуу жакшы эрежелер бекитилген болсо, анда эл аралык келишимдердин эрежелери колдонулат. Бул кодекс менен жумушчулардын абалын начарлатуучу ченемдер камтылган мыйзамдардын ортосунда келишпестик пайда болгондо, ушул Кодекстин ченемдери колдонулат[200].

Кыргыз Республикасынын 1997-жылдын 4-октябрындагы мурунку N 70- Эмгек Кодексинде[201] бул катнаш конкреттүүрөк берилгендигине өзгөчө көңүл бургубуз келет:

«3-берене. Эмгек жөнүндө мыйзамдар жана башка укук акттары

2. Кыргыз Республикасында ратификацияланган Мамлекеттер аралык келишимдер жана эл аралык укуктун башка ченемдери КРнын мыйзамдарынын курамдык жана түздөн түз иштөөчү бөлүгү болуп эсептелет.

3. Эгерде Кыргыз Республикасынын мамлекеттер аралык келишимдери менен БУУнун адам укуктары жөнүндө пакттарынын жана Кыргыз

[199] «Ченем-укуктук акттар жөнүндө»: КРнын мыйзамы N 241 № 34 20-июль, 2009

[200] КРнын N 103-мыйзамынын 2009-жылдын 30-мартындагы редакциясында

[201] 2004-жылы 4-августта күчүн жоготкон

Республикасында ратификацияланган Эл аралык эмгек уюмунун (ЭЭУ) конвенцияларынын ортосунда бул Эмгек кодексине жана КРнын эмгек жөнүндө башка ченемдерине караганда жумушчулардын абалын жакшыртуучу ченемдер менен эрежелер бекитилген болсо, анда тийиштүү мамлекеттер аралык келишимдердин (БУУнун адам укуктары жөнүндө пакттарынын жана ЭЭУнун конвенцияларынын) ченемдери менен эрежелери колдонулат. Биринчиден, Эмгек кодексинде (мурункусу да, учурдагы да) Конституциядан айырмаланып, эл аралык эмгек укук ченемдери Кыргыз Республикасынын укуктук системасынын эмес, мыйзамдар топтомунун күчкө ээ бөлүгү болот деп айтылган. Экинчиден, 1997-жылдагы Эмгек кодексинде абстрактуу эл аралык укуктун же келишимдин артыкчылыгын атабастан, адам укуктары тармагындагы атайын келишимдер жөнүндө конкреттүү айтылган жана аларды БУУнун адитсештирилген мекемеси болуп эсептелүүчү ЭЭУнун алкагында кабыл алынган конвенциялар деп атоо менен аларга чек койгон. Кыргыз Республикасы эл аралык келишимдерди өз укук системасы катары таанып жана аларды түздөн-түз колдонууга милдеттендиргенине карабастан, практикада дуалистикалык көз караш сакталат. Ага ылайык эл аралык эмгек укугунун ченемдери алардын натыйжалуу колдонулушу үчүн улуттук мыйзамдарга киргизилип жана чагылдырылышы керек.

Эл аралык укук ченемдери улуттук укук системасында кандайча иштейт жана алардын ички укук ченемдери менен шайкеш келүүсү кандайча камсыз кылынат?

Азыркы учурда (2009-жылдын 31-декабрына карата) Кыргыз Республикасы ЭЭУнун алкагында кабыл алынган 53 конвенциянын катышуучусу болуп эсептелет ЭЭУнун конвенцияларынын ченемдери Кыргыз Республикасынын укук системасында түз күчкө ээ. ЭЭУнун конвенциясы ратификацияланып жана расмий жарыяланган учурда андан ары Кыргыз Республикасынын мыйзамына киргизилиши талап кылынат. Белгилүү бир убакыттан кийин (мыйзамда бекитүү максатка ылайык) конвенциялардын эл аралык эмгек ченемдери, эгерде жетишерлик конкреттүү, даректүү жана укуктук жөнгө салынгыдай, б.а. «өзүнөн өзү аткарылуучу ченемдерге» кире турган болсо, колдонулушу мүмкүн. Аларды КРнын эмгек мыйзамдарында колдонууда эл аралк келишимдер менен ЭЭУнун келишимдерин КРнын эмгек мыйзамдарына киргизилиши үчүн бардык чараларды көрүү зарыл.

ЭЭУнун 1998-жылдагы «Эмгек чөйрөсүндөгү негизги принциптер жана укуктар жөнүндө» декларациясы түзүмдүк бөлүк катары

Кыргыз Республикасынын укук системасына (эмгек укугу тармагынынын системасына) киргизилип, ратификацияга муктаж эмес, бирок эл аралык эмгек укугу булагынын касиетин сактайт.

КРда ЭЭУнун декларациясынын кучагына кирген (1998) 7- конвенциясы ратификацияланган жана ага жараша анын көп ченемдери КРнын ЭКга, айрым мыйзамдарга ж.б. киргизилген.

Эл аралык эмгек уюмунун максаттары менен милдеттери боюнча ЭЭУнун Уставынын ченемдери, анын ичинде Филадельфия декларациясы (Уставга тиркеме) (1944 г.), ЭЭУКга мүчө мамлекеттер, анын ичинде КР жалпы тааныган ченемдер катары өлкөнүн укук системасына эмгек чөйрөсүндө орнотулган фундаменталдык бөлүгүндө киргизилип, эл аралык эмгек укук булагы касиетин сактап калган. Аларды колдонуу механизми мамлекет тарабынан аныкталып жана КРнын Конституциясынын (6-берене, 3-п.), «Эл аралык келишимдер жөнүндө» КРнын мыйзамынын ченемдерин аткарууга багытталышы керек.

ЭЭУ БУУнун башка адистештирилген уюмдарынан өзүнүн «трипартизм принцибине негизделген» үч тараптуу түзүмү менен айырмаланат. Ал принципке ылайык, ЭЭУга мүчө мамлекетке өкмөттүн атынан эки жана ишкерлер менен эмгекчилердин атынан бирден делегат өкүлчүлүк кылат. Алардын ар бири чечим кабыл алууга жана өз алдынча добуш берүүгө укуктуу жана бардык делегаттар бирдей укукка ээ.

ЭЭУнун конвенциясы — бул көп тараптуу эл аралык келишим. Ал ратификацияланып жана расмий жарыялангандан кийин Кыргыз Республикасынын укук системасына киргизилет, бирок эл аралык эмгек ченемдери касиетин жоготпойт. Конвенция, ЭЭУнун кеңеши сыяктуу эле, эмгекти эл аралык укуктук жөнгө салуунун түрү катары болот, ЭЭУ тарабынан иштелип чыгат жана Эл аралык эмгек конференциясында ЭЭУнун Уставы отноткон тартипте кабыл алынат[202].

Конвенцияны ратификациялоодо мамлекет аны аткаруу боюнча милдеттерди алат жана тийиштүү мыйзам актын кабыл алып же конвенциялык эмгек ченемдерин КРнын учурда күчкө ээ мыйзамдарына, ЭКга киргизиши керек.

[202] What is international labour law for? Brian Langille. International Labour Organization (International Institute for Labour Studies) 2005. C. 15.

Ден соолук укугу

Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар боюнча эл аралык пакт

11-берене

1.1. Бул Пактта катышуучу мамлекеттер ар бир адам өзү жана өз үй-бүлөсү үчүн жетиштүү жашоо деңгээлине, анын ичинде жетиштүү азык-түлүккө, кийимге жана турак-жайга, о.э. турмуш шартын үзгүлтүксүз жакшыртып туруу укугуна ээ экендигин моюнга алат. Катышуучу мамлекеттер бул укуктун ишке ашырылышы үчүн талаптагыдай чараларды көрүшүп, бул жагынан эркин макулдашууга негизделген эл аралык кызматташтыкка чоң маани беришет.

2. Бул Пактка катышуучу мамлекеттер ар бир адамдын ачарчылыктан эркин болуу негизги укугун таануу менен, жекече жана эл аралык кызматташтык иретинде зарыл чараларды көрүп, анын ичинде конкреттүү программаларды ишке ашыруулары керек, мунун максаты:

(a) техникалык жана илимий билимдерди кенен колдонуу, азыктануу принциптери жөнүндө билимдерди жайылтуу жолу менен азык-түлүктү өндүрүү, сактоо жана бөлүштүрүү ыкмаларын жакшыртуу, о.э. аграрадык системаларды табигый ресурстарды натыйжалуу өздөштүрүүгө жана колдонууга жетишкидей жакшыртуу жана реформалоо;

жана

(b) дүйнөлүк азык-түлүк корлорун тамак-аш өндүрүмдөрүн импорттоочу да, экспорттоочу да өлкөлөрдүн муктаждыктарына жараша жана алардын көйгөйлөрүн эске алуу менен акыйкат бөлүштүрүүнү камсыз кылуу.

12-берене

1. Бул Пактта катышуучу мамлекеттер ар бир адамдын эң жогорку деңгээлдеги физикалык жана психикалык ден соолукка карата укугун тааныйт.

2. Бул укукту толук ишке ашыруу үчүн Пактта катышуучу мамлекеттер төмөнкүлөргө зарыл иш-чараларды камтышат:

(a) өлүү төрөлгөн балдардын жана балдардын өлүмүнүн санын кыскартууну, о.э. баланын дени сак өсүшүн камсыз кылуу;

(b) сырткы чөйрөнүн жана өнөр жай эмгегинин гигиеналык жактан бардык аспектерин жакшыртуу;

(c) эпидемиялык, эндемикалык, кесиптик жана башка ооруларды алдын алуу, дарылоо жана алар менен күрөшүү;

(d) ооруга кабылган ар бир адамга медициналык жардамды жана медициналык кароону камсыз кылуу.

ЭСМУЭП боюнча жалпы мазмундагы эскертме №14 (2000)

ЭСМУЭПти имплементациялоого байланышкан суроолор

Эң жогорку деңгээлдеги ден соолукка жетишүү укугу

(ЭСМУЭП, 12-берене)

1. Ден соолук адамдын башка укуктарын ишке ашыруу үчүн зарыл болгон негизги укуктарынын бири болуп эсептелет. Ар бир адам ага татыктуу жашоо деңгээлин камсыз кыла турган эң жогорку деңгээлдеги ден соолугу болуу укугуна ээ. Ден соолук укугун ишке ашыруу өз ара бири-бирин толуктап туруучу, саламаттык сактоо тармагындагы саясатты аныктоо, Бүткүл дүйнөлүк саламаттык сактоо уюму (БДССУ) тарабынан иштелип чыккан ден соолукту коргоо программаларын ишке ашыруу, же конкреттүү укукук келишимдерди кабыл алуу сыяктуу бир катар жолдор менен камсыз кылынышы мүмкүн.

Андан тышкары, ден соолук укугу ишке ашырылышы 1-мыйзам тарабынан корголо турган бир катар компоненттерди өзүнө камтыйт.

3. Ден соолук укугу Укуктар жөнүндө эл аралык биллъде каралган башка адам укуктары менен тыгыз байланышкан жана алардан көз каранды. Ал укуктарга азык-түлүк, турак-жай, эмгек, билим алуу, адамдык ар-намыс, жашоо, дискриминацияланбоо, теңдештик, жеке турмуш, кыйноолорго дуушар болбоо, маалымат алуу, о.э. ассоциациялардын, жыйындардын жана жер которуу эркиндиктери кирет. Ушул жана башка укуктар менен эркиндиктер ден соолук укугунун курамдык элементтери менен байланышкан.

5. Комитет дүйнө жүзү боюнча миллиондогон адамдар үчүн ден соолук укугун ишке ашыруу мурдагыдай эле алыскы келечектин максаты бойдон калып келе жаткандыгы түшүнөт. Андан тышкары, көпчүлүк учурларда, айрыкча жакырчылыкта жашап жаткандар үчүн, бул максат улам барган сайын алыс болуп бара жатат. Комитет мамлекттердин көзөмөл алдында турбаган эл аралык жана башка фак-

торлор менен шартталып, көпчүлүк катышуучу мамлекеттерде 12-берененин толук ишке ашырылышын кыйындатуучу бир катар структуралык жана башка тоскоолдуктардын бар экендигин моюнга алат [...]

I. 12-берененин ченем-укуктук мазмуну [...]

9. 12-берененин 1-пунктунда камтылган «жетишүүгө мүмкүн болгон эң жогорку ден соолук деңгээли» деген түшүнүк жекече биологиялык жана социалдык-экономикалык шарттарды да, о.э. мамлекеттин колунда бар ресурстарды да өзүнө камтыйт. Мамлекет менен жеке адамдын өз ара мамилеси менен гана камтууга болбой турган бир катар аспекттер бар, атап айтканда, мамлекет адамга жакшы ден соолукту же аны начарлатуучу бардык себептерден коргоону камсыз кыла албайт. Мисалы, генетикалык факторлор, кайсы бир ооруга жекече жакындык же адамдардын начар жана коркунучтуу жашоо жолун тандап алышы адамдын ден соолугуна олуттуу таасир кылат. Демек, ден соолук укугу эң жогорку ден соолук деңгээлине жетишүү үчүн зарыл бир катар мекемелерди, товарларды, кызматтар менен шарттарды колдонуу укугу деп түшүнүдүрүлөт [...]

11. Комитеттин чечмелөөсүнө ылайык, 12-берененин 1-пунктунда аныкталган ден соолук укугу саламаттык сактоо тармагында өз убагындагы жана адекваттуу кызмат укугун гана эмес, иче турган таза суу жана адекваттуу санитардык кызматтардан пайдалануу, коркунучсуз азык-түлүк менен жетишерлик камсыздануу, тамак-аш жана тураккай шарттары, коопсуз эмгек шарттары жана айлана-чөйрө, о.э. саламаттык тармагында, анын ичинде жыныстык жана репродуктивдик ден соолук тармагында агартуу жана маалымат алуу мүмкүнчүлүгү сыяктуу саламаттыктын негизги шарттарын да өзүнө камтыйт. Дагы бир маанилүү аспекттердин бири болуп коомдук, улуттук жана эл аралык деңгээлдерде саламаттыкка байланышкан чечимдерди кабыл алууда калктын катышуусу эсептелет.

II. Катышуучу мамлекеттердин милдеттемелери

30. Пакт прогрессивдүү ишке ашырууну карап жана колдо бар ресурстардын жетишсиздигине байланышкан көйгөйлөрдү моюнга алса да, ал катышуучу мамлекеттерге токтоосуз мүнөзгө ээ түрдүү милдеттерди жүктөйт. Катышуучу мамлекеттердин ден соолук укугуна байланышкан мындай милдеттемелерине аталган укукту эч дискриминациялоосуз ишке ашыруу (2.2-берене) жана 12-беренени толук аткаруу үчүн чараларды көрүү милдети (2.1-берене) кирет. Мындай чаралар атайын каралган, конкреттүү жана ден соолук укугун толук ишке ашырууга багытталган болушу керек [...]

Негизги милдеттемелер

43. Жалпы мазмундагы № 3-эскертмеде Комитет катышуучу-мамлекеттер Пактта жарыяланган ар бир укуктун, анын ичинде медициналык негизги тейлөө укугунун жок дегенде минималдуу негизги деңгээлинде каанаттандырылышын камсыз кылуу боюнча негизги милдеттемелерге ээ экендигин баса белгилейт. Калктын жайгашуусу жана өнүгүүсү боюнча эл аралык конференциясынын иш-аракеттер программасы(28) жана Алма-Ата декларациясы сыяктуу кийинки документтерди кароо 12-беренеден келип чыгуучу негизги милдеттемелерге тиешелүү маанилүү ориентирлерди аныктайт. Ошентип, Комитеттин пикири боюнча, бул негизги милдеттемелерге жок эле дегенде төмөнкүлөр кирет:

(a) саламаттык сактоо тармагындагы объекттерди, товарлар менен кызматтарды колдонуу укугун эч дискриминациялоосуз негизде, айрыкча коргоосу жана социалдык жактан четтеп турган топтор үчүн камсыз кылуу;

(b) ар бир адамдын ачарчылыктан эркин болушун камсыз кылуу максатында азыктандыруучу баалуулугу жагынан адекваттуу жана коопсуз минималдуу азык-түлүк алуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу;

(c) негизги турак-жай жана санитардык-гигиеналык кызматтардан пайдалануу жана коопсуз иче турган суу менен адекваттуу камсыз болуу укугун камсыз кылуу;

(d) негизги медикаменттер боюнча БДССУнун иш-аракеттер программасы тарабынан мезгил-мезгили менен аныкталып туруучу негизги дары-дармектер менен камсыз кылуу;

(e) бардык объекттерди, товарларды жана саламаттык сактоо кызматтарын акыйкат бөлүштүрүүнү камсыз кылуу;

(f) эпидемиологиялык маалыматтардын негизинде кабыл алынган саламаттык сактоо боюнча жалпы улуттук мамлекеттик стратегияны жана жалпы калктын саламаттык тармагындагы муктаждыктарын эске алуучу планды кабыл алуу жана ишке ашыруу; бул стратегиялар менен иш-аракеттер планы калктын катышуу принцибин жана транспоренттүлүк принцибин сактоо менен иштелип чыгып жана мезгил-мезгили менен кайра каралып турушу керек; аларда саламаттык сактоо тармагындагы көрсөткүчтөр жана ориентирлер жөнүндө маалымат алуу укугу сыяктуу ыкмалар алдын ала каралышы керек жана алардын негизинде жетишилген ийгиликке кылдат көз салууга болот; стратегия менен иш-аракеттер планын иштеп чыгуу, о.э. алар-

дын мазмунун аныктоо процедурасынын алкагында коргоосуз жана социалдык жактан четте турган бардык топторго өзгөчө көңүл буруу талап кылынат.

ЭСМУЭП боюнча жалпы мазмундагы эскертме №15 (2002)[203]

Суу укугунун мыйзам негиздери

2. Адамдын сууга карата укугу ар бир адамды экономикалык жана жеке жактан кол жете турган, зыянсыз ичер суу менен анын күнүмдүк муктаждыктарын канааттандыруу үчүн камсыз кылынышын болжойт. Зыянсыз суунун адекваттуу көлөмү суунун жетишсиздигинен болгон өлүмдүн алдын алуу, сапатсыз суунун кесепетинен болгон оору коркунучун кыскартуу, күнүмдүк турмушка андан тамак-аш даярдоо, жеке тазалык жана чарбалык тазалык максаттарда пайдаланууга зарыл шарт болуп эсептелет.

Адам укуктары боюнча Жогорку комиссардын офиси, Факттарды келтирүү 35, Суу укугу[204]

2,5 млрд-га жакын адамдын азыркыга чейин коопсуз санитардык кызматтан пайдалануу мүмкүнчүлүгү жок. Бул көптөгөн адам укуктарына терс таасирин тийгизет. Мисалы, санитардык кызматсыз жетиштүү турак-жай укугунан пайдалануу мүмкүн эмес. Санитардык кызматтардын жоктугунун адамдардын ден соолугуна көрсөткөн таасири жакшы документтелген 5 жашка чейинки өлүмдүн дээрлик төрттөн биринин себеби болот жана ден соолук укугуна олуттуу коркунуч туудурат.

Ошентип санитардык укуктун жетишсиздиги суунун сапатына да олуттуу таасирин тийгизүү менен суу укугун коркунуч алдында калтырат. Санитардык кызматтар өз алдынча укук катары таанылбаса да, көп сандагы эл аралык, аймактык жана улуттук декларациялар, о.э. улуттук мыйзам актылары аталган укукту таануу багытында деген пикирди пайда кылат. Таза ичер сууну жана санитардык кызматты пайдалануу мүмкүнчүлүгүнө байланышкан укук коргоочу милдеттемелер маселелери боюнча көз карандысыз эксперт санитардык

---

[203] Arts. 11 and 12 of the International Covenant on Economic, Social and Cultural Rights.

[204] OHCHR Fact Sheet available at: http://www.unhcr.org/refworld/docid/4ca45fed2. html.

шарттарды пайдалануу укугун өз алдынча укук катары таанылышын колдогон пикирди айткан. (кара: A/HRC/12/24).

ВИЧ/СПИД жана сууга карата конкреттүү муктаждыктар

ВИЧ/СПИД менен жашоо тез-тез жуунуп турууну жана жеке гигиенага өзгөчө көңүлдү талап кылат [...]. Жараларды жана дене-теринин кокустаган жерлерин жуу керек, ал эми кийим жана шейшептөшөнчүлөр тез-тез жуулуп турат. Дененин ысыгын жогору болушу кенен жайылган көрүнүш жана ал көп тердөө менен коштолот, ошондуктан көптөрү сууну тез-тез ичишет [...]. Эң кеңири тараган оппортунисттик жугуштуу ооруу - кургак учукту болтурбоо үчүн таза, жакшы желдетилүүчү турак-жай талап кылынат. Мунун баары дайыма эле колдо боло бербеген кошумча сууну керек кылат.

Азык-түлүк укугу

БУУнун азык-түлүк жана айыл чарба уюму, Факттарга баяндама №34

Эл аралык укуктагы азык-түлүк укугу

Азык-түлүк укугу эл аралык адам укуктарында таанылган укук болуп эсептелет. Адам укуктарынын жалпы декларациясы жетиштүү жашоо деңгээли жөнүндө жоболордун контекстинде «ар бир адам өзүнүн жана үй-бүлөсүнүн саламаттыгын жана бейкуттугун камсыз кылуу үчүн зарыл жашоо деңгээлине, анын ичинде тамак-ашка укуктуу» экендигин тааныйт...» (25-берене). Адам укуктары боюна эл аралык билльдин бөлүгү болуп эсептелген ЭСМУЭПте жетиштүү жашоо деңгээлине болгону укуктун олуттуу компоненти катары жетиштүү азык-түлүк укугу таанылат (11-берененин 1-пункту). Анда о.э. «адамдын ачарчылыктан эркин болуу негизги укугу» түз таанылат (11-берененин 2-пункту). Азык-түлүк укугу конкреттүү топторду коргоо боюнча эл аралык конвенцияларда да таанылат, мисалы, Аялдарга каршы дискриминациялардын бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө конвенцияда (1979)10, Баланын укуктары боюнча конвенцияда (1989)11 жана Майыптардын укуктары жөнүндө конвенцияда (2006)12. Азык-тулук укугу о.э. айрым аймактык келишимдерде, мисалы, Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар тармагындагы адам укуктары жөнүндө Америка конвенциясынын Кошумча протоколунда (Сан-Сальвадор протоколу, 1988)13, Баланын укуктары жана бейкуттук негиздери хартиясында (1990)14 жана Адамдын жана элдердин укукта-

ры жөнүндө Африка хартиясына карата Африка аялдарынын укуктары боюнча протоколунда (2003)15 бекитилген.

Азык-тулук укугун таануу башка укуктарды ишке ашыруу контекстинде да болжолот, адамдын жана элдердин укуктары боюнча Африка комиссиясынын чечмелөөсүнө ылайык, азык-түлүк укугу имплициттик түрдө жана Адамдын жана элдердин укуктары жөнүндө Африка хартиясы тарабынан (1981) жашоо, ден соолук жана экономикалык, социалдык, маданий өнүгүү укуктарына тиешелүү жоболордо таанылган.

Топтордун укуктары

Аз сандагы улуттар

Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакттын 2 жана 27-беренелери

2-берене

1. Аталган пактта катышуучу ар бир мамлекет өз территориясында жана өз юрисдикциясы астында турган бардык тараптардын бул Пактта каралган таанылган бардык укуктарын эч бир расалык, түстүк, жыныстык, тилдик, диний, саясий жана башка көз караштык, улуттук же социалдык айырмачылыгына, о.э. мүлктүк абалына, туулганына жана башка жагдайларга карабай, бирдей сыйлоого жана камсыз кылууга милдеттенет.

27-берене

Улуттук, диний жана тилдик жактан аз сандагы топтор жашоочу өлкөлөрдө мындай топторго караган адамдарга өз тобунун башка мүчөлөрү менен биргеликте өз маданиятын пайдалануу га, өз динин тутуп жана анын ырым-жырымдарын аткарууга, о.э. өз тилин колдонууга укуктук тыюу салынышы мүмкүн эмес.

Адам укуктары боюнча Жогорку комиссардын офиси, факттарга баяндама №18,

Аз сандуу топтордун укуктары

Аз сандуу топторго караган адамдарды колдоо жана коргоо жөнүндө жоболор

Дискриминацияга карата тыюу

Аз сандуу топтордун саясий, социалдык, экономикалык же маданий укуктарын кемсинтүүчү дискриминация мурдагыдай эле бар жана

дүйнөнүн көп жерлеринде курч кырдаалдын булагы болуп келет. «Дискриминация» деген сөздү «расалык, түстүк, жыныстык, тилдик, диний, саясий жана башка көз караштык, улуттук же социалдык айырмачылыгына, о.э. мүлктүк абалына, туулганына жана башка айырмачылыктарга негизделген бардык айырмалоо, четке чыгаруу, чектөө же артыкчылык ыйгаруу» деп түшүнүү керек. Дискриминациянын алдын алууну «...жеке адамдарды же топторду алар каалаган теңдештик мамиледен ажыратуучу бардык иш-аракеттердин алдын алуу» деп түшүнүү керек. Дискриминацияга бир катар эл аралык келишимдер тарабынан тыюу салынган. Ал келишимдерде аз сандуу топтордун же алардын айрым өкүлдөрүнүн теңдеш мамиле кылуу жагынан укугу чектелиши мүмкүн болгон бардык жагдайлар болбосо да, көпчүлүгү камтылган. Дискриминацияга карата тыюу, мисалы расалык, түстүк, жыныстык, тилдик, диний, саясий жана башка көз караштык, улуттук же социалдык айырмачылыгы, о.э. мүлктүк абалы, туулганы жана башка жагдайлар боюнча дискриминацияны кучагына алат. Дин эркиндиги, өз оюн билдирүү жана ассоциациялар эркиндиги сыяктуу маанилүү укуктарга кошумча, аз сандуу топтордун өкүлдөрүнө тишелүү дагы бир катар олуттуу кепилдиктер бар. Аларга укуктук субъекттүүлүктү таануу укугу, соттордогу теңдештик, мыйзам алдындагы теңдик жана мыйзам тарабынан бирдей корголуу укугу кирет.

Дискриминациялабоо жөнүндө жоболор БУУнуну 1945-жылдагы Уставында (1 жана 55-беренелер), Адам укуктарынын жалпы декларациясында, 1948 (2-берене) жана ЭСМУЭП менен ЖСУЭПте, 1966 (эки пакттын тең 2-беренелери) каралган. Андан тышкары, ушундай эле жоболор эл аралык атайын документтерде да каралган. Алардын катарына Эмгек жана иш менен камсыз болуу тармагындагы дискриминация жөнүндө ЭЭУнун Конвенциясы, № 111, 1958 (1-берене); Расалык дискриминациянын түрлөрүн жоюу жөнүндө эл аралык конвенция, 1965 (1-берене); Билим берүү тармагында дискриминация менен күрөшүү жөнүндө ЮНЕСКОнун Конвенциясы, 1960 (1-берене); Раса жана расалык саркынды түшүнүктөр жөнүндө ЮНЕСКОнун декларациясы, 1978 (1, 2 жана 3-беренелер); диндин же баша ишенимдин негизиндеги чыдамсыздыктын жана дискриминациянын бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө декларация, 1981 (2-берене); Баланын укуктары жөнүндө конвенция, 1989 (2-берене) кирет.

Дискриминациялабоо принциптери адам укуктары боюнча бардык аймактык документтерде да, анын ичинде Адам укуктары менен негизги эркиндиктерин коргоо жөнүндө Европалык конвенцияда, Европалык социалдык хартияда жана Аз сандуу улуттар жөнүндө ал-

кактык конвенцияда (Европалык кеңеш), ЕККУнун адам саны боюнча Конференциясынын Копенгагендеги кеңешмесинин документинде, Адам укуктары боюнча Америкалык конвенцияда (Америка мамлекеттеринин уюму) жана адмдар менен элдердин укуктары боюнча Африка хартиясында (Африка биримдиги уюму) бекитилген.

Аз сандуу топтордун өзгөчө укуктары

Өзгөчө укук деген эмне?

Өзгөчө укук бул артыкчылык мүмкүнчүлүктөрү эмес, аз сандуу топторго өз өзгөчөлүгүн, каада-салттарын сактап калууга мүмкүнчүлүк берүүчү каражат болуп эсептелет. өзгөчө укуктар теңдештик мамилелерди камсыз кылуу үчүн дискриминациялабоо ченемдери сыяктуу эле олуттуу мааниге ээ. Башкалар үчүн өзүнөн өзү болуучу статус алуу аз сандуу топтор үчүн алар өз эне тилин колдонуу, аларга уюшулган башка кызматтардан пайда табуу, о.э. мамлекеттин саясий жана экономикалык турмушунда катышуу мүмкүнчүлүгүн алганда гана башталат. Мындай топторго же алардын өкүлдөрүнө мамиле кылууда кандайдыр бир айырмачылык жүргүзүүнү мындай аракет коомдогу чыныгы теңдештикти жана бейкуттукту камсыз кылуу үчүн жасалса гана актоого болот (4). Мындай түрдөгү позитивдүү иш-аракеттерди аз сандуу топторго коомдун бейкуттуктарын калктын көпчүлүгү менен тең пайдалануугa мүмкүнчүлүк берүү үчүн узак убакыт боюу колдонуу талап кылынат.

ЖСУЭПтин 27-беренеси

Юридикалык көз караштан алганда аз сандуу топтор боюнча эң кеңири таанылган жана милдеттүү жобо катары ЖСУЭПтин 27-беренесинин төмөнкү тексти эсептелет: «Улуттук, диний жана тилдик жактан аз сандагы топтор жашоочу өлкөлөрдө мындай топторго караган адамдарга өз тобунун башка мүчөлөрү менен биргеликте өз маданиятын пайдалануугa, өз динин тутуп жана анын ырым-жырымдарын аткаруугa, о.э. өз тилин колдонууга укуктук тыюу салынышы мүмкүн эмес». Пакттын 27-беренеси аз сандуу улуттарга караган адамдарга улуттук, диний жана тилдик өзгөчөлүктү же бул бардык белгилер боюнча өзгөчөлүктү, о.э. алар өзүлөрү өнүктүрүүнү каалаган өзгөчөлүктөрдү сактап калуу укугуна кепилдик берет. 27-беренеде кеп аз сандуу топтор бар өлкөлөр жөнүндө болуп жатканына карабай, бул беренени колдонуу чөйрөсү тиги же бул мамлекет тарабынан аз сандуу топтун таанылга-таанылбаганына карабайт. 27-берене мамлекеттерди кандайдыр бир атайын чараларды көрүүгө чакырбайт, бирок

Пактты ратификациялаган мамлекеттер өз юрисдикциясынын чегинде турган бардык тараптар бул укуктардан пайдалана алышын камсыз кылууга милдеттүү, бул аз сандуу топтордун өкүлдөрү жабыр тартып жаткан теңдештиктин тиги же бул түрүн четтеттүү үчүн атайын чараларды ишке ашырууну талап кылышы мүмкүн (5).

Алексеев Россияга каршы, Адам укуктары боюнча Европалык соттун чечими, 2010[205]

***

Негизги факттар

Арыз берүүчү Николай Алексеев Россияда гейлер менен лезбияндардын дискриминацияланышына коомчулуктун көңүлүн бурууга багытталган 2006, 2007 жана 2008-жылдардагы бир нече жүрүштүн уюштуруучуларынын бири болгон. Уюштуруучулар Москванын мэрине жүрүш өткөрө тургандыктары тууралуу бир нече жолу билдирүү жиберишкен. Мында алар жүрүштүн катышуучуларынын коомдук коопсуздукту жана тартипти сактоосун, о.э. үндү катуулатуучу техникалык каражаттарды колдонууда ызы-чуунун деңгээлин чектөөчү ченемдердин сакталышын камсыз кылуу боюнча укук коргоо органдарына көмөк көрсөтүү милдетин өзүлөрүнө алышкан. Бирок бир да иш-чарага макулдук берилген эмес. Мындай баш тартуу коомдук тартипти, саламаттыкты, адеп-ахлакты, башка адамдардын укуктары менен эркиндиктерин сактоо зарылчылыгы менен, о.э. башаламандыкка жол бребөө зарылчылыгы менен негизделген. Атап айтканда, мындай жүрүштөргө каршы көп сандаган петициялар ал жүрүштүн катышуучуларына каршы зомбулуктун колдонулуш мүмкүнчүлүгүн болжойт, бул болсо массалык башаламандыкка алып келиши мүмкүн деп айтылган. Расмий чечимдерден сырткары, ММК мэр менен анын аппарат кызматкерлеринин Москва өкмөтү гей-жүрүштөрүн уюштуруу мүмкүнчүлүгүн эч карабай тургандыгы жана «шаардын мэри өз кызматын ээлеп турганда» Москвада гей-парадга эч уруксат берилбей тургандыгы жөнүндө сөздөрүн көп жолу келтиришкен. Андан тышкары, мэр бул жүрүштөргө каршы «айрым адамдар жана диний уюмдар тарабынан берилүүчү петициялар түрүндөгү активдүү масс-медиа кампаниясына [...]» чакырган.

Жүрүштөр жөнүндө макулдашуу жөнүндө кайрылууларына терс жооп алган уюштуруучулар ошол эле күндөрү пикеттерди өткөрүүгө аракет кылышкан. Бирок шаар бийлиги буга да уруксат беришкен

[205] Application 4916/07, 21 October 2010.

эмес. Алексеев бул чечимдердин үстүнөн сот арызын берип, бирок эч ийгиликке жетише алган эмес. АУЕКтин 11, 13 жана 14-беренелерине таянып, ал гейлердин укуктары үчүн коомдук иш-чара өткөрүүгө карата кайра кайра тыюу салууларга, бул тыюуларды алып салуу боюнча натыйжалуу укуктук коргоо каражаттарынын жоктугуна, о.э. сексуалдык багыттануусу белгиси боюнча дискриминацияга доомат коёт.

Чечим

Эң биринчи Сот АУЕКтин 11-беренесинин бузулгандыгын белгилейт. Ал бул ченем демонстранттар көтөргөн идеяларды колдобоочу элдердин кыжырын келтириши мүмкүн болгон, зомбулуксуз демонстрацияларды коргой тургандыгын эске салат. О.э. адамдар өз оппоненттери тараптан физикалык агрессияга дуушар болуу коркунучусуз демонстрация өткөрүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу керектигин баса белгилеген. Ошол эле учурда демонстрация башаламандыкты пайда кылат деген кооптонууну өзүнөн өзү тыюуга карата актоо боло албайт. Москванын бийлиги үч жыл бою катышуучулардын коопсуз кыймыл-аракеттери менен коомдук тартипти адекватсыз баалап келишкен. Контрдемонстранттар жүрүштөргө каршы туруу үчүн көчөгө чын эле чыгышы мүмкүн болгондугуна карабастан, Москва бийлиги эки иш-чаранын тең тынчтык жана мыйзамдуу болушун камсыз кылуу аракеттерин көрүүлөрү керек болчу. О.э. Сот негизинен адеп-ахлак баалуулуктарын жетекчиликке алган бийликтегилердин чечим кабыл алуусунда коопсуздук максаттар экинчи орунда тургандыгын да белгилеген. Сот, эгерде аз сандуу топтордун тынчтык жолу менен чогулуулары жана топ-топко биригүүлөрү көпчүлүктүн жактыруусу менен шарттала турган болсо, бул Конвенциянын баалулуктарына шайкеш келбей тургандыгын баса белгиледи. Жүрүштөрдүн максаты адам укуктарын сыйлоону жана сексуалдык аз сандуу топторго чыдамдуулук менен мамиле кылууну колдоо болчу; алар жылаңачтыкты же адепсиз жүрүм-турумду демонстрациялоого, же коомдук адеп-ахлак менен диний көз караштарды сынга алууга багытталган эмес болчу. Андан тышкары, Конвенциянын башка катышуучу мамлекеттери адамдардын өзүн гей катары ачык таануу, о.э. өз укуктары менен эркиндиктерин коргоо жана аны коомдук жыйындар аркылуу да коргоо укугун тааный тургандыктары айкын. Демек гейлердин укуктары үчүн жүрүштөр менен пикеттерди өткөрүүгө тыюу салуу демократиялык коомдо зарыл эмес болчу жана бул Конвенциянын 11-беренесин бузгандык болуп эсептелет. Конвенциянын 11-беренеси боюнча Сот гей-жүрүштөрүн тыюунун негизги себеби, бийликтегилердин алардын пикири боюнча гомосексуалдуулукту пропагандалоочу де-

монстрацияга карата терс мамилеси болгон. өкмөт өз тыюу салууларын Конвенциянын талаптарына ылайык келгидей негиздеп бере албагандыктан, Сот арыз берүүчү сексуалдык ориентациясы боюнча дискриминацияга дуушар болду деген тыянакка келген. Ошентип, Конвенциянын 14-беренеси бузулган.

108. Сот сексуалдык ориентация Конвенциянын 14-беренеси кучагына алган түшүнүк болуп эсептелет (кара., mutatismutandis, «Козак Польшага каршы» иши, Доомат № 13102/02, 2-март, 2010). Андан тышкары, каралып жаткан айырмачылык адам үчүн өтө жекече жана аяр мамилени талап кылуучу чөйрөдө жүргүзүлүп жатканда, Сотко көрүлгөн чараларды актоо үчүн өтө олуттуу себептер келтирилиши керек. Эгерде кайрылуудагы айырмачылык жыныстык өзгөчөлүгүнө же сексуалдык ориентациясына негизделген болсо, мамлекеттин жекече чечим чыгаруу мүмкүнчүлүгү чектелген болот жана мындай кырдаалда пропорционалдуулук принциби тандалган чаралар жалпысынан жарыяланган максаттарга жөн гана туура келбестен, алар каралып жаткан кырдаалда зарыл болгондугу көрсөтүлүшү керектигин талап кылат. Чынында эле, кайрылуудагы айырмачылыктын себептери арыз берүүчүнүн сексуалдык ориентациясына гана негизделген болсо, бул Конвенцияга ылайык, дискриминацияны түзүшү мүмкүн болгон (ошол эле жерде, §92).

109. Арыз берүүчү уюштурган иш-чараларга тыюу салуунун негизги себеби бийликтегилердин алардын пикири боюнча гомосексуалдуулукту пропагандалоочу демонстрацияга карата терс мамилеси болгондугу жогоруда аныкталды (кара: жогоруда §§77—78, 82). Атап айтканда, Сот Москванын мэри ачык билдирген жеке жана бекем пикирин, о.э. анын тыюу салуу менен шексиз байланышын эсепке албай коё албайт. Бул тыянактардын алкагында Сот о.э. арызданууучу сексуалдык ориентациясынын негизинде дискриминацияга дуушар болгондугу аныкталган факт деп эсептейт. О.э. Сот каралып жаткан айырмачылык Конвенциянын стандарттарына туура келе тургандыгына өкмөт эч далил келтирбегендигин белгилейт.

110. Демек, Сот бул каралып жаткан иште Конвенциянын 14-беренесинин 11-берене менен айкашта бузулгандыгын болжойт.

Балдардын укугу

Баланын укуктары жөнүндө конвенция[206]

Баланын укуктары жөнүндө конвенция акыйкат, татыктуу жана бейкут коомду түзүүгө багытталган иш-аракеттерди жүргүзүүдө эң биринчи кезекте балдардын кызыкчылыгына көңүл бурулушун камсыз кылуучу эл аралык макулдашылган стандарттар менен милдеттемелердин топтомун түзөт. Конвенцияда дүйнөнүн бардык мамлекеттериндеги бардык балдар туруктуу ээ болушу керек болгон негизги адам укуктары аныкталып белгиленген: жашоо укугу; толук кандуу өөрчүү; зыяндуу таасирден, ырайымсыз мамиледен жана эксплуатациядан коргонуу; үй-бүлөлүк, маданий жана коомдук турмушка толук катышуу укугу. Конвенция медициналык-стандарттык тейлөө, билим берүү тармактарында стандарттарды орнотуу, о.э. юридикалык, жарандык жана социалдык кызматтарды көрсөтүү жолу менен бул укуктарды коргоону камсыз кылат. Аталган стандарттар жетишилген прогрессти баалоого негиз болуучу критерийлер болуп эсептелет жана Конвенцияны ратификациялаган мамлекеттер өз иш-аракеттери менен саясаттарында баланын эң жогорку кызыкчылыктарын эсепке алууга милдеттүү. Конвенция төмөндөгү негиз түзүүчү төрт принципти сактоонун негизинде курулган:

1. Дискриминациянын жоктугу (2-берене).
2. Баланын эң мыкты кызыкчылыктарын камсыз кылуу (3-берене).
3. Баланын жашоо, жан сактоо жана өнүгүү укуктарын камсыз кылуу (6-берене).
4. Баланын көз караштарын сыйлоо (12-берене).

Ар бир балага төрөлгөн жерине, тиги же бул расалык же улуттук өзгөчөлүгүнө, жынысына жана мүлктүк абалына карабай, коомдун ийгиликтүү мүчөсү болуу үчүн бардык мүмкүнчүлүктөр берилиши керек жана бардык балдар өз пикирин билдирүүгө жана башкалардын көңүл буруусуна укуктуу. Конвенцияда келтирилген аныктамага ылайык, бала деп 18 жашка чейинки бала менен кыз эсептелет, жана ал жеке инсан катары да, үй-бүлө менен коомдун мүчөсү катары каралат. Бала — бул бардык укуктарга ээ адам.

[206] Excerpt from UNICEF, http://www.unicef.org/specialsession/rights/index.html.

Адам укуктары боюнча комитет, Кыргызстан боюнча бүтүмдүк эскертмелер[207]

44-сессия

Баланын укуктары боюнча Конвенцияга карата факультативдик протоколдун 12 (1)-беренесине ылайык, катышуучу мамлекеттер берген балдарды сатуу, балдардын проституциясы жана балдар порнографиясы жөнүндө докладдарды кароо.

1. Комитет Кыргызстандын баштапкы докладын (CRC/C/OPSC/KGZ/1) өзүнүн 1221-отурумунда, 2007-жылы 29-январда жана 1228-отурумунда 2007-жылдын 2-февралында карап, төмөндөгү бүтүмдүк эскертмелерин кабыл алган[208].

B. Позитивдүү аспекттер

Иш-аракеттердин улуттук планы жана координация

5. Комитет балдарды сатуу, балдарды коммерциялык жана сексуалдык эксплуатациялоого байланышкан «Жаңы муун» программасынын кабыл алынышын жактырат. Бирок Комитет балдарды сатуу, балдардын проституциясы жана балдар порнографиясы маселеси боюнча конкреттүү пландын жоктугуна тынчсызданат. Андан тышкары, Комитеттин тынчын алган нерсе, «Жаңы муун» программасын ишке ашырууга каралган каржынын жетишсиздиги жана ар түрдүү органдар ортосундагы жөнгө салуу жана кызматташтык толук натыйжалуу ишке ашырылбай жаткандыгы.

6. Комитет катышуучу мамлекетке «Жаңы муун» программасын бекемдөө максатында өзүнүн тийиштүү кызыкдар тараптары менен кеңешүүчүлүк жана кызматташтык иштериндеги күч-аракеттерин активдештирүүнү, о.э. Балдарды коммерциялык максаттарда сексуалдык эксплуатациялоого каршы Бүткүл дүйнөлүк конгресстерде (Стокгольм, 1996; Йокогама, 2001) кабыл алынган Факультативдик протоколдун бардык жоболорун аткарууга өзгөчө көңүл бурууну жана иш-аракеттер Декларациясы менен Программаны, Глобалдык милеттемени эске алууну кеңеш кылат. Андан тышкары, Комитет катышуучу мамлекетке «Жаңы муун» программасына олуттуу бюджетте каражат бөлүнүшүн, о.э. аталган программаны ишке ашырууга катышуучу органдардын компетенциялык чөйрөсүн, ал боюнча кызматташтык менен жөнгө салууларды жакшыртуу үчүн айкын аныктоону кеңеш кылат.

---

[207] 2 February 2007, CRC/C/OPSC/KGZ/CO/1.

[208] Бүтүмдүк эскертмелер: Кыргызстан, 2-февраль, 2007, CRC/C/OPSC/KGZ/CO/1

Маалыматты жайылтуу жана окутуу

7. Комитет катышуучу мамлекет тарабынан эл аралык уюмдар жана БөУ менен кызматташтыкта окутуу жана маалымат жайылтуу тармагында көрүлгөн көп сандагы иш-чараларды канааттануу менен белгилейт. ... Бирок Комитет мурдагыдай эле Протокол жөнүндө тийиштүү кесиптик топтор менен коомчулук арасында маалыматты жайылтуу, о.э. судьяларды, прокурорлорду жана балдар менен жана балдардын кызыкчылыгы үчүн иштөөчү социалдык кызматкерлерди талаптагыдай даярдоо максатында көрүлүп жаткан күч-аракеттер максаттуу багытталган эместигине жана чар жайыттыгына, демек, жетишсиздигине жана Протоколдун бардык тармактарын кучагына албагандыгына тынчсызданат.

8. Комитет катышуучу мамлекетке бардык тийиштүү адистер үчүн, анын ичинде полиция кызматкерлери, прокурорлор, судьялар, медициналык ж.б. Факультативдик протоколду ишке ашырууга тиешелүү кызматкерлер үчүн окуу куралдары менен курстарды иштеп чыгууга талаптагыдай максатту каражаттын бөлүнүшүн камсыз кылууга кеңеш берет. ....

Маалымат чогултуу

9. Комитет Протокол кучагына алган суроолор боюнча статистикалык маалыматтын жоктугуна, о.э. азыркыга чейин сакталып келе жаткан ички жана өлкөлөр аралык адамдарды, балдарды сатуу, балдардын проституциясы, балдар порнографиясы боюнча изилдөөлөрдүн жоктугуна өкүнүчүн билдирет.

10. Комитет катышуучу мамлекетке жынысы жана жаш-курагы боюнча өз-өзүнчө маалыматтарды үзгүлтүксүз топтоп аларга талдоо жүргүзүүнү кеңеш кылат.

[...]

12. Комитет катышуучу мамлекетке Протоколдо козголгон бардык тармактарды камсыз кылуу үчүн мурдагыдай эле каражат бөлүп турууну жана аны көбөйтүүнү кеңеш кылат.

Учурдагы кылмыш жаза мыйзамдары жана ченем акттары

13. Комитет Факультативдик протокол улутук мыйзамдарга карата артыкчылык күчкө ээ экендигин жана адамдарды, балдарды сатуу жөнүндө жобо Кылмыш жаза кодексине, о.э. жакында кабыл алынган КРнын Балдар жөнүндө кодексине киргизилгендигин жактыруу менен кабыл алат. Бирок Комитет балдарды сатууга, балдардын про-

ституциясына жана балдар порнографиясына тыюу КРнын Кылмыш жаза кодексинде жана Балдар жөнүндө көдексинде Факультативдик протоколдун 2 жана 3-беренелерине ылайык, так-айкын каралбагандыгына тынчсызданат.

14. Комитет катышуучу мамлекетти адам сатуу, балдардын проституциясы жана балдар порнографиясы боюнча практиканын бардык максаттары менен формаларын толук кучагына алуу үчүн тийиштүү ченем акттарын өзгөртүүгө токтоосуз чараларды көрүү аркылуу Протоколду ишке ашырууга чакырат... Комитет катышуучу мамлекетке улуттук укук системасы менен Протоколдун ортосундагы келишпестиктер менен кемчиликтерди аныктоо максатында укуктук иликтөө жүргүзүүнү, бул үчүн жардам сурап БУУнун балдар фондуна (ЮНИСЕФ) жана башка тийиштүү эл аралык уюмдарга кайрылууну кеңеш кылат.

17. Комитет акыркы кездерде адам сатууга жана балдардын проституциясына байланышкан факттар боюнча тергөө иштеринин жана сот териштирүү иштеринин жүргүзүлүшүн жактыруу менен белгилейт. Бирок бир катар учурларда тергөө жана сот иштери козголбогондугуна мурдагыдай эле тынчсызданууусун билдирет.

18. Комитет катышуучу мамлекетке балдарды сатууга жана балдар проституциясына, о.э. балдар порнографиясына байланышкан факттар боюнча тергөө жана сот иликтөөлөрүн көбүрөөк жүргүзүүнү жана тийиштүү маалыматтарды берип турууну кеңеш кылат.

19. Комитет Факультативдик протоколдун 8-беренелеринин жоболору катышуучу мамлекеттердин мыйзамдарына талаптагыдай киргизилбегендигине тынчсызданат. Атап айтканда, КРнын Кылмыш кодексинде жана Балдар жөнүндө кодексинде жабыр тартуучунун статусу айкын аныкталган эмес жана сурак жүргүзүү учурунда физикалык жана психологиялык кысым көрсөткөндүк үчүн айкын аныкталган жазалоо чаралары каралган эмес. О.э. ал балдарды сатуу, балдардын проституциясы жана балдар порнографиясынын курманы болгон балдардын денесин жана психикалык кайра калыбына келтирүү чаралары бейөкмөт уюмдары тарабынан гана ишке ашырылышына жана катышуучу мамлекет тарабынан аталган балдарды колдоо үчүн конкреттүү каражат бөлүнбөстүгүнө тынчсызданат.

20. Комитет катышуучу мамлекетке төмөнкүлөрдү кеңеш кылат:

а) ...мындай балдарды жана күбөлөрдү кылмыш-жаза сот ишинин бардык баскычында коргоону камсыз кылуу, мында атал-

ган аракеттердин курманы болгон балдар менен күбөлөрдүн катышуусуна байланышкан маселелердеги акыйкат сотуна тиешелүү БУУ тарабынан кабыл алынган негизги принциптерди эске алуу (Экономикалык жана Социалдык кеңештин 2005/20-резолюциясы);

b) мыйзамсыз аракеттердин курманы болгон балдардын кызыкчылыгына талаптагыдай кызмат көрсөтүлүшүн камсыз кылуу максатында БЭУ жана Миграция боюнча эл аралык уюм (МЭУ) менен кызматташуу ...;

c) Протоколдо көрсөтүлгөн кылмыштардын курманы болгон балдардын баарына юридикалык жоопкерчиликтүү тараптардан келтирилген зыян үчүн компенсация эч дискриминациялоосуз төлөнүшүн камсыз кылуу; жана

d) аталган кылмыштардын курманы болгон балдарды реабилиациялоо үчүн зарыл чаралар менен программаларды ишке ашырууга талаптагыдай каражаттарды бөлүп берүү.

21. Комитет кылмыштын курманы болгон балдар көп учурда стигматизация менен социалдык маргиналдаштыруудан жабыр тарткандыгына, сот жообуна тартылып, соттолуп жана камакка алынышы мүмкүндүгүн терең тынчсызданууменен көңүлгө алат.

22. Комитет катышуучу мамлекетке эксплуатациянын жана ырайымсыз мамиленин курманы болгон балдар кылмышкер деп жарыяланып жана жазага тартылышына жол бербөөнү камсыз кылууга кеңеш берет. ...

23. Комитет катышуучу мамлекетке кылмыштардын курманы болгон балдарга жардам көрсөтүү боюнча күнү-түнү иштөөчү, акысыз телефондук байланыш түзүүнү кеңеш кылат. Буга байланыштуу балдар бул байланыштын бар экендигин билип жана колдоно алышын камсыз кылуу, бул байланыш балдардын маселелери менен алектенүүчү БөУ, милиция, о.э. медициналык жана социалдык кызматкерлер менен кызматташуусуна көмөк көрсөтүү кеңеш кылынат.

25. Комитет мамлекеттик кызмат адамдарынын киши сатуу кылмышына тиешеси бар, анын натыйжасында алдын ала көрүлүүчү чаралардын натыйжалуулугу төмөн деген ырастуулугу мурдагыдай эле.

27. Комитет эксплуатациянын бардык түрлөрүнө оңой дуушар болушу мүмкүн болгон кароосуз жана иштөөчү сыяктуу балдар топторунун татаал абалына өзгөчө тынчсызданат.

28. Комитет катышуучу мамлекетке эксплуатацияга же ырайымсыз мамилеге дуушар болуу коркунучу алдындагы өзгөчө коргоосуз балдарга терең көңүл бурууну кеңеш кылат. Ушуга байланыштуу Комитет катышуучу мамлекетке аталган балдардын укуктарын коргоо боюнча программаларды ишке ашыруу үчүн жетиштүү адам жана каржы ресурстарын бөлүүнү, жана алардын билим алуусуна, саламаттыгын сактоого өзгөчө көңүл бурууну кеңеш кылат. Балдардын өз укуктарын билишине чоң көңүл буруу керек.

3 - БАП

ЭЛ АРАЛЫК ГУМАНИТАРДЫК УКУК

Эл аралык гуманитардык укуктун булактары

Биринчи Женева Конвенциясы [209]

Женева, 1949 жылдын 12 августу. Аракеттеги аскер өтөп жаткан жарадарлардын жана оорулуулардын шарт - абалын жакшыртуу жөнүндөгү Биринчи Конвенция.

1 - Берене

Кандай гана кырдаал түзүлбөсүн Жогорку келишимдеги тараптар аталган Конвенцияны сактоого жана сактоону мажбурлоого милдеттенишет.

2 - Берене

Аталган Конвенция тынчтык мезгилде күчүнө кирчү токтомдор менен катар, эки же бир нече Жогорку Келишимдеги Тараптардын ортосунда согуш жарыяланган учурда же ар кандай башка куралдуу чыр чатактар учурунда, керек болсо бир тараптын согуш абалды тааныбай койгон учурда да колдонулат. Ошондой эле конвенция Жогорку Келишимдеги тараптардын аймактарынын бөлүгүн же толук аймагын басып алган бардык учурларда керек болсо бул басып алууга эч кандай куралдуу каршылашуу чыкпаган учурда да колдонулат. Эгерде аталган Конвенцияга тиешеси жок мамлекет чыр чатакта катышып жаткандардын ичинде болсо, катышып жаткан мамлекеттер менен катар Конвенцияга карата өз ара мамиле-байланышуудан көз каранды. Мындан сырткары, алар жогорудагы Мамлекеттерге карата Конвенциянын жобосун кабыл алуу жана колдонуу менен ага байланыштуу болуп калат.

3 - Берене

Эл аралык мүнөзгө ээ болбогон жана Жогорку Келишимдеги Тараптардын аймагында жаралган куралдуу чыр чатактарга катышы

[209] Convention (I) for the Amelioration of the Condition of the Wounded and Sick in Armed Forces in the Field.Geneva, 12 August 1949; available at www.icrc.org.

жок жактар дагы төмөнкү жоболорду милдеттүү түрдө колдонусу зарыл:

(1) Согуштук аракеттерге түздөн - түз катышуусу жок адамдар, ошондой эле куралын тапшырган, куралдуу күчтөрдүн катарындагылар ошолор менен катар оорусу, жараты менен же башка себептер менен кармалган адамдар, согуштук аракеттерге катышпай калгандар бардык шарттарда динине же ишенимине, жынысына, расасына карабай дискриминация болбойт.

Ушул максатта дайыма жана бардык жерде жогоруда көрсөтүлгөн адамдарга карата төмөнкү аракеттерге тыюу салынат:

(a) өмүрүнө коркунуч келтирүү жана дене кепилдиги айрыкча өлтүрүүнүн бардык түрлөрү, майып кылуу, катаал мамиле жасоо, кордук көрсөтүү жана уруп-согуп кыйноо;

(b)барымтага алуу;

(c) адамдын ариетине кол салуу айрыкча шылдыңдоо жана кордук көрсөтүү мамилеси;

(d) керектүү цивилизациялуу улуттар тааныган соттун кепилдиги жок, же сот бекиткен атайын алдын ала соттун чечими жок жаза колдонуу жана соттоо.

(2) Жарадарларды жана оорулууларды жыйнап келишет жана аларга жардам көрсөтүлөт.

Чырдашкан тараптарга калыс эл аралык Кызыл Крест комитети сыяктуу гуманитардык уюмдар өз кызматын сунуш кыла алат.

Мындан сырткары чатакташкан тараптар аталган Конвенциянын жобосунун бүтүндөй же кээ бир калган бөлүгүн иштетүү үчүн атайын келишимдерди түзүү жолу менен аракеттенишет.

Мурунку жоболорду колдонуу чатакташкан тараптардын юридикалык статусун өзгөртпөйт.

4 - Берене

Нейтралдуу державалар согуш чыккан, басылып алынган жерлердеги тараптардын куралдуу күчтөрүнө таандык жыйналган өлүктөргө, жарадарларга жана оорулууларга, о.э.санитардык жана диний кызматкерлерге ушул сыяктуу салыштырмалуу түрдө аталган Конвенциянын жоболорун колдонот.

5 - Берене

Аталган Конвенция туткунга алынган корголуучу жактарга карата жана алардын мекенине кайтуу мөөнөтүнө чейин колдонулат.

6 - Берене

Атайын каралган 10,15,23,28,31,36,37 жана 52 беренелердеги келишимдер менен катар Жогорку Келишимдеги Тараптар ич ара туура жана максаттуу деп тапкан ар кандай суроолор боюнча башкача атайын келишимдерди кабыл алуулары мүмкүн. Бир да атайын Келишим оорулуулардын жана жарадарлардын ошондой эле санитардык жана диний кызматкерлердин аталган Келишимде алардын укуктары чектелбегени бекитилгендей, алардын абалына зыян келтирбөөгө тийиш. Оорулуулар жана жарадарлар, ошондой эле санитардык жана диний кызматкерлер аталган Конвенциянын аракеттеги бардык мезгилине чейин бул келишимдердин мыкты жактарын карама каршылык шарттарын атайын келишимдерге кошконго чейин колдоно беришет.

Эл аралык гуманитардык укук ченемдеринин тизмеси[210]

Айырмачылыктарды жүргүзүүнүн принциби

Жарандар менен комбатанттардын айырмачылыктары

Ченем1. Чырдашкан тараптар жарандар менен комбатанттардын айырмачылыгын так билүүсү зарыл, анткени кол салуулар жергиликтүү тынч калкка эмес туура комбатанттарга багытталышы абзел.

Ченем 2. Жарандык коомго террорду жайылтууну негизги максат катары колдонгон зордук зомбулук, же зордук зомбулук менен коркунуч жаратууга тыюу салынат.

Ченем 3. Медициналык жана диний персоналдардан сырткары бардык чырдашкан тараптардын куралдуу күчтөрүнүн мүчөлөрү комбатант болуп эсептелет.

Ченем 4. Чырдашкан тараптардын куралдуу күчтөрү баардык уюшулган куралдуу күчтөрдөн, топтордон жана бөлүктөрдөн түзүлөт жана куралдуу күчтөр зардалдын карамагында болуп, ал эми зардал мамлекет алдында алардын жүрүм турумуна жоопкерчиликтүү.

---

[210] Булак: Кадимки эл аралык гуманитардык укукту изилдөөгө тиркеме: Куралдуу чыр чатактарда укуктун үстөмдүүлүгүн түшүнүү жана урматоого болгон салым Жан-Мари Хенкертс, IRRC.- Том 87.- № 857.- Март, 2005. 198-212 бет.; www.icrc.org. көрүүгө болот.

Ченем 5. Куралдуу күчтөргө мүчө болбогон жактар жарандык жак деп эсептелет. Жергиликтүү жарандык калк бардык жарандык жактарды камтыйт.

Ченем 6. Согуштук аракеттерге аралашканга чейин жарандык жактар ар кандай кол салуулардан корголот.

Аскер жана жарандык объектилеринин ортосундагы айырмачылыктар

Ченем 7. Чырдашкан тараптар ар дайым жарандык жана согуш объектилеринин айырмачылыгын жүргүзүүсү зарыл. Кол салуулар жарандык объектилерине багытталбастан согуш объектилерине гана каршы багытталышы керек.

Ченем 8. Аскер объектилери өзүнүн мүнөзүнө, жайгашкан жерине, максаттуулугуна же пайдалануусу согуштук аракеттерге эффективдүү салым кошконуна, жарым жартылай же толук талкалануу, басып алуу же нейтралдаштыруу болгон ошол мезгилге согуштук үстөмдүүлүгү ачык согуштук объектилер менен чектелет.

Ченем 9. Бардык аскердик эмес объекттер жарандык болуп эсептелет.

Ченем 10. Жарандык болуп эсептелген объекттер же белгилүү бир мөөнөткө чейин согуштук деп эсептелбеген объекттер кол салуудан корголот.

Тандоосуз деп мүнөздөлгөн кол салуулар.

Ченем 11. Тандоосуз деп мүнөздөлгөн кол салууларга тыюу салынат

Ченем 12. Тандоосуз кол салуулар төмөндөгүдөй болот:

(a) конкретүү согуш объектилерине багытталбаса;

(b) конкретүү согуш объектилерине багытталбаган согуш жүргүзүү үчүн атайын колдонулуучу ыкмалар жана каражаттар; же

(c) согуш жүргүзүүнүн ыкмалары жана каражаттары колдонулуп, ал ыкмалардын натыйжасы эл аралык гуманитардык укуктун талаптарына ылайык чектелбесе, ошондой эле, ар бир ушул сыяктуу иш аракеттерде өз мүнөзүнө жараша согуш объектилерин, жарандык калкты жана жарандык объектилерди тактоосуз жардырса;

Ченем 13. Бир топ так бөлүнгөн; шаарда, кыштакта, айылда же ушул сыяктуу жарандык калк же жарандык объектилер жайгашкан башка

өрөөндөрдү жана обочолонгон согуш объекттерин жалпылап бир согуш объектиси катарында карап, аларга ар кандай ыкмалар же каражаттар колдонуп жардыруу жолу менен басып алууга тыюу салынат.

Кол салуудагы шайкештиктер

Ченем 14. Жарандык калктын кокустук өлүмүнө, жарандарды жарадар кылууга жана жарандык объектилерге зыян келтирген, ошондой эле, чырдашкан тараптардын бирине гана түз жана конкретүү аскердик артыкчылыктарды берүүчү кол салууларга тыюу салынат.

Кол салуудагы коргонуу иш чаралары

Ченем 15. Аскердик операцияларды өткөрүү учурунда, жарандарга, калкка жана жарандардын турак-жайларына дайыма камкордук көрсөтүлүп туруусу керек. Ошондой эле калктын кокустук жоготууларына каршы, жарандардын жарадар болушуна жана алардын турак-жайларынын жарактан чыгып калбоосу үчүн болгон мүмкүнчүлүктөрдү колдонуу керек.

Ченем 16. Чырдашкан тараптардын ар бири объекттердин аскердик объект экендигине ынануу үчүн болгон мүмкүнчүлүгүн жумшашы зарыл.

Ченем 17. Чырдашкан ар бир тарап согуш ыкмаларын жана каражаттарын тандоодо жарандык калктын кокустук өлүмүн, жарадар болушун жана жарандык объектилерге зыян келтирбөө үчүн, болгон мүмкүнчүлүгүн жумшап, алдын ала иш чараларын жасоого тийиш.

Ченем 18. Чырдашкан ар бир тарап болгон мүмкүнчүлүгүн жумшап; кол салуулар жарандык калктын жана жарандык объектилердин кандай жоготууларга алып келээрин тактап жана ошондой эле чырдашкан тараптын кайсы бирине түз жана так аскердик артыкчылыктар берилээрине алдын ала баа берүүсү зарыл.

Ченем 19. Чырдашкан ар бир тарап кол салуулар согуштук объектилерге багытталбагандыгын жана кол салуулар көптөгөн жарандык жактардын жарадар болушуна, өлүмүнө жана жарандык объектилердин кыйроосун алып келээрин аныктаган соң, тараптар кол салууларды жокко чыгарууга же токтотууга болгон мүмкүнчүлүктөрүн жумшоого тийиш

Ченем 20. Чырдашкан ар бир тарап кол салуулардын жарандык калкка зыян келтирүүсү жөнүндө алдын ала эффективдүү эскертүүсү зарыл, шарт туура келбей калган учурда гана эскертилбей калышы мүмкүн.

Ченем 21. Эгерде согуштук артыкчылыкка жетүү үчүн бир нече согуштук объектилер тандоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болсо, анда объектилер жарандык жактарга, жарандык объектилерге коркунуч жана зыян алып келбөөчү болуп тандалуусу зарыл.

Атайын коргоо менен камсыздандырылган жарандар жана объектилер

Медициналык жана диний персоналдар жана объектилер

Ченем 25. Кандай гана кырдаал түзүлбөсүн атайын медицина жоопкерчилигин аткаруучу медицина персоналы корголууга жана урматталууга тийиш. Качан гана медицина персоналы өз милдеттемелеринен сырткары каршылаш тарапка зыян келтирүүчү иш чараларды аткарса корголуудан ажырайт.

Ченем 29. Кандай гана шарттар болбосун, атайын санитардык ташууларды жүргүзүүчү санитардык-транспорт каражаттары корголууга жана урматоого татыктуу. Качан гана алар гуманитардык милдеттемелерден сырткары душманга зыян келтирүүдө колдонулса, алар корголуу укуктарын жоготушат.

Ченем 30. Эл аралык укукка ылайык, Женева конвенциясы тарабынан бекемделгендей, айырмалоочу эмблемалар менен белгиленген медициналык жана диний персоналдарга, объекттерге каршы багытталган кол салууларга тыюу салынган.

Гуманитардык жардам көрсөтүүчү мекемелердин объектилери жана персоналы

Ченем 31. Гуманитардык жардам көрсөтүүчү мекемелердин кызматкерлерине урмат жана коргоо көрсөтүлүшү керек.

Ченем 32. Гуманитардык жардам көрсөтүүгө колдонулган объектилерге урмат жана коргоо көрсөтүлүшү керек.

Тынчтык вазийпасын аткаруучу персонал жана объекттер

Ченем 33. БУУнун Уставына ылайык Тынчтык вазийпасын аткаруучу персоналга жана объектилерге жана ошондой эле ал Уставды Эл аралык гуманитардык укуктун негизинде колдонуучу жарандык жактарга жана жарандык объектилерге кол салууга тыюу салынат.

Журналисттер

Ченем 34. Куралдуу чыр-чатактар аймагында профессионалдык

командировкага байланыштуу жүргөн жарандык журналисттер согуштук аракеттерге катышып калганга чейин корголууга жана урматоого татыктуу.

Коргоого алынган аймактар

Ченем 35. Согуштук иш аракеттердин натыйжасында жарадарлар, оорулуулар жана жарандар үчүн түзүлгөн коргонууу аймактарына кол салууга тыюу салынат.

Ченем 36. Чыр-чатак учурунда Тараптардын ортосунда макулдашуунун натыйжасында демилитаризацияланган аймактарга кол салууга тыюу салынат.

Ченем 37. Коргоого алынбаган аймактарга кол салууга тыюу салынат.

Маданий баалуулуктар

Ченем 38. Ар бир чырдашкан тарап маданий баалуулуктарды урматтоосу абзел:

А. Согуш объекттери деп эсептелбеген диний, маданиий, билим берүү, кайрымдуулук имараттарына жана тарыхый айкелдерге аскер операциялары учурунда зыян тийгизбөө максатында өзгөчө көңүл бурулуусу зарыл.

В. Эгерде аскердик каттуу муктаждык талап кылынбаса, улуттун маданий мурасы катарында чоң мааниге ээ болгон объектилерге кол салууга тыюу салынат.

Жаратылыш чөйрөсү

Ченем 43. Согуш жүргүзүүнүн иш аракеттеринин жалпы принциптери жаратылыш чөйрөсүнө жайылат:

А. Согуш объектиси деп эсептелбеген жаратылыш чөйрөсүнүн эч бир бөлүгүнө кол салууга болбойт

В. Эгерде аскердик зарылдык талап кылынбаса, анда жаратылыш чөйрөнүн ар кайсы бөлүгүнө кол салууга тыюу салынат.

С. Согуш объектилерине кол салуунун натыйжасында жаратылыш чөйрөсүнө зыян келтирүү жана ошондой эле ал кол салуулар конкретүү бир тарапка катуу зыян келтирсе, андай кол салууларга тыюу салынат.

Ченем 44. Согуш ыкмалары жана каражаттары жаратылыш чөйрөсүн коргоп жана зыян келтирбегидей болуп колдонулушу абзел. Айлана чөйрөгө кокус зыян келтирүүнү азайтуу үчүн, согуш жүргүзүүдө ар кандай коопсуздук иш чаралары алдын ала кабыл алынышы зарыл. Чырдашкан тараптардын согуш операциялардын жаратылыш чөйрөсүнө тийгизүүчү зыяны жөнүндө илимий жактан кабардар эмес болушу, ал тараптарды алдын ала иш чара колдонуу милдетинен бошотпойт.

Ченем 45. Жаратылыш чөйрөсүнө олуттуу жана өтө узак убакытка чейин чоң зыян келтирүүгө багытталган же ошол сыяктуу натыйжага алып келүүчү согуш ыкмаларын жана каражаттарын колдонууга тыюу салынат. Жаратылыш чөйрөсүнүн талкаланышы согуштук курал катары колдонулбайт.

Согуш жүргүзүүнүн конкретүү ыкмалары

Кечирүүдөн баш тартуу

Ченем 46. Эч бир жан тирүү калтырылбасын деген буйрук берүүгө же ушундай жол менен согушту жүргүзүп, душманды коркутууга тыюу салынат.

Ченем 47. Катардан чыккан жарандарга кол салууга тыюу салынат. Катардан чыккан жарандар:

А. карама каршы турган тараптын бийлигиндеги жактар;

В. кеме кыйроодон же ошол сыяктуу кырсыктардын натыйжасынан эс учунан ажыроого дуушар болгон, ооруган, жарадар болгондор; же

С. качып кетүүгө жана кастык иш аракеттеринен карманабыз деген шарт менен өз макулдугун берип, туткунга барууну көздөгөндөр.

Мүлктү басып алуу жана жокко чыгаруу

Ченем 49. Чырдашкан тараптар каршылаш тараптын аскердик жабдууларын аскер олжосу катары басып алуусу мүмкүн.

Ченем 50. Эгерде аскердик зарылдык талап кылынбаса, каршылаш тараптын мүлкүн басып алууга жол берилбейт.

Ченем 51. Басып алынган аймакта:

А. аскер иш аракеттеринде колдонулуучу мамлекеттин кыймылдуу мүлкү тартып алынышы– конфискацияланышы мүмкүн;

В. мамлекеттин кыймылсыз мүлктүн колдонуу эрежелерине ылайык берилет; жана

С. жеке менчиктеги мүлк урматталышы жана конфискацияланбашы керек, айрым жеке учурларда гана аскердик катуу зарылдык талап кылынса, алар талкаланып же басылып алынышы мүмкүн.

Ченем 52. Талап тоноочулукка тыюу салынат

Ачкачылык жана гуманитардык жардамга жетишүү

Ченем 53. Согушту жүргүзүүнүн ыкмасы катары жарандардын ачкачылыгын колдонууга тыюу салынат.

Ченем 54. Жарандардын жашап кетүүсүнө керектелүүчү объекттерди жараксыздыкка келтирүү, талкалоо же басып алууга тыюу салынат.

Ченем 55. Чырдашкан тараптар муктаж болгон жарандарга гуманитардык жардамдардын тоскоолдуксуз жана тез арада жеткирилүүсүн камсыз кылуусу керек, себеби мындай калыстык мүнөздөгү иш чара өз укугун көзөмөлдөө шартында жарандарды жагдайсыз айырмалоодон сырткары ишке ашырылат.

Ченем 56. Чырдашкан тараптар гуманитардык жардам көрсөтүүчү уюмдардын персоналына өз милдеттерин керектүү деңгээлде аткаруу үчүн эркин жүрүүсүн камсыздоосу зарыл. Алардын кыймыл аракеттери аскер зарылдыгы келип чыккан учурда гана убактылуу токтотулушу мүмкүн.

Курал

Куралды колдонуунун жалпы принциптери

Ченем 70. Өтө зыяндуу деп мүнөздөлгөн, ошондой эле керексиз ызалануруга алып келген согуш жүргүзүү ыкмаларын жана каражаттарын колдонууга тыюу салынат.

Ченем 71. Табияты боюнча тандоосуз деп аныкталган куралдарды колдонууга тыюу салынат.

Уулу заттар

Ченем 72. Уулу заттарды жана ууланган куралды колдонууга тыюу салынат

Биологиялык курал

Ченем 73. Биологиялык куралды колдонууга тыюу салынат

Химиялык курал

Ченем 74. Химиялык куралды колдонууга тыюу салынат

Кеңейтүүчү ок дарылар

Ченем 77. Тез арада жарылуучу жана адамдын денесинде жалпайуучу окту колдонууга тыюу салынат.

Жарылуучу октор

Ченем 78. Жөө жүрүүчү аскерлерге адамдын денесинде жарылуучу ок дарыларды колдонууга тыюу салынат

Бытырандылары көрүнбөгөн зыян келтирүүчү курал.

Ченем 79. Негизги аракети фрагментардуу зыян келтирүүгө багытталган жана адам денесинде рентген шооласы аркылуу көрүүгө мүмкүн болбогон куралды колдонууга тыюу салынат.

Капкан миналары

Ченем 80. Эл аралык гуманитардык укуктун негизинде атайын коргоо укугуна ээ болгон адамдарды же объекттерди, же жарандык жактарды катыштыруу максатында колдонулуучу заттарды капкан мина катары колдонууга тыюу салынат.

Жер үстүндөгү миналар

Ченем 81. Жер үстүндөгү миналарды колдонууда алардын тандоосуз жайгаштырылуусун азайтууга өзгөчө көңүл буруу зарыл.

Ченем 82. Чырдашкан жактар мина колдонууда мүмкүн болушунча мина жайгаштырылган жайларды каттоосу зарыл.

Ченем 83. Согуш аракеттери аяктагандан соң мина колдонгон ар бир чырдашкан тараптын катышуучулары миналарды алып салуусу же жарандарга зыян келтирбөө үчүн иш чара жүргүзүүгө, жок дегенде көмөк көрсөтүүсү зарыл.

Күйгүзүүчү курал

Ченем 84. Жардыруучу куралдарды колдонууда тараптар жарандык калктын күтүүсүз жоготууларын, жарадар болуусун жана жарандык объекттерге зыян келтирүүнү азайтуу үчүн өзгөчө көңүл буруусу зарыл.

Ченем 85. Адамды согуш катарынан чыгарып салууда зыян келтирүүсү азыраак болгон куралды колдонуу мүмкүнчүлүгү болбосо, анда пехоталык аскерлерге жардыруучу куралдарды колдонууга тыюу салынат.

Сокур кылуучу лазердик курал

Ченем 86. Атайын айыкбоочу сокурлукка алып келүүчү лазердик куралды колдонууга тыюу салынат.

Жарандарга жана согуш катарынан чыккандарга жасоочу мамиле

Негизги кепилдиктер

Ченем 87. Жарандарга жана согуш катарынан чыккандарга гумандуу мамиле жасоо абзел.

Ченем 88. Эл аралык гуманитардык укуктарды колдонууда расалык белгилерине, түсүнө, жынысына, тилине, динине, саясий жана башка ишенимдерине, же улуттук жана социалдык келип чыгуу чөйрөсүнө, мүлктүк, теңсиздик ошондой эле башка ушул сыяктуу баа берүүсүнө карай салыштырууларга тыюу салынат.

Ченем 89. Киши өлтүрүүгө тыюу салынат.

Ченем 90. Кыйноолорго, мыкаачылык жана адепсиз мамиле жасоого адамдык ар намысын кемсинтүүгө, бөлүп белгилегенде шылдыңдоо жана кемсинтүү менен мамиле кылууга тыюу салынат.

Ченем 91. Денеге залал келтирип жазалоого тыюу салынат.

Ченем 92. Уруп кыйноого, медициналык жана илимий тажрыйбаларды жүргүзүүгө же медициналык ченемдерге жооп бербеген процедураларды жасоого тыюу салынат.

Ченем 93. Зордук жана башка сексуалдык зордук түрлөрүнө тыюу салынат.

Ченем 94. Кул кылып алуу жана кулчулукту соода түрлөрүнө айлантууга тыюу салынат.

Ченем 95. Кордоочу же кайтарымсыз мажбурлоочу эмгекке тыюу салынат.

Ченем 96. Барымтага алууга тыюу салынат.

Ченем 97. Жандуу калкандарды колдонууга тыюу салынат.

Ченем 98. Мажбурлоо жолу менен жоготуп салууга тыюу салынат.

Ченем 99. Адамды эркинен ажыратууга тыюу салынат.

Ченем 100. Соттун адилеттүү чечимисиз жана мыйзамда белгиленген негиздер менен тартиптен тышкары эч ким камакка алынышы, кайтарууда кармалышы же эркиндигинен ажыратылышы мүмкүн эмес.

Ченем 101. Эгерде кылмыш күнөөсү улуттук же эл аралык укуктар кыйырында дал келбесе эч ким аракеттүү же аракетсиз жасаган кылмыш күнөөсүнүн негизинде айыпталбайт же соттолбойт жана кыл-

мыш күнөөсү жасалган убакытта жаза колдонууларына карабастан өтө оор жаза белгилениши мүмкүн эмес.

Ченем 102. Кылмыш жазасын өз мойнуна алмайын эч ким кылмышкер деп эсептелбейт.

Ченем 103. Коллективдүү түрдө жазалоого тыюу салынат.

Ченем 104. Адамдардын жана согуш катарынан чыккандардын диний көз караштары жана ишенимдери урматталышы зарыл.

Ченем 105. Мүмкүн болушунча үй-бүлөлүк жашоо урматталышы зарыл.

Комбатанттардын жана аскер туткундардын статусу

Ченем 106. Кол салуу учурунда же согуш операция мезгилинде комбатанттар өздөрүн жарандык калктан айырмалоосу зарыл, эгерде алар бул шартты аткарбаса, анда согуш туткуну деген статуска укуктуу боло алышпайт.

Ченем 107. Тыңчылык жасоо мезгилинде кармалган комбатанттар согуш туткуну статусуна ээ боло албайт жана алар сот иликтөөлөрү жүргүзүлмөйүн соттолбойт жана жазаланбайт.

Ченем 108. I - кошумча протоколдо белгиленгендей, жалданма согуш катышуучулары комбатант же согуш туткундары укугана ээ боло албайт жана сот иликтөөлөрү жүргүзүлмөйүн соттолбойт жана жазаланбайт.

Кеме кыйроого учураган жарандар, жарадарлар жана оорулуулар.

Ченем 109. Шарт туура келген учурларда, айрыкча салгылашуулардын соңунда ар бир чырдашкан тарап болгон мүмкүнчүлүгүн жумшап токтоосуз; жарадарларды, ооруулуларды, кеме кыйроого кабылгандарды жагдайсыз айырмалоого көңүл бурбастан издөөсү жана жыйноосу зарыл.

Каза болгондор

Ченем112. Шарт туура келген учурларда, айрыкча салгылашуулардын соңунда ар бир чырдашкан тарап болгон мүмкүнчүлүгүн жумшап токтоосуз каза болгондорду жагдайсыз айырмалоого көңүл бурбастан, издөөсү жана жыйноосу зарыл.

Дайынсыз жоголгондор

Ченем 117. Чырдашкан ар бир тарап болгон мүмкүнчүлүгүн жум-

шап чыр чатактардын натыйжасында дайынсыз жоголгондорду иликтеп, аларга тиешелүү болгон маалыматтарды үй-бүлө мүчөлөрүнө билдирүүсү зарыл.

Эркинен ажыраган жарандар.

Ченем 118. Эркинен ажыраган жарандар суу, кийим кече, тамак аш жана медициналык жардам менен камсыз болуусу зарыл.

Көчүрүү жана көчүрүлгөн жарандар

Ченем 129.

А. Эгерде жарандардын коопсуздугу жана аскери жөндүү себептер талап кылбаса, анда эл аралык куралдуу чыр чатакка катышкан тараптар басып алынган аймактын жарандарын толук же жарым жартылай аймактан чыгарып салууга же мажбурлап көчүрүүгө акысыз.

В. Эгер жарандардын коопсуздугу жана аскердик мүнөздөгү жөндүү себептер талап кылбаса, анда чыр чатактарга байланыштуу себептер менен эл аралык эмес куралдуу чыр чатактын катышуучулары жарандык калкты толук же жарым жартылай көчүрүүгө укугу жок.

Атайын коргоого ээ болгон башка жактар

Ченем 134. Чыр чатактын натыйжасында жабыркаган аялдарга атайын жардам көрсөтүү, коргоо, ден соолугуна байланыштуу муктаждыктарынын канааттандырылуусу зарыл.

Ченем 135. Куралдуу чыр чатактардын натыйжасында жабыркаган балдар өзгөчө коргоого жана урматтоого укуктуу.

Ченем 136. Балдарды куралдуу топторго же аскер күчтөрүнүн катарына чакырылуусуна жол бербөө абзел.

Ченем 137. Балдардын куралдуу чыр чатактарга катышуусуна жол бербөө абзел.

Ченем 138. Куралдуу чыр чатактарга кабылган карыялар, майыптар жана алсыздар өзгөчө урматтоого жана коргоого укуктуу.

Жүзөгө ашыруу

Эл аралык гуманитардык укуктун аткарылышы

Ченем 139. Чырдашкан ар бир тарап анын тапшырмасын аткаруучу, кол астындагы же көзөмөлдөнүүчү өз куралдуу күчтөрүн, ошондой эле башка жактарды, же топторду урматтоого жана эл аралык гуманитардык укук менен камсыз кылууга тийиш.

Ченем 140. Эл аралык гуманитардык укукту сыйлоону камсыз кылуу жана аны урматтоону милдетендирүү эки тараптуу ишенимдерге көз каранды эмес.

Ченем 141. Ар бир мамлекет Эл аралык гуманитардык укуктардын колдонулушу жөнүндө зардалдарга туура кеңеш берүү үчүн талап кылынган учурда юрист консультанттар менен камсыз кылуусу зарыл.

Ченем 142. Мамлекет жана чырдашкан тараптар өз куралдуу күчтөрүн эл аралык гуманитардык укук жөнүндө окутууга тийиш.

Ченем 143. Мамлекеттер жарандык коомго тийиштүү болгон Эл аралык гуманитардык укук жөнүндөгү окутууну колдоосу зарыл.

Ядролук куралды колдонуу же аны колдонуу коркунучунун мыйзамдуулугу, кеңешүүчүлүк бүтүм, 1996[211]

***

Сот төмөнкү консультативдик тыянактарды чыгарат:

37. Эми сот коркунуч көрсөтүүгө же аны колдонууга байланышкан ядролук куралдын мыйзамдуу же мыйзамсыз колдонуу маселесин Уставдын жоболорунун түйүнүндө карайт.

38. Аталган Устав коркунучка жана күч колдонууга байланышкан бир катар жоболорду камтыйт.

39. Келишимге же салтка байланыштуу колдонулуучу курал өз алдынча мыйзамдуу болуп эсептелбейт жана Уставдын негизинде мыйзамдуу максаттарда колдонулса да мыйзамдуу боло албайт.

40. 51-Бereненин негизинде аныкталган чектөөлөрдү сактоо менен өзүн өзү коргоо укугуна кайрылса болот. Ушул чектөөлөрдүн айрымдары өзүн өзү коргоо түшүнүгүнө таандык. Башка талаптар 51-беренеде көрсөтүлгөн.

41. Өзүн өзү коргоо укугун көрсөтүү шайкештик жана муктаждык шартында эл аралык укуктун жөнөкөй ченемдери болуп эсептелет. Никарагуага каршы согуш жана жарым согуштук ишмердүүлүк иши боюнча Соттун төмөнкү доосу: «өзүн өзү коргоо чаралары куралдуу баскынчылыкка тете жана ал нерсеге жооп берүү зарылчылыгын актаган жөнөкөй эл аралык укукта жакшы жагын көрсөткөн конкретүү эрежелер бар» деп

[211] Legality of the Threat of Use of Nuclear Weapons, Advisory Opinion, I.C.J. Reports 1996, p226

айтылды. (Никарагуа АКШга каршы, ICJReports1986, p. 94, пункт 176):

42. Мына ушинтип, шайкештик принциби өзүн өзү коргоо максатында ядролук куралды бардык шарттарда колдонууну жокко чыгарбайт. Ошол эле убакта күч колдонуу өзүн өзү коргоо мыйзамдарынын кыйырында тең болууга тийиш, анткени, гуманитардык укук ченемдерин жана принцибин камтыган куралдуу чыр чатактардагы колдонулган мыйзам укук талаптарына жооп берүүсү керек.

43. Кээ бир мамлекеттер ядролук куралдын жаратылышында чыңалуу ыктымалдуулугу жогору деп эсептейт жана бул аябай олуттуу кыйроого алып келерин тастыктайт. Коркунучтун бар экендиги теңчиликтин шарты менен мүмкүнчүлүгүн төгүнгө чыгарат. Сот мындай тобокелчиликтин сандык баасына жана бул маселенин зарылдыгын кароого киришүү муктаждыгы бар деп эсептейт; тактикалык ядролук куралдын бар экендиги же бул тобокелчиликти чектөө үчүн так суроолор жок экендиги маанилүү эмес; сот үчүн төмөнкүлөрдү белгилөө жетиштүү: ядролук куралдын жаратылышынын өзүнө жана терең тобокелчиликтерине байланышкан суроолорду ар бир мамлекеттер көңүлгө алуусу зарыл, анкени алар өзүн өзү коргоо катары теңчиликтин талаптарына байланыштуу ядролук куралды жооп катары колдонуусу мүмкүн.

51. Уставдын күч колдонуу жана анын коркунучуна байланышкан жоболорду чечмелеген соң, эми Сот куралдуу чыр чатактардагы колдонулуучу укуктарга кайрылат. Биринчи суроо болуп, куралдуу чыр чатактарда ядролук куралды колдонууда мыйзамдуу же мыйзамсыз экендигин жөнгө салган маселелер гуманитардык укук ченемдеринде жана принциптеринде, ошондой эле нейтралдуулук укугунда тескеле тургандыгын сот белгилейт; ошондой эле эл аралык укук аймагында аныкталган эрежелер барбы деген маселелер каралат. Тлателолко жана Раротонга келишимдерге жана алардын протоколдоруна, ошондой эле ядролук куралды таратпоо Келишимин мезгилсиз узартууга байланыштуу жасалган кайрылууга келсек; алар төмөнкү жоболорго жана түрткүчтөргө таянат:

(а) айрым мамлекеттер ядролук куралды белгилүү аймактарда (Латын Америка, Океанияда) же кээ бир мамлекеттерге каршы (ядролук куралды жайылтпоо жөнүндөгү Келишимдин мүчө болгон мамлекеттерге) колдонуудан баш тарткан,

(б) аталган чектөөлөргө карабастан ядролук куралдуу тараптар белгилүү шарттарда ядролук куралды колдоно албайт; жана

(в) бул каталар Тлателолко жана Раротонга келишимдери же Коопсуздук Кеңеши тарабынан эч кандай каршылыктарды жараткан жок.

63. 1995 жылы ядролук куралдуу мамлекеттер тарабынан түзүлгөн Коопсуздуктун кепилдиги жөнүндөгү эки келишим жана Коопсуздук Кеңеши тарабынан алар жөнүндөгү фактыларды эске албагандыгы эл аралык коомчулукту жана мамлекеттерди ядролук куралдардан бошотуу зарыл экендигин далилдейт. Буларга мисал болуп жакынкы арада Сот белгилегендей төмөнкү келишимдерди айтууга болот; 1995 жылдын 15 декабрында Бангкокто кабыл алынган ядролук куралсыз Түштүк-Чыгыш Азия келишими жана 1996 жылдын 11 апрелиндеги Каирдеги ядролук куралдан эркин Африка аймагын түзүү келишими. Бирок, бул элементтердин суммасын комплекстүү жана жалпы ядролук куралды колдонууга каршы багытталган иш аракет деп айтууга болбойт.

64. Эми Сот белгилүү укуктардын булактарынан келип чыккан ядролук куралдын коркунучу жана аны колдонууга тыюу салуу жөнүндөгү жөнөкөй Эл аралык укукту карооо өтөт.

Сот белгилегендей, мыйзамдын мазмунун алгач реалдуу турмуштан жана мамлекеттер тарабынан ошол мыйзамдардын укуктуулугуна ишенгендигинен издөө керек. (Континенталдуу шельф, Ливиялык Араб Джамахирия/Мальта, чечим, ICJReports 1985, 29 бет, 27 пункт).

65. Ядролук куралды колдонуу мыйзамсыз деп эсептеген мамлекеттер адатка айланган ченемдердин бар экендигин жана ал ченемдер куралды колдонууга тыюу салаарын көрсөтүүгө аракетенишкен. Жогоруда аталган мамлекеттер 1945 жылдан бери ядролук куралды колдонбоо ыраттуулугун карап жана башка ядролук куралдуу мамлекетер тарабынан «opinionjuris» билдирүүсүн практикада көрүүгө ниеттенишет.

Айрым бир шарттарда ядролук куралдын коркунучун жана колдонуусун мыйзамдуу деп эсептеген кээ бир мамлекеттер өз аргументтерин колдоп, доктриналарды жана практикаларды мисал катары келтиришет. Жогоруда аталган мамлекеттердин эскертүүсүнө ылайык, алар ар дайым башка мамлекеттер менен макулдашып, жашоо кызыкчылыктарына коркунуч жаратуучу куралдуу кол салуулардан өзүн өзү коргоо үчүн колдонууга болот деп эсептешет. Ал мамлекеттердин ой-пикири боюнча, ядролук курал 1945-жылдан бери колдонулбай келгендиги, жаралып жаткан салтка байланыштуу эмес, бактыга жараша, ал куралды колдонууга шарттар пайда болгон эмес.

67. Акыркы элүү жыл ичинде ядролук куралды колдонбоо укукту-

улуктун ишеничине айландыбы деген суроодо эл аралык коомчулук мүчөлөрүнүн арасында келишпестиктер жаралган. Бул шарттарда, мындай укуктуулукта ишенич бар деп Сот эсептебейт.

68. Айрым бир мамлекеттерге ылайык, бир катар маанилүү Генералдык Ассамблеянын резолюциялары, анын ичинде 1961 жылдын 24 ноябрындагы 1653 (XVI) ядролук куралга тиешеси бар жана ошондой эле ядролук куралдын мыйзамсыздыгын ырааттуулук менен ырастаган резолюциялардан баштап, турмуштагы практикада эл аралык кадимки укук мындай куралды колдонууга аракет кылуу ниетине тыюу салаарын билдирет.

70. Сот Генералдык Ассамблеянын резолюциясы милдеттүү деп эсептелбесе да, айрым учурда ченемдүү деп белгилейт. Алар белгилүү шарттарда эрежелерди орнотууга же жөндүүлүккө ишенич арттырууда далилдерди көрсөтө алат. Айтылган эрежелер Генералдык Ассамблеяга карата туура экендигин аныктоо үчүн анын кабыл алуу шарттарына жана мазмунуна көңүл буруу зарыл; ошондой эле, жөндүүлүккө ишенич бар экендигин жана ал ченемдүү мүнөзгө ээ экендигин тастыктоо керек. Жаңы эрежени жаратуу үчүн бир катар резолюциялар жөндүүлүккө ишеничтин ырааттуу өнүгүшүн көрсөтө алышат.

71. Бир нече резолюциялардын жыйындылары кабыл алынууда бир топ каршы жана калыс добуштар менен өткөрүлгөн; алар мыйзамсыз куралдарды колдонуу жөнүндөгү укуктуулукка ишенич бар экендигин орнотуучу эрежелерге жооп бербейт.

73. Муну айтуу менен, Сот төмөнкүлөрдү: Генералдык Ассамблея тарабынан көпчүлүк добуш менен жыл сайын кабыл алынуучу резолюциялар, мүчө-мамлекеттерге, кандай шарт болбосун, ядролук куралды колдонбоо жөнүндөгү конвенцияны түзүп, аларды колдонууга эл аралык коомчулуктун көпчүлүк бөлүгү тыюу салаарын, келечекте ядролук куралдарды толук жок кылуу абдан маанилүү экендигин белгилейт. Ядролук куралды колдонууга так тыюу салуучу позитивдүү укуктардын пайда болушу, бир жактан курч абал менен өсүп бараткан укуктуулук ишенич ортосунда тоскоолдук жаратса, экинчи жактан практикалык токтотууну жактайт.

74. Сот, жөнөкөй жалпы мүнөздөгү эрежелерди, атайын тыюу салынган коркунуч жаратуучу ченемдерди аныктай албай төмөнкү суроолорго кайрылат: ядролук куралды колдонуу мүмкүнчүлүгү жана нейтралдуулук жөнүндөгү мыйзамында куралдуу чыр чатактарда колдонулуучу эл аралык гуманитардык укук ченемдери мыйзамсыз деп табылабы.

75. Мамлекеттерде иш жүзүндө жөнөкөй эрежелер көп иштелип чыгып жана алар Эл аралык укуктардын ажырагыс бөлүгү болуп эсептелет. «Согуш мыйзамы жана салттары» - бул адаттагыдай согуш курмандыктарын коргоо жөнүндөгү билимдер, Гаага конвенциясы (IV), Кургактагы согуштун мыйзамдары жана салттары, аларга кошумча эрежелери, 18 октябрь 1907 жыл, Геноцид кылмышын токтотуу жана жазалоо жөнүндөгү Конвенция, 9 декабрь 1948 жыл, жана Эл аралык аскер трибуналы жөнүндөгү Устав, 8 август 1945 жыл.

82. Гуманитардык укуктун көлөмдүү кодификациясы жана натыйжалуу келишимдердин биригүү даражасы жана ошондой эле, шарттардын денонсациясы, каражаттардын кодификациясында катышып, бирок эч качан колдонулбаган, эл аралык коомчулукка келишим ченемдердин көрсөтүп, алардын көпчүлүгү адатка айланып, көбүрөөк таанылган гуманитардык принциптерди чагылдырат. Бул эрежелер мамлекеттерден күтүлүүчү туура иш чараларды жүргүзүүгө багытталат.

84. Сот үчүн 1977 жылдын, ядролук курал жөнүндөгү 1 Кошумча Протоколдун колнодулуусу тууралуу суроого токтолууга муктаждык жок. Эскерте кетсек, 1974-1977 жылдарындагы Дипломатиялык конференциясында ядролук куралды колдонуунун көйгөйлүү маселелери талкууга алынбаган жана бул маселе боюнча эч кандай чечим кабыл алынган эмес, 1-кошумча Протокол бардык күрөшүү ыкмаларын жана каражаттарын, алардын катарында ядролук куралга колдонулуучу жалпы эрежелерди алмаштырган жок. Соттун эскертүүсү боюнча бардык мамлекеттер 1-кошумча Протоколдун эрежелерин сактоого тийиш, анткени, ал эрежелер кабыл алынган соң өкүм сүрүп жаткан жөнөкөй ченем укуктарынын түшүндүрмөсү катары колдонулган, мисалы 1 кошумча Протоколдун биринчи беренесиндеги Мартенсанын эскертмеси. 1974-1977 жылдарындагы Конференцияда кээ бир куралдардын түрлөрү атайын каралбаган фактыга байланыштуу аталган куралдарды колдонуу маселесин көтөрүп чыгып өкүм сүрүү суроолоруна тиешелүү ар кандай укуктук жыйынтыктарга жол бербейт.

86. Куралдуу чыр чатактарда колдонулуучу көптөгөн принциптер жана гуманитардык укуктун ченемдери пайда болгон соң, ядролук курал ойлоп табылган; 1949 жылы жана 1974-1977 жылдары ядролук курал четтетилген, башкача айтканда ядролук жана башка жөнөкөй курал арасында сапаттык жана сандык айырмачылыктар бар деп табылган. Ошентсе дагы, куралдуу чыр чатактарда колдонулуучу орнотулган принциптер жана гуманитардык укуктун ченемдери ядро-

лук куралга тиешелүү деп таанылбайт жана жыйынтык чыгарууга болбойт. Мындай жыйынтык укук башатындагы ички Гуманитардык деп мүнөздөлгөн сыроого дал келбейт, ошондой эле куралдуу чыр чатактарды ичинен карап чыгуучу жыйынтык бардык согуш жүргүзүү түрлөрүнө жана мурунку, азыркы, келечектеги куралдын түрлөрүндө колдонулат.

Кандай гана шарттар түзүлбөсүн сот алдында жасалган билдирүүлөр гуманитардык чектөөлөрдү эсепке албай туруп, ядролук куралды колдонууга уруксат бербейт. Тескерисинче, куралдуу чыр чатактарга колдонулуучу согуш жүргүзүү каражаттары жана ыкмаларына ылайык эрежелердин негизинде орнотулган чектөөлөр ядролук куралдарга дагы тиешелүү. (Россия, CR 95/29, стр. 52);

«Эгерде согуштун салттык укугу жөнүндө айтсак, анда Улуу Британия ар дайым ядролук куралды колдонуу жалпы принциптерге тийиштүү болот деп эсептеген. «Jus in bello»»(Улуу Британия, CR 95/34, стр. 45)

Прокурор Д.Тадичке каршы, Мурунку Югославия боюнча эл аралык кылмыш жаза трибуналы[212]

***

Юрисдикция боюнча эл аралык аппеляцияга карата жана жактоочу тарапка карата чечим.

I. Киришүү

А. Аппеляция боюнча чечим.

1. 1995 жылдын 15 августунан II Соттук инстанция тарабынан чыгарылган чечимге каршы даттануучу тарабынан арыз Аппеляциялык палатада каралган. Бул чечим боюнча, даттануучунун талаптары соттун юрисдикциясы жок болгондугуна байланыштуу четке кагылган.

2. Сот палатасынын алдында, даттануучу үч жобого таянган:

а) Эл аралдык трибуналдын майзамсыздыгына негизделген;

б) баштапкы Эл аралык трибуналдын укукка каршылыгынын улуттук соттордон үстөмдүүлүгү;

в) юрисдикциянын жоктугу «rationemateriae».

Аппеляция боюнча чечим даттануучунун талаптарын төмөнкү

[212] International Criminal Tribunal for Yugoslavia, The Prosecutor v. Dusko Tadic, IT-94-1-AR72, Appeals Chamber, Decision, 2 October 1995 [citations omitted].

жол менен четке какты:

«Соттор палатасы каралып жаткан маселелер алгачкылык юрисдикциясынын жана предметтик юрисдикциянын 2, 3 жана 5 – беренелерине таандык болгондуктан, Эл аралык трибуналдын түзүлүшүнүн өзүнө шек келтирип, компетенттүү болбоосу үчүн, башкача чечим кабыл алат.

Трибуналдын юрисдикциясына ылайык коргоо боюнча талаптар четке кагылат [...]

II. Эл аралык трибуналдын мыйзамсыз болуп жаралышы...

A. *Юрисдикциянын мааниси [...]*

11. Юрисдикциянын тар мааниси улуттук мазмунда жакталуусу мүмкүн, бирок эл аралык укукта жакталуусу мүмкүн эмес...

98. Ички күрөштү жөнгө салуучу Эл аралык эрежелердин пайда болушу: жөнөкөй жана келишимдик укук деңгээлдеринде жаралган.

Ички күрөшүүнү иретке салып туруучу эл аралык эрежелердин пайда болушу эки түрдүү деңгээлде тургузулган: жөнөкөй жана келишимдик укук деңгээлинде. Бул эрежелерди түшүндүрүүчү эки форма айкалышып, формалар бири бирин толуктап жана жактап турат, бирок эч качан аларды карама каршы же кагылышып туруучу формалар деп айтууга болбойт. Чындыгында, бул эки топтомдордогу эрежелердин өз ара байланышы айрым келишимдик ченемдер акырындык менен жөнөкөй укуктун бөлүгү болуп калышында. Бул 1949 жылдын Женева Конвенциянын жалпы 3 беренесине үчүн адилетүү жана Эл аралык Сот тарабынан кадырлуу өткөрүлгөн (Никарагуа ишинде, 218 пар.) ошондой эле, 1954 жылдын 14 майында түзүлгөн куралдуу чыр чатак учурунда маданий баалуулуктарды коргоо жөнүндөгү Гаага Конвенциясынын 19 беренесине тиешелүү, жана төмөнкүдө көрсөтүлгөндөй (пункт 117) 1977 жылда түзүлгөн II кошумча протоколдун негизинде каралат.

99. Эл аралык коомчулукта жарандык тартипсиздиктерди жөнгө салуу максатында пайда болгон жөнөкөй укук ченемдерин жана принциптерин карап чыгуу алдында, куралдуу чыр чатактардын укугундагы майзам чыгаруу процесси жөнүндө сөз кылуу керек. Мамлекеттердин практикада орнотуу аракетинде жөнөкөй ченемдердин жана жалпы принциптердин бар экендигин далилдөө максатында, өтө оор, эгерде мүмкүн болсо, аскерлердин согушуп жаткандагы жүрүм-турумун

так аныктоо, чынында эле алар белгилүү болгон стандарттарды сактайбы же толугу менен аларга этибар бербейби. Бул экспертизаны жүргүзүү өтө кыйынга турат, анткени көз каранды эмес байкоочуларга бир гана согуш жүргүзүү театрына кирүүгө мүмкүнчүлүк жок экендигин (көбүнчө ЖМКК тарабынан уруксат берилбейт), ошондой эле чырдашкан тараптар согуш иш аракеттери жөнүндөгү маалыматты кечиктирип беришет, көпчүлүк учурда алар каршылаш тарапты, ошондой эле коомчулуктун пикирин жана чет өлкөлүк бийликти адаштыруу максатында туура эмес маалыматтарга кайрылышат. Ошондуктан жөнөкөй укук ченемдерин жана жалпы принциптердин түзүлүүсүнө баа берүүдө, бул предметтин жаратылышына байланыштуу басым биринчиден төмөнкү элементтерге жасалышы абзел: мамлекеттердин расмий арыздарына, аскер уставдарына жана сот чечимдерине.

Б. Негизги эрежелер

100. Бул чөйрөдө өнүктүрүлгөн биринчи эрежелер жарандык калкты салгылашуулардан коргоого багытталган. (1936-39 жылдардагы) Испан Жарандык согушунда мамлекеттик практика көрсөткөндөй эл аралык жана ички согуштар арасындагы айырмачылыктарга көңүл салбагандыкты көрсөтүп жана белгиленген жалпы гуманитардык укуктун принциптерин ички өзүнчө чоң масштабдагы жарандык согушту көрсөтүүчү чыр чатактарга чейин колдонулган... [...] Эң эле таң калыштуусу, көтөрүлүшкө чыккан адамдарды эки республикалык өкмөт жана үчүнчү мамлекеттер согушуп жаткан тарап катары тааныган эмес. Бирок алар, кээ бир эл аралык куралдуу чыр чатактарга тиешелүү эрежелердин колдонулуп жаткандыгына басым жасашкан. Тыюу салуучу эрежелердин катарында жарандык калкты жардыруулар, согуштук эмес объекттерге кол салуу, ошондой эле, согуштук объекттерге кол салууда тиешелүү ченемдерди, алдын ала коопсуздук иш чараларды колдонууга мүмкүн болгон. Мисалы, 1938 жылдын 23 мартында премьер министр Чемберлен Бареселонаны жардыруурга каршы британдык каршылык белгисин төмөнкүдөй түшүндүргөн [...]

“JUS AD BELLUM ЖАНА JUS IN BELLO”

“Jus ad bellum” (күч колдонуунун мыйзамдуулугу жөнүндө) менен “jus in bello” (согуш аракеттеринин жүрүшүндө сакталышы керек болгон гуманитардык ченемдер жөнүндө) ортосундагы принципиалдуу айырмачылык

Эл аралык гуманитардык укук (ЭАГУ) эл аралык кызматташтыктар ортосунда күч колдонуу мыйзамдуу форма катары кабыл алынганда, мамлекеттерге согуш баштоого тыюу салынбаган жана алар согуш баштоого укуктуу болгон учурда иштелип чыккан (башкача айтканда, алар «jus ad bellum» болгондо. Согуштук аракеттерге барган учурда («Jus in bello») белгилүү эрежелерди сакталуусун милдеттендирүү үчүн ал Эл аралык укукка карата жөн жерден пайда болгон эмес. Азыркы учурда мамлекеттер арасында күч колдонуу эл аралык укуктун буюртма ченемдери аркылуу тыюу салынган, БУУнун Уставында 2 (4) беренелеринде белгиленгендей («jus ad bellum» «jus contra bellum» болуп өзгөрүлгөн). Жекелик жана коллективдүү өзүн өзү коргоо учурларында (БУУ Уставынын 51 беренесинде таанылгандай) жана Коопсуздук Кеңешинин резолюциясында негизделгендей (БУУ Уставынын 7 бапта каралгандай) артыкчылыкка уруксат берилет жана элдердин өзүн өзү аныктоо укугу жөнүндөгү суроосунда мүмкүнчүлүк берилет (өзүн өзү аныктоодо элдердин укугун сактоону камсыздоо үчүн лигитимдүүлүккө карата күч колдонуу, БУУ адам укуктары жөнүндөгү 2-пактындагы 1- беренесинде таанылган). Логикага ылайык эл аралык куралдуу чыр чатакта жок дегенде бир тарап күч колдонуу менен эл аралык укуктуулукту аткарбайт. Ошону менен бирге дүйнөнүн бардык булуң бурчунда укук коргоо (өкмөттүк) органдарына каршы күч колдонууга бардык муниципалдык мыйзамдар тыюу салат.

Куралдуу чыр чатактарга тыюу салынган болсо да, азыркы учурда алар орун алат. Турмушта эл аралык укук куралдуу чыр чатактар менен күрөшүп гана калбастан, бул адамгерчиликсиз жана мыйзамсыз абалдар да гуманизмдин жок дегенде минималдуу деңгээлин камсыз кылуусу керек. Саясый, практикалык жана гуманитардык ой жүгүртүүлүлөр үчүн ЭАГУ согушуп жаткан эки тарапка бирдей болушу керек: биринчи тарап күч колдонууга мыйзымдуу, ал эми экинчи тарап күч колдонууга мыйзамсыз жол менен келсе. Тажрыйбалык көз карашта, эл аралык укукту урматтоо эки тараптын ортосунда болбой калышы ыктымал, ошондуктан кайсы тарап «jus ad bellum» ылайык

күч колдонуп, жана кайсы тарап «jus contra bellum» аткарбай талаш тартышты жаратат деген суроо пайда болот.

Чырдашкан эки тараптын курмандыктары коргоого муктаж жана корголууга татыктуу, ошондой эле «өзүнө» караштуу тараптын жасаган тартип бузууларына «jus ad bellum» жооп бербейт. Кандай гана далилдер болбосун, Эл аралык укук аларга көз каранды болбой сакталууга жана толук «jus ad bellum»ден айырмалануута тийиш. Адилетүү согуш жүргүзүүнүн мурунку, азыркы жана келечектеги теориялары «jus ad bellum»гана тиешелүү жана эл аралык гуманитардык укукка ылайык аз же көп жоопкерчиликке ээ болгон жана бул теория адилеттүү же адилетсиз күрөшкөндөр үчүн акталуучу кызматын аткара албайт (чындыгында, көпчүлүк учурда белгилөө үчүн колдонулат).

Эки латын термини «jus ad bellum» жана «Jus in bello» өткөн кылымда пайда болгон, бирок Эммануил Кант ал эки идеяны ошол учурда эле айырмалай билген. Адилетүү согуш жүргүзүү доктринасы үстөмдүүлүк кылып турган заманда Гректер адилеттүү ыкмалар менен согуш жүргүзгөндөр жөнүндө сөз кылышчу, «temperamentabelli» (согуш жүргүзүүнү чектөө). Убакыт өтүп, согуш эл аралык байланыштардын фактысы катары карала баштаганда, ал терминдердин «jus ad bellum» жана «Jus in bello» ортосунда айырмачылыктарды жүргүзүүнүн кажети жок экендиги келип чыкты. Күч колдонууга тыюу салынган учурда гана бул эки түшүнүктү айырмалоого болот. Ошол учурдан баштап I Протоколдун преамбуласына ылайык таанылып калган:

« Жогорку Келишимдеги Тараптар улуттарды тынчтыкта жашап жатканын көрүү жөнүндөгү ниеттерин билдиришти,

Ар бир мамлекет БУУ Уставына ылайык өздөрүнүн эл аралык кызматташтыгында күч колдонуу менен коркунуч жаратууну токтотуп же ал коркунучту башка мамлекеттин саясый көз карандысыздыгына, же аймактын бүтүндүгүнө, эгемендүүлүгүнө каршы колдонуудан, БУУнун максаттарына шайкеш келбеген мамилелерден карманышы керек,

бирок, куралдуу чыр чатактардын курмандыктарын коргоо жөнүндөгү жоболорду бекемдеп жана өнүктүрүү керек, ошондой эле алардын эффективдүү колдонулуусун камсыз кылууга багытталган иш чараларды толуктоо керек деп эсептеген,

1949 – жылдын 12 – августундагы Женева конвенциясындагы же ушул Протоколдогу көрсөтүлгөндөргө ишеним көрсөтүү менен, Бириккен Улуттар Уюмунун Уставына сыйбаган, агрессиялык ар кандай

эле актылар же ар кандай эле ушул өңдүү күч колдонуулар, мыйзамдаштырган же санкциялаштырган актылар катары түшүндүрүлбөшү,

бул 1949 – жылдын 12 – августундагы Женева конвенциясынын жана ушул Протоколдун жоболору чырдашып жаткан тараптардын көрсөтүүлөрүнө, алар тарабынан таануланган же куралдуу чыр чатактан келип чыгуу мүнөзүнө негизделген, кандайдыр бир жагымсыз айырмачылыктарга карабай, ушул документтерде коргоого алынган, бардык тараптарга карата, бардык эле шарттарда толук түрдө колдонулушу керек.

Мындай «jus ad bellum» менен «Jus in bello»нун ортосунун толук түрдө ажыратылышы, эл аралык укук конфликт «jus ad bellum» боюнча квалификацияланганына көз карандысыз түрдө, иш жүзүндө куралдуу конфликт болуп жаткан учурда колдонуларын, түшүндүрүү үчүн болбой тургандыгын туюнтат. Бирок ал эл аралык укуктун нормалары «jus ad bellum»ду реализациялоого мүмкүн болбогондой, мисалы, эффективдүү өзүн - өзү коргоо мүмкүн болбогондой, тартипте түзүлбөөсү керек.

Айрым адамдар Бириккен Улуттар Уюмунун алкагында эл аралык мамилелердин институционализацияланышынын өсүп баратышы, укуктук монополияда күч колдонууну же эл аралык тартиптин кандайдыр бир гегемониясын өз колуна топтоп алышы, эл аралык мыйзамдуулук үчүн күрөшкөн тараптарды аныктоо маскатында, ЭАГУга «temperamentabelli» абалын кайра кайтарып берет деп эсептейт. Бул учурда ЭАГУнун жашап жаткан нормаларын философиясын өзгөртүү принципиалдуу болмок.

Эл аралык укук боюнча комиссия, Мамлекеттик коопсуздук жөнүндө беренелер, Доклад, A/56/10-август 2001[213]

БАП IV: МАМЛЕКЕТТИН ЖООПКЕРЧИЛИГИ ...

Мамлекеттердин Эл аралык укуктуулукка каршы иштери үчүн жоопкерчилиги

[213] Булак: Бириккен Улуттар Уюму, Эл аралык укуктар комиссиясы, Элүү үчүнчү сессиянын иши жөнүндөгү доклад, 23 апрель-1 июнь жана 2 июль-10 август 2001 жыл, Генералдык Ассамблея, Элүү бешинчи сессия, Расмий отчеттор, № 10 Кошумча (A/56/10), http://www. un.org/law/ilc/ көрүүгө болот; Резолюциядагы беренелердин долбоору БУУнун Генералдык Ассамблеясы тарабынан эске алынган A/RES/56/83, 12 декабрь 2001.

I - Бөлүм

Мамлекеттин эл аралык укуктуулукка каршы иш аракеттери

БАП I. ЖАЛПЫ ПРИНЦИПТЕР

1-Берене

Мамлекеттин эл аралык укуктуулукка каршы иштери үчүн жоопкерчилиги

Мамлекеттин ар кандай эл аралык укуктуулукка каршы жасаган иштери бул мамлекетти эл аралык жоопкерчиликке алып келет

2-Берене

Мамлекеттин эл аралык укуктуулукка каршы иштеринин элементтери

Эл аралык Укуктуулукка каршы мамлекеттин иштери аракетте же аракетсиз абалда орун алганда жана – бул:

(a) аргасыздык эмес жасалган иштер, эл аралык укуктуулукка каршы иш катары эсептелет; жана

(b) мажбурлоочу мамлектет бул иштердин шарттарынан кабардар болуп, аларды аткарат.

19-Берене

Ушул баптын аракети

Бул бап кайсы бир башка мамлекеттин иштерин аткаруучу мамлекеттин беренелердин жоболоруна негизделип, Эл аралык жоопкерчиликке зыянын тийгизбейт.

БАП V

УКУКТУУЛУК КАРШЫЛЫГЫН ЖОККО ЧЫГАРУУЧУ ШАРТТАР

20-Берене

Макулдашуу

Бир мамлекеттин, башка бир мамлекеттин конкреттүү бир ишти жасоого карата болгон чыныгы макулдугу, иш – аракет жогоруда көрсөтүлгөн макулдашуунун алкагында калган учурда, биринчи мамлекетке карата болгон мамиледеги бул иш – аракеттин укукка каршылыгын, ошондой эле өлчөмдө жокко чыгарат.

21-Берене

Өзүн өзү коргоо

Бириккен Улуттар Уюмунун кабыл алынган Уставына ылайык мамлекет тарабынан аткарылган иштер өзүн өзү коргоочу иш аракеттер деп табылса, анда мамлекеттин укуктуулукка каршы иштери четке кагылат.

Комментарийлер

2) өзүн - өзү коргоо Уставдын 2 - беренесинин 4 – пунктуна ылайык, мындай аткарбай коюу, ушул жобо менен байланыштуу болгон учурда, айрым бир милдеттенмелердин аткарылбай калышын актаашы мүмкүн.

Эл аралык салттык укук, бул маселени согуш башталган учурдагы, согушуп жаткан тараптардын ортосундагы иштеп жаткан көпчүлүк келишимдерди токтотуу жана согуштун өзүнчө укуктук режимин киргизүү менен бирдикте карайт. Уставды кабыл алган учурда, согуш жарыялоо жок болгон жана согуштук иш - аракеттер бир же эки тараптын ортосунда өзүн - өзү коргоо түрүндө, расмий түрдө бири – бири менен «тынчтыкта» жашашкан мамлекеттердин ортосунда пайда болгон.

Эл аралык келишимдердин укугу тууралуу Вена конвенциясы 73 – беренеде белгилегендей, «мамлекеттер аралык согуш иштери башталгандан кийин, ... келишим боюнча пайда болгон ар кандай эле маселеге Конвенция тоскоолдук кылбайт»;

3) бул өзүн - өзү коргоо бардык эле учурдагы иш – аракеттердин укукка же бардык эле милдеттенмелерге каршылыгын жокко чыгарбайт. Мисалдар Эл аралык гуманитардык укукка жана адам укуктары боюнча милдеттенмелерге таандык. 1949 – жылдагы Женева конвенциясы жана 1977 – жылдагы 1 – Протокол, эл аралык куралдуу конфликттердин бардык эле тарабына бирдей деңгээлде таандык, ошол эле учурда, жөнөкөй эл аралык гуманитардык укукка карата эң ишенимдүү. Адам укуктары боюнча келишимдер өзгөчө абал учурунда, анын ичинде, өзүн - өзү коргоо максатындагы ишке ашырылган иш – аракеттердеги чегинүү тууралуу жоболорду өз ичине камтыйт. Ал эми эл аралык гуманитардык укук боюнча милдеттенмелерге жана адам укуктары тууралуу чегинүүгө жол бербөөчү жоболорго келе турган болсок, анда өзүн - өзү коргоо иш – аракеттин укукка каршылыгын жокко чыгарбайт.

25-Берене

Муктаждык

1. Эл аралык укуктуулук жоопкерчилигине туура келбеген укуктуулукка каршы иш чараларды жокко чыгаруунун негизинде мамлекет муктаждыкка шылтоо кыла албайт, эгерде иш чара төмөндөгүдөй болсо:

(a) Мамлекеттин олуттуу кызыкчылыгын чоң жана коркунучтан коргоочу шексиз жалгыз гана жол болуп эсептелбесе, жана

(b) Аталган жоопкерчиликке же жалпы Эл аралык коомчулукка тиешелүү болгон мамекеттин же мамлекеттердин олуттуу кызыкчылыктарына зыянын тийгизбесе,

2. Кандай гана шарт түзүлбөсүн, мамлекет укуктуулукка каршы негизди зарылдыкка болгон шылтоо катары колдоно албайт, эгерде:

(a) эл аралык укук жоопкерчилиги муктаждыкка шылтоо жасоо мүмкүнчүлүгүн алып таштаса, же

(b) мамлекет муктаждык абалын жаратуу үчүн түрткү берген болсо.

Комментарий

19) ... 2 – пункттун (a) бөлүгү Эл аралык – укуктук милдеттенмелер зарылдык абалынан болгон көз карандылыкты ачык же күңүрт түрдө жокко чыгарган учурларга тиешелүү. Ошентип, куралдуу конфликттерде колдонулуучу белгилүү бир гуманитардык конвенциялар, согуштук зарылдык менен болгон байланышты түздөн – түз жокко чыгарат. Ачык түрдө болбосо да, кыйыр түрдө башка концепциялар да, стандарттык эмес шарттарда жана өз мамлекети үчүн коркунуч жаралган учурда колдонулуучу жобо катары мындай зарылдыкты жокко чыгарат. Мындай учурларда, зарылдык шылтоосунун жоктугу, эрежелерин максатына жана объектине көз карандысыз түрдө жаралат.

21) 25 – беренеде бекемделген зарылдыкка шилтеме жасоо, иш жүзүндө алгачкы милтеттенмелер менен жөнгө салынган, иш – аракеттерди жабууга багытталган эмес. Бул эл аралык мамилелерде жана «согуштук зарылдык» тууралуу маселеде, күч колдонууга таандык эрежелер менен биргеликте караганда өзгөчө мааниге ээ болот. ... бул окуу биринчи кезекте согуштун жана нейтралитеттин негизги укуктук критерийлерине жана эрежелерине таандык о. э., бул эл аралык гуманитардык укук тармагындагы бир катар келишимдерде, эгер жок

кылуу же басып алуу согуштук зарылдык болбогон учурда, душмандын жеке менчигин жок кылууга тыюу салуучу шарт катары толук түрдө киргизилген (435 - түшүндүрмө Караңыз: кургактагы согуш мыйзамдары жана салттары тууралуу Гааг жобосунун 23 (г) – беренесин (1899 – жылдагы 2 – Конвенциясына жана 1907 – жылдагы 4-Конвенциясына тиркемелер). Эл аралык куралдуу конфликттердин жабырлануучуларын коргоого тиешелүү, 1949 – жылдын 12 – августундагы Женева конвенциясынын Кошумча протоколундагы 54 (5) – беренесинде, (1 - Протоколдо) «абдан күчтүү согуштук зарылдык» болгондо гана, граждандык калктын жашоосу үчүн өтө зарыл болгон объекттерге кол салууга уруксат берилиши мүмкүн. Бул эки учурда тең, 25 – берененин негизинде жаткан ойдой эле, алар баштапкы милдеттенмелерди калыптандырууда жана түшүндүрүүдө белгилүү бир роль ойнойт жана эске алынат.

Табладдын иши, адам укуктары боюнча Америка аралык комиссия[214]

CDH/3398

IV. АНАЛИЗ

146. Учурга ылайык көтөрүлгөн негизги суроолордун жана окуялардын анализин жеңилдетүү үчүн,бул докладда окуялар жана суроолор үч багытта каралат: кол салуу жана аскер базасын кайрадан куруу, кол салгандарды жана алардын ыктымал шериктерин колго түшүрүү жана аларды бийликке тапшыруудан кийинки окуялар, ошондой эле Абелладагы көтөрүлүш кылмышына тиешеси бар деп табылган жактардын соту.

АСКЕРДИК БАЗАГА КОЛ САЛУУ ЖАНА КАЙРАДАН БАСЫП АЛУУ.

147. Өз даттанууларында арызданууучулар эл аралык гуманитардык укуктан ар түрдүү эрежелерди келтирет, тактап айтканда, алардын Таблада аскер базасын өздөрүнө кайрып алуу үчүн жасап жаткан аракеттерине карата, мамлекеттик агенттер өтө көп күчтөрдү жана мыйзамсыз аракеттерди колдонгон деген бекемдөөлөрүн чыңдап, өз мекемелерин коргоо үчүн, куралдуу конфликттерге баруу укугуна ээ экендиктерин келтирет.

---

[214] Булак: Адам укуктары боюнча Америка аралык комиссиянын отчету № 55/97, дело № 11,137: Аргентина, OEA / Ser / L/V/II.98, 38-нчи док., 6 декабрь,1997; http://www.cidh.org –сайтында көрүүгө болот.

Аргентиналык мамлекет өз тарабынан мамлекеттер аралык кураллуу конфликттин эрежелерин колдонууну четке какса да, Таблада базасын кайрып алуу, жогорку деңгээлдеги аскер операциясын талап кылгандыгы тууралуу Комиссия боюнча, өз ойлору бардыгын айтат. Мамлекет ошондой эле, 23,077 – мыйзамда аныкталгандай, козголоң чыгарган кылмыштары үчүн, өздөрүнүн куугунтуктоолорунан актануу максатында, кол салгандар тарабынан курал колдонулганын мисал катары келтирет. Аргентина да, арыздануучу да, 1989 – жылы 23 - 24 – январда, Таблада базасында, басып кирген тарап менен аргентиналык куралдуу күчтөрдүн ортосундагы куралдуу кагылыш, жакындатып алганда, 30 саат боюу болгонун танбайт.

148. Комиссия аргентиналык аскерлер тарабынан Таблада базасын экинчи жолу басып алынуусу боюнча, арыздануучунун коюп жаткан күнөөлөрүнө туура баа берүүдөн мурда, мындай куралдуу карама – каршылык, иш жүзүндө ички баш – аламандыктын, оор кырдаалдын айынан болгон кырсыкпы же бул мааниси боюнча, 1949 – жылдагы төрт Женева конвенциялары үчүн жалпы болгон 3 – беренесине ылайык, (3 - жалпы берене) эл аралык же ички куралдуу конфликт болгонбу деген маселени аныктап алуусу керек деп эсептейт. Ошол себептүү, ички куралдуу конфликттерди жөнгө салуучу укуктук нормалар, ички тартипти жана оор кырдаалды жөнгө салуучу нормалардан кескин айырмаланып турат. – жылдын 23 – 24 – январында болуп өткөн окуяларга мүнөздөмө берүү үчүн, колдонула турган укуктун булактарын табуу зарыл. Бул биринчи кезекте, комиссиядан гуманитардык укуктун алкагындагы көрсөтүлгөн учурлардын айырмалап турган мүнөздөмөлөрүн окуп - үйрөнүүнү талап кылат. Ошондой эле, Комиссия гуманитардык укук боюнча, америкалык конвенциялардын жана келишимдердин алкагында, кандай чегинүү чаралары, катышуучу мамлекеттердин милдеттенмелерин бузуу болуп саналаарын аныктоосу керек.

172. Арыздануучулар ЭГУнун айрым мүчөлөрү аскер базасына кол салууга, анын инициировкасын, планын иштеп чыгууга катышуу фактыларын четке какпайт. Бирок, алар кол салуунун себеби жана мотиви – бул Альфонсиндин өкмөтүн кулатууга каршы аскердик иш – аракеттерди токтотуу болгон деп бекемдейт жана бул жарандарды Конституцияны коргоо үчүн, курал алууга милдеттендирген өлкөнүн Конституциясынын 21 – беренесине ылайык, юридикалык жактан негиздүү болгон. Алар ошол себептүү, аларды көтөрүлүш чыгарган кылмыштары үчүн, соттук куугунтуктоо, америкалык конвенцияны бузуу болуп саналат деп бекемдешет.

Мындан сырткары, алар өздөрүнүн мындай иш – аракеттери себептери акыйкат жана мыйзамдуу экендигин, ал эми мамлекет аскер базасын кайтарып алууда, чектен чыккан күчтү мыйзамсыз түрдө колдонгондугу, бул иш – аракеттери менен, материалдык чыгымдарга жана адам өлүмдөрүнө алып келгени үчүн, толук түрдө юридикалык жактан жана моралдык жоопкерчиликти тартуусу керек деп бекемдешет.

173. Комиссия арыздануучулардын аргументтери, эл аралык гуманитардык укуктун табиятына салыштырмалуу, айрым бир негизги адашууларды чагылдырарын белгилейт. 3 - жалпы берененин бир да тиркемесин же Таблада базасындагы аскердик иш – аракеттерге тиешелүү, бардык эле гуманитардык - укуктук нормаларын, МТРдин мүчөлөрүнүн колдоруна курал алгандыктарынын себеби жана максаты катары, мыйзамдаштыруу, легитимдештирүү катары интерпретацияланбашы деп түшүнүү зарыл. Эң негизгиси, мыйзамды колдонуу, конфликттин себептери менен шартталган эмес. Гуманитардык укуктун бул негизги жобосу, 1- Кошумча протоколдун преамбуласында бекитилип, анда мындайча айтылат:

1949 – жылдын 2-августундагы [...] Женева конвенциясынын жоболорун андан ары бекемдөө менен, конфликтешип жаткан тараптардын иш - аракеттеринин себеби же мүнөзүнө негизделген, кандайдыр бир жүйөлүү айырмачылыктарга карабай, ар кандай эле шартта толук түрдө колдонулуусу керек.

174. Мамлекетти агенттердин кыянаттыгын гана жалпысынан кармап турган адам укуктарындагы укуктан айырмаланып, 3 – берененин жалпы жобосу, ички конфликттин, эки тарабын тең, тактап айтканда, өкмөт менен оппозициялык күчтөрдүн эки жагын тең, бири – бири менен түздөн – түз байланыштырат. Мындан сыркары 3 – жалпы беренени колдонуу милдеттенмеси, эки тарап үчүн тең, абсалюттуу болуп саналат жана бир жагынын милдеттенмесинен көз каранды болбойт. [27 – шилтемеде мындайча айтылат: тараптардын бир жагынын 3 – беренени бузушу, согуш аракеттерин жүргүзүүнүн мыйзамсыз методдору сыяктуу эле, эл аралык келишимдин укуктары тууралуу, Вена конвенциясынын сөзсүз түрдө сактоосу зарыл болгон беренесинин (60 – берененин) жоболорун сактабоо үчүн негиз катары пайдалана албайт. Ошентип, МТРге кол салгандар да, аргентиналык куралдуу күчтөр да, гуманитардык укукка ылайык, бирдей милдеттенмелерге ээ болгон жана бул тараптардын бирөөсү экинчи тараптын жасаган иш - аракеттери үчүн жооп бербейт.

Комбатанттар жана аскер туткундары

Женева конвенцияларына биринчи Кошумча протокол[215]

Бөлүм II. КОМБАТАНТТАРДЫН ЖАНА АСКЕР ТУТКУНДАРЫНЫН СТАТУСУ

Берене 43. Куралдуу күчтөр

1. Чыр чатакка катышкан тараптардын куралдуу күчтөрү: уюшулган куралдуу күчтөрдөн, топтордон жана бөлүмдөрдөн турат, жана бул топтор зардалга баш ийет, өз учурунда зардал кол алдындагы аскер күчтөрдүн мүчөлөрү аткарган жумушка каршылаш тараптын бийлиги же өкмөтү зардалды тааныбай койгон учурда дагы жоопкерчиликтүү болот. Мындай куралдуу күчтөр ички тартип системасына баш ийет, ал ички тартип эл аралык укук ченемдеринин аткарылышын камсыз кылат.
2. Чыр чатактагы бардык куралдуу күчтөрдүн катарындагы жактар (үчүнчү конвенциянын 33-беренесинде айтылгандай медициналык жана диний персоналдан сырткары) комбатант болуп эсептелет, башкача айтканда алар куралдуу аракеттерге түздөн түз катышууга укуктуу.
3. Чырдашкан тарап тартипти сактоо максатында өз куралдуу күчтөрүнүн катарына жарым аскердик уюмду же куралдуу уюмду киргизсе, бул тууралуу башка тараптарды ар качан маалымдоосу зарыл.

Берене 44. Комбатанттар жана аскер туткундары

1. 43-беренеде белгиленгендей душман тараптын колуна түшкөн ар кайсы комбатант аскер туткуну болуп эсептелет.

2. 3 жана 4-пункттарда каралган айрым учурлардан башка, чыр чатактар учурунда колдонулуучу Эл аралык укук ченемдерин бардык комбатанттар колдонушу керек, эгерде бул ченемдер комбатанттар

[215] Эл аралдык куралдуу чыр чатактардын курмандарын коргоого тешелүү 1949 жылдын 12 августундагы Женева конвенциясына кошумча протокол (Протокол I), 1125 U.N.T.S. 3, 1978 жылдын 7 сентябрынан күчүнө кирген.

тарабынан аткарылбаса, анда комбатант өз укугунан ажырабайт, ошондой эле комбатант каршы тараптын туткуну болсо, анда ал аскер туткуну укугунан ажыратылбайт.

3. Согуш иш аракеттеринин терс натыйжасынан жарандык калкты коргоп калууну күчөтүү максатында комбатанттар кол салууга катышып, даярданып же аскер операцияларын аткарууда өздөрүн жарандык калктан айырмалоосу зарыл. Бул зарылдыктын себеби, куралдуу чыр чатак учурунда, куралчан комбатант өзүн жарандык калктан айырмалабаса дагы комбатант статусун жоготпойт жана мындай учурларда куралды ачык алып жүрөт:

а) ар бир согуштук салгылашууларда; жана

b) ошол эле учурда, ал өзү милдеттүү түрдө катыша турган, кол салуу башталганга чейинки, согуш тартиптерин жайылтуу жүрүшүндө, душмандын көз алдында турган учурда, ушул пункттун талаптарына жооп берүүчү иш – аракеттер 37 – береченин, 1 – пункттунун мыкаачылык мааниси катары каралбайт.

4. Комбатант 3-пунктун 2-фразасында айтылган талаптарды аткарбаган учурда каршылаш тараптын бийлигине түшкөн болсо, анда ал согуш туткуну укугунан ажырайт, бирок аталган Протоколдун үчүнчү Конвенциясына ылайык ал үчүн согуш туткуну статусуна тиешелүү коргоо көрсөтүлөт. Эгерде аскер туткуну өз ыктыяры менен сотко берилип, аткарган бардык мыйзам бузуулары үчүн жооп берүүгө даяр болсо, мындай учурда Учунчу конвенцияга ылайык согуш туткундарына берилген коргоого ээ боло алат.

Үчүнчү Женева конвенциясы, 1949[216]

Берене 4

А. Аталган Конвенциянын мааниси боюнча аскер туткуну деп каршылаш тараптын колуна түшкөн жана төмөнкү категорияларга кирген жактар эсептелет:

1. Чыр чатактагы тараптардын куралдуу күчтөрүнүн өздүк курамы, ошондой эле куралдуу күчтөрдүн катарына кирчү ыктыярдуу отряддардын жана ополчениенин өздүк курамы.

[216] Үчүнчү Женева Конвенциясы,аскер туткундарына жасоочу мамиле жөнүндөгү Конвенция (III), 75 U.N.T.S. 135, 1950 жылдын 21 октябрында күчүнө кирген.

2. Ополчениенин жана ыктыярдуулар отряддарынын өздүк курамы, чыр чатактагы жактарга таандык, уюшулган каршылык көрсөтүүчү кыймылдын өздүк курамы өз аймагында же башка аймакта, ал аймак басылып алынган учурда дагы иш жүргүзөт, эгерде жогоруда аталган ополчениялар жана ыктыярдуу отряддар уюшулган каршылык көрсөтүүчү кыймылдар менен бирге төмөнкү шарттарга жооп берсе:

a) өзүнүн кол алдындагыларына жоопкерчиликти алган зардалы болсо,

b) алыстан даана көрүнүүчү жана аныкталган айырмалоочу белгиси болсо,

c) куралды ачык алып жүрсө,

БУУнун персоналы жана аларга байланыштуу пресоналдын коопсуздугу жөнүндөгү Конвенция, Резолюцияга тиркеме 49/59, Нью-Йорк, 9 декабрь 1994 жыл

d) жасаган иш аракеттеринде аскер мыйзамын жана салтын колдонсо

3. Регулярдык куралдуу күчтөрдүн өздүк курамы, туткундарды кармабаган деп табылган держава бийлигинин же өкмөттүн кол алдындабыз деп өздөрүн эсептешет.

4. Куралдуу күчтөрдүн катарына кирбеген, бирок куралдуу күчтөргө тиешеси бар жарандар, мисалы аскер учактардын экипажына кирген жарандык жактар, аскер кабарчылары, камсыздоо кызматы, куралдуу күчтөрдү турмуш жагынан тейлөөчү кызматкерлер жана жумушчулар, ошондой эле куралдуу күчтөр тарабынан иш аракеттерди алып барууга атайын уруксаат алган жарандар, өздөрү тейлеп жүрүүчү куралдуу күчтөр тарабынан үлгүсү атайын тиркемеде көрсөтүлгөн күбөлүк менен камсыз кылынуусу зарыл.

5. Эл аралык укуктун айрым жоболоруна ылайык жеңилдетилген режимге ээ болбогон чырдашкан тараптардын соода кеме мүчөлөрү, капитандар, лоцмандар жана юнгдар, жана жарандык авиациясынын экипажы.

6. Басылып алынбаган аймактын калкы душмандын жакындаганына байланыштуу өз ыктыяры менен куралды колуна алып, регулярдуу аскер курамын түзбөй туруп кол салып жаткан душман менен куралдуу күрөштү баштаса, ошондой эле, куралды ачык алып жүрүп жана согуш жүргүзүүнүн салт жана мыйзамын аткарса.

В. Аталган Конвенциянын негизинде төмөнкү жактар согуш туткундарына жасалган мамилеге дуушар болот:

1. Басылып алынган өлкөнүн куралдуу күчтөрүнө таандык же мурда таандык болгон тараптар, эгерде басып алган держава алардын таандыктык себептеринен улам, көзөмөл жасаса, башында аларды бошоткон күндө да, аскер иштери алар басып алган аймактардын чегинен сыркаркы жерлерде жүрүп жатса, айрыкча, бул тараптар мурда өздөрү таандык болгон жана согуш иштерине катышып жаткан, куралдуу күчтөргө кошулууга ийгиликсиз түрдө аракет жасап жаткан чакта же алар аларды көзөмөлдөө максатындагы чакырыктарга баш ийбеген учурда көзөмөлдөгөн тараптар.

2. Ушул беренеде саналып өткөн категориялардын бирине таандык, өз аймактарында нейтралдуу же согушуп жаткан державаларды кабыл алган жана бул державалар аларга алда канча жагымдуу шарттарды түзүп берет деп эсептебесе, эл аралык укукка ылайык, көзөмөлдөө зарыл болгон, бирок бул тараптарга 8, 10, 15 - беренелердин токтомдору, 30 – берененин 5 – абзацы, 58 – 67, 92, 126 – беренелер, алар бири – бири менен конфликтешип жаткан жана кызыкдар, нейтралдуу же согушпаган державалардын ортосунда дипломатиялык мамилелер жана колдоочу державаларга тиешелүү беренелердин токтомдору жашап жаткан учурда

Ал тараптар таандык болгон, конфликтешип жаткан тараптардын ортосунда ушундай дипломатиялык мамилелер жашап жаткан учурда, алардын калкалоочу державалардын функциясына карата, ушул конвенцияда каралгандай, бул тараптар дипломатиялык жана консулдук практика жана келишимдерге ылайык, ишке ашырат. С. Аталган Конвенциянын 33 беренесинде каралгандай Бул Берене медицина – санитардык жана диний персоналдын статусуна тийбейт.

Берене 5

Аталган Конвенция 4-чү беренеде көрсөтүлгөн жактарга, алар каршылаш тараптын колуна түшкөн учурдан баштап толук бошотулушуна жана өз мекенине жөнөтүлгөн мезгилине чейин колдонулат. Эгерде каршылаш тараптын колуна түшкөн жарандардын согушка байланыштуу жасаган иш аракеттеринде же 4 – чү беренеде берилген категориялар тизмесинин кайсы бирине таандык экендигинде күмөн пайда болсо, анда ал жарандар компетентүү сот тарабынан абалы белгиленмейин Аталган Конвенциянын карамагында кала беришет.

БУУнун персоналынын коопсуздугу жөнүндө Конвенция

Берене 7: БУУнун персоналын жана аларга байланыштуу персоналга коопсуздукту жана коргоону камсыз кылуу милдеттери.

1. БУУнун персоналы жана аларга байланыштуу персоналдын материалдык-техникалык каражаттары жана имараттары, кол салуунун объектилери же ал персонал өз мандатын аткарууда ар кандай иш аракеттердин жолтоо болбоосу зарыл.

2. Бириккен Улуттар Уюмунун персоналынын коопсуздугун жана корголуусун камсыз кылуу максатында катышуучу мамлекеттер бардык керектүү иш чараларды кабыл алышат. Айрыкча, 9-чу беренеде каралган Бириккен Улуттар Уюмунун персоналын катышуучу мамлекеттер өз аймагында жайгашкан кылмыштан коргоо үчүн бардык мүмкүнчүлүктөрүн колдонуусу зарыл.

3. Аталган Конвенцияны аткарууда катышуучу мамлекеттер Бириккен Улуттар Уюму менен биргеликте иш алып баруусу зарыл, айрыкча, кабыл алуучу мамлекет талап кылынган иш чараларды колдоно албаган учурларда.

8-Берене: Колго түшүрүлгөн же кармалып алынган Бириккен Улуттар Уюмунун персоналдарын, аны менен байланыштуу персоналдарды бошотуу же кайра чакырып алуу милдети. Күчтөрдүн статусу туралуу колдонулуп жаткан макулдашуу учурунан башка, эгер Бириккен Улуттар Уюмунун персоналдарын же аны менен байланыштуу персоналдарды колго түшүрүп же кармап алган убакта, өз милдеттерин аткарып жаткан учурда, эгер бул персоналдын өздүгү аныкталса, алар суракка алынбайт жана тезинен бошотулуп, Бириккен Улуттар Уюмуна же өзү таандык болгон органдарга кайтарылып берилет. Бошотулганга чейин аларга адам укуктары тармагындагы жалпыга бирдей кабылданган стандарттарга жана 1949 – жылда кабыл алынган Женева конвенциясынын принциптерине жана жоболоруна ылайык мамиле жасалат.

9-Берене: БУУнун персоналына жана аларга байланыштуу персоналга каршы кылмыш.

1. Алдын ала ниет кылынган аракет:

а) киши өлтүрүү, киши уурдоо, инсандын азаттыгына же Бириккен Улуттар Уюмунун персонал мүчөсүнө жана персоналына караштуу кызматкерлерине багытталган башка кол салуулар;

b) БУУ персоналынын кызматтык имараттарына, жарандык имараттарга же транспорттук каражаттарга зордук зомбулук менен кол салуулар бул персоналдын жеке коопсуздугуна же азаттыгына коркунуч жаратуусу мүмкүн;

c) физикалык жана юридикалык жактарды кандайдыр бир иштерди аткарууга же аткаруудан баш тартууга аргасыз кылуу максатында ар түрдүү ушул сыяктуу коркунучту жаратуучу кол салуулар;

d) ар кандай ушул сыяктуу кол салуу ниеттери; жана

e) ушул сыяктуу кол салууларда шерик болуу, кол салууну уюштурууда же кол салууну жасоого буйрук берүү, ар-бир катышуучу – мамлекет тарабынан улуттук мыйзамдуулугу боюнча кылмыш катары эсептелүүсү зарыл.

3.1 Пунктта каралгандай, ар бир катышуучу мамлекет жазаны кылмыштын оордугуна жараша белгилейт.

10-Берене: Юрисдикцияны орнотуу

1. 9-беренеде каралгандай, ар бир катышуучу мамлекет кылмышка тиешелүү болгон өз юрисдикциясын орнотуу үчүн зарыл болгон, керектүү иш чараларды, төмөнкү учурларда колдонот: [...]

19-Берене: Жайылтуу.

Катышуучу мамлекеттер аталган Конвенцияны кеңири жайылтууга, айрыкча, Конвенцияны окутууга, ошондой эле, Эл аралык укуктун ылайыктуу жоболорун аскердик окутуу программаларына киргизүүгө милдеттүү.

20 – Берене: Эсепке алынбаган эскертмелер

Аталган Конвенцияда төмөнкүлөр өз таасирин тийгизбейт:

(a) Эл аралык гуманитардык укуктун жана эл аралык документтерде камтылган, адам укуктары чөйрөсүндөгү жалпыга белгилүү болгон стандарттардын колдонулуусу, Бириккен Улуттар Уюмунун персоналын жана ал персоналга байланыштуу кызматкерлердин коргоо же операцияларды коргоого байланыштуу, же ошол персоналдын укуктарды жана стандарттарды сактоо милдеттемелеринде колдонулуусу ...

БУУ персоналына жана аларга байланыштуу персоналдын коопсуздугу жөнүндөгү Конвенцияга карата факультативдүү протокол[217]

1- Берене: өз ара байланыш

1994 жылдын 9 декабрында Нью Йоркто кабыл алынган протокол БУУнун персоналына жана аларга байланыштуу персоналдын коопсуздугу жөнүндөгү Конвенцияны (мындан ары «Конвенция» деп аталган) толуктайт, жана протоколдун катышуучуларына Конвенция жана Протокол бирдиктүү документ катары окулуп жана түшүндүрүлөт.

2-Берене: Бириккен Улуттар Уюмунун операцияларына карата Конвенциянын колдонулушу.

1. Конвенциянын 1 (б) – беренесинде аныкталган операцияларга карата толуктоолордогу ушул Протоколдун катышуучулары. Конвенцияны Бириккен Улуттар Уюмунун бардык эле операцияларына карата, Бириккен Улуттар Уюмунун Уставына ылайык, Бириккен Улуттар Уюмунун компетенттүү органдары тарабынан түзүлгөн жана Бириккен Улуттар Уюмунун көзөмөлүндө жана жетекчилигинде төмөнкү максаттарда жүргүзүлгөн операцияларында колдонот:

a) гуманитардык жана саясий жардам көрсөтүү же тынчтыкты түзүү этабынын өнүктүрүү чөйрөсүндө жардам көрсөтүү, же

b) өзгөчө кырдаалда гуманитардык жардам көрсөтүү

2. 1 Пункт Бириккен Улуттар Уюмунун туруктуу бөлүмдөрүнө: Уюмдук Борбордук мекемесине же Бириккен Улуттар Уюмунун келишимине ылайык түзүлгөн штаб-квартирасынын атайын мекемелерине карата колдонулбайт

3. Кабыл алуучу мамлекет Бириккен Улуттар Уюмунун Генералдык катчысынаII(1) (b) беренесине, ал берененин жалгыз гана максаты жаратылыш кырсыктарына жооп кайтаруусуна ылайык өткөрүлүп жаткан операцияга тиешелүү аталган Протоколдун жоболорун колдонбой тургандыгын билдирип, арыз менен кайрыла алат.

3-Берене: Конвенциянын 8-беренесине тиешелүү катышуучу мамлекеттин милдети.

---

[217] БУУнун персоналына жана аларга байланыштуу персоналдын коопсуздугу жөнүндөгү Конвенцияга факультативдүү протокол, Нью-Йорк, 8 декабрь 2005жыл; untreaty.un.org.

Ушул Протоколдун катышуучу мамлекеттеринин милдети, Бириккен Улуттар Уюмунун операцияларына карата, Конвенциянын 8 – беренесин колдонуусу, ушул Протоколдун 2 – беренесинде аныкталып, анын укуктарына эч кандай зыян келбеген түрдө, Бириккен Улуттар Уюмунун бардык эле персоналдарына карата, же ошол мамлекеттин токтомдорун жана мыйзамдарын бузган, БУУ менен байланыштуу персоналдар, анын улуттук юрисдикциясын ишке ашыруу тартибинде иш – аракет жүргүзөт жана мындай иш – аракет катышуучу мамлекеттердин эл аралык укуктук милдеттемелерин эч кандай бузбайт.

Мыйзамсыз комбатанттарды кармоо, Ияд Израиль мамлекетине каршы, Израилдин Жогорку соту[218]

Кылмыш иштери боюнча аппеляциондук соттун отуруму Израилдин Жогорку соту

ЧЕЧИМ

Президент Д. Бейниш:

Биздин колубузда Тель-Авив-Яффо...райондук сот чечимине доо арыз бар, мында интернирленген мыйзамсыз комбатанттар жөнүндөгү мыйзам (мында жана мындан кийин «Интернирленген мыйзамсыз комбатанттар жөнүндөгү мыйзам» же «Мыйзам») боюнча даттануучуларды колго түшүрүү мыйзамдуу деп табылып, күчүндө калган. Даттануучу тарабынан көрсөтүлгөн конкреттүү учурлардан сырткары аппеляция интернирленген мыйзамсыз комбатанттар жөнүндөгү мыйзамдын жобосун талкуулоого байланышкан фундаменталдык суроолорду козгойт [...] жана аталган мыйзам деңгээлде эл аралык гуманитардык укукка канчалык каршы эместигин көрсөтөт.

Негизги фактылар жана окуялардын ыраттуулугу

1. Биринчи даттануучу 1973 жылы туулган сектор Газанын жашоочусу, ал административдик камакка алынган жана 2002 жылдын 1 январында административдик камакка алуу Буйругу боюнча кармалган. Биринчи даттануучуну кармоо аскер зардалы тарабынан узартылып жана күчүндө калып Газа аскер сотунун кароосуна калтырылган. Экинчи даттануучу 1972 жылы туулган, Газанын жашоочусу, жогоруда аталган буйрукка ылайык 2003 жылдын 24 январында администра-

[218] Израилдин Жогорку соту, Ияд Израилге каршы, 1CrimA 6659/06, 11июль 2008, http://elyon1.court.gov.il/files_eng/06/590/066/- сайтында табууга болот n04/06066590.n04.pdf.

тивдик камакка алынган. Экинчи даттануучунун кармалуусу узартылып жана Газа округунун аскер соту аркылуу каралган.

2005 жылдын 12 сентябрында, Түштүк Аймактык зардалы тарабынан сектор Газа аймагында согуштук башкаруу аяктагандыгы тууралуу билдирүү жарыяланган. Ошол эле күнү шарттардын өзгөрбөшүнө жана тиешелүү укуктук абалына байланыштуу даттануучуларга карата интернирование жөнүндөгү указы чыгарылган; ал указдар Интернирленген мыйзамсыз комбатанттар жөнүндөгү мыйзамдын 3 бабына ылайык штаб башкармасы тарабынан кол коюлган жана бул мыйзам бул учурда борбордук абалды ээлейт. ... 2005 жылдын 20 сентябрында штаб башкармасы жогоруда аталган мыйзамдын негизинде абакта кармоо күчүндө калат деген чечим чыгарган.

2. 2005 жылдын 22 сентябрында даттануучунун ишинин негизинде суде Тель-Авив-Яффо аймактын сотунда соттук териштирүүлөр башталган. 2006 жылдын 25 январында райондук сот төмөнкү чечимдерди чыгарган, даттануучуларга каршы берилген интернирленген буйруктун иреттүүлүгүндө эч кандай орундуулук жок, ошондой эле аларды бошотуу факты мамлекеттик коопсуздукка зыян келтирүүсү мүмкүн. Даттануучулар чыгарылган чечимдин Жогорку сотто кайра карап чыгуусун талап кылган, бирок 2006 жылдын 14 мартында алардын кайрылуусу четке кагылган. ... Бул иштин чечимин чыгарууда сотко берилген материалдын негизинде даттануучулар Хезбола уюму менен тыгыз байланышта болгондугун жана алар кармалганга чейин Израиль жарандарына каршы иш аракеттерине катышкандыгын байкоого болот. Сотко берилген материалда көрүнүп тургандай, аларды бошотуу коомчулукка коркунуч жаратат жана алар бошотулган соң, өз ишмердүүлүгүнө кайтып келээри белгиленген.

Мыйзамсыз комбатанттардын интернированиеси жөнүндөгү Мыйзам – мыйзам чыгаруу ченемдери үчүн негиз жана негизги максат

6. Бул мыйзамдын 2 - бөлүмүндө аныкталгандай мамлекеттик бийлик «мыйзамсыз комбатанттарды», башкача айтканда согуштук аракеттерге катышкан же Израиль мамлекетине каршы согуштук аракеттерди аткарган куралдуу күчтөрдүн мүчөсү болуп эсептелген жактарды, ошондой эле эл аралык гуманирдык укукка ылайык берилген аскер туткуну статусун канааттандырбаган жактарды кармоого укуктуу.

Биз төмөндөгүдө түшүндүргөндөй, бул мыйзам мамлекеттик коопсуздукка каршы согуш иш аракеттерине катышкан же террорист-

тик уюмдардын мүчөсү болгон чет элдик жактарды интернирлөөгө мүмкүнчүлүк түзөт о.э. мыйзам.

Мыйзам жоболорун чечмелөө

7. Алгач биз, мыйзамсыз комбатанттардын интернирлөөсү жөнүндөгү мыйзамда жазылгандай, негизги жоболордун түшүндүрмөсүн карап чыгуубуз зарыл...

9. Жогоруда биз айтып өткөндөй, Мыйзамдын 1 – бөлүмүндө, эл аралык гуманитардык укукка ылайык, презумпцияга келгенде, анын максаты болуп, мыйзамсыз комбатанттарды көзөмөлдөөнү жөнгө салуу деп билдирет. Ошентип, эл аралык гуманитардык укуктун жоболоруна ылайык, бул Израиль мамлекетинин милдеттенмелерине шайкеш келүүсү керек. Бул конткесте өбөлгө болуп, Израиль мамлекети менен, Израилдин чегинен сыркары жактарда иш – аракет жүргүзүп жаткан террористик уюмдардын ортосундагы, эл аралык куралдуу конфликттин жашап жаткандыгы эсептелет.

Эл аралык куралдуу конфликттерди жөнгө салчуу, эл арлык укук негизинен жөө аскерлер согушунун (1907) мыйзамдары жана салттары тууралуу (4) Гаага конвенциясында (мындан ары: Гаага конвенциясы) жана ага тиркелген эрежелерде, кадимки эл аралык укукта статуска ээ жоболордо ... 1949 – жылдагы согуш учурунда граждандык калкты коргоо тууралуу 4 – Женева конвенциясында (мында жана мындан кийин: Төртүнчү Женева конвенциясы) бекитилген. Бул жоболор Израиль мамлекетинин Мыйзамынын бөлүгүн түзүп, алардын айрымдары мурда эле ушул соттор тарабынан каралган. ... 1949 – жылдын 12 – августундагы Женева конвенциясынын Кошумча протоколу, Израиль катышуучу болуп эсептелбеген, бирок, анын кадимки жоболору, так ушундай эле, Израилдин мыйзамдарынын бөлүгү болуп эсептелген, Эл аралык куралдуу конфликттерден жабырлануучуларды коргоого тиешелүү 1977 – жылдагы 1 – Протоколдордо бекитилген. (мында жана мындан ары: Биринчи Протокол). Мындан сырткары, куралдуу конфликттердин мыйзамынын кандайдыр бир актай жерлери болсо, анда аны адам укуктары тармагындагы эл аралык нормаларга таянуу менен, толтырууга болот.

Белгилей кетчүү нерсе, эл аралык укуктун кабыл алган нормалары менен шайкеш келген, уставдын жоболорун интерпретациялоонун милдеттерине келгенде, биз бүгүнкү күндө жашап жаткан эл аралык укуктун жоболору, куралдуу конфликттердин жана аларга катышкандардын формасын жана мүнөздөмөсүн алмаштырып турган, терроризм феноменинин өзгөрүлмөлүү чындыгына карата ылайыкташ-

паган фактысын четке кага албайбыз. Мына ушуга байланыштуу, биз колдо бар мыйзамдарды эл аралык гуманитардык укуктун принциптерин жана жоболорун, учурдун жаңы талаптарына жооп бере ала тургандай кылып интерпретациялоо үчүн, бардык эле мүмкүн болгон нерселерди жасообуз керек.

10. Жогоруда айтылгандарды эске алып, эми «мыйзамсыз комбатанттын» уставдык аныктамасына жана чечмелөө шарттарына мыйзамга таянып кармоого негиз бар экендигин далилдөө үчүн кайрылабыз.

«Мыйзамсыз комбатанттын» аныктамасы жана колдонуу чөйрөсү

11. «Мыйзамсыз комбатант» аныктамасын мыйзамдын 2 Бөлүмү төмөндөгүдөй аныктайт: Аныктама 2. Бул мыйзамда – «Мыйзамсыз комбатант» - Израиль мамлекетине каршы түздөн түз же кыйыр согуш иш аракеттеринде катышкан же Израиль мамлекетине каршы чыккан күчтөрдүн мүчөсү болгон адам, ошондой эле согуш туткундарына мамиле жасоо жөнүндөгү 1949 жылдын 12 августундагы үчүнчү Женева конвенциясынын 4-беренесинде жазылгандай эл аралык гуманитардык укукка ылайык согуш туткуну статусун берүү шарттарын канааттандыра албаган кишини билдирет; ....» ;

«Мыйзамсыз комбатанттардын» бул нормативдик аныктамасы, Израиль мамлекетине каршы согуштук иш-аракеттерди жүргүзүүгө катышып жаткан же мындай иш – аракеттерди жүргүзүп жаткан күчтөрдүн мүчөсү болгон, эл аралык гуманитардык укук боюнча, аскер туткундары болуп эсептелбеген тараптарга тиешелүү. Ошол себептүү, эки учур эске алынусу керек: биринчиден, 2 – бөлүмдөн Израиль мамлекетине каршы согуштук иш – аракеттерге катышуу, кимдир бирөө үчүн зарыл эмес, бирок, ал «согуш иштерин жүргүзүп жаткан күчтөрдүн», тактап айтканда, террористтик уюмдардын мүчөсү болуу жетиштүү экенин түшүнөбүз. Биз «мыйзамсыз комбатанттын» аныктамасындагы бул эки альтернативанын маанисин кийинчерээк талкуулайбыз. (төмөндөгү 21 – пункта). Экинчиден, биз жогоруда айтып өткөндөй, максаттар тууралуу жободо, мыйзам түздөн – түз эл аралык укуктун жоболоруна таянат.

Жогоруда белгиленгендей, 2–бөлүмдөгү «мыйзамсыз комбатанттын» аныктамасы, үчүнчү Женева конвенциясынын алкагында, аскер туткунунун статусун колдонбогон адамдарга карата, мыйзам жайылтылган учурдан караганда, ал эл аралык гуманитардык укукка таянат. Эл аралык гуманитардык укуктун эрежелери, эрежеге ылай-

ык, мамлекет менен анын жарандарынын ортосундагы мамилелерде колдонуу үчүн, ылайыкталган эмес. (караңыз: мисалы, Төртүнчү Женева конвенциясынын 4 – беренесинин жобосуна ылайык, «коргоого алынган граждандык жарандар» болуп, эл аралык куралдуу конфликт учурунда кармалып калган, мамлекетин гражданини болбогон, адамдар эсептелет). Мыйзамдын кайра каралып чыккан редакциясында, талаптар менен биргеликте, мыйзам чыгаруу органынын эл аралык гуманитардык укуктан шилтеме келтирүүсү, аскер туткунун статусунун жоктугу, бул мыйзам мамлекеттин коопсуздугуна каршы иш жүргүзгөн, террористтик уюмдарга таандык чет өлкөлүк жарандар үчүн гана жазылган мыйзам экендигин көрсөтөт.

Биз 2000 – жылдын 14 – июнундагы. Мыйзамдын проектисинде, анда туюнтулгандай, белгилүү бир шарттардан сырткаркы учурда, Израилдин жашоочуларына (ошондой эле аймактын жашоочуларына) карата. мыйзам колдонулбай тургандыгын камтыган жобо бар экендигин биз билген эмеспиз. Уставдын бул жобосу, мыйзамдын акыркы редакциясында чыгарылып коюлган. Ошондой болсо да, жогоруда айтылгандай, мыйзам тарабынан эл аралык гуманитардык укук жана аскер туткундары тууралуу мыйзамдан түздөн – түз шилтеме келтирилгенин эске алуу менен, биз мыйзамдын максаты жана маанисинин көз карандылыгы, ал мамлекеттин коопсуздугуна коркунуч алып келе турган, жергиликтүү конфликттин катышуучуларынын (Израилдин жашоочулары жана атуулдарынын) мамилелерин жөнгө салуу үчүн жазылган эмес деген жыйынтыкка келдик. Коопсуздукту камсыз кылууга багытталган башка укуктук чаралар да бар, биз аларга кийинчерээк токтолобуз.

Ошентип, мыйзамдын 2 – бөлүгүндөгү «мыйзамсыз комбатанттар» - бул Израиль мамлекетинин коопсуздугуна каршы иштеген террористтик уюмдарга таандык, чет өлкөлүк тарап деп айтуу менен, бул маселени кеңейтсе болот. Бул аныктама, Израиль мамлекетине каршы согуштук иш – аракеттерди кармап турган жана террористтик уюмдарга таандык, мамлекеттин коопсуздугуна каршы иш жүргүзгөн, «мыйзамсыз комбанаттар» нормативдик аныктамасынын башка шарттарына жооп берген, чет элдик мамлекеттердин жашоочуларын өз ичине камтыйт.

Бул аныктама учурда «согуштук басып алуу» катары келбеген, Газа секторунун жашоочуларын да өз кучагына алышы мүмкүн. Мына ушуга байланыштуу, белгилей кетчү нерсе, 2005 жылдын сентябрь айынан тартып, Израиль мамлекети Газа секторундагы израилдик аскер-

дик башкаруусунан кийин, Израиль мамлекети Газа секторунда, жеке жактан туруктуулукка ээ эмес, ошондой эле, коомдук тартипти жана коопсуздукту коргоо боюнча, негизги милдетинен тартып, эл аралык укук менен шайкеш келген, басып алган державаларга жүктөлүүчү милдеттерди ишке ашыруу үчүн, эч кандай мүмкүнчүлүккө ээ эмес.

Израиль мамлекетинин бийлигине Газа секторун таңуулоо, баарынан мурда, татаал жана узакка созулган аскердик операцияны талап кылат. Израиль мамлекети көзөмөлдөө үчүн, реалдуу мүмкүнчүлүктөргө ээ болбогон шартта, Газа секторунда эмне болуп жатат, эл аралык укуктун көз карашынан алып караганда, Израиль мамлекети Газа секторунун жашоочуларынын алдыда, белгилүү бир милдеттенмелери бар болгондуктан, ал жерде уникалдуу шарт өкүм сүрүп жаткандыгы үчүн гана ... [караңыз: дело № 137, Израиль, PowerCuts в Газе] Газа сектору аскердик жактан басылып алынган аймак катары каралбоосу керек. Бул учурда Газа сектору Израиль мамлекетинин каттуу жана эффективдүү көзөмөлүндө болбогондуктан, биз бул мыйзамдын максатын жана мүнөзүн эске алуу менен, мыйзамсыз комбанаттардын көзөмөлдөө мыйзамынын субъекти катары, Газа секторунун жашоочулары чет элдик катышуучулар болуп саналат деген жыйынтыкка келдик.

Ал эми Израиль мамлекетинин эффективдүү көзөмөлдөөсүндө турган аймактарга (Иудея и Самария) келе турган болсок, [...] мен, коопсуздук жагдайында кандай чаралар талап кылынса, так ошондой деңгээлде, бул жашоочуларды административдик жактан кармап туруу, мыйзамсыз комбатантарды көзөмөлдөө мыйзамына ылайык эмес, аймактарга карата колдонулган коопсуздуктун мыйзамдарына ылайык, ишке ашышы керек деген пикирди колдойм.

«Мыйзамсыз комбатанттар» аныктамасынын эл аралык укукта моюнга алынган категориялар менен шайкештиги. Арыздануучулар мыйзамдын 2 – бөлүгүндөгү «мыйзамсыз комбатанттар» тууралуу аныктама, эл аралык укук «мыйзамсыз комбантанттардын» көз карандысыз жана өзүнчө категориясынын жашоосун моюндарына албагандан кийин, ал эл аралык укуктун жоболоруна карама – каршы келет деп бекемдешкен. Алардын көз карашына ылайык, эл аралык укукта, үчүнчү жана Түртүнчү Женева конвенциясынын жоболорунда бекитилген, коргоого муктаж, «комбатанттар» жана «граждандык тараптар» деген эки гана категория бар. Алардын көз карашына ылайык, эл аралык укук бул конвенциялардын биринде да корголбогон тараптарды кучагына алган, ортодогу категория жок. Арыздануучулардын жогоруда аталып

өткөн аргументтерине келе турган болсок, Эл аралык укукта моюнга алынган, «мыйзамсыз комбатант» терминининн категорияга шайкештиги тууралуу маселе, «мыйзамсыз комбатант» термини өз алдынча категория эмес, эл аралык укукта моюнга алынаган. «граждандык тараптар» термининине сыйдырылып каралган, [Караңыз: дело № 136, Израиль, целенаправленные убийства.] Израилдик өкмөткө каршы Израилдеги кыйноолорго каршы коомдук комитетте, биздин прецедент-тик укукта каралып чыкканын белгилей кетүүбүз зарыл.

Бул жыйынтык, комбатант болуп эсептелбеген, бардык эле адамдарды өз ичине алган, «граждандык тараптар» категориясына ылайык, жөнөкөй эл аралык укуктун ыкмаларна негизделген. Ошентип, биз терс аныктамага ээ болобуз. Мына ушуга байланыштуу эки кошумча пункт каралыш керек:

Биринчиден, «мыйзамсыз комбатантар» Женева конвенциясынын расмий түшүндүрмөсүнө ылайык, эл аралык укукта «граждандык тараптар» категориясына таандыктыгын тактоо менен, куралдуу конфликт же басып алуу учурунда, карама - каршы тараптарга тиешелүү ар бир эле адам, Төртүнчү Женева конвенциясынын коргоо алдындагы граждандардын статусу же үчүнчү Женева конвенциясы тарабынан жөнгө салынган, эл аралык гуманитардык укукка ылайык, аскер туткунунун статусуна - белгилүү бир статуска ээ болууга укуктуу.

Экинчиден, бир караган көзгө, «мыйзамсыз комбатанттын» мыйзамдын 2 – бөлүгүнүн алкагындагы мыйзамдуу аныктамасы, чаралардын шайкештик айырмачылыгын эске алуу менен, Израиль өкмөтүнө каршы, Израилдеги кыйноолорго каршы коомдук комитетте талкууланган иштеги, «мыйзамсыз комбатанттардан» башка алда канча адамдардын кеңири группасына жайылат: Израиль өкмөтүнө каршы, Израилдеги кыйноолорго каршы коомдук комитетте талкууланган иштеги чечимде, «мыйзамсыз комбатантын» өлүмүн көздөөнүн мыйзамдуулугу менен бирге каралат. Эл аралык укукка ылайык, «мыйзамсыз комбатантка» кол салууга, ал согуштук иштерге түздөн – түз катышкан учурда гана уруксат берилет. Экинчи жагынан, мыйзамсыз комбатанттарды көзөмөлдөө мыйзамы, көзөмөлдөө ченемдерин талап кылат. Мыйзамга ылайык, «мыйзамсыз комбатанты» аныктоо үчүн талап кылынган бардык эле шарттар, мыйзамдын экинчи бөлүгүндө далилденген учурда, камакта кармоо максаты үчүн, «мыйзамсыз комбатант» аскер иштерине түздөн - түз катышуусу маанилүү жана ал согуштук иштерге түздөн – түз катышкан учурда, аны камакта кармоо ушул убакта болсо, анда ал манилүү эмес.

Бул мыйзамдуу аныктама эл аралык гуманитардык укуктун жоболоруна карама – каршы келбейт. Анткени биз төмөндө аныктай тургандай, Төртүнчү Женева конвенциясы, эгер кармап турган мамлекеттин коопсуздугуна коркунуч туудурса, коргоого алынган «граждандык тараптарды» да камоого уруксат берет. Ошентип, Израилдик өкмөткө каршы, Израилдеги кыйноолорго каршы маселени чечүүдөгү коомдук комитетте каралган иш тууралуу биздин шилтемебиз, ушул өңдүү маселе мындай учурда каралышы керектигин көрсөтүү үчүн колдонулган. Анын максаты болуп, «мыйзамсыз комбатант» термини, эл аралык укуктун көз карашына ылайык, мыйзамда өзүнчө категорияны түзбөйт, бирок, ал «граждандык тараптар» категориясынын ичиндеги группа болуп саналат деген ойго колдоо көрсөтүү болгон.

13. Биздин тыянагыбызга кошумчаларыбыз, эл аралык укуктун көз карашына ылайык, «мыйзамсыз комбатант» түшүнүгү, «граждандык тараптар категориясынын мүчөсү болуп саналат. Белгилей кетчү нерсе, бул сот мурда эл аралык гуманитардык укук, «мыйзамсыз комбатанттарга» күнөөсүз граждандык тараптар ээ болгон коргоону, ошондой деңгээлде бербеген учурда, аны колдогон жана ушул жагдайдан алып караганда, «мыйзамсыз комбатанттар» болуп эсептелбеген, «мыйзамсыз комбатанттар» менен «граждандардын» ортосунда жана эл аралык укуктун эрежелери менен «граждандык тараптардын» ортосунда айырмачылыктар бар... Биз төмөндө түшүндүрө тургандай, бул контексте «мыйзамсыз комбатант» Төртүнчү Женева конвенциясынын иш – аракеттерине дал келип калат, бирок, жогоруда эске салынган конвенциянын жоболоруна ылайык, алар үчүн ар түрдүү чектөөлөрдү, анын ичинде, мамлекеттин коопсуздугуна коркунуч туудуруп жаткан убакта аларды камоо сыяктуу чараларды колдонууга болот.

14. Ошентип, мыйзамсыз комбатанттарды көзөмөлдөө Мыйзамынын максаты тууралуу жобону эске алуу менен, мыйзам «мыйзамсыз комбатанттардын» статусун жөнгө салуу үчүн түзүлгөндүктөн, эл аралык укуктун нормаларына шайкеш келе тургандай, ошондой эле, Израилдик өкмөткө каршы Израилдеги кыйноолорго каршы коомдук комитеттин иши тууралуу соттун чечиминде, «мыйзамсыз комбатант» эл аралык укуктун алкагында, «граждандык тарап» категориясынын алдындагы категориясы катары көрүнөт деп айтылганына таянуу менен, арыздануучулардын сындарында айтылгандай, мыйзам эл аралык укуктун көз карашына ылайык, жаңы группаны түзө албайт.

Аскер комиссиялары, Америка Кошмо Штаттары[219]

Аскер комиссиялары биринчи жолу 2001 – жылы президент Джорж Буш тарабынан түзүлгөн. АКШнын Конгресси Рамсвелдге каршы Хамдандын иши боюнча, Жогорку соттун соттук чечимине соң, Аскер Комиссиялары Женева конвенциясынын 3 – беренесинин талаптарына жооп бере албайт деп, сот чечим чыгаргандан кийин, Конгресс 2006 – жылдагы Аскер комиссияларды кайра түзүү тууралуу Акт кабыл алган.

I. 2006 жыл Аскер Комиссиясы жөнүндө Акт[220]

2-Бөлүк. Президенттин аскер комиссияларын түзүү боюнча ыйгарым укуктары. Кошмо Штаттардын Кодексинин 3 (а) – бөлүмүнө кошумчалаган 47А – главасына ылайык, аскер комиссияларын түзүүнүн ыйгарым укугу, басылып алынган аймактарда согуш мыйзамдары менен жөнгө салынат деп жарыялангандан кийин, областарда аскер комиссияларын түзүүнү, Кошмо Штаттардын Конституциясына жана Кошмо Штаттардын мыйзамдарына ылайык, президенттин бийлигин өзгөртүү жана чектөө катары кароого болбойт.

§ 948а. Аныктамалар

Бул бапта:

(1) КАСТАШКАН МЫЙЗАМСЫЗ КОМБАТАНТ—

(А) «Касташкан мыйзамсыз комбатант» термини төмөндөгүдөй болуп аныкталат —

(i) согуш иш аракеттеринде катышкан, Кошмо Штаттарына же шериктеш мамлекеттерге каршы олуттуу согуш аракеттерин колдоонууну максат кылган, мыйзамдуу комбатант (Талибандын, Аль-Каиданын же аларга байланыштуу күчтөрдүн катарына кирген) киши;

же

(ii) 2006 жылы Аскер комиссиясы жөнүндөгү мыйзам кабыл алынганга чейин же андан кийин, Президент же Коргоо министринин кол алдында түзүлгөн Трибунал тарабынан Комбатант Статусу аныктамасы боюнча же башка компетентүү трибунал тарабынан мыйзамсыз каршылаш тараптын комбатанты деп белгиленген киши

---

[219] Hamdan v Rumsfeld, United States Supreme Court, 548 U.S. 577 (2006).

[220] United States Department of Defense, "Military Commission Act of 2006", Pub.L. No. 109-366, 120 Stat. 2600 (2006).

(B) ШЕРИКТЕШ – бул параграфта «шериктеш» термини, Америка Кошмо Штаттарына урматтоо менен бирге мамлекеттердин же аскердик күчтөрдүн кошулуусун жана Америка Кошмо Штаттары менен биргеликте жалпы душманга каршы аскер иш аракеттерине колдоо көрсөткөн мамлекет.

(2) МЫЙЗАМДУУ КАСТАШКАН КОМБАТАНТ — термини, «мыйзамдуу касташкан комбатант» төмөнкү кишини билдирет —

(A) Америка Кошмо Штатына каршы согуш аракеттерге катышкан, мамлекеттин регулярдык күчтөрүнүн мүчөсү;

(B) мындай согуштук иш – аракеттер болуп жаткан учурда, мамлекеттик тарапка таандык, жоопкерчиликти өзүнө алган, башкарунун алдында түзүлгөн ыктыярдуу корпустун ополчения мүчөлөрү же каршылык көрсөтүү кыймылынын мүчөлөрү, алыстан өздөрүн тааныткан туруктуу айырмалоочу белгини тагынып жүрөт, куралды ачык алып жүрө алат жана согуш мыйзамдарын сактайт; же

(C) согуштук иш аракеттер менен алек болгон, бирок Кошмо Штаттар тарабынан таанылбаган, өкмөткө өз берилгендигин көрсөткөн жана регулярдык куралдуу күчтөрдүн мүчөсү

(3) ЧЕТ өЛКөЛүК— «чет өлкөлүк» термини Америка Кошмо Штаттарынын жараны болбогон кишини билдирет

§ 948b. Аскер комиссиялары

(a) МАКСАТ - бул бап Кошмо Штаттарына каршы согуштук мыйзамдарды бузууда катышкан чет өлкөлүк мыйзамсыз душман комбатанттарын аскер комиссиясы тарабынан соттоо үчүн тартиптүүлүктү орнотот.

(b) УШУЛ БАПКА ЫЛАЙЫКТУУ АСКЕР КОМИССИЯЛАРЫНЫН УКУГУ – бул бапка ылайыктуу, президент аскер комиссияларын орнотууга жана аскер комиссиясынын ишмердүүлүгү үчүн укукка ээ.

(C) 3-ЖАЛПЫ БЕРЕНЕГЕ ЫЛАЙЫК КОМИССИЯЛАРДЫН СТАТУСУ – Женева Конвенцияларынан алынган жалпы 3- беренесинин максатында айтылгандай, бул бапка ылайык түзүлгөн аскер комиссиясы «заманбап улуттар тарабынан милдеттүү деп таанылган сот кепилдиктерин» камтыган туруктуу сот болуп эсептелет.

(D) ЖЕНЕВА КОНВЕНЦИЯЛАРЫ УКУК БУЛАКТАРЫНА НЕГИЗ БОЛО АЛБАЙТ – бул бапка ылайык аскер комиссиясы тарабынан соттолуп жаткан чет өлкөлүк мыйзамсыз душмандык комбатант Женева конвенцияларын укук булактары катары колдоно албайт.

Куралдуу чыр-чатак мезгилинде жеке менчик аскер жана күзөт компанияларынын иштөөсүнө тиешелүү эл аралык укуктук милдеттемелер жана мамлекеттердин алдыңкы практикалык ыкмалары жөнүндө Монтрёнун документи[221]

Монтрё, 17 сентябр 2008

Швейцария тарабынан даярдалган Монтрён документинин расмий эмес резюмеси.

1. Азыркы учурда жеке менчик жана күзөт компаниялары (ЖМКК) көбүнчө чыр чатак болуп жаткан аймактарда жеке жактар, компаниялар жана өкмөт тарабынан колдонулат. Алар бир катар кызматтарды: аскер комплексттерди иштетүүдөн баштап элчиликтин персоналын коргоого чейин тейлөө иштерин жүргүзүү үчүн жалданышат. Акыркы жылдарда ЖМКК колдонуу практикасы кеңири жайылып, ошого байланыштуу эл аралык гуманитардык укукка жана адам укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү стандарттарга шайкеш келген юридикалык жоопкерчиликтерди түшүндүрүү иштери талап кылынган.

2. Монтрё Документи ошол муктаждыктарды канааттандыруу үчүн түзүлгөн. 2006 жылы көрсөтүлгөн Швейцария жана Эл аралык Кызыл Крест Комитетинин биргелешкен демилгесинин натыйжасы катары, ал мамлекеттердин ЖМККлардын жана алардын эл аралык укук боюнча персоналын, кандайдыр бир себептер менен куралдуу чыр чатактын аймагында ЖМККлар катышкан учурундагы аракеттеги милдеттерин чагылдырат. Ал эми экинчи бөлүмүндө 70 алдыңкы практикалык усулдарга тиешелүү жана мамлекеттер тарабынан ал милдеттемелер аткарылышы үчүн көмөк көрсөтүү үчүн иштелип чыккан комплекстүү жоболор камтылган. Бул документтин эч бир бөлүмү юридикалык жактан милдеттүү болуп эсептелбейт жана ЖМККларды конкретүү бир шарттарда колдонулуусун лигитимизациялоону өз максаты катары көрбөйт. Бул жоболор ЖМККларга же эл аралык гуманитардык укукка өзгөчө кызыктар болгон 17 мамлекеттин[222] өкмөттүк адистери тарабынан иштелип чыккан. Ошондой

---

[221] Документ Монтрёё о соответствующих международно-правовых обязательствах и передовых практических методах государств, касающихся функционирования частных военных и охранных компаний в период вооруженного конфликта", Doc. A/63/467–S/2008/636, 6 октября 2008; доступен на сайте www.un.org.

[222] Австралия, Австрия, Ангола, Афганистан, Германия, Ирак, Канада, Кытай,

эле, жарандык коомчулуктун жана ЖМКК секторунун өкүлдөрү менен кеңешмелер өткөрүлгөн.

3. Биринчи бөлүмдө контрагент-мамлекеттер, аймактык-юридикалык жана келип чыккан мамлекеттер ортосунда айырмачылыктар жүргүзүлгөн. Ошондой эле биринчи бөлүмдө, ар бир мамлекет категориясына шайкеш келген эл аралык гуманитардык укук жана адам укуктары чөйрөсүндөгү стандарттар боюнча эл аралык укуктук милдеттемелери көрсөтүлгөн. Салттык эл аралык укукка ылайык мамлекетке жекче жүрүм турумду берүү суроосу каралган. Андан сырткары, биринчи бөлүмдө «бардык башка мамлекеттердин» эл аралык укуктук милдеттемелерине шайкеш келген, ЖМКК жана алардын персоналына жана ошондой эле зардалдын милдеттемелери жөнүндөгү суроолорго тиешелүү болгон бөлүмдөр камтылган.

4. Экинчи бөлүмдө, биринчи бөлүмдөгүдөй эле, дагы да контрагент-мамлекеттер, аймактык-юридикалык жана келип чыккан мамлекеттер ортосунда айырмачылыктар жүргүзүлгөн. Ал эми алдыңкы практикалык усулдар көбүнчө мамлекеттердин заманбап турмушунан алынып бир гана ЖМККлар менен болгон байланышын чагылдырбастан куралга жана аскер кызматына тиешелүү болгон мисалдарды келтирет. Ал усулдар бири биринен айырмаланып турат, транспаренттик лицензиялык режим киргизүүдөн баштап эффективдүүрөк көзөмөлдү жана каражатты иштетүү отчетуна чейин, ал иш аракеттердин бардыгы атайын ички процедураларга жана күзөткө окутулуп даярдалган, эл аралык гуманитардык укуктарды жана адам укуктары чөйрөсүндөгү стандарттарды билип жана аларды аткарган ЖМККлар гана куралдуу чыр чатактарда кызмат көрсөтүүсү үчүн жүргүзүлгөн.

5. Монтрё документинин корутундусунда катышуучу мамлекеттер башка мамлекеттерге жана эл аралык уюмдарга бул документти колдоосу жөнүндөгү маалыматты Швейцария тышкы иштер Федералдык департаментине жиберүүсүн сунуштайт.

Сөз башы

Аталган документ Швейцария жана Эл аралык Кызыл Крест комитети менен биргеликте сунуштаган демилгенин натыйжасы болуп эсептелет. Бул документ 2006 жылдын январь жана ноябрь айларында, 2007 жылдын ноябрь айында жана 2008 жылдын апрель жана

Польша, Бириккен Улуу Британия Падышалыгы жана Тундук Ирландия, Америка Кошмо Штаттары, Сьерра-Леоне, Украина, Франция, Швейцария, Швеция жана Түштүк Африка.

сентябрь айларында уюшулган отурумдарда Афганистан, Ангола, Австралия, Австрия, Канада, Кытай, Франция, Германия, Ирак, Польша, Сьерра-Леоне, Түштүк Африка, Швеция, Швейцария, Бириккен Улуу Британия Падышалыгы жана Түндүк Ирландия, Украина жана Америка Кошмо Штатынын өкмөттүк эсперттеринин катышуусунда иштелип чыккан. Жарандык коомдун, жеке менчик аскер жана күзөт компанияларынын өкүлдөрүнүн катышуусунда кеңешмелер өткөрүлгөн. Аталган документти иштеп чыгууда катышуучулар төмөнкү принциптерге таянышкан:

1. Аныкталган, туруктуулугун жоготпогон Эл аралык укук ченемдери мамлекеттерге карата жеке менчик аскер жана күзөт компаниялары (ЖМКК) менен болгон байланыштарында жана ошондой эле куралдуу чыр чатактар учурунда ЖМККлардын иш жүргүзүүсүндө, айрыкча адам укуктары чөйрөсүндөгү эл аралык гуманитардык укук жана стандарттарында колдонулат;

2. Бул документте мамлекеттердин, ЖМККдын жана алардын персоналынын юридикалык милдеттемелери эскертилген (Биринчи бөлүм), ошондой эле куралдуу чыр чатактар мезгилинде адам укуктары чөйрөсүндөгү эл аларык гуманитардык укуктун ченемдерин жана стандарттарын сактоого көмөк көрсөтүү максатында мамлекеттерге алдыңкы тажрыйбалык ыкмалар сунушталат (Экинчи бөлүм);

3. Аталган документ юридикалык милдеттеме деп эсептелбейт жана адаттагы эл аралык укук же эл аралык келишимдер боюнча, алардын катышуучусу деп эсептелип, өкүм сүргөн мамлекеттик милдеттемеге тийбейт, айрыкча алардын Бириккен Улуттар Уюмунун Уставы боюнча милдеттемелери (айрыкча 2(4) жана 51 беренелерде);

4. Ошондуктан аталган документти эл аралык укук боюнча кандайдыр бир өкүм сүргөн милдеттемелерди чектөөчү, кемсинтүүчү жана кеңейтүүчү, ошондой эле эл аралык укукта жаңы милдеттемелерди орнотуучу же өнүктүрүүчү деп талкуулоого болбойт;

5. өкүм сүрүп жаткан милдеттемелер жана алдыңкы тажрыйбалык ыкмалар чыр чатактан кийинки жана башка ушул сыяктуу абалдарга колдонууга пайдалуу, бирок эл аралык гуманитардык укук куралдуу чыр чатактар учурунда гана колдонулат;

6. Кызматташтык, маалымат алмашуу жана ар бир мамлекеттин мүмкүнчүлүгүн эске алып мамлекеттер аралык байланыштарга жардам берүү, жогоруда айтылгандардын баары адам укуктары чөйрөсүндөгү эл аралык гуманитардык укуктарды жана стандарт-

тарды толук көлөмдө аткарылышын жана сакталышын камсыз кылуу үчүн зарыл, ошондой эле биргелешип жеке аскер жана күзөт ишканалары жана башка иш алып баруучу жактар менен имплементациялоо;

7. Аталган документ ЖМКК тейлөө кызматтарын конкретүү шарттарда колдонуусун жактоочу деп түшүндүрүлбөөсү зарыл, ошондой эле өз максаты катары юридикалык милдеттемелер жөнүндөгү эскертүүнү жана ЖМКК менен келишим түзүү чечимин кабыл алган учурларда алдыңкы тажрыйбалык ыкмаларды сунуш кылат;

8. Ошол эле учурда, эгерде аталган документ мамлекеттердин даректерине сунушталса, анда алдыңкы тажрыйбалык ыкмалар башка субъекттерге: эл аралык уюмдарга, ЖМКК менен келишим түзгөн өкмөттүк эмес уюмдарга жана компанияларга, ошондой эле ЖМКК өзүнө пайдалуу болот;

9. Учурдагы документтин максаттарын көздөй:

a) «ЖМКК – бул аскер же күзөт кызматтарын көрсөтүүчү, өздөрүнө түрдүү мүнөздөмө берүүсүнө карабастан, алар жеке менчик ишкана субъектилери болуп эсептелет. Аскер жана күзөт кызматтары куралдуу күзөттү, адамдарды жана объектилерди коргоо кызматын камтыйт, мисалы: транспорттук колоннаны, имараттарды жана башка аймактарды; аскер комплекстеринин техникалык тейлөөсүн; камалгандарды камакта алып туруу; жергиликтүү аскер кызматчыларды жана сакчыларды даярдоо жана кеңеш берүү кызматтарын аткарат.

b) «ЖМКК персоналы» — бул ЖМКК менен түзүлгөн келишим аркылуу же түздөн түз жалданып жумушка алынган кызматкерлер, башкаруучулар жана жактар

c) «Контрагент-мамлекеттер»- бул ЖМКК менен кызмат көрсөтүү үчүн түздөн түз келишим түзгөн мамлекеттер, ошону менен катар тура келген учурларда ЖМККлар арасында түзүлгөн субкелишим:

d) «Аймактык юрисдикция мамлекеттери» - бул аймагында ЖМКК өз иш аракеттерин алып барган мамлекет.

e) «Келип чыккан мамлекет» - бул улуттук таандыктыгы боюнча ЧВОК, тактап айтканда, кайсы бир жерде башка бир ЧВОК катталган же бириккен; ЧВОК бириккен мамлекет, мамлекет болуп саналбайт, анын негизги канторасы кайда жайгашса, анда ЧВОКтун негизги кеңсеси жайгашкан мамлекет, «келип чыккан мамлекет» болуп саналат.

Бул документти катышуучу мамлекеттер башка мамлекеттерге, эл аралык уюмдарга, өкмөттүк эмес уюмдарга, өздөрүнүн ишмердиги

үчүн шайкеш келет деп эсептеген, алдыңкы практикалык методдорду колдонууга сунуш кылынган, жеке менчик, аскердик жана күзөттүк компанияларга жана башка шайкеш келген аракеттеги тараптарга сунуш кылат. Катышуучу мамлекеттер башка мамлекеттерге жана эл аралык уюмдарга, Швейцариянын тышкы иштер Федеративдик департаментине, ушул документерди колдой тургандыктары тууралуу билдирүүсүн сунуш кылат. Ошондой эле, катышуучу мамлекеттер бул документи зарылчылык болгон учурда, жаңы талаптарды эске алуу менен, кайра иштеп чыгып, кайра кароого даяр экендиктерин билдирет.

Кеме кыйроосуна учураган жарадарларды, оорулууларды коргоо

Экинчи Женева конвенциясы, 1949[223]

Женева, 1949 жылдын 12 августу. Аскер өтөп жаткан жарадарлардын, оорулуулардын жана деңизде кеме кыйроого учурагандардын шарт - абалын жакшыртуу жөнүндөгү Экинчи Конвенция.

11-Берене

Колдоочу державалар бардык эле учурда өздөрү колдоп жаткан тараптын кызыкчылыктары үчүн пайдалуу деп эсептесе, анын ичинде, ушул Конвенциянын жоболорун колдонуу же түшүндүрүү боюнча, конфликтешип жаткан тараптардын ортосунда келишпестик жаралган учурда, келишпестикти жөнгө салуу максатында, өзүнүн жакшы кызматын көрсөтөт.

Мына ушул максатта колдоочу державалардын ар бири Тараптардын бириниин өтүнүчү боюнча, же өз демилгеси менен конфликтешип жаткан тараптарга жарадар болгондорго, оорулууларга, кеменин талкаланышынан жабыр тарткандарга, ошондой эле, санитардык жана диний персоналдарга, так тандалынып алынган нейтралдуу аймакта алардын өкүлдөрүнүн, анын ичинде, бийлик өкүлдөрүнүн жыйынын уюштурууну сунуш кылат. Конфликтешип жаткан тарап-

[223] Экинчи Женева конвенциясы, Аскер өтөп жаткан жарадарлардын, оорулуулардын жана дэңизде кеме кыйроого учурагандардын шарт - абалын жакшыртуу жөнүндөгү (II) Конвенция, 75 U.N.T.S. 85, 1950 жылдын 21 октябрында күчүнө кирген.

тар, ушул максаттарды ишке ашырууну шарттай турган сунуштарды берүүсү керек. Зарыл болгон учурда колдоочу мамлекет конфликтешип жаткан Тарапты, бул жыйынга катышуу үчүн чакырылган, нейтралдуу державага же Кызыл Кресттин Эл аралык комитети тарабынан ыйгарым укук берилген тарапка жактырууга көрсөтө алат.

Бап II. Кеме кыйроосуна учурагандар, жарадарлар жана оорулуулар

12 –Берене

Эгерде куралдуу күчтөрдүн өздүк курамындагы атуулдар жана төмөнкү беренеде көрсөтүлгөн жактар деңизде жүрүп кеме кыйроого учурап, жарадар болсо, же ооруп калса, анда ал жарандар толугу менен жана бардык шарттарда коргоого ээ болушат, анткени кандай кырдаал түзүлбөсүн, кандай жол менен ал жарандар кырсыкка кабылбасын, мейли учуп сууга түшсүн же ал кемеге аргасыздан келип консун, бардык учурда «кеме кыйроо» термини бардык кеме кыйроо кырсыктарына учурагандарга карата колдонулат.

Жогоруда аталган жактар, чыр чатакка катышып жаткан тарапка көз каранды болгон учурда ал тарап жынысына, расасына, улутуна, диний жана саясий ишеничтерине же башка ушул сыяктуу критерийлер менен айырмалабай (дискриминация) гумандуу мамилени камсыз кылуусу зарыл. Ал жактардын өмүрүнө кол салууга, айрыкча ур токмокко алууга, кыйноого, алардын үстүнөн түрдүү биологиялык тажрыйбаларды жүргүзүүгө, медициналык жардамсыз жана кароосуз атайын калтырууга, түрдүү оорулардын жайылышына шарт түзүп берүүсүнө катуу тыюу салынат.

Медициналык жардам көрсөтүүнүн иреттүүлүгүндө, кечиктирилбес деп мүнөздөлгөн медициналык себептер артыкчылыкка ээ.

Аялдарга бардык аялзатына тиешелүү болгон атайын урмат жана сый менен мамиле жасашат.

13-Берене

Аталган Конвенция жарадарларга, оорулууларга, деңизде кеме кыйроого учурагандарга, жана ошондой эле, төмөнкү категориялардагы жактарга карай колдонулат:

1. Чыр чатактагы таратпын Куралдуу Күчтөрүнүн өздүк курамы, жана ошондой эле Куралдуу күчтөрдүн курамына кирген ополчениенин өздүк курамы жана ыктыярдуулардын отряддары.

2. Ыктыярдуу отряддарынын өздүк курамы, чыр чатактагы жактарга таандык, уюшулган каршылык көрсөтүүчү кыймылдын өздүк курамы өз аймагында же башка аймакта, ал аймак басылып алынган учурда дагы иш алып баруучу, эгерде жогоруда аталган ополчениялар жана ыктыярдуу отряддар, ошондой эле уюшулган каршылык көрсөтүүчү кыймылдар төмөнкү шарттарга жооп берсе:

a) өзүнүн кол алдындагыларына жоопкерчиликти алган зардалы болсо,

b) алыстан даана көрүнүүчү жана аныкталган айырмалоочу белгиси болсо,

c) куралды ачык алып жүрсө,

d) жасаган иш аракеттеринде аскер мыйзамын жана салтын колдонсо

3. Туткундарды камабоочу держава жана өзүн бийликке же өкмөткө көз каранды деп эсептеген регулярдык куралдуу күчтөрдүн өздүк курамы.

4. Куралдуу күчтөрдүн катарына кирбеген, бирок куралдуу күчтөргө тиешеси бар жарандар, мисалы аскер учактардын экипажына кирген жарандык жактар, аскер корреспонденттери, камсыздоочулар, куралдуу күчтөрдү турмуш жагынан тейлөөчү кызматкерлер жана жумушчулар, ошондой эле куралдуу күчтөр тарабынан иш аракеттерди алып барууга атайын уруксат алган жарандар, өздөрү тейлеп жүрүүчү куралдуу күчтөр тарабынан атайын тиркемеде үлгүсү көрсөтүлгөн күбөлүк менен камсыз кылынуусу зарыл.

5. Эл аралык укуктун айрым жоболоруна ылайык жеңилдетилген режимге ээ болбогон чырдашкан тараптардын соода кеме мүчөлөрү, капитандар, лоцмандар жана юнгдар, жарандык авиациясынын экипажы.

6. Басылып алынбаган аймактын калкы душмандын жакындаганына байланыштуу өз ыктыяры менен куралды колуна алып, регулярдуу аскер курамын түзбөй туруп кол салып жаткан душман менен куралдуу күрөштү баштаса, ошондой эле, куралды ачык алып жүрүп жана согуш жүргүзүүнүн салт жана мыйзамын аткарса.

Пелейдин иши, Гамбургдагы Британия аскер соту[224]

Ачык деңизде чөккөн «Пелея» Грек пароходунун экипажынын өлүмүнө күнөөлүү болгон капитан – лейтенант Хайнз Эка жана төрт башка айыптууларга каршы сот иши, 1945 жылдын 17 – 20 октябрындагы аскер кылмышкерлердин иши боюнча Британия аскер соту.

2. ДОО

Айыптуулар (Kapitdnleutnant Heinz Eck, Leutnantzur See August Hoffmann, Marine Stabsarzt Walter Weisspfennig, Kapitdnleutnant (Ing) Hans Richard Lenz, Gefreiter Schwender) бирге күнөө коюлган:

«Силер 1944 жылдын 13-нөн 14 мартка караган түнү «Unterseeboat 852» кемесинин экипажы катары «Пелея» пароходун чөктүрүп жана согуш жүргүзүүнүн салт жана мыйзамдарын бузуп, шериктеш мамлекеттин жарандарын, башкача айтканда пароходдун экипажынын мүчөлөрүн атып жана граната менен жардырып өлтүргөндүгүңөр үчүн аскер кылмышын жасаган деп айыпталасыңар»...

3. Прокурор тарабынан иш козголушу

Грек кемеси «Пелея» Британия аскер транспортунун Министрлиги тарабынан жүк ташууга жалданылган кеме. Экипаж түрдүү улуттардын өкүлдөрүнөн түзүлгөн; 18 грек, 8 британиялык моряк, моряктардын бирөө Аденалык, экөө египеттик, үчөө кытайлыктар, орус, чилилик жана поляк. 1944 жылдын 13 мартында Атлантика океанынын ортосунда немис 852-чи суу астындагы кеме тарабынан, биринчи айыпталуучу Хейнц Екканын буйругу менен кеме чөктүрүлгөн. Кыязы, көптөгөн «Пелея» экипаждын мүчөлөрү сууга түшкөн соң, кеменин сыныктарына жетүүгө аракет жасашкан. Ошол учурда суу астындагы кеме, суу бетине сүзүп чыгып экипаждын мүчөсүн кеменин аты жөнүн, кайсы жерге багыт алганын жана башка ушул сыяктуу маалыматтарды сурап билген. Андан соң, суу астындагы кеме экипаж мүчөлөрүнө жана плоттогуларга карата ок ачкан; ошондой эле, граната жардырылып, анын натыйжасында үч экипаж мүчөсүнөн сыртқары: грек биринчи офицери, грек жана британ морягы, бардыгы өлтүрүлгөн жана алган жаракаттардан улам каза болушкан. Бул адамдар 25 күн суу бетинде калышкан, аларды португалиялык пароход куткарып портко жеткирген.

[224] Комиссия ООН по военным преступлениям// Правовые отчеты по делам военных преступников.- 1947.-Т.1.-С.1-21.

4. Күнөөнү далилдөө

Бардык жагын эске алганда, бешинчи айыпталуучу, капитан-лейтенант инженер Ленц ошол учурда өзүн төмөндөгүдөй алып жүргөн: (а) ал капитандын кемени чөктүрүп, изин жок кылуу ниетин билген соң, капитанга келип берилген буйрукка каршы экендигин билдирген. Бирок Екка, баары бир кемени чөктүрүп, изин жок кылуу чечимин кабыл алгандыгын айткан. Андан соң, Ленц ылдый түшүп, тирүү калгандардан жазма тил кат алып граната жардырууда жана атышууда катышкан эмес; (б) андан кийин, Ленц копүрөгө барып айыпталуучу Швендерди пулемет менен тургандыгын көрүп, анын колунан пулеметту тартып алып, өзү жалпы багытка карай атып баштаган. Ленцтин айтуусу боюнча, Швендердин кемеде аскер чини төмөн болгондуктан мындай буйрукту аткарууга укугу болгон эмес, ошондуктан бул буйрукту ал өзү ишке ашырган.

5. Коргоо схемасы

Жактоочу тарап, «Пелея» кемесинин изин жок кылуу суу астындагы кемени куткаруу үчүн оперативдүү муктаждык болгон деп билдирет. Башка айыпталуучулар көбүнчө зардалдын буйругуна токтолушат.... Зардалдын буйругун алып карасак, анда профессор Вегнердин айтуусунда, ал «эски жана кайрымдуу англис принциптерине» таянган, «Caroline» ишинде орнотулган принциптерге токтолуп, ал принциптерге ылайык Эл аралык укуктун ченемдери туруктуу болуп, элдик күчтөрдүн курамына кирген жана өз өлкөсүнүн негизинде иш алып барган аскер кызматкери жасаган кылмышына же иш аракеттерине жеке кылмышкер деп аталбайт жана жооп бербейт, анткени ал эл кызыкчылыгы болгон иш чараларды Падышылыгы үчүн аскер кызматын өтөп жатканда аткарган, жана ал жогоруда турган зардалдын буйругун жасаган, ошондой эле эгерде андай жоопкерчилик болсо, ал иштерге Падышалык жооп бериши керек деп билдирген.

6. Суу астындагы кеменин командири, айыпталуучу Хейнз Екканын далилдери

Айыпталуучу, Хейнз Екканын,... ою боюнча плот ага коркунуч жараткан, биринчиден, плоттогулар учуп бараткан учактарга кеме чөккөн аймакты так көрсөтүүсү мүмкүн эле, ал эми экинчиден, баарына белгилүү болгондой, плоттор заманбап сигнализациялар менен камсыз болушу мүмкүн эле. Кеменин сыныктарына ок ачып жаткан учурда эч бир тирүү жан көрүнгөн эмес, пулемет октorунан плот чөкпөсүн түшүнгөндөн кийин, ал граната жардырууга буйрук берген. Екка тирүү калгандар плоттон сууга секирип жиберишкен деп ойлогон...

«Тирүү калгандарды сактап калууга мүмкүнчүлүк жок эле» - деп улантат Екка. Суу астындагы кеменин бортуна тирүү калгандарды алууга мүмкүн эмес болгон, анткени мындай иш чара, Екканын буйругуна карама-каршы эле. Анын көңүлү башка экипаждын мүчөлөрүндөй эле чөгүп турду, ошондуктан ал экипаждын мүчөлөрүнө акыры ал үчүн өтө оор турган, кеменин калдыктарын жок кылуу чечимин кабыл алгандыгын билдирди. Екка немис кемеси «Хартенштайн» катышкан кырсыкка шылтоо кылган, ал кырсык жөнүндө Еккага эки офицер айткан эле. Кайык Кызыл Кресттин белгисин көрсөттү жана тирүү калгандардын бирөө тирүү калгандарга, алардын катарында аялдарга жана кайыкка кол салбоо үчүн учкуч-офицер учактарга белги берген. Учак учуп кетип, бирок биз аз убакыт өткөндөн кийин кайра учуп келип кайыкка кол салды, тирүү калгандар кайыктан түшүп калууга аргасыз болушкан, кайык жабыркады бирок кайтып келген. Екканын саякатынын баштапкы этабында айтылган ошол окуя Екканы бардык нерсеге даяр туруп, каршылаш тарапта аскер себептери адамгерчиликтен жана тирүү калгандардын жашоосунан жогору тургандыгын көрсөткөн. Ошол себептерден улам Екка аткарган иш чаралар акталды деп ойлогон...

Екканын «Хартенштайн» жөнүндөгү баяндамасы англис күбөсү, адмиралтействодо убактылуу мамлекет кызматкери болуп турган, адвокат тарабынан бекемделген. Кырсыктын натыйжасында немис суу астындагы кеменин капитаны төмөнкүдөй буйрук берген:

Чөгүп бараткан кеменин мүчөлөрүн сактап калуу үчүн эч кандай иш чаралар жана аракеттер кабыл алынбасын, алардын катарында чөгүп бараткан адамдарды суудан чыгаруу, тамак жана суу берүү. Куткаруунун өзү согуш жүргүзүүнүн жөнөкөй талаптарына жана душман тараптын кемелерин жана командаларын жок кылууда карама каршы. Капитанды жана башкы инженерлерди колго түшүрүү буйругу күчүндө калат. Эгерде кеме кыйроого учурагандардын арызы кеме үчүн чоң мааниге ээ болсо, анда кеме кыйроодон жабыркагандарды куткарууга болот. Немис шаарларын жардырууда душман аялдарды жана балдарды аябагандыгын эске алып, катуу болуу керек...»

8. Төрт башка айыпталуучуларды суракка алуу

... Айыпталуучу Вейспфеннинг буйрукка шылтоо кылган, бирок герман флотунда медицина кызматкерлердин жүрүм-туруму жөнүндө, жана медицина кызматкерлери куралды кол салуу максатында колдонуусуна тыюу салуучу жобо болгондугун айтты. Вейспфеннинг ал жобого маани берген эмес, анткени ал коменданттан буйрук алган. Женева конвенциясына каршы болгон буйрукка баш

ийбей коюу туурабы же туура эмеспи, мындай учурда эмне кылууга болотургандыгын билген жок. Бирок ал Женева Конвенциясы бар экендигин билген жана ал өзү кайсы себептер үчүн коргоого ээ болгондугун толугу менен түшүнгөн, ал дарыгер болгон, бирок комбатант эмес. Ошондой эле, тирүүлөр бар экендигин билген жана ошол конкретүү абалда ал пулеметту колдонууну кол салуу деп эсептебеген.

12. Соттун жыйынтыгы

Башында эле Сот айткандай, бул сот иши эл аралык укук тарабынан эч кандай алдын ала терс божомолдоолор менен кысымга алынбашы керек. Бул цивилизациялуу мамлекеттердин тажрыйбасынын натайжасында кылымдар бою түзүлгөн эреже болуп куралы жок душманды өлтүрүүгө тыюу салуучу согуштун фундаменталдуу абалы эле. Кемеге кол салуудан жабыркаган алсыздарды өлтүрүү бул эл аралык укук ченемдерин бузуу болуп эсептелет.

Согуш жүргүзүү эрежелерин бузган жактарды жазалоо укугу көптөгөн жылдар бою туура деп кабыл алынып келет...

Сот жактоого тиешелүү оперативдүү муктаждык боюнча мындай деп билдирди: «өзүн коргоо максатында куралсыз кишини өлтүрүүгө чырдашып жаткан тараптардын укугу барбы деген суроо көптөгөн талкуулардын предмети болду. Ооба, андай шарттар түзүлүшү ыктымал жана ал шарттарга ылайык мындай киши өлтүрүүнү жактоого болот. Бирок сот бул ишти Екканын айткандарына жана фактыларга таянып, карап чыгуусу зарыл. Ал беш саат бою сууда жүрүп, өз кемесинин ылдамдыгын пайдаланып ал жерден тезинен кетип калууну көздөбөстөн, тескерисинче, куралды колдонуп атышууну туура көргөн. Анда адвокат төмөнкү суроосу менен сотко кайрылды: алар чөгүп бараткан кеменин жана плоттун изин жок кылуу үчүн пулеметту колдонуу эффективдүү ыкма экендигин билдиби же билген жокпу. Ошол эле учурда нефтинин изи суу бетинде даана көрүнүп, абадагы учактарга жаңыдан кеме чөккөндүгүн билдирип тураары анык беле деген суроосун берди. «Эң биринчи максат кылып өз командасын коргоону көздөгөн суу астындагы кеменин капитаны, капитан Шнине айткандай, кыска мөөнөттүн ичинде болгон максималдуу ылдамдыкты колдонуп алыс аралыкка кетип калмакпы?: деген суроону берип өз сөзүн улантты.

«Екка берилген суроолорго жооп берген жок, сот алдында өзү берген буйрукка толук жоопкерчиликке алып бараарын көрсөтүп турду. Ал эми жогорудагы зардалдардын берилген буйругуна тиешелүү болгон абалды жактоо үчүн төмөнкүлөр айтылды: «Буйрукка баш ийүү жана

аткаруу милдети, мыйзамдуу болгон буйрукту аткаруу менен чектелет. Мыйзамсыз болгон чечимге баш ийбөө керек, бирок согуш жүргүзүү эрежелери согушуп жаткан мамлекеттердин бийлиги же согушуп жаткан командири тарабынан буйрук берүү менен бузулуп жаткан фактысы бул ишти аскер кылмышы катары мүнөздөөгө же кылмышкерлерге жабыркаган тараптан берилүүчү жазадан куткарбайт».

«Эч кайсы солдат же моряк кемеде же буйрукту аткарып жатканда өзү менен эл аралык укук жөнүндөгү китептерди алып жүрбөйт же эл аралык укукту жакшы билген, кайсы буйрук мыйзамдуу же мыйзамсыз экендигин айтып берчү профессор менен түздөн түз байланыша албайт. Эгерде биз карап жаткан иште эл аралык укукту кылдаттык менен карап, жардамга муктаж болгон суу үстүндөгү тирүү калгандарга ок атуу буйругу мыйзам чегинде деп айтып жана бул учурда айыпталуучулардын бирөөсүн айыптуу деп айтуубуз туура эмес болмок, бирок ошол эле учурда Екканын жана анын командасынын аткарган буйругу, жөнөкөй кишиге да мыйзамсыз экендиги так көрүнүп турат» - деп кошумчалады Сот-адвокат.

13. Чечим

Беш айыпталуучу кылмыш ишин аткарууда күнөөлүү

14. өкүм

Андан соң, жактоочу тарап айыпталуучулардын атынан өкүмдү жеңилдетүүсүн суранышкан, ошондой эле кээ бирөөлөрү күбөлөрдү аташкан, төмөнкү сунуштар жана жыйынтыктар 1945 жылдын 20 октябрында сот тарабынан чыгарылган: Еккага өлүм жазасы, атууга өкүм кылынган. Ленц өмүр бою эркинен ажыратылган, ал эми Шнейдер 15 жылга эркинен ажыратылган.

Чыгарылган өкүмдөр британия Рейна аскеринин Жогорку зардалы тарабынан 1945 жылдын 12 ноябрында бекемделген, жана Екка, Вальтер жана лейтенант Август Гофманга чыгарылган өлүм жазалары 1945 жылдын 30 ноябрында Гамбургда аткарылган.

Эл аралык Кызыл Крест Комитетинин Йемен жөнүндөгү отчету, 1967 [225].

Эл аралык Кызыл Крест Комитетинин (ЭаККК) Түндүк Йемендеги медициналык иш аракеттери. Роялисттердин көзөмөлүндө жарадарларга жана оорулуларга Йеменде медициналык жардам көрсөтүү

[225] Жылдык отчет МККК 1967, 15-17 бет.

ЭаККК бул аймакта 1967 жылы эң негизги иш аракеттери деп эсептелет...

Бирок вазийпаны аткаруу бир нече кырсыктарга байланыштуу өтө кыйынга турду. Айрыкча, Кетаф Жауфта, 1967 жылдын 5 январында абадан болгон кол салуунун натыйжасында кыштакта 120 киши каза болгон, алардын катарында аялдар жана балдар болгон.

Ошол кол салуулардын натыйжасында 31 январда ЭаККК чырдашкан тараптарга төмөнкү кайрылууну жасаган:

Акыркы учурда Йеменде жана кошуналаш аймактарда жарандык калкка каршы багытталган аба кол салуулары жана алардын ыктымалдуу газ менен уулангандыгы жөнүндө Женевадагы Эл аралык Кызыл Крест Комитети өтө тынчсыздангандыгын билдирет.

Ызаланууларга байланыштуу, ЭаККК чыр чатакта катышкан тараптардын бийлигин кандай кырдаал түзүлсө дагы жалпыга таанылган гуманитардык ченемдерди жана эл аралык укуктарды жана адептүүлүктү сактоого чакырат.

Йеменде чыр чатактын курмандыктарына эң жакшы шарттарда жардам көрсөтүү иш чараларын жүргүзүүнү улантуу үчүн ЭаККК дарыгерлери жана өкүлдөрү бардык катышуучу тараптардын колдоосунан жана түшүнүсүнөн көз каранды.

ЭАККК бул мүмкүнчүлүктү анын жардамына муктаж болгон жактардын кызыкчылыгын коргоо үчүн жана өз иш аракеттерин ишке ашыруу максатында делегаттар тарабынан жасалган эскертмелерди жалпы эреже катары кабыл алып, бекемдөө үчүн колдонот. Ошентсе да, бул байкоо жүргүзүүлөр тиешелүү сүйлөшүүлөрдүн резервдүү көчүрүүлөрү үчүн өзгөрүүсүз керектүү учурда гана колдонот.

Кийинки 12 майдагы өткөрүлгөн рейд 75 кишинин өлүмүнө себеп болгон, ЭАКККга абадан кол салуу болгон соң, ЭАККК медициналык вазийпасы өз милдетин аткаруу үчүн ал аймакка барган. 1925 жылдын Женева протоколу тарабынан тыюу салынган салгылашуу усулдарын, кандай кырдаал түзүлбөсүн колдонбоону эскертүү менен, 2 июнда ЭАККК дарыгерлери даярдаган отчет чырдашып жаткан тараптардын бйиликтерине жиберилген.

Ошол учурдан бери башка ушул сыяктуу окуя болгон эмес.

Июль айында ЖМКК бир делегаты кырсыктын курманы болгон. Лоран Вуста мырза Наджран – Гизан аба жолдорундагы дары ташуучу учакты узатып бараткан, учак авариялык конуудан катуу жабыркаган.

Ал күйүүдөн катуу жабыркап тирүү калгандардан ал өзү жалгыз болгон. 1967 жылы декабрь айында Вуста мырза кайрадан дарылоо курсун алган.

ЖМКК авто колоннасы Жауф чөлүндө бедуиндердин букмасына түшүп 26 августта бул вазийпа башка кырсыкка учураган. Жаш дарыгер доктор Фредерик де Брюс атылган октон сол колу сынып, жарадар болгон жана ал октун кесепети Фредерикти бутунан жартылай шал болуусуна алып келген.

Күзүндө Хартумедеги түзүлгөн кешилимдин натыйжасында ЖМКК жылдын аягына өз иш аракеттерин токтотууга келишишкен

Декабрь айында Сананын айланасында кайрадан салгылашуулар орун алды. Роялисттердин абалын колдоо үчүн медициналык иш чаралардын улантылуусу зарыл болду. Наджран жана Жихана трасса аралыгында бардык кыйынчылыктар менен 600 км жол жүргөн соң, ЖМКК бригадасы Жихана шаарында жайгашып калууну чечишкен, алар түнү иштеп, күндүзү жашынууга аргасыз болушкан. Жиханада жарадарлардын саны аз болот деп күткөн ЖМКК кызматкерлер тобу ал жерде отузга чукул, өтө кыйын оор абалда ташталган жарадарларды табышкан, жыйырмага жакын оор жарадарлар кыйноого дуушар болуп майып кылынган, алардын арасында көпчүлүгү аялдар жана балдар болгон.

Мындай шарттарды көрүп чыгып, ЖМКК дарыгерлеринин милдети канчалык оор экендигин түшүнүүгө болот, медициналык бригадалар кызыл крест эмблемасы менен корголуп тургандыгына карабастан 1967 жыл ичинде эки жолу жардырылып жана аларга кол салынган фактылары болгон. Башка адамдардын жашоосун сактап калуу үчүн өз өмүрүн кыюуга даяр болгон бригада мүчөлөрүнүн баатырдыгы бийик даражадагы мактоолорго татыктуу.

Кайрадан жанданган согуш аракеттеринен улам 1967 жылдын акыркы күндөрүндө ЖМКК чырдышкан тараптарды Женева конвенциясындагы негизги гуманитардык принциптерди урматтоону өтүнүшкөн.

Ооруканаларда эркектер менен аялдарга карата ар башка мамиле, Афганистан

[Бул ишке байланыштуу окуялардан кийин Афган бийлик органдары Талибандар бул иште жазылган жоболорду колдонууну токтоткон[226]]

[226] ЖМКК Жаңылыктары: Афганистан: Аялдар акырындык менен Women gradually

А. Кабулдун ооруканаларында аялдар дарылоодон четтетилген,

Перрин, Ж.-П. («Les hospitealaux de Kabul interdits aux femmes», // inLibйration.-1997)[227]

Талибан ооруган аялдарга ооруканаларда дарылануруга жана аялдарды ооруканалардан чыгарууга тыюу салат.

Биринчиден, Кабулдагы аялдарга жумушка чыгууга тыюу салынган, андан соң, аялдарга окуганга жана бир кесиптин ээси болууга тыюу салынган. Андан кийин, аялдарга эл алдына жолдошу, атасы же ага инилеринин көзөмөлүндө чыгууга уруксат берилген. Бирок бир да Кабул жашоочусу, мурун батыштын шаарындай болгон Афган борборун, бир жыл мурун көзөмөлгө алган талибдер мынчалык каттуу өзгөртүүлөрдү киргизип, аялдардын медициналык жардам алуусуна тыюу салат деп ойлогон эмес. Бирок бул ислам дини тууралуу окуган студенттер тарабынан 6 сентябрда так көрсөтүлгөн акыркы буйруктар менен берилген багыттар болчу. Азыркы учурда, бардык шаардын мамлекеттик ооруканаларында аялдарды даарылоого тыюу салынган, кээ бир өзгөчө кырдаал учурларынан сырткары – болгону теориялык жана жасалма сөз. Ошондой эле, бул ооруканаларда иштеп жаткан аялдардын жардам көрсөтүүгө укугу жок. Кабулдун Борбордук поликлиникасын көрүп келген батыш дарыгерлеринин айтуусунда, поликлиникада суу жана электр кубаттуулугу экинчи кабаттан өйдө берилбейт, лабораториясы жок жана жалпы поликлиникага жалгыз микроскоп колдонулат. Эң эле жаманы, согуштан жабыркаган жана бир жарым миллион калктуу шаарга, аялдар үчүн болгону 45 орун дарылоого берилген.

Указ чыккандан кийин, оорулуу аялдарга эмес, ооруканада дарыланып жаткан аялдар дагы ооруканадан чыгарылган, ушул нерсенин бары көптөгөн медициналык мекемелери бар шаарда болуп жаткандыгы өкүнүчтүү. Жакында жарыяланган документе Чексиз дарыгерлер (MSF) билдиргендей, ок атуучу куралдан жарадар болгон 12 аялга, 19 октябрда, чоң Вазир Акбар Хан ооруканасында дарылоодон баш тартышкан, бирок эки аял кийин поликлиникада экендиги белгилүү болгон. Ошол эле күнү Карта Се дарыканасында акыркы 15 кызматчы аял жумушунан бошотулган, жакын арада бул ооруканы өз ишмердүүлүгүн токтотушу ыктымал, анткени эркек кызматчылар

being re-admitted to Kabul Hospitals, 97/47, November 26, 1997

[227] Perrin, J._P., «Les hospitealaux de Kabul interdits aux femmes», in Liberation, October 23, 1997, original in French, unofficial transaltion.

кир жуучу милдеттерди аткарууга даяр эмес. Эң эле өкүнүчтүүсү батыштын өкмөттүк эмес уюмдарынын басымы алдында саламаттыкты сактоо министри Муллави Аббас тарабынан кабыл алынган аялдарды өзгөчө кырдаал түзүлгөн учурда гана дарыканаларда дарылоо чечими коомчулук тарабынан кеңири айыпталган.

Кабулдун төрт чоң ооруканаларынын экөөсүндө тез жардам көрсөтүүчү бөлүмдөрүндө аялдарды кабыл алуудан баш тартышкан. Октябрь айынын башында өтө оор комадагы аялды дарылабай үйүнө жөнөтүшкөн. Ал эми сентябрь айында дагы бир кургак учук оорусунун коркунучтуу түрүнө чалдыккан аял, толук дарылоо курсун албастан туруп, оорусу башка үй-бүлө мүчөлөрүнө коркунуч жаратуусуна карабастан үйүнө жөнөтүлгөн. Жакында, чоң ооруканалардын биринде иштеген дарыгер 80% күйүп жабыркаган аялга өзүнүн жардам көрсөтө албагандыгын билдирди, анткени ал аялды дарылоо үчүн кийимин чечүүгө туура келмек.

Кабул шаарында жайгашкан өкмөттүк эмес уюмдар министрликтен берилген буюртмалардын зордук зомбулук менен колдонулушуна көптөн көп «нааразы». 27-сентябрда Саламаттыкты сактоо министрлиги бардык жеке менчик стационардык бөлүмдөрү бар клиникаларды жабуу жөнүндө чечим чыгарган, ал эми эки күн өткөн соң, талиб кыймылынын мүчөлөрү клиникалардын бирине кирип келип, төрөп жаткан аялдардын экөөсүн ачууланып ыргытып салышкан. «Биз Саламаттык сактоо системасынын толук кыйроосуна күбө болуп жатабыз, ушул учурга чейин саламаттык сактоо системасы билим берүү системасына салыштырмалуу кыйроого учураган эмес эле. Бүгүнкү күнү, медициналык жардамга муктаж болгон аялдар талибдердин тыюу салууларынан улам дарыланбай үйлөрүндө каза болуп жаткандыгын эл билүүсү керек. Эң алгачкысы, аялдар көчөгө чыгуудан коркушат. Ал эми эрктүү болуп коркпостон көчөгө чыгууну туура деп эсептеген учурда, убакыт өтүп, көбүнчө дарылануу үчүн өтө кеч кайрылып жатышат. Балдардын абалы дал ошондой» деп билдирет Кабулдагы чекчиз даарыгерлер вазийпасынын координатору Пьер Слигнон. [...]

Аскердик-диний талиб тартиби медициналык тейлөөдө талибдер коргогон, идеалдуу ислам коомчулугуна шайкеш келген системаны орнотууга аракеттенет; ал системада аялдар жана эркектер бири-биринен бөлөк жашашат, көптөгөн учурда аялдар камакта жашашат. Бул абалдын эң укмуштуу аспектиси, апартеид саясатынын Дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюму (ВОЗ) тарабынан каржылануусунда жана

демилгеленишинде. Кабулдагы аялдардын дарылануудан ажыратуу жөнүндөгү чуулгандуу буйругу Рабия Балхи ооруканасынын кайрадан ишке кирип жана ал оорукана борбор шаарда "аялдардын ооруканасына" айлангандыгын, ошондой эле бир жыл арасында ал оорукананын ачылышы болоорун MSF өз докладында белгилейт. Дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюму (ВОЗ) негизги донор болуп, бул курулуш долбоорун ишке ашырууда 64 000 АКШ доллар салымын курулуштун биринчи айларында которгон.

Коопсуздук кеңешинин 1193-резолюциясы (1998)[228]

Коопсуздук Кеңеши,

Афганистандагы кырдаалды карап чыгып,

Афганистандагы кырдаал жөнүндөгү Коопсуздук Кеңештин төрагасынын арызына жана 1996 жылдын 22 октябрындагы өзүнүн 1076 (1996) резолюциясына таянып,

ошондой эле Генералдык Ассамблеянын 52/211 резолюциясына таянып,

21) Афганистандагы чыр чатактын улантылып жаткандыгына, акыркы учурда «Талибан» кыймылынын кол салууларынын натыйжасында мамлекеттин түндүк аймактарында абал кескин өзгөрүлүшүнө, ал өзгөрүүлөр дүйнөдөгү тынчтыкка жана жалпы региондо коркунуч жаратып, көптөгөн адамдардын азаптарына, качкындардын агымына жана көптөгөн адамдардын мамлекеттен аргасыз көчүп кетүүсүнө себеп болгондугуна өзүнүн терең кам көргөндүгүн билдирген...

9. Эл аралык гуманитардык уюмдардын иш чараларына көмөк көрсөтүп жана ал уюмдардын керектүү шарттарда бардык жардамга муктаж болгондорго жардам берүүсүн камсыз кылууга басым жасоо менен бардык афган топторун, өзгөчө «Талибан» кыймылын үгүттөйт.

10. Бардык мамлекеттерди, уюмдарды, Бириккен Улуттар Уюмунун системалык программаларын, атайын мекемелерди жана башка эл аралык уюмдарды Афганистандын аймактарында ыңгайлуу шарттар түзүлгөн учурда бардык жардамга муктаж болгон жактарга кайрадан жардам көрсөтүүгө үгүттөйт.

12. Бардак чырдашкан тараптар эл аралык укук боюнча өз милдеттерин аткарууга милдеттүү, айрыкча 1949 жылдын 12 августунда-

[228] UN Doc. S/RES/1193, Август 28, 1998.

гы Женева Конвенцияларын, ошондой эле, бул конвенцияларды аткарбаган же аларды олуттуу бузууга буйрук берген жактар жеке жоопкерчилик алып барары жөнүндө кайрадан бекемдейт.

14. Кыздарды жана аялдарды дискриминациялоого жана башка адам укуктарын бузууга чекит коюп, ошондой эле эл аралык гуманитардык укукту жана эл аралык колдонулган ченемдерди жана бул чөйрөдөгү стандарттарды сактоого басым жасоо менен афган топторун чакырат....

Жарандык калкты коргоо

Төртүнчү Женева конвенциясы, 1949[229]

12-Берене

Бардык учурларда Коргоочу – державалар, корголуучу жактардын кызыктарына пайдалуу деп табылган, айрыкча чырдашып жаткан тараптардын арасында аталган Конвенциянын жоболорун чечмелеп колдонуусунан келип чыккан пикир келишпестиктерди иретине келтирүү максатында ал державалар өзүнүн жакшы кызматтарын көрсөтүшөт.

Ошол максатты көздөп, ар бир коргоочу – держава, чырдашып жаткан бир тараптын өтүнүчү менен же өз демилгеси менен чырдашып жаткан тараптардын өкүлдөрүн, айрыкча бүт милдеттеме жүктөлгөн жетекчилерин атайын нейтралдуу аймакта керектүү деңгээлде уюштурулган отурумга чакыра алат. Ал эми чырдашып жаткан тараптар алардын алдына коюлган сунуштардын аткарылуусуна жол бериши керек. Эгерде муктаждык талап кылса, анда Коргоочу-державалар нейтралдуу державага караштуу же ЭАККК тарабынан көрсөтүлгөн адамды ал отурумга катышуусун колдоо үчүн чырдашкан тараптардын алдына алып чыгат.

Бөлүм ii. Кээ бир согуш натыйжаларынан калкты коргоочу жалпы Жоболордун мүнөзү

13-Берене

Аталган бөлүмдүн Жоболору бардык чырдашкан мамлекеттердин

[229] Четвертая Женевская конвенция (IV) о защите гражданского населения во время войны, 75 U.N.T.S. 287, вступила в силу 21 октября 1950.

калкына тиешелүү айрыкча, улуту, расасы боюнча, диний же саясий ишенимдери боюнча эч кандай дискриминациясыз, согуштан келип чыккан азап тартууларын жеңилдетүүсүнө көмөк көрсөтүүлөрү зарыл.

14 – Берене

Тынчтык кезинде Келишкен Тараптар согуштук аракеттер башталгандан кийин, каршылашкан Тараптар өздөрү басып алган аймактарда, зарылдыкка жараша жарадарларды жана оорулууларды, майыптарды, кары – картаңдарды, 15 жашка чейинки балдарды, кош бойлуу аялдарды жана 7 жашка чейинки балдары бар энелерди согуштук иш – аракеттерден тосуу максатында өзүнүн жеке аймагын түзө алат.

Чыр чатактын башталышында жана улантылуусунда кызыктар болгон Тараптар атайын түзүлгөн аймактарды жана жайларды макулдашып таануу жөнүндө келишим түзсө болот. Ал максатты көздөп, тараптар аталган Конвенцияга тиркелген Келишим жоболорунун долбооруна керектүү деп эсептеген мүмкүнчүлүктөрдү эске алуу менен өзгөртүүлөрдү киргизип колдонууга болот.

Коргоочу – Державалар жана Эл аралык Кызыл Крест Комитети санитардык жана копсуздук аймактарды жана жайларды таануунга жана ал аймактарды түзүүдө жеңилдетүүлөрдү көрсөтүүгө чакырылат.

15-Берене

Ар бир чырдашкан Тарап түздөн түз, же нейтралдуу державалар аркылуу, же гуманитардуу уюмдар аркылуу согуш өтүп жаткан аймакта согуштун кесепетинен келип чыккан коркунучтардан төмөнкү жарандарды эч кандай айырмалоосуз коргоо үчүн каршылаш Тарапка нейтралдуу жайларды түзүүгө сунуш менен кайрылууга болот:

a) оорулуу жана жарадар комбатанттарды жана комбатант эместерди;

b) согуш иш аракеттеринде катышпаган жана согуш өтүп жаткан аймактарда эч кандай аскерге байланыштуу жумуштарды аткарбаган жарандык жактарды.

Чырдашкан тараптар нейтралдуу аймактын жайгашкан жерин, башчысын, камсыздоо жана көзөмөл кылуу жөнүндөгү келишимди кабыл алган соң, жазуу түрүндө Келишим түзүлүп, чырдашкан Тараптардын өкүлдөрү ал келишимге кол коюшат. Келишим ошол аймакта нейтралдуулук орнотулгандыгынын башталышын жана улантылуусун билдирип турат.

16-Берене

Жарадарлар жана оорулуулар, ошондой эле мүмкүнчүлүгү чектелген жана кош бойлуу аялдар өзгөчө коргоолор менен колдонот. Ар бир чырдашкан тарап дайынсыз жоголгондорду жана каза болгондорду издөөгө, кеме кыйроого жана башка ушул сыяктуу олуттуу коопсуздукка учураган жарандарды, ошондой эле аларды уурдап тонолуудан жана адепсиз мамиледен аскер милдеттемелерине ылайык коргоо иш чараларды жүргүзүүгө көмөк көрсөтөт.

17-Берене

Чырдашкан Тараптар басылып алынган аймактардан жарадардарды, оорулууларды, мүмкүнчүлүгү чектелген жарандарды, карыяларды, жаш балдарды, жана жаңыдан төрөгөн аялдарды алып чыгып кетүү жана ошондой эле санитардык мүлкү менен санитардык персоналды жана диний кызматкерлерди бул аймактарга киргизүү жөнүндө келишим түзүүгө аракеттенишет.

18 – Берене

Кандай гана кырдаал түзүлбөсүн, жарадарларга, оорулууларга, мүмкүнчүлүгү чектелген жарандарга жана жаңыдан төрөгөн аялдар үчүн уюшулган жарандык ооруканалар кол салуунун объектиси болуп эсептелбейт, бирок бардык учурда ал мекемелер чырдашкан тараптардын урматына жана коргоосуна ээ болушат. Чырдашкан Тараптар деп аталган мамлекеттер жарандык катары уюшулган ооруканаларды, алардын жарандык оорукана экендигин жана ал мекемелер 19–чу беренеге ылайык коргоо мүмкүнчүлүгүнөн ажырабоосун жана ооруканалардын имараттары башка максатты көздөбөгөндүгүн далилдөөчү күбөлүктөр менен камсыз кылынат.

1949 жылдын 12-августундагы, аскер өтөп жаткан жарадарлардын жана оорулуулардын абалын жакшыртуу жөнүндөгү Женева Конвенциясынын 38-чи беренесине ылайык жарандык ооруканалар мамлекеттердин уруксаты менен өзгөчө белги - эмблема менен белгиленет. Чырдашкан тараптар аскер талаптарында каралгандай эң керектүү иш чараларды жумшап жөө жүрүүчү аскер күчтөрү, аба жана сууда жүрүүчү каршылаш тараптын аскер күчтөрү жарандык ооруканаларга агрессивдүү кол салууларды болтурбоо максатында көрсөтүп туруучу өзгөчө белгилер так көрсөтүлүшү зарыл.

Согуш объектилерине жакын жайгашкандыгынан улам ооруканалар жабыркап калуу коркунучу бар, ошондуктан, мүмкүн болушунча ооруканалар андай объектилерден алыс жайгашуусу керек.

19 - Берене

Эгерде жарандык ооруканалар жалгыз гуманитардык максатты көздөбөстөн жана башка каршылаш тарапка каршы багытталган иш чаралар үчүн колдонулса анда жарандык ооруканалар коргоо укугунан четтетилет. Бирок бир нече шайкеш келген эскертмелер берилип жана эскертмеде айтылган мөөнөт ичинде эч кандай натыйжа келип чыкпаса, анда ал ооруканалар коргоо укугунан ажырайт. Оорулуу аскер кызматкерлерин же жарадарларды дарылоо фактылары, ошондой эле алардын өздүк куралын алып жүрүүсү жана куралдарын чечип алып бирок атайын органдарга тапшырылбагандыгы каршылаш тарапка багытталган иш аракеттер деп каралбайт.

20 - Берене

24) Систематикалак, айрыкча тейлөө көрсөткөн жана жарандык оорукуналарды башкарган жактар, жарадарларды, ооруп калган жарандарды дарылоого, алып келүүгө, транспортировкалоого, издөөгө жана майып болгондорду, төрөп жаткан аялдарды, алып келүүгө дайындалган персонал коргоого жана урматка татыктуу.

Басылып алынган аймактарда жана согуштук иш – аракеттер жүрүп жаткан зоналарда, жогоруда аталган персоналдар анын статусун, өздүгүн күбөлөндүргөн ээсинин сүрөтү чапталып, жооптуу бийликтин рельефтик мөөрү бар документтердин жардамы менен, ошондой эле, кызматтык милдетин аткарып жаткан учурда сол колунда тагынып жүргөн, нымдуулуктан бузулбаган, ысыкка чыдамдуу таңуу (повязка) аркылуу таанылат. Мындай таңуу 1949 – жылдын 12 – августундагы Женева конвенциясынын 38 – беренесиндеги иш жүзүндөгү аскерлердеги жарадарлардын жана оорулуулардын абалын жакшыртуу тууралуу 38 – беренесинде каралгандай, мамлекет тарабынан берилип, эмблема менен жабдылат.

Жарандык ооруканаларды башкаруу жана кызмат көрсөтүү менен, алектенген ар бир эле персонал, жогоруда белгиленгендей, колдоого алууга жана сый көрүүгө укуктуу болот, ушул беренеде жазылгандай шарттар менен шайкеш келгендей, алар өз милдеттерин аткаруу мөөнөтү бүткөнгө дейре, колдоруна таңуу тагып жүрүүгө укуктуу. Алардын өздүгүн күбөлөгөн күбөлүктөрдө, алар аткара турган милдеттерди көрсөтүү зарыл. Ар бир жарандык ооруканалардын башкаруучулары ошол учурда ооруканадагы персоналдардын тизмесин жергиликтүү жана басып алган бийлик үчүн дайыма кармап туруулары керек.

21 – Берене

Граждандык тарапка тиешелүү ооруулуларды жана жарадарларды, майыптарды жана наристелерди кургакта транспорттук колонналар жана санитардык поезддер менен ташуу же деңизде мындай ташуу үчүн берилген кайыктар (судналар), ооруканалар сыяктуу эле, 18 – беренеде көрсөтүлгөндөй, колдоого жана сыйлоого муктаж жана аларды пайдаланууcу зарыл жана транспорттук каражаттар мамлекеттин макулдугу менен, иш жүзүндөгү аскерлердеги жарадарлар менен оорулуулардын абалын жакшыртуу тууралуу, 1949 – жылдын 12 - августундагы Женева конвенциясынын 38 – беренесинде каралгандай, айырмалоочу эмблемалар менен белгиленүүсү керек.

22 – Берене

Берене Жарадарларды жана оорулууларды, майыптарды жана наристелерди же санитардык персоналдарды жана мүлктөрдү ташуу үчүн гана колдонулган, учуучу аппараттар кол салууга кабылбоосу зарыл, бирок, эгерде алар конфликтешип жаткан кызыкдар Тараптардын ортосундагы макулдашууларда атайын каралган бийиктикте, өз убагында маршурут боюнча учкан убакта гана сыйлоого жана колдоого ээ болуусу зарыл. Алар иш жүзүндөгү аскерлердеги жарадарлар менен оорулуулардын абалын жакшыртуу тууралуу, 1949 – жылдын 12 - августундагы Женева конвенциясынын 38 – беренесинде каралгандай, айырмалоочу эмблемалар менен белгиленүүсү керек. Макулдашууда көрсөтүлгөн учурдан башка учурдарда каршылаш тараптын же алар басып алган аймактын үстүнөн учууга тыюу салынат. Мындай учуучу апараттар атуу тууралуу ар кандай эле талаптарга баш ийүүсү керек. Учуучу аппарат талап боюнча өз жүргүнчүлөрү менен жерге конгон учурда, эгер зарылдык болсо, аны текшерип чыккандан соң, өз учуусун андан ары уланта берсе болот.

23 - Берене

Ар бир Макулдашкан Тарап, каршылашкан Тарап болгон күндө да, башка Макулдашкан Тараптын граждандык калкына арналган, медициналык жана санитардык материалдар, ошондой эле, диний сыйынуу үчүн зарыл болгон предметтер салынган бардык эле баштыкчаларды (посылок) өткөрүүнү камсыз кылуулары керек. Ал ошондой эле, 15 жашка чейинки балдарга, кош бойлуу аялдарга, наристелерге арналган кубат берүүчү каражаттар, кие турган нерселер, тамак – аш салынган баштыкчаларды эркин өткөөзүү үчүн уруксат берет.

Макулдашкан Тараптардын милдеттенмелери жогорку абзацта көрсөтүлгөн бардык эле баштыкчалардын коопту себеп жоктугуна көзү жеткенден кийин гана эркин өткөзгөнгө уруксат берет:

а) жиберилген посылка, өз белгиленген жерине жеткизилбей калышы мүмкүн же

b) көзөмөл, эффективдүү эмес болушу мүмкүн же

c) алар белгилүү бир деңгээлде товарларды алып кирүү менен, каршылашынын согуштук бекемдөөлөрүнүн же экономикасынын ийгилигин шарттайт, башка учурда каршылаш жак ошол товарларды өндүрүү үчүн зарыл болгон материалдар жана жумушчу күчү, чийки заттар менен камсыз кылууну жана өндүрүүнү өздөрү жасамак.

Ушул берененин биринчи абзацында көрсөтүлгөндөй, баштыкчаларды өткөрүүгө уруксат берген держава, ушундай уруксат берүү үчүн, алуучуларга таратуу, колдоочу державалардын жергиликтүү көзөмөлүнүн алдында жүргүзүлсүн деп шарт коё алат. Мындай баштыкчаларды каттоо, канчалык эрте болсо, ошончолук тез жүргүзүлүүсү керек жана ага эркин өткөөл бергендер бул маселе чечиле тургандай техникалык шарттарды түзүүгө укуктуу болуусу зарыл.

24 - Берене

Чырдашкан тараптар бардык мүмкүнчүлүктөрүн колдонуп чыр чатактын натыйжасында жетим калган же үй-бүлөсүнөн ажыраган, жашы 15 толо элек балдарды өзүнчө калышына жол бербөө максатында, ар кандай шарттарда ал балдарды багууда, тарбиясын же диний милдеттемеринин аткарылышын жеңилдетүү үчүн иш чараларды колдонушу керек. Эгерде мындай мүмкүнчүлүк түзүлсө, анда ал балдардын тарбиясы, балдардын диний жана маданий баалуулуктары менен бирдей болгон кишилерге ыйгарылат.

Мындай учурда, коргоочу – державалардын макулдугу менен (эгерде коргоочу-держава болсо) чырдашып жаткан тараптар чыр чатак мезгилинде, ал балдарды нейтралдуу жакта кабыл алынуусуна, көмөк көрсөтөт, бирок нейрталдуу тараптан ал балдарга карата бардык биринчи абзацта көрсөтүлгөн принциптерди аткаруу кепилдиги болушу зарыл. Андан сырткары, чырдашкан тараптар жашы 12ге толо элек бардык балдардын аты-жөнүн тактоо үчүн болгон мүмкүнчүлүктөрүн жумшап, алардын атын медальонго же башка билдирүүчү ыкмалар менен көрсөтүүгө аракеттенишет.

25 - Берене

Ар бир атуул кайсы жерде болбосун, чыр чатак болуп жаткан аймактан же басылып алынган аймактан өзү жөнүндө үй-бүлөсүнө билдирип, үй-бүлөсү жайгашкан жерине карабастан алардан үй-бүлөлүк деп мүнөздөлгөн кат алып туруусу мүмкүн. Бул кат алмашуулар тез арада жана үзгүлтүксүз болуусу зарыл.

Эгерде түзүлүп калган шарттан улам, үй – бүлөлүк кат алмашуу жөнөкөй почта аркылуу татаал жана мүмкүн эмес болуп калган учурда, конфликтешип жаткан кызыкдар Тараптар нейтралдуу ортомчуга кайрылат, Мисалы, 140 – беренеде каралгандай, алар менен бирдикте канткенде, кандай шартта алар өз милдеттерин жакшы аткара аларын аныктоо үчүн, Кызыл Кресттин (Кызыл Жарым Айдын, Кызыл Арстан Жана Күндүн) улуттук коомунун жардамы менен Борбордук агенттикке кайрылат.

Эгерде чырдашып жаткан тараптар үй-бүлөлүк кат алышууларды чектөөнү туура деп тапса, анда ал кат алышуудагы чектөөлөр милдеттүү түрдө стандарттык 25 сөздөн турган текстти жазууга болгон бланкаларды колдонуп жана ал кат алышуулардын мөөнөтүн бир ай аралыкка чектөө киргизүүлөрү мүмкүн.

26 - Берене

Чырдашкан ар бир тарап согуштун натыйжасында ажырап калган үй-бүлө мүчөлөрү бири-бири менен байланыш түзүүдөгү издөөлөрүнө мүмкүн болушунча ал үй-бүлөлөрдүн кайра биригүүсүнө жардам көрсөтөт. Айрыкча, чырдашкан ар бир тарап үй-бүлөлөрдүн кайра биригүүсүнө иштеп жаткан жана ал мамлекет тарабынан кабыл алынган коопсуздук иш чараларына баш ийген жана ал мамлекеттердин карамагында болгон уюмдарды колдоосу зарыл.

Бөлүм iii. Коргоого алынган жактардын статусу жана аларга көрсөтүлүүчү мамилелер бөлүмү, чырдшып жаткан тараптардын жалпы аймактары үчүн жана басылып алынган аймактар үчүн.

27 - Берене

Бардык шарттарда коргоого алынган жактар үй-бүлөлүк укуктарынына, абийирине, диний көз караштарына, салттарына, көнүмүш жана үрп адаттарына урмат жана сый көрсөтүлүүсүнө укуктуу. Аларга ар дайым гумандуу мамиле жасалып, алар, айрыкча, ар кандай зордук зомбулук актысынан, коркутуудан, кемсинтүүдөн жана көпчүлүктүн кызыгуусунан коргоого алынат. Аялдарда зордук зомбулуктан, сойку-

лука мажбурлоодон жана башка ар кандай ушул сыяктуу абийирине кол салуучу кордуктардан коргоо көрсөтүлөт.

Бийлиги коргоого алынган жактардан турган чыр чатактагы тарап ден-соолукка, жашына жана жынысына байланыштуу абалды эске алып, эч кандай дискриминациясыз, айрыкча саясий ишеничтерге, диний көз караштарга жана расалык себептерге көңүл бурбай бардыгына бирдей мамиле жасоого тийиш.

Бирок чырдашкан тараптар ал жактарга тиешелүү жана согуштун натыйжасынан керектүү деп табылган көзөмөлдөө же коопсуздукту камсыз кылуу иш чараларын колдонуусу мүмкүн.

Женева конвенцияларына карата биринчи Кошумча протокол, 1977[230]

Эл аралык куралдуу чыр чатактардын курманы болгон жарандарга тиешелүү болгон, 1949-жылдын 12-августундагы Женева Конвенциясына кошумча протокол (Протокол I). Женева, 8 июнь 1977 жыл.

I - Бөлүм. Жалпы беренелер

1 - Берене. Жалпы принциптер жана колдонуу чөйрөсү

1. Жогорку Келишимдеги тараптар кандай кырдаал түзүлсө дагы аталган Протоколду аткарууга жана аткарылуусун камсыз кылууга милдеттүү.

2. Аталган протоколдо же башка эл аралык келишимдерде каралбаган учурларда жарандык жактар жана комбатанттар, гумандуулук принциптерден, коомдук аң сезимдин талабынан жана адатка айланган салттардан келип чыккан эл аралык укук принциптеринин аракети жана коргоо астында болот.

4. Чыр чатактагы тараптар жардамдын жеткирилүүсүн камсыз кылат жана жардамдын тез арада бөлүнүп берилишине көмөк көрсөтөт.

5. Чырдашкан тараптар жана ар бир кызыкдар болгон Жогорку Келишимдеги тараптар 1-пунктта эскертилген эл аралык жардам көрсөтүү иш аракеттерин эффективдүү координациясын колдоп жана ал иштерге көмөк көрсөтөт.

71 - Берене. Жардам көрсөтүү иш чараларда катышуучу персонал

[230] 1949 жылдын 12 августундагы Женева Конвенциясына Кошумча протокол, Эл аралык куралдуу чыр чатактардын курмандарны тиешелүү протокол (Протокол I), 1125 U.N.T.S. 3, 1978 жылдын 7 декабрында күчүнө кирген.

1. Жардам берүү операцияларын жүргүзүү үчүн персоналдарды бөлүштүрүү учурунда, айрыкча жардамды жеткирүү жана бөлүштүрүүдө ал персоналга жардамды кабыл алуучу тараптын макулдугу берилиши шарт.
2. Мындай персонал урматтоо жана коргоого татыктуу.
3. Жардам алып туруучу ар бир тарап, мүмкүн болушунча максималдуу даражада 1-пунктта эскертилген персоналга жардам көрсөтүү вазийпасын аткаруусуна көмөк көрсөтөт. Ал персоналдын иш аракеттери, согуш муктаждыгы талап кылган учурда гана убактылуу токтотулушу мүмкүн.

4. Кандай гана шарттар түзүлбөсүн, аталган Протоколго ылайык жардам көрсөтүү операцияларына катышкан персонал өз вазийпасын аткарууда чектөөлөрдөн чыгып кетпөөсү керек. Айрыкча персонал өз вазийпасын аткарып жатканда ал жайгашкан аймактын бардык коопсуздук талаптарын эске алуусу зарыл. Ал эми аталган персоналдын катарына кирген, бирок талаптарды аткарбаган ар бир жарандын иш аракеттери токтотулушу мүмкүн.

Болүм iii. Чырдашкан тараптын бийлигиндеги жактарга мамиле жасоо.

Бап i. Колдонуу чөйрөсү жана жарандар менен обүктилерди коргоо

72 - Берене. Колдонуу чөйрөсү

Бул бөлүмдө чыр чатакка катышуучу тараптын бийлигиндеги жарандык жактарга жана жарандык объектилерге гуманитардык коргоого тиешелүү болгон ченемге кошумча болуп эсептелет. Ал ченемдер Төртүнчү Конвенцияда, айрыкча анын I и III бөлүмдөрүндө камтылып, ошондой эле эл аралык чыр чатактар учурунда негизги адам укуктарын коргоодо колдонулат.

73 - Берене. Качкындар жана апатриддер

Согуш иш аракеттерине чейин кызыктар болгон тараптар кабыл алган атайын эл аралык актыларга же коргоону камсыз кылган мамлекеттин улуттук мыйзам чыгаруусуна ылайык апатрид же качкын болуп эсептелген жарандар Төртүнчү Конвенциянын I жана III бөлүмдөрүнүн коргоосун, кандай гана шарт болбосун колдонуучу жактар деп саналат.

74 – Берене. Ажыраган үй-бүлөлөрдү кайра бириктирүү

Жогорку Келишимдеги тараптар жана чырдашкан тараптар куралдуу чыр чатактардын натыйжасында ажырап кеткен үй-бүлөлөрдү кайра бириктирүүгө болгон мүмкүнчүлүктөрүн жумшап, айрыкча, Конвенциянын жоболоруна, аталган Протоколго жана алардын коопсуздук эрежелерине ылайык мындай жумушту аткарып жаткан гуманитардык уюмдардын иш аракеттерин колдошот.

75 – Берене. Негизги кепилдиктер

1. Аталган протоколдун биринчи беренесинде белгиленгендей, чыр чатакка катышуучу жана Конвенцияга ылайык жагымдуу мамилеге ээ болбогон бийликтеги жактарга ар кандай шарттарда гумандуу мамиле жасалууга тийиш, жана алар бул беренеде каралгандай минималдуу коргоолорго ээ. Аларга кандайдыр бир; расалык, жыныстык, диний жана саясий ишенимдерге, социалдык же улуттук келип чыгууларга, мүлктүк абалга, же ушул сыяктуу башка критерийлерге негизделген жагымсыз айырмалоолор колдонулбоосу керек. Ар бир тарап мындай жактардын атуулдугуна, абийирине, ишеничине, диний көз карашына сыйлоо менен мамиле жасоосу керек.

2. Кайсы жерде, кандай учурда болбосун, жарандык же аскер органдары тарабынан жасалышына карабастан төмөнкү иш аракеттерди ар дайым жасоого тыюу салынат:

a) адамдын ден-соолугуна жана физикалык же психикалык абалына зордук зомбулук көрсөтүү, айрыкча:

i) киши өлтүрүү;

ii) физикалык же психикалык кыйноонун бардык түрлөрү;

iii) денеге залал келтирүү жолу менен жазалоо; жана

iv) майып кылуу;

b) адамдык ариетине кол салуу, айрыкча шылдыңдоо жана кордук көрсөтүү мамилеси, ар кандай формадагы адепсиздикке же сойкулука мажбурлоо;

c) барымтага алуу;

d) коллективдүү жазалоо; жана

e) жогоруда көрсөтүлгөн иштерди аткаруу коркунучу.

3. Куралдуу чыр чатактарга катыштыгы бар деп камакка алынган, кармалган же интерирлөөгө кабылган ар бир жак өзүнө түшүнүктүү болгон тилде кабыл алынып жаткан иш чаралардын себеби жөнүндө

тез аранын ичинде маалымат алуусу зарыл. Кылмыш ишин жасагандыгы үчүн камакка алынган же кармалган учурлардан сырткары, бардык жогоруда аталган жактар кыска мөөнөт ичинде, ошол эле учурда камакка алуу, кармоо жана интернирлөөнү жактоочу шарттардын мөөнөтү аяктаган соң бошотулушу зарыл.

4. Куралдуу чыр чатактарга байланыштуу себептер менен айыптуу деп табылган жакка эч кандай өкүм чыгарылып жана жазага тартылуусу мүмкүн эмес, бирок калыс жана жалпы сот принциптерин сактаган негизги – уюштурулган сот акыркы чечимди кабыл алып жана төмөнкүлөрдү камтыйт:

а) ишти алып баруу тартиби айыпталуучуга коюлуп жаткан мыйзам бузуулар жөнүндөгү толук маалыматты кечиктирбестен алуусу жана айыпталуучуга сотко чейинки жана сот өтүп жаткан учурдагы бардык укуктарды жана коргоо каражаттарын карап чыгуусу зарыл;

b) Кылмыш жазасын өз мойнуна алмайын эч бир кылмышкер айыптуу деп эсептелбейт;

c) Бир да жаран улуттук мыйзам чыгаруу же эл аралык укуктун ченемдеринин негизинде кылмыштуу деп табылбаса, анда укук бузуу кылмышын жасагандыгы үчүн айыпталып же сот жазасына тартылбайт. Бул кылмыш жасалган учурда кылмышкерге сот тарабынан берилген жазадан артык оор жаза берилбейт, эгерде укук бузуу кылмышына мыйзам тарабынан жаза жеңилдетилсе, анда бул мыйзамдын иш аракеттери аталган укук бузуучуга дагы тиешелүү болуп, ал кылмышкердин жазасы жеңилдетилет.

d) кылмыш жасагандыгы үчүн айыптуу деп табылган ар бир адам, мыйзам тарабынан анын күнөөсү далил болгон учурга чейин күнөөсүз болуп эсептелет;

e) кылмыш жасагандыгы үчүн айыптуу деп табылган ар бир адам, өзүнүн катышуусунда соттун кароосуна укуктуу;

f) эч бир адам өзүнө каршы болгон көрсөтүүлөрдү берүүгө же мажбурлоо жолу менен күнөөсүн моюнга алууга болбойт;

g) кылмыш жасагандыгы үчүн айыптуу деп табылган ар бир жаран, ал жаранга каршы көрсөтмөлөрдү берип жаткан күбөлөрдү суракка алууга же жактоочу күбөлөрдү каршы күбөлөрдүн шартында сурак алууга, чакырууга укуктуу;

h) эч бир жаран жасалган кылмышы үчүн айыпталып же кайрадан куугунтукка алынбайт, эгерде ал жаранга буга чейин бир тараптын мыйзамына жана сот процедураларына ылайык соттун жыйынтыктоочу, ал жаранды жактоочу же айыптоо деген өкүмү чыгарылса;

i) сот тартибине ылайык жасаган кылмышы үчүн куугунтукка алынган ар бир адамдын сот өкүмүнүн эл алдында жарыялануусуна укугу бар; жана

j) сот өкүм чыгарып жаткан учурда, соттолуп жаткан адам сот тартибине же башка тартиптерге ылайык сот өкүмүн кайра карап чыгуусун сурануунга жана ошондой эле кайсы убакытта укугун колдонууга болоору жөнүндө маалымат алуусу зарыл.

5. Чыр чатактарга байланыштуу себептер менен өз эркинен ажыраган аялдар, эркектер жайгашкан жайлардан бөлөк башка жайларда жайгаштырылат. Алар, ошондой эле аялдардын көзөмөлүндө болушат. Бирок кандайдыр бир шарттарга байланыштуу толук бир үй-бүлө кармалып же интернирлөөгө кабылса, анда ал үй-бүлө мүмкүн болушунча бир жерде жана бир үй-бүлө катары жайгаштырылат.

6. Куралдуу чыр чатактардын себебинен кармалууга, камакка алынууга, интернирлөөгө кабылган жактар аталган беренеде каралган коргоо менен куралдуу чыр чатактардын соңуна чейин, репатрияция болушуна чейин же толук бошотондукка чыкканга чейин колдонушат.

7. Согуш кылмышын жасагандыгы үчүн же адамзатка каршы жасаган кылмышы үчүн айыптуу болгон жактарга жасалуучу сот ишин же алардын артынан түшүүсүнө тиешелүү күмөн саноолордон алыс болуу үчүн төмөнкү принциптер колдонулат:

a) ушул сыяктуу кылмыштарды аткаргандыгы үчүн айыпталуучу жактар Эл аралык укуктун ченемдерине ылайык куугунтукка алынып жана сотко берилиши зарыл;

b) Конвенцияларга же аталган протоколго ылайык жагымдуу мамилеге ээ болбогон жактар, жасаган кылмышка айыптоо же айыпсыз экендигине, жана жасаган кылмышы Конвенцияга же бул Протоколго каршы экендигине карабастан аталган беренеде каралган мамилелерди колдонот.

8. Аталган берененин бир да жобосу, 1 пунктта көрсөтулгөн жактарга жана эл аралык ченемдерге ылайык кеңири коргоо көрсөтүүчү башка жагымдуу жоболорду чектөөчү же кемсинтүүчү болуп чечмеленбейт.

Бөлүм ii. Аялдарды жана балдарды коргоо боюнча иш чаралар

76 - Берене. Аялдарды коргоо

1. Аялдар өзгөчө сый урматка ээ болушат, айрыкча зордуктоодон, сойкулука мажбурлоодон жана башка адепсиз кол салуу түрлөрүнөн коргоо менен камсыздандырылат.

2. Эгерде куралдуу чыр чатактардын себебине ылайык кош бойлуу аялдар же балакатка жашы жетпеген балдардын энеси, ошондой эле балдары энесинен көз каранды болгон учурда колго түшүрүлгөн аялдардын сот иштери биринчи иреетте каралат.

3. Чырдашкан тараптар куралдуу чыр чатактардын себебине ылайык, кош бойлуу аялдардын же балакатка жашы жетпеген балдардын энеси, ошондой эле балдары энесинен көз каранды болгон аялдардын аткарылган кылмышына өлүм жазасын бербөөдөн болгон мүмкүнчүлүктөрүн колдонушу зарыл. Мындай кылмыш аткаргандыгы үчүн өлүм жазасы жогоруда көрсөтүлгөн аялдарга колдонулбайт.

77-Берене. Балдарды коргоо боюнча иш чаралар

1. Балдар ар кандай адепсиз кол салуулардан корголуп жана сый урмат менен камсыздандырылат. Чырдашкан тараптар балдардын жашы талап кылчу жана башка себептерге байланыштуу жардам жана коргоо менен камсыз кылат.

2. Чырдашкан тараптар болгон тажрыйбалык иш чараларды колдонуп, жашы он бешке толо элек балдарды түздөн түз куралдуу чыр чатактарга катыштыруудан, айрыкча чырдашкан тараптар жаш балдарды куралдуу күчтөрүнө киргизүүдөн өздөрүн токтотуусу зарыл. Жашы он сегизге толо элек он беш жаштагы балдарды өз ыктыяры менен куралдуу күчтөрүнүн катарына алууда, чырдашкан тараптар жашы улуурак балдарга артыкчылык берүүсү зарыл.

3. Эгерде, жоболордун 2-пунктуна каршы, айрым учурларда он бешке жашы жете элек балдар согуш иш аракеттеринде түздөн түз катышып жана каршылаш тараптын колуна түшсө, анда алар аталган беренеге ылайык аскер туткуну болгонуна же болбогонуна карабастан өзгөчө коргоого ээ болушат.

4. Куралдуу чыр чатактардын себептерине байланыштуу кармалган же интернирленген балдар чоңдордон бөлөк жайларда жайгаштырылат, 75-берененин 5-пунктунда каралгандай учурларда гана ал балдар үй-бүлөсү менен жайгаштырылышы мүмкүн.

5. Он сегиз жашка толо элек мезгилде куралдуу чыр чатактар учурунда жасалган мыйзам бузуулар үчүн, мыйзамды бузган жаранга карата өлүм жазасы колдонулбайт.

Берене 78. Балдарды алып чыгып кетүү

1. Чыр чатакка катышуучу бир да тарап балдарды эвакуациялоо үчүн иш чараларды колдонбойт, бирок балдардын же жарандардын ден-соолугуна же дарылоосуна байланыштуу, ошондой эле эгерде алар басылып алынган кооптуу аймактарда жайгашкан учурларда чет-өлкөгө убактылуу эвакуацияланышы мүмкүн. Эгерде балдардын ата-энеси же мыйзамдуу кам көрүүчү (опекун) табылса, анда алар балдарды эвакуациялоого жазуу түрүндө макулдугун берүүсү керек. Бирок эгерде андай адамдар табылбаса, анда ал балдар үчүн жоопкерчиликтүү жактардан жазуу түрүндөгү макулдугу керек. Ар бир ушул сыяктуу балдардын эвакуацияланышы Коргоочу – державалардын көзөмөлүндө өткөрүлүп, башкача айтканда, балдарды кабыл алуучу, эвакуациялоочу жана кызыктар болгон үчүнчү катышуучу тараптардын ортосунда келишим түзүлүшү керек. Ар бир учурда чырдашып жаткан тараптар эвакуацияга коркунуч жаратпоо үчүн бүт практикалык алдын алуу иш чараларын колдонот.

Глава iii. Журналисттер

Берене 79. Журналисттерди коргоо боюнча иш чаралары

1. Чыр чатак болуп жаткан аймактарда кооптуу профессионалдуу командировкада жүргөн журналисттер 50-чү берененин, 1-пунктуна ылайык жарандык жак катары каралат.

2. үчүнчү конвенциянын 4 (A.4) беренесинде каралгандай куралдуу чыр чатактардагы аскер кабарчынын статусуна эч кандай зыянын тийгизбесе, жарандык жактардын статусуна шайкеш келбеген эч кандай иш аракеттерди аткарбаса, анда алар Конвенцияларга жана бул Протоколго ылайык жарандык жактарга берилчү коргоолор менен колдонушат.

3. Бул протоколдун II тиркемесиндеги үлгүдө көрсөтүлгөндөй журналисттердин өздүгүн күбөлөндүргөн күбөлүктөрдү алуулары мүмкүн. Ал күбөлүктөр ал журналисттин жашап жаткан же жараны болгон мамлекетинин өкмөтү тарабынан, же ал журналист иштеп жаткан маалыматтык агенство жайгашкан мамлекет тарабынан берилет жана ал күбөлүк журналисттин статусун көрсөтүп турат.

Куралдуу чыр-чатактарда жарандык тараптарды коргоо жана эл аралык жардам көрсөөтүүчү уюмдар жөнүндө БУУнун Башкы катчысынын доклады.[231]

I. Коргоо маданиятына [...]

2. [...] Азыркы учурда дагы согуш жүргүзүүдө адатка айланган төмөнкү иш аракеттерди байкоого болот, алар; өспүрүм - аскерлерди кызыктыруу жолу менен колдонуу, ок атуучу куралды таратуу, жер үстүндөгү миналарды тандоосуз колдонуу, этникалык тазалоо жана мажбурлоо жолу менен элдерди көчүрүү, максаттуу иш аракеттер аркылуу балдарга жана аялдарга каршы чыгуу, ошондой эле жөнөкөй адам укуктарын аткарбоо, жасалган кылмыштарды жазасыз калтыруу. Бүгүнкү учурдагы чыр чатактардын дагы бир уяттуу мүнөзү болуп жергиликтүү жана эл аралык персоналдардын өмүрүнө коркунуч жаратуунун өсүшү эсептелет.

3. Ошондуктан бул теманын жалпы мазмуну түшүнүктүү: ички куралдуу чыр чатактардын жайылтылуусунан улам жарандык жактар негизги курмандыктары болуп калышат. Акыркы он жыл ичинде жарандык жактардын согуш курмандыктары деп эсептелген саны болжол менен 75% же айрым учурларда андан дагы көп болушу ыктымал. Аныктын экендигин эч ким билбегендигине байланыштуу, мен аны «кабыл алынды» дейм. Жардам көрсөтүү менен алектенген мекемелер, өз ресурстарын туура багытта колдонушат, алар каза болгондордун санын тактоого жумшабастан, тирүү калгандарга жардам беришет. Аскер курамдары өз жоготууларын такташат, бирок эч бир мекеме каза болгон жарандардын санын тактоо үчүн иликтөө жүргүзбөйт. Бүгүнкү катаал чыр чатактардын курмандыктары жөн гана дайынсыз болбостон – алардын эсеби жок. Кандайдыр бир деңгээлде бул нерсени чыр чатактардын мүнөзүнүн өзгөрүүсү менен түшүндүрүүгө болот. Регулярдуу аскерлердин катышуусу менен жүргүзулгөн мамлекеттер аралык согуштун азайуусу, иррегулярдык күчтөрдүн жардамы менен жүргүзүлгөн мамлекеттин ички согушунун көбөйүүсүнө байланыштуу. Бул белгилүү этникалык жана диний көз караштагы чыр чатактарга мүнөздүү жана ал чыр чатактардан жабыркаган жарандык жактар жаңы иррегулярдуу күчтөрдүн кокустук курмандыктары болбостон, ал күчтөрдүн негизги максаты болуп эсептелет.

[231] ООН, S/2001/331, 30 марта 2001, данный отчет, так же как и другие доступны на www.un.org.

4. 2000 – жылдын сентябрындагы Бириккен Улуттар Уюмунун миң жылдык Декларациясындагы бардык мамлекет – мүчөлөрү (Генералдык Ассамблеянын 55/2 резолюциясы) эл аралык гуманитардык укукка ылайык, татаал, өзгөчө кырдаалдарда, граждандык калкты коргоо боюнча, ишмердүүлүктү кеңейтүүгө жана бекемдөөгө милдеттенме алышкан. Ошондой эле, мүчө - мамлекеттер граждандык калк үчүн, азыркы учрдагы согуштук иш – аракеттердин катастрофалык зыяндуулугуна кээде таптакыр көңүл бөлгөн эмес. Бириккен Улуттар Уюму, коргоо жана жардам көрсөтүү тармагындагы алардын керектөөлөрүн канааттандырууга көпчүлүк учурда жарамсыз болгон. Азыр мен, биздин өткөндөгү кемчилдиктерибизди талдоодон, анын жардамы аркылуу эл аралык системаны бекемдөөгө боло турган, согуш учурундагы граждандык тараптардын өсүп баратткан керектөөлөрүнө таасир бере турган, методдорду табаарыбызга ишенгим келет. Бул докладда, мен, согуш учурунда граждандык жабырлануучуларды алда канча эффективдүү коргоо боюнча, өзүнүн жеке патенциалын чыңдоо үчүн, жасала турган, кошумча кадамдарга жана бул иш – аракеттерге кошумча кошо ала турган, Бириккен Улуттар Уюмунун Коопсуздук Кеңешинин жана башка органдардын демилгелерине өзгөчө көңүл бургум келет. [...]

Куралдуу чыр-чатактарда жарандык тараптарды коргоо жөнүндөгү башкы катчынын доклады[232]

III. Негизги беш көйгөй

26. Жарандык калкты коргоо керектигинин зарылдыгы акырында келип эле, чырдашып жаткан тараптар жарандык калкты коргоого тиешелүү өздөрүнүн юридикалык милдеттенмелерин толук түрдө сактабагандыгы тууралуу реалдуу абал мурдагыдай эле сакталып калганынан улам жаралат. Мына ушул фактынын өзү, төмөнкү негизги милдеттерди чечүүдөгү максатка ылайык, чараларды кабыл алуу жана аларды күчөтүү зарылдыгын шарттайт: мамлекеттик эмес куралдуу топтордун укуктук ченемдерин сактоосу; Бириккен Улуттар Уюмунун жана башка ушул сыяктуу вазийпалардын тынчтыкты сактоо боюнча, финансылык ресурстар менен камсыз болгон, алда канча эффективдүү вазийпаларын коргоону күчөтүү; гуманитардык жардамды көбөйтүү; укук бузуулар үчүн жоопкерчиликти жогорулатуу.

[232] ООН, S/2009/277, 29 мая 2009; доступно на сайте www.un.org.

А. Сактоо деңгээлин жогорулатуу

27. Бүт баары болбосо да, азыркы чыр чатактардын көпчүлүгүнүн мүнөзүн аныктоочу нерсе болуп, алардын жарандык атуулдарды коргоо боюнча өздөрүнүн юридикалык милдеттенмелерин сактай жана камсыздай албагандыгы, аларды согуш аракеттеринин натыйжасында азаптан куткаргандыгы эсептелет...

28. Согуш аракеттеринин натыйжасын жарандык атуулдар (карапайым эл) өз башы менен сезбөөсү үчүн, дайыма иш – аракеттерди жүргүзүп туруу зарыл. Бул үчүн чырдашып жаткан тараптар Эл аралык гуманитардык укуктун ченемдерин так сактоосу абзел. Анын ичинен шайлоочулук жана шайкешчилик принциптерин, о. э., кол салуу жана коргонуу учурунда абайлоочу бардык эле мүмкүн болгон чараларды кабыл алууда, жогоркудай ченемдерди сактоосу керек. Чыр чатактын бир тарабынын мындай чараларды бузушу, эч качан экинчи тарабынын бул ченемдерди бузгандыгын актай албайт.

33. Мен чыр чатактын бардык тараптарына ушул өңдүү ченемдерди алар колдон келишинче сактоолору жана аларды сактоону камсыз кылуулары керектигин эстерине сала кетет элем. Мындан сырткары, мен, согуш аракеттеринен улам, карапайым калк жабыр тарпоосу үчүн, практика жүзүндө жасалуучу кадамдар жөнүндөгү маселени кароого, айрым учурларда бул процесске жергиликтүү калк жана анын лидерлери, бийликтин шаардык органдарынын өкүлдөрү, жарандык коом же гуманитардык уюмдар менен өтө активдүү дискуссияларды жүргүзүү аркылуу таасир этүүгө чакырат элем.

37. Коопсуздук Кеңеши укуктук ченемдерди үзгүлтүксүз түрдө сактоого таасир көрсөтүүдө өзгөчө көңүл бөлөт. Анын ичинде Кеңештин негизги багыттамалары:

а) ар кандай эле укук бузууларга эч качан көз жумду кылып койбостон, болгон мүмкүнчүлүктөрдү пайдалануу менен, талкууга алуу, тараптардын алган милдеттерин эске салуу жана алардын сакталышын талап кылуу;

б) жалпы түрдө чара көрүү мүмкүндүктөрү тууралуу эскертүү берүү, ал эми зарыл болгон учурда, Коопсуздук Кеңешинин талаптарын дайыма четке каккан тараптардын жетекчилерине жана үзгүлтүксүз түрдө укук бузгандарга карата максатка ылайык чара көрүү;

в) системалуу түрдө укук бузуулар тууралуу докладдарды берип турууну талап кылуу жана адам укутары тармагында, анын ичинде күнөөлүүлөрдү аныктоо максатында, аларды улуттук деңгээлде жо-

опкерчиликке тартуу же ага шайкеш келген абалды Эл аралык кылмыш сотуна кароого берүү жана эл аралык гуманитардык укутук ченемдердин негизинде тынчсызданууну жаратып жаткан шарттарды кароо жана иликтөө боюнча, комиссияларга ыйгарым укуктарды берүү маселелерин кароо.

Б. Мамлекеттик эмес куралдуу топтордун укуктук ченемдерин сактоо деңгээлин көтөрүү

Караңыз: ошондой эле, Эл аралык куралдуу чыр чатактар тууралуу 8 Ченем мыйзамынын 12 - Главасынын 1 – бөлүмүн. Эл аралык эмес куралдуу чыр чатактардын мыйзамын кимдер сактоосу керек?

38. Эл аралык куралдуу чыр чатактардын санынын өсүшүнөн сырткары, мамлекеттик эмес куралдуу тайпалар мамлекет менен күрөшүп жаткан эки же андан көп мындай группировкалар бири - бири менен согушуп жаткандагы, азыркы учурдагы конфликттердин жалпы мүнөз өзгөчөлүгү, мындай группировкалардын фрагментацияларынын санынын өсүшү менен түшүндүрүлөт. Ал өтө эле ар түрдүү аталып, адам укугу тармагындагы стандарттар жана Эл аралык гуманитардык укук ченемдерин сактоодогу даярдык деңгээлдерин жана ар түрдүү мотивдерди жетекчиликке алат.

39. Куралуу группировкалар Эл аралык гуманитардык ченемдер менен байланыштуу жана ал адам укуктарын ишке ашырууга тоскоолдук кылган демилгелерди жасоодон алыс болууга милдеттүү. Жарандык элге карата болгон мамиледе кол салган жана башка укук бузган группировакаларга келе турган болсок, ал атайын ойлонулуп жасалган мүнөзгө ээ жана ал коомду дестабилизациялоо жана өлгөндөрдүн санын максималдуу көбөйтүү максатында ээ болот. Айрымдары жарандык калкка кол салганга төмөнкү деңгээлде ыктуу болот. Бирок алардын ишмердиги бары бир жарандык элдин коопсуздугуна жагымсыз таасирин тийгизет. Биз тез аранын ичинде мына ушул группировкалардын бардыгын укуктук ченемдерди жогорку деңгээлде сактоосун, анын ичинде бул ченемдерди сактоого катыштыруудан тартып, аларды мажбурлай турган чараларды өз ичине алуусун камсыз кылуу максатында, жалпы ыкманы иштеп чыгуубуз зарыл.

40. Женева конвенциясынын жалпы 3 – беренесинде жана 2 – Кошумча протоколунда көрсөтүлгөндөй, аларга гуманитардык укуктун Эл аралык ченемдерин колдонуу, конфликттердеги мамлекеттик эмес тараптардын статусуна таасирин тийгизбейт. Жарандык калк согуш аракеттеринен жапа чекпөөсү үчүн, керек болгон топторго уруксат берүү жана гуманитардык уюмдардын кызматкерлери ко-

опсуз шарттарда иш – аракеттерди жүргүзүүсүн камсыз кылуу үчүн, гуманитардык уюмдардын өкүлдөрү чырдашып жаткан бардык эле тараптар менен, алар мамлекеттик, мамлекеттик эмес субъекттер болгон күндө да, үзгүлтүксүз жана стабилдүү диалог жүргүзүүгө милдеттүү.

41. Куралдуу топтор менен болгон иш – аракеттер боюнча, МКККнын, Бириккен Улуттар уюмунун бөлүмдөрүнүн жана ар түрдүү өкмөттүк эмес уюмдардын жалпы тажрыйбасы коргоо маселелери боюнча артыкчылыктарынын мүмкүнчүлүктөрүн далилдеди. Мындай иш - чарага тартуу, Эл аралык гуманитардык укук тууралуу маалыматты жана адам укуктары тармагындагы стандарттар, бул маселе боюнча адистерди даярдоо тууралуу маалыматтарды таркатуу формасын кабыл алуусу да мүмкүн. Укуктук ченемдерди сактоо планында каршылаш тараптарды укуктук ченемдери ич ара сактоо мүмкүнчүлүк деңгээлин жогорулатууну өз ичине камтыган, куралдуу топторду стимулдаштырууга өзгөчө басым жасалуусу керек.

42. Куралдуу топтор юридикалык милдеттенмелерге ээ экендигин эске алуу менен, аларды тартуу, жүрүм – турум кодексин кабыл алуу, бир жактуу билдирүү жана атайын макулдашуу өңдүү чараларга негизделиши мүмкүн. Анткени бул Эл аралык гуманитардык укукта каралган. Ушул аркылуу топтор өздөрүнүн милдеттенмелерин сактоо боюнча, такталган формада өздөрүнө милдеттенме алат же укуктук ченемдер талап кылгандай, чектерден чыкпоо үчүн убада берет. Мындай документтер Колумбияны, Либерияны, Непал, Филиппин, Сиерра – Леон, Шри – Ланка, Судан жана мурунку Югославияны кучагына алган бир канча контексттерде камтылган. Алардын камтылуу фактысы группа мүчөлөрү үчүн так белги катары кызмат кылуу менен, ички тартиптерге таандык чараларды өткөрүү үчүн, маанилүү документ болуп берүүсү мүмкүн. Бирок мындай документтерде, ошондой эле, аларда камтылган милдеттенмелер жана принциптер, конкреттүү буйрутмалар ошол топтун мүчөлөрүнө толук жеткирилүүсү керек.

43. Башка демилгелердин катарына куралдуу топтордун балдарды пайдаланууусун жана барымталоо практикасын токтотууга тиешелүү, куралдуу чыр чатактар жана балдар жөнүндөгү маселер боюнча, Атайын өкүлүмдүн демилгеси кирет. Мындан башка конкреттүү жана ийгиликтүү мисал болуп, куралдуу топтор тарабынан жөө аскерлерге карата миналарды колдонуу иш – аркеттерин токтотууга чакырган Женева чакырыгы эсептелет. Ушул убакка чейин, мындай макулдашууга 32 топ кол койгон жана алардын көпчүлүгү жөө аскерлерге каршы

миналарды колдонуудан баш тартып, өздөрү көзөмөлдөп турган аймактарды миналардан тазалоо боюнча кызматташкан жана мындай миналардын запастарын жок кылышкан.

44. Катышуучу – мамлекеттер өздөрү куралдуу топтордун укуктук ченемдерин камсыз кылуу үчүн аракет кылат. Мындай куралдуу группировкалардын мүчөлөрү гуманитардык укуктун ченемдерин сактоо үчүн, эгер алар мамлекеттин ички деңгээлинде кылмыш жоопкерчилигине тартылуу мүмүнчүлүгү жаралса, анда куралдуу конфликттерге катышуу фактысынын өзү, алар укуктук ченемдерди сактагандыгына же сактабагандыгына карабастан, Эл аралык гуманитардык укуктун сакталуусунда аз гана укуктук стимулга ээ болот. Женева конвенциясына тиркелген 2 - Кошумча протоколдо каралгандай, адам укуктары тармагындагы стандарттарды одоно бузган же кайсы бир аскер кылмышын жасаган учурдан башка, жөнөкөй аскердик иш - аракеттерге катышкан учурда, зарыл болгон стимул менен камсыз кылууну шарттайт.

45. Абсолюттуу минимум катары мүчө - мамлекеттер гуманитардык уюмдар тарабынан жасалып жаткан жана айрым бир улуттук мыйзамдык актылардан сырткаркы, жарандык адамдардын коргоо деңгээлин жогорулатууга, куралдуу топторду диалогго тартууга багытталган иш - аракеттерин колдоосу, колдобогон күндө да, алардын иш - аракеттерине тоскоолдук кылбоолору керек. Адистерди даярдоо же атайын макулдашууларга келүү аркылуу диалогго тартуу, сексуалдык негиздеги зордуктоо менен күрөшүү, гуманитарды уюмдардын кызматкерлерин коргоо, гуманитардык жардам өңдүү алда канча конкретүү проблемалар боюнча диалог түзүү үчүн, негизги таяныч болуп берет. Кеңеш үчүн, диалог о. э., тараптардын ортосундагы ишенимдерди бекемдөө фактысынын болуусу, өзгөчө актуалдуу болуп саналат. Бул акырындык менен согуш аракеттерин токтотууга, тынчтыкты жана коопсуздукту калыбына келтирүүгө алып келүүсү мүмкүн.

47. Куралдуу группировкаларга карата өтө жалпы, баарын камтыган ыкманы иштеп чыгуудагы алгачкы кадамдардын бир катары, Коопсуздук Кеңеши жана мүчө мамлекеттердин сактоо деңгээлин жогорулатуу үчүн, Ари формуласы боюнча жолугушууларды чакыруу максатка шайкеш келмек.

В. Жарандык атуулдарды коргоо жана Бириккен Улуттар Уюмунун тынчтык орнотуучу жана ага шайкеш келген вазийпалары

52. Тынчтык орнотуучу операциялардын чегиндеги «жарандык атуулдарды коргоо» аскердик милдет катары, дагы да болсо, аныкталбаган бойдон калууда. Ар бир миссия өз мандатын коргоо маселелери боюнча, жок эле дегенде бир жакшы иш жасайт деген көз карашты түшүндүрөт. Дорфурддагы БУУнун Африка союзунун биргелешкен операциясы (ЮНАМИД) жана МООНДРК өңдүү айрым миссиялар, мына ушул максатта аскер адамдары үчүн буйрутма иштеп чыккан. Албетте, миссия жетекчилери жана аскер күчтөрүнүн командирлери конкреттүү шарттарды эске алуу менен, мандаттын жоболорун түшүндүрүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болуусу зарыл.

Бирок бул ишмердүүлүктүн мүмкүн болгон багыттарын, анын ичинде мамлекеттин куралдуу күчтөрү жарандык адамдарга карата укук бузган учурда, о. э., аларды реализациялоо үчүн зарыл потенциалдарды жана милдеттүү багыттарды кучагына алган, бир топ кеңири саясаттын чегинде ишке ашырылуусу зарыл.

53. Жарандарды коргоо, жеке эле аскер адамдарынын милдети болуп саналбайт. Миссиянын полиция, гуманитардык маселелер, адам укуктары, балдарды коргоо, миналардан тазалоо, гендердик маселелер, коомдук маалыматтар, кол тийбестик укугу жана коопсуздук секторун реформалоо өңдүү бардык эле компоненттери, коргоо тармагындагы мандатын ишке ашырууга таасирин тийгизүүсү керек. Мына ушул максатта көпчүлүк миссиялар Генералдык катчынын атайын өкүлдөрүнүн, катышып жаткан өлкөлөрдүн жана жалпылыктардын куралдуу күчтөрүнүн командачылары, ошол өлкөнүн группалык жана гуманитардык күчтөрү, өкмөтү менен кеңешме жүргүзүү аркылуу, стратегиянын конкреттүү маселелерин эске алган жана баарын камтыган, коргоо тармагындагы иш – аракеттердин планын иштеп чыгууга киришет. Бул - позитивдүү кубулуш.

Бардык эле миссиялар ушундай баарын камтып турган стратегияны иштеп чыгууну, артыкчылык берилген багыттарды аныктоону, иш – чараларды иштеп чыгууну жана так ролдор менен милдеттерди аныктоону стимулдаштыруулары керек.

Прокурор Кунарачка, Ковачка жана Вуковичке каршы Мурунку Югославия боюнча эл аралык кылмыш жаза трибуналы, 2002[233]

Апелляциялык палата [...]

2002 –жылдын 12 – июндагы чечим.

Эл аралык трибуналдын Апелляциялык палатасы 1991 – жылдагы мурдагы Югославиянын аймагында жасалган, Эл аралык гуманитардык укукту каттуу бузгандыгы үчүн, адамдарды жоопко тартуу максатында, соттук териштирүүдөгү 2001 – жылдын 22 – февралындагы «Прокурор Дрголюба Кунарачка, Радомир Ковачка жана Зоран Вуковичке» каршы сот чечимин жокко чыгаруу боюнча:

Тараптардын жазуу жүзүндөгү жана оозеки арыздарын карап чыгып,

Учурдагы өз чечимин чыгарат:

В. Апелляциялык палатанын тыянактары

1. Талкуу

32. Апелляциялык палата апелляция берүү үчүн, бардык эле негиздерге карата, өзүнүн тыянактарында же далилдер боюнча Соттук камереге баа берүүдө кандайдыр бир катачылыкты бөлүп көрсөтүү мүмкүн эмес деп эсептейт...

123. [...] Кулчулук кыйноосуз деле болуусу мүмкүн. Кулдар курсагы ток, кийими бүтүн, жашаган жери ыңгайлуу болсо да, эгер алар күч ыкмалары менен эркинен ажыратылган болсо, алар дагы да болсо кул бойдон кала берет. Биз аларга карата болгон катаал мамиленин бардык далилдерин жок кылуубуз, ачкачылык, сабоо өңдүү жапайычылык актыларды четке кагуубуз мүмкүн. Бирок кулчулук фактысын моюнга алууну шарттаган, аргасыздалган, акы төлөнбөгөн эмгек баары бир кала берүүдө. Анткени көңүл жайкалткан кулчулук деген түшүнүк жашабайт. Аларга гумандуу мамиле болгон күндө да, эркин эмес абал болгону үчүн, баары бир мурдагыдай эле кулчулук бойдон кала берет. Мына ушул үзүндү кулчулукту туюнтат. Ошондой эле ал аргасыздоого да тиешелүү.

124. Жогоруда көрсөтүлгөн себептерден улам, Апелляциялык палата Сот палатасынын кулга айлантуу кылмышын, тар мааниде

[233] Международный уголовный трибунал по бывшей Югославии, Прокурор против Драголюба Кунарача, Радомира Ковача и Зорана Вуковича, IT-96-23 и IT-96-23/1, Апелляционная палата, Решение от 12 июня 2002 года, цитаты опущены.

күтүлүп жаткан кылмыш жасалып калган соң, кадимки эле Эл аралык укукту чагылдырат деп эсептейт. Ошентип арыз берүүчүлөрдүн бекемдөөлөрү четке кагылат; кулга айлантуу кылмышы менен байланышкан апелляция канаттандырылбайт.

Б. Зордуктоо кылмышын аныктоо [...]

2. Талкуу

127. Трибуналдык соттук практикасынын жана улуттук мыйзамдарынын бир канча юридикасынын кеңири обзорунан кийин, Соттук палата тыянак чыгарат: «actus reus» эл аралык укуктагы зордуктоо кылмышы төмөндөгүлөрдөн турат: Органдык кандайдыр бир мааанилүү эмес жерине тийгизүү; а) зордуктоонун жыныс органы же башка объекттер менен, влагалиңеге же ануска киргизүү; б) жабырлануучунун макул эместигине карабай, зордуктоочунун жыныс органын оозго тыгуусу. Мына ушул максаттарга макулдук жабырлануучунун эркин каалоосунун негизинде өз каалоосу менен болуусу керек, жана ал ошол учурду коштогон шарттардын негизинде баасын алуусу зарыл. Субъективдүү жагы - мындай сексуалдык тийишүү зордукталууучунун макулдугусуз жасалып жаткандыгын билүү.

128. Апелляциялык палата Соттук палатанын зордуктоого карата берген аныктамасы менен макул. Ошондой болсо да, апелляциялык палата эки учурду бөлүп көрсөтүү керек деп эсептейт. Биринчиден, ал «каршылык көрсөтүү» талаптары тууралуу арыздангандардын позициясын четке кагат. Анткени бул кадимки Эл аралык укукта эч кандай мааниге ээ эмес. Каршылык көрсөтүү тууралуу арызданууучулардын көрсөтмөсү, кылмышкердин иш – аракетин каалабагандык болуп, мыйзамсыздык жана келесоолук экендигин билдирет.

129. Ал эми зордуктоонун ролун аныктоого келгенде, Апелляциялык палата Соттук палата Трибуналдын зордуктоого карата алдын ала берген аныктамасынан четтеп кеткендигин белгилейт. Мында зордуктоонун аныктоочу мүнөзүнө өзгөчө көңүл бөлүнүп калган. Бул логикага ылайык, күч колдонуу жана коркутуу, денелик зордуктоого каршы болууга мүмкүндүк бербейт же ушунчалык аргасыз болгондуктан, макул болбоо мүмкүн эмес болуп калат.

130. Ошондой болсо да, макулдуктун жоктугуна аз көңүл буруу менен, зордуктоого ылайык эмес шарт катары, Соттук палата Трибуналдын практикасын четке какпайт. Анын ордуна күч колдонуу менен макулдуктун ортосундагы байланышты түшүндүрүүгө аракет жасайт. Күчтү же коркутууну колдонуу, өзүнөн өзү зордуктоо элемен-

ти болбосо да, жабырлануучунун макул эместигин түшүндүрөт. Анын ичинде Соттук палата күчтөн башка да, жабырлануучу тараптын каалабагандыгына карабай, сексуалдык мүнөз алып жүргөн башка актылар да бар экендигин түшүндүрүүгө аракет жасайт.

Күчкө көңүл бөлүү, экинчи тарап макул болбогон, бирок кара күчтүн колдонулуусуз эле, аргасыз шарттан улам мүмкүн болгон, кылмышкердин сексуалдык ишмердиги үчүн, жоопкерчиликтен кутулуп кетүүсүн шарттайт. 130. Апелляциялык комиссия, маселен, айрым учурда улуттук практикада күчтүүлүгүн демонстрациялоо үчүн, куралды колдонуунун да, жабырлануучуну денелик жактан аргасыздоонун да, зарылдыгы жок экендигин белгилейт. «Жабырлануучуга же ар кандай эле башка тараптарга карата келечекте жооп иретинде сокку уруу коркунучу, кылмышкердин коркутуусун аткарганга чейинки аргасыздоо болуп саналат. Бул туура болгон күндө да, анын бир аспектисине көңүл бөлүү, көп нерсени көрүүгө мүмкүндүк берет. Белгилей кетчү нерсе, апелляция үчүн негиз болчу шарттар, көпчүлүк учурда аскер кылмышындагы же адамгерчиликке каршы кылмышта дайыма аргасыздоо актысы болуу менен, мында чыныгы макулдукка орун болбойт.

131. «Сексуалдык өзүн өзү аныктоо кылмышы» деп аталган немистердин Баш мыйзамында абактагылар жана мамлекеттик бийлик тарабынан кармалып тургандарга карата сексуалдык аракеттери үчүн, жазалоо тууралуу толук камтылган. Макулдуктун болбоосу кылмыш элементи болуп саналат. Көпчүлүк учурда Кошмо Штаттардын мамлекеттик жана улуттук мыйзамдары, согуш конткесинен өтө алыс болуу менен ой жүгүртүүнүн ушул багытына негизделген.

132. Көпчүлүк учурда арыздангандар аскердик штабдарда, адамдар камалган борборлордо жана аскерлердин казарма катары пайдаланып келген квартираларында, аялдарды зордуктоо фактысы боюнча күнөөлүү деп табылган. Эң эле өкүнүчтүүсү, мындай зордукталган аялдар өздөрүн уурдагандардын мыйзамдуу түрдөгү сексуалдык олжосу катары каралган. Эрежеге ылайык, аялдар үзгүлтүксүз зордукталып, өкүнүчтүүсү бул иш бир эле кылмышкер тарабынан эмес, бир канча кылмышкер тарабынан ишке ашкан. (Кимде - ким жардам сурап кайрылса, аларга каршылык көрсөтсө, анда алар өтө жырткычтык менен жазаланган.) Камалып тургандарды ушунчалык аргасыздаган шартта кармап тургандыктан, бул бүтүндөй эле макул болбоо мүмкүнчүлүктөрүн жокко чыгарган.

133. Жыйынтыгында, Апелляциялык палата Сот палатасынын

бул учурда аргасыздоо шарттары бар жана жыныстык акты учурунда макулдугун алуу такыр эле мүмкүн эмес деген аныктамасы менен макул. Ошол себептүү, арыздангандарга зордуктоо кылмышынын аныктамасы менен байланышкан, апелляция берүү үчүн эч кандай негиз жок...

Vii. Алдын ала ойлордун топтому ...

Б. Тез арада өкүм чыгаруу ...

2. Уставдын 5 – беренесине ылайык өкүм.

(а) Зордуктоо жана кыйноо

179. Апелляциялык палата эми арыздануучулардын ички ишеними тууралуу шылтоолорду карайт. Арыздануучулар Соттук палатасы Уставдын 5(г) – беренесине ылайык, кыйноону колдонууну пайдалануу менен бирге, Соттук палата каталык кетирди деп бекемдешет. Укук да, факты да, кылмыштын айырмасын тактоо үчүн, мындай деп түшүндүрүлбөйт. Соттук палата зордуктоо жана кыйноо кылмышы бир материалдык өзүнчө элементти камтырын аныктаган жана бул кылмышты бөлүштүрүүгө мүмкүндүк берген. Алдын ала кылмыш жасоону ойлоо (намерение) маселесинин жыйындысы, Трибуналдын соттук практикасында аныктала турган, Статутка шайкеш келген, ар кандай эле кылмышты аныктоо үчүн пайдаланылат. Кыйноо жана зордуктоо башка кылмыш иштеринде жок жана кескин түрдө айырмаланган өз алдынча элементтерди кучагына алат. Мына ушул апелляция үчүн кызмат кылат. Зордуктоо кылмышынын элементи болуп, киргизүү эсептелсе, ал эми кыйноо кылмышынын элементи болуп, тыюу салынган максат эсептелет. Бул элементтердин бирөө да башка кылмыштарда орун албайт.

181. Челебичинин кылмыш иши боюнча чечимде, Соттук палата зордуктоонун натыйжасындагы кыйноо тууралуу маселени карады. Апелляциялык палата Статуттун 2 - беренеси менен туура эмес байланыш катары, Уставдын 3 - беренесине ылайык, арыздануучунун абалын четке какты. Бирок, Соттук палатанын кыйноо жана зордуктоо боюнча кеңири анализи ишенимдүү бойдон кала берет. Эл аралык уюмдардын соттук практикасын терең изилдеп чыккандан кийин, Соттук палата зордуктоо өзү менен бирге кыйноону алып жүрөт деген корутунду чыгарды. Адам укуктары боюнча Америка аралык комиссия да, Европалык сот да, зордуктоонун натыйжасында кыйноо болорун аныкташты. Кыйноо боюнча БУУнун атайын докладчысы кыйноо методдору катары сексуалдык зордуктун формаларын санап өттү.

182. Зордуктоону кыйноо катары квалификациялоо үчүн, кылмыш ишинде эки курамдын тең элементтери болуусу керек. Эл аралык прецеденттик укуктун жыйынтыгын чыгаруу менен, Челебичинин иши боюнча Соттук палата «зордуктоо кыйноо катары каралуусу үчүн, өзү менен бирге кыйноону жана кандайдыр бир деңгээлде мыкаачылыкты камтуусу керек» деген жыйынтыкка келген. Соттук палата иллюстрация катары Америка аралык комиссиянын практикасынан Фернандо менен Рекелдин Перге каршы жана Айдын Турцияга каршы адам укуктары боюнча Европалык комиссиянын эки ишин келтирет.

183. [...] Челебичинин иши боюнча, Соттук палата «зордуктоонун денелик (физическое) зыяндуулугуна эле көңүл бөлбөстөн, психологиялык жана социалдык зыяндуулугун да кароо керектигин» белгилейт.

185. Апелляциялык палата ушул иштин шартында, арыздануучулардын ишенимсиз дооматтарын караган. Арыздануучулар өз жабырлануучуларына карата денесине зыян келтирүүнү, коркутуу, тынчсыздандыруу, ишенбөөчүлүктү жаратууну жана шылдыңдоону колдонгондугуна таянуу менен, алар тарабынан кыйноонун колдонгонун айтууга болот. Бул бир гана жолу болгон эмес. Баарынан мурда мындай максатка багытталган жана координацияланып турган зордуктоо иштери узак убакыт боюу жүрөк титиреткен мыйзамсыздык менен жасалган. Ошондой эле, жабырлануучулардын жаш өзгөчөлүгү мындай күнөөлөрдү коргоону камсыз кыла албайт. Иш жүзүндө Соттук палата бир канча жабырлануучунун жаш өзгөчөлүгүн оордотуучу фактор катары карайт. Штаб – квартиралардагы жабырлануучуларды зордуктоо иш – аракеттеринин кайталануу фактысы, бул кылмышты зордуктоо катары эле карабастан, Уставдын 5 – беренесине ылайык, кыйноо катары да кароого мүмүкүндүк берет. Бул иштин оор шартында Апелляциялык палата аталган кылмыш ишинде, зордуктоо жана кыйноонун бардык эле элементтери болгон деп эсептейт.

(Б) Зордуктоо жана эзүү

186. Кунарач жана Кобачтын Уставдын 5 (с) - беренесине ылайык, иш - аракеттери ишенимсиз, жана уставдын 5 (г) - беренесине ылайык зордуктоо боюнча иш – аракеттери тууралуу апеллянттардын бекемдөөлөрү кумулятивдик жол берилбөөчүлүк болуп саналат. Ошондой эле, арыздануучулар өз курмандыктарын өзгөчө формада зордуктоого чыдоого жана аларды үй кызматкери катарында зордуктоого мажбурлаган. Апелляциялык палата мурда «эзүү» түшүнүгүн

талкуулоодо түшүндүргөндөй, алар сексуалдык эзүүгө негизделген кулчулук болгон күндө да, бул зордуктоодон башка, өзүнчө кылмыш болуп саналат деп эсептейт. Ошентип, Апелляциялык палата апелляция үчүн бул негиздерди четке кагат.

Тодичтин ишиндеги юрисдикциялар боюнча

Уставдын 3 – Беренеси [...]

(Б) Уставдын 3 – Беренеси боюнча талкуу [...]

194. Жогоруда белгилегендей, Апелляциялык палата Уставдын 3 – беренесин, кадимки Эл аралык укукту ж. б. одоно бузууга тыюу салат. Апелляциялык палата Тодичтин ишиндеги юрисдикциялар боюнча Чечими тууралуу, Уставдын 3 – беренесин колдонуу үчүн, төрт талапты аныктаган: (1) укук бузуу өзү менен бирге, Эл аралык гуманитардык укуктун ченемдерин бузууну алып жүрүүсү керек; (2) эреже табиятта кабыл алынуусу зарыл; (3) укук бузуу «олуттуу» болуусу зарыл, б. а., ал өзү менен бирге маанилүү баалуулуктарды, коргоо эрежелерин бузууну алып жүрүүсү керек; (4) эрежелерди бузуу өзү менен кошо укук же укуктук салтка шайкеш келген эреже бузган тараптын жеке жоопкерчилигин алып жүрүүсү зарыл. [...]

«Зордуктоо» эл аралык кадимки укук боюнча, индивидуалдуу кылмыш жоопкерчилигин талап кылган, олуттуу аскер кылмышы болуп саналат. [...]

Согуш жүргүзүү ыкмалары жана каражаттары

Женева конвенцияларына карата биринчи Кошумча протокол, 1977[234]

III Бөлүм. СОГУШ ЖҮРГҮЗҮҮ ЫКМАЛАРЫ ЖАНА КАРАЖАТТАРЫ.

КОМБАТАНТТАРДЫН ЖАНА АСКЕР ТУТКУНДАРЫНЫН СТАТУСУ

I Бөлүм. СОГУШ ЖҮРГҮЗҮҮ ЫКМАЛАРЫ ЖАНА КАРАЖАТТАРЫ.

35 – Берене, Негизги ченемдер

[234] Дополнительный протокол к Женевской конвенции по защите жертввооруженных конфликтов от 12 августа 1949 года (Протокол I), 1125 U.N.T.S. 3, вступил в силу 7 декабря 1978.

1. Конфликтешип жаткан тараптардын ар кандай эле куралдуу чыр чатак учурунда согуш жүргүзүү ыкмалары жана каражаттары чексиз эмес.

2. Ашыкча жоготууну же ашыкча азапты алып келүүгө жөндөмдүү куралдарды, снаряддарды, заттарды жана ыкмаларды колдонууга тыюу салынат.

3. Аскердик иш – аракеттерди жүргүзүүдө, айлана - чөйрөгө олуттуу, орду толгус жана узакка созулган жоготууну алып келе турган жана ошол максатты көздөгөн каражаттарды жана ыкмаларды колдонууга тыюу салынат.

Химиялык куралга тыюу салуу жөнүндө протокол, 1925[235]

36 - Берене. Жаңы куралдын түрлөрү

Куралдын жаңы түрү менен согуш жүргүзүүнү, же аны менен куралдануунуу, сатып алууну окуп - үйрөнүүдө, согуш жүргүзүү методдорун жана каражаттарын иштеп чыгууда, Жогорку Сүйлөшкөн Тараптар колдонгон мындай ыкмалар аларды колдонуу, ушул Протоколго же кандайдыр бир Эл аралык укуктун ченемдерине камтылган, тыюу салынган, бардык эле учуруна, шартына дал келерин же айрым гана учуруна шайкештигин аныктоолору керек.

Өз өкмөттөрүнүн атынан ыйгарым укуктары бар төмөнкү кол коюучулар:

Согушта мууна турган, уулу жана ушул өңдүү газдарды, ага окшогон ар түрдүү суюктуктарды жана процесстерди колдонуу, цвилизациялык дүйнөнүн коомдук пикири аркылуу, кескин сынга алуусу керек деп эсептейбиз. Дүйнөнүн көпчүлүк державалары катышкан келишимдердеги жыйынтыкталып берилген формулировкаларда аларды колдонууга тыюу салынганын эскертебиз. Аларга тыюу салуу Эл аралык укукка кирген жана баары тарабынан колдоо тапкан, мындай тыюу салуу, бардык эле элдердин практикасында жана абийиринде сактоого милдеттүү болуп саналуусу үчүн

[235] Протокол о запрещении применения на войне удушливых, ядовитых или других подобных газов и бактериологических средств, Женева, 94 L.N.T.S. 65, вступил силу 8 февраля 1928.

Билдиребиз:

Жогорку Макулдашкан Тараптар бул колдонууга тыюу салынган келишимди согуш учурунда бактериялык куралдарга да жайылтат жана сүйлөшүүчүлөр бири – бири менен болгон мамиледе, өздөрү ушул декларациянын шарттары менен тыгыз байланышып турганын моюнга алуулары зарыл. Жогорку Сүйлөшкөн Тараптар ушул Протоколго биригүүсү үчүн, өзүнүн бардык күч – аракетин жумшайт. Бул биригүү тууралуу Француз Республикасынын өкмөтүнө жана акырында бардык эле кол койгон, ага кошулган державаларга билдирилет. Бул Француз Республикасынын өкмөтүнө билдирүү жасалган күндөн тартып, өз күчүнө кирет.

Ушул Протоколдун французча жана англисче текстери угулуп, өтө кыска мөөнөттө ратификацияланат. Ал эми котормолор бүгүнкү күндүн датасы менен чыгат. Ушул Протоколду ратификациялоо, Француз Республикасынын өкмөтү тарабынан өткөрүлүп, ар бир кол койгон жана кошулган державаларга ушул бойдон сакталышы, кабылданышы тууралуу кабарланат. Биригүү тууралуу ратификацияланган грамоталар жана документтер Француз Республикасынын өкмөтүнүн архивинде сакталат.

Бул Протокол кол койгон ар бир держава үчүн, ратификацияланган күндөн тартып күчүнө кирет жана мына ушул убактан баштап, өздөрүндө ратификацияланган башка державалар менен байланышта болот. Аны күбөлөндүрүү үчүн ыйгарым укуктуу адамдар ушул Протоколго кол коюшкан.

БУУнун Эл аралык соту, ядролук курал тууралуу иш боюнча консултативдик корутунду – Биринчи баа берүүчү документ, Джон Х.МакНейил[236]

Тарых алды:

Эл аралык сотко консултативдик корутунду берүү үчүн, эки кайрылуу – биринчиси Саламаттыкты Сактоонун Бүткүл дүйнөлүк Уюму

[236] Джон Х.МакНейил, Международный Суд ООН, Консультативное заключение в деле о ядерном оружии – Первый оценочный документ, №316// Международный журнал Красного Креста.-1997.- 28 февраля. Доступно на: http://www.icrc.org/eng/resources/documents/misc/57jnft.htm. Перепечатано с разрешения МККККБишкекдобавленоавтором.

(СБУ), ал эми экинчиси - Бириккен Улуттар Уюмунун Ассамблеясы тарабынан келип түшкөн.

СБУ төмөнкүлөрдү сураган: «Медициналык жана экологиялык зыяндуулукту эске алуу менен, согуш кезинде же башка куралдуу конфликт учурунда ядролук куралды колдонобу, эгер колдонсо аны эл аралык укукту, анын ичинде СБУнун Уставы боюнча өздөрү алган милдеттенмелерди бузган болобу?». Сот үч адамдын каршы болуусунда (судьялар Шахабуддин, Вирамантир жана Каромдун өзгөчө пикири болгон) чечим чыгарган. Ал СБУнун суранычы боюнча, консультативдик корутунду берүүгө аргасыз болгон. Соттун пикири АКШнын жана башка өлкөлөрдүн позициясы менен шайкеш келген жана бирдей болуп чыккан.

Биздин көз карашыбызда да туура болгон. СБУнун суроосу биринчи кезекте юрисдикция маселелерине байланыштуу эле. Биз алардын Генералдык Ассамблеянын өтүнүчүнө берген корутундусуна сиздердин көңүлүңүздөрү бурабыз. БУУнун Генералдык Ассамблеясы суранган: «Ар кандай эле шартта, ядролук куралдарды колдоном деп коркутуу же аларды колдонууга Эл аралык укукта уруксат берилгенби?»

Од деген судьянын каршы болуусунда гана, сот бул ишти кароо боюнча чечим кабыл алган. өзүнүн консультативдик корутундусунда сот алты тыянакты чагылдырган... Он төрт судьянын ичинен жети судьянын жана чечүүчү добушка ээ болгон Беджоуинин (Алжирдин) президенти тарабынан бекитилген соттун акыркы корутундусу төмөндөгүдөй болгон:

«... ядролук куралды колдонуу же колдоном деп коркутуу жалпысынан алганда куралдуу конфликттерде колдонууга Эл аралык укуктун жоболоруна карама – каршы келет... бирок эл аралык укуктун азыркы абалын, ошондой эле колдо бар фактыларга таянуу менен, мамлекеттин өзүнүн жашоосуна коркунуч келген учурдагы өзүн өзү коргогон өзгөчө кырдаалда ядролук куралды колдонуу же колдоном деп коркутуу мыйзамдуу же мыйзамсыз деп, так, акырына дейре айта албайт».

Уруксат берүү же тыюу салуу укугубу?

Соттун жыйынтыгынын 2-пунктунун корутундулоочу жобосунда төмөнкүдөй айтылат: «Сот мамлекеттин өзүнө коркунуч келген учурдагы өзүн өзү коргогон өзгөчө кырдаалда, ядролук куралды колдонуу же аны колдоном деп коркутуу мыйзамдуу же мыйзамсыз экендиги

тууралуу акыркы корутундуну бере албайт». БУУнун Генералдык Ассамблеясы соттон: «Ар кандай эле шартта ядролук куралды колдоном деп коркутуу же аны колдонууга Эл аралык укукта уруксат берилгенби?» деген суроо боюнча акыркы корутундусун берүүсүн сураган. Суроону Эл аралык укукта куралдарды колдонууга тиешелүү маселе тыюу салуучулук эмес, уруксат берүүчүлүк мүнөз алып жүрөт дегендей, кылып бул тууралуу туура эмес ойлонот. Сот болсо, «мамлекеттик практика көрсөткөндөй, куралдардын айрым түрлөрүнүн ушундай колдонулушунун мыйзамсыздыгы уруксаттын жоктугунун натыйжасы эмес, тескерисинче, тыюу салуу катары аныкталат» деп бекемдейт. Ошентип, сот Генералдык Ассамблеянын суроосун туура туюнткан жана аны колдонууга тыюу салынгандыгы тууралуу айтып, маселеге баа берүүгө киришкен.

Эл аралык гуманитардык укуктун колдонулушу

Эл аралык гуманитардык укуктан Сот ядролук куралды колдонуу же аны колдоном деп коркутууга тыюу салган келишимдик же жөнөкөй Эл аралык укукту таппагандыктан, «ядролук курал куралдуу конфликт учурунда же нейтралитет укугунда колдонулса, ал Эл аралык гуманитардык укуктун ченемдеринин жана принциптеринин контексинде мыйзамсыз иш - аракет катары каралабы деген маселени кароо максатка тура келеби» деген проблеманы карады.

Эл аралык гуманитардык укуктун ядролук куралга карата колдонуусуна эч кандай шек жок, бирок, ал кандайча колдонулат, ал жөнөкөй эле куралдануунга кандай мамиле кылат? Эл аралык гуманитардык укукту анализдөө, «душманына зыян келтирүү каражаттарын тандап алууда, согушуп жаткан тараптардын укугу чектелүү эмес» деген фундаменталдуу принциптен башталат.

Эки кардиналдык эреже бар. Биринчиден, айырмачылыктарды жүргүзүү принциби мамлекет жарандык тараптарды кол салуу объектине айландырбоого, жарандык жана аскер максатынын ортосундагы айырмачылыкты жасай албаган куралдарды колдонбоого милдеттүү. Экинчиден, керексиз азапты жаратуучу б. а., мыйзамдуу согуштук максатка жетүүгө Караганда, андан көп азапты алып келе турган куралдарды колдонууга тыюу салынат. Сот токтом кылат, Мартенстин кыйытып айткандары жөнөкөй Эл аралык укуктун бөлүгү болуп саналат. Мартенстин айтып жаткандары биринчи жолу 1899 – жылдагы кургактагы согуштун мыйзамдары жана салттары тууралуу 2 - Гаага конвенциясында өз туюнтулушун тапкан.

Сот 1977 – жылдагы 1 - Кошумча протоколдун 1 – беренесинин 2 – бөлүгүнөн Мартенстин айткандарынын азыркы формулировкасы катары келтирет: «Ушул Протоколдо же башка Эл аралык макулдашууларда каралбай калган учурларда жарандык тараптар жана комбатанттар коомдук аң – сезимдин талаптарынан жана гумандуулук принциптеринен, калыптанып калган салттардан улам келип чыккан, Эл аралык укуктун принциптери менен аракеттеринин коргоосунда калат».

Ошентип, сот 1977 - жылдагы 1- Кошумча протоколду ядролук куралга карата колдонуу боюнча өз чечимин чыгарат. Анткени бул протокол кандай болгон күндө да, жөнөкөй укуктун жалпы ченемдерин, күрөштө колдонулган бардык эле методдорду жана каражаттарды, анын ядролук куралын алмаштыра албайт. Мындан сырткары сот бардык эле мамлекеттер кабыл алынгандан кийин, мурда жашап жаткан жөнөкөй укуктун туюнтулушу гана болуп калган, 1 – Кошумча протоколдогу бул элежелерди сактоого милдеттүү.

Сот бир катар мамлекеттер тарабынан көтөрүлгөн нейтралитет принцибин кыскача карап чыкты. Сот БУУнун Уставын кабыл алган учурдан баштап, талкууланып келе жаткан бул принциптин конкреттүү мазмунуна сүңгүп кирүүдөн баш тартып, нейтралитет принциби «бардык эле Эл аралык куралдуу конфликте куралдын кандай тибин колдонгонуна карабай», алардын баарына эле жайыларын билдирип гана тим болду. Биз муну туура деп эсептейбиз.

Сот ядролук куралды колдоном деп коркутуу же аны колдонуу Жогорку Келишимдеги Тараптардын аймактарын басып алуу» тууралуу айтылган 2 – берененин 2- бөлүгүнүн объекти, макулдашкан тараптардын биринин эгемендигине таандык эмес, андан аймактарды чыгаруу жолу менен, бул биринчи пункта аныкталгандай, Конвенциянын колдонуу сферасын чектебейт. Тескерисинче, эгер конфликттин жүрүшүндө ишке ашып, ал куралдуу каршылыкка дуушар болбогон күндө да, Конвенция мурдагы бойдон колдонула берери жөн гана түшүндүрүлөт.

Сот ядролук куралды колдоном деп коркутуу же аны колдонуу өз маңызы боюнча Эл аралык гуманитардык укук жана нейтралитет тууралуу мыйзамга сыйбашын аныктоого милдеттүү. Ядролук куралдын мыйзамсыздыгын жактагандар, чындыгына келгенде, ядролук куралдын талкалоочу күчү ушунчалык чоң болгондуктан, аны кандай гана кылып колдонгон күндө да, ал айырмалоо жана керексиз азаптардын алдын алуу принцибин бузат деп бекемдейт.

Ал эми белгилүү бир шартта, ядролук куралдарды колдонуу жана аны колдоном деп коркутуу мыйзамдуу деп эсептеген мамлекеттер

Сотто ар кандай эле же айрым бир ядролук куралдарды колдонуу айырмалоо жана керексиз азаптардын алдын алуу принцибинин бузулушун тастыктоо үчүн, маалыматтар жетишсиз деп бекемдешет.

Сот мындай тыянакка келет жана биз аны негиздүү деп эсептейбиз: «кандай гана шарт болбосун, куралдуу конфликттерде ядролук куралды колдонуу, сөзсүз түрдө укуктун нормаларын жана принциптерине карама - каршы келет деп ишенимдүүлүк менен бекемдөө жана тыянак чыгаруу үчүн, жеткиликтүү элементтер жок».

Соттун алты тыянагынын алгачкы эки тыянагы:

(1) А. бир добуштан

Жөнөкөй укукта да, келишимдик укукта да ядролук куралды колдоном деп коркутуу жана аны колдонууга кандайдыр бир конкреттүү руксат жок.

(2) Б. Он бир добуштан үч добуштун каршы болуусу менен

(судьялар Шахабуддин, Вирамантри и Корома каршы):

Жөнөкөй укукта да, келишимдик укукта да, так ушундай деп, ядролук коркунучту жана куралды колдонууга кандайдыр бир баарын камтыган жана универсалдык тыюу салуу жок.

Соттун алты тыянагынын үчүнчүсү:

(2) В. бир добуштан

Ядролук куралдын жардамы менен, күч колдоном деп коркутуу же аны колдонуу, Бириккен Улуттар Уюмунун Уставынын 2 – беренесинин 4 – бөлүгүнө карама – каршы келет жана 51 – беренедеги бардык эле талаптарды канааттандыруу мыйзамсыз болуп саналат.

Биз Уставдагы «колдонулган каражаттарга көз карандысыз түрдө өзүн өзү коргоо максатында күч колдонуу» деген күч колдонууну чектөө менен макулбуз.

Соттун төртүнчү тыянагы:

(2) Г. Бир добуштан

Ядролук куралды колдоном деп коркутуу жана аны колдонуу, куралдуу конфликттер учурунда колдонулган Эл аралык укуктун талаптары менен, анын ичинде, Эл аралык гуманитардык укуктун нормалары жана принциптери, ошондой эле, ядролук куралдарга түздөн – түз тиешеси бар ишкана – мекемелерге жана келишимдин чегиндеги конкреттүү милдеттенмелерге сыйымдуу болуусу зарыл.

Соттун алты тыянагынын бешинчиси:

(2) Д. Жети добушка жети добуштун каршы болуусу менен [...] (каршылар: вице-президент Швебель, судьялар: Ода, Гийом, Шахабуддин, Вирамантри, Корома и Хиггинс):

Жогоруда эске салынган талаптардан улам келип чыккандай, ядролук куралдар менен коркутуу жана аны куралдуу кагылыштарда колдонуу, жалпысынан алганда Эл аралык укуктун эрежелерине, анын ичинде, гуманитардык укуктун эрежелерине жана принциптерине карама - каршы келет. Бирок Эл аралык укуктун азыркы абалын, жана колдо бар фактыларды эске алуу менен, Сот мамлекеттин жашап кетүү тагдыры картага коюлган учурда, өзүн өзү коргоонун өзгөчө шартында, ядролук куралды колдоном деп коркутуу же аны колдонуу мыйзамдуу же мыйзамсыз экендиги тууралуу так, акыркы жыйынтыгын чыгара албайт.

Акырында сот ядролук куралдарды таратпоо боюнча, Келишимдин 4 – беренесин карады: «Ушул Келишимдин ар бир тарабы жакынкы аралыктагы атаандаштык менен ядролук куралдануунуу токтотуу жана ядролук куралдарды жок кылууну эффективдүү жана чынчыл чаралары, ошондой эле, Эл аралык катуу жана эффективдүү көзөмөлүнүн негизинде, жалпы жана толук түрдөгү куралсыздануу жөнүндөгү келишим боюнча, сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүгө милдеттенме алат».

Соттун алтынчы жана акыркы тыянагы:

(2) Е. Бир добуштан

Эл аралык каттуу жана эффективдүү көзөмөлдөө, ядролук жактан куралсыздануунун бардык эле аспектерин өз ичине алган, сүйлөшүүлөрдү чын ыкласта жүргүзүү жана аны акыр аягына чыгаруу боюнча милдеттенмелер бар.

Кандай маселер каралган жок

Сот эки негизги маселе боюнча айтуудан баш тартты: (1) ядролук куралды репрессиялык максатта колдонуу, ошондой эле, (2) чектөө саясаты. Ал эми ядролук куралдарды репрессиялык максатта колдонууга келе турган болсок, Сот аны колдонуу квалификациясы эл аралык укук менен шайкеш келген, пропорцианалдык принцип менен жөнгө салынары боюнча сын айтканы гана болбосо, бул маселе боюнча комментарий берүүдөн баш тартты.

Ал эми чектөө саясатына келгенде, Сот Эл аралык жалпылык, бул маселе боюнча өтө терең ажырым кеткендигин тактады. Ошондой

болсо да, Сот токтоп калуу саясаты Эл аралык коопсуздук иштеринде фундаменталдык роль ойногондугун мойнуна алды.

Эл аралык гуманитардык укуктун ченемдерин киргизүү

Басылып алынган Палестина аймагында дубал курууну укуктук кесепеттери

Соттук териштирүүнүн тарыхы (1-12 - пункттар)

Баарынан мурда сот, Бириккен Улуттар Уюмунун Генералдык секретарынын 2003 – жылдын 10 – декабрында, Генералдык Ассамблеясы тарабынан кеңешүүчүк корутунду чыгаруу тууралуу өзгөчө аталышта чакырылган онунчу сессиясы тарабынан 2003 –жылдын 8 – декабрында кабыл алынган ES-10/14 резолюциясында камтылган маселени коюу боюнча чечим кабыл алынгандыгы тууралуу расмий түрдө билдиргендигин эске салат. Бул маселенин маани си төмөндөгүдөй: Эл аралык укуктун, анын ичинде 1949 – жылдагы Төртүнчү Женева конвенцияясынын, ага шайкеш келген Коопсуздук Кеңешинин жана Генералдык Ассамблеянын принциптери менен нормаларын эске алуу аркылуу, Генералдык секретардын докладында баяндалгандай, басылып алынган палестиналык аймактагы, аны басып алган, куралданып жаткан Израилдин, анын ичинде Чыгыш Иерусалимде жана анын айланасында дубалдарды куруп жаткандыгынын укуктук негизи барбы?»

Юрисдикция

Сот Генералдык Ассамблея тарабынан коюлган маселе боюнча, өз сунушун жана пикирин билдирүүчүн, юрисдикцияга ээ экендигин, ага карата өз пикирин билдирбөө боюнча өзүнүн дискрециондук ыйгарым укугун колдонуу үчүн, жүйөлүү себеп жок деген тыянакка келет.

Эл аралык гуманитардык укук

Сот ал эми Эл аралык гуманитардык укукка келгенде, Израиль Гаага жобосу тиркелген, 1907 – жылдагы төртүнчү Гаага конвенциясынын катышуучусу болуп саналбасын эске салат. Бирок, ал Гаганын жоболору жөнөкөй эле укуктун бөлүгү болуп калды. Ал эми иш жүзүндө соттук териштирүүдө бардык эле катышуучулар ага баш ийет деп эсептейт.

Ошондой эле, сот Төртүнчү Женева конвенциясынын 154 – беренесине ылайык, бул конвенция Гаага жоболорунун, 2 жана 3 - бөлүктөрүнө карата кошумча болуп саналат деп эсептейт. «Каршылашкан мамлекеттердин аймагындагы аскер бийлигине» тиешелүү бул эрежелердин 3-бөлүгү, аталган учурга өтө шайкеш келет.

Экинчиден, Төртүнчү Женева конвенциясы менен байланышкан сот, бул териштирүүлөрдүн катышуучулары тарабынан айтылган, ар түрдүү пикирлерди көңүлгө алат. Израиль көпчүлүк катышуучулардан айырмаланып, иш жүзүндө басылып алынган палестиналык аймакка карата, Конвенцияны колдонууну четке кагат. Сот Төртүнчү Женева конвенциясы, Израиль тарабынан 1951 – жылдын 6 – июлунда ратификацияланганын жана Израиль бул конвенциянын катышуучусу экендигин, Иордания да 1951 – жылдын 29 – майынан тартып, ага киргенин, бул эки мамлекеттин бирөө да, ушул отчётко карата мамилеге ээ болуусу үчүн, эч кандай кадам жасабагандыгын эске салат.

Сот израилдик бийлик иш жүзүндө басылып алынган аймактарда, көпчүлүк учурда Төртүнчү Женева конвенциясынын жоболору, кадимкидей эле кабыл алынары тууралуу билдиргендиктерин белгилейт. Бирок, Израилдин позициясына ылайык, аны иш жүзүндө бул аймактарда колдонууга жараксыз. Анткени 2-берененин 2–бөлүгүнө ылайык, ал куралдуу конфликттерге катышкан Жогорку Макулдашкан Тараптардын эгемендигине таандык аймактарды басып алуу учурунда гана колдонулат. Израиль 1967–жылкы конфликттен кийин, Израиль тарабынан басылып алынган аймактар, мурда Иорданиянын суверенитетинин алдына таандык болгон эмес деп түшүндүрүлөт. Сот Төртүнчү Женева конвенциясынын, 2 – беренесинин алгачкы абзацына ылайык, куралдуу конфликт болуп жаткан учурда, макулдашкан эки тараптын ортосунда конфликт жаралганда, эки шартты аткаруу үчүн, конвенция макулдашкан тараптарды, конфликтешип жатканынан улам, басылып алынган аймакта, ал кайсыл тарап экендигине карабай, колдонуларын белгилейт. «Жогорку Макулдашкан Тараптардын аймактарын басып алуу» тууралуу айтылган 2–берененин 2-бөлүгүнүн объекти, макулдашкан тараптардын биринин эгемендигине таандык эмес, андан аймактарды чыгаруу жолу менен, бул биринчи пункта аныкталгандай, Конвенциянын колдонуу тармагын чектебейт. Тескерисинче, эгер чыр чатак жүрүшүндө ишке ашып, ал куралдуу каршылыкка дуушар болбогон күндө да, Конвенция мурдагы бойдон колдонула берерин жөн гана түшүндүрөт.

Мындай түшүндүрүү, Төртүнчү Женева конвенциясынын авторлорунун басылып алынган аймактардын статусунан көз карандысыз

түрдө, жарандык тараптарды коргоо боюнча алдын ала каалоосун чагылдырат жана бул Конвенция тарабынан даярдалган материалдар аркылуу бышыкталат. Төртүнчү Женева конвенциясынын мамлекет – катышуучулары өздөрүнүн 1999 – жылдын 15 – июлундагы Конференциясында МККК, Генералдык Ассамблея жана Коопсуздук Кеңеши тарабынан кабыл алынган интерпретациялары бекитилген. Сот Израилдин Жогорку сотунун 2004 – жылдын 30 – майындагы токтому менен байланыштуу анологиялык таасирге ээ.

Жогоруда айтылгандарды эске алуу менен, Сот Төртүнчү Женева конвенциясы 1967 – жылдагы чатакка чейинки, жашыл линиядан Чыгышка карай жаткан, бул чатак учурунда Израиль тарабынан басылып алынган, палестиналык аймакка карата колдонулат жана бул аймактардын статусу боюнча, кандай гана тергөө амалдары болбосун, аны жүргүзүүнүн эч кандай зарылдыгы жок деп эсептейт.

Палестина элинин өзүн өзү аныктоосунун укуктук негиздери (115 – 122 – бөлүктөр)

Бул боюнча сот Палестина жана башка мамлекеттер дубалдарды куруу, «Эл аралык укукка каршы аймакты ээлеп алууга жасалган аракет» жана «аймака ээ болуу үчүн, күч колдонуу аркылуу тыюу салынган укуктун жоболорун бузуу», иш жүзүндө жерди ээлеп алуу, аймактык суверенитетке болгон кол салуу», ошол себептүү «бул палестиндердин өзүн өзү аныктоо укуктары менен байланыштуу» деп бекемдейт.

Ошондой эле, сот израилдик тарап, дубалдардын курулушунун эң негизги жана жалгыз себеби болуп, Батыш жээк аркылуу жасалып жаткан террористтик кол салуулар менен, эффективдүү күрөшүүнү камсыз кылуу болуп саналат деп бекемдеп жатканын, Израиль бул Тосмо утурумдук көрүлгөн чара экендигин бир канча жолу айтып чыккандыгын белгилейт.

Сот Генералдык Ассамблея жана Коопсуздук Кеңеши Палестина боюнча, бул кадимки эле норма экендиги, «аймакка согуш жолу менен ээ болууга жол берилбестиги» тууралуу айтып чыкты деп белгилейт. Ал эми элдердин өзүн өзү аныктоо принциптерине келгенде, сот палестин элинин жашоо укугу тууралуу маселе жок, ал Израиль тарабынан да, башка элдердин «мыйзамдуулук укуктары» менен бирдикте эле, моюнга алынганын белгилейт.

Израилдин дубалдарды куруунун жер ээлеп алууга тиешеси жок, жана бул дубалдар убактылуу мүнөзгө ээ, деген бекемдөөлөрүн көңүлгө кармоо менен бирге, ошондой болсо да, сот дубалдын ку-

рулушу жана аны менен байланышкан режим, мындан кийин да туруктуу болуп кала берсе, анда «жасалма факты» катары толук түрдө кызмат өтөө менен бирге, бул учурда, аталган дубалга Израиль тарабынан берилген расмий мүнөздөмөсүнө карабай, иш жүзүндө жер ээлеп алууга маанилеш, ага барабар болуп калат.

Өзүн өзү коргоо жана акыркы зарылдык (138-141-бөлүктөр)

Сот Генералдык секретардын докладынын 1 – тиркемесин эске салат, бирок, Израилдин оюу боюнча: «Тосмону куруу Бириккен Улуттар Уюмунун Уставынын 51 – беренесине, анын бирөө тартып ала албай турган өзүн өзү коргоо укугу Коопсуздук Кеңешинин (1386 (2001) Жана (1373 (2001) резолюциясына шайкеш келет.

Сот мындан ары Израиль дубалдын курулушунун укукка каршылыгын жокко чыгарган акыркы зарылдык абалга ээ боло алабы деген маселени карайт. Буга байланыштуу Габчиково-Надьмарош (Венгрия, Словакия) тууралуу кылмыш иштери боюнча, өз чечимдерине таянуу менен, сот зарылдык абалы жөнөкөй Эл аралык укукта моюнга алынган негиз болуп саналарын жана ал «өтө оор, кутулуп кетүүгө мүмкүн болбогон, коркунучтан өзүнүн негизги кызыкчылыгын коргоп калуу үчүн, мамлекет үчүн жалгыз гана жол болгонун өз ичине камтыган, так, белгилүү бир шартта гана колдонулушу мүмкүн экендигин белгилейт. өзүнүн карамагындагы материалдардын негизинде, сот тандалынып алынган маршурут боюнча, дубалдардын курулушу, аны курууда өзүн актоо катары пайдалангандай, Израилдин коркунучтан өз кызыкчылыгын коргоодогу акыркы ыкмасы болгондугуна ишенбейт. Израиль өз жарандарынын өмүрүн коргоп калуу максатында, жарандык калкка багытталган, көп сандагы жана адамдардын өлүмүнө алып келүүчү зордукка, тынчсызданууукугуна жана милдетине ээ болсо да, аларга каршы колдонулган чаралар Эл аралык укуктун чегинен чыкпоосу керек. Бул учурда Израиль дубалдын курулушун укукка каршылыгын жокко чыгаруу үчүн, өзүн өзү коргоо укугуна жана акыркы зарылдык абалына ээ боло албайт. Ушуга ылайык, сот дубалдын курулушу жана ага байланышкан режим Эл аралык укукка карама – каршы келет деп эсептейт.

Корутунду

Сот басылып алынган палестиналык аймакка Израиль тарабынан дубалдын курулушу, бир топ жалпы контексте, Эл аралык укукка карама - каршы келет деп эсептейт. Генералдык Ассамблеянын 1947 – жылкы Палестинанын мандатына карата кабыл алган 181 (2)- резолюциясы, өз күчүн жоготту жана мурунку мандат алдындагы аймактар боюнча

репрессиялык чаралар жана ылганбай жасалган зордук актылары, көп сандагы куралдуу конфликттердин актысы болбой калды. Сот Израиль да, Палестина да, жарандык калкты коргоого багытталган, Эл аралык гуманитардык укуктун ченемдерин кыйшыксыз түрдө сактоого багытталган негизги максатты ишке ашырууга милдеттүү экендигин өзгөчө бөлүп көрсөткүсү келет. Мыйзамсыз иш – аракеттер жана бир жактуу чечимдер, бардык эле тараптарда болуп келген. Ошол эле учурда, Соттун пикирине ылайык, бул трагедялык абал, Коопсуздук Кеңешинин резолюцияларын, анын ичинде, 242 (1967) жана 338 (1971) резолюцияларынын так аткаруу аркылуу гана аягына дейре чечилиши мүмкүн. Коопсуздук Кеңешинин 1505 (2003) резолюциясында бекитилген «Жол картасы» өзү менен бирге, ушул багыттагы сүйлөшүүлөрдүн башталышы үчүн акыркы аракетти алып жүрөт. Сот Генералдык Ассамблея ушул корутунду өз максаттарына ылдамыраак жетүүсү үчүн, мындай аракеттер Эл аралык укуктун негизинде колдоого алынуусуна, ушул багытта сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүгө, чечилбей калган маселерди чечүүгө, дүйнөдөгү жана аймактагы бардык эле кошуна өлкөлөр жана Израиль менен чектеш, коопсуздугу камсыз болгон, палестиндик мамлекетти куруу өндүү маселерге көңүл бурууга милдеттүү деп санайт.

Кызыл Крестгин эл аралык комитети, Эл аралык гуманитардык укук боюнча кеңешүүчүлүк кызматтар[237]

МКККнын Консультативдик кызматынын негизги артыкчылык берилген багыттары ЭГУ (МГП) боюнча, ушул келишимдерден улам келип чыккан милдеттенмелердин улуттук деңгээлде ишке ашуусуна таасир тийгизүүчүн, келишимдерди ратификациялоону, о.э., аларды ишке ашыруу боюнча, улуттук чаралар тууралуу малыматтарды топтоо жана алмашууну жандандыруу аркылуу туюнтулат.

Эл аралык гуманитардык укукту өнүктөрүү эмне үчүн керек?

Азыркы учурда дүйнөдө ондогон конфликттер албууттанып жатат. Согуш кызыкчылыгы үчүн, зомбулук жасалып жатканын, ар бир эле күнү угууга болот: адам өлтүрүү, кыйноо, сотсуз эле өлүм жазасына тартуу, зордуктоо, аскер иштерине катышкан жана түздөн - түз тиешеси бар, жарандык тараптарды жана балдарды депортациялоо... Тизмени чексиздикке дейре созуп кете берсе болот.

[237] МККК, Консультативные службы по Международному гуманитарному праву, доступно на: www.icrc.org.

Бул согуш үчүн болгон айрым бир гана зарылчылык деп каршы чыгууга болот. Бирок бул андай эмес. Бул Эл аралык укукта жалпыга бирдей кабылданып калган, укук бузуу жана мыйзамсыздык болуп саналат.

Куралдуу конфликтерде курман болгондордун кадыр – баркын жана укугун коргоо боюнча, өзүнүн гуманитардык миссиясынын чегинде, Кызыл Кресттин Эл аралык Комитети (МККК), Эл аралык гуманитардык укуктун (МГП) ченемдерин сыйлоого таасир көрсөтүү үчүн аракет жасап жатат. ЭГУнун эрежелерин жалпы жолунан ратификацялоо, шартка ылайык эффективдүү ишке ашыруу, куралдуу чыр чатактардын курмандыктарын коргоо мүмкүнчүлүктөрүн жогорку денгеелде камсыз кылууну шарттайт.

Эл аралык гуманитардык укук мамлекеттер тарабынан кантип ишке ашырылат?

ЭГУ боюнча келишимдерди түзүү - бул болгону биринчи гана кадам. Андан соңку чаралар болуп, 1949 – жылкы Женева конвенциясынан, 1977 – жылкы Кошумча протоколдон, маданий баалуулуктарды коргоо боюнча 1954 - жылкы Конвенциядан, андагы эки протоколдон белгилүү бир куралдардын түрлөрүн колдонуу жана ага тыюу салууга тиешелүү, ошондой эле, Эл аралык кылмыш сотунун Римдик статутунан жана башка келишимдерден улам келип чыккан милдеттенмелерди аткаруу боюнча чараларды көрүү эсептелет. Эл аралык кылмыш сотунун Римдик статуту:

- ЭГУ боюнча келишимдерди улуттук тилдерге которуу.

- Эл аралык укукту бузгандар, аскер кылмышын жасагандар жана башка кылмыш кылгандарды жазалоого багытталган кылмыш кодексин кабыл алуу.

- Келишимге ылайык, моюнга алынган жана ага шайкеш келген Кызыл Крест, Кызыл Жарым Айдын жана башка уюмдардын белгилерин жана эмблемаларды жамандык максатта колдонгондугу үчүн, жазалоо жана алардын алдын алуу боюнча чараларды көрүү.

- Коргоого алынган тараптардын статусун аныктоо жана гарантиялоо.

- Куралдуу конфликт учурундагы фундаменталдык жана процедуралык гарантияларды коргоо.

- Улуттук коомдорду, жарандык коргоо уюмдарын жана Улуттук маалымат бюролорун түзүү жана аларды жөнгө салуу.

- ЭАГУ жөнүндө билимдерди жайылтуу.

- Куралдуу күчтөрдө юридикалык кеңешчилерди дайындоо.

- Корголуучу адамдарды, аймактарды жана мүлктөрдү аныктоо жана белгилөө

Аскер объектилеринн карамагы, ошондой эле, аскер тактикасын кабыл алууда жана куралдар менен куралдануу иштеп чыгууда, ЭАГУну сактоо.

ККЭАКнын жардамы кандай?

ККЭАК ЭАГУну ишке ашырууну көздөгөн мамлеккеттерге колдоо көрсөтүү максатында 1996 – жылдан тартып консултативдик кызматын ишке ашыра баштаган.

Максаты:

- ЭАГУ боюнча келишимдерди ратификациялаган бардык эле мамлекеттерди сыйлоо.

- Улуттук деңгээлде ушул келишимдер боюнча мамлекеттер өздөрүнүн милдеттенмелерин аткарууга, сактоого чакыруу.

Курамы:

- ККЭАКтын Женеванын юридикалык бөлүмү бир жетекчиден, үч юридикалык кеңешчиден, жарандык укук боюнча бир адистен, жалпы укук боюнча бир жана консультативдик кызматтын базалык маалыматтарын тейлеген бир адистен турат.

- Ар бир кургактыктын юристтеринин командасы.

Консультативдик кызмат эмне иш аткарат?

- Консультативдик кызмат алардын конкреттүү керектөөлөрүн эске алуу менен, өкмөттөр жана ылайыктуу саясий жана укуктук системалар менен тыгыз кызматташат. Ошондой эле, ал төмөнкү мекеме – уюмдар менен кызматташат:

- Кызыл Кресттин Жана Кызыл Жарым Айдын улуттук коомдору.

- Окуу жайлары.

- Эл аралык жана аймактык уюмдар,

Анын ичинде Консултативдик кызмат:

- Эксперттердин жолугушууларын уюштурат.

- ЭАГУту *имплементациялоо* боюнча улуттук, аймактык семи-

нарларды жана айрым бир тема боюнча эксперттердин жыйындарын уюштуруп, Эл аралык форумдарга катышат.

- Улуттук мыйзамдарды кабыл алууда ЭАГУнун ченемдерин киргизүү боюнча, укуктук жана техникалык жардам көрсөтөт.

- ЭАГУ боюнча келишимдерди которот, ошол келишимдерден келип чыккан милдеттенмелери менен улуттук мыйзамдардын шайкештиги боюнча изилдөөлөрү жүргүзөт, юридикалык кенеш берет.

- Мамлекетти ЭАГУ боюнча улуттук комитет түзүүгө чакырат жана алардын иштөөсү үчүн жардам көрсөтөт.

- Эл аралык укук боюнча билимдерди жайылтуу жана ишке ашыруу боюнча өкмөттүн консультативдик органдарынын ишине колдоо көрсөтөт.

- Маалыматтарды алмашууга жардам берет.

- Мыйзам чыгаруу прецеденттик укук, куралдуу күчтөрдү жетектөө жана улуттук изилдөөлөр боюнча тексттерди жыйноону көзөмөлдөйт. ЭАГУну имплементациялоо боюнча маалымат борборлорун веб - сайты МККК (www.icrc.org) МКККнын ишмердүүлүгү боюнча ЭАГУнун компакт-дисктеринде.

- Адистердин документтерин жарыялайт.

- ЭАГУнун чегинде келишимдер боюнча, аларды ишке ашыруу менен байланышкан, ратификацияланган келишимдин жыйнактарын, чараларды көрүү боюнча жетектөөчү принциптер, дүйнө жүзү боюнча тынымсыз отчеттор, эксперттердин жыйындары жана семинарлары, тууралуу бюллетендерди чыгарат.

Кызыл жарым ай жана кызыл крест белгилерин колдонуу жана коргоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын 2000 - жылдын 29 - сентябрындагы мыйзамы (мындан кийинки тексте мыйзам деп аталат)

Кызыл Жарым Айдын эмблемасы колдонулат:

1. Кыргыз Республикасынын Медициналык кызматы жана диний персоналдар (тынчтык кезде да, куралдуу конфликт учурунда да)

3 - Берене:

2. Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлигинин уруксаты менен, куралдуу конфликт учурунда, ооруканалар

жана башка жарандык медициналык мекемелер тарабынан.

4 – Берене:

3. Кыргыз Республикасынын Кызыл Жарым Ай Коому тарабынан (куралдуу конфликт учурунда, Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлигинин уруксаты менен, Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигинин уруксаты менен, ал эми тынчтык мезгилде эч кандай уруксатсыз эле айырмаланып туруу үчүн).

7 – Берене:

Белгилерди укуктук коргоо

Кыргыз Республикасында анын белгилерин пайдаланууга укуктары бар персоналдар жана уюмдар (улуттук коомдордун, МККПнын кызматкерлери, медперсоналдар) Кызыл Крест жана Кызыл Жарым Ай кыймылдарынын принциптерине туура келбеген максаттарда, (саясий кыймылдарды колдоо үчүн, кызмат убактысынан сырткары учурда) колдонууга тыюу салынган.

Эмблемаларды мыйзамсыз колдонуу б. а., имитация болуп эсептелген эмблемаларды колдонуу ККнын же КЖАнын эмблемасы катары, туура эмес кабыл алынуусу мүмкүн. (Мисалы, өтө жарык комбинациясы жана конфигурациясы менен)

Административдик жоопкерчилик жөнүндө Кыргыз Республикасынын Кодекси

431 -1 - Берене: Кызыл Жарым Айдын жана Кызыл Кресттин эмблемасын же «Кызыл Жарым Ай», «Кызыл Крест» деген аталышты мыйзамсыз колдонуу жарандардан - бештен онго чейин, кызмат ээлеген адамдардан - ондон элүүгө чейин, юридикалык тараптардан – жүздөн беш жүзгө чейинки, эсептик көрсөткүч боюнча, административдик айып пул төлөө менен, бир жылга чейин, ишмердүүлүктүн белгилүү бир түрүн жүргүзүү боюнча, лицензиясынан ажыратылат.

431 2 - Берене: Кызыл түстөгү фондо ак крести колдонуу, жарандардан - бештен онго чейин, кызмат ээлеген адамдардан - ондон элүүгө чейин, юридикалык тараптардан – жүздөн беш жүзгө чейинки эсептик көрсөткүч боюнча административдик айып пул төлөө менен, бир жылга чейин ишмердүүлүктүн белгилүү бир түрүн жүргүзүү боюнча лицензиясынан ажыратылат.

4. Эмблемаларды уятсыздык менен колдонуу

Кызыл Кресттин жана Кызыл Жарым Айдын (Red Crystal) эмблемаларын согуш учурунда пайдалануу, куралдуу тараптарды (комбатанттарды) же аскер эмеректерин жана башка объекттерди (мисалы, куралдуу адамдарды тез жардам машинасы менен жеткирүү же алардын эмблемасы бооруна тагылган вертолет менен жеткирүү же курал сакталуучу складдарга кызыл крест же кызыл жарым ай түшүрүлгөн желектерди орнотуу» аскер кылмышы болуп саналат.

10-статья. Куралдуу чыр-чатактын мезгилинде эмблеманы мыйзамсыз пайдалануу

Кызыл Жарым Айдын же Кызыл Кресттин эмблемасын, же айырмалоочу белгини карөзгөй пайдалануу менен душмандын өлүмүнө, же саламаттыгына оор залал келтирүүгө алып келген аракеттерди атайылап жасаган же ошондой аракетти жасоого буйрук берген, аскердик кылмыш жасаган адам «Аскердик кылмыштар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык жоопкерчиликке тартылат.

Карөзгөй пайдалануу деген душманды адаштыруу жана аны эл аралык гуманитардык укуктун жоболоруна ылайык коргоого алууга же коргоону камсыз кылууга укугу бар экендигине ишендирүү ниетине түртүүнү билдирет.

Мындай ишке укугу болбой туруп Кызыл Жарым Айдын же Кызыл Кресттин эмблемасын, айырмалоочу белгини же башка ар кандай белгини, аларды туураган же жаңылыштык менен ушундай белги катары кабылданышы мүмкүн болгон шарттуу белгини же кабарлагычты атайылап пайдаланган ар кандай адам «Аскердик кылмыштар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык жоопкерчиликке тартылат.

Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо Министрлигинин 2007 – жылдын 8 – ноябрындагы №393 «Кыргыз Республикасындагы аптекалык мекемелерге карата фармацефтик ишмердүүлүктү жана медициналык максаттагы келишимдерди ишке ашыруу үчүн, өзгөчө талаптарды бекитүү жөнүндөгү» буйругунун 4.2 пунктуна ылайык:

«.... Имараттын маңдайында (аптекаларда, химиялык складдарда) ак түстөгү фонго жашыл крест түшүрүлүп, жашыл түстөгү тамгалар менен «Дарыкана» - «Аптека» деп жазылган асма орнотулат.

3. Кыргыз Республикасындагы Кызыл Жарым Ай Улуттук Коому,

(Кыргыз Республикасынын КЖАУК) ак түстүн сол жагында учтары ачык, Кызыл Жарым Айдын эмблемасын, ошондой эле, «Кызыл Жарым Ай» аталышын колдонот.

Кыргыз Республикасынын Кызыл Жарым Ай Улуттук Коомунун Уставынын 3 – Беренеси:

1. Тынчтык учурунда эмблеманы мыйзамсыз колдонуу, белгинин нукура маанисин бурмалоого, анын мазмунун жоготууга алып келет.

2. Аскердик иш - аракетер башталып кеткенден кийин, аны кыянаттык менен пайдалануугa каршы күрөшүү, өтө эле кеч болуп калуусу, куралдуу конфликттердин курмандыктары тагдырдын тамашасында калып, алар үчүн гуманитардык жардамдарды көрсөтүү чечилбей турган проблема болуп калуусу мүмкүн.

3. Биздин ар бирибиз коргоо белгиси катары, эмблеманын баалуулугун арттырууга жана сактоого кол кабыш кылуубуз керек.

4. Биздин ар бирибиз, эртең эчендеген өмүрлөрдү сактап кала турган, эмблемаларда каралгандарды коргоп калууну камсыз кылуу үчүн, жеке керт башыбыз менен жооп беребиз!

Кыргыз Республикасынын Адилетик министрлигинин алдында, Эл аралык гуманитардык укукту реализациялоо боюнча түзүлгөн туруктуу ведомстволор аралык комиссиянын Жобосу[238].

I. Негизги жоболор

Кыргыз Республикасынын Адилеттик министрлигинин алдындагы Эл аралык гуманитардык укукту реализациялоо боюнча түзүлгөн туруктуу ведомстволор аралык комиссиянын Жобосу, (мындан ары – Жобо) Кыргызстандын Адилетик министрлигинин алдындагы, Эл аралык гуманитардык укукту реализациялоо боюнча түзүлгөн туруктуу ведомстволор аралык комиссиянын (мындан ары – Комиссиянын) ишин уюштуруу, жыйындарды өткөрүү жана чечим кабыл алуу иштерин аныктайт.

II. Комиссиянын ишин уюштуруу

2.1. Комиссия өз ишмердүүлүгүн Эл аралык гуманитардык укукту имплементациялоо боюнча комиссия тарабынан бекитилген, мыйзам актыларын анализдөөнүн негизинде иштелип чыккан, Планга ылайык жүргүзөт.

[238] 2010 –жылдын 20 – августу

2.2. Комиссиянын жыйыны кварталда бир жолудан кем эмес, зарылдык өлчөмүнө жараша өткөрүлүп турат. Комиссиянын жыйыны Комиссиянын мүчөлөрүнүн үчтөн эки бөлүгү катышкан учурда мыйзамдуу болуп саналат. Чечим Комиссиянын ошол маселе боюнча, кызыкдар мүчөлөрүнүн катышуусу менен гана, катышкандардын көпчүлүк добушу менен кабыл алынат. Алар жок болгон учурда, бул маселе күн тартибинен алынып, кийинки жыйынга калтырылат.

2.3. Комиссиянын жыйынынын күн тартибинин Долбоору Комиссиянын Секретариаты тарабынан жыйынга чейин жети күн калганда түзүлөт жана Комиссиянын төрагасы тарабынан ага ылайык материалдар менен бирдикте берилет.

Комиссиянын төрагасы тарабынан бекитилген жыйындын күн тартибинин Долбоору, ага тиешелүү материалдар, комиссия мүчөлөрүнө жыйын өтө турган датага чейин, 5 күндөн кем эмес, эмгек күнү калганда жөнөтүлөт. Комиссиянын жыйынынын күн тартиби жыйында, түздөн – түз комиссияга катышкандардын көпчүлүк добуш менен бекитилет. Күн тартибине өзгөртүү киргизүү, комиссия мүчөлөрүнүн сунушу менен болуусу мүмкүн.

4-БАП

КЫЛМЫШ ЖООПКЕРЧИЛИГИ

Трибуналдар жана Эл аралык кылмыш жаза соту

Атайын трибуналдардан туруктуу Эл аралык кылмыш жаза сотуна, Юсуф Аксар, 2004[239]

Нюрнберг жана Тойо трибуналдарынан айырмаланып, мурунку Югославия боюнча Эл аралык трибунал жана Раунде боюнча Эл аралык трибунал «жеңүүчүлөрдүн адилеттик соту» катары, жеңүүчүлөр тарабынан да, конфликтешип жаткан тараптар тарабынан да эмес, биринчи кезекте тынчтыкты жана коопсуздукту коргоо максатында, бүткүл Эл аралык коомчулуктун атынан БУУнун Коопсуздук Кеңеши тарабынан түзүлгөн. Ошол себептүү бул трибуналдарды түзүү өз мүнөзү боюнча инновациялык болуп, анын БУУнун Коопсуздук Кеңеши тарабынан түзүлүшү айрым бир маселелерди жараткан.

Алдын ала белгилүү болгондой эле биринчи иште МТБЮ (Тадичтин иши) боюнча коргоочу, Эл аралык трибуналдын түзүлүшүнүн мыйзамдуулугун жокко чыгарат. Жогоруда айтылгандай, Трибуналдын юрисдикциясынын негизинде, Соттук палата коргоонун юрисдикциялык жокко чыгаруусунан баш тартып, «Эл аралык Трибуналдын түзүүлүшүнүн мыйзамдуулугу иш жүзүндө юрисдикциянын иши эмес, ал баарынан мурда аны түзүүнүн мызйамдуулугу, анын ичинде, Коопсуздук Кеңешишин ыйгарым укуктарын текшерүү жана трибуналдын аларды ишке ашыруу тартиби юрисдикциянын бөлүгү болуп саналат. Юрисдикцияга «таандык» же «тиешелүү», ар бир Эл аралык трибунал же сот, өзүнүн юрисдикциясынын чегинде, анын түзүлүшү менен таанышууга укугу бар деп, өз чечимин чыгарат. Ошондой болсо да, Апелляциялык палата трибуналдын түзүлүшү боюнча Соттук палатанын чечимин кабыл албашы, трибуналдын юрисдикциясынан сыркары турган концепция катары каралып, ушул себептен улам,

[239] Yusuf Aksar, Implementing International Humanitarian Law, The Ad Hoc Tribunals to a Permanent International Criminal Court. pp. 3-4, 6-7 (Routledge, New York, 2004).

«алда канча интервенциалык ыкма» кабыл алынган.

Эл аралык укуктун көз карашынан алып караганда, Апелляциялык палатанын чечимин, трибуналдын түзүлүшүн жана Коопсуздук Кеңешинин резолюциясынын мыйзамдуулугун компетенция принцибине ылайык, кайра кароо катары баалоого болот. Бул принцип Трибуналга өзүнүн жеке юрисдикциясын окуп - үйрөнүүгө жана аныктоого мүмкүндүк берет жана ал Трибуналды түзүү боюнча Коопсуздук Кеңешинин резолюциясынын укукка сыйымдуулугун жана компетенттүүлүгүн окуп - үйрөнүүдө колдонулбайт[240]. Соттук палатанын адилеттүү кабыл алынган чечиминен жана Апелляциялык палатада өзүнүн өзгөчө пикири боюнча, судья Линин коргоо аракеттерин тастыктаган прокурордун жообунан кийин, Эл аралык трибуналдын Коопсуздук Кеңеши тарабынан түзүлгөндүгүн кайра кароого укугу жок жана Статуттун 1 – беренесинде көрсөтүлгөндөй, анын бийлиги «Эл аралык гуманитардык укукту катуу бузган жоопкер тараптарды куугунтуктоо менен гана чектелет. Уставдын жоболоруна ылайык, 1991 - жылы мурунку Югославиянын аймагында, ошондой эле, 1 – берене менен айкалышта жасалган Трибуналдын предметтик соттоочулугун жөнгө салуучу, Трибуналдын Статутунун 2 - 5 Ченемдери, Трибуналга Трибуналды түзүүдөгү Коопсуздуук Кеңешинин актыларын кароо үчүн, ыйгарым укуктарды берүү катары түшүндүрүлүшү мүмкүн[241].

... Жыйынтыгында, белгилей кетчүү нерсе, Эл аралык трибуналды түзүү, адам укугу тармагындагы Эл аралык укуктун жана Эл аралык гуманитардык укуктун ченемдерин бузган учурдагы жеке жоопкерчиликти сактоону камсыз кылуу үчүн, Эл аралык гуманитардык укуктун колдонушунун азыркы мисалы катары каралуусу керек[242]. Мындан сырткары, МТБЮ жана МТРдин түзүлүшү, Эл аралык кылмыш сотун түзүү үчүн зор роль ойноду жана аны жаңы кылымдын босогосу алдындагы Эл аралык коомчулуктун негизги жетишкендигинин бири катары кароого болот. Ушул мааниден алганда, кылым тогошкон мезгилде, Эл аралык коомчулук тарабынан мындай кадамдын жасалышын, жаңы кылымда адамдын негизги укуктарынын бузулушуна жол берилбей тургандыгынын белгиси катары кароого болот.

.... Түзүлө турган ЭАКС, кеңири масштабда атайын трибуналдын практикасын жетекчиликке аларына шек жок. ЭАКСнун Статуту боюнча, атайын трибуналдардын Уставынын тийгизген таасири, бир

[240] Separate Opinion of Judge Li, para. 2

[241] Цитаталар ылдый түшүрүлгөн

[242] Цитаталар ылдый түшүрүлгөн

күнөө тууралуу эки жаза болбошу керек деген принцип боюнча, улуттук сотторго артыкчылык берүү менен, атайын трибуналдардан айырмаланып турган ЭАКС менен улуттук соттордун ортосундагы, бири – бирин толуктоочу принципти жөнгө салуучу, ага окшош жобонун бардыгын иш жүзүндө далилдейт.

Эл аралык кылмыш сотун түзүүдөгү дагы бир тоскоол болуп, соттоо предмети менен персоналдык юрисдикциянын колдонулуш чөйрөсү тууралуу маселе болуп саналат. МБТЮ жана МТРдин соттоо предметине карата болгон, эл аралык коомчулуктун практикасы, ЭАКСнун Статутун даярдоодо манилүү роль ойногон. ЭАКСнун Статутун иш жүзүндө, геноцид, аскер кылмышы жана адамзатка каршы кылмыш атайын трибуналдардын, ошондой эле, ЭАКСтун соттоо предмети болуп саналат деген негизде, МТРдин Статутунун 2 - 4 беренелери жана МТБЮнун 2 – 5 - берненелеринин жыйындысы катары кароо зарыл. Жалгыз гана жолтоо болуп, ЭАКСтун Статутуна агрессия кылмышын кошуу болуп саналат. Эл аралык коомчулуктун ушул пунктка болгон көз карашы, тез арада Статутту ратификациялоого жана ЭАКСун ишке киргизүүгө жол ача турган, ЭАКСту өтө жалпы тааануну камсыз кылуучу, эң жакшы ыкманы чагылдырат. Ал эми ЭАКСнун соттоо предмети тууралуу айта турган болсок, ЭАКСу юридикалык тараптар же мамлекеттерге карата эмес, жеке тараптарга карата гана юрисдикцияга ээ экендигин белгилей кетүүбүз керек.

Эл арлалык кылмыш соту тарабынан колдонула турган процессуалдык укук тууралуу маселеге келгенде, атайын трибуналдар тарабынан процессуалдык укукту колдонууну, негизинен адам укуктар тармагындагы эл аралык укуктун принциптеринин чагылышы, ошондой эле, айыпталуучулар үчүн акыйкат соттук териштирүүлөрдү камсыз кыла турган, граждандык жана саясий укуктар тууралуу Эл аралык пакт жана Адам укуктары боюнча Европалык конвенция өндүү, адам укуктары боюнча укуктук актыларга шайкештикте каралуусу керек. МТБЮ жана МТРдин Статуттарынын ЭАКСна жана анын процессуалдык эрежелерине тийгизген таасири тууралуу маселе, ушул жагдайда кайра каралуусу мүмкүн.

Универсалдык сот жазасына тартылуучулук принциби

Камакка алууга ордер (Конго Демократиялык Республикасы Бельгияга каршы), 2002[243]

56. Сот андан соң адамзатка каршы кылмыш же аскер кылмышын жасаган деп, шектелип жаткан учурда кызматын өткөрүп берген тышкы иштер министрине берилип жаткан кол тийбестик, эч качан бизди коргой албайт деген Бельгиянын аргументин карайт. Ушул позицияны колдоо үчүн, Бельгия, маселен, улуттук мыйзам актыларынан тартып, улуттук жана Эл аралык соттордун практикасына чейинки, Эл аралык кылмыш трибуналын түзгөн ар түрдүү укуктук документтерге карата болгон, өзүнүн контр – меморандумуна таянат.

58. Сот мамлекеттин ушул тармактагы практикасын, анын ичинде Франциянын Касациялык соту, лорддор палатасы өңдүү мамлекеттик соттордун чечимдерин жана улуттук мыйзам актыларын кунт коюу менен окуп - үйрөндү. Мына ушул практикадан жөнөкөй эл аралык укукта кылмыш юрисдикциясынын кол тийбестиги менен шайкеш келген, кандайдыр бир формадагы эрежелерди чыгарып коюуга жана адамзатка каршы кылмыш же аскердик кылмыш жасады деп шектелип жаткан, азыркы кызматтагы тышкы иштер министрлигинин кол тийбестигин келтирип чыгарууга эч кандай мүмкүнчүлүк жок эле.

Ошондой эле, сот Эл аралык кылмыш трибуналын түзүү тууралуу юридикалык атайын көрсөтүлгөн документтердеги (караңыз: Нюрнбергдеги Эл аралык аскер трибуналынын Уставы, 7 – берене; Токиодогу аскер трибуналынын Уставы, 6 – берене; мурунку Югославия боюнча Эл аралык кылмыш трибуналынын Статуту, 7 – берене, 2 – бөлүк; Раунд боюнча Эл аралык кылмыш трибуналынын Статуту, 6 –берене, 2 –бөлүк; Эл аралык кылмыш сотунун Статуту, 27 – берене) кызмат абалындагы кол тийбестик жана кылмыш жоопкерчилиги тууралуу эрежелер окулуп - үйрөнүлдү. Мындай эрежелер жөнөкөй эл аралык укукта, улуттук сотторго карата жогоркудай жокко чыгаруу бар деп жыйынтыктоого болбой тургандыгын аныктады.

Жыйынтыгында, Бельгия таянган Нюрнберг жана Токио Эл аралык аскер трибуналынын бир да чечими, адамзатка каршы же аскер кылмышын жасады деп, улуттук соттордо айыпталып жаткан, кызматтагы

[243] Arrest Warrant of 11 April 2000 (Democratic Republic of the Congo v. Belgium), Judgment, I.C.J. Reports 2002, p. 3.

тышкы иштер министринин кол тийбестиги тууралуу маселеге эч кандай тиешеси жок. Сот ошол себептүү бул чечимдер эч убакта өзү мурда чыгарган тыянактарын карама – каршы келбей тургандыгын белгилейт.

Жогорудагыларды эске алуу менен Сот бул маселе боюнча, Бельгиянын аргументтери менен такыр макул боло албайт.

59. Дагы бир белгилей кетчүү нерсе, улуттук соттордун юрисдикциясын жөнгө салуучу эрежелерди, кол тийбестиктин юрисдикциясын жөнгө салуучу ченемдерден кылдаттык менен айырмалоо керек: юрисдикция кол тийбестиктин жоктугун туюнпайт, ал эми кол тийбестик юрисдикцияны туюнтпайт. Ошентип, айрым бир оор кылмыштар үчүн жазалоо жана аны токтотуу, ар түрдүү Эл аралык конвенциялар мамлекетке аны куугунтуктоо жана кармап берүү милдетин жүктөйт. Ошону менен катар андан өзүнүн кылмыш юрисдикциясын кеңейтүүнү талап кыла алат. Бирок, мындай юрисдикциянын кеңейтилиши жөнөкөй Эл аралык укукка ылайык, анын ичинде, тышкы иштер министрлигинин кол тийбестигине эч качан тиешелүү болбоосу керек. Бул конвенцияларга ылайык ушундай юрисдикцияны колдонгон сотторду, чет мамлекеттик сотторго карама - каршы коюлушу мүмкүн.

60. Бирок Сот учурдагы тышкы иштер министрликтери пайдаланып жаткан юрисдикциядагы кол тийбестиктер, өзүнүн оордугуна карабай, алар жасай турган бардык эле кылмыштарга карата мыйзамсыз түрдө колдонуп жатат дегенди туюнтпайт. Кылмыш юрисдикциясындагы кол тийбестик менен жеке кылмыш жоопкерчилигин кол тийбестиги, таптакыр эки башка түшүнүк. Соттук кол тийбестик процессуалдык мүнөзгө ээ болсо да, бул маселе боюнча кылмыш жоопкерчилиги – бул материалдык укуктун маселеси. Соттук кол тийбестик белгилүү бир кылмыш үчүн же белгилүү бир убакыт өлчөмүндө кылмыш ишин козгоого тоскоолдук кылуусу мүмкүн, бирок, ал кылмышка толук түрдө жоопкерчиликтүү адамды бошотуп жибере албайт.

61. Ошол себептүү, Эл аралык укук боюнча кол тийбестикке ээ болгон учурда, иштеп жаткан жана мурунку тышкы иштер минстрлери, белгилүү бир шарттагы кылмыш куугунтуктоолору үчүн тоскоолдук болуп саналбайт.

Биринчиден, мындай адамдар өз өлкөлөрүндө Эл аралык укуктун чегиндеги кылмыштык куугунтуктоого каршы кол тийбестикке ээ эмес. Ошол себептүү алардын кылмышы ички мыйзам актыларына шайкеш келген башка өлкөлөрдө соттолушу мүмкүн.

Экинчиден, эгер алар өкүлү болгон же учурда мамлекеттер кол тийбестигинен ажыраткан болсо, анда алар чет элдик юрисдикция-

нын кол тийбестигин пайдалана албай калат.

Үчүнчүдөн, ошол адам тышкы иштер министри кызматын ээлебей калгандан кийин, ал башка мамлекеттердеги Эл аралык укукта каралган, бардык эле кол тийбестиктерден пайдалана албайт. Эл аралык укукка ылайык, юрисдикцияга ээ болгон шартта, бир мамлекеттин соту, башка мамлекеттин мурунку тышкы иштер министрин соттук жоопкерчилигине, кызматка келгенге чейинки же андан соңку мезгилде жасаган, ошондой эле, жеке тарап катары кызмат мөөнөтү учурунда жасаган иш – аракети үчүн жоопко тарта алат.

Төртүнчүдөн, учурдагы же мурунку тышкы иштер министрине каршы, алардын юрисдикциясынын чегинде айрым Эл аралык кылмыш соттору тарабынан кылмыш иши козголушу мүмкүн. Буга мисал болуп, Бириккен Улуттар Уюмунун 7 – Главасынын негизинде Коопсуздук Кеңешинин резолюциясы менен шайкеш келген жана Рим конвенциясында 1998 – жылы түзүлгөн, Эл аралык кылмыш сотуна ылайык мурунку Югославия боюнча Эл аралык кылмыш трибуналы, Раунде боюнча Эл аралык кылмыш трибуналы эсептелет. Мунун акыркысынын Статутунда, анын 27 – беренесинин 2 - бөлүгүндө түздөн – түз төмөнкүчө каралат: «улуттук же Эл аралык укукка ылайык экенине карабай, тараптардын кызмат абалы менен байланыштуу кол тийбестик же атайын процессуалдык ченемдер, ошол адамга карата Соттун өз юрисдикциясын ишке ашыруусу үчүн тоскоолдук кылбоосу керек».

Судья Радзевдин арызы

[58 – бет Рандзевдин арызы] Мен универсалдык юрисдикция тууралуу маселе, экстерриториалдык кылмыш юрисдикциясынын мүмкүнчүлүгүн түзгөн юрисдикция проблемасынан улам, мамлекетте укук бузууга шектелип жаткан, ар кандай эле бийлик органдары тарабынан, алдын ала жазалары күтүлгөн, кылмыш жасалган убакта мындай юрисдикцияны жана аймакты талап кылган, мамлекеттердин ортосундагы кандайдыр бир байланыш жок кезде, сырткы түрдө пайда болот деп жыйынтык чыгарат элем. Бул маселе кылмыш процессинин актысынын мүнөзү менен байланыштуу: бул жөнөкөй эле ээлеп алуу эмес, ал кылмыштык күчкө ээ жана кылмыш болгону үчүн, Эл аралык укук менен шайкеш келген минималдуу материалдык базаны талап кылат. Ушундан улам Бельгия түшүндүргөндөй, универсалдык юрисдикцияны ишке ашырууга түздөн түз тыюу салуу жеткиликтүү негиз болуп эсептелбейт.

Судьялар Хиггинс, Кооймансжана Бюргентал өзүнчө пикирлери

[80-81 беттер. М. Хиггинс, Кооймансжана, Бюргенталдан] Эгер мам-

лекет иш жүзүндө, универсалдуу кылмыш юрисдикциясын сырттан ишке ашырууну туура көрсө, анда ал ошондой эле айрым бир коргоолорду гарантиялашы керек. Кол салууну абсолютуу түрдө алдын алуу зарыл жана жазалоодон бошотуудан баш тартуу мамлекеттердин ортосундагы стабилдүү мамилени коркунучка алып келбөөсү керек.

Кылмыш юрисдикциясы, ишке тиешеси бар адамдардын кол тийбестигин бузууга же кол тийбестикке болгон сыйлабоочулуктун негизинде, ишке ашпоосу зарыл. Биз төмөндө бул тараптын белгилүү аспектилерине токтолобуз, бирок, азыр камоо үчүн ордер кийин берилген күндө да, териштирүү иштеринин башталышы, өзүнөн өзү бул принциптерди бузбагандыгын белгилейбиз. Иммунитетке ээ болгондорго Эл аралык укук тарабынан берилген билдирүү функциясы, мамлекет өзүн маалымат албагандай кармоосун талап кылбайт.

Универсалдык юрисдикциянын негизинде, кылмыш ишин козгоону каалаган мамлекет, кылмыш ишке тиешеси бар тараптарды айыптоо боюнча, алдын ала айыпталып жаткан адамга карата, алгач ошол мамлекеттин өзү кылмыш ишин козгоосу үчүн мүмкүнчүлүк берүүсү керек. Сот өз чечиминде бул иштин контексиндеги 16 – пунктунда мына ушул элементтерге таянат.

Мындан сырткары, ушундай айыпты ошол мамлекеттин өкмөтүнүн көзөмөлүнөн жана таасиринен толук түрдө сырта турган, прокурор же судья, тарабынан гана коюлушу мүмкүн. Мындан башка мыйзамсыздыкка каршы күрөшүү менен мамлекеттер аралык жакшы мамилени сактап калуунун ортосундагы кааланган тең салмактуулукту кармап калуу, эгер Эл аралык кылмыш юрисдикциясын ишке ашырууну талап кылган судья же прокурорго жеткирилген учурда гана сакталып калуусу мүмкүн. Мисалы, кылмыш ишинин курмандыктары менен байланыштуу тараптарга тергөө амалдарын козгоого милдеттендирген учурда.

Адам укуктары жана мамлекеттин жоопкерчилиги, Джеймс Кроуфорд[244]

(а)Куралданган оппозиялык группанын түздөн – түз жоопкерчилиги

Буга ылайык эреже мамлекеттердин мамлекеттик жоопкерчиликке карата жоопкерчилиги тууралуу беренелерде камтылган. Алар жалпы жоопкерчилик укугуна тиешелүү эмес. Козголоңчунун мамлекетке карата болгон иш – аракети тууралуу маселеге тийишпей туруп,

[244] 12th Raymond & Beverly Sackler Distinguished Lecture Series (October 25, 2006).

мындай аракет маселен, адам укуктары тууралуу жобону бузууга жасаган аракети үчүн Эл аралык укуктун чегинде өзүнө жоопкерчиликти ала алабы, деген суроону коюуга болот.

1949 – жылдагы Женева конвенциясынын 1 – Протоколу, Конвенциянын өтө жалпы 2 – беренесин «Бириккен Күчтөрдүн Уюмунун Уставына ылайык, мамлекеттер аралык кызматташтык жана достук мамилелерге тиешелүү, Эл аралык укуктун пинциптери тууралуу Декларация жана Бириккен Улуттар Уюмунун Уставында бекемделгендей, өзүн өзү аныктоо укугун ишке ашыруудагы расалык режимдерге, чет өлкөлүк басып алууга жана колониалдык үстөмдүккө каршы күрөшүүдөгү куралдуу конфликттерге» карата колдонууну кеңейтет. 2 - Протоколго таянуу толук аны толук чагылдыра албайт, туюнтуу формасы да, ички куралдуу чыр – чатакка тартылган куралдуу оппозициялык топтордун жоопкерчилигин түздөн – түз көрсөтө албайт. Протокол болгону мамлекеттер аралык согуштун шартына жана укуктарына ылайыкташтырылган топторго гана тиешелүү болгондуктан, Протокол мамлекеттин жоопкерчилигинин ушул өндүү негизинде гана алардын жоопкерчилигин аныктайт.

Зегвельд өзүнүн көз карашын, ички куралдуу оппозицияга тиешелүү көпчүлүк мыйзамдар жабырлануучулардын укуктары менен байланыштуу, башкача айтканда, ички чыр – чатак учурунда колго түшүрүлгөн жарандык адамдардын гуманитардык кызыкчылыгын жана адам укуктарын бузуу жана мыйзамдын бул чекити жоопкерчиликке тиешелүү маселелерди четке кагуу менен, башкача айтканда, жабырлануучунун укугу кимге каршы коюлуп жаткандыгы тууралуу маселени өзүнө жутуп алат деген позицияда туюнткан[245].

Эл аралык органдар адам укуктарын бузууну, куралдуу оппозициялык топторго тиешелүү деп, ачык айта албаса да, ички куралдуу кагылыштардын жүрүшүндө, айрым бир адам укуктарынын бузулган учурлары аныкталды. Мисалы, Америка аралык комиссия Колумбиядагы (1993) адам укуктарынын абалы тууралуу өзүнүн Экинчи докладында, куралдуу топтордун ишмердүүлүгү, «адамзаттык эң негизги укуктарды ишке ашырууга зыян келтргендигин» айтты.[246] БУУнун Комиссиясынын жумушчу топторунун төрагалары жана атайын докладчылары адам укугу боюнча төмөнкүчө белгилешти: (куралдуу топтордун иш – аракети) адам укуктарын ишке ашырууда кошумча

[245] Liesbeth Zegveld, The Accountability of Armed Opposition Groups in International Law, Cambridge, Cambridge University Press, 2002, p 3.

[246] Inter-American Commission Second Report on the Situation of Human Rights in-Colombia, OEA/Ser.L/V/II.84, p 213 (1993).

эффект берүүсү мүмкүн»[247]. БУУнун Баш катчысы 1999 - жылдагы Гумандуулуктун Фундаменталдык Стандарттары тууралуу өз докладында, «мамлекеттик эмес субъекттер да, адам укуктары тууралуу Эл аралык мыйзамга ылайык, айрыкча, мамлекеттик орган жашабай калган учурда же мамлекет мамлекеттик эмес субъекттер жасаган кылмышы үчүн, жазалоону каалабаган же жазалай албаган учурда жоопко тартылышы керектиги тууралуу айрымдары бекемдегендигин» белгилейт[248]. Бирок, бул адам укуктары боюнча Эл аралык уюмдардын практикасында, мамлекетке каршы аскер аракеттерин жасоо менен алектенген куралдуу оппозиялык топтордун, Эл аралык жоопкерчилигин аныктабагандыктан, бир топ шектүү. Иш жүзүндө куралдуу оппозициялык топтор тарабынан жасалып жаткан адам укуктарынын бузулуу фактылары туралуу билдирген учурда, адам укуктары боюнча комиссия, куралдуу топтордун иш – аракетин адам укуктарын бузуу катары мүнөздөөдөн баш тарткан[249].

(б) Жеке сектордун мамлекет менен биргеликтеги жоопкерчилиги

АКШнын Федералдык мыйзамы сот процессинде жеке тараптарга адам укугун бузуудагы мамлекет менен биргеликтеги жеке сектордун түздөн – түз жоокерчилигин аныктоо мүмкүнчүлүгүн берет.

Бул позиция улуттук мыйзам чыгарууда сейрек кездешүү менен, Кошмо Штаттардын келишиминде же Эл аралык укуктун ченемдерин бузгандарга карата чет өлкөлүктөрдүн кандайдыр бир иш – аракеттериндеги баштапкы юрисдикцияга ээ болгон Аймактык (Федералдык) соттордун чет өлкөлүктөрдү кылдат айыптоо тууралуу мыйзам менен байланыштуу[250]. Узак убакытка дейре унутулуп калгандан кийин, бул мыйзам Пен – Иралга каршы, Филартигдин ишинде кыйноону колдонгондугу тууралуу айыптоолорунда, парагвайлык жарандардын, парагвайлык бийликке каршы күнөө коюу юрисдикциясын калыбы-

[247] UN Commission on Human Rights, E/CN/4/1997/3, para 44: Report of the Meeting of Special Rapporteurs/Representatives Experts and Chairpersons of Working Groups of the Special Procedures of the Commission on Human Rights and the Advisory Services Programme, 30 September 1996. Quoted in Zegveld, 38-9..

[248] Report of the Secretary-General on Fundamental Standards of Humanity, Commission on Human Rights, E/CN.4/1999/92 (para 13), 18 December 1998.Quoted in Zegveld, 47.

[249] Zegveld 46 and n 132.

[250] Judiciary Act of 1789, ch 20 2 9(b), 1 Stat 73, 77 (1789), codified at 28 USC s 1350.

на келтирүүдө колдонулуп[251], 18 – кылымдан тартып, «улуттун укугун бузуу» маанисин туюнтуу тууралуу, азыркы дискуссиялардын баштапкы чекити болуп калган[252]. Төмөнкү деңгээлдеги соттор «улуттук укуктун» туюнтмасы, 1789 – жылдагыдай эле, Эл аралык укукка таандык[253] бул эреже Эл аралык укуктун бардык иштеп жаткан ченемдеринин чегинде, кылмыш ишин козгоо үчүн негиз болот деген кеңири пикирдин ортосунда калган. Ал эми Жогорку сот Альварес Мачэйнге каршы иште экинчи пикирди жактырган[254].

Состун эки постунда федералдык соттордун чечимдеринде адам укуктарын оолуттуу бузуу проблемасын жеке секторго таандыктоо маселеси каралган. Рио Тинто Пикке каршы Сарейдин иши, тогузунчу округдун Апелляциялык сотунда, 2006 – жылдын 7 – августунда үч судьянын курамында каралып, Папуа – Жаңы Гвинеядагы Бугенвиль аралында тоо – кен иштетүүчү британиялык компаниянын ишмердүүлүгүн себептери боюнча пайда болгон[255]. Судандагы Пресветериан чиркөөсүнүн Талисман Энерджи Инке каршы иши, Нью – Йорктун Түштүк аймагындагы Аймактык сотто 2006 – жылдын 12 – сентябрында каралган. Анын каралыш себеби болуп, Судандагы канадалык тоо – кен иштетүүчү компаниянын ишмердүүлүгү саналган[256]. Бул эки учурда тең, федералдык юрисдикция чет өлкөлүк айыптоочулардын күнөө коюуларынын негизинде козголгон. Жогоруда көрсөтүлгөн иштерде, жеке менчик сектордун субъекттеринин өз иш – аракеттери үчүн, Эл аралык укук боюнча жоопкерчилиги жана жеке менчик секторунун субъектеринин өздөрү иштеп жаткан мамлекет менен биргеликте жасаган кылмыш иштери боюнча жоопкерчилиги тууралуу маселер көтөрүлөт.

Рио – Тинтодогу доо арыз боюнча иш анда сотко тиешеси жок саясий маселер камтылган деген негизде, райондук сот тарабынан четке кагылган. Ошондой эле, Эл аралык сылыктык докторинасы жана мамлекеттик докториналардын таасиринен тыюу салынган. Доо коюучулар төмөнкүдөй фактыларды келтирет:

---

[251] 630 F.2d 876 (2nd Cir 1980).

[252] Some of the issues were identified immediately after Filartiga: see, e.g., Daniel Dokos, "Enforcement of International Human Rights in Federal Courts AfterFilartiga v Pena-Irala,"(1981) 67 Virginia Law Review 1379.

[253] See Tel-Oren v LibyanArabRepublic, 726 F.2d 724, 823 (D.C. Cir. 1984, Bork J concurring).

[254] 542 U.S. 692 (2004).

[255] 456 F.3d 1069, 1074.

[256] 288 ibid, 1075.

«[Т] Эл аралык тоо – кен иштетүүчү Рио - Тинто компаниясы жоопкер катары Папуа Жаңы Гвинея өкмөтү менен биргеликте аскер кылмышы, экологиялык катастрофа, расалык дискриминация жана Папуа Жаңы Гвинеянын жарандары үчүн өтө оор жоготууларды алып келген адамзатка каршы кылмышты өз ичине камтыган жалпы жана жөнөкөй Эл аралык укуктун ченемдерин бузуу боюнча ар түрдүү укук бузууларды жасаган»[257].

Рио – Тинтонун кара жумушчулары жез жана алтын казылган жерлерде алдын ала байкалгандай эле, «кулдук» шартта жашашкан. Алардын психикалык жана физикалык жактан ден-соолуктарына доо кетип, пайдалуу кен байлыктарды казып алуудагы таштандылардан улам курчап турган чөйрө да жабыркаган. Бугенвилдиктер менен PNGнин ортосунда жарандык согуш башталып, Бугенвилдиктер PNGдан бөлүнүүчүн аракет жасашкан. Согуш беш жылга созулуп, бул гуманитардык жана адам укугунун өтө оор бузулуушуна алып келген[258]. Төмөнкү баскычта турган сот «Папуа Жаңы Гвинея өкмөтү тарабынан жасалган белгилүү бир кылмыш үчүн Rio Tintoго карата болгон мамиле боюнча жоопкерчилиги далилденген учурда айыптоочуну колдой турганын» ал эми доо коюучулар АТСАнын согуш салттарын, мыйзамдарын бузгандыгы, адамзатка каршы кылмыш жасагандыгы, расалык дискриминация боюнча негиздүү айыптоолорун» айтып чыгышкан»[259].

Аскер командирининжоопкерчилиги

Прокурор Живеналя Кажылелиге каршы, 2003[260]

***

740. Бул бөлүмдө көрсөтүлгөн далилдердин ичинен, айыпталуучунун 1994 – жылдын апрель айындагы Мукинго, Нкули жана Кигонбедеги коммуналарда болгон адам өлтүрүүгө активдүү катышуусу тууралуу тыянактардан улам, айыпталуучу ошол убакта алардын туруктуу көзөмөлүндө болгон Мукинго жана Нкули коммуналарына тиешелүү Интерахамведе мына ушул адам өлтүрүүгө катышкандыгы анык бол-

[257] 456 F.3d 1069, 1074.

[258] ibid, 1075.

[259] Sarei v Rio Tinto PLC, 221 F. Supp.2d 1116 (C.D. Cal. 2002), 1148-9, 1139-63.

[260] International Criminal Tribunal for Rwanda, Judgement of 1 December 2003 Case Mp. ICTR-98-44A-T.

гон. Палата айыпталуучу бул иш – аракетти болтурбай коюу же аны токтотуу үчүн, эч кандай чара көрбөгөн деп эсептейт. Ушул тыянакты чыгаруу менен палата айыптоочунун күбөсүнүн көрсөтмөлөрүнөн ага оор денелик зыян келтирүү боюнча далилдерди тапкан. Күбө айыпталуучуга адам өлтүрүүнү токтот деп жалдыраса да, айыпталуучу «Ким өлбөй калса, аларга карата ууга чыгуу зарыл» деп, аны токтотуудан баш тарткандыгын билдирген[261].

Ошентип, прокуратура 1994 – жылдын 1- январынан тартып, 1994 жылдын 26 – июнуна дейре айыпталуучу пропуск чыгаруу үчүн ыйгарым укка ээ болгонун же ал аны жасоодон баш тарканын тастыктаган, эч кандай далилдерди келтире албагандыгынан улам, Палата айыпталуучу 1994 жылдын апрелинин башынан ортосун дейре, Мукинго, Нкули жана Кигомбе коммуналарында адам өлтүрүүнү токтото жана алдын ала алмак эмес деп эсептейт.

770. МТРдин Уставынын 6 (3) – беренесинде кылмыш жасоодо жана өзүнө баш ийген адамдардын кылмыш иши үчүн жазалоодо же тартипке салып, алдын алууга жөндөмсүздүгүүчүн, өз карамагындагылардын кетирген катачылыктары жана алардын иш – атакеттерин билбегендиги үчүн, башкаруучунун (начальниктин) кылмыш жоопкерчилиги каралган. Нюрнберг жана Токио сот процесстеринде колдонулгандай, жеке кылмыш жоопкерчилигинин принциптеринен, жогорку жоопкерчилик принциби келип чыгат жана ал 1977 - жылдагы Женева конвенциясынын 1 – Кошумча Протоколунун 86 – беренесинде бекитилген. Статуттун геноцидке жана адамзатка каршы кылмышка, Женева Конвенциясы жана 2 – Кошумча протоколь үчүн, жалпы 3 – берененин бузулушуна карата колдонулуучу 6 (3) – беренесинде төмөнкүчө айтылат: ушул Статуттун 2 жана 4 – беренелеринде көрсөтүлгөн кылмыштын, карамагындагы адамдар кайсынысын гана жасабасын, эгер ал өзүнүн карамагындагы адам кандайдыр бир кылмыш жасоого даярданып жатканын, же жасаганын билсе жана божомолдосо, башкаруучу күнөөкөрлөрдү жазалоо үчүн же мындай иш – аракеттин алдын алуу үчүн зарыл жана алдын ала чараларды көрбөгөн болсо, анда ал же анын башкаруучусу кылмыш жоопкерчилигинен кутула албайт[262].

771. МТРдин да, МТБЮнун да соттук практикасы, жарандык же аскер башкаруучусу өзүнүн көзөмөлүндө турган адамдарынын жасаган кылмышы үчүн, расмий макамы бардыгына же жоктугуна кара-

[261] T. 17 July 2001, pp. 59-61 (GBH).

[262] International Criminal Tribunal for Rwanda ICTR Statute, Article 6(3).

бай, кылмыш жоопкерчилигине тартыларын моюнга алган.[263]. Башкаруучу менен башкарылуучунун (анын көзөмөлүндөгү адамдын) бири – бирине баш ийүү тартиби түздөн түз да, кыйыр түрдө да болусу мүмкүн[264].

772. Башкаруучу өзүнүн карамагындагы иш - аракеттери үчүн, башкаруучуну кылмыш жоопкерчилигине тартуу үчүн, бир убакта төмөнкү үч шарт аткарылышы керек:

(i) кылмыш иши козголуп жаткан адам менен, кылмыш жасаган адамдын, башкаруучу жана башкарылуучунун ортосунда мамилелери жашайт;

(ii) башкаруучу кылмыш иши жасалышы керек болгонун же жасалганын билген жана билүүсү зарыл болгон учурда[265]295;

(iii) башкаруучукылмыштыналдыналууучүнжеагакүнөөлүүлөрдү жазалоо үчүн эффективдүү көзөмөл жүргүзбөгөндө[266]296.

775. Башкаруучуну өз карамагындагыларынын кылмыш аракеттери үчүн, жоопкерчиликке тартууда, палата ал өзүнүн карамагындагы адамдардын мындай аракеттерин билген же билиши керек болгонуна тереең ишенүүсү керек.

776. Бир географиялык аймактагы бийлик менен иерархиялык чынжыр аркылуу чырмалган, алда канча жогорку позицияда, өз карамагындагылардын кылмышы үчүн түздөн – түз жоопкерчилигине алып келбейт[267]. Адамдын иерархиялык абалы, карамагындагы адамдардын кылмыш аракеттерин билген же билүүсу зарыл болгондугунун манилүү индикатору болгон күндө да, жогорку иерахиялык позиция, өз алдынча турганда жеткиликтүү болбойт[268].

---

[263] Semanza, Judgment (TC), para.400; Bagilishema, Judgment (AC), paras. 50 and 51; Kayishema and Ruzindana, Judgment (TC), para.294; Musema, Judgment (TC), para. 148; Celebici, Judgment (AC), paras. 192-196.

[264] Musema, Judgment (TC), para.

[265] For example, crimes within the jurisdiction of the Tribunal.

[266] Celebici, Judgment (AC), paras. 189-198, 225-226, 238-239, 256 and 263; Celebici, Judgment (TC), para.346; Blaskic, Judgment (TC), para.294; Aleksovski, Judgment (TC), para. 69; Kordic, Judgment (TC), para.401; Kunarac and Kovac, Judgment (TC), para.395; Kayishema and Ruzindana, Judgment (TC), paras. 217-231; Bagilishema, Judgment (AC), paras. 26-62 ; Bagilishema, Judgment (TC), paras. 38-50; Semanza, Judgment (TC), para. 400; Niyitegeka, Judgment (TC), para.477.

[267] Semanza, Judgement (TC), para.404; Bagilishema, Judgment (TC), paras.44-45;Akayesu, Judgment (TC), para. 489.

[268] Semanza, (TC), para.404; Bagilishema, Judgment (TC), para. 45.

777. Башкаруучу өз карамагындагылар Уставдын 2, 3 жана 4 - беренелеринде каралган кылмышты жасагандыгын же жасоо алдында турганын билген же билүүгө негиз болгон учурда гана аракет жасоого милдеттүү[269].

Геноцид

Геноцид кылмышынын алдын алуу жана ал үчүн жазалоо конвенциясын колдонуу тууралуу иш (Босния жана Герцеговина, Сербия жана Черногорияга каршы)[270]

***

186. Сот Конвенциянын 2 – беренесинде аныкталгандай, геноцид өз ичине «аракет» жана «алдын ала даярдануу» камтыйт. Мындай аракеттерге төмөнкүлөр кирери кеңири белгилүү:

(а) топтордун мүчөлөрүн өлтүрүү;

(б) топтун мүчөлөрүнө оолуттуу денелик зыяндарды жана психикалык бузулууларды келтирүү;

(в) топторүчүн алардын баарын же айрымдарын физикалык түрдө жок кылууга ылайыкталган жашоо шарттарын билип туруп жасоо;

(г) топтогу балдардын төрөлүүсүн токтотууга эсептелген чара

(д) балдарды бир топтордон экинчи бир топторго зордук менен берүүнүн өзү, өзү менен бирге субъективдүү факторлорду алып жүрөт. «Адам өлтүрүү» алдын ала ойлонулуп жасалып, «оолуттуу денелик зыян же психикалык бузулууга» алып келүүсү керек. Субъективдүү факторлор 2 – бereненин (с) жана (е) функттарында түпкүлүгүндө «зыян келтирүү» жана «колдонуу» деген сөздөрдү туюнтканын айтпаганда да, «ойлонулуп» жана «алдын ала» деген сөздөр менен туюнтулган, ошондой эле, зордуктоо иш – аракети да алдын ала ойлонулуп, максаттуу түрдө жасалган иш – аракетке таандык болот. КМПнын сөзүнө ылайык, иш – аракет өз табияты боюнча аң – сезимдүү, ал-

[269] Semanza, (TC), para.404; Bagilishema, Judgment (TC), para.45.

[270] Application of the Convention on the Prevention and Punishment of the Crime of Genocide (Bosnia and Herzegovina v. Serbia and Montenegro), Judgment, I.C.J. Reports 2007, p. 43.

дын ала ойлонулган же эрктик акты болуп саналат. (1996 – жылкы адамзаттын коопсуздугуна жана тынчтыгына каршы Кодекстин проектинин 17 – беренесине карата Комментарийи (КМП 1996г. // Ежегодник Международной комиссии по международному праву.-1996.- Том II. Часть вторая.- Стр. 44.- П.5).

187. Жогоруда аталгандардан сырткары, 2 – берене кошумча субъективдүү факторлорду талап кылат. Мында «группаны кандай болсо, так ошондой, толук түрдө же айрым гана бөлүгүн жок кылууну ойлонуу...» деген эмне экенин тактоо керек. Мисалы, (а) пунктунун шартында группанын мүчөлөрүн алдын ала ойлонуп өлтүргөндүгүн тактоо жетишсиз. Ошондой эле, кошумча алдын ала ойлонуулар да такталышы жана өтө так аныкталуусу керек. Бул көпчүлүк учурда атайын же конкретүү алдын ала каалоого же dolusspecialiske таандык. Бул соттук иште эрежеге ылайык, аны «конкретүү алдын ала ойлонуу (dolusspecialis)» деп атайт.

Топтун мүчөлөрү ошол топко таандык болуп калганы үчүн, бутага айланып калуу фактысы жетишсиз. Мында андан да көп нерсе талап кылынат. 2 – беренедеги аталып өткөн иш – аракеттер, группаны кандай болсо, так ошондой, толук түрдө же айрым гана бөлүгүн жок кылууну алдын ала ойлонулган түрдө жасалуусу керек. «Кандай болсо, так ошондой» деген сөз айкаштары аркылуу

корголуп жаткан группаны жок кылуу боолгонуп жатат.

188. Алдын ала ойлонуу жана анын конкретүү талаптары, геноцид башка

өзү сымал кылмыш иштер менен аралаш түрдө жасалган учурдагы конткестин бөлүгү болгон кезде бөлүнүп көрсөтүлөт. Анын ичинде, мурунку Югославия боюнча Эл аралык кылмыш трибуналынын (мындан ары «МЮБЭАКТ» же «Трибунал») Соттук палатасы тарабынан Купрескичтин иши боюнча белгиленгендей, адамзатка каршы кылмыш жана жок кылуу учурунда:

«Күнөөнү аныктоо талаптары геноцидге салыштырмалуу төмөн болгону менен, адамзатка каршы жөнөкөй кылмыштан жогору. Ошол себептүү, Соттук палата жок кылуу адамзатка каршы кылмыш сыяктуу эле, геноцид жана ал өзү кирген түр сымал кылмыш болуп эсептелерин белгилегиси келет. Жок кылуу ана геноцид, белгилүү бир группага таандык тараптарга, ага таандык болуп калган себептүү бутага айланткан кылмыштар болуп эсептелет. Бул эки учурда тең, алардын диндик, расалык жана этникалык таандыктыгынан улам, атакалоо, дискримина-

циялоону каалоо өңдүү манилүү фактор жашайт. Эгер жок кылуу учурунда дискриминациялык алдын ала ойлонуу адамгерчиликсиздиктин ар түрдүү формаларын кабыл алып, адам өлтүрүүнү да өз ичине алган, көптөгөн иш - аракеттерден көрүнсө, ал эми геноцид учурунда бул максат группаны кандай болсо, так ошондой, толук түрдө же жарым – жартылай жок кылууну алдын ала ойлонуу менен коштолот. Ошентип, mens reанын көз карашына ылайык, геноцид жок кылуунун эң акыркы жана адамгерчиликсиз формасы болуп саналат. Башкача айтканда, жок кылуу группанын өзүн же жарым - жартылайын жок кылууга багытталган, ойлонулган, жана кылдат пландаштырылган акыркы формасына жеткен учурда, мындай жок кылууну геноцид актысы деп белгилөөгө болот» IT-95-16-T, 2000 – жылдын 14 – январыындагы токтом, 636 – пункт).

190. ...«МЮБЭАКТ» белгилегендей, ошол эле убакта «геноциддик саясат менен катар эле, кеңири белгилүү «этникалык тазалоо» саясатынын ортосунда көрүнүп турган окшоштук» байкалса да, (Крстич, IT-98-33-T, Соттук палатанын 2011 – жылдын 2 – августундагы чечиминин 562 – пункту) баары бир группаны жөнөкөй ликвидациялоо менен, физикалык жок кылуунун ортосундагы айырмачылыкты тактоо керек. Группаны же ошол группанын бөлүгүн кетирүү, өз алдынча турганда геноцид үчүн жетишсиздик кылат». (Стакичтин иши T-97-24-T, Соттук палатанын 2003 –жылдын 13- июлундагы чечиминин 519 пункту). Башкача айтканда, «этникалык тазалоо» катары каралган, конкреттүү операция генецидге алып келери, Конвенциянын 2 – беренесинде саналып өткөн актылардын бардыгы же жоктугуна, ошондой эле, группаны кандай болсо, так ошондой түрдө жок кылууну ойлогондугуна көз каранды болот. Иш жүзүндө Конвенциянын контексиндеги «этникалык тазалоо» термини, өз алдынча турганда эч кандай юридикалык мааниге ээ эмес. Ошондой болсо да, «этникалык тазалоо» актысы Конвенциянын 2 – беренесинде тыюу салынган иш – аракеттер менен катарлаш жүрүүсү мүмкүн жана ал мындай иш – аракетти ишке ашырууга эргүү берген, конкретүү, алдын ала ойлонулган (анык ойлонулган) ойдун бардыгын аныктоодо манилүү болуусу мүмкүн.

Жоргич Германияга каршы, адам укуктары боюнча Европалык соттун чечими, 2007[271]

***

3. Арыздануучу Конвенциянын 5 – берененин 1 (а) - пунктуна жана 6 –берененин 1 –пунктуна таянуу менен, геноцид үчүн аны күнөөлүү деп табуу үчүн, немецтик сот юрисдикцияга ээ эмес деп бекемдейт. Ошондой эле, анын ичинде, улуттук сот коргоочунун күбөсүн чет өлкөгө чакыруудан баш тарткандыгы үчүн, Конвенциянын 6 – беренесинин 1 жана 3 (д) - бөлүктөрү боюнча, соттук териштирүү адилетсиз болду деп бекемдейт. Мындан сырткары, ал аны геноцид жасады деп күнөөлөө, Конвенциянын 7 – беренесинин 1 - пунктун бузуу деп арызданган. Анткени, улуттук соттордун бул кылмышты өтө эле кеңири түшүндүрүшүнүн немецтик же Эл аралык публикалык укукта негизи жок болчу.

8.Даатануучу 1995 – жылдын 16 –декабрында Германиядан чыгып баратканда кармалып, геноцид актысын жасаганга шектүү деген негизде СИЗОго камалган.

18. Мындан сырткары сот арыздануучу Кылмыш кодексинин 220 (а) -беренесинин чегинде, алдын ала ойлонуп, геноцид жасоо үчүн аракет жасагандыгын аныктаган. Бир канча юридикалык жазуучулар тарабынан айтылган пикирлерге таянуу менен, Кылмыш кодксинин 220 (а) – беренесинин чегинде, «группаны жок кылуу» анын өз алдынчалыгындагы социалдык бирдик катары, группаны жана анын бири – бирине болгон таандыктык сезимдерин жок кылуу болуп саналган; мында биолого – физикалык жактан жок кылуунун зарылдыгы жок болгон деп билдирет. Бирок, арыздануучу Босниянын түндүгүндөгү мусулман топторын, жок эле дегенде, Добой областындагы мусулман топторын жок кылууну алдын ала ойлогон деген тыянак чыгарылган.

35. Кылмыш кодексинин 220 (а) – беренеси, Германиянын Кылмыш кодексине, Германиянын геноцид тууралуу Конвенциясына кирген учурда, 1954 – жылдын 9 – августунда кирген Мыйзамга ылайык келип кирген жана 1955 – жылдан тартып күчүнө кирген. Кылмыш кодексинин 220 (а) жана 6 – беренелери, Эл аралык укукка каршы кылмыштар тууралуу кодекс күчүнө кирген күндөн тартып, өз күчүн жоготкон. Жаңы Кодекстин 1 – беренесине ылайык, эгер кыл-

[271] Jorgic v. Germany, Application no. 74613/01, European Court of Human Rights, 12 July 2007.

мыш чет өлкөдө жасалып, Гермнияга эч кандай тиешеси жок болгон күндө да, ал геноцид өңдүү, (караңыз: жаңы Кодекстин 6 – беренеси) Эл аралык укукка каршы кылмыш жасагандарга карата колдонулат.

99. өкмөт 2011 - жылдын 2 - августундагы өзүнүн токтомунда, Прокурордун Кристичке каршы ишинде, Трибуналдын Соттук палатасы апелляцияны канаттандыруу учурунда, түздөн - түз формада, ушул иш боюнча өз токтомунда, федералдык конституциялык соттун «жок кылууну алдын ала ойдонуу» тууралуу түшүнүгү тууралуу түшүндүрмөсүн четке какканын моюнга алган. Трибунал биринчи жолу «мыйзамда каралбаган кылмыш жок» деген принципке таянуу менен, Эл аралык публикалык укуктагы геноцид кылмышы группаны биологиялык же физикалык жактан жок кылууга багытталган актылар менен чектелген деп бекемдеген. Бирок МЮБЭАКТтын 2001 – жылдагы геноцид кылмышынын мындай тар түшүндүрүлүшү, алардын ою боюнча, ишенимдүү болгон эмес. Анткени арызданууучу 1992 – жылы өз кылмышын жасаган учурда, бул геноцид катары квалификацияланат деп алдын ала ойлогон оюн тастыктагандыгынан эле көрүүгө болот. Эмне болгон күндө да, немецтик соттор этникалык тазалоону жалпысынан геноцид деп квалификациялаган эмес, бирок, арыздануучу бул иштин алкагында ал геноцид жасагандыгы үчүн күнөөлүү экендиги такталган. Анткени ал группаны жөн эле кысымга албастан, социалдык бирдик катары аны жок кылууну алдын ала ойлогон.

105. Сот улуттук соттор «мындай группаны жок кылуу оюн» жалпысынан Кылмыш кодексинин 220 (а) – беренесинин 1 – пунктунун контексинде №4 (бул группада балдардын төрөлүшүн токтотууга багытталган чараларды киргизүү тууралуу) жана №5 (балдарды бир группадан экинчи группага зордуктоо менен өткөрүү) альтернативаны эске алуу менен, бул групалардын мүчөлөрүн физикалык жактан жок кылууну талап кылбаган абалда, системалуу түрдө түшүндүрүп келгенин белгилейт. Сот улуттук соттордун «группаны жок кылууну алдын ала ойлонуу» тууралуу «түшүндүрмөлөрү» бир катар окумуштуулар тарабынан кабыл алынгандай эле, (караңыз: жогоруда, 36 жана 45 – бөлүктөр) группаны физикалык жактан жок кылуу зарылдыгын көрсөтпөйт. Бирок, бул контекстеги формулировкада, Кылмыш кодексиндеги геноцид кылмышы тууралуу маселе жашынып жаткандыгы айдан ачык көрүнүп турат деп эсептейт.

113. Жогоруда айтылгандарды эске алуу менен, сот мурда эле геноцид кылмышын алда канча кеңири түрдө түшүндүрүү боюнча позициялар бар экендигине, анын ичинде немец сотторунда да мындай

мүмкүнчүлүктөр болгонуна карабай, көпчүлүк бийлик структуралары геноцид кылмышын тар мааниде түшүндүрүүгө ылайык шарт түзүп келген деп эсептейт. Мына ушундай шартта, сот зарыл болгон учурда, адвокттын жардамы менен, 1992 – жылы жасаган кылмыш иши үчүн геноцид жасады деген күнөө менен соттолорун жана күнөөлүү болорун алдын ала эле билип алса болмок деп эсептей. Сот ушуга байланыштуу, арыздануучу бир топ оор жана узакка созулган кылмыш аракетери: бир канча адамды өлтүрүү, аскер адамы жана аскерлешкен группировканын лидери катары, саясий этникалык тазалоо максатында, көп сандаган адамдарды камакка алып, мыкаачылык менен мамиле жасагандыгы үчүн, күнөөлүү деп табылуу фактысын да эске алуусу зарыл.

Прокурор Живеналя Кажылелиге каршы, 2003[272]

***

803.Башка кылмыштардай эле, геноцид кылмышы да, күнөөлүү эркти (mens rea), ошондой эле укукка каршы аракетти (actus reus) да аныктоону талап кылат. Геноцид үчүн күнөөлүү адам (эрк) Статуттун 2 (20) – беренесинде жалпы жоболордо көрсөтүлгөндөй, өз ичине конкреттүү алдын ала ойлонууну же атайын жаман ойду, б. а., «улуттук, этникалык, расалык же диний тайпаны толук же жарым – жартылай жок кылуу максатында, алдын ала ойлонулган ойду» камтыйт. Ал эми укукка каршы иш – аракет Статуттун 2 (2) – беренесинде көрсөтүлгөндөй, жогоруда белгиленгендей, (303)[273] беш актыдан турат.

• Конкреттүү алдын ала ойлонуу тууралуу күбөлүк

804. Геноцид кылмышындагы алдын ала ойлонуну аныктоодо Акайестин иши боюнча 1 – Соттук палатанын төмөнкү жобосун кароо, бир топ нерсеге үйрөтөт:

> «Алдын ала ойлонуу өтө татаал, ал гана эмес, аныктоо мүмкүн болбогон психикалык фактор болуп эсептелет. Бул негизги себеп катары кызмат кылат. Анткени күнөөкөр өз кылмышын мойнуна албаган учурда, анын алдын ала ойлонуусу, белгилүү бир сандагы фактылардын жыйындысынан келтирилип чыгарылат. Эсептөө палатасы геноцидди алдын ала ойлонууну, бул кылмыштар бир эле кылмышкер тарабынан жасалганына же

[272] International Criminal Tribunal for Rwanda. Judgment of: 1 December 2003. CaseNo. ICTR-98-44A-T.

[273] Seeabove: PartIV, SectionD.

жасалбаганына карабай, ошол эле группага үзгүлтүксүз түрдө багытталган, башка кылмыш аракеттеринин жалпы контексинен келип чыккан, конкретүү актыга мүнөздүү иш – аракеттерден келтирип чыгарууга болот деп эсептейт. Ал эми жырткычтыктын масштабы, аймактагы же өлкөдөгү алардын жалпы мүнөзү, же андан сыркары турган белгилүү бир группага таандыктыгы үчүн, алдын ала жана системалуу түрдө курмандыкка багытталуусу жана бул учурда башка топтордун мүчөлөрүнө тийишпөө фактысы, конкреттүү актынын максатын аныктайт[274] .

806. Кайишемдин жана Рузиндандын ишинде[275], 2- Соттук палата мурдагыдай эле кылмышкерлердин ачык түрдөгү алдын ала ойлоунуусун табуу кыйын болот деп чечкен. Мына ушундай шартта, Палата кылмышкердик иш – аракети, анын ичинде кыйыр далилдер, алдын ала ойлонуу тууралуу жеткиликтүү далилдерди бере алат деген ойго токтогон[276]. Палатанын маалыматы боюнча, алдын ала ойлонуунун айрым бир белгилери болуп, группага же анын байлыгына физикалык кол салуу; ошол группанын мүчөлөрүнө карата болгон мамиледе, алар тууралуу шылдыңдоочу айтымдарды максаттуу түрдө колдонуу; колдонулган куралдар жана келтирилген зыяндардын деңгээли; пландаштыруунун усулдуулугу, өлтүрүүнүн үзгүлтүксүздүгүөңдүү далилдер эсептелет[277]. Мындай лидерчилик өз ичине саясий жана административдик лидерлердин, диний лидерлердин, окумуштуулардын жана интеллектуалдардын, ишкерлердин жана башкалардын жыйындысы, иш жүзүндө өлгөндөрдүн санына көз карандысыз түрдө геноциддин өтө күчтүү белгиси болуп саналат[278].

• Жок кылуу

808. 2 – беренеге ылайык, айыпталуучу, эгер ал группаны жок кылууну көздөсө, жоопко тартылат. Трибуналдын Соттук палатасы, анын ичинде, Семанздын ишинде 2 – беренеде түшүнүлгөндөй,

---

[274] Akayesu, Judgment (TC), para.523.

[275] Kayishema and Ruzindana, Judgment (TC), para. 93.

[276] The Chamber drew conclusions from a legal text, which cited the Final Report of Commission of Experts to the effect that the specific intent may be inferred from sufficient facts such as the number of group members affected: see Kayishema and Ruzindana, Judgment (TC), para. 93.

[277] Kayishema and Ruzindana, Judgment (TC), para. 93.

[278] Jelisic, Judgment (TC), 14 December 1999, para.82.

жок кылуу деген түшүнүк, «конкреттүү группанын улуттук, тилдик, диний, маданий же башка идентүүлүгүн жок кылууга эмес, группаны физикалык же биологиялык каражаттар менен материалдуу жок кылуу» дегенди тууюнтарын камтыган Эл аралык укуктук Комиссиянын докладына таянган[279].

• Толук түрдө же жарым – жартылай

809. 2 - беренеге ылайык, айыпталуучу эгер группаны толук же жарым - жартылай жок кылууну алдын ала ойлогон болсо, анда ал жоопко тартылат. «Бул трибуналдын чечиминде түшүндүрүлгөндөй, «толук же жарым - жартылай» жок кылуунун алдын ала ойлонулганын тактоо үчүн, кылмышкер группанын мүчөлөрүн жер шаарынын бардык булуң – бурчтарынан толук түрдө жок кылуу үчүн, аракет кылганын көрсөтүүнүн зарылдыгы жок. Ошондой болсо да, кылмышкер белгилүү бир группанын көпчүлүк бөлүгүн жок кылууну алдын ала ойлонгон болуусу керек[280]. Иштин маңызы боюнча, Соттук палата Семанздын иши боюнча, ошол эле учурда прократура геноцидди тактоо үчүн, курмандыктардын сандык тоскоолу жок болгондуктан, кылмышкердин белгилүү бир группаны толук бойдон же жарым – жартылай жок кылуу үчүн алдын ала ойлонгонун, эч кандай шек келбегендей түрдө тактоосу зарыл[281].

• Корголгон топтор

811. 2 – беренеге ылайык, айыпталуучу геноцид жасоодо, «улуттук, этникалык, расалык же диний» топторду жок кылууга аракет жасагандыгын далилдөө зарыл. Бул Трибуналдын Соттук палатасы иштеп чыккан бул концепция таптакыр колдонулбайт. Анткени ар бир түшүнүк, конкреттүү саясий, социалдык, тарыхый жана маданий контексттин алкагында бааланууса керектигин белгилейт.[282]. Ошого жараша, геноцид кылмышын жазалоо же алдын алуу боюнча концепцияны колдонуу, геноцидди жасаган кылмышкер өз курмандыгын өзү жок кылууну пландап жаткан топко таандык адам катары, кабылдаган

---

[279] See “ILC Report 1996; Draft Code of Crimes Against the Peace and Security of Mankind”, p. 90; Semanza, Judgment (TC), 15 May 2003, para. 315; Kayishema and Ruzindana, Judgment (TC), para. 95.

[280] See “ILC Report 1996; Draft Code of Crimes Against the Peace and Security of Mankind”, p. 90; Bagilishema, Judgment (TC), para. 64; Kayishema and Ruzindana, Judgment (TC), para.96; Akayesu, Judgment (TC), para.496 - 499; Semanza, Judgment (TC), para. 316.

[281] Semanza, Judgment (TC), para. 316.

[282] Bagilishema, Judgment (TC), para.65; Musema, Judgment (TC), para.161.

топко мүчө болуу, бул баарынан мурда, маңызы боюнча объективдүү эмес, субъективдүү концепция[283].

Ошентип, «топ категориясын аныктоо, объективдүү жана субъективдүү критерийлерге таянган, ар бир конкретүү учурда, индивидуалдык негизде болуусу керек»[284].

• Укукка каршы иш – аракет

812. Геноцид кылмышы үчүн, укукка каршы иш аракет, Статуттун 2 (2) – беренесинде каралган. Бул иш боюнча пайда болгон маселер чектелүү, ал эми палата төмөнкү талаптардын маанисине обзор жүргүзүүсү гана керек:

(а) «группанын мүчөлөрүн өлтүрүү», ошондой эле, (б) «ошол группа мүчөлөрүнө оолуттуу денелик зыян же акыл – эстик бузулууларды келтирүү».

843. Палата айыпталуучу геноцид актысы үчүн (тутси этникалык группасынын мүчөлөрүн өлтүрүү) Мукинго жана Нкулу коммуналарында жана Кигомбе коммунасында Рухенгердин апелляциялык сотунда, Статуттун 6 (3) – беренесине ылайык, анын кол алдындагы адамдар тарабынан жасалган кылмышы үчүн, жоопкерчиликке тартылышы керектигине эч кандай шектенбейт.

Прокурор Радислав Крстичке каршы, 2004[285]

***

6. Соттук мыйзамдын 4 - беренесинде жана геноцид тууралуу концепцияда[286], «улуттук, этникалык, расалык жана диний топторду толук же жарым – жартылай жок кылууну алдын ала ойлоп» жасалган кээ бир иштерди жашырып коёт». Бул иш боюнча расмий айып тагуу, Радислав Карстич «улуттук, этникалык жана диний группа катары, босниялык мусулмандардын айрым бөлүгүн жок кылууну көздөгөндүгүн» бекемдейт»[287]. Бутага алынган группа, расмий айып тагууда, Соттук палата тарабынан босниялык мусулмандар катары

[283] Rutaganda, Judgment (TC), para.56; Musema, Judgment (TC), para. 161; Semanza,
[284] Judgment (TC), para. 317. Semanza, Judgment (TC), para. 317.
[285] International Tribunal for the Prosecution of Persons Responsible for Serious Violations of International Humanitarian Law Committed in the Territory of the Former Yugoslavia Since 1991. Case No: IT-98-33-A. Date: 19 April 2004.
[286] Article II of the Genocide Convention.
[287] Indictment, para. 21.

аныкталган[288]. Соттук палата босниялык мусулмандар көп кырдуу, өзгөчө адамдар экендигин тактап, ошол себептүү бул шарт 4 – берене аркылуу жөнгө салынарын айтат[289]. Бул тыянак аталган апелляция тарабынан да жокко чыгарылган эмес[290].

7. Расмий айып тагуудан белгилүү болгондой, Крстич босниялык мусулмандардын улуттук группасын толугу менен эмес, анын бир бөлүгүн гана жок кылууну көздөгөн. Бул апелляцияда сунуш кылынган биринчи маселе, Радислав Крстич геноцидддик көздөөгө ээ болгонбу деген маселе болгон. Соттук палата боснялык мусулмандардын көпчүлүгүн 4 – берененин жана геноцид тууралуу Конвенциянын талаптарына кандайдыр бир деңгээлде шайкеш келерин далилдеген.

8. Баарына белгилүү болгондой, геноцид үчүн кесүү, корголгон группаны «жарым – жартылай» жок кылууну көздөөгө, ошол бөлүк группанын негизги бөлүгү болгонуна жараша болот. Геноцид тууралуу Конвенциянын максаты болуп, бүтүндөй эле группага таасирин тийгизе ала турган, анын оолуттуу бөлгүн же бүтүндөй эле адамзат группасын жок кылууну көздөөнүн алдын алуу болуп саналат. Апелляциялык палата бул маселени карай элек болсо да, аны Трибуналдын эки соттук палатасы карады. Jelisiстин ишинде, маселенин карама - каршы келген биринчи учурунда, Соттук палата «Конвенциянын максатын (геноцид тууралуу) эске алуу менен, массалык кылмыштулук менен күрөшүүдө, бардык эле адамдар тарбынан моюнга алынгандай, жок кылууну көздөө, жок эле дегенде группанын көпчүлүк бөлүгүнө багытталышы керектигин»[291] белгиледи. Соттук палата ушундай эле тыянакка Sikiriстин иши боюнча да келди: «Аныктаманын бул бөлүгү жок кылууну көздөө группанын калкынын жалпы санына салыштырмалуу анын көпчүлүгүн жок кылууну көздөө бол-

---

[288] See Trial Judgement, para. 558 ("the indictment in this case defined the targeted group as the Bosnian Muslims").

[289] Ibid., paras. 559 - 560.

[290] See Defence Appeal Brief, paras. 28, 38.

[291] Jelisić Trial Judgement, para. 82 (citing Report of the International Law Commission on the Work of its Forty-Eighth Session, 6 May – 26 July 1996, G.A.O.R., 51st session, Supp. No. 10 (A/51/10) (1996), p. 89; Nehemiah Robinson, The Genocide Convention: A Commentary (1960) (1st ed. 1949), p. 63; Genocide Convention, Report of the Committee on Foreign Relations, U.S. Senate, 18 July 1981), p. 22). The Jelisić Trial Judgement was reversed in part by the Appeals Chamber on other grounds. See Jelisić Appeal Judgement, para. 72. The Trial Chamber's definition of what constitutes an appropriate part of the group protected by the Genocide Convention was not challenged.

гондугун карата далилдерди талап кылат»[292]. Бул Соттук палаталар түшүндүргөндөй, талаптардын оолуттуулугу, геноциддин массалык кылмыш катары аныктаган мүнөзүн өз кучагына алуу менен, Конвенциянын группанын негизги бөлүгүн жок кылуу, бүтүндөй эле группанын андн ары жашап кетүүсүнө карата болгон тынчсыздануусун жаратат[293].

15. Бул учурда Соттук палата коргоого алынган группа катары, босниялык мусулмандардын улуттук группасын аныктоо менен, VRSтин Башкы штабынын жана Радислав Крстичтин максатынын бөлүгү болуп, Сребреництеги босниялык мусулмандар же Чыгыш Босниядагы босниялык мусулмандар болгон деп корутунду чыгарган. Бул тыянак жогоруда саналып өткөн талаптарга толук жооп берет.

24. Коргоочу мындан сыркары, Соттук палата Радислав Крстичтин жүрүм – турумун баяндоодо. каталык кетирип, натыйжада, ал геноцид үчүн кесилип жатат деп бекемдейт. Соттук палата, Коргоочу геноциддин мүмкүн болбогондой кеңири аныктамасын келтирип, өзүнүн традициялык жашоосунан жалпылыкты кысымга алууну күчөтүү кылмышкер корголгон группаны жок кылууну көздөгөндүгүн көрсөтүүчүн жетиштүү деп кортундулайт[294].

25. Геноцид тууралуу Конвенция жана Эл аралык жөнөкөй укук жалпысынан алганда, адамзат группасын физикалык жана биологиялык жактан талкалоого гана тыюу салат. Соттук палата бул чектөөнү түздөн – түз моюнга алган жана кандайдыр бир алда канча кеңири аныктамаларды колдонгон эмес. Палата билдирген: «Эл аралык жөнөкөй укук, геноциддин аныктамасын бүтүндөй группаны же анын бөлүгүн физикалык же биологиялык жактан жок кылууга карата аракеттенген иш – аракеттер менен чектеп коёт. Адамзат группасынын маданий жана социологиялык мүнөздөмөсү, ошол группага өзүнүн жеке идентүүлүгүн берген, жалпылыктын башка мүчөлөрүнөн айырмалап турган элементтери жок кылынып, алар геноциддин бул аныктаманын ичине сыйбай калган»[295].

26. Соттук палата босниялык мусулмандарды колго түшүрүү учурунда, VRS аскер адамдары менен жарандык адамдардын орто-

---

[292] Sikirica Judgement on Defence Motions to Acquit, para. 65.

[293] Jelisić Trial Judgement, para. 82; Sikirica Judgement on Defence Motions to Acquit, para.77.

[294] DefenceAppealBrief, para. 43.

[295] 325 Trial Judgement, para. 580. See also ibid., para. 576 (discussing the conclusion of the International Law Commission, quoted in note 39, supra).

сундагы айырмачылыкты эске алган эмес.[296]. Ошондой болсо да, жарандык калк, курал алып жүрүүгө жөндөмдүү, бирок, алар профессионал солдаттар сыяктуу аскер коркунучун жарата албайт. Ошол себептүү Соттук палата VRS жарандык туткундарды алардын согуштук коркунуч келтирип жаткандыгынан улам өлтүргөн деп айтууга болбойт. Соттук палата курман болгондордун айрымдары майыптар болгондугун, ошол себептүү, алар атайын даярдыктан өткөн адамдар болгон эместигин белгилейт[297]. Ушул эле факты Соттук палатанын «адамдарды мындай жок кылуу, согуштук негизден келип чыккан эмес» деген тыянагынан да көрүнөт.

27. Мындан сырткары соттук палата, «аскер курагындагы адам» деген түшүнүктү бөлүп көрсөтүшүнүн өзү, туура эмес болгон. Анткени VRS тарабынан өлтүрүлгөн группа, бул куракка кирбеген балдардан жана карылардан турган.[298]Жаш жана улгайып калган эркектер курал көтөрүп жүрүүгө жөндөмдүү болсо да, Соттук палата алар ооолуттуу аскер коркунучун келире албайт деген тыянак чыгаруу менен, VRSтин аларды өлтүрүү боюнча, кийинки чечими аларды коркунуч катары кабылдоодон гана келип чыккан эмес деп тыянак чыгарууга укуктуу болчу. Аскер курактагы эркекетерди, албетте, физикалык жок кылуу болгон, ошондой эле, өлтүрүү сфераларын эске алуу менен, Соттук палата аларды кыруу геноцидди көздөө менен мотивдешкен деп, мыйзамдуу түрдө тыянак чыгарса болмок.

Адамзатка каршы кылмыштар

Прокурор Живеналь Кажылелиги каршы, 2003[299]

864. Айыпталуучу адамзатка каршы кылмыш катары, адам өлтүрүү, кыруу, зордуктоо жана башка өңдүү адамгерчиликсиз актыларды жасагандыгы үчүн айыпталган[300]. Айыпталуучу тараптан ушул иш - аракеттердин кайсынысын гана жасабасын, палата аны кеңири

[296] Ibid., paras. 547, 594.

[297] Ibid., para. 75 & n. 155.

[298] Ibid., n. 3.

[299] International Criminal Tribunal for Rwanda. Judgment of: 1 December 2003. Case No. ICTR-98-44A-T.

[300] The Count 7 on Persecutions on political, racial and religious grounds as a Crime Against Humanity was withdrawn by the Prosecution in its Closing brief (Corrigendum), 19 June 2003, paras. 138 and 139.

маштабдагы үзгүлтүксүз кол салуунун алкагында жасалган деп эсептеген күндө да, жарандык калк улуту, саясий ишеними, этникалык, расалык жана диний таандыктыгы боюнча, дикриминацияга кабылса, ал адамзатка каршы кылмышка таандык болуп саналат.

865. Айыпталуучуга адамзатка каршы кылмыш жасады деп күнөө коюлуп жаткан кылмышынын ар бир пункту боюнча, соттук тергештирүү жогоруда көрсөтүлгөндөй, кылмыш составындагы элементтерди далилдөөсү керек.

866. Иш – аракет өзү менен бирге кол салууну алып жүргөн, башка иш – аракеттерди жасоодогу убакыт жана орун сыяктуу бирдей деталдарды сактоо зарылдыгы жок, кеңири масштабдагы же үзгүлтүксүз кол салуунун бөлүгү болуп калуусу мүмкүн. Иш – аракеттин кеңири масштабдагы жана үзгүлтүксүз кол салуунун бөлүгү болуп саналарын аныктоо үчүн, палата анын мүнөздөмөсүн, максатын жана натыйжасын карайт.

Негизги элементтер

• Кол салуу

867. Палата ушул трибуналдын алкагында, «Статуттун 3 (a)дан (i) га чейинки – беренесинде саналып өткөн[301] мыйзамсыз иш – аракет, окуя же окуялардын топтому катары аныкталган, «кол салуунун» кабыл алынган аныктамасын бекемдейт»[302]. Бул аныктама Трибуналдын соттук практикасынын жүрүшүндө туруктуу бойдон кала берет.[303]

868. Мындан сырткары, конкреттүү дискриминациялык мотив менен жасалган кол салуу, куралдуу күчтөрдү сөзсүз түрдө колдонуунту талап кылбайт, ошондой эле, ал өзү менен бирге, жарандык калкка карата адамгерчиликсиз, аяоосуз мамиленин башка формаларын да алып жүрүүсү мүмкүн.[304]

Кол салуу кеңири масштабдуу жана үзгүлтүксүз болуусу керек

869. Статуттун француз жана англис тилдериндеги версиялары, бирдей эле күчкө ээ, бирок бир нерсе тууралуу бирдей айтпайт.

---

[301] Semanza, Judgment (TC), para. 327.

[302] Semanza, Judgment (TC), para. 327.

[303] Musema, Judgment (TC), para.205; Rutaganda, Judgment (TC), para.70; Akayesu, Judgment (TC), para. 581.

[304] Semanza, Judgment (TC), para.327 ;Musema, Judgment (TC), para.205; Rutaganda, Judgment (TC), para. 70; Akayesu, Judgment (TC), para. 581.

Француз тилиндеги версия бириктирүүчү «кеңирир мастабдуу жана үзгүлтүксүз» болсо, ал эми анлис тининдеги версиясы ажыратуучу «кеңири масштабдуу жана үзгүлтүксүз» болуп саналат[305]. МТР жана МТБЮ трибуналдарынын практикасы, Эл аралык жөнөкөй укукка ылайык[306], англис тилиндеги версияны кабыл алган[307].

870. III Соттук палата Семанздын иши боюнча чечим чыгарды: «Палата бул эки трибуналдын бирдей, (бир түрдүү) практикасынан четтеп кетүүнүн эч бир негизин жок деп эсептейт». Бул палата да, ушул практиканы кабыл алат жана стандарт катары, «кеңири – масштабдуу же үзгүлтүксүз» колдонулган англис тилиндеги версияны колдонот».

Кеңири масштабдуу

871. «Кеңири масштабдуу» терминге Статуттун 3 - беренесиндеги мааниси боюнча, кол салуунун элементи катары Трибуналдын ар түрдүү Соттук палаталары тарабынан, бир канча башка маани берилген. Муну кол салуунун масштабын көрсөтүүчүн, кээде көпчүлүк курмандыктар талап кылынат деп айтууга болот[308]. Палата Соттук па-

---

[305] The relevant provision of the French text in Article 3 of the Statute reads "gйnйralisйe et systйmatique".

[306] For a review of the International practice on this issue see: Tadic, Judgment (TC), paras. 646-648.

[307] Semanza, Judgment (TC), para.328; Ntakirutimana and Ntakirutimana, Judgment (TC), para.804; Bagilishema, Judgment (TC), para.77; Musema, Judgment (TC), paras. 202-203; Rutaganda, Judgment (TC), para.68; Kayishema and Ruzindana Judgment (TC), para.123; Akayesu, Judgment (TC), para. 579. The same position has been taken in the ICTY, however it must be emphasized that article 5 of ICTY Statute does not contain the requirement that the crimes must be committed as part of a widespread or systematic attack, which has been constructed in ICTY jurisprudence in line with customary international law. Tadic, Judgment (TC), paras. 646-648. See also Kunarac, Judgment (AC), para. 93; Tadic, Judgment (AC), para.248; Krnojelac, Judgment (TC), para.55; Krstic, Judgment (TC), para.480; Kordic and Cerkez, Judgment (TC), para.178; Blaskic, Judgment (TC), para.202; Kupreskic, Judgment (TC), para.544; Jelisic, Judgment (TC), para. 53.,

[308] Semanza, Judgment (TC), para.328 Semanza, Judgment (TC), para.329; Niyitegeka, Judgment (TC), para 439; Ntakirutimana and Ntakirutimana, Judgment (TC), para.804; Bagilishema, Judgment (TC), para.33; Musema, Judgment (TC), para.204, Rutaganda, Judgment (TC), para.69; Kayishema and Ruzindana, Judgment (TC), para.123; Akayesu, Judgment (TC), para. 580.

латалар тарабынан, Ниитегека[309] жана Нтакирутиманынын[310] иши боюнча, «чоң масштабдагы үзгөлтүксүз көптөгөн курмандыктардын катышуусу менен» деген критерий боюнча берилген аныктамаларды кеңири колдонот.

Систематикалык

872. Бул Трибуналдын соттук практикасында «үзгүлтүксүз» деген термин, өз ичине саясат жана план деген түшүнүктү сөзсүз түрдө камтышы керекпи? деген маселенин тегерегинде, айрым бир дебаттар да болуп өткөн[311]. Палата муну туура эмес деп эсептейт жана III Соттук палата Семанздын ишинде, Кунарастын иши боюнча, МТБЮнун Апелляциялык палатасынын юриспруденциясы тарабынан жактырылган, «саясаттын жана пландын жашоосу сөзсүз түрдө манилүү болгон убакта, ошол себептүү, ал кол салуу жарандык калкка карата багытталганын жана кеңири масштабда жана үзгүлтүксүз [...] болгонун тактоодо колдонуу менен, мындай пландын жашашы кылмыштын өзүнчө юридикалык элементи болуп саналбайт[312]» деген позициясын кабыл алат. Палата «үзгүлтүксүз» түшүнүгү, Статуттун 3 – беренесиндеги кол салуунун элементи катары, кол салуунун уюшулган мүнөзүн көрсөтөт деп эсептейт. Иш – аракеттин моделин демонстрациялоо да, акыр аягында келип, Палата көрсөткөндөй, өзү менен бирге далилдик баалуулукту алып жүрөт.

Кол салуу бардык эле жарандык тараптарга багытталышы керек

873. Акайестин иши боюнча, жарандык калк төмөнкүчө аныкталат:

[...] Согуштук иш - аракеттерге активдүү катышпаган тараптар, анын ичинде -куралын өткөрүп берген куралдуу күчтөрдүн мүчөлөрү, аскер катарынан оорудан, жарадар болуудан, колго түшүүдөн жана башка себептерден улам чыгып калган адамдар. Эгер жарандык калктын арасында жарандык тараптын аныктамасына кирбей калган,

---

309 Semanza, Judgment (TC), para.329; Niyitegeka, Judgment (TC), para 439; Ntakirutimana and Ntakirutimana, Judgment (TC), para.804; Bagilishema, Judgment (TC), para.33; Musema, Judgment (TC), para.204, Rutaganda, Judgment (TC), para.69; Kayishema and Ruzindana, Judgment (TC), para.123; Akayesu, Judgment (TC), para. 580.

310 Niyitegeka, Judgment (TC), para 439.

311 Ntakirutimana and Ntakiutimana, Judgment (TC), para.804.

312 Semanza, Judgment, (TC), para.329; Bagilishema, Judgment (TC), para. 77; Kayishemaand Ruzindana, Judgment (TC), para. 123-124.

белгиүү бир адамдар болсо, ал калкты жарандык мүнөзүнөн ажырата албайт[313].

874. Ушул аныктаманы трибуналдын соттук практикасы да жетекчиликке алган[314]. Ал эми Багилишемдин ишинде төмөндөгүдөй кошумча киргизилет:

Бласкисте бекемделгендей, «курмандыктын кылмыш жасап жаткан учурдагы статусу эмес, аны жарандык тарап катары аныктоо учурунда эске алынуусу зарыл»[315].

875. Багилишемдин ишинде белгиленгендей, «калк» термини адамзатка каршы кылмыш геогрфиялык аймактын же дубандын бардык эле калкына каршы багытталышын талап кылбайт.[316]. Семанздын ишинде ал андан ары мындыйча түшүндүрүлөт:

Жогоруда аталган актылардын курмандыгы, (курмандыктары) кол салуунун негизги бутасы болуп саналган, жарандык калк менен, географиялык же башка мүнөз өзгөчөлүктөрдү сөзсүз түрдө алып жүрүүсү зарыл эмес. Бирок, мындай мүнөздөмөлөр аталып өткөн иш – аракеттер кол салуунун бөлүгүн гана түзөрүн демонстрациялоо үчүн колдонулуп кетүүсү мүмкүн[317].

Кол салуу дискриминациялык мотив менен жасалуусу зарыл

877. Статуттун 3 – беренесинде «улуттук, саясий, этникалык, расалык жана диний мотив» боюнча жасалган, жарандык калкка кол салуу тууралуу айтылат. Юрисдикциянын бул жобосу, мүнөзү боюнча, Трибуналдын юрисдикциясын кылмыштын бир топ тар категориясы менен чектеп, Эл аралык укуктагы адамзатка каршы кылмышты аныктамасын өзгөртүүнү көздөбөйт. Айырмачылык түшүнүктүү. Акайес иши боюнча, Апелляциялык палата өз позициясын билдирди:

Апелляциялык палатанын оюуна ылайык, Эл аралык гуманитардык укук боюнча куугунтуктоо жана дискриминациялык алдын ала ойлонуу учурларынан башка, адамзатка каршы бардык эле кылмыштар үчүн,

---

313 Semanza, Judgment (TC), para.329; referring to Kunarac, Judgment (AC), para.98.

314 Akayesu, Judgment (TC), para.582.

315 Rutaganda, Judgment (TC), para.72; Musema, Judgment (TC), para.207; Semanza,Judgment (TC), para. 330.

316 Bagilishema, Judgment (TC), para.79, referringtoBlaskic, Judgment (TC), para.214.

317 Bagilishema, Judgment (TC), para.80, following Tadic, Judgment (TC), para. 644. 347 Semenza. Judjment) (TC), para. 330

юридикалык негиз болуп эсептелбейт. Мына ушул мааниде, Апелляциялык палата жогоруда талкуулангандай, Тадичтин иши боюнча, анализди жана жалпы жыйынтыкты колдой албайт. Бирок, бул кылмыш жасоо үчүн, негизги шарт болбосо да, бардык эле адамзатка каршы кылмыш, чындыгында жарандык калкка дискриминациялык кол салуунун контексинде жасалат. Тадичтин ишинде бул тууралуу төмөнкүчө айтылат: «Көпчүлүк учурда адамзатка каршы кылмыш улуттук, саясий, этникалык, расалык жана диний себептен улам, бута катары атайын тандалынып алынган, жарандык калкка карата жасалары чындык. Мына ушул контексте жана Раундедеги окуялардын мүнөзүнө ылайык, (жарандык калк иш жүзүндө дискриминациялык кол салуунун бутасына айланган) Коопсуздук Кеңеши дискриминациялык мотив боюнча, жасалган учурунан сырткаркы адамзатка каршы кылмыш боюнча, Трибуналдын юрисдикциясын чектөө боюнча чечим кабыл алган. Мына ушунун өзү, Коопсуздук Кеңеши адамзатка каршы кылмыш өндүү кылмыштарды жасаган адамдарды куугунтуктообоого аракет жасап жатканын билдирет.

• Адамзатка каршы кылмыштын субъективдүү фактору

880. Ушуга чейинки адамзатка каршы кылмыштын субъективдүү фактору тууралуу, эң эле так билдирүүнү, Семанздын ой калчоолорунан табууга болот:

Айыпталуучу өзүнүн жарандык калкка карата жасаган иш – аракети кол салуунун бөлүгү болорун билип туруп, кол салуунун алда канча кеңири контексинин туруп аракет жасаган[318].

881. Палата ушул позицияны толук түрдө колдойт.

Прокурор Радислава Крстичке каршы[319]

***

216. Айыптоочу Соттук палатанын Радислав Крстичти 1995 - жылдын 13 жана 19 – июлунун ортосундагы, Сребреництеги босниялык мусулмандарды кугунтуктоо жана жок кылуудагы жана 1995 – жылдын 10 жана 13 – июлунун ортосунда, Потоцаридеги мусулман дининдеги босниялык жарандык адамдарга карата, адамзат-

[318] Semanza, Judgment (TC), para.332; Ntakirutimana and Ntakirutimana, Judgment (TC), para.803; Bagilishema, Judgment (TC), para.94; Musema, Judgment (TC),para.206; Kayishema and Ruzindana, Judgment (TC), para.134.

[319] International Tribunal for the Prosecution of Persons Responsible for Serious Violations of International Humanitarian Law Committed in the Territory of the Former Yugoslavia since 1991. Case No: IT-98-33-A. 19 April 2004.

ка каршы кылмыш катары жасаган жырткычтык иштери жана адам өлтүрүүлөрү үчүн, жоопко тартууда аларды бириктирип жибергени үчүн баш тартат. Соттук палата Крстичти геноцид боюнча айыптоо үчүн, кошулбай турган фактыларды бирге караган себептүү, ага каршы кыруу жана куугунтуктоо боюнча, айыптарды алып салган. Ошондой эле, адам өлтүрүү жана жырткычтык менен жасалган иш – аракеттер, адамзатка каршы кылмыш өңдүү, кылмыштар сыяктуу эле, адам өлтүрүү жана жырткычтык мамилелер куугунтуктоо боюнча, айып тагуудагы негизги акты болгондуктан, куугунтуктоо кылмышынын чегинде эске алыгнгандыгы тууралуу чечим кабыл алат.

217. Ал эми коргоочу тарап, айыптоочу жазалоо мөөнөтүн узартууну талап кылбаган соң, эгер апелляция негиздүү деп табылса, апелляцияны коюлган айыптан толук баш тартууну талап кылат[320]. Бирок, Апелляциялык палата белгилеп көрсөткөндөй, айыптоонун жыйындысын импорттоо, алардын өкүмгө тийгизген таасири менен эле чектелбейт. Биргелешкен айыптоо айыпталуучуга кошумча стигмаларды жүктөйт жана анын мөөнөтүнөн мурда бошотулуу укугуна коркунуч келтириши мүмкүн[321]. Экинчи жагынан алганда, айыптоонун көптүгү керек учурда айыпталуучунун толук түрдө күнөөлүү экендигин көрсөтүүчүн кызмат кылып, анын кылмыштык иш – аракетинин толук картинасын камсыз кылат[322]. Айыптоочунун апелляциясы өкүмдү жокко чыгара албаса да, бары бир керек.

219. Прокуратура калыбына келтирүүгө аракет жасап жаткан, биринчи жокко чыгарылган айып, бул Сребренцтеги босниялык мусулман эрекектерди өлтүрүүгө негизделген 5 – беренеге ылайык, жок кылуу боюнча тагылган айып болуп саналат[323]. Соттук палата, ошол эле фактыларга негизделген, 4 – берене боюнча, Радислав Крстичке тагылган геноцид тууралуу айып менен бирдикте каралышы мүмкүн эместиги тууралуу чечим кабыл алган[324]. Прокуратура бул чечим тура эмес өбөлгөгө негизделген, тактап айтканда, саналып өткөн кылмыштар 5 – берененин талаптарына ылайык, жарандык калкка кеңири масштабдуу же үзгүлтүксүз кол салуу, мыйзам тарабынан геноциддин элементи катары киргизилген[325].

---

[320] Defence Response, para. 7.

[321] See Kunarac et al. Appeal Judgement, para. 169; Mucić et al. Judgement on Sentence Appeal, para. 25.

[322] Kunarac et al. Appeal Judgement, para. 169.

[323] Prosecution Appeal Brief, paras. 1.6, 3.38.

[324] Trial Judgement, paras. 682, 685 - 686.

[325] Prosecution Appeal Brief, para. 3.34.

220. Бул маселе МТРдин Апелляциялык палатасы тарабынан, Музембдин ишинде колдонулган. Апелляциялык палата бул учурда Соттук палата тарабынан чыгарылган тыянакка карама – каршы жыйынтыкка келген. Тергөөчүнүн аргументтерин кайталоо менен, МТРдин Апелляциялык палатасы, «геноцид жок кылуу түшүнүгү талап кылбаган, улуттук, этникалык, расалык жана диний топторду толук түрдө же жарым – жартылай бөлүгүн жок кылууну алдын ала ойлогондугун тастыктаган далилдерди талап кыларын», ал эми «кырып жок кылуу адамзатка каршы кылмыш катары, геноцид учурунда талап кылынбагандай, жарандык калкка кеңири масштабда же үзгүлтүксүз түрдө кол салуунун чегинде жасалган кылмыш экендигин далилдөөнү талап кыларына» таянуу менен, геноцид жана кырып жок кылууга уруксат берген[326].

221. Соттук палата бул учурда, жарандык калкка өтө кеңири жана үзгүлтүксүз кол салу, геноциддин талаптарына таандык болгон, ошол себептүү улуттук, этникалык, расалык же диний топторду толук түрдө же жарым - жартылай жок кылууну алдын ала ойлонгон деген тыянакка келген[327]. Соттук палатанын пикирине ылайык, бул алдын ала ойлонулган ойду ишке ашыруу үчүн, геноцид жасаган тарап, «ушул өндүү иш – аракеттин ачык моделинин контексинде», тыюу салынган иш – аракеттерди жасоосу зарыл болчу же бул иш – аракеттер группаны «толук түрдө же жарым - жартылай жок кылууга, өзүнөн өзү таасирин тийгизиши, өз алдынча турганда, ошондой аракет» болуусу зарыл болчу[328]. Бул талап «кокусунан болгон жана өзүнчө аракетти» жок кылгандыктан, Соттук палата ал жок кылуу өндүү, жарандык калкка кеңири масштабдуу же үзгүлтүксүз түрдө кол салуунун бөлүгү болуп саналат[329] деген 5 – беренени кайталайт.

223. Кырып жок кылуу, адамзатка каршы кылмыш сыяктуу эле, кылмышкер бул байланыш тууралуу билген, жарандык калкка кеңири масштабдуу жана үзгүлтүксүз кол салуунун чегинде, тыюу салынган иш аракеттер калыптанганын далилдөөнү талап кылат[330]360. Бул эки талап геноциддин укуктук факторунда болбойт. Кылмышкердин жа-

---

326 Musema Appeal Judgement, para. 366. At the Appeal hearing, the Defence conceded that, under the reasoning of Musema, convictions for extermination and genocide are not impermissibly cumulative. SeeAT, p. 281.

327 TrialJudgement, para. 682.

328 Ibid.

329 Ibid.

330 Tadić AppealJudgement, para. 248; see also Kunarac et al. Appeal Judgement, paras. 85, 96, 102.

рандык калкка кеңири жана уюшулган түрдө кол салууга катышуусун билүүсү, алдын ала ойлонулган геноцидди колдоосу болуп саналат деп жыйынтык чыгаруу үчүн, тергөөчүгө далилдөөчү базаны гана табууну калтырат. Уставда жана жөнөкөй Эл аралык укукта аныкталгандай, геноцид кылмышы геноцидди жасаган тарап, жарандык калкка карата болгон кеңири масштабдуу жана үзгүлтүксүз түрдөгү кол салууга катыштыгы бардыгын далилдөөнү талап кылбайт[331].

225. Соттук палата жок кылуу жана генцид тууралуу алдын ала ойлоону аныктоо, «эки учурда тең, өлтүрүүжарандык калктын көпчүлүк бөлүгүн өлтүрүү планынын бөлүгү болгондугун аныктоону талап кылат»[332] - деген тыянакка келген. Бирок, Апелляциялык палата, «пландын же саясаттын болушу, геноцид кылмышынын юридикалык компоненти болуп саналбасын түшүндүргөн[333]. Мындай пландын болуусу, айыпталуучу геноцид үчүн зарыл болгон, алдын ала ойлоого ээ болгонун тактоого жардам берет жана ал алдын ала ойлонуу тууралуу божомолдоону далилдейт, Бирок, ал кылмыштын укуктук компоенти болуп саналбайт[334]. Мындан сырткары, Апелляциялык палата, адамзатка каршы кылмыштын укуктук элементтери (анын ичинде жок кылуу да) бул кылмыштарды жасоо үчүн, пландын же саясаттын болгонун далилдөөнү талап кылат деген Аргументти четке каккан[335]. Мындай пландын же саясаттын болушу, жарандык калкка кол салуу кеңири масштабда же үзгүлтүксүз түрдө болгонунун манилүү даалили болсо да, адамзатка каршы кылмыштын юридикалык компоненти боло албайт. Анткени жок кылуу да, геноцид да, негизги иш – аракетин ишке ашыруу үчүн, пландын же саясаттын болгонун далилдөөнү талап кылбайт. Бул фактор, Соттук палатанын жок кылуу кылмышы геноцидге таандык деген тыянагын тастыктай албайт.

---

[331] See, e.g., 1 The Rome Statute of the International Criminal Court: A Commentary (Antonio Cassese, Paola Gaeta, John R.W.D. Jones, eds, 2002), at p. 340 (under customary international law, “it is only for crimes against humanity [and not for genocide] that knowledge of the widespread or systematic practice is required”).

[332] 362 Trial Judgement, para. 685.

[333] Jelisić Appeal Judgement, para. 48.1

[334] See ibid.

[335] Kunarac et al. Appeal Judgement, para. 98

Прокурор Тадичке каршы[336]

***

271. Соттук палата жарандык калкка кеңири масштабдуу же үзгүлтүксүз түрдө кол салуу менен эч кандай байланышы жок кылмыш, ошол себептүү ал адамзатка каршы кылмыш катары квалификацияланбашы зарыл. Адамгерчиликке каршы кылмыш, жөнөкөй кылмышка караганда, адептик жактан аябай бузулган өзгөчө мүнөзгөө ээ болуусу менен, айырмаланып турган кылмыш болуп эсептелет. Ошентип, күнөөкөрдү адамзатка каршы кылмышы үчүн жазага тартууда, кылмыш жарандык калкка (куралдуу конфликт жүрүп жаткан учурда) кол салуу менен байланыштуу экендигин далилдөө зарыл жана айыпталуучу анын кылмышы бири – бири менен байланыштуу экендигин билүүсү керек.

285. Прокуратура тарабынан, адилеттүүлүк менен белгиленгендей, 5 – беренени анын обңектине жана максатына ылайык түшүндүрүү, жогоруда айтылган ойду тастыктайт. Устав адамзатка каршы бардык эле кылмыштар, анын ичинде, мындай кылмыш түшүнүгү талап кылган бардык шарттар аткарылган, 5- берененин (h) пунктунда көрсөтүлгөн, саясий, расалык же диний мотив боюнча жасалбаган болгон күндө да, жазалануусу керектигин камсыздоо максатында иштелип чыккан. Статуттун түзүүчүлөрүнүн гуманитардык максатары менен байланышта караганда, «адамзатка каршы» кылмыш тууралуу мыйзамдын ченемдерина кирген, кылмыштардын классын эмне себептен оолутту түрдө чектеп, бирок, дикриминациялык алдын ала ойдун болбогондугу үчүн гана, жарандык калкка каршы оолуттуу жана кеңири масштабдагы же үзгүлтүксүз түрдөгү кылмыштардын бардык эле мүмкүн болгон учурларын, бул класстын чегинен сырткары калтыргандыктарын түшүнүү мүмкүн эмес. Мисалы, дискриминациялык алдын ала ойлоо талаптары, адамзатка каршы кылмыш катары, жарандык калктын арасында терроруду жайылтууга багытталган, ылганбаган жана өзүм билемдик менен жасалган зордукту жазалоону жок кылмак. Анын үстүнө, 5 – берененин предмети жана максаты талап кылган, Генералдык секретарь тарабынан анын докладында жана Коопсуздук Кеңешинде анын үч мүчөсү тарабынан жасалган билдирүүсүндө, каралган сунуш кылынган беш негиз менен чектелүүсү керек деген негиздер үзгүлтүккө учураган. 5 – беренени мындай түшүндүрүү дискриминациянын саналып

---

[336] International Tribunal for the Prosecution of Persons Responsible for Serious Violations of International Humanitarian Law Committed in the Territory of the Former Yugoslavia since 1991, Case No. IT-94-1-A. Date: 15 July 1999.

өткөн белгилери жайылтылбаган курмандыктардын группасын коргоодо ийгиликсиз болушун жана маанилүү көңдөйлүктү жаратат. Улутчул Германиянын тажрыйбасы көрсөткөндөй, адамзатка каршы кылмыш 5 – беренеде аталып өткөндөрдөн башка дискриминациялык негиз боюнча, мисалы, денелик жана психикалык майыптыгы, курагы же алсыздыгы, сексуалдык орентациясы боюнча жасалышы мүмкүн. Так ушундай эле, 1930 – жылдардагы Советтер Союзундагы «тап душмандарын» жок кылуу (чындыгында экинчи дүйнөлүк согушка чейинки германиядагы улутчулдук окуялары куралдуу конфликт учурунда эмес, тынчтык учурунда болгон) жана 1975 – 1979 – жылдардын аралыгындагы Хамер Рудж башкарып турган кездеги, Комбоджидеги шаардык билимдүү адамдарды депортациялоо жана башка учурлар Генералдык секретар өз докладында дискриминациялык негиз боюнча санап өткөн, адамзатка каршы кылмыштардын так санына, анын сферасына кирбей калат.

292. Мына ушунун өзү жөнөкөй эл аралык укук, эл аралык келишимдердин жана жалпы эрежелерге негизделген улуттук прецедент-тик укуктун, акырындык менен өнүгүүсүнөн улам келип чыккандыктан, адамзатка каршы бардык эле кылмыштар боюнча куугунтукка алууну же дискриминайиялоону көздөбөйт деп жыйынтык чыгарууга мүмкүндүк берет.

305. Соттук палата Соттук териштирүү адамгерчиликке каршы бардык эле кылмыш, дискриминациялык алдын ала ойлоону талап кылат деп тактоо менен, ката кетирген деп туура билдирген. Мындай алдын ала ойлоо, аны түздөн - түз талап кылган, б. а., териштирүүнүн бардык эле түрлөрүнө карата 5 (h) – берене боюнча гана кылмыштын алмаштырылгыс укуктук элементи болуп саналат.

Аскер кылмыштары

Генерал Т. Ямаситага каршы сот процесси[337]

«Согуштун мыйзамдарын жана салттары боюнча уруксат берилбеген эрежелерди бузуу менен. күнөөлүү тарабынан жасалган кылмыштарты үч категория боюнча бөлүштүрүүгө болот:

[337] 367 US Military Commission, Case No. 21. Manila. (8th October – 7th December, 1945), and U.S. Supreme Court of the (Judgments delivered on 4th February, 1946) at 8, 14.

1) басылып алынган жарандык тараптарды жана аскер туткундарын мыкаачылык менен башкаруу, ачка калтыруу, талкалоо же сотсуз өлтүрүү;

2) Филиппиндин өтө көп сандагы жашоочуларын, анын ичинде, аялдарды жана балдарды, диний ордендердин мүчөлөрүн, массалык түрдөөлтүрүү, кыйноо, зордуктоо, бычактоо, баштарын кесүү, токмоктоо, асуу, тирүүлөй өрттөө, жардыруу менен жок кылуу;

3) согуштук зарылдыгы болбосо да, көп сандагы үйлөрдү, коммерциялык ишканаларды, диний ыйык жайларды, орууканаларды, коомдук жайларды жана билим берүү мекемелерин өрттөө же сүрдүрүп салуу. Жасалуу убагына келсек, айыпталуучу тарабынан бул кылмыштар, ал Филиппиндеги япон аскерлерин башкарып турган учурда жасалган. Ал эми жасалуу орду боюнча, кылмыш бүтүндөй эле Филиппин архипелагында болгон. Белгилей кетчүү нерсе, мыкаачылык иштердин көпчүлүгү Лусон аралында жасалган.

«Айыпталып жаткан бул офицер Азияда, Малайда, Европа жана япон аралдарында согуш учурунда, тынчтык кезинде да, япондук императордук армиянын штабдык – командалык кызматында көп жыл кызмат кылган, өз масштабы боюнча көп жылдык аскер тажрыйбасы бар адам болгон. Адамзат тарыхында бардык эле аскер түзүлүштөрүндө болгондой, аскер войскасынын командачылыгына дайындоо, көптөгөн ыйгарым укуктарды эле бербестен, зор жоопкерчиликти да талап кылары белгилүү.Бирок, бир аскери адам өлтүргөнү же бирөөнү зордуктап койгондугу үчүн, анын командирин адам өлтүргүч же зордукчул катары кароо келесоолук болор эле. Ошондой болсо да, адам өлтүрүү жана зордуктоо, жамандык жасоо, өч алуу өтө кеңири тараган кылмыш болгондуктан, кылмыштык иш – аракеттерди башкарууда жана аны болтурбоодо, натыйжалуу тажрыйбасы көрүнбөсө, анда ал командир, көп жылдык тажрыйбасына карабастан, аларды курчап турган шарттардын мүнөзүнө ылайык, өз аскерлеринин мыйзамсыз иш – аракетери үчүн, жоопкерчиликке, ал гана эмес, кылмыш жообуна да тартылышы мүмкүн. «Эгер командир акыры келип, мыйзамсыз иш – аракеттерди жасоого алып келүүчү буйрукту чыгарса, кылмыш жообуна тартылары аныктыгы экени мурдатан эле белгилүү. Америка Кошмо Штаттарынын 27 - 10 согуштук (полевой) уставы, Жөө аскерлер согушунун эрежери жана салттарында, бул пункттар ачык берилген. Башка себептер менен бирге эле, тартипти жана көзөмөлдүү кармап туруу максатында гана, аскер башчыларына аскер юстициясы тарабынан көптөгөн ыйгарым укуктар берилген.

Штабдык офицерлердин жана ага баш ийген командирлердин тактикалык шарттары, даярдыгы, ишке болгон жөндөмдүүлүгү, мүнөз өзгөчөлүктөрү жана өз аскерлерин окутуусу өңдүү манилүү факторлор, мындай учурда аларды текшерүүдөгү комиссиянын талкуулаган негизги темасы болгон.

«Комиссия төмөнкү чечимге келди: (1) Бир катар жырткычтык иштер жана оолуттуу кылмыштар, сиздин жетекчилигиңиз менен, япон куралдуу күчтөрүнүн мүчөлөрү тарабынан, Кошмо Штаттардын элине, алардын союздаштарына жана Филиппин аралындагы көз каранды аймактарда, өз мүнөзү боюнча чачкын болсо да, көпчүлүк учурда офицерлер жана унтер – офицерлер тарабынан көзөмөлдөнүп турган аймактарда оолуттуу кылмыштар жасалды;(2) Сөз болуп жаткан убакта, сиз учурдун талабына ылайык, өз аскерлериңизге эффективдүү көзөмөл жүргүзүүгө алыңыз жетпеди.

Германиянын Жогорку Командачылыгынын үстүнөн сот[338]

Пункт I – Тынчтыкка каршы кылмыш

1. Башка ар түрдүү адамдар тарабынан күнөөлөнүп жаткан айыпкерлердин баары, анын ичинде, А Тиркемесинде саналып өткөн кылмышка тиешеси барлар, 1945 – жылдын 8 – майына дейре, көп жылдар боюу Мыйзамдын Текшерүүчү кеңешинин 2 – беренесинде аныкталгандай, Тынчтыкка каршы кылмыш жасады. Анткени алар башка өлкөгө кол салууну уюштурууга, макулдашууларды жана убадаларды, Эл аралык укукту жана сүйлөшүүлөрдү бузууга катышты.

2. Айыпталуучулар Германияда жогорку аскер позициясын ээлеген жана Тынчтыкка каршы кылмыш жасашкан. Анткени, алар, Тынчтыкка каршы кылмыш жасоо менен байланыштуу, уюмдардын жана топтордун мүчөлөрү болгон, ага каршы пландарга жана демилгелерге аралашкан, аларга жардам берген, катышкан башкаруучулар болгон.

II Пункт – Аскер кылмышы жана адамгерчиликке каршы кымыш: Согушкан тараптарга жана туткундарга каршы кылмыш

45. 1939 – жылдын сентябрынан 1945 – жылдын майына чейинки аралыкта, ар түрдүү адамдар тарабынан айыпталып жаткан

[338] Trial of Wilhelm Von Leeb and thirteen others. US Military Tribunal, Case NO. 72, Nuremberg, 30th December, 1947 – 28th October, 1948.

бул күнөөкөрлөрдүн баары, анын ичинде, А Тиркемесинде саналып өткөн кылмыштын катышуучулары, № 10 Мыйзамдын Көзөмөлдөө Кеңешинин 2 – беренесинде аныкталгандай, аскер кылмышын жана гумандуулукка каршы кылмыш жасашкан: Анткени алар, гитлердик Германиянын «Үчүнчү Рейхи» менен болгон согушта же согушуп жаткан тараптарды көзөмөлдөөдө, Германияны окуппациялоо учурунда, согуш туткундарына жана немецтик куралдуу күчтөрдү мүчөлөрүнө карата жасалган кылмыштарга жана мыкаачылык иштерге, өлтүрбөсө да, катаал мамиле жасоо, укуктарын жана статустарын бузуу, аскер казармаларын берүүдөн баш тартуу, согуш туткундарын жана куралдуу күчтөрдүн мүчөлөрүн өтө оор абалда кармоо өндүү жана башка согуштун мыйзамдарын, салттарын бузууга катышкан. Айып тагылып жаткандар аскер кылмышын жана адамгерчиликке каршы кылмыш жасашкан. Анткени алар кылмыш жасоого катышкан, аларга аралашып жүргөн, башкарган адамдар болгон жана алардын демилгелеринишке ашырууда, пландарын түзүүдө, алардын арасында болгон, адамгерчиликке каршы кылмыш жана аскер кылмышын жасоо менен байланышкан уюмдардын жана топтордун мүчөлөрү болгон.

46. Айыпталуучулар тарабынан мыйзамсыз буйруктар берилип, таратылып, алар тарабынан аткарылган. Каршы тараптын аскерлери үчүн аскер тыактарын берүүдөн баш тартылып, согуш туткундарынын укуктары жана статустары жокко чыгарылып, улуттардын куралдуу күчтөрүнүн колго түшкөн белгилүү бир мүчөлөрү, тергөөсүз жана сотсуз өлүм жазасына тартылган. Мындай буйруктарга ылайык, каршы тараптын куралдуу күчтөрүнүн белгилүү бир бөлүгү Германия куралдуу күчтөрүнө киргизилген. Айыпталуучунун карамагындагы адамдар «партизандар, коммунисттер, бандиттер, террористтер же согуш туткундарынын укуктарына жана статустарына ээ эмес адамдар» болгон. Согуш туткундары аскер операцияларына же аскер операциялары менен байланыштуу иштерге, анын ичинде, курал – жарак чыгаруучу өндүрүштөрдө, аскер транспортто, куралдарды жана согуш жабдыктарын жүктөөдө, согушта коргонуучу чептерди курууда иштешкен. Бул иштерди жасоого согуш талаасында же тылдык райондордо буйруктар берилген. «Таталдык согуш» теориясына жана немец эмес бардык эле адамдарды пайдалануу планына ылайык, согуш мыйзамы же салттары боюнча, алар ээ боло турган бардык эле укуктарынан согуш туткундары ажыратылган.

Катардагы аскер бөлүктөрү ылганылып түзүлүп, аларга жеткиликтүү тамак – аш, кийим – кече, жатакана берилген эмес, аларга карата мыкаачылыктын бардык түрлөрү колдонулуп, кыйноого жана

өлтүрүүгө дуушар болушкан. Операциялык полциянын коопсуздук топторы, коопсуздук кызматы өндүү Вермахттын (фашисттик Германиянын куралдуу күчтөрү) юрисдикциясынын алдындагы жана анын колдоосуна ээ болгон текшерүүчү жана жок кылуучу атайын бөлүктөр, (SD катары белгилүү болгон) согуш туткундарын диний, саясий жана расалык негизде өлтүрүшкөн, кыйнашкан. Көпчүлүк колго түшкөн туткундар өлтүрүлүп, 45 жана 46 – параграфтарда баяндалган кылмыштар ага киргизилген, бирок чектелген эмес, алар ушул эле пункт боюнча андан ары жайгаштырылган.

III Пункт – Аскер кылмышы Жана адамгерчиликке каршы кылмыш: Жарандык калкка каршы кылмыш

59. 1939 – жылдын сентябрынан 1945 – жылдын майына чейинки аралыкта, ар түрдүү адамдар тарабынан айыпталып жаткан, бул күнөөкөрлөрдүн баары, анын ичинде, А Тиркемесинде саналып өткөн кылмыштын катышуучулары, № 10 Мыйзамдын Көзөмөлдөө Кеңешинин 2 – беренесинде аныкталгандай, аскер кылмышын жана гумандуулукка каршы кылмыш жасашкан: Алар адам өлтүрүү, жок кылуу, жаман мамиле жасоо, кыйноо,аргасыздап иштетүү, кулчулук эмгекти департациялоо, саясий, расалык жана диний мотив боюнча куугунтуктоо, коомдук жана жеке менчикти талап – тоноо, шаарларды, шаарчаларды жана айылдарды талкалоо, Геманияда жашаган мекендештерине жана Германия согушуп жаткан өлкөлөрдүн же ал көзөмөл жүргүзүп турган өлкөлөрдө, аскердик максатка тура келбеген ушул сымал кылмыштык жана аёосуз иш – аракеттерди жүргүзүүгө катышкан. Айыпталуучулар аскер кылмышын жана адамгерчиликке каршы кылмыш жасашкан. Анткени алар кылмыш жасоого катышкан, аларга аралашып жүргөн, башкарган адамдар болгон, алардын демилгелерин ишке ашырууга, пландарын түзүүгө аралашкан, алардын арасында болгон, адамгерчиликке каршы кылмыш жана аскер кылмышын жасоо менен байланышкан, уюмдардын жана топтордун мүчөлөрү болгон.

БАП 5

ЭЛ АРАЛЫК ЭКОЛОГИЯЛЫК УКУК

Тарыхий аспектилер[339]

Бириккен Улуттар Уюмунун Уставында айлана чөйрө жөнүндө же туруктуу өнүгүү жөнүндө конкретүү түрдө эскертилбесе дагы, преамбулада Бириккен Улуттар Уюму "социалдык прогресске жана толук эркиндикте жашоо шартын жакшыртууга көмөк көрсөтөөрү" чечкиндүү экендиги айтылат. Ошону менен катар, 1-Бапта Бириккен Улуттар Уюмунун негизги максаттарынын бири болуп "эл аралык көйгөйлүү деп эсептелген экономикалык, социалдык, маданий, гуманитардык мүнөздөгү маселелерди чечүүдө эл аралык кызматташтыкты ишке ашыруу жана расалык, жыныстык, тил жана диний айырмачылыктарды четке кагуу менен бирге жана бардыгы үчүн негизги эркиндикти, ошондой эле адам укуктарын сыйлоону өнүктүрүү жана колдоо көрсөтүү жөнүндө айтылат.

Бириккен Улуттар Уюму алгачкы жолу экологиялык көйгөйлүү маселелерди Экономикалык жана Социалдык Кеңештин (ЭКОСОС) 45-чи сессиясында кароого киришкен, ошол учурда 1968-жылдын 30-июлунун 1346-(XLV) резолюциясында «адамды курчап турган айлана чөйрөнүн көйгөйлүү маселелери» боюнча Бириккен Улуттар Уюмунун конференциясын уюштуруу мүмкүнчүлүгүн карап чыгууну Генералдык Ассамблеяга сунуш кылган.

1968-жылы 3-декабрда Генералдык Ассамблея өзүнүн 23-сессиясында 2398-(XXIII) резолюциясын кабыл алган, ал резолюцияда "адамзатты курчап турган айлана чөйрөнүн сапаты кескин түрдө өзгөрүп жана улантылып жаткандыгын" ал өзгөрүүлөр "адамзаттын жашоо шартына, физикалык, психикалык, жана социалдык абалына, адамдын ариет намысына жана адамдын негизги укуктарын өнүккөн жана өнүгүп жаткан өлкөлөр тарабынан колдонулуусун" белгилеп, Уставды пайда болуп жаткан экологиялык көйгөйгө таңуулап, Бириккен Улуттар Уюмуна адамды курчап турган айлана чөйрөнүн көйгөйлүү маселелери боюнча конференцияны уюштурууга токтом кылган.

[339] U.N. Commission on Sustainable Development, http://www.uncsd2012.org/rio20/ index.php?menu=17.

Ошондой эле, резолюцияда “илим жана техниканын өнүгүүсүндө адам жана айлана чөйрөнүн ортосундагы өз ара байланыштар көптөгөн өзгөрүүлөрдү башынан кечирип жаткандыгын” белгилеген.

Адамды курчап турган айлана чөйрөнүн көйгөйлүү маселелери боюнча Бириккен Улуттар Уюмунун Конференциясы 1972-жылдын 5-июнунан 16-июнуна чейин Стокгольмдо өткөрүлгөн, ал конференция БУУ системасында экология суроолору боюнча алдыңкы деп эсептелип, Бириккен Улуттар Уюмунун айлана чөйрө боюнча (ЮНЕП) программасын уюштурууну сунуш кылган.

1983-жылы Генералдык Ассамблея өзүнүн 1983-жылдын 19-декабрындагы 38/161-резолюциясында «2000-жылга чейин жана андан соңку жылдардагы экология жана глобалдык көйгөйлүү маселер» боюнча докладды даярдоочу атайын комиссиянын түзүлүүсүн кубаттаган. 1987-жылы Айлана чөйрө жана өнүгүү боюнча эл аралык комиссия Генералдык Ассамблеяга өзүнүн докладын (ошондой эле, бул доклад «Брундтланд Комиссиясынын Доклады» катары таанылат) сунуш кылган. Төрт жылдык изилдөөлөрдүн натыйжаларын негиз катары өзүнө камтыган доклад туруктуу өнүгүүнүн темаларын, «келечектеги муундун өз талаптарын канаатандыруусуна коркунуч жаратпай туруп, азыркы муундун талаптарын канаатандыруучу» өнүгүү жолун иштеп чыккан.

Эл аралык комиссиянын докладына ылайык, 1988-жылы 20-декабрда Генералдык Ассамблея 44/228-резолюциясын кабыл алган, ал резолюцияда «айлана чөйрөнүн начарлап бараткан абалын жакшыртуу боюнча иш чараларды жана стратегияны иштеп чыгууга» багытталган Айлана чөйрө жана өнүгүү боюнча Бириккен Улуттар Уюмунун Конференциясын (ошондой эле «Рио Конференциясы» же «Жер Планетасы» деп аталган Жогорку келишимдеги жолугушууну) уюштурууга токтом кылган.

Резолюцияда «глобалдык айлана чөйрөнүн сапатын, айрыкча экологиялык коопсуздукка жетишүүнү көздөгөн жана бардык мамлекеттерде туруктуу өнүгүүнү камсыз кылуу үчүн маанилүү» болгон тогуз тармак аталган.

1992-жылдын 3-июндан 14-июнга чейин Рио-де-Жанейродо өткөрүлгөн Бириккен Улуттар Уюмунун айлана чөйрө жана өнүгүү боюнча Конференциясы (ЮНСЕД) туруктуу өнүгүү боюнча Комиссиясын түзүүгө алып келген. Конференцияда үч маанилүү келишим кабыл алынган, булар: туруктуу өнүгүү тармагындагы глобалдык пландын иш аракеттери – XXI- кылымдын Күн тартиби;

айлана чөйрө жана өнүгүү боюнча мамлекеттердин милдеттемелерин жана укуктарын аныктоочу бир нече принциптер - Рио-де-Жанейро декларациясы, жана эч кандай милдеттеме күчүнө ээ болбогон, бирок ошол эле учурда токой ресурстарын сарамжалдуу колдонууга, сактоого жана түрдүү токойлордун туруктуу өнүгүүсүнө тиешелүү болгон глобалдык тил табышуу принциптерин камтыган, токойлор үчүн жазылган Билдирүү. Андан сырткары эки милдеттендирүүчү юридикалык инструменттер: климаттын өзгөрүүсү боюнча БУУнун Рамалык конвенциясы жана Биологиялык түрдүүлүк жөнүндөгү Конвенция кол коюуга даяр болгон. «Жер Планетасы» деп аталган жогорку келишимдеги жолугушуулар туруктуу өнүгүүнүн башка тармагындагы бир нече маанилүү демилгелерди, мисалга алсак, кичи өнүгүп жаткан арал мамлекеттер боюнча глобалдык конференция; кыйратып, чөлгө айландырууга каршы күрөшүү Конвенциясы боюнча сүйлөшүүлөр жана алыс аралыкка миграция жасоочу же чек араларда (трансграничные) жайгашкан балыктардын запастары боюнча келишимдерди сунуш кылган.

Генералдык Ассамблея өзүнүн 55-чи сессиясында 1992- жылдан бери XXI-кылымдын Күн тартибин ишке ашыруудагы он жылдык өнүгүү жетишкендиктерин карап чыгууну көздөп, туруктуу өнүгүү боюнча жогорку даражадагы Дүйнөлүк (ошондой эле, «Рио-10» деп таанылган) жолугушууну уюштуруу үчүн 2000-жылдын 20-декабрындагы 55/199- резолюциясын кабыл алган. Бул жогорку даражадагы Дүйнөлүк жолугушуу 2002-жылдын 26-августунан 4-сентябрына чейин Йоханнесбургда өткөрүлгөн. Бул жолугушуунун доклады (A/Conf.199/20 ө Corr.1) саясий декларацияны өзүнө камтыган, ал декларацияда мүчө мамлекеттер «туруктуу өнүгүүнүн негиздерин - экономикалык өнүгүүнү, коомдук өнүгүүнү жана айлана чөйрөнү коргоону жергиликтүү, улуттук, регионалдык жана глобалдык деңгээлдерде күчөтүп жана колдоо үчүн - коллективдик милдеттемелерди», ошондой эле мүчө –мамлекеттер аткаруучу Планын «эл аралык кызматташтыкты күчөтүүдө жана бардык деңгээлде конкретүү иш аракеттерди жана иш чараларды колдонуу чечимин кабыл алуу милдеттемелерин» өзүнө алган.

(Караңыз БУУнун Китепканасы,

http://www.un.org/Depts/dhl/resguide/specenv.htm#intro).

Бириккен Улуттар Уюмунун туруктуу өнүгүү боюнча (КУР ООН) Конференциясы БУУнун Генералдык Ассамблеясынын Резолюциясына 64/236 (A/RES/64/236) ылайык уюштурулат.

Конференция Бразилияда 2012-жылдын 4-6-июндарында орун алып 1992-жылы Рио де Жанейродо өткөрүлгөн БУУнун айлана чөйрө жана өнүгүү боюнча Конференциясынын (ЮНСЕД) 20- жылдыгына жана 2002-жылы Йоханнесбургда өткөрүлгөн туруктуу өнүгүү боюнча Дүйнөлүк саммиттин 10 жылдыгына карата уюштурулат.

Конференция мамлекеттердин, өкмөттөрдүн башчылары жана башка мамлекет өкүлдөрүнүн катышуусунда өтүп, эң эле жогорку деңгээлде өткөрүлөт деген ой жүгүртүүлөр көп.

Конкретүү саясий документ конференциянын жыйынтыгы болуп калмакчы. Ал эми Конференциянын максаттары; туруктуу өнүгүү тармагындагы жаңыланган саясий милдеттемелерди камсыз кылуу, туруктуу өнүгүү боюнча ири саммиттердин жыйынтыгын ишке ашыруудагы жетишкендиктерге жана көңүл бөлүнбөй калган жыйынтыктарга баа берүү же жаңыдан пайда болгон көйгөйлөрдү талкууга алуу болуп эсептелет.

Конференция эки темага өзгөчө көңүл бөлөт: (а) "жашыл" экономика туруктуу өнүгүү жана жакырчылыкты жоюу мазмунунда, ошондой эле (б) туруктуу өнүгүүнүн институционалдык рамкалары.

Туруктуу өнүгүү жана айлана чөйрө укугу боюнча эл аралык укуктун принциптери[340]

Эл аралык экологиялык укук туруктуу өнүгүү укугунан айырмаланып турса дагы, бири бири менен байланыштуу. Жалпысынан алып караганда, эл аралык экологиялык укуктун максаты айлана чөйрөнү коргоо болуп эсептелет. Эгерде ар тараптуу жаратылышты коргоо боюнча келишимдерди карап чыга турган болсок, анда алардын эки негизги максатын байкоого болот. Биринчиден, ал келишимдердин бардыгы айлана чөйрөнү коргоого жана сактоого багытталса, ал эми экинчиден (азыраак изилденген тармак катары) алардын максаты «туруктуу колдонуу» же «туруктуу экономикалык өнүгүү»[341]371 менен байланыштуу. Бул бөлүм көбүнчө келишим-

[340] Marie-Claire Cordonier Segger and Ashfaq Khalfan, Sustainable Development Law: Principles, Practices, and Prospects, pp. 78-84 and 99-106 (Oxford: Oxford University Press, 2004), reprinted with permission from the authors and Oxford University Press.

[341] As discussed above, sustainable development law focuses on integration of environmental, social and economic norms for development that can last. According to both the 1992 Rio Declaration, and the 1987 Brundtland Report, sustainable development centers on human beings and their communities, seeking to satisfy the needs

дердин биринчи максатын «айлана чөйрөнү коргоо, сактоо», жана ошондой эле келишимдер менен тыгыз байланышта болгон принциптерди жана режимдерди карап чыгат. Жогоруда аталгандардын бардыгы биригип айлана чөйрөнү коргоо тармагындагы эл аралык укук ченемдерин түзүп келет[342].

Эл аралык экологиялык укуктун чеги бир нече маанилүү, көп тараптуу жаратылыш келишимдердин жана улуттук нормативдик актылардын жардамы менен ишке ашырылган, ошондой эле эл аралык экологиялык башкаруу системасы тарабынан координацияланган принциптерге негизделген. Бул бөлүмдө, бир нече кабыл алынган чечимдердин, принциптердин, бул тармакта маанилүү болгон эл аралык келишимдердин (XXIII)573573 карап чыгуусун, улуттук экологиялык усулдардын каралуусун, жана эл аралык жаратылышты коргоо мекемелерин күчөтүү, кеңейтүү боюнча иш чараларынын жалпылоосу боюнча кыскача мааниси түшүндүрүлөт.

Экологиялык укук же айлана чөйрөнү коргоо укугу жаңыдан изилденип келе жаткан тармак болуп эсептелет. Бирок ошондой болсо дагы, бул тармактын кээ бир принциптери жүздөгөн жылдар мурун пайда болгон. Биринчи Эл аралык деңгээлдеги айлана чөйрөнү коргоого байланыштуу болгон сот иши Тынч океандын деңиз мышыктарына тиешелүү болгон 1893 жылы АКШ менен Бириккен Падышалыктын ортосундагы талаш Арбитражы болуп эсептелет. Бул талаш Американын территориалдык сууларына[343] жакын ачык деңиздеги

of present generations, without compromising the ability of future generations to meet their own needs. Sustainable development law involves poverty eradication, social cohesion, sustained use of natural and other resources, and equitable sharing of benefits. It is about empowering human beings and their communities to improve their quality of life, though in order to be sustainable, this must he done in a way that respects environmental limits. Environmental law, in contrast, focuses on preservation, conservation and protection of the environment. It involves the needs of all species and natural systems, which it values for their intrinsic worth. Both are valuable and essential areas of international law with significant overlaps and intersections, but they should not be artificially conflated. See M.-C Cordonier Seggcr, "Significant Developments in Sustainable Development Law and Governance: A Proposal" (2004) United Nations Natural Resources Forum 283. See also M.-C Cordonier Scgger and CG. Weeramantry, eds., Sustainable Justice (Leiden: Martima Nijhoff,2004).

342 For further resources, see D. Hunter, J. Sommer and S. Vaughan, Concepts and Principles of International Law (Nairobi: UNEP, 1998). See also N. de Sadeleer, Environmental Principals – From Political Slogans to Legal Rules (Oxford: Oxford University Press, 2002.).

343 Moore's Int'l Arb. Awards 755

миграциядагы деңиз мышыктарына Бириккен Падышалыктын аңчылык жасоо укугуна тиешелүү болгон. АКШ деңиз мышыктарын коргоого жана алар жайгашкан жайлар АКШ менчигине карагандыгын баса белгилеп, атайын дайындалган тарап катары деңиз мышыктарын «бүт адамзаттын жыргалчылыгы үчүн сактап» калууну көздөп территориалдык юрисдикциядан сырткары, аларды сактоо үчүн иш чараларды колдонууга укуктуу экендигин бекемдеген. Бирок арбитраж соту көптөгөн добуш менен АКШнын далилдерин четке кагып, ачык деңизде балык улоого укутуу[344] экендигин далилдеген Улуу Биританиянын пайдасына чечкен. Ошондой болсо дагы сот «деңиз мышыктарын коргоо үчүн эрежелерди» жана ал эрежелерге ылайык деңиз мышыктары үчүн жашырынуучу жайларды 60 миль радиусу аралыгында орнотууну кабыл алган. Башка, белгилүү болгон талаш (Заводдордон келип чыккан түтүндөргө тиешелүү болгон Арбитраж. 1938ж.) АКШ жана Канада ортосундагы арбитраж иши Британдык Колумбия провинциясынын заводдорунан келип чыккан күкүрт диоксидинин буусу Вашингтон штатынын токой жана айыл чарбаларына зыян тийгизген жөнүндө. Арбитраж трибуналы күкүрт диоксидинин чыгуусуна айрым чектөөлөрдү коюп, эл аралык укуктун принциптерине жана Америка Кошмо Штаттарынын мыйздарына ылайык эч бир мамлекет өзүнүн аймагын башка мамлекеттин элинин жашоо шартына зыянын тийгизүүчү катары колдонууга укугу жок, жана эгерде сөз оолуттуу натыйжалар же жаракат жөнүндө болсо, анда так жана ишендирүүчү далилдер түзүлүүсүн токтом кылып, бул талашты чечкен[345]. Мындай учурлар эл аралык экологиялык укуктун: чек араларды сактоо жана айлана чөйрөнү коргоо боюнча негизги принциптерди сүрөттөйт[346].

Эл аралык экологиялык укуктун принциптери

Акыркы жылдарда эл аралык экологиялык укук принциптери кээ бирөөлөр тарабынан «жумшак укуктун» таасири деп айтылса, башкалары ал принциптерди «эл аралык экологиялык укуктун кадимки ченемдери» деп түзүүсүнө карабастан көпчүлүк тарабынан таанылып келет. Ошондой эле, экологиялык укуктун принциптери келишим катары бүт катышуучу өлкөлөр тарабынан эл аралык укукта милдетүү

[344] Cassese, International Law (Oxford: Oxford University Press, 2011) 376.)

[345] Trail Smelter Aribitraion (United STates v. Canada), 3 R, Int'l Arb. Awards 1911 (1938) (further note omitted).

[346] Караңыз Ханьцинь С. Эл аралык укуктагы Чек аралар аралык зыян. - Кембридж: Кембридж университетинин басмасы, 2003.

деп каралган, маанилүү көп тараптуу жаратылышты коргоо келишимдеринде «кодификацияланган».

Эл аралык экологиялык укуктун кеңири таанылган принциби бул мамлекеттер өз иш аракеттерин өз юрисдикциясынын чегинде алып барып, башкача айтканда улуттук юрисдикциясынын[347] чегинен чыгып башка мамлекеттин аймагындагы айлана чөйрөгө зыян келтирбөөнү көзөмөлгө алуу болуп эсептелет. Зыян келтирбөө милдети, көбүнчө мамлекеттин зыян тийгизүүнү алдын алуу же болтурбоо[348] үчүн бардык «тажрыйбалык» иш чараларды колдонуу талабы катары жазылат. Стандарттын «тажрыйбалык» ченемдерине таянсак, анда зыян тийгизбөө милдетин толук аткарууга мүмкүн эмес, бирок, ошондой болсо дагы, мамлекеттер айлана чөйрөгө зыян келтирбөө үчүн бүт аракеттерин жана күчүн жумшоосу абзел. Бул принцип көптөгөн келишимдерде, жана БУУнун эл аралык Сотунун кадимки эл аралык ченемдеринде жана башка соттордо[349] кабыл алынган. Булардын бардыгы башка мамлекеттердин юрисдикциясын урматтап

---

[347] Адамды курчап турган айлана чөйрөнүн көйгөйлүү маселелери боюнча Стокгольм декларациясынын 21 принципинде каралгандай, UN Doc. A/C. 48/14 (1972), 11 ILM 1461 (1972) (ал эми акыркы мезгилде, Рио Декларациясынын, 2 –чи принциби, шилтеме 5) “Бириккен Улуттар Уюмунун Уставына жана эл аралык укукткун принциптерине ылайык мамлекеттер... өз иш аракеттерин юрисдикциясынын чегинде жүргүзүп же мамлекеттин юрисдикциясынын сыртындагы башка мамлекеттердин же аймактырдан айлана чөйрөсүнө зыянын тийгизбөө үчүн көзөмөл жүргүзүүсү керек ”. Кийинки анализ жүргүзүү жана критикалык комментарийлер үчүн караңыз Боуман М. жана Бойл А. Эл аралык жана Салыштырма укуктагы экологиялык зыян // Баа берүүнүн жана аныктоонун көйгөйлөрү. Оксфорд: Оксфорд университетинин басмасы, 2002

[348] Караңыз мисалы, 1991 жылдын Экологияга тийгизген таасирге баа берүү жөнүндөгү Конвенция. (25 Фев. 1991) 30 ILM 800, 803 at Art. 21 (1), же 1989 жылдагы Кооптуу таштандылардын чек аралардан ташылып өтүүсүн көзөмөлгө алуу жана жок кылуу боюнча Базель конвенциясы. - Базель конвенциясы, 1989 жылдын 22 мартында колкоюуга даяр болгон жана 1992 жылдын 5 майында күчүнө кирген. (1989) 28 ILM 649 at Art. 2 (8).

[349] Куралдуу чыр чатактарда кандайдыр бир мамлекет тарабынан ядролук куралды колдонууну майзамдаштыруу боюнча консультативдик корутунду, [1996] ICJ Rep 226. Караңыз Бириккен Улуттар Уюмунун деңиз укуктары Конвенциясы, 10 декабрь 1982 ж., UN Doc. A/ CONF.62/122, 21 ILM 1245 (1994 жылдын 16 ноябрында күчүнө кирген) XII бөлүмүндө жана МСОП, Айлана чөйрө жана анын өнүгүүсү боюнча Эл аралык келишимдин долбоору (Гланд, Швейцария: МСОП, 1995 жыл) 11 беренеде. Караңыз, ошондой эле 1985 жылдагы Жаратылышты жана жаратылыш ресурстарын коргоо боюнча АСЕАН макулдаштыгы (9 июль 1985 жыл, Куала-Лумпур) 20- беренеде..

суверенитеттин концепциясын ишке ашырууга[350] байланыштуу.

Ал эми экинчи принцип айлана чөйрөгө зыян келтирбөө боюнча жалпы милдеттемелердин спецификалык кошулмасы катары каралып, айлана чөйрөнү булгоону алдын алуу милдеттемелерин өзүнө камтыйт. Кээ бир аймактарда айлана чөйрөгө болгон зыяндын натыйжасын оңдоого мүмкүн эмес[351] болгон учурлар көп, ошондуктан булганган аймакты ордуна келтирүү аркеттерине караганда зыян тийгизүүнү азайтуу же болтурбоо иш аракеттерин жасоо арзанга турат. Бул принцип, айрыкча анын айлана чөйрөнү коргоого[352] тиешелүү жагы Эл аралык Сот тарабынын таанылган. Ал эми айлана чөйрөнү булгоону алдын алуу принциби көптөгөн конвенцияларда жана резолюцияларда айлана чөйрөгө зыянын тийгизүүнү чектөө катары кабыл алынган. Көп тараптуу жаратылышты коргоо келишимдер жаратылышка зыян тийгизүү менен күрөшүү үчүн конкреттүү стандарттарды, жана айрым учурларда кээ бир таштандылардын санын чектеп же мөөнөттөрдү белгилеши мүмкун. Кээ бир учурларда айлана чөйрөгө зыян келтирүүнү төмөндөтүү үчүн өндүрүштүн конструкцияларын алмаштырып же башка усулдарды колдонуу сунушталат. өндүрүлүп жаткан продуктун дизайнын жана өндүрүлүү процессинен баштап толук жок кылуусуна чейин ал продуктунун таштандыларынын санын азайтуу көпчүлүк учурда рентабелдүү болуп эсептелет.

Үчүнчү принцип адамзаттын «жалпы мурасы» түшүнүгүндө. Ал эми Антарктида, ачык деңиз, деңиздин тереңи, космос мейкиндиги, тышкы атмосфера (мисалга, озон катмары) сыяктуу улуттук юрисдикция иш аракеттеринен тышкары чыккан экологиянын бөлүгү болгон территориялар «жалпы барынын мүлкү» катары каралат. Кээ бир айлана чөйрөнү коргоого багытталып, чоң мааниге ээ болгон келишимдер атайын мамлекеттин улуттук көзөмөлүнөн сырткары жайгашкан аймактарды «жалпы адамзаттын мурасы» катары таанып,

---

[350] Караңыз. Перрес Ф. Эгемендүүлүк менен чек аралар аралык экологиялык зыянды тийгизбөө милдеттемесинин байланышы. (1996) 26 экологиялык укук 1187. Караңыз ошондой эле Перрес Ф. Коопреативдик эгемендүүлүк: эгемендүүлүктөн эл аралык укуктагы карым катнашка чейин.- Лондон: Kluwer Law International, 2000.

[351] Н. де Саделеер. Экологиялык принциптер – саясый ураандардан укук ченемдерине чейин.- Oxford: Oxford University Press, 2002.

[352] Габчиково-Надьямарош, шилтеме 3, пункт 140, МС белгилегендей, «айлана чөйрөгө тийгизген зыяндын ордун толуктоого болбогондуктан айлана чөйрөнү коргоодо кыраакылык жана алдын алуулук эң керектүү экенигин эске тутуу» өтө маанилүү.

коргоо жана сактоо үчүн түзүлгөн. Бул принципке ылайык мамлекеттер ал мурастарды менчик кыла албайт жана ал аймактар эл аралык деңгээлде иреттелип, алынган пайдалар адамзаттын жыргалы үчүн тынчтык максаттарын көздөө менен колдонулат.

Эл аралык экологиялык укуктун төртүнчү принциби мамлекеттердин улуттар аралык экологияга зыян келтирүүнү иликтеп жана ал нерсеге жол бербөөдөгү жалпы милдеттемелеринде жана өз ара байланыштарында камтылат.

БУУнун Уставынын 1.3-беренесине жана 1970-жылдын эл аралык укук боюнча БУУнун Декларациясына ылайык кызматташуу милдеттеме эл аралык укуктун[353] жалпы принциби болуп таанылат, ал эми бул принципти экологиялык укук тармагында колдонулуусу, кызматташуу милдетинин аныкталган бир милдеттенмелерге, мисалы алсак маалымат алмашууда, кандайдыр бир деңгээлде тиешеси бар мамлекеттер менен кеңешип, маалымдоодо же эл аралык илимий изилдөө иштерин координациялоо боюнча талаптарына алып келүүсү мүмкүн.

Айрым бир учурларда, эгерде долбоор чек аралык кийлигишүүгө алып келсе[354], анда экологиялык экспертиза өткөрүүнүн зарылчылыгы пайда болушу мүмкүн. Бул принцип, көптөгөн айлана чөйрөнү коргоо суроолору боюнча эл аралык келишимдердин негизинде жатат, ошондой эле бул принцип Эл аралык Соттун алдыңкы иштери тарабынан таанылган.

Бешинчи принцип, алдын алуу принциби, ал жалпы экологиялык укукта жана ошондой эле, туруктуу өнүгүү боюнча аныкталган укукта, мисалы саламаттыкты сактоо, биологиялык түрдүүлүктү жана жаратылыштын ресурстарын сарамжалдуу колдонуу суроолорунда колдонулат. Эл аралык экологиялык укукта бул принциптин мааниси өтө зор, анткени ал экологияга зыян келтирүүнү алдын алууда чон рол ойнойт. Алдын алуу принциби бир нече эл аралык документтердин негизин түзөт. Ошондой эле бул принцип жоголуп бараткан жаны-

[353] БУУнун Уставына ылайык достук мамилелерге жана мамлекеттер аралык кызматташтыкка байланыштуу Эл аралык укуктун приниптери боюнча Бириккен Улуттар Уюмунун Декларациясы. (24 октябрь 1970 жыл) 9 ILM 1292.

[354] Караңыз. ЮНЕП, айлана чөйрөгө таасирин тийгизүүсү принциптер жана максаттар (Найроби: ЮНЕП, 1987). караңыз ФРГ, Реконструкция жана өнүгүү дүйнөлүк банкы, 4.01 (Вашингтон: BRD, 1999). В 15-16, коомдук кеңештерди жана өнүгүү долбоорлоруна эл аралык кредиттерди берүү үчүн алдын алуу шарттарды жана терс таасирди ачууну талап кылган операциондук саясат

барлардын жана өсүмдүктөрдүн түрлөрүн коргоодон баштап, айлана чөйрөнү булгоону алдын алууга чейин камтылган көптөгөн контексттерде колдонулат. Алдын алуу принциби потенциалдык экологиялык коркунучтун тез өнүгүп жаткандынан улам жана илимпоздор тарабынан көңүл бурулуп, эффективдүү же саясий жооп иштелип чыкканга чейин экологиялык коркунуч пайда болуп жаткандыгын түшүнүүдөн келип чыккан. Чындыгында, бул саясаттагы мажбур жооп кайтаруучу чаралардын түйшүктүү далилдеринин багытын алмаштырат. Бул принциптин туруктуу өнүгүү тармагынын келечектеги өзгөрүүсүнө тийгизген таасири «Принциптер» деп аталган III – бөлүмдө кеңири каралып, ошондой эле анын эл аралык укуктагы статусу ачылат.

Дагы бир көпчүлүккө белгилүү прицип бул «зыян келтирүүчү төлөйт». Башкача айтканда, айлана чөйрөгө зыян келтиргендер айып төлөшү керек[355] же каражатты айлана чөйрөгө зыян келтирбөөнү алдын алуу үчүн жумшап, иш чараларды жүргүзүүсү керек. «Зыян келтирүүчү төлөйт» принцибинин түзүлүшү, товардын баасында айлана чөйрөнүн булганышы, ресурстардын азайышын жана экологияга тийгизген зыянына тиешелүү экендигин кепилдик кылып көрсөтүп турат.

Экологиялык чыгымдар ар бир товардын баасында көрсөтүлгөн, ал эми товарды өнүктүрүү натыйжасында айлана чөйрөгө аз зыян келтирүүчү товарлардын баасы арзан болуп, сатып алуучулар көбүрөөк экологиялык «таза» товарларга көңүл бура баштайт. Анын бардыгы жаратылыш ресурстарын эффективдүүрөк пайдаланып жана зыян келтирүүнү азайтууга алып келет.

Бул бардык принциптер кадимки эл аралык укуктун бир бөлүгү болуп калгандыгынын өзү шектүү, бирок мисал катары келтирилген принцитердин кыскача тизмесин бардык принциптердин жыйындысы деп айтууга болбойт. Мисалы, жалпы, бирок ар түрдүү жоопкер-

---

[355] Алгач рекомендацияланган OECD Кеңеш 1972 жыл май, эл аралык экологиялык принцип катары кабыл алынган булгагандар көбүрөөк айып төлөйт. Бул принцип эки жана көп тараптуу резолюциялардын жана декларациялардын катарында, ошону менен бирге Рио Декларациясынын 16 принцибинде кабыл алынган, 5 шилтемеде айтылат: “Мамлекеттрдин бийликтери экономикалык каражаттырды колдонуп экологиялык чыгымдарды интернационализациялоо үчүн көмөк көрсөтүп, ал принципке ылайык булгагандар соода жана инвестицияны, эл аралык коомчулуктун кызыкчылыктарын эске алып бүт айлана чөйрөнү булгоо чыгымдардын ордун толуктоосу керек

чилик принциби башка экологиялык маалыматка жетишүү, экологиялык маанилүү чечимдерди кабыл алууда коомчулуктун катышуусу, экологияга таасир тийгизүүгө баа берүү жоопкерчилиги принциттеринде эле эл аралык экологиялык укуктун принциби катары сунушталган. Кээ бир авторлор туруктуу өнүгүүнү экологиялык эл аралык укуктун принциби катары карайт, бирок ошондой болсо дагы, бул китептин автору андай ыкманы бөлүшүүдөн алыс.

Ал эми мамлекеттердин жоопкерчилик принциби ири маанидеги суроо болуп калгандыгынын өзү талашты пайда кылган суроо экендигин белгилеп кетүү зарыл. Эл аралык экологиялык укукта эл аралык "жоопкерчилик" жана эл аралык "милдеттемелердин" ортосунда айырмалыктар өнүгүп жатат: биринчиси мыйзамсыз иш аракеттердин натыйжасынан келип чыкса, ал эми экинчиси укуктуу иш аракеттердин натыйжасынан келип чыгат (ошондой болсо да, кээ бир учурларда ал иш аракеттер мыйзамсыз иштерге карата колдонулат). Бирок эл аралык укук тарабынан тыюу салынбаган иш аракеттер үчүн жоопкерчиликти киргизүү, анын айыбына же мыйзамдуу иш аракеттерине карабастан баары бир зыянын көрсөтүп турган коркунучун туудурат. Мамлекеттик жоопкерчиликтин салттык принциптери мамлекеттин милдеттүүлүгү жөнүндөгү түшүнүк менен айкалышып, айрыкча мамлекет тажрыйба жүзүндө зыянга алып келүүчү иш аракеттерге жооп берүүчү катаал стандарттарга баш ийип өтө кооптуу ишмердүүлүк түрлөрүндө байкалат. Кандай гана шарт түзүлбөсүн, зыян тийгизип, жаратылышты булгоо үчүн жоопкерчиликке тартуу, жалпы түрүндө да көптөгөн келишимдерде каралган.

Туруктуу өнүгүүгө тиешелүү болгон эл аралык укуктун принциптери боюнча Дели декларациясы АМП (Ассоциация Международного права – Эл аралык укук ассоциациясы)

Мамлекеттин милдети бул жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу жана туруктуу колдонуусун камсыз кылуу болуп эсептелет. Дагы бир туруктуу болуп орун алган принциптердин бири төмөндөгүлөр менен жыйынтыкталат: эл аралык укук ченемдерине ылайык ар бир мамлекет эгемендүүлүк укуктарына ээ жана өз жаратылыш ресурстарын башкарууда айлана чөйрөнү коргоо жана өнүгүү тармагындагы ишмердүүлүгүн башка мамлекеттин же аймактардын айлана чөйрөсүнө зыян тийбегендей жана башка улуттун юрисдикциясынын чегиндеги көзөмөлдү өз саясатына ылайык жүргүзөт.

Мамлекеттер өз жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу, туруктуу жана зыян келтирбегендей түрдө колдонуп, ошондой эле, ал мамлекеттин аймагында жашап жаткан элдин жашоо шартын жакшыртууга

жана жергиликтүү улуттун элине көңүл буруу менен бирге өз территориясында жана юрисдикциясынын чегинде жаратылыш ресурстарын туура пайдаланып, айлана чөйрөнү жана экосистеманы коргоп башкарууга милдеттүү.

Жаратылыш ресурстарын колдонуу деңгээлин аныктоодо мамлекеттер келечек муундун талаптарын эске алышы керек. Бардык тиешелүү субъектилер (мамлекет, ондүрүүчү концерндер жана башка жарандык коомдун курамдары) жаратылыш ресурстардын ысырапкерчилик менен кодонуусуна жол бербей, өндүрүш таштандыларын азайтууга алып келген саясаттарды колдоосу керек. Жаратылышты, айлана чөйрөнү коргоо, жакшыртуу жана сактоо, айрыкча биологиялык түрдүүлүктү, Жер планетасынын фауна жана флорасын ошондой эле, климат Жердин системасын туура башкаруу адамзаттын жалпы кам кордугу болуп эсептелет. Ал эми космос мейкиндиги, асман телолору, ошондой эле улуттук юрисдикциянын чегине кирбеген океан жана деңиз тереңдиктери адамзаттын жалпы мурасы болуп кала берет.

Адилеттүүлүк жана жакырчылыкты жоюу принциби

Туруктуу өнүгүүнү камсыз кылууда адилеттүүлүк принциби эң маанилүү болуп эсептелет. Ал бир муундар арасындагы катнашка гана тиешелүү болбостон (келечек муун жалпы баалулуктарды адилеттүү өлчөмдө колдонууга укуктуу), ошондой эле муундар ичиндеги адилеттүүлүк (азыркы муундун бардык окүлдөрү улуттарга карабастан, адилеттүү түрдө Жер планетасынын ресурстарын колдонууга укуктуу).

Азыркы муун Жер ресурстарын толук камдуу колдонууга укуктуу, бирок ошол эле учурда бул муун өзүнүн айлана чөйрөгө тийгизип жаткан таасири көптөгөн убакытка чейин сакталаарын эске алып, ресурстук негизди жана глобалдык айлана чөйрөнү кийинки муундун жыргалы үчүн сактоого милдеттүү. Жыргал деген сөз бул мазмунда экономикалык, экологиялык, социалдык түшүнүктөрдү өзүнө терең камтып жана бул чыныгы жыргалчылыктын эң эле ири маанисинде түшүндүрүлүшү керек.

Өнүгүү укугу азыркы муундун жана кийинки муундун айлана чөйрө жана өнүгүү тармагындагы талаптары туруктуу жана адилеттүү түрдө канаатандырылышы керек. Бул БУУнун Уставындагы эл аралык экономикалык жана социалдык кызматташтыкка арналган IX бапка ылайык, айлана чөйрө жана өнүгүү боюнча Рио Декларациясындагы жакырчылыкты жоюудагы кызматташууну, ошондой эле өнүккөн жана өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн өнүгүү планына тиешелүү бол-

гон туруктуу глобалдуу өнүгүүнү жана адилеттүүлүктү камсыз кылуу максатындагы кызматташтык милдеттемерин камтыйт. Мамлекеттин эң негизги жоопкерчилиги болуп өз калкынын ичинде адилеттүүлүк шартын, жок дегенде бардык өлкөлөрдө, мамлекеттин абалына ылайык жакырчылыкты жоюуга шарт түзүү болсо, анда Бириккен Улуттар Уюмунун Уставында таанылган Миң жылдык Бириккен Улуттар Уюмунун Декларациясында жогоруда аталган максаттарга жетүү мамлекеттерге көмөк көрсөтүлүүсү боюнча кошумча милдеттемелер жазылган.

Жалпы, бирок ар түрдүү милдеттемелер принциби

Мамлекеттер жана башка тиешелүү субъекттер жалпы, бирок ар түрдүү жоопкерчиликтерге ээ. Бардык мамлекеттер глобалдык туруктуу өнүгүүнү камсыз кылууда бири бирине жардам кылууга тийиш. Эл аралык уюмдар, корпорациялар (айрыкча улуттар аралык корпорациялар), өкмөттүк эмес уюмдар жана жарандык коом бул глобалдык деп табылган шериктештиктин чегинде бирге иш алып барып анын өнүгүүсүнө көмөк көрсөтүүсү керек. Ал эми корпорацияларда «зыян келтирүүчү төлөйт» принцибинен келип чыккан жоопкерчилик жатат.

Кайсы бир Мамлекеттин жоопкерчилик даражасынан келип чыккан экологиялык көйгөйлүү маселелердин пайда болушундагы милдеттемелерди ажыратууда, экономикалык жагдай жана 3.3. пунктка ылайык мамлекеттин өнүгүү деңгээли эске алынышы керек. өнүгүп келе жаткан жана өткөөл экономикалуу өлкөлөрдүн кызыкчылыктарын жана өзгөчө талаптарын бар экендигин эске алуу менен бирге, өнүгүүсү төмөн жана экологиялык, социалдык түшүнүгү жана өнүгүү түшүнүгү менен шартталган терс натыйжалары менен сыналгын өлкөлөргө өзгөчө көңүл бурулуусу зарыл.

Өнүккөн өлкөлөр, туруксуз өндүрүш структураларын колдонусун жок кылуу жана азайтуу планында, өнүгүп жаткан өлкөлөрдөгү потенциалды түзүү үчүн көмөк көрсөтөт, мисалы каржылоо жана эко-технологияларга жетишүү жолу менен өзгөчө жоопкерчилик алып барат. Айрыкча өнүгүп жаткан өлкөлөр туруктуу өнүгүү көз карашына ээ болгон суроолорго колдонулуучу маанилүү жоопкерчиликти алып баруу менен алдыңкы ролду аткарышы керек.

Калктын ден-соолугуна, жаратылыш ресурстарына жана экосистемаларга этияттык менен мамиле жасоо принциби.

Этияттык менен мамиле түзүү туруктуу өнүгүүдө өтө зор маани-

ге ээ, анткени ал мамлекеттерге, эл аралык уюмдарга жана жарандык коомго, айрыкча илимий жана ишмердик коомчулуктарына адам баласынын ден-соолугуна, жаратылыш ресурстарына же экосистемаларга, ошондой эле илимий белгисиздиктен келип чыккан кандайдыр бир зыянын тийигизүүчү ишмердүүлүктөн баш тартууга милдеттендирет.

Туруктуу өнүгүү төмөнкүлөрдү: адамзаттын жашоосуна этияттык менен мамиле жасоодо, айлана чөйрөнү коргоодо жана жаратылыш ресурстарын туруктуу пайдалануусунда келтирилген зыяны үчүн жоопкерчилик алып баруусун (кээ бир учурларда мамлекеттин жоопкерчилигин камтыган), так белгиленген максаттардын жана критерийлердин негизинде пландаштырууну, бүт максатка жетишүүнүн ыктымалдуу ыкмаларын экологиялык баа берүүнүн натыйжасында карап чыгууну (кээде мындай иш аракеттерди аткаргандан баш тарткан учурлар менен бирге), ал эми өтө олуттуу жана көп убакытка созулган же кайра ордуна келтирүүгө болбогон зыян келтирилген иш аракеттерди далилдөөнү атайын бул иштерди алып барууга дайындалган (же алып барууну көздөгөн) жактарга ыйгаруну талап кылат.

Чечим кабыл алуу процессинде ар дайым этияттык менен мамиле жасалып алдын алуу иш чаралардын кабыл алынышы жана тобокелчилик фактордун эсепке алынышы кубатталып туруусу керек. Алдын алуу иш чаралары жаңы жана илимий жактан көз каранды эмес болгон баа берүүлөргө негизделип, транспаренттүү мүнөзгө ээ болушу керек. Алар экономикалык протекционизмге алып келбөөсү зарыл. Кеңеш берүү процессинде бүт кызыкдар болгон тараптардын жана мамлекеттик эмес субъекттердин катышуусун камтыган транспаренттүү структураны түзүү керек. Ошондой эле, тиешелүү соттук жана административдик түрдө карап чыгуу мүмкүнчүлүгү эске алынуусу зарыл.

Коомчулуктун адилеттүүлүккө, маалыматка жетишүүсү жана анын катышуу принциби.

Коомчулуктун катышуусу туруктуу өнүгүүдө жана адилеттүү башкарууну жакшыртууда чечүүчү мааниге ээ, анткени ал ийкемдүү таасир берүүчү, транспаренттүү жана баш ийүүчү өкмөттүн бар экендигине шарт түзөт, ошондой эле өнөр-жай концерндерин жана профсоюздарды камтуу менен бирге, траспаренттүү жана жарандык коомдун көз каранды уюмунун катышуусуна, активдүү шарт түзөт. Ал эми аялзаты туруктуу өнүгүүнү камсыз кылууда өтө зор роль ойно-

гондугун белгилеп кетүү керек.

Коомчулуктун туруктуу өнүгүү контекстинде катышуусу адам укугун эффективдүү коргоону талап кылуу менен бирге, адам ишенимдеринин эркиндигине, ал ишенимдердин эркин айтылуусуна жана идеяларды табуу, алуу жана жайылтуу эркиндигин камсыздайт. Ошондой эле, жаратылыш ресурстарын туруктуу пайдаланууга тиешелүү болгон экономикалык жана социалдык саясат боюнча өкмөт же өнөр жай концерндери ээ болгон маалыматка жетишүү укугун, ошол эле учурда мындай маалыматты алууну максат кылгандарга каржылык жүктү артпоо менен бирге, алардын жеке жашоосунун кол тийбестигин сыйлап жана ишмердүүлүк конфиденциялдуулугун коргоону шарттайт.

Туруктуу өнүгүү мазмунундагы элдердин мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү эффективдүү сот же административдик процедуралар аркылуу мындай иш аракеттерге же мындай иш чараларга каршы далилдерди коюуга жана ордун толуктоочу айыпты төлөөгө талап кылууга мүмкүнчүлүк берет. Зыян тарткан же зыян келтирилген учурларда жабыркаган жеке жактарга же элдерге эч кандай жагымсыз бөлүп-жаруулар колдонулбастан, сот же административдик процедураларга кайрылуу мүмкүнчүлүгүн мамлекет камсыз кылууга тийиш.

Адилеттүү башкаруу принциби

Туруктуу өнүгүүгө тиешелүү болгон прогрессивдүү өнүгүү жана эл аралык укукту кодификациялоонун көз карашынан алганда адилеттүү башкаруу принциби өтө зор мааниге ээ. Бул принципке ылайык мамлекеттик жана эл аралык уюмдар төмөндөгүлөргө милдеттүү:

а) чечим чыгарууда демократиялык жана транспаренттик процедураларды жана каржыга байланыштуу отчетторду жасоодо механизмдерди камсыз кылууну колдонууга;

б) коррупция менен күрөшүүдө эффективдүү иш чараларды жүргүзүүгө;

в) өз процедураларында процессуалдык кепилдиктерди камсыз кылуу принцибин урматтого, ошондой эле, адам укуктарын жана мыйзамдуулукту сактоого;

г) мамлекеттик соода жүргүзүүсүндө Дүйнөлүк Соода уюмунун мамлекеттик сатып алуулары Кодексинде каралгандай мамилени колдонууга.

Жарандык коом жана өкмөттүк эмес уюмдар мамлекет жана эл

аралык уюмдар тарабынан адилеттүү башкарылууга укуктуу. Ички демократиялык жана эффективдүү эсеп отчетун тапшыруу иштери мамлекеттик эмес субъекттерге дагы тиешелүү. Ал эми адилеттүү башкаруу айлана чөйрө жана өнүгүү боюнча Рио-де-Жанейро декларациясынын бардык принциптеринин толугу менен аткарылышын, жана ошондой эле аялдардын чечим кабыл алуу процесстеринин бардык деңгээлдеринде катышуусун талап кылат. Адилеттүү башкаруу ошондой эле корпоративдик жана коомдук милдеттемелерди, глобалдык рыноктун шартында өкүм сүрүп жаткан жана коомдун байлыгын адилеттүү бөлүштүрүүнү максат кылган инвестициялоого тиешелүү милдеттемелерди карап чыгат.

Интеграция принциби жана байланыштар, айрыкча, адам укуктары жана социалдык, экономикалык жана экологиялык максаттарында

Интеграциянын принциптери социалдык, экономикалык, каржылык, экологиялык жана укук коргоочулук көз караштын негизинде жана эл аралык укуктун ченемдерине көз каранды экенин чагылдырат, жана алардын туруктуу өнүгүүсүнө тиешелүү, ошондой эле, мурдагы жана келечек муундардын талаптарынан көз каранды.

Бардык глобалдык, регионалдык, улуттук, жергиликтүү жана коомдук секторлордун башкаруу деңгээлиде маанилүү деп эсептелген туруктуу өнүгүүнү камсыз кылган интеграция принциби ишке ашырылышы зарыл. Ал эми мамлекеттер ар кандай экономикалык, каржылык, социалдык жана экологиялык түшүнүктөрдүн арасында пайда болгон каршылыктарды институттардын кийлигишүүсү менен же жаңы интституттарды түзүү жолу менен бүт аракеттерин жумшап чечүүгө тийиш.

Талкууга алынуу же колдонуу планында жогоруда аталган принциптер бири бирине байланыштуу мүнөзгө ээ болуп, ар бир принцип бул Декларациянын башка принциптерини мазмунунда чечмелениши керек. Аталган Декларациянын эч бир бөлүгү Бириккен Улуттар Уюмунун Уставына жана бул Уставга ылайык улуттар укугуна зыянын тийгизүүчү катары чечмеленбеши керек. Туруктуу өнүгүү боюнча Дүйнөлүк саммиттен кийин бул эл аралык принциптерге көп көңүл бурула баштаган, анткени алар экологиялык, экономикалык жана социалдык интеграциясынын өнүгүү максаттарына жана режимине тиешелүү болгон кыйынчылыктардын колдонмосун түзөт.

Бул бөлүмдө биз принциптерди тереңирээк карап чыгабыз, анткени алар туруктуу өнүгүүнүн максаттарына жетүүгө көмөк

көрсөткөн, ошол эле учурда экологиялык адам укуктарын жана экономикалык укуктардын булагын табуу менен бирге жаңы ченемдердин бөлүгү болуп эсептелет. Интерграциянын жана өз ара байланыштардын принциптери биринчилерден болуп каралат, анткени алар жана эл аралык укук тармагындагы башка принциптердин багыттарын карап чыгуучу туруктуу өнүгүүгө тиешелүү болгон «комплекстүү мамиле» үчүн концептуалдуу негизди камсыз кылат. Экологиялык, экономикалык жана социалдык укуктардын эл аралык режимдеги интергациясы бүт нюанстар эсепке алынуусу зарыл болгон процесстин бөлүгү болуп эсептелет. Бул үч укук тармагын бириктирүү боюнча суроо эмес. Интеграция процессинде аныкталган бир сызык жок, ошондой эле, кээ бир белгилүү учурлардан сырткары ири бир интеграцияга демилгелөөчү түрткү дагы жок. Бирок социалдык, экологиялык жана экономикалык тармактагы укуктарды бириктирип туруучу жана белгилүү бир деңгээлде ар түрдүү шарттардын, талаптардын жана конкреттүү учурлардын таасирлеринен улам өзгөрүлгөн конкреттүү өзгөчөлүктөр бар.

Интеграция принциби жана коомдук, экономикалык жана экологиялык максатындагы байланыштар.

Туруктуу өнүгүү концепциясы экономикалык, экологиялык жана социалдык (адам укуктары менен) приоритеттерин интеграциялайт. Эл аралык туруктуу өнүгүү үч тармактын; эл аралык экономикалык, экологиялык жана социалдык укуктун кесилишинде орун алгандыгы бул түшүнүктүн багыт алуучу чекити болуп эсептелет. Эл аралык экологиялык укуктун бардык аспектилери эл аралык туруктуу өнүгүүсүнүн укугу[356] эмес экендигин белгилеп кетүү керек. Мисалы Алан Бойл жана Дэвид Фристоун белгилегендей, жаныбарлардын укугу, «харизматикалык мегафаунаны» коргоо, ошондой эле, чек аралар аралык экологиялык талаштар сөзсүз түрдө эле туруктуу өнүгүүгө байланыштуу деп айтууга болбойт . Ошол эле учурда, ар кандай аспектилер эл аралык соода, салык, каржы же экономикалык тармактагы инвестициялык укук, же эл аралык адам укугун коргоо, социалдык өнүгүү жана социалдык тармактагы гуманитардык жардам сыяктуу, кээ бир спецификалык тармактар үчүн туура болуп эсептелет.

Андыктан, бул үч тармактагы бардык эле эл аралык укук интеграцияланбайт (же зарыл болуп эсептелсе да), «туруктуу өнүгүү укук» термини конкреттүү, жоболордун жана укук документтеринин кууш

[356] A. Boyle and D. Freestone, “Past Achievements and Future Challenges” in Lang (citation omitted).

жыйындысына тиешелүү болуп, экологиялык, социалдык жана экономикалык пикирлер ар кандай шарттарда жана даражаларда элементтери менен интеграцияланат. Натыйжада, интергация принциби туруктуу өнүгүү укугу үчүн негиздүү мааниге ээ.

Интеграциянын зарылдыгы өтө катуу бекемделип жана 2002-жылы туруктуу өнүгүү боюнча Дүйнөлүк саммитинде бөлүнүп каралган. Чындыгында, 2002-жылы Йоханнесбургда туруктуу өнүгүү декларациясына ылайык, мамлекеттер өздөрүнө «айлана чөйрөнү коргоо, туруктуу экономикалык жана социалдык өнүгүүнүн өз ара байланыштагы жана толуктооочу негизди бекемдөө жана илгерилетүү үчүн коллективдүү жоопкерчиликти алган. (ЙПВР) планынын аткарылышында бул билдирүү көптөгөн учурларда пайда болот, мисалы, өкмөттөр «туруктуу өнүгүүнүн – экономикалык, социалдык өнүгүү жана айлана чөйрөнү коргоодо бири биринен көз каранды жана бири бирин толуктап туруучу негиз катары билип үч компоненттин интергациясына көмөк көрсөтүүгө»[357] макулдашкан деп 2- пункта билдирилет. Бул «үч компоненттин туруктуу өнүгүүсүнө көмөк көрсөтүү» үчүн «Коллективдүү жоопкерчилик», ошондой эле укуктук норма-ченем барбы? Жаңы жөнөкөй ченемдер жөнүндө сөз кылуу үчүн укуктуулукка ишенич тажрыйбасы жетиштүүбү? Бул принциптин нормативдик актыларынын иштелип чыгуусун карап чыгуу пайдалуу. Ал эми чечим кабыл алуу процессинде бүт үч аспектини эске алууга так тиешеси бар болгон үч даражалуу милдеттемелерде негизделет. Ошентип, бул ченем «социалдык жана экономикалык өнүгүү чечимдери экологиялык түшүнүктү эске алуу менен бирге кабыл алынат, жана социалдык жана экономикалык натыйжаларды эске албай туруп, айлана чөйрөнү коргоо ишке ашырылбайт» деген кепилдик мамлекеттер тарабынан берилишинде билдирилет. Бул ченемдин түшүндүрүлүшү жана колдонулушу шартка карай өзгөрүлүп турса дагы, анын жалпы максаты Йоханнесбург декларациясындагы мамлекеттер тарабынан кабыл алынган «коллективдүү жоопкерчилик» суроосуна жооп берген социалдык, экономикалык жана экологиялык саясаттардын жана мыйзамдардын ортосундагы керектүү интеграцияны камсыз кылуу болуп эсептелет. Бул жоопкерчиликтен бир нече процедуралар-

[357] Туруктуу өнүгүү боюнча Йоханнесбург декларациясы, туруктуу өнүгүү боюнча Дүйнөлүк саммиттеги Доклад, Йоханнесбург, Түштүк Африка, 26 август-4 сентябрь 2002 года, NCONF.199/20 (Нью-Йорк: Бириккен Улуттар Уюму, 2002 жыл). Караңыз: чечимдерди аткаруу боюнча Йоханнесбург планы, туруктуу өнүгүү боюнча Дүйнөлүк самиттин Доклады, Йоханнесбург, Түштүк Африка, 4 сентябрь 2002 жыл, UN Doc. AlCONF.199/20: <ГНП: llwww.un.orgiesa /susldev / documenrslWSSD] OCPD / EnglishIPOITOc.htm).

ды, тажрыйбаларды жана туруктуу өнүгүүнүн укугунун усулдарын таанып билүү келип чыгат. Мисалы, колдонуунун туруктуулугуна же «интеграциялуулук» таасирине баа берүү (тереңирээк III бөлүмдө жазылган) экономикалык чечимдердин (ошондой эле саясатка, план, программаларга жана долбоорлорго карата) өнүгүүсү алардын потенциалдуу социалдык жана экологиядык натыйжаларын четке какпайт. Ошондой эле бул принциптен айлана чөйрөнү коргоо боюнча жоопкерчилиги тиешелүү болгон социалдык жана экономикалык аспектилердин эсебин жүргүзмөйүн ишке ашырылбайт деген терс жагы келип чыгат. Мисалы, чоң аянтты ээлеген парк долбоорун сактап калуунун үстүндө иштеген органдар тарабынан кабыл алынган чечим, сөзсүз түрдө ал органдардын планы ошол аянтка жакын жайгашкан жана ал парктын чек араларын белгилөөдөн жабыркап калуучу жергиликтүү калктын жана башка социалдык топтордун макулдашуусун камсыз кылышы керек. Бул талаптарды аткарбаган долбоор, бул принциптин экинчи бөлүгүн, башкача айтканда социалдык-экономикалык натыйжаларды, айлана чөйрөнү коргоону эске албай туруп кароо жоопкерчилигин аткарбагандыгын бидирет. Мисалы эл аралык өнүгүү уюмдарында же Дүйнөлүк банктын Инспекциялык тобунда экологиялык жана социалдык бирдиктердин «блокировка механизмдердин» түзүлүүсү бул ченем тарабынан талап кылынып, демилгеленип жана колдоо көрсөтүлгөн алардын экономикалык өнүгүү долбоорлорунун социалдык жана экономикалык натыйжаларын изилдеп жана мониторингин жүргүзөт.

Принциптин келип чыгышы.

Экологиялык саясат менен социалдык-экономикалык өнүгүүнүн интеграциясындагы зарылдык жумшак деп мүнөздөлгөн, ошол эле учурда 1972-жылдын Стокгольм декларациясында, Рио Декларациясында жана 1992-жылдын 21 күн тартибинде, жана жогоруда эске салынган 2002-жылдагы Йоханнесбургдун чечимин ишке ашыруу Планында жана Декларациясында көрүнүп турган укукту бүт өтүп кетет. «Туруктуу өнүгүүнүн максатында айлана чөйрөнү коргоо өнүгүү процессинин бир бөлүгү катары каралышы керек, жана айлана чөйрөнү коргоону өзүнчө кароого болбойт» деп айтылат 1992- жылдын Рио Декларациясындагы 4-Принципте. Келишимдер боюнча макулдашылган билдирүүгө 160 өлкө кол койгон, мунун баары, мамлекеттердин социалдык жана экономикалык өнүгүү айлана чөйрөнү коргоо менен биргеликте каралышы керек деген билдирүүнү түшүнүп, макул болуп жаткандыгын көрсөтөт. Айлана чөйрөнү коргоо башка аспектилерден бөлүнүп каралбайт дейт 4-принцип, жана анын бардыгы эл аралык деңгээлде, саясатта жана укук тармагында билинет. Бул пикир Күн тартибинин 39-бабында мамлекет-

тер «айлана чөйрө менен өнүгүүнүн ортосундагы кылдаттык тең салмактуулукка өзгөчө көңүл буруу менен туруктуу өнүгүү тармагындагы эл аралык укуктун кийинки өнүгүүсүнө» көңүл коюууга милдеттенишет, жана «өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн талаптарын эске алуу менен бирге тиешелүү болгон социалдык жана экономикалык келишимдерди жана документтерди, тиешелүү болгон мамлекеттер аралык келишимлерди же айлана чөйрөнү коргоо боюнча келишимдердин ортосундагы байланыштарды күчөтүүнү жана аныктоону маанилүү деп эсептешет.

Андан соң Жер Саммитинде Рио-де-Жанейро, саясаттын жана мыйзамдардын интеграциясы мазмунга жана ыкмалардын максатына жараша ар кандай тескттик түшүндүрмөлөрдү колдонуу менен бирге бул тармактагы суроолорду глобалдык келишимдерге жөнөткөн. Бул тикбурчтуу таш жана жобо эки Рионун 1992-ж. документинде; БУУнун биологиялык түрдүүлүк Конвенциясында жана климаттын өзгөрүүсү боюнча БУУнун Рамалык Конвенциясында көрсөтүлгөн. Рио документинен кийинки көптөгөн жаратылышты коргоо боюнча конвенциялар социалдык жана экономикалык түшүнүктөрдү чечүүгө багытталгын жана алардын максаты жана объектиси менен байланышкан конкреттүү материалдык жана укуктук жоболорду камтыйт. Кээ бир келишимдер толугу менен жаратылышты коргоочулук конвенциялардан алыс болуп, туруктуу өнүгүү тармагындагы конвенция катары каралат. Мындай келишимдердин мисалы катары олуттуу кургакчылыктан жабыркаган, айрыкча Африка өлкөлөрүндөгү кургакчылык менен күрөшүү боюнча БУУнун 1994-жылындагы Конвенциясы жана 1997-жылындагы эл аралык суу өткөрүү жолдорун колдонуу укугу жөнүндөгү БУУнун Конвенциясы.

Бүгүнкү күнү эл аралык биригүү агымдарын көптөгөн тармактарда байкоого болот. Экономикалардын жана коомчулуктун биригүүсү эл аралык деңгээлде өтүп жаткандыгы көрүнөт жана ошондой эле, бул көрүнүш «глобализация» деп аталат. Мисалы, Александр Киссанын айтуусу боюнча: Глобалдык биригүүнүн- интергациянын көптөгон далилдери бар: аймактык соода бирдиктери, аймактык саясий жана экономикалык уюмдар, банк жана соода иштеринен баштап адам укуктарына чейин суроолорду бүт камтыган эл аралык режимдер, айлана чөйрөнү коргоо, курал жаракты жана каржылоо рыногунда куралдын жайылуусун көзөмөлгө алуу режими, техникалык тез өнүгүү, сооданын жана башка экологиялык аспектилердин эркиндиги.

Мындай тенденция сөзсүз болуусу керек. Бирок, 1992- жылдын Рио Декларациясында айтылган, интеграцияны экономикалык жана социалдык, укук жана саясат тармактарында көргөн интеграциянын

экинчи маанiси бар. Бул интеграциянын түрү эл аралык деңгээлде «бардыгы чогулган» жөн гана тенденция болбостон, тескерисинче, бардык социалдык, экономикалык жана экологиялык аспектилерди толук ченемде эске алган жаңы билимдерди жана ченемдерди түзүүгө киришкен зарылдык болуп эсептелет. Бул изилдөөгө, пландаштырууга, мыйзам чыгарууга жана сот чечимдерин кабыл алууга тиешелүү татаал чакырык деп эсептөөгө болот.

Чынында, коментаторлордун бири белгилеп кеткендей «эгерде туруктуу өтүүгө болгон колдоодо изилдөөлөр үчүн интегративдик ыкмалардын зарылдыгы шексиз болсо, анда пайдалуу программалардагы интеграцияга кантип жетишүүгө болот деген суроонун өзү көйгөйлүү болуп калмакчы».

Тиешелүү келишимдердин негизинде уюштурулган органдар

Экология көйгөйлүү маселелери боюнча иш алып барган негизги органдар [358]

Климаттын өзгөрүүсү боюнча өкмөттөр аралык адистер тобу.

Климаттын өзгөрүү боюнча тармагында жүргүзүлүп жаткан БУ-Унун сүйлөшүү процессинде өкмөттөр аралык климаттын өзгөрүүсү боюнча адистер тобу активдүү катышкан – бул дүйнөлүк желенин курамына бул тармакта өткөрүлүп жаткан илимий изилдөөлөрдүн натыйжасын анализдеген 2500 алдыңкы илимпоздор жана адистер кирген. Алардын докладдарынын тексттик форматын Топтун сайтынан табууга болот.

Айлана чөйрө боюнча Бириккен Улуттар Уюмунун Программасынын башкаруучулар Кеңеши (ЮНЕП). ЮНЕП саясатын иштеп чыгууга жооптуу болгон башкаруучулар Кеңеши 1992-жылдын 15-декабрында Генералдык Ассамблеянын 2997 (XXVII) резолюциясына ылайык түзүлгөн. Бул Кеңеш өз жолугушууларын жыл сайын өткөрүп, өз ишинде Генералдык Ассамблеяга баш ийет. Туруктуу өнүгүү боюнча Комиссия. Генералдык Ассамблея 1992-жылдын 22- декабрындагы

[358] See United Nations Organizations at http://www.un.org/depts/dhl/resguide/specenv.htm#enviromental.

47/191 резолюциясында Экономикалык жана Социалдык Кеңештен туруктуу өнүгүү боюнча жогорку деңгээлдеги комиссиясын атайын айлана чөйрө жана туруктуу өнүгүү боюнча Конференциянын (ЮНСЕД) чечимдерин эффективдүү аткарылышын камсыз кылуучу Кеңештин функционалдуу комиссиясы катары уюштуруусун суранган. Ошентип, мандаты Генералдык Ассамблеянын 47/191 резолюциясында жазылган Комиссия, 1993-жылы 12- февралында Экономикалык жана Социалдык Кеңештин чечиминин 1993/207 негизинде түзүлгөн. Бул Комиссия өз жолугушууларын жыл сайын уюштуруп, өз ишинде Экономикалык жана Социалдык Кеңешине баш ийет. Бириккен Улуттар Уюмунун токойлор боюнча Форуму. Улуттар Уюмунун токойлор боюнча Форуму 2000-жылдын 18-октябрындагы ЭКОСОС 2000/35 резолюциясынын негизинде «түрдүү токойлордун туруктуу өнүгүүсү, сакталуусу жана сарамжалдуу колдонуу боюнча саясатынын бекемделүүсү» үчүн уюштурулган. Форум өзүнүн жолугушууларын жыл сайын өткөрүп, өз докладдарын Экономикалык жана Социалдык Кеңешке тартуулайт.

Өкмөттөр аралык токойлор форуму, 1997 жылдын 25 июлундагы 1997/65 ЭКОСОС резолюциясынын негизинде түзүлгөн. Бул Форум 1997 жылдан 2000 жылга чейин жыл сайын өзүнүн чогулуштарын уюштуруп Экономикалык жана Социалдык Кеңешке өз докладдарын сунуш кылган. Токойлор боюнча ачык курамдагы атайын өкмөттөр аралык түзүлгөн топ, ЭКОСОСтун 1995-жылдын 1995/226 чечимин негизинде уюштурулган. Ал эми бул форумдун жолугушуулары 1995 -жылдан 1997-жылга чейин муктаждык талап кылган учурларда гана өткөрүлүп келген.

Тиешелүү келишимдердин негизинде уюштурулган органдар жана келишимдер[359]

Бириккен Улуттар Уюмунун климаттын өзгөрүүсү боюнча Рамалык Конвенциясы

«Жогорку орган» болуп эсептелген Конференциянын Тараптары Бириккен Улуттар Уюмунун климатынын өзгөрүүсү боюнча Рамалык

[359] See, United Nations Organizations, at http://www.un.org/depts/dhl/resguide/specenv.htm#treaty.

конвенциянын 7-беренесинин негизинде уюштурулган. Бул Конференциянын жолугушуулары жыл сайын өткөрүлүп, ар бир катышуучу Тарап Конвенциянын 12- беренесине ылайык Конвенцияны аткаруу үчүн жасап жаткан иш чаралардын жалпы баяндамасын сунуш кылат. Ал эми Киото протоколдун кеңеш берүүчү катары иш алып барган Конференция, Киото протоколунун 13-беренесине ылайык негизделип, атайын Протоколдун иш чараларынын өткөрүлүүсү боюнча маалымат берүү үчүн уюштурулган. Конференциянын Тараптарынын отурумдары жыл сайын өткөрүлүп турат. Монреаль протоколу Тараптын отуруму. Бул Тараптын отурумдары Монреаль протоколунун 11 беренесине ылайык атайын Протоколдун иш чараларынын аткарылышын көзөмөлдөп туруу үчүн уюштурулган жана бул Тараптын отурумдары жыл сайын өткөрүлүп турат.

Кооптуу таштандыларды чек аралардан ташып өтүүнү жана аларды жок кылууну көзөмөлгө алуу боюнча Базель конвенциясы Тарабынын Конференциясы. Бул Конференция Тарабы Кооптуу таштандыларды чек аралардан ташып өтүүнү жана аларды жок кылууну көзөмөлгө алуу боюнча Базель конвенциясынын 15-Беренесине ылайык Конвенциянын аткарылуусун кароо үчүн уюштурлган. Биологиялык түрдүүлүк жөнүндөгү Конвенциянын Конференция Тарабы. Бул Конференция Тарабы биологиялык түрдүүлүк жөнүндөгү Конвенциянын 23-беренесине ылайык, Конвенциянын аткарылуусун кароо үчүн уюштурулган. Конвенциянын учурдагы статусу жөнүндөгү маалыматты Конвенциянын веб-сайтында табууга болот. Конференция өзүнүн отурумдарын жыл сайын уюштуруп турат.

Кыйратууга каршы күрөш боюнча Конвенциянын Конференция Тарабы

Кыйратылуудан же чөлгө айлануудан катуу жабыркаган, айрыкча Африка мамлекеттериндеги кыйроолорго каршы күрөш жүргүзгөн Конвенция 1994-жылы 17-июнда Париж шаарында кабыл алынган жана 14-15 июнда кол коюуга даяр болгон. Бул конвенция 90 күндөн кийин, элүүнчү ратификациясынан соң 1996-жылы 26-декабрда күчүнө кирген. Ал эми 2009-жылдын август айында 193 мамлекет бул конвенциянын катышуучулары болгон. Конвенциянын жогорку органы болгон Конференция Тараптары өзүнүн биринчи жолугушуусун 1997- жылдын октябрында Италия мамлекетинин борбору Римде

өткөргөн. 2009-жылдын 21-сентябрынан 2-октябрына чейин Конференциянын Тараптары өзүнүн тогузунчу жолугушуусун Аргентинада, Буэнос-Айресте өткөргөн.

Суу ресурстары

Уругвай дарыясындагы целлюлоза заводу (Аргентина Уругвайга каршы), 2010[360]

***

2006-жылдын 4-майында Уругвайга каршы Аргентина сотко доо арызы менен кайрылган, бул арызда Аргентина жана Уругвай кол койгон жана ратификациялаган келишимдин милдеттемлери – Уругвай дарыясынын Статуту Уругвай тарабынан бузулгандыгы көрсөтүлгөн. Мыйзам бузуулар Уругвай дарыясында эки целлюлоза заводдорун курууга жана ишке киргизүүгө макулдук берилгендигине байланыштуу болгон, айрыкча, мындай ишмердүүлүк Уругвай дарыясынын сапатына жана ал дарыяга жакын жашагандарга зыян тийгизүүсүнө доо арызда шылтоо кылынган.

1. Дарыянын оптималдуу жана сарамжалдуу колдонулуусуна түрткү берүү милдеттүүлүгү. (1- чи берене).

170. Аргентинанын айтуусунда Уругвай «дарыяны оптималдуу жана сарамжалдуу колдонуу милдеттүүлүгүн» аткарган эмес. Уругвай Аргентина менен бирге экологиялык өзгөрүүлөргө жол бербөө үчүн жана айлана чөйрөнү булгоону алдын алуу милдеттерин аткаруу үчүн эч кандай иш чараларды жүргүзбөгөн. Ошондой эле, Аргентина 1975-жылындагы Статутун түшүндүрмөсүндө (айрыкча 27, 35 жана 36- беренелерде) адилеттүү жана сарамжалдуу колдонуу принцибине ылайык, буга чейин өкүм сүрүп келген дарыяны укуктуу колдонуу ыкмаларын, айрыкча кайра жаратуу жана туристтик максаттар үчүн колдонулгандыгын бекемдейт.

171. Уругвай 1975-жылдын Статутунун объекти жана предмети CARU аркылуу дарыянын биологиялык жана суу ресурстарын сарамжалдуу, адилеттүү пайдалануу жана жалпы максаттарга жетүү үчүн Тараптар аралык кызматташтык структурасын түзүүдө экендигин

[360] 390 Pulp Mills on the River Uruguay (Argentina v. Uruguay), Judgment, I.C.J. Reports 2010, p. 14.

белгилеген. Уругвай эч кандай дарыяны адилеттүү жана сарамжалдуу колдонуу принцибин бузган эместигин жана бул принцип дарыяны туризм же балык уулоо ыкмаларын колдонуп, башка жаңы ыкмаларды колдонууга болбойт экендигине негиз болбойт.

175. Дарыянын ресурстарын туура жана сарамжалдуу пайдаланууга жетишүү үчүн бир жактан тараптардын укуктары жана муктаждыктарынын ортосундагы дарыяны экономикалык жана коммерциялык максатта колдонуусундагы тең салмактуулукту талап кылса, ал эми экинчи жактан, айлана чөйрөнү ар кандай зыян тийгизүүчү иш араКттерден коргоо милдеттерин талап кылат. Мындай тең салмактуулук тараптардын милдеттемелерин жана укуктарын орнотуучу 1975- жылдын Статутундагы ар кандай мисалы 24, 36 жана 41- жоболордо каралган. Ошентип, Сот Уругвайдын Орион (Ботния) заводунун иштетүүгө жана курулуш иштерин жүргүзүүгө уруксат берүүсүн 1975-жылдын Статутунун жоболоруна, ошондой эле ал жоболордо каралган милдеттемелерине ылайык баа берет.

177. Ал эми 27-беренеге тиешелүү, чек аралар ортосундагы мамилелердин контекстинин формулировкасы бир гана деңизге жакын жайгашкан мамлекеттердин ар кандай кызыкчылыктарынын, айрыкча жалпы жаратылыш ресурстарын колдонуудагы макулдаштык зарылдыгын чагылдырбастан, ошондой эле дарыянын суу ресурстарын колдонуу укуктарын туруктуу өнүгүү максатында тең салмактуулукту табуу керек деп Сот эсептейт. Сот, ошондой эле Статуттун 7ден 12- беренелерден келип чыккан жоопкерчиликтерди карап чыккан, суу ресурстарын колдонуу укуктарын ишке ашырууну максат кылган ар бир Тарап 27-беренеге ылайык жоопкерчиликтерди аткаруусу керек, анткени суу ресурстарын колдонуу дарыянын сапатына жана колдонуу режимине сөзсүз өз терс таасирин тийгизет. Эгерде суу ресурстарына жакын жайгашкан башка мамлекеттердин жалпы ресурстарды жана айлана чөйрөнү коргоо маселелериндеги кызыкчылыктары эске алынбаса, анда мынай колдонууну адилеттүү жана туура деп эсептөөгө болбойт, деп Сот кошумчалайт. Ошентип, Сот 27-берене туруктуу өнүгүүнүн негизи болгон жалпы ресурстарды адилеттүү жана сарамжалдуу колдонуунун ортосундагы байланышты жана экономикалык өнүгүү менен айлана чөйрөнү коргоо ортосундагы тең салмактуулукту өзүнө камтыйт деп эсептейт. 3. Экологиялык тең салмактуулуктагы өзгөрүүлөргө жол бербөө үчүн иш чараларды координациялоо жоопкерчилиги. (36-чы Берене).

181. 1975-жылдын Статутунун дарыянын экология тең сал-

мактуулугун өзгөрүүлөрүн алдын алууга багытталган зарылдык иш чараларын CARU аркылуу координацияланышын Тараптарды милдеттендирүүчү 36-беренени Уругвай бузгандыгын Аргентина бекемдейт. Аргентина ошондой эле, Орион (Ботния) заводунан чыккан таштандылар дарыянын экологиялык тең салмактуулугун бузгандыгын билдирүү менен бирге, 2009-жылдын 4-февралында орун алган экологиялык тен салмактуулуктун бузулгандыгын далилдеп туруучу балырлардын гүлдөгөндүгүн, жана Аргентина уулуу заттардын таштандылары коловраткалардын өзгөрүлгөндүгүн көрсөтүп турган сүрөттөрдү Сотко тартуулоо менен бекемдеген.

183. «Экологиялык тең салмактуулуктун өзгөрүүсүн болтурбоо үчүн жана жабыркаган аймактарда зыян келтирүүчү факторлор жана зыянкечтер менен күрөш жүргүзүү үчүн Тараптар 36-беренеде каралгандай атайын иш чараларды Комисия аркылуу координация жүргүзүүсүн» эске салып кетүү керек.

185. Соттун пикири боюнча, 1975-жылдын Статутунун 36- Беренесинин максаты ар кандай дарыянын экологиялык тең салмактуулугун бузган чек аралар ортосундагы айлана чөйрөнү булгоого CARU аркылуу координацияланып алдын алуу иш чаралардын кабыл алынышы болуп эсептелет. Бул иш аракеттер CARU аркылуу Тараптардын жасаган нормативдик –укук негиздерин кабыл алууда гана болбостон, Тараптардын ал иш чараларды колдонуп аткаруусунда. Габчиково-Надьмарош ишинде: «Айлана чөйрөнү коргоо тармагында, көпчүлүк учурда айлана чөйрөгө тийгизген зыяндын ордун механизмдердин аздыгынан улам толуктоого болбогондуктан, алдын алуу жана сактык зарыл» экендиги бөтөнчө белгиленген. (Габчиково-Надьмарош, Словакия Венгрияга каршы, чечим, Докладдар МС БУУ 1997,78 - бет, параг -140).

188. Бул сактык жана алдын алуу иштери экологиялык тең салмактуулукту сактоодо өтө зор, анткени адам баласынын дарыя сууларына тийгизген терс таасири экосистеманын башка компоненттерине; анын флора, фаунасына жана жер катмарына таасирин тийгизиши мүмкүн. 1975-жылдын Статутунда орнотулган, Комиссиянын чегинде координациялоо жоопкерчилиги иш чараларды кабыл алуу жана аларды аткаруу контекстинде Уругвай дарыясынын жалпы системасын коргоодо маанилүү ролун болжолдойт. Ошондуктан, тараптардын бул жоопкерчиликти аткаруусу өтө маанилүү.

189. Жогоруда айтылгандарды эске алып Сот Уругвай көзөмөл жасоодон баш тарткандыгын жана ошону менен бирге 36-бере-

неде каралган жобону бузгандыгы жөнүндө Аргентина тарабынан көптөгөн далилдер берилдген деп эсептейт.

4. Суу чөйрөсүн коргоо жана айлана чөйрөгө зыян келтирүүчү алдын алуу боюнча Милдетүүлүк (41 берене).

191. Дарыяны ого бетер кирдетүүсүнө алып келген кошумча азыктандыруучу заттарды дарыяга ыргытууга Уругвайдын берген макулдугу, кирдетүүнү алдын алуу боюнча жоопкерчилиги Уругвай табынан бузулган деп билдирет, Аргентина. Уругвай Орион (Ботния) заводуна тиешелүү иш чараларды аныктаган эмес жана ошентип эл аралык экологиялык келишимдерде колдонулуучу биологиялык түрдүүлүк жөнүндөгү Конвенциясындагы жана Рамсан конвенциясындагы жоопкерчиликтер Уругвай тарабынан бузулган деп Аргентина далилдейт. 1975 жылдын Статуту суу чөйрөсүн коргоого өз зыянын тийгизүүчү жана дарыянын экологиялык тең салмактуулугун бузуучу ар кандай кирдетүүлөргө тыюу салат деп Аргентина далилдейт. Ошондой эле, суу чөйрөсүнө зыян келтирүүсүн алдын алуу натыйжанын жоопкерчилиги болуп эсептелип, жана бир гана суу чөйрөсүн коргоого таратылбастан, башка мыйзамдуу жана акыл эс менен дарыяны пайдаланууга, анын ичинде туризм жана башка кайра жаратуу иш арак

192. Бирок Уругвайдын далилдөөсүнө ылайык 1975-жылдын Статутундагы 41 (а) беренесинде жазылган «кирдетүүну алдын алуу» боюнча жоопкерчилик бардык дарыяга ташталуучу заттарга тыюу салбайт. 1975-жылдын Статутунун 40- беренесинин негизинде «кирдетүү» түшүнүгүндө CARU ичиндеги тараптар ортосунда макулдашылган стандарттардын чегинен чыккан таштандыларды мүнөздөөгө болот. Уругвай ошондой эле. 41-берене натыйжанын эмес, жүрүм турумдун жоопкерчилигин түзүүсүн жана бул учурда Уругвай заводдун эң алдыңкы технологияларга («НДТ») жана стандарттарга шайкеш келүүсүн талап кылуу менен бирге өзүнүн кирдетүүнү алдын алуу жоопкерчилигин аткаргандыгын далилдейт.

193. 41-беренени анализдөө алдында Сот: «Мамлекеттин юрисдикциясынын жана көзөмөлдөөсүнүн чегиндеги иш аракеттер башка мамлекеттердин же улуттук көзөмөлүнүн сыртындагы аймактардын айлана чөйрөсүнө зыянын тийгизбөөсүн камсыз кылуу жалпы жоопкерчилиги экендигин жана азыркы учурда эл аралык укуктун айлана чөйрөгө байланыштуу бөлүгү экендигин» эске салат (кооптуулуктун мыйзамдуулугу жана ядролук куралды колдонуу, кеңешүүчүлүк корутунду, ICJ Reports 1996 (I), бет. 241-242, пункт 29).

194. Андан сырткары, Сот Габчиково-Надьмарош ишинде «Тарап-

тардын кайрадан Габчиково электростанциясынын иштөөсүнөн айлана чөйрөгө тийгизген зыянын карап чыгуусу керек» деген мүмкүнчүлүктү өзгөчө белгилеген (Габчиково-Надьмарош, Венгрия/Словакия, Чечим, МС БУУ 1997 Докладдары, 78 бет, пункт 140). Сот бул арыздарды 1975-жылдын Статунун 41-беренесинин каралуусунда эске алат.

195. Бул жобонун аталган иш боюнча Тараптар ортосундагы талаштарда жана ал жобонун колдонулуусуна жана түшүндүрүлүшүнө тиешелүү болгон терең келишпестиктерде өтө маанилүү ролун эске алуу менен бирге, Сот тараптардын конкреттүү далилдерин карап чыгуудан мурда 41-бereненин ченемдик мазмуну боюнча бир нече жалпы мүнөздүү эскертмелерди ачып кетет. Биринчиден, Соттун пикири боюнча, 14-берене CARUга ыйгарылган, Статуттун 56- беренесинде айтылган иреттөөчү милдеттер менен Тараптардын өзүнчө эрежелери жана «суу чөйрөсүн сактап, коргоо, айрыкча кирдетүүсүн алдын алуу боюнча» иш чараларын кабыл алуу милдеттемелеринин ортосундагы айырмачылыктарды жүргүзөт.

Ошентип, 1975-жылдын Статутунун 36 жана 56- беренелеринде көрсөтүлгөн жоопкерчиликтерден айырмаланган жана 41-беренеге ылайык Тараптардын кабыл алган жоопкерчиликтери айлана чөйрөгө зыян келтирүүнү алдын алуу үчүн жана суу чөйрөсүн сактоо жана коргоо үчүн атайын эрежелерди жана иш чараларды улуттук укук тутумунун рамкаларында кабыл алынуусу корутундулат. Бул жыйынтык 41-бereненин (б) жана (в) пункттарындагы Тараптардын тиешелүү мыйзам чыгарууларында иштеп жаткан техникалык талаптардын жана жазанын оордугун төмөндөтпөө зарылдыгын көрсөтүп турган, ошондой эле атайын алардын укуктук системаларында эквиваленттик ченемдерди орнотуу үчүн иштеп чыга турган эрежелер жөнүндөгү маалымат менен бөлүшүү зарылдыгын түшүндүрүү менен бекемделет.

197. Үчүнчүдөн, «суу чөйрөсүн сактоо, айрыкча кирдетүүнү алдын алуу үчүн атайын эрежелерди жана иш чараларды орнотуу» жоопкерчилиги ар бир тараптын юрисдикциясынын жана көзөмөл алдындагы аткарылып жаткан иш аракеттерге кылдаттык менен иштөө милдеттемеси болуп эсептелет. Бул милдеттеме тиешелүү эрежелер жана чараларды гана жаратпастан, алардын сакталуусунда мамлекеттер жана жеке жактар колдонгон баа берүүдө – мониторинг башка тараптын укугун коргоо үчүн колдонулган иш чараларда, административдик көзөмөлдүн аткарылуусунда белгилүү бир деңгээлдеги сактык камсыз кылынуусу керек. Ошого байланыштуу, эгерде тараптын адал ниети менен иш алып барбагандыгы жана ал тараптын

юрисдикция алдындагы мамлекеттик жана жеке жактардын тиешелүү жоболордун аткарылуусун камсыз кылуу боюнча бүт керектүү иш чараларды кабыл албагандыгы далилденсе, анда бул тарап жоопкерчиликке тартылат. 41 (а) беренеге ылайык тиешелүү эрежелерди жана иш чараларды аткаруусун кабыл алууда жана керектүү деңгээлдеги кыраакылыкты көрсөтүү милдетенмеси, эрежелер «учурдагы эл аралык келишимдерге шайкеш келүүгө» жана «эл аралык техникалык органдардын башкаруу принциптерине жана рекомендацияларына ылайык» болуусу керек деген шарттар менен бекемделет. Бул талап, Тараптардын кабыл алган эрежелери жана иш чаралары учурдагы эл аралык келишимдерге шайкеш келүүсү жана эл аралык деңгээлде макулдашылган техникалык стандарттарды эске алуусун тактоодо артыкчылыкка ээ.

(а) Айлана чөйрөгө таасир тийгизүүгө баа берүү.

203. Сот, алдыда пландаштырылган иш аракеттер жалпы ресурстарга жана чек аралар ортосундагы зыян тийигизген айлана чөйрөгө тийгизген таасирине баа берүү зарылчылыгы менен Статуттун (а) жана (б) 41-беренеге ылайык Тараптардын жоопкерчиликтери ортосундагы байланыштарды карап чыгат. Тараптар айлана чөйрөгө тйигизилип жаткан таасирге баа берүү (экологиялык экспертиза) зарыл экендигине келишишкен. Бирок Тараптар Орион (Ботния) заводунун долбооруна тиешелүү Уругвай тарабынан жасалчу экологиялык экспертизанын мазмунуна жана курчалышына караштуу бир пикирге келишкен жок.

204. Соттун пикири боюнча Статуттун 41 (а) жана (б) беренесинине ылайык Тараптар өз милдеттерин так аткаруу жана суу чөйрөсүн коргоо, сактоо максатында чек аралар чегиндеги зыяндуулуктардын себептеринин ишмердүүлүгүнө улай экологиялык экспертизасын өткөрүүсү керек. Соттун сууда жүрүүчүлөрдүн жана аралаш укуктарына байланышкан иште көрсөтүлгөндөй келишим түзүүдөгү тараптардын ниеттеринен келип чыккан учурлар бар, анда белгилүү бир терминдерге маани берилет, анткени алардын мазмуну же маңызынын өнүгүүсү жөндүү болуусу кажет; бирок бир дагы жобо бардык мезгилдерде катталган болуп эсептелбейт, ошону менен бирге ал эл аралык укуктун өнүгүүсүн эске алуусу зарыл. (Сууда жүрүүчүлөрдүн жана аралаш укуктарына байланышкан талаш жөнүндө, Коста-Риканын Никарагуага каршы 2009-ж. 13- июлундагы чечими, 64-пункт). Бул мааниде алып караганда Статуттун (а) 41-беренесине ылайык, коргоо жана сактоо милдеттенмелери акыркы жылдарда көпчүлүк мам-

лекеттердин арасында таанылып чек аралар чегиндеги мазмунда, айрыкча жалпы ресурска караштуу өндүрүш иш аракеттери терс таасирин тийгизүүчү тобокелдик орун алган жайларда өткөрүлгөн экологиялык экпертиза эми эл аралык укуктун талабы катары эсептелип чогулган тажрыйбага карата талкууланышы керек. Мындан тышкары, эгерде дарыянын жана суунун сапатына терс таасирин тийгизүүчү иш аракеттерин пландаштырган тарап өз иш аракеттеринин айлана чөйрөгө тийгизген таасирине баа берүү үчүн аракеттенбесе, анда алдын алуу жана кыраакылык милдеттемелерин болжолдогон сактыкты көрсөтүү милдеттемеси аткарылды деп эсептелбейт.

205. Эч кандай 1975-жылдагы Статут, же жалпы эл аралык укук экологиялык эспертизанын мазмунунун көлөмүн аныктай албайт деп белгилейт Сот. Ошондон улам, Сот ар бир мамлекет өзүнүн ички мыйзам чыгаруусунда же долбоордун авторизациясына ылайык конкреттүү учурда сунушталган долбоордун мүнөзүн, масштабын жана анын ыктымалдуу айлана чөйрөгө болгон терс таасирин, ошондой эле баа берүүдө ылайыктуу этияттыкты конкреттүү экологиялык экспертизанын мазмунун өзү белгилейт. Сот экологиялык экспертиза долбоордун башталышында өткөрүлүшү керек деп эсептейт. Ошондой эле, долбоордун ишке ашырылуусунда, муктаждык талап кылса, анда айлана чөйрөгө тийгизип жаткан таасири боюнча үзгүлтүксүз мониторинг өткөрүлүшү керек.

Деңиз укугу боюнча БУУнун Конвенциясы[361]

Бириккен Улуттар Уюмунун Дэңиз укугу боюнча үчүнчү конференциясы [362]

1967-жылы 1-ноябрда Мальтанын БУУдагы өкүлү Арвид Пардо адамдын жашоосунда чоң роль ойногон океанды кургатып салууга алып барчу, өнүгүп бараткан чоң чыр чатакка бүткүл дүйнөнүн көңүлүн бурган. Ал Бириккен Улуттар Уюмунун Генералдык Ассамблеясындагы сөзүндө бүт океандарга таралчу өнүккөн державалардын ортосундагы теңтайлаштуулук, деңиздерди өлтүрүүчү кирдетүүлөр, сотко берилген доо арыздар жана стабилдүү тартип үчүн доо арыздардын натыйжалары жана деңиздин тереңинде жайгашкан бай-

[361] United Nations Convention on the Law of the Sea (UNCLOS), Dec. 10, 1982, 1833, U.N.T.S. 397, entered into force Nov. 16, 1994.

[362] U.N. Division of Ocean Affairs and Law of the Sea, Historical Perspective, UNCLOS, at: http://www.un.org/depts/los/convention_agreements/convention_historical_perspective.htm#Historical%20Perspective

лыктар жөнүндө сүйлөгөн. Пардо өз сөзүн «так аныкталган өлкөнүн юрисдикциясынын чегинен сырткы океандардын жана деңиздердин тереңдерине тиешелүү суроосу боюнча эффективдүү эл аралык режимге» чакыруу менен аяктаган. «Бул тирешүүлөрдү азайтуунун жана өөрчүп жаткан абалды басаңдатуунун жалгыз гана туура жолу болуп турат» деди ал. Пардонун чакырыгы адам баласынын океандарга болгон көз карашын өзгөрткөн техникалык прогрессти эске алуу менен бирге көптөгөндөр деңиз эркиндиги доктринасын жаңылатуу зарылдыгын тааныган учуруна келген.

15 жыл убактысында улантылган процесс кыймылга келди, Бириккен Улуттар Уюмунун деңиз комитетинин түзүлүү процесси, ядролук куралды океан жана деңиздин тереңине жайгаштырууга тыюу салуу боюнча келишимге кол коюлушу, улуттук юрисдикциянын иш аракеттеринен тышкары болгон деңиздин ресурстары жалпы адамзаттын мурасы экендигин көрсөтүп туруучу Генералдык Ассамблеянын декларациясынын кабыл алынуусу жана адамзатты курчап турган айлана чөйрөнүн көйгөйлүү маселелери боюнча Стокгольм конференциясын уюштурулуусу байкалды.

... Булар океандар боюнча толук келишимди жазуу үчүн, деңиз укуктары боюнча Бириккен Улуттар Уюмунун Конференциясын уюштурууга чакырган кээ бир факторлор болчу. 1973-жылы Нью-Йоркто Конференция уюштурулган, анын натыйжасында, тогуз жылдан кийин 1982-жылы деңиздердин конституциясы - Бириккен Улуттар Уюмунун деңиз укугу боюнча Конвенциясы кабыл алынган. Тогуз жыл ичинде, 160 мамлекеттин өкүлү Нью-Йорк менен Женеванын ортосунда саякат жасап келишимдердин марафонунун жүрүүсүндө Конвенцияга алып келген жоопкерчиликтер жана укуктар боюнча суроолорду талкуулап келишкен.

Конвенция

Деңиздин территориалдык чек аралары, өтүү эрежелери, экономикалык юрисдикция, улуттук юрисдикциянын чегинен чыккан деңиз тереңдиги ресурстарынын юридикалык статусу, кемелердин кууш кысыктардан өтүүсү, деңиздин тирүү жандыктарын коргоо жана башкаруу, деңиз чөйрөсүн коргоо, деңиз режимдери жана деңиз чөйрөсүндөгү илимий изилдөөлөр, жана уникалдуураак мүнөздөмөлөрү, мамлекеттер аралык талаштарды чечүүчү милдеттеме процедуралары – жогоруда аталгандардын бардыгы келишимдин маанилүү өзгөчөлүктөрүнө кирет. Кыскача айтканда, бул Конвенция эл аралык коомчулуктун деңиз ресурстарынын аспектилерин жана

океандын колдонуусун иретке салып, бул ыкма менен адам баласынын жашоо булагына стабилдүү иретүүлүктү алып келүү үчүн аракети экендигин билдирет. «Мүмкүн, бул кол коюлган документ, биздин доордун эң маанилүү укуктук документи» - деп Келишимге кол коюлган соң Бириккен Улуттар Уюмунун Генералдык катчысы ал документке мүнөздөмө берген. өкмөттөрдүн Конвенцияга кол койгондугу, эч кандай Конвенциянын предметин же объектисин четке кагуучу иш чараларды колдонууга болбойт экендигин билдирген жоопкерчиликке алып келет. Ратификация же Конвенцияга кошулуу мамлекет тарабынан Конвенциянын жоболорун аткарууга макул экендигин билидрет. Гайана 60 –чы мамлекет болуп анын катарына кирген соң, бир жылдан кийин 1994- жылдын 16-ноябрында Конвенция өз күчүнө кирген.

Деңиздин территориалдык чегин аныктоо көптөгөн каршылаш талаптардан жана талаштардан кутулткан. Территориалдык деңизден жана кууш кысыктарды аралап өтүү эрежелери укук принциптерине негизделген. Ал эми деңиздин жээгинде жайгашкан мамлекеттер деңиздин 200 миль экономикалык укугу менен камсыз болуп анын артыкчылыгынан пайда көрүп жаткан учуру. Эми деңизге чыгууга мүмкүнчүлүгү жок болгон мамлекеттерге деңизден же деңизге чыгуу укугу алдын ала караштырылгын.

Чек аралаш суу ресурстары боюнча комиссия, Кыргызстан жана коңшу мамлекеттер[363]

Арал деңизинин бассейни дүйнөлүк тарыхта эң байыркы цивилизация борборлорунун катарына кирет. Арал деңизинин өзөгүндөгү эки негизги дарыя, булар өз сууларын арид сугат жерлердин аймагы менен Арал деңиздин ортосунда бөлүштүргөн Амурдарья жана Сырдарья, ал эми дарыялардын Вахш, Пяндж, Сурхандарья, Кафирниган, Зарафшан, Нарын, Чирчик, Карадарья жана башка куймалары Арал деңизинин суу чарбасынын комплексине кирген ири суу системасын түзөт. Арал деңизинин өзөнүнүн аймагында КМШ курамына кирген беш өлкө жайгашкан — Казахстан Республикасы, Кыргыз Республикасы, Тажик Республикасы, Түркменистан жана өзбекистан, ошондой эле Афганистандык айрым аймактары жайгашкан.

[363] Борбордук Азиянын мамлекеттер аралык суу чарбалык координациялык комиссиясы http://www.icwc-aral.uz/

СССР тарагандан кийин, конфликттерди болтурбоо үчүн, олуттуу татаалдыктарды суу ресурстарын башкаруу бөлүмүндө, ошондой эле суу бөлүштүрүүдө тартипти орнотуу, Борбордук Азиядагы беш эгемендуу мамлекеттердин министрлери... жолугушуу, суйлөшүү, талкуулоолордун натыйжасында 1991-жылдын 10-12-октябрында Ташкентте арыз кабыл алышты. Ташкентте Борбордук Азия элинин тарыхый коомчулугуна, алардын тең укуктуулугуна жана региондогу суу ресурстарын сарамжалдуу колонуусун камсыз кылуу жоопкерчилигине негизделген, биригип жана кызматташтыкта аткарган башкаруулар жана иш аракеттер өсүп жаткан экологиялык жана социалдык тирешүүлөрдө региондогу суу чарбасына тиешелүү көйгөйлүү маселелерди эффективдүү чечилишине көмөк көрсөтүүчү билдирүү/арыз кабыл алган.

1992-жылдын 18-февралында Алматы шаарында Борбордук Азиянын беш мамлекетинин суу чарба министрлери (Н. Кипшакбаев, М. Зулпуев, А. Нуров, А. Иламанов, Р. Гиниятуллин) «Мамлекеттер аралык суу ресурс булактарын коргоо жана колдонуусун биргелешип башкаруу тармагындагы кызматташтык боюнча Келишимге» кол коюлган. Бул келишим менен Мамлекеттер аралык суу чарбасын координациялоочу комиссия түзүлгөн. Бул Келишим 1993-жылдын 26-мартында Кызыл-Ордо шаарында мамлекет башчыларынын Чечими жана алардын «Арал деңизинин жана Арал регионунун социалдык-экономикалык өнүгүүсүн камсыз кылуу үчүн жана экологиялык жакшыртуу боюнча көйгөйлөрүн биргелешип чечүү боюнча Келишими» жана 1999-жылы 9-апрелинде бул региондогу беш мамлекеттин макулдашуусу «МФСА статусу жана анын уюму» менен бекемделген. Мамлекеттер аралык суу ресурстарын координациялоочу беш мамлекеттин суу чарба Министрлери же алардын орун басарларынан турган жана беш мамлекеттин өкмөтү суу чарба Министрликтерине (Мамлекеттик комитеттерге, Департаменттерге) чек ара суулардындагы табигый жана гидроэкологиялык процесстердин туруктуулугун колдоо боюнча жана суу ресурстарын өнүктүрүү жана башкаруу функцияларын тапшырган беш мамлекеттен турган орган болуп эсептелет.

Уулуу заттар жана коркунуч жаратуучу таштандылар

Коркунуч жаратуучу таштандыларды чек аралардан ташып өтүүсүн көзөмөлгө алуу жөнүндөгү Базель конвенциясынын кыскача баяндамасы [364]

Экологиялык аң сезимдин ойгонушу жана өндүрүш тармагы өнүккөн мамлекеттерде жаратылышты коргоо майзамдарынын күчөтүлүүсү 1970-жана 1980-жылдарда коомчулуктун уулуу заттардын таштандыларын көмүлүүсүнө – NIMBYсиндрому катары таанылган (англ. «Not In My Back Yard»: менин үйүмдүн артында эмес) каршы чыгуусун жараткан жана ошондой эле, таштандыларды жок кылуу үчүн чыгымдарды жогорулаткан. өз учурунда жогоруда аталгандардын бардыгы кээ бирөөлөрдү арзан жолдорду издеп экологиялык аң сезими төмөн болгон жана айлана чөйрөнү коргоо боюнча механизмдер жана эрежелер жакшы өнүкпөгөн өлкөлөрдүн, башкача айтканда үчүнчү мамлекеттердин жана Чыгыш Европанын аймагында уулуу таштандыларды жок кылынуусуна алып келген. Ушул таштандыларды жок кылуу чечимдердин натыйжасында 1980- жылы Базель Конвенциясы кабыл алынган, жана анын кабыл алуу учурунда бул конвенциянын негизги суроосу «уулуу товарларды сатуу» менен күрөшүү болуп эсептелген. Бул Конвенция 1992-жылы күчүнө кирген.

Максат

Базель конвенциясы адамдзаттын ден-соолугун жана айлана чөйрөнү уулуу заттардын таасиринен коргоо үчүн милдеттенген. Анын колдонуу тармагы таштандылардын кеңири спектрин; келип чыгуусуна же курамына жана мүнөздөлүшүнө карай «кооптуу таштандылар» деп аныкталган, жана ошондой эле «башка түрдүү» деп аныкталган эки түрдүү – турак жайлардан топтолуп келген таштандыларды жана таштандыларды күйгүзгөндөн кийинки калдыгын камтыйт.

Милдеттер жана жоболор

Конвенциянын Жоболору төмөнкү негизги милдеттерге негизделген:

---

[364] 394 The Basel Convention on the Control of Transboundary Movements of Hazardous Wastes and their Disposal, adopted 22 March 1989, 28 ILM 652, entered into force May 5, 1992. Summary provided at: http://www.basel.int/TheConvention/Overview/tabid/1271/Default.aspx

• кооптуу таштандылардын пайда болушун кыскартуу жана кандай гана жайда кооптуу таштандылар жайгашпасын, алардын экологиялык колдонулуусуна көмөк көрсөтүү;

• ташуулар экологиялык деп негизделген иреттөө принцибине ылайык аткарылган учурлардан сырткары, кооптуу таштандыларды чек аралардан ташылып өтүүсүн кыскартуу; жана

• чек аралардын ортосундагы ташууларга уруксат берилген учурларда колдонулуучу иреттөө системасы.

Биринчи маселени чечүү үчүн мамлекеттерден таштандыларды колдонуунун экологиялык жактан түшүндүрүлгөн фундаменталдуу принциптерин талап кылуу керек (4-чү берене). Ал эми экинчи маселеге жетишүү үчүн бир канча тыюу салууларды карап чыгуу керек: кооптуу таштандыларды Антарктидага экспорттоого, Базель конвенциясынын тарабы–мүчөсү болбогон мамлекетке, же кооптуу таштандыларды киргизүүгө тыюу салган мамлекеттин аймагына экспорттоого болбойт (4-чү берене). Ошентсе дагы Тараптар кооптуу таштандыларды башкарууда башка тараптар же Тарап болуп эсептелбеген мамлекеттер менен эки же көп тараптуу келишимдерге келише алат, эгерде «экологиялык негиздүү колдонууга карата аз талаптуу болбошу керек» деген шарт түзүлүп ал келишимдер Базель конвенциясында каралгандан айырмаланып турса (11-берене). Бардык учурларда, чек аралар арылак ташуулар боюнча чечим өзүнчө экологиялык деп негизделсе, эгерде экологиялык деп негизделген колдонуу принцибинде жагымсыз дискриминация орун албаса жана ал принцип Конвенциянын иреттөө системасына ылайык аткарылып жатса, анда бул ташуулар тыюу салынган ташуулар деп эсептелбейт. Иреттөө системасы алдын алуу макулдашуу концепциясында негизделген жана экспорттун аткарылуусуна чейин экспорттоочу мамлекеттин бийлиги потенциалдуу импортер мамлекеттин жана транзит мамлекеттердин бийлигин ташуулар жөнүндө маалымат менен камсыз кылуусун талап кылат. Эгерде ташуулар жүргүзүлүп жаткан учурда бардык кызыкдар болгон тараптар өз макулдугун жазма түрүндө берсе, анда ташууларды жүргүзүүгө болот (6 жана 7-беренелер). Ошондой эле, Базель конвенциясы айрыкча, өнүгүп келе жаткан өлкөлөргө техникалык жардам берүү боюнча суроодон баштап, Тараптардын ортосундагы кызматташтыкты карап чыгат (10 жана 13-беренелер). Секретариат бул биримдикти колдоп жана көмөк көрсөтүүгө тийиш. ... Эгерде кооптуу таштандылардын чек аралардан ташылып өтүүсү мыйзамсыз болсо, башкача айтканда 6 жана 7-беренелер аткарылбай же беки-

тилген шарттарга ылайык аткарылбаса, анда Конвенцияга ылайык бир же бир нече катышуучу мамлекет коопсуздукту жок кылуу иш аракеттерин алып барууга милдеттүү жана жоопкерчиликтүү болот, бул иш чаралар боюнча таштандылар чыгарылган мамлекетке кайра жөнөтүлүп же башка ушул сыяктуу ыкмалар колдонулат (8 жана 9-беренелер).

Уулуу таштандылар боюнча атайын билдирүү жасоочу (Кыргызстан жөнүндөгү докладдан алынган кыскача маалымат)[365]

Резюме

Кыргыз Республикасынын өкмөтү тарабынан атайын билдирүү жасоочу чакырылган жана ал 2009-жылдын 30- сентябрынан 9-октябрга чейин Кыргызстандын аймагындагы иш сапарын жасаган. Бул вазыйпанын максаты таштандылардын жана уулуу заттардын жайгаштырылуусуна, бекитилишине жана ташылуусуна тиешелүү маселелерди жана адам укуктарын аткаруудагы алардын жагымсыз натыйжаларын изилдөө болуп эсептелет. Бул сапарда, үч тармакка; уран калдыктарына, эски жана тыюу салынган пестициддерге жана сымап таштандыларына айрыкча көп көңүл бурулган. өз иш сапарынын жүрүүсүндө Атайын билдирүү жасоочу көптөгөн мамлекеттик жана мамлекеттик эмес уюмдардын кызматчылары менен жолугушуп жана Орловка, Кант жана Кара-Балтадагы кооптуу химиялык заттардын жана таштандылардын жайгашкан жерлерин көрүп келген.

Атайын билдирүү жасоочу адамзатынын ден соолугуна жана Борбордук Азиянын айлана чөйрөсүнө уран калдыктарынын тийгизген таасирин, ошондой эле эл аралык коомчулуктун колдоосу менен бул көйгөйлүү маселелерди узак мөөнөткө чечүү максатында чек аралардын ортосундагы олуттуу коркунучтарды жок кылуудагы Кыргызстандын жетишкендиктерин кубаттайт. Андан сырткары, ал Кыргыз өкмөтү тарабынан кабыл алынган, калдыктар жана эскирген химиялык заттарыдын жайгаштырылган жайларына жакын жашаган элдерди жана коомчулукту коргоо үчүн жасалган аракеттерди өзгөчө белгилейт. Бул иш чаралар калктын ден соолугуна жана күчтүү орга-

[365] 395 БУУ адам укуктары боюнча Кеңеши, 15-чи сессия, 24 июнь 2010 ж. Кырзыстандагы Вазийпа боюнча атайын билдирүүчү Окечукву Ибеанунун Доклады (2009 жылдын 30 сентябрынан 9 октябрына чейин).

никалык кирдетүүчүлөрдүн жагымсыз таасиринен айлана чөйрөнү коргоо боюнча улуттук планды жана эл аралык коомчулук тарабынан көрсөтүлгөн колдоо аркылуу биринчи орунда көңүл бурууну талап кылган таштандылар ыргытылган жайларды калыбына келтирүү боюнча кечиктирилгис иш чараларды иштеп чыгууну өзүнө камтыйт.

Жетишкендиктерге карабастан, Атайын билдирүү жасоочу радиоактивдүү жана химиялык заттардын таштандыларын башкаруу тармагындагы бир нече негизги маселелерди белгилеп кеткен. Ал, адамзаттын коомчулугуна, ден соолугуна жана айлана чөйрөгө радиоактивдүү заттардын жана кооптуу заттардын, алардын катарында пестициддердин жагымсыз натыйжасын жок кылууга же азайтууга тиешелүү болгон иш чараларды жана кеңештерди иштеп чыккан.

Бул сунуштар төмөндөгүлөрдү камтыйт:

а) СОЗду камтыган пестициддер жана кооптуу уран калдыктарын бекем корголгон жайга которуусун;

б) Кароосуз калган кен чыгарулуучу жайларды, уран калдыктары жашырылган жайларды жана айлана чөйрөнү булгабоо максатында таштандылар бекитилген объектилерди калыбына келтирүү керек экендигин;

в) кооптуу жана химиялык заттардын таштандылары бекитилген жайларга жакын жайгашкан элдердин жана коомчулуктун ден-соолугуна тийгизген радиоактивдүү таасирине бардыгын ичине камтыган баа берүүсүн;

г) эл аралык ченемдерге жана стандарттарга шайкеш келүүсүн камсыз кылуу үчүн радиоактивдүү таштандыларга жана химиялык заттарды башкарууга тиешелүү болгон регламентациялоочу негиздерди жакшыртуусун;

д) министрликтердин жана мамлекеттик мекемелердин радиоактивдүү таштандыларды жана химиялык заттарды башкаруу тармагындагы ар кандай ролун жана фунцияларын тактоо, ошондой эле бул мекемелердин ортосундагы кызматташтыкты жана оптималдуу координацияны камсыз кылуу үчүн керектүү механизмдерди түзүүсүн;

е) коомдук-маалыматтык кампаниялардын уюштурулуусун жана радиоактивдүү жана кооптуу таштандылардын бекитилген жайлары жергиликтүү калкка жана айлана чөйрөгө тийгизүүчү таасири жөнүндө маалымат берүү демилгелерин аткаруу, ошондой эле тобокелдикти азайтуу максатында коопсуздук иш чараларды уюштуруу.

Кот- д'Ивуардагы уулуу заттардын таштандылары боюнча иш, Трафигура[366]

2006-жылдын 19-августунда уулуу заттардын таштандылары менен жүктөлгөн «Пробо Коала» кемеси жүгүн Абиджанда, Кот-д'Ивуарда (Пил Сөөгү аралында) түшүргөн. Таштандыларды жок кылуу Абиджандын ачык аймактарында орун алган. Нидерланд эл аралык нефти трейдерин жүктөө лондондук «Трафигура» кеңсеси тарабынан өткөрүлгөн. «Пробо Коала» кемеси таштандыларды Амстердам портунда түшүрүүгө аракет жасаган учурда порттун кызмат борбору таштандылардын уулуу болгондугунан кошумча акыны төлөмөйүн таштандыларды кабыл алуудан баш тарткан.

Амстердам портунан чыгып бул таштандылар кемеден Абиджанда түшүрүлгөн. Турак жайлары таштандылар ыргытылган жайларга жакын жайгашкан калк бир топ оорулардан: баш оорудан, деми кысылуудан, ич өтүүдөн, кусуп кыйналуудан, дене жараларынан жана ич шишигинен жабыркаган. Чамалап айтканда, бул таштандылардын таасиринен он алты киши каза болгон жана жүз миңдей киши дарыгерлердин жардамына муктаж болгон..

2006-жылы «Трафигура» окуя боюнча иликтөө жүргүзүү үчүн өзүнүн эки башкаруучуну Абиджанга жиберген. Бирок, Кот-д'Ивуардын бийилиги бул эки башкаруучуну жана алар менен бирге «Трафигура» компаниясынын бир бөлүгү болгон «Пума» энергетикалык компаниясынын өкүлүн колго түшүрүп, камакка алган. Кийин, 2007-жылдын 12-февралында Кот-д'Ивуардын өкмөтү «Трафигура» компаниясы Кот-д'Ивуардын өкмөтүнө, менен тынчтык келишимине кол койгон, келишимге ылайык, «Трафигура» компаниясы Кот-д'Ивуардын өкмөтүнүн компенсациондук фондуна атайын таштандыларды кайра иштеп чыгуучу заводду жана кайра куруу иштерине көмөк көрсөтүү үчүн 198 млн АКШ долларын төлөөгө макул болгон. Бирок ошондой чечим кабыл алынгандыгына карабастан, компания төлөнгөн акча каражатты «зыяндын ордун толуктоочу» катары карабагандыгын жана ал окуяда компаниянын күнөөсү жок экендигин баса белгилеген. Бул чечимге жооп катары Кот-д'Ивуар «Трафигура» компаниясына азыркы учурда же келечекте ар кандай каршы кылмыш иштерин козгоодон баш тарткан. Тынчтык келишимине кол коюлган соң, бийлик кармалган эки башкаруучуну жана «Пума» энерге-

[366] Reprinted with permission from Business and Human Rights Resource Center, London, http://www.business-humanrights.org/Categories/Lawlawsuits/Lawsuitsregulatoryaction/LawsuitsSelectedcases/TrafiguralawsuitsreCtedIvoire, visited May 4, 2012.

тика компаниясынын өкүлүн бошоткон.

2006-жылдын ноябрында Лондондун Жогорку Соту «Трафигура» компаниясына каршы жана «Пробо Коала» кемесинен келген уулуу заттардын таштандыларын көмүү боюнча Кот-д Ивуардын 30 миң даттануучусунан келген доо арызды карап чыгууга макул болгон. Даттануучулар ал таштандылардын курамында каустика содасынын деңгээли жогору болгондугун жана таштандылардагы күкүрт жана күкүрт суутек кошулмасы улуттар аралык уулуу заттарды ташууга көзөмөл жүргүзүү боюнча Базель Конвенциясына ылайык «өтө кооптуу» категориясына киргендигин бекемдеген. Бирок «Трафигура» компаниясы бул билдирүүлөрдү четке каккан жана таштандылар уулуу эмес экендигин бекемдеп, кемеде иштетилүүчү стандарттуу түрдөгү таштандылардын катарына киргендигин айткан (1973 жылы Эл аралык конвенция тарабынан «агындылар» кемелерди булгабоону алдын алуу жөнүндө белгиленген). Болжол менен «Трафигура» компаниясы тазаланбаган химиялык таштандыларды Кот-д'Ивуарга жиберүүдө, бул мамлекетте таштандыларды жок кылууга каражат жок экендигине карабатсан жиберген. Ошентсе да, «Трафигура» компаниясы өз милдеттүүлүгүнөн баш тартуу менен компания таштандыларды жок кылууну, кеме келгенге чейин бир нече жума башта Кот-д'Ивуарда түзүлгөн «Томми» компаниясына ыйгаргандыгын билдирген. Ошондой эле «Трафигура» компаниясы таштандыларды жок кылууда Томми компаниясына шектенүүгө эч кандай негиз жок экендигин белгилеген. Ошону менен бирге «Трафигура» компаниясы доо арыз менен кайрылгандардын саны туура эмес экендигин айтып 69 гана киши оор жаракат алгандыгы тууралуу билдирет.

2009-жылдын 23-мартында сот даттануучулардын талаптарын канааттандырган. Талаптарга ылайык «Трафигура» компаниясы даттануучулардын эч бири менен байланышууга укугу болгон эмес. Компания даттануучуларга жеке түрдө байланышып, аларды өз көрсөтмөлөрүн өзгөртүүгө чакыргандыгы тууралуу так далилдер айыптоочу тарабынан берилген соң, талаптар канааттандырылган. 2009-жылдын сентябрь айында эки тарап бул арыз боюнча макулдашууга келип, «Трафигура» копманиясы ар бир 30 миң даттануучуга белгилүү өлчөмдөгү (1500 АКШ долларын) айыпты төлөп берген. Бирок, 2009-жылдын октябрь айында пайда болгон Клод Гохоуроу курмандыктардын кызыкчылыктарын Улуттук координация Кот-д'Ивуардагы уулуу заттардын курмандыктары аталган өз уюмунун жардамы менен коргойм деген. Гохоуроу мырза дүйнөлүк келишимдин каражаттары жайгашкан банктык эсептердин токтотулушу

чечимине жетишкен. Даттануучулардын адвокаттары бул уюмдун чындыгында бар экендигине жана Гохоуроу мырзанын каражатты даттануучулардын ортосуна бөлүштүрүүсүнө каршы чыгышкан. 2010-жылдын 22-январында Абиджандагы Аппеляция Соту Гохоуроу мырзанын жана анын уюмунун пайдасына чечим чыгарып дүйнөлүк келишим боюнча каражаттарды Гохоуроу мырзага өткөрүлүп берилишин буйруган. 2010-жылдын февраль айында эки тарап дүйнөлүк келишимдин каражатын бөлүштүрүү боюнча макулдашууга келишкен жана компенсация курмандыктар ортосунда 2010-жылдын март айында бөлүштүрүлгөн.

Мындан тышкары, 2008-жылдын февраль айында Голландия прокуратурасы өзүнүн «Трафигура» компаниясына айрыкча ал компаниянын Кот-д'Ивуарга таштандыларды ыргытууга катышкандыгына каршы кылмыш ишин козгоо жөнүндө расмий түрдө билдирүү жасаган. 2008-жылдын июнь айында Амстердам соту бул ишти карап баштаган жана Голландиялык сот процесси 2010-жылдын июнунда башталган. Голландия прокуратурасы «Трафигура» компаниясын Кот-д'Ивуарга кооптуу таштандылардын мыйзамсыз экспортун жасаган үчүн аыйптаган. Айыптоолор, компания голландиялык айлана чөйрөнү коргоо жана экспорттоо боюнча мыйзам чыгаруусун бузгандыгында жана расмий документтерди оңдоп коюусунда турат. «Трафигура» компаниясы бул айыптоолорду четке каккан. 2010-жылдын июлунда Голландия Соту компания «Пробо Коала» кемесиндеги таштандылардын кооптуу экендигин мүнөздөгөн фактыларды жашыргандыгын токтом кылып компанияга 1 миллилон евро айып салган. Ошондой эле, Голландия Соту «Трафигура» компаниясынын кызматчысын жана «Пробо Коала» кемесинин украиналык капитанын бул иште аткарган ролдору үчүн айптуу деп чечим чыгарган. 2011- жылдын апрель айында Гаага Аппеляциондук соту, «Трафигура» комапаниясынын сот тартибинде Кот-д'Ивуарга таштандыларды ыргыткандыгын айыптоо үчүн прокуратуранын коомдук бөлүмү кереги жок деп токтом кылган. Булардан тышкары, «Гринпис» уюму компанияга прокурор тарабынан айыптоолор бир гана уулуу заттарды экспорттоо үчүн коюлбастан башка айыптоолордун коюлушун талап кылуу менен иш аракеттерди жасаган. 2008-жылдын июнунда «Пробо Коала» окуясынын курмандыктары Франциянын жарандары Париждеги тергөөчүгө «Трафигура» компаниясын кокустук өлүмгө жана өлүмгө алып келүүчү физикалык зыянды келтиргендиги үчүн доо арызы менен кайрылган.

Жапайы жаратылыш жана биотүрдүүлүк

Жапайы жаратылышты коргоо жана биотүрдүү лүктүсактап калуу[367]

«Биотүрдүүлүк» жандуу жаратылыштын маанилеши катары колдонулуп, анын генетикалык, түрлүк жана экосистемалык деңгээлдеги татаалдыгын көрсөтөт. Бул татаалдык экосистеманын толук кандуу иштешин колдоо үчүн чечүүчү мааниге ээ, жана айлана-чөйрөнү коргоо боюнча саясатын иштеп чыгууда муну моюнга алуу маанилүү.

Көпчүлүк түрлөргө мүнөздүү генетикалык түрдүүлүк жагдайлардын өзгөрүүсүнө жооп иретинде тез иш-аракет кылуу үчүн чийки зат болуп эсептелет. өзгөрүүлөр, албетте, жаныбарлар дүйнөсүндөгү кадыресе көрүнүш. Биздин учурдагы абалды кайталангыс кылып жаткан нерсе – бул өзгөрүүлөрдүн тездиги жана масштабы. Жаныбарлардын табигый жашаган жерлерин бөлүп-жаруу жана кыйратуу боюнча адамдын иш-аракеттери экология жана генетика тармагындагы көзөмөлдөнбөгөн массалык эксперимент болуп эсептелет. Популяциянын түзүмдөрүн, б.а. генетикалык варианттардын санын жана алардын бөлүштүрүлүш ыкмаларын, организмдердин кенен спектрлерин билүү, о.э. ар түрдүү варианттардын биологиялык маанилерин терең түшүнүү зарыл.

Биотүрдүүлүк тармагындагы көп талаштар «Түрлөргө» негизделгендигине карабай, бул стандарттык бирдик эмес экендигин белгилөө зарыл. Түрлөрдү аныктоо топтор менен таксономисттердин ортосунда айырмаланып турат. Бирок бул айкын эместиктерге карабай, түрлүк байлыктардын ченеми жана алардын бөлүштүрүлүшү айлана-чөйрөнү, өзгөрүүлөрдүн багыты менен тездигин баалоодо маанилүү көрсөткүч болуп эсептелет. Азыркы күндө белгилүү түрлөрдүн саны 1,7 миллионго жакын. Эсептер боюнча учурда бар түрлөрдүн жалпы саны 10 миллиондон 100 миллионго чейин жетет.

Биотүрдүүлүккө коркунучтар[368].

Булар төмөнкүлөр:

• табигый ресурстарды, анын ичинде өсүмдүктөрдү, жаныбар-

[367] U.N. Environnent Programme, http://www.unep-wcmc.org/about-biodiversity_133. html.
[368] http://www.unep-wcmc.org/threats-to-biodiversity_52.html.

ларды жана деңиз жаныбарларын көзөмөлдөөсүз кармоо;

• айыл чарба муктаждыктары үчүн жерлерди кайра түзүү, токойлорду кыюу ж.б. жолдор менен экосистеманы жок кылуу, бузуу жана бөлүп-жаруу;

• тиги же бул экосистемага ылайыкташпаган жергиликтүү эмес же «бөтөн» түрлөрдү киргизүү, б.а. жыртыкчтар жок же жетишсиз жерлерге экологиялык тең салмактуулукту сактоо үчүн киргизүү;

• булгоо;

• климаттын өзгөрүүсү.

Биринчи эки себеп азыркы учурдагы көлөмдө болбосо да, адамзат тарыхы башталгандан бери бар. Товарларды эл аралык ташуулардын улам өсүп бара жаткан деңгээли менен соода системасы «бөтөн» түрлөрдүн киргизилишине себеп болбосо да, ага түрткү берген. Акыркы экөө, албетте индустриялык доордун натыйжасы болуп эсептелет.

Биологиялык түрдүүлүк жөнүндө БУУнун конвенциясы

Жердин биологиялык кору адамзаттын экономикалык жана социалдык өнүгүүсү үчүн өтө маанилүү болуп эсептелет. Анын натыйжасы катары, биологиялык көп түрдүүлүк азыркы жана келечектеги муундар үчүн өтө зор баалуулук болгон дүйнөлүк актив болуп эсептелет. Ошол эле учурда, түрлөр менен экосистемага карата коркунуч эч качан бүгүнкү күндөгүдөй чоң болгон эмес. Адамдын иш-аракеттеринин натыйжасында түрлөрдүн жоголуусу коркунучтуу тездик менен жүрүп жатат.

Мындай өөрчүүгө жооп кылып, БУУнун Айлана-чөйрө боюнча программасы (ЮНЕП) 1988-жылдын ноябрында биологиялык көп түрдүүлүк боюнча эксперттердин жумушчу тобун биологиялык түрдүүлүк боюнча эл аралык конвенция түзүү зарылчылыгы жөнүндө маселени иликтөө үчүн чакырган. Мындан көп убакыт өтпөй, 1989-жылы май айында ал биологиялык түрдүүлүктү сактоого жана туруктуу колдонууга багытталган эл аралык-укуктук документти даярдоо боюнча техникалык жана юридикалык эксперттердин Атайын жумушчу тобун түзгөн. Эксперттер «чыгымдар менен пайдаларды өнүккөн жана өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн ортосунда бөлүштүрүү» зарылчылыгын, о.э. «инновацияларды жергиликтүү калк колдоосу үчүн ыкмалар менен каражаттарды» эске алышы керек болчу.

1991-жылдын февралына карата Атайын жумушчу топ

Сүйлөшүүлөр боюнча өкмөттөр аралык комитет катары белгилүү болуп калган. Анын иши 1992-жылдын 22-майында Найробидеги конференцияда Биологиялык көп түрдүүлүк жөнүндө конвенциянын макулдашылган тексти кабыл алынгандан кийин аяктаган.

Конвенция кол коюу үчүн 1992-жылдын 5-июнунда БУУнун айлана-чөйрөнү коргоо жана өнүктүрүү боюнча Конференциясында («Жер Саммитинде») ачылган. Ал кол коюу үчүн 1993-жылдын 4-июнуна чейин ачык болгон, ал мезгилге чейин ага 168 мамлекет кол койгон. Конвенция 29-декабрда 1993-жылы, 30-ратификациялык грамотадан 90 күн өткөндөн кийин күчүнө кирген. Тараптардын Конференциянын биринчи сессиясын 1994-жылдын 28-ноябрь – 9-декабрында Багама аралдарында өткөрүү пландалган.

Дүйнөлүк коомчулуктун турктуу өнүгүүгө карата умтулуусу Биологиялык көп түрдүүлүк жөнүндө конвенцияны түзүүгө түрткү берген. Бул биологиялык көп түрдүүлүктү сактап калууда, анын компоненттерин туруктуу колдонууда жана генетикалык корлорду колдонуудан түшкөн пайданы тең бөлүштүрүүдө зор кадам болду.

Конвенциянын айрым беренелери:

6-берене. Сактоо жана туруктуу колдонуу боюнча жалпы чаралар

Ар бир Макулдашуучу тарап өзүнүн конкреттүү шарттары менен мүмкүнчүлүктөрүнө жараша:

(a) биологиялык көп түрдүүлүктү сактоо жана туруктуу пайдалануу боюнча улуттук стратегияларды, пландарды же программаларды иштеп чыгып, анда бул Конвенцияда берилген тийиштүү Макулдашуучу тарапка тиешелүү чаралар чагылдырылат; жана

(b) мүмкүн болушунча жана максатка ылайыктуулугуна жараша биологиялык көп түрдүүлүктү сактоо жана туруктуу пайдалануу боюнча чараларды тийиштүү секторлор аралык пландарда, программаларда жана саясатта алдын ала карайт.

7-берене. Аныктоо жана мониторинг

Ар бир Макулдашуучу тарап мүмкүн болушунча жана максатка ылайыктуулугуна жараша, атап айтканда 8-10-беренелердин максаттары үчүн:

(a) сактоо жана туруктуу пайдалануу үчүн олуттуу мааниге ээ биологиялык көп түрдүүлүктүн компоненттерин I тиркемеде берилген багыт берүүчү категориялык тизмени эске алуу менен аныктайт;

(b) үлгүлөрдү тандап алуу ж.б. ыкмалар менен биологиялык көп түрдүүлүктүн компоненттерине жогорудагы а пунктуна ылайык мониторинг жүргүзүп, сактап калуу боюнча токтоосуз чара көрүүнү талап кылгандарына, о.э. турктуу колдонуу үчүн эң чоң мүмкүнчүлүктөрдү түзө тургандарына өзгөчө көңүл бурат;

(c) биологиялык көп түрдүүлүктү сактоого жана туруктуу пайдалануга олуттуу терс таасир тийгизип жаткан же тийгизиши мүмкүн болгон процесстер менен иш-аракеттер категориясын аныктайт, жана үлгүлөрдү тандап алуу ж.б. ыкмалар менен алардын кесепеттерине мониторинг жүргүзөт; жана ...

14-берене. Жагымсыз кесепеттердин таасирин баалоо жана аларды мүмкүн болушунча төмөндөтүү

1. Ар бир Макулдашуучу тарап мүмкүн болушунча жана максатка ылайыктуулугуна жараша:

(a) биологиялык көп түрдүүлүккө олуттуу терс таасир тийгизиши мүмкүн болгон өзүлөрү сунуштоочу долбоорлорду аталган терс таасирлерди алдын алуу же мүмкүн болушунча төмөндөтүү максатында экологиялык экспертизадан өткөрүүнү талап кылуучу тийиштүү процедураларды киргизет. Жана максатка ылайык учурларда коомчулуктун мындай процедураларга катышуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат;

(b) биологиялык көп түрдүүлүккө олуттуу терс таасир тийгизиши мүмкүн болгон өзүлөрүнүн долбоорлору менен саясатынын экологиялык кесепеттерин талаптагыдай эсепке алынышын камсыз кылуу үчүн тийиштүү чараларды көрөт;...

15-берене. Генетикалык корлорду пайдалануу мүмкүнчүлүгү

1. Өз табигый корлоруна карата мамлекеттердин үстөмдүгүн тааныунун аркасында генетикалык корлорду пайдалануу мүмкүнчүлүгүн аныктоо укугу улуттук өкмөттөргө тиешелүү жана улуттук мыйзам тарабынан жөнгө салынат.

2. Ар бир Макулдашуучу тарап генетикалык корлорду башка Макулдашуучу тарап экологиялык жактан коопсуз максаттарда колдонуу мүмкүнчүлүгүн жеңилдетүү үчүн шарттарды түзүүгө жана бул Конвенциянын максаттарына каршы келүүчү чектерди койбоого умтулат.

3. Бул Конвенциянын максаттарына Макулдашуучу тарап берип жаткан генетикалык корлорго (бул жана 16, 19-беренелерде айтыл-

ган) мындай корлор келип чыгуучу өлкө болуп эсептелген Макулдашуучу тараптар берген же ал генетикалык корлорду бул Конвенцияга ылайык алган Тараптар алган корлор кирет.

4. Мүмкүнчүлүк берилген учурда ал өз ара макулдатылган шарттарда камсыз кылынат жана ушул берененин жоболору менен жөнгө салынат.

5. Генетикалык корлорду пайдалануу мүмкүнчүлүгү аны бере турган Макулдашуучу тараптын негиздүү алдын ала макулдугу менен, эгер ал тарап башкача чечпесе, жөнгө салынат.

6. Ар бир Макулдашуучу тарап башка Макулдашуучу тарап берген генетикалык корлорго негизделген, аталган тараптын мүмкүн болушунча толук катышуусундагы илимий изилдөөлөрдү даярдап жана жүргүзүүгө умтулат.

7. Ар бир Макулдашуучу тарап изилдөөлөр менен иштелмелердин натыйжаларын, о.э. генетикалык корлорду коммерциялык же башка колдонуудан түшкөн пайданы ал корлорду берген Макулдашуучу тарап менен калыс жана теңдештик негизде бирге колдонуу максатында 16, 19-беренелердин негизинде жана зарыл учурларда 20, 21-беренелерге ылайык түзүлгөн каржылоо механизмдери аркылуу талаптагыдай мыйзамдарды, администартивдик же саясий чараларды кабыл алат. Мындай биргелешип пайдалануу өз ара макулдашылган шарттарда ишке ашырылат.

21-берене. Каржылоо механизми

1. Өнүгүп келе жаткан өлкө болуп эсептелүүчү Тараптарга каржы корлорун кайра кайтаруусуз шарты менен же жеңилдетилген негизде бул Конвенциянын максаттарында берүү үчүн тийиштүү механизм түзүлөт, анын негизги элементтери ушул беренеде берилген. Бул Конвенциянын максаттары үчүн аталган механизм Тараптардын Конференциясынын жетекчилиги астында жана анын берген кеңештерин эске алуу менен иштейт, жана ага баш ийет. Механизмдин иш-аракеттери Тараптардын Конференциясы өзүнүн биринчи кеңешмесинде чечим кабыл алашы мүмкүн болгон уюштуруучулук түзүм тарабынан ишке ашырылат. Бул Конвенциянын максаттары үчүн Тараптардын Конференциясы мындай корлорду пайдалануу мүмкүнчүлүгүн жана пайдаланылышын жөнгө салуучу чараларды, стратегияны, программалык артыкчылыктарды жана критерийлерди аныктайт. Төлөмдөр алдын ала болжоого боло турган, адекваттуу жана өз убагында болуучу, корлордун Тараптардын Конференциясы мезгил-мезгили менен аныктап туруучу муктаждыктарына, о.э. каты-

шуучу Тараптардын 20-берененин 2-пунктундагы тизмеде берилген чыгымдарды бирге тартуунун маанисине жараша каржы каражаттарынын агымын камсыз кылуу зарылчылыгын эске алуу менен жасалат. Аталган каржы каражаттары жөнүндө 20-беренеде айтылган. Ыктыярдуу төлөмдөр да өнүккөн өлкө болуп эсептелинүүчү Тараптардан, о.э. башка өлкөлөрдөн ж.б. булактардан келип түшүүсү мүмкүн. Механизм башкаруунун демократиялык жана ачык системасынын негизинде иштейт...

Жер ортолук деңиздин жыгачка чыккыч бакасы, Европалык акыйкат сотунун чечими, 2007[369]

Жер ортолук деңиздин жыгачка чыккыч бакасын (жоголуп бара жаткан түрүн) коргоо.

Факттар: Табиятты коргоо боюнча «Харитзалде» ассоциациясы Экологиялык арбитраж жана элдештирүү боюнча эл аралык сотко Жер ортолук деңиздин жыгачка чыккыч бакасын («Hyla Meridionalis») жана анын жашаган жерин коргоо маселеси боюнча кеңешүүчүлүк бүтүм чыгарып берүү өтүнүчү менен кайрылган. Басктар өлкөсүнүн жоголуп кетүү алдында турган жапайы фауна жана флора жөнүндө Кызыл китебине ылайык Жер ортолук деңиздин жыгачка чыккыч бакасы Жоголуп кетүү коркунучу алдында турган жалгыз амфибия болуп эсептелет. «Гурелес» плотинасынын аймагы аталган баканын түрү көбөйө турган жана анын чоңойгондорунун 85% жашашы мүмкүн болгон жалгыз жер. Бирок «Гурелес» плотинасынын жерлери өнөр жай объекттерин куруучу компанияга сатылып кеткен.

Бул иште бир катар эл аралык конвенциялардын жоболорун колдонууга болот. Баса белгилөөчү нерсе, бул жоболор алдын ала көрүлүүчү чараларды колдонууга багытталган. Ал жоболордун мааниси азыркы учурда же келечекте болушу мүмкүн жоголуп бара жаткан түрлөргө жана алардын жашаган жерлерине карата коркунучтардан алардын жашоосу жана көбөйүшү үчүн коргоону камсыз кылуу зарылчылыгында жатат. Бул эл аралык келишимде камтылган тиркемелер каралашып жаткан иште колдонууга болот, себеби Испания бул конвенциянын Макулдашуучу тарабы болуп эсептелет.

---

[369] International Court of Environmental Arbitration and Conciliation, Opinion, Dec. 2000. The International Court of Environmental Arbitration and Conciliation was established in Mexico D.F. (Distrito Federal) in November 1994, by 28 lawyers from 22 different countries. Their opinions are recommendatory.

Европанын жапайы жаратылышын жана табигый жашоо чөйрөсүн сактоо боюнча Конвенция (Берн, 19-сентябрь, 1979). Бул Конвенциянын максаттары жапайы флора менен фаунаны жана алардын жашоо чөйрөсүн сактап калуу болуп эсептелет. өзгөчө көңүл жоголуп бара жаткан жана коргоосуз түрлөргө бурулат (1-берене,2-б.). 2-берене Макулдашуучу тараптарды жапайы флора менен фаунанын түрлөрүн сактап калууга милдеттендирет. 3 (1)-берене «Hyla Meridionalis» коргоо үчүн колдонууга толук ылайык келет: Ар бир тарап жапайы флора менен фаунаны жана алардын жашоо чөйрөсүн сактап калуу боюнча улуттук программаларды иштеп чыгып, жоголуп кетүү коркунучу алдындагы түрлөргө, эндемикалык, о.э. коркунуч алдындагы жашоо чөйрөлөрүнө бул Конвенцияга ылайык өзгөчө көңүл буруулары керек». Мында «Hyla Meridionalis» жоголуп кетүү коркунучу алдындагы, эч коргоосуз, эндемикалык түр болуп эсептелет жана анын табигый жашоо чөйрөсү олуттуу коркунуч алдында турат.

Конвенциянын II бөлүмү жашоо чөйрөсүн коргоого тиешелүү. Бул бөлүмдүн жоболору каралып жаткан иште колдонууга эң ыңгайлуу, себеби маселени чечүү корголуучу түрдүн келечекте өөрчүү шарттарынын бири катары эң биринчи кезекте «Hyla Meridionalis»тин жашоо чөйрөсүн коргоонун толук камсыз кылынышына жараша болот. 4-берененин 1-бөлүмүнө ылайык, жоголуп кетүү коркунучу алдындагы табигый жашоо чөйрөлөрү коргоо алдында турат: «Ар бир тарап жапайы флора менен фаунанын айрыкча I тиркемеде көрсөтүлгөн түрлөрүнүн жашоо чөйрөсүнүн, о.э. жоголуу коркунучу алдындагы жашоо чөйрөлөрүнүн сакталышын камсыз кылуу үчүн тийиштүү жана зарыл мыйзам жана административдик чараларды көрүшү керек».

Конвенциянын II тиркемесинде фаунанын өзгөчө кайтарылуучу түрлөрүнүн тизмеси берилген. Бул тизмеге баканын үч гана түрү киргизилген жана алардын бири Hyla Meridionalis («Hyla Arborea» менен «Hyla Sarda» түрлөрүнөн тышкары). Бул «Hyla Meridionalis» жана анын чөйрөсү бул түрдүн өнүгүшүнө жана болушуна таасир кылышы мүмкүн болгон бардык иш-аракеттерден жогорку деңгээлдеги коргоону талап кылуучу объект дегенди билдирет. Башка милдеттеме 4-берененин 2-бөлүмүндө айкын берилген: «Макулдашуучу тараптар өзүлөрүнүн улуттук пландары менен программаларында жогорудагы параграфка ылайык корголуучу аймактарды аларга карата терс таасирди төмөндөтүп жана абалдарынын начарлоосунун бардык түрлөрүн алдын алуу боюнча талаптар чагылдырылышы керек». «Гурелес» плотинасынын аймагы бизнес-парктын курулушунун натыйжасында толук кыйратылгандыктан, терс таасирди мүмкүн болушун-

ча төмөндөтүү талабы эсепке алынбайт. Мында «начарлоого» (бул иште толук жоготууга) жол бербөөнүн жалгыз мүмкүнчүлүгү - бул жашоо чөйрөсүнүн учурдагы абалын сактап калуу жана аны тийбеген абалда кармоо.

Конвенциянын III бөлүмүндө түрлөрдү коргоого багытталган жоболор камтылган. Ар бир макулдашуучу тарап (6-берене) II тиркемеде көрсөтүлгөн жапайы фаунанын түрлөрүнө атайын коргоону камсыз кылуу үчүн тийиштүү жана зарыл мыйзамдык жана администартивдик чараларды көрүү миледтин өзүлөрүнө алган. «Hyla Meridionalis-ты» жогорку деңгээлдеги коргоого муктаж түр катары коргоодо бул бereненин төмөнкү жоболорун колдонууга болот:

(б) – көбүйүүчү же жашоочу жерлерге атайылап зыян келтирүүнүн же жок кылуунун бардык түрлөрүнө тыюу салуу;

(в) – жапайы жаныбарлардын айрыкча көбөйүү, уя салуу жана кыштоо учурунда атайылап тынчын алууга бул Конвенциянын максаттарына каршы келүүчү аракеттер катары тыюу салуу.

«Hyla Meridionalis» жашаган аймакта курууга пландалып жаткан бизнес-объекттер Берн конвенциясын атайылап бузгандык деп каралышы керек. Буга эки негиз бар: табигый жашоо чөйрөсүн коргоо боюнча жоболорду бузгандык жана түрлөрдү коргоо боюнча жоболорду бузгандык. Ушул себептер менен айлана-чөйрөнү коргоо үчүн күрөшүүчүлөрдүн «Хатитзалде» ассоциациясынын арызы канааттандырылышы керек:

а) арыздын объекти «Hyla Meridionalis» түрү (о.э. алардын табигый жашоо чөйрөсү) жогорку деңгээлдеги коргоону тарап кылуучу фаунанын түрү болуп эсептелет (Европанын жапайы жаратылышын жана табигый жашоо чөйрөсүн коргоо жөнүндө конвенция);

б) «Hyla Meridionalis» жашаган аймакта пландалып жаткан бизнес-объекттер куруу бул түрдү жогорку деңгээлде коргоо боюнча кошумча жоболорду бузгандык болуп эсептелет, жана бул жоболор каралып жаткан иште толук колдонулат: (а) 167/1996 буйруктун жоболору, Жапайы флора жана фаунанын Баск Кызыл Китеби; (в) Баск өлкөсүнүн жаратылышын коргоо боюнча 16/1994 мыйзамдын жоболору; (с) Европанын жапайы жаратылышын жана табигый жашоо чөйрөсүн коргоо жөнүндө конвенция; (d) Биологиялык көп түрдүүлүк жөнүндө конвенция.

Айлана-чөйрөнү коргоо үчүн күрөшүүчүлөрдүн «Хатитзалде» ассоциациясы компетенттүү органдардан Берио жана Гурелес аймактарынын жерлерин пайдалануу планын өзгөртүүнү жана бул аймак-

ты «Hyla Meridionalis» жашоочу кайтаруу алдындагы чөйрө деп жарыялоону талап кыла алат.

Айлана-чөйрөнү коргоо үчүн күрөшүүчүлөрдүн «Хатитзалде» ассоциациясы компетенттүү органдар менен кызматташтыкта «Hyla Meridionalis-тин» жашоо чөйрөсүн сактоо жана анын тынч өөрчүү шартын сактоо үчүн зарыл жана тийиштүү мыйзам жана административдик чаралар жөнгө салына турган документтерди аталган аймакты көрсөтүү менен даярдай алат.

Климаттын өзгөрүүсү

Климаттын өзгөрүүсү жөнүндө БУУнун алкактык конвенциясы (КөБУУАК/UNFCCC) жана Киот протоколу[370]

10 жылдан ашык убакыт мурун көпчүлүк өлкөлөр эл аралык келишим болуп эсептелген Климаттын өзгөрүүсү жөнүндө БУУнун алкактык конвенциясына (КөБУУАК) кошулушкан. Анда тараптар аламдык жылуулуктун алдын алуу жана жер жүзүндөгү температуранын жогорулашына байланыштуу иш-аракеттер боюнча маселелерди карашкан. Жакында бир катар өлкөлөр бул келишимге кошумча Киот протоколун бекитишти. Анда мурдагыга караганда таасирдүү чаралар каралган (жана ал юридикалык жактан милдеттүү документ болуп эсептелет). Бардык мекемелер, анын ичинде, климаттын өзгөрүүсү менен күрөштө активдүү катышуучу Тараптардын Конференциясы, кошумча органдар менен алардын бюролору КөБУУАК секретариаты тарабынан колдоого алынат. Киот протоколу – Климаттын өзгөрүүсү жөнүндө БУУНун алкактык конвенциясына кошумча эл аралык келишим. Киот протоколунун негизги өзгөчөлүгү – ал өнөр жайы өнүккөн 37 өлкө менен Европа коомчулугу үчүн негизги максаттарды бекитет жана булагыч газдарды (БГ) абага чыгарууну кыскартууга милдеттендирет. Бул орто эсеп менен 1990-жылга салыштырмалуу 2008-12-жыл мезгил аралыгында 5%гга кыскартууну билдирет. Протокол менен Конвенциянын башкы айырмачылыгы – эгерде конвенция өнар-жайы өнүккөн

[370] Background from the United Nations Framework Convention on Climate Change Secretariat, at http://unfccc.int/essential_background/items/6031.php. The Kyoto Protocol was adopted in Kyoto, Japan, on 11 December 1997 and entered into force on 16 February 2005. The detailed rules for the implementation of the Protocol were adopted at COP 7 in Marrakesh in 2001, and are called the “Marrakesh Accords.”

өлкөлөрдүн БГны абага чыгарууну турукташтыруусун колдосо, протокол мындай чараларды көрүүгө милдеттендирет.

150 жылдык өнөр жай ишкердик мезгилинде өнүккөн өлкөлөр азыркы учурдагы БГнын жогорк удеңгээлде болушуна жооптуу, ошондуктан Протокол «жалпы, бирок өз-өзүнчө жоопкерчилик» принцибине ылайык өнүккөн өлкөлөргө чоң жүк коёт.

Киот протоколунун механизмдери

Келишимге ылайык, өлкөлөр милдеттерин өз улуттук чараларына ылайык аткарышат. Киот протоколу үч рыноктук механизм аркылуу максаттарга жетишүүнүн кошумча каражаттарын ыйгарат.

Киот протоколунун механизмдери:

• аба таштандыларын сатуу, о.э. бул «углерод рыногу» деген аталышта белгилүү;

• таза өнүгүү механизми (ТөМ);

• биргелешип ишке ашыруу долбоору (БИД).

Бул механизмдер «жашыл» инвестицияларга түртку берүүгө, жана аба таштандыларынын санын экономикалык пайдалуу ыкма менен көзөмөлдөөгө жардам берет.

Аба таштандыларын кыскартуу боюнча сандык милдеттемелерге мониторинг жүргүзүү

Протоколго ылайык, өлкөнүн сандык таштандылары көзөмөл алдында болушу керек жана ишке ашырылган соодалардын так жазуулары болушу керек, б.а. аба таштандыларын жүргүзүүгө уруксаты бар (уруксат кылынган, бирок пайдаланылбаган аба таштандыларын чыгаруулар) өлкөлөр ал ашыкча санды өз милдеттемелерин аткарууда кыйынчылыктарга ээ өлкөлөргө сата алышат.

Бул механизмдерге ылайык Тараптар жасаган операцияларга көз салып жана аларды каттап туруучу каттоо системасы жүргүзүлүшү керек. БУУнун климатты өзгөртүү боюнча Секретариаты (Бонн, Германия) операциялардын каттоо журналын жүргүзөт, анын максаты операциялар протоколдун эрежелерине ылаык жасалгандыгын тастыктоо. Белгилүү мөөнөттөрдө тараптар аба таштандылары боюнча жылдык отчетторду, протоколодун алкагында улуттук докладдарды берип турат. Көз салуу системасы өлкөлөрдүн өз милдеттемелерин кандай аткарып жаткандыгына байкоо салууга мүмкүнчүлүк берет,

жана, эгер өлкөлөрдө кыйынчылыктар пайда болсо, аларга өз милдеттемелерин аткарууга жардам берет.

Адаптация

Киот протоколу Конвенция сыяктуу эле климаттын өзгөрүүсүнүн жагымсыз кесепеттерине ылайыкташууда өлкөлөргө жардам берүүгө арналган. Ал киматтын өзгөрүүлөрүнүн таасирине туруктуулукту жогорулатууга өбөлгө болуучу ыкмаларды иштеп чыгып киргизүүгө көмөк кылат. Протоколдун Тараптары болгон өнүгүп келе жаткан өлкөлөр үчүн Адаптациялык фонд түзүлгөн, ал адаптациялык долбоорлор менен программаларды каржылайт. Фонд негизинен ТөМ долбоорлору боюнча иш-аракеттерден түшүүчү каражаттар менен каржыланат.

Келечеги

Киот протоколу аба таштандыларын кыскартуу боюнча аалам-дык тартипке карай жолдогу маанилүү кадам болуп эсептелет. Ал БГнын ташандыларын туркташтырууга мүмкүндүк берет жана климаттын өзгөрүүсү боюнча бардык эл аралык келишимдин андан ары өнүгүүсүн камсыз кылат. Киот протоколу боюнча милдеттемелрдин биринчи бөлүгүн аткаруунун аягында 2012-жылы аба таштандыларын мүмкүн болушунча кыскартууга алып келе ала турган эл аралык жоболордун жаңы системасын иштеп чыгып жана кабыл алуу зарыл. Бул Климаттын өзгөрүүсү боюнча өкмөттөр аралык эксперттик топтун (КөөЭТ) пикири боюнча өтө зарыл.

Эстония Республикасы Европалык комиссияга каршы[371]

***

3. Климаттын өзгөрүүсү жөнүндө БУУнун алкактык конвенциясы (КөБУУАК) 1992-жылы 9-майда Нью-Йоркто кабыл алынган. Анын максаты атмосферадагы БГнын концентрациясын климаттык системага коркунучтуу антропогендик таасир бербей турган деңгээлде туркташтыруу болуп эсептелет. 11-декабрда 1997-жылы Конвенци-

[371] Society Arcelor Atlantique et Lorraine and others v. Premier Ministre, Ministre de l'Йconomie, des Finances et del'Industrie, Ministre de l'Йcologie et du Dйveloppement Durable, Case C-127/07, Official Journal of the European Union, 26/5/2007, C117/8. Decision in favor of applicant and Estonia, and against European Commission on appeal. See, Case C 505/09 P, European Commission v. Republic of Estonia (2009).

янын тараптары КөБУУАКка кошумча Киот протоколун кабыл алышып, ал 2005-жылы 16-февралда күчүнө кирген.

4. Киот протоколунун максаты алты БГнын абага таштандысын, мисалы, 2008-12-жыл аралыгында углерод кош кычкылынын таштандысын 1990-жылдагы деңгээлден 5%га кыскартуу болуп эсептелет. КөБУУАКнын I тиркемесинде белгиленген Тараптар өзүлөрүнүн БГ таштандылары Киот протоколунда көрсөтүлгөн пайыздык ченемден ашпоосун камсыз кылуу миледттемесин алышкан; өз милдеттемелерин аткаруу үчүн тараптар бирге иш-аракет жасаса болот. Европа коомчулугу жана ага мүчө мамлекеттер Киот протоколу боюнча милдетемелерди биргелешип алышкан, ага ылайык БГ таштандыларынын жалпы көлөмү, жогоруда аталган милдеттемелер боюнча, 1990-жылдагы деңгээлге салыштырмалуу 8%га кыскарат.

Европа коомчулугунун мыйзамдары

5. Комчулуктун атынан Европалык Союздун кеңеши, биринчиден, БУУнун Алкактык конвенциясы жөнүндөгү 94/69/ЕС чечимине (15-декабрь, 1993) ылайык, КөБУУАКты бекиткен (OJ 1994 L 33, p . 11), экинчиден, Европа коомчулугунун атынан КөБУУАКга карата Киот протоколн расмий бекитүү жөнүндө 2002/358/ЕС чечимине (25-апрель, 2002) ылайык аталган потоколду жана ал боюнча милдеттемелерди биргелешип аткаруунун бекиткен (OJ 2002 L 130, стр. 1). Экинчи чечимдин 2-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, Коомчулук жана ага мүчө мамлекеттер Киот протоколунун алкагындагы өз милдеттемелерин биргелешип аткарууга ниеттенишет.

7. 175(1) ЕК берененин негизинде, 2011-жылы 23-октябрда Комиссия директивага карата өз сунуштарын Европалык парламентке жана Коомчулуктун алкагында БГ таштандыларын сатуу схемасын түзүү жөнүндө Кеңешке берип, жана Кеңештин 96/61/ЕС директивасына өзгөртүүлөрдү сунуштаган (COM(2001) 581-б., «Комиссиянын сунушу»). Булар 2003/87 директиванын кабыл алынышына түрткү болгон.

8. Преамбуланын 5-параграфында көрсөтүлгөндөй, директива Коом менен ага мүчө мамлекеттер Киот протоколунун алкагында БГ антропогендик ташатандыларын кыскартуу боюнча өз милдеттемелерин аткаруусуна натыйжалуу салым кошууга умтулат. Бул 2002/358-чечимге ылайык, БГ таштандыларынын европалык квоталар («квоталар») рыногу аркылуу, экономикалык өнүгүүгө жана иш менен камсыздандырууга эң аз терс таасир тийгизүү менен аткарылат.

Улуттук мыйзамдар

19. 2003/87 директива француз мыйзамдарына БГ таштандыларын сатуу квотасынын схемасын түзүү боюнча 2004-жылдын 15-апрелиндеги № 330 токтому аркылуу ишке ашырылган. Аталган токтомдо башкалар менен катар Айлана-чөйрөнү коргоо боюнча кодекстин L.229 5 - L.229 19 беренелери да көрсөтүлгөн. Бул беренелерди колдонуунун толук эрежелери 2004-жылдын 19-августундагы № 832 Указда ачылып көрсөтүлгөн. Бул Указдын Тиркемесинде 2003/87 директиванын I тиркемеси кайталанып берилген.

20. Сот ишинде негизги арыз берүүчүлөр болуп болот металл өнөр жайына тиешеси бар компаниялар эсептелет. Алар компетенттүү француз бийлигинен № 2004 832 Указдын 1-беренесин болот секторундагы аба таштандыларына карата колдонуу деңгээлинде алып салуу суранычы менен кайрылышкан. Алар өз кайрылуусуна жооп алышпагандыктан, алардын өтүнүчүн четке кагуу жөнүндөгү чечимди сотто кароо үчүн Мамлекеттик кеңешке арыз беришкен Арызда алар бул мамлекеттик органдарды беренени алып салуу маселесин кароону милдеттендирүү өтүнүчүн билдиришкен. өз арызын колдоо иретинде алар менчик укугу, ишкердик жүргүзүү эркиндиги, теңдештик жана акыйкаттык сыяктуу конституциялык бир нече принциптерге таянышкан.

21. Мамлекеттик кеңеш башка окшош жагдайларга салыштырмалуу бирдей мамиле кылуу конституциялык принциптин бузулгандыгы тууралуу арыз берүүчүлөрдүн дооматынан башка бардык дооматтарын негизги териштирүүлөрдө четке каккан. Акыркы суроо боюнча Кеңеш алюминь өнөр жайы менен желим өндүрүүчү өнөр жайдын БГ таштандыларынын деңгээли 2003/87 Директива тарабынан коюлган чек менен бирдей экендигин, жана бул өндүрүш тармактарынын өндүрүш материалдары менен болот өнөр жайынын өндүрүш материалдары жарым жартылай бири-бирин алмашыра ала тургандыгын, демек, бул өндүрүштөр бири-бирине атаандаш экендигин белгилеген. Кеңештин пикири боюнча, аба таштандыларын сатуу схемасына алюминь жана желим өнөр жайын киргизүү жөнүндө чечим БГ таштандыларынын жалпы көлөмүндөгү алардын үлүшүнөн жана майзамды бара-бара аткаруу ниетинен көз каранды босо да, бирдей тармактарга ар түрдүү мамиле кылуу объективдүү түрдө өзүн актайбы деген суроо көйгөйлүү бойдон калат.

22. Ушул билдирүүлөрдүн алкагында Мамлекеттик кеңеш териштирүүнү токтотуп жана алдын ала чечим чыгарууга Европалык

сотко төмөнкү суроону жиберүү жөнүндө чечим кабыл алган:

«Тең укуктуулук жана акыйкаттык принцибинин алкагында [2003/87 Директива мыйзамдуу болобу], себеби Директива болот өнөр жайынын аба таштандыларына карата да колдонуулат [...], бирок аныктолдонуу чөйрөсүнө алюминь жана желим өнөр жайын киргизбейт [?]»

23. Тең укуктуулук жана акыйкаттык принциби, Коомчулуктун мыйзамдарынын жалпы принциби катары бирдей жагдайлар ар түрдүүчө жана ар түрдүү жагдайлар бирдей каралбоосун талап кылат. Албетте кайрылуу объективдүү өзүн өзү актай турган учурларда, бул талап күчкө ээ болбойт (кара, м., 106 / 83-иш, Сермиде [1984] ECR 4209, пункт 28; бириктирилген иштер C 133/93, C 300/93 жана C 362/93 Криполтони жана башкалар [1994] ECR I 4863, пункттар 50, 51, жана C 313/04 Франц Эгенбергердин иши [2006] ECR I 6331, пункт 33).

24. Кеңеш болот, желим жана алюминий секторлору бирдей абалда турат деп эсептегендиктен, ал желим менен алюминийди чыгаруу секторун 2003/87 Директиванын таасири астынан чыгаруу Коомулуктун мыйзамдарынын тең укуктуулук жана акыйкаттык принцибин болот чыгаруу секторуна карата бузгандык болор-болбосун билгиси келет. Ошондуктан алдын ала чечим үчүн суроо Коомчулуктун мыйзам чыгаруучусу бирдей жагдайларда өзүн актабаган айырмалуу мамиле кылуу менен бул принципти буздубу дегенде гана турат.

28. 2003/87 Директиванын 1-беренесине ылайык, анын максаты аба таштандыларынын квоталарын сатуу боюнча Коомчулуктун схемасын түзүү болуп эсептелет. «Жашыл китептин» 4.2 жана 4.3-бөлүктөрүнө ылайык, Коомчулук директива аркылуу компаниялардын деңгээлинде ушундай системаларды киргизүүнү, аны экономикалык иш-аракеттерге негиздөөнү көздөгөн.

29. 2003/87 Директиванын преамбуласынын 5-параграфында көрсөтүлгөндөй, анын милдети аталган схеманы Коомчулук менен ага мүчө мамлекеттердин Киот протоколунун алкагындагы милдеттемелерин аткаруусуна өбөлгө түзүү болуп эсептелет. Аталаг протокол Бгнны таштандыларынын деңгээлин климаттык системага коркунучтуу антропогендик таасир тийгизбегидей деңгээлге чейин түшүү жана абашкы максаты айлана-чөйрөнү коргоо болуп эсептелет.

30. ЕКнын 174(2)-беренесине ылайык, Коомчулуктун айлана-чөйрө тармагындагы саясаты коргоонун эң жогорку деңгээлие багытталган жана, атап айтканда, алдын алуу принцибине - алдын алуучу чаралар көрүлүшү керек – жана «булгоочу төлөйт» принциби-

не негизделген (кара, C157/96-иш, Улуттук фермачылар союзу ж.б. [1998] ECR I 2211, параг.64, жана 14/06 C менен C 295/06 бириктирилген иштер, Парламент менен Дания Комиссияга каршы [2008] ECR I 0000, пункт 75 жана жогоруда аталган иштер). Коомчулуктун аталган саясатына негизги сот ишиндеги мыйзам акты кирет, ал мыйзамдын максаты айлана-чөйрөнү коргоо болуп эсептелет.

31. Квоталарды сатуу схемасынын акыр-аягындагы милдети айлана-чөйрөнү БГ таштандыларын кыскартуунун эсебинен коргоо болгону менен, схема өзүнөн өзү бул таштандыларды кыскартпайт, бирок аларды кыскартуу боюнча белгиленген санга мүмүкн болушунча жакындоонун жолдорну издөөнү колдойт жана өбөлгө түзөт. Бул, мисалы, «Жашыл китептин» 3-бөлүгүндө жана Комиссиянын сунуштарынын алардын себептерине негиздер көрсөтүлгөн бөлүмүнүн 2-бөлүгүндө көрсөтүлгөн Айлана-чөйрөгө алынып келип жактан пайда бөлүнгөн квоталардын саны бекем сактоодон көз каранды. Ал квоталар схема боюнча уруксат кылынган аба таштандыларынын жалпы чеги болуп эсептелет.

32. Бул схеманын экономикалык логикасы: белгиленген экологиялык натыйжага жетишүү үчүн БГ таштандыларын кыскартууну камсыз кылуу эң аз сандагы чыгымдар менен коштолушу керек. Аба таштандыларына карата өз квоталарын сатууга уруксат берүүдө схема өз катышуучуларын газды таштандыларын абага аз чыгарууга жана уруксат кылынган таштандынын калганын квота боюнча уруксат кылынгандан көп БГ таштандысын чыгарган схеманын башка катышуучусуна сатууга түрткү берүүнү көздөйт.

33. Ошентип, схема талаптагыдай иштеп кетиши үчүн ага ктаышуучулардын квоталар менен соода кылууга карата суроо-талаптары менен сунуштары болушу керек. О.э. схемада көрсөтүлгөн иш-аракеттердин бул чөйрөлөрүнүн аба таштандыларын кыскартуу мүмкүнчүлүгү олутуу түрдө өзгөрүшү ыкетымал дегенди билдирет. Андан тышкары, «Жашыл китепке» ылайык, системаны колдонуу тармагы канчалык кең болсо, өз алдынча ишканалардын ылайык келүү баасындагы варинаттар ошончо көп болот, жана жалпы эле чыгымды кыскартүү мүмкүнчүлүгү ошончо көбөйөт.

34. Мындан келип чыгуучу нерсе: Отсюда следует, что, относительно предмета 2003/87 Директиванын предметине ылайык, бул директиванын жогоруда 29-пункта көрсөтүлгөн максаты жана айлана-чөйрө тармагындагы Коомчулуктун саясаты таянуучу принциптер, аба таштандыларына алып келүүчү ар түрдүү экономикалык иш-аракеттер

бирдей абалда турат, себеби БГнын бардык таштандылары климаттык системага коркунучтуу кийлигишүүгө таасир кылат, жана газ таштандылары чыгуучу экономикалык иш-аракеттердин бардык секторлору коваларды сатуу боюнча схеманын ишине таасир кыла алат.

35. Андан тышкары, белгилей кетүүчү нерсе, биринчиден, 2003/87 Директиванын преамбуласынын 25-параграфында саясат менен чаралар Европалык Союздун экономикасынын бардык секторлорунда аба таштандыларын олуттуу кыскартуу максатында ишке ашырылышы керек деп айтылган, экинчиден, 2003/87 Директиванын 30-беренесинде башка секторлорду директиванын таасир чегине киргизүү максатында кайра каралышы мүмкүн деп белгиленген.

36. Мындан келип чыгуучу тыянак: каралып жаткан иштеги секторлордун 2003/87 Директиванын негизинде теңдештиги боюнча алардын отосунда болушу мүмүкн болгон атаандаштык Башкы адвокат өзүнүн бүтүмүнүн 42-унктунда белгилегеней чечүүчү критерий боло албайт.

37. Сот ко өз пикирлерин берген институттардын келтирген аргументтерине карабай, ар бир өнөр жайы тарабынан абага ташталуучу CO2 саны да алардын теңдешигин баалоо үчүн, алсак, 2003/87 Директиванын максаттарын жана соода схемасынын болушун эске алганда, критерий боло албайт, Бул жогоруда 31-33-пункттарда баяндалган.

38. Ошондуктан металлургиялык, химиялык секторлор жана түстүү металл сектору 2003/87 Директиванын таасирин тең укуктуулук жана акыйкаттык принциби көз крашында кароо максатында теңдештик абалда турат, ал эми аларга карата жоболор ар башка колдонулат.

60. Мында, биринчиден, өтө көп сандагы катышуучуларды тартуу 2003/87 директива аркылуу киргизилген жана жаңы, татаал схема болуп эсептелген квоталарды сатуу схемасын ишке ашырууга жана анын иштешине тоскоол кылат. Экинчиден, директиваны колдонуу боюнча чөйрөнүн башында белгилениши схеманы түзү жана аны иштетүү үчүн зарыл болгон мүмүкн болушунча көп сандагы катышуучуларды тартууну караган.

63. Ошентсе да, Башкы адвокат, мисалы өз бүтүмүнүн 48-пунктунда белгилегендей, Директиваны баскыч-баскычы менен кабыл алуу ыкмасына карата Коомчулуктун мыйзам чыгаруучусунун иш-аракеттер эркиндиги аны 2003/87 Директива күчкө ээ боло турган

өнөр жай секторлорун эң башынан аныктоо үчүн тең укуктуулук жана акыйкаттык принцибинин алкагында объективдүү критерийлерге кайрылуу милдетинен бошотпойт. Аталган объективдүү критерийлер директиваны кабыл алуу учурунда колдо бар техникалык жана илимий маалыматтарга негизделген болушу керек.

64. Химиялык сектор боюнча айтсак, 2003/87 Директиванын тарыхынан белгилүү болгондой, бул өзгөчө көп сандагы – болжол менен 34 000 курулмага ээ. Жана аба таштандыларынын деңгээли жагынан гана эмес Директиванын күчү астына киргизилген курулмалардын саны жагынан да көптүк кылат. Ал болжол менен 10 000 түзөт.

65. Ошондуктан бул секторду 2003/87 Директиваны колдонуу чөйрөсүнө киргизүү квоталарды сатуу схемасын башкарууну татаалдатып жана административдик жүктү көбөйтмөк. Демек схеманын ишке ашырылып жаткан баскычында бул секторду ага кошуу схеманын иштешин бузат деп болжоого болот. Андан тышкары, Коомчулуктун мыйзам чыгаруучусу 2003/87 Директиванын максатына жетүү үчүн схеманы ишке ашыруунун баштапкы мезгилинде бүтүндөй секторду чыгарып салуунун артыкчылыгы\пайдасы аны киргизүдөн боуучу пайдадан ашык болгондугун көргөн. Мындан Коомчулуктун мыйзам чыгаруучусу талап кылынган укук стандарттары боюнча 2003/87 Директиванын колдонуу чөйрөсүнөн схеманы ишке ашырунун баштапкы мезгилинде химиялык тармакты толук чыгарып салуу үчүн объективдүү критерийлерди колдонгон деп айтууга болот.

66. Негизги сот ишиндеги арыз берүүчүлөрдүн 2003/87 Директиванын колдонуу чөйрөсүнө CO_2 газ таштандылары белгилүү чектен жогору болгон өнөр жай секторлорун киргизүү административдик көйгөйлөрдү жаратпайт деген аргументтери жогоруда берилген баа боюнча күмөн саноолорду пайда кылбайт .

67. Арыз берүүчүлөр таянган статистикалык 'объекттер' жөнүндө маалыматтарга тиешелүү экендиги Комиссиянын булгагычтардын таштандыларын европалык каттоону ишке ашыруу жөнүндө 2000/479/ЕС (17-июль, 2000) чечиминин (БТЕК) 1-беренесинен көрүнөт. Бул чечим Кеңештин булгоолорду комплекстүү алдын алуу жана көзөмөлдөө жөнүндө (БКАЖ) 96/61/ЕС Директивасынын 15-беренсине ылайык кабыл алынга (OJ 2000 L 192, стр. 36). Объект/орнотулма, аталагн чечимге ылайык, 2003/87 Директиванын маанисиндеги курулманы билдирбейт, себеби бул чечимдин А4 тиркемесинде камтылган аныктамалар боюнча мындай объект «бир жерде жайгашкан бир же бир нече курулмасы бар, оператор I тиркемеде каралган бир

же бир нече ишти аткара турган өнөр жай комплекси болуп эсептелет». Ошондуктан негизги сот ишинде арыз берүүчүлөр таянып жаткан маалыматтар объекттерге гана тиешелүү жана курулмалардыне саны көрсөтүлгөн эмес.

68. Демек, негизги сот ишинде арыз берүүчүлөр жогоруда аталган аргументтерге колдоо катары берген маалыматтар химия тармагындагы аз сандагы курулмалар аталган сектор чыгаруучу CO_2 таштандысынын жалпы көлөмүнүн чоң бөлүгү үчүн жооп берет деген ырастоону текшерүү үчүн Сотко мүмкүнчүлүк бербейт, демек ал секторду Коомчулуктун мыйзам чыгаруучусу 2003/87 Директиванын колдонуу чөйрөсүнө киргизиши керек деген чечим чыгаруу мүмкүн эмес.

69. Жогоруда айтылгандардын негизинде жана 2003/87 Директива негизделеген баскычтуу ыкманы эске алганда, квоталарды сатуу схемасын ишке киргизүүнү баштапкы мезгилинде химиялык жана болот өнөр жайына карата мамиленин ортосундагыайырмачылык өзүн актайт деп кароого болот.

70. Экинчи, түстүү металлдардын сектору боюнча, жогоруда 52-пунктта эске алынган илимий докладдан көрүнгөндөй, бул сектор абага түз чыгарган CO_2 1990-жылы 16,2 млн тоннаны түзгөн, ал эми болот секторунун CO_2 таштандысы 174,8 млн түзгөн. Аталган илимий докладга Парламенттин, Кеңештин жана Комиссиянын байкоосу боюнча, Коомчулуктун мыйзам чыгаруучусу 2003/87 Директиваны иштеп чыгып ,кабыл алууда пайдаланган.

71. 2003/87 Директиванын баштапкы мезгилде колдонуу чөйрөсүн аныктоодо сатуу схемасынын административдик мүмкүнчүлүктөрүн бузбоо үчүн анча көп сандагы катышуучулар киргизилбегендигине байланыштуу Коомчулуктун мыйзам чыгаруучусу Директиванын милдеттерин аткаруу үчүн экономиканын CO_2 абага таштоочу ар бир сектору үчүн эң жогорку чекти көрсөтүп коюшу гана керек эмес болчу. Ошондуктан 2003/87 Директива кабыл алынган жагдайларда схеманы киргизүүдө Коомчулуктун мыйзам чыгаруучусу аны секторлорго колдонуу чөйрөсүн эркин иш-аракет чегин ашырбоо менен чектөөгө укуктуу болчу.

72. Бул эки сектордун түш таштандыларынын деңгээли ушунчалык аз болгондуктан, сатуу схемасын ишке ашыруунун баштапкы мезгилинде жана 2003/87 Директива негизделеген баскычтуу ыкманы эске алганда, бул эки секторго эки башка мамиле кылуу өзүн актайт. Жана ар түрдүү секторлордун кыйыр таштандыларын мыйзам чыгаруучу эске алышынын эч зарылчылыгы жок.

73. Демек, Коомчулуктун мыйзам чыгаруучусу химиялык сектор менен түстүү металлдар секторун 2003/87 Директиванын колдонуу чөйрөсүнөн чыгарууда окшош жагдайларды ар түрдүүчө кароодо тең укуктуулук жана акыйкаттык принцибин бузган жок.

74. Жогоруда айтылгандардын алкагында улуттук соттун суроосуна жооп төмөнкүдөй болушу керек: БГ таштандыларына квоталарды сатуу схемасы болот өнөр жайына колдонулуп, бирок 2003/87 Директиванын колдонуу чөйрөсүнө химиялык сектор менен түстүү металлдар сектору киргизилбегендигинин себебинен 2003/87 Директиваны тең укуктуулук жана акыйкаттык принциби жагынан кароодо анын мыйзамдуулугуна таасир кыла турган эч нерсе аныкталган эмес.

Адам укуктары жана айлана-чөйрө

Дубецкая жана башкалар Украинага каршы, Адам укуктары боюнча Европалык соттун чечими, 2011[372]

Арыздануучулар, Украинанын 11 жараны, алардын үйлөрүн, жеке жана үй-бүлөлүк жашоосун эки мамлекеттик көмүр өнөр жай объектинин ашыкча булгоосунан коргой албагандыгы үчүн Украинага каршы процесс башташкан.

***

105. Сот өзүнүн прецеденттик практикасына таянуу менен Конвенциянын 8-беренси да, башка бир да жобосу да айлана-чөйрөнү коргоо укугун өз алдынча кепилдик кылбай тургандыгын белгилейт (кара. Киртатос Грецияга каршы, № 41666/98, § 52, ECHR 2003-VI). Ошондой эле жол менен, эгерде доомат коюлуп жаткан зыян учурдагы ар бир шаардын ажырагыс бөлүгүн түзгөн экологиялык коркунучтарга салыштырмалуу анча олуттуу болбосо, эч суроо пайда болбойт. Бирок 8-бereненин бузулгандыгы жөнүндө негиздүү доомат экологиялык коркунуч арыз берүүчүнү өзүнү үй, жеке же үй-бүлөлүк турмушун пайдалануусун олуттуу начарлаткыдай деңгээлге жеткенде келип чыгышы мүмкүн. Мындай минималдык деңгээлди баалоо салыштармалу болуп эсептелет жана иштин бардык жагдайларына жараша болот, мисалы, зыян келтирүүнүн же ыңгайсыздыктардын жыштыгы жана узактыгы, о.э. анын адамдын саламаттыгына же анан жашоосу-

[372] Dubetska and Others v. Ukraine, Application no. 30499/03, European Court of Human Rights, 10 February 2011.

нун сапатына тийгизген физикалык же психикалык таасири (кара, башка документтер менен катар, жогоруда эске алынган Фадееванын ишиндеги чечим, §§ 68-69)

106. өнөр жай булганычтары жалпы калктын саламаттыгына терс таасир тийгизип жана адамдын жашоос апатын начарлатышы мүмкүн экендиги күмөнсүз болсо да, көп учурда ар ибр өз алдынча алынган жагдайда анын таасиринин натыйжасын ченөө мүмкүн эмес. Мисалы, ден соолукту бузду деген боюнча, экологиялык зыяндын таасирин башка, мисалы, жаш-курагынын, кесибинин же жашоо эрежелеринин тийгизген таасиринен ажыратуу кыйын. «Жашоо сапаты» өз кезегинде субъективдүү мүнөздөмө болуп эсептелет, жана аны так аныктоо өтө кыйын (кара. Ледяева жана башкалар Россияга каршы, №№ 53157/99, 53247/99, 53695/00 жана 56850/00, § 90, 26-октябрь, 2006).

108. Андан тышкары, чынында эле Конвенциянын 8-беренсине ылайык мамлекет жооп бериши мүмүкне экендигин аныктоо үчүн, Сот пайда болгон жагдай окуялардын күтүүсүз жана кескин өзгөрүүсүнүн натыйжасы болгонбу же, тескерисинче, ал узак убакыт бою пайда болуп жана ал жөнүндө мамдекеттик бийлик органдары билгенби (кара. жогоруда Фадеева, §§ 90-91); мамлекеттик органдарга арыздануучунун жеке турмушуна коркунучтун же зыяндуу заттардын таасир кылгандыгы жөнүндө маалымдалганбы же маалымдалышы керек беле (кара. Лопес Остра Испанияга каршы, 9-дек.,1994, § § 52-53, Серия А, 303-С), о.э. арыздануучу өзү кабылган жагдайдын түзүлүшүнө өзү канчалык себеп болгон жана аны колдо бар каражаттар менен четтетүүгө канчалык мүмкүнчүлүгү болгон (кара. жогоруда Ледяева, § 97) деген суроолорду аныкташы керек.

109. Сот бул иште арзыдануучулардын 8-беренеде бекитилген укуктарына терс таасир тийгизүүлөр жөнүндө кеп болуп жаткандыгын кайталайт. Ал таасир мамлекетке тиешелүү «Визейская» көмүр казуучу жай менен Червоноград тоо-кен байытуучу фабрикадан болуп жатат (алардын өнөр жай таштандылар үймөгү 60 метр болот).

110. Арыз берүүчүлөрдүн дооматы эң биринчи кезекте суунун, абанын жана жер кыртышынын уулуу заттар менен булганууусу жол берилген чектен ашып кеткендигине байланыштуу алардын саламаттыгынын начарлашына тиешелүү. Андан тышкары, бул дооматтарда жердин чөгүүсүнү натыйжасында үйлргө келтирилген зыяндан жана таза суу алуунун турктуу кыйндашынан жашоо сапатынын бузулушуна, арыздануучулардын күнүмдүк турмушуна жана үй-бүлөдөгү өз ара мамилелерге терс таасир кыышына тынчсыздануу билдирген.

111. Аталган булгануудан арызданууучулардын саламаттыгы канчалык жабыр тарткандыгын баалоодо Сот бул иште ченелүүчү зыянды аныктай турган эч далил жоктугу жөнүндө өкмөттүн пикирине макул болду. Бирок коопсуздук ченем чегинен ашык деңгээлде булганган жерде жашоо арызданууучулардын жашоосуна чоң коркунуч туудурган деп эсептейт.

112. Арызданууучулардын жашоо сапаты боюнча Сот алар жасаган тартып алган суунун сүрөттөрү, о.э. күнүмдүк жашоо жана баарлашуулары тууралуу айтып бергендери (жогоруда п. 24-30) алардын экологиялык факторлордон анык жабыр таркандыгын көрсөтөт деп белгилеген.

113. Ал арыз берүүчүлөрдүн ишинде өкмөт божомолдогондой, сууну сапатына жана жердин чөгүп кетишине ар түрдүү табигый факторлор таасир бериши мүмкүн болгон (жогоруда п. 21 мисал) деп белгилейт. Андан тышкары, азыркы учурда таза суу алуу мүмкүнчүлүгү жакында борбордук суу өткөргүчү ачылгандан кийин чечилген деп эсептесе болот. Ошол эле учурда иште бар материалдар шахта менен фабриканын иши (м., алардын таштандылар топтолуучу жайы) бир катар жылдар бою аталган маселени, жок дегенде белгилүү деңгээлге чейин курчутуп келгендигине жетишерлик далилдер бар.

115. Ченем көрсөткүчтөрү арызданууучулар туш болгон булгануунун анык деңгээлик сөзсүз көрсөтпөйт деген өкмөттүн сөзүнө макул болуу менен, Сот арызданууучулар бул иште аталган объекттердин аралык чегинде булгоочу заттардын деңгээлдери анык жогору болгондугуна далилдей турган олуттуу көлөмдөгү маалыматтарды бергендерин белгилейт (жогоруда п.17-18 жана 22-23).

116. Бул иште арызданууучулардын тарткан зыяны (же тартуу коркунучу) 8-берененин кепилдигин талап кылгыдай деңгээлде болгон-болбогону жөнүндө чечим кабыл алууда, Сот бийликтегилер арызданууучуларды башка жерге көчүрүү маселесин ар түрдүү мезгилде бир нече жолу карагандыгын да эске алат. Акырында Дубецких-Найддын үй-бүлөсүн көчүрүү 2005-жылы 26-декабрда Червоноград соттун акыркы чечими менен ырасталган.

118. Демек, Конвенция Украинага карата күчүнө киргенден кийинки 12 жылдан ашык убакытта арыз берүүчүлөр мыйзамдын көз карашында да. эспирикалык изилдөөлөрдүн көз карашында да аба менен суунун булганычтыгынан, о.э. жердин чөгүүсүнөн жашоого коркунуч туудурган жерде туруктуу жашап келишкен. Бул көрүнүштөр мамлекетти кэки өнөр жай ишканасынин ишинин натыйжасы болгон.

119. Бул жагдайларда Сот арыздануучулар атаган экологиялык зыян алардын арызы Конвенциянын 8-беренесинин күч чөйрөсүнө туш болгудай деңгээлге жеткен деп эсептейт.

123. Соттун пикири боюнча, бардык факторлордун айкашы булганыч заттардын таштандылары менен мамлекеттин ортосундагы тыгыз байланышты көрсөтөт, жана бул Конвенциянын 8-беренесине ылайык мамлекеттин жоопкерчилиги жөнүндө суроону козгоого жетиштүү

155. Сот өз баасында айлана-чөйрөнү булгап жаткан эки ири өнөр жай ишканасынын иштешине байланыштуу экологиялык маселелрди чечүү татаал болгон, бул убакытты жана ресурстарды талап кылат, анын үстүнө өкмөт билдиргендей, эң башынан эле ченемдерди бузуу менен иштеп келген жана 50 жыл бою өнөр жай таштандыларын топтоп келишкен бул эки объекттин рентабелдүүлүгүнүн төмөндүгү жана жалпы улуттук экономиканын кыйнчылыктары да буга себеп болгон. Ошол эле учурда Сот бул эки ишкана айыл жеринде жайгашкандыгын, ал эми арыздануучулар ага жакын жашаган жана булгануудан эң көп жабыр тарткан аз сандагы (20 чакты үй-бүлөдөн турган) топко кире тургандыгын белгилейт. Мындай шарттарда өкмөт эмне үчүн 12 жылдан ашык убакыт бою арыздануучуларды башка жерге көчүрүп же алардын жекече көйгөйлөрүн башкача натыйжалуу чечүү жолун таппагандыгына жетиштүү түшүндүрмө берген эмес.

156. Демек бул иште Конвенциянын 8-беренсин бузууга жол берилген.

Будаева Россияга каршы, Адам укуктары боюнча Европалык соттун чечими, 2008[373]

***

1. Иштин жагдайы

13. Тырнауз шаары тоолуу аймакта борбордук Кавказда Эльбрус тоосуна жакын жайгашкан. Анын калкы 25000ге жакын адамды түзөт. Шаардын жалпы планы 1950-жылдары ири өнөр жай курулуш долбоорунун бөлүгү катары иштелип чыккан. Тырнауз аркылуу Баксан дарыясынын Герхожансу жана Камыксу деп аталуучу жана көчкүлөргө

[373] Budayeva v. Russia, Application nos. 15339/02, 21166/02, 20058/02, 11673/02 and 15343/02, European Court of Human Rights, 20 March 2008.

себеп болуучулар катары белгилүү эки куймасы агып өтөт.

14. Герхожансу суусундагы көчкү болгондугун күбөлөндүрүүчү алгачкы документтер 1937-жылга тиешелүү. Андан кийин көчкүлөр дээрлик жыл сайын катталып, айрым учурларда шаарга чейин жеткен жана ар кандай зыяндарды алып келген. 2000-жылга чейин катталган кыйратуучу көчкүлөр

1960-жылы 1-августта, 1977-жылы 11-августта жана1999-жылы 20-августта катталган. өкмөттүн маалыматы боюнча эң кыйратуучу көчкүлөр 2000-жылдын 18-25-июлунда болгон.

15. Тырнауздун жашоочулары менен бийлиги адатта коркунуч жөнүндө билишет жана көбүнчө жай же күз мезгилдеринде болуучу көчкүлөргө , көнүп калышкан.

2. Плотинанын 2000-жылдын жай мезгилиндеги абалы.

18. 1999-жылы 20-августта ылай суу менен таштандылардын агымы плотинага кирип аны олуттуу зыянга учураткан.

19. 1999-жылы 30-августта толуу аймактарда табигый кырсыктарга мониторинг жүргүзүү милдетин аткаруучу мамлекеттик орган болуп эсептелген Тоо институтунун директору көчкүнү натыйжасында плотинага келтирилген зыянга көз карандысыз экспертиза жүргүзүүнү талап кылган. Ал экспертиза боюнча мамлекеттик комиссиянын курамы боюнча өз сунуштарын КБРдин Табигый кырсыктардын кесепеттерин жоюу боюнча министрине берген.

20. Ошол эле күнү ал КБРдин президентине кат менен кайрылып, плотинада тазалоо жана кайра калыбына келтирүү иштри боюнча, о.э. көчкү боло турган учурда белги бере турган алдын ала эскертүү системасын орнотуу боюнча токтоосуз чара көрүүнү талап кылган.[...]

21. 2000-жылы 17-январда Тоо институтунун директорунун милдетин аткаруучу КБРдин премьер-министрине кайрылып, алдыдагы мезгилде көчкү жүрүү коркунучу жогору экендигин эскерткен. Ал плотина олуттуу жабыркагандыгын [...] жана жоготууларды болтурбоонун, о.э. зыяндарды азайтуунун жалгыз жолу коркунуч болгон учурда калкка билдирүү үчүн байкоо пункттарын орнотуу экендигин, бул максаттарда иш-аракеттерди жүргүзүүгө ыйгарым укук берүү жана каржылык колдоо зарылдыгын билдирген. (толук текст төмөндө С бөлүмүндө).

22. 2000-жылы 7-мартта Эльбрус райондук администрация башчысы КБРнын премьер-министрине кат менен кайрылып, анда ал-

дыда болууч уири көчкүлөрдүн коркунучтуулугун көрсөтүп, плотиндагады белгилүү шашылыш иштерди жүргүзүүгө каржылык жардам сураган. өз билдирүүсүндө ал мүмкүн болуучу «рекорддук чыгымдар» менен курмандыктарды көрсөткөн.

23. 2000-жылы 7-июлда Тоо институтунун директорунун жардамчысы менен изилдөө бөлүмүнүн жетекчиси КБРнын Табигый кырсыктардын кесепеттерин жоюу боюнча министрликтин отурумунда катышышкан. Жолугушуунун жүрүшүндө алар көчкүнүн жүрүшүнөн болуучу чоң коопчулук жөнүндө өз божомолдорун дагы бир жолу кайталашкан. [...]

24. 2000-жылы 10-июлда Тоо институнун директорунун орун басары Табигый кырсыктардын кесепеттерин жоюу боюнча министрликке алдыда болуучу көчкү жөнүндө кабарлап жана күнү-түнү көзөмөлдөөчү пункттарды түзүүнү өтүнгөндүгүг агенттиктин директоруна билдирген.

25. Кыязы аталган чаралардын бири да атакрылган эмес.

3. 2000-жылдын 18-25-июлундагы көчкүлөр.

26. 2000-жылы 18-июлда болжол менен кечки саат 11де кир суу менен аштандылардын агымы Тырнауз шаарына кирип келип, айрым турак-жай кварталдарын каптап кеткен.

27. өкмөттүн пикири боюнча, көчкүнүн биринчи толкунун натыйжасында эч ким жабыр тарткан эмес. Ошентсе да, арыздануучу өз кошунасы, 1934-жылы туулган Б. айымдын өлүмүнө өзү күбө болгондугун ырастаган. Ал айым урандылардын астында көчкүнү агымына торолуп калып ага бирөө жардам берүүгө үлгүргөнгө чейин чөгүп кеткен. О.э. арыз берүүчү көчкүнүн агымы ичинде 4 эркек бар Жигули автоунаасын агызып кеткендигин ырастаган.

28. өкмөттүн пикири боюнча, 2000-жылы 18-июлдагы көчкүдөн кийин бийликтегилер Тырнауздын жашоочуларын шашылыш түрдө эвакуациялоону буюрушкан. Полиция менен жергиликтүү бийлик кзыматкерлери сел агымдары жөнүндө кабарлап. Карылар менен майыптарды эвакуациялоого жардам берүү үчүн элдердин үйлөрүн кыдырышкан. Андан тышкары, үн күчөткүчтөр менен жабдылган полиция машиналары шаарды кыдырып, элдерди эвакуацияга чакырышкан.

29. ... Арыз берүүчү үн күчөткүч жөнүндө жарыялоо учурунда сел жүргөндүгүнө макул болушат, бирок алдын ала эскертүүлөр болбо-

гондугун ырасташат. Алар эвакуацияланууж өнүндө буйрукту билдегендиктерин билдирип, жана мындай буйрук кабыл алынгандыгына күмөн саноолорун айтышкан. О.э. алар башаламандык менен дүрбөлөңгө айланган окуя болгон жерде эч кандай сактап калуу уюмдары же башка жардам уюшулбагандыгын ырасташат.

30. 2000-жылы 19-июлда эртең менен кир-ылайдын деңгээли төмөндөп жана жашоочулар өз үйлөрүнө кайтышкан. өкмөт алар муну менен эвакуация жөнүндө буйрукту бузушкан деп ырастаган, ал эми арыз берүүчлөр болсо эвакуация жөнүндө буйрук дагы эле күчүндө экендигин билбегендиктерин ырасташып, адамдар үйлөрүнө кайтпашы үчүн эч кандай тосмолор же эскертмелер болбогондугун белгилешкен. Алар өз үйлөрүнүн жанында эч кандай полицияны, ӨКмнын кызматкерлерин көрбөгөндүктөрүн, бирок кошуналары үйлөрүндө экендигин жана көчөдө балдар ойноп жатканын көргөндөрүн билдиришкен. Суу, газ жана электр жарыгы түн ичинде эле өчүрүлгөн болучу.

31. Ошол эле күнү күндүзгү саат 1де көчкүнүн мурдагыдан да катуу кыйратуучу экинчи агымы плотинаны толук жок кылып кеткен. Кир менен таштандылар плотинанын сыныктары менен кошо заматта шаарга агып түшкөн. Отаров 17 көчөсүндө көчкү 9 кабат турак үйдүн бир бөлүгүн кыйратып, андан курман болгондордун саны расмий түрдө 4 адамды түзөт. [...]

32. Көчкү 2000-жылдын 25-июлуна чейин шаарды карай жүрүп турган.

33. 8 адам каза болду деп расмий катталган.

Арыз берүүчүлөрдүн сөзү боюнча, дагы 19 адам дайынсыз жоголгон.

34. өкмөттүн маалыматы боюнча, 2000-жылы 3-августта Эльбрус райондук прокуратура авария факты боюнча иш козгобоо жөнүндө чечим кабыл алган.

Б. Соттун баасы (цитаталар берилген эмес).

1. Бул иште колдонулуучу жалпы принциптер.

(а) Конвенциянын 2-беренси менен анын негизги аспекттерине тиешелүү негизги принциптердин колдонулуу мүмкүнчүлүгү

128. Сот 2-берене мамлекеттик агенттердин күч колдонуусунун натыйжасында адамдардын курман болуусу жөнүндө маселелрди гана жөнгө салбастан [...], мамлекеттер өз юрисдикцияларыны алка-

гында адамдардын өмүрүнө коркунучту төмөндөтүү үчүн зарыл чараларды көрүү боюнча оң милдеттемелерди бекитет [...]

129. Бул оң милдеттеме эң биринчи кезекте адамдардын өмүрүнө карата коркунучтарды натыйжалуу жоюуну камсыз кылууга арналган мыйзамдык жана административдик чараларды көрүү боюнча мамлекеттин баштапкы милдетин жаратат.

130. Бул милдеттеме жашоо укугу коркунуч алдында турган мамлекеттик же башка иш-аракеттин алкагында колдонулуучу катары чечмелениши керек болчу.

131. Өз юрисдикциясы алдындагы адамдардын өмүрүн коргоо боюнча мамлекеттин милдети адам өмүрүнө коркунуч туудуруучу өзгөчө кырдаалдар жөнүндө коомчулукка адекваттуу билдирүү жана аны жөнгө салуу, о.э. бул жагдайлардын натыйжасында болгон бардык адам өлүмүнө сот териштирүүсүн жүргүзүүнү камсыз кылуу боюнча оң чараларды өзүнө камтыгыдай кылып чечмеленген [...].

132. [...] иш-аракеттердин коркунучтуу түрлөрүнүн конкреттүү контекстинде, иштеги аракеттердин өзгөчөлүгүнө байланышкан эрежелерге айрыкча адам өмүрүнө коркунучтун мүмкүн болуучу деңгээлине байланыштуу өзгөчө басым жасалышы керектигин Сот түшүндүрдү. Алар иш-аракетти лицензиялоону, түзүүнү, пайдаланууну, коопсуздукту жана ккөзөмөлдү жөнгө салып, жана өмүрү коркунучу алдында калган жарандарды натыйжалуу коргоону камсыз кылуу боюнча практикалык чараларды көрө турган бардык кызыккан адамдар үчүн милдеттүү болушу керек.

Бул алдын ала көрүлүүчү чаралардын ичинен коомдун маалымат алуу укугуна өзгөчө көңүл бурулушу керек. Бул Конвенциянын институттарынын сот практикасында бекитилген. [...]

138. 2- беренден келип чыгуучу милдеттемелер муну менен үтпөйт. Мамлект жоопко тартылышы мүмүкн болгон иш-аракеттин натыйжасында адамдар каза болгон учурлар үчүн беренеде адекваттуу – сот же башка – чараларды колдо бар ыкмалардын жардамы менен ишке ашырып, жашоону коргоо боюнча мыйзамдык жана административдик иш-аракеттердин көрүлүшүн камсыз кылуу боюнча мамлекеттердин милдеттемелери каралган. О.э. бул укукту бузгандык үчүн жоопкерчилик жана жазага тартуу каралган.

142. [...] Сот системасы, 2-беренеге ылайык, көз карандысыз жана калыс иликтөө боюнча расмий процедураны болжойт. Ал процедура иликтөөнүн натыйжалары менен акталган деңгээлде кылмыш жаза-

сынын натыйжалуулугу жана камсыз кылынышы жагынан белгилүү минималдык стандарттарды канааттандырышы керек. [...]

158. Жогорудагы тыянактардын алкагында ... Сот Тырнауздун коркунучтуу зонасында жерлерди ылайыкаштыруу жана өзгөчө кырдаалда жардам берүү саясаты маселелерин чечүү боюнча бийликтин иш-аракет кылбагандыгына, анын натыйжасында жашоочуларды, анын ичинде арыз берүүчүлөрдү өлүм коркунучу алдында калтыргандыгына ач кандай актоо жок деген бүтүмгө келет.

Андан тышкары, Сот аларды ишке ашырууга бөгөт болгон олуттуу административдик кемчиликтер менен Владимир Будаевдин өлүмүнүн, о.э. биринчи жана жкинчи арыздануучулардын, алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн алган жаракаттарынын ортосунда себеп-кесепеттик байланыш бар деп эсептейт.

159. Ошентип, бийликтегилер жашоого келтирилген коркунучтуу, о.э. зыян келтирүү коркунучун төмөндөтүү максатында, Конвенциянын 2-беренеси талап кылгандай, зарыл мыйзамдык жана административдик чараларды көрүү боюнча оң багыттагы милдеттемелерин аткарган эмес.

160. Демек берененин материалдык талаптары бузулган.

Корпоративдик жоопкерчилик жана айлана-чөйрөнү коргоо

Ишкердик аракеттеринин адам укуктары аспекти боюнча БУУнун негизги принциптери[374]

БУУнун Адам укуктары боюнча кеңеши ишкердик аракеттеринин адам укуктары аспекти боюнча негизги принциптерин кабыл алган: БУУнун 2011-жылдын 16-июнундагы «коргоо, тутуу жана укуктук коргоо каражаттары» боюнча алкагын ишке ашыруу. Бул принциптерди БУУнун Атайын өкүлү Джон Рутги сунуштаган.

Адам укуктары боюнча Кеңеш кабыл алынган резолюция *

17/4 Адам укуктары жана мамлекеттер аралык корпорациялар менен башка ишканалар

[374] Human Rights Council resolution 17/4, July 6, 2011, on Human Rights and Transnational Business Enterprises, U.N. Doc. A/HRC/RES/17/4 (2011).

Адам укуктары боюнча кеңеш мамлекеттер аралык корпорациялар менен башка ишканалардын аракеттерин жана алардын жоопкерчиликтүү жүрүм-турумун башка каражаттар менен катар мыйзамдардын жардамы аркылуу жөнгө салуу адам укуктарын колдоого, коргоого жана ишке ашырууга көмөк болорун жана ишкердик аракеттери берүүчү пайдаларды адам укуктары менен эркиндиктерин камсыз кылуу максатында колдонууга өбөлгө болорун түшүнүп,

Улуттук мыйзамдардын жана алардын ишке ашырылышынын натыйжасыздыгы алсыз экономикаларга ааламдашуунун терс таасирин чындап жеңилдетүүгө, ааламдашуунун пайдасын толук колдонууга же мамлекеттер аралык корпорациялар менен башка ишканалардын аракеттеринен максималдуу пайда алууга мүмкүндүк бербей жаткандыгына тынчсызданып жана ошон үчүн улуттук, аймактык жана эл аралык деңгээлдердеги башкаруу системасында кемчиликтерди жоюу аракеттерин андан ары күчтөндүрүү зарылчылыгын түшүнүү менен,...

1) Адам укуктары жана мамлекеттер аралык корпорациялар менен башка ишканалар жөнүндө маселе боюнча БКАөнүн ишин жана кошкон салымын кубаттоо менен кабыл алат жана Аөнүн докладынын тиркемесинде келтирилген «коргоо, тутуу жана укуктук коргоо каражаттары» боюнча Ишкердик аракеттеринин адам укуктары аспекти боюнча негизги принциптерин жактырат;...

3) Алкакты иштеп чыгып жана ал жөнүндө кабардуулук деңгээлин жогорулаткандыгы үчүн Атайын өкүлгө ыраазычылк билдирет. Аталган алкактар башкы үч принципке негизделген: мамлекеттер аралык корпорациялар менен башка ишканалардын же алардын катышуусундагы адам укуктарын бузуулардан коргоо боюнча мамлекеттин милдеттери, корпорациялардын бардык адам укуктарын сыйлоо милдеттери, о.э. натыйжалуу укуктук коргоо каражаттарын, анын ичинде сот жана соттон тышкаркы механизмдерди колдонуу мүмкүнчүлүгүнүн зарылдыгы;

4) Андан аркы прогрессти мүмкүн кылган Алкактарды ишке ашырууда негизги принциптердин ролун, тааныйт. О.э. ишкердик аракеттердин жана адам укуктарынын тармагында стандарттар менен практиканы жакшыртуудагы, ошону менен катар социалдык туруктуу ааламдашууну, о.э. алыскы келечекте кандайдыр бир өзгөрүүлөрдүн, стандарттардын андан ары жакшыруусун камсыз кылууда алардын негизги жобо катары ролун моюнга алат;

... б) Адам укуктары жана мамлекеттер аралык корпорациялар менен башка ишканалар жөнүндө маселе боюнча көз каарндысыз 5 эксперттен турган Жумушчу топту түзүүнү токтом кылат. Аталган эксперттерди географиялык теңдеш өкүлчүлүк негизинде үч жылга Адам укуктары боюнча комитет тарабынан анын 18-сессиясында дайындоону сунуштап, жана аталган Жумушчу топ төмөнкүлөрдү аткаруусун суранат:

(а) Негизги принциптердин натыйжалуу жана ар тараптуу жайылтылып ишке ашырылышына көмөк кылуу;

(б) Негизги принциптерди ишке ашыруунун алдыңкы практикасын жана сабактарын аныктоо, алар менен өз ара алмашуу жана аларды пропагандалоо, о.э. аларды баалоо жана алар боюнча кеңештерди берүү жана бул контекстте бардык тийиштүү булактардан, анын ичинде өкмөттөрдөн, мамлекеттер аралык корпорациялар маалымат менен башка ишканалардан, улутутк укук коргоо мекемелеринен, жарандык коомдон жана укук ээлеринен сурап алуу;

(в) Негизги принциптердин мүмкүнчүлүктөрүн жана колдонулушун бекемдөөгө көмөк көрсөтүү боюнча аракеттерди колдоо, о.э. өтүнүч менен кайрылуулар боюнча ишкердик аракеттерине жана адам укуктарына тиешелүү улуттук мыйзамдарды иштеп чыгуу жагынан кеңеш-сунуштарды берүү;

(г) өлкөлөргө барып туруу жана мамлекеттердин чакырууларына өз убагында жооп кайтаруу;

(д) адам укуктары корпорацияларынын иш-аракети менен козголгон, анын ичинде чыр-чатак аймактарында турган адамдардын колунда бар укуктук коргоонун натыйжалуу каражаттарын колдонуу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү үчүн улуттук, аймактык, эл аралык деңгээлдерде кеңештердин варианттарын иликтеп жана иштеп чыгууну улантуу;

(е) мандаттын күчкө ээ бүтүндөй мезгил аралыгындагы өз ишинде гендердик аспекттерди эске алуу жана коргоосуз абалда тургандарга, айрыкча балдарга өзгөчө көңүл буруу;

.... (ж) өкмөттөр менен бардык тийишүү субъекттердин, анын ичинде БУУнун тийиштүү органдарынын, адистешитирилген мекемелеринин, фонддорунун жана программаларынын, м., БУУнун Адам укуктары боюнча Жогорку комиссарынын башкармачылыгынын, Ааламдык келишим, Эл аралык эмгек уюму, Дүйнөлүк банк жана анын Эл аралык каржы корпорациясы, БУУнун өнүгүү прогаммасы жана Эл аралык миграция уюуму, о.э. мамлекеттер аралык корпорациялар ме-

нен башка ишканалар, улуттук укук коргоо мекемелери, жергиликтүү жлдердин өкүлдөрү, жарандык коом уюмдары ж.б. аймактык жана субаймактык эл аралык уюмдар ортосунда туруктуу диалогду өрчүтүү жана мүмкүн болуучу кызматташуу чөйрөлөрүн талкуулоо;

(i) ишкердик аракеттери жана адам укуктары боюнча төмөндөгү 12-пунктка ылайык түзүлүүчү Форумдун ишине багыт берүү;

(j) Адам укуктары боюнча кеңешке жана Башкы Ассамблеяга жыл сайын доклад берип туруу;

7) бардык өкмөттөрдү, тийиштүү мекемелерди, БУУнун фонддору менен прогарммаларын, келишимдик органдарды, жарандык коом субъекттерин, анын ичинде бейөкмөт уюмдарды, о.э. жеке секторду жумушчу топ өз мандатын ишке ашырууда аны менен, мисалы, Жумушчу топтун келүү жөнүндөгү кайрылууларына оң жооп кылуу аркылуу кызматташууга чакырат;

8) эл аралык жана аймактык уюамдарга тийиштүү стратегиялар менен прогарммалык документтерди түзүүдө Жумушчу топтун пикирин суроону сунуштайт;

9) БУУнун Башкы катчысы менен Адам укуктары боюнча Жогорку комиссарынан жумушчу топко өз мандатын натыйжалуу аткарышы үчүн зарыл болгон бардык жардамды көрсөтүүнө суранат;

10) Париж принциптерине ылайык, ишкердик аракеттер жана адам укуктарынын контекстинде түзүлгөн бардык улуттук укук коргоо мекемелерин жактырат жана ал мекемелерди андан ары натыйжалуу роль ойноо жөндөмүн, Жогорку комиссарыдн башкармачылыгынын колдоосу менен жана бардык тийиштүү субъекттер менен өз ара шериктештикте өрчүтүүгө чакырат;

11) БУУнун бүтүндөй системасы ишкердик аракеттер жана адам укуктарына тиешелүү күн тартибин ишке ашырууга, Негизги принциптерди жайылтып жана аткарууга кандайча түрткү берери тууралуу доклад даярдоону Башкы катчыдан өтүнөт, ...

12) ишкердик аракеттер жана адам укуктары маселелри боюнча Жумушчу топтун жетекчилиги алдындагы Форум түзүүнү токтом кылат. Анын максаты негизги принциптерди ишке ашыруудагы өрчүү багыттары менен сыноолорду талкуулоо жана ишкердик аракеттер жана адам укуктарына тиешелүү маселелер боюнча, анын ичинде конкреттүү секторлордо, конкреттүү иш-аракет чөйрөсүндө же конкреттүү укуктар менен топторго карата, о.э. алдыңкы практикаларды

аныктоо маселелери боюнча диалогду жана кызматташтыкты жөнгө салууга көмөк көрсөтүү;

13) о.э. Форум мамлекеттердин, механизмдердин, органдардын, адистештирилген мекемелердин, БУУнун фонддору менен программаларынын, өкмөттөр аралык уюмдардын, адам укуктары боюнча аймактык уюмдар менен механизмдердин, улуттук укук коргоо мекемелеринин ж.б. тийиштүү органдарынын, улуттар аралык корпорациялар менен башка ишканалардын, ишкерлер ассоциацияларынын, профсоюздардын, ишкердик жана адам укуктары тармагындагы окумуштуулар менен эксперттердин, жергиликтүү лидердин өкүлдөрүнүн жана Экономикалык жана социалдык кеңеш алдында кеңешүүчүлүк статуска ээ бейөкмөт уюмдардын катышуусу үчүн ачык деп токтом кылат; БУУнун максаттары менен принциптерине өз максат-милдеттерин шайкештеткен бейөкмөт уюмдар үчүн, о.э. Экономикалык жана Социалдык кеңештин 1996/31 резолюциясы менен (25-июль, 1996), Адам укуктары боюнча комитеттин практикасы менен бекитилген келишимдердин негизинде тийиштүү адамдар менен топтор үчүн да Адам укуктары боюнча комитеттин эрежелерине ылайык ачык жана транспаренттик аккредитациялоо процедурасы аркылуу ачык болот;

.... 16) Жумушчу топко Форумдун иши боюнча өз пикирин жана Адам укуктары боюнча комитетте кароо үчүн тематикалык суроолор боюнча кеңештерин өз докладдарына киргизүүнү сунуштайт;

... 18) бул суроону Адам укуктары боюнча комитеттин жылдык программасына ылайык кароону улантууну токтом кылат.

33-отурум.

16-июнь, 2011 [добуш берүүсүз кабыл алынган].

Ишкердик аракеттеридн адам укуктары аспектиндеги негизги принциптер: БУУнун «коргоо сактоо жана укуктук коргоого» карата алкактарын ишке ашыруу[375]

Бул негизги принциптер төмөнкүлөрдү таануудан келип чыгат;

(б) коомдун адистештирилген органы катары атайын милдет-

[375] Report of the Special Representative of the Secretary-General on the issue of human rights and transnational corporations and other business enterprises, John Ruggie, March 21, 2011, Human Rights Council, U.N. Doc. HRC/17/31 (2011).

терди аткаруучу, бардык күчкө ээ мыйзамдарды сактап жана адам укуктарын сыйлоо талабы коюлган ишканалардын ролу;

(в) укуктар менен милдеттерди аткарууну камсыз кылуу зарылчылыгы, алар бузулган учурда укуктук коргоонун тийиштүү натыйжалуу каражаттарын колдонуу.

Бул негизги принциптер бардык мамлекеттер менен бардык мамлекеттер аралык ж.б. ишканаларга алардын көлөмүнө, иш чөйрөсүнө, турган жерине, менчиктин түрүнө жана түзүмүнө карабай колдонулат.

Мамлекеттин адам укуктарын колдоо милдети

А. Негиз түзүүчү принциптер

1. Мамлекеттер өз территориясынын же юрисдикциясынын чегинде үчүнчү тараптардын, анын ичинде ишканалардын адам укуктарын бузууларынан коргоону камсыз кылуулары керек. Бул мындай укук бузуулардын алдын алууга жана териштирүүгө, алар үчүн жазалоого жана келтирилген зыянды компенсациялоого багытталган чаралардын натыйжалуу саясат, мыйзамдар, ченем-укуктук жөнгө салуу жана сот териштирүүлөрү аркылуу көрүлүшүн талап кылат.

***

II. Адам укуктарын сыйлоо боюнча корпоративдик жоопкерчилик

Б. Операциялык принциптер

18. Адам укуктарына карата коопчулуктарды баалоо максатында ишканалар өз иш-аракеттеринин же кызматташтыктарынын натыйжасында адам укуктарына терс таасири бар бардык аныкболгон же мүмкүн болуучу бардык көрүнүштөрдү аныктап баалоо. Бул процесс:

(а) адам укуктары боюнча ишканада бар эксперттик билимдерге же сырткы көз карандысыз эксперттердин билимдерине таянылышы керек;

(б) өзүнө тиешелүү топтор менен кызыккан тараптардын ортосундагы конструктивдүү кеңешүүлөрдү жүргүзүүнү камтып, ишкананын көлөмү менен анын иш-аракетинин мүнөзү жана шарттары эске алынышы керек.

Комментарий

Адам укуктарына талаптагыдай кам көрүү ишиндеги биринчи кадам ишкананын катышы мүмкүн болгон адам укуктарына терс таасири бар бардык аныкболгон же мүмкүн болуучу бардык көрүнүштөрдү аныктап, баалоо болушу керек. Анын максаты – конкреттүү адамдарга көрсөтүлгөн

конкреттүү таасирдин мүнөзүн түшүнүү, мында иш-аракеттин конкреттүү шарттарын эске алуу. Адатта бул мүмкүн болушунча болжолгон иш-аракет башталганга чейин адам укуктары боюнча абалды баалоону; ал тийиштүү болушу мүмкүн болгон адамдарды аныктоону; адам укктары тармагындагы тийиштүү ченемдер менен суроолордун тизмесин даярдоону; жана болжонгон иштин түрү жана ага байланышкан ишекердик мамилелер аныкталган адамдардын укугуна кандайча терс таасир тийгизиши мүмкүн экендигин болжойт. Бул процессте ишканалар жогорку коркунуч же маргиналдашуу алдындагы топторго же коомчулуктарга тиешелүү адамдын конкреттүү укугуна карата бардык конкреттүү таасирлерге өзгөчө көңүл буруп, о.э. аялдар менен эркекеткр туш келиши мүмүкн болгон түрдүү коопчулкутарды эске алышы керек. Адам укуктарына таасирди баалоо процесстери башка процесстерге киргизилиши мүмкүн болсо да (коопчулуктарды баалоо, айлана-чөйрөнү жана коомду баалоо процесстери ж.б.), аларга оринтир катары эл аралык таанылган адам укуктары болушу керек, себеби ишканалар бул укуктардын бардыгынын ишке ашырылышына таасир кылышы мүмкүн. Адам укуктарынын абалынын өзгөрүү динамикасын эске алганда, адам укуктарына таасирди баалоону белгилүү үмезгил аралыктарында туруктуу жүргүзүп туруу керек: жаңы иштин түрүн аткаруу же жаңы мамилелерди жөнгө салуу башталганга чейин; ири чечимдерди кабыл алганга же өз ишинде олутту өзгөртүүлөрдү киргизгенге чейин (м., рынокко чыкканга чейин, өндүрүмдү сата баштаганга чейин, стратегияны өзгөртүп же ишканага тиешелүү андан чоң өзгөртүүлөргө чейин); иш шарттарынын же андан күтүүлөрдүн өзгөрүүсүнө жооп катары (м., социалдык чыңалуунун курчушуна байланыштуу); о.э. иштин же ишкердик мамилелердин бир түрүнүн чегинде мезгил-мезгили менен.

Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар үчүн эл аралык коомчулук (ЭСКП-нетворк) жана «Хьюман Райтс Вотч» уюму – БУУнун Адам укуктары боюнча кеңешине биргелешкен кйрылуусу , 4-июнь, 2010[376]

Биз адам укуктары жана мамлекеттер аралык корпорациялар менен башка ишканалар жөнүндө маселе боюнча Башкы катчынын Атайын өкүлүнүн (БКАө) доклады боюнча өз эскертмелерибизди бергибиз

[376] Reprinted courtesy of Business and Human Rights Resource Center http://www.business-humanrights.org/SpecialRepPortal/Home/ReportstoUNHumanRightsCouncil/ 2010/ Comments.

келет. Биз докладда айтылган негизги кемчиликтердин бири мыйзамдарды сактоону камсыз кылуу жөндөмсүздүгү жана «биринчи кезекте, учурдагы мыйзамдар калктын оор абалдагы катмарлары үчүн жетиштүү коргоону камсыз кылбай» тургандыгы жөнүндө пикирге макулбуз. Биз о.э. докладдагы адам укуктарын сактоодогу корпоративдик жоопкерчилик мамлекеттерди мүмкүнчүлүктөрүнөн жана даярдыгынан көз каранды эмес, жана бардык компанияларда, бардык жагдайларда адам укугун бузгандык үчүн универсалдуу жоопкерчиликти түзөт» деген ырастоону да колдойбуз. Ошентсе да, Башкы катчынын Атайын өкүлүнүн доклады адам укуктарын сактоо боюнча ишкердик жоопкерчилигин олуттуу деңгээлде жалпы социалдык ченемдерге жана рыноктун күтүүлөрүнө киргизген ... Бул көз караш талаштуу болуп эсептелет жана эмнеси болсо да мыйзам тез өзгөрүлмө мүнөзгө ээ... Комитеттин ишкердик жана адам укуктары боюнча айрым милдеттери кайталанып турат: дүйнө жүзү боюнча корпорациялардын кыянаттыктарынан жабыр тарткан адамдардын укуктарын коргоо жана бул тармакта ааламдык стандарттарды калыптандыруу. Биз эки элемент тең кийинки мандатта борбордук орунду ээлешин чын дилибизден кубаттайбыз.

Алленс Артур Робинсон, Аннет Хьюз, Рэйчел Николсон жана Кати Шавин юридикалык фирманын доклады, 4-май, 2010[377]

Акыркы доклад ... бул түзүмдүн иштерин аткаруу үчүн прогрести кенен сүрөттөйт, жана ошону менен бирге адам укуктары боюнча укуктарды сактоо боюнча жоопкерчиликти канааттандыруу үчүн мүмкүн болуучу кадамдар жөнүндө корпорацияларга андан аркы көрсөтмөлөрдү берет. Белгиленгендей, Атайын өкүлдүн акыркы 12 айдагы күч-аракеттери баалуу кагаздары рыногунун 40тан ашык өлкөлөрдө адам укуктарына тиешелүү корпоративдик укук жана жөнгө салуу картасын иштеп чыгуудан турган..., бул адам укуктарын сактоо жана компаниялардын үстүнөн арыз берүү механизмдери жөнүндө алкактык конвенциянын принциптерин андан ары өрчүтүү жана тестирлөө боюнча корпорациялардын жоопкерчилигине тиешелүү. Докладда конвенциянын ар бир негизги элементи (коргоо, сыйлоо. Коргоо каражаттары) боюнча анын пайдалары жөнүндө айтылат.

---

[377] Reprinted courtesy of Business and Human Rights Resource Center http://www. business-humanrights.org/SpecialRepPortal/Home/ReportstoUNHumanRightsCouncil/2010/Comments.

6-БӨЛҮМ

ЭЛ АРАЛЫК СООДА УКУГУ

БДСУнун тарыхы жана негизги принциптери[378]

Катышуучу мамлекеттердин ортосундагы соода аракеттерин башкарып жана жөнгө салуу милдетин аткаруучу эл аралык уюм болуп Бүткүл дүйнөлүк соода уюму (БДСУ) эсептелет. Анын катышуучусу болуп дүйнөлүк сооданын катышуучуларынын 95%ын түзүүчү 150 мамлекет эсептелет. БДСУнун негизги максаты бажы салыктары, квоталар, импортко тыюу салуу ж.б. тарифсиз чектөөлөр сыяктуу ар кандай соода бөгөттөрүн четтетүү жолу менен эл аралык сооданы либералдаштыруу болуп эсептет. Андан сырткары, БДСУ ар түрдүү соода сүйлөшүүлөрү жүргүзүлүүчү, о.э. соода талаштарын жөнгө салуучу жай болуп эсептелет.

БДСУнун башкы принциптери:

1. Эң мыкты өбөлгөчүлүк тартиби (ЭМӨТ) БДСУнун фундаменталдык принциптеринин бири болуп эсептелет. Ага ылайык соода өнөктөштөрүн дискриминациялоого тыюу салынган. Бул тартип мамлекеттерди бир тараптын өндүрүмдөрүнө берилген бардык артыкчылыктарды коргоолорду жана колдоолорду экинчи соода тараптын ошондой эле товарларына ошол эле көлөмдө ыйгарууга милдеттендирет.

2. Улуттук тартип принциби ЭМӨТ принцибине өтө жакын. Ага ылайык, БДСУга мүчө өлкөлөр өзүндө чыгарылуучу товарлар менен ошондой эле, бирок четтен келүүчү товарларга бирдей жана тең укуктуу тартип ыйгарууга милдеттүү. Ушул принциптин аркасы менен катышуучу мамлекеттер ички мыйзамдарда каралган ар кандай салык-төлөмдөрдү, эрежелер менен талаптарды колдонуу аркылуу ички өндүрүштү коргобошу керек.

3. Жөнгө салуулардын ачыктыгы жана иш-аракеттердин алдын ала белгилүүлүк принциби БДСУ укук системасындагы дагы бир маанилүүлөрдүн бири болуп эсептелет.Эгерде БДСУга мүчө мамлекеттер өз тарифтери белгилүү бир деңгээлде болот деп айтып, мил-

[378] http://www.wto.org/

детин алышса, алар бул тарифтерди өз эркинче өзгөртө алышпайт. Бул принцип көп тараптуу соода системасында туруктуулукту жана алдын ала белгилүүлүктү камсыз кылат.

БДСУнун тарыхына кыскача баяндама:

2-Дүйнөлүк согуштан кийин бардыгы үчүн ачык жана өз мүчөлөрүн дискриминациялабай турган эл аралык соода системасын түзүү идеясы пайда болгон. Согуштан кийин өлкөлөр согуштун экономикалык кесепеттерин жоюшу керек болгон үч экономикалык уюм түзүүгө аракет кылышкан. Алар: Эл аралык валюталык фонд, Дүйнөлүк банк жана Эл аралык соода уюму (ЭСУ). Бирок ЭСУ түзүлгөн эмес, себеби АКШ конгресси анын уставн бекитөөгү макул болгон эмес. 1947-жылдын апрелинде БУУнун Женева конференциясы учурунда 23 өлкө тарифтер жана соода жөнүндө генералдык макулдашуу (ГАТТ 1947) түзүү боюнча сүйлөшүүлөрдү өткөрүп, жана тарифтик бааларды төмөндөтүү боюнча документтердин топтомун кабыл алышкан. Соода боюнча эл аралык уюмдун жоктугунан өлкөлөр андай уюм түзүлгөнгө чейин ГАТТты убактылуу колдонуу жөнүндө келишим түзүшкөн. ГАТТ 1947 эл аралык соода эрежелерин жетекчиликке алуу жана колдонуу системасына жана келишимине айланган. 1995-жылы товарлар менен соода кылуу боюнча макулдашуу Эл аралык соода уюму болуп калган. ГАТТ 1947 түзүлгөн мезгилден тартып өлкөлөр тарифтик бааларды андан ары төмөндөтүү жана кошумча соода келишимдерин кабыл алуу үчүн бир катар эл аралык сүйлөшүүлөрдү жүргүзүшкөн. Алар рауңддар деп аталган. Алгачкы рауңддар негизинен тарифтик бааларды төмөндөтүүгө багытталган. Андан кийин «Кеннеди» раундунун натыйжасы антидемпинг жана өнүгүүгө жараша бөлүштүрүү жөнүндөгү ГАТТты кабыл алуу болгон. Токио раунду соодадагы тарифсиз бөгөттөр жөнүндө маселени чечүү боюнча олуттуу аракет болгон. Уругвай раунду Эл аралык соода уюмунун жана бир катар жаңы келишимдердин түзүлүшүнө алып келген.

Тарифтер жана ГАТТ боюнча милдеттемелер, II берене

Аргентина – бут кийимди, текстилди, кийимди жана башка нерселерди импорттоого тиешелүү чаралар (БДСУ комиссиясынын отчету), 1997[379]

***

Аргентинанын импортунун көпчүлүк тарифи товардын наркына жараша белгиленген. Ал эми текстиль, кийим жана бут кийим жагынан Аргентина импортко карата минималдуу атайын салыктарды 1993-жылдан бери колдоп келет. Аргентина сырттан келүүчү текстиль, кийим жана бут кийимге карата жарыяланган баадан 35% көлөмдөгү салык төлөө милдетине ээ. Аны менен катар Аргентина текстиль, кийим жана бут кийим жагынан импортко карата минималдуу атайын салыктарды колдонууну улантып келген. Система төмөнкүчө иштейт: текстиль, кийим жана бут кийимдин ар бир партиясынын HS тарифи үчүн Аргентина орточо импорттук бааны эсептеген. Белгилүү категория үчүн орточо импорттук бааны аныктап, Аргентина ал бааны милдеттүү түрдөгү 35%га көбөйтүп, аталган категориядагы бардык товарларлар үчүн минималдуу салыкты аныктаган. Текстиль, кийим жана бут кийимди импорттоодон кийин тиги же бул товардын бажы наркына жараша Аргентина ал товарга тиешелүү минималдык салыкты же кайсынысы жогору экендигине жараша адвалордук бааны колдонгон.

6.3. Бул талаш, демек, ар түрдүү укуктук суроолорду козгойт. Биз аларды төмөнкүчө аныктап топторго бириктирдик: ГАТТтын II беренеси. Аргентина тараптан минималдык атайын салыктын киргизилиши жана алар каралып жаткан адвалордук тарифтерди байланыштырышы II беренени бузгандык болобу? Аргентинанны тарифтик системасы II беренесин бузуу мүмкүнчүлүгүнө ээби жана ал мүмкүнчүлүк укук бузгандык болуу үчүн жетиштүүбү? Аргентина салыктарды өзүнүн милдеттүү түрдөгү товардын наркынан 35% түрүндөгү төлөмүнөн жогору белгилегенби? Тараптардын комитетке берген далилдер боюнча көтөргөн суроолоруна биз кандай мамиле кылышыбыз керек?

---

[379] Argentina-Measures Affecting Imports of Footwear, Textiles, Apparel and Other Items, World Trade Organization Panel Report, WT/DS56/R (25 Nov 1997). [цитаталар калтырылып кеткен].

6.22. ГАТТтын II (1) (а) беренеси төмөнкүдөй дейт:

Ар бир макулдашуучу тарап экинчи макулдашуучу тараптын соодасына бул Макулдашууга тиркелген тийиштүү Тизменин тийиштүү бөлүгүндө каралгандан төмөн эмес жагымдуу шарттарды ыйгарат.

6.23. АКШ БДСУга мүчө мамлекет колдонуучу салыктын түрү, милдеттүү төлөмдүн каалаган түрүнөн төмөн болсо да, тизмеде көрсөтүлгөнгө туура келиши керек деп ырастайт. Аргентина өзүнүн жеңилдик берүү Тизмесинде (мындан ары «Тизме») өз тарифин товардын баасынын 35% менен байланыштыргандыктан, АКШ Аргентина адвалордук салыкты кошо алат деп ырастайт. Ага жооп кылып Аргентина ал койгон салыктар 35%дын эквивалентинен төмөн болуп турган шартта ал салыктын каалаган түрүн колдоно алат деп ырастайт. Ошентип, биз Арегентина тараптан минималдык атайын салыктын киргизилиши, жана ал каралып жаткан тарифтерди байланыштырышы II беренени бузгандык болор-болбосун чечишибиз керек.

6.24. II берененин берилиши, кыязы, БДСУнун мүчөлөрү салыктын белгилүү түрүн колдонууга милдеттүүбү деген суроого ачык багытталган эмес.Ошентсе да, II берененин берилиши БДСУ келишиминин XVI:1 беренесинде жана 1А тиркемесинин 1 (б) (IV) пунктунда эскертилгендей, ГАТТтын калыптанган практикасынын алкагында каралышы керек. Акыркы документте 1994-жылдагы ГАТТ БДСУнун келишимине жана Япониянын Апелляциялык органы көрсөткөн ичимдиктерге карата салыкка киргизилген. Бул окуяда келтирилген суроого окшош суроолор бир катар башка учурларда да пайда болгон.

6.30. Банана II комитетинин доклады ГАТТтын практикасын ачык-айкын тааныйт жана жарыяланган баага карата салыктар II беренени бузгандай аныкталып белгиленген учурда атайын салыктарды киргизүү үчүн акыркы негиз катары кабыл алынышы мүмкүн.

6.31. ГАТТтын өткөндөгү практикасы айкын экендигин белгилейбиз: контрагент салыктын бир түрүн колдонуп, ал эми анын Тизмеси салыктын башка түрүнүн милдетине тиешелүү болгон учур ГАТТтын II беренесин бузгандык болот, жана арыздануучу тараптан милдеттемелерди олуттуу бузгандык боло тургандыгы жөнүндө далил келтирүү талап кылынбайт. Аргентинанын жөн гана атайын салыктарды колдонуу боюнча өзүнүн мурдагы практикасын жөн гана кайталап жаткандыгы жөнүндө ырастоосу актуалдуу эмес көрүнөт, себеби ал каралып жаткан товарларга жарыяланган тарифтердин концессиясын жасаган жана ошону менен өзүнө ушундай түрдөгү салыкты

белгилөө милдетин түзгөн. Алдын ала белгилүүлүк жана II беренеге ылайык келишимдерди сыйлоо үчүн кепилдик катары ГАТТтын практикасы боюнча адатта катышуучунун милдеттүү төлөмдү аныктоодо салык(тар)дын түрлөрүн көрсөтүүсү талап кылынат, жана ал салыктын ошол түр(лөр)үн колдонушу керек. Демек, Аргентина колдонуучу салыктын түрлөрү боюнча анын Тизмесинде көрсөтүлгөндөгүдөн мындай айырмачылыкка туш келип, биз келечекте мүмкүн болуучу импорттогу мындай айырмачылыктардын кесепеттерин иликтөөнүн зарылчылыгы жок деп эсептейбиз. Чындыгында мындай айырмачылык Тизменин туруктуулугу менен алдын ала белгилүүлүгүнө терс таасирин тийгизет.

6.32. Демек, биз Аргентина атайын минималдык тарифтерди колдонууда, өз гана тарифтерин адвалордук төлөмдөргө байланыштырганына карабастан, ГАТТтын II беренесин бузгандык болот, жана АКШ акыркы салыктар тарифтин милдеттүү көлөмүнөн жогору экендигине кошумча далил келтирүүгө милдеттүү эмес деп эсептейт. Аргентинанын Тизмеси менен ал колдонуучу тарифтердин ортосундагы мындай айырмачылык башка мүчө мамлекеттердин соодасы үчүн Аргентинанын Тизмесинде каралгандагыдан начар тартипти пайда кылат жана бул ГАТТтын II беренесине каршы келет.

(Б) Минималдык атайын салыктар сөзсүз түрдө Аргентинанын милдеттемелеринин бузулушуна алып келет.

6.41. АКШ минималдык атайын салык ыкмасы алгач Аргентина тарабынан, б.а. негизинен Американын базар баасына негизделген «эл аралык белгиленген баа» боюнча белгиленгендигин, жана бул мындай орточо баадан төмөн бааланууучу экспорттордун милдеттүү 35% тарифтик төлөмүн дайыма буза тургандыгын ырастайт. АКШ 3,5 доллар көлөмүндө атайын минималдык салык жана 20%тик адвалордук салык төлөнүшү керек болгон футболдук бут кийимин мисалга келтирет. АКШнын 5,00 доллары баасында импорттолуучу бут кийим үчүн 3,5 доллар көлөмүндө атайын минималдык салык товардын наркынан 70% салыкты түзөт. Чындыгында 10 АКШ долларынан төмөн баада импорттолуучу бардык бут кийим 35%дан жогору адвалордук салыктан көз каранды болот. Б.а. товар «эл аралык белгиленген баадан» төмөн баада алып келинген сайын, төмөн баадагы импорт маселесин чечүү үчүн Аргентинанын пикири боюнча белгиленүүчү салык адатта колдонулуучу адвалордук салыктан жана, мүмкүн, товардын баасына карата милдеттүү түрдөгү 35% салыктан жогору болмок. АКШ үчүн минималдык атайын салыктын мындай схемасынын

максаты товардын наркынан 35% көп салык салуу болуп эсептелет. Ал Аргентинага товарлар көп эл аралык белгиленгенден төмөн баада көп импорттолот имиш жана 35%дык милдеттүү салык жетишсиз деген Аргентинанын оюна негизделген. О.э. АКШ HStин 32ден кем эмес аталышына карата атайын салык «эл аралык белгиленген баанын» 35%нен да ашык белгиленгендигин ырастап, Аргентинанын эсептөөлөрүнүн негизинде түзүлгөн жана жогоруда аталган укук бузуу факттарын ырастаган диаграмманы Комитеттин кароосуна берген. Кийинчерээк АКШ HS боюнча 104 аталыштын кошумча тизмесин берген. Анда атайын салыктардын адвалордук эквиваленттери АКШнын экспорттук баалары колдонулганда да 35%дан жогору экендигин көрсөтөт.

6.42. Аргентинанын 3 бөлүктөн турган жообу. Биринчиден, ал минималдык атайын салык бардык нерселерге карата эл аралык белгиленген баанын 35%нан дайыма төмөн болгудай белгиленгендигин ырастайт. Демек, эгерде импорт эл аралык белгиленген баа боюнча бааланган болсо, анда эч кандай маселе болмок эмес. Экинчиден, Аргентина үчүн АКШнын күнөө коюулары өтө жалпы, гипотетикалык жана теориялык мүнөзгө ээ, демек, алар орунсуз. Комитет мындай «гипотетикалык» жагдайларды укук бузуу болгон конкреттүү операциялар жөнүндө далилсиз карай албайт, болбосо талаштарды жөнгө салуу системасына күч келтирилип, ал негизсиз дооматтарга толуп кетет. Аргентина үчүн божомолдонгон мүмкүн болуучу укук бузуу, эгерде соода Тамеки Панелине тиешелүү болуп жана Аргентинага ылайык Панель укук бузуу мүмкүнчүлүгүнүн өзүн санкциялабай койсо, укук бузуу болот.

6.43. Биз атайын салыктар эл аралык белгиленген баанын негизинде коюлгандыгын эске салабыз. Атайын салыктар мындайча бекитилген учурларда, алар 35%дык адвалордук төлөмгө эквиваленттүү болушу үчүн ар дайым товар эл аралык белгиленгенден төмөн баада алынып келген учурда атайын салык 35%дык адвалордук төлөмдөн жогору болот. атайын салык 35%дык адвалордук төлөмдөн төмөн болгудай белгиленген учурда, эгер товар салыкты белгилөө үчүн колдонулуучу эл аралык белгиленген баадан бир топ төмөн баада алынып келинсе, анда товардын баасына карата милдеттүү 35%дык төлөм да жогору болот. Мисалы, эгерде АКШда өндүрүлгөн товардын эл аралык баасы АКШнын 100,00 долларын түзсө жана атайын салык АКШнын 20.00 долларынын деңгээлинде белгиленсе, эгерде товар АКШнын 57.00 долларынан төмөн алынып келинсе, анда эффективдүү адвалордук төлөм дайыма 35%дан жогору болот. Ошентип,

көп учурларда каралып жаткан атайын салыктар, товар эл аралык белгиленген баадан төмөн баада алынып келген учурда, сөзсүз түрдө милдеттүү 35%дык салыктан жогору салыктарга алып келери айкын.

6.44. Бажы салыктары, эреже катары, алынып келинүүчү товарларга келишимдик баа боюнча салынышы керек. Бул 1994-жылдагы ГАТТтын VII беренесин аткаруу жөнүндөгү Макулдашууда белгиленген («Макулдашуунун бажылык баасы»). Соода келишимининин баасы «товар үчүн төлөнгөн же импорттоочу өлкөгө экспорт түрүндө сатуу учурунда төлөнүшү керек болгон баа» деп аныкталат. Импорттоочу жарыялаган бажы баасы анык төлөнгөн баа болбосо, Аргентина бийлиги конкреттүү учурлар боюнча бажы баасын кайра кароо, ал турсун сот аркылуу жалган билдирүүнү жоё алары анык. Бирок Бажы баасы боюнча макулдашуу да, БДСУ боюнча башка макулдашуулар да ГАТТтын II беренеси боюнча жарыялангган башкы баалары кээде төмөндөтүлүп көрсөтүлгөн деген жалпы күмөн саноолордун негизинде бажы милдеттемелерин бузууга жол бербейт Ошентип, бажы баасы божомолдуу төмөндөтүлүп берилгендигин жоюу механизмдери II бereненин бузулгандыгын актабай тургандыгын белгилейбиз.

6.45. АКШнын дооматтары каралбашы керек, себеби алар мүмкүн болуучу укук бузууларга гана тиешелүү деген Аргентинанын Комитеттин Тамеки боюнча докладына таянган аргументтери боюнча төмөнкүлөрдү белгилейбиз: Аргентинанын көргөн чаралары, атайын салыктары милдеттүү чаралар болуп эсептелет. Аргентина бажы органдарындагы өзүнүн кызмат адамдары бардык импортко карата атайын салыктарды чогултууга милдеттүү экендигин моюнга алат. ГАТТтын / БДСУнун прецеденттик укугу милдеттүү чара, эгерде күчүнө кире элек болсо да жана андай чаранын арыздануучу тараптын соодасына таасир кылар-кылбасына карабай, Комитетке билдирилиши мүмкүн экендигинде. «Импорттолуучу белгилүү бир товарга карата колдонулбаган ички салык үчүн каралган милдеттүү мыйзамдын болушунун өзү III: 2-бereненин таасири астында туруучу катары каралышы керек (биринчи сүйлөм)». О.э. биз Комитеттин Тамеки боюнча отчету бул прниципти ырастай тургандыгын гана белгилейбиз.

6.46. Андан тышкары, Банана III 192-де, Апелляциялык орган Superfund193тө ишгелип чыккан принциптер БДСУнун талаштарына карата колдонула тургандыгын жана мүчөлөрдүн конкреттүү мамилелерин өзгөртө турган бардык чаралар БДСУнун Макулдашуусуна ылайык мындай мүчөнүн бардык артыкчылык укуктарын жоё

тургандыгы көрсөтүлгөн. «III:2 берене, биринчи сүйлөм, экспорттун күтүлүүчү көлөмүн коргогудай чечмеленбеши керек, ал импорттук жана ата-мекндик өндүрүмдөрдүн күтүлүүчү конкреттүү катнашын коргойт. Конкреттүү мамилелерде бул жобого ылайык келбеген өзгөрүүлөр, демек, башкы макулдашуунун алкагында алынуучу пайданы жоюучу же кыскартуучу факт катары каралышы керек». Биз бул принцип ГАТТ II беренсинде камтылган милдеттемелерди колдонуу боюнча иштөөдө да туура келет деп эсептейбиз. Аталган беренеде Тизмеде каралгандагыдан «начар эмес тартип» талап кылынган. Каралып жаткан талашта биз тараптардын атаандаштык мамилелери Аргентина жактан бир тараптуу өзгөртүлгөн, себеби анын милдеттүү чарасы өз милдеттемелерин бузуу мүмкүнчүлүгүнө ээ экендиги, ошону менен бирге БДСУ системасынын коопсуздугу менен алдын ала белгилүүлүгүн үзгүлтүккө учурата тургандыгы айкын.

6.47. Ошентип, АКШ Аргентина колдонуучу минималдык атайын салык системасы ГАТТтын II беренесин бузгандык экендиги жөнүндө презумпцияны аныктады жана, жогоруда көрсөтүлгөндөй, бул презумпция Аргентина тарабынан четке кагылбагандыгын табабыз.

Улуттук тартип жана ГАТТ, III берене

Япония жана ичимдиктерге коюлган салыктар (Отчет БДСУнун аппеляциялык комиссиясынын отчету), 1996[380]

***

Япония менен АКШ Комиеттин «Япония – ичимдиктерге карата салык» деген докладындагы (Комитеттин отчету) айрым укуктук жана укуктук чечмелөө суроолору боюнча кайрылышкан. Бул Комитет Европа коомчулуктарынын, Канаданын жана АКШнын Японияга каршы ликерго карата салык жөнүндө япон мыйзамына каршы арызын кароо үчүн түзүлгөн. Комитеттин доклады БДСУ мүчөлөрүнүнө 1996-жылы 11-июлунда таратылган. Анда төмөнкү тыянактар камтылат:

(i) Саке жана арак теңдеш баадагы өндүрүм болуп эсептелет, жана Япония аракка сакеге караганда көбүрөөк салык салуу менен

[380] Japan-Taxes on Alcoholic Beverages, World Trade Organization Appellate Body Report, WT/DS8/AB/R; WT/DS10/AB/R; WT/DS11/AB/R (4 Oct 1996). [цитаталар калтырылган].

ГАТТ 1994-түн алкагында III:2-берене (1-сүйлөм) боюнча өз милдеттемелерин бузган.

(ii) Саке, виски, бренди, ром, джин, Genever жана ликерлор, «түздөн түз атаандашуучу же бири-биринин ордуна болуучу товарлар», жана Япония ушундай эле салык салууну жүргүзбөшү менен ГАТТ 1994-түн алкагында III:2 берене (2-сүйлөм) боюнча өз милдеттемелерин бузган.

F. III берененин чечмелениши

БДСУ макулдашуусу келишимдин эл аралык эквиваленти болуп эсептелет. өз үстөмдүгүн ишке ашырып жана өз улуттук кызыкчылктарын көздөө менен БДСУнун мүчөлөрү макулдашууга келгендиктери өзүнөн өзү айкын. БДСУнун мүчөсү катары ала турган пайдалардын ордуна алар өз үстөмдүгүн БДСУ келишиминин милдеттемелерине ылайык жүргүзүүгө макул болушкан. Мындай милдеттемелердин бири болуп 1994-жылдагы ГАТТтын III беренеси эсептелет. Ал «Ички салыктын жана жөнгө салуунун улуттук тартиби» деп аталат. Мунун максаттарында III берененин тийиштүү бөлүктөрүндө төмөнкүлөр берилген:

- III берене: Ички салыктын жана жөнгө салуунун улуттук тартиби

Макулдашуучу тараптар ички соодага тиешелүү болгон ички салыктар жана башка ички төлөмдөр, мыйзамдар, эрежелер менен талаптар, товарларды сатуу, сатып алуу, ташуу, бөлүштүрүү же пайдалануу, о.э. товарларды аралаштырууну, кайра иштетүүнү же белгилүү санда же көлөмдө колдонууну талап кылуучу сандык жөнгө салуу боюнча ички эрежелер импорттук жана жергиликтүү товарларга карата ата мекендик өндүрүштү коргогудай жол менен колдонбошу керектигин моюнга алышат*.

2. Макулдашуу тараптардын бардыгынын территориясынан чыгып, экинчи Макулдашуучу тараптын территориясына киргизилүүчү товарларга ошондой эле жергиликтүү товарларга карата колдонулуучу салыктар менен төлөмдөрдөн түз же кыйыр жогору болгон ички салыктар менен башка төлөмдөр түз же кыйыр салынбашы керек. Андан тышкары, бир да макулдашуучу тарап импорттук же жергиликтүү товарларга ички салыктар менен башка ички төлөмдөрдү 1-пункттун принциптерине каршы келгидей колдонбойт. 2-пункттун биринчи сүйлөмүнүн талаптарын туура келүүчү салык салынуучу өндүрүм менен ага түз атаандаш же анын ордуна боло ала турган, бирдей салык салынбаган өндүрүмдүн ортосунда каршылык пайда болгон учур-

да 2-сүйлөмдүн жоболоруна шайкеш эмес деп эсептелет. III берененин кенен жана фундаменталдык максаттары ички салыктар менен жөнгө салууларды колдонуудагы протекционизмге жол бербөө болуп эсептелет. Атап айтканда, III берененин максаты болуп «ички чаралар импорттук жана ички товарларга ички өндүрүштү коргогудай колдонулбашын камсыз кылуу болуп эсептелет». Ушул максатта III берене БДСУнун мүчөлөрүн импорттук өндүрүм үчүн ички өндүрүмгө салыштырмалуу бирдей атаандаштык шартын түзүүнү милдеттендирет. «Макулдашуунун авторлорунун импорттук товаралар бажыдан өтөр замат аларга карата мамиле жергиликтүү ошондой эле товарларга жасаган мамиледей болушу керек. Болбосо кыйыр коргоо камсыз кылынышы керек деген ниеттери айкын». Андан тышкары, «импорттук жана жергиликтүү өндүрүмдүн ортосундагы салык боюнча айырмачылыктын, импорттун көлөмүндө көрсөтүлгөндөй» соодага тийгизген таасири өтө аз же жок болушу» орунсуз көрүнүш; III берене сооданын кайсы бир көлөмүнүн күтүүлөрүн эмес,импорттук жана жергиликтүү өндүрүмдүн атаандаштык теңдеш мамилелерин коргойт. БДСУнун 36 мүчөсү ички салыкты чегерүүдө жана жөнгө салууда III беренени же БДСУ Макулдашуусунун башка миледттемелерин бузбагыдай чекте өзүлөрүнүн ички максаттарына умтулууга укуктуу. III берененин кенен максаттары – бул протекционизмге жол бербөө болуп эсептелет, жана III берене менен БДСУ Макулдашуусунун башка жоболорунун ортосундагы байланышты кароодо муну эске тутуу керек. Макулдашылган тарифтик четтөөлөрдү коргоо шексиз түрдө III берененин максаттарынын бири экендигине карабай, комитеттин докладынын 6.13-пунктунда берилген «III берененин негизги максаттарынын бири БДСУнун мүчөлөрү өзүлөрүнүн ички чараларынын аркасында II берене боюнча өз милдеттемелерин үзгүлтүккө учаратпоосуна кепилдик кылуу болуп эсептелерине» ашыкча маани берүүнүн кереги жок. III берененин күч таасири алдындагы чөйрө II берене боюнча тарифтик жеңилдик берилүүчү товарлар менен гана чектелбейт. III берене жана улуттук тартип эрежелери ички салыктар менен ички жөнгө салуунун башка чараларын ички өндүрүштү коргоону камсыз кылуу үчүн колдонууга карата жалпы тыюу болуп эсептелет. Бул милдеттеме II беренеге байланышпаган өндүрүмдөргө да тиешелүү. Бул III берене боюнча сүйлөшүүлөрдүн тарыхы менен да ырасталат.

G. III: 1 берене

III берененин жоболоруна алардын контекстине ылайык жана БДСУ Макулдашуусунун жалпы милдети менен максатынын алкагында маани берлиши керек болчу. Ошентип, беренеде колдонулган

сөздөр бардык шарттарга маани жана таасир бериши керек болгон интерпретация үчүн негиз болот. Демек, Комитет III:1 жана III:2 беренелердин ортосундагы айырмачылыкты туура тапкан: биринчисинде «жалпы принциптер камтылса», экинчисинде «ички салыктар менен ички төлөмдөргө карата конкреттүү милдеттемелер каралган». III:1 беренеде ички чаралар ички өндүрүшкө коргоону камсыз кылгыдай колдонулбашы керек деген жалпы принцип берилген. Бул жалпы принцип III беренин калган бөлүгүнүн маанисин аныктап турат. III:1 бereненин максаты бул жалпы принципти III:2 беренеде жана III бereненин башка пункттарында камтылган конкреттүү милдеттемелерди түшүнүүгө жана чечмелөөгө карата колдонмо катары бекитүү, жана ошону менен бирге ушул жана башка пункттардын текстинде колдонулган сөздөрдү сактоо жана маанилерин кыскартпоо болуп эсептелет. Кыскасы, III:1 берене III:2 бereненин контекстинин бир бөлүгүн түзөт, жана ошентип, ал III бereненин ар бир пунктунун контекстинин бир бөлүгү болот. III беренени башкача окуу III:1 бereненин сөздөрүн маанисиз кылгандык болот, жана ошону менен келишимди чечмелөөдөгү негизги принцип болуп эсептелген натыйжалуулук принциби бузулат. Бул натыйжалуулук принцибине ылайык, эки сүйлөмдүн тексттик айырмачылыгына жараша III:1 берене III: 2 бereненин биринчи жана экинчи сүйлөмдөрүн ар түрдүүчө мааниге толтурат.

H III:2 берене

1. Биринчи сүйлөм

III:1 берене III:2 бereненин биринчи сүйлөмүн билдирип, төмөнкүдөй деп бекитет: эгерде импорттолуучу товар ошондой эле ата мекендик товарларга караганда көп салыкка дуушар болсо, анда мындай салык чаралары III беренеге туура келбейт. III:2 бereненин биринчи сүйлөмү конкреттүү түрдө III:1 беренеге тийиштүү эмес. Бул биринчи сүйлөмдө БДСУнун мүчөлөрүн «коргоону камсыз кылуучу чараларды көрүүдөн» сактанта турган III:1 бereненин жалпы принциби боюнча конкреттүү талап коюлган эмес. Бул кемчиликтин кандайдыр бир мааниси болушу керек. Биз мунун мааниси коргоочу тиркеме салык чарасы биринчи сүйлөмдө берилген жалпы принципке туура келбей тургандыгын көрсөтүү үчүн конкреттүү талаптардан өзүнчө берилбеши керектигинде деп эсептейбиз. Бирок бул III:1 бereненин жалпы принциби бул сүйлөмгө тиешелүү эмес дегенди билдирбейт. Тескерисинче, биздин оюбуз боюнча, III:2 бereненин биринчи сүйлөмү чындыгында ушул жалпы принципти колдонуунун

өзү. III:2 берененин биринчи сүйлөмүндөгү сөздөрдүн кадимки мааниси сөзсүз түрдө ушул тыянакка алып келет. Алардын контекстинде жана БДСУ Макулдашуусунун милдеттери менен максаттарынын алкагында биринчи сүйлөмдүн сөздөрүн окуу ички салык чараларынын III беренеге туура келишин иликтеп, биринчиден, салык салынып жаткан импорттук жана ата мекендик товарлар бирдейлигин аныктоону, экинчиден, импоттук товарларга чегерилген салык ошондой эле ата мекендик товарларга чегерилгенден жогору-жогору эместигин аныктоону талап кылат. Эгерде импорттолуучу товарлар менен ата мекендик товарлар бирдей болсо жана импорттук товарларга ата мекендик товарлардан көп салык салынып жатса, анда мындай чара III:2 берененин биринчи сүйлөмүнө туура келбейт.

III:2 берененин биринчи сүйлөмүн ушундай көз карашта кароо ГАТТ 1947 алкагында калыптанган практикага ылайык келет. Андан тышкары, ал III:2 берененин предмети жана максаты менен шайкеш келет. Алар боюнча Комитет каралып жаткан окуядан мурунку окуяда ликерго карата салык жөнүндө мыйзамдын мурунку версияларын карап жатып (Япония – бажы төлөмдөрү, салыктар жана импорттолуучу ичимдиктерди маркалоо практикасы, «1987, Япония - Алкоголь»), «III:2 берене ипорттук товарларга карата ошондой эле товаларга салыштырмалуу дискриминациялоочу ички салыктарды мүмкүн кылгыдай чечмеленген шартта импорттук жана ата мекендик өндүрүмдөрдүн ортосундагы дискриминациялоосуз атаандаштыкты орнотуу мүмкүн эмес» деп калыс белгилеген.

(а) «Бирдей өндүрүмдөр»

III:2-берененин 2-сүйлөмү чаралардын 1-сүйлөмдө көрсөтүлгөндөй, «бирдей товарлар» болуп эсептелбеген өндүрүмдөрдүн категориясына карата колдонулушунун коргогучтук аспектисин өзүнчө жана айырмалап кароо белгиленгендиктен, биз Комитеттин III:2 берененин 1-сүйлөмү кыскача чечмелениши керек деген оюна макулбуз. Мунун максаты андагы катаал шарттар аны сынга алууга багытталган эмес. Демек, биз III:2 берененин1-сүйлөмүндөгү «бирдей товарлар» деген термин кыскача чечмелениши керек деген Комитеттин оюна да макулбуз. Ар бир конкреттүү учурда ар бир салык чарасы боюнча өз алдынча аныкталышы керек болгон суроо канчалык кыскача болушу керек? Биз импорттук товарлар менен ата мекендик товарлар окшош же окшош эместигин ар сайын аныктоо жагынан ГАТТ 1947 практикасы менен макулбуз. г. Макулдашуучу тараптар 1970-жылы кабыл алган Чек ара салыгын оңдоо боюнча жу-

мушчу топтун докладында ГАТТ 1947-нин ар кайсы жоболорундагы «бирдей жана окшош товарларды» чечмелөөнүн негизги ыкма-көз карашы аныкталган:

[...] терминди ар бир конкреттүү учурда жекече негизде чечмелөө талап кылынат. Бул «окшош» өндүрүмдү түзүүчү ар түрдүү элементтерди ар бир конкреттүү учурда акыйкат баалоого мүмкүнчүлүк берди. Айрым критерийлер ар бир конкреттүү учурда конкреттүү өндүрүм конкреттүү рынокто кардарлар үчүн өндүрүм менен бирдей же бирдей эместигин; ар бир өлкөдө ар башка болгон кардарлардын каалоо-табитине жана адаттарына; өндүрүмдүн табиятына, сапат-касиеттерине туура келер-келбесин аныктоо үчүн сунушталган. «Бирдей» деген түшүнүк салышырмалуу келип, аккордеонду элестетет. «Бирдейлик» аккордеон БДСУ Макулдашуусунун түрдүү жоболорунун колдонулушуна жараша ар түрдүү жерлерде чоюулуп жана жыйрылып турат. Аккордеондун туурасы каалаган жерде «бирдей» термини кездешкен конкреттүү жобо аркылуу жана жоболор колдонулушу мүмкүн болгон ар бир контекст менен жагдайларда аныкталышы керек. Биз III:2 берененин 1-сүйлөмүндө (ГАТТ 1994) «бирдейлик» аккордеону кенен эмес колдонууга багытталган деп эсептейбиз. Каралып жаткан учурда саке менен арак III:2 берененин 1-сүйлөмүнүн максаттары үчүн «бирдей өндүрүмдөр» экендигин топ аныктаган; же арак, III:2 берененин 2-сүйлөмүнө ылайык, сакеге «түздөн-түз атаандаштык түзүүчү же анын ордуна колдонууга боло турган өндүрүм» катары бул иштин кандай аякташына олуттуу таасир кылбайт. өндүрүмдөргө карата тарифтердин бирдиктүү классификациясы эле «бирде товар» болуп эсептелерин аныктоодо олуттуу мааниге ээ болушу мүмкүн. Эгер кенен караса, тарифтик классификация өндүрүмдөрдүн окшоштугунун пайдалуу белгиси болушу мүмкүн. Комитеттин докладындагы юридикалык аргументацияга карата ушундай өзгөртүүлөр менен биз «бирдей товарларга карата» Комитеттин укуктук бүтүмдөрү менен тыянактарын башка бардык жагынан ырастайбыз.

(b) «Жогору»

III:2 берененин 21-сүйлөмү боюнча калган жалгыз суроо бул – импорттолуучу товарларга карата салыктар ошондой эле ата мекендик товарларга чегерилген салыктардан «жогору\көп» болуп эсептелеби деген суроо. Эгер ошондой болсо, анда мүчөлөр мындай салыкты III беренеге ылайык эмес киргизген. «ашыкчанын» кичине саны да өтө көптүк кылат. «III:2 берененин 1-сүйлөмүндө ылайык дискрими-

ялык салыктарга тыюу сынактары соода кесептеттеринен көз каранды эмес, жана минималдык стандарт менен аныкталган эмес». III:2 берененин 1-сүйлөмүн чечмелөө жана колдонуу боюнча Комитеттин укуктук аргументтерине жана тыянактарына биз макулбуз.

2. Экинчи сүйлөм

III:1 берене III:2 берененин 2-сүйлөмүнө конкреттүү шилтемелер аркылуу билдирет. III:2 берененин 2-сүйлөмүндө «импорттолуучу же ата мекендик товарларга карата 1-пунктта берилген принциптерге каршы келүүчү максаттарда колдонулуучу ички салыктар менен башка ички төлөмдөргө» карата жалпы тыюу салат. Жогоруда эскертилгендей, III:1 берене ички салыктар менен башка ички төлөмдөр «импорттолуучу товарларга карата ички өндүрүмдү коргоону камсыз кылгыдай колдонулбашы керек». Кайра эле III:2 берене төмөнкүнү билдирет: 2-пунктун 1-сүйлөмүнүн талаптарына туура келүүчү салык салык салынуучу товар менен ага атаандаш жана анын ордуна колдонууга боло турган, бирок андан башка салык салынган товардын ортосунда атаандаштык келип чыкканда гана 2-сүйлөмдүн жоболоруна шайкеш келбейт деп эсептелинет. III:2 берененин 2-сүйлөмү, о.э. беренени коштогон кошумчалоо экөө тең талкууланып жана макулдашылган келишимдик тил болуп эсептелет жана бирдей укуктук статуска ээ. Беренеге кошумча III:2 берененин 2-сүйлөмүндө камтылган сөздөрдү алмаштытбайт да, өзгөртпөйт. Бирок анын маанисин түшүндүрүп турат. Демек 2-сүйлөмдүн тили менен кошумчаны аларга туура маани берүү үчүн чогуу окуу керек III:2 берененин 1-сүйлөмүнөн айырмаланып, III:2 берененин 2-сүйлөмү, мисалы, III:1 беренеге шилтеме жасайт. Бул айырмачылыктын мааниси: III:1 берене 1-сүйлөмдү колдоодо эске алуу зарыл болгон эки суроону чечүүдө айкын аракет кылбайт, ал болсо 2-сүйлөмдү колдонуудан келип чыккан башка эки суроо менен бирге чечүү зарыл болгон таптакыр өз алдынча суроо катары таасир кылат. Текст менен анын контекстинин маанисин толук берүүдө өз алдынча 3 суроо ички салык чараларынын III:2 берененин 2-сүйлөмүнө ылайык келбестигин аныктоо үчүн чечилиши керек. Бул үч суроо төмөнкүлөр: (1) импорттолуучу жана ата мекендик өндүрүмдөр бири-бири менен атаандаштыкта турган «түздөн-түз атаандаш жана өз ара алмаша турган товарлар» болуп эсептелеби; (2) түздөн-түз атаандаш жана өз ара алмаша турган импорттолуучу жана ата мекендик товарларга «бирдей салык салынбайт»; (3) түздөн-түз атаандаш жана өз ара алмаша турган импорттолуучу жана ата мекендик товарларга ички өндүрүштү коргоону камсыз кылгыдай бирдей эмес салык чегерилеби».

Кайра эле бул өз алдынча үч суроо. Ар бири Комитет алдында арыздануучу тараынан өз алдынча аныкталып, БДСУнун кайсы бир мүчөсү киргизген салык чаралары III:2 берененин 2-сүйлөмүнө ылайык келбей тургандыгы аныкталышы керек.

(*а*) *«Түздөн-түз атаандаш жана өз ара алмаша турган товарлар»*

Эгерде импорттолуучу жана ата мекендик товарлар III:2 берененин 1-сүйлөмүнүн кыска максаттары үчүн «бирдей товар» болуп эсептелбесе. Анда алар бул сүйлөмдүн катуу сынагына дуушар болбойт, ал эми бул сүйлөмгө ылайык келбестиктер жок болуп эсептелет. Бирок алардын табиятына жана тиги же бул рыноктогу атаандаштык шарттарына жараша ошол эле өндүрүмдөр III:2 берененин 2-сүйлөмүнүн чөйрөсүнө кирүүчү «түздөн-түз атаандаш жана өз ара алмаша турган товарлар»дын кенен категориясынын арасында болушу мүмкүн. «Түздөн-түз атаандаш жана өз ара алмаша турган товарлар»дын категориясы канчалык кенен болорун ар бир конкреттүү учурда бардык тийиштүү факттарга ылайык Комитет аныктайт. 1-сүйлөм алдындагы «бирдей товарлар» сыяктуу эле «түздөн-түз атаандаш жана өз ара алмаша турган товарлардын» 2-сүйлөмдөгү диапазону ар бир конкреттүү учурда өзүнчө аныкталышы керек. Мында Комитет колдонуунун физикалык мүнөздөмөлөрүнө, жалпы багыттарына жана тарифтик классификацияга гана эмес, «рынокко» да көңүл буруу зарылчылыгын баса белгиледи. Бул максатка ылайык көрүнөт. 1994-жылдагы ГАТТ – коммерциялык макулдашуу, жана БДСУ деги эле рыноктор менен бапйланышкан. Тиги же бул рынокто атаандаштыкты «түздөн-түз атаандаш жана өз ара алмаша турган товарлар» катары мүнөздөлүшү мүмкүн болгон өндүрүмдөрдүн кенен категорияларын аныктоо каражаттарынын бири катары кароо орунсуз болуп эсептелбейт. О.э. ордун алмаштыруу ийкемдүүлүгүн тийиштүү рынокторду иликтөө каражаттарынын бири катары кароо да орунсуз болбойт. Комитет суроо-талаптардын кайчы баа ийкемдүүлүгү өндүрүмдөр «түздөн-түз атаандаш жана өз ара алмаша турган товарлар» болуп эсептелерин аныктоо үчүн «чечүүчү критерий» болот деп ырастабайт. Комитет төмөнкүлөрдү билдирет: Комитеттин пикири боюнча, эки өндүрүм түздөн-түз атаандаш жана өз ара алмаша турган товарлар болорун аныктоонун чечүүчү критерийи болуп алардын жалпы колдонуу чөйрөсүнүн баржогун аныктоо эсептелет. Буга өз ара алмаштыруу ийкемдүүлүгү мисал болот. Биз буга макулбуз. Жана биз «түздөн-түз атаандаш жана өз ара алмаша турган товарларды» аныктоодо Комитеттин өз докладынын 6.28-6.32-пункттарында берген юридикалык талдоосун туура деп таба-

быз. Демек, докладдын 7.1 (I) жана (II) пунктарында камтылган «бирдей товарлар» жана «түздөн-түз атаандаш жана өз ара алмаша турган товарлар» жөнүндө Комитеттин тыянактары спирт ичимдиктеринин Топтун шарттарына киргизилген бардык аспекттерине тиешелүү эмес экендигин белгилейбиз. Атап айтканда, Комитеттин 7.1 (II) пунктагы «түздөн-түз атаандаш жана өз ара алмаша турган товарлар» жөнүндө тыянактары «саке, виски, бренди, ром, жин, Genever жана ликер» ичимдиктерине тиешелүү. Бул доочулардын бири АКШ тарабынан Жөнгө салуу органына жиберилген өндүрүмдөрдүн спектринен кыска. Аталган дооматта «HS 2208 тизмесине кирүүчү бардык башка күчтүү ичимдиктер менен ликерлордун» тобун түзүү талабы камтылган.

(b) «Бирдей салык салынбай турган»

III:2 берененин 1-сүйлөмү менен III:2 берененин 2-сүйлөмүнүн айырмасына талаптагыдай маани берүү үчүн 2-сүйлөмгө кошумчалоодо камтылган «бирдей салык салынбай турган» деген сөздөр биринчи сүйлөмдөгү «ашыкча\көп» деген сөздөр менен бирдей мааниде чечмеленбеши керек. Бир караганда 1-сүйлөмдөгү «ашыкча\жогору» деген сөз импорттук товарларга чегерилген ата мекендик «бирдей товарларга» салыштырмалуу «жогору\ашык» салыктын бардык суммасын билдирет. Ошондуктан 2-сүйлөмгө карата кошумча беренедеги «Бирдей салык салынбай турган» деген сөз башка мааниге ээ. Бул «түздөн-түз атаандаш жана өз ара алмаша турган товарлар» «бирдей товарларга» салыштырмалуу башка стандартты талап кылгандай эле чечмелөөнүн ошол эле максатында башкача стандартты талап кылат. Мындай тыянакты бекемдөө 1-сүйлөмдөгү «бирдей товарлар» менен 2-сүйлөмгө кошумча беренедеги «түздөн-түз атаандаш жана өз ара алмаша турган товарлардын» ортосундагы айырмачылыкка талаптагыдай маани берүү зарылчылыгында жатат. Эгерде 1-сүйлөмдөгү «жогору» жана 2-сүйлөмгө кошумча беренедеги «бирдей салык салынбайт» деген сөздөр бирдей маанини билдирүүчү катары чечмеленсе, анда 1-сүйлөмдөгү «бирдей товарлар» менен 2-сүйлөмгө кошумча беренедеги «түздөн-түз атаандаш жана өз ара алмаша турган товарлар» да бир эле маанини билдирген болот. Бул болсо тексттин сөздөрүндө жол берилбеши керек болгон маани бузуучулук болмок. «Жогору» жана «бирдей салык салынбай турган» деген сөздөрдү чечмелөө үчүн III:2 берененин 1- жана 2-сүйлөмдөрүнүн ортосундагы айырмачылык четке кагылат. Ошентип, ар бир конкреттүү учурда импорттолуучу товарларга карата ата мекендик «бирдей товарларга» караганда «жогору» салыктын кайсы бир саны болушу мүмкүн, бирок алар «түздөн-түз атаандаш жана өз ара алмаша турган импорттолуучу жана ата мекендик товарлар» III:2 берененин 2-сүйлөмүнүн мак-

сатында бирдей салык салынбайт» деген тыянак чыгаргыдай деңгээлде болбойт. Б.а. түздөн-түз атаандаш жана өз ара алмаша турган» ички товарларга караганда импорттук товарларга көбүрөөк жүк болуучу ашыкча салык болушу мүмкн, бирок ал мындай товарлар III:2 берененин 2-сүйлөмүнүн максатында бирдей салык салынбайт деген тыянакты актоо үчүн жетишсиз болот. Биз Комитеттин эки башка суммадагы салыктын көлөмү бардык учурда «бирдей салык салынбайт» деп эсептелиши үчүн минималдуу көлөмдөн жогору болушу керек деген тыянагына макулбуз. Комитет сыяктуу эле биз мындай конкреттүү салык айырмачылыгы минималдуу же минималдуу эместигин аныктоо каралып жаткан учурда жана башка бардык учурларда конкреттүү каралышы керек деп эсептейбиз. Ошентип, «бирдей салык салынбаган» болуу үчүн, импорттук товарларга карата салык жүгү ата мекендик «түздөн-түз атаандаш жана өз ара алмаша турган товарларга» караганда оор болуп, жана ар бир конкреттүү учурда бул жүк минималдуу деңгээлден жогору турушу керек. Каралып жаткан учурда Комитет ипорттолуучу жана ата мекендик «түздөн-түз атаандаш жана өз ара алмаша турган товарларга» «бирдей салык салынбаганын» аныктоодо юридикалык туура аргументацияны колдонгон. Бирок Комитет бул суроо менен салык чарасы «коргоону камсыз кылгыдай» колдонулганбы деген өз алдынча суроонун ортосундагы айырмачылыкты жоюуда ката кетирген. Дагы эле бул өз-өзүнчө чечүүни талап кылган өз алдынча суроолор. Эгерде «түздөн-түз атаандаш жана өз ара алмаша турган» жана «бирдей салык салынбаган» товарлар болсо, анда салык чарасы «коргоону камсыз кылгыдай» колдонулганбы деген суроону андан ары аныктоо үчүн III:2 берененин 2-сүйлөмүнө ылайык актоо зарылчылыгы жок. Бирок эгерде мындай товарларга «бирдей салык салынбаган» болсо, анда сөзсүз түрдө андан ары териштирүү жүргүзүлүшү керек.

(c) «коргоону камсыз кылуу үчүн»

III:2 берененин 2-сүйлөмүнө ылайык бул үчүнчү териштирүү «түздөн-түз атаандаш жана өз ара алмаша турган товарларга» «коргоону камсыз кылгыдай» бирдей эмес салык салынган-салынбаганын аныкташ керек. Бул ниет-максаттар жөнүндө суроо эмес. Комитет үчүн мыйзам чыгаруучулар менен жөнгө салуучулардын мыйзам-ченемдик ниеттерин аныктоодо алардын бул себептердин маанилүүлүгүн аныктоо үчүн эмне кылып жаткандыктарын териштирүүнүн зарылчылыгы жок. Эгерде чара импорттолуучу же ата мекендик товарларга карата ички өндүрүшкө коргоону камсыз кылгыдай колдонулуп жаткан болсо, анда ал чараларды киргизген мыйзам чыгаруучулар менен жөнгө салуучу органдардын протекционизм менен алектенүү жөнүндө, мүмкүн,

эч ою болбогондугунун маниси жок. Эгерде конкреттүү салык чарасы импорттолуучу товарларга карата ички өндүрүшкө коргоону камсыз кылгыдай колдонулуп жаткан болсо, протекционизм белгиленген максат болгон-болбогонунун маниси жок. Бул каралып жаткан чара кандайча колдонула тургандыгы жөнүндөгү суроо болуп эсептелет. Мында биз бирдей эмес салык ички өндүрүшкө коргоону камсыз кылгыдай колдонулгандыгына карата экспертиза кеп болуп жаткан чаралардын түзүмүн жана импортук товарлар менен ата мекендик товарларга карата колдонулушун ар тараптуу жана объективдүү талдоону талап кылат. Биз конкреттүү салык чарасында колдонулган негизги критерийлерди, анын түзүмүн жана жалпы колдонулушун ата мекендик өндүрүшкө коргоону камсыз кылгыдай пайдаланылгандыгын аныктагыдай объективдүү баалоого болот деп эсептейбиз.

Чаранын максатын оңой аныктоо мүмкүн эмес деген чындык болсо да, анын коргонуу тиркемелери көп учурда чаранын дизайны, архитектурасы жана ачык түзүмү боюнча аныкталышы мүмкүн. Бирдей эмес салыктын көлөмү ар бир конкреттүү учурда ушундай коргонуу тиркемелери жөнүндө күбөлөндүрөт. Жана муну Комитет каралып жаткан иште так белгилеген. Ушундай эле кароо талап кылына турган башка факторлор болору да айкын. Мындай иликтөөнү жүргүзүүдө Комитет ар бир конкреттүү учурда бардык тийиштүү факттар менен жагдайларды толук эсепке алышы керек.

Эң мыкты өбөлгөчүлүк тартиби (ЭМөТ) ГАТТ

Индонезия – автомобиль өнөр жайына карата чаралар (БДСУнун комиссиясынын отчету) 1998[381]

***

Бул талаш унаа каражаттарына, анын тетик-бөлүктөрүнө карата Индонезиянын көргөн бир катар чараларына байланыштуу келип чыккан. Индонезияга алынып келүүчү жана андан ары жакшыртууга муктаж эмес унаа каражаттарына («CBUS») ашыкча асемдүүлүк салыгы салынат, о.э. бул унаа каражаттарына импорт салыгы да колдону-

[381] Indonesia-Certain Measures Affecting The Automobile Industry, World Trade Organization Panel Report, WT/DS54/R; WT/DS55/R; WT/DS59/R; WT/DS64/R (2 July 1998). [цитаталар калтырылган].

лат. Индонезиянын улуттук автоунаа программасына ылайык, эгерде унаа каражаты Индонезияда чогултулган болсо, ал импорт салыгынан бошотулуп жана сонундук салыгы же төмөндөтүлүп, же кыскартылат. Дал ушул программа пикир келишпөөчүлүктүн себеби болду. Европа коомчулугу, Япония жана АКШ «улуттук унаа каражаттары» менен анын тетик-бөлүктөрүн бажы төлөмдөрү менен импорт боюнча сонундук салыгынан бошотуу жана аларга байланышкан чаралар ГАТТ 1994-түн I жана III беренелерине ылайык Индонезиянын милдеттемелерин бузгандык болот деп билдиришкен.

2. ГАТТтын I беренесин бузгандыктын критерийлери

14.137. ГАТТтын I беренесинде тиги же бул мамлекеттин импорттолуучу товарына берилген бардык артыкчылыктар сырттан келүүчү же бардык башка мүчөлөрдүн территориясы үчүн арналган бардык окшош товарларга карата токтоосуз жана эч шарт коюусуз колдонула тургандыгы каралган. «1. Товарларды алып кирүүгө жана алып чыгууга же аларга байланыштуу салынуучу бардык бажы жана башка бардык төлөмдөргө карата, о.э. импорт менен экспорт үчүн эл аралык акча төлөмдөрүн которууларга, мындай төлөмдөрдү алуу ыкмаларына жана бул аракеттерге байланышкан бардык эрежелер менен расмий иш-аракеттерге карата, о.э. III берененин 2 жана 4-пункттарында көрсөтүлгөн бардык суроолорго карата*, каалаган Макулдашуу тараптын сырттан келүүчү каалаган товарга же каалаган башка өлкөгө ыйгарган артыкчылыгы, жакшы шарт түзүүсү же коргоосу ошондой эле сырттан чыккан же башка бардык Макулдашуучу тараптардын территориясы үчүн арналган башка товарларга токтоосуз түрдө жана эч шарт коюусуз ыйгарылышы керек».

14.138. Апелляциялык орган банандар боюнча иште (III) I берененин бузулгандыгын аныктоо үчүн аталган берененин чегинде кандайдыр бир артыкчылыктардын бар экендигин жана ал БДСУ мүчөлөрүнүн бардык «бирдей товарлары» үчүн эч шарт коюусуз берилбегендиги болушу зарыл. Бул талдоого таянып, биринчиден, салык жана бажы жеңилдиктери I берененин таасирине туш келүүчү артыкчылык болобу деген суроону иликтөө талап кылынат. Экинчиден, артыкчылык (а) бардык бирдей товарларга карата (б) эч шарт коюусуз колдонулуп жатабы деген сурооону чечүү керек.

(А) 1996-жылы февраль жана июнь айларында автоунаа программаларынын алкагында кабыл алынган салык жана бажы жеңилдиктери I берененин таасирине туш келет. Бул программалар

боюнча салык жеңилдиктери боюнча биз I:1 беренеде «III берененин 2 жана 4-пункттарында көрсөтүлгөн бардык суроолорго» түз шилтеме жасалгандыгын белгилейбиз. Биз Улуттук автоунаа прогораммасынын салыктык дискриминациялоо суроолору ГАТТтын III:2 беренесине туура келет деп чечкенбиз. Ошондуктан 1996-жылы февраль жана июнь ато унаа программаларына ылайык айларында кабыл алынган башкы төлөмдөрү менен салык жеңилдиктери Башкы макулдашуунун I беренесине туура келет.

(Б) Бул артыкчылыктар бардык «бирдей товарларга» «эч шарт коюусуз» бирдей колдонулуп жатабы?

(а) «бирдей товарлар»

14.140. бирдей өндүрүмдү III ылайык аныктоо үчүн колдонулган логикага таянуу менен, Европа коомчулугу Кореядан импорттолуучу улуттук автоунаалар, алардын тетик-бөлүктөрү башка мүчөлөрдөн импорттолуучу бардык улуттук автоунаалар менен алардын тетик-бөлүктөрүнө «бирдей» деп каралат. «Улуттук автоунаа», анын тетик-бөлүктөрү деген түшүнүк алардын физикалык мүнөздөмөсүнө же колдонулушуна таасир кылышы мүмкүн болгон кайсы бир факторлорго негизделбегендиктен, Европа коомчулугу импорттолуучу тетик-бөлүктөр, унаа каражаттары улуттук өндүрүмдүн толук аналогиясы болорун көрсөтөт. АКШ Индонезияга алынып келүүчү автоунаалар Кореядан алынып келген Kia Sephia автоунаасына бирдей болот деп билдирет. Япония өзүнөн же башка бардык өлкөдөн алып келинген тетик-бөлүктөр менен автоунаалар, о.э .Кореядан импорттолуучу товарлар «бирдей товарларды» түзөт деп ырастайт.

14.141. III:2 беренеге ылайык «бирдей товарларды» талдоодо орган импорттолуучу айрым автоунаа каражаттары улуттук программа боюнча автоунаалар менен бирдей болуп эсептелет деген тыянакка келген. О.э. I берененин максаттары үчүн импорттолуучу автоунааларды Кореядан импорттолуучу автоунаалар менен бирдей деп кароого болот деп эсептейбиз. Анын үстүнө Индонезия айрым тетик-бөлүктөр бардык автоунаалар үчүн бир деген факты моюнга алат. Улуттук автоунаалар үчүн атайын алынып келүүчү тетик-бөлүктөр боюнча Индонезия алар арыз берүүчү өлкөлөрдүн территориясындагы компаниялар тараптан да даярдалышы мүмкүн деген фактты танбайт. Бул факт ата мекендик автоунаада колдонуу үчүн импорттолуучу тетик-бөлүктөр уникалду эместигин ырастайт. Мурдагыдай эле биз товарларга төмөндөтүлгөн бажы төлөмдөрү менен салык түрүндө берилүүчү жеңилдиктердин критерийлери алардын физика-

лык мүнөздөмөсүнө же колдонулушуна таасир кылышы мүмкүн болгон кайсы бир факторлорго негизделбей тургандыгын ырастайбыз. Жогоруда айтылгандарга байланыштуу мурдагы органдардын I беренени чечмелөөчү чечимдери, эгерде мыйзам бирдей товралар үчүн жагымсыз шарттын түзүлүшүнө алып келсе, анда ал аталган беренени бузат деген тыянакка келгендигин белгилегибиз келет. Бута байланыштуу биз ЭМөТ милдеттемеси боюнча Башкы макулдашуунун I беренесинин максаттары үчүн Кореядан Индонезияга импорттолуучу автоунаалар, алардын тетик-бөлүктөрү башка мүчө мамлекеттерден импорттолуучу ошондой эле автоунаалар менен алардын тетик-бөлүктөрүнө бирдей деп каралышы керек деген тыянакка келебиз.

(ii) «эч шарт коюусуз артыкчылыктар»

14.143 Эми «эч шарт коюусуз» артыкчылыктары башка макулдашуучу тараптардын товарларына 1-беренеде талап кылынгандай, Кореядан импорттолуучу ата мекендик автоунааларга, тетик-бөлүктөрүнө берилгендей эле ыйгарылар-ыйгарылбасы жөнүндө суроону кароо зарыл. Башкы макулдашуу боюнча мындан мурунку чечимдер артыкчлыктардын бир да түрү (мында салык жана бажы төлөмдөрү боюнча жеңилдиктер) импорттолуучу товарлардын өзүлөрү менен байланышпаган кайсы бир шарттардын негизинде болушу мүмкүн эместигин ачык көрсөткөн.

14.144. Мисалы, Бельгиядагы үй-бүлөлүк төлөмдөр жөнүндө талаш боюнча бейтарап топтун докладында аталган топ импорттолуучу товарларды үй-бүлөлүк төлөмдүн түрүнө жараша дискриминациялоочу чараларды сынга алган:

«3. Башкы макулдашуунун I беренесинин 1-пунктунун жоболорына ылайык, башка өлкөнүн территориясынан чыккан товардын бардык түрүнө Бельгия тараптан берилген артыкчылык, ыңгайлуу шарт же иммунитет III берененин 2-пунктунда эскертилген бардык суроолор боюнча, башка макулдашуучу бардык өлкөлөрдөн чыккан ошол эле товарларга да берилиши керек. Мамлекеттик органдар Люксембургдан, Нидерланддан, о.э. Франциядан, Италиядан, Швециядан жана Бириккен Падышачылыктан сатып алуучу бардык товарларды Бельгия төлөмдөрдөн бошоткон. Башкы макулдашуунун XXVI беренесине ылайык, мындай бошотуу башка бардык макулдашуучу тараптарга (анын ичинде Дания менен Норвегияга) берилиши керектиги айкын. Аталаган макулдашуучу тараптын территориясында үй-бүлөлүк төлөм системасынын жоктугу же Бельгия мыйзамынын талаптарына туура келүүчүлүк бул жагынан алганда орунсуз жана Бельгия мыйза-

мы өзгөртүлүшү керек болчу, себеби анда ошондой эле үй-бүлөлүк төлөм системасы бар өлкөлөр менен башка системага ээ же андай система такыр жок өлкөлөрдүн ортосунда дискриминацияны жаратуучу жобо камтылган, жана ал белгилүү бир шарттарга жараша салык төлөмдөрүнөн бошотуу мүмкүнчүлүгүн түзгөн». (асты сызылган)

14.145. Чындыгында 1996-жылдагы автоунаа программасы боюнча башка өлкөлөрдөн импорттолуучу товарлар менен PT PTN компаниясы тарабынан Кореядан импорттолуучу ошондой эле товарларга автоунаа программасы боюнча Кореядан импорттолуучу товарларга караганда көп төлөмдөр жана салыктар чегерилет. Мисалы, импорттолуучу даяр автоунаа каражаттарына 200%га чейинки бажы салыгы салынса, Улуттук программа боюнча импорттолуучу автоунааларга бажы салыктары боюнча 0% төлөм чегерилет. Улуттук программа боюнча автоунааларга салык салынбайт, ал эми Макулдашуучу башка өлкөлөрдөн импорттолуучу автоунааларга сатуудан түшкөн кирешеге карата 35% салык салынат. Салык төлөөдөгү мындай айырмачылык PT TPN менен Улуттук программа боюнча автоунаа чыгаруу үчүн товарларды импорттоочу компаниянын ортосундагы «макулдашуунун» бар экендигине жана Кореяда чыгуучу Киа автоунаасынын ылайык келүүсүнө ырастоо бар экендигине негизделген. БДСУнун Башкы макулдашуусунун принциптерине ылайык, Макулдашуучу тараптардын укуктары жекече укуктук милдеттемелер менен шартталып же көз каранды болуп же алардын таасири астында болушу мүмкүн эмес. Бул шарттардын болушу I:1 бereненин жоболоруна ылайык келбейт. Анда бир товарга (мында Кореядан чыккан товарларга) берилүүчү салык же бажы жеңилдиктери Макулдашуучу башка тараптар импорттоочу ошол эле товарларга да токтоосуз түрдө берилиши керек деп айтылган.

14.146. Дагы белгилей кетүүчү нерсе, 1996-жылдын февралындагы автоунаа программмасына ылайык, автоунаалардын тетик-бөлүктөрүнө бажы салыгы боюнча жеңилдиктерди берүү алар Индонезияда улуттук автоунааларды чогултууда колдонулар-колдонулбасына жараша болот. Салык жеңилдиктерин берүү улуттук автоунааларды чыгаруучу «Пионер» компаниясы үчүн гана арналган анан ошону менен гана чектелет. О.э. жеңилдиктерди берүүнүн үчүнчү шарты бар: бул мазмуну боюнча белгилүү бир индонезиялык максаттарга туура келүү. Чындыгында бул автоунаа программаларына ылайык, бажы төлөмдөрү менен салык жеңилдиктери жергиликтүү даярдалган автоунааларынын баасын белгилүү бир баада кармап туруу менен шартталган.

14.147. Жогоруда баяндалган себептер менен, биз 1996-жылдын июнь айындагы жана 1996-жылдын февраль айындагы автоунаа программасы ГАТТтын I беренесинин жоболоруна ылайык келбейт деп эсептейбиз. Себеби биринчиси да, экинчиси да салык жана бажы жеңилдиктерин берүү жагынан импорттолуучу товарлардын ортосунда дискриминацияны орноткон, ал жеңилдиктер импорттун өзүнө эч байланышпаган ар түрдүү шарттарга жана критерийлерге негизделген.

Айлана-чөйрөнү коргоо жана соода

АКШ – Тунецти импорттоого карата чек коюу (БДСУнун комиссиясынын отчету) 1994[382]

2.2 Тунец Тынч океан аймагынын чыгыш тропиктеринде дельфиндерге жакын жерлерде бир топ чоң тереңдикте көп сүзүшөт. Бул аймакта балык уулоочу кемелер тунецтин жүргөн жерин дельфиндер боюнча аныкташат. Жана адатта тунецти кармоодо дельфиндердин үйүрүн чөйчөк тор менен тегерете тосушуп, тунец төмөнүрөөк сүзөт деп күтүшөт. 1960-жылдардан тартып тунецти мындай жол менен кармоо көп сандаган дельфиндердин өлүмүнө алып келген же зыянга учураткан.

2.5 Деңиз сүт эмүүчүлөрүн коргоо жөнүндө 1972-жылдагы мыйзам бардык сүт эмүүчүлөрдүн түрлөрүн атайылап же башка балыкты уулоо учурунда кокустан кармоого, куугунтуктоого же өлтүрүүгө тыюу салган. Мыйзам о.э. деңиз сүт эмүүчүлөрүн жана алардан жасалган азык-түлүктү, о.э. деңиз сүт эмүүчүлөрү кокусунан кармалуусу менен коштолгон балыктарды жана алардан жасалган азык-түлүктөрдү АКШга импорттоого тыюу салган. Мыйзамдын максаты жоголуп кетүү же алсыроо коркунучу алдында калышы мүмкүн болгон деңиз сүт эмүүчүлөрүн сактап калуу болгон.

2.9 Мыйзам деңиз сүт эмүүчүлөрүнө АКШнын стандарттарынан жогорку деңгээлде зыян келтирүүчү же аларды өлүмгө дуушар кылуучу ыкмаларды колдонуу менен кармалган балыктарды же балык азык-түлүктөрүн импорттоого тыюу салат.

2.12 Мыйзам сары канаттуу тунецти же андан алынган азык-

[382] United States – Restrictions on Imports of Tuna, GATT Panel Report, DS29/R (16 June 1994), [цитаталар калтырылган].

түлүктү АКШга экспорттоочу же андан импорттоочу бардык мамлекет (ортомчу мамлекет) АКШга салынган тыюу алдындагы товарларды акыркы алты ай аралыгында импорттобогондугуна акылга сыярлык ырастоо жана далил келтириши керек

С. XX(g) берене

5.11 АКШнын ырастоосу боюнча негизги импорттоочу жана ортомчу өлкөлөргө карата койгон эмбарго III же XI беренени бузгандык болсо да, азайып бара жаткан дельфиндерди сактап калууга багытталган чара катары XX (g) беренеде каралган чектөөлөргө туура келерин топ белгилеген. АКШ XX (g) берене аталган ресурстар чара көрүлүп жаткан мамлекеттин территориялык юрисдикциясы алдында турушуна карата талап камтылган эмес деп билдирет. Андан ары АКШ бул чаралар ички өндүрүштү жана керектөөнү чектөө менен бир мезгилде көрүлгөн деп ырастаган. О.э. чараларды көрүү XX бereненин преамбуласынын талаптарына жооп бере тургандыгы белгиленген. Бирок Европа коомчулугу жана Нидерланды АКШнын далилдерине макул болушкан эмес, жана сактоого карата ресурстар чара көрүүчү мамлекеттин территориялык юрисдикциясынын чегинде болушу керек деп ырасташкан. Ага кошумча, алар АКШнын чаралары жоголуп бара жаткан табигый ресурстарды XX (g) беренеге ылайык сактап калууга багытталган эмес, жана ички өндүрүштү жана керектөөнү кыскартуу менен бир мезгилде көрүлгөн эмес деген пикирлерин билдиришкен.

5. 12 Топ XX(g) бereненин тексттин изилдеп чыккан. Анда жана анын преамбуласында төмөнкүлөр каралган:

«Көрүлүүчү чаралар бирдей шарттарга ээ өлкөлөрдүн ортосунда өзүнөн өзү келип чыгуучу же өзүн актабаган дискриминация каражаты же эл аралык соодага карата жашыруун чек болбогудай көрүлсө, анда макулдашуучу тараптардын каалаганы төмөнкү чараларды көрүүсүнө бул Макулдашууда эч тоскоолдук каралган эмес:

(g) жоголуп бара жаткан табигый ресурстарды сактап калууга багытталган чаралар, эгерде ички өндүрүштү жана керектөөнү кыскартуу менен бир мезгилде көрүлсө;»

Топ XX(g) бereненин текстти үч баскычтуу талдоону болжой тургандыгын белгилейт:

-- Биринчиден, ушул жоболор колдонулган саясат жоголуп бара жаткан табигый ресурстарды сактап калууга багытталган саясий демилгелердин категориясына туура келеби.

-- Экинчиден, чектөө коюлган чара ГАТТ боюнча жоголуп бара жаткан табигый ресурстарды сактап калуу милдеттемелерине каршы келүүчү конкреттүү соода чарасы болор-болбосун жана ал ички өндүрүштү жана керектөөнү кыскартуу менен бир мезгилде көрүлгөн-көрүлбөгөнүн аныктоо керек.

-- үчүнчүдөн, бул чара XX беренеге ылайык бирдей шарттарга ээ өлкөлөрдүн ортосунда өзүнөн өзү келип чыгуучу же өзүн актабаган дискриминация каражаты же эл аралык соодага карата жашыруун чек болбогудай көрүлгөн-көрүлбөгөнүн аныктоо зарыл.

1. Жоголуп бара жаткан табигый ресурстарды сактап калуу

5. 13 Аталган үч суроонун биринчиси боюнча Топ АКШ дельфиндер жоголуп бара жаткан табигый ресурс болуп эсептелет деп билдиргенин белгилеген. Европа коомчулугу бул ырастоого макул болгон эмес. Топ дельфиндердин популяциясы азайышы мүмкүн экендигин жана аларды сактап калуу саясаты азаюу азыркы учурда жүрүп жаткан-жатпаганына жараша болорун белгилөө менен, дельфиндерди сактап калуу саясаты азайып бара жаткан табигый ресурстарды сактап калууга карата саясат деп кабыл алган.

5.14 Топ Европа коомчулугу жана Нидерланды азайып бара жаткан жана XX(g) беренеге ылайык сакталышы керек болгон табигый ресурс белгилүү чараларды көрүп жаткан өлкөнүн территориялык юрисдикциясынан сырткары болбошу керек деп ырастагандыктарын белгилейт. Бул көз караш XX (g) беренени Башкы макулдашуунун объекти менен предметинин алкагында изилдөөгө негизделген. АКШ өз кезегинде макул болгон эмес, жана XX (g) берененин талаптарын ушундайча окуунун тексттик же башка негиздердин жоктугуна таянышкан.

5.15 Топ, биринчиден, XX (g) берененин текстти сакталышы керек болгон азайып бара жаткан табигый ресурстун жайгашуусуна карата эч кандай чектөөнү камтыбай тургандыгын белгилейт. Ал XX (g) берененин жана анын преамбуласында берилген шарттар соода чарасынын («бир мезгилде «өзүнөн өзү же өзүн актабаган дискриминация», «эл аралык соодага карата жашыруун чек коюу») негиздерине же колдонуу ыкмаларына гана тиешелүү экендигин көрсөтөт. Беренеде азайып бара жаткан табигый ресурстарды сактап калуу деп аталган саясатты колдонуу табияты жана белгилүү бир чөйрөсү берененин текстти аркылуу ачылып көрсөтүлбөйт жана шартталбай. Бул сакталышы керек болгон азайып бара жаткан табигый ресурстун жайгашуусуна тиешелүү. О.э. мурда каралган эки иш боюнча XX (g) берене жер которуучу балыктардын түрлөрү боюнча саясаттарга колдонулат

деп токтом кылынгандыгын, жана ушул жобого таянып жаткан Макулдашуучу тараптын территориялык юрисдикциясынын чегинде же чегинен сырткары кармалган балыктардын ортосунда чектөө койбогондугун топ белгилейт.

5.16 Ар түрдүү жол менен келип чыккан товарларга карата ар кандай тартиптер каралган чаралар XX (g) берененин башка параграфтарына жана башкы макулдашуунун башка беренелерине ылайык каралышы мүмкүндүгүн көрсөткөн. Алар чара көрүп жаткан Тараптын территориялык юрисдикциясынан сырткары жайгашкан нерселерге же болуп жаткан иш-аракеттерге тиешелүү. Буга XX (e) берененин кылмыш жазасын өтөп жаткандардын эмгегинин жардамында өндүрүлгөн товарларга тиешелүү жобосу мисал болот. Ошондуктан Башкы макулдашуу чара көрүп жаткан Тараптын территориялык юрисдикциясынан сырткары жайгашкан нерселерге же болуп жаткан иш-аракеттерге карата чара көрүүгө толук тыюу салат деп айтууга болбойт.

5.17 Топ андан ары белгилегендей, эл аралык укук ченемдерине ылайык өз территориясынан сырткаркы жерлерде адамдарга, жаныбарларга, өсүмдүктөргө же башка табигый ресурстарга карата өз жарандарынын жүрүм-турумун жөнгө салууга мамлекеттерге тыюу салбайт. О.э. мамлекеттер өз территориясынан сырткаркы жерлерде адамдарга, жаныбарларга, өсүмдүктөргө же башка табигый ресурстарга карата улуттук кемелердин же андагы жарандардын мамилелерин да жөнгө сала алат. Мамлекет айрыкча улуттук кемелердин, алардагы балыкчылардын ачык деңиздеги балыктарга карата мамилелерин жөнгө сала алат.

5. 18 Тараптар XX (g) беренеде каралган азайып бара жаткан табигый ресурстардын жайгашкан жери боюнча өзүлөрүнүн көп сандагы аргументтерин башкы макулдашуудан башка табиятты коргоо жана сода келишимдерине негиздешкендигин топ белгилейт. Бирок биринчи кезекте бул келишимдер Башкы макулдашуунун тексттин чечмелөө үчүн канчалык ылайыктуу экендигин аныктоо зарыл болчу. Эл аралык укукта макулдашууларды чечмелөөнүн Эл аралык келишимдер жөнүндө Вена конвенциясында берилген негизги эрежелери колдонула тургандыгын (кара. тиркеме B), жана талашып-тартышып жаткан тараптар ушул көз карашка макул болушарын топ көрсөткөн. Ушул эрежеге байланыштуу Топ макулдашууларда кароону улантканы.

5. 19 Вена конвенциясында чечмелөөнүн жалпы эрежелери (31-берене) жана чечмелөөнүн кошумча каражаттары камтылганды-

гын (32-берене) топ белгилейт. Биринчи кезекте, Топ тараптар ГАТТ-Тты Вена конвенциясынын жалпы чечмелөө эрежелерине ылайык чечмелөө максатында таянган макулдашууларды эске алууга болобу деген суроону иликтеген. Жалпы эрежелерде «келишимди чечмелөө же анын жоболорун колдонуу боюнча тараптардын бардык кийинки макулдашуулары» макулдашууну чечмелөөдө эске алынышы керек болгон элементтердин бири болуп эсептелет деп каралган. Бирок Топ тараптар бул талаша таянып жаткан макулдашуулар Башкы макулдашуунун тараптарынын ортосунда түзүлбөгөн эки тараптуу же көп тараптуу макулдашуулар экендигин, жана аларды Башкы макулдашууну чечмелөөдө же анын жоболорун колдонууда пайдаланууга болбой тургандыгын белгилейт.

Чындыгында тараптар таянып жаткан макулдашуулардын көбү мындайча колдонулушу мүмкүн эмес болчу, себеби алар Башкы макулдашуу боюнча сүйлөшүүлөр жүргүзүлгөнгө чейин түзүлгөн. О.э. Топ Вена конвенциясынын жалпы чечмелөө эрежелерине ылайык «келишимдин катышуучуларынын аны чечмелөө боюнча макулдашуусун орнотуучу келишмди андан ары колдонуу практикасын» эске алуу керектигин белгилейт. Бирок Топ аталган эки тараптуу жана көп тараптуу макулдашууларды колдонуу практикасы башкы макулдашуунун алкагындагы практика катары каралышы мүмкүн эместигин, жана ошон үчүн аны чечмелөөгө таасир кыла албай тургандыгын белгилейт. Ошентип, Топ Вена конвенциясынын 31-беренесинде каралган чечмелөөнүн жалпы эрежелерине ылайык бул макулдашуулар Башкы макулдашуунун текстин чечмелөөнүн негизги каражаты катары эске алынышы мүмкүн эместигин аныктаган.

5.20 Андан соң Топ тараптар таянган макулдашуулар Башкы макулдашууну Вена конвенциясына ылайык чечмелөөнүн кошумча каражаты катары эсепке алынышы мүмкүнбү деген суроону караган. Топ Вена конвенциясынын 31-беренесинде каралган чечмелөөнүн кошумча каражаттары «келишим түзүүнүн даярдоочу материалдары менен жагдайларын» өзүнө камтый тургандыгын белгилеген. Бирок бул жобонун шарттары аны пайдалануу чектелгендигин айкын көрсөтөт. Даярдык иши жана чечмелөөнүн кошумча каражаттары чемелөөнүн жалпы эрежелерин колдонуудан келип чыгуучу маанини «ырастоо» үчүн же чечмелөөнүн жалпы эрежелерин колдонуу «маанини эки жааттуу же түшүнүксүз калтырган» учурда маанини аныктоо үчүн гана колдонулушу мүмкүн. Эгерде жалпы эрежелерге ылайык чечмелөө ушундай натыйжага алып келгенде да, Топ башкы макулдашууга чейин түзүлгөн келишимдер XX (g) берененин тексттин

чечмелөөдө олуттуу жардам брген жок деп эсептеген, себеби, Топтун ага берилген материалдарга негизделген пикири боюнча, Башкы макулдашуунун да, Гавана хартиясынын да, ал документтерге карата даярдоочу материалдарда да бул макулдашууларга карата түз шилтемелер жок. О.э. топ Башкы макулдашуу жана Гавана хартиясы боюнча сүйлөшүүлөрдүн жүрүшүндө жасалган жана тараптар шилтеме жасап жаткан билдирүүлөр жана редакциялык өзгөртүүлөр XX (g) беренеге ылайык азайып бара жаткан табигый ресурстардын жайгашкан жери жөнүндө тараптардын конкреттүү билдирүүлөрүнө ырастоо боло албайт. Жогоруда айтылгандарды эске алуу менен, Топ XX (g) берененин жоболору ал жобону колдонуучу Макулдашуучу тараптын территориясынын чегиндеги азайып бара жаткан табигый ресурстарды сактап калуу саясатына гана колдонулушу мүмкүн деген тыянакты колдоо үчүн жетиштүү негиздерди тапкан жок. Ага жараша, Топ Тынч океан аймагынын чыгыш тропиктеринде дельфиндерди сактап калуу боюнча АКШ өз юрисдикциясынын чегинде жүргүзгөн саясаты XX (g) беренеде каралган чаралардын категориясына кирет деген тыянак чыгарган.

Азайып бара жаткан табигый ресурстарды сактап калууга «тиешелүү»;

Ички өндүрүштү жана керектөөнү кыскартуу менен «бирге» жүргүзүлүүчү

5.21 топ жогоруда аталган үч суроолордун экинчисин, атап айтканда, АКШ тараптан негизги импорттоочулар менен ортомчу өлкөлөргө карата колдонулган эмбарго XX (g) берененин маанисинде азайып бара жаткан табигый ресурстарды сактап калууга «тиешелүү» деп каралышы мүмкүнбү жана алар ички өндүрүштү жана керектөөнү кыскартуу менен «бирге» жүргүзүлгөнбү деген суроону карап чыккан. АКШ ал көргөн чаралар эки талака тең жооп берген деп ырастаган. Европа коомчулугу буга макул эместигин билдирип, чаралардын «негизги максаты» азайып бара жаткан табигый ресурстарды сактап калуу жана ички өндүрүштү жана керектөөнү кыскартуу болушу керек деп ырасташкан.

5.22 Топ соода чаралары менен азайып бара жаткан табигый ресурстарды сактап калуу саясатынын ортосунда, соода чаралары менен ички өндүрүштү же керектөөнү чектөөнүн ортосунда XX (g) берене тарабынан орнотулган мамилелерди изилдеп чыкты. Мурда каралган иш боюнча бейтарап сот «бир нерсеге тиешелүү» жана «бир нерсе менен бирге» деген терминдер XX (g) берененин жоболорун колдонуу чеги

аталган жоболор Башкы макулдашууга киргизилгендигинин максатына туура келгидей чечмелениши керектигин аныктаган. Топ соода саясатын жүргүзүү максаттарына кызмат кылуучу чаралардын чөйрөсүн кеңейтүүнү, бирок башкы макулдашуу боюнча милдеттемелер азайып бара жаткан табигый русурстарды сактап калуу саясатын жүргүзүүгө тоскоол кылбашын камсыз кылууну токтом кылган. Мындан мурунку иште «бир нерсеге тиешелүү» деген термин азайып бара жаткан табигый русурстарды сактап калуу «башкы максатына» ээ деген мааниде түшүнүлүшү керектиги, ал эми «бир нерсе менен бирге» деген термин ички өндүрүштү же керектөөнү чектөө «башкы максатына» ээ деген мааниде түшүнүлүшү керектиги аныкталган. Топ «башкы максатка ээ» деген сөздөр чаранын максатына гана эмес, анын азайып бара жаткан табигый русурстарды сактап калууга тийгизген таасирине да тиешелүү экендигин эске алуу менен, аталган тыянактарга макул болгон.

5.23 Андан ары Топ АКШ киргизген эмбарго азайып бара жаткан табигый русурстарды сактап калууну жана ички өндүрүштү же керектөөнү кыскартууну негизги максат кылып көздөгөн чара катары каралышы мүмкүнбү деген суроону иликтөөгө киришкен. Атап айтканда, Топ АКШ киргизген чаралар менен дельфиндердин санын сактап калуу жөнүндө жарыяланган максаттарынын байланышын иликтеп чыккан. Топ ортомчу өлкөлөргө карата эмбаргонун алкагында көрүлгөн чаралар тунец дельфиндерге зыян келтиргидей ыкма менен кармалган-кармалбаганына карабай аны импорттоого тыюу салгандыгын белгилеген. О.э. мындай тыюу өлкө дельфиндерге зыян келтиргидей балык уулоону же саясатты жүргүзгөн-жүргүзбөгөнүнө, же тунец АКШнын ушундай практикасы менен саясатына туура келбеген жол менен тунецти кармоого жол берген өлкөдөн импорттологон-импорттолбогонуна карабай киргизилген. Топ ортомчу өлкөлөргө карата эмбаргонун алкагында киргизилген АКШга тунецти импорттоого тыюулар АКШнын койгон дельфиндерди сактап калуу максатына өзүнөн өзү жардам бербей тургандыгын белгилелген. Ортомчу мамлекеттерге карата эмбарго аны колдонуунун натыйжасында АКШга тунецти экспорттоочу өлкөлөрдө гана эмес, алар бул тунецти алып жаткан үчүнчү өлкөлөрдө да практика менен саясат өзгөргөн болсо гана каалаган натыйжаны бермек.

5.24 О.э. Топ негизги импортточуларга карата эмбаргонун алкагында көрүлгөн чаралар тунец дельфиндерге зыян келтиргидей ыкма менен кармалган-кармалбаганына карабай бардык тунецти импорттоого тыюу салгандыгын белгилеген. О.э. мындай тыюу өлкө дельфиндерге зыян келтиргидей балык уулоону же саясатты жүргүзгөн-

жүргүзбөгөнүнө, же тунец АКШнын ушундай практикасы менен саясатына туура келбеген жол менен тунецти кармоого жол берген өлкөдөн импорттологон-импорттолбогонуна карабай киргизилген. Топ ортомчу өлкөлөргө карата эмбаргодой эле негизги импортточуларга карата эмбаргонун алкагында киргизилген АКШга тунецти импорттоого тыюулар в АКШнын койгон дельфиндерди сактап калуу максатына өзүнөн өзү жардам бербей тургандыгын белгиленген. Эгерде негизги импорттоочуларга карата эмбаргону киргизүүнүн натыйжасында экспорттоочу өлкөлөрдүн практикасында жана саясатында өзгөртүүлөр болгондо гана бул чара күткөн натыйжаларды бермек. Бул айтылгандардын негизинде Топ тунецти импорттоого карата негизги импортчуларга, о.э. ортомчу өлкөлөргө эмбаргону АКШ башка өлкөлөрдү өз юрисдикциясынын алкагында адамдар менен нерселерге карата өз саясатын өзгөртүүгө мажбурлоо максатында киргизген деген тыянак чыгара, себеби эмбарго дельфиндерди сактап калууга кандайдыр бир таасир кыла турган өзгөртүүлөрдү талап кылган.

5.25 Андан кийин Топ азайып бара жаткан табигый ресурстарды сактап калууну же ички керектөөнү кыскартууну негизги максат кылган чаралар XX (g) беренеге ылайык башка өлкөлөрдү өз юрисдикциясынын алкагында адамдар менен нерселерге карата өз саясатын өзгөртүүгө мажбурлоочу жана өз максаттарына жетүү үчүн бул өзгөртүүлөрдү талап кылуучу аракеттерди өзүнө камтышы мүмкүнбү деген суроону карады. Топ XX (g) берененин текси бул суроого так жооп бербей тургандыгын белгиледи. Ошондуктан XX (g) беренени андан ары иликтөө Башкы макулдашуунун предмети менен максатынын алкагында жүргүзүлгөн.

5.26 Топ XX (g) беренеде Башкы макулдашуу боюнча милеттемелерден четтөөлөр каралгандыгын белгилейт. Талаштарды кароо боюнча калыптанган практикада бул жоболорду Башкы макулдашуунун максаттарын жана милдеттерин сактоо менен кыскача чечмеленип келет. Эгерде XX берененин чечмеленишин Макулдашуучу тараптарга Башкы макулдашуунун алкагында өзүлөрүнө алган милдеттемелерден четтөөгө уруксат берүү катары кабыл алса жана мындай четтөө өз юрисдикцияларынын чегинде азайып бара жаткан табигый ресурстарды сактап калуу саясатын жүргүзүү максатындагы чараларды киргизүү менен ишке ашырылса, анда Башкы макулдашуунун негизги максаттары сакталган эмес. Бирок эгерде XX беренени Макулдашуучу тараптарга башка Макулдашуучу тараптарды жогорууда аталган саясатын өзгөртүүгө мажбур кыла турган соода чараларын

көрүүгө уруксат бергидей чечмеленсе, анда Макулдашуучу тараптардын укуктары менен милдеттери, мисалы, рыноктон пайдалануу укугу боюнча теңдештик олуттуу бузулат. Мындай чечмелөө колдонгон учурда Башкы макулдашуу Макулдашуу тараптардын ортосундагы соода үчүн көп тараптуу негиз боло албайт.

5.27 Топ башка өлкөлөрдү өз саясатын өзгөртүүгө мажбурлоо үчүн көрүлгөн жана ушундай өзгөртүү болгондо гана өз натыйжасына жете турган чаралар XX (g) бөлүнүнүн мааниси боюнча азайып бара жаткан табигый ресурстарды сактап калуу же ички керектөөнү кыскартуу боюнча негизги максатты көздөшү мүмкүн эмес деген тыянакка келген. XX (g) бөлүнүнүн олуттуу шарты аткарылбагандыктан, Топ АКШ көргөн чаралар XX бөлүнүнүн башка талаптарына жооп берген-бербегени жөнүндө суроону иликтөө зарыл деп тапкан эмес. Ошентип, Топ Группа АКШнын тунецти жана андан жасалган азыктүлктү импорттоого карата XI: 1 беренени бузуу менен киргизген тыюусу XX (g) беренеде каралган эрежелерден чектөөгө кирбей тургандыгын аныктаган.

АКШ – өзгөртүлгөн жана кадимки бензинге карата стандарттар (БДСУнун аппеляциялык комиссиясынын отчету)[383]

АКШ Апелляциялык органдан өзгөртүлгөн жана кадимки бензизин үчүн стандарттар жөнүндө АКШнын иши боюнча Топтун докладында (WT/DS2/R, 29.01.1996«Топтун доклады») чагылдырылган укук маселелри жана айрым укуктук чечмелөө маселелери боюнча тыянактарын кароону өтүнгөн. Талаш АКШнын таза аба жөнүндө мыйзамына байланыштуу келип чыккан. Аталган мыйзам АКШда абанын булганышын жөнгө салуу жана анын деңгээлин азайтуу максатын көздөйт. Мыйзамда бензиндин сапатына карата абаны булгоону, о.э. автомобилдик аба таштандыларынын себебинен болуучу озон катмарынын өзгөрүүсүн төмөмөндөтө турган белгилүү стандарттар каралган. Бензин жөнүндөгү бул эреже бензинди кайра иштетүүчүлөргө жана импорттоочуларга карата колдонулат. Бирок Венесуэла жана Бразилия өлкөлөрү бензиндин стандарттары жөнүндө АКШнын эрежелери чет өлкөлүк импортерлорду дискриминациялоочу ченемдерди өзүнө камтыйт, себеби анда алар үчүн өзгөчөлөнгөн стандарттар орнотулган деп билдиришкен.

---

[383] United States-Standards for Reformulated and Conventional Gasoline, World Trade Organization Appellate Body Report, WT/DS2/AB/R (29 April 1996).

IV. Башкы макулдашуунун XX беренесинин башында берилген жоболор: Бereненин эрежеден жалпы четтөөлөр каралган киришүүчү бөлүгү.

Мурунку бөлүктө биз Бензиндин стандарттары жөнүндө эрежелер XX(g) бereненин таасирине туура келет деген тыянакты чыгаруу менен эми бул талаптар XX бereненин киришүү бөлүгүнө ылайык келеби деген суроону карап чыгуубуз керек. Мамлекет тарабынан көрүлүүчү чаралар Башкы макулдашуунун XX беренесинде каралган эрежеден четтөөлөргө туура келиши үчүн алар XX бereненин (a)-(j) пункттарынын биринин талаптарын гана канаатандырбастан, XX бereненин киришүү бөлүгүнүн шарттарына да ылайык келиши керек. Ошентип, XX беренени талдоо эки деңгээлден турушу керек: биринчиси чаралардын XX(g) бereненин жоболоруна негизделиши; экинчиси, ал чараны XX(g) бereненин киришүү бөлүгүнүн жоболоруна ылайык келиши жагынан андан ары баалоо. Киришүү бөлүгү көрүлгөн чаранын өзүн же анын конкреттүү мазмунун эмес, ал кандайча колдонулганын иликтейт. Демек, XX(g) бereненин киришүү бөлүгүнүн жоболорунун максаты жана предмети, адатта, «[XX] бereненин эрежеден жалпы четтөөлөрүн ашыкча колдонууга [кийин болгондой]» жол бербөө экендигин баса белгилөө зарыл. XX бereненин ишtелип чыгыш тарыхынан келүүгө боло турган бул тыянак баалуу болуп эсептелет. Киришүү бөлүгү XX бereненин эрежеден четтөөлөрүн колдонуу мамлекеттердин мыйзамдуу укугу болсо да, ал четтөөлөр Башкы макулдашуунун материалдык-укуктук ченемдери боюнча аталган укук ээлеринин укуктук милдеттемелерин бузууга же алып салууга жол бергидей колдонулбашы керек деген принципти жетекчиликке алат. бул алдын ала каралган четтөөлөр кыянаттык менен же туура эмес колдонуу предмети болбошу керек, б.а. ушул четтөөлөргө туура келүүчү чаралар акыл эстүүлүк менен чараны колдонуучу Тараптын укуктук милдеттемелерин да, башка кызыктар тараптын мыйзамдуу укуктарын да эске алуу менен колдонулушу керек. XX бereненин пункттарында берилген четтөөлөрдүн бири менен акталган чара аталган бereненин киришүү бөлүгүн кыянаттык менен колдонуу эместигин далилдөө жүгү ал четтөөнү колдонгон тарапка жүктөлөт. Бул, мисалы, XX(g) беренеде каралган четтөө талаш болуп жаткан кодонулган чараны камтый тургандыгын далилдөөгө караганда бир топ оор тапшырма болуп эсептелет. XX беренени колдонуу демилгеси, эгерде ал стандартты колдонуу анын айрым эрежелери III:4 беренеге туура келбейт деген тыянакта гана жаткан болсо, албетте, эч пайдасыз болмок. Эгерде башкы макулдашуунун айрым башка

материалдык-укуктук ченемдерине туура кебестик жөнүндө тыянакка келгенде да ушундай эле айтууга болмок. Логикалык жактан алганда, берененин киришүү бөлүгүнүн жоболору материалдык-укуктук ченемдердин бузулгандыгы аныкталган стандарттарга алып келиши мүмкүн эмес. Эгерде бул логикага таянсак, анда ал киришүү бөлүгү өз мазмунун жана XX берененин (a)-(j) пункттарынын маанилеринин жоголушуна алып келет. Мындай ой жүгүртүү материалдык-укуктук ченемдерге төп келбөөчүлүк болгонбу деген суроодо, жана мындай төп келбестик акталабы деген XX берененин киришүү бөлүгүнөн келип чыгуучу өз алдынча суроодо баш аламандыкты да жарат. Вена конвенциясынын «эрежелерин чечмелөөнүн жалпы эрежелеринин» натыйжасы болуп ал чечмелөө келишимдин бардык шарттарына маани бериши керектиги эсептелет. Чечмелөөчү келишимдин ченемдерин анын бүтүндөй ченемин же пунктун чындыкка туура келбесине же алардын пайдасыздыгына алып келгидей чечмелөөгө укугу жок. Киришүү бөлүгү, төмөндө көрсөтүлгөндөй талаштуу (XX (g) берененин таасирине туура келүүчү) чараларды колдонууга тыюу салат:

(а) «өзүнөн өзү болуучу дискриминация» (бирдей шарт үстөмдүк кылган өлкөлөрдүн ортосунда);

(б) «акталбаган дискриминация» (бирдей квалификаторлор менен); же

(в) эл аралык соодага «жашыруун чек коюу».

Киришүү бөлүгүнүн текстти, анын ичинде стандарттарын колдонуу жоболору эки жактуу мааниге ээ: өзүнөн өзү болуучу же акталбаган дискриминация стандарты жана эл аралык соодага жашыруун чек коюу стандарты. Бул стандарттардын колдонуу чөйрөсү ар башкабы деген суроо пайда болушу мүмкүн. Мындай суроо оозеки угуунун жүрүшүндө АКШга коюлган. Биринчи эки стандартка киргизилген «бирдей шарт үстөмдүк кылган өлкөлөрдүн ортосунда» деген сөздөр импорттоочу жана экспорттоочу өлкөлөрдөгү шарттарга тиешелүүбү же экспорттоочу өлкөлөрдөгү шарттарга гана деген суроо пайда болгон. АКШ бул сөздөрдү ал импорттоочу жана экспорттоочу өлкөлөргө да, экспорттоочу өлкөлөр ортосундагы шарттарга да таянуу менен чечмелегендигин жооп кылган. О.э. ал ченем өзүнөн өзү жооп бере тургандыгын, жана эч кандай үчүнчү тарапка шилтеме жасабай тургандыгын айткан; айрымдар бул экспортточу өлкөлөр ортосунда гана болгон деп ойлошкону менен, текстте бул көз карашты колдой турган эч нерсе жок. АКШга үчүнчү стандарт болуп эсептелген эл аралык сооданы жашырын чектөөнүн колдо-

нуу чөйрөсү жөнүндө суроо коюлган эмес. Бирок АКШ бул апелляцияда ал киришүү бөлүктө бекитилген бардык стандарттарга жооп бере тургандыгын көрсөтүүчү аргументтерди берген. Ошону менен бирге ал улуттук тартип маселесине баланышкан башка окуяга да байланыштуу айтып жаткандыгын ачык көрсөткөн. Аталган окуяда Орган III:4 берененин бузулгандыгын тапкан. Апелляциянын бир да божомолдоосун Венесуэла же Бразилия четке каккан эмес. Венесуэла АКШ XX берененин киришүү бөлүгүндөгү стандарттардын бардык талаптарын аткарган жок деп ырастаган. О.э. Норвегия менен Европа коомчулугу да үчүнчү катышуучу катары ырасташкан. Жалпысынан бул стандартты колдонуу чөйрөсү талаштын предмети болгон эмес. Катышуучулардын баарын таянган божомол киришүү бөлүгүндөгү «бул Макулдашууда эч нерсе макулдашып жаткан каалаган таратын чараларды көрүүсүнө тоскоолдук кылбайт» деген сөздөр менен бекемделет. XX беренеде аталган четтөөлөр Башкы макулдашуунун алкагындагы бардык миледттемелерге тиешелүү. Алардын ичинде: улуттук тартип боюнча милдеттемелер жана эң мыкты өбөлгөчүлүк тартибинин милдеттемелери ж.б. Эгерде киришүү бөлүгү өзү киргизген стандарттар негизги милдеттемелер бузулгандыгы жөнүндөгү XX беренеде көрсөтүлгөн четтөөлөрдүн бирин колдонууга байланышкан учур боюнча билдирүү бар бардык учурларга карата колдонулат дегенди билдирсе, анда «бул Макулдашууда эч нерсе» деген сөздөрдү, XX беренени Башкы макулдашуунун калган бөлүгүнө интеграциялоо оңой болот. Ушунун негизинде биз киришүү бөлүгүндө берилген стандартты колдонуу чөйрөсү жөнүндө суроону кароо же катышуучулардын жалпы түшүнүктөрү ортосундагы карама-каршылыктарды чечүү зарыл деп эсептебейбиз. «өзүнөн өзү болуучу дискриминация», «акталбаган дискриминация» жана эл аралык соодага «жашыруун чек коюу», демек, бирге чечмелениши мүмкүн, алар бири-бирине маани берип турат. «Жашыруун чек коюу» эл аралык соодада жашыруун дискриминацияны өзүнө камтыры бизге түшүнүктүү. О.э. эл аралык соодада жашыруун же жарыяланбаган чектөө же дискриминация «жашыруун чек коюунун» маанисин толук камтыбай тургандыгы да түшүнүктүү. Биз «жашыруун чек коюу» эмнени өзүнө камтыбасын, эл аралык соодада өзүнөн өзү болуучу же акталбаган дискриминацияга алып келүүчү, XX беренеде аталган четтөөлөрдүн жоболоруна ылайык расмий кабыл алынган чектөөлөрдү өзүнө камтый турган катары түшүнүлүшү мүмкүн деп эсептейбиз.

Башкача айтканда, чараларды колдонуу «өзүнөн өзү болуучу же акталбаган дискриминация» болобу деген суроону чечүүдөгү ара-

кеттердин түрү да эл аралык соодага «жашыруун чек коюунун» болгон-болбогонун аныктоо үчүн эске алынышы мүмкүн. Башкы тема Макулдашуунун негизги милдеттемелерине карата XX берененин четтөөлөрүн ашыкча же мыйзамсыз колдонууга жол бербөө максатына жана предметине негизделген. Мыйзамдын эрежелерин ишке ашырууда АКШнын бирнесе иш-аракет варианттары болгон. Мисалы, ата мекендик жана импорттолуучу бензинди чектебей турган мыйзамдык стандарттардын деңгээлин орнотуу. Эгерде мындай ыкманы талаптагыдай колдонсо, эч бир дискриминация болмок эмес. АКШ үчүн башка вариант ички жана чет элдик кайра иштетүүчүлөр үчүн баштапкы стандарттардын жекече деңгээлин белгилөө болмок. АКШ анын пикиринде бул варианттардын бири да ылайык келбегендигинин жана эмне үчүн алардын ордуна бензин жөнүндөгү мыйзамда камтылган стандарттардын баштапкы деңгээлин иштеп чыгып колдонгондуктарынын бир катар себептерин атаган. Эмне үчүн чет элдик кайра иштетүүчүлөргө жекече баштапкы деңгээлдеги стандарттар сунушталбагандыгын түшүндүрүүдө АКШ Айлана-чөйрөнү коргоо агенттиги туш болушу мүмкүн болгон кыйынчылыктарды көрсөткөн. Бул кыйынчылыктар аталган стандарттар пайда кылышы мүмкүн болгон административдик суроолор менен мапселелерге байланыштуу болмок. Мисалы, АКШнын маалыматы боюнча, импорттолуучу бензинге карата эрежелер көзөмөлдөө жана алардын аткарылышын камсыз кылуу кыйынчылыктарынын себебинен катуураак болмок. АКШ бензин жөнүндө мыйзамдын импорттолуучу бензинге карата талаптарынын аткарылышын текшерүү жана камсыз кылуу процесси «стандарттын белгилүү деңгээли орнотулганда бир топ жеңил» жана эгер стандарттын жеке деңгэлдери колдонулса, аны башкарууга келтирилген жүк «кескин айырмаланат» деп ырастаган. Текшерүү жана камсыз кылуу менен байланышкан кыйынчылыктар албетте кайсы бир деңгээлде чындык экендигине карабастан, Орган чет элдик кайра иштетүүчүлөр үчүн баштапкы стандарттардын жекече деңгээлин белгилөөдөн баш тартуу үчүн аларды жетишсиз деп эсептеген. Орган АКШ III:4 берененин талаптарына тиги же бул деңгээлде ылайык келүүчү текшерүү жана баалоо боюнча жетишерлик маалыматтар менен чараларга ээ болчу деп эсептейт. Мисалы, чет элдик маалыматтар расмий түрдө АКШ бийлигинин толук көзөмөлүнө жатпаса да, бул АКШнын максаттары үчүн чет элдик маалыматтар эч бир шартта жетишээрлик ишеничтүү боло албайт дегенди билдирбейт. Бирок бул Бензин жөнүндө мыйзамды колдонууга чыныгы таасир кылган. Органдын пикири боюнча, АКШ чет элдик кайра иштетүүчүлөрдөн алынган маалыматтар калыптанган текшерүү, кайра текшерүү, ба-

алоо жана АКШда жөнгө салынуучу башка товарлар боюнча маалыматтарга салыштырууну камсыз кылуу ыкмалары үчүн аз мааниге ээ экендигин көрсөткөн эмес. Каралып жаткан учурда маалыматтардын мүнөзү АКШ башка контекстте, мисалы, антидемпингдик мыйзамдарда колдонгон маалыматтардын мүнөзүнө окшош. Антидемпинг боюнча иштерде АКШ маалымат келип түшпөгөн же текшерилбей турган деп эсептелген учурларда башк маалыматтарга шилтеме жасап жана башка маалыматтарды колдонушкан. Бензинге байланышкан бул окуяда, эгерде импорттоочунун чет элдик компанияда өндүрүлгөн бензиндин стандартын тастыктоочу жеке маалыматы болсо, анда бул маалыматтарды колдонууга аларга уруксат берилмек деп айтууга болот. Импорттоочуда бул бензиндин келип чыгышы же стандарты жөнүндө маалыматы жок болгон учурда, анда ага бензиндин стандарттык деңгээлине карата мыйзамда каралган талаптарды колдонууга болмок. Биз жогоруда Топтун докладында жасалган тыянактарга макулбуз. Докладда көрсөтүлгөндөй, импорттолуучу товарларды текшерүү, кайра текшерүү, баалоо жана маалыматтарга таянуу ыкмалары; мамлекеттер ортосундагы эл аралык сооданы улантуу жана жогорулатуу үчүн көп учурларда ылайыктуу деп эсептелинген ыкмалар бар. Бул ыкмалар менен процедуралар иштеши үчүн чет мамлекеттик кайра иштетүүчүлөр менен жана тийиштүү өлкөлөрдүн чет элдик өкүлчүлүктөрү менен кызматташуу жана макулдашуу зарыл жана орундуу экендигин АКШ билиши керек болчу. Апелляциялык орган АКШ кызматташуу жөнүндө Венесуэла жана Бразилия өкмөтү менен келишим түзүү мүмкүнчүлүгүн колдонгон эмес, колдонсо да аталган өкмөттөр кызматташууга кызыккыдай деңгээлде колдонгон эмес деп эсептейт. Бул иш боюнча жазууларда АКШ кенен билдирген негиздер баяндалган. Бирок ал жазууларда АКШ өзү шилтеме жасап жаткан административдик маселелрди төмөндөтүү үчүн кызматташуу жөнүндө Венесуэла жана Бразилия өкмөтү менен келишим түзүү аракеттерин көрсөтө турган маалымат жок. Өз көрсөтмөлөрүндө АКШ стандарттык деңгээл жөнүндө мыйзамдын талаптары эмне үчүн ички кайра иштетүүчүлөргө карата колдонулбагандыгын да түшүндүргөн. Мында АКШ улуттук кайра иштетүүчү заводдор мыйзамдын талаптарын аткарууда туш болушу мүмкүн болгон маселелер менен кыйынчылыктарга шилтеме жасаган. АКШ өзүлөрүнүн улуттук кайра иштетүүчүлөрүнөн уставдык баштапкы стандарттарга ылайык келүүнү, ошону менен бирге мүлктүк жана каржылык чыгымдарга дуушар болууну талап кылуу мүмкүн деп эсептеген эмес. АКШ өз улуттук кайра иштетүүчүлөрүнө өз операцияларын кайра түзүп жана Бензин жөнүндө мыйзамга ылайыкташуу үчүн убакыт берүүнү чечкен.

Айлана-чөйрөнү коргоо агенттиги менен кайра иштетүүчүлөрдүн көз карашында бул туура улуттук саясат болгон. Ошентсе да, АКШ өзүнүн ички кайра иштетүүчүлөрүнүн чыгымдарын эске алгандыгын, бирок чет элдик кайра иштетүүчүлөр жөнүндө кепте бул маселени эске албагандыгынан башка дагы эмне жасагандыгы тууралуу жазуларда эч нерсе жок экендигин белгилөөгө аргасызбыз.

Биз АКШ кетирген эки кемчиликти аныктадык: жетиштүү сандагы чараларды карап чыгуу жана иликтөө. Алар: чет элдик кайра иштетүүчүлөр үчүн баштапкы стандарттык деңгээлде бекитүүдөн баш тартуунун себеби катары АКШ көрсөтүп жаткан административдик маселелерди азайтуу үчүн Венесуэланын жана Бразилиянын өкмөттөрү менен кызматташуу; баштапкы деңгээлдерди киргизүүнүн натыйжасында болуучу чет элдик кайра иштетүүчүлөрдүн чыгымдарын эске алуу. Биздин көз карашыбызда, бул эки кемчилик биринчи кезекте III:4 беренин бузулгандыгын аныктоо чегинен бир топ алыс кетет. Болгон дискриминацияны алдын ала көрүү керек болчу, жана ал жөн эле кокустан болгон же алдын алууга болбой турган нерсе эмес болчу. Жогоруда айтылгандардын негизинде биз бензиндин стандарттык деңгээли жөнүндө мыйзам эрежелери «өзүн актабай турган дискриминация» жана «эл аралык соодага жашыруун чек коюу» болуп эсептелет деген тыянакка келебиз. Натыйжада биз бензиндин стандарттык деңгээли жөнүндө эрежелер XX (г) берененин жоболррну туура келерине карабастан, жалпы XX берене аркылуу негизделип же түшүндүрүлүшү мүмкүн эмес деп эсептейбиз.

Аймактык соода келишимдери[384]

Аймактык интеграция соода процедураларын аймактык деңгээлде либералдаштыруу жана жөнөкөйлөтүү боюнча мамлекеттердин иш-аракеттерин түшүндүрөт. Бул эркин соода аймактарын, бажы союздарын же бирдиктүү рынокту түзүү жолу менен ишке ашырылат. ГАТТтын (1947) XIV беренсине ылайык эркин соода аймагы деп эки же андан көп бажы территориясынан турган, ал аймактарда чыгарылуучу бардык товарларга карата бажы төлөмдөрү ж.б. чек коюучу чаралар алынып салынган топ эсептелет[385]. Ал эми бажы союзу деп үчүнчү өлкөлөр менен соода жүргүзүүдө сырткы жалпы бажы

[384] Нурзат Мырсалиева, басылбаган макала (үзүндүлөр), 2011.

[385] General Agreement on Tariffs and Trade 1947, Article XXIV, para 8 (b), Oct. 30, 1947, 61 Stat. A-11, T.I.A.S. 1700, 55 U.N.T.S. 194.

тарифтерине жана төлөмдөргө ээ эркин соода аймагы эсептелет. Бүгүнкү күндө дүйнөнүн дээрлик бардык мамлекетери жок дегенде бир чже бир нече аймактык соода келишимдеринин катышуучусу болуп эсептелет[386]. Бирок интеграция деңгээли жана алардын ийгилиги аймактык соода макулдашууларынын ортосунда олуттуу айырмаланып турат. Бүгүнкү күндө Европалык Союз аймактык интеграция процессинин эң ийгиилктүү үлгүсү болуп эсептелет. Ал бажы союзу жана жалпы рынок катары гана ийгиликтүү иштебестен, БДСУ системасына жана жалпы эле эл аралык соода тартибине натыйжалуу интеграцияланган. Мурдагы советтик өлкөлөр дүйнөдөгү башка көп өлкөлөрдөй эле эркин сооданын артыкчлыктарын пайдалануу аракети менен бир катар аймактык интеграциялоо уюмдарын түзүшкөн[387], алардын бири Евразия экономикалык коомчулугу (ЕврАзЭС). ЕврАзЭСтин мүчөлөрү болуп Беларусь, Казакстан, Кыргызстан, Тажикстан жана Россия болуп эсептелет. Акыркысы эң чоң, эң күчтүү жана эң таасирдүү мүчөсү. Молдова Республикасы, Украина жана Армения бул коомчулукта байкоочу статусуна ээ. ЕврАзЭСтин негизги милдеттерине бажы союузу менен бирдикти рынокту натыйжалуу түзүү кирет. Бирок бул максат менен катар ЕврАзЭС аймакты дүйнөлүк экономикага, о.э. БДСУга кирүүсүнө натыйжалуу көмөк көрсөтүү максатында да түзүлгөн. Азыркы учурда ЕврАзЭС ага мүчө мамлекеттерде чыгарылуучу товарларга карата бажы салыктары же аларды импорттоого сандык чек коюулар жоюлган, о.э. импортко карата салык төлөмдөрү ички салыктан жогору болбогон эркин соода аймагы катары иштейт. Ошентип, азыркы учурда ишке ашыруу зарыл болгон негизги милдет болуп бардык үчүнчү өлкөлөр менен жалпы бажы тарифтерин орнотуу эсептелет. Бул болсо мүчө мамлекеттердин бажы салыктарын шайкештетүүнү же унификациялоону талап кылат. ЕврАзЭСтин негизги мүчөлөрү Россия, Казакстан жана Белоруссия бардык тарифтик багыттын 62% боюнча бирдиктүү бажы тарифин түзүшкөн. Андан тышкары, ЕврАзЭС мүчөлөрү тышкы сооданы, салык, бажылык жана тарифтик\тарифсиз мыйзамдарды шайкештетүүгө, о.э. валюталык жөнгө салууга, чек ара маселелерине, энергетикага жана транспортко багытталган жалпы эсеп менен 100гө жакын макулдашууларды ж.б. документтерди кабыл алган[388]. Бирок бул жетишкендиктер менен жа-

[386] For the list of registered regional trade agreements visit http://rtais.wto.org/UI/ PublicAllRTAList.aspx.

[387] Regional Integration in the Post-USSR: Legal and Institutional Aspects, Roman Petrov, 10 SUM L. & Bus.Rev.Am. 631.

[388] Trade Policy Review, WT/TPR/S/170, p. 47.

салган күч-аракеттерге карабай, бажы союзун ийгиликтүү түзүү али алдыда, себеби Кыргызстандын БДСУга да мүчө болушу жалпы бажы тарифтерин калыптандырууда белгилүү кыйынчылыктарды жаратат. Маселе Кыргызстан БДСУнун алкагында үчүнчү өлкөлөр менен бажы салыктарын орнотқондугунда. Жана бажы салыктарын бир тараптуу өзгөртүү Кыргызстандын ГАТТ (I жана II беренеси) боюнча милдеттемелеринин бузулушна алып келиши мүмкүн.

БДСУнун талаштарын чечүү системасы

Бүткүл дүйнөлүк сооода уюму[389]

ТАЛАШТАРДЫ ЧЕЧҮҮНҮ ЖӨНГӨ САЛУУЧУ ЭРЕЖЕЛЕР ЖАНА ПРОЦЕДУРАЛАР ЖӨНҮНДӨ МАКУЛДАШУУ

Муну менен мүчөлөр төмөнкүлөр жөнүндө макулдашышат:

1-берене

Күчкө ээ чөйрөсү жана колдонуу

1. Бул макулдашуунун эрежелери жана процедуралары кеңештер жөнүндө жана Макулдашуулар боюнча талаштарын жөнгө салуу жөнүндө жоболордун негизинде кароого берилген талаштарга карата колдонулат. Аталган Макулдашуулар бул келишимдин 1-кошумчалоосунда берилген (жана алар кучагына алынган макулдашуулар деп аталат). О.э. бул макулдашуунун эрежелери жана процедуралары мүчөлөрдүн ортосундагы алардын БДСУну түзүү жөнүндө Макулдашуунун (бул келишимде БДСУ боюнча Макулдашуу деп аталат) жоболоруна ылайык укуктары жана милдеттерине байланышкан талаштарды жөнгө салуу жана алар боюнча кеңеш берүү үчүн да колдонулат.

2-берене

Келишимди колдонуунун жол-жоболору

1. Бул макулдашуунун эрежелери жана процедуралары колдонуу максатында, о.э. кучагына кирген макулдашууда башка жоболордун жок шартында бул келишимдин негизинде талаштарды чечүү боюнча Орган түзүлөт (ТЧО). Ага ылайык бул ТЧО бейтарап

[389] http://www.wto.org/english/docs_e/legal_e/legal_e.htm

топторрду түзүүгө , ал топтордун жана Апелляциялык органдын докладдарын кабыл алууга, чечимдер менен кеңештердин аткарылышын көзөмөлдөөгө жана кучагына алынган макулдашуулардан келип чыгуучу уруксат берүүлөр менен башка милдеттемелерди аткарууну убактылуу токтотууга укуктуу болот. Аз сандагы катышуучулардын ортосунда түзүлгөн кучагына алынган макулдашуулар боюнча келип чыккан талаштарда «мүчө» деген термин бул Келишимде колдонулушу боюнча чектелүү сандагы катышуучулары бар тийиштүү соода макулдашуусунун тараптары болгон мүчөлөргө гана тиешелүү болот. ТЧО чектелүү сандагы катышуучулары бар соода макулдашуусу боюнча талаштарды жөнгө салуу боюнч ажоболорду колдонгон учурда ошол макулдашуунун тараптары болуп эсептелген мүчөлөр гана ТЧО аталган талаш боюнча чечимдерди кабыл алуу же чараларды көрүү процессинде катыша алышат.

Бул макулдашуунун эрежелери менен процедураларында ТЧО чечим кабыл алыш керектиги каралган учурларда, ал консенсустун негизинде кабыл алынат[390].

3-берене

Жалпы жоболор

1. Мүчөлөр бүтүнкү күнгө чейин ГАТТ 1947нин XXII жана XXIII беренесине ылайык колдонулуп келген талаштарды жөнгө салуу принциптерин, о.э. эрежелер менен процедураларды бул Келишимде калыптандырылган жана өзгөртүлгөн түрүндө сактоого даяр экендиктерин ырасташат.

2. БДСУнун талаштарды жөнгө салуу системасы көп тараптуу соода системасынын коопсуздугун жана алдын ала айкындыгын камсыз кылуучу негизги элемент болуп эсептелет. Мүчөлөр талаштарды жөнгө салуу системасы кучагына алынган макулдашуулар боюнча мүчөлөрдүн укуктары менен милдеттерин коргоону жана аталган макулдашуулардын күчкө ээ жоболорун эл аралык коомдук укукту чечмелөө эрежелерине ылайык түшүндүрүү максатын көздөй тургандыгын моюнга алышат. ТЧОнун кеңештери менен чечимдери аталган макулдашууларда каралган укуктар менен милдеттемелерди көбөйтүп же азайта албайт.

---

[390] ТЧО анын кароосуна берилген суроо боюнча, эгерде ТЧОнун отурумунда катышуучу мүчөлөрдүн бири да сунштalган чечмге расмий каршылыгын билдирбесе, чечимди консенсустун негизинде кабыл алды деп эсептелет.

3. Тиги же бул мүчө аталган макулдашуулардан ал үчүн түз же кыйыр келип чыгуучу пайдалар башка мүчөнүн көргөн чараларынын натыйжасында кыскарып жатат деп билдирген учурларды токтоосуз жөнгө салуу БДСУнун натыйжалуу иштеши жана анын мүчөлөрүнүн укуктары менен милдеттеринин тең салмактуулугун талаптагыдай сактоо үчүн зарыл болуп эсептелет.

4. ЧТО кабыл алуучу кеңештер менен чечимдер тиги же бул суроо боюнча ушул Келишимден жана кучагына алынган макулдашуудан келип чыгуучу укуктар менен милдеттемелереге ылайык канааттандырарлык жөнгө салууга жетишүүгө багытталышы керек.

5. Кучагына алынган макулдашуулардын талаштар боюнча кеңештер жана аларды жөнгө салуу жөнүндө жоболордун негизинде расмий белгиленген суроолор боюнча бардык чечимдер, анын ичинде арбитраждык чечимдер бул макулдашуулар менен шайкеш келип жана анын мүчөлөрүнүн ар бири үчүн алардан келип чыгуучу пайданы жоюп же кыскартпашы керек, о.э. бул макулдашуулардын кайсы бир максатына жетишүүгө бөгөт болбошу керек.

6. Кучагына алынган макулдашуулардын талаштар боюнча кеңештер жана аларды жөнгө салуу жөнүндө жоболордун негизинде расмий белгиленген суроолор боюнча өз ара макулдашуунун негизинде кабыл алынган чечим жөнүндө ЧТОго жана бул суроого тиешелүү каалаган маселени каалаган мүчөсү көтөрө ала турган тийиштүү Кеңештер менен Комитеттерге билдирилет.

7. Иш козгоордон мурун бул процедуралардын негизиндеги аракеттер натыйжалуу болор-болбосуна мүчө өзү баа берет. Талаштарды жөнгө салуу механизминин максаты болуп талашты позитивдүү чечүү эсептелет. Талаштын бардык тараптары үчүн ылайык келе турган жана кучагына алынган маклдашууга туура келүүчү чечим, албетте, жактырарлык болот. Бардык тараптарды канаатандырарлык чечим жок болгон учурда талаштарды жөнгө салуу механизминин биринчи максаты, адатта, эгер кабыл алынган чаралар кучагына алынган макулдашуулардын кайсы бир жобосуна ылайык келбесе, ал чараларды алып салууну камсыз кылуу болот. Компенсация жөнүндө жобону, эгерде көрүлгөн чараны токтоосуз жоюу мүмкүн болбогон учурда гана жана чара алынып салынганга чейинки мезгилге карата колдонуу керек. Талашты жөнгө салуу процедурасына кайрылган мүчөгө бул Келишим берүүчү акыркы мүмкүнчүлүк – бул ЧТО тийиштүү чечим кабыл алса, кучагына алынган макулдашуу боюнча башка мүчөнү дискриминациялоочу уруксат берүүлөрдү же башка мил-

деттемелерди убактылуу токтотуу болуп эсептелет.

8. Кучагына алынган макулдашуунун негизинде кабыл алынган милдеттемелер бузулган учурда козголуучу иш prima facie пайдаларды жоюу же кыскартуу жөнүндө иш болуп эсептелет. Бул адатта эрежелерди бузуу ошол макулдашуунун тараптары болуп эсептелеген башка мүчөлөр үчүн жагымсыз кесепеттерди алып келет деген презумпция бар экендигин билдирет жана мындай учурларда үстүнөн арыз берилген мүчө өзүнө коюлган күнөөнү четке кагуусу керек.

10. Макулдашуучулук процедура жөнүндө өтүнүчтөр жана талаштарды жөнгө салуу процедураларын колдонуу талаштуу аракеттер катары каралбашы керек деп түшүнүлөт, жана эгер талаш пайда болсо, анда бардык мүчөлөр талашты чечүү максатында аталган процедураларды ыктыярдуу колдонуулары керек. О.э. ар түрдүү суроолорго тиешелүү арыздар жана аларга жооп иретиндеги арыздар бириктирилбеши керектиги да түшүнүктүү.

11. Бул келишим БДСУ жөнүндө Келишим күчүнө кирген күнү же андан кийин келип түшкөн, кучагына алынган келишимдердин кеңештер жөнүндө жоболорунун негизинде берилген кеңеш берүү жөнүндөгү жаңы арыздардга карата гана колдонулат. ГАТТ 1947нин же башка бардык макулдашуулардын негизинде кайсы бир талаштар боюнча кеңештер жөнүндө өтүнүчтөр БДСУ жөнүндө келишим күчүнө киргенге чейин келип түшкөн болсо, аларга карата буга чейин күчкө ээ болгон талаштарды жөнгө салуунун тийиштүү эрежелери менен процедуралары колдонулат.

12. 11-пунктка карабай, эгерде кучагына алынган келишимердин биринин негизинде өнүгүп келе жаткан мүчө өлкө өнүккөн мүчө өлкөнүн үстүнөн арыз берсе, анда доомат коюп жаткан тарап бул Келишимидин 4, 5, 6 жана 12-беренелериндеги жоболордун ордуна 1966-жылдын 5-апрелиндеги Чечимдин (BISD 14S/18) тийиштүү жоболоруна шилтеме жасоого укуктуу. Бирок бейтарап топ аталган Чечимдин 7-пунктунда каралган мөөнөт өз докладын даярдоо үчүн жетишсиз деп эсептесе мындай шилтеме мүмкүн эмес, жана арыз берүүчү тараптын макулдугу менен бул мөөнөт узартылышы мүмкүн. 4, 5, 6 жана 12-беренелериндеги эреже.процедуралар менен аталган Чечимдин тийиштүү процедураларынын ортосунда айырмачылык болгон учурда акыркылар артыкчылык күчкө ээ.

4-берене

Кеңештер

1. Мүчөлөр өзүлөрү колдонуучу кеңеш берүүлөрдү жүргүзүү про-

цедураларынын натыйжалуулугун күчөтүүгө жана жогорулатууга карата өз чечкиндүүлүктөрнү билдиришет.

2. Ар бир мүчө бардык кучагына алынган макулдашуунун иштешине тиешелүү чаралар боюнча башка мүчөнүн арызын түшүнүү менен кароого жана башка билдирүүлөр боюнча кеңештер үчүн талаптагыдай мүмкүнчүлүк түзүүгө милдеттенет[391].

5. Кучагына алынган макулдашуунун жоболоруна ылайык өткүрлүп жаткан кеңеш берүү учурунда, бул Келишимдин негизинде кийинки кадамдарды көрүүгө чейин мүчөлөр суроолорду канааттандырарлык жөнгө салуу үчүн күч-аракет кылуулары керек.

6. Кеңешүүлөр конфиденциалдуу мүнөзгө ээ жана андан аркы бардык териштирүүлөрдө бир да мүчөнүн укуктарына доо кетирбейт.

7. Эгерде кеңешүүлөр арыз келип түшкөн убакыттан кийин 60 күн ичинде талашты жөнгө салуу менен аяктабаса, арыз берген тарап бейарап топ түзүү жөнүндө өтүнө алат. Эгерде кеңешүүлөрдө катышкан тараптар бул процесстин натыйжасында талашты жөнгө салуу мүмкүн болгон жок деп бир пикирге келишсе, арыз берген тарап аталаган 60 күндүк мөөнөттө байтарап топ түзүүнү сурай алат.

8. Шашылыш учурларда, анын ичинде тез бузулуучу товарлар жөнүндө кеп болгон учурларда, мүчөлөр кеңеш берүүлөрдү арыз түшкөндөн кийин 10 күндөн кеч эмес баштайт. Эгер кеңеш берүүлөр өтүнүч келип түшкөндөн кийин 20 күндүк мөөнөттө талашты жөнгө салуу менен аяктабаса, арыз берген тарап бейтарап топ түзүүнү талап кыла алат.

9. Шашылыш учурларда, анын ичинде тез бузулуучу товарлар жөнүндө кеп болгон учурларда, талаштын тараптары, бейтарап топтор жана Апелляциялык орган териштирүүнү мүмкүн болушунча тездетүүгө бардык күч-аракетин жумшайт.

10. Кеңешүүлөрдүн жүрүшүндө мүчөлөр өнүгүп келе жаткан мүчө лөкөлөрдүн конкреттүү маселелери менен кызыкчылыктарына өзгөчө көңүл буруулары керек.

---

[391] Аймактык же жергиликтүү өкмөт тарабынан, же мүчөнүн территориясындагы бийлик тарабынан көрүлгөн чаралар боюнча кучагына алынган бардык башка макулдашуулар боюнча жоболор бул пункттун жоболорунан айырмаланса, анда ошол кучагына алынган башка макулдашуунун жоболору артыкчылык күчкө ээ.

11. Кеңеш берүүлөргө катышпаган кайсы бир мүчө ГАТТ 1994түн XXII беренесинин 1-пунктуна ГАТСтин XXII беренсинин 1-пунктуна же башка кучагына алынган макулдашуулардын тийиштүү жоболорунун[392] негизинде жүргүзүлүп жаткан кеңеш берүүлөр анын олуттуу соода кызыкчылыгына тиешелүү деп эсептесе, ал кеңеш берүүлөр жөнүндө маалымат берилгенден кийин 10 күн ичинде аталган мүчөлөргө жана ЧТОго өзүнүн кеңеш брүүлөргө кошулууну каалоосу жөнүндө билдире алат. Аталган мүчө кеңеш берүүлөргө, эгерде кеңеш берүүлөр жөнүндө өтүнүч жиберилген мүчө олуттуу кызыкчылыгы бар экендиги тууралуу ырастоо негиздүү экендигине макул болсо, киргизилет. Мында алар бул жөнүндө ЧТОго билдиришет. Кеңеш берүүлөргө катышуу өтнөчө четке кагылса, аны берген мүчө кеңеш берүүлөрдү ГАТТ 1994түн XXII беренесинин 1-пунктуна ГАТСтин XXII беренсинин 1-пунктуна же башка кучагына алынган макулдашуулардын тийиштүү жоболорунун негизинде жүргүзүүнү суроого укуктуу.

5-берене

Жакшы кызматтар, келишүүчүлүк процедурасы жана ортомчулук

1. Жакшы кызматтар, макулдашуучулук процедурасы жана ортомчулук, эгер тараптар бул жөнүндө макулдашса, ыктыярдуулук менен колдонулуучу процедуралар болуп эсептелет.

3. Жакшы кызматтар, макулдашуучулук процедурасы жана ортомчулукту каалаган учурда талаштын каалаган тарабы сурай алат.

---

[392] Кучагына алынган макулдашуулардагы кеңеш берүүлөр боюнч тийиштүү жоболор төмөндө аталган: Айыл чарба боюнча макулдашуу, 19-берене; Санитардык жана фитосанитардык чаралар боюнча макулдашуу, пункт 1, 11-берене; Текстиль өндүрүмдөрү жана кийим боюнча макулдашуулар, пункт 4, 8-берене; Соодадагы техникалык тоскоолдуктар боюнча макулдашуу, пункт 1, 14-берене; Соодага байланышкан инвестициялык чаралар боюнча макулдашуу, 8-бернене; ГАТТ 1994,VI беренени колдонуу боюнча макулдашуу, пункт 2, 17-берене; ГАТТ 1994,VII беренени колдонуу боюнча макулдашуу, пункт 2, 19-берене; Жүктөө алдындагы инспекция боюнча макулдашуу, 7-берене; Келип чыгуу эрежелери боюнча макулдашуу, 7-берене; Импорттук лицензиялоо процедуралары боюнча макулдашуу, 6-берене; Субсидиялар жана компенсациялык чаралар боюнча макулдашуулар, 30-берене; Коргоо чаралары боюнча макулдашуу, 14-берене; Интеллектуалдык менчиктин соода аспекттери боюнча макулдашуу, 64.1-берене; о.э. четелүү сандагы катышуучулардын соода келишимдери боюнча кеңештер жөнүндө мындай келишимдердин компетенттүү органдары тарабынан аныкталган жана ЧТОго билдирилген тийиштүү жоболору.

Алар каалаган учурда башталып, каалаган учурда токтотулушу мүмкүн. Жакшы кызматтар, макулдашуучулук же ортомчулук процедурасы токтотулгандан кийин, арыз берген тарап бейтарап топ түзүү өтүнүчү менен кайрыла алат.

6. Башкы директор ex officio аракет кылуу менен талашты жөнгө салууда мүчөлөргө көмөк көрсөтүү максатында жакшы кызматтарды, макулдашуучулук процедурасын же ортомчулукту сунуштай алат.

6-берене

Бейтарап топторду түзүү

1. Эгерде арыз берүүчү тарап бул жөнүндө сураса, анда бейтарап топ эң кеч дегенде бул өтүнүч ОРСтин күн тартибине биринчи жолу киргизилген отурумдан кийинки ОРСтин биринчи отурумунда түзүлөт. Ал өтүнүч ОРС аталган отурумда макулдашуучулктун негизинде бейтарап топту түзбөө чечимин кабыл алса гана, аткарылбайт[393].

8-берене

Бейтарап топтордун курамы

1. Бейтарап топтор жогорку квалификациялуу өкмөттүк жана\же бейөкмөт адистерден түзүлөт. Аларга бейтарап топторго кирген же анын алдына ишти алып чыккан адамдар, ГАТтын (1947) мүчөсүнүн же Макулдашуучу тараптын өкүлү болгон, Макулдашууга же андан мурунку Макулдашууга кирүүчү Кеңеште же Комитетте, Секретариатта мүчө болгон адамдар же эл аралык соода укугу же соода саясаты боюнча сабак берген, же бул тармакта илимий басылмалары жарык көргөн, же кайсы бир мүчөнүн соода саясаты маселелери боюнча жогорку кызматта иштеген адамдар кириши мүмкүн.

2. Бейтарап топтор мүчөлөрдүн көз карандысыздыгын, ар тараптуу кесиптик даярдыкты жана практикалык тажырыйбасы жагынан кенен тармактарды камсыз кылгыдай тандалат.

3. Талаштын тарабы болгон мамлекеттин жараны болгон[394] же

[393] Эгер арыз берген тарап бул жөнүндө суранса, ЧТО отуруму арыз түшкөндөн кийин 15 күн ичинде ушул максатта чогулат. Буга негизги шарт - отурум жөнүндө билдирүү ал болор күндөн 10 күн мурун жөнөтүлүшү керек.

[394] Талаштын тараптары бажы союздары же жалпы рыноктор болгон учурда бул жобо бажы союздары же жалпы рыноктордун бардык мүчө өлкөлөрүнүн жарандарына карата колдонулат.

10-берененин 2-пунктунда аныкталгандай үчүнчү тараптын жараны болгон мүчөлөр бул талаш боюнча, эгерде тараптар башкача макулдашышпаса, бейтарап топтун курамына кирбеши керек.

5. Бейтарап топтор 3 мүчөдөн турат, жана эгерде ал топ түзүлгөндөн кийин 10 күн ичинде талаштын тараптары макулдашса, 5 мүчөдөн турган бейтарап топ түзүлөт.Мүчөлөр бейтарап топтун курамы жөнүдө токтоосуз маалымдалат.

8. Адатта мүчөлөр өзүлөрүнүн кызмат адамдарына бейтарап топтордун курамын кирүүгө уруксат берүү милдетин өзүлөрүнө алышат.

9. Бейтарап топтордун мүчөлөрү ага өкмөттүн же уюмдардын мүчөсү катары эмес, жеке адам катары катышат. Буга байланыштуу мүчөлөр аларга бейтарап топ кароочу суроолор боюнча көрсөтмө берип, же таасир көрсөтүү аракетин кылбоолору керек.

10. өнүгүп келе жаткан мүчө өлкө менен өнүккөн мүчө өлкөнүн ортосундагы талашта, эгер өнүгүп келе жаткан өлкө суранса, бейтарап топко жок дегенде өнүгүп келе жаткан мүчө өлкөдөн бир адам кошулат.

11. Бейтарап топтордун чыгымдары, анын ичинде жол киреси, жашоосу БДСУнун эсебинен төлөнөт. Бул төлөм Бюджет, каржы жана административдик маселелр боюнча комитеттин кеңештеринин негизинде Башкы кеңеш тарабынан бекитилген ченемдерге ылайык жүргүзүлөт.

10-берене

үчүнчү тараптар

1. Третейдик сотторду талаш иштерди кароо учурунда ишке катышы бар тараптар жана башка Келишим өзүнө камтыган жактардын кызыкчылыктары эске алынат.

2. Бейтарап топ карап жаткан суроого олуттуу кызыкчылыгы бар, бул кызкчылыгы тууралуу ЧТОго (бул келишимде «үчүнчү тарап» деп аталган) билдирген ар бир мүчө бейтарап топтун алдында чыгып сүйлөөгө жана ага жазуу түрүндө билдирүү берүүгө мүмкүнчүлүк алат. О.э. бул билдирүүлөр талаштын тараптарына да берилет жана бейтарап топтун докладында чагылдырылат.

13-берене

Маалымат суроо укугу

1. Ар бир бейтарап топ өзү ылайык деп тапкан бардык тараптар менен органдардан маалымат же техникалык кеңештерди суроого

укуктуу. Бирок кайсы бир мүчөнүн юрисдикциясы алдында турган тараптан же органдан мындай маалымат же кеңеш сурардан мурун бейтарап топ бул жөнүндө ошол мүчөнүн бийлигине билдирет. Мүчө бейтарап топтун бардык мындай сурамына токтоосуз түрдө жана толук жооп берет. Берилүүчү конфиденциалдуу маалымат аны берген тараптын, органдын же мүчөнүн бийлигинин расмий уруксатысыз ачыкка чыгарылбашы керек.

2. Бейтарап топтор бардык ылайыктуу булактан маалымат сурап жана иштин айрым аспекттери боюнча эксперттердин пикирин билүү үчүн алар менен кеңеше алат. Талаштын тарабы козгогон илимий же башка техникалык суроого тиешелүү факт боюнча бейтарап топ эксперттердин кеңешүүчүлүк тобунан жазуу түрүндөгү кеңешүүчүлүк доклад берүүнү сурай алат. Мындай топту түзүү эрежеси жана анын иш процедуралары 4-кошумчалоодо берилген.

14-берене

Конфиденциалдуулук

1. Бейтарап топтордогу талкуулар конфиденциалдуу болуп эсептелет.

2. Бейтарап топтордун докладдары алынган маалыматтар менен жасалган билдирүүлөрдүн негизинде, талаштын тараптарынын катышуусуз түзүлөт.

3. Бейтарап топтун докладында анын мүчөлөрүнүн өзүнчө пикирлери анонимдүү болот.

16-берене

Бейтарап топтордун докладдарын кабыл алуу

1. Бейтарап топтордун докладдарын карап чыгууга мүчөлөргө жетиштүү убакыт берүү үчүн бул докладдар мүчөлөрдүн арасында таратылгандан кийин 20 күн өткөнгө чейин ЧТО тарабынан кабыл алуу максатында талкууланбайт.

2. Бейтарап топтордун докладдары боюнча каршы пикирге ээ мүчөлөр бул доклад карала турган ЧТОнун отурумуна чейин жок дегенде 10 күндүк мөөнөттө өз пикирлеринин себептерин жазуу түрүндө билдирип таратат.

3. Талаштын тараптары бейтарап топтун докладынын ЧТОдогу кароосуна толук катышууга укуктуу жана алардын пикирлери толук жазылышы керек.

17-берене

Апелляцияларды кароо

Туруктуу Апелляциялык орган

1. Туруктуу Апелляциялык органды ЧТО түзөт. Апелляциялык орган бейтарап топ караган иштер боюнча апелляцияларды карайт. Ал үч тараптан турат, ар бир иш боюнча алардын ичинен үчөө өз милдетертин аткарат. Ага кирүүчү тараптар өз милдеттерин ротация тартибинде аткарат. Мындай ротация Апелляциялык органдын иш процедурасы менен аныкталат [...]

13. Апелляциялык орган бейтарап топтун укуктук тыянактары менен бүтүмдөрүн ырастап, өзгөртүп же жоё алат.

19-берене

Бейтарап топ менен Апелляциялык органдын кеңештери

1. Эгерде бейтарап топ же Апелляциялык орган кайсы бир чара кучагына алынган макулдашууга ылайык келбейт деген тыянакка келсе, алар кызыкдар мүчөгө[395] бул чараны аталган макулдашууга ылайыкташтырууну кеңеш кылат[396]. өз кеңештерине кошумча бейтарап топ же Апелляциялык орган кызыкдар мүчөгө кеңештерди аткруунун жолдорун сунуштай алат.

21-берене

Кеңештер менен чечимдердин аткарылышын көзөмөлдөө

1. ЧТОнун кеңештери менен чечимдерин токтоосуз аткаруу талаштарды бардык мүчөлөрдүн кызыкчылыгы үчүн натыйжалуу жөнгө салуу үчүн зарыл болуп эсептелет.

2. Талашты жөнгө салуу предмети болгон жана өнүгүп келе жаткан мүчө өлкөнүн кызыкчылыгына тиешелүү суроолорго өзгөчө көңүл буруу талап кылынат.

3. Бейтарап топтун же Апелляциялык органдын доклады кабыл алынгандан кийин 30 күн ичинде өткөрүлүүчү ЧТОнун отурумунда[397]

---

[395] «Кызыкдар мүчө» болуп бейтарап топтун же Апелляциялык органдын кещештери багышталган талашуучу тарап эсептелет.

[396] В отношении рекомендаций в случаях, не связанных с нарушением положений ГАТТ 1994 или любого другого охваченного Соглашения, см. статью 26.

[397] Если проведение заседания ОРС не предусматривается в этот период, такое заседание ОРС проводится с этой целью.

кызыкдар мүчө ЧТОнун кеңештери менен чечимдерин аткаруу боюнча өз ниеттерин ЧТОго билдирет. Эгерде кеңештер менен чендерди токтоосуз аткаруу мүмкүн болбосо, анда кызыкдар мүчөнүн аны аткарууга жетиштүү акылга сыярлык убакыты болушу керек.

6. ЧТО кабыл алынган кеңештер менен чечимдердин аткарылышын көзөмөлдөйт. Аларды аткаруу жөнүндө суроону алар кабыл алынгандан кийин каалаган мүчө ЧТОдо көтөрө алат. Эгерде ЧТО башкача чечпесе, анда кеңештер менен чечимдердин аткарылышы жөнүндө суроо 3-пунктка ылайык аткаруу мөөнөтү белгиленген күндөн 6 айдан кийин ЧТОнун отурумунун күн тартибине киргизилет жана аталган суроо чечилгенге чейин күн тартипте калат. Мындай отурумдун ар бирине чейин жок дегенде 10 күн мурун кызыкдар мүчө ЧТОго кеңештер менен чечимдерди аткаруунун жүрүшү жөнүндө жазуу түрүндөгү расмий доклад берип турат.

7. Эгерде суроону өнүгүп келе жаткан мүчө өлкө көтөргөн болсо, ЧТО аталган жагдайда кайсы иш-аракеттер ылайыктуу боло тургандыгы тууралуу суроону карайт.

8. Эгерде иш өнүгүп келе жаткан мүчө өлкө тарабынан козголсо, кайсы ылайыктуу чаралар көрүлүшү мүмкүндүгү жөнүндө суроону кароодо ЧТО чаралар тийиштүү болгон жана арыздын негизин түзгөн сооданы гана эмес, ал чаралардын кызыкдар өнүгүп келе жаткан мүчө өлкөнүн экономикага таасирин да эске алат.

22-берене

Компенсация жана уруксат берүүлөрдү убактылуу токтотуу

1. Компенсация жана уруксат берүүлөрдү же башка милдеттемелерди убактылуу токтотуу кеңештер менен чечимдер акылга сыярлык мезгил аралыгында аткарылбаган учурларда колдонууга боло турган убактылуу чаралар болуп эсептелет. Бирок компенсация да, уруксат берүүлөрдү же башка милдеттемелерди убактылуу токтотуу да кучагына алынган макулдашууларга чараларды шайкеш келтирүү боюнча кеңештерди толук аткаруудан артык болбойт. Компенсация ыктыярдуу чара болуп эсептелет, жана ал берилген учурда кучагына алынган макулдашууларга туура келиши керек.

2. Эгер бул тиешелүү мүчө чараларды кучагына алынган макулдашууга ылайык келтирүү аракетин көрбөсө, ага ылайык же башка жол менен кеңештерди жана чечимдерди 21-берененин 3-пунктуна ылайык белгиленген акылга сыярлык мөөнөттө аткарбаса, анда ал мүчө , эгерде андан суранышса, талаштарды жөнгө салуу процедурасына өз

ара канааттандырарлык компенсацияны аныктоо максатында кайрылган бардык Тарап менен белгиленген мөөнөт аяктаганга чейин сүйлөшүүлөрдү башташы керек. Эгер канааттандырарлык компенсация белгиленген мөөнөттөн кийин 20 күн ичинде макулдашылбаса, талаштарды жөнгө салуу процедурасына кайрылган каалаган Тарап ЧТОдон тиешелүү мүчөгө карата кучагына алынган макулдашуулар боюнча уруксат берүүлөрдү же башка милдеттемелерди колдонууну убактылуу токтотууга уруксат сурай алат.

3. Тиги же бул уруксат берүүлөрдү же башка милдеттемелерди токтотуу жөнүндө суроону кароодо арыз берүүчү тарап төмөнкү принциптер менен процедураларды колдонот:

(a) жалпы принцип болуп арыз берүүчү тараптын бейтарап топ же Апелляциялык орган эреже бузууну же пайдаларды жоюлгандыгын же кыскартылгандыгын аныктаган сектор(лор)до уруксат берүүлөрдү же башка милдеттемелерди токтотууга умтулушу керектиги эсептелет;

(b) эгер аталган тарап уруксат берүүлөрдү же башка милдеттемелерди ошол эле сектор(лор)до токтотуу мүмкүн эмес деп эсептесе, анда ал ошол эле макулдашуунун алкагындагы башка сектордо уруксат берүүлөрдү же башка милдеттемелерди токтотууга умтулат;

(c) эгер аталган тарап уруксат берүүлөрдү же башка милдеттемелерди ошол эле макулдашуунун алкагындагы башка сектор(лор)до токтотуу мүмкүн эмес же натыйжасыз деп эсептесе, ал эми жагдайлар олуттуу болсо, анда ал кучагына алынган башка макулдашуунун алкагындагы башка сектордо уруксат берүүлөрдү же башка милдеттемелерди токтотууга умтулат;

(f) бул пункттун максаттары үчүн «сектор» төмөнкүлөрдү билдирет:

(i) товарларга карата – бардык товарлар;

(ii) кызматтарга карата - негизги сектор, ушундай секторлорду аныктоочу «Кызмат секторлорунун классификациялык тизмесинде» көрсөтүлгөндөй[398];

(iii) интеллектуалдык менчик укуктарынын соода аспектерине карата интеллектуалдык менчик укуктарынын ар бир категориясы (ИМУСА боюнча макулдашуунун II бөлүмүнүн 1, 2, 3, 4, 5, 6 же 7-пунктунда, III же IV бөлүмүндө каралган);

[398] MTN.GNS/W/120 камтыган документтер он бир секторго бөлүнгөн.

(g) бул пункттун максаттары үчүн «макулдашуу» төмөнкүлөрдү билдирет:

(i) товарларга карата – БДСУ жөнүндө макулдашуунун 1А тиркемесинде аталган жана жалпы каралган макулдашуулар, о.э. талаштын тараптары катышуучу болгон чектелүү сандагы катышуучуларга ээ соода макулдашуулары;

(ii) кызматтарга карата - ГАТС;

(iii) интеллектуалдык менчик укуктарына карата – ИМУСА боюнча макулдашуу.

4. Уруксат берүүлөрдү же башка милдеттемелерди убактылуу токтотуунун ЧТО уруксат кылган деңгээли пайдаларды жоюунун же кыскартуунун деңгээлине туура келиши керек.

8. Уруксат берүүлөрдү же башка милдеттемелерди токтотуу убактылуу мүнөзгө ээ жана кучагына алынган макулдашууга ылайык келбейт деп каралган чара жоюлганга чейин же өз ара канааттандыруучу чечим кабыл алынганга чейин гана колдонулуучу чара болуп эсептелет. 21-берененин 6-пунктуна ылайык, ЧТО кабыл алынган кеңештер менен чечимдердин аткарылышын, анын ичинде компенсация, же уруксат берүүлөр же башка милдеттемелер убактылуу токтотулуп, бирок кучагына алынган макулдашууга чараны ылайыкташтыруу боюнча кеңештер аткарыла элек жагдайларды көзөмөлдөөнү улантат.

9. Кучагына алынган макулдашуулардын талаштарды жөнгө салууга тиешелүү жоболору аталган макулдашууларды аткарууга тиешелүү аймактык же жергиликтүү өкмөттөр тарабынан же мүчөнүн территориясындагы бийлик тарабынан кабыл алынган чараларга карата колдонулушу мүмкүн. Эгер ЧТО кучагына алынган макулдашуунун тиги же бул жобосу сакталган эмес деп чечсе, анда аны сактоого жооптуу мүчө өз колунда бар чараларды көрүшү керек болот. Кучагына алынган макулдашуулардын жана бул келишимдин компенсацияга, же уруксат берүүлөргө же башка милдеттемелерге тиешелүү жоболору мындай сактоону камсыз кылуу мүмкүн болбогон учурларда колдонулат.

23-берене

Көп тараптуу системаны бекемдөө

1. Эгер мүчөлөр кучагына алынган Макулдашуулар боюнча милдеттемелер бузулуп, же пайдалар жоюлган же кыскартылган учурларда, о.э. ал макулдашуунун максаттарына жетүүдө кыйынчылыктар болгон учур-

ларда компенсация алууга умтулушса, алар бул Келишимдин эрежелери менен процедураларына кайрылышат жана аларды бекем сакташат.

2. Мындай учурларда мүчөлөр:

(a) кучагына алынган Макулдашуулар боюнча милдеттемелер бузулуп, же пайдалар жоюлган же кыскартылгандыгы жөнүндө, о.э. ал макулдашуунун максаттарына жетүүдө кыйынчылыктар болгондугу жөнүндө чечимдерди бул Келишимдин эрежелери менен процедураларына ылайык жөнгө салуудан башка чечим кабыл албоолору керек, жана бардык мындай чечимдерди бейтарап топтун же Апелляциялык органдын ЧТО кабыл алган докладында камтылган тыянактарга, же ушул Келишимге ылайык арбитраждык чечимге ылайык кабыл алышы керек;

(b) тиешелүү мүчөгө кеңештер менен чечимдерди аткарууга жетиштүү убакытты аныктоо үчүн 21-беренеде каралган процедураларды колдонушат; жана

(c) уруксат берүүлөрдү же башка милдеттемелерди убактылуу токтотуу деңгээлин аныктап жана аталган процедураларга ылайык ЧТОнун уруксатын алуу үчүн 22-беренеде каралган процедураларды колдонушат. Бул уруксат тиешелүү мүчө кеңештер менен чечимдерди белгиленген мөөнөттө аткарбагандыгына жооп кылып уруксат берүүлөрдү же башка милдеттемелерди убактылуу токтотконго чейин алынат.

24-берене

Эң начар өнүккөн мүчө өлкөлөргө тиешелүү атайын процедуралар

1. Эң начар өнүккөн мүчө өлкөлөргө байланыштуу талаштын себептерин жана аны жөнгө салуу процедураларын аныктоонун бардык баскычтарында эң аз өнүккөн мүчө өлкөнүн конкреттүү абалына өзгөчө көңүл бурулушу керек. Бул жагынан алганда мүчөлөр эң аз өнүккөн мүчө өлөклөргө карата бул процедураларга ылайык иш козгоодо сабырдуулук кылуулары зарыл. Эгерде пайданы жоюу же аны кыскартуу эң аз өнүккөн өлкө тарптан көрүлгөн чаранын натыйжасы экендигин аныкталса, анда арыз берген тараптар бул процедураларга ылайык компенсация же уруксат берүүлөрдү же башка милдеттемелерди убактылуу токтотууну суроодо сабырдуулукту көрсөтүшөт.

2. Эң начар өнүккөн мүчө өлкөлөргө байланыштуу талаштарды жөнгө салуу боюнча иштерде кеңеш берүүлөрдүн жүрүшүндө канаттандырарлык чечим табылбаган учурларда Башкы директор же ЧТОнун төрагасы эң начар өнүккөн мүчө өлкөнүн өтүнүчү менен бейтарап топту түзүү жөнүндө өтүнүч келип түшкөнгө чейин тараптрга

талашты чечүүгө көмөк көрсөтүү максатында өзүлөрүнүн жакшы кызматтарын, макулдашуучулук процедураны же ортомчулукту сунушташат. Жогоруда аталган көмөктөрдү сунуш кылуу менен Башкы директор же ЧТОнун төрагасы өзүлөрү ылайыктуу деп тапкан бардык тарапар менен кеңеше алат.

25-берене

Арбитраж

1. БДСУнун алкагындагы шашылыш арбитраж талашты жөнгө салуунун альтернативдүү жолу катары эки тарап так аныктаган суроолорго тиешелүү айрым талаштарды жөнгө салууну жеңилдете алат.

27-берене

Секретариаттын милдеттери

1. Секретариат бейтарап топторго айрыкча каралып жаткан иштердин укуктук, тарыхый жана процедуралык аспекттери боюнча көмөк көрсөтүүгө, о.э. катчылык жана техникалык колдоо үчүн жооптуу.

2. Талаштарды жөнгө салуу боюнча мүчөлөрдүн өтүнүчү менен аларга Секретариат көмөк көрсөткөн учурда укуктук маселелер боюнча кошумча кеңештерди берүү жана өнүгүп келе жаткан мүчө өлкөлөргө талаштарды жөнгө салууга жардам көрсөтүү зарылчылыгы пайда болушу мүмкүн. Ушул максатта Секретариат бардык өнүгүп келе жаткан мүчө өлкөлөргө, эгер ал суранса, БДСУнун техникалык кызматкерлеринин ичинен укук маселелери боюнча квалификациялуу адисти берет. Мындай адис өнүгүп келе жаткан мүчө өлкөгө Секретариаттын калыстыгын камсыз кылуучу жардамды көрсөтөт.

3. Секретариат алдыда боло турган талаштарды чечүү процедуралары жана практикасы боюнча кызыкдар мүчөлөргө бул тармакта эксперт мүчөлөрдүн маалымат алуусун жогорулатуу максатында атайын окутуу курстарын уюштурат.

1-кошумчалоо

Келишимдин кучагына алынган макулдашуулар

(А) БДСУну түзүү жөнүндөгү Макулдашуу

(В) Көп тараптуу соода макулдашуулары

Тиркеме 1А: Товарларды сатуу боюнча көп тараптуу соода макулдашуулары

Тиркеме 1В: кызматтарды сатуу боюнча Башкы макулдашуу

Тиркеме 1С: Интеллектуалдык менчик укуктарынын соода аспекттери боюнча макулдашуулар

Эки тараптуу инвестициялык макулдашуулар

Инвестициялар өлкөнүн экономикалык өнүгүүсүнүн олуттуу бөлүгүн түзө тургандыгы шексиз. Инвестордун мамлекеттин экономикасын инвестициялоого даярдыгы көп сандаган экономикалык, саясий, укуктук, социалдык жана башка инвестициялык коопчулуктар менен коопсуздуктун шарттарын аныктоочу факторлорго жараша болот. Чет мамлекеттик түз инвестициялардын жоктугунун бир себеби – бул сот системасындагы коопсуздуктун жана туруктуулуктун жоктугу. Бул өзүнө коррупция, сот чечимдерин аткарбоо, укуктардын натыйжасыз ишке ашырылышы ж.б.у.с. маселелелерди камтыйт. Ошентип, өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө инвесторлор сот процессинин тездигин, ортоктугун жана акыйкаттыгын камсыз кылуучу талаштарды чечүүнүн натыйжалуу механизмдеринин болушун каалайт. Эки тараптуу инвестициялык макулдашуулар (ЭИМ) ушундай маселелерди чечүүгө багытталган жана чет элди түз инвестицияларды жогорулатуунун жана тартуунун атайын куралы жана механизми боло турган мамлекеттер ортосундагы макулдашуулар болуп эсептелет. ЭИМ укуктук тартиптин туруктуулугун, инвесторлордун ишенимин жана талаштарды чечүү боюнча натыйжалуу механизмди камсыз кылат. ЭИМдин мазмуну экономикалык жана саясий факторлорго жараша айырмаланат. Ошентсе да, стандарттык ЭИМ тарабынан жөнгө салына турган бир нече негизги суроолор бар: (1) чет элдик инвестицияларды жөнгө салуунун кабыл алуучу өлкөдөгү шарттары; (2) инвестицияларды колдоо боюнча мамлекеттик кепилдиктер жана ниеттер; (3) кабыл алуучу мамлекет тараптан инвестицияларды толук же жарым-жартылай чыгарп салуу мүмкүнчүлүгүнөн коргоо жана кепилдик шарттары; (4) инвестициялык талаштарды чечүү ыкмалары жана механизмдери. Бүгүнкү күндө ЭИМ көп сандаган мамлекеттерде таанылган. Көпчүлүк ЭИМ өнүккөн жана өнүгүп келе жаткан мамлекеттер ортосунда түзүлөт. ЭИМ бир мамлекеттин инвесторлору башка мамлекеттин территориясында жасаган инвестициясын колдоо үчүн ишгелип чыккандыгына байланыштуу, көпчүлүк ЭИМ «инвестициялар» деген терминден түздөн-түз көз каранды. Азыркы учурга чейин инвестициялардын универсалдуу аныктамасы иштелип чыга элек. Адатта көпчүлүк ЭИМ акча салымдарынын ар кандай түрлөрүн кучагына алуучу инвестициянын кенен мазмундагы аныкт-

тамасын өзүнө камтыйт. Бул коргоонун эң жогорку деңгээлин камсыз кылуу үчүн жасалат. Талаштарды чечүүнүн ЭИМде камтылган мүмкүнчүлүктөрүнүн бири Инвестициялык талаштарды жөнгө салуу боюнча эл аралык борбордо (ИТЖЭБ) инвестор менен мамлекеттин ортосундагы териштирүү болуп эсептелет. Аталган борбор мамлекеттер менен башка өлкөлөрдүн жарандарынын ортосундагы инвестициялык талаштарды чечүү боюнча Конвенция тарабынан кабыл алынган жана жөнгө салынып турат. Инвестор менен мамлекеттин ортосундагы арбитраждык териштирүү чет элдик инвесторду артыкчылык күчкө ээ болушу мүмкүн болгон кабыл алуучу мамлекеттин үстүнөн арыз берүү зарылчылыгынан куткара турган механизм болуп эсептелет. Ошентип, бул Конвенциянын негизги максаты инвестициялык талаштары улуттук соттордун юрисдикциясынан алып салуу жана аны талаштарды чечүү боюнча атайын эл аралык орток органга өткөрүп берүү болуп эсептелет.

Мамлекетттер менен башка өлкөлөрдүн жеке жана юридикалык тараптарынын ортосундагы инвестициялык талаштарды жөнгө салуу жөнүндө конвенция [399]

Макулдашуучу мамлекеттер экономикалык өнүгүү үчүн эл аралык кызматташтыктын зарылчылыгын жана бул тармакта эл аралык жеке инвестициялардын ролун эске алып,

Ушундай инвестицияларга байланыштуу Макулдашуучу мамлекеттер менен башка Макулдашуучу мамлекеттин жеке жана юридикалык тараптарынын ортосунда мезгил-мезгили менен талаштар чыгышы мүмкүн экендигн эске алып, мындай талаштарга карата адатта улуттук юридикалык процедуралар колдонорына карабастан, белгилүү учурларда жөнгө салуунун эл аралык ыкмалары ылайыктуу болушу мүмкүн экендигин моюнга алып,

Макулдашуучу мамлекеттер менен башка Макулдашуучу мамлекеттин жеке жана юридикалык тараптары өз каалоолору менен ушундай талаштарды кароого бере ала турган эл аралык келишүүчүлүк жана арбитраждык түзүмдүн болушуна өзгөчө маани берүү менен,

мындай түзүмдөрдү Эл аралык кайра түзүү жана өнүктүрүү банкынын колдоосу астында түзүүнү каалоо менен,

---

[399] 1965 Convention on the Settlement of Investment Disputes Between States and Nationals of Other States 575 UNTS 159, 4 ILM 532 (1965).

мындай талаштарды келишүүчүлүк жана арбитраждык түзүмдүн кароосуна берүүгө тараптардын өз ара макулдугу милдеттүү түрдөгү келишим болорун, жана ал мисалы элдештирүүчүлөрдүн кеңештери талаптагыдай эске алынышын, ал эми арбитраждык чечимдер ата-крылышын талап кыларын моюнга алуу менен,

бир да Макулдашуучу мамлекет бул Конвенцияны ратификациялоо, кабыл алуу же жактыруу фактынын аркасында гана жана анын макулдугусуз кайсы бир конкреттүү талашты келишүүчүлүк же арбитраждык кароого берүүгө милдеттеме алды деп эсептелбей тургандыгын билдирүү менен

төмөнкүлөр жөнүндө макулдашышты:

1-берене

1. Муну менен Инвестициялык талаштарды жөнгө салуу боюнча эл аралык борбор (мындан ары «Борбор» деп аталуучу)түзүлөт.

2. Борбордун милдети Макулдашуучу мамлекеттер менен башка Макулдашуучу мамлекеттин жеке жана юридикалык тараптарынын ортосундагы инвестициялык талаштарга байланыштуу бул Конвенциянын жоболоруна ылайык келишүүчүлүк жана арбитраж үчүн түзүмдөрдү берүү болуп эсептелет.

II бөлүм Борбордун юрисдикциясы

25-берене

1. Борбордун юрисдикциясы Макулдашуучу мамлекеттер (же аталган мамлекет Борборго атаган анын бардык бөлүгү же мекемеси) менен башка Макулдашуучу мамлекеттин жеке же юридикалык тараптарынын ортосундагы инвестицияга байланышкан жана аны Борборго тапшырууга тараптардын жазуу түрүндөгү макулдугу берилген бардык укуктук талаштарга тиешелүү болот. Эгер эки тарап тең макулдугун берсе, алардын бири да аны бир тараптуу жоё албайт.

2. «Башка Макулдашуучу мамлекеттин жеке же юридикалык тарбы» деген термин төмөнкүнү билдирет:

a) талаштын тарабы болгон мамлекетке карата Башка Макулдашуучу мамлекеттин жарандыгына ээ бардык жеке адамдар ... ; жана

b) бул талаштын тарабы болгон мамлекетке карата Башка Макулдашуучу мамлекеттин улуттугуна ээ бардык юридикалык тарап ...

Көрсөткүчтөр

3. Макулдашуучу мамлекеттин бөлүгүнүн же мекемесинин макулдугу ошол мамлекеттин жактыруусун талап кылат, бирок эгер ал мамлекет мындай жактыруу керек эместиги тууралуу Борборго билдирсе, анда ал талап кылынбайт.

4. Ар бир Макулдашуучу мамлекет бул Конвенцияны ратификациялоо, кабыл алуу же жактыруу мезгилинде же андан кийинки каалаган мезгилде өз пикири боюнча Борбордун юрисдикциясына ылайык келүүчү же келбөөчү талаштардын категориялары жөнүндө Борборго билдире алат.

27-берене.

1. Бир да Макулдашуучу мамлекет ушул Конвенциянын негизинде өзүнүн жеке же юридикалык тараптарынын бири менен башка Макулдашуучу мамлекет арбитражга берген же берүү жөнүндө макулдашкан талашка карата дипломатиялык коргоону камсыз кылбайт жана эл аралык арыз бербейт. Башка Макулдашуучу мамлекет аталган талаш боюнча чыгарылган арбитраждык чечимди сактабай же аткарбаган учурлар гана бул талаптан четтөө болот.

6-бөлүм: Арбитраждык чечимди таануу жана аткаруу

53-берене.

1. Арбитраждык чечим тараптар үчүн милдеттүү болуп эсептелет жана анын үстүнөн арызданууга же башка өзгөртүүгө, бул Конвенцияда каралгандан сырткаркы учурларда мүмкүн эмес. Ар бир тарап арбитраждык чечимдин шарттарын сактап жана аткарууга милдеттүү. Ал аткаруу бул Конвенциянын тийиштүү жоболоруна ылайык гана токтотулушу мүмкүн.

54-берене.

3. Арбитраждык чечимди аткаруу тартиби мындай аткаруу талап кылынган мамлекеттин территориясында күчкө ээ сот чечимдерин аткаруу жөнүндөгү мыйзамтар тарабынан аныкталат.

Index

А

Австралия 21, 58, 120, 121, 254, 447, 449

Адам укуктары боюнча Америка аралык комиссия 488

Адам укуктары боюнча Европалык сот 21, 26, 31, 220, 369

Адам укуктары боюнча кеңеш 616

Адам укуктары боюнча комитет 11, 12, 14, 23, 25, 27, 30, 32, 304, 309, 310, 318, 321, 332, 339, 344, 345, 346, 360, 368, 395, 617

Адам укуктарынын жалпы декларациясы 298, 301, 302, 303, 387

АКШ 3, 19, 28, 33, 99, 135, 136, 156, 157, 184, 185, 186, 187, 188, 192, 193, 203, 221, 241, 242, 270, 272, 273, 274, 275, 281, 285, 287, 291, 293, 294, 378, 463, 553, 554, 586, 587, 624, 626, 627, 628, 630, 638, 641, 642, 645, 646, 647, 650, 651, 652, 653, 655, 656, 657, 658, 659

Англия 5, 22, 23, 38, 39, 58, 59, 147

Арбитраж 220, 221, 222, 554, 675

Аргентина 17, 18, 20, 32, 427, 428, 572, 574, 575, 625, 626, 627, 628, 629, 630

Аскер комиссиясы 445

Атайын докладчы 123

Афганистан 15, 447, 449, 460

Б

Бүткүл дүйнөлүк соода уюму 19, 220, 623, 661

Базель конвенциясы 555, 571, 582, 583

Батыш Сахара 6, 25, 91, 92, 93, 94, 95, 159

Башкы Ассамблея 25, 52, 75, 81, 83, 95, 101, 102, 104, 120, 121, 126, 127, 128, 135, 163, 217, 224, 225, 229, 231, 239, 254, 299, 300, 301, 302, 322, 324

Башкы катчы 23, 116, 122, 123, 124, 231, 264, 267

Биотүрдүүлүк 589

Буркина-Фасо 10, 12, 31, 244, 326, 327

БУУнун Уставы 6, 9, 10, 69, 71, 91, 217, 222, 225, 229, 230, 239, 262, 269, 288, 323

БУУнун Эл аралык соту 5, 24, 31, 67, 68, 240, 492

БУУнун Эл аралык сотунун кеңешүүчүлүк бүтүмү 6, 113

В

Венгрия Словакияга каршы 6, 8, 9, 28, 107, 180, 198, 208

Венесуэла 55, 57, 653, 656, 658

Г

Габчиково-Надьмарош долбоору 6, 9, 107, 198, 208

ГАТТ 18, 19, 624, 625, 626, 630, 631, 634, 635, 637, 640, 641, 647, 661, 662, 664, 666, 670

Гвинея-Бисау Сенегалга каршы 10, 20, 114, 247, 251

Геноцид 6, 16, 28, 109, 116, 417, 523, 528, 531, 532, 533

Германия 5, 7, 24, 40, 57, 79, 80, 134, 135, 137, 173, 174, 188, 212, 234, 447, 449, 547, 548, 598

Гондурас 114, 186, 247, 273, 274

Греция 190, 234

Д

Деңиз мейкиндиктерин делимитациялоо 167

Джеймс Кроуфорд 9, 16, 188, 516

Дж. Уильям Фулбрайт 34

Е

Европалык сот 10, 21, 22, 26, 31, 220, 255, 368, 369, 488

Ж

Жаңы Зеландия Францияга каршы 8, 9, 23, 181, 194

Жарандык жана саясий укуктар боюнча эл аралык пакт 303

Жашоо укугу 12, 313

Женева конвенциясы 14, 15, 40, 42, 154, 168, 405, 425, 431, 439, 443, 444, 451, 464, 499, 500

И

Израиль 15, 128, 263, 290, 291, 437, 438, 439, 440, 441, 442, 443, 498, 499, 500, 501, 502

Имплементациялоо теориясы 237, 238

Индия 45, 46, 58, 217, 218

Индонезия 8, 19, 21, 25, 30, 81, 158, 640, 642

Инкорпорация доктринасы 234

Испания 57, 92, 93, 94, 235, 594

Италия 26, 55, 57, 259, 571

К

Күч колдонуу 262, 268, 272

Казакстан 660

Канада 58, 82, 221, 281, 447, 449, 554

Каролинанын иши 11, 280

Катар Бахрейнге каршы 8, 10, 24, 114, 171, 247

Киот протоколу 18, 597, 598, 599, 600

Климаттын өзгөрүүсү 17, 18, 569, 597, 599

Комбатанттар 14, 430

Кызыл Крест 15, 90, 401, 447, 448, 458, 459, 465, 503, 506

Кызыл Кресттин эл аралык комитети 15, 502

Кыргыз Республикасы 35, 307, 378, 379, 380, 580

Кыргыз Республикасынын Конституциясы 11, 34, 306, 307

Кытай 4, 58, 86, 218, 329, 447, 449

Л

ЛаГранддын иши 24

М

Малайзия 58, 122, 159, 182, 183

Мартин Диксон 7, 9, 142, 213

Мексика 57, 69, 194, 291

Монтевидео Конвенциясы 6, 91

Н

Нигерия 58, 99, 212

Никарагуа 5, 8, 9, 10, 21, 47, 57, 67, 68, 102, 114, 154, 155, 156, 174, 175, 176, 184, 185, 186, 187, 203, 242, 264, 270, 272, 273, 274, 289, 414, 419

Норвегия 43, 57, 174, 656

О

ОБСЕ 220

П

Палестина 7, 15, 83, 126, 127, 128, 263, 323, 498, 500, 502

Панама 57

Практикалык директивалар 139

Р

Румыния Украинага каршы 8, 26, 172

С

Сомали 58

Субъективдүү территориялуулук 146

Т

Түндүк деңизинин континенттик шельфи жөнүндө иш 5, 40

Түштүк Африка 30, 58, 373, 448, 449, 566

Тажикстан 660

Трансформациялоо теориясы 232

Турция 24

У

Укуктун кошумча булактары 65

Ф

Финляндия 57

Ч

Чили 57

Чыгыш Тимор 8, 21, 81, 120, 121, 157, 160, 218

Ш

Швеция 57, 448, 449

Э

Эл аралык акыйкат сотунун туруктуу палатасы 172, 204, 209

Эл аралык гуманитардык укук 14, 15, 402, 413, 421, 481, 482, 495, 498, 502, 503, 538

Эл аралык кылмыш жаза соту 16, 141, 510

Эстония 18, 32, 33, 599

Эфиопия 58, 244

Ю

Югославия 5, 14, 15, 28, 29, 30, 53, 57, 62, 104, 105, 116, 131, 141, 193, 213, 218, 290, 418, 485, 510, 513, 515, 524

Юрисдикция 7, 142, 418, 498

Я

Ядролук курал 10, 11, 266, 267, 275

Ян Браунли 77

Япония 18, 33, 58, 630, 631, 634, 641, 642

Ө

Өзүн өзү аныктоо 12, 321

Өзбекстан 340, 342, 344, 350

***

erga omnes 243

"jus ad bellum" 421, 422, 423

JUS AD BELLUM 14, 421

jus cogens 41, 69, 70, 71, 72, 73, 74, 75, 76, 103, 117, 119, 213

"Jus Cogens" 6, 68, 69

jus in bello 14, 421

mens rea 528

opinio juris 41, 43, 44, 50, 51, 52, 67, 72, 160

terra nullius 92

ХРЕСТОМАТИЯ

Учурдагы эл аралык укук

Дизайнер обложки

Толобек Нурдинов

Верстка

Тойгожаев Нургали

Тираж 153 экз. Заказ № 125

Типография ОсОО «Алтын Принт»

720000, г. Бишкек, ул. Орозбекова, 44

Тел.: (+996 312) 62-13-10

e-mail: romass@front.ru

Бишкек 2012